Романдын кайра иштелген бул редакциясын «БАКАЙ» акционердик Коому каржылап, жарыкка чыгарылды. Коомдун директорлор Кеңешин, эмгек жамаатын кудай жалгасын, иштери илгери болсун.

Төлөгөн Касымбек, «Кыргызстан» басма үйү
Төлөгөн Касымбек

Сынган кылыч: Тарыхый роман. — Кайрадан иштелип, 5-бас.—Б.: Кыргызстан, 1998. —712 б.

Бул элге кеңири белгилүү тарыхый роман көркөм адабиятка болуп келген катаал чектөөдөн улам цензурадан «өтпөй» калып калган көптөгөн тарыхый болмуш, окуя, маани кайра каралып, кыргыздын элчилиги, журтчулугу, улуттук таламдары негизге алынып жаңыча иштелген бешинчи басылышы болуп эсептелет.

© «Кыргызстан» басма үйү, 1998-ж.

## МЕЗГИЛ ТАРТЫШЫНАН ӨТКӨН РОМАН

«Сынган кылычты» жазууда Төлөгөн Касымбеков кандай зор чыгармачылык түйшүк тартып, кандайча изденип, бараткан багытынан бирде табылга таап, бирде тайып адаша калып, канча жолу көздөгөн нокотун алып, канча жолу жаза сермеп, өзү менен өзү тереңдеп күрөшүп, өзүн өзү сындан өткөргөнү, ар утуштан энчилеген артыкча руханий асылдануу рахаттары жекече жан дүйнөсүндө болгондур. Роман басылып чыгууда татаал тосмолорго туш келгенин, билебиз. Ал эми да анын тикеден-тике тагдырына байланышкан бир чындык баарыбызга ашкере маалым, ага баарыбыз тең күбөбүз.

Эгерде жазуучунун «Келкели» жарыялангганга чейин аябай көргүлүктү көрсө, «Сынган кылыч» окурмандардын колуна тийгенден кийин анан татаал тагдыр күтө баштады (экөөнүн тең жолу оор болгонун кара). Биринчи китеби да (1966), экинчи китеби да (1971) көркөм сөз ышкыбоздору тарабынан абдан жылуу кабып алынып, калайыктын калың катмарына тез тарап, ага делген кызыгуу жанбай уланып, Шералы, Абил сыяктуу каарман- дары ылакап атка көчүп, кыргыз арасында өзүнчө эле бир элдик чыгармага айланып кетти. Кыргызча да, орусча да кайра-кайра басылып, башка тилдерде эркин сүйлөп, ал эмес, англисчеге да жетти. Жалпы союздук окурмандар менен адабиятчы-сынчылар З. Кедрина, В. Озеров, В. Щербина, В. Оцкоский, С. Плеханов, Л. Лебедевалардын көңүлүн өзүнө буруп алууга жарады.

«Сынган кылыч» алтымышынчы жылдардын экинчи жарымы менен жетимишинчи жылдардын башында кандай кызыгуу туудуруп окулса, азыр да ошондой эле ыкылас жандырып окулуп жатат. Ага ышкы артуу эртең да басаңдабайт, нары улана берет, өзүнчө маанилүү себептери бар, учурунда чечмеленет. Бул маселенин бир жагы. Ушул эле убакыт, ушул эле көркөм процесстер аралыгында «Сынган кылыч» эки жолу тагдыры «саясий кылычтардын» мизине коюлуп, эки жолу катуу чабуулга кабылып, эки жолу кайра ордуна келди.

Биринчи чабуул бир сынчынын атынан тарыхый романдарга карата Борбордук Комитетке жазылган арыз боюнча жазуучулар Союзунда уюштурулган талкууда (1971, апрель) атайын максатты көздөгөн айрым адабиятчылар тобу тарабынан башталган. Алардын далбасасы кантип да болсо романды чаап түшүүдө турган. Ошол талкуунун чарпыты «Вопросы литературы» журналына жеткен. «Сынган кылычты» жактаган жалпы окурмандар каршылык көрсөтүшкөн.

Арадан он жылдай убакыт өтүп, роман көп тилдерге таралып калган маалда экинчи жолу эң эле күчтүү, эн эле коркунучтуу чабуулду КПСС тин Борбордук Комитетинен болгон жабык көрсөтмө боюнча Кыргызстан КП БК өзү баштап чыкты. Пленумда сындалгандан кийин (1983) «Сынган кылычка» Кыргызстанда төрт тарабын кыбыла кылып турчу ачык жолдор жабылып ташталды. Союздун башка элдерине таралып баратышын болсо «Советская культура» газетасынын бетинен бир көрүнүп коюшу менен («Партийная забота о художественной культуре», 26 мая 1984) кан буугандай тык токтотуп салды. Карачы, жөн дагы эмес, көркөм маданиятка жасаган партиялык камкордугу имиш?! Баса, ал ажайып «заботаны» жалгыз эле Т. Касымбеков көрдүбү?!

Жалпы совет калкы менен руханий дүйнөбүздү түзүүчүлөрүбүздүн зор бактысы бар экен, Апрель жел аргысы алардын өз табигый жасатын караңгылап тосуп көрсөтүп,

демин кысылтып келаткан бүкшүгөн жөө туманды тарката учуруп таштап, нагыз акыйкатты шаңкайта ачылтып, дырдай бойдон алдыга алып чыгып берди. Ошол көмүскөдө басылып бараткан көп өкүнүчтүү тагдырлар сорулуп турган иримге чындап тартыла баштаган Т. Касымбековдун «Сынган кылычына» да азаттык таңы атып, ардактаган окурмандарын эркин аралоого кайрадан жол ачылган.

Чыгарманын көркөм нарк, салмагын ушундан эле апачык баамдоого болот. Мансап күчүнө салып жогортон зордуктап, жолу тосотто канчалык катуу болсо да, ага басырылып баш ийбей эл ичинен элге тарап, мурдагыдай эле өтүмдүү таасирин сактап турду. Аны жалпы окурмандар өзүнчө баалап, өзүнчө окуп жатышты. Мында үлкөн маани бар, терең сыр катылган. Роман зомбулук кордугун тартуу менен кошо түрдүү категорияга кирген калың журтчулук, көркөм сөз өнөрү ышкыбоздорунун сынынан да, мезгил сынынан да ишенимдүү өтүп алды. Анын айланасында жүргөн уу-чуулар субъективдүү мамилелердин жөрөлгөлөрү экендигин да убакыт өзү далилдеп койду. Ошончо татаал тоскоолдордон асыл сапат, азем боёкторун түп насипинде сактап өтүп, өз окурмандарына алгач кездешүүдө кандай жандуу таасирлер жараткан болсо, бүгүн да ошол нускасын бузбай турушунун башкы күчү эмнеде, «Сынган кылыч» бүтүндөй улут адабиятыбыздын тажрыйбасында кандай жаңылыктар берди, мына ошолорду конкрет белгилеп, конкрет ачып чыгып, конкрет жалпылоого алып, келкисинен баа берүү адабий сындын ыйык парзы.

Баарыга маалым жана эч ким талашпайт. «Сынган кылыч» тууралуу, биринчи сөздү биз айтып жаткан жерибиз жок., Ага арналып кыргызча, орусча ондогон рецензиялар жарыяланган. Азыркы кыргыз прозасы жана тарыхый романдардын проблемалары козголгон сын макалалар менен изилдөөлөрдө айтылып келатат. Бирок, алар алдына коюлган өз милдетине жараша чектелүү гана алкакта карашкан. Ар тараптан кенири аңдаштырып, терең эстетикалык-көркөм талдоого алып, илимий-теориялык жалпылоого чейин көтөргөн изилдөөлөр жазыла элек. Калың окурмандар массасы романдын көп жактарынан ачык түшүнүк ала алышпай өздөрүнүн боолголору менен гана жашап келатышат. Азыр атайылап мактоо угуп калууга автор да, «Сынган кылыч» да муктаж эмес. Маселе алардын жалпы көркөм процессте ээлей турган орду кайсы болорун туура көрсөтүп, мындай чыгарма кантип жаралып калган жана эмне үчүн жаралыш керек экендигин аңдаштырып чыгууда турат. Ага карата карама-каршы пикирлер менен айрым сынчылардын позицияларынын кубулуп кетиш себептери да кептин жүрүшүндө кошо тиркелип отурары өзүнөн өзү болчу иштерден.

1971-жылы апрелде өткөрүлгөн ырынан чыры ашып түшкөн үлкөн талкууда К. Асаналиевдин «бүгүнкү турмушту Ч. Айтматов абдан чегине жеткире келтирил жазып койгондуктан көп калемгерлер учурдун темасынан качып, тарыхка кетип жатышат» деп өзгөчө басым жасап айтканы эсте сакталуу. Буга кайрылып калганыбыздын себеби бар, «Сынган кылыч» жөнүндө ортого ташталчу негизги сөзүбүз мына ушундан башталат. К. Асаналиевдин бул ойлору ошондо көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө бурбай койбогон чыгар. Кыйлалар, балким, туура деп да санашкандыр. Бирок, сынчы маселени эч кандай илимий-теориялык негизге таянбай, адабий тажрыйбасынын айрым учурларына тереңирээк баам жүргүзүп көрбөй туруп, түзүлө келген шарттын утурумдук пайдасына жараша жөн гана тушмалдама тыянак чыгарып, шашылыш «чечмелеп» жибергени ошондо эле белгилүү болгон. Кандай чоң талант келсе да, учурдун темасы эч качан иштелип бүтпөйт. Ар бир улуу жазуучунун өзү гана айтчу сөзү, өзү гана жаратчу дүйнөсү

болот. Ф. Достоевскийдин маалында Л. Толстой, же Л. Толстойдун жанында Ф. Достоевский өздөрүн өздөрү таап алгандай эле маани. Кеп ошондой сейрек кездешчү залкар таланттардын келишинде турат.

Ал эми тарыхка кайрылуу, болгондо да өз улут тарыхына кайрылуу таптакыр башка маселе, башкача проблемаларды көтөрүп, башкача идеяларды бекемдеп, башка доорлордун реалдуу чындыгын алып чыгып, башка коом менен инсандын диалектикалык карым-катнашын иликтеп, башкача адам концепцияларын берип, башкача эстетикалык ачылыштарды табууга алпарат. Ага учурду жазуунун кыйынчылыгынан качып, оңой жол издөө амалы баргызып жаткан жок, коомдук башка муктаждык түрткү берип, талап коюп, жактырып жатат. Аны бүгүнкү күндөн алыстап кетүү катары түшүнбөй, тескерисинче, учурга жакындоо, азыркы доорубузду жакшылап баамдап-өздөштүрүүгө ыңгайлуу ачкыч табуу, А. Толстой айткандай «анын алыскы тылынан келип кирүү» деп баалаганыбыз туура болот. Жөн эле тарых үчүн тарых жазылбайт. Дүйнөлүк адабият таржымалы менен жандуу тажрыйбасы ар кайсы калктын коомдук өнүгүш жолунун ар кайсы кесилиш нокотторунда бир гана закончөнемдүү чындык көрүнүшү дайыма кайталанып кездешип отурарын далилдейт. Эгерде роман формасы бардык жанрлар калыптанып калгандан кийин гана ошолордун синтези катары жаралса, нукура тарыхый романдар андан да алда канча кеч пайда болот. Өз тарыхына кайрылуу коомдук же улуттук аң-сезимдер өзүн өзү кайрадан аңдаштырып билүү, өз ордун өзү жаңыча белгилөө, өткөнүнөн бүгүнкүсүнө кирип табигый жуурулушкан адеп-актык жана эстетикалык көркөм дүйнөсү менен даанышман нускаларын, аалам таанып-билүү тажрыйбасын, башынан кечирген улуу драмалары менен трагедияларын түп маанисинде баалоо муктаждыгы чындап туулганда гана келип чыгат. Ал үчүн объективдүү шарттар жаралып, өйдөрөөк көтөрүлүп чыгууга таяныч болуп беришчү алгачкы өбөлгөлөр куралып, ичтен жана тыштан даярдыктар көрүлүп калыш керек. Келечектеги андай зор курулушка бүтүндөй бир-эки муун өкүлдөрүнүн көп жылдык чыгармачылык тажрыйбаларынан аз-аздап барып катмарланып жаткан бекем кыртыштуу өзүнчө бир ыңгайлуу аянт камдалып, бакыбат жер- пай түптөлүшү шарт. Бүт баарын башынан түшүп жасап отуруудан кутулган болот. Ошого жараша эл саясый-юридикалык жактан улуттук укук алып, негизинен улут катары таанылгандан башка да, жалпы ички кызыкчылыктын биримдигине табигый түрдө жетишип, ички бир бүтүндүккө өтүп, майда топчул, уруучулуук жиктелүүлөр калыптаган чектердин алкагынан реалдуу тажрыйба жүзүндө жогорулап чыгып, бир жумурулай улуттук аң-сезим менен жашап, өзүн өзү түпкүрдөн ачып кароо башталып турган маалдын келиши күтүлөт.

Эмесе, Төлөгөн Касымбеков дал ошондой кырдаалга өз убагында туш келип, ошол шарттар алып чыккан жазуучу. Мисалы, ушул эле жазуучу, ушул эле талант турса да, «Сынган кылыч» кыргыз адабиятында 20—30 же 40—50-жылдарда эч качан жаралмак эмес. Өзүнө чейин тарыхый документал негиз менен ошого багындырып ойдон кошуулар гармониялык айкалышка келип, чон жалпылоолорго көтөрүлбөсө да, көптөгөн белгилүү окуялардын (өзгөчө он алтынчы жылдагы) түздөн-түз күбөлөрү тарабынан түрдүү жанрларда жарым очерк, жарым көркөм чыгарма, жарым эскерме, жарым баяндама мүнөздө жазылган ондогон чыгармалар жашап жаткан. Бул теманы өздөштүрүүнүн биринчи баскычы толук аяктап, далай күч, эмгек, далай убакыт жумшалчу иштерди ошолор бүтүрүп коюшкан. Ага жаңыча бийиктиктен келип

кароонун өзүнчө сомосу түзүлүп, кийин келчү калемгерлерге оң, терс сабак болчу тажрыйбалар турган. Буларга кошумча, учурдагы адабияттын жаңы эстетикалык ачылыштары жана тарыхый романдардын дүйнөлүк масштабда бааланчу ири ийгиликтери менен далай жазуучулар кетирип келатышкан көптөгөн кемчиликтер да, олуттуу ой жүгүртүүлөргө салып, тынымсыз изденүүлөр, астыртан атаандашууларга чакырбай койгон эместир. Баары мыйзамченемдүү, ичтен да, сырттан да даярдалып келген күчтөр бир мерчемге барып ачылып чыкмак. Ушинтип, Т. Касымбековдун кыргыз элинин тарыхына кадаланып кайрылып отурушу да, алыстан имерип келип, алыскы нокотту болжогон идеялык концепциясы чулу, кубаттуу эстетикалык-көркөм аземдер менен шөкөттөлгөн «Сынган кылычтай» чоң романдын жазылып калышы да, эч кандай күтүүсүздөн чыга калган кокустук эмес экен.

Тарыхка жаңыча мамиле жасоо, баарыдан мурда жаңыча баскычка көтөрүлүүгө жаңыча камылга көрүү, жаңы ыкмалар, жаңы чен-өлчөмдөр, жаңы ойлор, жаңыча түюнтуу каражаттар менен жетик куралдануу деген түшүнүктү билдирет. Эң кыйын, эң татаалы жана башкысы, историзм принцибин аң-сезимдүү түрдө чыгармачылык менен өздөштүрө билүү, өткөндү тарыхый-социалдык, саясий-идеологиялык, көркөм-эстетикалык позициядан, жазуучунун жеке позициясынан кароо, негизгиси, ошол проблемаларды адабий чыгармада көтөрүп, адабий чыгармада чечмелөөдө турат. Мына ошондуктан, темага тарыхчы-жазуучу, же жазуучу-тарыхчы болуп киришүү, көптөгөн татаал маселелер менен мезгил суроолоруна өз табият деңгээлинде жооп берүү талап кылынат. Буга табигый талант менен калем тажрыйбасынан башка да жетиштүү билим, түзүлүштүн саясий-экономикалык жосунунан тартып элдин колдонгон динине чейин, жалпы руханий дүйнөсүнөн күндөлүк тиричилик ыкмаларына чейин, башка калктар менен болгон алака-катыштан алган маданий жана практикалык иш жөрөлгөлөрүнөн географиялык чөйрөнүн тийгизген таасирлерине чейин терең үйрөнүп, ар бир окуянын чыгыш жана жүрүш логикасын ичтен көзөмөлдөп, сергек кармай билген зиректик зарыл.

Историзм принцибин өздөштүрүү адабий тажрыйбабызда ушул күнгө чейин аягына чыгара иштелип бүтө элек өтө татаал маселе. Азыр ирония түрүндө «кентавр термин», «кентавр аныктама» (Ю. Борев) атап жатышкан, бир убакта күндөлүк саясатка байлап Сталин менен Горький чыгара коюшкан социалисттик реализм методу дегенди аңдаштырып билүүдөн оңой же маанисиз деп эч кимибиз айталбайбыз. Кыскарта тартканда, чындап өз улутунун тарыхын ачып чыгып, дүйнө калктарынын сабына туруш үчүн башынан эл катары жашап келген укугун таанытуу милдетин аң-сезимдүүлүк менен мойнуна артуу табиятынан духу күчтүү, даана патриот жазуучулар гана жасай жүрчү үлкөн эрдикке жатат.

«Сынган кылыч» бир жагынан, кыргыз адабияты өзүнө чейин ушул темада топтогон тажрыйбаны жыйынтыктаган, экинчи жагынан, жанрдын бул түрүн көркөм өнүгүштүн жаңы баскычына көтөргөн нагыз этаптык чыгарма болду. Сөздүн толук жана кеңири маанисинде, теориялык тарабынан караган кезде да, практикалык тарабынан баалаган кезде да, башкы талаптарга жооп берген, негизги аныктамалардын сыноосун ишенимдүү көтөрө алган чыныгы тарыхый романдын үлгүсү. Улуттук көркөм сөз өнөрүбүздө тарыхый темада жазылган жаңы типтеги биринчи роман. Тарыхый романдын жалпы союздук аренага чыгышы (буга дейре темалаш жаралып келген ыр, поэма, повесть, аңгеме, пьесалар деле көрүнө алышпаган) жана чет тилдерге кетиши

да ушул «Сынган кылычтан» башталды. Болгондо да экзотика катары утурумдук сырткы кызыктыруусу же бир учурларда жаш адабияттарга жеңилдик берип көтөрмөлөп койчу шарттуу баа алуу аркылуу эмес, кадимки профессионалдык деңгээлин, кайсы эл, кайсы улут өкүлдөрүнө болсо да чыныгы көркөм чыгарма экендигине талашсыз ишендирип туруп окутууга жакшы жарамдуулугун көрсөтүп, өз укугун таанытып чыкты.

«Сынган кылычтын», же мындагы Т. Касымбековдун азырга чейин эч ким жакшылап көңүл бура элек биринчи жана башкы жаңылыгы, өзүнүн башкы предмети — адамга жасаган мамилесинен жол алат. Автор ачык жарыялабай туруп темалаш иштеп жүрүшкөн кыргыз калемгерлери менен баштан аяк ичкертен полемика жүргүзүп, тарыхый инсандар реалдуу турмушта кандай болушкан жана алар кандай жазылышы керек экендиги жөнүндө өз концепциясын көркөм практикада жүзөгө ашырып, жандуу үлгү-мисалдарды алдыбызга тартып, эстетикалык кредолорунан сабак алууга калем кармаган канча бир ышкыбоздордун назарын буруп койду. 20—30-жылдардагы бүгүнкү түшүнүк менен баалаганда кадимкидей күлкү чакырчу өткөнгө карата өтө метафизикалык, өтө бир сызыктуу, кирпик алдынан наркыны көралбай күндөлүк саясий жана үгүт-насаат талаптарынан чыгып, эстетикалык аңдап-билүү утурумдук утилитардык мүдөөгө алмаштырылып жазылчу чыгармалардын инерциясы боюнча кайталанып, даяр калыпка салынып келатчу жогорку тап өкүлдөрү бир да пендечилик оң же табигый сапаты жок, бут бойдон кызылдай мокочо, туруш-турпаты менен наадан, кулкуну чоң, напси бузук айланасын тоногуч, эл душманы, улуттун башына түшкөн оор трагедия болуп бааланчу көнүмүш чен- өлчөмдөрдү бузуп, аларга АДАМ катары карап, адам сыпатына салып териштирип, аларда деле жалпы адамда бар сапаттар болгонун тереңден таап ачып көрсөтүп берди. Муну Т. Касымбеков таптык позициядан тайбай туруп, Маркстын сөзүн перефразалап айтканда, адам табиятына эмне мүнөздүү болсо, ошолордун баарынан алар да жат эмес экендигин бизге жакшылап таанытып салды деген мааниде туюнтуп жатабыз.

Акыйкатта да «...тарыхты адамдар жаратса, анда личностордун ишмердиги да мааниге ээ болбой калышы мүмкүн эмес»[1] экендигин унутуп, жалаң гана ал кесепети, эл душманы кылып жеңил-желпи көчө комедиясынын деңгээлинде карикатуралап оңой эле жамандап, оңой эле айыптап, оңой эле өкүм чыгарып жиберчү башкаруучулар менен бардар жашагандардын жалпы эл массасына сөзсүз түрдө тарттырчу оорчулуктарынан бөлөк да кишичилик жактары, жандуу сезим-туйгусу менен жарамдуу акыл-эси, интимдүү мамилелери менен ички карама-каршылыгы, чатырап жанган жаштыгы менен жалыны чыкпай быкшыган карылыгы, өкчөгөн ашыгы ат жалына алчы турчу келкели араандай жүргөн чактары менен маарадагы максатына жетпей калган ачуу арманы, тетиктиги менен тээжиктигинин аягында өзүнө кайтчу өмүр акыбети, турмуштан өндүрүп алчу аласасы менен өлүмгө түз моюн сунуп барчу бересеси да болгонун кыргыз окурмандары ушул романдан гана ачык жолуктура баштаашты. Аларда ынак дос турсун каардуу душмандын да артыкча амал-айласы менен акыл-чабытын өз наркынан төмөн түшүрбөй баалай билүү марттыгы бар. Бүтүндөй иш-аракети, жашоо маңызы, жеке керт баштын кызыкчылыгы, бирөөлөрдүн эсебинен пайдага тунуу, караламан журттун үстүнөн катаал бийлик

[1] Г. В. Плеханов. Избранные философские произведения. М., 1956, т. 2., б. 311.

жүргүзүүдөн башка кымындай оң жөрөлгөлөр ыйгарылбай сыпатталып, ушундай тыянактар чыгарылчу
эмес беле. Бирок реалдуу турмушта коом бүтүндөй ошондой кишилерден турбаган да. Башкасын айтпаганда деле баатыр Манастын өзү да ошол өйдөңкү таптын өкүлү — хан болуп жатпайбы. Анысына карабай Манас элдик киши, өзүнүн тагдыры — эл тагдыры, Ата журттун тагдыры. Же Курманбек менен Жаңыл Мырза бири кулдун, бири күңдүн «үйүнөн» аттанып чыгышкан берендерби, же ынсабы бузук, алдым-жуттум ачкөздүгү менен өзүнөн башкалардын келечегин ойлобогон кем акыл жамандыгынан ошондой эрдикке барыштыбы? Көрсө, өткөнгө мамиле алтымышынчы жылдарга чейинки профессионал адабиятыбызга караганда фольклордо туура жасалып келген турбайбы...

Жогорку тап өкүлдөрүнүн калк башкаруу тажрыйбасында өз заманында коомдук түзүлүштүн социалдык табият, талаптарынан туулган саясий жана практикалык иш алып баруу жолдору менен шартталып, түпкүлүгүндө ошол кызыкчылыктарды жактап, ошол мүдөөлөрдү орундатууну көздөсө да алардын далайларынын мойнунда улуттун кызыкчылыгы, улутту улут кылып турчу өзгөчөлүгүн, эл тагдырын, мекен тагдырын сактап калуу милдети турган. Т. Касымбеков жалпы коомдук татаал өнүгүштүн контекстинде белгилүү инсандардын тарыхта ойногон ролун кошо карап, оң жана терс белгилерин кошо баалайт, экөөнү тең көрөт. Андайлар сөзсүз болгон. Айталы, Атаке баатыр, Боронбай манап, Шабдан мырза, Курманжан даткалар жүргүзгөн татаал жана зор иштерди башкалар эмес, тарыхтын өзү да таналбай кайра-кайра көтөрүп чыгып, тиешелүү орундарына коюп жатпайбы... Болбосо Кененсарынын кыргыздарга жасаган катуу чабуулун кайтарууда Ормон чон манап көрсөткөн чыныгы атуул азаматтык менен ажайып айлакерлик жеке эле эл азыгын кардына солоп, кара жанынын гана камыңда жашаган бир ашынган өзүмчүл гөртүркөй, табиятынан зили пас, ичтен чыккан душман адамдан күтүлчү ишпи?! Аны тагдырын кылыч мизине туштатып коюп, ошол кандуу кармашка баргызып жаткан күч жалпы кыргыз журтунун келечеги, башчылык жана улуттук парзы.

Көп майда салалуу, көп курамалуу, көп буйткалуу, чатышкан кайталама карама-каршылыктуу шарттар тынымсыз чыгарып турган ички жана тышкы кагылыштан болгон тез-тез бийлик алмашуу, тез-тез саясат өзгөрүү, артка кетүү, алдыга өтүү, баарына зордук, бийлик аркылуу жетүү, баарын кара күчкө салып бийлик аркылуу чечүү жетектеген татаал доор өз табиятына жараша өзүн да, бөлөктү да аябаган, мезгил жаалындай жаалдуу, «заманасы бөрү болсо бөрү, түлкү болсо түлкү болчу» жанкечти күрөшчүл, эрки күчтүү, тагдырын талашып, тосмолорго жооп издеп, жооп берүү, алуу жана алдыруу менен жулкушуп жашаган кайтпас чыгаан, эрки бекем инсандарды пайда кылат. Алардын бардык кереметтүү жана кесепеттүү жактары, арам-адал иштери, турмушка кирүү жолдору, жашоодо колдонгон эрежелери мезгил талабы менен мүнөздөлөт, өзү ошого ыңгайлашып калыптанат, акыл чабытын, талант жөндөмүн да ошолордон ачат. Уч-кыйырсыз узун сапарында жүз кырдуу турмуш толкундарын аралап жылып бараткан коом корабли жогорку руль тарабындагылар жагынан ушундай кетет. Ошого жараша анын өзөк катмары — ички мотору менен жалпы составдык курулушу бар. Ал — тарыхтын башкы түзүүчүсү — ЭЛ массасы, төмөнкү тап өкүлдөрү, бардык руханий жана материалдык байлыктардын жаратуучусу, бардык оорчулукту көтөрүп, баарына түтүп, баарын алгалаткан бирден-бир түбү бекем, түгөнбөс күч. Коомдун абийир-ыйманы, элдин элдигине жарап турчу акылманды да,

баатырды да, өлбөс өнөр ээсин да, эл өзүнөн чыгарат, «...жекече ишмердиги зарыл окуялардын чиркелишинде зарыл звено» (Г. Плеханов) боло албай ийри кеткен жактарын аягында эл өзү түздөп, бөксөсүн өзү толтуруп, өз аты менен тагдырын өзү сактап турат. Ар кандай улуу чечимдерди эл бүтүрөт, бардыгы элге багынат, прогресстин бардык дүрмөтү элде.

Т. Касымбеков историзм принцибин мыкты өздөштүргөн, диалектикалык ой жүгүртүүгө жөндөмдүү, жаратылышынан нукура художник жазуучу катары мына ушул карама-каршылыктуу татаал эриш-аркакты чогуусунан кармап, өнүгүштү жалпы фон, жалпы картинасы менен кошо камтууга алып, агымдын жандуу туюнтмалары болгон тарыхый инсандар менен карапайым калк өкүлдөрүнүн ишкердик жана жеке пендечилик ички турмушун кеңири көркөм иликтөөгө жетишкен. Ошол коомдук түзүлүштүн жалпы структурасы, мындан да тагыраак деталдаштырып айтканда, тоолук кыргыздар менен ичкилик, кыпчактардын Кокон хандыгы жана падышачылык колонизаторлордун кириш маалында жүргөн тарыхый процесстин жалпы системасынын ээлеген орду, көч баштоочулардын бүтүндөй улут жаатынын келечеги үчүн оң жана сол баада ойногон ролу, баары кучакка алынган кулачтуу масштабына жараша романда мезгил жана мейкиндик аралыгы да узак жылдарга созулат. Негизги зор окуялардын жүрүшү отуз беш жылдын айланасында өтсө да, ретроспективдүү учурлар аларды те алыскы Бабур доорлорунда көктөгөн тамырлары менен кошууга чейин алып кетет. Бул кыргыз адабиятынын тажрыйбасында таптакыр өгүз коштун мизи тие элек бузулбаган дың болучу. Идея боюнча ошол географиялык климаты бөлөкчө, жаңы аймак, жаңы кыртышты өздөштүрүп, өндүрүп алган мөмө-жемиштердин сорту да, салмактуулугу да, түс түрү да, татымы да, жагымы да, бөлөкчө чыгыш керек го. Акыйкатта да адис багван өнөрүнөн ошондой баар тапкан.

Кайсы доордо болсо да тарых агымына кирген белгилүү адамдардын тандаган жолу, колдонгон амал-айласы, акыл тажрыйбасы менен жеткен жеңиштеринин өлчөмү, же бар күч-аракет эмнеден башталып, эмне менен аяктап, эмне менен бааланары белгилүү алкактын гана чектеринде айланып жүрөт. Бул, кыязы, турмуш чындыгын көркөм чындыкка көтөрүүдө негизги байланыш түйүндөрдүн жазуучу тарабынан ушунчалык таамай кармалышы менен ошого аналогиялуу процесстердеги жалпылыктын моделин нукура адис философ жүз-жүз эселеп кичирейтип келип, негизги маңызын гана теориялык туюнтмага өткөрүп коё аларынын дал келишинен болсо керек. Жогоруда шилтеме жасаган Г. В. Плехановдун «К вопросу о роли личности в истории» деген айтылуу классикалык эмгегинде талашсыз тууралыгын реалдуу турмуш өзү далилдеп, өзү аксиомага айландырып келаткан эң сонун эки аныктамасы тим эле ушул роман беттерине шыкалган зор дүйнөдөн чыгарылгансып, же бул чыгарма ошол түрмөктөп кысып отуруп чакан пружинага айлантып кармап турган ойлорду эркин жазып жиберип көрсөткөн жандуу түзүлүш кыймылы сыяктанып аябай дал келип, табигый айкалыша түшөт экен. Акылмандын айткандары бул: а) ...личность может проявить свои таланты только тогда, когда она займет необходимое для этого положение в обществе» (322); б) ...«Влиятельные личности благодаря особенностям своего ума и характера могут изменять индивидуальную физиономию событий и некоторые их частные последствия, но они не могут изменить их общее направление, которые определяются другими силами» (336).

Мына ошол коомдо өз талантын ачууга зарыл болгон орунду таап, окуялардын индивидуалдуу физиономиясы менен айрым чекене учурларын өзгөртүүгө жараган акыл, мүнөзү бар инсандар удаалашып ачык аренага чыгып жатышат. Алардын артында алыста башталган коогалаң шооруту менен арадан чыккан дүрбөлөңгө кулак түрүп, бирде чогуу толкуп өйдө сүрүлүп, бирде чачырай түшүп капталга чабылып, бирде күргүчтөп тосмолорду сел болуп каптоого камынып, бирде муз алдында араң шылдырап калып, тагдыр менен таймашып түптүү эл келет. Эми алардын көпчүлүгүн көпчүлүк бойдон, жекесин жеке турушунда, ар кандай өз- өзүнчө карап, адамдык насили, жан дүйнөсү, кулк-мүнөзү, кебете- кешпири жана өтөгөн коомдук милдети боюнча бири-биринен ажырата таанып чыгып, кайра жалпылык биримдигин таап, баарын өз-өз ордуна коё берсе болот.

Аналитикалык акыл, табарман интуиция, образдуу ойлоонун күчтүүлүгү, терең психологизм, элестүү көркөм деталь, штрихтер, ташыган тил байлыгы, адистик бийик профессионализм аркалаган мындай анык элдик роман оңой эле жарала калбайт да. Тубаса талантты талбаган өжөр эмгек, башка көркөм өнөр мектептеринин тажрыйбасын чыгармачылык менен өздөштүрүү, тынымсыз изденүү ачып берет. XIX кылымдагы орус классикасы менен Чыгыш руханий дүйнөсүн синтездештирбей туруп, Төлөгөн Касымбеков бул деңгээлге эч качан көтөрүлмөк эмес.

Ушундай чоң сапат ийгиликтерине карабастан «Сынган кылычтын» азыркы басылышын автор баштан аяк катуу сыдыргыдан өткөрүп чыкты. Жаңы редакциясында эң көп алымча-кошумчалар болду. Романдын структуралык түзүлүшүндө айрым жерлери хроникалык жактан тартипке салынды. Жалпы контекст бузулбай Алымбек, Курманжан «Келкелден» алынып келди. Өзгөчө Бекназардын, Курманжандын образдары кайра иштелди. Байтик менен Шабдандын окуяларына толуктоолор киргизилди. Маалында социдеология менен күндөлүк саясат унчуктурбай жер каратып өткөргөн учурлар ачылды. Тескерисинче калканч катары колдонулган жасалма справкалар алынып ташталды.

Анда табиятынан көркөм сөз үчүн туулган кыл чебер стилист сүрөткер Төлөгөн Касымбековдун «эскиден» жаңылыктар ачып, кыргыз романистикасында нагыз этаптык чыгарма болгон «Сынган кылычы» жаңы редакциясында жалпы окурмандары менен жолугууга аттана берсин. Катаал мезгилдер тартышынан капшырылбай өткөн классикага
А К Ж О Л!

Кадыркул ДАУТОВ.

# АРНОО

... өткөн кезге өтүп алып,
өз кезиме жалгыз калып,
түшкөн санаа жалгыз башка
көк ирим көл, дария,
күн санабай өзүм чөгүп,
ай санабай өзүм агып...
аздан туюп кереметин
үкү болуп түн терметтим,
азгын, тозгун календердей
ач-тогумду айрый билбей...

...эрени менен бир басып,
эстүсү менен сырлашып, жакшысы
өлсө кошо өлүп, жесирден кайра
төрөлүп, көйкөйүнө аралашып
өз арманым толуп, ашып
жүз бир ирет көргөн аян
мин толгонуп болгон баян...

... тири жүрсөң көрө албаган
жалаа кылып көп «тууган» жакалады
билерман,
өнөргө өкүм чыгарган,
акылга чоңдук кыларман...

...калыстардын жүйөсү өтпөй, арачага
алы жетпей,
көңүл өкүнч күү козгоп,
кылактап үмүт кууга окшоп,
өң өзгөрүп, шүйүп болуп,
октон качкан кийик болуп,
ала качтым өзүмү өзүм
асте сүрөп сыйынт сезим,
дагы эле
ой толгоонун бийигине,
көрөр тагдыр чийинине...

...илхам берип кудуретим,
ылгап, иргеп сөз ширесин,
кылым кезген кыргыз атын
кылыч менен зоого жаздым,
бою жетпес, ою түтпөс
өздөн чыккан дили пастын...

...эми
калыс болсун өз элим
азбы, көпбү эмгегим,
"аз" делинсе өчпөсмүн,
"көп" көрүнсө көпбөсмүн
кылдым колдон келгенин...

08.05.97.

# БИРИНЧИ КИТЕП

## Кан ордо

*...ордосу болбой эл болбойт,*
*ордолуу эл кем болбойт,*
*ордосу жок, журту жок,*
*ортосунда ыркы жок*
*эл дегенге тең болбойт...*

*(эл акылы)*

### БИРИНЧИ БӨЛҮМ

1865—жыл...

Генерал Черняев боз чаптуу дөңдө жалгыз көздүү дүрбү салып турду. Бет алдындагы түз талаа гана эмес, те алда кайда карарган чоочун Ташкен дубалы, мунарыктын алдында жаткан дарактуу кыштактар, сай бойлорундагы күдүрөйгөн камыштар, андан бери канаттуу чегирткелердей жайнап, акырын жылып келаткан көп аскер даана жатты. Кылка - кылка атчандар. Арты көрүнбөй ийрилип, чубалган жөөлөр. Боз чаң ар жерден бирткелеп түтөп, кайра жерге сүйрөлүп, суйдаң сарала тулаң чөптөргө, жалгыз аяк көк жантактарга самсып төгүлөт. Алыстан ат кишенейт. Адамдын жаң- жуңу кулакка илешет. Кокондуктар мынчалык камдуу келерин генерал күтпөгөн эле. Бирок, жүрөгүнүн өртү өчө элек курагы, аксаргыл жүзүнөн кандайдыр бир кооптонуу көрүнбөдү, жеңишинин тагдырына санаркоо болбоду. Кайта, эч капарсыз гана, каралжын саргыч мурутунун алдынан текебер жымыйып тиктеп турду. Бу ийри кылыччандарды биринчи жолу көрүп отурабы?
Бат атар мылтык менен толук куралданган бир жарым миң солдаты, бул жер түгүл Европага жүрүш кылууга жарай турган мыкты артиллериясы бар. Эмнеден кооп санамакчы? Кандайдыр бир коркунуч түзүүчү шарт азырынча бет алдында жок сыяктуу болучу.

Ушул учурда кокондуктардын аскербашысы да мерчемдүү өңүткө келген. Ак боз аргымактын тизгинин жыя тутуп, сары талааны туш-тарабына, боз чаптуу майда адырларга, өңүт тандап бөлүнүп кетип жатышкан кошун кыйрына назар таштады. Көздөрү канталап, иреңи кубарып, бырышы көбөйүп, уйкудан жүдөгөн. Анын үстүнө, эки ийнинен жеңсиз карала кымкап акбоз аргымактын дүңкүйгөн соорусуна чубалып, көлбүп басып дагы көрүмсүз кылып салган. Кушту жырткыч кылган тырмагы, кишини сүрдүү кылган мансабы. Жандап турган нөкөрлөр, удайчылар[1] көзүнүн агы менен чимирилишип, ал эч ким менен сүйлөшпөй, эч ким менен макулдашпай, туштарабын

1 Удайчы — жан жигит, кайтарып жүрөр жигит.

колун серелеп карап, акырын ооз кыбыратуу менен керектүү буйруктарын оң канатка, сол канатка берип турду.

Үч күндөн берки акмалашуу бүтүп, бирине-биринин сыры такыр белгисиз эки жоо үрөй учурган тымтырс бойдон, акырындап, улам жакындашып келатты. Сыпайлар[1] беталдын, өңүтүн бат-бат өзгөртүп, тушкелди бастырышып, бирде дыр коюп, ат ойнотуп, бирде элтейип токтой калышып жатты. Үстөмдүктү алыш үчүнбү, күн батыш тараптан генерал Черняевдин айрым бөлүктөрү биринчи болуп кол салып, тынымсыз барабан дабырап, арт жагынан анда-санда дүңгүрөп замбирек атылып, жүрөк үшүткөн сүр менен кокон кошунунун сол канатын түрө чыкты. Бир тегиз ак кийинген солдаттар ок жете турган аралыктан анча өтүшпөй, леклектердей желе тартып эки жакка жайылып, жабыла ок чыгарышып, көгөрүп каптап кириушти.

Аскербашы[2] жаак териси тырышып, канталаган жүдөө көздөрүн акырын ирмегилеп, камчылуу колун чекесине алып, ойго батып тиктеп калды. Нөкөрлөр нестейди, ар бири ичинен кармашуунун жоопкерчи- лигинен өзүн какас ойлоп, бу кантер экен дешкендей алдыртан аскербашыга көз салышып, унчукпай, кай биринин дени өлүп, кай бири табалап, тышынан жөргөмүштөй бүрүшүп оозун карап, катып турушту. Аскербашы чарчаңкы улутунду:

- Чырнай паша кылычташууга жеткирбей, өзүнүн огу келгидей аралыктан бери өтпөй, кууп атып кырмакчыбы?

Жакын турган Абдымомун бек эңилип:

- Ошондой го, таксыр, бу капырдын ою! — деди акырын. Аскербашы ойлонуп унчукпай калды. Канталаган жүдөө көздөрү чекчейип, тиги кымкуут түшүрүп өткүн сыяктуу улам кысып шатырап жакындап келаткан жакты диртилдеп чаргып, тынчы кете баштады. Ал акырын ооз кыбыратып буйрук айтты:

— Толгомо...

Анын ою душманын замбиректеринен бөлүп, алаксытып, желиктирип ортону көздөй көп такат кылбай коё берип, анан эки капталынан шап ороп, окко карабай жабыла ат коюп кирип, бирме-бир салгылашууга тартуу. Ага жеткенде генерал Черняев темир курчоодо калмакчы. Жеткиреби ошого? Муну генерал баамдап коё тургандай же бирөө жеткирип сала тургандай жүрөгү чоочулап, ичи бир кымылдап, бир сыйрылып, башына кан дүргүп, жаны түтөп, барган сайын чыдамы бүтүп баратты. Ал сол канат жакка бастырды...

Генерал Черняев дүрбүнү көзүнөн алды. Бир пас жөн тиктеп, жерди көзү менен чендеп алды да, буйгада бугуп турушкан атчан козак жүздөрүн эки канаттан тең ок менен алга жыла берүүгө буйрук кылды. Анын ою байкоо, эгер көптүккө салып жапырып киришсе, аткылоо менен дароо артка чегинип, аларды замбиректердин огуна капталтуу, кайра чабуулга өтүү, а даай алышпаса, кууп атып, улам жаңы өңүттөрдү колго ала берүү. Генерал чоң дүрбүнү кайра көзүнө алды. Кызыл кийинген сарбаздар[3] далдакташып, шашып жүрүшкөн болуу керек, кытайча деп аталган кичинекей жез замбиректерин дөңдөргө орнотуп жатышат. Алардан бери, ар жерде үйрүлүп токтой калып турган сыпайлардын үстү жагында милтелүү мылтыктарынан улам түтүндү бурк эттире мергендери бат-бат ок чыгарууда. Кай жакты мелжеп жатышты экен? Генерал

1 Сыпай — атчан аскер.
2 Аскербашы — колбашчы, башкы командачы
3 Сарбаз – жөө аскер

байкай албады. Өзүнүн алдыдагы аткычтар ротасынын желеленген катарын сыдырып тиктеди. Жыгылганы же катардан аксап калып калганы көзүнө чалынган жок. Андан соң чоң дүрбү кокон кошунун так ортосун генералдын алдына тартты. Боз чаптуу дөң... Бир топ атчан... Акырын сол канат жакка бастырып баратышат... Генерал алдыңкы акбоз атчанды көп имерип тиктеди...

— Алымкул... даңазалуу аскербашысы... Ошол өзү...—деди, аксаргыч жүзү, көгүлтүр тунук көзү жайнап. —Гм... Өзү келген экен алдыңкы өңүткө...

Акбоз аргымакчан аскербашы өз тегерегиндеги тандалган сыпайларды октон четтеп аздап кетенчиктей берүүгө буйрук кылды да, өзү бир топ удайчы менен генерал Черняевдин алдыңкы күчтөрүнүн жолунда калды. Эми ок чырылдап келип, жакын түшө баштады. Акырын селтилдеп кошкуруп, кулактарын тикчийтип, тиги улам жакындап келаткан чочун каңыртты тиктеп, ооздугун шылдырт чайнап акбоз аргымак тыбырады. Эмне үчүн? Аскербашы кылычын булгалап, тизгинди жыя тутуп теминип, акбоз аргымакты ансайын элиртип, кыйкырып ураан таштап карашалай берди. Ал душманынын көңүлүн өзүнө тартты. Кармашууга чындап киргендей түр көрсөтүп, кытайчаларынан тындырбай ок чыгарта баштады. Бирок, ал кытайчаларын бирдемеге жарайт деп үмүт кылган жок, кытайчалар орус замбиректерине караганда көсөө эле, антсе да, сарбаздар кутургандай дүңкүлдөтүштү, мелжеген жерге жетпей октору ара жолдо чаңга аралаша тоголонуп калып жатты. А аскербашы дагы эле ат ойнотуп дөңдө. Ошол учурда ага жакын турган нөкөрдүн аты чыңырып кош аяктап тура калды да, оңколоп жыгылып түштү. Ээсин баса жыгылды. Тургандардын үрөйү учту. Аскербашы гана өлүм издеген сыяктуу, өжөрлөнүп ат ойнотуп, шаңданып көзгө түшө берди...

Генерал Черняев баарын көрүп турду. Ага аскербашы желөпкө жигиттей жеңил сезилди. Ал дүрбүнү көзүнөн алып мыйыгынан күлдү:

- Мына, Күнчыгышта октун алдында жалаңач чапмай али бар. Ок баатырды аяйбы! Бул башы менен бу аскербашыбыз бөөдө өлүп алат...

- Бул, менин билишимче, кыргыз кыпчактын жедигер уругунан чыккан киши, - деп эске салды генералга жакын турган аскерче кийинген ориенталист, кокон калкынын эң тынчы жок согушчан катмарынын башкы жолбашчысы, көсөмү. Бу адам өз ара кармашуудан быркыранып бузулуп калган уруулардын союзун кийинки үч жылдын ичинде өзүнүн акылы менен, айлакерлиги менен, албетте мүмкүндүгүнүн болушунча, кайра бириктирди. Согушка жарамдуулугун бир кыйла көтөрдү.

Генерал жактырбады. Ал беталдын тиктеп турган калыбында, өзүнчө күңкүлдөп койду:

- Баары бир кеч болуп калды. Эми кандай гана тыбырабасын натыйжасы куру бакыруу, куру жулунуу, окко жылаңач төшүн тосуп чабуу...

— А го белгилүү иш.

Генерал камырабай жерге түкүрүп, аппак жүзарчу менен эриндерин сүрткөн болду да, каралжын саргыл мурутун сылап туруп, тиги акбоз аттуу топту бир орудие менен аткылоого буйрук кылды.

— Кана, баатырлыгын көрөлү...

Ал дүрбүнү кайра көзүнө кармады. Ушул кароодо орудиесинин кубаттуу ядрасы дөбөнү ак чаңга бөлөп, кандай кымкуут түшүрөрүн, акбоз аргымак кызуу кандуу ээсин көтөрүп кандай ызылдап качып баратканын тамаша кылып тургусу келди. Жок... Акбоз аргымак дөңдө жок! Генерал Черняев көзүн парлап алып кайра кадала тиктеди. Ар

жерде көк жантак сербейип... аттын өлүгү жалгыз карарып жатат... Ошол учурда оң жактан да, сол жактан да, көп кошун жайнап чыкты.

- Алдагысы келген экен карыган түлкү. Курчап алгысы бар окшойт! - деди генерал Черняев. - Азырак артка! Тез!

Байланышчы буйрукту алдыңкы аткычтар ротасына алып чапты. Генералдын иреңи биртике кубарып кетти.
Бирок, ого бетер мүнөзү жайдары тартып, өрөпкүп чыкты:

- Тез! Орудиелерге таянып, тегерене коргонуп туралычы. Хе, айтпадым беле, буларда жалаңачтанып октун алдына чапмай али бар деп! Мейли, алачапандарынан ок өтпөй турган болсо, мейли, келе беришсин! - деп сүйлөп, көгүлтүр тунук көздөрү жалтырап, эң алдыңкы топтун тездигин ээрчий тиктеп, тынчы кеткени билинип баратты. А канаттуу атчандар орудиелердин артына өтө чыксачы?..

Кокон аскербашысынын жүрөгүн өйүгөн да ушул болду. А дегенде тике качырбастан, душмандын бир канатын толгой качырып, куюн сыктуу улам сыгып ороло чаап, желкеден уруу, беттеген багытынан ажыратып, аралашып, кылычташууга мажбурлоо. О, ал үчүн окко чыдоо керек! Окко чыдаса жеңиш, чыдай албаса чилдей качып кырылыш. Качып кайда барасың? Кайсы убакка чейин качып отурасың?.. Ал өрттөнүп, бир жерге тынчып карап туралбай, туталанып, ар жоокеринин алдына ыйлап бергидей болуп, жаагынын этин жеп, бүт кошунду чабуулга көтөрдү.

- Хайт де! айт де! Карышкыр тузакка кабылды... Өзү келип кабылды. Хайт дегиле! Орогула... Тепсеп өткүлө...

Көп кошун чубалып, кара селдин шарындай түрмөк-түрмөк болуп, эң катуу тездик менен, бороондой күүлдөп, генерал Черняевдин сол флангасын жемирип кирди. Ок мөндүр болуп тосту. Тобокелчи жандар өрттөй чатырап, ажал канатына жармашып, кылычтарын булгалап, аттан мурда алга обдулуп, ири алдыда дүрдүгүп баратышты. У-у-у! у-! у-у! Хайт! Хайттайт! Ызылдаган кыйкырыктан, дабылдын үнүнөн, ат туягынан жер дүңгүрөдү. Генерал Черняевдин бийик жерге катар орнотулган замбиректери жабыла ок бүркүп тосо баштады. Учкаяк аргымактар аралаша тийген ядрадан чакчаңдап элирип качып, өлүктөрдүн үстүнөн, жыгылган аттардын үстүнөн так түйүлүп, ок жаңылганы чыңыра кишенеп аласалып, кай бир аттар үзөңгүгө буту илинип калган чала жан кишилерди сүйрөп, кара селдин сүрдөнүндө үркүп чуркап келатты. Кандын жыты, күйгөн дарынын жыты абаны мас кылды.

- Хайт де! Хайт де! Орогула!.. Жайпап өткүлө... Тепсеп өткүлө. Хайт де! Ата арбагы колдосун... Хайт де...

Аскербашынын үнү бирде өкүмдөнүп буйрук болуп, бирде каар төгүлүп, бирде баш кеңгиреткен кымкуут каңыртка аралашып, төнүп, кандайдыр алсызданып, жалынып тургандай, каландердин ырындай муңдуу болуп, чаңдуу абада, кан жыттанган кызыл абада, дары жыт түтүндүү көк абада калкып жүрдү.

Генерал Черняев тегерене коргонду. Солдаттар, атчан козак жүздөрү аттарынан түшүшүп, жерге сулап жатышып, чабуулдан ок менен калкаланышып, тиги жапан атчандардын алдына катуу бүлгүн түшүрүп, бирок, кантсе да кысылып, аздап артка чегинип туруугa мажбур болуп жатышты. Кокондуктар өжөрлөнүп, кырылганына карабай, күбүлгөнүнө карабай, суудай каптап, ири алды кылычташууга үлгүрө тургандай болуп келатты. Генерал Черняевдин жүзүнөн текебер жылмаюу кете

баштады. Ок канчага жарар экен?.. Жапан атчандар канчага чыдар экен?.. Анын жүрөгүн дүкүлдөтүп, жапан атчандар оролуп баратты..

Жанындагы нөкөрлөрүнөн кымкуутта аскербашы ажырай түшкөн эле. Бир гана удайчысы ээрчип жүрдү. Ал эч адашпай, эч калбай, көлөкөсү сыяктуу ээрчип жүрдү. Аты да кара, өзүнүн ирени да кара, түнөрүңкү, суз, муздак болучу. Эриндерин бек кымтып, агы көрүнбөгөн кичинекей жылтыр көздөрүн былк эттирбей, аскербашыны дайыма тиктеп жүрдү. Колунда милтелүү кара мылтык. Милтесинен такыр чок өчүрбөйт. Аскербашы жер түтөгөн чуунун ичинде булуттай акбоз аргымакты кылактатып, кылычын булгалап, кар көчкүдөй дүңгүрөп агып өтүп жаткан кошунду карап:

- Хайт де! Хайт де! - деп, кыйкырып ураан таштап токтоло калды. Удайчы эки жакты бат-бат каранды. Анын агы көрүнбөгөн жылтыр көздөрү диртилдеп аскербашынын далысынан өтө баштады. Бул эмнеси? Ал атынан леп ыргып түшө калды. Ага эч ким серп салбады, жан кулактын учунда бараткан ызы-чууда эч ким байкабады. Кара атынын далдасына өзүнүн кара денесин жашыра берип, атынын кара жалынан мылтыктын учун ашыра сунду. Шашты. Жүрөгү лакылдап, аскербашынын далысын кароолго токтото албай, өзүнөн өзү чоочуп, селт деп мылтыкты кайра тартты. Акактап оозун ачкан бойдон дагы эки жакты бат-бат каранды. Дароо эңиле, кара жалдан мылтыкты дагы ашырышка батынды... Көз ирмемде мылтык үнү тап этти!... Аскербашы селт дегендей болуп түзөлө түштү да, акырын ийилип ээрдин кашына өбөктөп туруп калды. Удайчынын кичинекей жылтыр көздөрүнүн агы эми көрүнүп, колдору титиреп, бели бүкчүйүп, атын тизгинден тарта акырын артка кетенчиктеп жөнөдү. Аскербашы ат үстүндө термеле, эсин жыйды белем, араң кылчайып артын карады. Ууртуна кан чыга түшкөн эле, ал киркиреп алсыз үн салып, удайчыны атынан чакырды, аны жардамга чакырды. Удайчы үн бере албады, калтырап, мууну шалдырап, атына эмгектеп араң минди да, кулагын жапырып, атын бат-бат желдирип, качкан уурунун көлөкөсүндөй кубаңдап, караңдап жөнөп берди...

Көңүлү азды. Жарадар болгонун билди. Көкүрөгүнүн тереңинде кандайдыр бир өжөр күч аны бек кармап, жымыратып келаткан уйкудай шалдыроодон түртүп ойготуп жатты, чымыркантты, акбоз аргымактын күмүштөй жылтыраган ак жалына колу карышты. Кылычы түшүп кетти, ал термелип ага эңкеймекчи болду, дарманы куруп ошондон нары ээрден оой баштады. Акбоз ээсинен тизгини бошобой калып, бир тегерене окуранып токтой калды. Ээси үзөңгүгө тырмышты, жандалбастап, чымырканып, калтылдап, турууга аракет кылды. Чекесинен кара тер кетти. Ууртунан жылжып аккан кан көкүрөгүнө куланып, канга чакап, колу үзөнгүдөн үзүлүп, жер кучактап жыгылды.

Аргымак селт эте түштү да, кан жыты үркүттүбү, кошкуруп, тизгинине чалынган бойдон кергичтеп басты.

«О, тагдырдын ойну... Ал Алымкул аталык[1] эмес беле? Бүтүндөй бир уюктуу журттун туткасымын дечү эмес беле? Акылдуу тандап бурадар күтпөдү беле, белдүү тандап сүйөк күтпөдү беле? Кайда алар? Кайда
кетти баарысы? Кан жөткүрүп жыгылганда колтугунан жөлөргө бир жан болбоду жанында?..»

[1] А т а л ы к — ордодогу эң улуу даража, хан жаш мезгилде өлкөгө башчы, хан атасы.

Жер таянып, ал акыркы жолу башын көтөрдү, канаты сынып бийиктен түшкөн бүркүт сыяктуу алысты, жарыктыкты армандуу тиктеди. Көзүнө бүт жер бети өрт каптап келаткандай кыпкызыл болуп көрүндү, эрбейген чөптөр да, таштар да, өзүнүн кара түктүү сөөктүү колдору да кыпкызыл болуп өрттөндү, окко чаап баратышкан атчандар кыпкызыл оттун ичинде кутулуп чыгар жолу жок чыңырып туйлап, эч аргасыз жалбырттап күйүп жүрүшкөндөй көрүндү. Анын көзүн кан чырмап баратты...

Нөкөрлөр кыйла артта ат жалына өбөктөшүп, жолбун октон корунушуп, ийрилишип турушкан эле. Үстүндө ээси жок, тизгинине чалынып улам мүдүрүлүп коюп келаткан акбоз аргымакты көрүп, четте турганынын үрөйү учуп кетти.

— Өй...

Баары көрүштү. Жабыла чаап акбозду кармашты. Ошол замат аларды түкшүмөл ойлор бийлеп, бирин бири алдыртан тиктешип, бири биринен коркушуп, шектенишип, томсоруп, кумсарып туруп калышты. Аталык кайда? Эмне адисе болду? Жабыла тиги акбоз келген жакты көздөй чабышты.

Алымкул сербейген эки жантактын ортосунда жүзтөмөн түшкөн бойдон жаткан экен. Кара кан көбүктөнүп, алдынан жайылып агып, боз топуракка сиңип калыптыр. Чалкасынан оодарышты.

Үстүнө үңүлүп турган эң күйөрман кишиси Абдымомун бек өксүп жиберди. Чуу көтөрүп кайра токтошту. Эмне кыларды билишпей баары шалкайып туруп калышты. Кай бирөөлөрдүн көзүнөн сызылып жаш чыкты. Кай бирөөлөр шыпшынды. Кай бирөөлөрдүн бул топтон канткенде суурулуп чыгып кетиштин камына түшө эриндери ортозаар кымтылып, көздөрү ойноду.

- Киши колдуу болуптур...

- Киши колдуу болуптур... Ок артынан тийиптир го...

- Ок кайдан чыкты? Кимден чыкты?..

Абдымомун бек буркурап жер муштады:

- О, бир көзүңө бир көзүң жоо болуп... кандай күн болуп кетти бу!.. Удайчылар кайда жүрүшкөн?.. Көзүң кашайгырларды кармагыла! Кармагыла бирин койбой!

Жалгыз иреңи суук удайчы жок болуп чыкты. Ушул учурда ал Ташкендин жолунда чаң түтөтүп уруп бараткан эле.

Аскербашынын киши колдуу болуп калганы кошунга жел менен кошо тарады. Чабуулга күүлөнүп баратышкан жүздөр элтейип тизгин тартып токтой башташты. Бирине бири шек санап, биринен бири абайлап, кандайдыр бир кескин сөзгө, кескин кадамга барбай миңбашылар нестейди, пансаттар нестейди. Кимге кулак тутушат? Кимдин буйругун угушат. Бири да, мындай кылалы деп, алдыга чыга албады. Жер жайнаган көп кошун ушундай кысталыш учурда башсыз калды.

Кошундун алды генерал Черняевдин артына ороло баштаган болучу. Ушул учурда күтпөгөн жерден арты суюла түштү, көз ачырбай каптап келатышкан сансыз атчандар жел башка жакка айдап жөнөгөн жөө тумандай түрүлүп, салгылашка кирбей, кыя салып, четтеп кете баштаашты. Алды көмөксүз, демсиз калды. Таш менен урса жеткидей жакындан түз атылган окторго калбыр болуп, бири калбай жер кучактап жыгылышты. Үзөңгүгө буту илинип калган өлүктөрдү сүйрөп, чыңырып кишенеп, кергичтеп качып жүргөн аттар да кутулган жок, ырайымсыз коргошун ок кубалап, издеп тийди.

Генерал Черняев оңолууга дароо мүмкүндүк алып, өңүттөрүн тез бекемдеп, экинчи чабуулду күтүп калды. Экинчи чабуул кай тараптан келер экен? Ал дүрбү салып, мерчемдүү багыттарды арытып карады. Шектүү эчтеме жок. Ар кайсы дөңдө бүлбүлдөп майда туулар көрүнүп, туу түбүнө чакырган дабылдардын үндөрү дүңкүлдөп чыга баштады. Генералдын көз алдында эмелеки суудай бирдиктүү кошун майда-майда топ болуп, бөлүнүп чаап, майданды таштап, тууларды карай самсып тарады. Буларга эмне болду? Кандай аскербашы өңүтүн таштап чыга берет ушундай саатта? Генерал ишене албады. Карыган карышкыр дагы бир шумдугун көрсөткүсү келди бекен же?..

- Буларга эмне болду? - деди генерал Черняев кайрадан-кайра дүрбү салып. - Мына сага күнчыгыш. Улам бир күтүлбөгөн ишке урунасың...

Ойноктогон акбоз ат эч жерден дүрбүнүн көзүнө илинбей койду.

II

Көк өзөн...

Жээктери бири-бирине уланышкан жал камыш, майда бадал. Түркүн чөптөр, жапайы беделер мала- кызыл гүл ачып, ар жеринде ак какым үлпүлдөп, жыттуу эрмендин баштары сары тартып кылкылдап турат. Көктүн жыты аңкыйт. Чоң ак, сары көпөлөктөр бейкут учушуп, кайра жер тандап конушуп, күнөстөшүп, бирдемеден үрккөндөй кайра серпиле көтөрүлүп, серүүн абада кылактап жүрүшөт. Кошбаш жүрүшкөн чымчыктардын тилинен башка эчтеме магдыроосун ойготпой, аба тыптынч.

Теңирберди жашыл адырдан чөп басып кеткен бир таман ийри жол менен кулундуу сарала бээсин жай бастырып өзөн боюна түшүп келди.

Көк өзөн боюнда адам байырлаган жалгыз дарак ушул чоң түп шаатыт [1]. Жерге сойлоп, чөгүп жаткан кызыл нардын мойнундай ийри ноодаларынын шагы калың, түбү жайлуу, көлөкөлүү. Жел болсо болбосо да, башына майда толкун жүрүп, балыгы үрккөн көлдүн бетиндей жыбырап, көйкөлүп, дайыма акырын шыбырлап турар эле.

Теңирберди бээсинин белин бошотуп, ооздугун чыгарып, жапайы бедеге коё берди да, канжыгасына байлана келген кичинекей кол чаначтагы кымызды чечип алып, эч шашылбай басып, шаатыттын түбүнө кирди, аны бутакка илди. Эки сары барпы чымчык шаатыттын шактарынын арасынан кубалашып чыгып, оволоп көтөрүлүшүп, алтын түстүү кызгылт сары канаттарын күн нуруна жалтылдата кайта шаатытка имерилип, кужурап сайрашып, калкылдап жүрүшкөн. Кары ошолорду тиктеп, тилин тыңшап, канаттарынын жалтылдаганына таңыркап, бир пас турду да, анан өзү курактуу кары адамдардын адатын кылып, ичинен тирүүлүгүнө шүгүрлүк келтирип, күңгүрөнүп тиги арпа жайга карай бет алды. Качан бышат? Ал бүгүн да арпасын көрүү үчүн эле келген болуучу.

Эрте айдалып, убагында жаан көрүп, жакшы баш алган арпалар мөлтүрөп башын көтөрө албай, бирине- бири ыгып, шыгырап, сансыз кылкандары кылкылдап жай алдынын коңур желине акырын көлбүп, сүт даны ыдырап, көңүл тойдуруп турган. Дан багар карынын жүзү күлүңдөп, көздөрүнөн тирүү учкундар жылтылдап, арпадан бир баш үзүп ушалап данын чыгарды да, алаканына тоголонуп түшкөн бадырайган көк данды тырмактап көрүп, кубанып башын ийкеди:

— О! Бая күнү сүт эле. Бүгүн дүмбүл болуптур. Көп калса, дагы бир жумалык жашы калыптыр, бир жумадан соң тартынбай четинен кирип тесте салып, көжөлүк чыгара берсе болот экен, кудай буйруса...

Ал данды жерге таштагысы келген жок, алаканына чогултуп туруп, насыбай аткансып оозуна кагып салып алды. Эми карынын көзү алыска кетти. Тиги коргондой айланада бир тегиз бүлбүлдөп турган ак карлуу чокуларды, сургулт булуттарды, ошол тарапка акырындап сүзүп бараткан күн чарасын чаргып өттү. Колуна жуккан арпанын көк тыпынын каккылап, дандын тузу жок ширесин мүлжүңдөп шимип ою эчтемеге аралашпай, колун артына алып, арпаны жээктеп кыдырып басты.

Ал арык, бою узун, сөөктүү адам болучу. Сакалы, чачы көгала. Ылдый түшүп, сакалына жалганышып турган сыйда муруту кыроодой ак. Кылдары жоон тартып, суюлуп, арбайып өсүп кеткен каштары гана али капкара. Жүзү коло сыяктуу. Терең бырыштары ашык чийини жок, көзгө жылуу. Ал акылман сөөлөттүү адам эле.

[1] Шаатыт - тыт дарагынын бир түрү.

Нарытан шаатыттын түбүнө аттуу киши келди. Бул ким болуп кетти? Кары көздөрүн парлап, кычыктарын жыртайтып кадала тиктеп, аттуунун түшүп жатканын көрүп, ашыкпай баягысындай эле илең- салаң бут шилтеп, шаатытка көптө араң келди. Эң мурда байланып турган атты карады. Тааныган жок. Аттын ээси камчысын бүктөй кармап, колдорун артына алып, суу жакты карап турган экен. Ал абышканын басып келаткан дабышын угаар замат бурулуп карап, алдын тосо басты. Кары чоочуркап тиктеп оозу бош салам айтты. Кол алышып көрүшкөн соң:

- О, мунүшкөр Сарыбай турбайсыңбы! Кел, кел... Отур, отур...

Сарыбай күлгөн болду.

- Келчү эмес элең... - Теңирберди капыстан келген мейманына бутакта илинип турган карала эчки талпакты салып кадырлап отургузуп, өзү как жерге чөк түштү, кыйгач тийген күндүн көзү чалып өткөн жердин табына карынын тизеси жылып жаны сүйүп кетти. —О, Сарым... келчү эмес элең, жол болсун?..

Сарыбай сейрек сары сакалдуу, көзүнүн үстү кабарчыктаган, эти жука киши эле. Кебези тайыз кашкары чапанды саймалуу сары кең чалбарга шымданып койгон. Бутунда тумшугу чукчуйган көн өтүк. Колунда күмүш камчы.

- Бекерчилик, Теңирберди аке. Кырааным түлөп отурат...

- Бекерчи болсоң, мына жакында таруум баш алат, келип таруу корушсаңчы! - деп Теңирберди абышка тамаша сөз жиберип, кызыл ээк оозун ачып кыкылдап күлүп калды. - Бүркүтүңдү үксөйтүп тыттын башына кондуруп койсоң болду, ошондо эле чымчык атпай бу чөлкөмгө жолобой калат!

Сарыбай күлүп, ал дагы тамашага жараша жооп кылды:

- А бүркүтүмдүн тырмак акысы кандай болор экен, Теңирберди аке?

- Теңшерик!

- О! Жылда эле, Теңирберди акө, бүркүтүмдү тытыңыздын башына кондуруп берип mtйнетиңизге теңшерик боло берем го!

- Ошент.

- Ха-ха-ха! Анда ат тердетпей үйдө жатып жан бага берет турбаймынбы!

Күлүп калышты. Күлкүдөн соң Теңирберди үрпөйгөн кара каштарын ылдый салып: Түзүк Сарым...- деди. - Оңой бекен жан бакмак. Арпа эми дүмбүл болду. Эки-үч тутам жулуп алпарып балдарга куйкалап берип алдап турсамбы деп келдим эле. Күндө көрүп турбасаң да болбойт, мал кыйратып кетеби деп чочуйсуң. Тиги кара адырдан нары айыл, өзүң билген таштуу башат конушта. Э, минтпесе да болор эмес, балдарга биртике азык болуп калсын деп...

- А эми, Теңирберди аке, тирилик да. Дан багуу жанга тынч чарба экен, секиндеп бүтүрө берсе...

Мал артында чөптүн гүлүн, суунун тунугун, абанын салкынын кууп, ээн көчүп, конуп жүргөн элетте дан багуу сейрек иш. Карыптын оокаты дешет. Бир илешсе колундагы төрт түлүгүн барымтага куудуруп же жутка кырдырып алып чарасыз күнгө калгандар илешет, бир илешсе дандын баркын түшүнгөн, даамын алып, кубатын сезген илешет. А болбосо, мындан көрөкчө ит агытып, капкан салып, куш таптап аңчылык кылышты же кылдан кыйкым чыгарып коңшу урууну барымталап талаганды оңой көрүшөт, муну ата заманынан боло жүргөн иш деп билишет. Сарыбай мунүшкөр Теңирбердинин көңүлүн гана улап койду. Кыраан бүркүт салып, талаадан каалаганын алдырып, карды ачпай, тону тозбой, дайыма кубанч, тамаша менен өмүр сүрүп келаткан мырза аңчы минтип

жакада дан багып отурган кедей жамагаттын кимисинен болсо да, өзүн өйдө сезет, мындай бакырчылыкка эч качан табаты жок. «Биздин ырыскыбызды теңирим тоого чачкан» дейт оюу, бул ой анын тирилигинин жобосу. Өмүр камынан санаасы тынч мүнүшкөр курсагы ток баладай колундагы күмүш камчысынын бүлдүргөсүн эрмектеп ойноп отурду.

— Сиздин жашыңызга жеткен бар, жетпеген бар, кайрылып салам айтып өтөйүн дедим, Теңирберди аке.

— Кудай жалгасын, Сарым.

— Куру кол келе албай... —деп Сарыбай саймалуу жан баштыгын аңтарып ичинен аң терисин алып карынын алдына таштады.

— Учурашканым болсун деп, Теңирберди аке, тебетейлик бир сүлөөсүн ала келдим эле.

Теңирберди апкаарып сүлөөсүнгө колун суна албай отуруп калды. Сарыбай сынап карап, тартуусу менен аны абдан кубантканына өзү да кубанды.

— Бир кардан кийики соңордо алынган эле, күмүш кылкан... Жаман да болсо жакшыдай көрүп, кийип коёрсуз, Теңирберди аке.

Теңирберди ыкчам туруп, акчыл булуттай сур сүлөөсүндү тумшугунан силкти, бою менен тең болуп куйругу жер чийип, күмүш кылкандары сеңселе түшүп, тери дагы көркүнө чыга түштү:

— Жаман болбой калсын бу! — деди Теңирберди көзү жайнап. — Тебетейге чоңдук кылат... Ооба... мына, чоң абдан... Муну ичикке жака кылдырсам болчудай. Тебетейди да көрө жатарбыз...

— А, мейли, Теңирберди аке, тебетейдин жарасы бир калтардыр!

— Ошону айт а, мүнүшкерим!

Теңирберди кол чаначындагы кымызын чечти. Оозу кайрылган чаначты улам бири көтөрүп жутуп коюшуп, мейирлешип сүйлөшүп, алар көпкө отурушту. Сөз сагынып калган Теңирберди күн ылдыйлаганга дейре Сарыбайды жанынан жылдырбады.

Күн жуп батарда Сарыбай:

— Эми мен кайтайын, Теңирберди аке, — деп ордунан турду, — жүз көрүштүк, тирүүлүктө бул да болсо канимет...

Теңирберди кайсаланып калды.

— Оп-по, Сарым, кайтасыңбы эми... Ушу көк чалап менен кете турган болдуң а. Үй да кырда...

— Ыракмат. Жебей, ичпей жүргөн жер беле? Аманчылык болсо, али көп катташабыз, Теңирберди аке.

Теңирберди тиши жок ээгин кызартып ууртун жыйышка чамасы келбей күлө багып:

— Мейли эми, Сарым... — деп мейманын колтуктап атказды. — Бир кызыл көздүү ababыз бар окшоду эле деп, эстеп келгениңе ыракмат, үкөм. Теңир жалгасын. Сен мени сыйласаң, сени теңирим сыйласын. — Тизгинден кармап коё бербей: — Эми... Куру кол кайттың... Эгин быша элек... Эми, алдыңда атың бар, мына бу турган базыралар[1] бышкан ченде

бир кайрыл. Арпадан ат жеми, кышка бозолук таруу алып кетерсиң. Кайыр, Сарым!.. — деди.

[1] Б а з ы р а — менчиктеп эгин эгип алган биртке жер, огород.

— Эсен бололучу... деди Сарыбай жөнөй бере. — Кайыр, Теңирберди аке!..

Артынан Теңирберди үнүн бийик чыгарып, угузуп, берер кийитин кулакдар кылып калды:

— Ошент, Сарым! Бир кайрылып кет, эсиңден чыгарба, Сарым!..

Теңирберди кайра келип, тытта чубалып илинип турган булуттай көгүлтүр сур сүлөөсүндү кармалап көрө баштады. Тартуунун кайрымжысы кийит. Кийит тартуудан кем баа болушу керек эмес. Тартуу апкелүү, ага ылайык кийит кайруу элетте сыйлашуунун белгиси, бирок, тартуу зарылын тилеп бирдемеге колко салып келет, ошо жагына караганда бул түбү кишилердин ортосундагы алыш-бериш алакасы, ич-ара жүргүзгөн соодасы өңдүү, Теңирберди тартуунун кийитине бир улоо дан чактап, мүнүшкөр ошого ыраазы болор деп ичинен ойлонду.

Күн кылкылдап тоодон нары эңкейип, көк өзөнгө жымыраган салкын кеч кирип келатты.

III

Кубалап тийген октордон үркүп, өтө кысталыш жерде колбашчыны мерт кылган ичтеги тымызын күч жүрөккө күдүк салып, уясына аңчы киргенин туюп калган бүркүттөрдөй шашыла, ата-эне, асылкеч жар, сүйгүнчүк бала, калган мекен конуш кайдасың деп, күнү-түнү тынбай ат зоруктуруп жол жүрүп, колго кеткен беш жүз жигит кайтып келатты. Алыстан бүлбүлдөп, ак жоолук салынып тосуп турган эне сыяктуу, тааныш тоо кыркалары көрүнө баштап, дагы катуу дегдетип сагыныч сүрөдү. Көйнөктөрү этке жармашып, таkым тырышып, аттары сууга түшкөн торгойдой шөмтүрөп арып, Ташкенден чыкканы жетинчи таң сүргөндө адыр этектеп жаздоо конуштарга кез келишти. Эл кайда?

Сары журт. Күлү көгөрүп жаткан жер кемеге. Калып калган куу казык. Сарала чөптөрдү шуудуратып, мал көп жатып чаңдак кылган такырларды үйлөп майда жел жортмолоп жүрөт. Те башаттуу сай жактан сагызгандын шакылыктаган үнү чыгып, анда-санда карала канаты кылак этип, бадалдын арасына кайра жоголот. Мындан башка тири жандын шарпасы жок. Айлана жымжырт.

Бул жерлердин эли өйдөлөп малга жайлуу, оттуу жайыттарга көчүп кетишкен экен. Ушу сары журтту да болсо көрүп, көңүлдөрү тынып, чарчаганды эми сезишип, аттарды жайдактап жашанга коё беришти да, ээр жазданып сулап-сулап жатып калышты...

Сол кулагынын үстүнө сайынган жүзбашылык[1] жыгасы[2] бар баатыр бир оор топ жигиттердин ортосунда көрпөчө үстүндө чыканактап, ойго батып, былк этпей жаткан. Чым көк камзолун саймалуу кең чалбарына шымданып койгон, багалегинен сары булгары өтүктүн тумшуктары чукчуюп чыгып турат. Төш жарыча кыңырак кылыч белине илинип, нары булайып жатат.

Кыңырактын сыныгындай ийрейип жылтырап төбөдө асылып турган ай чубалган бир үзүм булутту аралап кирди. Үлбүрөп өчүп бараткан оттун алсыз жарыгы баатырдын карасур жүзүн бирде жаркытып, бирде күңгүрттөнтүп турат.

— Бекназар аке, сизди пансат[3] күтүп олтурат... — деди бир жигит отко жакын келип, Бекназардын кабагы дагы бүркөлүп, унчукпады. Чакырып келген жигит жооп күткөндөй болуп, бирпас турду да, кайрып сөз айта албай топтон акырын суурулуп чыгып кетти.

— Аттар даярбы? — деди Бекназар өз жигиттерине.

— Даяр, Бекназар аке...

Бекназар ордунан турду. Эшим элирген каракашка аргымакты алдына тарта берди. Бекназар атка минген жок, нары обочо жерде бүлбүлдөп күйүп жаткан от жакты карай ыкчам басып жөнөдү. Эшим бир колуна өзүнүн атын, бир колуна каракашка аргымакты жетелеп, логлоп чуркап, Бекназардын артынан кетти. Калган жигиттер да аттуу, жөө болушуп ээрчиди.

Бекназар келгенде топ жарыла берди. Оттун жогору жагында кымкап тонду желбегей жамынып, чарчагансып үлдүрөп отурган киши гана козголбоду. Эки көзү чекчейген арык киши, суюк буурул сакалы бар. Сеңселген ак көрпө тебетейи арт жагында чөптүн үстүндө жатты, ал жайынча кара манат топучан отурду. Кокон

1 Жүзбашы — аскерлик даража, жүз жигиттин башчысы.
2 Ж ы г а — даражаны билдире турган белги, куш канатынан болот, баш кийимге сайынып жүрүлөт.
3 П а н с а т — аскерлик даража, беш жүз аскердин башчысы.

ордосунун бу Аксы багытындагы таасирдүү кишиси, аскер ишинде пансат атагы бар бий[1] Абил болучу. Тегерегиндеги мыктылар демдерин ичтерине алып, тым турушту.

— Ассалому алейкум!

Бекназардын келип калганын эми билгенсип, сүйүнүп кеткенсип. Абил бий алик алды:

— Быякка!.. Кел, баатыр... — деп тизе какты.

— Чакыртыпсыз, пансат аке?

Абил бий Бекназарды бир имерип тиктеп алып, жай гана:

— Баатыр... — деп аяр үн салды. — Ортого түшчү кеп бар... Мындай кыйын кезде кеңеш жакшы. Кеңешели...

Бекназар оттун төмөн жагына сыңар тизелеп отура калды:

— Кулак сизде.

Не кылган менен, Абил бий алда нерседен кооптуудай, ичи түтпөй турган өңдүү. Ал Бекназарды дагы бир кадалып тиктеди.

— Бузулар үйдөн эң биринчи ырк кетет. Атасынан адилдик кетет, баласынан намыс кетет, катыны айыңчы, келини ууру болот. Бирин-бири сыйлашуудан калат, биригип үй тутунуу милдетин унутушат. Баатыр, мына ушуну ойлонушубуз зарыл.

Карачал баатыр сөзгө кулак түрбөдү. Өмүрү ат жалында өткөн, эр көкүрөк, түркөй, сөздүн баасына, сөздүн салмагына баамы жок, шилтеген жагын жарып түшүп кызматын кылган Абил бийдин колундагы бир кара күч эле. Ал отко колун калап тынч отура берди.

— Мына, аталыктын көзү өттү, эми көрүп алабыз, ордодо дагы ит тартыш чыгат. Дагы кудай уруп чабыш башталат. Тигинтип бир жактан орус сыгып келатат. Башсыз, көзсүз, терс карашып жатканыбызда бир күнү, же хандан келип, же орустан келип канавайран түшүрүп чаап кетсе, анда эмне болобуз? — Абил бий тарамыштуу арык колу менен сакалынын учун кармалап, ичинен тооба келтиргенсип койду.

Абил бий жылмайган болду:

— Ордо баарыбызга тең, баатыр.

Бекназар унчуккан жок. Абил бий анын жүзүн, а түгүл оозунан чыккан демине чейин байкап, маани берип, ушул сүйлөшүүдөн жакшылыкты да, жамандыкты да күтүп отурду. Бекназар жүзбашы дайыма бирге болуп, ысыкты, суукту бирге көрүп, жигиттердин көбүнө алынып кетип, кийинки күндөрдө пансатка анча ийилбей тоңмоюн болуп бараткан эле. Эмне? Мунун бир айталбай жүргөн кинеси, алалбай жүргөн акысы барбы? Алымкул аталыктын киши колдуу болушу булардын ортосун ого бетер суутуп кетти. Эч пайдасы жок дайым эле бузула берген ордодон такыр көңүлү калып, ордого жакын киши деп, мурда эле кыртышы сүйбөгөн Бекназар пансатты жек көрүп калган болучу. Жолу бир болсо да, Ташкенден бери бет келишип кеп тартышканы ушул.

Абил бий Бекназардын кабагын көрдү. Ал азыр ар кандай жыйынтыкка даяр. Бир көңүлү ачылыша кой деди, салт эрежесин, уруулаш тууганды ортого алып да болсо, мындай чалкеш учурда өз ордун, өз таасирин бу чапчаң жүзбашыдан өйдө сактап калууга чакырды. Бир көңүлү бул чалкеш учурда муну далысынан таптап жумша, өзүң боюңду качырып, милдеттен алысырак тур, замандын түрүнө кара деди. Анын арык

[1] Б и й — атадан балага кала келген бийлик даражасы.

бетинин оту дирт-дирт этип, уйкудан жабыркаган көздөрү Бекназарды бат-бат чалып турду.

— Бизге азыр ырк зарыл, баатыр.

Бекназар да бирдемени күтүп, оттун кызылын тиктеген бойдон былк этпей отуруп, пансаттын акыркы сөзүнө макул болуп акырын башын ийкеди.

— Мындай учурда, баатыр, өзүңдөн өтөрү жок, саруу уругунун колуна өзүң баш бол, — деди ал кеп чыгарып, — муну элге барып, кары-жашын бүт чогултуп алдына айтсак болот эле, бирок жигиттер чарчады, үй-үйүнө тарап кеткен соң кайта үйрүлүп биригиш узагына тартар, ошон үчүн артыкбаш жыйыны жок, аттан дегенде түп көтөрө аттана бере турган кылып, тартипти мукумдаш зарыл, жигиттер кимдин үнүн тыңшашын, кай туунун түбүнө топтолушун азыр эле аныктап билип тарашы зарыл. — Сынай тиктеп отуруп, артынан: — Керек этсең мына биз даярбыз, биздей жашы улуу кишилерден кеңеш ала жүрөрсүң... — деп акырын кошумчалады.

Пансаттын оюнда тиги ушул сөздү угары менен ыргып туруп, таазим кылып, ыракматын билдирип жиберет го деп, биртике үмүтү турган. Бекназар үн катпай, былк этпей, өзгөрбөй койду. Бийдин аяр көздөрү анын кебетесинен «сенсиз да, сенин тапшырууңсуз да, жигиттерге сөз өтөт» деген пикирди окуду. Ичи сыйрылды? Бекер айттыбы? Көптүрүп алдыбы муну? Көздөрү чекчейип, жини келе баштады. А Бекназар да пансаттын ичиндеги куюнду сезди, куюн уюлгуп-уюлгуп келип ташка урунуп, бир шойкон чыгарышка деми жетпей, сынып жок болуп жатканын көрүп турду.

— Көрөбүз.

Жана жолго камынууга буйрук болгондон бери жигиттер топурап, аттарын издеп табышып, токушуп, от жаккандар отторун өчүрүп, дүүлүгүп жатышкан эле. Айтар жаңылыгын угууга, жүзбашылардын артынан, элүүбашылардын, онбашылардын артынан дүрбөп, пансаттын отун тегеренишип, тирелип ооз карап калышты.

Абил бий да, Карачал да, Бекназар да аттанышты. Ушундан соң Бекназар булдурсунду бүктөй кармап, Абил бий жакка жүз буруп, бирок, бетине тике карабай, ага сөз койгонсуп калды. Абил бий муну билип, алдыңкы жигитбашыларды бир имере тиктеп, тамагын жасады. Жакын тургандар тымтырс болду.

— Баатырлар, — деп кайрылды пансат, — жаңылык бир эле сөз. Мына элдин четинде турабыз. Мындан ары жол улам айрылган сайын ар уруктун жигиттери өз айлына бөлүнүп кете берсе болот. Бирок, жигиттер бир нерсени так билип кетиши өтө зарыл. Ошону гана кулакка салып коёлу деп... — Ушундан соң ал тоолуктардын оң, сол канатын бириктирген эзелки салтын, улуу алдында кичүү ийменип, төбөсү көккө жетип кеткен күндө да, ызат билиш сыпаалыгын айтып, аларды шарият менен бекемдеп өттү, анан иштин ток этерине келди.

— Өзүңөр көрдүңөр, ордо дагы бузулду, тыяктан тигинтип орус кысып чыкты, муну да өзүңөр көрдүңөр. Мындай учурда ээнбаштык ыркты кетирет, колду байлайт. Келер жоонун алдында бизди алсыз кылат. Ошон үчүн, баатырлар, колубуз бир адамга баш коё турган болсун. Мен кары адаммын. Тилинде эми бар, билегинде күчү бар жаш азаматтардан кошунбашы көтөрүп алгыла. Бекназар баатырдан өтөрү жок. Буга кандай дейсиңер? — Жалпыга угузуп: — Эмне болсоң ошо бол деп таштап салбаспыз баатырды. Баштаган, жаки бүтүргөн, жаки кылам деген иштеринде башында болуп, колубуздан келсе, акылыбыз жетсе, ийрисин түзөп, кемдигин бүтөп турарбыз! — деп кошумчалады.

Бул жаңы кабар жол алууга дүрдүгүп турган беш жүз колдун кыйрына толкун түшүрдү. Бир тарабы ачык кубаныч билдирип, бекназарлап ураан кыйкырып, түндү башына көтөрө башташты, бир тарабы күүлдөп, өз ара талаш куруп, сөздүн акырына карашып, жай толкуду. Ушулардын баарын байкап, Абил бийдин кайта ичи тарып кетти. Бирок, сыр бербеди.

Бекназар колго таазим кылды. Те жигиттердин четинен кимдир бирөө бекназарлап кыйкырды. Бекназар үн чыккан жакка серп таштап ким экенин тааный алган жок, бозомтук таңкы шоола ичинде кара атчан ат ойнотуп камчысын булгалап турганын гана көрдү.

— Жигиттер! — деди Бекназар, кайрат толгон бийик үнү чууну шарт жарып өттү. — Пансаттын каалоосун уктуңар. Эгер ушундай чалкеш заманда сарытаман атыңардын күчүн, башыңардын баасын мага ишенип, мени ээрчип, мага жол койгуңар келсе, анда аскер ишиндеги мен ойлогон ойго, мен баштаган, мен бүтөргөн бүтүмгө, ким гана болбосун, киши киришпесин! Биринчи шартым ушул...

Бул эскертүү так өзүнө айтылып жатканын Абил бийдин аяр көкүрөгү кантип түшүнбөй өткөрөт? Эски айлакер мостойду. Нечен ордо шумдуктарына катышып көргөн куу ушу азыр кичине алданып турганын түйду. Бирок, анын сергек акылы бу жанкечти жүзбашы менен азырынча мамилени жамандыкка айлантkысы келбей, бардык ызасын, заарын жашырып кадимкисиндей жакшы жымыйып турду. Бекназардын көкүрөгүндө зарде бар, ал амалды бирөөлөргө кызмат кылыш үчүн эмес, бирөөлөрдүн үстүнөн бийлик жүргүзүш үчүн ала турган кишилерден эле. Абил бий муну жактырчу. Эскертүү өзүнө катуу тийсе да, тен берип калып калды.

Бекназарды колдоп, үндөр күүлдөп, арттагы атчандар улам сыгып теминип келишип, орто тарып кетти.

— Жигиттер! — деди Бекназар дагы. — Алты ай бою түзүктөп бел чечинбей, көйнөгүбүз этибизге катты...

Жапырт коштоду үндөр.

— Бой жазышыбыз керек. Мына эми улам тоого өйдөлөгөн сайын айлыбыз кезигет, бириндеп калып отурабыз. Окко учкан курдаштарыбызды, туугандарына угузуп, ариетин кылып, анан үй-үйүбүзгө тарап кетебиз. Ошол бойдон кабарсыз кетишпейли. Ар айылдан бирден жигит мени менен байланышын жоготпой жүрсүн. Бул зарыл. Бардык жамандыкка камдуу туралы. Андан наркысы бара-бара көрүнө жатар. Баатырлар! Эң акыркы шартым бул...

Дагы кандай шарт? Күүлдөгөн үндөр тым боло түштү.

— Менин сөзүм эки кылынбасын! Сөзүмдү эч ким жыра тартпасын! Алдыма жулкунуп эч ким ат бастырбасын!

Көпчүлүк дагы дуулдап коштоду. Бекназар каракашка аргымакты акырын теминди:

— Тарткыла!

Ушердеги эки күндүк өргүүдө тыныга түшкөн аргымак элире баш көтөрүп, алчактап биринчи болуп топтон суурулду.

Жер жарыгып келатты. Жигиттер ондон болуп топ кармап, кылка тартып, тоо аралап сапар алды.

Пансат ойго алдырып, анда-санда Бекназар жакка назар таштап, ан сайын ичи бышып, ич бышуусу ачууга айланып, ачуусун тышка чыгаралбай эрдин тиштеп, көзүн сүзүп тим болуп келет. Пансат ошол бойдон тынчый албайт. Сөзүмдү эч ким жыра

тартпасын? Алдыма эч ким ат бастырбасын?! Атаңдын көрү ай, хандарды чүкөдөй өкчөгөн миңбашылар мындай сөздөрдү ачык оозуна алган беле! Пансаттын жүрөгү сыгылды.

Карачал баатыр үргүлөп келатты. Жашы өтүп бараткан адам талыкшыса керек. Он беш асый зор көкчымбал буудандын үстүндө дым тартпай сүлкүлдөп келатты. Кыйла жолдун учуна жеткен кубаттуу буудан казыгын сагынганбы, too таянганда ансайын жерди бооруна алып, жан таштап, төрт туягын тарсылдатып катуу жүрүштөйт. Суулуктап ак көбүк булайып, омуроо жакка серпиле сампар кардай үзүлүп түшөт. Ээси кушбаш ээрдин кашына тизгинди карыштыра ороп койгон эле. Ага болбой көкчамбыл буудан кызый- кызый, ооздугун чайнап, оор туяктарын түрсүлдөтүп, Абил-бийдин жоргосун жөөлөп өтө берди. Буга Абил- бий алдыртан жымыйып. Карачалдын алп каранын карап койду. Жол узады. Көкчамбыл талар эмес, улам тизгинди жемире жүткүнүп, Бекназардын аргымагына жакындай берди. Бекназар камчыланар жактан жандап калган аттын башын байкап, акырын көзүнүн кыйыгы менен тиктеп алып, үзөңгүсүн кичине кыбырата каракашкага дем берип гана тим болду. Көкчымбыл ансайын атандашып, кыстап баратты.

Абил-бий ташты ташка уруп, ортодон от чыгаргысы келди. Көкчымбыл буудандын кубатын сезип, темине барып, акырын, камчынын учу менен такымга тырс дедире койду. Курч буудан селт этип, эргип, ооздугун кемирип, каракашка аргымакты жандай салды... Ошол учурда Бекназардын колу караңгыны эки бөлүп, булак дей түштү... Тарс эткен үн жаңырды, зор көкчымбыл буудан чыңырып, эки алдыңкы буту менен жер чапчып, кош аяктап тик тура калды да, аласалып кетти... Карачал далдайып учуп түштү...

Карачал баатырдын уйкусу шаңк ачылып, калдастап тура чуркаганда, тыяктан Абил-бий Бекназарга кыйкырып:

— Ой, сен Бекназар! О сен, кимдин атын башка чабасың! — деп, иштин жайын Карачалга туйдуруп калды. Эч кимден беттешкенде тартынып көрбөгөн, өлөрүн андайда унутуп жибере турган эр көөдөн Карачал көкчымбылга кайра минери менен узап калган Бекназарга тике салды. Ал жете бергенде, Бекназар шарт бурулуп бетме-бет болө түштү, экөөнүн ортосунда кылыч мизи жарк деди...

— Өлүштү! — деп арттагылар чур этти. Жана башына жеп калган көкчымбыл кылычка жеткирбей дагы кош аяктап тик тура жалт берди. Бекназардын кылычы тизгинди кыйып түштү. Кары баатыр кырсыктан аман калды...

Тизгини колдон кетип, көкчымбылды жалдан тарткылап, сөгүлүп, ат кеткен жакка кетип жүргөн Карачалга Бекназар кайра атырылган жок, тиктеген да жок, күткөн да жок, баягы калыбында жолу менен кете берди.

— Кандай бу? Кандай бу? Ар кимибизди ар жерге torойто чаап кетет ко бу! — Абил-бий кейигени болуп, дагы күңкүлдөй баштаганда, Бекназардын нары тууганы, нары жанжигити Эшим жана чыгып кыйкырып жиберди:

— Абил аке! Кайраба! Эр өлүп кетет...

IV

Айзаада каракөз башатка эки челек ийиндеп сууга келди. Башатта бир топ жылкы суу ичип болуп, эми кайда тартарды билбегендей, топурап, ныксырашып турушкан эле. Башаттан жылжып аккан тунук суу калың жалбызды аралап агып, майда көк көпөлөктөр кылакташып нымга конушуп, калкылдап кайра учушуп, чиркей аңдыган ийнеликтер жылжыган суунун бетине жакын ойсоңдоп чабыт кылып жүрүштү. Айзаада келгенде жылкылар талыкшып басып төшкө жайылды.

Келин челектерин жерге коюп, каракөз башаттын күзгү болуп, түпсүз болуп, мемиреп жаткан бетин тиктеди. Түбүнөн көк кумдарды чертип, бүртүп кайнап турган тунук башат келиндин сүрөтүн өзүнө тартты. Жаш жубандын сулуу жүзүн сагыныч кагаздай агарткан, кабагын суз кылган. Каштарын жыйрып, кабак бүркөө ага жарашпайт эле, ал дайыма жаркырап көз кубантып турууга жаралган бир көркөм жан эле. Каралжын сууга чөгүп турган өзүнө таңыркады. Саамайына кол тийгизип, жаагын сылай келип токтоп, ушунчалык аздыңбы деп сурагандай болду. Ал акырын улутунду да, акырын сызылтып, муңдуу кыңылдап ичинен ырдады.

Келиндин жүрөк арзуусу жел менен учуп, ыргалышкан гүлдөрдү аралап, ак баш кулунчактын башында башаттын бошошун күтүп күндү тиктеп бейпил сайрап отурган сарала чымчыктан нары кетип, тынч абага сиңип жатты.

Баш кошконуна жыл маалы болбой Темир кошунга алынды. Дин чакырып жатат дешти, хан чакырып жатат дешти, дүңгүрөп аттанып кетишти. Жыл айланды. Кабар жок. Алгач анча билбей жаркылдап жүрүп, бара- бара жаштыгы денесине сыйбаган жаш жубан жалгызсырап, бир нерсеси кемдиги, жан кубанчы жоктугу сезилип, көңүлүнө туңгуюк коол да түшүп, куса болду. Кай түндөрү ит үрсө эшикке жүгүрүп чыгат. Ар бир шырп эткен табышка кулак түрүп, иттин үнүнүн алда кайда урунуп кетип жаткан жаңырыгын улап дем тартпай тыңшачу. Мындайда келиндин тышка чыкканын жана эле билип, кантер экен дегендей байымын басып уйкусуз жаткан сак кайнене каракүчкө жөтөлөр эле. Ушунун өзү анын үйгө тез киришин талап кылуу. Келин кыңырылып үйгө кирип, көшөгөсүн бүлкүлдөтүп акырын ачып кирип, төшөгүнө өткөндө:

— Ыя? Мал үрктүбү? — деп кыңкыстап сурап, чын оюн нары катып, ошонусу менен, келин эмне үчүн түнкүсүн тышка бат-бат чыга берерин чеккенсичү, кандайдыр жат көздүн азгырыгынан коругансычу.

— Жөн эле... — дечү Айзаада кымырылып. Ал түркүн кыялдарга батып, абышка менен кемпирдин тамагынан кыр - кыр этип дем тартып жатышканын угуп, тыштагы дарактын башында тынымсыз сайраган сүтактын жалынычтуу үнүн тыңшап, көп түндөрдү кирпик какпай да өткөрчү.

Айзаада көзүнүн жашын тазалап, эки челегине суу ийиндеп ордунан турганда кыштоо жактан келген ийри жолдон булуттан үзүлүп түшө калгандай карайып, бир оор топ атчан чыга берди. Кудум шамал сүргөн тумандай дуулдап, тобун бузбай жүрүштөрү катуу. Арасынан кай бир аттардын басыгы тааныш сезилип кетти. Темирлер бекен? Челектериндеги суу чайпалганына, төгүлгөнүнө карабай ал дагы шашылды. Атчандар улам жакындады. Бөлөктөр окшойт?! Темир көрүнгөн жок. Айылдын тушуна келгенде эле шарт бурулуп, теминип дуу өкүрүп жиберишти...

— Боору-у-у-ум... Боору-у-у-м!..

— Курдашы-ы-ым!.. Курдашымды-а-а-н айрыл- ды-ы-ы-м...

— О, курдашымдан айрылды-ы-ы-м, кокуй!...

Айзааданын ийнинен челектери түшүп кетти.

Көздөрү чымырап, аркайган тоолор теңселип, арчалар каралуу зайып болуп көрүндү. Ким? Айзаада дагы эле жакшы үмүттөн ажырай албай калтылдап турду. Мууну титиреди. Ким? Айзаада үйдөн чыңырып чыгып, ак чачтарын саксаңдатып, ар кимге бир чуркап жүргөн кайненесин көрдү... Ошол замат таноолору кыпчылып эки зайып ага жетип келди...

— Эмне?! Эмне?! — деп, тили күрмөлбөй кетенчиктеди, Айзаада. Ал кумсарган зайыптардын бири келип эле колдон алды.

— Туйгунуң колдон учуптур, бейбак...

Андан наркысын сезбеди. Ал мисирейип туруп: «Кой! Андай дебе! Оозуңа карап сүйлө! Ошондой да тамаша болчу беле!» деди. Катындардын көздөрүнөн мөлтүлдөп жаш чыкты, ошондо бир таңыркап, бир коркуп тиктеп, эриндери титирек басып, кача турган өңдөнүп боюн жыйрып, көздөрү чекирейип барып, Айзаада эсин алдырды...

Жамагат чогулду. Өкүрүк тоо титиретти. Бекназар баштаган топ өкүрүп бүтүшүп, кумсарып-кумсарып ар кимиси ар жерде сыңар тизелеп, отуруп калышты. Эшим гана жаңы өкүрүктөрдү тосуп кырчоо кармап, бөйрөгүн таянып:

— Кубаты-ы-м!.. Кубатым сенден айрылдым!.. — деп бүткүл денеси менен солкулдап өксүп турду.

Бекназар сыңар тизелеп, булдурсунду бүктөй кармап жерге мадап таянып, былк этпей катып отурду. Теңирберди үйгө жөлөнүп, кыбыланы карап нес болуп, нуру кеткен кызыл көздөрүнөн жаш да көрүнбөй, тек ирейи жыгачтай кубарып, сакалы сербейип, колдору калтырап отурду. Анда-санда:

— О каралдым! О эркетайым!..—деп боздоп- боздоп отурду.

Айзааданы зайыптар үйгө алып киришти. Башына кара чүмкөп, терс каратып, чачын кардай жайып отурган кайненесинин катарына апкелишти. Келин эсине келе албады.

— О бейбак!.. О бейтаалай! — деп, келиндин абалына боору ачып, өзү да кемшиңдеп ыйлап бир кемпир бетине суу чачты. Айзаада көзүн ачты. Кайра өрттөнүп:

— А-а... Мен кантем... — деп буулугуп, кармап отурган катындардан колдорун сууруп алып, чыңырып бетине тырмак салып жиберди, эки бетинен шилбинин ашындай идиреп кан төгүлө түштү.

Чуу басаңдаганда Бекназар баш көтөрүп Теңирбердиге кайрат айтты:

— Кайрат кыл, абаке!.. Жазмыш ушу экен...

Отургандар дуу коштоду:

— А энди... Жазмыш ушу болгон соң... Жазмыштан кутулган барбы... Энди, Теңирберди аке, күйүткө алдырбай белди бек бууганыңыз жакшы...

Баятан бек отурган Теңирберди эреркеп жашып кетти:

— О тагдырым, бышкан алма болуп араң отурган чагымда... тагдырым, сага не жазыгым бар эле?!

— Кайран Темир... Ыйлап, боздоп тапсак кана?.. Дагы эле шүгүрлүк кылыңыз, Теңирберди аке, тагдырга. Темириңиз сынса Болотуңуз аман, уучуңуз куру эмес, Теңирберди аке...

Сегиз жашар Болот кырчоо кармап өңгүрөп өкүнүп турду.

— Темирден айрылдык. Бир күнү баарыбыз ошобуз. Бирибиз аттан, бирибиз таштан, бирибиз октон учуп, бир күнү баарыбыз жазмышыбызды көрөрбүз. Дүнүйөгө

устун болгон ким? Кол жеткис бийик дарак да бир күнү куурап жыгылат, оволоп учкан ак канат куш да бир күнү топ деп жерге түшүп калат. Тагдырдын жазмышы ушу экен го... — деди Бекназар, баары жер тиктеп аза кылып муңайып отурган элге томсоруп тиктеп кеп жөнөттү: — Темир окко учкан күнү Ташкендин алдында элек. Ошол күнү колбашчы киши колдуу болду. Колбашчы киши колдуу болгон соң
ырк бузулуп, ар урук биринин сөзүн бири укпай, жаат чыгып чабышып, кошун бытырап тарады. Биз да карап тура алган жокпуз. Эмне болот, эмне жок деп, эл жактан көңүл тынчыбай, навыт болгон жигиттерди бейитке жашырып келе бердик.

Бекназар улутунуп алды.

— Биз илгертен кылычка өбөктөп уктап, кылыч менен ойгонуп келаткан элбиз. Кылычсыз бизге күн жок. Мындан нары да кереги тийип калар, кереги тийбесе баатырдан калган эстелик болуп, керегеңиздин башында илинип турар...

Эшим леп тура калып, оң ныптасына байлана келген Темирдин кылычын чечип, кош колдоп, Теңирбердинин алдына алпарып, тизе бүгүп сунду. Эл жым боло түштү.

Теңирберди кынына кан каткан кылычты мөгдөп тиктеп калтылдап кетти.

— О кулунчагым... О чырагым...

V

Жоо чапкыр! Капыстан кармаганда кайда алпарат? Кимдин алдына чөк түшүрөт? Ордо кайда? Бийлик кайда? Минтип замандын көчү экен жолдун айрылышында кылтылдап турган кезде кимге ким өкүм чыгара алмакчы! Караламан жигиттердин бири болсо экен, ал Бекназар да. Токтоо керек, күтүү керек, заман көчү, куруп кеткир кайда оойт?.. Бекназар жанкечтинин ташы козголуп калгансыды, же ойдо тоголонор, же аңгектеп сай ылдый кетер... ыя, анда убакыт утулуп калар бекен, кийин кеч болуп калар бекен?..

Мына ушинтип, дудала болуп жаткан чагында Абил- бийге ордодон киши келип калды.

Жыйын жайлоодо болду.

Шашылыш кабар угуп, эл тагдырын чечишке тиешеси бар деп өзүлөрүн кубаттуу сезген айыл бийлери, аксакалдары тебетейлерин калдайтып жигиттеринен окчундай бастырышып, топ-топ болуп келип жатышты. Топ аралап, эл оозуна кирип жакшы атанып кетүүгө дилгир жаш уландар эмес, хандан элчи келиптир деген кабар кызыктырып, алдында аты, колунда камчысы бар жай адамдар да көп келди. Келгендер салтка жараша, урук салмагына карап, көк тектирге Абил-бий атайы көтөртүп эшигине карал койдурган өргөөлөргө түшүп, жай алышты. Өргөө аралары кишилерге бака-шака болуп, көк тектирдин төштөрүнө ат батпай кетти.

Келер эл келип бүттү деген күнү улуу шашкеде көк тектирдин дөңүнө керней тартылды. Абил-бийдин өргөөсүнөн бир топ адам чыкты. Керней улам күчөп, кулак тундуруп, тоо арасына кандайдыр бир шаң толтуруп, элди топтолууга чакырып жатты. Топ кишилердин алдында Абил-бий менен бир чоочун адам келатты: Узун бойлуу, кыркма кара сакалдуу, кабагы бийик. Элчи ушул. Ал жаңы келген күндөгүсүнөн кыйла жашаргансып, пешенеси жайылып, бети жаңырып жылтырап калыптыр. Дуулдап тосо чыгып, жардап турган элдин түрүнө астыртан серп салып, тик көздөрү менен ар тарабын бат-бат чалып келатты. Элдин көзү анда. Кай бирөө кызыгып, кай бирөө таңыркап тиктеп ич ара шыбырашып узатып турушту.

Абил-бий эл арасынан шыбырларды угуп, аларды эңкее карап түртүшүп тургандарды көрүп келатты. Ал дайыма ордого барганда кийчү саймалуу кызыл кымкап тонун, пансаттык султаны бар ак сеңсел көрпө бөркүн кийген. Маңдайы жарык.

— Ассалому алейкум!..

Аксакалдар колдорун көкүрөктөрүнө алышып, үн көтөрө салам айтып калып жатышты.

— Валейкума ассалам!..

Хан элчиси, Абил-бий алмак-салмак алик алышып, сылыктык үчүн баш ийкей өтүп келе беришти.

— Ассалому алейкум!

— Валейкума ассалам!..

Эл алардын артынан самсыды.

Керней үнү тоо арасына жаңырык түшүрүп, шаңдантып, хан элчиси дөңгө салынган килемге келип отурганга чейин үн баспады.

Абил-бий жакшылык тилеп кол жайып бата кылды. Дөңдүн түбүн жакалай келип жамырап орун алган эл дуулдап коштоду.

Ушундан соң Абил-бий ордунан кайра козголуп туруп, элди кыдырата тиктеп, элдин бүткүл дити өзүнө бурулганда:

— О, журт! — деп сөз баштады, — мына, ордодон элчи келип отурат бизге. Бөтөн киши эмес. Баягы кайран Мусулманкул аталыктын уулу Абдырахман. Өзүңөр жакшы билесиңер, кайран аталык биздин уруктун эмчектеш тууганы эле го. Мына, Абдырахман карагым бизди туугансып, ордо менен элеттин ортосуна түшүп, элчилик кылып келип калыптыр, ошого шылтоолоп бир жагы тууган таанып кетейин деп келип калыптыр... — деп, жүзүн жаркытып туруп сүйлөп, элчини көпчүлүккө тааныштырды.

Эл арасы дуу-дуу боло түштү.

Абил-бий муңайым үн салды:

— Силердей асылдардын бактына, жаңы караламан калктын тагдырына тиешелүү маселелер пайда болуп олтурат... Мына, элчи айтып келди. кудайым жолун ачып, бактияр сеид[1] Кудаяр качанкы кеткен ооматы кайра келип, ата арбагы жар болуп, иши агынан тактына кайра миниптир!

Эл тымтырс боло түштү.

— Журт! Хан элчиси келгенине мына бир апта болуп кетти. Ичкупутүнү ачык айтыштык, көңүл кирлери жуулду. Кудаярхан амирин тутушту сураптыр. Кана, айткылачы, макул дебей коё алабызбы? Хансыз эл эгесиз үй сыяктуу.

Ошол учурда Абил-бий те четте түшпөй камчысын бөйрөгүнө мадап сөздү кунт коюп угуп турган Бекназарды көрдү. Ал жалгыз эмес эле. Жанында он чакты жигит бар. Катуу жүрүп келишкен өңдүү, аттары кара моюн болуп тердеген, көздөрү менен жыйын арасын акмалап шүк турушту. Сес болсун деп, четтетип Бекназарды жыйынга чакыртпай калтырган болучу. Бу сапар кабак чытыбады, чоочубады андан Абил-бий. «Тур ошондой четте» деп, таба кылып, мурчуюп, салабат менен сөзүн уланта берди.

— О, эстүүлөр, акыл тегеретип көргүлө, замана бузулуп турган чак, хазрети алтын тагына кайра келип көңүлү бир жагынан жайланса да, бир жагынан эл тагдырына көз салып, жаки бир саргая муңайып, бир
кызара жакшы үмүтүнөн кубат алып соорондуп отурган кези. Уккан эмессиңерби? Ташкенге Чырпай паша кирди...

Эл арасы үрөйү учуп, шыпшынып, күүлдөп ыкшалып кетти.

— Оо, жараткан... Алар не кылар экен бизди?..

— Кырып таштайт го!..

— О, жараткан, ал күнүңдү көрсөтпө...

Абил-бий элдин түрүн карап, сөз жүйөсүн жоготпой сүйлөп жатты.

— Кече, элеттин даткалары бүт ичкиликти, тоолукту баштап барып, ордого кирип Кудаярдын башынан тажыны жулуп алганда, танат белек, биздин жигиттер да кошо барышкан, кошо кылычы чабышкан. Ал кудайга да, Кудаярдын өзүнө да дайын. Эми карагылачы, элдин биримдиги үчүн ошол өктөсүн кечирип, убагында өзүнөн өткөн күнөйү да болбой койбогон, ошол болгон күнөйүн унутууну кошо сурап, минтип барыбызга кадырлуу адамды кадыр салдырып отурат. Какайганга какайгын машайыктын уулу эмес, эңкейгенге эңкейгин атаңдан калган кул эмес. Сөздүн түгөнөр жери ушул ки, ордо биздики, андай болгонсоң анын алдында тизе бүгүү биздин элчилик, пенделик парызыбыз... — деди Абил-бий.

[1] Сеид — ыйык, пайгамбар уругу.

— Ак сөз! — деп Домбу обдулуп койду. — Тезинен ак кагазга кат кылып, элчисин кайтарып, хандын көңүлүн тындырыш керек!

Кудаяр-хан Кокон тактысына келерин келип, элеттен көңүлү тынбай, туш-тушка элчи салып, эски сөөк улатып, күн санап бекемденүү аракетинде эле. Бул ордонун эң зарыл иши болучу, бирок, ордодогу аярлардын мунун кабатында бүткөрүп калсак деген ойлору, үмүттөрү башкача болучу. Эгер ордого ушул эле керек боло турган болсо, анда Абил-бий мынча топуратып жыйып чакырып, толгонуп сүйлөп отурмак эмес, ал элчинин алдына ат тартып, тон жаап, көңүлүн чак кылып, амирине ыркарлыктын белгиси катарында кыйбат тартуу жиберип, бат эле өзү билип жөнөтүп салмак. Бул жерде ортого ачып таштап чечмейинче болбой турган чалкеш маселе бар болучу.

— О, паңсат үкөм... О, жакшылап, соболго жооп барбы?

Эл үн чыккан жаакка дуу эте карап калышты. Элдин орто чининен бир адамдын малакайы көрүндү. Таягына сүйөнүп, билермандар жакты калтылдап тиктеп турат. Бул көтөрөм чал эмнени айтар экен? Буга жыйында эмне бар, баласынын азасын күтүнүп, үйүндө тынч жатсачы! Эл тымтырс болду.

Кары жөтөлүп алды:

— Элчи келиптир дегенди угуп... өзүм эле... башым ооп келип калдым...

— О, жарыктык, сөзүңүз угулбайт, бери жакын келип айтыңыз! — деди Абил-бий.

— Ыя?..,— деди кары киркиреп, жанындагылардан бийдин сөзүнүн маанисин угуп алып, аярлап алдыга жылып басты. — Чөлдө элем... Биртике базыра таруу бар эле, ошону балдарга тесте салдырып жүрдүм эле... Тирилик да... жан сактоонун далалаты да...

Домбу ачууланып карарып кетти:

— Айныган чал! — деди ал. — Мында сенин тарууңдун маселеси чечилип жатабы, айныган чал!..

Карынын кулагы муну угуп, ал Домбуну кызыл көзү менен томсоруп бир тиктеп алды, карынын алма кактай бырыштуу, сөлсүз бети ансайын кубара түштү:

— Менин сөзүм кыска... — деп, кары чыйралып алдыга өттү. — Бийлер... Кудаяр көрбөй жүргөн Кудаяр беле... өзү элетте туулуп, элетте чоңойгон бала... Бактысыбы, шорубу, эки жолу хан болду эле, мына эми үчүнчү жолу кудайым мурадына жеткирип салыптыр... Кут болсундан башка кааларыбыз барбы, кут болсун. Кудаяр-Кудаяр болуп жүрүп, айткылачы, не бейиш көрсөттү эле ушул элге?..

— Ой, тилиңди тарта кеп ур! — дем Домбу ордунан тура калды. Эл толкуп, шамал термеген дарактын башындай толкуп, күңгүрөп кетти.

— Ой, Домбу! — деди кары, сөөмөйлөп сая көрсөтүп каарыды: — Домбу! Бул жер жыйын, ордодон киши келип олтурат! Ушундай учурда тил тартабы?

Домбу сөзгө жыгылып калды.

— Абил, атаң Караш-бий, кудай бейишинин берсин, кайран агабыз жакшы адам эле, мына сен да жаман болгон жоксуң, атадан арта туулбасаң кем туулбадың, айтчы жарыгым, бу Кудаяр амирин туткан элге не жакшылык убада кылыптыр?..

Бул ак суроо эле. Абил-бий журтчулукту, динди ортого салып, эритип сүйлөп жатканда ооз ача албай балык болуп тостоюп отуруп калган адамдар эми сөз өзүлөрүнүн эртеңки көрөр күнүнө келип урунганда эстерине келе түшүштү. Ыя? Чын эле, эмне жакшылык кылам дептир? Акылдуу карынын суроосу жыйындын түрүн өзгөртүп жиберди.

— Ак суроо! Айтсын элчиси!

— Баягы кыпчактарга көрсөткөн бейишидир!

— Ачык айтсын элчи!

Ушул жерде Абдырахман ордунан турду. Элдин кыйкырыгы дароо тыйылып, бүт жыйын анын оозун карап калды. Элчи бая күнкү Абил-бийдин өргөсүнө киргендегидей жупуну эле, андагыдай көздөрү кооптонуп чимирилип кыбыр эткен кыймылды карабай, көңүлү жай сыяктуу. Бүркүт кабактын алдынан өткүр көздөр жыйынды бийиктен имерип тиктеп, сыр тартып турду.

— Туугандарым, — деп баштады бийик сүйлөп элчи, — туугандарым, мына бий агабыз ачык айтты, хан менен бул элеттин ортосунда өкүнүчтүү болмуштардын бар экени бар. Жок деген болсок, биз ат арытып мында келбеген болор элек да, туугандарым. Анын баары өткөн иш, айыккан жара, азыр аларды жаңыртып отуруу мамлекеттин бирдигине зыян. А көрөкчө, айыга элек жара болгон күндө да, аны жамыга таандык иштин кадыры үчүн көптөп дарылап, калуусуз кылып айыктырып койсо болобу? Болот, туугандарым, болот! — Ал узун боюн алга кичине эңилте, башын бир жагына биртике кыңырайта, көзүн балбылдатып, жагымдуу коңур үн салып, мал телигендей муңайым сүйлөп жатты. — Ойлонуп көргүлө, о акылы жетик карылар, ойлонуп көргүлө силер да, о каны кызуу уландар... Мамлекет түгүл бир үй- бүлөнүн ортосунда да кермур кеп өтүшөт го. Аны бүлө башчысы акырын териштирип, ар кимисинин күнөйүнө жараша, тигиндей бол, мындай бол деп, калыстык айтып, тыйып коё алат. Ошондон кийин кулагына сөз кирген бүлө кычаштыкты коюп, ынтымак жагына оойт. Агер, бүлө башчысы калыс сүйлөө ордуна, бирине жан тартып, бирине акарат кылса, анда не болот, туугандарым? Анда үйдүн тынччылыгы кетет, казанынын берекеси учат. Анда үй бузулат.

— А бали, ошону айтыңыз! — кубаттады. Абил-бий.

Абдырахман оң колун көкүрөгүнө койду.

— Мына, туугандар, атабыз бир кезде аталык болуп турган кезде эки ортодогу шумдардын кыяпаты жетип, кесепети уруп, ордо бузулду, нечен бейкүнөө мусулмандардын каны суудай акты, кайран атамдын башы кетти, калмышында Кудаяр тактысынан ажырады. Муну ким билбейт? Мына, туугандарым, мен кек алсам болор эле, кек да кылдым, Алымкул менен Алымбек-датканы ээрчип жүрдүм, эмне таптым, ырк кеткенинен башка эмнени көрдүм, ушу бүгүн силерди жамынып кубат сурасам бир көңүлдү сындырат белеңер, сындырбайт элеңер... Бирак, мен кайра Кудаяр менен саруу тагаларынын ортосун колдон келсе данакерлер кайтайын деп келдим...

Жыйын дым тартпай ойго батып калды. Ак сөз! Ынтымак, туугандык бар болсо, кудайдын буйруган ырыскысы өзү табылар. Ак сөз! Ынтымактан ыйык эмне бар! Жыйын аздап кыймылга келип, ич ара күүлдөп, толкуй баштады. Абил-бий жаркырады. Элдин бирдиктүү түрүнө кубанып карап, ал дагы толкуп турду. Ал ордунан копшоло берип, эки колун бийик көтөрө жыйынга кайрылды:

— Журт! — деди ал азыр өктөм. Абдырахмандын колунан бир ором кагазды, хандын мөөрү менен тастыкталган кагазды кош колдоп алып, урматтап өйдө көтөрдү, бешенесине, эрдине тийгизип тооп кылды. — Бул, о эл агасы жакшылар, силерге айтам, о эр көкүрөк баатырлар, бул хазретинин бизге жиберген жарлыгы!

Төштө оттоп жүргөн токулуу аттардын бейпил бышкырыгы, майда жортмолоп турган серүүн желдин үзүл-кесил шуу-шуу эткен шоокумунан башка угулбай, жыйын дем тартпай тымтырс болуп, Абил-бийдин колундагы бекайбат кагазды тиктеп калды.

— Мамлекеттин зарылы үчүн кылкуйруктан тандалган аргымактар керек, аргымактарга минип чаба турган азамат жигиттер керек. Кылчаңдоо болбойт! Хан жарлыгы бир! Баягы колго барып жүргөн жигиттер бүт аттанат! Кошумча жыябыз. Бир айлык күлазыгы, коштогон аты, куралы толук болсун! Мен өзүм кол баштайм. Токтоо болбойт! Кайра жыйын, кайра маслахат куруп отурушка убакыт жок. Жигиттерди тез-тез шайландыргыла. Нары кетсе бир айдын ичинде, түгөлүбүз менен Коконго түшүп, тажынын алдына тазим кылабыз!

— Паңсат аке! Элчиге бир собол!

Жыйын Абил-бийдин сөзүн бузган бийик үн чыккан жакка дүркүрөп бурулду. Бекназар! Ал ат үстүндө үзөңгүнү кере тээп обдулуп турган эле, Абил-бийдин көзүнө кан толо түштү.

— Тууган! — деди Бекназар кыйкырып. — Хандын бизге кылар жакшылыгы ушул беле!? Эртең миңдеп айдап орус мылтыктын оозуна тосмокчу беле!? Сиз менен биз билебиз, орус мылтык түз болот, орус мылтык алыска тиет, бат атылат!

— Орус мылтыктын оозуна тосмокчу эмес, сиз менен биздин, бүт мусулмандын үйүнө чакыртпай кирип алган душманын куумакчы. Ушундай айтсаңыз туура болот, баатыр жигит... — деп оңдоду Абдырахман элчи.

— Ошондой деп да коёлу... Тууган, бул ордонун акылы, амирин туталы дедик. Чабышып жүрүп оңдукпу? Бир жакка ооп көчүшүп кетпегенден кийин кайсы жагына болсо да ынтымактан бөлөк чара жок эле. Мына, тууган, амирин тутар замат ордо бизди Чырпай пашага аттандырат турбайбы!? Куп, аттаналы, Ордо биздики, коргойлу. Бирак, Ордо башылар акыл тапсын, Чырнай пашаныкындай түз, алыс атар, бат атар мылтык тапсын! Кыңырак жарабайт эми! — Бекназар кылычын өйдө ыргытып кайра сабынан тосуп алды. — Бул эми түн каткан ууруга гана пеш боло алат, болсо уктуңузбу, мылтык берсин. Замбирек берсин дебей эле коёлу...

Ой баса түштү элчини. Жыйын анын оозун тиктеп калды.

Абил бий күйүп кетти:

— Бекназар! Токтот, Бекназар! — деп чаңырып жиберди. А Бекназар токтолбой элчиге тике кадалып:

— Тууган! Жан күйөрлүк кылыңыз, бизден ушул дубай саламды ала кетиңиз, — деди. — Тапсын бат атар мылтык, казынаны алтынын нары-бери качкан сайын артынып жүрбөй, сатып алсын ошол орустун өзүнөн, а анте албайт экен, убара болбосун, биз карыш жыла албайбыз, ат биздин канатыбыз, канатабызды жулдуруп боорубуз менен сойлоп калгыбыз жок, жигиттер биздин жүрөгүбүз, жүрөгүбүздү окко жылаңач тосор алыбыз жок!

— Журт бузар! — деди Абил-бий калчылдап, анын кичинекей кызыл көздөрү заардуу жылтылдай баштады.

— Ушул журт бузганбы, паңсат аке? Жок! Мен алаканда турган акыбалды айттым. Бөөдө өлүмдөн жигиттердин башын арачаладым. А болуптур, барам дегендин жолуна мен туура жатып албаймын, бөөдө өлгүсү келген барып көрсүн, курал табылды дегиле, барбай койсом ошондо айткыла. Эми ыраазысызбы?

Бекназар жигиттерин дүбүрөтүп, артын карабай жүрүп кетти. Эч ким батынбады, эч ким алдыга чыкпады. Элчи да, Абил-бий да, өлүп гана көрбөгөн аяр карылар да, шалдырап, орундан турбай отуруп кала беришти. Жыйындап бөлүнгөн азганактай караан токтолбой көздөн алыстап баратты.

— Ха, кан кускур... — деп онтоп жиберди Абил- бий, колдорунун учу титиреп, бели солкулдады.

Жыйын демин тартып түйшөлө түштү. Жакын жерден кимдир бирөө:

— Кантебиз! Ыя?.. — деди. Ушуну менен тосмосу жарылып кеткен көл суудай бүт эл тилге кирип кетти, карбаластан, дүүлүгүп орундарынан тура башташты.

— Туура айтты баатыр!

— Ыя?! Тете курал берсин да, урушка сала турган болсо?!

— Койдой чуурутуп эле өлүмгө айдап бара береби?!

— Кой, бөөдө өлгүм жок менин...

Кабак чытылып, колго камчылар карышып, көпчүлүк селдей күүлдөп, ээ-жаа бербей, биринин үнүн бири укпай, ызы-чуу болуп, жабыла атка чуркады. Ушунун баарын Абил-бий баштаган топ бийлер, айыл аксакалдары, Абдырахман элчи дөң башында өңдөн кетип, кеңгиреп көздөн өткөрүп турушту. Бир заматта аттуусу аттуу, жөөсү жөө, учкашканы учкашып, атынын белин тартышка үлгүрбөй калгандары сүрдөөндөн калбай атын жетелеп далдактап, жыйын тарап кетти.

Абил-бий элеттин кеткенинен калган билермандарын өз өргөөсүнүн төрүнө кайра чогултуп, ар кимисин бир теше тиктеп, бетинен түгүн чыгарып отуруп:

— Угуп койгула. Кийин укпай калган элем деп өкүнбөй турган болгула. Сөзүм бир! Бекназар жакка ат бастырган киши менен кыркылышам! Атамдын агасы болсо да, угуп койгула, такымына темир кызытып тамга бастырамын... — деп, каарын төгүп чыгарды. Аксакалдар бүжүрөп өзүлөрү аттанышты. Ал сыпаалык үчүн тышка чыгып да койбоду.

Абил-бийдин жаак терилеринин тырышканы ал күнү жазылган жок. Өз ачуусуна өзү ууккансып, иреңи керсарыланып, элчи менен да жумшак отуруп сүйлөшө албады. Түнү толгонуп, бир кирпик какпай эрт мененки даарatka туруп кетти.

Намаз окулуп бүткөндөн кийин Абдырахман улутунуп отуруп:

— Не, паңсат аке... Сиз менен бизде эмне айып... Бири эли, бири ханы. Биз ортого түшүп адил сөзүбүздү айттык, мусулманчылык милдетибизден кутулдук, эки дүйнө жүзүбүз жарык... Калганын өзүлөрү билишсин... — деди чарчаңкы. — Кыбыр этер дарамет жок азиретиңизде. Казына бош, кошун чачылып кеткен... Азырынча, калктын ыгына карап, сен жакшы мен жакшы менен турсакпы? Антпесек, паңсат аке, ансыз да учунуп турган биздин башбаане жаман саманкана Ордо күйүп кеткидей. А жаман саманкана сиз менен бизге али көп керек...

Абил-бийдин сөөгү сыздап кетти, ал жүзүн үйрүп жер тиктеди:

— Үгү деген үнүңөр, үксөйгөн жүнүңөр эле бар турбайбы?..

— Башка жолубуз жок, паңсат аке, Бекназар баатырдын дубай саламын айта барбаска чара жок, элеттен мындай дубайсаламдарды көп жерден уктум, айтканда да жактап, мактап айтып барышыбыз лазим. А сиз менен биздин мазретиге элдин эптеп ушул калган жарымы жагы бүтүн турушу чоң канимет...

Ушул сөздөн кийин алар унчугушпай ар кимиси өз оюу менен отуруп калышты. Бир убакта Абдырахман үлдүрөтүп жумуп отурган көзүн акырын ачып:

— Тиги... Сары-Өзөн-Чүй тараптан каттаган Киши жокпу? — деп чегип сурады.

— Жок... Эмне? Керек беле?..

— Кереги ташка тийсин — деп жиберди Абдырахман. — Ошол жактын шары уруп жатабы бул элди дедим эле...

— Жо, бу кашкөй, душманга этек ача турган бала эмес...

Дагы унчукпай калышты. Мээ ооруткан ойлор ноюттубу, экөөсү тең ныксырап, отуруп калышты...

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Наркы 1842-жылдын жайы...

Шерали ээн жайытта оттоп жүргөн мал сыяктуу бейгам болучу. Эрте менен муздак кымыраңдан карды керилгенче жутуп алып, дикилдеген ылдам көк байталды минип, түнкү жайыттан саан бээлерди айдап келди да, желенин башына имерип токтотуп, кулундарды укуруктап кармап байлай баштады. Күндө кыла жүргөн иши. Эч ойсуз, капарсыз эле. Кулундарды байлап бүтөрдө ага жигит келди:

— Шерали, датка атам чакырып жатат, жүр! — деди шаштырып. Жыл маалында бир назар салып тиктеп койбогон чоң таай эмне жакшы көрүп калды экен? Шерали акыркы кулунду байлап, анан шылкыйып ойлонуп, жигитке кошулуп басты.

Оң босогосуна узун шырык орнотуп ак туу сайылган чоң өргөө. Өргөөдөн обочо жерге тартылган кермелерде чоочун аттар. Кечетен бери ар айылдан аксакалдар келип котолоп жатышкан болучу. Шерали
кайдан билсин? Ажыбай даткага келип жүрүшкөн баягы көп саламчылар го деп ойлогон. Киши көп окшойт. Ичкертен кишилердин кобуру бал аарынын уюгундай бир калыпта күңгүрөп угулуп жатты. Шералини сүр басты. Чекесин кашып, жүрөкзаада болуп туруп, айласы кеткенде кирпигин араң кыймылдатып, араң салам айтып кирди. Бүт Таластын кадырман карылары, жакшы чыкма мырзалары он эки канат кең өргөөгө толуп отурушуптур. Төрдө карала кымкап жамынып отурган Ажыбай-даткадан башкасы орундарынан дүрүлдөп тура калышып, Шералинин саламына алик алышты. Бул эмнеси? Эч качан мындай ызаатты көрбөгөн, көрөм деп эч качан көксөбөгөн бечара Шерали апкаарый түштү. Үй толгон көздөр чачырап аваз кылып карап, Шерали ансайын кысылып, өз денеси өзүнө артыкбаш болуп кетти.

Жаак терилери шылбырап, башы кылтылдап, эти жок тизелери эки ийнине жетип, чөккөн арык буурадай пас болуп мүңкүрөп отурган Ажыбай-датка башын көтөрдү:

— Шералисиңби? Келдиңби? — деди, анын боз чалган нурсуз көздөрү жансыз тиктеп турду. — Жакын келчи, жарыгым...

Шерали тез бүгүлүп, чалдын сөөктүү, арык колдорун кош колдоп, урматтап, акырын кармады:

— Келдим, таяке... Чакырткан экенсиз... — деп жүүнү бош сүйлөдү.

— Отур ошондой, жарыгым...

Шерали сыңар тизелей калып, бир ууч сөөк болуп кичирейип өтө карыган таякесинин кара сепкил баскан, акылдуу жүзүнө ынтаа коюп, күтүп тиктеп калды. Ажыбай- датка же үргүлөп кеткени, же ойго чөккөнү белгисиз, алсыз үлдүрөп, көзүн жуумп бирпас отурду да:

— Мына бу эл сени карап отурат, — деди акырын, алсыз, — жарыгым, кулак салып отурасыңбы?...

— Кулагым сизде, таяке...

Ажыбай датка аппак суюк сакалын калтыраган алсыз колу менен акырын сылап, акырын жөтөлүп:

— Жакшы атанын кашык менен жыйнаган мүлкүн жаман уул чөмүч менен чачып түгөтөт деген ырас. Амир Темир Көрөгөндүн ченсиз зор өлкөсү өзүнүн көзү өткөн соң, жок дегенде, жүз жылга бүтүн турбады. Мураска алып, ар шаарда, ар элде бийлик жүргүзүп турган балдары бири-бирине баш койбой, ар кимиси ар жакка чоюп, эң акырында өлкө бытырап бөлүнүп кетти. Амир Темир Көрөгөндүн Миран-Шах деген бир уулунан Султан-Мухаммад, андан Абусаид, андан Өмөр-шайх. Фаргана ошол Өмөр-шайхтын энчиси болгон. Бир күнү ал дагы Самаркандагы улуу амирден өз алдынча болуп алды. Ал убакта өкүмдарлар[1] атак үчүн жанына ырчы, чоорчу, чечен топточу экен, шаани үчүн ордосуна тотукуш, аккептер бакчу экен. Бир күнү Аксы шаарынын касабасынын кырында отуруп, аккептерлерине жем чачып отуруп, кептеркана кокустан урап кетип, Өмөр-шайх учуп өлүптүр. Ошондо тун уулу Бабыр он эки жашар экен. Ал ошол 899- жылы[2] атасынын ордун басып султан болуп көтөрүлөт. Султан Бабыр акылы жетик, кайраттуу азамат чыгып, Амир Темир бабасынын өлкөсүнүн бөлүнгөнүн бириктирем деп, чачылганын жыйнайм деп, кол баштап чыгат. Ошол учурда илгерки Саин хандын[3] иниси Шайбандын тукумунан ошол түп атасынын атын алып Шайбани хан деген кыйын чыгып, Эдил боюндагы Көк ордодон, андан берки Ак ордодон сан тийбегенден кийин күнчыгышты карай жортуул баштап, Самарканга кирип келип калган эле. Өз туугандарынын ыркы жоктугуна чыдаса да, бабасынын Самаркандагы ыйык тагын атасы бөлөк бирөө келип ээлешине Султан Бабыр чыдай албай, Шайбани-хан менен катуу кармашып, үч жолу Самаркандан Шайбани-ханды сүрүп чыгып, бирок, биротоло көчүк басып калышка арты алсыздык кылды, анын дитин түшүнүп көмөк көрсөтүшкө ыркы жок туугандарынын бири да жарабады го, өз агасын агалай албаган жаттын улагасын сагалайт, көмөк көрсөтмөк түгүл, кайта Шайбани-ханды жамынышып Султан Бабырдан Фарагананын өзүн талашты го, акыры келип кайран баатыр бактысын башка жактан издеп Оуган тарапка жер которуп кетишке аргасыз болду...

Тамагын кыр-кыр дегизип, алсыз жөтөлүп отуруп, Ажыбай датка жай сүйлөдү. Шерали кирпигин ойсуз кыбыратып, баш көтөрбөй, бул сөздөрдүн кимге айтылып жатканын ажырата албай, дал болуп отура берди.

— Султан Бабыр үй-бүлөсүн гана алып, аз гана кишилери менен качып жолго чыккан экен ошондо. Атаңдын көрү, бапасыз дүнүйө... Оомату кеткенде өз токоюнда жүрүп жолборс ачка өлөт деген ырас белем. Киндик каны тамган ата-журтунан, ата-бабасынын ушунча кең өлкөсүнөн таман коёр, баш калкалар жер калбаптыр го ошондо. Ошол кезде Сейде-Бак деген бир зайыбынын боюнда бар экен, айы-күнүнө жетишип турган чагы экен. Тоо жамынып баратышкан ченде Сейде-Бак толгоо тартып калат. Айла куруганда аттан түшүрөт. Ошерде Сейде-Бак кылыч таянып отуруп көз жарып, уул табат экен. Эми эмне кылышмакчы? Артта куугунчу. Алдыда кыйын жол... Тизгин жыйбай катуу жүрүш керек андан нары. Кызыл эт бала шалкылдап атка урунар, тердеп, кургап камыгар. Ага карап жайбаракат болушса, арттан куугунчу жетип, баарынын башына жапа түшүп калары белгилүү иш. Эмне айла бар? Кана, эмне айла бар? Мүмкүн болушунча, аттардын кубаты барынча тез, катуу кетиш зарыл. Мындан башка акыл жок.

[1] Өкүмдар — мамлекеттин ээси, государь.

[2] 1493-жылы.

[3] С а и н-х а н — Батый хандын күнчыгыш элдерине тараган наамы

Бала кантет? Ала кетишсе да өлүм, таштап кетишсе да өлүм. Атка урунуп өлөрү бышык, а жол боюна таштап кетишсе, кокус бирөө кез келип таап алса аман калышы ыктымал, бирөө таап албаса баягы бир өлүм. Ушинтип тегеретип ойлоп турушуп баланы жол боюна тагдырдын эркине таштап кетишмек болушат. Энесинин уузу менен оозантып, алтын сырлуу бешикке салып, үстүнө ак шайы оромол жаап, жуп аттанарда түтпөй Султан Бабыр наристенин маңдайына колунун учун тийгизип өөп, бир үшкүрүп, анан белиндеги каухар кемерин чечип бешиктин үстүнө арта таштайт. Ошол бойдон эки эмчегинин сүтү дирилдеп ийип көкүрөгүн жууп, көзүнүн жашы бетин жууп, үңүлдөп ыйлап кетип бараткан Сейде-Бакты жандап бастырышып, колтугунан сүйөшүп, жөнөп кете беришкен экен. Аргасыздан ата кетти жүрөгү сыздап, бала калды боору катып солуп ыйлап...

Үй ичи түйшөлө түштү. Кайра дым болуп, баары Ажыбай датканын оозун тиктеп калышты.

— Ошол кезде ошол жерлерде кыргыз кыпчак, кырк, миң деген уруктар бир жамагат болушкан экен го. Султан Бабыр баласын таштап кеткен жерден көчкө жайыт чалып өтүп баратып, али эл коно элек тоо арасынан жаш баланын ыңалап ыйлаган үнүн угуп, улап барып, бадалдын түбүндө турган жабуулуу алтын бешикти таап алат бир адам...

Үй ичи дагы түйшөлө түштү. Бул окуя бир Шерали эмес, бу отургандардын баарына эле белгисиз болучу.

— О кудурети күчтүү, көкө теңир! Сактаарыңды кыл үстүнөн сактайсың... — деп, дуулдап кетишти.

— Ошол таап алган адам баланы бешиги менен, кымбат баалуу каухар кемери менен айылга апкелет. Ошол кыргыз кыпчак уруктарынын жакшылары чогулуп, жети өлчөп бир кесип дегендей, баланын тагдырына ойлук кылышат экен. Ана көз ача элек кызыл эт бала... Алтын бешик... Кунда жок каухар кемер... Жөн тегин адамдын баласы эмес, узун элдин учуна кыска элдин кыйрына кабар кылып, таанып алары чыкпаган соң, кеңешип туруп, миң уругунун айлынан сүтү бар зайып табышып, балага алтын бешиги менен табылган бала дешип Алтынбешик деп ат коюшуп, бактырып коюшат. Шерали, угуп отурасыңбы, айланайын?..

Шерали аңкайып тиктеди.

— Сен ошол Алтынбешиктин тукумусуң. Уктуңбу, сен султандын тукумусуң.

Үй ичи дуу-дуу болуп кетти. Баары бүгүн көрүп отурушкандай Шералини таңыркап тиктеп калышты. Шерали нестейип, иреңи бир кубарып, бир кызарып, же кубанарын, же кайгырарын билбей, сөздүн акырына акылы жетпей кеңгиреп отурду.

— Кийин... о кийин... Султан Бабыр бүткүл Индстанга падишах болуп турган чагында быякка элчи жиберип, баласына суроо салдырган дейт. Издеп жүрүп, белгилерин айтып жүрүп, элчилер Алтынбешикти табышкан дейт. Бирок, баккан эл бербей койгон экен. Не бар не жок, султандын бир тукуму арабызда жүрсүн деп, бербей койгон экен. Кийин Алтынбешик балакатка жеткенде ага эл жакшылары кыргыз кыпчактын ошол аймакта жашаган төрт уругунан төрт кыз алып беришкен экен. Ошол төрт зайыптын бири Кутлуккан миң уругунун кызы болуптур. Ошол Кутлуккандан Алтынбешик Теңирияр деген уул көрөт...

Ажыбай датка чарчап, тиши жок кызыл ээгин ачып, акырын энтигип, оюн жыйнактап токтоло калды. Ага кыпкызыл кырма кесе менен кымыз сунушту. Ажыбай датка

кымыздан биртике жутуп, тамагын нымдады да, ыракаттанып тамшанып алып, кайра сөзүн улады:

— О кийин... Шайбани-хандын тукумунан Бухаранын өкүмдары Абдулмомун деген бу Фарганаы сурап турган өзүнүн бир ата өтүшкөн тууганы Өзүбек-ханды чаап, анын бийлигин жок кылып, Фарганаы өзүнө каратып, кайра Бухарага кайтып бараткан жолдо ичарадан тымызын уюшкан кутумдарынын колунан өзү да өлүп тынат. Мына ушуну менен Шайбани тукумунун бийлиги токтолуп, Бухарада маңгыт уругунан Аштархани тукуму такка келет экен. Так талашуу оңойбу? Ошол так талашуу коогасында Бухаранын өкүмдарлары, кимиси болсо да, өзүлөрү менен өзү алышып, быяктагы Фарганаы кармап турууга кубатсыз болуп калат, Фарганаын тыңдары бухара амирлигинен моюн толгоп, өз алдынча болуп кетүүгө умтулуп, султан тукуму деп Теңирярды бий көтөрүп жиберишет. Ошондо Теңиряр алтымыш жашта экен дейт. Бул иш пайгамбардын жыл эсебинде 1006-жылы[1] чендерде болот... Ушинетип, Теңирярдан баштап Нарбото бийге чейин Алтынбешиктин тукумунан саналуу он үч бийи өттү. Угуп тур, жарыгым, көкүрөгүңө түйүп ал. Алтынбешиктин төрт уруктан алган зайыптарынан тараган балдары чөлдө, тоодо, эч кимге түзүк баш койбой «өзү бий», «элет» атанып, эндекей жаткан уруулардын ортосуна данакер болуп, башын бириктирип келишти. Бир кезде Шады деген бийи Маргалаңдын үстүнө тоого ууга чыгып уудан кайтып келе жатып, бу кыргыз элети кантип жатыры экен деп, байкай өтөйүнчү деп, башка кийим кийип алып, бир жолоочу кейпи менен кыргыз айылдарын кыдырып түшөт, касты жеткенби, бир айылда аны тааныппы, же таанымбайбы, кыргыздар аты-тонун сыйрып алып, өзүн өлтүрүп салышкан экен. Ал кезде бийинин кунун, өчүн алышка кубаттары келишкен эмес. О 1174-жылдарда[2] кытайлар Кашкарды басып, андан бери жунгар калмактарын катуу кырып, быякты карай түргөн. Калмактардын өлгөнүнөн калганы жаңы жер бошотуп алыш үчүн Фарганага самсып кирип келген эле. Алтынбешиктин балдары ошондо ишке жарайт, ошолор жол баштап, ошолор кол баштап, калмактардын селин токтотуп, үшүн тайдырып, башка тарапка оодуруп жиберип, ошондо барктары катуу көтөрүлөт. Эң акыркы бий Нарбото ичтен чыккан, тигиндей тыштан кирген жоого туруштук бере ала турган бирдиктүү ордо уюштурмакчы болуп, 1216-жылы[3] тун уулу Алимди ак кийизге салдырып хан көтөрттү...

Өргөөдөгү отурган эл кары датканын сөзүн өтө кунт коюп угушуп, тиги орто жашап калган, сейрек кара сакалдуу, көзү алагар, корунчак, жүдөө Шералини үн катпай тиктеп отурушту.

— Ошол күндөн Кокон ордо аталды. Сарай салынды. Хан атынан алтын, күмүш теңге чыгарылып, казына жыйылып, казынанын эсебинен аскер күтүлүп, ар кандай өкүм хан атынан айтылып, бийлик бир колго чогултулду. Алим-ханды көрүп калдым. Ташкан суудай кайраттуу, өтө айлакер, акылы тетик, кишиге оңой ишенбеген, аяганды билбеген залим киши эле. Эми мурдагыдай уруулардын ага бийи эмес, алдаканча бирдиги бар, бухара амирлигине ыкрар кылбаган, кыйла күчтүү мамлекеттин башында турганын көргөн соң, эл алышка, дагы жер кеңитишке катуулап киришти. Аталары муну акырындап, дос, сөөк арттыруу аркылуу жүргүзүп келишкен көбүнчө. А Алим-хан кылыч

[1] 1597-жылы.
[2] 1760-жылдарда.
[3] 1801-жылы.

менен күргүчтөдү. Аргымактардын туягын, азаматтардын канын аяган жок. Бүткүл хандык доорун тынымсыз жортуулда өткөрдү. Ошондо, жарыгым, күндүз десе күндүз, түндө десе түндө атланып чаап бердик биз дагы. Алим-хандын тушунда Кокон жел тийген өрттөй күч алып өстү. Шерали, кулак салып отурасыңбы, жарыгым? Алим-хан кишиге оңой ишенбеген киши эле дебедимби. Саалдан кийин, Нарбото бийдин көзү өткөндөн кийин, ал кокустан такка мураскор болуп чыгып калатко деп кичине эле шектенген алыс-жакын туугандарынын көзүн жойду. Биринчи болуп, угуп отурасыңбы, жарыгым, сенин атаң Хажи бийдин башы кетти...

Шерали селт деп карап, көздөрү чекчейип кетти.

— Хажи бий менен Нарбото бий атасы бир, энеси башка биртууган болучу. Эки бир тууган батышпай, Хажи бий көбүнчө Чаткалда тагаларын жамынып жүргөн. Биз менен сөөк жаңыртып, сенин энеңди ушу Таласта алган. Ошо Нарбото бий өлгөндө ариетине барып, анан ошол бойдон ордодо кала берген болучу. Ошентип, эч капарсыз ордодо жүргөн убагында жанагинтип шек санап, кайран сөөгүбүздү Алим-хан күмжам кылып салды. Бул иш 1223-жылы[1] болду. Ошондо мен да ордодо элем. Жигиттеримди ээрчитип, карындашымды коштоп, сени өңөрүп алып, түн катып ордодон чыгып кеттим...

Шерали кайра шылкыйып отуруп калды. Ал өзүнүн тегин билчү эмес, Ажыбай датканын эрке карындашынын артынан ээрчип келген саяк бала катары гана жүрүп, минтип жашы улгайып бараткан болучу. Көзүнө жаш тегеренип келе баштады.

— Билбейсиң... Кайдан билесиң, анда жаш элең, акыл токтото элек көөдөк элең. Хандардын көзүнөн алыс, кулагынан алыс, караламанга тегиңди жашырып, канатымдын астына асырадым, жарыгым. Алим-хандан кийин анын бир тууганы Өмөр-хан болду. Так талашчулардан кутулам деп, Өмөр-хан да Алим-хандын адатын кылды. Алим-хандын эр жетип, кол баштап калган уулу Шахрух-бектин башы кетти биринчи болуп. Алим- хандан дагы Ибрагим бек, Мурад бек деген эки уулу бар эле. Аларды энеси Самарканга ала качып өлүмдөн арачалап кетти. Өмөр-хан Алим-ханга караганда кыйдыраак, ишти кылыч эмес акыл менен жүргүзүшкө жөндөмү бар хан чыкты. Алим-хан тажы кийген эмес, койкоюп такка отурган эмес, ат үстүнөн оокат жеп, ат үстүндө уктап, өмүрүн жоокерчиликте өткөргөн. Тажыны биринчи Өмөр-хан кийди, такка отуруп арыз сураганды биринчи Өмөр-хан баштады. Ал шаарларга мечит, медресе салдырды, кайракы жерлерге кош арык чыгартты. Коңшулары менен достошуп душманын азайтты. Ушинтип, агасы Алим-хан адамдын канына жууруп жараткан мамлекетин ичтен бекемдеди. Өмөр- хандын көзү өттү. Өмөр-хандын көзү өткөнден кийин анын уулу Мадали ордун басты. Эй, жакшы атанын кашык менен жыйнаган мүлкүн жаман уул чөмүч менен чачып түгөтөт деген миң мерте ырас экен го. Шарият урганды хан көтөргөндө салтанатына мен да барган элем. Эркеликтен жинди өскөн, чыргоо, ачуулуу, андан калса ордодогу кошоматчылардын кошоматы, шарап, катын, айланысындагы кишилердин жаман жүрүмү, оңолбой турган кылып бузган, тиртеңдеген арык бала болучу. Кокондун кулачы бир жагы Вадахшан, бир жагы Жети-шаар, бир жагы Арал деңизине жетип калган эле. Бир, же эки шаарын алдырып тим болсо кана! Акылсыз Мадали аталары улуу эмгек менен кураган ордонун таркин кетирди, баарын колунан чыгарды. Мына быйыл жазда Бухаранын амири Насрулла-

[1] 1808-жылы.

батыр-хан капилеттен кол салып, Мадали-хандын колун Кожон шаарынын жанында кыйратып таштап, Коконго кириптир. Кулак салып отурасыңбы? Коконго кириптир. Өлөрүнө жакын Өмөр-хан бир кожонун сулуу кызына ынак экен. Өмөр-хандын көзү өткөндөн кийин шарият урган Мадали сулуулугуна азгырылып, жолоп койгон имиш! Насурулла-батыр-хан мына ушул жерден кармаптыр. «Мадали энесин алды. Шарияттан чыкты. Шарияттан чыккан карабет киши мусулман тагында отура албайт!» деп жайып, уруш баштаптыр. Көрдүңбү, Насурулла-батыр-хандын айласын. Мадали дин урганды жырылбас жерден кармап элден чыгарып туруп жыгыптыр. Дин урганды ордосунун босогосуна мууздатып таштап, Кокондун бүт эли, бүт жери Бухара- и-Шарифдин бактылуу амираны Насурулла-батыр-хан- дын адил бийлиги астына ыкрар болду деп жар чакыртып, Коконго өзүнүн бегин коюп кетиптир. Мына уктуңбу муну, жарыгым? Жетим элең жетилдиң, карып элең оңолдуң. Эми замандын кезмети сага келди. Аттан эми. Багыңды Насурулла-батыр-хандын колунан талашып ал. Талашпасаң так жок, күтүнбөсөң бак жок, жарыгым... Учур деген бир келет. Мына учур келди...

Ажыбай датка акырын кыр-кыр жөтөлүп, алдында турган кырма кесени өйдө алып, калтыраган колу менен кымызын акырын чайкап, дагы биртике жутту. Аяр чалдын көңүлү, бүт дити Шерали жакта, андан акылдуу бир сөздү күткөнсүп калды. Шерали жашыды:

— Таяке... Мен жалгыз кайда барам...

Ажыбай датка башын ийкегилеп:

— Андан кам санаба, жарыгым, — деди эркелете, — бул отурган эл сени жалгыз аттандырбайт. Бүт Аксы, бүт Талас, Чаткал азыр сенин колуңда. Ат жалын тартып минишке жараганы сенин кошунуң, жарыгым. Эмне? Жүрөксүп турасыңбы? Эч жүрөксүбө. Жумуру баштын мойнунда бир өлүм бар, анын эртеси, кечи баары бир. Көп караламандын бири болсоң бир жөн эле, султанзаада болгон соң атамурасын талашпай, көрокаттын артынан коңулда калган намыс. А намыс өлүмдөн катуу болот... Сенин ыйык каның бузулуп уругуң бачикиленип кетпесин деп, тектүү жер тандап, тубай уругунун бийи Токтоназардын кызын алып бердим. Уучуң куру эмес, артыңда үч балаң бар. Жүрөксүнөр жөнүң жок. Сенин төрт тарабың кыбыла... — Карылыгы жеттиккен датка чарчап, тиши жок кызыл ээгин дагы ачып, акырын энтигип, токтоп, жай сүйлөп, өзүнүн оң жагында отурган чоочун киши жакка колунун учун жаңсады. — Мына, Аксынын бийи Нүзүп бий...

Суюк сары сакалдуу чукчуйган чоочун кишини Шерали алдыртан уурданып тиктеди. Ителгинин көзүндөй тирмейген тик көз көзүнө уруна түштү. Ажыбай датка сол жагында отурган нооча кара жигитти карата жаңсады:

— А муну болсо таанышсың. Өзүбүздүн инибиз Сыйдалы бек. Мына жарыгым, бири колбашчың, бири жолбашчың...

Шерали өйдө тиктей албады, ыразылыгын билдиргени болдубу, бүк түшүп эңкейип, таякесинин карала кымкап тонунун этегине тооп кылды. Ажыбай датка алсыз жөтөлдү:

— О бири кем дүйнө!.. Баягыдай жүзүмдө нур, билегимде каруу бар чагым болгондо... Көрүп турасың го, жарыгым, мен тоголонуп карыдым. Ушул азаматтардын этегин кармап барсаң мурадына жеткен соң, эсиң болсо ыразылыгың алып, кадырлашып кетерсиң. Бирөөнүн адал кызматын адал кызматың менен өтөй бил. Мындан нары сенин этегиңе тооп кылат эл. Элге кенен бол, бурадарга күйүмдүү бол, жарыгым. Тарлык тар кишинин кылар иши...

Шерали тердеп кетти. Оозуна эчтеме кирбеди.

Ажыбай датка Нүзүп бийге назар салды, башы тез — тез калтылдап.

— Нүзүп үкем, баштаган ишиң кыйын иш... — деди ал ойлуу. — Бирок мезгилдин күчү сен жакта, мунун өтөсүнө чыгасың. Көл дайыма эле жар чапчып толкуп турбайт, көлдү бороон толкутат. Эл деген көл сыяктуу. Насурулла-батыр-хандын бороону үркүтүп, элди биртике козголтуп койду окшойт. Аттана бер тартынбай. Жөн учурда бул элди уруп чогултуп ууга толук алып чыга албайсың. Азыр кичине дем берип туруп, кайда баштасаң ошол жакты сел болуп каптап өтүп берет. Ушуну билипсиң, түзүк үкем, эсиң, көзүң бар экен. Жолуң ачыпсын. Аталардын арбагы колдосун. Омийин!.. деп, сөөктүү, арык колдорун жайып бетине бата тартты. — Шералини силерге тапшырдым, силерди ыманыңарга тапшырдым... Аллау акбар!..

— Аллау акбар...

— Аллау акбар...

Дүрүлдөп бата кылышты. Нүзүп тирмейген тик көздөрүн сүзүп, ийилип, Ажыбай датканын колун кош колдоп кармап, акырын тооп кылды:

Өзүңүздөй көрүңүз бизди... — деди ал.

Эртеси күнү Нүзүп Ажыбай датка кошуп берген жетимиш жигит менен Шералини алып, түн катып Кара-Буура ашуусу аркылуу Аксы багытына ашып кетти.

II

Нүзүп келери менен уруктардын билермандарын тез чогултуп, Шералини көрсөттү да, көптөн бери туюк алып жүргөн дитин салды ортого:

— Мен Коконго жүрөмүн! — деди ал. Токтоосуз, бир ыйык иштин белгиси кылып, акбоз аттардын жалкуйругун кызыл канга боётуп, ага жарчыларды мингизип, элеттин кыйрын кыдыратып чаптырды.

— Кадырлуу Нүзүп мырза Коконго жүрө турган болду. Аттангыла! Ордону бухаралыктардан тазалай турган болду. Аттангыла! Нүзүп мырзанын колунда тажынын мураскору. Аттангыла! Элге карамдуу адил заман тургуза турган болду Нүзүп мырза. Аттангыла, Аттангыла, көрпенделер, аттангыла! Алтын тажынын алдында өтөгүлө пенделик карзыңарды. Аттангыла! Аттангыла...

Жал-куйругу кызыл канга боёлгон акбоз атчан жарчылар ушинтип жар салып чабышты. Эки-Суу- Арасындагы (Сыр-Дайра менен Кара-Дайранын ортосундагы кыпчак уругуна, Ташкен багытындагы курама уругуна тили ширин элчилер барды. Эл дүүлүктү. Туш-туштан кошундар куралып, ак, көк тууларын туйлатып, жер түтөтүп келе башташты...

...Кырка чокулары ак мөңгүлүү улуу тоонун жашыл өтөгү. Шар аккан суунун бою. Эки өйүзүндө көк- жашыл бөксө адырларга чейин созулуп, майда ак чатырлары жыбырап, өргүүдө жаткан көп кошун. Майда чатырлардын арасында аттарды бакылап бирин-экин кишилер жүрүшөт. Аскердин көбү өзөн жакасында. Ар жерге топ-топ болушуп, билек сынашып, чапчаңдык көрсөтүшүп тамаша кылып жатышты.

Өзөн боюнан анча алыс эмес, кол менен атайы жасап койгондой тоголок дөбөдө башка чатырлардан чоң, башка чатырлардан сүрдүү болуп бир ак чатыр тигилген. Ак чатыр кызыл саймалуу. Төбөсүндө ай тамгалуу кырмызы туу желге акырын үлбүрөп толкуп турду. Эшиги түрүлүү. Босогосунда кылычтарын жалаң кармап, былк этпей катып, эки жоокер.

Босогодогу жигиттер Нүзүп чатырдан чыгып келе жатканда кылычтарын бооруна алышып, кетенчиктеп таазим кылып жол беришти. Нүзүп бенарестин кызыл кымкабын кийген, башында көк селде, көйкөлгөн кымкабынын ичинен ак камзолго селдесине бир өңдөш көк ботокур курчанган, ботокурда кынына каухар чөгөрүп алтын менен саймалаган бухаралык зергерлердин эң сулуу шамшары, бутунда тумшугу чукчуйган сары көн өтүк. Көздөрү курч бычактын учундай. Бет алдындагы жашыл өзөндө уюктуу кумурскага окшоп, быкырап жаткан көп кошунду суюк сары сакалдуу эринин бек кымтып тиктеди. Эки жагында ызат кылышып, биртике арткарак турушкан улу-кичи анын оозун карап, чук этишпейт. Сөөлөтүндө бул жортуул оюн иш эмес экенин сезүү, өз кубатын да сезүү, тагдырына баш байлоонун кообу, ырахаты бар. Ал томсоргон жүзүн бир былк эттирбей, ойлонуп, азырынча бейпил жаткан көп кошунду башынан аягына кыдырата тиктеп турду.

— Кернай! — деди Нүзүп акырын.

Эки кернайчы узун кернайларын бийик көтөрүшүп, бардык күчтөрү менен үүлөшүп, күрөө тамырлары барсайгыча үүлөшүп, тарта башташты. Бир паста тынч тоолордун арасы кернайлардын айкырган бекайбат үндөрүнө толуп кетти. Өргүүдөгү көп кол түйшөлө түштү. Кернайлар үзүлбөй бапылдап, көпчүлүктүн көңүлүн колбашчынын кырмызы туулуу чатыры жакка улам кадаланып тартты, өкүм үн салып чакырып жатты.

Кулак тунган чууларды аралап, суу боюндагы топтон бир жигит тизгин учу менен катуу барды. Ал салам айта электе:

— Ал жак даярбы? Кедейбай, тездетпейсиңерби! — деди Нүзүп. Кедейбай атынан ыргып түшүп, тизгинин артында кошо жүргөн жигиттердин бирине ыргытты:

— Бүттү! Баары даяр, Нүзүке...

Нүзүптүн жүзү жумшара түштү:

— Анда алып чыккыла тигини! Тез! — деди, жүзүнө кубаныч кирди. — Курал! Туу! Болгула!

Бийлер күңкүлдөшүп, шыбырашып, карбаластап калышты. Кедейбай чатырга шашып киргенде, анда алдакачан жүрөгү дүкүлдөп, эч убакыт өтпөй зарыгып күтүп отурган Шерали көзүн чачыратып кубанып:

— Келиңиз, кайнага!... — деп ордунан тура калды. Кедейбай ага жооп берип отура албай:

— Жүр... Иш бүттү... —деп күбүрөп, Шералинин эски тебетейин башына кийгизди, өңүрлөрү шөлбүрөгөн көөнө чепкенин кийгизди, шашкандан калтыраган колдору менен белин курчантты. Эжеси Жаркындын эри болгондуктан кичине жан тарттыбы же жөн эле

боору ачып кеттиби, Шералинин үстү-башын ушу убакка чейин эл көргүдөй кылып обуштуруп койбогондугу үчүн ичинен Нүзүпкө кине ойлоп кетти. Ханзаадабыздын кейпи ушубу? Кайдагы бир сандалган карыпты ханзаада деп алган булар дебейби эл?..

Чатырдан Шерали чыкты. Ал кубанычын эч жашыра албай, чекеси тердеп, ууртун жыялбай кишилерди чексиз ыраазы болгон баё көздөрү жал-жал тиктеп чыкты. Бир чыканагынан Кедейбай, бир чыканагынан кыпчак уругунун беги Мусулманкул аста сүйөп чыкты.

— Курал! Туу!

Тарсылдап асманга мылтык атылды. Чатырдын эки жагында турган дабылпаздар жан үрөп, дабылдарын сабап киришти, кернайлардын бакырыктарына дабылдар кошумча болуп, жер дүңгүрөдү. Жай оттоп жүргөн аттар баш көтөрүп кулактарын тикчийтти, бүт кошун - селдей шатырап, колбашчынын чатырынан кылкылдап жылып келе жаткан туунун алдын торой жүгүрдү.

Алдыда кылычтарын ийиндерине жалаң кармап эки жоокер, алардан саал артта туу, туунун артында Нүзүп, көздөрү кыпкызыл болуп кеткен, ирени бир кубарып, бир кан толкуп баратты. Шерали эки жагын каранып, эки тарапка жамырап тизилип аваз кылып турган жоокерлерге ал дагы аваз кылып, баё көздөрүн алаңдатып, ылжайып дагы эле ууртун жыялбай келатты.

Алар ойногон балыктын канатындай жалт-жалт этип серпилип, түз өзөндө кылтылдап агып, күнгө жалтырап жаткан суу боюндагы ак, сары, кызыл гүлдөр ыргалып турган жашыл майданга карай жай келатышты. Жашыл майданда кара комок болгон көп элдин ортосунда кардай ак кийиз жайылып жатты. Алар ошол ак кийизди көздөп келатышты.

Аваз кылган эл туштуштан кысып келишип, ортодон как жарылып жол коюшуп, колдорун бооруна алып таазим кылып, күңгүрөп салам беришти, ээрчип чуркашты.

— Ой... Кайсы?.. Кайсы, ыя?..

— Тигине беле!..

— Бутундагы көн чарыгын карачы... Куда-а... көктөлө берип көн чарыктын ууртары түйрүлүп кетиптир...

— Хи-хи...

— Секин!.. Тамагыңдан каның алынып калып жүрбөсүн...

Дүүлдөп тоскон, тапырап ээрчиген көпчүлүктүн арасынан Нүзүптүн азезилдей сак кулагы бул сөздөрдү илип алып баратты. «Куп болду. Эл көрсүн. Шералинин ким экенин көрсүн. Шералини кандай кейпинде кимдин күчтүү колу желкесинен көтөрүп барып ак кийизге салганын көрсүн. Укумдан-тукумга сөз калсын», — деди оюу.

Туу желбиреп кийиз жайылган жашыл майданга келип токтоду. Кернайлардын, дабылдардын тынымсыз дүңгүрөшү, кан көксөгөн салтанаттын муздак сүрү жүрөк сестентет.

Жайылган ак кийизди иргелген тайпа бийлери тегеректеп күтүп, бирөвү үстүнө кызыл төрбөлжүн жабылган кара кирпик кара жал акбоз бээни сагагынан кармап турган. Курбан чалынар, каны ак кийизге чачылар ыйык мал.

Нүзүптүн курч бычактын учундай тик көзү жакынкы тургандарды бир кыдырып чыкты да, бийлердин арасында турган он беш жаш чамасындагы балага келип токтолду. Баланын ирeңи күзгү жалбырактай сапсары, бетинен түгү чыгып, эриндери көгөрүп, титирек басып, кирпигин алсыз ирмегилейт. Бир тизеси олдоксон бүгүлүп, ошол жак ийни пас түшүп, колу жансыздай шалдайып өз денесине жубубай турду. Нүзүп көзүн тартып кетти:

— Баштагыла... деди акырын.

Кернайлар, дабылдар тып басылды. Бир да тике турган киши калбай эл жер жайнап отуруп калышты. Кары улама курандан хутба сүрөнү түшүрдү. Эл сүрөнү дем тартпай, былк этпей угушуп, Шералинин урматына багышташты. Бетке кол тартылары менен кернайлар кайрадан күчөп бапылдап, дабылдар баш кеңгиретип дүңгүрөп кирди.

— Кана! Аллау акбар! Аллау акбар! — деди улама киркиреп. —Аллау акбар, аллау акбар...

Түнөргөн кишилер баланы колтуктарынан сүйөп:

— Коркпо... Коркпо... деп жооткотуп, алдыга өткөзүштү, ак кийиздин четине өтө жакындатышты. — Коркпо, эчтеме болбойт,— эчтеме болбойт...

Бала «эмне болорун», «эмнеден коркорун» түшүнө алган жок. «Бээге мингизеби?..» деп ойлоду. Тизгин тута албайт ко?! Жыгылат ко азоодон?! Эми өз оюнан өзү коркуп, эки көзү жылтырап жашылданып, энтигип, оозу жарым ачылып, муун-жүүнү калтырагандай болду.

Кернайлардын жабыла айкырыгынын арасында:

— Аллау акбар! Бир кудайдын жолуна, аллау акбар! Султандардын жолуна... Чилтендердин жолуна... Аллау акбар, аллау акбар!.. деп уламанын гана үнү киркилдеп басылбай турду.

Ушул учурда арттан катуу чыңырык чыкты. Эл селт этти.

— О, садагам... Садагам... ай... —деп эчкирип боздоп келатты бирөө. —О, садагам!.. Жалгыз элең, садагам!..

Үн зайыптын үнү эле. Нүзүптүн кабагы чимириле түштү, заары бетине чыгып, көздөрү чакчайып, бурулуп карады.

Кылкылдаган көп элди аралап, кармаган кишилерге бой бербей, узун, көк көйнөкчөн зайып жүгүрүп келатты. Аны кармоого эч ким даабады, эч кимдин колу

барбады. Узун, көк көйнөкчөн зайыптын көздөрү коркунучтуу чакчайып, кыроо баскан шыбактай аппак чачтары жайылып, сеңселип, кылкылдаган көп элди жоодар аралагансып, толкутуп, жарып аралап келатты.

— Ырайым кыл, айланайын эл! Сары улагың болоюн эл!.. Атадан жалгыз эле, о кудай... Жарым жан эле шордуум... О, шордуум, кайдасың!.. —деп боздоп келатты. Эл бийлердин көзүнчө гана, кой дешкен болуп, кармаган болуп, а чынында алдына тура алышпай тең жарылып качып, ага жол берип жатышты.

Баланы ортого алып турган түнөргөн куралдуу кишилердин тосконуна болбой, тажалданып чыңырып келип, кемпир баласын кучактап калды. Бала титиреп апасынын бооруна жабышты:

— Апа... Апа... — деп бышактады, башын катты. Ошол замат күчтүү колдор экөөбүн эки жакка катуу силкип ажыратты. Эне менен бала чыңырып кайра жабышышты. Күчтүү колдор аларды кайра капшыра кармады.

— Токто!

Нүзүптүн катаал үнү түнөргөн куралдуу кишилерди тык селдейтти. Нүзүптүн суюк сары муруттары түктөйдү, заардуу көздөрү канталап, бийлерди, курбандыктын милдетин алган ак сакалдууларды жекире тиктеди. Анан ал кемпирди карап:

— Байбиче, бул сенин балаңбы? — деп акырын сурады. Кемпир энтигип келип, тытылган көк жоолугун мойнуна салып, буркурап Нүзүптүн бутуна жыгылды:

— Ырайым кыл!.. Ырайым кыл, бекзаада... Бир ныптасына шал тийген жарым жан шордуу эле, бекзаада... Кудайдын корсунтканы, кудайдын жазасы азбы буга, о бекзаада, ырайым кыл, бекзаада!.. Жалгызымдан калган жалгыз туяк эле. О, көкө теңир, атасынын топурагы муздасачы... деп, кемпирдин арык эки ийни солкулдап ыйлады. — О, көкө теңир, көңүлүм түтпөй атасынын башына куран окуп келейин деп бейитине кетсем, о, көкө теңир, каралуу келинге ээ кылбай алып баса беришиптир...

Нүзүп кемпирдин кыроо баскан шыбактай жайылып кеткен ак чачын, арык, алсыз ийиндерин тиктеп туруп, ал акырын эңкейип кемпирди өйдө кылды:

— Байбиче, бердим балаңды, көп кейибе, алып кет балаңды, байбиче,—деди акырын. —Байкабай апкелип калышкан турбайбы... Алып кете бер...

Кемпир нес боло түштү. Ал оозун жарым ачкан бойдон, калппы чынбы дегендей Нүзүптүн жүзүнө аңкайып тиктеди, нурсуз көздөрүнөн чыккан жаш, жан терине аралашып, салааланып сарыгып, көкмөк аза көйнөгүнүн жакасынан койнуна кирип турду, кемпир эсине келе албады.

— Бар... Алып жөнө баланы, байбиче... —деди Нүзүп ал башын ийкеди.

— Миң жаша... Кудайым эки дүйнөңдү берсин... Сен карыпты жалгасаң чоң кудай сени жалгасын... Миң жаша... Миң жаша... —деп күбүрөп, титиреген эриндери менен күбүрөп, жалт — жалт карап кетенчиктеди кемпир, колдору калтырап, жарым жан баланы көк көйнөккө далдалап, жонунан сылап, колтугуна жашырып кетенчиктеди, шашылды, топтон тезирээк чыгып кетүүгө шашылды.

Бийлер селейди. Шерали селейди. Нүзүп кимгедир жини келип, жаак терилери тырышып кимдин башына чагылган болуп чагыларды издеп, ак кийизди тегеректеп тургандарды кыдырата тиктеди, катуу кумсарды.

Бийлердин катарында турган Абил:

— Ашыр! — деди артына карап.

Шашып башын кызыл жоолук менен таңган, кызыл жүздүү, жылдыздуу, шаптай жигит жүгүрүп келди:

— Лаппай, Абиш...—деди аптыгып, жигит Абиши кайда шилтесе ошол жакка дикилдеп кызматын кылууга учуп —күйүп, көздөрү жайнап турду. Абил аны колу менен көрсөтө берди.

— Чалгыла! — деди. Жанагы баланы ортого алып турган түнөргөн эки киши жигитти шап кармап калышты. Жигит жулкунган жок, нес боло түштү, кыпкызыл иреңи заматта купкуу болуп кетти. Эриндери титиреди, эмнегедир эки көзү Абилден өттү, Абил аны тиктебеди, оозуна эчтеме кирбей жигиттин башы каңгырады. Кернайлар кайрадан айкырышып, дабылдар кайрадан дүңкүлдөп кулак тундурду. Өлүм! Өлүм! Капыстан бетме-бет чыга түшкөн өлүм кызыл жүздүү жигитти апкаарытып таштады.

— Аллау акбар! Аллау акбар! Султандардын жолуна... Аллау акбар... Чилтендердин жолуна... Аллау акбар...—деген кобур үндөр кулагына урунуп, тегерегиндеги кишилердин жансыз, ырайымсыз тырышкан кабактары көз алдынан көчүп өтө баштады. Бири дагы аны тик багып карабады.

— Аллау акбар... Аллау акбар... Султандардын... Чилтендердин... Аллау акбар...

Түнөргөн эки киши аны акырын түртүп, жайылып жаткан ак кийиздин четине жакындап баратышты:

— Коркпо... Коркпо... Эчтеме болбойт... Эчтеме болбойт...

Бул жумшак үн кулагына келме болуп угулду, ага эреркеп, жаны тынчтанып каңырыгы түтөдү. Ал акырын көзүн жумду. Күчтүү колдор кайда итерсе, кайда түртсө, ошол жакка майышты, чөк түшүп баратты. Өлүм! Өлүм! Сезимтал жүрөк дирил какты, тыбырады. Коркпо? Эчтеме болбойт? Үмүт дагы эле үзүлө албады, үлпүлдөп өчүп бараткан оттон тыз деп бөлүнүп көөдөй түндүн түпсүз койнунда жалгыз жүргөн учкундай жылтылдады. Бул ырымдыр? Бир жеринен бирткe кан чыгарып ырымын түзөп коё беришер? Үмүт дагы эле өчө албады...

Күчтүү колдор эки колун артына кайрып бек кармады. Дагы бир күчтүү кол анын али түк чыгалек ээгин капшыра кармап өйдө тартты, чоюла түшкөн тамагына муздак, курч бирдеме келип тийди, колтук эти титиреп кетти.

— Апа!..

Жулкунду, эки ийни гана диртилдешке араң үлгүрдү. Кирпикти бир ирмемде муздак шамшар, курч шамшар, ырайымсыз шамшар кызыл жүздүү жигиттин кекиртегин шалабулап түштү.

Тең катар акбоз бээни күчтүү жигиттер дароо тушоолоп жыгып, а өлүм сезген жаныбар бир чыңырып кишинеп, көз ирмемде мууздалды.

— Аллау акбар! Аллау акбар! Бир кудаанын жолуна... Аллау акбар! Султандардын жолуна... Чилтендердин жолуна... Аллау акбар!..

Кыпкызыл кан дирилдеп атты, кең жайылып жаткан ак кийизге, кардай меңсиз ак кийизге кызыл кан сапырылды, күнгө чагылышып нур болуп чачырады. Аба бурулдап жылуу кан жыттанып, коюуланып кетти.

Кернайлар үн баспады. Дабылдар кандуу салтанаттын сүрүнө сүр кошуп жер чайнап дүңгүрөдү.

— Аллау акбар... Аллау акбар...

Кардай меңсиз ак кийиздин бетине армандуу кан ар түрдүү көчөт, кызыл гүлдөр болуп, жайнады. Нүзүп бир колтугунан, Мусулманкул бир колтугунан алып, акырын

коштоп келип, Шералини канжалап жаткан адам башынан аттатып, кызыл-ала болгон кийизге өткөрүштү. Леп этип, жигитинин сөөгүн тепселип жаткан төрбөлжүн менен көздөн далдалап жаба койду Абил.

— Бактыңыз кут болсун! — деди Нүзүп эркелете күлүмсүрөп.

— Бактыңыз кут болсун! — деди Мусулманкул.

Шерали эмне дээрин билбеди. Кернайлар айкырып жатты. Дабылдар тынымсыз дүңкүлдөдү. Шерали туш- туштан кысып келип куттук айтып турушкан ак сакалдууларды, бийлерди ылжайып тиктеп, былбырап турду.

— Кут болсун! Кут болсун айланып конгон бактыныз!... Кут болсун артылып минер тактыңыз!.. Эми келди, ханзаада, журт камын ойлоно турган чактыңыз!..

Акырын зоңкулдаган муңдуу добуштар, жашып кеткен кай бир кары кишилердин каргыл добуштары куттук айтып турду.

Мусулманкул кош миздүү оор кылычты канга бөлөп алды да, ошол кынсыз бойдон, учунан мөлтүлдөп кан сарыккан бойдон Шералинин белине илди.

— Куралыңыз кут болсун! Душманга каршы курч болсун!.. Журттун четин кайтарсын!.. Душмандын мизин майтарсын!..

Кернайлардын, дабылдардын дүңгүрүн чарт жарып, тарсылдап асманга мылтык атылды.

— Кимдин, кимдин заманы? Шерали хандын заманы!

Нүзүп, Мусулманкул баш болгон билермандар тегеректеп турушкан аксакалдар кандуу кийизди туш- тушунан жабыла кармашып, өйдө көтөрө башташты.

Шерали кылт деп жыгылып кете жаздап барып, Нүзүптүн ийнине таянып оңолду да, ошол биртке эңкейген бойдон, Нүзүптүн кучтүү ийнин таянган бойдон кийиздин үстүндө эки бети тамылжып, тердеп, эки жагын ылжайып тиктеп баратты. Ал кимге эмне дерин билген жок, кимди алкарын билген жок, түш сыяктуу болуп турган бул иштер эсин оодарды. Кымкуут түшкөн элди бактыга манчыркап мокой түшкөн көздөрү менен аңкайып тиктеп келе берди.

— Кимдин, кимдин заманы? Шерали хандын заманы! Көпчүлүк ураан айтышып, дүңгүрөп, кылкылдаган кошунду аралап жөнөштү. Кернайлар күчөп бакырып, дабылдар тынымсыз урулуп, кулак тунду.

— Кимдин, кимдин заманы...

Салтанат бүтүп, Нүзүп чатырына келди. Ал катаал. Чатырга кирип, суюк сары мурутунун бир жагын тиштеп, көздөрүнүн алды диртилдеп ойлонуп, төргө оң тизесин муштуму менен мадап таянып отура кетти. Шерали жанында эле. Ал кубанычтан ууртун дагы эле жыя албай:

— Эми эмне кылабыз? — деп сурады, Нүзүптү жадырап тиктеп. Нүзүп укмаксан болуп, кайта ага кыжыры келгенсип, кабагын түйүп, унчукпай койду. Шерали томсоруп, шагы сынып отура калды.

Ышы буркураган кара чаначка кымыз алып, тыштан Кедейбай кирди. Кымызды көрүп Нүзүп тамшанып жиберди:

— Куй бери...

Колуна тийген кырма кесени Нүзүп Шералиге сунду. Шерали ийилип:

— Ала келиңиз... Сиз ала келиңиз! — деди. Нүзүп кымызды дем албай шимирип ичти да, ыракаттанып, кубаттанып, жүзү тамылжып, жоошуп отуруп калды...

Бирпастан кийин Нүзүптүн чакыруусу боюнча чатырга бийлердин, аксакалдардын, жакшы чыкма жаштардын иргелгени чогулду, бардыгы чөк түшүп, дем тартпай Нүзүп тараптан кеп күтүп отурушту. Нүзүптүн кабагы дагы түйүлдү.

— Бир кемпирди токтотушка чамаңар болбодубу? —деп ныктап сурады ал, көздөрү чакчайды. — Кайсы көрдөн жетип келди ал?.. Курбандык табылбай уят болуп кала жаздык ко!? Ыя!? Хан көтөргөн биздей болобу?!

Мусулманкул кашын керип:

— Баштатан айтылганда камдап келет элек... — деди. Мусулманкулга бетмаңдай отурган коюу ак сакалдуу бий кыңырылып:

— Кемпирдин көңүлүнө карабай эле койгондо... — деп келе жатканда, Нүзүп чаңырып жиберди:

— Токтот! Ой, батыр наймандын бийи, кемпирдин көңүлүнө карабай батырлык кылып жөөлөп коё кала турган учур беле?.. Кемпир экөөбүздүн алдыбызга жетпесе болмок. Күн көзүн көргөн суукка тоңбойт, хан көзүн көргөн арам өлбөйт. Бечара адам алдыңызга арыз кылып жетсе, арызын жөнөтүп сураганын берип чыгарбасаң, караламан элдин оозуна жаман атың тарайт. Жаман ат суурулган кылычтан күчтүү, башыңа конгон бактыңды учурат, конгону келе жатканын чоочутат! Уктуңар беле ушуну... Өзүбүз ак тилек кылып хан көтөрүп отурсак... Кандуу жолго камданып отурсак...

Сөз кайтарган киши болбоду. Бардыгы мааниге ынанып, моюн салып отуруп калышты. Бир гана Караш бийдин жакшы чыкма баласы Абилдин зоболосу бийик болду ошондо. Маңдайы жарыла кубанып, жашына жараша элдин эң этегинде чатырдын улагасында отурса да, кадалып төрдү тиктеп, Нүзүптүн көзүн учуратууну самап, өрөпкүп отурду.

— Абил, — деди Нүзүп эркелете, жумшак үн менен Абил обдула калды:

— Лаппай, бек ага...

Нүзүп эми гана мурутту кылайып келаткан жаш мырзаны имерип тиктеди:

— Үкем, баштаган канча жигитиң бар?

— Жүз эле, токсон тогузу калды, бек ага...

Нүзүп башын ийкеди:

— Ыракмат, үкем! Билгиликтүү кишинин ишин кылдың. Ыракмат, үкем жүзүнчү жигитиң үчүн чоң ыракмат.

«Бек агасынын» дитинде бир күдүгү турганын кылдат «үкеси» кабагынан байкап, акырын:

— Эми... башка элден ооп келген жалгыз аяк жигит эле... айла түгөнгөн соң... эми... —деп мыңкылдап, «издеп алары, доо кылары жок, артынан камтама болбоң...» дегенди түйгүзүп койду. — Сиздин «эл үчүн, журт үчүн» деген ишиңиз үчүн, бек ага аттокур жигитибиз түгүл кара башыбызды аяйбызбы?!

Бий жымыйып тиктеди, ошо тымызын каларына ыраазы болду. Мындай жумуру баштан курбан чалыш бул элдин өтмүшүндө те байыртан кылына келген үйүт болгон, бирок «асмандан ак кочкор маарап түшкөн» деген убактан бери бул үйүт токтолгон, ошентсе да, кай бир ушундай «кан көтөргөн» деген өзгөчө бир учурда «кан кечпесе кан болмокпу» делинип, кан көтөрүштүн маанисин, аброюн бийиктетиш үчүн тымызын, караламан көпчүлүккө көрсөтүлбөй үйүт аткарылып келингени алыстан угулган жаңырыктай үзүл-кесил айтылат.

— А түзүк, — деди Нүзүп, сөз улады: — Бул сенин да ишиң. Кулак сал, бул жортуулда туубашы болууга арзыдың. Туубашы паңсат бол. Колдун алдына түш. Уктуңбу?..

— Куп болот, бек ага!

Ушундан соң Нүзүп хан атынан өзүнүн биринчи буйругун берди.

— Бийлер, мына хандуу болдук, баштуу болдук, токтоосуз жолго камдангыла эми. Урушта туруш жок. Аттанабыз. Бүгүн эл орунга отурганда аттанабыз. Түндө жүрөбүз. Таң аткан жерге токтоп, күндүз өргүү кылып, жалаң түндө жүрөбүз. Артык баш опур-топур болбосун, чуу болбосун. Жыландын куйругундай гана эч шабыртсыз тууду ээрчигиле. Уктуңарбы?.. Бул кашыңарда отурган Шерали-хандын акылы...

А Шерали-хан башка бийлер сыяктуу эле аңкайып анын оозун тиктеп отурду...

Эртеси күнү кең талаада уйпаланган чөп, аттардын ным тезектери, көк чымындар калды. Топурагы кургабай, моло көтөрүлбөй, тегиз жер менен тең болуп, жалгыз жазат калды.

III

Он миң ашык кол менен барып, Нүзүп Коконду камады. Кокондун чебинин он сегиз дарбазасы болгон. Ар дарбазанын тушуна күчтү арбын коюп, шаарга туштараптан келген жолдорду кесип, сууларды буудурду да, коргондун кырына атылаган кытайчанын огу жетпей тургандай аралыкка чатыр жайдырып, сес көрсөтүп, айбат көрсөтүп, көп колду жер жайнатып оюн курдуруп жатып калды.

Ошол учурда шаардын ичинде Нүзүптүн мурда киргизип жиберген каландерлери көчөмө көчө кыдырып, кылган күнөө үчүн дозок отун кечип жооп берер күн келди дешип, эң аянычтуу, эң коркунучтуу, жүрөк үшүткөн каргыл добуш салып сайрашып, үрөй учуруп жүрүштү. Сыртта камап жаткан белгисиз жоонун сүрүнө бул кошулуп, шаар ичи кымкуут түштү, базарлар тарады, чайканалар аңгырап бош калды. Амир Насурулланын Коконго коюп кеткен беги Ибрагим Хайал сыпайыларын тик тургузуп дарбазаларды бекемдеди, самсалаган каландерлерди куудуруп, колго тийгенин зынданга таштаттырды, элди тынчтандырып, тополоңду басмакчы болду. Бирок, күнүмдүк тирилиги бузулуп, суудан, оттон мукураган элди эч жубата албады. Элди сыртта камап, кастарын тигип жаткан көп колду жок кылып, же, жок дегенде, нары сүрүп таштап жубатат эле. Ибрагим Хайал муну түшүндү.

Ирешире күүгүм кирди. Ибрагим Хайал сыпайлардын коштоосу менен дарбазалардын бекемдигин карап, кытайчалар[1] орнотулган жерлерин керүп келатты.

— Бек, сизге бир каландер учурашам дейт... өзүнө гана айта турган сырым бар дейт... — деди, күн чыгыш дарбазасынын жүзбашысы Ибрагим Хайалдын алдын тосуп, сулуу акжал жээрде аттын омуроосунан ылдый таазим кылды.

— Кайдагы каландер?..

— Мага айтпады...

Ибрагим Хайал үнчукпастан аттан түштү да, нөкөрлөрүн артынан чубатып, өзү жүгүргөндөй бат-бат басып, дарбазанын бир колтугунан өйдө көтөрүлгөн тепкич менен чептин кырына чыгып кетти. Ал эни бир араба жүргүдөй бийик дубалдын үстүндө көпкө кыдырып басты. Анын азыр эмне ойлоп баратканын нөкөрлөр билбеди. Ал үн каткан жок. Караңгы көшөгө болуп, каш-кабагын жашырып, сырын бекитти. Артынан бужүрөп эрчиген нөкөрлөрдүн көзүнө бектин башындагы ак жарлыгы гана анда-санда кубаң этип турду. Алар бегинин бели дөң кырдач мурдун, кирпиги аз кичинекей көзүн, коюу быжыгыр кыска кара сакалын, беш күндөн берки абалдын оорчулугу эзген сабыры суз, чарасыз ой баскан жүзүн болжоп, ички сезим менен көрүп турушту. Бирдеме деп акыл кошушка эч кимиси батынбады, апарды Коконду колдон чыгарып жиберүү ишине аралашып калуу, каардуу Амир Насурулланын алдында кошо жооп берип туруу коркутту.

Кокон от менен курчалган. Көз жетпей сансыз оттор жылтылдап, асмандын жылдыздары бүт күбүлүп Кокондун тегерегине түшүп калгандай. Бирде алыстан бүлбүл этип, бирде күчөгөнсүп балбылдап, биринин шооласы бирине уланышып, асманга көтөрүлүп турду. Жакынкы оттордун жээгинде буттарын тартайтып кишилердин караандары жүрдү, бирин бири чакыргансыган добуштары, аттардын кишинегени ава менен калкып келип жатты. Чептин ич жагы капкараңгы. Сыпайлар турган жерлерден

[1] Кытайча — кытай нускасына куюлган жез замбирек.

башка жерде бир дагы жылт эткен жарык жок. Дарактар кара кийген зайыптай үңкүйүп, тамдар эски бейиттей бозоруп жатты. Ибрагим Хайалга муздак тийди.

— Келтиргиле каландерди бери!

Бир паста узун бойлуу бирөөнүн артынан түртүп бектин алдына апкелишти. Каландер салам айтты. Ибрагим Хайал сылыктык үчүн күңк этип алик алган болду да, каландерди кыя карады. Каландердин бети ага көрүнгөн жок.

— Шам!

Билинер-билинбес көлбүгөнсүп турган авага шамдын үлбүрөгөн жалыны акырын ыргалып, Ибрагим Хайал менен каландердин ортосун күңгүрт жарык кылып турду. Ибрагим Хайал каландердин бетин кунт коюп тиктеди. Анын кирпиги аз чүңүр көзү чоңоё түштү.

— Каландерим, жылдыз санайсыңбы, же ырам[1] ачасыңбы? — деп сурады Ибрагим Хайал.

Каландер ууртунан жылмайды:

— Бек, бир аптанын ичинде болор ишти мен ырамсыз билем. Асмандагы жылдыздан көрө жердеги жылдыздардын сырын жакшы түшүнөм.

Ибрагим Хайал көзүн ылдый кылып, башын акырын, өкүнүчтүү ийкегиледи. Ал азыр алдында каландердин кабагын мойнуна илип турган адам жөн жүргөн неме эмес экенин болжоду. Тике карап туруштун өзү тиги калың оттун күчү болуп жүрбөсүн! Ибрагим Хайал баш көтөрбөй көпкө турду, каландер болуп келип турган жаттын өзүнө кадалып турган сынчы көзүн көкүрөгүндө сезип турду.

— Айт тез, кай тараптан келдиң?

— Тигил тараптан...

Каландердин жылтылдаган сансыз оттор жакка ишара кылганы Ибрагим Хайалдын жүрөгүн болк эттирди. Анын иреңи кубула түштү. Билдирбеске тырышты. Бирок каландердин сынчы көзү чамалап турганын дагы сезди.

— Кимдер булар?

— Тоолуктар. Тоолуктардын сол канаты. Эртең же бүрсүгүндөн оң канаты келмечи...

Нөкөрлөрдүн көздөрү чакчайды. Шыбыр-күбүр болуп кетишти.

— Өз көзүң менен көргөнсүңбү, айтчы, ушул ар бир отто канчадан киши бар сыяктуу, айта аласыңбы?..

— Бирден паңсат бар, бек!

Ибрагим Хайал ойлонуп калды. Тиги эрдин кымтып карап турду. Ал Нүзүптүн ар жигитке бирден от жагууга буйрук кылганын эстеди. Ибрагим Хайал ишене бербегендей баш чайкады.

— Ар паңсаттын колунда беш жүздөн аскер... ушундайбы?..

— Көрүп турасыз, бек!..

Ибрагим Хайал онтоп жиберди:

— Гм...

Ошол учурда чептин ички тарабынан чуу чыкты. Сөгүнгөн, ызырынган үндөр, оор темирлердин бири бирине катуу урунганы, онтоо... Ибрагим Хайал селт дей түштү.

[1] Ырам — китеп төлгө, гороскоп.

Артына бурулуп, кулак төшөп тыңшай калды. Аңгыча тепкичтен кимдир бирөө чуркап коргондун кырына чыкты:

— Бек кайда?.. Бек кайда?.. — деп энтигип, аптыгып келатты. Ибрагим Хайал, анын нөкөрлөрү нес болуп карап калышты. Чуркап келаткан киши өзүнүн кең чепкенинин өңүрүнө чалынып туруп:

— Бек!.. Бек!..—деди сүйлөй албай. Ибрагим Хайал көзүнөн заар чачып:

— Эмне? Айт тез! Эмне болуп кетти?..—деп чаңырды.

— Сыпайлар чатак чыгарып жатышат, бек... Кокондун мурдагы сыпайларынан куралган жүздөр!..

Бул кабар Ибрагим Хайалга шектүү кишинин көз алдында бөйрөккө урулган катуу сокку болду. Ал онтоп жиберди.

— Жөнө, пансат, — деди ал акырын, — кан төгүшпөгүлө, акырын тыйынгыла. Аларды оюна кой. Талабын орундатып акырын тый...

— Бек... Алар дарбазаны ачабыз дешип жатат да!..

Ибрагим Хайал эмне дээрин билбей калды. Нөкөрлөрдүн үрөйү учту. Ибрагим Хайал колун шилтеп салды.

— Бар, мен азыр барам, мен баргыча дарбазаны ачпай коё тургула...

Пансат тарсылдап жүгүргөн бойдон дубалдан түшүп, атына минип караңгыда татырата чапкан бойдон кетти. Ибрагим Хайал артынан селдейип тыңшап, аттын такасынын үнү басылганга чейин тыңшап турду. Эмне кылса? Анын мээси ооруду. Эмне кылса? Эч жооп табылбады. Күч аз. Бухара алыс. Жол кесилген. Жаңжал... Ал өзүнө байырлап турган нөкөрлөрүн бир сыйра тиктеди.

— Кана, эмне кылабыз?— деп сурады. Нөкөрлөрдүн бири да үн ката албады. Ибрагим Хайал суроосун тактады:

— Коргонобузбу?.. Же шаардан чыгып кетелиби?..

— Дагы эч ким унчукпады. Ибрагим Хайалдын жини келе баштады. Ал каландердин кадалып турган көзүн дагы сезди.

— Унчукпайсыңарбы? Билем, буйгада, далдада, четте калгыңар келип турабы!.. Майли, хазратинин алдында мен жалгыз эле жооп берип калайын! — деп чаңырды. Нөкөрлөр жөргөмүштөй бүрүштү. Ибрагим Хайал жайнаган от жакты тиктеп, ойго батып, жоошуп туруп калды.

«Булардын миңбашысы[1] бар бекен?».. —деп күңк этти Ибрагим Хайал өзүнө өзү суроо берип, жер тиктеп турган бойдон.

— Миңбашысы жок кол болбойт! — деди каландер. Ибрагим Хайал ойлуу башын көтөрүп:

— Ыя?.. —деди.

— Колбашчысы болбой кол болбойт дедим, бек.

— Аны кайдан билесиң?..

— Кудайдын кудуретиби, көргөм, бек...

— Гм...

— Колбашчысы каардуу киши. Кокондун ачкычтарын өзүлөрү бир аптанын ичинде апкелип колума тапшырат. Тапшырбаса, бул суурдун ийнинен бир дагы маңгытты тирүү чыгарбайм деп отурат...

[1] Миңбашы — аскерлик эң жогорку даража, колбашчы.

Ибрагим Хайал ичинен келме келтирди. Анын көзү каландердин көзү менен уруна түштү. Биринчи көргөндөгү шеги кайра тирилди. Кыжыры кайнап кетти.

— Кармагыла!

Куралдуу жигиттер каландердин эки колуна жабышты. Жан керек, кубара түштү, бирок өзүн токтотуп, каландер Ибрагим Хайалга тайманбай тиктеп, тишин ырсайтып жылмайды.

— Сен ошондонсуң. Башыңды алам, —деди Ибрагим Хайал. Каландер башын ийкеди:

— Менин башымды ойлонуп алыңыз, бек...

Нөкөрлөр селдейип турушту. Ибрагим Хайал томсоруп калды. Мында тигил оттордун деми бар! Ачуусу акырындап тарап, жүзүнө кыйналуу, ноюу кайра келди.

— Коё бергиле... Мага ушуну айтайын деп келдиң беле?..

— Ушул үчүн, бек! Шаарды канчалык тез тапшырсаңыз ошончолук жакшы болор...

— Гм...

Ибрагим Хайал шамдын түбүнө жетип үлбүрөп турган билигин карап туруп калды. Биликтен чыккан биртке ак жалын улам пастап, улам кароолонуп, муздак абанын ичинде акырын термелип өчүп, Ибрагим Хайалдын түнөргөн кабагы күңгүрт тартып, караңгы-лыкка улам жутулуп баратты.

Ушул учурда анын көзү четтерек турган нөкөрлөр караңгыдан пайдаланып жылып — жылып кете баштаганын көрдү, асмандын шооласынын шаңында даана көрдү, унчуккан жок, чарасыз болуп шалдырап турду.

— Эй, каландер тонун кийген азамат, бери кара... —деди Ибрагим Хайалдын чарчаңкы үнү. — Жапайы элетилер тагдырдын колу болуп, биздин алкымыбызга жетип калган болсо, анда аргабыз кайсы, тагдырыбызга кулдук кылдык... Айта бар колбашчыңа, бизге жол берсин, кошундарын дарбазалардан тарта турсун, сураганыбыз ушул...

— Куп!..

Ибрагим Хайал мышыктай шамдагайлык менен тепкичтен жүгүрүп жөнөдү. Дарбазанын түбүндөгү жүзбашыга:

— Каландерди дарбазадан чыгарып жибер! — деп кыйкырды да, ак жал атка шарт минип, калган нөкөрлөрү менен чапкан бойдон дубалды түптөп, караңгылыкка житип кетти...

Нүзүптүн оту.

Сары жалын соймоңдоп, түндүн капкара көшөгөсүнүн өңүрүн жалмалап, кызыл учкундар жылтылдап, караңгылыктын кучагына кирип жок болуп жатты.

Нүзүп ээрин жазданып, былк этпей, үн катпай, оттун кызылын тиктеп, ойлуу. Жанында Шерали. Шерали ыргылжың болуп, сабыры суз тартып, шылкыйып чычала ичкертип отурду. Улам Нүзүпкө көз кыйыгын салат. Аны менен бирдемени ачык сүйлөшкүсү келип турган сыяктуу. Ал кардуу тоолордун арасында шуу- шуу деп жумшак шамал жүрүп турган бейпил адырда ушундай караңгы түндө жылкы кайтарып жүргөн кезин, жылкычылардын катарында ушундай улуу отту тегеректеп отурган күндөрүн эсине салды. О, анда бирөөдөн иймениш, бардык убакта абайлаш, бардык убакта тартыныш, эң акыры келип, көз каранды болуп, өзүңдү өзүң кор тутуш жок эле. Көңүлдө эмне болсо, ачык айтып, тиштерин кашкайта күлүп, жүрөгүнүн көксөөсүн тартынбай ортого салып ырдап кең пейил жигиттер болор эле. Анда сөздүн акысы,

кысасы, эсеби болчу эмес. Көңүлдөгү оюң эч катылбай, мына бу оттун учкундарындай ачык учуп чыгып, ал ойлоруң үчүн эч ким сени жектечү эмес, эч ким сени душман сеначу эмес. Элеттин бейпилдиги канына сиңип калган Шерали айланасы тарып, малдыкындай болсо да эркиндигин жоготуп койгондугу сезилип, ошондон улам жүрөгүнө өзү жооп табалбай турган бир санаркоо түшүп отурду. А Нүзүп ээрине өбөктөп, былк этпей, үн катпай, Шералиден бетер санаалуу, көзүн чала жуумп, илгери бир көргөн түшүн эстеп жатты.

...Нүзүп ата мээрин көрбөдү. Эсенбай бий анын энесин салынды кылып таштап, энеси экөбү айылдын четинде боз төбөл үйдө эптеп түтүн булатып, карыптын оокаты менен жан сакташчу. Нүзүп кичинекейинен таз болуп кетип, төбөсү жылтырап чачы жок болуп айыкты. Сыпаа бий намыс кылып, эч качан балам дебеди, топко ээрчитпеди. Бирок, Нүзүп таз чыйрак чыкты. Атасынын баласынбай койгонуна, күнүбатча бир тууганрынын ыктатканына басынбай, кайта күчөп эрегишип, кашкөй чыкты.

Күндөрдүн биринде Нүзүп таңга жуук ошол шумдуктуу түшүн көрдү да, ордунан чоочуп туруп, эрте менен айылдагы аксакалдарды, көптү көргөн уламаларды чогултту. Мал союп, аш тартып, алдына жакалуу жаап, артына чарчы (жоолук кур) курчап, зыяпат көрсөттү. Бул эмнеси? Эч ким билбеди. Жуп бетке бата тартыла бергенде, Нүзүп улагага сыңар тизелеп отура калып:

— Журт, менин силерди топтоп отурганым... Мен бир түш көрдүм... Мына ошону жорутайын деп топтодум эле... — деди. Кишилер Нүзүптүн оозун карап калышты.

— Айт. Мырза, айта бер, жоруйлу дилибиз жетсе! — дешти төрдөгү карылар. Нүзүп бирпас толкундап, мукактанып түшүн айтты:

— Эң бийик, көкжашыл тоолордун үстүндө жүргөн экемин... Бир тоодон бир тоого аттайм... Бир тоодон бир тоого сунсам колум жетет. Бир тоодон кыйкырсам бир тоонун кийиги шагырап үркөт... Бул эмнеси?.. Бирок, түзүк моокум канбады... Бат ойгонуп кеттим... Бул эмнеси?..

Кирпиктер гана кыбырап, үй ичи тымтырс болуп кетти. Мындай шумдук түштү ким көргөн? Ким жоруган? А Нүзүптүн жүрөгү алып учуп, көздөрү диртилдеп, отургандардын кабагын, ирецинин кубулушун сабыркап тиктеп, жооп күтүп турду.

— Жакшы... — деп, төрдөгү карылардын бири киркилдеп сүйлөп келатканда, Нүзүп:

— Токтоңуз! —деп оозунан сөзүн сууруп алды. — Түзүктөп жоруй алар түрүңөр көрүнбөйт. Түш бир айтуудан бузулат, бир жооруудан бузулат дешетко. Мына эмесе, мен өзүм жорудум: эң бийик көк жашыл тоолордун үстүндө жүргөнүм — мартабам көтөрүлөт экен, бир тоодон бир тоого аттаганым, бир тоодон сунсам колум бир тоого жеткени кулачым узарат экен, даңкым алыска кетет экен, бир тоодон кыйкырсам бир тоонун кийиги шагырап үркконү — бийлигим чоң болот экен... хан болот экемин... Омийин, аллау акбар! — деп бата тартып жиберди. Кай бирөө чын ниети менен, кай бирөө тамашага чалып, дуулдап бата кылышты. Эл тарады.

Элге кеп болуп кетти. Көзү жок жерде ким көрүнгөн шакебелеп, атаны жаман калдин тилегин көр дешип, күлүп жүрүштү. Акыры унутулуп да калды. Жалгыз Нүзүп өзү гана такыр унута албады, көксөдү, күттү. Ата болуп бир жолу көтөрмөлөп, сүрөмөлөп койбогон бий атасына өчөшүп, күндөрдүн биринде соодагерге атасынын жайытынан кырк байтал уурдап айдап берип, бир көккашка бышты сатып алып калды.

Көккашка таза кандуу бедөө[1] жылкысынын уругунан болучу. Жалкуйругу суйдаң, кулун сындуу, көзү кызыл жылкы эле. Жыландай ыкчам, курч чыкты. Нүзүп атын баладай багып, кымкаптан жабуу жаап, көкүлүнө көзмончок тагып, айыл арасында жаркылдатып алып жүрдү. Эл аңыз кылды. Эл шылдың кылды, Нүзүп капарына албады.

Ошол учурларда Эсенбай бий жаңы кармалган туйгун куш алып хан алдына жүз көрсөтүп келүүгө кеткен болучу. Ордонун шаан-шөкөтүн, зыяпатын көрүп, көп жүрүп кайтты. Атка урунуп чарчап келген кары бийди жамагаты дүбүрөп тосуп алышты, ийрилип алдында келип алы-жайын сурашты. Кексе Эсенбай бий эшиктен киргенди, чыкканды, ким келгенин, ким келбегенин алдыртан тескеп отуруп, бир гана өз уулу Нүзүптү көзүнө чалынта албады. Айылы бөлөк салынды зайыбы элдин катарында келип учурашып отурган эле. Эсенбай бий чыдай албай:

— Ой, сенин баягы кутурган калиң көрүнбөйт да? — деп катуу зил менен сурады. Зайып жооп бергиче, туугандардын бири өтө өкүнгөндөй үн салып:

— Бий, ал уулуңуз кырк байталга бир чобур алмашып... ошентип безерилик кылып... эл менен да иши жок, тууган менен да иши жок, ошонун убарасынан чыгалбай калды. Өзүңүз бирдеме дебесеңиз... — деп акырын жылдырып чагып койду.

Эсенбай бийдин кабагы бүркөлдү. Ал тизесин мыжыгып, ойлонуп:

— Атаны этегиң узарбагыр... Кырк байталга ат алганды ким койду экен ага. Аны эмне кылар экен? Ошол ат алтын чычып берем дептирби? А көрө муногу итирейген энесин түзүктөп багып алсачы!..—деди.

Бир жактан Нүзүп келип калды. Энеси үйдө экен. Корсунуп ыйлап отуруптур. Нүзүп эңкейип энесинин кабагын тиктеп:

— Какбаштын айлына бардыңызбы? Келди деди эле, келери менен дагы бирдеме деген экен а? — деди каны ичине тартып. Энеси Нүзүптүн кебетесинен чоочуду, атасы экөөсүнүн ортосуна от жакпайын, жаман сөзгө өтүшүп кетпесин деп, тайсалдап, корсунуп отурганын башкага жооткотту. Нүзүп көшөрүп туруп, такып сурап алып, отурбастан атырылып кайра эшикке чыкты:

— Бул эмне деген жаза? Бий атам ата болуп атымды чыгарбады, атым ат болуп атымды чыгарар деп, эптеп бир ат баксам... эми ошол да көп көрүнүп калган турбайбы көзүнө! Качанга дейре чыдайм! Йе, кудурет, качанга дейре чыдайм!

Нүзүп жигиттери менен дүпүрөп Эсенбай бийдин айлына кирип келди. Кыйкырып сөгүнүп, ак шамшарын жалаңдатып оңду-солду тап берип, эч кимди бет алдырбай атасынын өргөөсүнө демитип ат салып барып, чий эшигин босого башынан түшүрө чаап жиберди:

— Чык бери! Ой, Эсенбай, чык бери! — деп чыңырды ат туйлатып. Үйдөн Эсенбай бий ызырынды:

— Карма! Карма кутурган калди!

Нүзүп ого бетер өрттөй күйүп өргөөгө дагы теминди. Турган эл тизгинине жабышып, ак шамшардын бет алдына тура калышып жүрдү. Айыл чууга толду. Нүзүптүн тиштери шакылдап титиреп, көзүнөн кан түтөп, жини бастабай, буулукту, бакырып ыйлап жиберчүдөй буулукту, алдастады.

[1] Б е д ө ө — байыркы арап урууларынын бири, бедуин.

— Кечтим сенин балалыгыңдан! Ак кылдым! Ак кылдым! Ак кылдым! Жогол! Бетиң карайсын, атабезери, бетиңди карабаймын, жогол көзүмө көрүнбөй!—деди Эсенбай бий. Нүзүп ага:

— Сен менин балалыгымдан кечсең, мен сенин аталыгыңдан кечтим! Кечтим! Ата болуп качан чекеми жылыттың...—деп кыйкырды. Аксакалдар ортого түшүп, «эй, мырза, атаңа ат салба, атанын сөзү октой, каргышына калып өмүрүңчө жакшылык көрбөй куурап кетесиң, асте кыл, кечирим сура, мырза... түш аттан, түш, тизесин кучактап кечирим сура» дешип тизгинине жабышышты. Нүзүптүн тиштери шакылдап титиреп, көзүнөн кан түтөп, арына келип каңырыгы түтөдү. Эч ийикпей, аксакалдарды жиреп бастырып өтүп, ошол бойдон артын бир кылчайып карабай айылдан чыгып кетти.

Мурда эле ата мээрин салбаган Эсенбай бийдей мүртөз атасы менен ушунчага жетишип калган соң, бул элде мындан нары батышы болбосун түшүнүп, Нүзүп ошол кечтен калбай, эрчиген жигиттерин эрчитип, эрчибегенине жооп берип, энесин кырк байталга келген көккашка быштыга мингизип аттанды да, үй ичинен бир учук жип албай өрт коюп жиберип, бүт күйүп бүткөнчө атчан карап туруп, күйүп бүтөрү менен теминип жүрүп кете берди. Түн катып Таласты көздөй жол тартты.

Ажыбай датканы жамынды.

Ошол бойдон көп жылга дейре кабар албай, кабар билдирбей, жат болуп Таласта жүрүп калды. Энеси таластын кызы болучу. Аштарда, тойлордо ат чаап, жигиттери менен түрө келип көкбөрү тартып, мөөрөй талашып, үйүрлүү бөрү сыяктуу жүрдү. Таза кандуу көккашка таза кандуулугун көрсөтүп, улам күчкө толгон сайын күчөп, эч жерде алдына ат салбай катуу чуркады. Ээсинин үмүтүн актады. Нүзүптүн даңкы бүткүл Таласка жайылды, ага кошумча өзүнүн түз сөздүүлүгү, сыпаалыгы менен оозго кирип, элге алынып, мырза атыгып, күндөн күнгө кадыры артты, досу, курдашы, санаалашы көбөйдү.

Ошол жерде Ажыбай датканын эшигинде жүргөн Шералини көрдү.

Күндөрдүн биринде Кең Таластын башында чоң той болуп, көккашка атын коштотуп, жигиттерин ээрчитип Нүзүп да барды ал тойго. Ат чабыш болду.

Байгенин аягында саяпкери келди. Көккашканы коштоп, чавандести учкаштырып чаап келди.

— Бул эмне деген элчилик?.. Бир киши көккашканы тосуп, буйдалтып... анысы аз келгенсип, муну караңызчы, булдурсун менен тасмаңдайга тартып жибериптир. Бул эмне дегени бул элдин!..

Нүзүптүн чийкил сары ирeңинде кан калбады, тик көздөрү коркунучтуу диртилдей баштады. Ал чавандес баланын көзүн тиктеп:

— Тааныйсыңбы? — деп акырын сурады, үнү ичиндеги кайнаган жинден титиреп, муздак чыкты.

— Билбейм, бир кара киши...

Нүзүп ойлонуп туруп:

— Издегиле. Тыңчы коюп тез издегиле. Топ тарагыча тапкыла! — деди жигиттерине.

Нүзүптүн жигиттери бирпастан кийин эңгезердей кара кишини тизгиндеп алып келишти. Кара киши атынын башын кекейте тартып, жигиттерге камчы үйрүп:

— Эмне! Барымтаңар барбы менде! Коё бер! — деп жулунду. Нүзүп утурлап бастырып чыкты:

— Тыбыраба. Жаныңдан үмүт кылсаң тыбыраба! — деди, анын жүзү тийип туруп муз тоңдурган кышкы күн сыяктуу муздак, ырайымсыз болуп кетти.

— Көккашка атты башка чапкан сенсиңби?

Кара киши эки жакты элтеңдеп карап, өңдөн кетип, тили сөзгө келбей апкаарый түштү:

— Мен чапкан эмесмин... Ким көрүптүр...

Нүзүп өзүн токтото албай кылычтын сырты менен жонго бир салды:

— Кылтылдабай жооп бер. Жылт деп кете албайсың. Уктуңбу, кете албайсың!

Кара киши ооруксунуп бетин тырыштырып ийиле түштү.

— Ой, эл, барсыңарбы! Өлтүрдү!

Нүзүп кылычтын сырты менен дагы бир салды: .— Жаныңдан үмүтүң жокпу?...

Кара киши титирей баштады.

— Мен чаптым эле... Мен чаптым эле, аке...

— Гм... атты таанып чаптыңбы? Кимдин аты экенин билип туруп чаптыңбы?

— Баламдын боорун жейин, тааныбайм... Баламдын боорун жейин...

— Мени тааныйсыңбы?

— Баламдын боорун жейин, таанныбайм... Баламдын боорун жейин...

Нузүп кумсарып, көзүн албай, көзү менен кара кишинин ичин аңтарып, бирпас токтоло калды. Биртке жумшара түштү. Кылычын кынына салды.

— Дагы биртке ичер сууң бар экен, шордуу... Агер, көккашка ат кимдин аты экенин билип туруп кол көтөргөн болсоң, кызыталак, алдагы акылсыз башың тоголонуп атыңдын төрт аягына түшөт болучу... Көзүңдү ач! Көккашка ат Аксынын бегинин аты?

Кара киши бүрүштү:

— Билбептирмин, батыр... Билбеген киши уу ичет... Билбептирмин...

— Сени ким жиберген бул ишке?

— Өзү... Карабек мырза өзү...

— Эң сонун! Өй бери кара. Эми күнөөңдү кызматың менен сатып аласың. Уктуңбу. Күнөөңдү кызматың менен сатып аласың...

— Эмне кылайын, батыр?..

— Бели оорубайт. Топтун алдына барып, ушул сөзүңдү айтып бересиң мени Карабек мырза өзү жиберген деп бересиң. Уктуңбу. Мына ушуну гана айтып бересиң. Эмне кыйыласың? Айбан малды өксүткөндөн корккон эмессиң. Эми бир ооз сөз айтып кутулуштан качасыңбы? Өзүң бил...

Кара киши шөмтүрөдү:

— Макул...

Нүзүптүн ирецине кан жүгүрө түштү.

Карабек калың топтун ортосунда турган экен. Ырчысы жаагын жанып мактап ырдап жатыптыр.

О, Карабек бекзаада,
башыңда бактың чоң экен,
башынан ишиң оң экен,
атың чыгып барк алдың
айтылуу алтымыш буудан ичинен...

Карабек эки бети тамылжып, сыпаа жымыйып, көзүн сүзө ырды тыңшап турду. Ырчы коңур жумшак уккулуктуу үн таштап жатты.

О, Карабек шаазаада,
колдогонуң зор экен,
ыкыбалың бар экен,
күлүгүң чыгып даңк алдың,
иргелген жетимиш буудан ичинен...

Катуу келген Нузүп токтолбой күчтүү жорго менен топту жирепбарып, Карабекти камчы менен башка тартып жиберди. Карабектин суусар бөркү учуп түштү. Карабек селт деп карап, бет алдында кумсарып турган Нүзүптү көрдү. Чаңырып жиберди:

— Ой, тентиген аксылык! Ой! Бул эмне кылганың!

Нүзүп да илбирстей атырылды. Камчылашууга жеткирбей, эл ортого түшө калышты, аттарын тизгиндеп ажыратып тартып кетишти.

— Бекзаада имиш! Буйга жер тоскон каракчы!— деп, колу кубана түшкөн Нүзүп биртке соолуга калды.

Карабек кыйкырап сөгүп, атын туйлатып, арачачыларга бой бербей жулкунуп жатты. Карабектин жигиттери жыйылып кетти, ызырынышып саптарына коргошун уюткан камчыларын өрүмдөрүнөн толгой кармап, качырып кире тургандай болуп калышты. Эл чурулдады. Арада турган жөөлөр дырылдап качышты.

— Карөзгөй айыбын мойнуна алгысы жок! Алгыла! Шылыгыла! — деп кыйкырды Нүзүп жанында үйрүлүп турган жигиттерине. — Шылыгыла, аяна турган жан калган жок! Көрсөткүлө тентип жүргөндү!

Жигиттер ичтеринен байланып жүргөн кыска кылычтарын сууруп алып, эрдемсип качырып кирген Карабектин үч жигитин кылычтын сырты менен аттарынан түшүрө чаап жиберишти. Карабек жааты сестейип, батына алышпай, тирелип токтоп калышты.

— Айланайын, батыр, асте кыл...—деп, сакалы белине түшкөн бир кары адам келип, Нүзүптүн тизгинине жабышты. — Асте кыл, айланайын...

Кары адамдын таптаза, аппак сакалы, акылдуу, жылуу үрөйү Нүзүптү токтотту. Уу чачып турган көздөрү жумшара түштү:

— Эмне дейсиз?.. — деди ал акылына келип.

— Асте кыл, батыр!.. Эмне болуп кетти?.. Баш кессең да айтып кес... Эмне болуп кетти?.. Талашыңар эмне?.. Сөзгө кел, айланайын...

— Калыссызбы?

Кары адам сакалын сылады:

— Сакалыма ишен, батыр... ушул жашымда калыс сөзум болбосо, көрүмдө болобу!..

Нүзүпкө мына ушул калыс керек эле. Кылычын кынына салды. Кары адам жаш жигиттей жүгүрүп, Карабекке барып анын да кыйкырыгын басты. Тойдун эли бүт бойдон, тамашаларын таштап, аттуу, жөө болуп, тегеректеп калышты. Нүзүп элдин баары уксун деп, кыйкырып сүйлөдү:

— О, эл! — деди, ачуу үнү абаны жарып чыкты. — Карабек каракчы мага кол салды!

— Сен каракчы! — деди тиги жактан Карабек.

Алдыда тургандардын бири күйүп кетти:

— Ой, кудайга карасаңчы! Өзүң келип камчы чаптың го!

Нүзүп ага кулак салбай элге кайрылып дагы ачуу кыйкырды:

— О, эл! Бетинде уяты бар пенде байге атынын алдын тособу? Каракчы болбосо байге атын башка чаап жыгабы? Кана, акылдуумун дегендер, жооп бергилечи ушуга?! Бу уятсыз Карабек бүгүн буйигага жашынып көккашка аттын алдын тосту! Бу каракчы Карабек бүгүн алдыга чыгып бараткан көккашка атты башка чаап жыкты! Кана, айткылачы кол салганы бул эмеспи?!

Эл дуу-дуу болуп кетти.

— Жалган доо! Жалаа! — деп тыбырады Карабек. Нүзүп бүктөй кармаган камчысын кезеп, заар күлдү:

— Карабек! Шылкыйып калат болучу эстүү киши сенин ордуңда. Карабек! Мен күнөө кыла билген баш, эсине келсе, күнөөсүн сурай ала да билет деп, эсине келтирип коёюн деп, камчы менен чаптым эле! Камчы менен эмес кылыч менен чабыла турган эссиз башың бар экен...

Жигиттери кара кишини ортого түртүп чыгарышты. Нүзүп элге көрсөтө берди:

— Сурап алгыла!

Эл кайра дуу-дуу болуп кетти. Калыска түшкөн аксакал адам кара кишиге жакын келип:

— Сен кайсы баласың, балам? — деп акырын сурады. Кара киши арбагы учуп бүрүшүп:

— Мен эпе... Бөрүбаймын... — деди. Аксакал аны кайгырып тиктеди:

— Кана, балам, Бөрүбай. Кудайды эсиңе алып туруп, шашпай жооп берчи... Карабек мырза көккашка аттын алдын тосконун өз көзүң менен көргөнсүңбү? Кана, кудайды эсиңе алып туруп, эч кимден коркпой айтчы...

Кара киши шылкыйып туруп, кыйналып жатып:

— Мен эле... Мен тостум эле... Мен чаптым эле... — деп араң күбүрөдү. Кары селт дей түштү, кабагы ачыла түштү:

— Сенби?!.

— Мен... Карабек мырза өзү жиберген...

Нүзүп жерге батпай кубанды, үзөңгүсүн кере тээп обдулуп тура калып:

— Ана, уктуңарбы! Ана! Бул элдин мырзасы ушул ишти кылып отурса (!) уурусу кайсы жолдордо жүрөт экен! Ана!—деп чартылдап кыйкырды.

Карабек купкуу болуп туруп калды. Калыска түшүп турган аксакал Карабекке кошо сынды:

— О, Карабек... мырза болбой куруп кет... Мырза болбой куруп кет, өзүң жалгыз өлбөй, бир суу элди кошо өлтүрдүң...—деп сыздап отуруп калды.

Нүзүп ошол күнү өз айлына кайтты. Ал дүнүйө үчүн ат чапчу эмес. Той ээси биринчи байгени алдына салды эле, албай койду, үчүнчү байгенин башы болгон токулуу жоргону гана чавандесине мингизди. Жолдо эч ким менен сүйлөшпөдү, маанайы пас болуп, ой басып келди. Карабекти го эл алдында сындырды, арбагын тебелеп салды. Бирок... Ал ойго эзилди. Тентиген аксылык! Кал! Аны ушул сөздөр жылан болуп чакты. Атаңдын көрү, бөлөк боор эл деген ушубу?.. Ал да өзүнчө дили сынып кайтты.

Үйүнө барды. Бирпастан кийин эле, Эсенбай-бий өлдү деп Аксыдан кабарчы келди. Нүзүп ордунан үшкүрүп тура калды:

— Бир жамандык болорун сездим эле... Кече атымдын башына камчы тийгенде эле сездим эле... Эсенбай, кантсе да, менин айбатым, сүрүм болучу, катыгүн... Тарт атты!..

Ат аябай күндөп, түндөп жол жүрүп, Кара-Буура ашуусу аркылуу Аксыга ашты. Эсенбай-бийдин айылы Ит-Агар суусунун боюндагы күздөөсүндө эле. Кара ашына өкүрүп түштү.

Нүзүп атасынын ордун басып, Аксы багытынын бийи болду...

Ушул убактарда Нүзүп шумдуктуу түшүм келди го деп ойлонуп, атасынын ордун басканын ошого жоруп жүрдү. Бирок, көңүлү биротоло тынбады, ыраазы болбоду. Бул кайда кача турган бийлик эле? Атамурасы!! Эртеби, кечпи, акыры колго келе турган нерсе эмес беле? Жүрөгүнө чоң медер тутуп жүргөн тилеги ушул эле болуп бүтүп калышына ыраазы болбоду. Көп жылдар өттү...

Мына, эми минтип кабагынын тырышы көбөйүп, эти оорлоп жандын тынчын көздөп калган чагында, шумдуктуу түш эскирип, эсинен чыгып бараткан кезде, күтпөгөн жерден ордодо оодарылыш болуп кетти да, тынчы жок сезимин кайра ойготту. Бир тоодон туруп кыйкырса бир тоонун кийиги шагырап үрккөнү жапжаңы болуп көз алдына келе баштады, дагы үмүт болуп жүрөгүн дүкүлдөтө баштады. Ордодогу өзгөрүштөргө байланыштуу элдин кообун, дүүлүгүүсүн, эң акыры демин көрүп туруп, Нүзүп ордону талашууга укук болуп бере турган бирдемени издеди. А укук да табылды.

Мына Шерали жанында отурат, колго түшкөн уурудай болуп шылкыйып отту тиктеп жанында отурат. Нүзүп көз кыйыгын салып Шералини тиктеди, көзүн ирмебей томсоруп көпкө тиктеди. Шерали кысынып, басынып арбагы учуп өзүнөн өзү кичинерип отурду. Коркуудан башка, өйдө карабай кулдук кылуудан башка көрүнбөгөн мокок көз, маңыроо жүз...

Эртеси түнү дарбазалардын тушунан оттор алыс кетип калганын көрдү мунарада туруп Ибрагим Хайал. Оттор бүлбүлдөп, эң алыстан бүлбүлдөп дагы нарылап кетип бараткандай. Ибрагим Хайал узун бойлуу каландерди эсине түшүрдү. Ошол замат жолго камынууга буйрук кылды. Куу Нүзүп тыякка жалган от жактырып таштап, колун бөлүп-бөлүп, шаардын дарбазаларынан анча алыстатпай буйгага тартып, аттан түшпөй, кылычын кынынан сууруп, өңүп калганын билген жок.

Таң түңкөйгөндө бухаралыктар Бухара жолуна чыкчу дарбазадан ак туу алышып, чууруп чыга баштады. Үркүп, дүрдүгүп чыгышты. Дарбазадан куйругу үзүлө түшкөндө, өңүп турган көп кол чуру-чуу көтөрө кыйкырык салышып, туш-туштан качырып кириshти. Кымкуут түштү. Жүрөксүп мизи кайтып, жүктүү, арабалуу чубалып келаткан бухаралыктар камына алышпай, байпастап кай жакка бой таштаса да кылычтын мизине, найзанын учуна урунуп кырылышты. Нүзүптүн көп колу көптүгүнө салып, суудай жайнап, туш келди дыркырата кууп сокту. Алданып жүрөгү чыгып кеткен Ибрагим Хайал артына карабай качып, жыйырма чакты аты күлүк кишиси менен араң кутулуп кетти.

Нүзүп акбоз аргымак минип, оң бөйрөгүн таянып, кернайлардын айкырыгы астында жүрөк үшүткөн шаң, сүр менен Кокондун чоң дарбазасынан кирди. Урматына чептин кырынан дүңкүлдөтүп замбиректер дүрмөт атып турду.

— Жаңгер[1] Нүзүп миңбашы! Жаңгер Нүзүп миң- башы!

[1] Жаңгер — согушчул, жеңүүчү.

Салтанаттап бийик үн салып алдыга жарчы кетти. Аваз кылып тоскон эл жол бууп, дубалдарга, тамдардын башына дүрүлдөп чыгышып, көчөмө көчө жардап карашып, үзүлбөй бали (!) деген кыйкырыктар узатып отурду.

— Жаңгер Нүзүп миңбашы! Жаңгер Нүзүп миң- башы!
Жаңгер Нүзүп миңбашы бош калган ордого келип түштү.

IV

Өкүмдардын алдына таазим кылып келели дешип шаардын бай атанган, акылдуу атанган адамдары көп тартуулары менен ордого агып келе башташты. Нүзүп аларды өзү тосуп, өзү күтүп, өзү сүйлөшүп, өзү узатып турду.

Бир кечте Нүзүп шаардан казыйын [1] жалгыз чакырып алды. Ортого түрдүү жемиш, тамак толгон дасторкон жайылды. Үчүнчү киши отурган жок. Нүзүп ордо тартиптеринен, шарият эрежелеринен, тарыхтан, көбүнчө ордо тарыхтарынан кеп тартты. Хандын даражасын, увазирлердин ордун, аскер башыларынын мүмкүнчүлүктөрүн сурамжылады. Мадали-хандын алдында да ушундай бүрүшүп чөк түшүп отуруп, атасы ойноп жүргөн кызга жолоого шарият жолун таап берген казый, жазында эле динисламдын зулпукору деп Амир Насрулланы кучак жайып тосуп алган казый, азыр Нүзүптү баскынчыдан куткаруучу кызыл от деп саймедиреп, этегине тооп кылып отурду. Диртилдеген аяр, жыландай сак көздөрү менен алдыртан тиктеп, Нүзүптүн оюн улап, тушмалдап, ага ыктап сүйлөп отурду. Ал увазирлердин акылын, аскербашылардын эрдиктерин баса айтып, көтөрүп мактады. Нүзүп бузган да жок, кубаттаган да жок. Казыйдын көзүнөн көзүн албай, былк этпей отуруп укту. Шум казый жаңгерге кандайдыр бир башкача жооп, башкача мисал керек болуп турганын болжоду.

— О, хазрати... Ар заманда ордо тартиби ар башка боло берген... - деп, жем таштап, Нүзүпкө көз кыйыгын сала отуруп, жумшак сөз баштады - Тиги эле альмусактан бери акыл алдыда жүрүп келет го. Бардык замандарда, бардык убактарда паша өзү өкүмдар боло берген эмес. Жол - акылдыкы...

Нүзүп казыйдын кабагын бирпас тиктеп калды. Казыйдын дили толкуп кетти. Үстүнөн чыкты болжол ою! Анын аяр көкүрөгү бул тик көз тоолук бийликке өтө турган жолду оттун үстүнө да, суунун үстүнө да салып кетүүгө дапдаяр экенин эч жазбай сезди. Шашылды. Кыю келип турганда, буга кызмат көрсөтүп, жагып, жакындашып, мындан өзү да нап чыгарып калууга шашылды. Жол бар. Ошол бар жолду гана бар деп айтып бериш керек. Бүгүн бул айтып бербесе, эртең башка бир ыкыбалдуу, ырыстуу бирөө айтып берет да. Казый киши көңүлүн арбаган жылуу, жапыс, жумшак үн менен:

— О, хазрати... Бийлик эгеси паша... Бирак... - деп, эритип тартып сүйлөдү. - Бирак, паша, демек бийлик эгеси, мамлекет ишин кудайдын каалоосундай жүргүзүп кетүүгө акылы толбогон жаш болсо, ушул учурда мамлекеттин пайдасы үчүн, ошол мамлекетте күн көрүп турушкан мусулмандардын тынччылыгы үчүн, башка бир акылга дыйкан, ишке каныкадамды ханга аталык бийлигине чакырса болот... Дагы, агер бийлик эгеси демек паша жашы толук туруп, бирак мамлекет иши башта башынан өтпөй, ага ылайык камы болбой, тарбиясы болбой, иштин көзүн билбей турса, ушул учурда йам башка бир жетик адамды ханга аталык бийлигине чакырса болот... Албетте, бул мамлекеттин пайдасы үчүн! Бул бийлик эгесинен бийликти зордуктап алганга жатпайт. Адалаты ушул

[1] К а з ы й — шарияттын эрежеси боюнча иш жүргүзгөн сот.

ки, бийлик эгесинин бир ооз макулдугун алып коюу зарыл... О, хазрати... Аталыктардын вазифасы жүдаа зор болгон. Аталык таксыз падишах, тажысыз өкүмдар...

— Ушундайбы, казый? — Канчалык сактанса да Нүзүптүн ички толкуну тышына чыкты. Уурту биртке тартыла түшкөн жылмаюу сездирип койду. Казый жайнап кетти.

— Ушундай, хазрати... ушундай...

— Мисалы?

— Амир Темир! Жаңгер Амир Темир Көрөгөн! Заманында Чыңгызхандын тукумунан Жагатайдын кызын алып, ага күйөө болуп коюп, кийин анын хан балдарын хан деп төргө отургузуп, а бийликти өзү туткан! Тилле теңгелерге алардын, ысмын чийдирип, а тилле теңгелерди өзү жумшаган!

Казый күнчыгыш элдеринин көп ордолорунан мисалдарды бир баштан санады. Бирок Нүзүп кызыгып укпады. Ага шылтоо эле керек болучу. Амир Темир Көрөгөн жетишти. Ал унчукпай ойлонуп, дагы эле казыйдан көзүн албай, жылан ойноткон индустай кубарып тиктеп ойлонуп отурду.

— Гм... - деди Нүзүп, сөзү түгөнүп кайсаланып калган казыйга. - Айтчы, казый...өзүң айткан кудайдын каалоондай кылып ишти алып кеталар бекен биздин ханыбыз?..

Казый шашып башын чайкап жиберди:

— Жогуңуз, хазрати! — деди ал туталана, колдору калтырап жакасына барды. — Жогуңуз... Жогуңуз... Мындай ишти башынан өткөрбөгөн... — Казый чыдай албай кеткенсип жер тиктеп башын чайкады. — О, хазрати... О, хазрати...

— Казый! Башыңды көтөр.

— А... а... — Казый апкарып, бозоргон нурсуз көздөрү диртилдеп кетти — Лапбай, хазрати... лапбай...

— Башыңды көтөр, казый. Көзүңдү көрсөтүп отуруп сүйлөш. Сүйлөшкөн кишимдин кабагын көрүп отурбасам канбаймын.

— О, хазрати!.. Бечара кулуңуз акыйкатын сүйлөп койду. Бир кашык канын кечип койгойсуз... О, хазрати, көрдүм... кеп уруштум... үнүн уктум... О, жок, хазрати!.. Кокон ордосу акыл толо каллаге муктаж, каруу толо колго муктаж...

— Сенин оюңча ордого аталык зарыл. Ушундайбы, казый? — деди Нүзүп казыйдын ичин аңтарып тиктеп.

— Кана, андай аталык кыла турган акылга дыйкан кишини кайдан табабыз? Ким бар? Айтчы, сен ордону, ордо кишилерин жакшы билесиң, айтчы...

Нүзүп казыйдын көзүнүн кыймылын, бетинин кыймылын, ууртгарынын тартыла түшкөнүнөн бери көз айырбай карады. Казый сүрдөп мукактана түштү. Тамагына тура калган шилекейин жутуп аптыгып:

— О, хазрати! — деп жиберди, чоң усталык менен кабагын кубултуп, каңырыгы түтөгөндөй. — О, хазрати, дилиңиз адал экен, о сиз адалат ишке жаралган адам экенсиз! Сурап отурасыз а!.. — Ал жылтырап жаш келе түшкөн боз көздөрүн калкалаган болуп эзилип калды. — О, хазрати... Сиз өзүңүздү өзүңүз билбес экенсиз, өзүңүздү өзүңүз пас кармар экенсиз...

Нүзүп андан наркысын айттырбай колунун учун биртке көтөрүп казыйды токтотуп койду. Унчукпай тоолуктардын кымбат саналган ак төөнүн жүнүнөн жасалган быязы чепкенин апкелдирип казыйдын ийнине салдырды.

...Дүйнө бүткөн дүйшөмбү күнү. Шаардын эстүү, көздүү атанган, бай атанган, тектүү атанган адамдары ордонун жасалгалуу диванханасына жык толду. Тегине, даражасына, амалына жараша кең диванхананын так турган төрүнөн эки босогосуна дейре кырка тартып, эшик жакты жал-жал карашып, тымтырс күтүп турушту.

— Хазрати!

Көпчүлүк толкуп, күбүр-шыбыр болуп, эшикти жүткүнүп карашып, кайра тымтырс болуп катып калышты. Эң алдында Шерали көрүндү. Элдин башы баары бирдей таазим кылышып, колдорун боорлоруна алышып, көздөрүнүн төбөсү менен эптеп карашып турушту. Шералинин оң колтугунда Нүзүп, сол колтугунда Мусулманкул, артында шаардын казыйы, шаардагы аскерлердин саркери. Баягы Шерали. Баягы мокок көз, баягы маңыроо жүз. Ал, үйрөтүлүп коюлган го, акырын салам айтты, эриндери эле кыбырагандай болду. Көпчүлүк дүрүлдөп алик алды. Ал улам жакындаган сайын кишилер баштарын дагы төмөн ийип, кай бирөө бүк түшүп, бутуна жыгылып жатты. Шерали бүк түшкөн кишилердин башынан акырын аттап өтүп келе берди. Башында эски кийиз ак тебетей, үстүндө шөлбүрөгөн тепме чепкен, бутунда баягы уурттары дулдуйган чоң көн чокой. Белинде кынсыз кылыч. Ашырдын канына чыкталган баягы көк болот кылыч. Аны ошол бойдон алпарып такка отургузушту. Көпчүлүк кут болсун айта баштады. Шералинин кулагы дуулдап, эми кайда тиктерин билбей, эки колун кайда коёрун билбей, маңыроо тартып, давдырап отуруп калды. Диванхана аарынын уюгундай күүлдөп жатты.

Нүзүп күүлдөп турган диванхананы бир нестейтти. Ал алдыда тургандардын биринин белиндеги учу түз шамшарын кынынан сууруп алды да, кайра ээсине сунду:

— Мырза, мына бу шамшарды тетиги жерге какчы... — Хандын тагынын бетмаңдайын, дубалды көрсөттү. —Тетигил жерге...

— Куп, таксыр... Жаным менен...

Шамшардын ээси бүрүшүп таазим кылып, буйрукту тез орундатууга киришти. Бул эмнеси? Бүт диванхана дем тартпай окуяны карап калды. Бул эмнеси? Нүзүпкө сырдаш элеттин бийлери да билбеди. Бул эмнеси?

Шамшардын ээси бутунун учу менен туруп, колу жеткен жерге шамшарын саяйын деди эле, Нүзүптүн:

— Өйдө! — деген үнүн угуп селт дей түштү. Боюнун болгону ушул эмеспи. Дагы кантип өйдө боло алмакчы. Шырп деген дабыш чыкпай диванхана нестейди.

— Көтөргүлө! — деди Нүзүп катуу. Жакын турган кишилер шашкалакташып, көптөп аны өйдө көтөрө баштады.

— Ийниңе чыгар бириң!

Ого бетер калтаарышып, шамшардын ээсин биринин ийнине тез чыгарышты.

— Как! Так ошерге как!

Шамшар диванхананын саймалуу дубалына кагылган соң, Нүзүп Шералинин бутун жакын тургандарга көрсөтө,

— Тарткыла бутун!

Өтө кадырман киши саналып алдыда турган кожолор эле. Колдорун аппак сакалдарына алпара ичтеринен тоба келтиришип бирин-бири тиктешип калышты.

— Өй, селделер! Тарткыла дейм бутун, колуңарга жугуп калабы?..

Көздөрүнүн алды дирилдеп Нүзүптүн жини кычап келди. Ал өзүн араң токтотуп турду. Кожолор буйрукту эми түшүнгөндөй болушуп:

— А...—дешип, бат эңилип Шералинин чокоюна жабышып калышты. Нүзүп соолуга түштү. Эгер сөзүн эки кылгыдай болсо алардын кожолугуна, ыйыктыгына карамакчы эмес. Ал элеттин кишиси. Пайгамбар уруусу деп кожолорго сыйынуу, алардын атын азиз тутунуу анын мойнуна мине элек болучу. Кишилер ого бетер таң калышып, алдыртан бири бирин тиктешип, бирок шыбырашышка аргалары жок болуп, турган турган жеринде селдейип турушту. Кожолор Шералинин уурттары дулдуйган, чаң, аттын тери каткан чокоюн ичтеринен кор болушуп жатып чечтиришти. Сасыган чулгоолорун араң чыдап бүктөшүп, чокойдун кончуна тыккан болушту. Шерали кыпкызыл болуп, буттарынын башын шөлбүрөгөн чепкендин өңүрлөрү менен кымтынып, отуруп калды.

— Чеч белбакты бери! — деди Нүзүп ага. Шерали унчукпай эски кайыш белбагын чечип берди. Нүзүп белбак менен эки чокойду кошоктоштуруп бекем байлатты:

— Илгиле!

Житире кагылган шамшарга чокойду алпарып илишти. Диванхана тымтырс. Баары Нүзүптүн оозун тиктеп калышты. Бул эмнеси? Бул кандай сыры? Нүзүп шумдугунун түйүнүн чечүүгө шашылган жок. Шералинин үстүнө мурда камдатып койгон кызыл кымкапты жаптырды, бутуна саймалуу көк булгары өтүк кийгиздирди. Ошондон кийин гана, көпчүлүккө угуза:

— Шерали! Мына, карагым, эми сен журт эгесисиң. Журтка кайрымдуу бол! Бурадарга күйүмдүү бол! Акылдуунун тилин ал! Көздүүнүн артынан ээрчи! — Чокойду колун сунуп көрсөттү. — Тетиги жаман көн чокой... Шерали, тааныйсыңбы ошону? Ал сенин чокоюң! Ал сенин өткөн күнүң, Шерали... Ошол өткөн күнүңдү, ошол карыптыгыңды эч качан унутпа, күндө көрүп отур. Ал алтын такка чыгарган күчтүү кудуретти сага күндө эстетип турсун. Кара баштуу адамдын өмүрүнө, калың тайпа журттун тагдырына ойлук кылганыңда бул чокой дайым маңдайыңда болсун. Бул сени көптүрбөсүн, эсиртпесин...

Нестейген диванхана дуу жарылып дүңгүрөп кетти.

— Бали! Бали! Миң жаша, ата углу! Бали!

Ушундан соң казый кыска сүрө окуп, Шералиге хандык тажы кийгизди. Анан ханга аталык даражасы зарылдыгын тактап, шарияттан бир риваят[1] келтирди да, Шералиге кайрылды:

— О, бийлик эгеси! Азиз дил агаңыз Нүзүп бий ордоңузга башкөз болуп беришине ишенесизби? Анын ордоңузга, өзүңүзгө, мамлекетиңизге аталык вазифасына өтүшүнө ыраазысызбы, о хазрати?..

Шерали мурда үйрөтүлүп коюлган жоопту берип:

— Ишенем... Ыраазымын...—деп кызарып баш ийкеди.

Ушундан соң казый Нүзүпкө чоң салтанат кылып тизгин (бийлик белгиси эки тизгин бир чылбыр) берди. Салават! Көпчүлүк дуулдап куттук айтты. Кимдир бирөөлөр кошоматка бышактап ыйлап турду. Бир мырза сыпат сыйда адам түрмөк кагазын жазып көтөрүп куттуктоо казал окуду:

Көбөлөктүн канаты күйгөн чөлдө жүргөн
каландерлер ата тапсын өзүңдөн,
бүркүттүн уясы тоңгон тоодо жүргөн

[1] Риваят—шарияттын жобосунан мисал.

бечаралар бапа тапсын өзүңдөн,
күн көрсүн жамы калкың көлөкөңдө,
көз артканың жапа тапсын өзүңдөн...

Салтанаттын шарына кетип, көпчүлүк дуулдап коштоп турду.

V

Элеттин бейгам тирилиги канына сиңип, ошого жараша баёо өскөн Шерали ордонун шаани-шөкөтүнүн, сылык зыяпатынын арасына өзүн жоготуп, акырет жөнүндө ыйлап кеп урган кишилердин үрөйүнө, ширин тилине багынып, алтын буюмдарды балача кармалап таңыркап, жоош момун хан чыкты. Ордонун ишине аралаша албады. Жанына дин кишилери көбүрөөк топтоло баштады. Ар күнү керели-кечке пайгамбарлар менен оулиялардын өмүрү жөнүндө жомоктогон китептерди окушуп, маанисин Шералиге майдалап түшүндүрүшүп, тиги дүйнөнү, андагы күнөөкөргө даяр турган кыйноо, дозок оту жөнүндө кулагына куюшуп жүрөгүн үшүтүп, эң акыры түндө уктабай зикир салып кызыганда чарк айланып ак уруп чыга турган сопулардын тобуна убагы менен катыштырып турууга жетишишти. Ордо турмушунун бир тарабы минтип бул жарык дүйнөнүн тирилигинен кечтирип жатса, бир тарабы таттуу шарапка суугарып, алдына сулуу кыздарды чоюлтуп бийлетип, «жыргап кал, эки келбейсиң» дешип, башын тегеретип жатышты.

Амир Насурулла Фаргана колунан кайра чыгып кетишине эч келише алган жок. Дагы бүт кошунун баштап басып кирди да, оболу Оро-Төбө вилаетин алып, анан Кожон вилаетин каптап өтүп, бат эле Кокон шаарынын өзүн камап келди.

Кокондуктар катуу коргонушту. Казынанын кошунунан башка да, курал кармоого жараган эр бүлөдөн сансыз каракелтек[1] жыйналды. Шаардын он сегиз дарбазалуу чебинин кырына коргонуучулар быкырап толуп, душмандын чабуулдарын төштөрү менен тосуп жатышты. Каардуу амир Насрулла дарбазалардын босоголорунан эч кыргын үзүлтпөй, чыпчаң кырк күнү тыным бербей, тогуз жолу бүт күчүн кумурскадай жабылтып, дубалга тырмыштырып, катуу кысым жасады. Тогуз жолу тең мизи кайтты. Эмне кылуу керек? Үшү тайып, амир Насрулла айла жолуна өттү. Ордого элчи камдады. Элчинин милдети кокон ордосунун ээси кайдагы бир көчмөн эмес Шерали экендигин Шералинин эсине салуу, Бухара-и-Шарифтин адил амираны карөзгөй көчмөндүн колуна зордукталып кеткен атамурас бийлигин Шералиге толук алып бериш үчүн гана алыстан келип тургандыгын ишендирүү, коргонуучулардын биримдигинен эптеп бир жарака издөө болду.

Элчи Абусатар Калпаны Нүзүп дарбазадан куралдуу киши менен тостуруп алды. Элчи алдына киргенде, Нүзүптүн жанында Абил жүзбашы гана бар эле.

— Кулак сенде, элчи... —деди Нүзүп өйдө карабай отурган калыбында. Элчи Шерали-хандын өзү менен гана сүйлөшүүгө жиберилгендигин кыйытып түшүндүрдү. Нүзүп чала угуп калган сыяктуу, кашын көтөрүп элчини бир пас тиктеп, муздак жылмайып койду. Көп өкүмдарлардын кабагын көргөн кыйды Абусатар Калпа ичинен чоочуп калды.

— Кабыл кылып калгысы бардыр... Күтө турабыз да, элчим?

— Куп, таксыр...

Элчи Абусатар Калпа сылык таазим кылып, акырын кетенчиктеп чыгып кетти.

Абусатар Калпа ордонун ичинде күн батарга чейин отурду. Хандын алдына чакырып эч ким келбеди. Кирген, чыккан киши көп. Аскер адамдары калдастап жүрүшөт. Элчини караган биров жок. Эстен чыгарып коюшкан сыяктуу. Бешим намазына чакырган азанчынын үнүн бейдаарат отуруп укту. Намазы да каза болду. Акыры ирешире

[1] Каракелтек — элден чогултулган жардамчы күч, ополчение.

күүгүмдө, зарыккандан ичи жарыла турган болгондо, хандын кабыл кыла тургандыгы жөнүндө кабар болду.

Шерали такта отурган экен. Элчи Абусатар Калпа чекеси жерге тийгенче бүгүлүп таазим кылып салам айтты. Эч ким алик албады.

— И, эмнеге келдиң? — деп, Шерали-хан корс сурады. Элчи бир серп таштап, отургандарды көздөн өткөрүп алууга үлгүрдү. Оң жагында Нүзүп отуруптур. Элчинин жүрөгү кабатыр боло түштү. Бирок, жадырап туруп:

— Өкүмдар! — деп шаңдуу үн салып, жеңинин ичинен бир ором кагаз алып, оболу өзү дароо тооп кылды да, кош колдоп, бүгүлүп алдына кармады. — Бухара-и-Шарифдин бекайбат амираны сейид Насурулла-батырхандын куунап жаткан Фаргана журтунун сиздей бактияр эгесине, хазрати Амир Темир Көрөгөндүн сиздей анык тукумуна күндөн нурлуу, күндөн жылуу, ыйык дуба-и-салам апкелдим!

Хандын жообун күтүштүбү, катышып отурушкан кишилер дем тартпай калышты. Элчини таң калтырып Шерали өзү да унчукпады. Ачуулубу? Кабыл кылбай турган баштанып турабы? Элчи акырын баш көтөрүп, тик багып тиктебесе да, алдыртан хандын кабагын байкап, жүзүнөн таарынган баланын кебетесин көрдү. Кыйды элчинин жүрөгү жылый түштү. Шерали унчукпаган бойдон, дубайсалам кагазды акырын алып, сол жагында отурган кат окуучу ынагына берди. Ал киши леп обдула калып, дубайсалам кагаздын оромуна бат- бат жазып жиберип, окумакка бийик кармай берди.

Элчи туталанып кетти:

— О, өкүмдар! Дуба-и-салам жалгыз өзүңүзгө гана арналган эле.

Шерали бир жооп айтышка үлгүрө электе, баятан бери жука эрдин бек кымтып кумсарып отурган Нүзүп жарылып кетти:

— Шады! Токтот! Окуба жашырын болсо!

— Куп, аталык...—деп Шады ынак[1] кымырылып калды. Шерали далдырады. Нүзүп ачуудан кычыктары кызара түшкөн көздөрүн Абусатар Калпаны атып тиктеп, жука эрди титиреп:

— Жашырынбы! Куйтуңдайсың, түлкүнүн куйругу! —
деди өзүн токтото албай. —Билем сенин түтүк кагазыңдын ичиндегиңи!

Абусатар Калпа апкаарып калды. Ал далайды көргөн киши эле. Ордо сылыктыгын тепсеген мындай өктөмдүктү эч жерден көргөн эмес болучу. Хан атагы бар го акыры, бирдеме деп жазылтып коёбу деп, Шералини карады. Хандын кирпиги гана кыймылдайт, сөз түгүл элтейип оозу кургап отурган эле. Ошол жерде бир гана Шады ынактын көзү тымызын чагылыша калып, жылуу учурап турду.

— Таксыр! — деп Абусатар Калпа чыйрала түштү. — Мен бар болгону буйрук аткарып жүргөн кулмун...

Нүзүп биртке жумшара калды:

— Гм...—деп, биртке ойлонгондой боло, анан Абусатар Калпаны көзүнүн кыйыгы менен тиктеп, акырын кеп урду: — Илгери бир көпкөн уул болуптур.. Кулак салып тур, элчи...

— Кулак сизде, таксыр...

— Тириликке көнүксүн деп, көпкөн уулду отун- сууга жумшай баштаптыр атасы. Отунга барса эле бат эле отун алып келип калат имиш. Бир күнү атасы сураптыр дейт:

[1] Ы н а к — хандын ынагы, кеңешчиси.

«Ие, уулум, токойдо отун көп бекен? Бат келдиң го бүгүн да!» Анда уулу: «Алынуу турган отун меники да! Барам да жүктөп алып баса берем!» — деп жооп бериптир. «Ой, уулум, отунду алып койгон ээлери эмне дейт?» «Йе, ата... ээлери деп коёсуз а! Мага өзүлөрү жүктөп беришпейт бекен! Жүктөп беришпей көрүшпөйбү!» Уулунун бул сөзүн угуп: «Гм... — дептир атасы, — зордуктап алат турбайсыңбы, мындан келди...» Мунусу бул болот. Кийин көпкөн уул тегирменге барса тез келип калат имиш. Бир күнү отуруп атасы: «Уулум, тегирмен бош бекен? Эл кыштыгын камдап жаткан учур. Бул учурда тегирмен бош болчу эмес эле. Бат эле тартып кирип келдиң го бир улоо буудайды!»—деп, кабатыр болуп дагы сурайт. «Йе, ата... сурайсыз а! Бир кулжуйган неме талкан тартып отурган экен, атасынын көрү, бардым да жүгөрүсүн чанактан чыгартып таштап, буудайды салып, мына тартып алып баса бердим!» Ошондо көптү көргөн ата бул акылды айтыптыр уулуна: «Уулум, көзүңө карап жүр. Катылар кишиңди таанып туруп
катылып жүр. Төшү түктүүгө жолугуп каласың». Уулу атасын шылдыңдап күлүп: «Көрөр элем ошол төшү түктүүңүздү!» — деп көөдөнүн көтөрүп коюптур. Мунусу бул болот. Көп күн өтөт. Бир күнү дагы тегирменге кеткен уул кечке жуук бети-башы жарылып, сууга түшкөн иттей шөмтүрөп, кайра келиптир дейт, «И, эмне болду, кокуй?» Уул калтырап унчуга албайт. «А, төшү түктүүгө жолуккан окшойсуң го!» Кай бирөө чын эле алы жетпей, кай бирөө бөөдө жаңжалдан качып, а кай бирөө кадырлуу атаны сыйлап, тааныган жерде балага эч ким кол кайтарчу эмес экен да. Эсирген кишинин көзүнө сыйлоо корккон болуп сезилет. Бала биротоло кутуруп сала берген турбайбы. Тегирменге ошо барышында да, адатынча барары менен: «Чыгар! Чыгар дейм! Мен тартам!» — деп кыйкырып кирсе, тегирмен тартып отурган бир азамат: «Машайыктын тукуму болсоң да, ушу сеники жетишти!» — деп, тура калып, жакасынан муунта кармап туруп, дубалды сүздүрүп-сүздүрүп, көөлүгө тебелеп, анан коё бериптир дейт.

Эмне десин атасы буга? «Айтпадым беле, төшү түктүүгө жолугуп каласың деп. Эми көзүңө карап жүрө турган болгондурсуң!» — деп тим болгон экен. Түшүндүңбү, элчи?

Элчи Абусатар Калпа чыдай албай:

— Аталык! Динисламдын зулпукары Насурулла- батырханга бул тамсил өтө пастык кылат! — деп жиберди. Нүзүп кашын көтөрүп карады:

— Эмне?

Орто дым боло түштү.

— Пастык кылат? Сен амириңдин ким экенин билесиңби? Насурулла амир эмес, Насурулла бир карөзгөй! Кайсы атасы өкүмдар болду эле? Самаркандын, Бухаранын ээси ким? Амир Темир! Мына Амир Темирдин тукуму! — Нүзүп Шералини сөөмөйү менен көрсөттү.

— Мына мураскору! Насрулла камалаганды коюп, бирөөдөн дубайсалам жибергенди коюп, өзү жөрмөлөп келсин Шерали-хандын алдына! Уктуңбу? Камчысын мойнуна салып келсин!

Акылына бирдеме илеше баштадыбы, Шерали- хан да кабагын чүрүштүрүп:

— А энеңди...—деп обдулуп калды. Элчи Абусатар Калпа сөз кайрымакчы болду эле, Нүзүп чаңырып жиберди:

— Бас оозуңду! Түгөнду сөз!

— Баш кесмек бар, тил кесмек жок, таксыр!

Шерали тактан тура калды:

— Ой, энеңди... Эмне үчүн баш кесмек бар? Эмне үчүн тил кесмек жок? — деп, бети кызарып ачуусу келип, улагада турган эки жигитке көзүн шилтеп жиберди.— Алгыла! Муну...

Жүрөгү чыгып, жүзүнөн бардык сыры күбүлүп, Нүзүптүн бутуна жыгылып түшкөн Абусатар Калпаны жигиттер эки бутунан алып дырылдатып сүйрөп жөнөштү.

— Токтогула! — Нүзүп жакын басып келди да, элчини эңкейип тиктеди. — Элчиге өлүм жок, жаныңдын арачысы ошол, тур өйдө... —деди акырын. Абусатар Калпа калтырап тура баштады.

Нүзүп:

— Насрулла көп эсирбесин, төшү түктүүгө жолугат. Муну айтып бар. Бухаранын анык ээси Шерали- хан. Муну айтып бар. Уктуңбу? Жөнө!

Абусатар Калпа чубалып жаткан селдесин жыйнашка чамасы келбей ийрилтип сүйрөгөн бойдон бүгүлүп кетенчиктеп чыга жөнөдү.

Тыштан эки аскер адамы аны дарбазага чейин узатып барышты да, эсен-соо шаардан чыгарып салышты.

Катуу ыза болуп калды амир Насрулла, бирок оюнан кайткысы келбеди. Ошол түнү Нүзүп шаардын коргонуу башчылыгын Мусулманкулга тапшырып, өзү аскердин жармысын алып Кокондон чыгып кеткен эле. Анжияндагы, Төрө-Коргондогу сыпайларды карамагына чакырып, кийинки күндөрү алсыраганы билине баштаган амир Насрулланы ачык талаага беттешүүгө тартмакчы болду. А амир Насрулла сүйүнүп Коконго дароо дагы элчи киргизди. Бу сапар мурдагы элчиге көзү жылуу учураган кишини колго алып, ошол аркылуу Шерали менен кандай да болсо эптеп бир шартнама түзө салып, Нүзүптүн аталыктыгын жоюп жиберүүгө үмүттөндү.

Экинчи элчи көзү жылуу Шады ынакка жетти. Бирөк Шерали такыр сүйлөшпөй койду. «Нүзүп жок... мен эмне дейм...» — деп, Шады-ынактын ымына да кирбей, үңкүйүп отуруп алды. Эң жадаганда, үтүрөңдөп ачуусу келип, Мусулманкулду чакырды да: «Муногуну көзүмө көргөзбөй кетирчи!» —деп жиберди. Мусулманкул ошол замат эки сарбаз чакырып, аларга бирдеме деп буйрук кылып, элчини алдына салып берди.

Сарбаздар элчини туткун сыяктуу түрткүлөп айдап, шаарды аралатып отурушуп, замбиректер орнотулган өңүткө апкелитти да, тырмышып келип кырылган бухаралык жоокерлердин көп өлүгүнүн ортосуна отургузуп, дүрмөттүү эки замбиректи аны көздөй мелжеттирип, милтесип түтөттүрүп, жанына замбирекчилерди каратып коюшту. Замбиректин огуна бүрктүрөт турбайбы! Ушундай жаман абалда, жанынан такыр түңүлүп, боору титиреп, ажалы менен тиктешип, элчи керели- кечке отурду. Көз байланган кезде гана сарбаздар дарбазага алпарып, көчүгүнө бир тээп тышка чыгарып жиберишти.

Коконду алыштан эми түңүлдү амир Насрулла. Ошол учурда анын жоктугунан пайдаланып Хива ханы Бухарага каршы ниеттенип кыймылдап калган имиш деп угуп, жүрөгү атып кетти да, шаарды камалоону дароо токтотту, тез артка чегинип, жолдун оңутуна бет алды. А Нүзүп кошумча күчтөр топтоп, он миңдей атчан менен жолдорду бөгөп калууга үлгүрүп калган эле. Амир Насрулла капыстан туюкка камалган жырткычтай алдастап, бүт күчүн бириктирип, Кокондун томсоргон боз дубалы менен Нүзүптүн түнөргөн атчандарынын ортосунан түйүлгөн темир муштум болуп жарып чыгып кетем деп, бир багытты карай кара селдей чамынып катуу чабуулга өттү. Нечен жылдар бою кураган, куралдандырган, таптаган бухара амиратынын даңктуу кошуну

ошол бир күндө быт-чыт болду, амир Насрулла жарымына жакынын араң куткарып чыгып, артын карабай жүрүп кетти.

Нүзүп ордого дагы салтанат менен кирди.

Ушундан соң ордо мурдагы чектерди калыбына келтирүүгө киришти. 1843-жылы Шералинин экинчи уулу Малабекти жанына алып, Нүзүп Ташкенге жүрүш кылды. Ошол кезде Ташкенди дагы эле бухара амиринин атынан Ма-Шериф деген бирөө бийлеп турган болучу. Ташкендин сыртында Шор-Төбө деген жерде Ма-Шерифтин аскерин талкалап, өзүн колго түшүрүп, Нүзүп шаарга кирди. Амир койгон амалдарлардын бири калтырылбай баштары алынды. Нүзүп Ташкенге жаңы бек коюп кайтты.

Көп өтпөй, амир Насрулланын тукуруусу менен, Алимхандын Самарканда жан сактап жүргөн уулу Ибрагим бек жигит курап, так талашып, Кокон хандыгынын чегине өтүп, Лейлекке келди. Нүзүп боюн качырып, бул жаңжалга түздөн-түз катышпай, баягы Таластан бери аттанарда Шералиге Ажыбай датка кошуп берген Сыйдалы бекти арбын кол менен Ибрагим бекке каршы жөнөттү. Сыйдалы бек Ибрагим бекти жергиликтүү калк менен түзүк колдоо алууга " үлгүрө элегинде, капыстан басып, анын азгантай ээрчиген жигиттерин кууп кырып салып, өзүн колго түшүрүп келди.

Тактын экинчи мураскорун сактап отуруу керекпи? Эмне кылуу керек мындай учурда? Бир гана жол. Тез көзүн жоготуу керек. Нүзүп мунун баарын билип турду. Бирок, түз өзү буйрук бергиси келбеди. Не кылган менен, хан тукуму Ибрагим бек, болгондо да, бул хандыктын пайдубалын тургузган атактуу Алим- хандын баласы. Муну өлтүрүп, канын, доосун мойнуна алгысы келбеди. Такта Шерали отурат. Өлтүрсө Шерали өлтүрсүн. Канын, доосун, бул дүйнөсүндө да, тигил дүйнөсүндө да, өзү тартсын. А Шерали эмне кыларын билбеди. Эч убакта киши өлтүрүүгө өз алдынча буйрук берип көрбөгөн. «Өлтүрбөй койсо эмне болот. Жүрө берсин да бир күнүн көрүп...»—деп шалдырады Шерали. Нүзүп ийнин кысты: «Өзүң бил. Тууган сеники. Душман сеники. Сенин тагыңды талашат. А так деген бирөө. Же сенде калышы керек, же ал сенден бир күнү тартып алышы керек. Сен аны өлтүрбөсөң сени ал өлтүрөт. Бийликтин иши ушул. Өзүң бил...» Эми эмне кылат Шерали? Башта эч акыл салбай иш кылган Нүзүп минтип ага түртө салып карап туруп алды. Кимден акыл сурайт? Башка ынактары да, башка ордо кишилерди да, тактын экинчи мураскору болбосу зарыл дешип, Ибрагим бекти тезинен өлтүрүү керектигин далилдеп туруп алышты. Эң акыры айласы куруганда, салбырап жер тиктеп отуруп, макул болуп: «Бир башка жерде өлтүрсөңөр, менин көзүм көрбөсүн...» — деп суранды Шерали. Бул хандын буйругундай болбой, бир жалдыроо сыяктуу болду.

Эртеси күнү Ибрагим бектин башы Япан деген бир чет кыштакта алынды.

Ушул окуядан кийин, башта эле «бош» атыгып жүргөн немеге, эми «атала», «шавла» деген кеп ээрчип ордо кишилеринин гана арасында эмес, чайканаларда, базарларда да күбүрөп тарап кетти. Шерали бүт өмүрүн бейпил тоо арасында, жылкы артында өткөрсө, өмүрүндө бир кишиге чоң сүйлөп көрбөсө. Ал хан атанып, минтип башына тажы кийип отурган кезинде да бекайбат Нүзүп аталык түгүл, ордодогу майда амалдарлардын бирине ушул күнгө чейин бирдеме деп катуу айтып, буйрук сүйлөп көрө элек. Анын ушундай тартынчак, корунчак мүнөзү күн өткөн сайын кемчилиги, мококтугу, жамандыгы катары бааланууга өттү. Өзгөчө Нүзүптүн ичи жаман кутумдары хан туруп Нүзүпкө мурдунан жетелетип калгандыгы үчүн эч кечире алышпады.

Нүзүп өз билгенинче хандыктын ички иштерин жөнгө салууга киришти. Ич ара кармашуунун майданы болуп, улам талоонго кабылып, өлкөнүн отурукташкан катмары, чек арага жакын шаарлар көп жапа көрүп, эгин айдалбай, соода жүрбөй, жалпы жакырлануу башталган эле. Нүзүп эгинден казынага алынуучу салыктарды, соодадан алынуучу салыктарды керектүү убакка чейин деп токтотту. Эптеп эле бир шылтоо болсо казынаны талап турган амалдарларды катуу теске салды. Ордонун өзүнүн да обу жок чачына берүүсүн тыйды. Казынаны аёосуз соруп жаткан дагы бир курсак бар болучу. Ал — казынанын мүмкүнчүлүгүнөн ашык аскер тутуп туруу. Нүзүп иш жолунда буга да келип урунду. Жортуул жок, камоол жок, жаак көп. Ал аскердин уюткусун гана сактап калды да, канчалык кооптуу болгонуна карабай көпчүлүгүн таратып жиберди. Ал өзүнө караштуу жүздөрдөн Абил жүзбашыны башчы кылып, өз жанына алып жүрүш үчүн тандап жүз гана жигит алып калды да, калган самсыган атчандарды бүт кетирди. Буларды багып отуруунун кажаты жок, түтүнгө атчан, түтүнгө куралдуу элет эли керегинде жер түтөтүп тоодон куюгуп чаап түшүп келе берет деп болжоду ал.

Өңгөсүнө кайыл болушса да, мурдагы өкүмдарлардын убагында хасаги болуп (жеңилдик алып) жаман көнүп алган бектер, амалдарлар, казыйлар казынадан бир, өз алдыларынча калктан бир түшүрүп алып турган кирешелерине чек коюлушуна, а күндө сайран кылып кечкиртип жашаган ордо кишилери, оюну, шааниси болбосо ордо болчубу дешип, артыкбаш зоокторду тыйылышына ыраазы болушпады. Нүзүп көп душман арттырып алганын өзү билип эле жүрдү, бирок өз кубатына, укугуна ашыкча ишенип, эч чоочунуп койбоду. Ушундан акыры мертинерин так билген күндө да, ал бул жолунан кайтпайт болучу, көчмөн тирилигине эң зарылынан тышкары, артыкбаш, пайдасы жок шаани- шөкөттү билбей өсүп, ошого адаты, акылы ылайыкталып калган киши бу менен эч келише алмакчы эмес.

Кокон ордосунда Нүзүпкө каршы күчтөр топтолуп жатканы менен толук кабардар болуп турган амир Насрулла бир жактан кооп салып так талаштыруу үчүн эми Алим-хандын экинчи уулу Мурад бекти тукурду да Ибрагим бектей кылып жалгыз жибербестен көп кол алып өзү кирмекчи болуп калды. Бул Кокон үчүн өтө кооптуу окуя эле чынында. Түк амалга жетинбей, же Нүзүптүн аталыктыгын көралбай, ачык каршы чыгышка даап батынбай, ичтен сызып жүрүшкөн айрым бектер, уруу башчылары Мурад бек жакындаары замат ага жалт өтүп кетиши ыктымал болучу. Ушул кооптуу учурду пайдаланып, чоочуп кетип бир чоң амал берип тындыра койсо тынууну болжоп, Мусулманкул Нүзүптүн аталыктыгына моюн толгой баштады. Муну угар замат, Мала бекти жанына кошуп алып, Нүзүп кыпчактарга жүрүш кылды. Нүзүптүн күчү көп эле. Урушуп абийир алалбасына көздөрү жеткен соң кыпчактын эстүүлөрү камчыларын моюндарына салып келип, өзүлөрү багынып беришти. Нүзүптүн каары жазылган жок. Ал Мусулманкулду баш кылып, ага жан тарткан бектерден кырк бегин туткунга алып, ордого түшөрү менен бирин калтырбай желдеттин колуна тапшырмакчы болуп, көшөргөн бойдон кайтты. Бул кабар ордого Нүзүптүн өзүнөн мурда жетти.

Башта абайлап, акырын күңкүлдөп, Нүзүптү жамандап жүрчү Шады ынак ушерде ачык чыкты. Кыпчак бектеринин катуу жазаланышы жакшылыкка апкелбейт деп, оюн аянбай далилдеп, коркутуп, Нүзүп келгиче эле Шералинин жүрөгүнүн сары суусун алып салды.

— О хазрати! Өзүңүзгө нечен жолу окуп бердим го, амир Насрулланын жашырын жиберген дубай- саламдарын! Амир ушу Нүзүпкө гана кастарын тигип отурат. Сиздей

курдашынын тизгинин тартып алып койгон карөзгөй адамдын кылыгына түтпөй, анан сизге таарынганынан, өчөшкөнүнөн улам бир ханзааданы таап тукуруп отурат. Башкасына тиштенип чыдап келсек да, Нүзүптүн кыпчактар менен болгон жоругуна эч чыдай албай, жаныбыздан кечип, айтууга аргасыз болдук. Эми мына! Нүзүп кыпчак бектерин Мусулманкулду баш кылып бүт соёт экен. Кыпчактар касыңыз беле? Кыпчактар өз элиңиз, о падишах! Болсо Нүзүптүн касы болор кыпчактар. А өзүнүн өкүмдарынын касы эмес, бир алла күбө! Эгер Нүзүп ушу акылсыз ишин жүзөгө ашырса, анда аягы эмне болуп чыгат? Бүт кыпчак уругу көтөрүлүп, жаңжал көбөйүп, сиздин алтын тагыңыздын баркы кетет, ыкрар кылыштан баш тартышат. Мурад бек чектен бери кирсе болду, алдын тосо чыгып анын табына өтүп кетишет. Же бир кыпчактар аз журт болсо экен... Анан эмне болот? О, айтууга ооз барбайт, кудай анын бетин нары кыл, биздей алал нээт кулдарыңызга бирден уу жеп, жан кыя бериштен башка эч нерсе калбайт, о аллаяр, сиздин жаркын күнүңүз батып кетиши бар...

Шады ынак жалгыз эмес экен. Ою биргелери Шады ынактын тегерегине чогула калышып, Шералинин көзүнө эми ачык көрүнүштү, алар астейдил күйөрмандары болуп көрүнүштү, безилдеп ишендиришти.

— Эмне кылабыз? — деп жүрөгү түшүп сурады Шерали. Шады ынак кым этип, бүгүлүп таазим кылып.

— О, биздин көлөкөлөр алтын чынарыбыз! Бектерди өлтүртпөй сактап калуу зарыл эң оболу... — деп күбүрөдү. —Түшүрүү керек Нүзүптү андан соң... кетирүү керек...

Күтпөгөн эле, Шерали алайып отуруп калды.

Шады ынак:

— Мындан башка арга жок. Мындан башка чара жок. Аталыкты биз деле жакшы көрөбүз. Жакшы киши. Кайраттуу киши. Сизге көп жакшылык кылган киши. Бирок, өлкөңүздүн кызыкчылыгы ушуга түртүп отурбайбы! Мындан башка арга жок. Кыпчактар да тынчыйт ошондо,амир да тынчыйт ошондо...

Шерали шалдырап үшкүрдү:

— Кантип эми аны...

— О атабыз! Бизге тапшырыңыз...

Нүзүп менен Мала бек ордого келип түшкөндө, аларды диванханада хан күтүп отурганын билдиришти. «Чогулуп алышкан экен дагы өңкөй бекерчи. Шылтоо эле таап бере бер буларга. Зоок кылгылары келишкен экен...» — Нүзүп камчысын сүйрөгөн бойдон кирип барды. Шералиден башкасы дүрүлдөп тура калышып, сылык ийилишип, алик алышты. Салкынырак бабыраша жеңишти куттукташкан болушту. Тактын оң тарабындагы Нүзүптүн орду бош турган экен. Нүзүп отурган жок. Ал дарчеге барды. Тышта аскерлер туткундарды бирден түртүп зынданга киргизип жатышкан эле. Нүзүп эрдин бек кымтып, ичинен санагансып, туткундарды көздөн өткөзүп токтоло калды. Шерали тактан туруп келди. Баары дүрдүгүп дарчеге умтулушту. Нүзүп ичинен калчылдап, катаал үн менен, акырын сүйлөдү:

— Ана! Эң ишенген кишибиз. Мусулманкул! Элди бузуп... — Ички калчылдагы тышына чыгып катуулап кетти. — Баарын! Бирин калтырбай! Аёо жок! Аёо жок!

Шады ынак көзүнүн кыйыгы менен Шералини тиктеп, уктуңбу дегенчелик кылып, башын акырын ийкеп койду. Шералинин кирпиги эле кыбырады. Маң болгондон башка эчтемени билдире алган жок кабагы.

Баары өз орундарына келип отурушту. Нүзүп отуруп жатып:

— Мусулманкулду ушинтет деп ким ойлоптур! — деп кейиди. Шады ынак леп коштоду:

— Мал аласы тышында, адам аласы ичинде... Катуу жазалансын! Экинчи баш көтөргүс кылынсын.

Нүзүп жалт карады:

— Эмне? Башы алынат! Эртен башы алынат! Журттун алдында!

Шады ынак кичине ийнин кысып, сылык жылмайды:

— Кечиргейсиз, аталык. Эрк аллаярдыкы..

Нүзүп кубарып кетти. Шады ынак, баштагыдай эле, үрпөйгөн көгала каштарынын нары жагына үлдүрөтүп көзүн бекитип, жылмакай тумшугун көрсөтүп, муңайым кеп урганы менен анын үнүнөн Нүзүпкө кичине каяша угулду.

— Эмне дедиң?

— Сиздин чечимиңизге аллаяр макул эмес дедим, аталык.

Нүзүп обдулуп тура:

— Эмне?! — деп чаңырып жиберди. — Эмнесине макул эмес?! Карышкырдай тынчыбас душманын тынчытып бергени отурганыма макул эмеспи?!

Шерали кабагын чүрүштүрүп отура берди. Шады ынак сүйлөдү.

— Аталык, сиз кыпчактын кырк бегин бүт сойдурмакчысыз, майли дейли, күнөө кылышты бүт союлсун дейли, алардын журтун кошо кырып түгөтүп жибере аласызбы, эгер анте алсаңыз, каршылык жок, майли сексен бегин сойдуруңуз! Эл калат, аталык. Эли калган соң, ал эл тынчып жатпайт түбүндө. Өчүгөт!

— Куруп кеткен кыпчак аз уруктун бири болсо экен же... —деп бирөө кубаттап калды акырын, кейиштүү.

— Бүт каршы көтөрүлүп кетет. Минтип Мурад бек жактан кулак тынчыбай турган чакта, өзүбүз кырылышып, өзүбүз кыйрашып жатсак кандай болот, аталык? Ушунун баарын өкчөп ойлонуп, түбүнө көзү жеткен соң, анан сиздин оюңузга макул болбой отургандыр аллаяр!

Нүзүп токтолуп калды. Ал сөздүн жүйөсүнө барк берди. Ушул акыл сенден чыктыбы деген сыяктуу Шералини алдыртан бир тиктеп алды. Нүзүптү тиктебейт. Таарынган баладай бултуюп отурат. Отургандардын көбүнүн кабагы кирдүү. Баары бир ооз сыяктуу. Суранышып отурбагандай. Ичтен тирешүү сезилди.

— Бир жагынан, Шады, сөзүңдүн төркүнү бар, — деди Нүзүп соолугуп, — муну эске алчы, силер кыпчак уругу эртең чуу чыгарат деп чоочулап отурасыңар, а кыпчак уругу чыгара турган чуусун кече эле чыгарбады беле? Ошол чыккан чууну басып, мындан нары да чыкпай калсын деп чуунун уюткусун тутуп келип отурабыз го?

— Ырас. Бирок, аталык, каталыгын сезишип, камчыларын моюндарына салып өзүлөрү багынып берип отурушкан соң, жаза ошого жараша болгону дурус.

— Моюндарына камчыларын салып?! Айласы түгөнгөндө!

— Ырас. Сыноо үчүн да болсо, мындан нары орто жакшырып кетер бекен деген саясат үчүн да болсо, аталык, ушу сапар бир жумшактык, кеңдик көрсөтүш зарылдай.

— Ушундай болсунчу, Нүзүке,—деди Шерали кыйналып,—жоо алгыр, чырлуу иш экен...

Дуулдап коштошту, Нүзүп башын ийкеди:

— Болуптур! Азат болсун бектер. Бир кишиден башкасы азат болсун.

Шады ынак:

— Болсо баары азат болсун, аталык. Мусулманкулду чеңгелден чыгаргыңыз келбей турат го. Отуз тогуз бекти кырып таштоо да бир, жалгыз Мусулманкулду өлтүрүү да бир. Уругуна баркы зор...

Нүзүп чачырап жини келип кетти:

— Сен, Шады, Мусулмакулдун тынч жүрөрүнө ишенесиңби? Бери түз карап айтчы, ыя, ишенесиңби сен?

Шады ынак Нүзүптүн алдырып баратканын сезип, ого бетер ишенимдүү жүз көрсөтүп, кашын көтөрдү:

— Кайда барат?

Ордо кишилери тарабынан Нүзүп биринчи жолу каяша жеди, биринчи жолу Шерали анын ыгынан чыгып турганын көрдү.

— Болуптур... — деди ал. — Силердин айтканыңар болсун. Мен ишенбейм Мусулманкулдун тынч жүрө алышына, көзүм жетпейт. Эгер колдон бошонуп алган соң Мусулманкул амир менен байланышып кетчү болсо, же дагы чийинден чыга баштаса, бери кара, Шады шум, сени жерге тирүүлөй көмдүрүп таштайм! Уктуңбу?

Шады ынак ууртун кичине тартып жылмайган болуп койду. Нүзүп артын карабай дивандан чыгып кетти. Эртеси Мусулманкул Шералинин этегине тооп кылып, Нүзүп менен кучакташып, жарашып тынышты. Бирок ич оңолгон жок. Нүзүп менен Мусулманкулдун кастыгы мурдагысынан коркунучтуу тымызын түргө өттү. Эки ортодо Шады ынак барк алды. Башта хандын китеп окуп берер, эрмек үчүн сүйлөшүп отурар ынагы гана болуп жүргөн Шады эми ордодо чечүүчү күчтөрдүн бири болуп баратты.

* * *

Шаарда аталык жок, ордо адамдары үчүн жыргал күндөрдүн бири эле. Улагадан төрүндөгүнүн көзү көрүнбөгөн кең жасалгалуу бөлмөдө чылдырман үнү бирде күчөй, бирде басандай бий ыргагына жараша шаң. Үч кыз бураңдашып, кылык көрсөтө кылтылдашып, оюн кызуу. Үлпөт башы Шады-ынак, атайын өкүмдарынын көңүлүн бурушка аракет кылып, күүнүн да, оюндун да ыргагына жараша колун селкилдете алакан уруп, дем берип отурат.

Шерали баягы Шерали эмес, өзүнүн «хан» даражасын сезе баштагандай, манчыркап, не ооз ачпай, не көз ирмебей мелтиреп эле тиктеп отурат. Кыйды ынак бул күү, бул оюн өкүмдарынын көңүлүн анча бура албаганын сезди.

Үлпөт башы көз шилтеп, чылдырманчы да, кыздар ийиле таазим кылган бойдон кетенчиктеп, шырп этишпей кең бөлмөдөн чыгып, үлбүрөгөн ак шайы жабынчылуу кыз көрүнүп, дутарын бооруна ала өкүмдардын алдына келип таазим кылды. Саал тартыныңкы, уялыңкы, жалжылдаган көзү бир баа, тири жан эле болсо көңүлүнө өрт коерлук жылмайганы бир баа, бир көркөм паризат экен.

Эрини биртке ачылып, элтейип, таң болгонсуп калды Шерали-хан. Ооду го көңүлү?! Шады-ынак дароо кабагы жаркып, башта дегендей баш ийкей ишара кылды кызга. Ошол замат муңканган бир басмырт күү башталып, сулуу кыз өзү да саал кысталып, ырдай турган ыры аркалуу өз көңүл көйүн ортого сала тургандай жан дүйнөсү түйшөлгөнсүп, анан ашыглыктын сагыныч ырын, бир түркүн кылайып майышып баштады.

Кайдасын... ашык жарым, севгилим,
кайдасың, тенир кошкон жан шеригим...

Кел, менин нурдай жаркын көңүлүм,
кел, менин көрөр күнүм, гүл өмүрүм...

жарашып кеште-кеште кызыл белбак,
жаркылдап байманапы кербен баштап...

эл алдында туу бурап ат ойнотуп,
дөөлөт конуп башыңа таажы болуп...

кел, сыр билгим, сыйкыр түнүм, жакыным,
келсең менин алп көкүрөк баатырым...

себилейин суу болуп ак жолуңа
ирмелбестен төгүлгөн жашым менен...

шыпырайын күндө үч убак кылып таза
жайылган талтал кара чачым менен

Кечиксең... дагы үмүткө байланармын,
кейитер... кетпес, бүтпөс сары убайым...

Келбесең... солур гүлүм, не кылайын,
жол боюнда жалгыз калып, өлсөм өлүп тынайын...

сен эсен бол, сен эсен жүр, кагылайын,
даргөйүндө сактасын бир кудайым...

сен эсен бол, сен эсен жүр, кагылайын...

Ыр бүткөндө жүзү жылуу тарта Шерали-хан өзүнчө башын ийкеп, өзүнчө «а-а, бали-и...» деп күбүрөнүп койду. Жакты! Сүйүнө ишарат кылып, кызды бери чакырып калды Шады-ынак. Ырчы кыз тартыныңкы жакын келип, үлбүрөгөн ак шайынын ичинен тула бою толукшуп, өтө эле эңиле, бир тизесин бүгө өзгөчө урмат белгиси кыла таазим кылды, кылтыя.

— Өңүңүз... жан дүйнөңүз... куп келишкен периште экенсиз...—деди Шерали-хан, андан соң «... ананайын...» деп эркелеткен сөз кошулду дилинен астейдил.

Кыз кайра таазим кылды:

— Сизден... бийик сөз уккан... мен бактылуу экемин, азиретим...

Майдалап өргөн кара чачы желкеден эки бөлүнө бирден куланып, көкүрөгүн жашырып, төгүлө жер чийип токтолуп, үлпөт башынын «а йакшы» дегенин уккан соң

кыз акырын кетенчиктеди. Кыз босогодон нары кылт деп кеткенге дейре көз албады Шерали- хан.

— Э-э, — деп, маашырлана кеп жалгады Шады- ынак, — үч кызыгы бар дешет ко бул дүйнөнүн. Бир кызыгы — дүнүйө, бир кызыгы — бийлик, бир кызыгы —

көңүлдү куш кылган гөзөл жан дешет... — Ич аңтарып жымыйып тиктеп, бир орду толбос өкүнүч бар сымал баш ийкегилей отуруп маани улады. — Бирине жеткен бирине жетпейт, анысына жеткен мунусуна жетпейт. Айрыкча, көңүл куунаткан гөзөл жан сырдаш табылмакпы кадам сайын, аттиң ай?!

Шерали-хан:

— «Бирагы жокпу?! — деп койду таң калгансып. Ынагы» алдын жымылдатып сүйлөп, акырында негизги айтары маани кебин «бирак» деп баштачу эмеспи. Бирин бири түшүнүп, ар кимиси ар ойдо, бирок бирге күлгөн болуп калышты.

Өзүнчө күлгөн болду Шады-ынак. Тиктеп калды Шерали-хан. Мулжуңдап, жылмаңдап, ханга биротоло сырдаш болуп кеткендей өң көрсөтүп, Шады-ынак Шерали-хандын кулагына:

— Ыя, азиретим, ыя, — деп асте күлө шыбырады, — ушу гөзөл жанды сиздин ак никаиңизге өткөрүп коелубу? И-хи-хи...

Көпкө унчукпады Шерали-хан. «Йе, жакпай калдыбы бу котоско?! Челип таштаса эми?!» деп, заматта көңүлү бушайман боло калды Шады шум.

Дагы эле кулагына муңканган сагыныч ыр те алыстан жаңырыктап, дагы эле гүлдөй толукшуган жаркын кыздын каш-кабагы, тизе бүгө таазим кылган элеси көз алдына тартылып, ынагынын суроосуна не баш чайкаган жок, не баш ийкеген жок. «Бу байкушту зар какшатып, севгили кайда тентиреп жүрөт болду экен?...» Кызга күйгөн түкшүмөл ой көңүлүн ээлеп отурду.

Ынактын жойпу козу жооп күткөндөй.

— Өтө жаш ко бечара, болбойт ко ыктыяры...

«У! атала...» деп алды дили ынактын, өзү чартылдап:

— Йе?! Йе, ыктыяры болбойт экен, бул дүйнөдө күн көрбөйт! — деп жиберди, ушуну менен тигинин демине демөөр бермечи болуп. А Шерали башын да ийкей албай, «челип» да таштай албай, ыйламсырагансып жер тиктеп тим калды...

1844-жылдын жазы эле...

Диванхана. Шерали-хан. Бир топ кишилер тегеректеп турушат. Баарында өң жок. Шералини бир ишке көндүрө алышпай турушкан сыяктуу. Баары аны карашат. Баары жикилдешет. Шады ынак. Казый. Жакында өзү шайх-ульислам деп мартабасын көтөрүп, колун берип мюриди[1] болгон кожо. Аскер кишилери. Шералинин чекеси чүрүшүп олтурат. Шерали баягы Шерали эмес. Сакалы, муруту сыпаа чертилген, жүзү агарып, денеси толо баштап, кейпине сөөлөт кирип, көзү тирилип кишини көтөрүңкү тиктеп калган. Ал чекесин чүрүштүргөн бойдон былк этпей ой басып отурду.

— Өзүңүз ойлонуп көрүңүз, о аллаяр... Биз кимбиз, биз сиздин алал ниет кулуңузбуз, сиздин ыкыбалыңыз жүрсүн дейбиз, сиздин даңкыңыз жогору болсун дейбиз... Өзүңүз көрүп турасыз, тыштан душман көбөйүп кетти, амир али тынчыбайт, вилаеттериңизди башкарып жаткан бектериңиздин кабагы салыңкы күндөн күнгө...

[1] М ю р и д и— окуучусу.

Себеби эмне? Нүзүп! Тыштан өчөшүү, ичтен наразылык күчөп кетти Нүзүпкө. Андан калса, ушу сиздин өзүңүзгө да түбүндө ниети түз эмес мунун! Сизге карагысы келбейт, а уулуңуз Мала бекти, байкайсызбы, дайыма жанына тартып, ишке аралаштырып, каныктырып, эл таанытып, жол таанытып, э-э бул туз ургурдун көңүлү алыста, бирдемеге даярдап жүрөт. Хан көтөрүп алгысы бар Мала бекти, бир күнү сизди тындым кылып...

Шерали унчукпады. Анын көзү жылт деп бет маңдайындагы илинип турган чокойго улам түшүп турду. Эч айрылбай байкап турган Шады ынак:

— О, аллаяр... —деди түтөгөндөй. — Ана... Кылган иши ушу... Сиздин бир кудай сүйүп бак берген хан башыңызды пас кылганы... улук даражаңызды кемиткени, тепсегени...

Кожо башын калтылдатып:

— Тоуба... Тоуба...—деп жакасын кармаңды.— Йе тоуба...

Көзүн сүзүп таазим кылды казый:

— Бу шарттан да тышкары, шарияттан да тышкары.

Шады ынак:

— Бу бейдааратты караңыз а, тизгиниңизди тартып алып, ага да каниет кылбай, ха акырети жокту караңыз а, дагы кор тутуп... —деп, Шералини колтуктап алып, казый күңкүлдөдү. — Аллаяр, ордо мындай болбойт... Ордоңузду кембагалдын үйүнө теңеди... Ордону ордо эткен сөөлөтү кана? Бухарага кеп болдук... Хоразмге кеп болдук... Чыдайлы, бир бейдаарат башка салыптыр ошонун баарына чыдайлы, а бу кордукка кантип чыдайлы, о аллаяр...

Шерали көздөрүн кыбыңдатып, тизесин тиктеп тунжурап отурду. Ал улам кысылды. Бул сөздөрдү абдан көп укту. Шады ынак түшүндө да жанынан кетпей күңкүлдөп. Эмне демекчи? Эмне кылмакчы? Тигилер аны бекем ортого алышкан. Кабагынан көз айрышпайт. Алардын сөзү, алардын сөөлөтү аны былк эттирбей кармап турду.

— Хазрати! Чаап алып таштайын бул кордукту, уруксат кылыңыз! — деп жиберди аскер кишилеринин бири кылычына кол сермеп.

Шерали жалт карады. Жүзүнөн ич толгоо, суроо көрүндү. Баарын кыдырата тиктеди. Баары бир кабак. Баары бир ооз. Баары баштарын төмөн ийип, бирок катаал түр менен, талап менен көңүлүн сурап турушат. Ушундайбы?.. Анын көңүлү оой баштады. Ишеним келе баштады. Нүзүп шылдың кылып чокоюн маңдайына илип таштаган турбайбы! Тизгинин тартып алган турбайбы! Кор кылган турбайбы! Эрди кымтыла баштады. Анын ичиндеги болуп жаткан кымкуутту жазбай көрүп турган аярлар:

— О, аллаяр! Ордоңуз көн чокой атыкты! — дешип дагы көкүтүп эсине салышты.

— Ал! — деди Шерали катуу арданып кетип. Дуу- дуу. Шады ынак ошол замат бир парча кагазды алдына кармай берди:

— О, биздин дидары айдан тунук, күндөн жылуу атабыз...

— Бул эмне?.. Оку! — деди Шерали. Шады ынак окуган жок, жакын ийилип сүйлөдү:

— Жарлык...

— Чокойгобу? Ошого да жарлык керекпи? Алып ташта!

— О, хазрати аллаяр...—деди Шады ынак, иш эми ток этерине жакындап келгенде баары дем тартпай карап катып калышты. — Чокойду коюңчу... аллаяр, чокойду кудай алсын!.. Муну ойлоп тапкан башты, муну көптөн боюбуз жетпей жаткан

жерге бекемдеп илген башты, о кудурети кучтүү хазрати, а ошону алуу керек оболу... Кудай алсын чокойду...

Шерали түшүнбөй калды. Туш-туштан туруп түшүндүрүштү. Шерали чоочуп кетти:

— Йе!..

— Ушул зарыл... Ушундан башка жол жок...— дешип туштуштан жабылышты.

Кожо:

— Бейнамаз! Бейнамаз башкарган ордонун касиети болбойт... Иши азали алга кетпейт... Ойлон, углум... Жакшы ойлон...

Казый:

— Жол ушул ки, сиз ишенип берген тизгинди сиздин каалооңуздай, кудайдын каалоондой кылып жакшы алып жүрө албаса, андай адамды, ким гана болбосун, сиз аны жазалап коё аласыз...

Кожо:

— Хандын жазасы кудайдын жазасы. Кудайдын жазасы күнөкөрдү күнөдөн сап кылат. Бейнамаздын кылган күнөсү башынан ашып кеткен. Ошо күнөсүн күнө эткен башын кошо алып таштамайынча анын боюнан күнөсү сап болбойт!

Шады ынак:

— Таксыр, ыштанына чычкан колун аябайт. Билинер иш билинди. Энди ким кимибиз болсок да аянбайбыз. Ким кимибизге болсо да, таксыр, эми аянуу — жексен болуу...

Ушу менен Шады Ынак Шералини ачык коркутту. Шерали көзүнүн үстү менен дагы баарын кыдырата тиктеди. Буга да бардыгы бир кабак. Буга да бардыгы бир ооз. Шералинин айласы куруп кетти:

— Майли, тизгинди алып коёлу... Кетсин, тоого барып күнүн көрө берсин...—деди акырында.

Шады ынак:

— Хм! Нүзүп сиздин артыңыздан Коконго ээрчип келген бир селсаякбы! Нүзүп деген элеттин бир жагын чоюп жүргөн бий! Нүзүп дегендин артында элеттин жер түтөгөн көп колу турат! Майли дейли, аны бүгүн тоого кетирип жибериңиз, ошол бойдон тынч жатып калар бекен, а эртең үйүбүздүн үстүнөн каптаган сел болуп кайра кирип келсечи?.. Ошондо, аллаяр, азиз башыңызга күн түшүп калбас бекен а?.. Ушул! Кишинин бир мерте көңүлүн оорутуп алган соң, андан нары аны аяба, биротоло түбүнө жет, биротоло жексен кыл, антпесең ал сенин түбүңө жетет, ал сени жексен кылат. Акылдын талабы ушул...

Кожо:

— Душмандын өлүк болгону жакшы. Камтама кылбайт эч качан...

— Элеттин колу... Жер түтөткөн көп колу...— деп шалдырап күбүрөдү Шерали. — Гм...Гм... Нүзүп өлгөндөн кийин каптап келбейбиз дедиби элеттин жер түтөткөн көп колу?...

— О, аллаяр... —деп ууртунан жымыйып күлдү Шады ынак. — О, аллаяр, өлгөндүн артынан эч ким ээрчиген эмес алмусактан бери эле... Нүзүптөн кийин элеттин бирлиги кетет. Ар уруу өз бетинче болуп, бийлери эптеп ордого жакындашуу аракетине өтөт. Кудайга шүгүр, сиздин тамырыңыз элетте Нүзүптөн кем эмес, ханике аим Жаркындын атасы Токтоназар бийдин балдары менен датка тагаңыз Ажыбайдын балдары бар, ана,

алар эми сизди ээрчибей кимди ээрчийт! Баары эсептелген... — Шады ынак жеңинен башка бир парча кагаз алып чыгып, ийилип Шералинин алдына кармады. — Мына бу...

— Бул эмне?

— Бу сиздин улук жарлыгыңыз...

— Дагы кандай жарлык...

— Нүзүп бийдин башка энеден туулган Кожомурат деген үкеси бар. Ана ошо Кожомуратты датка кылып көтөргөн улук жарлыгыңыз...

Шерали Шады ынакты аңкайып карады.

Шады ынак:

— Ар кимге жан керек. Ар кимге жакшы жашоо керек. Ар кимге сый керек, даңк керек, бийлик керек. Теңирим пендесин ушундай жараткан. Кожомураттын жолунда бир келтек жатат. Бир учунан кармаса — өч кууп ордо менен касташуу, касташканда абире алары күмөн. Экинчи учунан кармаса — ордо менен достошуу, мартабасын элет ичинде көтөрүү. Кожомурат пенде. Сөзсүз келтектин экинчи учунан кармайт. Элетте көр намыс деген болот, биз аны ошол көр намыска кетирбей алаксытып келтектин экинчи учун көрсөтүп коюшубуз зарыл. Алаксыта турган мына ушул...

Шерали алдырды. Кабагын чытып, башын акырын ийкеди. Көңүлүнө Нүзүптү жек көрүү күчөп келди. Эрди томсоруп кымтыла баштады. Жашырын уюшкан Нүзүптүн кутумдары дуулдап турушту. Ошо казый, бир кезде Нүзүпкө аталык вазийфасына өтүшкө кашкайып туруп тарыхтан мисал, шарияттан жол таап берген шум казый эми бул иш шариятка түз деп, кашкайып туруп бир риваят окуду. Шады ынак биринчи жарлыкты калтыраган колдору менен Шералинин алдына кыстап сунуп турду. Шерали кайра ыргылжың боло түштү. Жарлыкты алганы келатып колун кайра тартып баратканда, Шады ынак колун акырын кармап токтотуп калды:

— Таксыр... — деди ал кубарып. Шерали жоошуй түштү. Шады ынак анын эмне кыларды билбей шалдырап турган колун бекем кармап, баш бармагына салынып жүргөн хандык мөөргө сыя сүртүп туруп, жарлык кагазга басып салды.

— Кантип эми муну...—деди Шерали каңыры түтөгөндөй кыңырылып.

— Аны бизге коюңуз!

Шерали эрдин тиштенип, чекесин чүрүштүрүп отуруп калды. Шады ынак хандык мөөр басылган кагазды алыстан көрсөтүп, бийик кармап өзү тооп кылып алды:

— Таксыр! Энди кут этмей жок. Сөздүн ачыгы ушул ки, эми бул бир парча кагаз желдеттин колуна берилсе, азыр эчтемеден капары жок Маргаланда жүргөн Нүзүп аталыктын башы кетет, а кокустан Нүзүп аталыктын колуна түшүп калгыдай болсо, о кудай анын бетин нары кылсын, анда... сиздин азиз башыңыз кетип калышы да бар... Башталар иш башталган соң, эми кимибиз болсок да бекем турушубуз зарыл. Кетенчиктөөгө болбой калды эми...

Күн мурунтан бекем уюшуп алышкан кутумдар уурттарынан жымыйышып, кубанычтуу көздөрүн үлдүрөтүшүп, Шады ынактын сөзүн кубаттап баштарын акырын ийкеп турушту.

Шерали диванханадан эзилип чыкты. Эшмат, Ташмат деген евнухтары колтуктап алпарышып, төшөк үйүнө эс алууга жаткырышты. Бирпастан кийин үстүнө Жаркын айым кирди.

— Падиша... —деди акырын, Жаркын айым бетине үңүлүп. Шерали көзүн ачты. Жаркын айым анын кыйналган кебетесин көрдү:

— Ыя... Эмне болду ыя?.. Табыңыз айнып калдыбы, ыя?.. Табыпты чакыртайынбы?..

Шерали кабагын бүркөп толгонуп кетти. Соо. Жаркын айымдын көңүлүнө күдүк түшө баштады.

— Падышам... Эмне болду? Эмнеге капасыз?..

Шерали унчуккан жок.

— Диванда эмне иш бүтөдүңөр... Эшикага эшикти бек тосту го... Бир жашырын иш болдубу?.. Ыя, падишам?

Шерали шарт бурулуп карады. Анын көзүнөн заар көрүндү. Жаркын айымдын жүрөгү селт дей түштү. Ушул учурда кичинекей ханзаада Кудаяр ойноп тапырап кирип келди.

— Бар... Тышка ойно... —деп Жаркын айым баласын ынжыктаганына болбой кайра чыгарып жиберди. Жаркын айым эрин жубатып тиктеди:

— Вай, падишам... бүгүн каарыңыз бетиңизге чыгып калыптыр да... Жыйырма жыл бирге өмүр кылып, мен сиздин мындай кебетеңизди көргөн жок элем. Вай, падишам, сизге да кайрат кирип келеатырыбы дейм!... — Жаркын айым жумшак мүнөз менен шыңкылдап күлдү. Шерали чаңырып жиберди:

— И! Такыр кайрат кирбейт буга дедиңер беле! Ошон үчүн кордоп жүрдүңөр беле!

Жаркын айым томсоро түштү. Жүзүнө кан толкуп чыкты. Кайра кубарып кетти.

— Сиз соо эмессиз! Сизди кордоп жүргөн ким экен? —деди ал Шералиге кадала тиктеп. — Сиз соо эмессиз... Ушу сиздин колтугуңузга бирөө суу бүркүп жүрөт окшойт...

— Суу бүркөбү? Мага астайдил кишилер айтып жатышат!

— Кайсы астайдил кишилер?.. Сизди кимдер кор кылып жүрүшүптүр?..

Шерали дулдуюп кайра нары карап жата кетти. Эчтемеге түшүнбөй Жаркын айым селдейип туруп калды. Чыдабай:

— Ой, бери карап туруп айтыңчы... Сизди кимдер кор кылып жүрүшүптүр? Бери карап айтыңчы! Нүзүкем Маргаландан келдиби? Ал эмне дейт?..—деп, эринин төшөгүн тартып бетин ачты. Шерали дагы жулкунуп чыканактап тура калып чаңырды:

— Нүзүп! Нүзүп акеңиздин күнөсү башынан ашып кеткен экен! Ошол күнөсүн күнө эткен башын кесип келүүгө жарлык бердим! Уктуңбу!

Жаркын айым селдейе түштү:

— Таш оозуңа! —деди ал эринин көзүн тиктеп. — Ой, сен эмне дейсиң?..

Шерали кабагын түшүрдү:

— А ошо... Күнөсү башынан ашып кеткен экен...

— Кокуй, өлүгүңдү көрөйүн жарым эс... Чын айтып отурасыңбы сен? Анын күнөөсү Таласта кууччуюп жылкы айдап жүргөн жериңден апкелгени! Эмне эле эшигин тостуруп күңкүлдөшүп калды десе булар... Кокуй, кокуй... Эгер бүгүн Нүзүптүн башы кетсе, эртең сеники кетет. Ушуну билбейсиңби, кокуй, жарым эс? Сен ошону менен кишисиң! Ой, сен ошону менен кишисиң, кокуй!..

Шерали соолуга түштү. Ал ошол замат Шады ынактын акыркы сөзүн, кебетесин көз алдына келтирди. Жүрөгү атып кетти. Эмне кылат? Кандай кылат? Шералинин акылына эчтеме капбай башы кеңгиреди. Кайсыл жагына бой урса да алды жар эле. Төшөгүнө кайра шалдырап жыгылды.

— Эми эмне кыл дейсиң мени?..—деди эрки бош Шерали шөмтүрөп, кирпигин араң кыбыратып.

— Сен жерге кир! Эшмат! Эшмат!

Сырттан дүбүрөп куралдуу евнух кирип келди:

— Лапбай, ханике айым...—деди колун бооруна алып босогого токтой калды.

Жаркын айым:

— Эшмат! Эшмат! Айланайын... Сен Абил жүзбашыны билесиңби? — деди аптыгып.

— Билем. Билем. Сизге үке келген жүзбашы жигитпи?

— Ошол Эшмат... айланайын, Эшмат... Ошону таап келчи быякка!

— Куп, ханике айым, куп...

— Жөнө! Тез!

Евнух кетенчиктеп жүгүрүп чыгып кетти.

Бир аш бышым убактан кийин Абил мурунку жарлыкты токтотуу жөнүндө Шерали-хандын мөөрү басылган шашылыш жарлыкты алып, жигиттерин ээрчитип акырын шаардын дарбазасынан чыгып, Маргалан багытын карай артынан чаң чубалтып катуу жүрүп кетти.

Маргалан. Бектин сарайы. Нүзүп балахананын төрүнө салынган төшөктө эс алып жаткан эле. Маргаландагы аскерлерди тескеп, бир сыйра көздөн өткөрүп, кай бир жигиттер менен эркелетип сүйлөшкөн болуп, сырдашып, аскерлердин зардесин, демин текшерди. Аскерден тартип кеткен болучу. Сыпайлар базар күндөрү базар аралап, элге тийишип жаңжал чыгарышып, бозо кыдырып ичишип, мас болушуп, бейбаштык кылышат экен. Кимдир бирөөлөр түндө бир топ болуп аттанып чыгышып, тоо тараптан четки кыштактардан бир үйдү талап келишкен имиш. А бек болсо кылмышкерлерди али издебептир. Нары ойлонуп, бери ойлонуп, бекке жини келип жатып, ичи тытылып, көзү илинбей койду Нүзүптүн.

Коргондо акырын кобурашкан үн угулду да, жанына миршаб[1] эрчитип, балаханага Маргаландын беги чыгып келди. Нүзүп козголбоду.

— Таксыр, — деди бек акырын, — ордодон жарлык келди...

— Кандай жарлык экен? Ким бериптир? — деди Нүзүп бурулуп карабай, эчтемени сезбей. Бек табалап тиктеп көзүн кылыйтып:

— Бул жарлык акыры бир күнү келиши керек эде. Мына, биз дагы кудай деген кул экенбиз, зарыгып күткөн күн келди! — деди үнүн көтөрө.

— Эмне экен?

Нүзүптүн кыжыры келип калды. Жанарак гана жөргөмүштөй бүрүшүп алдында отурган бек ага заардуу тиктеп турган эле. Ордонун чабарманы желдет болучу. Нүзүп тааныды. Маткерим йасаул![2] Кирпигинен бери чаң. Атка урунуп калганбы, денесин араң көтөрүп, балахананын кадасына сүйөнүп турду. Бек жарлыкты бийик көтөрүп өзү тооп кылып алды:

— Аллаяр сайид Шерали-хандын жарлыгы!

Кымкап тонун ийнине тарта Нүзүп өйдө болду:

— Келе бери...

Бек шылдыңдап ууртун жымыйтып күлдү:

— Таксыр, аталык... Кантели, тагдыр ушул экен, жана гана сиз бизди желдеттин алдына салып берем деп, кудайды эсиңизге албай текебер кеп урган эдеңиз, чоң

[1] Миршаб — полицейский.
[2] Йасаул — жасоол, айдап келүүчү куралдуу киши.

кудайдын каалоосу ушул экен ки, биз эмес сиз желдеттин алдына түшө турган болупсуз. Мына! Нүзүптүн башын кесип алдыма апкел деп, бактияр сайид Шерали-хан мага улук жарлык жибериптир...

— Эмне!

Бек сөөмөйүн кезеди:

— Чуу көтөрбөңүз. Пайдасы жок. Чуу көтөрбөңүз — деп акырын зекип сүйлөп, жарлыкты Нүзүптүн алдына ыргытып таштады. Нестейе түшкөн Нүзүп кагазды жерден алалбады. Көзүнүн кыйыгы Шерали- хандын «эки жакалуу» деп аталган кол мөөрүн тааныды.

Байкап турган бек:

— Аталык, кимдин коргонунда отурганыңызды билишиңиз лазим. Сиз камалып отурасыз. Удайчыларыңыздын алдакачан иши бүткөн. Сиздин ар кандай аракетиңиз ишти башкача кылып жибериши күмөн, — деди. Нүзүп жооп айткан жок, козголгон да жок, чакчарылып турган душманын тиктеген да жок. Ой баса түштү. Бу жарлык оюн эмес. Жан тартар, күйүшөр адамдардан бирөө да жакын ортодо жок, өңкөй кастардын камоосунда калып турганын ошондо сезди. Ал өйдө карабаган бойдон Маткерим йасаулга:

— Желдет... — деди токтоо.

— Лапбай, таксыр...

— Кайдан алдың бул кагазды?

— Дивандан, таксыр. Аллаярдын колунан...

— Гм... Желдет...

— Лапбай, таксыр...

— Тактын бетмаңдайында илинип турчу чокой чалынбадыбы көзүңө?

— Жок, чалынбады, таксыр.

— Гм... Чын экен го. Желдет...

— Лапбай, таксыр...

— Диванда Мусулманкул да бар бекен?

— Жок, таксыр. Ал киши көрүнбөдү.

— Гм... Жаңжалды баштаган ошол өзү. Карачы, жыландан сак. Ушул иш жүзөгө ашып кетсе ичинде, ашпай калса тышында калмакчы...

Акылы талый түшкөндөй, оюна бир беткей бирдеме келбей, оозуна сөз кирбей биртке шалдырай калды. Жакын турган бектин этегинин шуудур этиши аны ойготуп жибергендей болду. Эсине келе түштү. Душманынын табалап турган кубанычтуу көзүн кайра сезди. Чыйрала түштү. «Йе, тагдыр ушудур... Тагдырдан ким качып кутулган...» Ал башын көтөрдү:

— Ушинтип, буйрукту Шералинин өз колунан алдым дечи, желдетим,—деп желдетти карады.

— Ушундай, таксыр...

— Ха, мейли... Тузума койдум. Тузум урар, эмгегим урар... Мен кетермин, мени кетирген колдор көп узатпай аны да жолго салар...

— Таксыр... Мени тез кайт деген... Кайтпасам... — деди желдет бир аз кысынып. Нүзүп кашын көтөрүп, башын акырын ийкеди:

— Куп. Тез кайткың келсе тез кайт. Сенде эмне айып, кылган ишиңди билесиң... Майли... мен эки иракет намаз өкуп алайын. Чыдасаң намаз бүткөнчө күт. Чыдабасаң оң жагыма ыкрар кылып салам бергенде кир... Ошент... Ишиңди бүтөр...

— Куп таксыр...

Нүзүп ордунан тура баштады. Бек алдын тороду.

— Таксырым, тышка чыкпайсыз!

Нүзүп душманынын суук кабагын карабай:

— Күндү бир карап алайын, алдымды тоспо наадан болбосоң. Даарат алып алайын, кыянаттык кылба кайридин болбосоң,—деди.

Томсоргон миршабдардын ортосунан өтүп, балахананын эскирип калган жыгач тепкичтерин жай кычыратып басып жерге түштү. Баары чоочун. Жыйырмадай куралдуу сарбаз эки топ болуп күңкүлдөшүп сүйлөшүп турушкан экен. Нүзүптү көрүп, таң калып карашып, дым болуп калышты. Нүзүп алардын ичинен Жар- Мазар аскер туругунун бир жүзбашысын тааныды.

— Ассалому алейкум... —деп, Нүзүп акырын салам айтып өттү. Сарбаздар дуулдап алик алышып, сыпаалык үчүн колдорун бооруна таазим кылган болушуп калды.

Миршабдардын коштоосунда барып, чоң чынар теректин түбүнө отуруп даарат алды. Күн кечтеп калган эле. Бактардын башында кандайдыр бир чымчык чыйт-чыйт деп сайрап, пыр-р этип шактан шакка учуп жүрөт. Жолбун жел бариктерди акырын шыбыратып, кайта дым болуп жок болуп кетет. Ава дагы эле күндүн табы жыттанат. Нүзүп кыбыланы карады. Күндүн чарасы кучак жеткисиз болуп, көлкүлдөп тиги бийик коргондун нары жагынан көрүнгөн узун теректердин башына конуп калган. Ал улам кызарып, ыйлаган көз өңдүү улам жашылданып, теректердин шиш учтарына тытылып, чөгүп баратты.

— Миршаб... —деди Нүзүп акырын. Жакын турган миршабдын бири леп этип келип ийиле калды:

— Лапбай, таксыр...

— Желдетке айтчы... Бактын ичине келсин... Мен намазды көк чөптүн үстүнө окугум келип турат...

— Майли, таксыр...

Нүзүп жайнамаз алдырган жок, бакты аралап барып, өзүнүн ак ботокурун жазып, көк чөптүн үстүнө жайды.

Сынбасты уста жаратпаптыр, өлбөстү кудай жаратпаптыр. Тамырыңда кан толкуп турган жаш кезиңде, оозуңдан чыккан жел жер өрттөп турган ооматың бар кезиңде өлүм сенин алдыңда алсыз болуп сезилет экен, а денеңден жылууң, башыңдан ооматың кетип, тигил белгисиз дүйнөгө жөнөргө улам жакындап баратканын сезген сайын аны көп эстеп, ошол жактын камы түшө баштап, а түгүл өлүм капыстан карп-курп бетмаңдай чыга калганда да, мүмкүнчүлүгү болсо эле, ойлонууга убакты табылса эле, адам дароо ошол жакты эстейт экен, ошол жактын камына түшөт экен. Барар жери, токтор жери белгисиз бир алыс жолго чыкканда, камдуу жолоочу кандайдыр эң керектүү куралын колтугуна кыса жөнөгөндөй, бу мусулмандын да кудайга кулдук кылуу көнүмүшү эсинен чыга койгон жок.

Ал чөк түшүп башын ийип көзүн сүзүп отурганынан былк этпеди. Ошол даараттуу, таза сөөлөтүндө өз өмүрүнүн эсебин өзү теской, түркүн, түкшүмөл ой курчады. Ыя? Ал ордого эмне үчүн келди эле?.. Эмне иш бүтүрмөкчү эле?.. Эмне иш бүтүрдү?.. Эмнеси

бүтпөй калды?.. Гм?.. Кимге акарат кылды?.. Кимдин көңүлүн калтырды?.. Эмне үчүн кутуму көбөйүп кетти?.. Эмне үчүн?.. Кокус бирөөгө катуу айтса, кокус бирөөгө зыян кылса, ошол миңдин пайдасы үчүн эле го?.. Четтеп басканды кылыч менен коркутуп ортого күргүчтөсө чачылганы жыйналсын деген жандалбас эле го, ыркы кеткен ордо бириксин деген ниет эле го?.. Көңүлү көтөрүлө түштү. «Менин өлүмгө баратканым менин жамандыгымдан эмес... Менин каталыгым эмес...» деп ойлоду ал. Өзүн өзү жубатты. Өзүн өзү өлүмгө даярдады. Эсине баягы шумдуктуу түшү келди. «Гм... Баары келди... Бийик тоодо жүргонүм мартабам көтөрүлгөнү болду. Бир тоодон туруп сунсам колум бир тоого жеткени даңкым алыска кеткени болду. Бир тоодон кыйкырсам бир тоонун кийиги шагырап үрккөнү бийлигим чоң болду... Баары келди. Баары өзүм жооругандай келди... Аттиң ошондо түзүк моокум канбай калды эле, бат ойгонуп кеттим эле... Мына а да келди...» Ошондо уланып көзүнө элет келе баштады. Ана, шаңкайган улуу тоолор... Көкмөк чөп... Бейгам күн... Кымызга ныксыроо. Кылкылдаган гүлдөрдү жай ыргап жыпарын авага сээп жүргөн жумшак жел, сыпаа жел... Ана, туугандарынын көздөрү... Ана... Булар Нүзүптү эзди. Жүрөгү тыз- тыз тилинди. Акырын сызылып, качанкы өлгөн энесинин көкүрөк жытын эстеп алган жетимдей каңырыгы түтөп кетти. Эй, көздөн ным чыкса даарат бузулат! Ал капилет келе калган жашык сезимин силкип таштады. Эй, не болуп турасың! Өлгөн жалгыз сенби! Атаң кана!.. Өзүн-өзү кайрады. Жаш чыгарбай күчүркөнүп көзүнүн кычыктарын кызартып токтотту... Бүттү бул дүйнөнүн кызыгы. Бүттү бул дүйнөнүн оюну. Бүттү. Бүттү. Бүттү бул дүйнөнүн азабы...

Туруп намазын баштады:

Бисмилла рахман рахим... Аллау акбар, аллау акбар, аллау акбар...

Ал сеждеге баш койду. Ошол учурда чөп шырт— шырт деди. Жылан акырын сойлоп келаткандай улам жакындап келатты. Билди, ким келатканын билди. Дүрүлдөп эти жыйрылды. Бирок, жүрөгү козголгон жок, аны акылдын күчү, эркtin күчү бек кармап турду... Шырт... Шырт...

...Абил жетпей калды. Ал коргондун дарбазасына келип, кара тер баскан атын теңселтип үзөңгүсүнө тура калып:

— Аталык! Ой, аталык ушундабы! — деп кыйкырды. Желдет ичкери бактын ичинде Нүзүп аталыктын башынын канын сарыктырып, кандын жытына мас болуп, көзү кызарып, шалдырап отурган эле. Үн чыккан жакты көңүл — кош бир карап койду...

VI

Үч катардан тизилген көп кошун — найзакерлер, жаагерлер, жалаң кылыччандар, шыйрактуу кара бараң өңөргөн мергендер — баары кызыл кийинген, жай алдындагы жайнаган кызыл гүлдөй кылкылдайт.

Эң алдында оштонгон гер жоргонун аяңында акырын сүлкүлдөп, аскербашысы келет, кабагы үйрүлгөн, ойлуу — бу жолмо-жол жардаган көпчүлүккө таанымал Шарихан вилаетинин беги Мусулманкул.

Не кылган менен, «хан көтөрүп», «аталык» атанып, эл арасында кадыры өйдөлөп калган Нүзүп теңата урууларды бириктирип, ордого ийгерип турган экен. Анын башы Маргаландан келген соң ордодогу кутумдар шашылыш дуван чогултуп, «өлкөнүн эки тизгин бир чылбыры эгеси Шерали-хандын эми толук өткөндүгүн» даршан кылышты. А Шады «аталык» деп аталбай туруп эле «ордобашылык» вазийфасын кыла баштады. Бирок, өзүлөрүн тектүү, күчтүү сезген ар бир уруу бийи, ар бир бек өзү каалаган жакка чоюп, жааттар куралып, аралары кырды бычак болуп, мансап, дүнүйө үчүн кармаш кайра күч алды. Кан бийлиги өзүнөн өзү бираз көтөрүлүп, ар кандай бүтүм ал аркалуу, анын макулдугу боюнча жүргүзүлө баштаган, Шады да алдастады, бирок жааттарды ийгерүү, чатактарын тыюу алардын колунан келбей койду. Бири кан, бири ордобашы — экөбүнүн тең эл арасында кадыры аз, себеби алардын артында дүпүрөгөн бир уруу тайпа жоктугу. Мусулманкулга Шарихан вилаетин беришкен, буга ал ыразы боло койгон жок, ага эми Нүзүптөн кийин ордодо эч ким туруштук кыла албай тургандыгын жакшы сезип, Шадыга кыр көрсөтүп, ордого тоң моюн. Мусулманкулга эмне керек? Ордо! Муну түшүнбөйбү Шады шум? Ушунчасында, мүмкүнчүлүгү барында андан оозунуп кетмекчи болуп, «тоң моюн бектин башын апкелиш» жөнүндө жашырын жарлык берип, Шариханга жашырын желдет аткарды, бирок желдет Мусулманкулду ордунан таппай кайтат, шыбыш угуп калган Мусулманкул Эки-Суу-Арасына өз уруусуна калкаланып кеткен экен. Мына эми ачык кармашуудан башка айла калбай калган соң Шады ордонун колдо бар аскеринин баарын алып, Эки-Суу-Арасына жортуул кылды. Эки жоо Чуст менен Төрө-Коргон ортосунда кез келишти. Ошол эле беттешүүдө Мусулманкул ордонун аскерин толук кыйратып, Шадынын башын кестирип канжыгага байлатып алып, эч тоскоолсуз Коконго келе жаткан убагы эле.

Кошун чубалып, дабыл согулбай, кернай тартылбай, ашыкча даршансыз Кокон дарбазасына ийрилип жылып кирди.

Кан Сарай.

Күзөтчү сарбаздар элтейип тиктеп калышты. Жүгүрө келип жанжигит гер жоргону сагактап, Мусулманкул жоргодон акырын түшүп, камчысын сүйрөй аксап- аксап басып, каалгага бет алды, эки жагынан бөрүдөй жулунган жалаң кылыччан, жаагер, милтеси түтөгөн кара бараңдуу мерген коштоп, иреңи купкуу, кыжырлуу, унчукпай каалгага барганда онбашы:

— Бек! Сизди «кирсин» деген буйрук бизде жок эле, бек... — деп ооз жыйганча Мусулманкул бир уурту тартыла аны камчы менен баштан нары тартып жиберди да, онбашы башын корголоп жыгылганда андан нары аксап өтө берди. Жигиттери үйрүлө:

— Тынч! Тек тур! Жан-ныңдан үмүт кылсаң?! — деп, күңкүл үндөрү зиркилдеп, а үрөйлөрү учкан күзөтчүлөр каалганы ачышып, өзүлөрү көздөрү жалдырап, бурчка тыгыла калышты.

Ошол аксаган бойдон Мусулманкул ордого кирди, алдынан капилет чыга калган бейсакал артына жалт берди, анын артынан Мусулманкул тез-тез аксаңдап басты. Эки жагында өрөпкүгөн жигиттери.

Кан үжүрөсүнүн эшигинен жанагы үрөйү учкан бейсакал, Жаркын айым тосуп чыкты:

— Келиң, бек... Келиң...

Жаак териси тырышып алган Мусулманкул жооп бербей, аксаган бойдон ичкери карай өтө берди, Жаркын айым артынан бөжөңдөп ээрчиди.

Эки тизесин кучактап, ireңи купкуу, өлүмүн гана күтүп, Шерали шалдырап төрүндө отурган экен.

Жаркын айым:

— Бу көйкөйдүн баары Шадыдан... Койгула дедим эле, койгула дедим эле.. Кайда жүрү экен өзү ал шумпай?!

Жигиттердин бири колундагы кара баштыгын көңтөрүп кагып жиберди, адамдын кандуу башы дүңк этип килемге тоголонуп жатып калды.

— Таанып алың...—деди Мусулманкул жекире, Шерали карысы менен көзүн калкалай калды:

— О... Жүзү курусун...

— Катыгүн ай...—деп, кандуу баштан сестенип, жүзүн үйрүйт Жаркын айым. — Кан кылдыра көрбөң, ордо баарыңарга тең...

Мусулманкул колунун учун тышка карай кескин шилтер замат жигит Шадынын башын баштыгына тез салып, чыга жөнөдү.

Шерали ордунан туруп, эки колун эч жакка батыра албай, бирде койнуна тыга коюп, бирде жеңине сала коюп, тула бою калтырап кетти.

Мусулманкул дубалга сүйөнүп, үңкүйүп, тиги көзүнө жаш алып турган Жаркын айымды да, Шералини да тиктебей, баарын унуткан сыяктуу үңкүйүп, өзүнчө аксап имериле басып, оозун чормойтуп ойго батты.

— Бу силер... «ордону кан кылдыра көрбөң» деп?! Биринчи жолу кан болуп жаткансып?! — деп, экөбүн тең кекерлеп сүйлөдү бир убакта. — Ыя. Бириңдин агаң, бириңдин «кан көтөргөн» пириң эде го кайран аталык?! Мына ошо кишинин башы алдыңарга келгенде мынчалык сестендиңер беле силер?!

Эми жанынан түңүлүп Шерали шалдырайт. Өз күйүтү өз ичинде жүргөн белем, Жаркын айым буулдап ыйлап жиберди.

Мусулманкул:

— Кимге кинээ кылгыдайсыз, таксырым?! Өзүңүз канга боёп алдыңыз ордону!

Жаркын айым:

— Бу бир байкуш... ээрчиме... Айта берип, айта берип... тилим тешилген...

Буга да каяша кыла албай, баары мойнуна түшүп, отура берди Шерали. Мусулманкул чарчаган таризде бир акырын үшкүрүп, жүз үйрүп, сол бөйрөгүн таянып, оң колун акырын шилтей, акырын аксай басып чыгып кетти. «Чын... бу бир байкуш... Эмне кыласың эми муну?..» деди ыргылжың ою.

Мусулманкул бийлик укугун алышка шарияттан риваят окутуп отурган жок, миңбашылык мансапты өзүнө алып, ордону кан атынан өзү башкара баштады. Мына, кичине сылтып баскан, ireңи кара чүйкө, көзү тереңден жылтыраган кыйык, дайыма эрди каардуу кымтылып турган, эч качан ичиндегисин кишиге так айтпаган, кишиге

дайыма шектенип тиктеген бектин алдында Шерали-хан дирилдеп коркуп отуруп калды. Баары бир, дагы эле мансап талашуу басылбады.

Кийинки 1845-жылдын жазында Мусулманкул миң-башы ордодо жокто Исфара вилаетинин беги Сатыбалды деген ордону капыстан басып, Шералиниө, те илгерки Алимкандын бир уулу Мурад бекти «кан» деп жарыялап жиберди. Бул окуяны уккан Мусулманкул шашылыш кайтып, биртке Исфаралыктарды Кокон дарбазанын түбүндө кыйратып таштап, дагы эч тоскоолсуз ордого кирди. «Балдары кайда болду экен?..» деген ой көңүлүн өйүдү.

Эки жагында дагы бөрүдөй жулунган кашкой жигиттер, ал дагы эки этеги далбактап, аксап басып, кыжырдан дагы кабагы чүрүшүп, жулуна басып келди.

Үңүлдөп ыйлап, жанында эки-үч катын, Жаркын - айым ордонун коргонунун эшигинен тосуп чыкты.

— Балдар кайда?.. —деди Мусулманкул, жооп күтүп турбай, токтолбой ичкери карай жулуна басты. Эне байкуш уясына жылаан кирип бара жаткан боз чымчыктай жан дүйнөсү дилдиреп, ага этек улаш жөнөдү.

Мала, Сопу, Кудаяр үжүрөнү ичинен дембелеп отурушкан экен. Жаркын айым тула бою калтырап, үнү каргылданып:

— Бек... ырайым кылың, бек...—деп, каалганы тосту. — Буларга так-таажынын кереги жок, такка отуруп атасы не тапты, жандары калсын, бек... Кетебиз кайра Таласка...

Мелтейип тиктеп калды Мусулманкул:

— Ыя, «кетебиз» десеңиз эле кете бересизби, каникe айым? «Кан» болгон каны менен жуунуп гана кутулат!

Жаркын айым:

— Каны менен жуунду го «кан» болгону?! А «кан» боло электеринде не күнөө?!

Мусулманкул:

— Бири эле кетсе, ал бирөөнүн колундагы оюнчугу болот, так талаштырып чыгат, акыры бир күнү! Так- таажы жаш балдарга кереги жок болсо болор, а өлкөбүзгө, журтубузга «эге», жок дегенде эле «огожо» абадан керек ко?!

Мусулманкул каалганы өзү тыкылдатты, кимдир бирөөлөр менен энесинин сүйлөшкөн үнүн уккан балдар эшикти ачышты. Мусулманкул босогону аттап кирип токтоп, тиги элтейип карап калган балдарды бир сыйра тиктеп, өзүнчө баш ийеп турду да, бир убакта эрезеге жете элек куба жүлүн Кудаярдын ийнине колун койду, бирдеме айтмакчы болгондой.

— Бек... — деди Жаркын айым, — бул али көөдөк го, бек?!

Көңүл бурган жок Мусулманкул, ошол колунан жетелеген бойдон канзаада Кудаярды так турган диванканага алып кирди:

— Мына... — деди, төрдөгү тактынын Кудаярга көрсөттү. — Сенин тагың... атаңдан калган тагың...

Кудаяр таң калып тиктеп, эки көзү алайып, мурдун тартынып койду.

Эртеси таңдан баштап кернай үнү баркылдады. Төөгө теңделген «кан дабыл», дабылчы: «Кимдин, кимдин заманы- Кудаяр-кандын заманы!..» деп, деги эле өтө кубангандай кыйкырып, обдула өрөпкүгөнсүп, кош дабылды дүңгүрөтө сабап, көчөмө-көчө кыдырып, жар салды.

Жетилип, убагында Нүзүп аталыктан кыйла таалим көрүп калган Мала бек. Бирок, Мусулманкул андан кичүү Кудаяр бекти атайы тандады. Анткени, эрезеге жеткенин хан көтөргүдөй болсо, анда Мусулманкулга бийлик жарым-жартылай тийип, анын үстүнө дагы хан башка бирөөлөрдүн таасирине ыктап кетиш коркунучу дайым болуп калмакчы.
Хандын жаштыгы аталыктык гана эмес, бүткүл өлкөдө ишти да, сөздү да, жыра тарттырбай турган өкүмдарлык бийликти жалгыз өзүнө топтоого ага шарт да, укук да болду.

VII

Баягы эле ордо. Сыртынан караганга ынтымагы бүтүн болгонсуп калган ордо. Акылдуунун оозун кароо, сакалдуунун сакалын кадырлоо, баары такыба, баары сыпаа, баары сылык. А ичи дагы эле кырды бычак, жылмайып отуруп аңдышкан, жанаша жүрүп жулук тиктешкен коркунучтуу ордо.

Көлөкөлүү кош чынар, бир жагы гүлбак.

Эки тарап болуп, байге сайылып, онбеш тамандан чийин тегеретилип, чүкө ордо ойнолгону жаткан. Чийин борборуна ар бир өнөккө бештен чүкө салынып, ортосунда кызылга боёлгон «каны» жылтырап жатат. Көлөкөлүү көк майданга ар жерине килем, төрбөлжүн салынган, үстүнө шайы төшөк төшөлгөн, чүкө ордо жаккы четтерине дасторкон жайылган — дүйүм мөмө, дүйүм даам коюлган, каз моюн шише идиштерде кызгылт шербет, кырмызы мусалла турат, кымызбы же бозобу килейген сары чаначтар ар бир дасторкондун капталында булкуюп-булкуюп жатат.

Өңкөй бек, эки тарап өнөк эки жерде топ, кимдир оюнбашыны күтүшкөндөй, даамга бири да сугулбай, кымкап чепкендери желбегей, ар биринин колунда ар түркүн боёлгон бирден томпой, өз колуна өкчөп, зыңгырашып имериле басып турушат.

Бир убакта чүкө ордого келе жаткан кишилер көрүнөт. Эң алдында жаш хан Кудаяр, жанында теңтушу Абдырахман, алардын артында сылтыган Мусулманкул, дагы бир чоочун, узун бойлуу дөө адам.

Оюнчу бектер дүргүй тосо басып калышты.

Жаш хан:

— Ас-салоому алейку-ум!

Бектер таазим кыла алик алышты:

— Ва-алейкума ас-салам, азиретти кан эгебиз...

Мусулманкул:

— Ортоңор толсу-ун, жаранлар!

— А-а, бирге болсу-ун...

— Айтканыңыз келси-ин, аталык...

Мусулманкул жаш ханды чыканагынан асте ала коштоп, салынган килемдердин эң төркүсүнө алып өтүп, саал бийиктетилген орунга отургузду да, жанындагы дөө адамды өтө урмат кылганын баарыга сездире:

— Бул адам биздин бир тууган агабыз... Алмамбет... — деди бектерге.

«А бар болсун...», «Сак-саломат болсунла-ар...» деген асте коштоп калышты. А дөө адам тынч, момурап айланта тиктеп, өзүнөн майда адамдарга жакын болгусу келгендей, көкүрөгүн ийип, үңкүйүп турат. Эки көзү кыпкызыл, көсө чалыш, ээгинде сакал-мурут дегидей эле биртке эрбейген суйдаң кылдары бар, кекиртек териси шалбыраган дөөгө оюнчу бектер асте-асте тымызын тиктеп коюшат.

Те четте эки киши төбөлөрү бириге калыша шыбырашып турушат. Бири: «Охо-о, жомоктогу чоюнкулак алп ко бу?..» Бири: «А-а, мындай айбан сүмөл тоо арасында жүда көп...» Акырын шыкылыкташып күлүшөт.

Миңбашы агасын коштоп, акырын калкамандап кыдырып басып, бектерди ага тааныштырды. Каердин беги, ким деген — баарын айтты, башында кере карыш кундуз бөрк, ак-саргылт камзол кийген, чылк күмүштөн кемер курчанган, сары булгаары каңтарма өтүкчөн, жакасы өңүрүнө дейре саймалуу кызыл макмал чепкени желбегей, ар кандай кишини башынан ашыра тиктеп көнгөнсүгөн өтө дымактуу көрүнгөн Алымбектин сөөлөтү гана Алмамбеттин эсинде калгансыды.

— А калганы... бектердин жигит-желеңи, чүкө атканга абдан машыккан оюнчулар... — деп койду Мусулманкул.

Бир чымчымдан нан ооз тийилип, пияланын жарымынан төмөн куюлган сары чайдан ууртташкан болушкан соң чыдамы түгөнүп турушкан оюнчулардан узун бойлуу кара жигит сыңар тизелей:

— Кана, энди, хан ата, — деди, — бата берип коюң оюнга...

Чүрүшкөн кабагы жазылган Мусулманкул:

— Кана, аке, — деди Алмамбетке, алакан жая, — оюнга бата берип коёлу, бектер сийгелектеп кылчылдап турушат!

Баары дуулдаша бата кылышты:

— О-омийин, оюн олжолуу болсун, аллау акибар!

Бул оюн те байыртан калган оюн, убагында Кара- кан, Огуз-кан ойногон деген көөнө оюн. Эки тарап болуп ойнолот, кайсы тарабы чоң тегерек чийинден чүкөнү көп чыгарып алып кетсе, үч кайталанып, ошол тарабы уткан болуп эсептелет, коюлган байге ошолорго берилет.

Бул оюн бир убактарда эл жакшыларынын башын кошуп, ынтымакка өбөлгө, а бир убактарда жака айрышкан мушташка, кан төгүлгөн чабыштарга шылтоо да болуп келген.

Бир жагынын өнөк башысы — жаш хан, дымактуу Алымбек, бир жагынын өнөк башысы — миңбашынын эрке уулу Абдырахман, жанагы оюнга бата сураган узун бойлуу кара баатыр Касым пансат экен.

Оюнду биринчи «хан өнөгү» баштайт. Пансат чийинди туура басып, өңкөйүп көпкө өңүп тиктеп, бир убакта томпой атып, чүкөлөр жайыла түшүп, бирок бир да чүкө чийинден чыкпай калды, чүкө чыкса оюнчу оюнун уланта бермек.

Оюн «бек өнөгүнө» өттү. Алымбек манчыркап:

— Ва-а, — деп, чийинди тегерене акмалап басты, — мына эми биз тооруп көрөбүз. Эми биз... — Сол колун белине кайрып, оң бутун чийин басып турган сол бутунун согончок жагына имерип, оюн эрежеси ушундай, чийинге жакын жаткан чүкөнү имерип тооруду, чүкө кылт эте чийинден тышка чыгып кетет да, кызыл томпой чимирилип барып жайылган чүкөлөрдүн бир четине жатып калды, бек аны сайын манчыркап, тамшанып: — Мына эми биз... —деп, жүйүртө сыңар тизелей, өтө кылдат, томпоюн оң колдоп алып, чүкөлөрдү бир четинен чыкылдатып чертип чыгара баштады.

Козу сүзүлө күлүңдөгөн Нияз кушбеги:

— Жакшы, жакшы... Куп чертет экенсиз, бек. Бизге йам бирдеме калабы?!

Алымбек орун которуп, кайра сыңар тизелей баштай, кушбегини карабай:

— Өтө эле учка чыккандан эмеспиз... —деп, бир чүкөнү аны карай чертип жиберет, чүкө кушбегинин өтүгүнө барып тийет, — бирак, мелдешип калган соң, кушбеги... кантебиз, аракет кылып көрөбүз да...— Черте берет.

Бул өнөктүн оюнчулары чыккан чүкөлөрдү терип жүрүшөт, тиги өнөктүн оюнчулары сустайыша унчукпай карап турушат.

Мусулманкул «акеси» экөвү бир дасторкондо даам сызып, оюнду карап отурушкан.

— О-о, бу Ош беги эч кимге оюн бербей турган го бүгүн?!

Акырын башын ийкеп койду Алмамбет.

Каз моюн идиштин өзүнөбү, же ичиндеги суусунгабы, иши кылып, «акесинин» көзү ага улам имерилип турганын Мусулманкул байкап калды да:

— Мусалла... — деди акырын.

Алмамбет:

— Анын эмне?

Мусулманкул күлө:

— Бу баягы эле Күрпүлдөк-Сайдын жабайы жүзүмүнөн тепкен шараптын эле өзү, бирак кичине сүт тамгызып, ирени менен атын өзгөртүп коюшкан. Буга шарият жол берген дешет. Көрөсүзбү?.. — деди.

— А... ошондой эле болсо...—деп, күңк-мыңк этип койду Алмамбет.

Каз моюнга көз шилтеп:

— Куй...—деди Мусулманкул карысына ак чачык сала жүгүрүп кызмат кылып жүргөн чайчыга. Чайчы чай пиялага жарым кылып куюп, мейманга сунуп калды эле:

— Эй, муну сен өзүң ич, — деди Мусулманкул, — куй чоңуна!

Чайчы анар салынып турган чоң сыр кесени чайкап, кылтылдаган кызыл мусалладан боор көпмө кылып куюп, мейманга кайра сунду. Сыр кесени кош колдоп алып, саал бүксүгөн жыты уруп, бир кур ыргылжың болгонсуп токтолуп, анан баш көтөрбөй түбүнө дейре тартып салды Алмамбет:

— Даамы жок ко?..

— А, биердегилер ушуга деле кылжыңдап калышат,—деп койду Мусулманкул.

Мойнун созуп, оюнга кайра көз сала баштады Алмамбет.

Эң акыры черткен чүкөсү чийинден чыкпай калып, Алымбек ордунан туруп, өзүнө өзү ыразы, манчыркаганы манчыркаган, өнөктөштөрүнүн дуу-дуу сүрөгөн үндөрү коштоп, чийинден тышка басты.

Оюн кезеги тиги өнөккө өттү. Нияз кушбеги атышка ыктуу чүкө пайлап, чийин бойлоп басканда жаш хан анын колунан томпоюн алып койду. Кушбеги сүйүнүп кеткендей бажырая жылмайып:

— А... а... өзүңүз... өзүңүз... — деп башын ийкегилеп, боюн артка тарта берди.

Бу «элеттен келген дөөгө» жакпай калды. «Жашы улуу адамды мустарап кылып койду э?!» деди оюу. Жаш хан чийинди бутунун үзөңгүлүгүн чийинге таамай койбой эле, ичкери чүкөгө чукулдап, сол колун артына кайрыбай эле, сол бутун тогонок кыла-кылбай эле тоорумакчы боло баштады. Бирөө чеки дебейт! Тыякта элет адамы мойнун созуп, кабагы бүркөлүп, көзүн ымдалап тиктеп калды. Жаш хан тооруган чүкөсү чыкпай калып, кайра дагы бирин жанагыча «тооруй» баштады. Оюн да ушундай болмокпу?! Эми чыдабай элеттин адилет көңүл пендеси жулунган арстандай обдулуп тура жөнөдү.

«Кана, тооруң!», «Кана, чыр-р эткириң!» дешип, кошоматчылары кыйкырык салып жатышкан убакта:

— Э-эй... Токто...—деп күркүрөп барып, барганынча жаш ханды шыйрагынан сыга кармай силке тартып, чийинди бастырып койду. — Мына мындай басып тооруйт! Оюндун эрежесин билбеген оюнга кошулбайт, а бузган чоңдукка жатпайт, жиеним!

Жаш Кудаяр-хан кыпкызыл болуп кетти. Карап тургандар бири кыйды күлүмсүрөп, бири өзү жаака жегендей нес болуп — баары турган ордунда селейди. Ыза боло түшкөн хан томпойду силке таштап басып кетти. Мусулманкул алдынан чыгып:

— Тагаңыз да... —деп жубатты. — Булардын көңүлүндө асти кара зил болбойт, туура кебин аар-жүзгө карабай бетке айтып коё беришет. Кечиримдүү, кечиримдүү... Улана берсин оюн.

Жаш хан мөлтүрөгөн кирпигин араң эле ирмеп гана тим болду. «Ыя?! Сен чоңсуңбу?! Хан деген башкага да, өзүнө да калыс болушу ылазым! Сен эмне, кайдагы бир сассык байдын таркылдаган оосурак баласысыңбы?! Ыя, деги айтканды кулагыңа илесиңби, же...» деп, кечинде аталыктын кейий турганын, акыры аягында «...же...» деп коркутарын көз алдына келтирип, аны ой басып калды. Күбүр-шыбыр.

Көз-көрүнөө ара сууп, оюн кызыгы пастай калды. «Өй, көрбөй, укпай жүрдүк беле мындайды?! Кана, ойнойлубу, мелдеш бар ортодо, чоң байге коюлган?!» деди бирөө. Кайра кирип кетишти оюнга.

Миңбашы өзүнчө эле мулуңдап, тууганын калдайтып жанына жанаша бастырып, те гүлбакка карай ыктады. Бир аз ээндей түшө Мусулманкул башын ийкеп, башын чайкап:

— Ой, акем ай... — деп күлдү,— барып эле шыйрактан алып... Ыя, «хан эле» деп да ойлобойсуз а?!

Алмамбет:

— И?!.. Чекиби?!

Мусулманкул:

— Башка бирөө болгондо «чеки» дешип отурмак бекенбиз?! «Ханга колу тийген» турган жеринде мууздалат болучу, о кокуй!

— Жо-о, — деди Алмамбет, — оюн деген баарыга тең!

Мусулманкул:

— Не болсо да, аке, менин аброюмду асманга көтөрүп эле салдыңыз!

Алмамбет ормойду:

— Качан?

— А жанагы «хан баланы» мына минтип шыйрактап! —деп, колун кудум Алмамбеттин өзүндөй кыла ызырына сермей көрсөттү Мусулманкул. — Кеп балада эмес эле, кеп баланын артына далдаланып, мени менен эрез талашкысы келе баштаган кишилер бар эле ошерде. Куп жакшы болду да ошолордун көзүнчө! Мына ошолорду шыйрактагандай эле болду — сел- лейип, сел-лейип калышпадыбы?!

А Алмамбет өзүнчө корстон;

— Мен анысын кайдан билдим?! — деди күрөктөй кең алаканын шилтеп, — Бала кырам тооруп атпайбы, оюн жыдыйт да, ошон үчүн...

«А кокуй ай, — деди Мусулманкул өзүнчө, анын көңүлүндөгүгө акесинин анча маани койбогонуна ыразы болбой, — чайнап берсең аш кылбайт...» Кабагы кайра үйрүлдү, дагы ой басты аны;

— Бала чүкө ордону жыды кылса кылар, а хан ордону жыды кылдыра койбоспуз! Эси анча эмес, ээрчиме, кошоматка бат жыгылат. Ушу жакындан бери анын кыял-

жоругунан башка бирөөлөр байкалып калды. «Өзү бу болсо, тоодогу акеси ушу болсо, ханды көз көрүнөө шыйрактап отурса, бизди оңдурабы бу?!» дешип калышты...—деди.

Сөз төркүнүнө баамы жетпей, кепти чоюп тең сүйлөшүп кетишке жарабай, үкесинин ниетинде турган «а-а, көрсөтөбүз дагы  шыйрактаганды» деген оюна эч баамы жетпей, көзүн ымдагылап маңыроо, чын эле «чайнап берсе аш кыла албай» отурду.

Те илгертен жалпы кыргыз кыпчак элинде миң тукуму, алардын ичиндеги Алтынбешиктин балдары тоолук уруулар менен кыз алышып тамыр-сөөк болуп келишсе, теги бир ичкилик кыпчак бектери кыз алышуудан башка да, же сүт эмип, же сүт берип туугандашкан. Мунун баары замананын талабы, кандайдыр биримдик түзүш үчүн, тирек табыш үчүн арга болгон. Күндөрдүн биринде ичкилик бектери ушул Мусулманкулду бешиги менен атка өңөрүп келишип, Алмамбетке эмчектеш кылышат. Ошол бойдон Мусулманкул элетте чоңоюп, туугандарына кийин эрезеге жеткенден кийин кетиптир. Ошентип ал тоолуктун сүтүн эмген, тутунган баласы болуп эсептелинип калган экен. Баягы сүт кадырын сыйлап, тууган деген сөз тартып, булардын алакасы али үзүлө элек болучу. Бу сапар да Мусулманкул кадимкисиндей кучак жайып тосту. Чоңмун деп боюн көтөргөн жок. Ордо кадырмандарынын башына отургузду. Элдин көзүнчө акебиз деп ийилип, жумшак сүйлөшүп, зыяпат көрсөттү. Элеттин баёо адамы кантип кубанбай коё алат буга?

Мусулманкул ордону катуу кармаган. Аскер ишин күчалдырып, көбүнчө өзүнүн негизги тиреги болгон кыпчак жаатынан курады. Коконго, Маргаланга, Намангенге, Ташкенге кыпчак бөлүктөрүн кармады. Анжиянга Алымбек датканы, Намангенге Кедейбай датканы калтырып, вилаеттерге жалаң кыпчактардан койду. Жакында Кудаярга өзүнүн кызын алып берип, чындап ата болуп алды да, кимди да болсо кыңк эттирбей, бийлигин дагы бекемдеди. Бирок Кудаяр жеңил, анын үстүнө катын жандуу неме болду. Мунусу миңбашынын бийлигине салакасы жок. Бирок Кудаярда Мусулманкул үчүн бир коркунучтуу сапат бар, ал ээрчиме. Миңбашынын катуулугун, хан аты эле болбосо өзүнүн эрксиздигин эсине салып, азгырган кишиге ээрчип ар кандай жолго оңой түшө бере тургандай. Ошондуктан Мусулманкул аны темир чеңгелдей тутуп жүрөт. Кишинин көзүнчө эркелеткенсип, урмат кылгансып коюп, жалгыз отурганда катуу жемеге алат. Дос таап кетет деп колуна бир мири[1] алтын теңге карматпайт. Чоочун бирөө менен, шектүүлөр менен сүйлөштүрбөйт, мамлекеттин тагдырына тиешелүү болгон иштерге катыштырбайт. Кийинки учурда кутумдар акырындап Кудаярдын далдасында чогула баштады. Азырынча коркунучу болбогон соң Мусулманкул аларды эсебин алып тим койду. Кас деген кастыгын акыры кылбай коёбу? Неткен менен, Мусулманкулдун жүрөгүнө кооп түшүп калган.

Бир аздан соң:

— Аке, элде кандай жигиттер бар? Бир бычакка сап болору чыга турганбы? — деп сурады Мусулманкул. Алмамбет ойлонбой туруп эле жооп кайтарды;

— Жок... Өткөн жазда, баягы өзүң көргөн Күрпүлдөк-Сайдын башындагы менин балбан ташымды көтөрөм деп бир бала барыптыр дейт... — Ал башындагы калдайган тебетейин колуна алып, таза кырдырган чоң башын сыйпалап койду, анын ушул кыймылынан мактаныч көрүнө түштү. — Көтөрүп ыргытмак тургай, ордунан козгой албаптыр! Км...

[1] Бир мири — акча чени, он тыйындык алтын же күмүш теңге.

Мусулманкул бир ууртун тарта күлгөн болуп койду. «Атаны, таш көтөргөнүн эрдик көргөн түркөйүм ай..!» деди ичтен кынжыла.

— Аке, — деди бир убакта Мусулманкул, — мен аскерликке кызыккан кайраттуу жигиттер барбы деп сурап жатам?

Көзүн ымдалап шалкы жооп берди Алмамбет:

— Чыгат ко, көп эле чыгат ко... Билбейм, кымыз көп, эт көп, ушундай чакта ким сорондоп ат чаап жүрөр экен...

Имериле басышты. Мусулманкул түнөрүп:

— Ушун этип, — деди, — кылычыңарды дат бастырып, этке тоюп ныксырап жаткан кезиңерде бороон кууган бир үзүм булуттай бир жактан кырктай атчан шап деп келип, эми жейли деген табагыңардагы кулжебесиңерди, сабадагы кууддгөн кымызыңарды тартып алып койсо, анда кантесиңер?

— Йе-е... Ким?! — Пилдей көзү чекирейди Алмамбеттин.—Кан турганда, сендей кан атасы барында... кайдан келет кырк атчан бизге?!

— Ошо ханыңыз өзү чаптырсачы?

Сөз таппай калды Алмамбет:

— Өз элин өзү чабабы?.. — деди бир убакта.

Кырт-кырт күлүп койду Мусулманкул.

Жаркын айымдын үйү, жасалгалуу кең бөлмө. Жаркын айым али каралуу, жанында Ош бегинин «эрке токол» катыны Курманжан. Жай, акырын сөз жөнөтүшүп отурушат. Ортодо дасторкон.

Жаркын айым муңдуу:

— Мүйүздүү болобуз деп кулагынан ажыраган биз болдук. «Кан» болуп, минтип каныбыз төгүлүп отурабыз. Биздин көргөн күнүбүз ушу, бек айым...

Курманжан:

— Көп кейий бербең эми, жарыктык. «Төгүлгөн кайра толбойт, кеткен кайра келбейт» дешет экен го. Мындан наркысын оң кылсын, кеткендин кемелтесин өзү толтурсун кудай, өзү даргөйүңдө сактасын эми...

Жаркын айым:

— Бу ченелүү өмүр тынч өтсүн деген адамга «кандык», «чоңдук» дегендин такыр кереги жок экен.

Бу мааниге зарделүү Курманжандын көңүлү ынанган жок. «Коңулда жатып,тынч өлгөндүн касиети, куну эмне?!« деди ою.

Жаркын айым:

— Жаңы аттанганда абдан сүйүнгөн элек, жалаң эле жыргал болот ко деп болжогон элек...

Курманжан:

— Буга да шүгүр деңиз, канике, жаш да болсо баш болуп отурат бир уулуңуз!

Жаркын айым муңкүрөйт:

— Э-э, эми... шүгүр дебеске чарабыз да жок...

Курманжан:

— Эрезеге жетсе, эсине толсо... эки тизгин бир чылбырын өз колуна беришер...

Жаркын айым акырын улутунуп, бек айымын ийнинен өзүнө тарта кулагына шыбырады:

— Кудай билет, сиңдим, кудай билет. Дагы канн төгүлмөйүнчө бир жаңсыл боло койбойт ко деп корком... — Үшкүрөт. — Кулагыңа түйүп кой, кагылайын, биз жактан кабардар боло жүргүлө, бекке айт...

Эки айым көздөрүн сүзө, былк этпей, кобыз күвүнүн сыйкырына арбалып, дем тарта албай калышкан таризде. Кобыз тарткан керилген бир көркөм кыз, те бир көөнө заманда ааламдан жер үйүк, адамдан жараткан менен өрүлүшкөн улук рух издеген, анын тереңине, туу чокусуна жетмекти көксөп өткөн Каркыт атадан калган керемет күүдү сызылтып отурат.

Бири өрүк комузун, бири узун моюн дүтарин көкүрөктөрүнө кармашып, жанында дагы эки кыз бар.

Күү муң — бул дүйнөнүн көйүн, түйшүгүн, тилеги менен арманын, кейиши менен кубанычын, ыры менен ыйын бир коштоп, күү ыргагы түркүндөн түркүн кубулжуйт.

Канике айым унчукпай, көз жашы төгүлүп отурат. Улагада дубалга сүйөнүп турган бейсакал, арман анын да көңүлүн козгогон, каникесин улам тиктеп, кемшиңдеп, кайгысына аралашып, өзүнчө үнсүз ыйлап турат.

Күү этеги өксөгөндөй, коңур тарта, онтогондой, асыр өмүр арты бир боз туңгуюкка сөңгөндөй. «О, опасыз дүйнө ай... эң акыры түпсүз чексиз муң дайра болуп агып өтмөкпү...» дегендей.

Эми үкүлүү кундуз тебетей кийген кыз өрүк комузун күүлөп, кобыз муңуна кошо аккан эки айымдын көңүлүн алаксытып, шаңдуу комуз күвүн баштады. Күү токтоо ачылып, улам күчалып, мукамга мукам жалгашып, улам жаңырып, улам көтөрүңкү дүңгүр кагып, дөөлөткө мас Бек Арстан менен дымактуу сулуу Ак Мактым кыздын эрк салыштырган эрегишин баян этти.

Курманжан көзү жайнап:

— А түзүк, —деп мактап койду, — те бир... өткөн заман келет көз алдыңа... Өктөм буудан жоргонун жүрүшү, үстүндөгү дүйнөгө карк болгон, дөөлөткө мас, алдын тоскон балээни тоотпой манчыркаган адамдын зардеси сезилет..

Эми дүтарчы кыз дүтар менен коштоп, алыска кеткен сүйгөн кишисин күткөн, күтө-күтө зарыккан келиндин сагыныч ырын ырдады.

Жаркын айым үшкүрүп гана койду, Курманжан:

— Караң, — деди көңүлү эргий, — байкуш аял затынын көңүлү не деген айтып түгөткүс керемет?! Чанда эркек билсе билер, билбесе жок, кызылды көрсө кылтылдап жүрө бермей көрүнгөн жерде, аттиң ай!..

Чүкө ордо оюну бүткөн. Үч кайталанып түй тигилип ойнолуп, үчөвүндө тең түйга жетпей калышып, жаш хан баш болгон өнөк утулган. Миңбашынын эрке уулу Абдырахман баш болгон өнөк Ош бегинин чертмечили менен уткан.

Байге сайган миңбашы эң оболу оюнчулардын ичинде наразылык бары-жогун сурап, эч бирөө наразы эмес экенин угуп, көңүлүн жайлап алган соң коюлган байгени бергизди. Байге башы миң дилде! Уткан өнөк он оюнчуга жүздөн бөлүп, колмо-кол таратып чыкты казынабашы. Ар бирине бирден токулуу жорго, камчылары ээрлеринин кашына илинип коюлганы, миракырдын колунан алышары айтылды. Уткан — утулганына каралбай жамы оюнчуларга бир жумалык үлпөт — күнүгө согум, күнүгө ыр-күү, күнүгө ар түркүн оюн! Бу дагы миңбашынын өз оозунан жария болунду. «Куп жакшы! — дешти баары. — Жорго го жолдон кезикмек, үлпөт кайдан табылмак?!» Балбан күрөштөн башталды оюн.

Чүкө ордо салынган как жер. Бир бетте жаш хан — бир жагында теңтушу бекзаада Абдырахман, бир жагында дагы бир жаш өспүрүм, өзү курак. Бир бетте миңбашы — бир жагында алп сөөлөт Алмамбет, бир жагында бек Алымбек.

Чүкө ордо ойногон бектер, аскер адамдары, кадырман ордо кишилери, аянт айланасына салынган килемдерде өз тобу, өз ымалалары менен.

«Кимдин балбаны мурун чыгар экен...» дешип, бир тобун бир тобу акмалашып, ала келген балбандарына чоң чепкен жамынтып, дымын чыгарбай отурушат.

Күрөш миңбашынын каалоосу боюнча «сүрмө» кылынды. Бу эки жактан балбан чыгарып жаатташып отурмай жок деген кеп. Кай тараптан болсо да балбан чыга бермей, жыгылса туруп кетмей, жыкса байге алмай, кайра күрөшүп, дагы жыкса дагы күрөшүп, сүрө бермей.

Бир убакта эки киши эки жагынан коштоп, жайма- жай каалгый басып балбан чыкты. Дүр-р этише карап калышты отурган көпчүлүк. Башына шайы белбак таңынтып, үстүнө көйкөлгөн карала кымкап чепкен жаап коюшкан. «Кана, өлөм дегениң бери чык!» дегендей айлананы акырын сыдыра каранып, кашы чимирилип, эки көзү кантапаган, кектүүдөй, адамды аяр түрү көрүнбөйт.

Күрөш башы:

— Кана, ким чыгат?! Барбы эне тууган бир азамат?!

Эл дым.

Четте турушкан эки адам төбөлөрү бириге кала күбүрөшөт. Бири: «О-о... Ким даап чыгат буга?..» Бири: «Бу ордонун баккан балбаны Таш-Палбан...»

Байге берилери айтыла баштаганда тыяктан бирөө тура калды да, чепкенин ийнинен силкип таштап, ортого жүгүрүп чыкты. Дуу-дуу түйшөлдү көпчүлүк.

Таш-Палбан тешиле тиктеп, эрини ачуулуу кымтыла карала кымкабын силкип таштап жулуна басты. Тиги да тайманбай тике келди.

— Ай... ай... палбандар, чарпышып кетпегиле, тыякта өкүмдарлар отурушат, ыйбаа кылгыла... —деп, күңкүлдөп, коюн-колтук алыштырды.—Омийин, аллау акибар!

Кийинки чыккан палбан бир-эки силкишкен соң аярланып боюн качырып калды. А багылган палбан кудум букача дүпүрөтө сүрүп, майыштырып, бир убакта тегеретип-тегеретип, ыргытып таштады. «Алгыла!» дегендей эки колун бир көтөрүп, өрөпкүп, нары- бери айланып басты.

Кай бирөө мустарап, кай бирөө палбан чыгаргандан чоочуп, кай бирөөлөр «Жашаң, Таш-Палбан!», «Аз- замат Таш-Палбан!» дешип, кыйкырык салып турушат. Мусулманкул кабагы жазылып, башын ийкеп отурат. Алмамбет көз албайт.

Күрөш башы палбанга карала кымкабын кайра жаап, аны карыдан сүйөй коштоп басып, колунда мис табак, элди кыдырата баштады — бу байгеден башка кошумча чогултуу салты. Мис табакты кыңгыр-кыңгыр эткизе алтын, күмүш теңге түшө баштады.

Ошол учурда көпчүлүктүн арасынан дагы бир палбан чыга келди. Таш-Палбан бир ормоё карап, ошол замат карала кымкабын дагы силкип таштап, алдын торой жөнөдү. Күрөш башы белдештиришке үлгүрбөй, тебелендиде калбас үчүн өзү ортодон чыга качты. Жаңы палбан бошоң эместей, эки жактан жер челишип, марашып, бирин бири тооруй тегерене басышып, бир убакта тикелеше бири бирин силкип ыргытып, экөбү эки жакка жумаланып, тең тура калышты кайра.

Дуу-дуу, сүрөөн:

— А-а, күрөш деген болмой болду мына!

— Йа-а, жигит пири Шаймерден!

— Карма-а, Таш-Палбан!

Сүрөөн эрдемситип, Таш-Палбан качыра кармап, белбактан ала так көтөрүп, кудум буурача бакырган бойдон бир-нече жолу тегеретип, анан башынан ашыра алдын карай уруп жиберди, а тиги мышыктай бутунан түшө жыгылып барып оңолуп, кайра тажаалдана качырып келди да, килейген Таш-Палбанды белбактан ала өзү боюн качыра тегеретип ыргытып салды. Таш- Палбан аласалып, сыңар тизелей жер таянып, боюн токтотуп калды.

Демигип, көзүнөн заары чачырап, акырын өйдө болуп келди Таш-Палбан. Бу баланы оңой ала албайт окшойт ко?! Тике качырды тиги, Таш-Палбан боюн ала качып, буйтап, тиги эрдемсий өмгөктөп келгенде шап моюндап, тизелей бүт салмагын салып ныгырып басты, а тиги улам көтөрүп турат кайра.

Үн жок, баары тымтырс.

Таш-Палбан эч коё бербей, улам силкип муунта берди. Тиги бошонууга аракет кылат. Бошонтсо эле ага экинчи мындай ык келбесин билген Таш-Палбан карышып калган.

— Бу... бу күрош эмес...—деди күбүрөй Алмамбет.

Диркиреп кан кетти мурдунан.

— Бу... буунтуп өлтүрүш...—деди Алмамбет ирейи түктөйүп.

Күрөш башы ажыратмак болдубу, жетип барды, бирок чоңдор тараптан «Жөн кой! Кармашсын...» деген үн угуп, жалт бере чыга качты.

Мурдунан кан кеткен балбан улам бошоң, а Таш- Палбан койду баскан карышкырдай кыжынып, тиштенип, улам силкип, улам булкуп тизелетип сүйрөйт. Эси оодубу, жан кеттиби, балбан сүйрөлүп калган ченде тажаал Таш-Палбан сулатып таштап, басып кетти. Эки колун көккө көтөрө өрөпкүп, эки көзүнүн агы чыга чакчаңдап, дагы кирген буурача бакырып- бакырып алды.

Коштогон кыйкырык жок, аңы учкандай, кимдир бирөөлөр күбүрөшүп калышты:

— О-о...

— Жан алгыч ко бу?!

— А бирак... өзү ар-раң калды моюндап...

Күрөш башы Таш-Палбанга карала кымкабын кайра жаап, мис табагын кайра тегеретмекчи болуп калды. Ошол учурда Таш-Палбанга:

— Эй! — деп үн берип, обдула калды Алмамбет. —Эй, бери!

Мусулманкул кыя карап, акесинин мыжыга кармаган эки тизеси калчылдап турганын сезди.

Йе, ага мынча орой сүйлөгөн ким?! Таш-Палбан бери карай атырыла басты, эрке талтаң болуп алган неме, миңбашыны да көзүнө илбей эки этегин далбактатып келип:

— И?! — деп зекиди миңбашынын акесин. — Эмне?! Күрөшкүң барбы, чык! Чал..

Алмамбет:

— Ме! — деп күрөктөй колун ага суна берди.— Күрөшкөндү эмне кылат экенсиң сен?! Ме! Тартып тургузуп эле кетсең — сеники мөөрөй!

Шап кармады Таш-Палбан, күчүркөнө бир силкти—былк этпейт «чал», көчүгү кыймылдабайт.

— И-и?! Ата көйү!.. —деди Алмамбет кыжырлана күлө. — И-и, арманың калбасын, силкип ал! — Тиги эми «чалдын» кычкачтай кармаган колунан колун чыгарып кетишке

аракет кыла баштаганда: — И-и, болдубу?! Силкип бүттүңбү, күсталак?! — деп кекетип, жини кычап, күчүркөнө көчүгүн бир көтөрө кала бир силкип, эңгезердей балбандын башы алдына кире түшкөндө желкесине капшыра кармап, эки жолу жер сүздүрүп, чекесин канжалатып салды. — Палбан тубайсыңбы а?! Баатый тубайсыңбы а?!

Коё берди. Таш-Палбан тытылган чекенин канын аарчышка шайы жок, «чал» кармаган колунун бууну билегинен ажырап кеткенби, ооруксунуп, бети- көзү тырышып, бир жаман сөз айтчудай тоорулуп калды.

— Бар эми ушунчаңда, баатый, — деп койду Алмамбет, жарпы жазыла, шылдың кыла, а эки көзүнөн эски өртү жанып алган, тигинин дагы бир кайрат кыла кол кайрышын самап турат.

— Эми өлөсүң...—деди акырын зекий Мусулманкул өзү ордодо бактырган палбанына. — Жогол...

Билек бууну ажырап кеткен колун көкүрөгүнө басып, артын каранбай кектүү кетти Таш-Палбан.

Кана, ким кимисин мактайт?! Балбанды муунтуп сулаткандыбы, же аны жер сүздүрүп таштаган дөө «чалдыбы»?! Көрүп турган көпчүлүк дым — көбүнүн көзү чакчайып, көбүнүн оозу ачылып, а кай бири тымызын ичтен кубанган окшоп, тиштери эле кашкайып — баары кашкайып — баары тик туруп калышкан.

Те баягы четтеги экөвү дагы төбөлөрү бириге акырын күбүрөшүп турушат. Бири оозунан ашык сөз чыгара албай, «...а-а...» деп, кылтыя суроо менен тиктейт. Бири башын ийкейт: «А-а, энди...палванлары йам өзүнүкү,«акаси» йам өзүнүкү...»

Унчукпай ордунан турду да, «акесин» дагы калдайтып катар бастырып, эл көзүнөн чыгарып кетти Мусулманкул. Тигиндейрек көпчүлүктөн бөлүнгөндө:

— Бу...—деп, токтоло калды, — аке...неге мынча жаалданып кеттиңиз, жарыктык?..

Күрөш дейсиңерби ушуну?! — деп жиберди Алмамбет. — Муунтуп өлтүрмөй го бу?! — Кейий сүйлөдү. — Жыгылганын колунан тартып тургузмай бар— күрөштүн салты. А бу ынды караң күрөшүп жыкпай, муунтуп жыгып өлтүрүп, андан — калса, күсталак, жаны жок жатып калган немени башынан аттап кетти го?! Көпкөн...

Башын ийкеди Мусулманкул:

— Өлсө ажалы жеткен бир киши өлөр, жакшы окуя болбой калды, бирак.

Кан казына.

Жаш хан Кудаяр, саал алдыда, бир жагында «кан атасы» Мусулманкул, бир жагында тагасы Алмамбет.

Аккүп жөжөдөй бужүрөп карыган казынабашы майда-майда кадам менен бөжөңдөп тез-тез басып, түркүн дүнүйөнү көрсөтүп, кээде гана кыска-кыска түшүнүк кылып, кыдыртып жүрөт.

Дайыма катылып жатчу дүр-дүнүйө ал күнү атайын азиз мейманга көрсөтүлүш үчүн темир сандыктардын оозу кең ачылып, жайылып коюлган экен.

Казынабашы:

— Мына булар көпкө белгилүү дүнүйө — уюткан жамбы, куюлган тайтуяк... А бу ак бермет... бу көк бермет... адам колунан жаралбайт, те алыскы Индстандын көк мухитинин түбүнөн табылат бир табылса... А булар шуру.. ак булуттарды жиреп учуп жүргөн аккуулардын жемсөвүнөн гана алынар... Мына булар каухар... жарыктык таш бүткөндүн шам чырагы...

Мына, азгырык дүнүйө деген ушул белем, хандын да, бектин да эки көзү төрт, жылдыз болуп күлүңдөп, көгүлтүр шам болуп үлбүрөп, кээде чакмак таштын кыпын отундай жылт-жулт күйгөн дүнүйөгө байланган.

Эң башы буларды да бир бечара иштерман канынан кырып, теринен буулап тапкандыр, меники деп, ач көздүктөн көздөрүн чакырайтып эртели-кеч тиктеп да отурган чыгар. Эми ал миң жылдар өтсө былк этпей, сөөгү сөпөт болуп, жер алдында жаткан чыгар. Бапасыз дүнүйө... Бүгүн бирөө ээлик кылса, эртең кожоюну башка... адамдардын теринен кайталанып, табылып, канына сугарылып, кызгылт түс алган дүнүйө... Эрлердин башын, хандардын тагын жеп, жерди топон кылып тепсеп келген... кан жыттанган, ар бир жылт этишинен жесирдин ыйы, муңу угулуп турган дүнүйө.

Кудаяр-хан кызып манаттан жеңдери көлбөөрүгөн узун, жалаң чапан кийип, чымкый көктөн чалма чалынып, акырын басып дем тартпай анын да көзү алтында. Мусулманкул көлөкөдөй түнөрүп анын оң кол жагында, сол жагында Алмамбет барат. Казынабашы кирпиктерине чейин агарып, ак күп жөжөдөй бүжүрөп карыган адам, ал жалтыраган кашка башын бир жагына кыңыр алып, колундагы шамын жогору көтөрө берип дүнүйөнүн тарыхын, кайсынысы жортуулдан түшкөнүн, кайсы жылкы элден жыйган зекеттен чогултканын же кайсы бектен тартуу болуп келгенин бежиреп сүйлөп келет. Алмамбет аңкайып, тегерене каранып, тиги казынабашынын сөзүн эңкейе калып, берилип тыңшайт, таңыркайт, баш ийкегилейт.

Жаш хан бая күнү шыйрактан алган «тагасын» эч тиктебейт, сырт салып, жүз үйрүп терс айланып басып жүрөт. А алп сөөлөт чал аны боло берчү майда бирдеме сыяктуу эсинен чыгарып койгондой, көңүлү жай, «хан жиенинин» сырт салганын деле байкабайт.

— Аке, — деди Мусулманкул акырын, — «тагам казынабыздан куру чыкпасын» дейт хан жиениңиз.

Кудаяр-хан жалт карай берди, көзүндө «мен качан айттым эле?» деген таңыркоо. «Тек бол...» дегенди туйдура кабак чытып койду «хан атасы». Тим болуп калды Кудаяр-хан.

— А-а... Мейли... — деп койду камырабай «тагасы».

Казынабашы гана камтама, алп сөөлөт чал улам бир асыл дүйнөнүн жанына келгенде аны асте тиктеп, башка жакка алаксытышка аракет кылып жүрдү.

Казынабашы:

— А бу ат жабдыктар... чылк күмүш, тилла чабылган... зергердин өнөрү өзүнчө бир баа... Бир ат жабдык он аттын куну...

Өзүнчө күңгүрөнүп алды Алмамбет. «Э-э... куусаң жеткирген, качсаң куткарган атка баа, кун барбы?!» деди.

Бир убакта Мусулманкул турпаты бир карыча келген алтын бурканга карашалап, акесинин көңүлүн атайы буруп калды. Алмамбет эңилип тиктеп, таңыркап:

— Кишинин кеби экен а?.. — деди, колуна алып, балача кызыгып имерип көрүп, анан өйдө экчеп, кайра экчеп.

— А-а, эми, бу... — деп, казынабашы «мааниси деле жок бирдеме да» дегенди туйдуруп, эптеп алаксытып алып кетишке аракет кылып калды. — Будпарастардын кудайы[1] имиш, убагында Амир Темир Индстандан олжолоп келген экен.

Алмамбет бурканды ордуна коё коюп, акырын алаканын кагынып алды:

[1] Будпарас — Буддага сыйынган киши.

— Тоуба! Кишиге окшош болобу кудай? — деп, астейдил таң калды. — Ыя, өзү кудай болсо, анан олжолонуп жүрсө?!.

Көзүн кылыйтып тиктеп турган Мусулманкул:

— Кеп, аке,—деди, — мунун будпарастардын кудайынын кебетеси экенинде эмес, кеп мунун баасында! Бу чылк кызыл алтындан куюлган, бу байлык, бу...

Таңдайын «шык» эткизип, таңыркап, айланта карады акеси. «Ушуну кармап чыгып кетпегей эле...» деп, казынабашынын эки көзү чанагына чыгып, дем тарта албай катып калды. А элети киши «Э-э... муну эмне кылат — минейин десең ат болбосо, жейин десең нан болбосо бу..?» деп ойлонуп турду да, анан көзү башка жакка ооп, калдайып басты.

«Ия, кудай сактоочу эдиң сактадың!» деп, сүйүнгөнүнөн башын салбырата чайкап, башкаларга байкатпай өзүнчө үшкүрүп алды.

Куралканасына киргенде, шагырап тизилип турган мылтыктарды, сабы күмүштөлгөн кылычтарды, шалдыраган көк темир зооторду бир сыйра кыдырышты. Мусулманкул эмчектешине эми ыраазы болбой тиктеп, токтоду:

— Көрдүңөрбү, булар орустан келген мылтыктар. Көздөй түз, кишинин башына алма коюп атууга жарайт!

— О-о... Кишиге тийбей так алманын өзүнө барабы? — деп астейдил аваз кылды Алмамбет.

— Ар кандай макулукту... мисалы, кийиктиби, адамдыбы алда кайдан көзгө атса болот муну менен.

Алмамбет кере кулан чоң далысын күйшөп койду:

— А... биз кийикти тузак коюп эле илинтип алабыз. Мунуң тарсылдаса тоодо кийик калабы, үркүп бир жакка ооп кетишпейби! — деп андан нары басты. Мусулманкул артынан башын чайкады. Манатканасына келгенде Алмамбеттин көздөрү жалтылдап, оозу ачылып калды.

Түркүн түстөгү манаттар, кытайдан келген шайылар, орустан келген булгарылар, ак киштин, жолборстун терилери, аюу талпактар илбирстин катырган кеби бурчта катырылган калыбында турат. Түрдүү кымкап, кашкардын сарала бейкасам чапаны, чийини көз талдырган фарсы, букары килемдери, ар кандай маталар тайы бузулбай жатат.

Алмамбет сарала, көгала болгон кашкары чапандардын жанына барып токтоду, көпкө тиктеди, ар кимисин бир кармалады. Тигишин жымылдата кармап, кабыгын калкытпай чебер иштелген чапандар анын көзүн арбады.

— Алың, алың, тага!..— деди Кудаяр-хан.

Мусулманкулдун эриндери бекем кымтылды. Алмамбет аны байкаган жок, хан ал дегенден кийин токтоп турбай, сарала чапандын бирин казына башынын жардамы менен ошерден эле кие баштады. Мына, сарала чапандын бир жеңи батып... бир жеңи колтугунан ылдый айрылып түштү... Алмамбет менен казынабашы кантерин билишпей, бирин-бири тиктеп селейип калышты. Казынабашы шашып кетип, дагы бир сарала чапанды апкелип жаба койду.

— Тарт! — деди Мусулманкул кумсарып. Казынабашынын жаны чыгып кетти, көз ачып жумганча Алмамбеттин үстүнөн чапанды сыйрып алып, бүрүшө кетенчиктеди.

Чокчо сакалы эрбейип, аны сайын селдейди Алмамбет.

— Хан сөзү бир болот, — деди Мусулманкул үнү муздап. — Ушунча дүрдүнүйөнүн ичинен бир ылата колуңузга тийсе, ал да жонуңузга батпай айрылып калса, ушунча дүрдүнүйө казынадан кудаанын сизге эчтеме буйрубаганы!

Ушундан соң Мусулманкул эмчектешин ордо кишилерине, кеп-кеңешине аралаштырган жок. Кайтмакчы болгон күнү гана тууганды жободон чыга албай, кичи пейилдик үчүн гана ага биртке көңүл бөлгөн болду.

— Аке, — деди ал өкүнгөндөй, — сизди Наман-енге бек кылайын десем, билермандардын бир даары болушпады. «Акеңиз өзү топостой жапан киши экен, ушул эл башкара алабы, өз башын жакшы асырап алса да куп кеп» дешип күлүп коюшту, — деди, ушул сөздү айтып Мусулманкулдун өзүнүн да ууртy тартыла түшүп, кантер экен дегенсип, Алмамбеттин турпатын бир чаргып алды. — Кантейин... Ушундай дешип турат.

Алмамбет колун шилтеп салды:

— Кой, мени кыйнаба. Намангенге барып, бек болом деп, чиркей менен бүргөгө таланып жатар алым жок. Кой, ошо кызыкдар болгондорго бере бер! — деп чынын түз айтты.

Миңбашы Алмамбетти Намангенге бек кылуу тууралсында эч ким менен сүйлөшкөн эмес, а түгүл өзүнүн оюнда да жок болучу. Кечеги аңкоолугу үчүн аны өмүрүнө бир арман болгудай кылып, ойго бастырып коймокчу эле, бирок, Алмамбеттин астейдил жообу кайра өзүн ызалады, жинин келтирди.

— Болуптур, аке, сизди бий кылдым!

— Өзүбүздүн элгеби? — деп сурады Алмамбет.

— Жок, элге эмес...—деп күлдү Мусулманкул табалап.—Өзүңүздү өз башыңызга бий кылдым!..

Тиги түшүнбөй ойлонуп калды:

— Кандай?

Мусулманкулдун таноолору кыпчылып, заары бетине чыга түштү, ал өзүн өзү токтото албай кетти:

— Ошондой! Өз керт башыңызга гана ээсиз!

Ушул бойдон Алмамбет хан ордосуна каттаганын койгон. Ага «өзүнө өзү бий» деген кошумча ат илешип калды, бирок ал аны элес албады, кыйытып айткандарга таарыныч да кылбады, мурдагысындай эле Күрпүлдөк — Сайына көжөлүккө ак жүгөрү айдап, токойдон элик, кийик илинтип жеп, эркин турмуш кечирип кала берген.

Жоодар чөптөр ат көмүп, аюушашыр, кулунчак ак баш алып, эл жайлоолорго тарта жайдын толуп турган чагы эле. Кокондон тополоң дагы чыгыптыр деген кабар дүң болуп кетти. Кулактар делдейип, ар кимдин оозун тиктеп, пас жактан бир караан чаап чыкса, жабыла атка чуркашып, кооп андан артты.

«Өзүнө өзү бийдин» үйү эгин-тегин кылынган Күрпүлдөк-Сайдын бөксөсүндө эле. Бир күнү бир чоочун киши келип калды, ирецн боз, аты арыган. Таанадыбы, не боолгодубу, кичине күлүмсүрөп, атынан түшүп: «Саламат жүрөсүзбү, ава?..» деп, жылуу учурашты. «Ордодо көрдүм эле сизди...» деп койду акырында. «И, келипсиң?» дегенди сездирип, ээгин акырын экчеди «авасы». Тиги акырын бирдеме деп күңкүлдөдү, «авасы» ага эңилип турган калыбында башын ийкегилеп укту. Тиги акырын аттанып кайра бастырып кетти.

Түш кыямда Ойнок-Таштын белине чыкты Алмамбет.

Ал өзүн араң көтөрүп келген ат үстүндө эки санын таяна үңкүйүп, айланага арыта көз салып токтолду. Балтыркан ат боюнан өтүп, ак баш болуп, кымыздыктар гүл ачыптыр, көтөнкуурайдын жыты желге учуп каңшар жарат. Гүл соргон бал аарылар те алыстан кара чекит болуп келип, зың деп кулак түптөн жанып, кайдадыр шашып өтүп жатты. Капталдагы куу арчанын башынан жалгыз күкүк муңканып, чарчаңкы үн салууда. Өтөгү күдүрөйгөн жаңгак, ак чечектүү бадал. Суулары ар сайынан зергердин созгон күмүшүндөй жылтырап, тоолордун тутумдары мунарык тартып, көк шайыдай асман танабына жалгашып, ал жопарада адам шарпасы жок, ээн-элкин кеңирсип турат...

Демиге ичин уруп, ооздугун шылдырт эткизип турган аттын кулагы тикчие түштү да, ат бир шарпа сезгендей, тикийип сай жакты тиктеп калды. Аңгыча балтыркан башы былкылдап, кобур үн жетти. Алмамбет тизгин бурду. Бет алдынан шырыктай болушкан эки азамат чыга түштү. Колдорунда мылтык, белдеринде кылыч, салам айтышты. Алмамбет баш ийкеп алик алды.

— Быякка жүрүңүз...— деди жигиттин бири үңкүрлүү таш жакка карай. Ошол бойдон унчугушкан жок, үчөбү үңкүрдүн оозуна барышты. Бут жарактуу, жыйырмадай жигит отурушкан экен, жашы улуу адамды көрүп, дуу тура калышып, колдорун көкүрөктөрүнө ала беришти:

Салам ордуна баш ийкеп, атынан түштү да, түз эле үңкүргө барып, ичкери башбакты Алмамбет. Үңкүрдүн төрүндө аюушашыр төшөтүп, анын үстүнө ат көрпөчөсүн салдырып, малдаш урунуп бир адам отурган. Башында көрпө тебетей, үстүндө эскилөө быязы чепкен, кандайдыр жупуну тартып, алыстан жер кезип, соода кылып жүргөн кызыл кулак мырза өңдүү. Үңкүрдүн караңгысынан аны Алмамбет ким экенин ажырата албады.

— Кайда? — деп, акырын сурады Алмамбет отурбай. Эч ким унчуккан жок, тургандар төрдөгү тердиктин үстүндөгү кишиге кыйылып, алдыртан тиктеп калышкандай болду, бир оокумда дагы эле өйдө карабай:

— Таанылбай калыптырмынбы? — деди. Ошондо Алмамбет эңкее карап шашып кетти:

— Ой, сенсиңби? — деп, колун сунуп, карбаластап туш келди отура калды, баятан үңкүрдүн оозун бир кучак алп далысы калкалап турган эле, ал отура калганда, жарык сүттөй чачырап, үңкүрдүн төркү таштарына чейин жабыла берди. Мусулманкулдун чыйыйган күйүттүү кабагын, жылтыраган кыйык көздөрүн Алмамбет эми таамай көрдү. Сөздү эмнеден баштарды билишпей экөбү тең салбырап отуруп калышты.

— Гм... Ушинтип айлыңызга келип калдык, аке! — Мусулманкул биртике ыкшалып, жылмаюуга аракет кылып.

— Эчтеме эмес, укем... келсең болуптур...— деп, акеси жер тиктеп калды. — Өзүң көргөн жер, өзүң өскөн эл...

Мусулманкулга бул сөздөр табадай угулду, көңүлү ооруду. Кантсе да эмчектеш го, кайгырып, кара чапан сарттарга тиш кайрап: «Эчтеме эмес, кыргыздын атынын такасы кайларга түшпөгөн, кыргыздын кылычы кайларга шилтенбеген, көрөбүз!» деп күпүлдөп, жубатат го деп ойлогон. Ошол бойдон унчукпай койду. Ансыз да сөзгө жок Алмамбет айтарга бирдеме таппай, андан ары ошерге өзү батпай калды. Ал карбаластап ордунан турду.

— Гм... макул... Мен барайын...

Мусулманкулдун кыйык көздөрү чакчая түштү, ал көзү мындай чакчайганда

«Желдет!» деп чаңырып жиберчү азыр анте алган жок, тек эрдин кесе тиштеп:

— Өзүнө өзү бий өзүн өзү билет!..— деп бүрк этти да, жүзүн үйрүп, жерге жаздана кетти. Алмамбет үңкүрдөн эңкее басып чыга жөнөдү, артынан: «Ишенген кожом сен болсоң, калдайган селдеңди урайын...» деп, Мусулманкулдун күңкүлдөп сөгүнүп калганын кулагы чалбай тынч аттанып кетти.

Алмамбет үйүнө барды. Ой басып, зор далысын дүңкүйтүп эки бутунун ортосун тиктеп салбырап көпкө отурду. Эмне кыларын билбеди.

Абил эртеси эртеменен ал кезде жаш өспүрүм Бекназарды ээрчитип келип калды. Абил баягы шыңга жигиттиктен өтүп, жашы кыркка чамалап, мүнөзү да токтоо тартып, денеси толуп, капкара мурут, сакал күтүп, киши болуп калган. Ал төргө чыгып, бирткелеп аманчылык сурашкан соң, каштарын өйдө жыйра Алмамбетке карады:

— Аке, — деди ал ынтаалуу, — Сиз уккан жоксузбу, биз жакка аталык качып чыгыптыр дейт ко? Алмамбет үңкүйүп отурган бойдон:

— Үңкүрдө жатат...—деди күңк-мыңк.

Ыразы болбой, эрдин кымтып, өз тизесин муштанып койду Абил.

Булар эки атанын балдары. Алмамбетке жараткан дөөнүн күчүн берген, бирок аны ал жашоосуна керек кылган жок, бар болгону, тоонун боорунан кийинкилерге аңыз болсун деп жаткан тайдай чулу кара ташты колтуктап жүгүрүп келип Күрпүлдөк-Сайдын башына как жолдун боюна таштап койгон, ушул убакка дейре аны ордунан козгоого жараган бирөө боло элек, сөз келгенде өмүрүндө бүтөргөн бир зор иши катары дайыма кеп кылып жүргөнү ошол. Жаш кезинен бийликке кызыкпады. Мына жашы улгайды, айыл аксакалы болуп, эттүү жерде чарабашылык кылып,
лөкүйүп өтуруп алып эт бөлгөндөн башка менен иши жок, момундун күнүн кечирип келет. Бий Абил.

Абил Нүзүп аталыктын сөөгүн Жар-Мазар бейитине жашырып, өзү жагына караштуу аскерди бүт эрчитип алып ордодон баса берген эле. Келип элетти Нүзүптүн кегин куушка көтөрдү, кол баштап Нүзүптүн кылган ишин кылууга умтулду. Бирок, ордо тез арада Кожомуратты датка атыктырып, Кедейбайды Намангенге бек кылып жиберди да, элет үч аран болуп, Абилдин колунан эчтеме келбей отуруп калган.

Ичи жылыбаган пирине кулдук кылабы? Мусулманкулдун алдына Абил бир да жолу барбады. Бирок, элет ичинде Абилдин кадыры даткалардан кем болгон эмес.

— Аке, кандай кылабыз эми?.. — деди Абил ойлуу. — Не кылган менен, эмчектешибиз экен. Бизди туугансып, арка тутуп келгендир.

Алмамбет шалдырады:

— Кантип батырабыз?.. Жүргөн бир жалгыз аяк бечара болгондо... Мусулманкул болсо өзү...

— Баралычы, сүйлөшөлүчү... Кандай болуп качты экен, эмне болуп качты экен... Анан көрөрбүз эмне кылышты...

Чоң шашке ченде бир жигитке кымыз жүктөтүп, бышкан козу бөктөрүнтүп, Бекназарды ээрчитип, Алмамбетти алдына түшүрүп алып, Абил Ойнок-Таштын кайкысында болду.

Үңкүрдүн оозунан созолонуп чыгып турган көк түтүндү көрүштү.

— Бар экен...

Темине, камчылана жүрүп беришти. Тигил жактан аттарын токуп аттанышка камданып жатышкан. Мусулманкулдун жигиттери булардан көз албай карап калышты. Жакындашканда Абил озо бастыра келип, салам айтты. Мусулманкул үңкүрдүн оозуна чыгып турган экен. Ал көздөрү ичимтабырак кымырыла ууртунан аяр жымыйган Абилдин колун алып, боолгологондой тигилип тиктей берди.

Абил жөн сурашууга өтпөй туруп эле, эки жагын бир айланта карап алып, ошол замат кейиштүү үн салып:

— О, катыгүн! Үңкүргө камалып... —деп жиберди да, оң колун көкүрөгүнө ала, аста ийилип, Мусулманкулга жол койду.—Кана, бек ага... ыракым этиңиз... Өйдо чыгып отуралы...

Мусулманкулдун бешенеси жайыла түштү, Абилдин нооча, сымбаттуу боюна көздөрүн дагы бир жүгүртүп алып, анан ыраазылык билдире башын ийкегилеп, алдыга басты. Алардын артына жигиттери дүрбөдү.

Ачык дөңгө чыгышты. Абил шакылдап сүйлөдү:

— Бек ага, өзүңүз балалыкты өткөргөн жер, өзүңүз өскөн эл, барын аябайт, жок болсо жок эле деп кайгырбайт, кудай буйруган ырыскысын жеп, эндекей жүрүшөт. Биздин салынар килемибиз, жазданар куш мамыгыбыз ушул көйкөлгөн гүлдүү шибер,

— А, эми... кудайдын атаа кылганы...— деп койду Мусулманкул. Абил кол жазгады:

— Кана, отуралы, ыракым этиңиз, бек ага!

Алмамбет сөзгө аралаша албай калдайып, алар көк шиберге отура беришкенде, унчукпай келип, төөчө колжоюп тизе бүктү.

Жаш жигит Бекназар кол чаначка тоонун кара көз булагынан суу апкелип, балтыркандын бутагынан кыя кесип алып кол чаначтын оозуна кошо кармап чорго кылып, андан куду кумгандан шорголологондой бүрүлдөтүп, Мусулманкулдун колуна суу куйду, алдына дасторкон жайып, таза бышкан баглан козунун этин шала-шала кылды, башын алдына тартты. Тик турган аюудай зор чаначты булкуп-булкуп буркураган жыттуу кызыл кымыздан улуулата сунуп отурду.

«... бий мырза го өзүнө жараша, сыйда... а бу балакайын көрүп ал... деп, качкын аталык тиги кең көйнөккө көкүрөгү батпай бели ичке, илбирстей ыкчам жигитке улам тымызын көз таштап отурду. Кымыз тынымсыз ичилди. Эт желди. Кеп узарды. Ошо тегеректе жүргөн чымчыктардын чири-чири үндөрүнөн көк чөптөрдүн баштарын кыбыратып ойноп турган атырлуу желдин канаты жараткан майда шоокумдарды тыңшап, унчугушпай да отурушту. Кайра сөзгө киришти. Бирок, эки жак тең сак болгонсуп, эки жагынын тең жүрөгүнө келип турган Нүзүптүн өмүрү жактан кепке гана өтүшпөдү. Булардын ысый албай турган көңүлдөрүн
ого бетер тоңдуруп коё турган жалгыз окуя ошол болучу. Аны Мусулманкул да түшүнүп, Абил да түшүнүп, андан атайылап экөбү тең качкандай болуп отурушту. Башка сыр калбады. Бара-бара ортодогу куру сыпайыгерчилик азайып, ортого таштаса боло турган ичтеги пикирин ортого таштап аздап чечиле беришти.

Өмүрүндө ноюп, чөгүп көрбөгөн катуу баш адамдын үнү каргылданып чыкты. Ал кымызга анча алдыргансып калды. Көөдөнүнөн армандуу үшкүрүк чыкты.

— Абил! Бекназар! Силер мен Кокондо турганда неге бир барбадыңар? — деп кайгырып сурады. Бекназар Абилди карады, Абил Алмамбетти карады, Алмамбет оңтойсуз абалга кабылып, кере кулач зор далысын үңкүйтүп, унчукпай отурду.

— Ырас, барбадык, бек ага. Чолобуз жоктуктан да эмес, чоочугандыктан да эмес, жол жоктуктан барбадык. Биз улуубуздан оозунуп төргө өтө албайбыз...

Мусулманкул түшүндү. Башын ийкеп, Алмамбетти бир тиктеп алып көпкө ойго чөгүп отуруп:

— Туткасыз эл болбойт дедим эле... Бар экен... — деди, дагы башын өкүнүчтүү ийкегилеп койду. Ал көкүрөгүн керип, улутунуп алды да, сөзүн алыстан баштады:

— Э... Мага асылган киши көп болгон... Бир мерте, баягы кабарыңар бардыр, өзүм көтөрмөлөп Намангенге бек кылып койсом, Мырзат деген шумшук Эки- Суу-Арасына туугандарга келген жеримде байкатпай кол салып, Төрө-Коргон аскерин бүт баштап барып кол салып, өзүмдү байлатып алып ордого алпарса болобу. А жанагы туз ургур (Кудаяр-ханды айтып жатат) алдаса шумдарга макул деп коюптур ошондо да. Ордого алпарды. Жаркын-аим арачы түшүп куткарып калды. Бирак, кутумдар амалымды алып, өзүмдү ордого экинчи катташпа деп кыштакка айдап жиберишти. А мен дагы кудай деген кул элем. Жыл айлантпай күчтү жыйнап туруп, Коконго жүрүш кылдым. Шумшук Мырзатты кармап алып, Кокондун чоң дарбазасынын башына астырып таштап, ордого кайра кирдим...

Алмамбет жер тиктеп, Абил кабагынан көз албай, баары тыңшап отурушту. Мусулманкул анда- санда көкүрөгү толуп кеткен демин чыгарып, улутунуп, каны ичине тартып томсоруп отуруп сүйлөдү.

— Душмандан дайыма сак болосуң. Душмандын душмандыгы белгилүү. А туугандын душмандыгын качан токмогу чокуңа тийгенде билет экенсиң. Өткөн жылы Нармамбет мага каршы баш көтөрүп калды капилеттен. Ташкендеги аскер гана эмес, Чымкенттеги, Сайрамдагы, Түркстандагы, Оулия-Атадагы сыпайларды өзү жагына тартып алып чыкты. Мен ордонун негизги күчүн баштап, туз ургурду кошуп алып, Нармамбеттин алдын тосуп бардым. Эки кол бетме-бет келгенде, туз ургур, кечки күүгүмдө байпастатып Нармамбет жакка өтө качып кетиптир... хан деген аты бар да. Хан Нармамбетке өтүп кетиптир десе, аскердин арасы кыйла тополоң болмок. Ошондо да багыма сыйындым. Жан адамга билдирбей туруп, таң тык салары менен, Нармамбетти селдей каптап кирдим. О... мен дагы кудай деген кул экемин! Нармамбеттин колун быт-чыт кылдым. Нармамбет качты. Уурулугу кармалган мышыктай бүрүшүп, алдыма кайра отуруп калды. Ошондо жок кылсам болот эле, ошондо тактан түшүрүп, тиги Бухарада тентиреп жүргөн Мала бекти чакырып алып такка коюп, бу ант ургурду көзүн чукутуп таштап, мусапыр кылып бир мечиттин ичине отургузуп салсам колумдан келет эле... Ха бышпаган баш!

Мусулманкул эрдин бек кымтып унчукпай калды. Баары унчукпай калышты. Бирдеме деп жубатышка эч ким сөз таппады.

Ырас, ордонун ич келишпестиги кийинки учурда күчөшү күчөгөн, себеби баягы эле, өкүмдарлык жеке бийлик көйкөйү. Буга, албетте, эрезеге жетип калдым деген хандын өзүнүн эки көзү төрт, а «аталык» болбосо да так ээсинин оң жагында болушту көксөгөн зарделүү бектер «так ээси» жакка тез оой башташкан. Же Мусулманкул «...эми эрезеге жеттиң, уулум, өзүң үчүн да, өлкөң үчүн да, өзүң жан карышта, журт алдында Да, кудай алдында да өзүң жоопкер бол...» дебейт. Ырк, баарын ыркка көндүрө турган ык, бу талаштын акыры эмне болору эч кимисинин көңүлүн өйүбөйт.

Ордонун биримдиги, өлкөнүн тынччылыгы «мен аман турсам гана болот» деп болжогон Мусулманкул, ошо «биримдик» деп, ар сөзүнө желдет күчүн, кылычтын

мизин коштотуп, ордону да, өлкөнү да былк эткен сайын сыккан темир чеңгел болуп кармаган. Сегиз жыл!

Оро-Төбө беги, Кошон беги, Ташкен беги миңбашынын бийлигине ыкрар[1] кылыштан баш тартышты. Көп өтпөй буларга «кыпчак» деген Маргалан беги Өтөмбай кушбеги[2] кошулду. А «так ээси» алар менен жашырын байланыш болгон.

Жакында Касым пансат баш болгон кутумдар ордого кирип, эптеп бирдемеден шылтоо кыла чатак чыгарып, карандай алка-жакадан ала мушташышып, Мусулманкул жаатын ордо сарайдан сүрүп чыгышкан.

Жаңжалдын аягын дагы эртеңки ыктуу күнгө таштап, дагы кымырылып, өзүнө караштуу кыпчак кошундарын тышка алып чыгып кеткен эле Мусулманкул. Кошунун Эки-Суу-Арасына жайгаштырып коюп, озү эскиден калган дос-тууганын иликтеп, тоо таянып келип турганы болучу.

— Вай, Өтөмбай!... Вай, Нармамбет!..—деп баш көтөрдү Мусулманкул, өзүнчө. — Бириңе Маргаланды бийлеттим, бириңе Ташкенди бийлеттим. Күчүгүндө бактым эле буларды, жетилип ит болгондо карачапандарга[3] кошулуп, кайра өзүмдү талады... Токто, эссиздер, токтогула!..— Ал калчылдап, жанаша отурган Алмамбетке колдорун арбайтып сунуп, өзүн жоготуп зиркилдеди. — Токто...

Эми силерди дарбазанын башына дорбодой салаңдатып асып коюп кирем, Коконго! Токто!..

Алмамбет таңыркап боюн качыра берди. Мусулманкул кайра эсине келе түштү да, шалк этип кайра отуруп калды.

... аргымак тандап ат жыйдым — буудан болуп бербеди,
азамат тандап дос жыйдым — тууган бопуп бербеди...

деп түтүнүн чыгарды, эч качан ноюбаган, эч качан мууну бошобогон катуу баш адамдын көзүнүн ичи жылтырап кызарып келип токтоду. —Э... жатын тебишпесек да, эмчек талашып эмишкен тууган элек. Ушу силердей иш билги азаматтар жанымда аз болуп, эми минтип... капканга чаптырган бутунун башын өзү кемирип жеп чыккан бөрүдөй жалтактап...—Ал үшкүрүп жиберди, кыйык көздөрү Алмамбетке кайгылуу карады. — Бу акебиз барчу эле, барган сайын «элде кандай жигиттер бар» деп сурасам «менден башка колго алары жок али» деп койчу эле... Э-э-э, эмнеңизди айтайын, бүт журтуна жеткидей дүнүйө алып кетсин деп атайы казынага киргизсем, о эмнеңизди айтайын, бир дүкөнчирик чапанга чаап... — Ал эрдин тиштеп өкүнө башын ийкегиледи. — Э! Ошондо эле билгем, сиздин түркөй, байымсыз жаман адам экениңизди...

Алмамбет күнөөлүүдөй салбырап отурду. Эң акыркы сөз сөөгүнө өттүбү:

— Э, Мусулманкул, айтасың... ар ким керегине чабат да. Ашык дүнүйө, ашык бийлик адамдын жанына жапа, башына балекет болот деген го бабаларыбыз...—деп тунжурады. — Нүзүп эмне болду? Өзүң эмне болдуң?..

[1] Ы к р а р — макул болуш, моюн сунуш.
[2] Кушбеги — даража, хандын куш таптоочу нөкөрү.
[3] Карачапан — түркчө сүйлөп кеткен, отурукташкан элди атаганы.

Мусулманкулдун көзү ачыла түштү. Көңүлүндөгү эң ооруп турган жерине тийди сөз. Ал эрдин бек кымтып, ичтен сыздап, оозуна сөз кирбей отуруп калды. Кайра кымыз сунулду. Мусулманкул кесени албады.

— Көп ичтик жуда... — деп койду ал. Ийин кага кичине улутунуп, жаак терилери тыржыйып, таарынгансып калды. Ал «тил билги үке жайкап коёт го» деп күттү. А тил билги Абил үкеси жайкабады. Сөз жалганбай, орто сууп кетти.

— Кимибиз кайда жүрсөк да, ал кудайдын кааловуна жараша, биз эмчектеш тууганыбыз, силерди бел тутуп келип отурам... — деп, кеп баштады Мусулманкул. — Дагы эле жаман эмесмин, дагы эле мүңкүрөп отуруп кала элекмин, бирак... эмчектештерим, чынын айтышым керек, ичкилик кыпчагым баягыдай бирдиктүү эмес, айттым го... биртке кара болуп, көмөк болуп бере алышат деп...

Салбырап үргүлөп кеткенсиген абалынан былк этпеди Алмамбет. А Абил көзгө дилгир, эмчектештин ар кыймылын баамдап, ичи өрттөнүп жатканын сезип, жадырап тиктеп отурат.

Бир убакта биртке козголуп:

— Эми... «көмөктү» эмне кыласың, Мусулманкул?.. — деп, майышып сурап койду Алмамбет. Мусулманкул атыла тиктеди:

— Ордону кайра албайбызбы, аке?!

Алмамбет:

—Э-э, болору болуптур, эми тынч жүрө бер да, Мусулманкул. Эмне кыласың элди бөөдө дүрбөтүп?! Чачыңа ак кирди — ордоң оодарылып калсын, эмне кереги бар сага?! Бийликтин эмне кереги бар сага?! Байлыктын эмне кереги бар сага?!

Мусулманкул чарт жарылып:

— Ой, аке-е! Ой, түркөйлүгүң ай! — деп, каткырып күлүп алды заар аралаш.— Киши кийикке гана кереги жок — ордо, бийлик, байлык. А жумуру башка абдан керек да, ку-уп керек да! Элдин бакиси эле киши кийик болуп, тентиреп жаңак терип жеп кете элек ко, ой аке?!

Бу эки «эмчектештин» кер-мур айтышканына астейдил кыт-кыт күлүп алды Абил, алма-телме тиктеп отурду, «...ар кимисинин ою өзүнө туура...» деди ичинен, күлкүсүн дароо тыйынып, анан эрдин кымтып ойлонгонсуй калып, Мусулманкулга атайы жадырап тиктеп;

— Макул, бек ага, бек агабыз кайра алды дейли ордону, эмне жакшылык иш бүтөрмөкчү бек агабыз? — деди муңайым, жумшактап, чын көңүлдөн кеңешкен таризде.

Бу суроонун арты катаал бирдеме экенин тушмалдап, бирок тигинин жүзү жылуу болуп турганына арбалып, Мусулманкул кабагы үйрүлө ойлуу тартты:

— Башкарабыз...

— Ушубу «башкарганыбыз?!» «Карачапан», «ичкилик», «тоолук» кылып, бир элди үчкө бөлүп, бирине бирин көкүтүп, бек ага, бул элдин душманы гана кыла турган жамандыкты өзүбүз баштап алган жокпузбу?..

— Бу баамыңы «туура» дебеске ылажы жок, Абил бий, — деди Мусулманкул, — үч эмес, төрт аран болдук! Теги башка, бирак бизче сүйлөп алган кишилер өзүлөрүнчө тымызын жаат — өздөй ордо иштерине аралашып, хандын ичине кирип алышкан, жиңкилдеп кызмат кылган болуп, баш ийкеген болуп турганы менен көңүлү башка.

Мына, төрт жакка чойгон төрт жаатты бирлешишке көндүрүп көр — макул дейт, кылбайт — тилиң тешилет, каның кургайт!

Баш ийкеп койду, ынанды Абил бий:

— Башка арга издеп көрбөппүз да, аттиң ай?!

«Кандай арга бар эле?..» деди Мусулманкул көңүлүндө, ачык сурай алган жок, тигинин өзүнөн маани күткөндөй элтейди.

Абил:

— Бек ага, — деди акырын, — балээнин баары - бийлик эки бөлүштү болуп турганында го — бириң «хан», бириң «аталык». Же кайран Нүзүп агабыз да, мына сиз да «хан» көтөрөрүн көтөргөн соң эки тизгин бир чылбырын өзүнө берип коё албадыңар, же ыкыбал келип турганда «мына» деп шар кесип, өзүңөрдү «хан» деп салышка дем-кайратыңар жетпеди...

Таң калып тиктеди Мусулманкул. Оюу заматта кымкуут, ушуга чейинки «бүтөрдүм» деген иши баары жокко чыккандай, куру кыялдын эле айдагында кара күүгүмдө темселеп жүрүп келгендей. «Жо-о...» дей албады, «...аттиң ай...» деген гана ээледи көңүлүн.

Абил имерип тиктеди:

— Качанкы бир «кан тукумунан» деп, кайдагы бир жүрөгүнөн оту өчкөн, эр деминен айрылып калган бирөөнү «кол бала болот» деп — мына, тапкан үзүрүңөр бу — бириң башсыз көмүлдүң, бириң кулуңа жакаңды айрытып, кадырыңды сыйрытып... минтип буйгалап...—деди, өзү да өкүнө.

Мусулманкул көз көрүнөө шалдырады, көзү сүзүлдү. Сөз, чоюшар маани түгөндүбү? Дем чыкпай отуруп калышты баары. Бир убакта ордунан ыкшалып туруп, акырын аксап, эки жакты тегерене каранып алды Мусулманкул. Жанына дагы эле көлөкөсүндөй үйрүлгөн эмчектештерине эми жүз бага албады.

— Эми...— деди Мусулманкул башын акырын ийкеп — ийкеп. — Сөз айтылды, акыры айтыла турган сөз экен, аттиң ай! — Нары жакта кымызга талыкшып тырайып жатышкан жигиттерине бүктөй кармаган камчысын саал көтөрө «атты тарт» деген ишара кылып көйду. — Эми, биз кайталы, баралы.

Логлоп жетелеп келген жигиттин колунан кара аргымактын сагагын алып, колтуктан сүйөп аттандырды Бекназар.

— Эми көрүшсөк канжыгадан көрүшөт окшойбуз, эмчектештерим, кайыр... — деди Мусулманкул.

Теминдирбей кетти кара аргымак, үйүрлүү бөрүлөрдөй, биринен бири калбай, артынан жигиттери удургуду. Улам алыстап, те ылдый карай ийриле, чубаша куюгуп бараткан атчандарды эмчектештери аңкайып кала беришти.

Колун серелеп, Алмамбет майышып күбүрөдү:

— Ай... Таарынып кетти байкушум... Жок дегенде, Абил, көтөрмөлөп сүйлөп койбодуң...

Абил бий муздай:

— Эч жактан жардам күтпөсө өз камын өзү көрөт, өзү камдуу болот. Өчүгүшүп калышкан булар — бир кырылышмайынча тынышпайт. Бир жаңсыл болушсун. Зарыл болгон убакта биз өзүбүз барабыз...

Не дешкен менен, эмчектеши, бирге өсүп биртуугансынып калган Алмамбет санааркап, уңкүйүп калып калды.

IX

... Так ушул учурда Кокон шаары, Ташкен шаары кан жыттанып жатты, арыктагы суулар шүүшүн болуп акты. Кудаяр-хандын кишилери ачыккан карышкыр болуп топ-тобу менен көчөлөрдү жойлоп, жолуккан кыпчак эле болсо турган-турган жеринде кармап, кылычтап кырып жүрүштү. Өз тиричилигинде темселеп жүргөн бейкүнөө жандар:

— О, айланайындар, күнөөм кайсы?..—деп, суру качып, ар кимди бир тиктешти, бөйдүн торуна түшкөн кара чымындай тыбырашты. Алардын жалынган үндөрүн ташты ташка ургандай сезимсиз, ырайымсыз, жапан айкырыктар дароо басып турду:

— Кыпчак!!

Ушул сөз менен кошо курч тапталган кылычтар тең кетип, эки ортодо шорго кабылган бейкүнө баштар топулдап жерге кубулуп жатты.

Мусулманкул боз кыроо баскан кеч күзгө дейре өзүнө караштуу кыпчактарынан онбеш миңдей кол курап калышка үлгүрдү. Хандын атын туу кылып көтөрүп, ордонун шумдары Мусулманкулдун мезгилинде ордо бийлигинин оорчулугун көргөн букара калктын кыжырын жалпы кыпчак уруусуна каршы буруп жиберишти. «Көрүнгөн кыпчакты көрүнгөн жеринде өлтүрүп, малы-мүлкүн талап алган азаматка бу дүйнөдө да, тиги дүйнөдө да доо жок» деп хандын жарлыгын чыгарышты. Бекер мүлк, доосуз мүлк тартып, көп өтпөй хандын туусунун түбүнө өлөбакысы союл, бычак көтөрүп, алтымыш миңдей талоончу каракелтек топтолду да, кыпчак уругунун мекени Эки-Суу-Арасына карай жер түтөтүп, чегирткедей самсып жөнөлдү. Ордодон Мусулманкулду кууп чыгууга өзүлөрү ханга биринчи күч болуп берип алышып, эми иш мындай бүт кыпчакка каршы жаман багытка кеткенде кайра кайта алышпай, токтотууга кеч болуп, алсыз болуп, Нармамбет датка менен Өтөмбай кушбеги мүңкүрөп отуруп калышты.

Адилдик кайсы жагында? Эч ким болжой албады.

Тосо чыгып, дайыма камынтпай, дайыма күтпөгөн жерде тополоң түшүрүп сокмой адатын кылып, Мусулманкул чабуулду биринчи баштады. Ал бу сапар да бактысына сыйынды, бу сапар да кыпчактын илгертен канында келе жаткан жапан кашкөйлүгүнө, жаңгерлигине сыйынды.

Кыпчактар бүтүндөй кызыл кийинип келишти майданга. Кызыл кийинүү — толгондуктун белгиси. Ошол мезгилдерде кызылды кыпчактар гана кийүүгө акылуу болушкан. Тоолук жаатынын өтө барктуу даткалары гана кызыл кымкап тон, төбөсү кызыл бөрк кийип, калганы сарала, чаарала чапан, а сарт атыгып кеткен отурукташкан жааты көбүнчө кара чапан кийишкен. Кыпчактын көкүрөктүү бектери өзүлөрүнүн өйдөлүгүн ушинтип белгилешчү. Бу же өлүм же өмүр деп эки жактын тең тагдыры ортого ташталган беттешүүгө ого бетер жасанып, өчтүү, сүрдүү, шарактап кайнап келишти.

Хандын колу майда боз адырдын этегинде капкара болуп уюп жаткан эле. Бир убакта күн чыгып келе жаткан адырдан кыпкызыл болуп, кызыр аңызга жайнап чыккан кызыл гүлдөрдү алысырактан көргөн барбы, куду ошондой жердин бетин көрсөтпөй лыглык толкуп, кыпчактар каптап чыкты. Кара туман көп кол селт эте түштү. Заматта дабылдар дүңгүрөп, чуру- чуу, кымкуут, аттуусу аттуу бойдон жөөсү жөө бойдон куралга жабышты. Эч эс алдырбай, эч убакыт бербей, жер титиреткен, мээ каңгыткан кыйкырык салып, селдей каптап келатты. Тандалма сыпайлар араң үлгүрүп көкүрөгү менен тосту. Эки жоо күүлдөп бетме бет келип, өлүм сүрү токтоттубу, бирпас тиреле

түшүштү. Жекеге баатырлар чыгышы керек эле адатта. Бирок кыпчактар куралы эмес тиши менен чайначудай жапан айкырык салышып каптап берди. Эки жак тең аёону да, аянууну да унутуп, жаралуу жырткычтай бырчылдашып киришти.

Куду күзгү сары токойго түшкөн өрт сыяктуу кызыл катар тиги ийрилип камала калган кара кошунду шала — шала бөлүп, аралап, жалмап, мойсоп кирди. Өрттү суу гана өчүрөт. Буларды азыр бир токтотсо өлүмү токтотпосо, башка эчтеме такат beралбай, бет келгенди жексен кылып баратышты.

Бир жерлерде кара туман көпчүлүк көптүгүнө салып жайнап, тепсеп жатты.

Тагдыр ортодо. Өмүр ортодо. Ким жыгылат? Ким жыгат? Бир канатта кызыл үстөм. Бир канатта кара үстөм. Бир жагында кайрат үстөм. Бир жагында сан үстөм. Тагдыр ортодо. Өмүр ортодо...

Эки жак тең чапкан чөптөй кылка-кылка сулап кырылды. Көптүн иши көп, хандын колунун арты дагы эле үзүлбөй, бир убакта кыпчактардын кыпкызыл катарлары улам суюлуп, улам азайып, бириндеп, көлгө туш келген өрттүн калдыгы сыяктанып ар жерде бир кызаңдап, жалп деп өчүп, ар жерде бир жылтылдап, үлп деп өчүп, улам ындыны куруп баратты...

Бул күнкү кыргында кыпчактардан беш миң ашык киши опат болду. Кудаяр-хан тандалма аскеринин он миңге жакынынан ажырады. Мусулманкул тоо таянып чегинди.

Бекер оокат, доосуз мүлк дегенде көздөрү кыпкызыл болуп чекелерине чыгып кеткен талоончулар адам каны саз кылган эрөл майданды канаттуу чегирткелердей самсып басып, эки жактын тең өлүктөрүн жоо жарагын гана эмес кийимине чейин сыйрып өзүлөрүн көк асмандын алдына дардайтып жалаңач калтырып, жулкулдашып талап чыгышты. Анын эртеси ошол желиккен бойдон буркан шаркан сел болуп, коргоосуз калган кыпчак кыштактарын каптады. Алардан кийин, кыштактарда кан, түтүн, катуудан таштулга, жумшактан очоктун күлү гана калып жатты.

Муну көрүп Мусулманкулдун жүрөгү атып кетти. Арга кайсы? Колдон келер иш кайсы? Ал алсырап калган эле. Ага эс жыюу, этек жыюу, күчүн дагы чактап көрүү зарыл эле. Убакыт кана? Ал көздөп бараткан жагынан кайра тартты да, түндөп жүрүп отуруп, кырылгандан калган колун бүт ээрчитип, Өтөмбай кушбеги менен Нармамбет-датканын кошуна өтүп ошолордун колуна түшүп берди.

— Бейкапар жаткан элде эмне айып? О, туугандарым, иттин баласына сөзүңөр өтсө, айтып талоончуларды токтоттургула. Мына мен келип бердим. Кимдин өчү болсо менин өзүмдөн алсын. Өзүмдүн тагдырыма баш ийбесем да, бейкүнө катын-баланын тагдырына мына баш ийдим... Мени силер жазалагыла. Мени силер өлтүргүлө. Сырттан сөөгүн кордобойт, иттин баласынын колуна бербегиле, бир сураганым ушул. Каныбыз бир. Менин өлүгүм аяк асты болсо, акыры силерге да кеп келет, намыс болот. Өзүңөр өлтүргүлө. Жазаладык дегиле, өлтүрдүк дегиле, карачапандардын табасын кандырып, ошону менен бейкүнө элдин өмүрүн арачалап калгыла... А өлтүргүңөр келбесе, туугандарым, баягы араңардан суу өтпөгөн кезибиздей болуп кайра бириккиле, бириң жол башта, бириң кол башта, эптеп кыпчакты сактап калгыдай болгула, мен жол талашпайын, кетмен барбы, кетменди көрүккө абдан кызарткыла, мен көзүмдү жумбай тиктеп берейин, кетменди маңдайыма эки ээли жакын туткула, көзүм агып түшсүн. Бүттү, силердин да көңүлүңөр тынат, өзүмдүн да көңүлүм тынат. Ошондо тоонун арасына алпарып, бир өзүнөн башка эч кимиси жок бечара жесир кемпирдин алачыгына таштап койгула. Же карачапандардын күнөсү, же менин күнөм, же силердин

күнөңөр, иши кылып, бүт кыпчактын башына кара күн түштү. Туугандарым, арты мындан да кыйындаса, кокус арганар түгөнүп, акылыңар мукураса, мага келип, намыс кылбай акыл сурап тургула. Кыпчак тукум курут болуп кетпесин, туугандарым, эптеп, көптөп акыл табалы. Айтарым ушул...

Эгер душманы колуна тийсе көкшүнү сууп, канын көрүп өчү канып, Кудаяр-хан кыргынды токтотор деп үмүт кылып турушкан эле.

* * *

Ордонун кечеги айбаттуу билерманы Кокон базарынын ортосундагы атайын курулган бийик жыгач секиде кара темир жынжыр менен бек чырмалып, үстүндө ыштанынан башка эчтемеси жок, жалаңач турду.

Соода жок. Элге базардын чоң коргону жык толуп кеткен. Кулак тийишип, баш быкылдайт, тырышы көп коло түспөл каратору чекелер күнгө жылтырап, бирине бири кошулгансып көлкүлдөгөнсүп турду. Элдин кай бир тобу күнүмдүк тирилигинде жүрүп, биерге кокустан кабылып калышкан сыяктуу, жүдөө кыл баскан ооздорун ачып, сөзгө аралашышпай аңкайып басып турушат. Кай бир тобу айтка келгендей, көйнөктөрү ак, белдери жаңы жоолуктар менен курчалуу, көк селде чалынып, карала кымкап кийип көйкөлүп, өзгөчө алардын кабактары жарык эле, көздөрү делөөрүп чекчейип тиктеп, үндөрүн бийик чыгарып бакылдап сүйлөшүп, нары-бери чайкалып басышат. Кай бирөө тиги секиде жылаңач турган кишиге, элдин көптүгүнө аваз кылып, жөн эле кеталбай каңкастап жүргөнсүдү.

— Эмне болор экен?

— Өлтүрүлөт го...

— Эмне болорун азыр көрөбүз. А балким, аллаяр хан бир кашык канын кечип коёр...

Сүйлөшүп турган кишилердин бири башын чайкады:

— Вай, Салимбай, баланын кебин айтасыз а... Бир кашык канын кечип коюш үчүн кырылышып жүрүптүрбү булар...

— Ха.. — деп кубаттады дагы бири. — Хан кечсе да кечпей турган кишилер бар. Ха, ошондой...

— Булардын ортосу ушундай чаташкан ки, бир жагы кыйрамайынча тынччылык болбойт. Ха ушундай...

Ава дем. Чаң жыттанат. Тер жыттанат. Элдин кобурашканы бири бирине кошулуп, уланышып, дуу- дуу болуп, шамал жаңы аралай баштаганда токой сыяктуу акырындап толкуп жатты.

Бир календер нары бери басып, элдин дуу-дуу толкуганын карап башын калтылдатып чайкап, элди аралап, кимдир бирөөнү издегендей ар кимдин алдына барып, корккондой элтейген түр менен жүзүн тиктеп, киши тиктеп калса селт этип жүзүн үйрүп нары басып кетип, өзүнчө сандалып жүрдү:

О, көр пенде, көр пенде,
качан кулак түргөйсүң?!
наркы кетти атанын,
абийри кетти баланын...

кетирбеске не чараң,
жакынбы акыр заманаң?!

Кишилер буга такыр көнүп калышкандай. Анын элиргендей элтейтип тиктегенине да, күңгүрөнгөн үнүнө да, оозунан чыккан коркунучтуу сөзүнө да көңүл бурган жан болбоду. А каландер коркунучтуу ырын күңкүлдөп, басып жүрдү.

О, көр пенде, көр пенде,
качан ахлак жүргөйсүң?!
тынч тирилик кылбастан
тозуп кетти мусулман...
тозбостукка не чараң,
жакынбы акыр заманаң?!

Кернай үнү селт эттирди.
Бактыяр сеид Кудаяр-хан! Бактыяр сеид Кудаяр-хан!

Эл тып боло калып, жарчынын үнү жакка жамырап карап, ката түшүштү.

— Бактыяр сеид Кудаяр-хан! Бактыяр сеид Кудаяр-хан!

Аңгычакты базардын күн чыгыш жаккы дарбазасынан акбоз аттын омуроосу көрүндү. Хан! Кылкылдаган көпчүлүк заматта бир жалп деп тизе бүгүп баш уруп жыгылышты. Дем тартылбай, эмелеки күү-шау толкуп, басылбай турган көп элдин бири да баш көтөрбөй томурайып жатып, аянт жымжырт боло түштү.

Кудаяр-хан алдыда келатты, жаңы кер мурут болгон курагы экен, эрдин бек кымтып, эки көзү чекчейип секиден өтүп келатты. Чоочуубу, заарыбы, иреңи купкуу. Сол колу менен тизгин кармап, сабы алтын камчыны бүлдүргөсүнөн ортонооюна илип оң бөйрөгүн таянып, жерде жайнап баш көтөрбөй жаткан адамдарга кошкуруп карап диртилдеп жүйгүртө баскан семиз акбоз аргымактын аяңында келатты. Жанында жаңы миңбашысы Касым. Жаңы ынагы Нияз кушбеги. Нармамбет датка ошолордун ичинде экен. Ортодон улам жол берип, тизелеп артка жыйрылып, жерде жамырап жатышкан элди аралап жай бастырып келе бериште.

— Бактыяр сеид Кудаяр-хан! Бактыяр сеид Кудаяр- хан!...

Секинин утуру бет маңдайына жакын базарбашынын чайканасынын эшигине келип түшүштү. Ошол учурда да кернайлар үн баспады. Хан эл жакты бир жалт карап алды да, килем төшөлгөн жыгач тепкич менен өйдө балаханага чыгып, ордо кишилеринин коштоосунда келип, мурунтан даярдалып коюлган бийик орунга отурду.

Кичине пасырак орунга оң жагына Касым миңбашы, Нияз кушбеги, сол жагына Нармамбет датка, алардан соң калган бектер тегине, амалына жараша эки канат болуп кыркар тартып орун алышты. Узун бойлуу, эки көзү алайган капкара удайчы өкүмдардын артына келип бейиш кушунун канат-куйругунан жасалган желпүүр кармап, акырын өйдө-ылдый кылып жумшак шапата жаратып турду. Жыпар чөптүн нымына чыланган желпүүрдөн бир шумдук таза жыт чыгып балаханага толуп кетти. Ушул учурда да Кудаяр- хан мисирейип суз болду.

Кернайлар тып басылды. Касым миңбашы колун бийик көтөрүп алакан жайып, Кудаяр-хандын эсенчилигин тилеп:

— Оминь! — деп бата тартты. Эл дүрүлдөп, жапырт баштарын өйдө кылышып, колдорун асманга созуп, дүңгүрөп «оминь» айтып батаны коштоп кетишти. Кудаярхан өзү да чекчейген көздөрүн тиги секиде жылаңач турган кишиден албаган бойдон колдорун купкуу жүзүнө алпарган болуп койду.

Секидеги туткун көгала башын бийик көтөрүп, чыйралып, мизбакпай ордо кишилерин атып тиктеп турду.

— Өлүм! Өлүм! — деп кыйкырды дагы элдин арасынан, кыйкырыктарды жалпы дуулдап коштоп, эл шамалдуу токой сыяктуу кайрадан толкуй баштады.

— О, аллаяр!.. Өлүм бөрүгө! Өлүм!

— Бизге тынччылык болсун! Тынччылык болсун! Өлүм бейжай бөрүгө!

— Өлүм!

Көпчүлүк астейдил кыйкырып жатышты. Алар тиги байлануу турган адам өлсө эле көптөн бери баарын жадаткан, жүрөктөрүнүн сары суусун алган тополоң бүтүп кетерине ишенип, үмүт кылып кыйкырып жатышты. Касым миңбашы терисине батпай кубанды, элди кыдырата тиктеп, алдыртан Кудаяр-ханга көз кыйыгын жиберип коюп, анын жүзүндөгү өзгөрүүлөрдү эсепке алып отурду.

Жазалоо башталды.

Миршабдар зындандан жүзгө жакын туткундарды айдап келип, Мусулманкул турган секинин түбүнөн алып өтүштү. Туткундар Мусулманкул жаатынын мен деген азамат уулдары болучу. Капкара кийим желдеттер ылгабай гана четинен бирден алып, шашылбай, чоочунбай, бири бирине күлүп тиктеп, күнүмдүк көр тирилигин кылып жаткан кишидей акырын чөк түшүрүп мууздап киришти. Өлүктөрдү улам биринин үстүнө бирин сүйрөп таштай беришти. Өлүмдүн сүрүбү, мыкачылыктын сүрүбү, эл нестейди, дуулдоо басаңдай түштү.

Мууздалууга кезеги жеткен бирөө чөк түшүп жатып элге карап кыйкырып жиберди:

— Күнөөм кайсы! О, туугандар!

— Кыпчак!

Бул заардуу жооп чайкананын балаханасы жактан зирк этти. Эл дуу бурулуп карады, коштогону же наразы болгону билинбей элдин арасы туңгуюк күңгүрөнүп түйшөлө калды.

Ава кан жыттанып уугуп турду. Жакын тургандар ичтеринен келме келтиришип, кабактарын заарканып тырыштырып, же бул жерден тиги ордо кишилеринин көзүнчө басып чыгып кете алышпай, жанагыдай кыйкырык салып тура бере алышпай, көбүктөнүп ийрилип таманга кирип келе жаткан кандан үркүп кетенчиктеп жарылып турушту.

Бир гана Касым миңбашынын өчү канбады. Ал эки тизесин бекем мыжыга ынтылган калыбында, аёо жылдызын кек өчүрүп таштаган көздөрүн жаңсыз мадырайтып, эч былк этпейт али. Кыпчактардын канын Мусулманкулдун бутуна чачыратып, жүрөгүн эзип, ошону менен анын эркин сындырмакчы эле. Ошондо Мусулманкул бейкүнө туугандарынын өмүрүн сурап сөз чыгарат, топуракка чекесин тийгизип, жалынып, шөмтүрөп алдыма жыгылат деген эле. Анын жеңилген, карып болгон үнүн угуп, дагы кордоп, дагы тепсеп өчүн кандырмакчы эле. Бирок Мусулманкулдун көгала башы али ийилбеди, дагы эле заардуу, эрини бек кымтылып, дагы эле бир билгени бардай сурданган арык бети былк дебеди, майышпады. Касым миңбашы күч менен майыштырууга буйрук берди.

Кандын жытына мас болуп, бууңдары шалдырап, көздөрү кызарып, шамшарлуу желдеттер четке чыга беришип, алардын ордуна башка кыйноочулар келишти.

Мурда эле макулдашылып, коюлганбы, колдору кычкачтай балбан жигиттер жай кыймылдашып, Мусулманкулду акырын колдон алып, бирпас сылап кармалап, эмне кылалы деп эки анжы болуп турушкандай, анан күтпөгөн жерден манчаларын кырс-кырс сындырып жиберишти. Мусулманкул дирт эте колун тартып баратып, кайра токтоло калды, үн чыгарбады, кыйнап жаткандардын бетине тиктеп да койбоду. Ичи чыйралды белем, бетине кан дүргүп чыга түштү. Балбан жигиттер өчөшүп, бир чети кызыккандай, дагы катуурак кыйноого өтүштү. Мусулманкулду жыгып, жылаңач шыйрагын калпыс жерге койдуруп, бири үстүнө чыкты. Сөөк ийилди. Сөөк бычырады. Мусулманкул эрдин тиштенди. Ырайымсыз кыйноочулар арданып кетиштиби, Мусулманкулдун бир колун карысынан артына кайрып карс сындырып жиберишти. Кыйноого адам көнүп кетеби, же эси оодубу, Мусулманкулдун эриндери көгөргөнсүп, көздөрүнүн оту акырындап өчүп, карачыгы өтө эле карарып баратты.

Бир убакта ал селт этип көзүн ачты. Кылкылдаган көп элдин түрүнө бир сыйра көз чаптырды. Эриндери титиреп кетти. Эми эрки сынды го, эми жансоога сурайт го, жок дегенде, көп кыйнабай өлтүргүлө дейт го? Ал көгала сакал баскан эриндерин ачып, алсыз дем алгансып, акыркы кубатын үрөгөнсүдү.

« Ордунан канаты сынган бүркүт сыяктуу бир обдулду:

— Кыпчак! Барсыңбы!

Үнү титиреп чыкты. Тымтырс. Эл былк этпеди.

— Бармын, ата!

Тымтырстык тарс жарылды. Эл дүр эте жоол үн чыккан жакка ыкты. Ким? Кайда? Эл дуу, күү оодарылды.

Мусулманкул чыйрала түштү:

— Кет! Тоо таянып кет! Уктуңбу! — деп дагы кыйкырды ал.

— Уктум, ата! Уктум!.. — деп жооп кайтарды баланын калтыраган үнү.

Дүрүлдөп толкуган эл ошол замат тиги коргондун кырында жамырап аваз кылып тургандардын четинде туруп турган тестиер баланы көрүштү. Бирөөлөрдүн калтыраган колдору арбаңдап балага сунулду. Ошердеги кымкууттун арасында кимдир бирөөнүн балбактаган ыйы угулду. Бала карматпай коргондун кыры менен нары-бери чуркады. Бир убакта секирип түшүп, көпчүлүктүн арасына кирип, көрүнбөй калды.

Касым миңбашы тиштенип ордунан тура калды:

— Булардын уругу али үзүлбөптүр го!

Кудаяр-хан колунун учун биртке көтөрө ишарат кылып Касым миңбашыны тынчтандырды. Бирок ачуудан карайып кеткен миңбашы ичинен титирей берди. Нияз кушбеги артта жакыныраак турган удайчыны башын ийкеп чакырып, кулагына шыбырап, бир баш буудай таап келгин деп сурады. Удайчы таазим кылып кетенчиктеп нары кетти. Анан Нияз кушбеги Касым миңбашынын кулагына шыбырады. Касым миңбашы дароо башын ийкеди да, өзүнүн ишенимдүү нөкөрлөрүн чакырып, базардын коргонунун бардык дарбазасын жаап салууга катуу буйрук кылды. Ал дагы эле ичинен титиреп, жаак терилери купкуу болуп тырышып отурду.

Кыйноо кайра уланды.

Кыпчагынын үнү кубат бердиби, же эң акыркы акылын айтып калганына кубандыбы, Мусулманкул кадимкидей тириле түштү. Көздөрүнөн дагы жылтылдап от

чыгып, дагы көгала башын келберсип көтөрүп, сыймыктанып ууртунан жымыйып карады элди. Кыйноочу атайы созуп, атайы жаймажай, жакын келди Мусулманкул соо колун дагы өзү сунду. Кыйноочу колун кармабастан күтпөгөн жерден кылычтын сырты менен тизе сөөкө шак чаап жиберди. Мусулманкулдун буту дирт эте түштү. Кыйноочу кызылашыкка чаап жиберди. Мусулманкул көгөрүп, эми ал өчөшүп, бу сапар бутун тартып да койбоду. Жаак тарамышы карышып, мисирейип отура берди.

Эл түйшөлүп кетти.

— Жыландын баласы болсо да не болду а!..

Кылкылдап бүтүн турган эл удургуп, жарылып, кай бир топ жакаларын карманып, келмелерин күңкүлдөп кете башташты. Коргондун бардык дарбазасы жабылып, сыртында да, ичинде да кылыччан сарбаздар тосуп калган болучу. Тирелип токтоп калышты.

— О, жараткан... Бу эмне деген күн болуп кетти...

Эңгезердей төрт азамат замбилге колдошуп, тизе бою сандыктай чулу коргошун дөңгөч көтөрүп келишти. Эч шашышпай, Мусулманкулду жыгып тактага жаагынан башын койдурушту. Мусулманкул өзү койду. Көзүн жумбады. Ушул табында да тиги аваз кылып түйшөлүп турган элдин арасын аңтаргандай. Ушул табында да мыкчыйып эрди кымтылуу, дагы эле бир билгени, дагы эле ичине катып турган бир аргасы бар өңдүү. Желдеттер коргошун дөңгөчтү эми колдошуп төртөөлөп көтөрүп Мусулманкулдун башынын үстүнө акырын коё башташты.

Эл дуулдап кетти. Тиги чайхананын балаханасында отурган ордо кишилери да козголуп кетти. Кудаяр-хан мойнун созуп ордунан тура калды. Касым миңбашы көзүн мадырайтып, бакырышын дем тартпай күттү. Нияз кушбеги булбул сайрап турган салкын бактын ичинде жалгыз отургансып башын бир жагына кыңырайтып колундагы бир баш буудайды кыялданып нары- бери тегеретип ойногонсуп жымыйып отурду. Кедейбай датканын зааркангандан бети тырышып, семиз эриндери жарым ачылып селдейди.

Баш сөөк акырын бычырады... Жаак акырындап жалпак болуп баратты. Эки көз чекчейип... улам чекчейип... чекчейип... сыртка бөлт-бөлт чыга түштү... Дагы кың деген үн болбоду. Эзилген кара кан уйпаланган көгала муруту ылдый мөлтүрөп жерге тамды.

Карышкыр сыяктуу аёону билбеген бул катуу адам ая дегенди да билбей өлүмдү карышкырча кабыл алды.

— Салават! Өч түгөндү. Салават! Салават!

Оор абалдан өтүп, эл жеңилдене калды. Өчтүүлөрдүн өчү, кектүүлөрдүн табасы кангандай болду.

— Салават! Салават! Өч түгөндү. Кек бүттү. Салават...

Жабыла дуулдап кетти. Дагы да тиги чайхананын балаханасындагы топ кишинин мооку али канбады. Өзгөчө Касым миңбашы. Касынын кыйноодон чырылдаган үнүн уга албай, кычуусу тарабай, жарпы жазылбай, дилиндеги жамандыгы кайра көбүрүп, өз заарына өзү уугуп ордунан тургусу келбеди. Үн жок. Кеп жок. Ара тунжурады. Ушунун баарын баамдап, сылык көрүнгөн жүзүн жымыйтып турган Нияз кушбеги колундагы бир баш буудайды Касым миңбашынын алдына кармады:

— Миңбашы... бул эмне?..

Жарыла албай араң отурган миңбашы бурадарын ыраазы болбой тиктеди. Ушундай учурда тапкан тамашаңызга жол болсун дегендей түрү. Нияз кушбеги көздөрү сырдуу жылтырап:

А?.. Муну эмне дейт?.. — деп дагы кайталап сурап кадалып турду. Бул эмнеси? Баары тиктеп калышты.

— Йе, кушбеги!.. Бул эмне деген ойнуңуз? Бул эмне, бул бугдай го! Өзүңүз көрбөй турасызбы, кушбеги? Йе... — деди Касым миңбашы тырчып.

— Рахмат... — деди кушбеги көзүн сүзө. Анан буудайды Нармамбет датканын бетине өтө жакын кармады:

— Кана, энди сиз айтыңчы...

Нармамбет датка итиркейи келгендей:

— Көрүп турасыз, эмне өзү? — деди. Нияз-кушбегинин көздөрү сууп кетти:

— Мен сизден сурап турам, датка. Сизден укканыбыз кызык...

— Бийдай!

— Бийдай... — деп такмазалады Нияз-кушбеги. мыйыгынан жымыйып. — Гм... Бийдай... Кыпчакты ушул сөздөн тутуп алса болот а, датка?..

— Дагы?

Нияз кушбеги Нармамбет датканын сөзүн атайы барктабай жоопсуз калтырып, Кудаяр-ханга эңилип таазим кылды да:

— Мына, аллаяр... Ушул жалгыз сөздөн кыпчакты тутуп алса болот. Падишах! Башыңыздагы бактыңыз, дөөлөтүңүз, калкыңыз тынч болсун десеңиз, падишах, миңбашыга жарлык бериң, падишахтын өз кулагы укту го, кыпчактын каргыш тийген уругу али үзүлбөптүр, мына ушерге да кирип келиптир, жарлык бериң, миңбашы мына бу кылкылдаган ак кулдарыңыздын ичинен азыр терип таштасын...

Касым миңбашы эми байымы жетип ордунан атып тура:

— О, падишах! — деп жиберди.

Кудаяр-хан башын ийкеп күлүп, анан Кедейбай даткага суроолуу карап, ал бирдеме айтмакчы болуп оозун жасап келе жатканда:

— Мейли, душманыбызды баш көтөргүс кылсын миңбашы. Ушундай болсунбу, тага? А ушундай болсун... — деп жиберди. Хан көңүлү ыйык. Хан буйругу эки эмес. Кедейбай датка башын акырын ийип тилин тиштеп калып калды.

Сакалы аппак, көздөрү акылдуу, ырайымдуу көрүнгөн Нармамбет датка бир кур нестейе түшүп, анан күйүп кетти:

— Таксыр! Мусулманкул катуу эле, Мусулманкул канкор эле, анын туугандыгына карабай ордодон өзүм кууп бердим, канын көксөдүң, минтип алдыңа өзүм жыгып бердим. Ошонун баарын адилет тартип үчүн деп, ордонун биримдиги үчүн деп иштебедим беле! — деди ал, көзүнүн алдындагы көпчүңкү териси диртилдеп, бууну калчылдады. — Таксыр! Кушбеги шайтандын жолуна түштү. Шайтандын тилине кирбе, таксыр! Шайтандын тили ширин, дили уу. О, таксыр...

— Жап оозуңду, кыпчак!

Касым миңбашы тишин кычыратып шамшарына кол сермеди.

— Э, менин оозума сенин бийлигиң жетпейт. Таксыр отурат ортобузда. Үнүңдү көтөрбө...

Кудаяр-хан кабагын салып, мурчуюп эрдин бек кымтып, үн катпай укту. Ушул түз сөздүү датканын алдында далай жолу өбөк сурап, кайрат сурап, шөмтүрөп отурбады

беле. Далай жолу жакшылыгын унутпаска оозуна каргыш албады беле. Мына жыгылды Мусулманкул, ыркы кетти, тарки кетти кыпчактардын. Эми Нармамбет баягыдай датка ата эмес, Нармамбет чал. Кудаяр-хан Нармамбет даткадан жүз үйрүдү.

Бир заматта желдеттердин баарынын колунда бирден баш буудай пайда болду.

Чум капкара кийим желдеттер кыркар тартып, элдин бир четинен түшүп, бет келген кишиден буудайды бетине тактап сурап киришти.

— Бул эмне?

— Бугдай...

— Бул эмне?

— Бугдай...

Тополоң түштү. Кишилер дүрүлдөп үркүп качып, бирине бири калкаланып, бирин бири кара тутуп, үрөй учту, аң учту.

— Бул эмне?

— Буудай...

— Эмне? Кайта айтчы!

— Буудай...

Андан нары.

— Бул эмне?

— Бугдай...

— Сен!...

Кебетеси жүдөө, ала чапан кийген адам бетине тосулуп турган буудайдан айбыгып кетти. Суроону түшүнбөй калгандай маңыроо тартып, көздөрүн алайтты. Жанында турган киши (өзү мурда жооп берди го) күйкөлөктөп:

— Бугдай да. Бугдай дебейсиңби. Хасанали...

— Сенден ким сурады! Жайыңда жым тур! — деди желдет ага, анан тигиге айкырды: — Тез! Бул эмне? Тез!

Кишинин эриндери кыбырады, бирок үн чыкпай калтырак басып артына кетенчиктеди:

— Би... Би...

Бир кубарып, бир кызарып, куду жарга камалган мал сыяктуу бүткөн бою менен калчылдады. Шек алып, желдеттин көздөрү кыпкызыл болуп кетти:

— Эмне?

Кишинин куту учуп, көпкөк болуп кеткен эриндери титиреп, артына кетенчиктеп, жалт-жалт каранып сыйпаланып, ошол жакта жердин жарыгы болсо да түшө качып кетчүдөй тырмаланды, жанталашты:

— Менин күнөөм эмне?.. Мен эмне кылдым?.. Эмне кылдым?.. Ыя?.. Эмне кылдым?..

Желдеттин бою кечки көлөкөдөй узарды. Калбыйган оозу чоюша түштү. Кош миздүү муздак болотту бийик көтөрүп улам кысып жакындады.

— Эмне?.. Мен эмне...

— Кыпчак!

— А-а-а...

Оор болот шарт деп тийди. Дене топуракка оонап жатып калды.

Нары.

— Бул эмне?

— Бугдай...
— Бул эмне? Тез!
— Бугдай...
— Бул?
— О, жараткан... Бугдай... Бугдай...

Каландер керсиген эриндерин кыбыратып, күнгө, терге бышкан каратору жүзүн бырыштырып, ар топко бир барып, озондоп дагы ыр айтып басып жүрдү.

Өз калкыны кор тутуп,
өлүм менен коркутуп,
карабай кары-жашыга
каарлы болсо падыша,
ага азазил ашына,
көрүнөр кара башыга...
болбо дешке не чараң,
жакынбы акыр заманаң?!

Коркунучтуу күңгүрөнүп басып жүрдү.

О, көр пенде, көр пенде...

Бир желдет токтотту:
— Бул эмне?

Календер ууртун ырсайтып, же күлөрү, же ыйлап жибере турганы белгисиз, бир баш буудайды мелтиреп тиктеп калды:
— Бу сенин кеткетиң... — деди муңдуу көзүн кылайтып.

... теги бирге боло албай,
теңир коңшу коно албай
күндө бузуп шүйкүмүн,
бөлүшө албай түйшүгүн
эки тууган бири бирин
бөрү болуп таласа,
төгүп канын жаласа...
талаба дешке не чараң,
жакынбы акыр заманаң?!ъ

деп күбүрөдү керсиген эриндери. Желдетти унутуп койгондой нары жактагы ызы-чууга карбаластап калды. Желдет чаңырып жиберди:
— Бери кара!

Каландер таң калгандай ырсайып тиктеп токтой калды. Бирок, бу сапар көзү тирилип кетти. Желдет:
— Бул эмне деп жатам, мен! — деп, буудайды дагы анын бетине такады. — Айтасыңбы же...

Каландер эч чоочубай желдеттин кылычындагы сабына сарыгып жаткан канды сөөмөйү менен сайып көрсөттү:

— Бул эмне?..

Желдет сөз таппай калды. Каландер бетин кайгылуу тыржыйтып:

— Сенин каның... сенин каның... — деп акырын күбүрөдү. Эмне дейт?! Тили байланып, моюн тамырлары көөп, жарылып кетчүдөй кызарып токтой калды желдет. Аны эмне токтотту? Календер бул бапасыз жалган дүйнөдөн кечип ак уруп басып кеткен ыйык пенде, ага кол көтөргөндүн күнөөсү бу дүйнөдө да, тиги дүйнөдө да кечилбейт деген түшүнүк анын бутун тушап турду. Каландер эгешип турбай, дагы башын кайгылуу ийкеп-ийкеп, дагы өзүнчө бирдемени күңкүлдөп, анан такыр унутуп басып кетти.

...ар тайпаңда бирден бек,
ат үстүндө жүргөн көп,
кеп жугушпай ыркырап,
келише албай тынчырак
ынтымагың кеттиби,
ыйык чектен өттүбү...
учкан куштай кылактап,
уламдан улам ыраактап
баарыңан качар ырыс, бак...

Эл... куду бөрү тийген көп кой сыяктуу коргон ичинде туш тарапка дуу-дуу үркту эл. Кандуу кылыч жалаңдап, капкара кийинген желдеттер арттан түшүп, алдын тосуп ийрип, «Бу эмне?» деген кыжынган кыйкырык, жандалбас үн аралашып, чуу улам бир жагына окторулуп турду.

Нармамбет датка көзүн жуумп, эки кулагын колу менен басты. Ал апкаарыган, жалынган, үрөйү учкан кейиптерди көрүп чыдай албады, үндөрдү угуп да чыдай албады. «Мен эмне кылдым?... А-а-а... Менин күнөөм эмне?... Уа-а-а...» Бул үндөр аны куюн болуп ороп бир жакка тоголотуп бараткандай. Эч кетирбей кулагынын түбүнөн жаңырып, мээсинин ичинен чырылдап чыгып жатты. «Менин күнөөм эмне?!» «Кыпчак!» «Кыпчак!» Нармамбет датка чымырканды. Бети каракөк болуп тердеп кетти. Бекем жумулган көздөрүнүн кычыктарынан мөлтүрөп жаш сызылды. Жүлүнү болкулдап, андан ары өзүн кармай да албады, энтигип ыйлап жиберди. Ал тура калып Кудаяр- хандын алдына аппак чачтуу башын салбыратты:

— О, таксыр... Мына мен жыгылдым бутуңа... Мусулманкул жыгылбаса мен жыгылдым... Мен жалындым... Мен багындым... О, хазрати, токтот кыргынды, о хазрати...

Кудаяр-хан томсоруп карады. Анын ийикпей турганын көрүп, Нармамбет датка дагы эңкейип жерге чекесин тийгизип сабылды.

— О, таксыр... Кылган жакшылыгынын акысын сураш иттин иши эле го. Мен ит болоюн. Мен сурайын. Кыргынды токтот. Жаман күнүңдө белиңе таңуу болдум эле, ылдыйышта өбөк, өйдөдө жөлөк болдум эле. Ошонум үчүн токтот кыргынды... Ага арзыбасаң арзыбады дебейин, ал кызматыма да сурабайын, мындан ары кылар кызматыма сурайын, токтот кыргынды... Карымы казык кылып, башымы токмок калып, өмүрүм өткөнчө тик туруп кызматыңды кылайын алдыңда, токтот кыргынды...

Кудаяр-хан мизбакпады. Жибип кетеби деп, хандын кабагынан көзүн албай дирилдеп турган Нияз кушбеги жеңилдене демин таштап жиберди:

— Йе, урматлы датка! Эмне деп турасыз? Сиз менен биз өкүмдардын кулубуз. Палан кезде паландай кызмат кылган элем, киресине муну бер, түлөн кезде түлөндөй иш бүтөп берген элем, киресине тигини бер деп, өкүмдарды этектешке эч акыбыз жок, датка! Йе, бу сиз эмне деп турасыз акыры!? Биз муну талап этсек шарияттын эрежесинен чыгып кеткен болобуз. А билесизби, урматтуу датка, шарияттын эрежесин чийткеген пенде бул дүйнөдө өкүмдардын катуу жазасын алат, тиги дүйнөдө кудайдын дозогуна күйөт?

Кудаяр-хан мурчуйду. Нияз кушбегинин сөзүнүн калети барбы? Хан жердеги кудай. Кудай менен акылдашууга пендеге жол жок. Жат деген жерге жатыш керек, өл деген жерге өлүш керек ким гана болбосун! Нармамбет датканын акылашып турганы бейбаштыктай сезилип, өткөндө көргөн жакшылыгын эстемек тургай, жини келе баштады.

Нармамбет датка соолуга түштү. Кудаяр-хан ордунан обдулду эле, Нияз кушбеги колтугунан сүйөй берди. Кудаяр-хан кетүүгө беттенди. Нармамбет датка курал үчүн эмес коoздук үчүн белине асып жүргөн
каухар саптуу кичинекеи ийри кылычты кынынан суурул, алдына ыргытты:

— Ме... Мени тапкан элим тукум курут болуп кетип, артында кара башымды калкалап калганда, тирүүлүгүм кайсы, өлүгүм кайсы... Чаап ташта! Мен дагы кыпчакмын...

Кудаяр-хан карап да койгон жок, кылычты акырын жай аттап өтүп кете берди.

Базар коргон аңгырап калган. Ким болжогон мындай болорун?! Бу капилеттен куюн ургандай тез болуп кеткен кызылдай кыргын үрөй учуруп, бир адамды жазалоону көрмөккө жамырап келген жай эл түгүл, базар ичиндеги устакана, түркүн дүкөн, чайкана ээлери да бир жаны калбай коргондон чыгып кетишкен.

Көбү көк асман тиктеп, көзү ачык, көбү жүзтөмөн түшө жер кучактап сулаган, көбү өз боорун өзү кош колдоп баскан бойдон бүрүшүп жыгылган — бири карарып, бири агарып, бири кызарып, ар жерде томурайып, ар жерде бири биринин үстүнө арта салына каршы-терши жатып калышкан — баары өз канына чыланган, араларга, аяк коёрго чоло аз.

Тириден жалгыз календер — не кимдир бирөөнү издейби, не тирүү бирөө барбы дейби, жан таслим кылса ыйман айтып койгусу келеби, улам бирине эңкейип, эңилип каранып, кайра басып күбүрөнүп сенделип жүрөт. Эки көзү канталап кызарган, кан аралаш көз жашы мурутуна сарыгып кургаган.

Ким сооротот аны?!

...үрөйүң бир, тилиң бир,
үйүт, каадаң, диниң бир...
алым, берим базарың,
атаң жаткан мазарың...
алыштап ичкен сууң бир,
ашың, тоюң, дууң бир...
бир атанын балдары,
ийрир билгиң калбады...

...тыктуу болот таптаган,
тыштан түрө каптаган
кырчылдашкан жоо келбей,
кыйкырышкан доо келбей
эки тууган өзүнчө,
эски душман көзүнчө
чайпалып жүрүп төгүлүп,
чабышып жүрүп сөгүлүп
тарки кетер элиңдин,
калыс болор эми ким?!.

Ким жубатат аны?!

Ошол кезде төрт көздөп турган Россия империясынын байкоочулары Хийва, Бухара, Кокон ордолорунун өз ара ыркы жоктугун эске ала келип, Мусулманкул миңбашынын жоюлушуна байланыштуу: «Кокон ордосу өзүнүн ишбилги ишмеринен, кайраттуу аскербашысынан бөөдө ажырап алды. Эми Россия бул тарапка кылына турган кадамдарында уюшкан каршылыкка көп да учурай койбойт ко.»

Деген болжол тыянак кылышты.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

I

Өз элинин бөөдө төгүлгөн канына мынчалык белчесинен баткан соң, кээ көз ирмемде жүрөгү селт этип, арты эмне болорун болжой албай көңүлү тымызын сыздап, бирок болору болгон соң бу жосунунан кайра кайта албай калды Кудаяр-хан. Шылтоо табылса да, табылбаса да кыргыз кыпчактын ичкилик уругун кыргынга, талоонго кириптер кыла бермей анын көнүмүш адаты болду.

Ага ар бир кыпчакты «бөкөчө» кылып айтып чоочутуп, «так-таажыңыздын амандыгы үчүн», «өлкөңүздүн бейпилдиги үчүн» деп шыбырап, көкүтүп салып турган ордо шумдарынын дил тереңинде те көөнө замандан берки түрк ордолорунун көбүндө эң кубаттуу жамаат болуп келген бир чоң тайпаны өз таламын талашууга, акыры келип, түбөлүк жарамсыз кылып таштоо максаты быгып жаткан болучу.

Тымызын ой тымызын эле бойдон кала бермекпи?!

Алымбек датка, молла Алымкул бек 1858-жылы көзкөрүнөө Гүлшаага жыйын курап, жакында Бухарадан кайра келген Мала бекти «хан» деп жарыялап салышты. Дагы баягы кең Фарганаы айланта соккон ак коргон болуп турган улуу тоолордон шамал менен жарышкан азоо аттарын түйлата элеттин эр азамат уулдары дагы жазгы киргин кара селдей каптап түштү. Кудаяр караңгы түндү чүмбөт кылып жамынып, кара башын араң куткарып Бухараны беттеп качты.

Эми келер ынтымакка кан ордо? Тиртеңдеген тес кыял эмес, турмуштан кыйла кагуу жеген, нары да Бухара ордосун көргөн Мала алда канча токтоо, аяр экен. Көрүнгөн бексингендин көзүн кызартып, көптөн бери талаш-тартыштын себеби болуп келе жаткан «аталык», «миңбашы» деген орун даражаларды өзү таажы кийген күндөн баштап эле оозго албай жойду да, иш жүзүндө хан өкүмдарлыгын ордуна койду. Өз жанына да, ордо ишине да ичкериден жана элеттен теңшеп, а вилаят акимдерин, шаар бектерин, аскер саркерлерин ишкерлигине жараша ылгап алышка далалат кылды. Алымбекке Анжиян, Алымкулга Маргалан вилаяттарын түздөн-түз башкартып, жалпы өлкөнүн өтө маанилүү маселелерин өзү баштап, өзү бүтүргөн соң гана айтып, аларга «акылдашкан» гана өңдөнүп коёт.

Мурдагы убадасынан гана тая албай ооз жүзүндө Алымбекти жаңы барганда бираз убакка Кокон шаарын башкара калганына байланыштуу «ордо башы», андан соң «датка ага» деген болуп, төргө чыгарып көңүлүн алып, а иш жүзүндө аны нак бийликтен какас тутуп, «бышкан аштын эле ортогу» гана сыяктантып алган.

Сырты сылык, ичи күптү ордо, кармаштын тымызын үрөнү күнүгө акырын өнүп жана чайлап келе жаткансыган кооптуу бир туңгук абал.

Тигине, орустун майда кошундары Үч-Алматыга келип, бүткүл кыргыз казак тайпаны ээлеп алып, дагы бери карап турат ко?!

«Орустун алдын тостурмакчы», «кудай берсе, Үч- Алматыдан кайра сүрүп, андан нары Ак-Мечитти бошонтуп алмакчы» болуп, Мала-хан онбеш миңден ашуун кол курап берип, Ташкен беги Канаат-шаны ошол 1860- жылдын күзүндө жолго чыгарды. Кошунга баш-көз болсун деп, «датка агасынын» көңүлүн сураны.

Керилген Сары өзөн Чүй...

Түнү аяз, боз кыроо, таң эрте менен баш аягына көз жетпеген керилген өзөн күмүш чапкан сыңары көгүлтүр акчыл түрлөнүп, ар кай жери жылтырап, бирткелеп кыроо эриген сайын көздүн жашындай мөлтүлдөп тамып, сарыгып, жер нымыгын, жер бети

алтындай саргаймактап, күн жылымдаган ченде көзгө илеше илешпей булаңгыр чырым көк буу көтөрүлүп, ава да мемиреп, бир түркүн кеңирсий дымып турат. Саз, сай жээктей арасына тобу менен төө кирип кетсе табылбагандай шыкала өскөн кара камыш, миң түрлүү чөп чайлаган, калың чий те алыстан ак каймалдын чуудасындай үлпүлдөйт. Коён сереңдеп, бир тартым жалын болуп чубала кызыл кыргоол учуп, түркүн куш үн алышып, тири маглугу бейпил. Суу бою жакасында кыштоо аз, кышкысын бети ачык жалаң жер сыдырым суук, кези менен сөөктөн өткөн карандай шамал, адам түгүл малга да катаал болуп, көбүнчө жер уун билген эл ылымта кууп, жайы салкын, кышы жылуу тоо койнуна ыктайт. Жаңы келген жат көзүнө бу кең өлкө ыңгырап бош калгандай көрүнөт да, те көк тиреген улуу тоо башы ак кар көк муз, берки булуңгур адырмак өтөгү боз чаңгыл туман өзгөгө туңгуюк сырын, эзелки дымагын, кубатын тымызын катып, өзгөчө бир сүр, айбат сездирет.

Кең Сары өзөн Чүйдүн бейпил коңур күзүн каптап келген көп кошундун дүбүртү сестентти. Канаат- ша те Оулия-Ата шаарына келгенде эле алдын-ала атайын чабарман чаптырып, бу Сары өзөн Чүй бoорун мекендеген кыргыз кыпчак бийлерине казатынын максатын айтып, «эртеңки орус менен бетме-бетинде көмөк болуш үчүн элден каракелтек жыйлап, алдынан тосо чыгып, кол куушуруп туруштарын» катуу буйрук кылып, кушкат жиберген.

Бирок, ал төмөнкү бөксө адырлардын наркы-берки беттерин кыштоологон кыргыз казак төрөлөрүнүн төрүнө чыгып, өргүп калды.

А Жыламыштын көз кайкыган түзүнө атайын онеки канат жумурткадай ак өргөө көтөрүлгөн.

Бир жагы бул элге тууган, бир жагы ордонун аталыгы болуп эсептелген кадырлуу да, оозунда эми, кабагында сүрү бар датка мейманды жандай турган жергилик бийлер, кидирбей кызматына жүрө турган сыйда, элпек адамдар иргелип чогулушкан.

Өргөө жылчыксыз калы килем каланып, кийиз, шырдак төшөлүп, төрүнө аюу талпак, ошол жылдагы эрте келген күздүн ырайына жараша жылууланган. Күнүгө биртке арчадан от жагып, түңкү сыдырым аяздын тумшугу сындырылып, адамзат байырлашка ылымта кылынган.

Өргөө ээси Жангарач бий байбичеси экөвү түндөсү келип түнөп, күндүзү караан көрсөтүп, ак тонун күпүйтө эшигинде басып турат. Жер таза болсун дейт, үйлөрдүн жака-белине бейчеки мал жолоттурбайт, ат байлаттырбайт. Сөз учурган ар кандай айыңдан какас болуш үчүн бөтөн бирөөнү башбактырбайт. Мындай күтүнүш келе жаткан меймандын кадыры, эл көзүнө өз баркы эмеспи?! Тиги жат Канаат-шага теңдешер, бул элге арачы түшөр кадыр да, күч да, ошол өз тууганы Алымбек датка экени аяр Жангарач бийдин өзүнө да, жамы журтуна да дайын.

Бийик жайлоо Суусамыр, түзөңүндө али кар жок, те алыстан көргөнгө көктү төбөсүнө көтөрүп тургансыган улуу тоолору чубалган көп кошундун көзүнө чиркелише ийриле чөккөн бир өңдөш ак төөлөрдөй, жапыз, жакын көрүнөт.

Эң алдыда бөлүнө бастырган топ атчан кайгуул, андан соң туу башы, андан кийин кара жалдуу сулуу сары жоргочон кошун башы, куйрук улаш жан жигиттери, арты көрүнбөгөн көп кошун Төө-Ашуу түбүнө таянып, жүктүү ат-көлүк башбоолорун чойдуруп, илкип-калкып калды.

Өйдө караганга ашуудун карлуу эки ийни ак босого болуп көрүнүп, көктү тиреп тургансыйт.

Быякка биринчи жолу келе жаткан кошун башы датка камчылуу колун серелеп, тегерете тиктеп келе жатып, ошол ак босогодо турган адам караанын көзү чалды. Узун бойлуу. Бу адамзаадабы? Чоң тебетейи ак босогого теңдеш. Же бул жер бүткөндүн жонундагы өркөчү, башындагы таажысы болгон касиеттүү улуу тоолордун сыйкырлы эгесиби? Оңдонуп көз салды, караан дагы эле былк этпейт, жанынан эч жан көрүнбөйт.

Жакын келе бергенде бир кең көкүрөк, кашы чимирилген бүркүт кабак, кара сакал, саргыл темгил тай сүлөөсүн бөркчөн адамзаада даана көрүндү, ал жай козголуп, алагар тик көзү саал жумшаргансып, жайкала кошун башыны тосо басты. «А-а, каранын каны өзү го?..» деп болжоду дилинде аяр датка:

— Ас-салоому алейкум... —деп, кыраатын келтире салам айтты. Атчан жөөгө, бирөө экөөгө, басып келаткан жатканга салам айтмай кыргыз сылыктыгы.

— Ва-алейкум-а ас-салам...—деп, Байтик да кабагы жазыла алик алып, атчан менен тең боюнан саал эңиле камчылуу колун көкүрөгүнө алып алик алды. — Келиңиз, келиңиз, датка ага... — деп, аттан колтуктан сүйөй түшүрүп алды, төш тийиштирип, кучакташып учурашып калышты...

Он эки миң ашуун кошун башында келген адигине тууганы Алымбек датканы Жангарач атайы көтөрүлгөн ак өргө эшигинен кучак жайып күтүп алды.

Керней тартылып, теребел бир түркүн чуу шаңга толуп, мындайды эзели укпаган үйүрлүү жылкы үркүп, калың эл таң калып, казганаттап жарданды.

Кучак жая, жан тууган салтын өтөп, төшкө төш тийгизе кучакташып көрүштү Жангарач бий, астейдил кубанып алган:

— Кел, журт агасы, кел төргө...—деди.

Датка узун бойлуу, арык чырай, ирeңи кара сур, кашы керилген, кишини мелтейип тик карашынан өз баасын билгени, өз дымагы сезилген, сыйда чертилген чокчо сакал-муруту эми гана бирин-серин буурул кыл аралаган, мырза сөөлөт адам экен. Өз уруусу адигине атпай, амири астындагы бүт Анжиян багытында жашы кичүү да, жашы улуу да бирдей тегиз аны «журт агасы датка ата» дешет. Бирөөнүн жакынсынганы ага көнүмүш, жакшы сөзүнө бышы кулак. Чүчтөдөй ак сакалдуу жүзүнөн жадырап ырайым гана төгүлгөн Жангарач бийдин кучак жайганына датка бетинен түшө да койбой, бой да көтөрбөй сыпаа ийкем тутунуп көрүштү. Кең өргөө төрүнө кашкары килем үстүнө жая салынган аардуу шайы төшөккө өтүп, ийнинде жаннат ичиги желбегей, кайруусу кере карыш акчыл сур кундуз кызыл бөркүн албай, али бирдемеге ык, мамиле сездирбей, бул элдин теспенин ташындай улуулата бирден жыла кире салам айтышкан жакшыларына акырын баш ийкей алик алып, бирок баарын сыдыра тиктеп, серп салып олтурду.

Төбөсү түндүк тиреген, отурса бир улага бүт толуп, нылдай кара сакал, даңкы ага алыстан угулган баатыр Байтик сөөлөтү өзгөчө. Байтик жашы улуу өз агасы Жангарачтан, кадырлуу Жантайдан оозунбайт, күт этпей сөзгө ирет, маани берип гана былк этпейт. Бирок, кыраакы ордо адамы бу нары меймандос, нары тууганчыл аксакалдарга караганда баатырдын тымпыйышында чие түйүн турганын, акыры келип, айтылар сөз да, бүтүшөр бүтүм да ушунда экенин баамдабай коймокпу?!

Салт билги солто кадырлуу датка тууганынын урматын аны сайын көтөрүп, те Кокондун өзүнө угулсун, ичи жакшы тууганга сүйүнүч, ичи арам душманга күйүнүч болсун кылып, ырымдап, тиги эле өкүмдарлардын өзүнө кылынчу урмат белгиси акбоз

бээ чалдырып, колунда эмне бар болсо ошонун баарын төгүп, жайнатып, ага кошумча астейдил жадырап кубанып, жүрөгүн ачып, өлчөмсүз ыклас менен тосту.

Көп кошун кече күнү эле келери менен кош жаюуга даткадан буйрук болору замат ар бир паңсат өзүлөрүнчө үйрүлө төмөн түзгө тарта жамырата жеңил чатырларын тигип, аттарын кашекке коюп, куурай, тезектен от жандырып, жылым оокатына кам көрүп, өргүп калышты. Жангарач бий көтөрткөн он боз үйдүн сегизине датканын өңкөй аскер саркерлери бештен бөлүнүштү. Калган эки боз үйгө элет бийлери ырткашты.

Өргөө эшигине куралдуу эки күзөтчү түнү бою тик туруп, эртең менен гана башка эки күзөтчү келип, күзөт алмашты. Үй ээсилик салтын өтөп, элет бийлери орундан таң эрте турушкан. Күзөттү көрүшүп, али тымтырс турган өргөө жакка аста серп салышып, бирок ар ким адеби менен адам эмеспи, унчукпай, акырын кыбырашып, өз конок үйлорүнүн эшигинде
өзүлөрүнчө ой жоорушат. «Йе, бирдемесин ууру алмакпы?!» дейт кай бири. Кай бири: «Тартиби ушу го...» деп, макул болуп, бирок бул саксынган тартиптин нары жагында ишенбөө жашырынып турганын купуя болжойт.

Күн чыгыш кызарып келатты. Ким ойготот? Элет бийлери бирин-бири акмалап, тымызын суроолуу тиктешип, ар бири өзүнчө тунжурап турушту.

Жангарач бий акыры тамагын кыра жөтөлгөн болуп, өргөө эшигине келди да, ичкери кирмекчи болуп басты. Ынды окшойт экөөбү тең, иреңдери жылтыр кара, көздөрүнүн агы кызгылт сары тарткан үрөйү чоочун кишилер экен, күзөтчүлөр кылычтарын кайчылаштыра Жангарач бийдин алдын тосуп калышты. Бул эмнеси?! Ыя, бул эмне, өз өргөөсүнө өзүн киргизбейт?! Жангарач бий кабагын чытып, эрдин кымтып, күзөтчүнүн бирин кадала тиктеп:

— Эй, кара кул, сен немене, мени тааныбай турасыңбы? Же...—деди бушута.—Ыя-а?..

Ичкериден шак алакан урулганы угулуп, мелтейген кара күзөтчү леп өргөөгө кирип, кайра эле дароо чыкты да, төбөсү менен тик сайылып, Жангарач бийге жол бошото таазим кылды.

Эрте туруп, дааратын алып, намазын окуп, төшөккө жатпаган сыякту кечеги сөөлөтүнөн бузулбай Алымбек датка төрдө отурган. Иреңи дагы жымсалдана алагар көзү толуп, көп күндөн берки ат үстүндө келген жол азабынан биртке тыныга калган экен.

Ошол эрте мененки жеңил сый тамак убагында өргөөгө иргеленген баягы элет бийлери чогулду. Баары элтең ойлуу, баарынын кулагы түрүлүү, бир орчун кеп-кеңеш болуп кетерин тымызын туюшкан сыяктуу.

Кол беришип учурашкан соң Байтик босого ченге кайра кетип, өргөө ичин те түндүктөн бир имере тиктеп, анан алдында үңкүйүп от ичкериштирип жагып отурган малайды акырын көчүккө бутунун учу менен түртүп, ал карай бергенде көзүн шилтеп, тышка чыгарып жиберди. Керегеде кулак бар, кеп айтмак болсоң ырак бар, сырдашканың көбөйсө, эртең тышыңа жаяр ооз табылар! Мунун баарын көз жаздым кылбай байкап турган Алымбек датка Байтиктин көзү көзүнө учурай түшкөндө «туура кылдың», деп, тымызын башын ийкеп, бу дөө чалыш адамда айбат гана эмес, аяр акыл да бар экенине тен берди. А Шабдан жылдызы жылуу, кимди да болсо имере сынай тымызын тиктей билген, өзү чакан, арык чырай, сыпаа жигит агасы экен. Өз адеби менен,өзүн көзгө түшүрүшкө эч умтулбай, кайта кымырылып, бирок бар ынтаасы азыр

ортого түшөр сөздө болуп, бир нече мертебе же таң калганы, же аңдыганы, жанагы жагымдуу жымыйган үрөйүндө датканы акмалап отурат. Түзү ийгиден түңүлбө! Датка али бир ооз сөз алышпай отуруп, бу жигитке мээри түшкөнсүп, ичи жылып, серп салып койду.

Жангарач бу бейбапа дүйнөнүн улагасы менен төрүнө, башталышы менен акырына өз ою, өз кайгысы бар, эгер ошонун айтканы менен оңолсо, ошонун колунан келгени менен бүтсө ал каралай көз калың журттун кабак түрүнө, мүдөөсүнө гана, журттун жалпы пайдасына гана жүрүү жагын көздөп, эми минтип сакалы куудай болгон чагында бир элге чоңсунуу эмес, бир кишиге акарат кылуу эмес, жыланга кол көтөрбөй турган санаага келген, арык чырай, куш мурун, кабак үйрүп тиктеген тик көз, бирок бекер сөз оозунан чыкпаган, элге алынып, «укурук моюн, узун акыл» атанганы бий көр дүйнөгө да, бийликке да токмейде болгон адам.

Булар эки бир туугандын балдары, илгертен аталаштардын ичинде бийлик тизгини кыйынына берилген эмеспи, Канай бийден соң солтону башкаруу Эшботонун аяр уулу Жангарачка өткөн, кийин бала кезинен эле торпок жарыштырып «канайлап» ураан чакырып, жетилген курагында күлүк таптатып чаап, жигит курап барымтачылардын алдын тайманбай торогон баатыр, бир жагынан жөн билги Байтикке укурук моюн, узун акыл ак көңүлүнөн алакан жайып бата берип, айтамгалуу көп солтонун бийлигин өзү тапшырып койгон.

Ошол отуз жаш чамасындагы Байтик «бий» делинбей, «бий» наамы авасында эле калып, өзү жетинген «баатыр» сөөлөтүндө журт башкарып, эл оозунда кала берген. Тула бою шыңга, дайыма каары, катуулугу түктөйүп үрөйүнөн көрүнүп жүргөн баатыр кыргыз кыпчактын оңу менен солунан «дил билги», «дин билги» «сын билги» деген жумуру башынан жанына имерип, ар бирине алейне иш-милдет берип, адилет эсеп-кысап алып, өзү бир гана уруунун билерманы болсо да, жалпы кыргыз кыпчактын дөөлөтмандарына мисал кыларлык калыс бийлик үлгүсүн жүзөгө ашырып, «каранын каны» атанып даңкы алыска угулган. Ошон үчүн Байтик «үйүрүнөн тай качырбас боз айгыр», солто «болгон солто», «ток пейил солто», «ичи кең солто» делинет, ошон үчүн коңшулаш уруулар булардын ыгына чоочунбай имерилип турушат.

«Бий» атагы гана калган укурук моюн узун акыл Жангарач бул инисинин доорунда эл аксакалы, ой башы, той башы.

Жангарач бий астелеп кыргыз кыпчактын оңу, солу, эзелтен боло келген биримдиги, жана да башка тайпа журт менен кылган алакасы, тамыр-сөөк байланышы жайында жылдырып кеп тегин алыстан, тооруп баштап отурду. Ким билет ичине кирип чыкпаган соң?! Не дейт, датка эгизиңдин түгөйү болгон күндө да, өзү ордонун экисинин бири, анан төргө отургузуп алып, жаакка тарткандай кылып, көзүнө ордосун жамандап кирсең чоочуп чыргыйттап кетиши ыктымал эмеспи?! Сөзмөр бий деги атайын эмес сөз арасында эле кыстаргансып, а түгүл бир буун жакын тууган ынтымаксыз бийлерине каймана кылып отургансып, жылымдап кеп салып отурду.

Тиги эки жагына тең ташталган куш жаздыкка чыканактабай, тизе бүккөндөн бери мандаш бузбай, туурдагы куштан бетер чукчуюп, эрдин бек кымтыган бойдон дит коюп, ээгин саал көтөрө ормоюп тиктеп, Алымбек датка бир да жолу сөзүн бузбады, же кубаттоо, же жаратпоо сездирбей бир кунунда мелтейип, сөз акырын күткөнсүп тиш ачпады.

«Э-э, бу да соо болбой калган экен го ордосунун шум ооруусунан?! Сөз, же сөзгө болгон бир пейил карматкысы жок турбайбы мунун да?!» деп, баамчыл Жангарач бий астейдил таң калды. «И-и, бул өйдөсүнгөнү эмеспи?!» деп, тууганына өктө да ойлоп, таарынып, акырында чочулап, сөз маанисинен чалыштап, андан нары көңүл түпкүрүнөн жатыркоо сезим ойгонгойсуйт. Фарси үйүтүн тутунган, деги шайыдай үлбүрөй шарият жобосунан сөөм жылбай турган окшогон ордо адамдарына эч качан аралашпаган. Бүгүн бир табактан даам сызып, мээрлешип сүйлөшүп, а эртеси турмуш өзүнө карама-каршы койсо бирин- бири жымыя отуруп желдеттин алдына салып бере беришкен мүнөзүн алыстан уккан. «Пай-пай, жаман ниетин кантип жашырып отура алышат а?! Кечеги эле жанаша жүргөн үрөйү жакшы бурадарын кантип кара көзүн жалдыратып жайнатып туруп, өлүмгө кыйышат а?!» деп, астейдил эти үрккөн адам. Бу коңшулаш кыргыз казак төрөлөрүнүн аңкылдашып айтышкан ачык кармашы, бирин-бири таамай сөзгө, доого жыгышканы, кези келсе ачык эле көк союлга кирип карсылдата сабашып алып тынганы — дегиси элет адамынын байыркы кезден касы менен да, досу менен да тике бетме-бет келген эр көкүрөк жосуну бийдин дилинде жогору.

Жангарач бий ошол таптагы датканын ордодогу акыбалынан кабардар болчу. Мала-хан муну «датка ага» дейт. Бирок, кийинки айларда «датка агасын» баягы «улук увазир» деген куру шардан наамы менен коюп, ордонун ойлугунан тышкары калтырып, бирок ачык ажырымга барышка батынбай жүрөт. Алымбек датка качан болсо шилтеген жагын жарып түшө турган жалаң өз кыргыз кыпчагынан тандамал жан күйөр кошунун жигин бузбай багып келе жатат. Хан ар бирине казынадан алейне пул төлөп, ордо аскерин бөтөн элден көбөйтүп, мерчемдүү шаарларга ошондой эле кара башына дүнүйө гана термелеп жүргөн бөтөн адамдардан бек коё баштады. Ушул эле перс Канаат-ша — Ташкен беги, теги арап Шатман кожо — Түркстан беги, бадахшан калчасы Рахматулла — мына Бышкек беги. Мунун баары ордого тең ата кишилердин таасирин, беделин пастатуу. «Мейли, куйтуңдап көрсүн! Тыякта ордо үч араан, быякта орус элди күндө колдон талашып турган чакта бу куйтуңдашы өз башын жейт. Кана, ар кимисин бир кучактап, үч жаатты дагы мен ийгерип берем, оруска ыктап калган бул элди баш атташпас туугандыгымды ортого көлдөлөң коюп, дагы мен кайра кошом. Ыя, а мен бөлүнсөм мени ага ким ийгерип, ким кайра кошуп бере алмакчы?!» дейт дымактуу Алымбек датка, азирет ханын көз көрүнөө тоотпойт.

Жангарач бий үн көтөрбөй, кыжырланбай, демикпей, жайма-жай маани тереңдетти:

— Те илгери Каркыра ашып, Тектестин калмагы үч каптады — анда калка болгон жок ордобуз. Кийин орус менен кагышып, аргасы түгөнгөн соң «кыргыз кыпчакты элкин тоодон сүрүп, жер бошотуп алам» деп, Кененсары бир каптады — мында көмөк болгон жок ордобуз. Э-э, кечеги ишти айталы, не таршыганыбыз, не кедерибизге кеткенибиз, иши кылып, өз ичибизден иригенибизде Кылжырдын эки баласын кой- койлоп арага түшө албады ыйык ордобуз...

Алымбек датка эрдин бек кымтыган бойдон, алагар көзү чоң ачыла элтейип, башын акырын ийкеп, унчукпай тыңдап отурду. «Ушуну айтышмак! Баары ырас. Ишенип, мени туугансып айтып отурушат...» деп, айтылган өктө акыйкатына да тен берип, өзү да көңүлү жибип отурду.

Билермандардын бири:

—Э-э, не жоругун айтып түгөтөсүң, бий? — деп, коштоп сөз кошту. — Эми келип, өзүлөрүнөн башканын баарын айбансынтып, «кошун жыйна, дин мусулман жерин тазалайбыз каапырдан» деп, дагы журтчулук парызыбызга такап турганын кантесиз?!

Жангарач бий:

— Мына бу Канаат-ша кызылбашын Ташкенге бек койгонунан бери кысымы дагы күчөйүп барат. Ушу биз тараптагы чептердин бардыгы Канаат-шанын амирине карап калган дейт, азирет хан буга айрыкча эрк берип койгон дейт. Бирөө менен жарашам десе жарашат экен, бирөө менен урушам десе урушат экен. Быякка чыгарында ушу отурган бийлердин баарына атайын кушкат жибериптир, «кошун жыйгыла, ыйык казатка чыккыла» дептир.

Бул датканын баасы, ордодогу салмагы жөнүндө кеп болгондо бүт Анжиян журту оозун караганы баарыга дайын, бу кут жактагы толук кыргыз кыпчак дайыма эстелип, булардын деми датканын пайдасына эсептелип жүргөн. Бирок, Алымбек датка өз вилаятында[1] талаш-тартышка көп элек болуп, нары да жер обочо болгон соң булардын тирилигине аралаша албай, сыртынан өзү да бел тутканы менен, оңдуу сырдана эмес болучу. Өз колу менен таажы кийгизген селсаяк Мала жерий баштаган чакта жалпы кыргыз кыпчактын биримдиги ал үчүн зарыл болуп турган. Эгер Канаат-ша чын эле орусту Ак-Мечит жеринен сүрүп кайтчу болсо ордо көзүнө да, журт көзүнө да Мала-хандын аброю асманга чыкмак. Муну Алымбек датка да жаздым кетирмекпи?! Ал дагы «каапыр менен кармашуу» дегенди бетине тута Мала- хан менен жооптошуп, өз кошунун баштап, жолдон Куртка, Кетмен-Төбө чептериндеги сыпайларды кошо алып, кыргыз кыпчакка карата болгон арам ойго атайы бөгөт болом деген жашырын эрегиш менен келген. Мына ушундай күн ашкан сайын абал оорлошуп, күн ашкан сайын жалган көшөгөнү сыйрый тике маңдай өлөрчө кармашуу жакындашып калган мезгилде булардын ордого болгон ачык кинээси Алымбек датканын көңүлүнө жакты. Ордонун бейбаштарынан коруп ала турган болсо бул эл ага ар кандай заман селинде ноюбаган кубат, майышпаган бел болуп берерине бекем ишенди.

— Жо, кадырыңар жам болсун, бийлер, эми жалгыз аяк Канаат-ша эмес, ханыбыздын өзүнө да тепсете койбоспуз... — деп кыйытты Алымбек датка.

«Ыракмат!» «Тууган деген ушул эмеспи?!» «Бир кудай өмүрүңүздү узак кылсын!» Бийлер дуулдап кетишти.

— Түзүк, тепсетпейбиз дегениңиз түзүк, — деди Байтик, — бирок, «хан» деп көтөрүлгөн соң хандын өкүмү жүрөт, ошон үчүн ханга акыл да, ал да жете турган болгон соң, бирөөнү «хан» деп, аны ичиңде сыйлабасаң да, «азирет» деп, кол куушуруп, жалган эле жылмаңдап отурушубуздун, датка, не кажаты бар?

Баары мостоюп, мелтиреп отуруп, сөз акырын күтүштү.

— Кажаты жок, — деди өзү Байтик, — өзүбүздөн хан, өзүбүздөн азирет кылсак болбойбу? Куп болот! А ордо эгеси өзүн болсон гана тепсетпейсиң, өзүң болбогон соң «тепсетпейбиз» деген куру кайрат, куру дем бойдон кала берет.

Баары кут этишпей, бул сөзгө бир ооз экени сезилип, бийлер мелтиреп калышты. Алымбек датка алдыртан сыдырып тиктеп, бул астейдил ой-санаа экенин туюнду. Бирок, оозуна сөз кирбей, тиги ордодогу экөбүнүн бири айгак болгон шарты сак кылган

[1] Вилаят — бир суу эл, дуван, область.

адам көңүлү балкылдап кеткенин сыртына чыгара албай иреңи гана тамылжып, бир эси чыккандай элейип, отуруп калды.

— Нүзүп бий не тапкан?! Мусулманкул миңбашы не болгон?! Өзүнөн хан көтөрүлмөйүнчө кыргыз кыпчактын көрөр күнү ошол. Ар кимиси ар жерде ар кимге таламай болуп кала берет. Мына ушуну ойлонуш ылазым, датка. Болбосо, биздин эл кечет бу жаман төөнүн жабуундай боло албаган ордодон! — деди Жангарач бий томсоруп.

Кечип кайда барышат?! «Орустун карамагына өтүп кетебиз» деген маани туюп, Алымбек датка чоочуп калды.

— Э-э, кечип кайда бармакпыз?! — деп, жаяптай кеп урду Алымбек датка. — Битке өчөшүп, жалгыз тонубузду отко салганыбыз туура боло койбос. А көрө, жети өлчөп бир кес дегендей, башка бир аргасын издеген ылазым го, Жаке.

Өз өздөй сырдашуу уланды.

Бу кыргыз кыпчак журту те байыртан эки канат болуп биригип келген. «Оң», «сол» делинет. Оң — адигине, тагай, моңгуш, отуз уул; сол — кушчу, мундуз, саруу, басыз, кутай, он уул ичкилик. Мындай «оң», «сол» болуп кайра биригиш бул элге өзүнүн алыскы теги оңгар менен соңгар эрежесинен кала келе жаткан салт. Оң — оң, сол — сол, кар — кары, кол. Тышкаргы журтка оңгар — гунн же хунгар, сонгар — зюнгар же жунгар делинип тараган.

Теги бир уруулар бир заманда кыргыз, бир заманда моңол, бир заманда түрк, бир заманда токсон боолуу сарт кыпчак курамына кирип, андан соңгу кылым арасында кыргыз кыпчак, өзүбек, кыргыз казак болуп бутактаган. Кийин кокон ордосу куралган кезде кут жагы Арал, күн чыгыш жагы Кашкар, күн жүрүш жагы Бадахшан аймагындагы отурук кылган өзүбек, тоо таяна жашаган кыргыз кыпчак, чөл талаа жакалаган кыргыз казак баш койгон. Бирок, ордо өкүмдарлары ар дайым ошол кол алдына бириккен үч тайпа журттан эмес, «ата мурасы» эске алынып, бул эски жобо шарият эрежесине да ылайыкталып, качанкы бир кезде жок болуп кеткен «хан тукумунан» табылып, көтөрүлгөн. Эң оболу бир тайпанын күчү менен көтөрүлгөн хан ошол тайпанын гана мүдөөсүн көздөп отура албаган, үч жакка чойгон үч жааттын ортосунда аргасыз жылмаңдаган күн карамага айланып, же бул үч тайпа журтка бирдей кам көрүш, үчөөнү кайра ыкташтырар акыл, калыс саясат, баарына тең бир улуттук ыйык максат көздөбөй, кайра тымызын тукурмай, бирине бирин кагыштырмай, алсыратмай, ошону менен өзүнүн амандыгын сактаган оңой, бирок макирөө жолго өтө беришкен. Үч тайпага тең түшүнүксүз фарсиче иш кагаз жүргүзүп, колунан келгени фарсиче казал да жазып, ордосунда өзү башкарган журтка бөтөн маданият тутунушкан. Тагдыр чечүү, бүтүм бүтүрүү кездеринде үч тайпанын тең байыркыдан келген салтын, адатын эске албай, ага атайын негиздебей, атайын ислам шарияты боюнча эреже карманып, дайыма эле ислам эрежеси да туруктуу болунбай, көп учурда салттан да, шарияттан да тышкары өз башына кандай пикир келе калса ошондой ойлук кыла беришкен. Демек, Кокон ордосу кол алдындагы үч тайпа журттун биринин да улуттук мүдөөсүн, өнүгүүсүн көздөбөгөн өзгөчө бир бөтөн сымак акимчилик, мамлекет катары эскирген, тарки кеткен байыркы амир Темир улусунун кеткетинен[1] бытыраган майда, ырксыз, алсыз акыркы көйүндө калган сары журт болгон.

[1] Кеткет — уроо, жакшылык мезгилдин кетиши.

Жыл өтө берген сайын бу бир кезде түбү, теги, тили бир журт өзгөрүлүп, күнүмдүк тирилиги, күткөн мүлкү, урунган буюму бөлөктөнүп, ажырымдалып, ар бири өз алдынча бирткелеп бөлсө да өнүгүп, өзүнчө улут түркүмүнө айланып, эми өзүнчө улут мүдөөсү, улут биримдиги зарыл мезгилге келип такалган. Өзгөчө өз алынча эр көкүрөк, оңойлук менен бирөөгө баш уруна койбогон, рухунда кайберен сыяктуу элкин тоолук кыргыз кыпчак тайпасы бир кооганын ичинен чыгары анык. Саал илгери эптеп өз ичи арасынан мураскор таба коюп, ордонун бийлигин басып алуу көздөлсө, мына бул учурда, ак паша абайлап — бир колу Хазар көлү жактан, бир колу Шыбыр жактан сунулуп, акырындап капшырып, Ак- Мечит, Капал чептерин алып, андан бери бу Ысык-Көл, Сары өзөн Чуй боюна дейре таасир өткөзө баштаган учурда кыргыз кыпчак шарттан утмак — көптөн көксөгөн «ордону колго алуу» ишин биротоло түбүнө жетмек, же чыры башынан түгөнбөгөн кан ордодон кечип, өзүнчө өз ордосун көтөрүп калмак табында турган.

* * *

Үч күн бою ак жаан болуп, ошол 1860-жылдын 15-октябрь күнү тушардан чыгара карлап басылды.

Бул жерде туулуп өскөн адамга бул көнүмүш нерсе ава ырайынын ар кандай кубулушуна камдуу болушат, а жылуу Ташкен айланасынан чогулган, нары да жай мезгилки жеңил кийимин алмаштыра элек кошунга күтүлбөгөн катуу жапа болуп калды. Ылдыраган жука чатырларынан токтолбой жамгыр эленип, көчүк басар кургак орун калбай, өтмө катарынан өтүп, сууга түшкөн чычкандай шүмүрөйүшүп, ак жаандан соңку чыкыроонго көк тумшук болуп тоңушуп, тынымсыз бир беткей ырылдап жүрүп турган шамалга өпкөлөрүн кактырып, алды көз көрүнөө ич ооруута чалдыгып, сасыган токулга жамына бүк түшүп жыгыла  башташты. Ээрге тартынган талпагын ичине ороп таңынып алып, биртике селтапкыч кылган курама[1] баягы күнү эле кабатынан кымкап кие буластаган сарт бурадарынын ийрейип ичеткек болуп жатканын көргөндө: «Э, айланайын ай касиетиңден, артык турбайбы тогуз катар тонуңдан токтучагым териси?» деп тообасы оозунан түшпөйт. А тоңгон сарт: «Э-э, ушул айларда дагы ушундай алаамат суук болчу беле, бу бир мүшкүл кудайдын өзү жиберген, көрөсүңө-өр, бул казат оңго жүрбөйт...» деп, коркунучтуу кеп уруп, көпчүлүктүн аңы уча баштады.

Сары өзөндө туугандарынын жылуу үйүндө мейман болуп жаткан Алымбек датка атайы жиберилген чабарманга келер-коёру качан экенин да айтпады. Дагы ушинтип бөрүгө байланган улактай учу-кыйырсыз кең талаада жата бере турган болсо, кошундун деми сууйт, тарки кетет. Канаат-ша кернай тарттырып күрсүлдөтө дабыл соктуруп, бүт кошунду шашылыш козгоп, өзү алдына түшө: «Иа, алла !» деп, ат жалына өбөктөй чаап, ошонусу менен дем кайрат берип, жолго чыкты. Кошун уюткусун Жирен-Айгыр суусунун боюна түштөнттү. Чубаган кумурскадай көп аскер шамалдан буйга аң-сайларга өрүп өңүп киришип, көк жылгындан кыйратып кыркып от жагышып, суук күздүн алсыз нуруна чубакташып калышты. Иргеп, кол алдын дагы алга умтултуп, Жирен-Айгыр жеринен нары созулган Кара-Кастектин күн батыш тарабына өткөрүп салды. Өзү

[1] Курама – урүу наамы

туштөнгөн Жирен-Айгыр боюндагы кошунга текши көрүнөө дөңгө кош тиктирди. Мына, аттын башын бир дыр койсо орус бекет кылган Узун- Агачка кирет!

Таздын башындай такыр дөңгө Канаат-ша бир колу тарабына бир кыл ак таш, бир кол тарабына бир кыл кара таш, ар жерге топ кылып, улам бир тобун алга жылдырып, бир тобун артка шылгай сүрүп, кара таштарынын бир кыйласын ак таштарынын те арт жагына алыстан имерилтип өткөрүп, Канаат-ша өзүнчө мыңкылдап, башын чайкап, ийкеп, өзүнчө күйгүлтүк тартып отурган. Пансаттары баары аны тегеректеп алган, тизелерин таяна өңкөйүп карашып, аскер- башысынын ой-санаасын түшүнө бере алышпай аңыз кылып турушат.

— Вай! — деп жиберди капилеттен бири.

Канаат-ша чочуп, «орус кайдан чыга калды?» деген ой заматта көңүлүнө келип, ордунан тура калды да, эл караган күн жүрүш жакты карап, каптан жүрүп келе жаткан көп кошунду көзү чалды. Ири алдында кырмызы туу кылкылдайт. Канаат-ша колго оңдуу илинбеген жылбырскы кыркма кара сакалын ууччай сылай: «Йе, буга да бир ажайып икая көрсөткөн белем кудурет!» — деп күбүрөдү.

Бул Алымбек датканын кошуну болучу. Ири алды кош канат болуп жайыла келип, Канаат-шанын ар тобу, ар жерде жайнап, томурайып жатышкан аскерине жете бербей токтоду. Жүздөй атчан Канаат-ша турган дөңгө карай тизгин бурду.

Жакындай келгенде эң алдыдагы Алымбек датканын өзүн тааныды Канаат-ша. «Э, мунун оюнда не жамандык, же жакшылык келе жатты экен а?..» деген күдүк көңүлүн курттай өйүп жеп турду. Бөйдөй кара макмалдап көөлөгөн ак көрпө тон кийген, сыртынан белбак курчанбай жылуу тондун сеңселген кара көрпө жакасы өңүрүнө дейре ачык, ички кызыл манат камзолу көзгө илешет, башында кайруусу кере карыш сур кундуз бөрк — датка урушка эмес, той кызыгына келгенсип, кабагы жарык экен. «Жакшы эле окшойт...» деген үмүт Канаат-шаны жубатты. Не деген менен Алымбек датка «улук увазир», «хан агасы» делинет, Канаат-ша азирет хан өзү берген бу казаттагы аскербашлык сөөлөтүндө датканын бет алдында тура албай, ага руху жетпей, бир жагы куру сыяпат кылгысы келсе да, бир жагы баягы малай үйүтүнө өзүнөн-өзү жеңилип, тосо барып, датканын элирген кызыл буурул жоргосун тизгинден алды, колтугунан сүйөп түшүрдү:

— Келиң, келиң... — деп, өзү оозунуп кол алышты.

Баамчыл мырза Шабдан алдыртан Байтик баатырды тиктеп, «көрүп коюңуз, биздин агабыз арбагын тебеледи го мунун» деген маани туюнтуп, жумшак жымыйлып койду. А Байтик баатыр буудан ат үстүндө зоңкоюп, заары эле сезилип турган кызыл көзүн тигип, ушул азыр датка тууганы «карма» десе Канаат- шаны үзөңгүгө басуудан таюу тартпай турган өңдүү өрөпкүп алган.

Канаат-ша:

— Келиң, келиң, — деп, аппак тишин кашкайтып, сүйүнгөн кейпин кийип, жанагы өзү таш тизгилеп отурган жерге ык көрсөтүп лыпылдады, — келиң,биз жаң[1] кылыш жайын ойлонуп отурган эдик, кана, көрүңчү, датка...

Түз эле тизген таштарын атайы тепсей барып токтоду Алымбек датка:

— Немене, — деп, дөңдөн эки жакка имере көз чабытын таштап, ныктай собол кылды, — топташ ойноп отургансыз белем, бек? Пай-пай оңгон экенбиз!..

[1] Ж а ң — уруш

Канаат-ша аңкайып карай берди. Мынчалык орой мамиле кыларын болжогон эмес. Дирт деп заматта анын да кыжыры ойгонуп: «Өзүңүз? А өзүңүз кайда жүрөсүз!» деп, беттен алмакчы болуп, бирок кайра дагы руху татакайлашпай, кайра бөөдө чатакты ырбатып албайын деген аяр ойго чалынып жыгылып, нары да азирет хан казат тагдырын ага жүктөгөн, биерде арзыбаган сөзгө кыжыңдашып отуруп ишти бузуп алса өзүнө эле күч келери бөгөт болуп, аргасыз ырсайды.

— Не күтүп отурасыз мени?! Колуңузга бүт Ташкен аскери, менин курама туугандарымдын кошуну, Туркстан, Оулия-Ата, Мерки чептеринин баатыр аскерлери толук берилген. Урушта туруш жок! Сиз минтип, ак таш менен кара ташты кагыштырып коюп, дөңдө далыңызды күнгө кактап отурган чакта, ыя, тыякта орустар камылгасын катыра көрүп алган жок дейсизби?! Биз го алыстан тоо ашып келдик, а сиз быяктан түз жол менен келдиңиз го, келери замат камынтпай каптап кирсеңиз алигиче Узун-Агач бекетин азирет хандын баатыр кошуну алып коймок. А биз Кашкелең ашуун ашып, тиги эле Үч-Алматы чененинен жолгошмокпуз! Эми мына баары жок, сиз дөңдө төлгө тартып отурасыз, биз сизди ителеп ала кетели деп, минтип кайрылып Кордойго салып, артыңыздан келип отурабыз! — деп, сүйлөтпөй кейиди Алымбек датка. Канаат-ша жаакташышка үлгүрбөй калды.

— Немене бу?! Кошунбу, бу, ар жерде тырайып, немене, же бир кыргындан тарки чыгып, өлө-тала бозгон элби?! — деп, зиркилдеп какты датка.

Канаат-ша:

— Эми, датка, көп сарсан болбоң, ишке өтөйлик! — деди кайраттана. —Үч жактан кысып жаң кылабыз биз, а сиз мына ушул жаң учурунда, датка, тоо тараптан айланып күн чыгыш жактан артынан пайда болуң — орусту алакандай кичинекей бекетине таш очокко камагандай жылчыксыз кылып ортого алабыз!

— Тез! — деди Алымбек датка.

Ушул жерде кимге ким буйрук бергенин эки жактын тең коштогон кишилери түшүнө алышпай маң болуп калышты.

Узун-Агач бекетинде бир рота жөө аскер, бир жүз атчан орус казак, жана да бекет кызматчылары болуп, бар болгону үч жүз элүү киши турган. Эки гана жеңил замбиреги бар болучу.

19-октябрь күнү эртең менен бекеттин айланасындагы кырлардан кокондуктар кырка тарта жамырап көрүнүп калды.

20-октябрь күнү тоо түбү менен имерилип, Алымбек датканын колу келип, кокон аскерлеринин карааны ан сайын көбөйтүп, Узун-Агач айланасына туш- тарабынан жыш курчоого алды.

Шатман кожонун сыпайлары, сынашып көргүлөрү келдиби, дуулдата бир мерте чабуул коюп, эки замбиректен удаама-удаа атылган чачма окко кабылышкан соң кайгып кайра тартышты.

Шатман кожого дем берип, кызуусун суутпай Канаат-ша аскерлерин бетме-бет урушка өткөрө баштады. Көптүн иши көп эмеспи, көптүгүнө салып, кара селдин суусундай бир жайпап кетерине ишенет. Кара- Кастек өзөнүнөн көп колду күргүчтөп айдап, улам жакындатып, араны тарыта кысмактап кирди.

Бирок, керектүү учур байкоосуз жылып өтүп кеткен болучу. Күн менен, саат менен, мүнөт менен эсептеле турган жайма-жай учур беле ошол учур?! Өчүгүшкөн, кекенишкен, бир алланын аты менен кызыл кыргын кан төгүшүүгө бел байлаган, бу да

болсо кудайдын башка салганы деген көктүккө кабылган, кан тамыр үзүлгүдөй муун калчылдаган өтө кыска, өтө кысталыш учур эмес беле?!

Ал бир тутам учур согуштук көз караштан да колдон чыккан. Түнү бою жүрүп, таңга жуук Узун- Агач бекетине бир жарым миң ашуун аскер менен полковник Колпаковский келип жетип, тегерене коргонууга жайланышып үлгүрүп, ылайыктуу мерчемдерге коштоп замбиректерин коюп калды. Өзү ыргыштаган аргымак үстүндө дүрбү салып, тиги туманы күндүн биринчи нурларына чагылышкан керилген талааны бир баштан көздөн өткөрүп, улам бир четине барып, коргонуу мерчемдерин тескеп жүрдү.

Биринчи жолу башынан өткөрүп жатпайбы, болуп жаткан кандуу окуя жаш прапорщик үчүн өзгөчө. Бут көңүлүн дүүлүктүрүп жиберди. Те кырлардан самсып келе жаткан душманды көрө шумдуктуу бир болумуштун ичинен чыгуу, кара жанга өтө кооптуу шартка кабылуу, а түгүл көргөн-уккан таң кала турган бир баатырлык өлүмгө атайы баруу көңүлүнө келип, аны астейдил эңсеп да алган.

Окуу жайын бүтүрөр замат Иле багытына аскер кызматына өзү суранып келип, жергилик эл адам жээр эмес экенине абдан өкүнүп, көңүлү кайт. Бу анын жергилик элге карата болгон кызыгуусун суутуп, эми аларга кайдигер болуп, тыякта штабда калган курсташтарынын алдында ал бир көңүлгө аларлык романтикалуу бирдемеге аралаша албай үмүтү алданып кала берген теризде.

Мейли деп өзүн жубаткан ал. Колунда көк келтегинен башка эчтемеси жок чала жабайылар менен кармашууну ал эрлик деп деле эсептебейт, а жалган эле жылмаңдашып, отурууну ачык эле жек көрөт, аны алчы-таасын жеген куу адамдардын көйкөйү деп эсептейт. Бир шойкондун ичинен чыкмакчы болгон зардеси дагы эле кайнап, ага тынч тирилик эмес, чагылгандын чартылдашы же күндүн жер теңселте күркүрөшү сыяктуу орошон бир окуя керектей. Ошон үчүн аскерлик кызматка өткөн эмеспи, ошол аскерлик гана аны көздөгөнүнө жеткирип, көкшүнүн суута алмакчы. Ырас, кумардан чыгыш үчүн бетме-бет чыгар кандайдыр бир душман керек ко?! Тигине душман, өзү жер жайнап келип берип турат. Душман дегидей душман, аянбайт да аябайт. Тымызын ыразы болду поручик, болсо ушундай душман болсун, болбосо чала жабайы бирөөлөр менен жака айрышып отуруш өзүндөй тарбия- таалим көргөн элдин өкүлү үчүн өлөрчө уят иш дечү.

Поручикти ушул ойлор имерип турду ошол тапта.

Те такыр дөңдө турган Канаат-ша да бет алдында жайылып жаткан жайыктагы биртке отрядды кандайча күм-жам кылышты өзүнчө болжоп, орустардын «сүйлөшөбүз» деп алдашпай ачык салгылашууга келип турушканына аларга ыразы болуп, көздөн өткөрүп турду.

Мелтиреген түз талаа бейпил сыяктуу, бозомук туманы суюлуп, бир жакка качып тарап, мелтиреген түз талаа тынч. Бир аздан соң ушул бейпил талаа тополоң болуп, көп атчан дүңгүрөп каптап, удургуй чабышып, миңдеген адам заада адамдык кейпинен өзгөрүп, ар бири оозун ачкан ач жырткыч болуп, көйкаптан чыккан тажаал сыяктуу бирин-бири маашырлана бырчылдатышат деп ким ойлойт?!

Сөөлөт менен колун көтөрүп шилтеп, Канаат-ша Шатман кожонун кутурган сыпайларын чабуулга өткөрдү.

Капкара, ач кыйкырык, көздөрү чанагынан чыккан атчандар бороондой каптап кире барып, бир заматта тык токтолушуп, ошол замат эки жакка таруудай чачылып, ортого

пайда боло калган бош аянтта ат, адам денеси күү эте асманга көтөрүлө кайра дабырап жаап түшө калды.

Жабыла атылган замбиректердин чачма октору мөндүр сыяктуу бир сабап өттү.

Жайнаган атчандар улам бүйрөсү кызый, улам ийриле, улам эрдемсий, улам үмүт алдап, кайрадан кайра каптады.

— А-ат! — деп кыйкырат жаш поручик желиге, ал өлүм коркунучун такыр теңине албай, улам бир замбирекке ачыктан-ачык ликилдеп жетип, делөөрүп жүрөт.

Көптүгүнө салмакчы болгон атчандар өлүм чачкан мөндүргө кайрадан кайра кабылып, кайрадан таруудай дыркырап төгүлүп калып жатты.

Те күн чыгыш жактагы тоо этегүндө, берки кырларда камыштай шыкалган көп кол же каптап кирбей, же аттарынан түшүп жай отурбай өзүлөрүнчө эле нары-бери удургушуп, чыдамы, тынчы кеткенсип, чуулдап кыйкырышып, уруш майданын аваз кылып гана турушат.

— Ким булары? — деп сурады полковник Колпаковский.

— Бу кокон ордосунун көрөркөз адамы кара кыргыз Алымбек, — деп жооп беришти.

— Эге, кара кыргыздар бекен? Ушул бойдон тура беришсе, ким билсин, биз жакка тийишпесе, тура беришсин, аларды карай замбиректен гана эмес, барденкеден да ок чыгарылбасын! — деп, катуу буйрук кылды. — Көрөлү кантишер экен...

А Алымбек датка дагы эле кырдагы бир ордунан жылбайт.

— И-и, капта-а, мөңкөңдөгөн байкуштарым, кап- та-а! И-и, алган пулуңду эң акыры төгүлгөн каның менен да актасаң ошентип!.. — деп, ат үстүнөн кыйкырып турду. Үч мерте алдына Канаат-шадан чабарман келди. «Эми каптасын дейт! Датка ага...» деп, буйругу кайдан, Канаат-шанын кансырагандагы суранычын ыйламсырап айтышты. Бирок, көрсө да көрмөксөн, уксада укмаксан, датка башка нерсеге алаксып, аларды тиктебейт, тыңшабайт.

— Э-э... Үч-Алматы, Ак-Мечит чептерин орустан бошотуп, газы болуп, анан Сары өзөндү түрө чаап, азирет ханына энеси өппөгөн кыз тартуулап бармакчы болгон селсаяк кызылбаштын бар алы, дымагы ушул экен го?! Э-э... — деп, эми табалап, тиги пулга келген кокон сарбаздары кандай абалда күзгү кара чымындай үймөлөктөй кыргынга кабылып жатканын, бир кур башын чайкап, көздөн өткөрүп тура берди.

Ава кара күйүндү жыттанып, теребел бырыксып, күндүн көзү көрүнбөй, анын үстүнө кечке утур боз туман сүйрөлө жер бетине төшөлүп, саал эле аралыктан кара-бараан көрүнбөй ааламды кара күүгүм басты.

Колпаковский бекеттен чегинди. Кыжылдаган көп кошундун бу ымыртта капилеттен арасында калбоо камын кылды. Канаат-ша да, дагы кайсы замбирекке барып кабылмак, кырылгандан калган өз кошунун майдандан чыгарып, жөө тумандын арасына житирип кетти.

21-октябрь күнү Канаат-ша аскер кеңешин жыйды. Кечеги Колпаковскийдин чегинип кетишин кокон кошунунун жеңиши деп эсептеп, эми дагы чымырканып, арабалуу жай жүргөн орус аскерин удургуган атчан кошун менен сары изине чөп сала кууп, эч жерге жайынча эс алдырбай кыйратуу, андан нары Үч-Алматыга камоол кылуу оюн ортого салды. Канаат- шадан мурда Ташкенге бек болуп келген Үрүстөм- бек, кыргыз кыпчактын сол канатына кирген курама уругунун Ныяскул, Керимкул сыяктуу көптү көргөн кол башчылары бар болучу. Ушул камылга, кошундун ушул абалы менен

урушту улантууга Үрүстөм- бек, замбирек чачмасына көбүрөөк кептелген Шатман кожо макул эместиктерин жымсал айтышты.

Не деген менен эл көзүнө «улук увазир», «датка ага» аталат, төрдү тең жара бөлүп отурган Алымбек датка:

— Кадырман аскер башы, азирет ханыбыздын өтө ишенген көк мелжиген тоодой таянычы, кулак туткайсыз, — деп, Канаат-шага багыштап, атайын жылмайып, бирок ар сөзүн ныктап, не ызырынганы, не кейигени, башын ийкей кеп урду, — эгерим биз астейдил ак пикирибизди айта албай жаңылып жазып кала турган болсок кечирим кылып койгойсуз. Бу, кандай, Ташкен шаарынан бери чыкканда жоого аттангансызбы, же бу Узун-Агач бекеттен орустар менен көз таңмай ойноп тамаша көргөнү келгенсизби? Таң калып сурап отурабыз! Бу немене өзү, кадырман, азирет ханыбыздын ар биринин кара башына пул төлөп, көп кунава[1] жеп кураган кошунун жалгыз атчан, жалаң тончон айдап чыгыпсыз го? Жалгыз ат жолдо эле арып бүткөн, жайда киер жука тону бул жердин ысык-суугуна туруштук бермекпи, кайран азамат жигиттер ар бир шыбактын түбүндө ыйынып, урушу жок эле четинен боо түшүп ич өткөктөн кырылып өлүп жатат го? Мейли, кошунду бейкамылга айдагандыгыңызды мындайды башынан өткөрбөгөнүнөн деп коёлу, а кошундун бу акыбалын биле туруп, орустун замбиректеринин тажаалдыгын көрө туруп, анан дагы «урушту күчалтабыз» дегениңизди өзүңүз кайра ойлонуп көрүңүз. Маани ушул ки, мындан келди, сиздин азирет ханыбызда эскиден калган сөөк өчүңүз барга окшойт, кечеги жер жайнаган көп колун ичөткөккө жолуктуруп бир кырып, орустун замбирегине бөөдө айдап кабылтып бир кырып — түбүнө жетмек максатыңыз барга окшойт?!

Эч ким унчукпай калды. Көбү кеп жүйөсүнө ынанып, тиги өз салмагын айрыкча сезген Алымбек датканын күүлдөгөн демине, ыгын кетирбей Канаат-шаны талуу учурунан кармап, каарып, мүңкүрөтүп, көз көрүнөө кадырын тебелеп жатканына таң калып, ыраазы болуп башын ийкегиледи.

— Вай, датка! Вай, андай суук кепти оозанбаң, датка?.. — деп жиберди Канаат-ша. — Тузу уруп кетпейби бизди азиретибиздин?! Вай, датка...

Ал кызылала болуп, андан нары оозуна эчteme кирбей акактап токтоло калды.

«Эми чакмак таштай чарт этет!» дешип, баары элейип калышкан. Ирейи сурланып , алагар көзү мекчейип бет алдына тигилип, эрдин бек кымтыган бойдон биртке ой термете калып:

— Эми, — деп зекиди Алымбек датка, — ушул өңкөй ийрейген ичөткөктөрдү дагы күргүчтөп уруш баштай турган болсоңуз, биз кошула албайбыз мындай кара ниет ишке, көмөккө келет деп асли ойлобоңуз, эсиңизде болсун.

Канаат-шанын датка башына үйгөн күнөөдөн үрөйү учту. Ыя, азирети хан эмне дейт?! Кыркма кара сакал жумуру ээгин мыжыга кармап отурган калыбында нес болду. Өзү эрдемсип, өзү азирети хандын көңүлүн ишендирип, өзү баштаган казат ушинтип эле шаңсыз, даңксыз бүтүп калабы?!

Шатман кожо эки жакты тең жайкай, эки жакты тең ошол тапта бөлүнүп-жарылышын эл көзүнө тереңдетпей, ынтымак-ырайыш жагына ык бере кеп уруп, эң акыры:

[1] Кунава— түйшүк, жан үрөө.

— Иши кылып, орус аскерин ордунан козгош, артына кетишке мажбурлаш жаман жумуш болгону жок, жаранлар. Бирак, кошун ичиндеги акыбалга көз жумушка асти болбойт, ушул ийгиликке канист кылып, казатты кудайдын келерки жаркыраган жазына аманат токтоткон оң... — деди.

Бул ой жыйынтык болуп кеңеш бүттү.

Канаат-ша тарки чыккан кошунун илките чубата Ташкенди карай тартты.

* * *

Бул беттешүүнү Кокондо ордо жыйынында да жеңиш катары дүң кыла кабыл алышты. Казатынын токтолушун күздүн капилет түшкөн суугуна, азык-түлүк тартыш болгонуна таяп түшүндүрдү Канаат-ша.

Бирок, айтылган себептер ыраазы кылбай, анын үстүнө Канаат-шанын эки көзү жашылдана кыңырылган кейпинен элдин көзүнчө айта албай турган бирдемеси барын сезген Мала-хан кечкурун Канаат-шаны өзүн жалгыз чакыртып алды. Эми катаал суракка кириптер болорун билип, тула бою дүркүрөп, жүрөгү алдастап, Канаат-ша эки колун көкүрөгүнө ала бет алдына чөк түшүп отурган бойдон дагы бешенесин жерге ура бүгүлдү:

— О, азирети... — деп, балбалактап жиберди. — О, азирети, мен го баш бурбас кулуңузмун, о азирети... Сиз менен да эл талашкан, сиз менен да бак талашкан бейнысап бар экен...

Бул сөз Мала-хандын жүрөгүнө тикендей келип сайылды. Мала-хан кулунун солуктагансып кылчылдаган эки ийнин нестейе тиктеп, отуруп калды.

«Ким? Ким болмок ушу күндө эл талаша турган, бак талаша турган?!» деп, түкшүмөл ою чарк урду.

— Айтың... — деди ал акырын.

Эми Канаат-ша тириле, кыркма кара сакал ээгин көтөрө, бирде эки көзүн чылк жумуп, бирде чакырайта чоң ачып, күйө-быша сүйлөп кирди:

— О, азирети, өзүңүзгө маалум ки, бирден ат, жана да башка каражат бүт ошол жактагы журтуңуздан жыйналмак болгон. «Суук», «азык жок», «ат арыган» деп, айла жоктон айтып отурабыз. Мына, Алымбек Сары өзөн журтуна өзү чардап мейман болуп, кыл жылдыртпай жатып алып, кесепети ушул болду ки, кошун олжодон айрылып — аты арып, суукка урунуп, азыктан мукурап, акыры жоого жарамы начарлады — бул бир себеп. Мунусу аз келгенсип, кара ниет Алымбек биз орус менен бырчылдашып турган учурубузда «артынан каптамак» вазийфасын аткарбай, бир да кишисин көмөккө жибербей, кырдын башынан түшпөй туруп алып, бизди кыргынга атайы кабылтты — бул бир себеп. Тоо жолуна камдуу барышкан — кийими жылуу, ар биринде бирден мингич, бирден жүкчүл аты, жүктөнгөн азыгы бар эле — ошол онеки миң кошун менен бир алла жардамына сыйынып, урушту өзү улантса куп болот болучу. Бирак өзү көп кошунун самсыткан бойдон кайра тартты — бул бир себеп. Мына, айтарым ушул ки, азирети, ушул өңдүү арам ой саткын аралашкан иш оңуна кетпей казатты келерки жазга аманат кылып токтотушка мажбур болдук...

Бир да жолу кебин бузбай, бир жолу каш-кабактан жакканын же жакпаганын туйгузбай, дагы көпкө былк этпей тултуюп отура берди Мала-хан. Не бир жакын деген ордо кишилери Мала-хандын көңүлүндөгү астейдил оюн сырт кейпинен баамдай

алышчу эмес. Эми да же каары, же бир ырайым ойлоп турганы туңгуюк. «Э, сизге биз жүда зор ишеним кылсак, ишенимди баалай да албай, аткара да албай, кызыл дилде чачып кураган кошунду бөөдө ичөткөккө кырдырып, ыя, анан кайра келип өз кадырман датка агабызга жалаа кыласыз а?!» деп жибериши да мүмкүн. Өзү деле көрөйүн деген көзү жок датка агасын, бу казаттагы атайын кылган бөгөтүн билип эле туруп, бирок ал кубаттуу душманы менен убактысынча болсо да, көңүлүн бүркүткө чырга сүйрөткөндөй чаргыта алаксытып туруш үчүн да болсо, анын башына жалгыз аяк кызыл башты садага чаап коюшу толук ыктымал болучу. Канаат-шанын тула бою дүркүрөп турду.

— Жакшы тосуштубу туугандары? — деп сурады Мала-хан бир убакта.

— О-о! — деди Канаат-ша эки көзү чакчайып. — Акбоз бээ чалышты кадырына! Акбоз бээ!..

Мала-хан таарынган бала кейиптене чарасыз томсоро жер тиктеп, дагы унчукпай дагы өзүнчө башын ийкегиледи:

— Ыя, туугандары акбоз бээ чалып, аны хан көтөрүп алышкан турбайбы, көтөрбөсө да бу көтөргөнгө барабар иш эмеспи? Жамы кыргыз кыпчактын башын бириктириш жолуна түшүшкөн турбайбы?..

Эми ачык эчтеме айта албай, мыңкылдап, баш ийкебей же ийкебей коё албай, кайгы касырет сездире көзүн үлдүрөтө жумуп калды Канаат-ша. «И, көтөрүп алышты» десе ашыкча айтылса, ханга жакпаса, «көтөргөндөн айлансын» десе кем айтылса, куралып жаткан коркунуч жеткилең түюндурулбай калса! Эмне дейт?!

— Башын алмак ылазым дейсиз го? — деди хан кекээр сездире, ээгин көтөрө тике карап, жооп күтүп калды.

Канаат-ша ачык мындай сөздү айтпаса да, атайын «айткан жокмун» деп актанбай койду. А эгер хан анын көзүнөн сезип отурса сезилгени ошо, дагы эски адатынча сынап жатса, кантмекчи, сынасын, оозунан эчтеме чыккан жок.

— Башын алып салмак кыйын эмес. Акыры эмне болмокчу? Бүтүн кыргыз кыпчак каршыгат бизге. Колдон талашып турган оруска өтүп кете беришет. Ушуну кылалыбы?

Оозуна эчтеме кирбей бирпаста көл-шал терге түшүп кетти Канаат-ша. Эми анын кеңешинин да, өзүнүн да кереги жоктой хан жүзү үйрүлө өзүнчө ойго бата калды. Хан акырын башын ийкей ишара кылары замат ордунан леп тура бүжүрөп кетенчиктеп чыга жөнөдү Канаат-ша.

Нары ойлонуп, бери ойлонуп, акыры Алымбек датканы көңүлүнүн тереңинде күнөөкөр деп эсептеди Мала- хан. Келери замат аны «саткын» деп айыптап, калкка жарыялап, мойнунан байлатып алып көчөмө-көчө кыдыртып, анан башын алдырып таштаса кандай болмокчу? Мына бу куу шыйрак Канаат эмес экен Алымбек! Кыйын! Чарасыз бир абалга кабылып, өзүнчө күрсүнө онтоп, бул ниетин ачыкка чыгара албай хан башы менен кыйналып, шалдырап отуруп калды Мала-хан.

Бул беттешүүнү орус тарабы да жеңиш катары баалады.

Саны жагынан алда канча ашып түшкөн көп кошундун кара селин токтотуу, өзү аз гана чыгым тартып, а душманды кызылдай кыргынга кабылтуу — жеңиш. Кыйын кыстоо түшкөн учурда аскерди эртеңки күнгө бүтүн сактоо үчүн туман жамынып майдандан бекем жерге чегинип кетүү — ык.

Бул беттешүү эки жакка тең сыноо болуп, орус отрядынын баягы туруктуу рухун кайра далилдеп, кайра бекемдеп, мындан наркы болор кармашууларга даярдыгы

мыгымдыгын көрсөтүп, а кокондуктардын жинин кагып, арасы бейырк экенин ачык байкатты.

Кара кыргыздардын урушка катышпай коюшканын, аларды баштаган Алымбек датканын ошол тапта орустун пайдасына кеткен табышмак мүнөзүн аскер губернаторуна саласал кылды Колпаковский.

Күн батыш Сибирь аскер губернатору Гасфорд төрө ошол 1860-жылы 27-октябринде:

> «Мындан нары кара кыргыздарга карата бир дагы каршы аракет кылынбасын. Уруу башчы манаптарына дагы бирден кымкап чапан берип сыйлап, жанга тартып туруу зарыл...»

деп, кайра Колпаковскийге көрсөтмө кылды.

XI

Мына, өз өргөөсү, өлөң төшөгү демекчи, кызыл жалыны жалмаңдап күйгөн арча оттун кызылын тиктеп өз төрүндө отуруп да, Өзгөндөн бери жолмо- жол көңүлдү эзген туңгуюк күдүк ой бастабай, кайра тиги бирде сөнө, бирде тутана көк жалындаган от сыңары кайрадан кайра жаңырып, аны сайын тынч алдырбады датканы да. А тула бою өз түнөгүнө келген куш таризде, жымырап ныксырайт, таттуу эстендире кериле-чоюла жан тынчтыгына өтүүгө тартат. Бирок, көз ирмелбейт.

Те бир убакта дасторкон артынан жүйүртө басып келди Курманжан:

— Келин, датка...

Жана аттан түшүп жатканда тоскон туушкандардын арасынан не деген менен ыйбаалуу Курманжан көрүнгөн эмес. Ченей албай турган, болжой да албай турган бир тымызын эңсөө зарыктырып отурган Алымбек ордунан өйдө боло калганын өзү да сезбей калды, өйдө боло калганын ыраазы көңүлү эрен да кылбады. Кайта анын эт-жүрөгү делбиреп кетти. «Ыя, капкачан эле тыштан шыкаалап көрдү бекен бу керээт, анын кабагына серп сала баамдап койду бекен?!»

Курманжан кубанган көңүл толкунунан бир аз демиге акырын чөк түшүп, кош колдоп бегинин колун алып, тамылжый түшкөн жылуу бешенесине баса акырын ызат менен тооп кылды.

— Жигит пири Шаймерден колдоп, саламат эсен келдиңизби, датка?..

— Кудайга шүгүр, айым, — деди Алымбек датка. Курманжан мышыктай жумшак да, элпек да кыймыл менен куш жаздыктарды бегинин чыканагына дагы бийиктете коюп, астейдил кам көрүп имериле калды. Бу жылуу мамиле ансыз да көңүлү эрип төгүлүп турган Алымбектин тула боюн биротоло жымыратып жиберди. «Зирегим ай...» деди көңүл толкуну.

Биринин дилин бири сезип, айттырбай купуя түшүнүп, ушул эле көңүлдөрүн толтуруп, алар ачык сөзгө шашылышкан жок. Бир мааниси, баасы боло турган сөз, зарыл сөз ар биринин көңүлүндө жаралып, эми айтылышы эле калган таризде тил учуна келип, бирок не үн көтөрүңкү, не дил оорутар кескин угулуп калбасын деген кыязда ооздон чыга албай турган сыяктуу.

Курманжандын көк кептердин куркулдаганындай басмырт жумшак үнүн Алымбек көз жумуп, капилет бир кубанчка баткандай дем тартпай отуруп укту.

А Курманжан да ыйбаа, адеп сездире жер тиктеп, кылт этпей, үн көтөрбөй, шашылбай ылайыгы менен сөз сүйлөп, ыгы менен сөзгө кулак салып, акырын баш ийкей маани экчеп, болжоп отурду.

Ар бири өз көңүлүн күүгө буралган комуз кылындай таблап, сырлашууда рухий бир лаззат көрүүчү чекке атайын күргүчтөшкөндөй. Ырас эмей, чиркин ай, акыл маегинде белгилүү бир рухий лаззат алынбаса, кишилер кокустан бир той дасторкон үзүрүндө жолугушуп калып, уңгусуз, маанисиз кобурашуу менен бүтүшүп, а качан той таркаган кезде ойлорунда бир илим жук калбай, кайран өмүрдүн ошол бошко кеткен бир чымчым убагына кейиген учур болот эмеспи?!

Кеп ичинде экөбүн тең тымызын да, ачык да чоочуткан акыбалга келип тоголушту. Улам маани эчкелип, мунун тамыры кайда, учу кайсы, чын эле кара башка күч келип, чын эле экөбүнүн бири, жаман айтпай жакшы жок, тагдырдын өкүмүнө чарасыз көнмөй чак болуп калса да аттиң ай, айтпай калдым дебей тургандай болсун үчүнбү, эчтеме жашырылбай, коркунуч ашырылбай да, кемитилбей ортого коюлду.

— Мына, ушин этип, датка, сиз ордодо «саткын» деп аталдыңыз...

Унчукпай башын ийкеди Алымбек. Мындайча бааланарын ал те Жангарач бийдин өргөөсүндө болгон кеңеш убагында эле өзү деле болжогон.

— Бирак, датка, сиз ордо үчүн «саткын», а өз элиңиз үчүн кыйын кезеңде жол баштаган эркечсиз...

Көзүн жума муюду ал. Курманжандын муңайым үнү ага тагдырын өз оозунан угузуп жаткан таризде жантенине жагып, жубатып, көңүлүн тынчытып жатты.

А Курманжандын өзүнүн ой-санаасы бир жаңсыл эмес. Улам дилине суроо туулуп, бири жооп алып, бири төтөк кылар бир жүйө табууга кыйын болуп, эң акыры акылга да, күчкө да башкарыла койбой тургандай кумдай чачылып жатты.

Куттагы туугандардын «ордону өзүң башкар, такка өзүң чык» деген кеңеши Курманжанды бир жагынан «ошондой эле болмокчу эле» деген кыязда көңүлүнө жакты. Жөнөтүп жатып, өзү «туугандарыңыз менен кепке келишиң, датка» деп өзү ошол жолго багыттаган.

— Кут болсун, датка... Те байыркы көйүңөр бир бөлөк, аны айтып отуруп не?! Ушул тапта да тигилер тыякта, силер быякта «бий», «бек» деп койсо, «тага», «ага» деп койсо корстон болуп, ошого алданып, ордонун бирде төрүнү өтүп, бирде улагасында улактай мууздалып калып, жан этин жеп күн көрөсүңөр. Качаңга дейре бириң тоодо, бириң ойдо, не өлүктөн, не тириктен кабар алышпай, жалгыздап кор болуп жүрөсүңөр?! «Укурук моюн» акенин кеби кеп. Ордо ойрон болсун, аны алыш-коюш эртеңки кыжалат, а анын таламайына, чапкынына туруштук кылгыдай журт бириктирип ынтымак ырайышка өткөнүңөр өтө абзел иш болгон. Кут болсун, датка...

Ар нерсенин өзүнө жараша машакаты, милдети, төлөп берер карызы болот турбайбы?! Кылактап кызыктырып, а бирок суу түбүнөн аякка урунган таштар сыяктуу оркоюп чыга келди го мунун кыйынчылыгы, коркунучу. Мына эми, тымызын тартыш, алка жакадан алышкан кармаш, керек болсо кылчаңдабай бирөөнүн да, өзүнүн да канын жалбырттата төгүшмөй башталат. А балким,али курала элек «өз ордосу», көзгө көрүнө элек «алтын тагы», ак кийизге салына элек «өз өкүмдары» бир ишке ашпаган куру үмүт болуп жүрбөсүн?!

«Өкүмдар болмок эле мателби?! Не көйдө болгондо да элге карамдуу, журт керегине жарамдуу болмок абзел...» деп, өзүн да, бегин да жубатты Курманжан.

Ким карамдуу болгон?! Курманжан касыреттүү санаага кабылып, жообун өзү таба албай иреңи акчыл тарта калды. Элге ким гана карамдуу болом дебеген?! Мына, өзү өз бегине куратмакчы болуп отурган «өз ордосу» эле жамы журтка көптөн көсөгөн тынччылыкты, бейпилдикти көтөрүп келип бере алабы?! Анын беги эле кой үстүнө торгой жумурткалатып жибереби?! О, чиркин ай, өзүлөрү деле өз мезгилинин кырынан ашып кете албаган көп пенделердин бири эмеспи. Эмне келе алмакчы жалгыз анын жакшы оюнан?!

Эсил эл, кайран журт! Качанга дейре таш уйкудан ойгонбой, кылымдардын ыңжыңсыз катмарында жоголуп, кыйкырыктан башка укпай, зорлуктан башка көрбөй, ал зорлукка көнүп, аны кудайдын башка салганы деп, тизе бүгүп, кол куушуруп, өтмөкчү?!

Ордонун да, өз бегинин да катаал жүзүнө каршы туруп, элдин көйү деген көңүлгө жылым машакат үчүн нечен ирет баш байлап да көргөн. А зор деген, зорлук деген көп экен, бирин жалынып токтотсо, бири жаңдап өткөн, бирин тизгинден алса, бири төбөгө чаап кетет.

Кээ убакта бу жан этин жеген чөйрөдөн көрө те илгерки Жапалактагы жатакчы атасынын күнгө күйгөн кара үйү бейиштей тынч, бейпил эмес беле?! Кара үйдүн ичи күндүз ынтымактуу, түнү тынч, колдо барына ыраазы, колдо жогуна кайыл, ток болсо эсирбеген, ач болсо арман кылбаган топугу бар болучу. Теңир ай, баягы балалык кезин кайра кайрып берсечи, ал саамайын сеңселте артын каранбай тыскактап чуркап, ошол учкан уясы болгон жатакчынын кара үйүнө кире качкыдай. Жо, теңир эми ага балалык кезин кайрып бербейт, эми өзү да минтип нечен ой-санаанын, нечен жылдардын кубанткан да, кайгырткан да машакаттарын ашып келген бул учурунан кайра кайтып кете албайт.

Кеп балдары жакка ыкты.

— Абдылланыз биз менен ушул Гулшаада, калган төртөүн төрт башка жерге койдум, датка...

Бири кармалса бири калсын, бири өлсө бири сакталсын дегени эмеспи?! Жүрөгү шуу дей түштү Алымбектин.«Ыя, ушунчалык эле кыйын болуп калганбы абал?...»

— Кудай сактасын, — деди ал кабагы үйрүлө, — ким батына алат?!

— Кудай сактанганды сактайм деген эмеспи, датка...

Алымбек датканы ой баса түштү. «Э-э, ордодо тигинтип күдүңдөшүп жатышса, ушуга дейре ага деген шамшарын койнуна катып жүргөн хан сөрөй ачык каршылыкка өткөн соң, о-о зирегим ай, балдарды корголоп, тоого калкалап келген экен го?..»

Ирени кызыл тору, көзү самби талдын жалбырагындай саргылт көгүш, арык чырай, кагелес тараз бойлуу сыпаа зайып эле Курманжан айым. Өз баркын, өз ордун сезет, ошон үчүн эч убакта шашылбайт, кандай кооптуу шарт болуп кеткен күндө да эч калдастабай, үнүн көтөрбөй, кабагы үйрүлбөй дайыма токтоо, ар сөзүндө маани, кериле баса менсинбей, кайра саал жер тиктей ийиле, дайыма көңүлү бир кунунда, бир ыкыласында.

«Дагы эмнеден кабары бар болду экен?..» деп, өзүнчө ой имерди Алымбек.

Эл ичинде Курманжан жөнүндө «ал керээт — кишинин ойлоп барган оюн өңүнөн эле билип коёт, ал жер тыңшаар — шырт эткенди жаздым кетирбейт» деп шыбырланып жүргөн сөздөр бар.

«Мына, ишим түшүп алдына барып, өз көзүм менен көрдүм — бир кеп айтарында оң тарабына өзүнчө эле көз кырын таштап-таштап алат, башка адамга көрүнбөгөн бирөө жанында отурган сыяктуу...» дешет.

«Мунун жөлөмөсү кызыл жолборс имиш...» деген да шумдукту айтышат.

Бу сөздөрдүн кайсынысы чын экенин билсе Курманжан өзү гана билер. Ким сурай алмакчы өзүнөн?!

Кадыры күн санап аша баштаган айымдын алдына ар түркүн чоочун кишилер да келип кетишет. Же бай кербенбашы, же кербендин эң акыркы төөсүнө араң илешип жүргөн бир мусапыр, же «ак» урган дувана, же бул дүйнөнүн убайынан кечип жер кезген календер. Биринен да чийткебей, зерикпей алардын күңкүлдөшө узакка айткан сөздөрүн өтө ынтаа коюп угуп, өзү да сөзгө аралаша бирдемени такташып, көпкө маектешчү эле.

Датка таназарына алчу эмес. А Курманжан айым кай бирөөнө абдан ыраазы болуп, алдына ат тартып, үстүнө тон жаап чыгарган күндөрү болгон.

Жакынкы коңшу өлкөлөрдө, алардын ордолорунда Ооган тарапта эмне оош-кыйыш, эмне талаш-тартыш болуп жатканы ушундай кишилер аркалуу Курманжан

айымга белгилүү болуп турганы шексиз. А Кокон ордосунда Алымбектин өзүнө да айтылбаган жашырын адамдарды бар экенин Алымбек туюгунан сезчү.

Мына, өзү келе электе Жангарач бийдин өргөөсүндө болуп өткөн сөз, Канаат-ша экөбүнүн ыйкы- тыйкысы, ордодогу ага каршы куралып жаткан кутумдук Курманжанга алда качан айгине болуп, алдын-ала камылга коруп отурган соң эми эр көкүрөк датка баштагыдай кем баа кыла албай калды.

Түн бир убак, бирок бирткелеп жаңылап, ичкериштирип, Курманжан отту өчүрбөйт. Жалын соймоң эткен сайын анын жылуу кызыл тору ирени, саргылт көгүш көзү жылтылдайт. Аны сайын жал-жал серп сала көңүлү жымырап, кубанчы, ыраазылыгы артылып отурду даткасы. «Зирегим ай...»

* * *

Бек сарайын оболу Алике-палбан абдан тескеп чыккан соң кудайдын улук күнү делген дүйшөмбү күнү Алымбек датка бекчилик вазийфасына киришкен күнү азирет өзү жазган, өзү мөөрүн баскан кат алып, чабарман келип калды.

Эмне кылмак ылазым? Бектин көңүлү уйгу-туйгу боло түштү. «Кадырлуу датка агасын» «хан үкеси» ордонун улук дуванына чакырыптыр го?!

Эки анжы болду ою. Барбай койсо «мына, ичи жаман, коркту ошон үчүн» делинет. Өкүмдардын буйругунан канткенде буйтап кала алат?

«Ишке, сыркоого шылтап да болсо, ордого барбай турганыңыз оң...» деген Курманжан айым.

Бул сөз датканын көңүлүнө тык деп, анын мунайым үнү жанында отургандай кулагына угулуп, жылуу ирени көз алдына тартыла калды.

«Эч шаша көрбөң, датка. Бир шыбыш чыкпай койбойт акыры, ордо ээсинин накта оюн билип алып, ошого жараша иш кылың, датка» деп, сынарлаган болучу.

Кана, шыбыш?

Кечинде бир жүдөө адам көшөрүп суранып отуруп, датканын алдына кирди. Үжүрө ичин акмалап тиктеп алып, акырын:

— Бек, — деп аяр күбүрөй сүйлөдү, — уккан кулакта жазык жок, ордо сизди саткын эсебине чыгарып, өлүмгө өкүм кылып койду, бек.

Эки көзүнүн агы көбөйө элтейе тиктеп, буга бара албайт деп ойлогон, ошол тапта өтө чочуганы көрүнүп, ошону менен бирге кыжыры, жүрөгүнөн катуу кашкөй каршылык ойгонуп, Алымбек ирени кумсарып кетти.

— Такпы бу кабар?

— Сиз менен так ээсинин ортосуна жалган жеринен от жаккыдай жаным экөө эмес. Бул өкүмдү бир өкүмдар өзү, бир азирети шайх-ул-Ислам билет...

«А сен кайдан билип жүрөсүң?..» деп, ишене албай көңүлү толгоно калды Алымбек.

— Аны сурабаң, бек. Өзү сизди «кокус өлүм» кылып алып, анан өзү «агам ай» деп өкүрүп көммөкчү...

Кабагын үйрүй баш ийкеди Алымбек датка:

— Милдетдармын...

Тиги датка бермекчи болгон алтын теңгени унчукпай баш чайкап албай койду да, жанагы шырпсыз келгениндей шырпсыз кайра чыгып кетти.

Тула бою дүркүрөп отуруп кала берди Алымбек.

Кимге ишенишке болот эми?! Мүмкүн хан алда качан бир жанкечтисин жиберип, ал же ушул сарайда, же мечитте, же бир мерчемдүү бурчта акмалап жүрбөсүн?..

«Так ээсинин кастыгы ачык билинген соң сарайдагы бурадарларыңызга ишене бейгам жата көрбөң, датка. Киши кишиге жакшы күнүндө жакын, а башыңа иш түшкөн чагында киши кишиге калыс, алыс — кошо өрттөнбөйт, кошо өлбөйт. Буйдалбаң, сизди Анжияндын бийик сепили эмес, улуу тоонун койну калкалайт...» Дагы Курманжандын муңайым үнү кулагына угулду. «Зирегим ай...» деди Алымбектин ошол тапта ноюй түшкөн дили.

Көп турбай Алымбек датка өзүнө караштуу кошунун алып, Анжияндан Ош багытына жол алып чыгып кетти.

Канчалык кууланып, канчалык бөөштүнүп, канчалык «аке» «үке» дешсе да, акыры бу анын өкүмдарлык жеке бийлигине көлдөлөң туруп жаткан кубаттуу датка менен ачык бетме-бет чыгышарын чыгышмак Мала- хан.

Тымызын бирөөнү жиберип өлтүртүп коймокчу болгон ниетинен нары экчеп, бери экчеп отуруп баш тарткан болучу. Буга бир туруп өкүнөт, бир туруп абдан эле туура болгондой сезилет. Өтө эле журтка ашкере тектүү датканы мындайча оңой көзүн жоюп жибериш чатакты кайра ырбатып, анын хан башын «эр өлтүргөн» делинтип, абалды аны сайын татаалдантып жибериши ыктымал эле. Көзү тирүү турганында эле «саткын», «өкүмдарлыкка жутунган кара ниет» деп айыптап, эл көзүнө оозго батышынча каралап, колдон келсе элден чыгарып салыш абзел өңдөнгөн. А тымызын тындым кылынса датканын өлүгү «шейит өлүм» аталып, бөөдө өлүм кылган «кара өзгөйгө» каршы туу болуп кетмек.

Кудай жалгап, ишти ушундай жагына айлантып албаганына Мала-хан миң мертебе шүгүрлүк кылды. Мына, чыгар душман өзү чыкпадыбы ачыкка?!

Ар бир мечитте, ар күнү «каапырга сатылып кеткен шайтанга» дуулдап наалат айтылууга өтүлдү.

Ушуну менен тең катар Мала-хан ыкрарлыктан чыгып кеткен кыргыз кыпчакка капилеттен чагылган болуп тиймекке шашылыш камылга кыла баштады. Тизгин тарткан эр бүлөсүн кыйратып, айылдарын өрттөп, Алымбегинин көзүн ойдуруп, желдетке жөө жетелетип келмекчи.

Те баягы Мусулманкулдун өлүмүнөн да күзара кыйноо тарттырылган салтанат өлүм кылмакчы.

А датканы керилген айдың Соң-Көл боюна он эки канат ак өргөө көтөрүшүп, ыйык салт ишараты кылышып босогосуна ай тамгалуу кырмызы туу сайып, куттагы тууган эли атайын шаң салтанат кылышып дагы тосуп алышты.

Жакынкы Үмөтаалы бий, Осмон бий, Көл бетинен дагы Муратаалы бий, Сары өзөн Чүй боорунан баатыр Байтик, мырза Шабдан чогулуп, акыбал аракөзү чара кылынып ортого кайра ташталып, ордо бийлигин биротоло колго алмак болушкан баягы баталашкан акыл максатын кайра бекемдешип, кайра күчөй, өчүгө каршыккан демге өтүштү. Алымбек датка астыртан жай адамдар аркылуу Үч-Алматы жактагы орус акимдерине жылуу жүз байкатып, бирок өзү дасыккан ордо адамы тапатандан сыр алдырбай, баштаган эле жеринен бир катуу укурукка баш салып албас айласын кылып,«тумшугун батырып, канатын качырып» демекчи, этият, аяр абалда тутунду. А жергилик тоолук бийлер баш-отун аянбай Алымбек датка тууганына быяктан аскер

кубатын курашып, Кокон ордосу менен бир убактагы кеткен кекти, өткөн өчтү бир эсеп-кысапташып алуу жагын катуу самай абдан дуулдаша аракет жүргүзө башташты.

Болуп жаткан окуяларга көз салып, өзгөчө ынтаа коюп, байкап, Күн батыш Сибирь генерал-губернатору болуп жаңы келген Дюгамель төрө 1861-жылдын 8- июну күнү империянын аскер министрине:

«Биз менен оболу ынтымакка келип алып, Алымбек Ысык-Көл менен Кичи-Бухара жайыгы аралыгындагы Нарын дарыясынын башында тоо арасында жашаган кара кыргыздардын ичинде калып, бул элдин өзүнчө бир өкүмдары болуп алгысы келип жаткан окшойт. Муну менен жакындашуу биз үчүн бул жагынан пайдалуу — биздин кербендер бул жерлерден Кашкарга бейпил өтүп калат, ошон үчүн эгер чын эле Алымбек бизге ыктай турган болсо, анда биз тараптан да жакшы мамиле көрсөтүлүп, ымала кылына берилсин деп, полковник Колпаковскийге жолдомо жаздым...»
— деп, атайын кабарлоо жасады.

* * *

Жаркын-Айым мечитинде Мала-хан өзү алдыга туруп ымамдык кылып, кыбла карай астейдил кудайга кулдук келтирип, ордосуна ынтымак ырайым тилеп, мунажат кылды. Өңкөй иргелген билермандары — Шатман кожо, Кыдырбек датка, Кудайназар амин, Маргалан беги молла Алымкул кошо. Бул кишилер ордонун төрт бурчунан көтөрүп турган алтын түркүгү эмеспи, ар кимиси өлкөнүн ар шаарында бек, калк ичиндеги уруу башчылары, булардын азыр баш кошуп турушканы — тарки чыккан ордону эптеп бириктирип турганы болот. Буларсыз азирет хан кирер башбаанеги, жатар оруну жок бир селсаяк. Кубаттуу, дымактуу Алымбек даткага ушулар аркылуу гана туруштук кыла алат кыла алса, жеңсе ушулардын биргелешиши аркылуу гана жеңет.

Намаз, андан соң ордо шааниси кылып, бирткелеп чайлашкан соң ар кими өз шаарына, өз вилаятына тарашы зарыл эле. Бирак иргелген билерман бири да кетишке үзүр сурашпай, кайра ардеме кепке үйүр тарта субхат[1] ырбатышып, хан жанына үйрүлүшө беришти.

Ушуну сезерин сезип, Мала-хандын жүрөгү болк дей түштү. Кимисинин ичине кирип чыккан, аттиң ай?! Кудурет үч нерсени бөлөк жараткан — адам жүзү ар башка, адам ой-санаасы ар башка, ар адамдын көрөр тагдыры ар башка! Ал эми ой-санаанын кече күнү бир, эртең бир, андан ары дагы башкаланып, өзгөрүлүп кубулуп, ченсиз, чексиз жаңыланып турганы кыйын. Минтип өлкө тыштан да тынбай, ичтен да бөлүштү болуп, бир кепке, бир мүдөөгө келе албай калганы калпыс мезгил.

— Кана, не кылгайбыз, — деп, өзү кеп баштады Мала-хан, — айтыңарчы, бу бейнысап даткага карата не аракет, не мамиле кылгайбыз?

— Ынтымак! — дешти бектер бир ооздон.

— Ынтымак?! — деп, кайра сурап, ой басып, ичтен салмактай кыңырылды Мала-хан. — Ыйык сөз, ак сөз. Бирак, ачык айтышалы, ким бузуп жатат аны, өлкөнү четинен кесип, ким базарга салып, сатып жатат?

Бектер унчукпай калышты. Макул эмес экенин түшүндү Мала-хан:

[1] Субхат — маектешүү, кеп-кеңеш алышуу.

— Же, мен өзүм бузуп жатамбы өз ордомдун ыркын? Ыя?! — деп, тарс жарылып кетти.

— Кудай сактасын, азиретим! — деп жиберди молла Алымкул.

Мала-хан күчөй көбүрө-жабыра кейип, күйгөн, таарынган кебете кийип, башын ийкей, отуруп күңкүлдөп, Алымбек даткага Кара-Кастек кыргынынан тарта койгон айыбын кайра башынан түшө айтып:

— Макул, эмне деш абзел эди ушундан соң?! Карап отура бермекпизби кол куушуруп, ал бейнысап Коконго чейин базарга коюп, сатып бүткөнчө, ыя?! — деди аягында.

— Кудай сактасын, азиретим! — деди Шатман кожо.

Молла Алымкул:

— Таксыр... Эч ким датка тараптан эчтеме өткөн жок деп айтпайт, бирак, бир жактан Оро-Төбө вилаятын талашып амир Музафар, бир жактан Ак-Мечит аймагын тартып алып орус чыгып, мына ушулардын үстүнө Алымбек даткабызды кетирип алсак, таксыр, бул иш өлкөбүздү жакшылык күнгө алып келбесин ким гана болбосун калыс адам көрүп турат...

Мала-хан үстүңкү бир ууртун тарта кыжырлана үңүрөйүп тиктеп калды.

— Ынтымак! — деди молла Алымкул атайы кайталап. — Мындан башка акылга сыяр жол жок өлкөнүн эртеңки аманчылык күнү үчүн, таксыр!

— Жарашыш ылазим, — деди Кыдырбек датка.

Мала-хан нестейе түштү. Ошко, андан ары Алайга жоболоңдуу жортуул кылууну ортого коймокчу болуп турган. Башын чайкап жиберди:

— Жо-ок! — деди туталана. — А көрөкчө, агаларым, бел кылар бектерим, ыракмат эле дейм силерге, мен баягы үйрөнгөн Бухара-и-Шариф ордосуна кайра кетип, кайра карыптын күнүн көргөнүм артык! Жок дегенде, мусулман ыманым бүтүн калат...

Бу кантишер экен дегени, сынаганы. Калт этишкен жок бектер, күн мурунтан ар кандай сөзгө, ар кандай боло турган чарс кыял жорукка камдуу болуп келишкен экен.

— Кудай андайдын бетин нары кылсын! — деген болуп калды молла Алымкул хан көңүлүн улай. — О, таксырым, андай жаман кепти оозангыча ынтымак ыйык иш жолун ойлонмок абзел эмеспи?! Өлкө биримдиги, эртеңки бүтүндүгү кимибиз ким гана болбойлу баарыбызга бирдей, ал үчүн бар акылыбызды, күчүбүздү, кара башыбызды сайып коюп иш кылышыбыз ылайык, таксырым...

Мала-хан майтарылгыс бөгөткө такалганын сезди.

Жарашмак! Ушул бир убакта кылып койгон жакшылык ишин дамамат бетине бечкеч кылып, аны менен өкүмдарлык бийлигин бөлүшүп алып, тең ата, а көп убакта ага да ынсап кылбай боюн көтөргөн дымактуу Алымбектей кишилерден кутулуш үчүн не гана аракетти кылбаган?! Эми келип, ордону өз жаныма ийридим, өкүмдарлык бийликти өз колума алдым деген күнүндө, Алымбекке жапса жамы журт кулак кагар орчун күнөө кудай берип өзү табылган чагында кайра ушунун баарынан жалтаңдап баш тартып, кечип, дагы баягы күнкөр көйүнө түшмөкпү? Дагы кимиси чүлүнтүктөп жетелейт аны, булардын?! Жексен кылса баарын, аттиң ай! Күч кана?! Мала-хан шалдырай түштү.

Көп өтпөй Мала-хандын кырк элчиси Тогуз-Тороо аркылуу Кара-Көө ашып, Куртка чебине келишти.

«Ордодон элчилер келди» деген кабар жеткенде: «Орго салып коё тургула!» деп, буйрук берип койду. Кече кырчылдашып, а бүгүн ордо жактан биртке эле жылуу

шыбыш болору замат леп этип жыгылып берсе, бул жактагы анын тарабын талашып, ордо менен ар кандай кагылышка кайыл болуп, ага ишенип, аны баш тутунуп турган журт не дейт?! Элчи менен сүйлөшпөй, кайткыс ниетин бул элге да, ордого да ажырым көрсөтмөк максатын көздөдү Алымбек датка.

— Эми эсине келген бекен кызыталак Мала?! — деди күчөнө.

Элчилер Куртка зынданында бир жума жатышкан соң, ичинен бир адам тынбай: «Менин мойнумда даткага айтар бир аманат кеп бар», — деп кыйкырып, жалбарып туруп алды. Бул Алымбек даткага айтылды. Алымбек датка зындандан чыгартып алып сүйлөшсө ал адам молла Алымкулдан тымызын келген адам экен.

«Эстүү жансыз, датка, ойлонуп багың. Битке өчөшүп, жалгыз тонун ким отко салмакчы?! Бул өлкө баарыбыздын жонубуздагы жалгыз тонубуз, а өкүмдар деген ошол тонубуздун жакасына чыккан бир бит, битке өчөшпөй, битке өчөшө жалгыз тондун жакасын айрып итке ыргытам дебей, датка ыркка келиң. Сизди ыркка өлкөңүздүн эртеңки тагдыры чакырып отурат...» деп, молла Алымкул оозмо-оозго алдыртан кеп айттырган.

Бул жарашуу деген алакет хандан эмес экенин, өзүнчө бир ой-максат, күч топтолуп жатканын дароо баамдады Алымбек датка.

«Абалкы да, акыркы да койгон шартым, талабым — мейли, ошол туз урган Маланы ордодон кетиришсин. Мына ушуну, жараным, төкпөй-чачпай оозмо-ооз айтып баргайсыз кадырлуу молла Алымкулдун өзүнө!» — деп, аткарылууга өтө кыйын талап коюп, «болсо мына, болбосо ана» дегендей жарашуудан бой качырды.

Молла Алымкулдун адамын киши кошуп узаттырып, ошол эле күнү калган зындандагы элчилерди бүт кырдыртып, Нарын дайрага таштаттырып жиберди.

— Ыя?! Бу туз урган миң тукуму далай элчибиздин канын ичкен. Келме кезек деген ушул! — деп, актанып койду.

Элчилери кырылганын угуп, тыякта Мала-хан кайгырмак ордуна аябай сүйүндү. Чакчырылып, тез диван жыйынын жыйып:

— Мына! Айтсам ишенишпейт, ал бейнысап Жангарач менен Жантайга кошулуп, ыйманын оруска сатып койгон десем болушпайт! Мына, көрүп алсын калыстар, мына!.. — деп, буркан-шаркан түштү. Ушуну менен,жарашуу акылын тапкан бектерге ачыктан-ачык күнөө койду.

Мына, не кылмак ылазим? Кайрадан бул суроо бектердин алдына коюлду. Ички чатакты тындырып, тыштан болуп жаткан кысымга туруштук кылып өлкөнү өлкө бойдон сактап калыш үчүн не иштемек зарыл? Хан менен датка бир ымга келиштен өттү эми. Не азирет хандын айтканын кылып, бардык аскер кубатын бир жумшап, датканы тыйпыл чабыш керек — бул каалоо гана, чабылып бермекпи, ушул бойдон датка оруска таянып, өлкөнү, элди бөлүп кете бериши айкын көрүнүп турат. Не датканын талабына көнүп, азирет хандан кечип тынмак абзел — бирөөнүн кайгы зарын, канын моюнга көтөрүш оңойбу, бул да кудай алдында, пенде алдында кысап берер мүшкүл. Кайсы жагы болсо да, убакыт күтөр эмес, тез болушун мезгил, акыл талап кылды.

Жыл оол, 1862-жылдын 24-февралынын түнүндө Шатман кожо, Кыдырбек датка, Кудайназар түрк чала уйкуда толгонуп жаткан ханын ойгонгуча басышып, өз ордосунда, өз төшөгүндө думуктуруп өлтүрүп коюшат.

Койгон шарты аткарылган соң датканын аброю аркалык туугандарынын көзүнө абдан көтөрүлдү. Бийлер, айыл аксакалдары биринен сала бири келип, астейдил куттук

айтышып: «Бир айткан сөзү айчылык жерде эки болунбай, талабы ордонун өзүндө аткарылып отурса, хан болот деген ушу!» дешип барбалакташып калышты. Сөз арасында «хан ага», «азирет» деген да аралышып калып, буга көңүлү жымырап жылып, кулагы кубанып, көнө да берди окшойт, «кой, андай дебегиле» дебеди Алымбек.

Эл дүрбөп, бири сууга чуркап, бири отун камына өтүп, бири күпүлдөтө жер оюп кемеге даярлап, эң акыры, мунун баары анын оңдой берди жолуна эмеспи, көпчүлүк бата тилээр өңдөнүп, өргөө эшигине тирелип калышты.

Мурда эле дымагы аз болбогон Алымбек аны сайын сөөлөтү артыкча, кайруусу кере карыш кундуз бөркү бийик, көк илбирс ичиги желбегей, көзү тик. Кече сары санаага ичтен эзилип, үмүтүн, тагдырын кудай кай тарапка айдарына күмөн болуп, өзүнөн өзү мүңкүрөп жаткан кишини бүгүн таануу кыйын.

Ал эшикке акырын басып чыкты, эрин ачпай, турган элди бир чаргып, мелтейип эки көзү акбоз бээге токтоду, те нарыда жукара баштаган кардын үстүнө жайылып ташталган ак кийиз да көз жаздымда калган жок.

Эл кызыгып, зарыгып тургансыйт. Ошо кысталаң убакта керээт айымы келди көз алдына: «...Абайлаң, даткам... — деп, акырын күбүрөгөн үнү угулуп тургансыды, — быяктагы билмандарың эмне дейт... абайлаң, даткам... мындай иште шашылуу — чала басуу, чалынуу...» «Зирегим ай...» деди өз дили.

Тиги бээ кармап турганга карай ошол эле эрин ачпаган бойдон акырын башын чайкап койду.

Түйшөлө түштү турган эл. «Йе... бол дегенде болуп албайбы?!», «Ыя... башына конуп турган бактысын өзү силкип ыргытканы эмеспи бу?!», «Сен экөбүз эле ак кийизге салып көтөрүп койсок кан болуп калабы?!», «О-о, кокуй... уюктуу журт бар тыякта!» деген күбүр- шыбыр уюлгуп-уюлгуп, тез басылып, ара дым боло калды.

Ошол эле күнү жигит-желеңи дүрбөп, эли-жерин сагынган, эч токтоно алышпай, али мөңгүсү бузула элек Бычан ашуусун беттеп, жолго чыкты Алымбек датка.

Керээт айымы Алайдын бир көмүскө жеринде экен.

Көңүл арзуусунан да акыл термөө, абал чактоо зарылдыгы экөбүн тең эңсеткен.

— Келиң, даткам, келиң... — деп, көк кептердей дилдиреп, акырын күбүрөп, Курманжан дайымкысындай жүйүртө тизе бүгө датканын колун өзүнүн жылуу алаканына алып тооп кылып, бу сапар коштоп келгенден да, тоскондон да ыйбаа кыла албай, эркеп учурашты. Келери келип, кетери кетип, эл аягы тынган убакта эрли-катын эми өзүлөрүнчө жүз карашып, биринин демин, жытын бири сезишип, ичкериге от жагарды да башбактырбай бирткелеп элкин куру чай ууртташкан болуп, тиги араң үлпүлдөп жанган оттун күңгүртүндө акырын күңкүлдөшүп, күнүмдүк тирилигинен баштап, мезгилдин өтө чалкеш, өтө калпыс абалын нечен бир ирет өкчөй салмактап,өзүлөрү собол коюп, өзүлөрү жүйөлүү жооп издеп көрүп ой термешти.

— Ушул эми, — деди Алымбек өз оюнун ток этерине келип, — ордону биротоло колго албасак болбойт.

«Өзүм хан болом» деген маанини түйду Курманжан:

— Терекке чыгыш кыйын, түшүшү андан кыйын, опурталдуу.

Жер тиктеп, ой баскансып калган керээтинин күңгүрттө кабагын көрө албай, бирок анын көңүлүнө келе калган уйгу-туйгу санаасын баамдап, «...теректен түшүштүн көйкөйүн ойлонуп калган турбайбы... атаны зирегим ай...» деп алды Алымбек ичинен.

Курманжан:

— Буга ордодо да бир ооз боло алышпайт ко...

Бул максатынын арты жакшы болоруна да, жаман болоруна да кайыл болуп алган Алымбек:

— Ким көлдөлөң келмекчи?! — деди шар. — Ким? Бүрүшкөн Шатман кожобу? Ал кожонун биздин үй-тиричилигибизге кийлигишишке не акысы болмокчу?! Ошол алдына тартылган биртке табакка топук кылып, жөн жүрсүн! Кудайназар аминби? Миң-Төбөдөгү төрт
кыштак түрк тууганын баштап чыгып, кайсы кырды ашмакчы?! Койчу даткабы? Ал өзүмдүн карабагыш тууганым, ымга келишет! Молла Алымкулбу?

Курманжан айым башын ийкеди:

— Бул жакта сиз барыңызда эле барктуу болуп калган эмес беле, азыр сиздин жогуңузда көп элге туу башы, ордодо экинин бири, анын алдыртан өкүмү болмоюнча колго аларлык бир түзүк иш бүтпөй калган, Маланын көзү барында эле. Сизди кара аламан эл «качкын» дейт, ордо ичинде «саткын» дейт, а молла Алымкул «кайрымсыз ханды жыккан киши» болуп турган чагы. Нары да, датка, дагы бир ишти эске алмак зарыл — молла Алымкул Малага кутум ишти өзү баштарын баштап, а жүзөгө ашырар күнү Маргаланга үйүнө бекинип, качан кабар укканда кадимкидей өкүрүп келиптир, ушунусу менен кара аламан эл көзүнө кутумдукту билбеген калыс киши болуп көрүнүп, ханга жаат ордо кишилерин, хан өзү кураган казына аскерин өзү тарапка ыктатып алып койгон.

Алымбек датка мекчейип ойлонуп отуруп калды. Мындан келди, ушул экен го ордо талашчу адам?! Он уул ичкилик, хантагасы Кедейбай датка кошулуп демекчи, бүт сол бириккени калганбы?!

— Карап байкап көргөйсүз, датка, — деди Курманжан айым, — молла менен берки Шатман кожо, Кыдырбек датка, Кудайназар түрк кандай алакада болушту экен. Ким билет, кыямы келсе молла Алымкул аларды «азирет ханга кол көтөргөн, канына забын кылган» деп, акыйкаты да ошондой, өзү түздөн-түз катнашкан эмес, «сен айткансың» деше албайт, далил таба алышпайт, беркилерди жазага тартып жибериш кообу да бар. Сиз, датка, ушул жагдайды эстен чыгарбаңыз, мына ошол кишилердин тамырын тартып, көңүлүн алып, колдон келишинче жанагыдай болуп кетер кокустуктан корчолоп, арачалап алыңыз. Сиз жакка оошсо, чоң жаат болуп беришет, жаман айтпай жакшы жок, алар жоюлуп кетти дегиче сиз жалгыз каласыз...

Алымбек датка ой басып, башын ийкей жер тиктеп отуруп калды. Иш кыйын экен, бирок кантип баш тартмак көптөн ойлогон оюнан, бийлик кызыгынан?!

Кокон сепилинин кырынан удаама-удаа күрсүлдөтө кош замбирек аттырып, өзү Риштан дарбазасына чыгып, молла Алымкул Алымбек датканы салтанат менен тосуп алды. Жамырап аваз кылган көп элдин көзүнчө экөбү эки жактан аттан түшүшүп, жөө басышып келип, төшүн төшкө тийгизе бөтөнчө ымала көрсөтүшүп учурашышты. Молла Алымкул көзүнө жаш алып, аманчылык сурап, датканын «кайра уясын тапканын» куттук айтты.

Тез эле, ордо жакшылары менен жүздөшүү бапыр- тапыры бүткөн соң, эки бек жанына башка көз, башка кулак кошушпай өзүлөрү ээн-элкин отурушуп, бийлик ээси ким болот, кандай болот, аста ой алмашышты. Өлкөгө бир кожоюн керектигин моюнга аларын алып, бирок кайра да Миң тукумунан хан көтөрүү оюна Алымбек датка каршы ниет билдирди.

— Не кереги, не касиети бар булардын?! Булардан көрө не отуруктан, не тоолуктан, не чөлдүктөн — үч тайпа журтубуздан көтөрүп алсак ким кой демекчи? — деп көшөрдү. — Э-э, Нүзүп аталык болуп, не көйдү көрдү?! Мусулманкул миңбашы болуп, не тапты?! Өз тууганын өзү жыгып берип, ыя, Өтөмбай менен Нармамбет не болду?! Мал арыгын баксаң ооз майлайт, адам арыгын баксаң төбө кандайт! Зап сөз эмес бекен?! Ушул Маланы көтөрмөлөйбүз деп, акырында сиз экөөбүз не мүшкүлдү көрбөдүк, бек?! Кылган жакшылыгыбыз балээ болуп жабышты го өзүбүзгө?!

Молла Алымкул көзүн үлдүрөтүп, жүйөгө макул болгонсуп, каршы айтар жообу жок сыяктуу башын ийкегилеп тим отурду. Бирок, мына арты өзүнө жамандык ишке айланып кетишке ыктымал болгон өтө кооптуу окуяга карабашын сайып кирип, шарият да, салт да колдоп турган так эгесинин өзүн тындым кылып отуруп, акыры аяганда «баркы бар» деп, ушул көйрөң Алымбекке ийлеп-ийлеп итке салгандай кармата берип, өзү баягы эски бек тону менен шалпайып кала берер киши бекен?! Буга көнөр оюу жок зарделүү молла Алымкулдун, бирок азыр көздөгөн купуя ниетин ашыкча коогасыз жылма гана бүтсө бүтөрүп кетиш үчүн сылык, сыпаа жүздөшүп отурганы. Шарт талап кылса, башка бейпил жол түгөнсө, ал ар кандай кыябында ким менен болбосун тике маңдайлашат, колуна түшүп турган бийлик тизгинин оңой бере койбойт, кан төгүшө кармашат. «Майли, жети өлчөйлү, жети өлчөйлү, датка...» деп, кымырылып, ар түркүн маани туйгузган сөз менен токтолду.

Кокон шаарына бек делинип, Алымбек жалпысынан ордого баш-көз боло турмак вазийфасына өттү. Молла Алымкул мурда эле ордо аскерин өз кол алдына ийгерип алган соң аскербашы катары ошол бойдон козголбой калды. Бул бир жагынан сыртынан бийликти бөлүшүп алган ынтымагы болуп, бир жагынан абалкы өткөөл мезгил, бирин-бири акмалаган, ар кимиси өз кубатын тымызын чамалашкан убакыт гана болучу.

Шаарихан беги карабагыш тууганы Койчу датка, Кыдырбек датка, Кудайназар баш болгон бир топ ордо адамдары Алымбек датканын таасирине өтүштү. Бул жаат «өлкө биримдиги» дегенди өз ичинен өзүмдүк хан авледин көтөрүп, колдон келишинче орус менен жакшылык менен тынышып сакташмак. Бул көксөө Ташкенге бек болуп калган Шатман кожонун таламына төп келбей, ал астыртан молла Алымкул жаатына ыктады. Күн өткөн сайын ара жиктелип, кимдин жанында ким бар экени эки тарапка айкын болуп, айыгышуу аябай курчуп, кыйраша турган бир катуу кагылыш үрөй учура жакындап келе жаткансыды.

* * *

Ордо тараптан ар күнү ар түркүн кеп угулуп, кайсынысы нуктуу, кайсынысы каңырыш, биле албай Курманжан айым миң бир толгонуп, түркүн түмөн божомол сесин алып, ой-санаасы бир жерге токтолбой дудала болуп турган чагы болучу. Жолдун оңуту деп, өргөөсүн Каблан-Көл жайлоосуна кондурган. Ошондой мазасыз түндөрдүн биринде эл кызуу уйкуга кирген мезгилде капилеттен те алыстан ат кишинеп калды. Түйшөлүп, али кирпик кага албай жаткан Курманжан айым: «Ошол...» деп аптыгып ордунан тура калды. «Ошол, карача аргымак эле, ошол!..» деди. Үйүр сагынган айгыр аргымак чаалыкканын унутуп, алчактай басып, алда кайдан улам шаңгырап кишинеп келе жаткандай. Курманжан айым эшикке кандай чыкканын билбей калды. Дагы

шаңгырап аргымак кишинеди. «Өзү экен... датка келип калды окшойт, аксары башыл кудайы, о көкө теңир ай, не күн болуп келип калды экен?!» деп туталанды, не кубаныч, не коопту бир окуя сезгени белгисиз эт-жүрөгү болкулдап, алдастай басып, шабырт келе жаткан жакты көздөй бет алды. Улам коюу көбүргөндү шатырата нарылаган сайын жүрөгү опкоолжуп, тездей берди. «Ыя?!. Келбейт эле, зарыл бир иши болсо киши жиберет эле!.. Ыя, куугун жеп калдыбы, ыя?..» деп, санаа аны кыстап, шаштырып, жүгүргөнүн өзү билбей баратты.

«Эне, кайда барасыз, токтоң?!» деп айта алышпай, эсейген эки уулу тең ээрчип, бири каңтарылуу аттардын бирин жетелеп: «Эне, буга минип алыңыз» деген сөзгө жетише албай карама-карама логлоп чуркады. «Ыя?!. Не болсо да жай эмес бу..» деп, балдарынын ээрчигенин сезбей, артын карарга буямасы боло албай кетти Курманжан айым.

Бир убакта көп аттын дүбүртү, бышкырыгы таасын угулуп, жакын эле алдыдан шыңгырап карача аргымак кишинеп жиберди.«Мына! Айтпадым беле?! Өзү экен...» деп, ал селейип токтой калды. О, санаадан учкул жок белем?! Ошол тапта Курманжан айымдын көңүлүнө «карача аргымакка датканын сөөгүн артып келатканбы, каран күн» деген ой зып дей, ошол замат коштогон көп атчан дуу өкүрүп жиберише тургандай сезим эңги-деңги кылып, тула бою дүркүрөп кетти. Курманжан айым дагы бой таштап, өз шабырты, коюу көбүргөндүн качыр-кучур болгону кулагына угулбай демиге катуулап басты. Аңгыча караңгы арасынан туңгуюк көзгө илинип, ири алдыда, атырыла басып, карача аргымак дагы шаңгырап кишинеп жиберди. Курманжан айым эл көзүнө да байбиче каадасын тутуна токтоно албай секелек келин сымак дуу эте чуркап, жетип эле аргымакты тизгиндеп:

— Келгиле, келгиле, — деп, үнү калтаарып, шыбырагандай басмырт күңкүлдөп, токтотпой кошо желе басты.

— Кандай, байбиче, тынчсыңарбы, мал-жан эсенби байбиче? — деди эңкейе Алымбек датка караңгы ичинен, кабагы көрүнбөй, үнү шалкы. Жол азабыдыр?

— Кудайга шүгүр, элиңиз эсен — биз эсен, датка!.. — деди Курманжан айым, кош колдоп кармап, эринин камчылуу колун өөп тооп кылды. Ошол бойдон аргымакты суулуктай жетелей:

— И-и?.. Ыя, неге мынча түн катып, датка?.. — деп сурады ошол Каблан-Көл айланасында караңгы түн жамынып кулак түрүп ээрчип турган бирөө бар сыңары жарым үн салып, өз көкүрөгүндөгү удургуган күдүк санаадан аны сайын кообу күчөйүп. — Ыя?..

Алымбек датка үнчүкпай, неден баштап, не деп айтарын биле албай, тунжурай калды. Сабыры кетип, ушу караңгы түндө да кабагын байкайм дейби, колу аргымактын суулугунан чыкпай, кетенчиктей басып, андан жооп күтүп бараткан Курманжан айымдын караңгыда кадалган көзүн сезди. «Бул эмне?!» деди Курманжан айым. «Бул эмне, биротоло баарынан кол жууп, үмүтү үзүлүп, деми кесилип бүтүп келгенби?!» деп, ордо талашып жүргөн датканын бул кейишине эч ыраазы болбой, макул боло албай бир аргасыз кайгы, бир те тереңден кыжыры дүрт тутанып, жүрөгү дүкүлдөп кетти. Алымбек датка да бу кумурсканын түндө оонап кеткен жерин билген дегендей кереэт айымдын мындай чоочулаганынан «дагы бир балекетти уккан экен» деген ойго дароо кабылып, дароо ордо, кымырылган ордо адамдары көз алдына бир тартылып өттү. Ал байкай албаган дагы бир мүшкүл бар белем?!

— Ыя, датка, дагы качып чыккансыз го?.. — деди бир убакта Курманжан айым баягы муңайым мүнөзүн сактанып, бирок анын деминен кескин зил угулду.

Алымбек датка өзүнчө акырын улутунуп, өзүнчө касырет тартып, өзүнчө өкүнө башын ийкегилей:

— Качып келгеним го жок, бирак абал жаман, байбиче... — деди чарчаңкы.

Ошол учурда өргөөгө жакындап, көк дөбөт күлтүлдөп эркелеп тосуп калган эле. Курманжан айым карача аргымактын суулугун бура тартып, кайра окчундай жетелей басты:

— Куп жакшы! Андай болсо аттан түшпөң, ырым болсун, датка. Качуу оюңузда жок болсо, маслахат үчүн эле келген болсоңуз куп жакшы, ат жалынан бүткөрөлү, датка...

Бир тынбай ат үстүндө келип, такымы тырышып, бели уюп, чаалыккан Алымбек датка ээрдин кашына өбөктөп, караңгы түндө акырын күңкүлдөп, ордодо болуп жаткан оош-кыйыш, бир жактан бир жакка түндө жорткон келемиштей жылып-жылып өтүп жатышкан ордо шумдарын, абал улам курчуп, улам кызып, тарс деп бир жарыла турган кооптуу күндүн отө эле жакындап келип калганын айтты. Эң акырында «Эмне кылабыз?» деген суроону түйдүрүп, ушул айсыз караңгы сыяктуу туңгуюк абалдан керээт айым дагы бир сыйкырдуу шам чырак акыл туттуруп, чыгарып кетерин гана сыйынып токтоду. «Кой, датка, ушул бийлик деле жетет бир башыңызга, кой, ордосу менен курусун, келгениңиз жакшы болуптур, ордо башы болбосоңуз беш чүрпөнүн атасы болуп, тынч эсен жүргөнүңүз ылазым, айланайын даткам...» дейт деген ойдон башка маңдайына келбей бүт тула бою ныксырап, эгер минтсе өзү буга кандай мамиле кылары даяр да эмес, талыкшып, түнжурап турду.

Жайлоо жердин сыдырым жели кайдандыр леп- леп келип, кайра кайдадыр шуу-шуу кайып учуп өтүп, кайра дымый калып турган. Те нарыда коштоп келген кырк жигиттин өзүлөрүнчө акырын кобурашканы, оттогон аттардын шабырты, бышкырыгы гана түн терметет. Курманжан айым карача аргымактын ыйык жалын кармап үңкүйгөн бойдон көпкө былк этпеди. Бир оокумда Алымбек датка бир сүйөк кеп талап кыла дагы өзү түйшөлдү, «үйгө түшөлү эми» деген ою ооз учуна келип. А Курманжан айым ордунан ыкшалбай:

— Ыя, датка, жүрөксүп калган окшойсуз?.. — деди акырын, ындыны өчкөнү, мындай жүрөксүнүшүнө макул эместиги деминен байкалып.

Алымбек датка ээрден өйдө боло берди. «Ырас» деп кантип айта алат эл агасы башы менен?! «Жок» десе калп болот, ал калпын баягыдай алдына туу көтөртүп дал түштө жол келбей түн катып жүргөнү, эки ийни түшө минтип шалдырап турганы ашкере кылып турат.

— О аттиң, ай, жүрөксүнөр жөнүңүз барбы, даткам, жаман айтпай жакшы жок, бул иштен мертингидей болсоңуз артыңызда азамат беш Алымбек калып турбайбы?! — деп жиберди Курманжан айым үнүн кейиштүү да, кекерлүү да көтөрө.

Караңгыда айымдын тереңинен кайрат жалынын күйүп турган баягы жашыл көзүн Алымбек датка дили менен көрүп, мындай катуу кепти мурда укпаган, ошол табында күтпөгөн, ормоюп тиктеген бойдон селейди.

— Кайтканым оңбу, байбиче?.. — деп сурады бир убакта.

— Оң түгүл, датка, зарыл! — деди Курманжан айым туталана. — Өзүңүз ойлоп көрүңүзчү, эми качып кайда батасыз? Те куттагы ишенип отурган тууган эл эмне дейт?! Дагы качып, дагы кара башыңызга сыйынт сурап, дагы көмөк тилеп барсаңыз? Ыя,

иренжишпейби?! «Кимге ишенип, ким менен тагдырыбызды канжыгага байланышып жүрөбүз?!» дешпейби?! «Өзүбүзчө ордо күтөбүз, өзүбүзчө бир тайпа журт болобуз» деген көксөөңөр куру кеп болуп калбайбы бу өлүмгө тике карайт деген башчы кара башын корчолоп, жалт берип кетсе?! Жамы кыргыз кыпчак журту сизди карап турат. Мындай кезде, датка, кара жанды ала качкан айла эмес, көксөгөн максаттын кадырына кара башты тике сайып, жазатка өзү барып бериш — ошол айла, ошол акыл, ошол эрлик!..

Алымбек датка катаал сөздүн ыктуу жүйөсүнө тен берип:

— Ырас, — деп, чачылган санаасын жыйнап, кадыресе чыйрала түштү, — ырас!

— Тез, кылчактабай азыр кайтыңыз, датка. Минген бурактан түшпөңүз, кармаган тизгинди коё бербеңиз — бул ырым, бул эртеңки минер тагыңызга, тутар өкүмдарлык тизгиниңизге үмүт, тилек. Бурак үстүнөн суусун ичип, азыр кайтыңыз, — деди Курманжан айым.

Те нарыракта турган беш уулу — Абдылла, Асан, Маамыт, Баатыр, Камчы келип, улуулата эки колун бооруна алышып салам айтып, акырын ыйбаа, ызат карманышып, көрүшүп калышты. «Мына, сен мерт
болсоң бек кааданды кылар, жолуңду улантар, ысмыңды туудай көтөрөр бул беш азамат калат артыңда — сен чайлаган бай терексиң!» дегенди кайра түйду. Алымбек даткага бул аны эки колтуктан сүйөгөндөй кубат, кайрат берди. Биринен-бири сөөлөттүү, биринен-бири көрктүү, биринен-бири калышпай кылка теректей бой керишип өсүп келе жаткан боз уландарынын деми аны көз көрүнөө көтөрдү, заматта ордо кыжаалатын, өлүм коркунучун унуттуруп, тебелетип жиберди. «Кудайга миң мертебе шүгүр, мендей пенде өлөм десе күнөө болот!» деген кыял көңүлүнө жаймаланып толуп чыкты.

Уландары менен учурашканы да, коштошкону да ушул эле болду. Карача аргымакка мейиз кошкон күрүчтөн жем илип, Алымбек даткага аргымак үстүнөн көөкөрлөп кымыз жуткуруп:

— Тез дегеним бул, датка, сиздин түн катып ордодон чыгып кеткениңиз «маслахатка кетти» эмес, «качты» болуп тарайт. «Качты» болгон соң кечеги жумшак тил, катуу сүр менен ийгерип кураган тобуңуз байкоосуз ыдырайт — качкынга ким кошулуп качмак, аргасыздан болсо да досуңуз касыңыздын тарабына жылып өтөт, кеткен досту кайра кайрымай жок, касыңдан аша каршыккан душман болуп кала берет. Сиз, датка, ката иш кылгансыз, эми ал катаны ууга чыгып келген өң көрсөтүп, Коконго шардан менен кайра кирип, кайра ордонун төрүнө өтүп калганыңыз гана оңдойт оңдосо... — деп шаштырды Курманжан айым.

Жолго бата алды Алымбек датка. Курманжан айым аргымакты дагы эле суулуктап жетелеп, лепилдеп узатып басты. Эми шашыла күңкүлдөп сүйлөп:

— Абал кылычтын мизине, кылдын учуна келген экен. Мындай тапта озунган эле алат, кенебей жаткан алдырат, датка. Оңут күтүп отурбай тобокел кылып, озунуш ылазым, датка. Тез! Ойронун чыгарыш зарыл, датка. Кылчаңдаш болбойт! Арты эмне болорун ойлонуп отурушуңуз өзүңөргө кастык, арты эмне болсо ошол болсун, бир кудай өзү, ичи кең, жөндөйт... — деди. — Эми, дагы бир айтаарым — бой жүрбөй не бир көзүңүз түшкөн, не бир жакшы санаалаш бурадарлар акыл берген бир түзүк жубанга нике байлатып коюңуз — бою-башыңызга карайт, мусулман ордосуна баш болуп отурган соң тазалыгыңызга төп, эң жакшысы кылдан кыйкым, жумурткадан кыр

издеген душмандарыңыздын ушак-айың кебинен какас болосуз — бул ушул тапта ашкере зарыл.

— Ылайыгына, — деди Алымбек датка, — ылайыгына карайлы, байбиче. Кош, — деп, эми өзү ашыгып, бардык ой-санаасы ордо кармашына ооп, өзү туталанып, кош айтышты. Курманжан айым эринин колун өөп тооп кылды да:

— Кош датка! Жигит пири Шаймерден колдосун... — деп, ак тилек кылып, караңгыда жүзүн сыйпап бата кылып, бу ортосунан кыл өтпөй калган өмүр менен өлүм кармашына биле туруп өзү жөнөтүп койгонун айкын сезип, не кайгырбай, не кубанбай нестейип кала берди.

Кырк атчан кайра дүпүрөй Кокон көздөй тартты. Алымбек датка алдына чыккан кишиге салам да айтпай, саламына алик да албай, ким экенин даршан кылбай түн пардасын жамынып, күпкөсүнө ач түлкү киргенин туюп калган карышкырдай алдастай сүрдүгүп, жаагы карышкан тажаал санаа куюктуруп, эч жерге токтолбой кетти.

Ушундай капилет жорук болуп кетерин ким болжогон?! Ордого башкөз болуп калуунун өзү Алымбек датка жааты өкүмдарлык бийлик колго өткөнү ушул дешип, көңүлдөрү жайланып калган убак эле. Кудайназар түрк менен Кыдырбек датканы бир түндө жүздөн аскер барып, үй-үйүндө басып, а дегидей сөзгө келишпей экөөн тез кылычтап өлтүрүп кетишти. Жигитбашы Маматкан баатыр кызылдай кырылышып кармашып, нары беги, нары өз туушкан агасы Койчу датканы коргоп калды. Таң сүрө адам үрөйү тааныла баштаганда түн жамына тийген жоо кыргындан калганы кайра тартып, дүпүрөтө дүргүй чабыша бир жакка бой жашырып кетишти. Ким булар? Кайдан?

Ошол күнү бул шумдук окуя кабары Коконго жете электе Чотон деген адам Алымбек датканын эшигине келди.

Алымбек датка эртен мененки намазын жаңы эле бүткөн. Азирет Шайх-уль-Ислам Саги-заада, молла Зия деген ордо адамы баш болгон төрт-беш киши салам айтып келил калышты. Шайх-уль-Ислам ордодо качан болбосун, кимге болбосун келсе жолу тосулбайт. Күн ырайы, эгилген эгин, жыйым туурасында сөз кылышып отурушкан.

Караулбашы кирди:

— Таксыр, Чотон баатыр келиптир, учурашып кетсем дейт, — деди.

— Чотон?! Чотон маңкабы? Коё турсун, — деп койду Алымбек датка. Көз алдына аюдай килейген тууралуу, бою пас, эки көзү кыпкызыл, мурду белбаскак, одурайган кара киши келди. Чотондун ашкере бой көтөрө эрес талашкансыган кейпи, бир да жолу сырдашпаган зардеси Алымбек даткага жакчу эмес, жылдызы каршы сыяктуу киши болучу.

Бир аздан кийин караулбашы дагы кирди:

— Таксыр, сабылып турат. Ноукентге өтүп бара жаткан экен, бир ооз сөзүм бар эле дейт...

Алымбек өйдө карай берди:

— Эмне сөзү бар экен ал ант урган маңканын?! — деп алды. — Мейли, киргизчи бери...

Чотон эшиктен араң сыйып кирип, камырабай чайпала басып, күркүрөгөн жоон дабыш, акырын салам айтты да, кычыгына эт өсүп кеткен кызыл көзү үй ичин бир чыргый отурган адамдар менен суз кол алышты. «Мунун кесири башынан ашкан!» деди ичинен Алымбек датка. Молла Зия ireңи купкуу болуп, башын араң ийкегилеп:

— Ие, келиң, Чотон баатыр, келиң, — деп датканын жанынан өз ордун бошото ылдый жыла берди, — төргө өтүң, төргө...

Чотон сыңар тизелеп, коомай көчүк басты.

— И, кел, жол болсун? — деди Алымбек датка.

— Бир эртеңкиге калтырбай турган зарыл иш бар эле, датка... — деди мелтейип, үрөйү да суук, көзү да шумдук туйдура ойноктоп Чотон.

Ал убакта шырп эткен шыбыш жалган-чынына карабай керек болчу. «Э, бу отурган элден жашырын экен» деди, Алымбек датка кайтарып сураган жок.

— Кел, даам сызып, анан деле айтарсың ишиң болсо.

Чотон көзүнүн төбөсү менен дагы бир сыйра баарын тиктеп, молла Зияга келип, кадалып токтоп калды. Молла Зия аны сайын көзүн ирмешке жарабай, азирет Сагизааданын ахлак жөнүн маек кылган коңур муңайым үнү да кулагына угулбай, нес болуп калды. «Иа, алла! Бул айбан неге тирмейет?.. Ыя, тууганын кыя албай, өңүн көрүп ырайдан кайтып, ыя, тууганына барлык сырды булайтып чубап таштаганы отурабы бу макоо?..» деп, өлүм менен өмүр аралыгы ал үчүн бир нукум болуп, заманасы куурулду. Аңгыча дасторкончу дасторконун жаяр алдында жез чылапчын тосуп, өзү жез чөөгүн менен колго суу куя баштады. Этектен башталып, төрдөгү шайх-уль-Ислам Саги-зада, молла Зия кол жуушту. Эми Алымбек датка эңкейип, жез чылапчынга кол тосуп, ашыкпай жууп, суудан ууртап, ооз чайкап жаткан мезгилде килейген Чотон лап тура калып, койнунда катылуу келген шап[1] кылыч чагылгандын отундай бир жарк дей төбөдөн шилтенип, көз ачып жумганча Алымбек датканын башы чылапчынга шалак деп түшүп калды. Шайх-уль-Ислам Сагизаада эки көзүн басып, кылыч эми ага шилтене тургандай, тез күбүрөп келмесин айтынып жиберди.

— Коркпоң, азиретим, коркпоң... — деди мола Зия.

Кылычынан канды аптыга бир жалап алып, тажаал айкырык салды Чотон:

— Мен бекмин Коконго! Жайлайым былк эткениңди! Жайла-айм!

Ким былк этмек?! Ошол жерде шайх-уль-Ислам Сагизаададан башкасы муну билип келген, Алымбек датканы шексинтпей ортого алып туруш вазийфасы тапшырылган өңкөй кутумдар экен. Көздөрү жайнап эле ликилдеген Чотонду мыңк этпей тиктеп отуруп калышты.

— Уа, бар-ракал-ла, Чотон бахадур, бар-ракал- ла!.. деп, мактап жиберди ачык молла Зия. — Энди, бахадур, тышта не окуя болуп кетет, тыштын камын көрмөк абзел, бахадур...

Желигип, ликилдеп, Чотон тышка жөнөдү.

Тышта Алымбек датканын күзөтчү жигиттери бар, иргелген жүз сыпай менен келген Чотон, не бар не жок, кымкуут кагылыш капшабына кабылып калбас үчүн кутумдар тамдан чыкпай бугуп отуруп калышты. «Бири өлүп, бири калсын. Бир жаңсыл болсун...» деп ойлоду ар бири. Кокус датканын күзөтчүлөрү үстөмдүк кылып кетишсе, өлтүргөн башка, буларга ким күнөө жүктөй алмакчы, кайра өлтүргөн кишиге наалатын жабыла айтышат, күйүнүп өкүрүп калышат, а ушул бойдон Чотон басып калса дагы жакшы, баягы көздөлгөн иштин оңуту. Бирок, алардын ортосунда ордонун билерманы сулап өлүп жатпайбы, акыры кандай түркүн өзгөрөрүн ким билет, ирендери учуп, кооптуу тагдырга баштары байланып калды.

[1] Ш а п — эки жагы тек миздүү кылыч.

Молла Зия Алымбек датканын өлүгүн улагага алдырып, үстүнө жана эле желбегей ийнине салып отурган кымкап тонун айкарасынан жаптырып, башын жанына койдуруп койду да, эси чыга калчылдаган дасторкончуга дасторкон жайдырып, жалбырттап чачылган, коңурсуп жыттанган адам канынын ортосунда атайын ырым үчүн жайма-жай даам сыза беришти.

— Э-э, жеткен ажал бул. Кырк жылы кыямат жүрсө бей-ажал чымын өлбөйт деген эмеспи жараткан эгем...

— Муну өз ниетинен өзү таап алды окшойт даткабыз?..

— Уа-а, ошону айтың, ошону... Бу ыраматылык датка жакшы адам эди-ю, ынсаптан кетип калды, ынсаптан... Бу баарыбызга тең ыйык ордону түрк баласына гана энчи кылмай болуп, аттиң ай, ордонун кат-кагазын нонок түрки менен жүргүзмөкчү болуп... О, илгери бир муштаидден сураган имишдур: «Кайсы тил ширин?» «аль-Араби асел, фарси — шекар» деп, жооп кылган муштаид. «А түрки недур?» деп, такык кылган дешеди. «А түрки — өнөр» деп койгон акылман. Маани ушул ки, түрки — тириликте бир кереги болуп кала турган, а мейли базар заруратына жарай турган бир өнөр гана экен. Ыйык кат аль-Куран, арабиде, аны башка тилге таржима этиш күнөө, магнасы бузулар, а фарсиге беш ирекет намаз, жаназа окуш, жана да бир кат, казал жазыш ылайык болунган. Муну бузуш аз күнөө эмес эди даткага...

— Пай, пай... Кудайым сүйүп бак берген, дин- Ислам шарияты дува берген паша авладин жок кылгаймын деп, не өзүн, не башка түрк баласын хан көтөрмөк болгонун карап багың? Йе, алла, дааратын түзүк ала албаган кайсы түркөй өкүмдар болуп жарытмакчы?! Э-э, мунусу менен жамы мусулман бирлигин опат кылмак даткабыз...

— Ва-ай... Тиги кут жайдагы жабайы туугандарынын азазил тилине кирип, арам дилине ооп, мусулман жерин тартуу этип, дин-Исламдын душманы кайридин орус менен купуя алака кылышка батынган дешеди.

— Пай-пай... өз өлүмүн өзү сурап алганы бул эмеспи?!

Жайма-жай кобурашып, биринен бири ашыра Алымбек датканын күнөөсүн көбөйтүп, колдорун улагада жаткан өлүгүнө кезей-кезей кеп урушуп, баш ийкеше бирин-бири кубатташып, бирок баарынын кулактары тышта, даам сызган болуп отурушту.

XI

Өзү ошого чейин Маргалан вилаятынын беги болучу Алымкул. Мала-хан тындым болунган соң аскербашчылыкты алып, өзүнчө өтө ишенимдүү Маргалан ичиндеги аскер ичинде турган. Тезинен Мала-хандын онеки жашар Султан-Сейид деген уланын ак кийизге салдырып, «хан» деп жарыялап, ордого колунан жетелеп киргизди да, өзү бала ханга аталык, ордого кеби эки кылынбас эге болуп калды.

Алымбектин тындым болгону угулган соң Курманжан дароо алейне өргөө тиктирип, түндүгүнө аза белгиси кара байлаган туу сайдырып, урук-тууганын жыйнап, өзү астейдил көзүнөн жаш төгүлүп, колундагы шакек- билеригин, кулагындагы сабагын чечип, кара кийип, кош бөйрөгүн таянып, элдин эң алдына өңгүрөп, акырын эки ооз кошок кошту:

...кызылдан макмал эндейди,
кыйыры чалкар көлдөйдү
кыргыз-кыпчак элиңин эми
кыздары туубайт сендейди...

...карадан макмал эндейди,
кайкыган терең көлдөйдү
кыргыз-казак журтуңун эми
катыны туубайт сендейди...

Тууган да, ичтен табалап турган кутум да чуу көтөрө өкүрүп, тоо арасы кошул-ташыл теңселди.

> «Кадырлуу бек айым, дозоку болгон кутумдардын колунан мерт болуп, кайран бегибизден айрылып калдык. Келип, өзүңүз башында туруп, бектин ариетин кылып кетиңиз...»

деген «куш тилиндей кабар» алып, ордодон атайын чабарман келди, бирок аяр Курманжан өзү «баскан- турганы чектелүү аял» экенине шылтап, өзү барбай, «эл аксакалдарынан» жиберип, бектин сөөгү алынып келинген соң кокон ордосуна ыкрарлыктан ачык баш тартты.

Эми Кокон ордосунан эч жакшылык болбосун болжоп, баягыдай арачы түшөр күйөрман Алымбек тууганды көзү жок, аркада Байтик баатыр оозунуп аракетке өттү да, байкатпай Бышкек чебинин беги Рахматулланы сыяпатка чакырып алып, кырк нөкөрү менен кырдырып салды.

Ордо менен мынчалык кастыкка өтүшүп калган соң буларга бир таяныч зарыл го?!

Ошол кезде орустар Үч-Алматыга «Верный» деп ат коюп, түбөлүккө деп ээлеп, күчтүү аскер туругу кылып алышкан.

Жантай бий да ордо жактан чоочубай коё албай, жакшы чыкма уулу Шабдан Туркстанда ордо атынан бек болуп турганына да карабай, Байтик баатырдын ыгына көндү да, Верныйден бир отряд аскер чакырууга мажбур болду. Мейли, кокус ордо тараптан кысым болуп калса, булар айбат болсун!

Муну угуп, кокус кармалып калбас үчүн бек Шабдан түн караңгысына аралашып, өзү башкарып турган шаарынын дубалынан тымызын секирип түшүп, өзү качты.

Ушул көз карайлагандын айласы болгон «чакырууну» өзүнө укук кылып алып, убакыт бошко өткөрүп отурбай зарделүү полковник Черняев башына коюлуп, ошол 1863-жылы эле «экспедиция» деп аталган накта жортуул уюштурулду. Полковник биринчи Токмок, Бишкек чебин катуу кыргындап басып алды да, андан батышка карай жылыштап, 1864-жылда Ниязбек, Оулия- Ата, Түркстан, Чымкен, Сайрам калаларын биринин артынан бирин замбиректеп кыйратып отуруп, генерал Черняев 1865-жылы Ташкен босогосуна жетти.

Өз ичинен, бак талашкан көй тууганддарынын артынан тымызын аткан огунан Алымкул аталык капилет өлүм болуп, ошол Ташкен дубалынын түбүндө генерал Черняевдин аяк алдына, тагдырдын келме кезек деген катаал оюну ушубу, бүк түшүп жыгылды.

Тоголонуп баш кетмей, томсоруп ыйлап жаш төкмөй бул элге көнүмүш, боло жүргөн окуя делинет. Бийлик ээсиз калмакпы?! Ордо башы бүгүн өлсө эртең башка ордо башы чыгат. Ким таң калат?!

Бул маселе амир Музафардын да көңүлүн бөлдү белем, тезинен колунда жүргөн качкын Кудаярды жанына алып, көп кошун баштап, Кокон шаарын камаламакчы болуп келди. Не курал кезеп, не керней бакылдатып, алдынан чыккан эл болгон жок. Ордо бош калган!

Аяр ойлорго кабылды. Бош калуу ээсиз калуу эмес, бүгүн бош турса эртең эсине келген бирөө талашып чыгат. Те бир убактагы атасы амир Насрулла кылып көргөндөй «Кокон өлкөсү Бухара-и-Шарифтин бактияр өкүмдарынын кол алдына өттү» кылгысы келбеди, анын арты жакшы болгон жок ко, бул өлкөдөгү жашаган түркүн тайпа калк кыйла өзгөчөлөнүп, өзүнчө журт болуп көнүп калышкан, оңойлук менен ымга келе койбосун билет, «ордону тартып алган карөзгөйдөн бошоткон» болуп, «ыйык ата мурасын өз эгесине кайра алып берген» болуп анын көзүн карабаска чарасыз Кудаяр аркалуу өлкөгө өз өкүмүн өткөрмөктү көздөдү. Ким каршы Кудаярдын ордого огожо болушуна? Дагы баягы өчүккөн кыргыз кыпчак! Ким алардын ушул тапта биригип баш коёр адамы?

Өргөө ичи элет адаты боюнча жасалган, күнүмдүк тириликке керексиз кылдай эчтемеси жок эле. Жай мезгилде салкын ак сарайында отуруп, кыштын күнү ак сарайдын тышкы кең майданына бышкан кыштан жарым кез бийик көтөрүп тегерек кылган журтка боз үй тиктирип, алдына зыгыр бакал төшөтүп, анын үстүнө килем-килче салдырып, керегесине кештелүү талдырма[1] калатып, ортосуна арчадан от жактырып жашап жүргөн амирге бул өргөө көнүмүш, бирок шашылыш тигилген сыяктуу көзүнө комсо, өтө эле жупуну көрүндү. Түркүн түр салынып чырмалган чий гана көзүнө түшүп, көркөм буюмдун баасын билген немени көңүлүн биртке бөлгөндөй болду. Бирок, үзүлүп караган жок, тек гана чийдин түрүн, көчөтүн, кештелерин сырттан кайдигер сыяктанып, а көңүлү тереңинен баам салып, баа коюп отурду. Шекчил амирдин көңүлүнө акырындап: «Ыя, бул не кылгандары, мал издеген бирөөгө жата конок беришкен сыяктуу кембагалдын жакыр үйүнө киргизип коюшканыбы бу?..» деген кинээ кетти, бу булардын ымга келишпестигинин белгисиби деп ой жооруду. Кудаяр да сары санаа, жер тиктеп: «Эми не кыямат кеп болунар экен? О жараткан, бу катындын оозуна

[1] Талдырма — түр баскан кооз кийиз.

биртке алтын шилекей салып коёр бекенсиң?!» деген күйгүлтүгү кошо агып, нес болгонсуп былк этпейт.

Бир убакта тыштан акырын токтоо кобур үн чыгып, өргөө эшигине шарпа жакындап жаткандай болду. Кудаяр леп эңкейип, жыш чийдин түбүнөн тыштагыларды көрмөк болуп, амир Музафар сунган бутун жыйып, мандаш урунуп, оң тизесин таяна тагында отургандай келберсиген сөөлөтүн түзөп, тыштан келер адамды күтүп, томсоруп кыя тиктеп калды.

Кимдир бирөө акырын тооз[1] куштун түрүндөй кооз чырмалган чий эшикти көтөрүп, эки жактама сыр каалга ачылып, адеп сактай жүйүртө баскан Курманжан жесир кирди. Жана амир Музафарларды алдынан тосуп алышкан Жаркымбай, Осмон, Өмөрбек, Акимбай коштоп келишти. Курманжан жесир:

— Арыбагыла... Келгиле, азирети... — деп, мунайым, жумшак салам айтты.

— Бар болуң, — деп, ордунан тура калар түр көрсөтүп обдула копшолуп, алик алды амир Музафар. Ал тажылуу өкүмдар, ошол күндө дин-Исламдын кордуу очогу болуп турган даңазалуу Бухара-и-Шариф амири. Турууга ылайык эмес! Ошол копшолуп койгону да Курманжан жесирге гана болгон чоң урматы болот. Курманжан жесир:

— Козголбогула, козголбогула, — деп жиберди, — беймалал отура бергиле, азиздерим...

Башка кепке өтүшө электе амир Музафар өзү кыраатын созо шаулдата куран окуп:

— Омийин, — деп, бетке бата тартты, — бир аллам өзү ал-кулум десин кайран датканы, жайын жаннаттан кылсын...

Ушундан соң:

— Энди, бек айым, — деди ал жай, салабаттуу, коңур жумшак, — кайран датка кара ниет кутумдарын колунан бөөдө мерт болгон экен, ылайым жаннати болсун, биз укпай калдык дей албайбыз, жердин ыраактыгына карабай келип топурак салуу мусулмандык карызыбыз эди, чүнки ошол мезгилде Кокон ордосун ошол кара санатай адамдар ээлеп калып, ортобузда караманча кастык болуп, мына эми келип турганыбыз, бек айым. Кайрат кылгайсыз, бек айым. Эми, датканын калган өмүрүн, ооматын сизге, жана да угул балдарыңызга берсин бир аллам...

— Ыракмат, азиретим, — деди Курманжан жесир, жылуу сөз жумшартат, жакшы сөз жан эритет, ал астейдил баш ийкеп, көңүлү ийиге түштү. Өз кезегинде Бухара-и-Шариф элинин тынччылыгын, андан соң улук амирдин ордосунун бейпилдигин, мураскер угул баланын энеси каныке айымдын амандыгын сурамжылады.

— Шүгүр, шүгүр... ыракмат, ыракмат... — деп, сыпаа жооп кылып отурду амир, бул узур сурашуудан кийин:

— Энди, бек айым, сизге бир тартуу ала келген элек, — деп, тышка алакан уруп, дабыш кылды. Ошол замат жылтылдаган күмүш табакка салынган бирдемени үстүн үлбүрөгөн кара шайы жаап, нөкөр алып кирип келип, сыңар тизелей таазим кыла Курманжан жесирдин алдына тосо кармады.

Курманжан жесир элтейип, өлүмтүк жытын сезип, иреңи мостоюп тиктей берди.

— Көрүң, өз колуңуз менен ачып көрүң, бек айым, — деди амир Музафар.

[1] Тооз — бейиш кушу, павлин.

Курманжан жесир кара шайыны чымчып, акырын ачып, чоочуп кайра таштап жиберди. Оозу кыйшайган, түктөйгөн сейрек мурут, белбаскак таңырайган мурун көрүнгөн. «Чотон!..» деди купуя. Ирeңи кубула түштү.

— Көрүп көкшүнү суусун, өчү кансын деп ала келген элек, — деди амир Музафар муңайып, эски накылдан ривият айтты:

...менсинбе, а бакыл пенде,
эсепчи бар эки ийниңде...
бул дүйнө — көрө күнүң
жараша дур пейилиңе,
кылган ишиң — баскан изиң
тараза дур о дүйнөңө...

дептир го акылгөйлөр, бек айым.

Чотон ордого аралашып, бирок кылган кандуу жоругунан тууган арасынан катуу кинээ угуп, кысым көрүп, акыры мындан не өз каны менен жуунуп, не башка дагы бирөөнүн канына сатып алмайынча кутулбасына көзү жетип, артынан аңдыган кутумдар көбөйө баштаган сайын, дагы бир кооптуу учур жакындап келе жатканын сезген сайын качар тешик издеген келемиштей алдыртан алдастай баштаган. Ушул амир Музафар менен Кудаярдын кишилери менен жең ичинен кол алышкан соң ага сый эмес аны желдет издеп жүргөнүн угуп, жанындагы жигиттери андан безип, ошондо кеңирсиген кара жер алакандай тарып, өзү жалгыз Ноукент үстүнө тоо таянып кетүүгө аргасыз болгон. Сары изине чөп салган куугун Чотондун Кызыр-Ата мазарын пааналап, как таштын үстүнө тонун жая салынып, көзү ирмелип жаткан жеринен таап, башын кесип келип, быякка жөнөр алдында амир Музафарга тапшырды. Мына, амир Музафар Курманжан жесир менен бүтүшөр саясатына Чотонду садага чаап келген эле.

Кан куушкан касынын башын кесип келип берген бул өңдүү тартууга кайсы гана ордодо болсун ыраазы болмок. Курманжан жесир жийиркене жүзүн үйрүдү. «Өлтүргөнү го куп болуптур, а сасытып муну не котөрүп жүрүшөт, неткен менен да адам баласынын дени эмеспи?!» деди дилинен. Амир Музафар астыртан кол учунан «алып кет» деп ишарат кылды. Нөкөр ошол үңкүйүп турганынча кетенчиктеген бойдон тышка чыгып кетти.

Курманжан жесир журт агасы датка ордун жоксунтпай күтүүсүн мыктылап, бүт элеттин жакшыларын ийрип кол алыштырып, астейдил агыл-төгүл кылып мейманчылады. Мунун өзү даңазалуу Бухара өкүмдарынын өз зоболосуна жараша сый-урмат да, ошо менен эле катар кандай шөкөттүү мейман болбосун анын кадырына тете кылар өз эл салтын, өз журтчулугун туюнткан жосун кылды.

Кийинки жүз көрүшүүдө амир Музафар көпкө токтолуп, үй ичиндегилерди бир сыйра сыдыра тиктеп отуруп, көңүлүндө ала келген өз бушайманын акырын алыстан баштады:

— О, арман ай... — деп алды, өзүнчө күрсүнө, өзүнчө баш ийкей мыйыгынан касыретли жылмайып. — Үч ордо арасындагы түккө арзыбаган талаш-тартыштын заарына уугуп жүрүп, тууганчылыкты такыр унутуп, жок дегенде, кошуна катары кылына турган ыйык ынтымагын биротоло жеп койгон экенбиз. Не тышка чыгып жер көрбөппүз, не өскөн бир элден таалим алалы дебеппиз — өз терибизге өзүбүз чирип, өз шорпобузга бороку болуп, дымып, сасып калган экенбиз...

Ой басып, өзүнчө баш ийкегени биртке билинип, мелтиреп отуруп укту Курманжан.

Амир Музафар:

— Биз, кадырлы бек айым, мезгил кербенинен кара күүгүмдө адашып, келе жагыбызды карбаласта колубуздан түшүрүп койгон окшойбуз. Тигине, орус бүгүн Ташкенди алдыбы, эртең бүт Кокон өлкөсүн
имерет, бүрсүгүнү Хийвага, андан наркы күнү Бухарага чап салат. Не кыла алабыз?!

Курманжан аны тиктеп калды, таң калган түрү көрүнүп. «Йе, өкүмдарлар, силер ойлонушуңар керек эле го муну?!» дегенин өзүнчө болжоп түюнду амир:

— Э-э, — деп күлгөн болду, — көпкөндү көтөрүп урмайынча көзү ачылбайт! Мына, Ташкен ачып отурбайбы көзүбүздү, кадырлуу бек айым.

Курманжан да жылмайган болуп койду. «Ырас, кантип ырас эмес дей аласың?!» деди дили, мааниге тен берип, сөз жүйөсүнө ыкрар кыла билген көңүл адилеттиги азыр да өзүнө үстөмдүк кылып, өзүн ошол тайыз өкүмдарлар арасынан бөлүп ала албай, өзүн да күнөкөөр сезип, өзүнчө майышып отурду.

— Эми... эч аргаңар жокпу, азиретим?.. — деди ал.

Көзү жайнай түштү амирдин:

— Жок эмес, бек айым, жок эмес, — деп жиберди. — Бул өмүрдө баарыбыз, бек айым, чатырашчыбыз[1] го?! Жүрүшү түгөнбөйт чатыраштын, ойной билген таба берет. Бирак, бизге азыр бир гана жүрүш калган.

Унчукпай сөз акырын күттү Курманжан.

Амир Музафар:

— Ал жүрүштүн аты ыйык ынтымак!

Өйдө карай берди Курманжан, саргылт жашыл көзү амирдин көзүнө кадалып, аны имерип токтоло калды, кеп төркүнүн сезип, акырын башын ийкеп, дагы маани акырын күтүп калды.

Кыйла чоочулап отурган амир Музафардын көңүлүн өйкөгөн тоңу акырындап жибиди. «Э-э, ушундай дилгир адамдар менен ымала табыша албаган соң...» деп, бул ордонун билермандарына ичтен кейип да, табалап да ойлонуп, тиги ошол тапта кеп-кеңештин жыйынтыгын эле күтө ыңкыйып отурган Кудаярды аны сайын кыртышы сүйбөй, тиктегиси келбей калды.

— Энди, бек айым, ошол ыйык ынтымак үчүн ордоңорду ордо кылалы, азыр эгесиз калып турган ордону тыяктан лап деп орус басып кала электе өз эгесин ордосуна эге этели, ойлонушуп көрөлү, азадил жансыз, бек айым.

Жер тиктеген бойдон калды Курманжан. «Өз эгеси?..» Кеп аягы кайда келе жатканын сезди, көңүлүнөн дүр-р эте каршылык ойгонуп кетти:

— Ушубу «жалгыз жүрүшүңүз», азиретим?!

— Шу, — деди амир Музафар бет алдында отурган аялдын көк жашыл болуп өрттөнгөн көзүнө туруштук кылып. — Ойлонуп багалы, бек айым, мейли, башка тектен көтөрөлү дейли, дагы талаш-тартыш чыгат, тыяктан жаракага шынаа уруп орус киришет!

Көзүн сүзө калды Курманжан. Жүйө аны токтоткону сезип, амир Музафар аны сайын муңайым, аны сайын жылым кебин улады:

[1] Чатыраш - шахмат

— Бу... бизге бурадар, силерге тууган, өз. Оюбуз ушул ки, акыры Кокон тагы атамурасы экен, муну дагы терс кетсе оңго баштап, кыңырын түзөп, жакшы иши болсо жакшы деп көтөрмөлөп, мындай жоо жакадан алып турган чакта ыйык ынтымакка баш коюп, кайра ордоңорго огожо кылып алганыңар эп го...

Мелтиреп ойлонуп калды Курманжан. Тиги тултуйган качкын ээрчип келгенин көргөндө эле кеп-кеңеш эмне туурасында болорун баамдаган.

«И, ынтымак дейт, ырк дейт?!» «Өз элин жоодой аңдыган өзү отурат ко, кара бетин тултуйтуп?!» «Бу го бу, өзүбүз өз колубуз менен ак кийизге салып көтөрүп алган Маласы не жыргалды көрсөтүптүр бизге?!»

Аяр амир боло түшкөн күбүр-шыбырды таамай угуп отуруп, алардын айткан доосуна кошулбай да коё албай, баш ийкебей коё албай:

— Энди, «алдыңа келсе атаңдын кунун кеч» деген го?! — деп баштады баарына жооп кылып. — Мына, отурат, алдыңарга өзүм алып келдим. Кай бир учурда жумшак акыл, кай бир учурда катуу кагуу эсине келтирет эсирген пендени. Көрдү го эки жагын тең...

Курманжан:

— Эми, азирети өкүмдар, «ылдый тартсаң араба сынат, өйдө тартсаң өгүз өлөт» дейт биздин эл, биз эки ортодо кыйналып турабыз, өкүмдар... — деди. — Ынтымак кылмак зарур дейсиз, келе жакта өлкөбүздү өлкө катары, элибизди эл катары оторчулдардан, зорлуктан аман сактап калсакпы дейсиз. Мына ушу маани бизди ойлонтуп да, жеңип да отурат. Нары да, өкүмдар башыңыз менен, өзүңүз босогобузду аттап келип, кадыр салып отурган соң, биз дагы туюк сойгон чанач эмеспиз, жарыктык, буга маани бербей коё албайбыз. Болбосо бу адам кейпин кийген тажаалды көрөргө көзүбүз жок эле...

Жүзү жаркый баштады амир Музафардын.

Жүйө улады Курманжан:

— Мейли, бу ынтымак ырайыштын кеп-кеңешинде гана калбай, бир кудай өзү жар болгон бактияр өкүмдар, башында болуң! Мейли, не шылтоо айтып, не доо айтып кыңырылып отурбайлы, мейли, азирети, сиздин ыйык өкүмдарлык көңүлүңүз сынбасын, биз макулбуз. Бирак, аттиң ай, пенде жылкы мүнөз болот, жылкы арыгында мүңкүрөп кол карайт да, биртке эле тыңайтып койсоң кошкуруп, өзүңдөн үркүп калат. Буларыңыз ушундай, азирети! Мейли, биз ыкрарбыз, о кийин булардын жылкы кыялына өзүңүз дагы бир күбө болосуз...

«Йе, эртеңкисине жарасак!» деди ичинен амир Музафар, ошол көз алдындагы макулдугуна:

— Ыракмат, ыракмат, — деп, ыраазылык айтып жиберди, — каниги эне сөзүн, эне камын кеп урдуңуз, ыракмат! Мейли, көпсө бир аллага койдук, эми мындан нары будан өтсө не иштесеңер эркиңер болсун, мен арачы түшпөйм...

Кең өргөө толуп отурган кишилер дуулдашып, эки жактын тең жүйөсүн кубаттап калышты.

Амир Музафар баарын сыдыра тиктей отуруп, атайы өтө олуттуу сөөлөт, бой карманып, коңур жумшак кеп уруп, Курманжан байбичени «датка» көтөрүү туурасында Бухара-и-Шарифтин шайх-уль- Исламынын ыйык фатвасы[1] жана да өзүнүн өкүмдарлык

[1] Фатва — шариятка ылайыкталган бүтүм, чечим.

жарлыгы барлыгын айтты. «Датка» деген даража эң оболу бир вилаяттын диний көсөмү, андан соң кеби эки болбой турган элбегиси, аскербашысы да болуп саналган. Амир Музафар муну бул отурган эл билерин биле туруп эле атайын такмазалап саласал кылды. Мындай улук даража катын затына эч качан берилбеген, бир вилаятка диний көсөм болуу эмес катын кишиге бир айылга имам болууга жол берилбейт, сыягы шайх-уль-Исламды да, амир Музафарды да шарт, Кокон өлкөсүнө өкүм өткөрүү таламы ийгерген белем. Элет адамдары бирин-бири тиктеше да алышпай, былк этпей отуруп калышты. Курманжан мелтиреп жер тиктеп, кабагынан не кубанганы, не чоочунганы байкалбай тунжурай түштү.

— Азирети, — деди ал акырын, — мен бул элдин даткасынан калган бир жесирмин, азирети. Мага ылайык келбейт бул улук да, ыйык да даража. Ырас, датканын балдары да баралына келе элек. Бирак, койчусуз кой болбойт, бул элдин билеги күчкө толо, башы акылга жетик азаматтары көп.

Амир Музафар оозунан кеби түшүп, нестейип токтоло калды. «Ыя, бу шум катын ноктону шыпырып таштап кетмекпи?! Ымга келүүдөн баш тартканы ушулбу?!» деген санаа кылт этти оюна. Курманжан жесир кыдырата тиктеди. «Кана, не дейсиңер? Мына, жол койдум, алгыла улук даражаны берсе бул амирдин колунан, алгыла!» деп, мокоткон көз караш. Отурган билермандардын көздөрү чекирейип кетти. Булардын ич арасында күңкүл-мыңкыл сөз жүрүп: «Бу катын кайран датканы өлүмгө өзү жумшап койду. Бу оңдурбайт, дагы көргүлүктү көрсөтөт окшойт...» дешип, алдыртан бак, бийлик талаша башташкан. Мына ушул күтүлбөгөн кыйын жерде Курманжан жесир аларды атайын кысты. Ыйык Бухаранын амири акылынан адашпаса бул даражаны буларга кыя койбойт, бул бештен белгилүү. Ырас даткалык өзүнө аталган болсо, теңирден буйрулган болсо эч кайда кетпейт, не эрки менен, не эркинен тыш ушулардын көзүнчө таңуулатып туруп алмак болду. Муну менен Курманжан жесир кийинки болор ушак, кинээ кеп-келечтин айыңын тороду. «Ыя, бул катын сыяктуу ысмы Бухарага угулган эркектанасы болсо, кана? Ыя, талаш болуп, иш бузулбайбы, бөөдө?..» деп, амир Музафардын чындап кабагы чытылып, эки анжы абалда кынжыла түштү. Муну көрүп: «Э-э,
талашсаңар эч кимиңе берилбейт деп, этегин кагынып, туруп кете турган болду го бу?..» деп ойлоп, Жаркымбай:

— Биз ыраазыбыз, — деп жиберди, — биз ыраазыбыз, азирети, байбиче өз акылы, өз пейли менен датканын көзү барында эле бул элге алынып кеткен, журтка эне да, эге да болуп калган, биз байбичеге жол койдук... Биз ыраазыбыз...

Ыйык фатваны амир Музафар өзү окуп, өз жарлыгын Кудаярга окутуп жарыя этти да, миң кубулган жука кызыл кымкап тонду Курманжан жесирдин ийнине өз колу менен жапты:

— Кут болсун, датка айым, — деп башкадан мурун өзү куттук айтты, — кут болсун, үзүрлүү болсун улук даткалык даражаңыз! Дин-Исламга, дин колдогон азиз ордого ак кызмат өтөңүз, датка айым.

-Караламан калың букараны алланын, адептин кең жолуна баштаңыз, датка айым.

Берген кудайга жаккан! Курманжан эми иреңи кадыресе тамылжып, эки ууртуна асте жымыйган күлкү нышанасы келип, бирок эчтеме деп үн чыгарбай, башын гана акырын-акырын ийкегилеп, амирге таазим кылды. Элет жакшылары жабыла

дуулдашып кут болсун айтышты, көздөрү бир сыйкырдуу болуп көрүнгөн жылтылдаган кызыл кымкап тондон тешилип жарылып өтүп, отуруп калышты.

Бу алыстан келген амир менен өзүлөрүнүн аралаша жүрө кадырын анча бейлешпеген жесиринин кандай түркүн көз карашка макул болушканына, алардын ар бири эл-журт үчүн, өзүлөрүнүн керт башына канчалык напп, аброй арттырганына бул отургандардын бири да серп сала алган жок.

Ырас, Түркстан өлкөлөрүнүн биримдиги жөнүндө мурдатан эле аракет көп болгон, бирок дайыма ынтымак, тынччылык, тууганчылык менен сүйлөшүп жайгаруу эмес, дайыма кырчылдаша чабышып ийрип алууга умтулушкан, дайыма Хийва тараптан да, Кокон жактан да сокку алып кала беришкен. Мына, орус аскеринин Ташкенди басып алышы амирди жылуу төшөгүнөн ыргып тургуза абдан чоочуткан экен. Ушул кезде ал кантсе да, бул өлкөнүн ар түркүн билерманын, кайраты бар уланын асыл акыл айтып да болсо, алтын чачып да болсо эптеп бир ымалага баш койдурмакчы. Биригип кете алышпаса да, ар бир элбеги, ар бир тайпа тиги Россия тараптан дүңгүрөп каптап келе жаткан оторчулуктун коркунучун байкашса ага биргелешип туруштук кылса болорун болжойт. Эң эле куру калдык дегенде, бул өлкө орус аскеринин Бухара, Хийва тарапка жылышына жол бөгөгөн, кол байлаган орчун жолтоо болор деп үмүт кылат. Ошон үчүн даңазалуу Бухара-и-Шарифтин келберсиген дымактуу, шаани- шөкөттүү өкүмдары эч кимди чийткебей, эч кимден жийиркенбей, жүз үйрүбөй Мадыда отурбайбы?!

Ынтымак?! Ыйык сөз. Ынтымактын ич араны тынчыткан, тайпалар көңүлүн жылыткан, биримдигине өзөк боло келген асыл маңызына илгертен эч ким эч качан каршыккан эмес. А бирок, теңчилик жерилгенде, зорлук өкүм сүргөндө ынтымак көздөн кайым болуп эл бузулат, ырас.

Ыйык сөздөн аттап өтө албады Курманжан.

Тегерете ойлонуп отуруп, Бухара-и-Шарифтин көптү башынан өткөргөн саясатчысынын «ынтымак» деп күйүккөнүн уңгулуу улук кеп санап, Кудаярдын «ордого огожо» болуп турушуна макул болду жаңы датка айым.

Мейли, мезгилдин күүлдөгөн кара сели дагы кайда окторулат — мезгил өзү көрсөтөр?!

«Ханды кайра тагына отургузуу» салтанатына барыштан аялдыгын себеп кылып баш тартты да, өгөй уулу Жаркымбайды кошту. Сүйүнүп барган Жаркымбай «Ош беги» болуп жарлык алып, сүйүнүп келди.

# ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

## I

... Кең өргөө, сол капшыттын жүк бурчуна жакын төрүндө бир тутам жебеси сакталып калган бир кучак кайыш саадак, тоо текенин мүйүзүнөн тилинип эки кабатталып чегеленип жасалган сур жаа, атчанга ылайык төшжарыча келте мылтык, кош миздүү шап кылыч, катарында боордой жылтыр кара болуп калган кичинекей өрүк комуз да керегенин башында илинип турат. Бири кан төгөр жоо жарак, бири көңүл көтөрүлсө курдаш, чөксө муңдаш.

Ырас, бүгүнкү жоого түтө алмакпы бу жарактар?! Шап кылыч гана те эсте калбаган көөнө замандан бери толгоо келген зайыпка кылыч өбөктөтүп төрөтмөй салтын өтөөгө ушул убакта да айыл ичинде керектелет. Демекчи, кылычы бул элдин туулгандан өлгөнгө чейинки ыйык эсептелген буюму, жол жоросу, көңүл төтөгү экен го?!

Ар бирин асте кармалап, таза чүпүрөктөп сүртүп, тазалап кайра өз орундарына койду Бекназар. Ал үчүн "булар жарак катары эмес, байыркы өткөн аталарынан калган аялуу эскерме мурас мүлк гана. Эң башы Саруу бийден небереси Көлдөйгө калган экен дешет.

Демекчи, эр атадан улам бир эр көкүрөк уулга өтүп отуруп, мына эң акыры Бекназарга келип токтолуп турганы экен.

Бу баа жок мурас Бекназардын теги, дымагы, аны чеки болор ойго, жарамсыз ишке бардырбайт, ошон үчүнбү, ал ток пейил, токтоо мүнөз, дили калыс, а бирок тыңсынганга итиркейи келме, айтышса алдырардан эмес, алдына ат салдырардан эмес, а «жамы журт үчүн» десе тура чуркап, атка мине чаап, өз башына кандай мүшкүл келерин, өлөрүн унутуп калат. Ошон үчүн эл аны «кара кылды как жарган калыс», «баатыр» дешет.

Көңүлү тартты окшойт, комузду алды Бекназар. Кимден калды экен? Иши кылып, бала кезинен ушул үйдө экенин билет. Кыл этегине тагылган тепкесин ордуна тургузуп коюп, бир кыңгыратып, ошол замат өпкө көптүрө ой толкуну ээлеп, отуруп акырын күүлөй баштады. Ушул эле комузду сүйрөп, көтөрүп жүрүп, бала кезинен кадыресе үйрөнүп калган эле. Бирок, күү машакатын тартпайт, күү ыракатын куубайт, демекчи өнөр кылган эмес. Тек гана не куунак, не чөгүңкү убагында колуна алып, коюндагы зайыпка айтпаган, үзөңгүлөш курдашына ооз ачпаган, жалгыз жараткан билер купуя сырын сырдашып, не кубаныч термеп, не муңдашып, өз жанына дем, өз көңүлүнө биртке канагат алган болот. Демекчи, ой дүйнөсүнө аргымак атка кошо жулунган эрлик, акыл нуска бирге өнүп, бирге сыйып, айтылбай көбөйүп, байкалбай оозуна ыр келип түрмөктөлүп, жүргөнү жүргөн эле.

Күү шаңдуу.

«... суу койсо соорусуна төгүлбөгөн, сулуу деп тандап боз жорго минген, үстүндө дөөлөткө мас адамзаада оолжуган, теңселген, башында кундуздан бөрк сеңселген...»

Каныш тарыхты угуп жүргөн.

«... дүйнөсү түгөл, ордосу кенч, эли тынч, тула бою болукшуп, күндө көңүл толукшуп, күндө шумкар үндөгөн, кайгы не аны билбеген, уктаса түшкө кирбеген кайран баатыр, кайран бек эзелки жоо аңдышкан калмакка качкан, этегин ачкан эрке катындан күйгөн...»

«о... уят ай...» деди Каныштын дили.

«Көз тийет деп көрсөтпөй жатка, өзгө, үлпүлдөтүп көлөңкөдө багып жүргөн эрке айым бир жолу боз жоргону минем десе... көнүп койгон бек сөзүнөн кете албай, көңүлүнөн өтө албай боз жоргону өзү тартып мингизген...

... а бейбак мингенде эле «чү» деген, элирип учкан боз жорго туягынын ызгыган чаңы илешпей, артынан жазайылдын огу жетпей, капка белден өттү дейт, кокуй, калмакка карап кетти дейт, кокуй...

... кайран баатыр, кайран бек, асылдан күткөн дүйнөм деп, аялуу жаным биргем деп, алпечтеп, жанга өлчөп алып жүргөн, койнундагы ак жыландын кесиринен душманга сырын алдырып, көй тууган моокун каңдырып, узун бою пас болгон, кызыл өңү боз болгон, өзү издеп өлүмүнө кез болгон...

Күү этеги акырын муңканып токтоп, бирок бу эки адамдын дилинен али кете койбой, чөгүп не алыстап бараткандай те тереңден жаңырыктап, эки башка таасир ар бирин өз алдынча санаага кармап туруп калды. Бирине ал замандын ат үстүндө жүргөндөй көкүрөк көтөрүңкү, жоргонун жүрүшүндөй шагдам шаңы, адамдын гөр тириликтен өйдө, өлүм кайгысын аттап өтө турган дымагы таасир. А бирин эркелетип алып жүргөн зайыптын ошондой күйүмдүү эрине кылган кыянатына астеидил өкүнүү, «а өлүгүңдү көрөйүн, эрине тууру болбогон катын заты илгертен минтип жаман ылакап болуп жүрсө, азыркы бизге кайсы эркек эле чындап ишене койсун а...» деп, ошону өзү кылып койгонсуп, өз арынын алдында өзү жалгыз кадыресе никерген сезими басмырлап отурду.

Каныштын биртке көңүлү чөгүңкү боло калганын көрүп туруп Бекназар;

— Кана, кийинчи, — деди, — ыя, бүгүн бир ат жасалгалап минип, сый кийим кийип, суу бойлоп, токойлуу төр кыдырып, сейилдеп келсек болбойбу?!

Каныш өйдө карап, ойду айттырбай сезген дил билги баатырына ыраазы, күлүмсүрөп баш ийкеди.

Бекназар:

— Ыя, жылына бир маал тагынып коюш парыз бар эле го?

— Маку-ул... — деп үндөштү Каныш эреркей өйдө болуп.

Бекназар өзү да көөнөргөн күнүмдүк кийимдерин чечине баштады. Тарамыш моюн, бели ничке илбирстей, кыймылдаган сайын булчуңдары теринин ичинде бултуңдап... Ушу азыр ээн үйдө өзүнө кошулуп бирөөнүн ач көзү тирмийип тургандай аардуу ак көйнөктү үстүнө жаба койду Каныш. Бекназар моюн бура карай берди. Көсөө чалыш кыл муруту түктөйгөн, кабагы бийик, кашы жаадай чимирилген,эч качан тап кылгандан ирмелбеген көк саргыч бөрү көз. «А-а, — деди Бекназар, — менин денем жуда серт да...» деп койду, жаба койгонду ушундайча болжоду. А Каныш бу «серт денеге» не коркуп, не суктанып эмес, ушул азыр көңүлүнө мактаныч толуп турган.

О бир убакта бир корккону эсинде. Ал кантсе да кыз бала, бу серт денеге бой жазып, бир төшөккө кыңкайган кечи эле го. Колу каерине тийсе да, бүт тула бою өрүлгөн булдурсундай катуу сезилген. Кучагына тартканда кандайдыр бир моюнтуруктай чоң жылан ороп бараткандай аптыгып кеткен, а бирок.., бул баатырдын жылуу илеби, уйкалышкан таттуу да, салттуу да сөзү аны жата тура эриткен. Коркмок түгүл атасынын алты пакса коргонунан бекем коргонч сепил болуп көңүлүнө уюган эмес беле?!

Кантсе да, «аардуу сый кийим» аталган ак көйнөк, камзол, күмүш кур, багалеги саймалуу сары текечалбар, тамагындагы агы желкеге келтирилип жара бөлүп тигилген суусар бөрк — купуя көңүлү көтөрүлүп кийинди Бекназар.

Каныш да жасанды — аягына көгүлтүр зайпана өтүк, кызыл шайы кош этек көйнөк, эки өңүрү сөөмчө жырык карала кымкап жеңил камзол кийип, мурдатан эле куш мурун кыла оролуп коюлган кардай ак элечек салынды, бозуначтын гүлүндөй ач сары керене тартынды.

Жанагы «парызың» делген бир көркөм чачбак экен, аны Каныш кош өрүм чачына түймөлөп, андан соң артына «шырк» эттире таштап, «көрүңкү» дегендей ийрисине эти толо, сүйрүсүнө сүтү толо сулуу келин бураң эте калды. Мулуңдап койду баатыры.

Үч катар бой тумарлары, ага чиркелген үч катар күбөктөрү чылк күмүш, баарын өз-өзүнө бириктирген сары кумурскалардай чиркелишкен нипничке жынжырлары нукура алтын окшойт. Желкеден кадыресе ийген салмак сезди Каныш.

Чачбакты баатыры сылап, оңдоп, кайыш боолугу канчалык майланып, жылына бир маал эле тагынып көрүлүп жүргөнүнө карабай майда туурула өтө көөнөргөнүн, биртке эле тартыла түшсө үзүлө тургандай болуп калганын көрүп, ою алда кайда кеткенсиди. Бу да өтө көөнө, түп кайыненеден мыкты уулдун «жакшы» деген келинчегине кала келген мүлк.

Те илгери Эдил боюндагы Сарай-Берке байманасы ташып, оң канаты Ак Ордо, сол канаты Көк Ордо аталып, бир кулачы Румга, бир кулачы Кытайга жайылып турган экен го?! Сарубек ошол Сарай-Беркенин эң кубаттуу бийлеринин эң алдында саналган.[1] О кийин анын тың небереси Көлдөй «таркан» атанып, элбегиси болуп, кышкы отоосу Сары Өзөндө Арка деген сепилде, жайкы өргөөсү Суусамырдын төрүндө, Көк Ордонун өкүмүн өткөрүп турган дейт.

Нечен жолу бийлик өзгөрүп, нечен жолу өкүмдарлар алмашылып, Көлдөй бий карып, өзү ордого каттай албаган күнгө жеткен. Те кийин Тобокел тизгин алган мезгилде байбичеси Толу бике көп төөлүү тартуу- сыйлык алып, ордого барган экен. «Бике» демекчи Толу бике Көк Ордонун бийлеген тукумунан чыккан кыз болгону үчүн өкүмдар өз үйүндө тоскон экен.

«И-и, кел, бике, — дептир Тобокел-хан, — тарханыбыз өзү келбедиби, тынччылыкпы?»

«Элиңиз эсен—биз эсен, өкүмдар, — дейт эжеси, — тарканыңар жашы өтүп, өзү жолго чыга албай, жүз көрүшүп кел деп, мени жумшады го...»

«Не муктаждык?»

«Төрт уул көргөн эдик. Ырайымкул деген тунубуз Турпанга кетип калды... Атасы жоо жарагын, үй үстүндөгү туун эң кенжебиз Акматкулга ыйгарып койсо, ошого таарынып... Кайда жүрөт, не күнгө туш болду— көңүлүбүз чыдабайт...»

«Оп-по-о, балдардын азабы ай?! Кенжеңер тың го, болбосо кексе ата анын колуна туу таштамак беле?! Куп, бике, алдырып берели таарынчакты?»

«Сурарыбыз да ошол, улук өкүмдарым...» Кул болсо да, хан болсо да, төркүн деген төркүн. Көп күнү сый көрүп, көп күнү шаани-шөкөтүн кыдырып, каникe менен сырдашып, эң акыркы Толу бике кайтмакчы болгон күнү каникe өз чачындагы чачбагын

[1] Тизенгаузен, «Алтын Ордо тарыхына тийешелүү материлдар жыйнагы», 1-том, 282-бет.

чечип, кайын эжесине чачына түймөлөп, кийит кылган экен. Мындай өз үстүнөн кийим чечип берип сыйлоо ордолор салтында өзгөчө бийик кадыр нышанасы.

Тобокел хан: «Эми, каны биргем, тарканыбыз карылыкка моюн суна баштаган го, өзүңө деле бир кол-аякка жарар жан керек ко, бир кыз тандап алып кет, бике.» — дептир.

Канике өзү баштап, бикенин кыз-келиндер үйүнө киргизген экен. Не шыбыш угуп калышкан, не бул үйгө киргизилген адамзаада кадиксиз кыз ээрчитип чыгып кетип жүргөнүнөн уламбы, кыздар капестеги тоту куштардай тыбырашып, шыбырашып, көрүнө калганда бужүрөп катар тизилишип, ар бири ыйбаа кыла «... мени ...», «мени алып кетиңиз...», «отуңуз менен кирип күлүңүз менен чыгайын...» дешип, таазим кылышып калышпайбы?!

А бир күлтүйгөн кара кыз эч көңүл бурбагандай, санына кыжырлана жанып ийик ийрип, кыйгач отурганы бойдон отура бериптир дейт. Толу бикенин көзү чарпыганын байкапбы, не тилин түшүнө калганбы, ал кара кыз отурганынан жазылбай: «Сулуу десеңиз, алдыңызда турат, тизилген байкуштардан алыңыз, а тектүү десеңиз мени алыңыз...»дейт. Ырас, сулууну көрүп ал, тектүүнү сурап ал! «Ие, кимдин кызысың?!...» деп сураган экен Толу бике. «Мен, — дейт тиги дымактуу, — Карача таркандын кызымын!» «Э, болду, сиңдим турбайбы, мен ушу кызды алдым...» деп, аты Солойко экен, колунан жетелеп чыгып кетиптир Толу бике. Келип, Солойкону колунан чыгарбай байына нике кыйдырган экен, жыл айланганда Солойко көч үстүндө уул төрөп, атын Көчүмкул коюп алышкан экен.

Ошо таркан атадан туу калган, жарак калган «тың» Акматкулдан кыйла ата өткөндөн соңку ушу Көчмөнмураттын Бекназары.

— Кана, чыгалы, — деди Бекназар.

Тышта бир тууганы Ыбрайым токулган эки атты эки колуна суулуктан кармап турган.

Бири буурул жорго, бири сур жорго минишип, акырын илкий бастырышып, көк өзөн бойлошуп, сейилдеп кетишти.

## II

Дайым жылуу кан чокуп көнгөн бүркүт чыгы кеткен өлүү жемге алымсынабы? Үмүт кылып, мүнүшкердин үшкүрүгү чыккан жакка талпына ачуу шаңшып, саңоор жүндөрүн түктөйтүп, темир канат балапандай оозун ачып жалынычтуу кыйкылдап жиберип турду. Жакшы көргөн кыраанды карыптай суранып отурганына чыдай албай Сарыбай мүнүшкер тескери карай берди.

— Эртең эмнени бердим? Бүрсүгүнү эмнени бердим?

Ал далысын үңкүйтүп, айласы түгөнүп, шалдырап турду. Кылар арга кайсы? Эптеп бир аракет кылуу керек. Тырмалануу зарыл.

Сарыбай көңүлү түтүп отура албай, айылдын үстү жагындагы калың арчалуу кадууга чыкты. Барып өгүнтөн бери үзбөй ар жерге коюп жүргөн кыл тузактарын карады. Бири да бузулбаптыр. Сокур чычкан да жорголоп өтүп койбоптур.

Узун кыштын оорчулугу кол караган мал түгүл тоодогу айбанаттарга да катуу өткөн эле. Кекилик, кыргоол, чил жер карайганга жетпеди. Бир жагынан кар, суук кысса, бир жагынан ачтык кысты. Турган жеринде, жаткан жеринде карга кошо тоңуп, түлкүлөргө, ийри тумшук куштарга жем болушкан. Кийиктер көздөрүн жайнатып короолорго кирип

келишип, көбү адамдардын бычагына урунду, көбү кары жеңил пас тарапка ооп кетишти. Мына жер карайды. Көк да чымырады. Буту жеткен жеринен Сарыбай бир да илбээсин жолуктура элек. Жердин куту качтыбы?

Сарыбай темтейип чарчап кечинде үйүнө келди. Эшиктин көзүнөн зайыбы Сүйүмкан ага үмүттүү карап:

— Соога, мүнүшкер, соога, — деп тосуп алды. Эмне демекчи? Кеберсиген эрдин ырсайтып кайгылуу жылмайды.

Кең үйдүн оң капшытында мойнун кайрып, тумшугун жогдор жүндөрүнүн арасына катып, туурунда үргүлөп отурган бүркүт мүнүшкеринин дабышын сезип, зор канаттарын далдайта сары ооз балапандай жем тилеп кыйкылдап үн салды. Томоголуу болучу. Мойнун созуп-созуп мүнүшкеринин кай тушка отурганын тушмалдап талпына берди. Бүркүттүн үнү чөгүп бараткандай алсыз угулду Сарыбайдын кулагына. Ач! Ачтык кубатын алып алсыратып бараткан экен. Сарыбайдын ичи сыйрылды.

— Мүнүшкер, ушуга убал болуп кетти. Эртеден кечке шырп эткен дабыш угулса ошол жакка талпынат. Кыйкылдап жем тиленет. Же бере коёрго бир үзүм бирдеме болсочу. Үмүт үзүлгөндө, байкуш жаш балача кыңылдап, канатын түшүрүп шалдырап калат... Ушуну коё берсеңчи, мүнүшкер. Бешенеңде болсо, дагы бир бүркүт табылар, коё берсеңчи ушуну кыйнабай... — деди Сүйүмкан. — Тууураң жыртылып кете турган болду өзүңдүн да... жем издеп жүрүп...

— Ой, катын ай, эмне деп отурасың?!

Сарыбай таарынгандай кабагын бүркөп, ого бетер тунжурап отуруп калды. Коё бер? Не күндөргө туш келип турганы менен, ал мүнүшкер да. Өз колунда он түлөткөн, алгыр, сынакы кушу. Өз санынан эт кесип беришке барса барар, кантип коё бере алмакчы? Бул бүркүт тилсиз макулук болсо да Сарыбайга жолдош, үйдөгү бүлөнүн бири катары! Сарыбайды жогу табылгыс санаалар эзди.

Сүйүмкан ашканасынын оозунда күйпөңдөп тулубунан талкан алып жатып:

— Аштык да бүтүп баратат, — деди кейиштүү, — бир эле биз эмес, төрт үйлүү тууганыңдын баарында эчтеме калбады. Биздин үйдү тиктеп отурушат. Мына, бизде болсо, жетсе жарым айга жетер, тулуптун түбүндө биртике сырмак калды. Жылдагыдай ак мүрөөн болгондо, кичинеден жыт кылып турганга ушу деле жетет эле бышыкчылыкка дейре. Жылдагыдай ак кана?..

— Болду! Мынча эмне шишке саясың мени! — деп жарылып кетти Сарыбай. Көпкө дулдуюп отуруп, акыры түтпөй Мадылды чакыртты.

Салам айтып эшиктен Мадыл кирди. Сарыбай шалдырап отурган калыбында башын ийкеди.

— Бир тууганым, — деди Сарыбай бир убакта Мадылга, — бүркүттүн жеминин камын мен көрөйүн... — Ал улутунуп алды. — Туугандардын колундагы быдыры жуттан чыкпай калды. Эмне кылабыз, көпкө келген опат. Күн сайын билинип ачарчылык келатат. Уктуңбу? Бүркүттүн жеминин камын мен кылайын. Сен оокаттын камын кылбасаң болор эмес, бир тууганым... — Сарыбай бүркүт кондуруп жүргөн жаргак кол кабын Мадылдын алдына таштады. — Ме, көк өзөн боюна түшүп, ушуну алдына таштап, Теңирберди авама менден салам айт. Бир улоо дан берсин. Жакшы эле, алдашпай алака кылып жүргөн жер эле. Куру кол кайтарбайт. Теңирберди жай билги адам. Түшүнөт жайыбызды. Ушундай деп эле ачык айт: колубуз жер алдында жатып калбас ушул бойдон, таба-тута кутулабыз де.

Мадыл кайырлашып үйдөн чыгып кетти.

Сарыбайдын көңүлү биртике ачылгансыды. Ал керегенин башында турган комузун алды. Көптөн бери колуна алалек эле. Комуздун кулактарын акырын терип бурап күүгө келтире баштады. Кылдардан чыккан түрдүү үнду тыңшап, бирин көтөрүп, бирин күңгүрөөгө чейин пастатып, үндөрдүн бирине бири жалгануулары жүрөгү менен угуп, кыял эргүүсүнө берилип кетти. О, ал комузду сүйлөтчү эле. Бу дагы ата өнөрү болгондуктан жашында кызыгып үйрөнүп калган. Бирок, ушунун аркасы менен оокат кылбагандан кийин, кунт кылчу эмес. Кээде гана, көңүлү чак кезде, көңүлү өтө чөгүңкү кезде гана колуна алып, бир-эки күү чертип, кайра ордуна илип коёр эле. Өмүрүндө Сарыбайдын көңүлү чөгүңкү күнү аз болгон, ошондуктан көбүнчө комуз ээсинин көңүлү чак кезинде чертилчү. Кээде жалгыз кызын, бүркүтүн эркелеткиси келип, жан термелткен ажайып мукамдуу үндөр менен алардын көңүлүн көтөргүсү келгенде чертилүчү.

Сарыбай күңгүрөнтүп баштап, сурнай үнүнө келтирип, «Кер өзөн» күүнү черте баштады. Ал комузду өнөр катары алып жүргөн комузчуларга окшоп күүнү кандай болсо ошондой толук чертчү эмес. Өзүнө жаккан жерин көтөрүп, жакшыртып, жакпаган бошоң жерин таштап кетчү. Күүгө өз сезимин, өз көңүлүнүн толкунун кошчу. Ошондуктан Сарыбай черткен күү кай бир кезде башынан аягына эргүү толуп шаңдуу, кай бир кезде кайгылуу ыргактарга ширелип көксөп, муңканып чыгар эле. Мына Сарыбай азыр бу байыркы күүнү жүрөктү алпыктырган кеңдик камтый, сезимди дүркүрөткөн кубаттуу сүр менен, убакытты тык токтотуп, жай ачты. Андан нары жер түтөтүп, мелмилдеген түз талааларга, арасын көгүлтүр мунарык басып жаткан улуу тоолорго батпай, деңиз суусундай лыглык болуп жаткан көп элдин караанын көзгө апкелди. Баатырлыкты, эрдикти, алардын өлүмдү качырып сала берген улук демин салтанат кылып, даңаза кылып мактап бүткөрдү.

Бүркүт күүнү тыңшабай койду. Чоң ийри тумшугун ачып, шаңшып, шабырт чыккан жакка ынтылып, ормоңдоп тынчы кетти. Сарыбай комузун токтотуп, бүркүтүн дал болуп тиктеп отуруп калды. Бүркүт өзүнүн жүнүн өзү чапчып ыргытып, үйдүн ичин шамалга толтуруп зор канаттарын катуу күүлөп, ачуулуу шаңшып, өрмө кайыш боосун карс-карс чокуп тыткылады. Үзө албасына көзү жетип ичи күйөбү, жогдор жүндөрүн түктөйтүп Сарыбай жакка тап бергиледи.

Сарыбай эрте турду.

— Менин жолум качса, кер тайгандын жолу качалектир...

Үмүт байлап, зайыбы менен да кайырлашпай, кер тайганды ээрчитип милтелүү кара мылтыгын бир ийнине салып төшкө чыгып кетти.

Айылдын үстү жагындагы арчалуу кадууга күндүн нурунан мурда барды. Кыл тузактарын, капкандарын дагы бир сыйра карап чыкты. Дагы эчтеме жок. Сарыбай ага анча кайгырбады. Анткени түңүлүп калган эле. Эми бардык үмүтүн кер тайганга коюп, шыпылдап жорткон тайганга тең чуркап басты. Түшкө дейре бир тынбай кер тайган экөбү коктуларды, жыбыттарды, аңдарды, шактуу бодурларды бүт жойлоп тинтип жүрүштү. Эчтеме жолуккан жок. Сарыбай тайганды айдактап, бирдеме болсо качып чыксын деп, катуу- катуу кыйкырып шабырт салды. Эки жолу дүңк дедире кур дүрмөт атты. Эчтеме качып чыгып бербеди. Чийт- чийт деп кайдадыр чымчыктар учуп жүрүшөт. Бул жаркыраган кең дүйнөнүн куту жалгыз ошолор калгансып Сарыбайдын көңүлүн

оодурат. Чымчык да болсо колго тийсе кана? Чымчыктар көзгө илешпей, кароолго келбей асманда жүрүшөт.

Алдыда шимшилеп бараткан кер тайган селт этип токтоп, анан беталдын теше тиктеп өңүп калды. А кудай! Сарыбай боюн далдага качыра берди. Кер тайган узун тилин салып, боорун жерге алып жылып жөнөдү. Эмне болду экен! Сарыбайдын жүрөгү лакылдады. Кер тайган өңүп бараткан жакты кадаланып тиктеп отуруп, те кичинекей ачыкта бир арс чычкан топурак түртүп жатканын көрдү. Ушуга баратты бекен? Сарыбай башка жакты таза арытып карады. Арс чычкандан башка шектүү эчтеме жок. Аттиң, Сарыбай мүнүшкердин күнү ушуга калды беле! Көңүлү сына түштү. Кер тайганды чакырып алгысы келди. Кайта көңүлү ооду. Эптеп, ушу да болсо, колго тийсе... Ал кер тайгандын артынан акмалады. Арс чычкан шабырт сезип калды, эки алдыңкы бутун бооруна алып чочоюп, мурдун туш-тушка тосуп, тыңшай баштады. Сарыбай
кара мылтыгын бетине алып кароолго илинте албай отурду. Ошол учурда арс чычкандын каптал жагындагы дүпкүрдөн чыгып кер тайган өңүткө жетти. Көздү жуумп ачканча леп секирип басып калды. Алды! Сарыбай энтеңдеп чуркап жетти. Эчтеме жок! Ал нестее түштү. Кер тайган жаңы топуракты шимшилеп кынжыйып ийиндин жанында турган эле.

Сенин да жолуң качты беле?!

Ээси ошол жөнүндө сүйлөнгөнүн билгендей кер тайган кыңырылып чычканды алалбай калганына уялып, башын жерге салып нары басты. Эми мындан нары алдыларынан эчтеме жолукпасына көзү жеткендей, үмүтү үзүлгөндөй анын дагы шыгы кетип шалдырады. Тилин узун чыгарып, ууртун куру жаланып, көзүн жашылдантып жата кетти.

Сарыбай арс чычкандын ийнин тырмалап, оозун  бузуп, көпкө үңкүңдөп аракет кылды. Айласы кургандын иши да! Же мейнети кайтсачы. Тырмактары сынды. Манжаларынын учу кыпкызыл болду. Ийиндин төрү алыс экен. Ал чарчап, терин жеңи менен аарчынып, үшкүрүп отуруп калды. Ой басты. Шылтоосу табылбас, жайы табылбас жалаңач ойлор басты. Эмне кылуу керек? Эми кандай күн болот ыя? Эмне кылуу керек? Ыя? Өз кулагына өз дилинин чыңырыгы угулуп, тырышып көп мейнеттүү чекесинен тер идиреп, көздөрү диртилдей баштады. Диртилдеп келип, тигиндейректе бут серппей ийрилип жаткан кер тайганга келип түштү. Кер тайган! Кер тайганы... бери болсо он жылдай жолунда жолдош, ууда жардамчы, тилсиз макулук болсо да адамдай эстүү, баладай элпек, учкан куш менен жарышып ак кызматын берген тайганы... Сарыбайдын көздөрү коркунучтуу чекирейип, диртилдеп, улам чоңоюп чекирейип, кер тайганды имерди. Ирециинен кан качты! Өлүктөй купкуу болуп ордунан турду.

Ээси баш жагына келгенде капарсыз макулук көзүн жылтыратып ачып, ничке куйругунун учун чыбыңдатып, эркелеп койду. Ошол замат ээсинин калтыраган колу башынан сылап өтүп барып, шап тумшугун сыга кармады. Кармады да, тыбырашка үлгүртпөй, түлкүлөрдүн мойнун бурап сындырып маш болгон кол көз ирмемде бырс дедирип жүлүнүн үзүп салды...

Сарыбай кер тайгандын терт санындагы арык этин, тыртайган кабыргаларынын тышын таза сыйрып баштыгына салды. Үшкүрүп отуруп, баштыктын оозун бууду. Жонуна тартынды.

Кечинде зайыбы эшиктин көзүнөн:

— Соога, соога!.. — деп адаттын сөзүн айтып тосуп алды. — И... баштыгың томпоёт... — Жүзү жайнап сүйүнүп баштыкка эңкейди. — Кудайым ай...

Сарыбай ачык эчтеме дей алган жок. Көңүлкош гана чарчагандан кургап кеберсиген эриндерин ырсайтып, баш ийкеген болуп тим болду. Үйгө кирип, улагага баштыкты таштап, канаттарын шалдайтып мойнун артына кайрып үргүлөп отурган бүркүтүн карап үшкүрүп жиберди. Ошол учурда Кундузай, бала да, атам эт апкелди деп сүйүнүп чуркап келип, баштыктын оозун ачып калды. Сарыбайдын дили сына түштү. Ал:

— Жо-о... жебей турган эт бу... кагылайын... — деп күнөөлүү болуп алсыз күбүрөдү. Отура албады. Өзөгү карарып араң келгенин унутуп, тери колкапты шашып кийип, арык да болсо тайгандын каны бар жылуу этинен кесип алып, бүркүтүнө чокутууга киришти. Ач бүркүт үзүлүп түшүп жемди басып калды. Кыйкылдап, кызганып, үрпөңдөп, Сарыбайдын колунан жемди тартып алып, кара канаттары менен далдалап алып үзгүлөп жей баштады.

Бир аз күн өттү. Кер тайгандын биртке эти түгөндү. Сарыбай дагы алдастап жем издөөгө түштү.

Жандык малга байыр болсун үчүн таштан тизе бою гана көтөрүлүп курулган кең короо. Сыртында үйгө жакын таш акыр. Төмөн жагынан билектей булак суу шылдырттап агып жатат. Мына, Кара байдын кыштоосу деп аталган атактуу кыштоо ушул. Эртең ээси көчүп кетсе, малдын кыгынан башка, адам колу курганга окшогон таштардан башка эчтеме калбайт, ушул жерди киши ээликтеп турарын билдире турган да ушулар.

Сарыбай алыстан тиктеп келатты. Таш короонун четинде жакын-жакын тигилген эки үй турат. Туурдугу жаңы боз төбөл үй болсо байдын өзүнүкү ошо болор. Кың эткен үн чыкпайт. Атарабында кыбыраган бир жан көрүнбөйт. Сарыбай тарп-тарп баскан болуп, жөтөлгөн болуп, келатканын туйдуруп үйдүн эшигине жетти. Ошондо гана эски бейитти мекендеп жатып жүргөн көркоо жолбун өңдөнүп, бир карала ит үйдүн артынан чыга келди. Сарыбай сестене түштү эле, бирок ит коңк деп бир үрүп ишаратын кылды да, кулактарын шалпайта башын жерге салып, куйругун сүйрөп арык денесин бураңдатып, үйдөн жугунду алып чыккан киши деген окшойт, шагы сынып кайра үйдү тегеренип кетти. Үйлөр дагы эле жымжырт.

Сарыбай байдын үйүнө кирип барып, босогого токтой калды. Төрдө чепкенин жамынып Кара өзү жаткан экен. Ашканасынын оозунда нары карап зайыбы отурат.

— Ассалому алейкум, Кара аке!

Кара өйдө боло, тиши жок кызыл ээгин кыбыратып, саламчынын колун көңүл кош алып:

— Э... Сарыбайсыңбы — деди, ал ошондо тааныгандай.

Сарыбай сыңар тизелеп байдын төмөн жагына отура калды:

— Жайынча эле, Кара аке... — Жанбаштыгын чечти.

Кара байдын жыртак көздөрү баштыктан өтүп кетти:

— Йе, — деп кубангансыды ал, — кайран мүнүшкерим, соога апкелгенсиң го, аваңа!

— Ошого жакын... — деди Сарыбай да жанданып.

— О, катын! Кайдасың!

Карасур зайып ашканасынан чүрүшкөн чекесин көрсөттү.

— Апкел оокатыңы! Соога дегенди ууга кошо чыгып алчу эле, бу мүнүшкерим өзү апкелип калыптыр. Ушундайда бирге даамсызбасак болобу? Бол тез...

Түнөрө түштү карасур зайыптын кабагы. Эринен гана өтүнө албай, ашканасында көпкө күймөнүп жатып, акыры дасторконго жаңы бышкан эки жилик сүр эт, булоолуу сорпо алып чыкты. Эшиктен киргенде эле бышкан эттин жытын сезген, тыштан шабырт чыкканда беките салган окшойт, Сарыбайдын денеси жыйрыла калды.

— Ала бериңиз, бай... — Ал дити барбай сүрдөн бир үзүп ооз тийди да, дасторконго колунун учун сүртүп алып, баштыгынан тартуусун сууруп байдын алдына койду. — Бай, бергиңиз келсе, улак да болсо ыразы болуп алып кетем, көзүмдөн кан чыгып турган чак, ушу арзыбаган немеге сүйкөп байым бирдеме кайрылабы деп келгеним...

Кара эрдин бекем кымтынып онтолоп жиберди, бирок көздөрү тиги башы кошо катырылган көк чаар илбирстин терисинен айланып кете албады. Сарыбай леп тура калып, теринин башынан кармап жүндөрүн сылап-сылап, акырын үшкүрдү:

— Байым, тартуруга аны бер, муну бер деш салтта жок иш эле... Кантели, күн ошондой болуп турат, турмуш ошенткизип отурат. Жут жалгыз менин башымдабы?..

Кара бай токтоло калып, ыкшалып, кайра онтолоду:

— О, мүнүшкерим... Баатыр мактанса бир октук, бай мактанса бир жуттук экен! Байың баягыдайбы, баягыдай болсо аягыдайбы... Ошондой... Баягыдай жүз жылкы алдыбызда күтүрөп турса кана! Үстүңө тон жаап, астыңа ат тартсам эп эле...

Сарыбайдын шагы сынып, кулактарынан бери кызарып кетти.

— Өзүң көрүп турасың... Көрүп турасың, мүнүшкерим... Он чакты гана туяк калды... — Кара колу менен чекесин басып бүк түшүп, күйүтүн шыбырады: — Карачы... Карачы, жүз жылкыдан... жүз жылкыдан... Ушул эле калды го... О, кудай, ушул күндү көрсөттүң!..

Сарыбай эңги-деңги болуп, көзүн жумуп, кайра ачты. Ошондо анын көзү байдын кызарып эти өсүп бараткан боз көздөрүнө урунду. Баятан салттуу сүйлөп отурган чалдын көзүнөн түтөгөн күйүттү, ошо күйүтү менен бүт ааламды тарки дүйнө кылып өрт коюп жибере тургандай жан кечтиликти, бүт ааламды алма кылып колуна берсе лук жутуп алып көргөн жокмун дегенге бараарлык ач көздүктү көрдү. Сарыбайдын колунан илбирс тери түшүп кетти.

— Бизде да турат... — деди Кара кырылдап, — турат өлүк дүнүйө... Нан болуп бербейт экен, эт болуп бербейт экен! Көрсө, мунун баары токчулуктун оюну, барчылыктын көркү тура... — Кара ошол бүк түшкөн бойдон баш көтөрбөй безгектей калчылдап, арык колдорун арбайтып, бетин басып, озондоп жиберди:

— О-о, кайран малым!..

Бу карик чалдан башканы күтсө да, минтип өңгүрөп жиберет деп эч ойлобогон Сарыбай таң болду. Кетенчиктей берди. Же кайрат айталбай, же табалап күлө албай селдее түштү.

Кара жүз жылкылуу бай эле. Тиги карасур зайыптын согончогу канабай аны куубаш өткөрүп баратат. Байдын көңүлүндө туүй турган жаш катын алуу иши да болгон. Бирок, жаш катындын азабы болот. Аны эркелетиш керек, көңүлүн куш кылыш керек. Антишке этинин жылуусу, кубаты кана? Карынын катыны — баарынын катыны. Ушуларды ойлоп отуруп, Кара колун шилтеп салган. Эми минтип карыган чагында, дүнүйө көзүнө .

көрүнө баштаган чагында, баладан үмүттү эрте үзгөн соң, мунун баласы да, кубанычы да, эркелетери да өрүштөгү калың жылкы, чыбырдагы көп кой болучу.

— Мейли, мейли... Кара аке... Кудай башка салганга арга барбы! Мейли, кейибеңиз... Сөзүмдү кайра алдым. Эчтеме сурабайм, жөн эле коюңуз...

Кара бай бүк түшкөн бойдон калды. Сарыбай шаша басып үйдөн чыкты. Илбирс териге карашалаган жок. Турмушун март өткөрүп көнгөн эркөөдөн мүнүшкердин ал эсине да келбей калды.

— Силердей кузгундардын көзү тийип... Силердей желмогуздардын сугу түшүп... Кайран малым... О, боор этим!.. — деп уңулдады Кара бай.

Сарыбай ушундай кишиден бирдеме үмүт кылып келгенине өзү уялып, шылдың болуп, эки этегин далдактатып эски бейиттей коркунучтуу тунжураган үйлөрдөн алыстап кеткиче шашты...

...Башта топуратып көздөөчү алып, жандоочу алып, өзү жулкунган чоң тору ат минип, тайган ээрчитип, шаң менен ууга аттанчу мүнүшкер бүгүн бүркүтүн ийнине кондуруп, эч жакты карабай, карып болуп сенделип, өзү жалгыз төшкө жөнөдү.

— Кер тайган экөөбүздүн ырыскыбыз түгөнсө кыраанымдын пешенесинде бирдеме калгандыр...

Ичине бук толуп, корсунуп, артын бир кылчайып карабай, үйдүн эшигинде селдейип карап турган зайыбын көргүсү келбей, темтеңдеп шашып тоо аралап кетти.

Жымжырт. Чымчык учпайт. Өтөк көк чалгын. Бийиктер дагы эле агала кар. Тоолор кандайдыр уйкулуу сыяктуу боз тартып, ач көгүлтүр мунарыкка төнүп жатты. Жымжырт. Бул жаркыраган кең дүйнөгө тири жандык али жарала элек сыяктуу, шуу-шуу өткөн жолбун желдин шоокумунан башка эч дабыш жок, кулак кескендей жымжырт. Сыя ирең төтө мойнок, сары байчечек көпкөн топуракты түртүп жаңы чыккан. Алтын тыйындардай жымыңдап турушат. Ным жерлерден көзгө оңой илеше койбогон акчаңгыл буу акырын көтөрүлүп абага тароодо. Аба көк жыттанат. Аба көбүктөнүп эрип жаткан кардын суусу жыттанат.

Бүркүт оор. Сарыбайдын ийнин талдырып, кабыргасын майыштырды. Бир ийнинен бир ийнине өткөрөт, бүркүттүн күчтүү тырмактары акыректерин кабыштырат.

Сарыбай кадуулап көп кыдырды. Алдынан эчтеме чыкпады, эчтеме учпады. Өжөрлөнүп кыдырды. Эчтеменин шабырты угулбады. Көл-шал тердеп, чарчады Сарыбай. Айла куруганда, бир белеске токтоп, нары бетине биртике эңкейип, сепкилдүү чоң кара ташка бүркүттү кондурду да, эриндери кеберсип шалдырап отуруп калды.

Сарыбайда кайсы айла? Жаагын таянып санаа басып отурду. Жымжырт. Кулагы чыңылдап жатты. Жолбун жел жаңы бүртө баштаган шыбактын баштарын дирилдетип, өзгөчө бир кайгылуу үшкүрүк чыгарууда. Сарыбайдын койну толгон шор тери кургады. Көйнөгү этине жыландай муздак тийип, денесин жыйрылтты. Күн мемирөө. Күн жумшак. Күн анын кыра көңүлүн жубатып турду. Сарыбай чапанын чечип алдына салып бирпас жамбаштап жатты. Кайра турду. Бүткөн бою ныксырады. Көйнөгүн чечип, колтугун тырманып, тигиштеринен үңүлүп бит карай баштады. Кудай урган бит. Бу дагы жүдөгөндү баса турган нерсе...

Бир убакта шарпылдап жулкунуп, чеңгелине эмне кирсе ошону мыжыга кармап, курч тумшугу менен карсылдата чокуп, жаны карайып мойнун алга созгулап, шырп эткен дабышка, жолбун желдин шуу-шуу эткенине жата калып кулак салып, талпынып

ачуу шаңшып, бүркүттүн тынчы кете баштады. Кайдадыр эркин жайга, аркыраган шамал менен жарышып, үлбүрөп чубалган булуттардын үстүнөн сызгысы келгендей.

— Шабырт алды окшойт...

Сарыбай бүркүттүн томогосун сыйрыды. Бүркүт дароо колдон суурулуп, заматта көккө атылып чыкты. Бере көр! Сарыбайдын жүрөгү дүкүлдөп кетти. Бере көр, чоң кудай! Бере көр, кең кудай! Сарыбай эки көзүн жүлжүйтүп, кубанып көк тиктеп, кайсаңдап ар тарабын каранып, кайсыл жерден кандай аң качып чыгып калар экен деп, дегдеп жүзү жаркырады.

Ошол бойдон, ошол кеткен бойдон бүркүттүн карааны көрүнбөй калды. Мүнүшкер жалбырак болуп дирилдеп күттү. Жок... Жел гана шыбактардын башын шыбыраштырып жатты. Эч дареги жок... Кеткени ушубу!.. Сарыбайдын ичи сыйрыла баштады.

— О, кыраанвым... Кетип калдыңбы?..

Сарыбайдын көздөрү жашылданып боз асманга телмирди, эч көтөрө албай турган, эч көнө албай турган сары убайым басты. Оозун кымтышты унутуп, кичинекей сакалын сербейтип, нары-бери алдастап кетти. Боз асман анын жүрөгүн байкатпай лук жутуп коюп, анан өзүн мисирейип карап тургандай болду. Сарыбайдын ичи тытылды. —О, кыраанвым... Мени таштап кеттиңби?!. Мен куруюн, мен бир жазгы каатчылыктан сени алып чыга албадым... О, кыраанвым...

Сарыбай баштагыдай үндөп чакыра албады. Антүүгө укугу жоктой сезилди. Тили күрмөлбөдү. Айласыз, кубатсыз бууну титиреди.

— О, кыраанвым... Балам менен барабар көрчү элем... О...

Ана! Алда кайдан бүркүт шаңшыды. Ана! Сарыбайдын жүрөгү жарылып кете жаздады. Ана! Илбээсин көргөндө гана ушундай шаңшычу ал. Сарыбай токтоно албай көйнөгүн унутуп, жылаңач дардаңдап чуркады. Үндү улап чуркады.

— О, айланайын үнүңдөн... Айланайын... — деп, каргылданып, эки колун ового сунуп кыйкырды. Ошол! Төбө жактан абаны жарып шуулдап угулган күү гана улам жакындап келатты. Ошол! Сарыбай элтеңдеп, сүйүнгөнүнөн каңырыгы түтөп, кудайга да, бүркүтүнө да жалынды. Сарыбай эки жагын каранды. Эмне үчүндүр а жопарада шакка корголоп же суналып качып жөнөп берген аң көрүнбөйт. Ана! Бүркүт! Күчтүү канаттарынын күүсү желдин шоокумун каптап, найзанын учундай ышкырып тик сайылып өзүнө келатты. Сарыбай нестейе түштү... Ойлонтпой, камынтпай бүркүт аркан бою кирип келди, ошондо Сарыбайдын колу жерден балдакты ала коюп, бетине кармай берди. Каардуу бүркүт тайманбай көз ирмемде селдей шаркыраган күч менен келип бир тээп өттү, жыгач балдак шарт тең бөлүнүп сынып түштү.

— А-ай! Кантесиң, кыраанвым!..

Ошол чөлкөмдү үч айланып чабыт кылып, көзүнө тири жандуудан эчтеме илинбей, дөңдө кыбырап жүргөн жалгыз караан өзүнө тартып, ач бүркүт ал караанга таштап жиберген эле. Ал мүнүшкерин тааныган жок. Жылаңач Сарыбай анын көзүнө кийиктин улагы сыяктанып көрүнгөн окшоду.

Бүркүт кайра көккө атылып чыкты. Сарыбай эсин жыйышка үлгүрө албады, бүркүт темир чеңгелдерин арбайтып, курч тумшугун ачып, чекирейген кызыл тегерек көздөрүнөн заар чачып, ошол замат кайра шуулдап кирип келди. Өлүм! Колунда куралы жок адам сепкилдүү кара ташты кара тутуп, ошондон калка издеп, тегерене качты... Өлүм! Алдастады... Өлүм! Ушул өлүм коркунучунун алдында көзүнө канга

боёлуп кулактарын шалпайтып жерде жаткан тайгандын башы көрүндү, анын нуру өчкөн көздөрү кадалып тиктегендей, табалагандай. Келме кезек!

А-а!.. Жер тыткылап, таш аткылай баштады. Колуна эмне кирсе ошону менен, топурак кирсе топурак, чөп кирсе чөп менен шилтеп, ошону менен өлүмдөн коргонду, өлүмгө айбат кылды. А-а-а!.. Жандалбас кылды. А-а-а-а...

Коркунчак, тартынчак кылган жашоо үмүтү. Жашоодон үмүт үзүлгөндө адам коркунучту унутат. Сарыбай коркунучту унутуп салды. Ач бакырыгы да тып токтоп, эрдин кесе тиштенип, кадим жырткыч болуп, кулачтап качырып бүркүттүн арбайган тырмагына кол салып кирди. Катуу чеңгелдешип, бири кышылдап, бири күшүлдөп, улам бири алдына басып, жумгалакташып, кериден ылдый тоголонушту, бирин-бири ырайымсыз тытты. Сарыбай бүркүттүн башын кармоого, мойнунан бурап басууга аракет кылып, бүркүт башын алакачып карматпай, көзгө асылып, желке жүнүн түктөйтүп жаалданып чокуп, Сарыбайдын бүт денесинен кан жошулуп бүркүттүн канаттары карсылдап сынып, куйругу жулунуп, жүндөрү сапырылды. Сарыбайдын эки колу бүркүттүн темир чеңгелдерин бошотпой туткактап калган. Тизеге басуунун алакетинде. Бүркүт көзгө асылат. Сарыбай башын чулгуп көздөрүн алакачат. Бүркүт мойнун жыландай буралтып көзду кууйт. Сарыбай курч тумшукка башын тосо берип көзүн калкалайт. Жан аргасы! Ал дагы бүркүттүн кез келген жерин тиштеп, бурдап тиштеп жатты.

Сарыбайдын көздөрүнөн от чагылды. Сарыбай көздөрүн бек жуумп, бүткүл күчүн үрөп, чымырканып кармашты. Ал акыры бүркүттүн бир чеңгелин тизеге басып, бир колун бошотууга жетти да, ошол колу менен бүркүттүн мойнун сыйпалап таап, бар күчү менен сыга кармады. Бурады. Бүткүл денеси менен өбөктөп басты...

Бир убакта канга жошулуп, Сарыбай бүркүттүн калдайып жатып калган денесинин үстүнөн акырын өйдө болду. Ал көзүн ачкысы келди. Көзү ачылбады.Көзүн сыйпалады. Колуна былжыраган бирдеме урунду. Ал кан болучу. Сарыбай да анын кан экенин билди. Капкараңгы. Көрдөй капкараңгы. Эмелеки жаркыраган кең дүйнө кана? Чымырап кансырап денеси улам оор тартып баратты. Ал эсине эми келди. Баягыдай коркунчак, тартынчак, үмүткө алданма, кайгыга, кубанычка бат алдырма пенде учуруна кайра келди. О, теңир, көздөн ажыраттыңбы! Ал сендиректеп, чалыштап бүркүттүн карайып жаткан канаттарынын жанына сулап жыгылды...

## III

Өлбөгөн кулга жаз келди. Кыштын каардуу запкысынан жанчыла түшкөн адам бутун кере сунуп, көк чөпкө отуруп, терең дем тарта айланага жалбарып тиктеди. Көтөрөм мал илдиреп туруп, үзтүгө жеп көккө тоюп, аны ал кылалбай шалдырап күнгө жон салып жатты. Күн эне сыяктуу мээр төгүп, чилденин чери баскан далыларды жылытып, кан тамырларга кубат жүгүртүп, жамыга бирдей ыракым чачып жадырап турду.

Эл кыштоодон күнгөй конуштарга чыгып конгон кез. Малы канчалык көбөйсө киши ошончолук ниети тарып, элден алыстайт. Ал коңшунун жардамына муктаж болбой тирилигин өзүнчө эле жакшы өткөрүп, малын малга аралаштыра төр талашып отура турган туугандыктан четтей баштайт. Андай батышпай жаткан мал болбогон соң Теңирберди жамагаты жаздоого чогуу чыгышкан.

Нары да, «данбагар» атыккан бу жамагаттын көрөр күнү жалгыз эле малга байланган эмес. Өзөн суу боюндагы түзөңчөлөрдү ээликтешип, ыңгайлуу жеринен арык кайрышып, бирткеден дыйканчылык баштап алышкан. Кышкысын талканы үзүлбөйт, жайкысын бирткелеп болсо да чөйчөгүндө агы болот. Тоок сыяктуу бирине бири ыктоо, уруулук тамырына караганда күнүмдүк тирилигинде бирине бири жакын, керектүү. Көп алыс көчүшпөйт, саратанда гана бөксө жайлоолорго барышып, көбүнчө эгин жайдан алысташпай жаздап, күздөп, күн өткөрө беришет.

Үй ичинде Айзаада көйнөгүн жамап отурган эле. Тыштан «А-ай, кара такыя!» деген каардуу үнү чыкты, жүрөгү үшүп бүткөн келин селт эте тура калганын өзү билбей тышка жөнөдү. Кемпирдин кычыктары кызарып эти өсүп кеткен заардуу көздөрү тирмейип тосуп алды аны:

— Ыя?! Кечинде шыйрагыбызды жагабызбы отко?! Куурай аз го? Бирдеме термелеп келбейсиңби күндүн жарыгында, ыя?!

Айзаада дайыма элпек болууга тырышчу. Баласынын күйүтүнөн кара күйүндү чычала болуп жүргөн кайнененин көңүлү жумшаар бекен, жылыр бекен дечу. Дароо көтөрмө алып жөнөдү.

— Тез ке-ел! — деп калды артынан кемпир.

Айзааданын жүрөгүнө ийне болуп дайыма сайылган каргыш ушул «кара такыя». Улам эрге тийсе, улам эле эри өлө берген зайыпты «кара такыялуу бейбак» деген ишеним бар турбайбы. «Койнумда, жаздыгымда жатып өлсө, кара такыя дешсе мейли эле го...» деп, дайыма арманы башын оорутат. Нары барып, ойноп жаткан балдардын арасынан Болотту акырып алды:

— Жүр, кичине бала, — деди ал, — куурай терип келебиз, жүр, кагылайын...

Болот кыйыктанып кыйшаңдап:

— И-и... Жеңе, кардым ачты-ы. Ие, барбайм куурайыңа-а... — деп тартынып, бир басып кыңылдады.

— Оюндан кардың тоёбу?

— Тойбойт. Кардым ачты, кардым ачты-ы...

— Экөөбүз талаадан куурай терип, көтөрүп келебиз. Келгенден кийин ошол куурайды жагып сүт бышырып берем. Баса гой, кагылайын...

Айзаада баланы пешенесинен сылап эркелетип койду. Бала жана түштү. Айзааданын колунан көтөрмөнү алып так секирген бойдон жалт-жалт каранып алдыга чуркады.

Темир шейит болгон жылы Болот тогузда эле. Ана ыйлу муңдуу үч жыл өттү. Быйыл он экиге толду. Башта да атасы, энеси анча-мынча опуза кылышчу. Өзгөчө Темирдин күйүтүнөн соң көзүнүн агы менен тең айланышып, баланы эркине коё беришкен. Айзаада тиктеп отуруп, бул баладан Темирдин үрөйүн көргөнсүп, ошондонбу, бир туугандай ичи ийрилип, түндөй кара, узун көйнөгүн сүйрөлтүп, жоолугун буубай бош таштап, ойго чөгүп келе берди.

Кайда шашат? Жайдын эрке көпөлөгүндөй сергилең, жашчылыкка, сүйүүгө кумарлуу куш көңүлү кайда? Шат күлкүдөн, жүрөккө жакын жылуу сөздөн жат. Мына быйыл кайнатасы уулуна аш берип, акыркы ариетин кылат. Салт ушундай, төркүндөрүн чакыртып, Айзааданын карасын алып, каалаcа башын ачып, уруксат кылышы ыктымал. Жаздан бери жесирдин оюна ушулар түшө баштаган. Бир кур, чын эле ыйдан кутулуп, көкүрөк датын жууп таштап, кандайдыр өмүр жыргалын, көңүл кубанчын башка

жактардан издеп кете тургандай, бирдемелердин камы азыртан түшө баштагандай. Ээнчиликте күзгүдөн өзүн көпкө тиктеп, көзүнүн алдын, бырыштарын сылап-сылап көрүп, эч бир чыдоого болбой тургандай болуп ичи куйкаланып кетет.

Айзаада оор улутунду.

Болот ага карабайт. Алдыда. Бала да, эмелеки курсактын кейиши эсинен чыгып, жыттуу чөптөрдүн башын кармалап, булуттарга таңыркап, кээде көтөрмөнү таштап жиберип сарала көпөлөктөрдүн артынан жүгүрөт, канаттуу көпөлөк оводо делдектеп бийик көтөрүлүп, көгүлтүр закымга төнүп кетсе, артынан көпкө карапээрчийт. Көпөлөк кайрылабы? Болот көйкөлгөн жашыл чөптүн арасынан көтөрмөнү кайта издеп таап, чөп кычыштырган шыйрактарын тырмалап алып, көтөрмөнү сүйрөп андан нары жөнөп баратты...

* * *

Чымчыктын тилинен башка эчтеме бейпилдигин бузбаган көк өзөн өзүнүн бир кунунда шылдырттап турган кашка суусунун жан терметкен жоош шабыртын ныксырап тыңшап, ошол кездерде да, дайымкысындай мемиреп, башы улуу тоо, аягы үлбүрөгөн көгүлтүр мунарыкка төнүп мелпилдеп керилип жаткан болучу.

Күн жаркырап турган. Аба тыптынч. Көк өзөндү бойлоп, кашка сууну ар жеринен кыркып кечип, ийрилип тоо тарапка өткөн ак жолдун учунан караан көрүндү. Бир... эки... үч... Караандардын куйругу үзүлө койбой, кумурска болуп сап тартып, акырын жылып, бирде бөксөгө кире көрүнбөй кетип, кайра чубалып чыгып, ийрилип, улам берилеп, караандар чоңоюп, улам жакындап келе берди.

Көч экен. Темир колун чекесине алып көп тиктеди. Эң алдында көч баштары туу кармап келатты. Шыңгыр, шыңгыр, шыңгыр... Көч сүрдөөнү дүңгүрөп, сансыз коңгуроолор шыңгырлап, шаатыттан кыйгап өтүп калды.

Ошондо таруу жаңы корукка кирип, шөкүлө болуп мөлтүрөп турган. Дан багарлар Теңирберди баштап шаатыттын түбүнө кош курушуп, былтыркыдан калган каракчыларды таруулардын арасына кайра оңдоп коюшуп, бапыр-тапыр болушуп, келген таранчыларга биринчи сапкан уруп калган күн эле. Дан багарлар жолдун жээгине чуркап чыгышып, көчтү аңыз кылып карап калышты.

Көч жай чоюлуп, кылкылдап чубай берди. Жүгү зыңгырап үстүнө калдуу килем, теке мүйүз түр салган кызыл шырдак жапкан, керилген каймал төөлөр мойнундагы коңгуроолорун шыңгыратып, ак элечек кемпирлердин жетегинде жез буйлаларын чойдуруп каалгып, көч айдаган кишилердин бакылдаган үндөрү, ыкшоо өгүздөр ыңгыранып, энесинен адашкан кулундар чырылдап кишенеп, бирөөлөрдүн уйкулуу ышкырыктары, жүздөгөн туяктардын дүбүртү биригип, сүрдөөнү бузулбай көч агылды.

— Кимдердин көчү болду экен?

— Туусун карагылачы, — деди Теңирберди.

— Ай көрүнөт...

— Гм, ай тамгалуу баргылардын көчү тура...

Теңирберди жолго жакын басып, көч арасындагы эркектерге салам айтып:

— Түштөнүп өткүлө, бай акелер! — деп турду. Бул салт эрежеси.

— Жер алыс эле, жол алыс эле... — деп көчтөн кишилер салтка салттын жообун айтышып, ачык жүз менен, ыразылык айтып өтүшө берди.

— О суусун ичип өткүлө, бай акелер!

— Суусун болсо ичербиз... Нар бели талыбасын... биз ыраазы...

— Жолуңар ачылсын, бай акелер!

— А айтканыңыз келсин, кутман кары...

Көч алды көк өзөн бойлоп узап, күдүрөйгөн майда бадалдуу жашыл адырга таянып, көч баштардын туусу кашка жолдуу ойрума өйдө кылкылдап баратты.

Теңирберди ак сакалынын учун кармалап, кычыктары кызарган нуру өчө баштаган көздөрүн шалдырап ирмеп, каштарын үрпөйтүп, ой баскансып тынч тиктеп турду.

Ушул элеттин күнү. Башын бир жагына кыңырайтып, акырын сызылтып ышкырып коюп, миң жылы көч айдагандыр, көчү миң жылы ушинтип кылкылдап түздөн тоого, тоодон түзгө чубагандыр. Баш калкалар бир боз үй, боз үйдү көтөрө турган бир улоо, минерине ат, саанына бир уй, согумуна он жандык. Ушуну курап алса болду, көйнөгү жок тери тонун жалаң этине кийип жүрсө мейли, мурдун балта кеспей, кымыз уулап, жаңжал издеп, кутуруп чаап жүрмөй. Көч-көчтөн кабар келгенде, сый кийимин кийгизип катынын бээсине, кызын ардактап айгырына мингизип алып, үйүн артып, чый ышкырып он жандыгын алдына салып, көч катарына түшө бермей. Урган коргону, тиккен багы барбы? Бир додо кый, көө болгон үч тоголок таштан башка неси калат көчүп кетсе журтунда. Дайыма кыймылдагы, бут чечпес көчмөн тирилигине будоо болсо, алтын да болсо буларга оор. Бар турманы ушул, кылымдардын туман баскан арасына, ыңжыңсыз боз адырда томпойгон бейитинен бөлөк, бир белги, жарты таман из калтырбай, тоо шамалындай коргонсуз, баштоосуз жүргөн эл...

Колдорунун кан тамырлары көгөрүп, тарамыштары терисине чыгып турган, арык абышканын акылдуу көкүрөгү ушуларды тегеретип ойлоду.

— Түштөнүп өткүлө, бай акелер...

— Жер алыс эле, жер алыс эле...

Көч жармы ченде ак тайлактуу топ көрүндү. Чапчактай кара бээ минген зайып жүгүнүн үстүнө кызыл шырдак жабылган каймал жетелеп келет. Ак тайлак жай булутундай таза. Селкилдеп логлоп, кайра жөн басып, энесинин артында. Айрымач ээрлүү жорго тай минген жаш бала демитип, камчы менен түртүп коюп, ак тайлактын жинине тийип ойноп келет. Ак тайлак ойдолой бере балага кичине айбат кыла «бу-у» деп, тегерек капкара көздөрүн жайнатып, башын чулгуп, ал дагы, бала да, оюнга өзү шерик, сеңселип маңган сайын мойнундагы жылаажын шыңгырлап барат. Алардын соңунда үйдүн бойго жеткен кызы. Кыздын мингени күмүш жабдыктуу тору кашка айгыр. Кызыл манат темингинин чачылуу жибек түймөлөрү эки үзөнгүдөн төмөн самсаалап, айгырдын ак шыйрагына кылтылдап сеңселип келет. Кыз жолдо жардап турган кишилерди карап, жашыл жердин сый чапанына түшкөн жамачыдай болуп жаткан чарчы-чарчы эгин тилкелерине сонуркап, колдорун жайган бойдон былк этпей катып таруулардын ичинде турушкан каракчыларды кишиби деп, былк этпегенине таңыркап, уйку толгон көздөрүн сүзүлтүп көч аягында. Кундуз бөрктүн үкүсү үлпүлдөп, күндүн авазкөй көзү күлүп алатамак шуруга ойноп, жылтылдап кыздын сулууча жүзүнө нур тартты. Кара чачтары беш көкүл. Мажүрүм талдын кырчынындай майда. Куйругу кесик карала ит жол жээктеп, көч бойлоп, тилин салын акактап жүрүп келет, улам чөптүн түбүнө жата калып, көч узай берсе кайра туруп чолтоңдоп жортуп, нымдалышкан кара тумшугун кыймылдатып чүчкүрүп, катуулап желип көчтөн калбады. Шыңгыр... Шыңгыр... Көч алдынан төө боздоп, үн алыстап баратты.

— О суусун ичип өткүлө, бай акелер...

Жүктүү өгүз айдап артында келе жаткан ак тайлактуу топтун ээси атынын башын бура:

— Суусун болсо ичербиз... — деп келип, Теңирбердиге салам айтты. — О, ассолому алейкум, Теңирберди аке, барсызбы?..

— Шүгүр, шүгүр... — Теңирберди тиктеп калды.

— Тааныбадыңызбы? Мен Жамгыр эмесминби? Ай тамгалуу баргы Жамгырмын, Теңирберди аке...

— Гм, көз кургур кете баштаган экен го, өңүң эле жылуу учурап баятан бери... эми тааныдым... — деп Теңирберди колун шаша сунуп учурашты. — Кайран Жабай аксакалдын баласы Жамгыр турбайсыңбы. И, мал-жан эсенби, Жамгырым?.. Ке, суусун ич... ке...

— Шүгүр... Ушунтип эл арасында, көч карасында кыбырап жан баккан болуп жүрөбүз, Теңирберди аке.

Жол боюна көтөрө чыккан чаначтан кырма кесеге толтура кымыз куюп, Темир суна берди. Жамгыр ат үстүнөн туруп кымызды бир тартты да:

— Ой, катын! Бир аз тизгин тарта туруп, ой суусун ичирип ал алдарга! — деп кыйкырды көчкө.

— Ошент, аркаңкы көч кысып келгинче...

— Ал, Темир, суусунду ошоякка алпара койгула!

— деди Теңирберди жигиттерге, Эшим чаначты шап ийинге салып, Темир кесени алып чуркады.

— Эсен болсоң болду, Жамгырым, кеп эсенчиликте... Кай жайлоого тарттыңар?

— Быйыл Миң-Бугу жайлай турган болдук, Теңирберди аке. Бийлер андан ары Таласка мал ашырып, Оулиа-Атага орустан соодагерлер каттап турган имиш, ошо Талас аркылуу мал ашырып сатабыз дейт. А болуптур дедик. Элден калбай көчүп келатканыбыз.

— А-а... — деди Теңирберди, көзүн кыймылдатып ойлонуп калды. — Набы бар жакка ыктап бараткан экенсиңер. Түзүк. Орустан келген соодагерлер эмне апкелип жатышыптыр? Куралдыр да?

— Жок, алар курал сатпай калыптыр эми. Тиги казактын чөлүнөн бери карата жер жайнап орустан көп аскер келаткан имиш дейт. Соодагерлерин бакылайт имиш дейт. Бир даары жер ченейт имиш дейт. Кудай бетин көрсөтпө, эмне кыларын билишпейт, Кокондо кымкуут болуп жатыптыр.

— А ушу сөзүң жаңы экен...

Темир менен Эшим каймал жетелеген зайыпка жетип кымыз сунушту. Зайып кесени колуна алып, эми оозуна жакындатканда бери жактан жорго тайын ойдолотуп уулу барды, эне ооз тийбей бере салды:

— Ме, иче гой, каралдым...

Бала терлүү мурдун бышылдатып кымызды аптыгып жутту. Зайып андан кийинки кесени да биртике татып туруп, тамагына өткөрө албай:

— Биймырза, кагылайын, эжекеңди кел дечи, — деди.

Темир:

— Ала бериңиз байбиче, — деди акырын, адептүү, — кымыз бар...

— Зайып түгөтө ичип, жигиттерди чын дити менен алкады да ак каймалдын буйласын чоюп, бээсин теминди:

— Чоң ыракмат. Бактылуу болгула, айланайындар...

Темир кымыз кармап кызга келди. Тору кашка айгыр сеңселген кара куйругун жайылта шыйпанып коюп, бышкырынып, оозугун шылдырттатып чөп башылап оттоп турган. Темир жакындаганда жыйрылып боюн качыра берди.

— Суусун ичиңиз, бийкеч...

Көрктүү кыз карлыгач канат каштарын керип, үлбүрөп, биртике кылыксына жигитке аста серп таштап алып, кесеге анча да жүткүнбөй, өзүн сыпаа тутуп, акырын колун узатты. Ууздай билек агарып көрүнө, кош күмүш билериктери шың дей түштү. Темирдин жүрөгү алып учту. Кыздын бир да сепкили жок, жумуртканын агындай найын жүзүнөн көз алалбады.

Кыз кесени ала берейин дегенде, ал кыздын бир салаасынын учун кесенин түбүнө кошо кармады. Кыздын ак жүзүнө кан толкуп кетти, кара көздөрүн мөлтүрөтүп, алдында дал болуп турган кең көкүрөк чытыраган кызыл жигитти таң калып бир тиктеп алды. Темир колун акырын бошотту. Кыз сыр бербей кымызды алып, бир кылк этти да кайра сунду:

— Ичпедиңиз а...

Сулуу кыз, ыраазылыгыбы, акырын башын ие сүзүлүп, жүзүнө азем жумшак жылмаюу жаратты, анан акырын тизгин какты. Тору кашка лепилдеп жүрүп берди. «Колун кармап адепсиздик көрсөттүм а, көңүлүн кирдеттим а...» деп бушайман жеп, Темир ичи сыйрылып артынан карап калды. Эмнеге жылмайды экен? Жигиттин көңүлү бир сынды.

— Кайыр, жолуң ачылсын, Жамгырым!

— Кайыр, айтканыңыз келсин, Теңирберди аке... Жакшы калыңыз...

Кыздын атасы Теңирберди менен кыйкыра кош айтышып, өгүзүн шаштырып айдап, Темирдин жанынан өтүп кетти.

— Кайыр, жигиттер...

— Кайыр... Жакшы барыңыз...

Көч узарып, көк өзөн бойлоп, жал камыштардын, дүңкүйгөн даректын далдасына кирип, шыңгыр... шыңгыр... коңгуроо үндөрү бастап, алыстап баратты...

Теңирберди таруу жайга карай басты:

— Ушул аптанын аягында биз дагы үйлөрдү өйдөлөтөбүз, — деп кобурады жанындагыларга. — Мына, элеттин күнү ушу. Ата көрү, мындай карасаң элеттин жападан жалгыз куттуу күнү ушул көч үстү... Жогу, бары бир дүрбөп, жамачылуу болсо да көйнөктөрүн жууп кийишип, күн ылгап, алдынан жайлуу конуш, жаңы ырыс тилеп, сары жылдыз менен тең туруп, эртелеп жүк коюп көчүп чыгат. Көч үстүндө курсактын ачтыгы, токтугу унутулат. Көч үстүндө эки туугандын таарынычы, эки уруктун кастыгы мындай ташталат, алар көч үстүндө бири-бирине көмөк кылуу карызын эстейт. Көч үстүндө беш көкүл кыз менен боз уландын үзөңгү кагыштырып катар бастырышы эрөөн эмес... Көчтүн алдын тосуп түштөндүрмөй, түштөнбөсө ат жалынан суусун берип, абал сурап коюш, оогон жүгүн оңдошуп, улоо айдашып, жериңдин четинен узатып коюш бабадан калган нарк эле. Ыя, куру дегенде, ырым түзөп, жандап ат бастырган болуп, тиги кашка ойрумадан нары өткөзүп салбадыңар. Карап турсам бириң былк этпедиң...

Темир сүйүнүп кетти:

— Эшим экөөбүз узатып коёлу! —деди.

— Дан багабыз деп жүрүп журтчулукту унутуп алышыптыр, жанынан өтсөк иттен чыгарганга да жарашпады, деген кинеси болот, а ошондон кутулуп койгула.

Темирдин мингени соорусу чаар, ак көз, сары жорго эле. Жорго көкүлүн серпип, күчтүү, тарамыштуу буттары менен чөптөрдү шатырата аралап, ээсинин колун карыштырып элирип баратты. Эшимдин карабыштысы салпылдап желип, жоргого бир жанашып, бир башын тартып койсо сопоктоп артта калып, кайра текиреңдеп куйрукулаш. Темирдин көзү ак тайлактуу топту издейт, жүрөгүнө сызылып качанкы бир, кумарга, жаштык илебине жык толгон аван кирип, али сезимге кармала элек бүдөмүк арзуу мас кылып, кайрымжысы кайтпай тургандай болсо да, бир үмүт сыяктуу бирдеме аны учуруп келатты.

— О, арыбаңыз, бай аке! Улоо бели бек бекен?..

— Бар болгула, жигиттер! Теңирге шүгүр, улоо бели жакшы...

Темир көч кишилери менен жооптошот. Эшим эчтемени ойлонууга чамасы жок, ала өпкө кара быштынын башы менен убара.

— Темике, жайырак жүрчү...

Темир аны бир карап тизгин жыйды. Темирге канат бүткөндөй, Эшимдин көңүлүнөн гана өтө албай кызып калган ак көздүн башын сүйөп тартып, Эшимге жалжал карап, эгер ал дагы ынтылып чү десе, ага миң ыраазы болуп, жоргону дуулдатып жел менен жарышчудай. Көктү сагынып боосун тытып качкан куш сыңары көздөрү жайнап, кан толкуган кызыл жүзүнө бир сабыркоо, бир үмүт калкып чыгып, талпынып келатты.

Көч катары менен жигиттер кызыл бешик өңөргөн келини бар топко жандашты. Келиндин үлпүнчөгү ачылбаган. Бешигин коомай кармап, аттын омогунда ойго батып же үргүлөп келатканы билинбейт. Жигиттер шатырап жандап келгенде, келиндин минген кара жалдуу сары быштысы селт этип үркө басты. Келин чоочуп, бешигин бек кармап, кара жалды токтотуп, үлпүнчөгүн ача берди.

— Арыбаңыз... Улоо бели бек бекен?..

— Теңирге шүгүр, балдарым! — деди, алдыда бээ минип бараткан кемпир келини үчүн.

— Кимдин көчү, жеңече? — деп келинди жандап сурады Эшим. Келин майдай сары жүзүн ого бетер эзилтип, мылмыйып жер карап калды. Кемпир адатты бекем сактаган киши экен, келинине кайрылып:

— Жооп бер, балам, сый жигиттерге!.. — деди. Келиндин балапан түгү түшө элек сары жүзү кыпкызыл болуп кетти. Жооп бере албады. Уяң немени бөөдө кыса бербейли деп, жигиттер теминип өтө беришти.

Шар суу капчыгайды күкүктөнтүп, секиртмек таштардан сапырылып, быркыранып чачырап агып жатты. Көк өзөнгө кошулган суунун бир айрыгы эле. Салкын шапата. Бийик кырлардан тилкеленип көрүнгөн көктөгү тынч булуттар акырын сүзүүдө. Көч капчыгай өрдөп, сууну тепчип кечип баратат. Созолонгон ышкырык, «ха» «хо» деп улоого дем берген каңгырт добуштар капчыгайга толуп, эңгилчек баскан майда аска таштарга жаңырыктап жатты. Жапайы жүзүмдөр. Жыгачтардын баштарына чырмалып, алыстан тармал болуп көрүнүп, улам жакындаганда али көк мөмөлөрүн самсаалатып шагын иет. Бир жактан балдардын көздөрүн кызартып капталдардан кызыл чийелер мөлтүрөйт, эми сарала болуп бышып келаткан өрүктөр алтын сыяктуу жалтырайт. Кайыңдарды, сууга салбырап тийип турган самби талдарды акырын ыргалтып, жалбырактарын жыбыратып толкутуп серүүн жел жортмолоп турду. Шилбинин ашын

жешип, «гук-гу-гук» дешип, сүйлөшкөнсүп коюшуп, бейпил жүрүшкөн көгала моюн көгүчкөндөр көчтөн үркүп, күмүш канаттарын жаркылдатып оводо дилдиреп жүрүшөт.

Темирлер капчыгайдын жолунун тарлыгынан көч аяңына карашып жай бастырышып, о көптө кашка ойрумадан нары кырга чыгышты. Кырдын үстү биртике кобул жайык жер эле. Көчтүн алды капкачан жайыктан өтүп, андан нары кабатталып көрүнгөн жашыл адырлардын ичине кирип кетип жатыптыр. Жээктерин жаңы чөптөр баскан бир таман узун жол жүлгөлөнүп, алакандын отундагы чийиндердей туштушка айрылып, учу түгөнбөй жиптей чубалып, адырдан адырларга артылып, колоттордо ийрилип жатат. Жер улам бийиктеген сайынбы, аба салкындап, таза ак булуттар жакындан эле каалгып, бүйрө шашырдын чайырынын кычкыл курч жыты бурулдап тосту.

— Жетпей калдык э...

Темир ат үстүнөн колун серелеп, жайыкта калкылдап жай бараткан көчтөрдү көздөн өткөрүп, айласыз токтолуп турду.

— Тигине... Ак тайлак...

Ак тайлак дагы эле энесинен калбай, бөйпөңдөп логлоп, басып, көч арасында кабатка кире калып, ак канат сыңары кылактап кайра көрүнүп баратты. Кыз артын бир кылчайып карабады. Чачындагы шурулары күнгө жылтылдап... Темир дем тартпай көпкө тиктеди. Ала булуттарды тепчип үлбүрөгөн көк закымга желе тартып кирип кетип бараткан аккуулардын өткүнүн карап тургансып, мелтиреп көч кыйрынан көзүн алалбады. Шыңгырлаган жылаажын үндөрү алыстап, кайдадыр жымыраган боштукка сиңип, кетип баратты.

Ошол сулуу кыз ушул Айзаада эле.

Айзаада кызыл жүздүү жигитти экинчи жолу Миң- Бугу жайлоосунун жашыл төрүндө, бир кыз оюнда көрдү.

Ошондо да кызыл жүздүү жигит арзуу толгон көздөрүн кылгыртып аны көп тиктеди. Кыз оюн деген кыз оюн да. Кызды, күйөөнү алкап, көңүл ырларын, наз ырларын сызылтып, кыз оюн гүлдөп, күүлдөп жатты. Айзаада теңтуштарына аралашып, өзүн алаксытты, бирок кызыл жүздүү бейтааныш жигиттин алдыртан серп салуусунан кутула албай койду. Бу ким? Бул эмне көп тиктейт? Сулуу кыздын жүрөгү кооп санап, кызыл жүздүү бейтааныш жигиттин алдында кандайдыр бир тартынуу пайда болуп, корунуп, коркуп да калды. Ал көк өзөн бойлоп көчүп келатышкан күндү эстеди. Ошондо кесенин түбүнө кошо колунун учун кармап наз кылган ушул жигит эмес беле!.. Жүрөгү дүкүлдөп кетти.

Кызыл жүздүү жигит сылык, сыпаа тутунду. Жаштык кумары жык толгон уккулуктуу үнү менен кыз оюнду тербелтип көп ырдады. Ал канча узатып ырдаган сайын Айзааданын жүрөгү опкоолжуп, бетине кан дүргүп, мууну титирей баштады. Кызыл жүздүү жигит бир кезде көч үстүнөн көргөн бир сулуу кызы, ал сулуу кыздын үрөйү эч оюнан кетпей, анын үрөйү менен сырдашып, сыздап жүргөнүн, ошондон бери бир көрмөккө зар болуп, жер кезип издеп жүргөнүн сызылтып ырдады. Мен издеген кишимди, арзыган кишимди ушул жерден келип таптым деп, айтып жиберет го деп, Айзаада апкарыды, баш көтөрө албай калды.

Дуулдаган кыздар, боз уландар баары бейтаныш жигиттин ырынын сырын билип акмалашып турушкандай. Айзаадага ушундай сезилди. Бирок эстүү жигит андан нары

өтпөй, өзүнүн сырын түшүнүп жүзүнө кан дүргүп отурган кызга ыраазы болуп, ансайын урматтоосу артылып, мырзалык көрсөттү.

— Ой де!.. Жан эритер ырың бар экен, курдаш!.. — деди жигиттердин бири. Төрдө үлпүнчөк ачпай тою түшүп отурган кыздын жанында суусар бөрк кийип мөлтүрөп бактылуу жылмайып тынч отурган күйөө бала Темирди чекчейип тиктеп:

— Курдаш, арзыганың ушерде окшойт... — деп калды.

— Коркпоңуз, мырза күйөө, менин издегеним башка!..

Өргөө ичи дуу күлүп жиберди. Күйөө кулагына чейин кызарып, элге кошулуп аргасыз күлгөн болду. Ошондо Айзаада да эл ичинде Темирди бир жадырап тиктеп алды. Кара өзгөй адамдын ireңи жылаандай болот, ичиндеги киринин бардыгы күдүрөйүп бетинен чыгып турат, дили таза адамдын жүзүнөн гүл көрүнүп, көздөрүнөн жылдыз жанып турат. Бул былтыр өлгөн чоң энесинин дайым айтчу сөзү эле. Айзаада ошону эстеди. Курдаш кызынын артына өтүп, кылтыйып жигитти таамай карап, жигиттин ачык жүзүнөн жан жылытар жылуулукту сезди, көздөрүнөн кумар отун көрдү. Так ошол учурда Темир анын көз карашын кармап калды. Бу сапар кыз көзүн ала кача албады...

Эртеси кыздын бир жакын жеңесинен кызыл жүздүү жигит сөз айттырды. Айзаада уялып, же баш чайкабай, же сезим ээрчитип баш ийкей албай, кан толкуп бети ысыды. Жолугууга чыга албай койду. Анын эртеси кызыл жүздүү жигит сабыры суз болуп, ээси колун көккө сунуп үн салып турганына карабай жибек боосун тытып качкан балапан куш жөнүндө ырдап, алдыңдан дагы мендей кадырыңды билген, табыңды тапкан жолуксун, кадырыңды билер жолукпаса кайда жүрсөң да кайра мени эсте, күмүш канат шумкарым, деп зарлап калган мүнүшкер жөнүндө ырдап, аттанып кеткенин укту.

Айзааданын кайны бар экен. Кызыл-Жардан төмөнкү отурукташып сарт атыгып кеткен Карабагыш уругунан дейт. Окаттуу, тууганду жер имиш. Жыл сайын Жамгыр базарга түшкөндө мал айдабай эле барып, ошол кудаларынан кызылжабар базарлыгын кылып келет дейт. Айтымда, калың көп өтүп калган сыяктуу. Темир баарына баш байлады.

Боз кыроо түшкөн кеч күздө Айзаада данбагарлардын босогосун аттады.

Артынан Кулбатыр баш болгон жыйырма беш киши менен Жамгыр өзү кууп келди. Ушуну күтүп, бүт данбагар атыккан Көлдөбай уругу чогуу турган эле. Айылдын үстү жагына келип, камчысы менен бөйрөгүн таяп туруп:

— Эй! Бекназар батыр! Чык бери! — деп катуу үн салды Кулбатыр. Бекназар кайта кыйкыртпай Жамгырдын алдына чыкты.

— Чык дедиң, мына чыктым, куда, алдыңа...

— Нени сүйлөйсүң, батыр! Кайдагы куда! Мен куугунчумун! Көпкөн экенсиңер. Көппөгөн ушуну кыпабы, көппөгөн сөйкөсү бар кызды ала качабы? Кана, жообун айт! — деди муңайып Жамгыр кордолгон кишидей.

— Жаке, ке аттан түш. Айтар доонду аттан түшүп айт, чабар кылычыңды аттан түшүп чап. Ке, түшүп болгон иштин жайын ук, болор сөздүн жүйөсүн тыңда.

Жамгыр кулак салбады:

— Кайда? Жанагы тилазар кайда?..

— А мунуң жакшы, Жаке. Жүр, сөздүн башын кызыңдын өзүнөн угуп башта...

Айзаада кыз-келиндер толуп жүргөн жаңы өргөөдө болучу. Ошол жердеги бала-бакыра, катын-калач, кишилер үйрүлүп карап калышты.

— Сура, Жаке. Сурашка жолуң бар. Сөөк сеники. Сөйкөлүү эмес, башы ачык бешкөкүл кызды зордуктап алакачкан жигитке бир гана жаза, ал жаза — өлүм... Муну эч ким сурап жеңилдете да албайт, сурап оорлото да албайт. Үкем менен сырдашкан жок элем, акыл салбай, сүйлөшпөй капыстан алып кирип келип калды, кокус уурдап апкелген болуп чыгып калса, ана үкемди коргобойм, өзүм байлап берем! Сура. А эгер кыз өз көңүлү менен качып келген болсо, акыйкат ошолордуку. Малы кетип артынан кууп келген малын алат, пулу кеткен пулун алат. Сура, Жаке...

Айзаада көшөгөдө экен. Тушуна келишти. Бекназар башын ийкеп сура дегендей түр кылды Жамгырга. Ар кимиси ар жерде катып жамырап карап калган эл күбүр-шыбыр болуп түйшөлүп кетти. Жамгыр:

— Айзаада! — деди катуу. Айзаада үн берген жок. Жамгыр дагы катуурак сурады:

— Айзаада! Ушердесиңби, эмне унчукпайсың! Мен атаңмын... Үн бер...

— Ушердемин... — деди Айзааданын титиреген үнү. Былк этпей, дем тартпай эл тыңшап калды. Эмне айтар экен? Жаштык кылар бекен? Кептен чалынар бекен балаң кургур...

— Зордук көрдүңбү? Ала качып келдиби?

Кыйлага чейин унчукпай калды Айзаада. Кулбатыр бирдемеден шекший көзү кызарып өрөпкүй баштады. Бекназар томсоруп кетти. Дагы сура дегендей ишара кылды Жамгырга.

— Айзаада! Коркпо, кагылайын, мен турам го жанында, зордоп апкелген болсо, «зордоп апкелди» деп түз айт, коркпо! Айзаада!

Айзааданын титиреген үнү чыкты:

— Жок...

— Алдап апкелдиби?..

— Жок...

Жамгыр ээрине өбөктөгөн бойдон туруп калды. Тегеректеги эл жаш келинди алкап, дуулдап кетишти.

— Айзаада! Көзү агып отурган шордуу апаңа эмне деп айтып барайын, ыя? — деп Жамгыр жөнөй берип сурап, тыңшап токтой калды.

— Батасын берсин... — деди Айзааданын чыйралган үнү. Жамгыр шалдырай түштү.

Ушинтип Айзаада өз бактысын өзү тандаган эле, ушинтип өз бактысына өзү бычымчы болгон эле.

* * *

Таштуу башат конушунда угузбады беле, ал жерди туугандары Темирдин сөөгү жаткан жери катары көрүшчү, эң акыркы зыяпатын да ошол угузган маалында, ат кара тил болгон жай алды маалында, аш аты кылып ошол жерде өткөрүштү. Зайыптар үн тартып, туугандар кемегенин башын тегеректеп түгөл туруп өкүрүп, арбактын эң акыркы карызынан кутулушту.

Айзааданын карасы алынды.

Кошолгосун жетелеп, Жамгыр аштын ариетине келип кеткен болучу. Анда оозу барып кызынын тагдыры жөнүндө кудасына кеп чыгара алган эмес. «Сатып жегиче шашып турган экенсиң, кудам!» дегендей катуу сөз угуп калбайын деп чоочуган эле. Кызынын карасын төркүн алат. Жамгыр баштап үч-төрт киши, катын-калач келишти.

Айзааданы үч жыл бою түндөй тумчуктуруп баскан капкара аза киймин отко таштаышты, төркүндөрү апкелген ак көйнөктү кийгизишти, башына ак жоолук салышты. Бул азанын бүткөндүгүн белгилөө эле. Эми кайната, кайын журт келинге уруксат кыла берсе, эрк ошолордуку, же туугандардын бирөөнө нике кыйып алып калышса да жол ошолордуку. Нике кыйышка ылайыктуу эркеги жок болуп калган кезде келиндин эрки, кетем десе алдын тосо алышпайт, салт ушу. Жамгыр оозу менен айтпаса да, кебетеси менен, мамилеси менен Теңирбердиге жалынып, шор баскан Айзааданын өмүрүн, тагдырын ошондон тиленип, делбиреп жүрдү. Бирок Теңирберди бүркөө болду. Келиндин башын ачуу туурасында ооз ачкысы келбеди. Муну көрүп Жамгырдын ого бетер өзөгү сыздады, эки бети түктөйүп санаадан жүдөп кетти.

Эртең аттанабыз деген күнү зайыбы экөөбү Теңирбердинин алдынан өттү:

— Кудам... — деп, андан нары батынбай бир көгөрүп, бир кызарып туруп калды Жамгыр. Зайыбы анын кайгысын тартышып, үнсүз бышактап ыйлап отурду. Теңирберди да жер тиктеп, кандайдыр жаман кабарды сезгенсип ирeңи кубулуп кетти. Жамгыр чымырканды.

— Кудам... Кудай дешкен куда элек... Кантели, тагдыр ушул экен... Кудай бизди айрыды... — Жамгыр жашып кетти. — Айланайын кудам!.. Сен дагы баланын атасысың! Жаш эле жаштыгына күй, шордуу Айзаадага уруксат кыл...

Сөздүн ордуна Теңирберди болоктоп ыйлап жиберди, Жамгыр кудасынын ийилгенин көрүп, эреркеп кетип, кошо өңгүрүп кудасын басып кучактады:

— Айланайын, жан кудам...

Тыяктан Санем озондоп чыкты:

— О коку-уй!.. О кокуй, Темир эми чындап өлгөн турбайбы, кокуй...

Теңирберди ката түштү:

— Жок, кудам, андай сөздү оозанба. Мен Темир өлдү айрылдым, эми келинимден тири айрыларга алым жок. О кудам? Ушундай таш боор белең? Баш байлары жок дейсиңби?

Жамгыр нес болду:

— Куда... Айланайын, куда... — дегенден башка сөзгө жарай албады, көзүнөн жаш тегеренип кирбийди.

Угуп отурган Кулкиши ортого түштү:

— Кудалар, ыйлашпай, чарпышпай сөзгө келгиле, — деп кейкейип каада айтып калды. — Кара баштуу адамдын тагдыры турат ортоңордо. Жети өлчөп бир кескиле. Ырас, Жамгыр куда, алып кетем деп эле алып кете албайсың, а сен ава, келиндин башын байлап нике кыйып коёруң болбой туруп, башын ачпайм дешиң сеники туура эмес...

Кулкишинин каада сөзү эки куданын кулагына кирбеди. Бара-бара ортодогу сылыктык чек, урматтоо кетип, эми кудалар бири бирин заарду тиктей башташты. Бул жакшылыкка алпарбайт.

— Койгула, эми койгула, кудалар, жаман сөзгө өтүшпөгүлө, койгула... Эмне? Жаман сөзгө барыша турган иш барбы араңарда? Жок. Сен, Жамгыр куда, чеки сүйлөгөн жоксуң, кызыңдын алдында аталык карызыңды жолдодуң. Ак сөз, айланайын. Сенин ордуңда ар ким ушуну сурамак...

Жамгыр бүк түшүп ыйлап жиберди.

— Сен, Теңирберди ава, келинди кетирбей турган болсоң, анын камын ойлон. Жок, андай ылайыктуу адамың болбосо келиндин багын байлабаганың жакшы, муну ойлон...

Теңирберди Кулкишини беттен алды:

— А сенчи! Сен ойлонбойсуңбу!

Кулкиши ыйба кылып тайсалдай түштү:

— Ойлонолу... Баарыбыз эле ойлонолу...

Ушунун баарын Айзаада үйдүн сыртында, тушта туруп угуп, көз жашын төгүп турду. Болот жеңесинин көзүндөгү жашты көрүп, ал жеңесинин ыйлабай жүргөн күнүн аз көргөн, сабыры суз болуп күмүш чолпунун чачыларын кармалап ойногонсуп тура берди. Үйдөн кишилер кыжылдап жатты.

— Жеңе... Сени алып кетеби?.. — деп, кыңылдап, ошол алып кетебиз деген ким болсо да ошого нараазы болуп, үрпөйүп сурады.

— Билбейм... — деди Айзаада. Көз жашын жеңи менен сүртүп, баланын бешенесинен сылады. Андан башка эмне дейт? Ага өз башы, өз тагдыры али белгисиз болучу.

Кулкишинин каада сөздөрүн эки куда пурсатка алышпады. Жамгыр да көгөрдү. Жөнөп жаткан киши кетпей калды. Акыры айтылар сөз эле, айтып, бул айылдын улуу, кичи адамынын алдына ачык түшмөкчү болду. Теңирберди да көндү.

Топ эртеси эле чогулду. Бир чоң ишке сөзү өтчүдөй болуп кабакты салып таштап, ойлонуп басып, Кулкиши да келди. Жамгыр байкуш кичинекей көк сакалын эрбейтип, ар кимге жалбарып тиктеп, кызынын тагдыры үчүн ушул айылдын итине да үч тегеренип кетчүдөй.

— Айланайындар... Садагаң кетейин, журт...Кудайга арагыла...Садагаң кетейиндер...

Бекназар аксакалдардын этегине келип мандаш урунду. Ал азыр башка туугандарынан айырмасы жок. Башында ак кийиз тебетей, бутунда көн өтүк, көөнөргөн теке чалбар шымчан. Онеки өрүм жоон булдурсундан башка жарагы жок колунда.

Жамгыр топ алдында өтүнүчүн айтты. Кызынын тагдырына арачы түшүп, уясына жылан кирген чымчык сыяктуу дилдиреди:

— Кагылайын, журт... минтип кудам экөөбүз топко түшүп отурабыз... Мага топтун кереги жок, баатыр, сенин гана бир ооз сөзүң керек. Бар, бара бер, жесир биздики! десең, турам да кете берем... Күйгөнүм жалгыз кызым... Жаш эле... Шоордуу балам көңүлүнө отурбаган бирөөгө байланып, кор болуп калабы...

Ушуну айтты да Жамгыр шөмтүрөп отуруп калды. Тымтырс. Лам деген киши жок. Элдин баары алдыртан Теңирбердини карап калышты. А Теңирбердинин кабагы жазыла койбоду.

— Кана, не дейсиң, Теңирберди? — деди аксакалдардын бири. — Айт, бүлө ээси сенсиң. Нике кыярым бар десең, салт да, шарият да сен жакта. Жок, келин балама уруксат берем десең эрк да, айкөлдүк да сен жакта.

Теңирберди мисирейип туруп, баягы сөзүн дагы айтты:

— Мен Темиримден өлүп айрылдым, эми келинимден тири айрыларга алым жок! — деди. — Уучум куру эмес... Темирим сынса Болотум турат!..

Отургандар бирин бири тиктешти. Жамгырдын көзү чекирейип кетти.

— Эркек он экисинде, кыз бала тогузунда балакатка жетишет. Быйыл Болотум он экиге чыгат, нике буйруйт. Болотума нике кыйдырам...

Айлана дым боло түштү. Бекназардын эки көзү Теңирбердиге шибегенин учундай кадалды. Теңирберди көшөрүп жер тиктеди.

— Болбойт! — деди Бекназар кесе.

Отургандар селт тиктешти.

— Болбойт! Балаң келиндин жарым жашында. Бою да, ою да эки башка. Эки адамдын убалы уктатабы сени! Ава, кудайга кара, ой ава.

Теңирберди жини келип, калтырай баштады:

— Кайсы кудайга карайм? Карадым кудайга! Мага ошо кудай жол берди, кудайдын шарияты жол берди!

— Болбойт дедим!

— Бекназар! Бекназар! О Бекназар, менин үйүмө киришпе! Жетет! Темирди ээрчитип жүрүп өлтүрүп бердиң, жетет!.. Куда-а-ай, кайдасың, туугандын зордугун көрсөткүчө, о алсаңчы мени!..

Кишилер Теңирбердини жөлөшүп, кайрат айтып калышты. Бирөөлөр Бекназарга ичтен наразы болуп, кабагын түйдү. Ирециңе кызыл жүгүрүп, Жамгырдын чекесинен тер чыкты. Бул чатактын акыры эмне болоруна акылы жетпей. Кулкиши оозун алжайтып, дени өлүп турду.

— Кана, эмне дейсиңер? — деп кесе сурады Бекназар отургандарга кыдырата тиктеп. Бир аксакал күйшөлүп койду, нурсуз кызыл көзүн алсыз ирмегилеп сөз таппай калды. Ал мындай бүлө ээсинин эркине каршы, шарияттын эрежесине каршы бүтүмдү көргөн эмес, ошондуктан маң болуп отурду.

Бекназар да муну түшүндү, ал дагы кылымдар ыйык сактаган бүлө ээсинин укугун, айыл аксакалынын кадырын жалгыз өкүмдүк, өткүрлүк менен аттап өтүп кетүүдөн чоочуду, ал кандайдыр бир жардамга, сүйөккө муктаждыкты сезди.

— Болуптур! Келин мында келип айтсын, тагдыр ошонуку, өзү эмне десе бүтүм ошол! — деди Бекназар.

Топ бир азга тымтырс боло түштү.

Зайыпты топко чакырганды ким көрүптүр? Ким зайыптын ою менен болчу эле? Калк туткан ыйык адатта жок жосун! Катын акылы чөлгө, эр акылы өргө. Болбойт бул иш! Болбойт! Токмогу күчтүү болсо кийиз казык жерге кирет. Бекназар акең болтурам десе болтурары ошо. Ким алдына чыгат. Өз айлында кебин эки кылганды жаман көрөт. Өйдөсүнгөн, басынткан кишини көрсө, Бекназардын көзүнө кан толо түшөт, колу дароо кылычына жабышат, бул жанкечти. Ошон үчүн баатыр.

Топ ушундай адат менен адил жанкечтиликтин ортосунда кысылып турду.

Бекназардын чымырканып жооп күтүп турушуна туруштук бере албай тоскон суудай мелтиреп турган кишилер жандана түшүштү.

— Мейли, келсин...

— Өзү айтып көрсүн!

— Ырас, тагдыр ошонуку эмеспи...

Кулкишинин зайыбын жанына коштоп, Айзаада жыйындын алдына келди. Бул айылга бүлө болуп келгенине төрт жыл айланып баратса да, жашы улуу адамдарынан алигече качып, алдынан туура өтө элек болучу. Ак шалпар жоолукту үлпүнчөк таштап,

жүзүн, көкүрөгүн жашырып, отурган улуу-кичи эркектаналардан ыйбаа кылды. Ошонусу менен, бир чети, аларга урмат көрсөткөнүн билгизип четке келип отурду.

Аксакал ал жакты тиктебей, бирок кебин ага багыштап, түзүк уксун дедиби, кирки үнүн көтөрүп сөз баштады:

— Балам, биерде сенин тагдырың ортого салынып отурат. Сөздүн төркүнү сага белгилүүдүр. Көңүлүңдөгүсүн ортого ачык айтсын деп, чакыртып отурабыз, балам. Кана, не дейсиң, чырагым?..

Ара бейиттей тымтырс болду. Үлпүнчөктүн ичинде Айзаада жок сыяктуу, ал былк этпеди, үн да бербеди. Көздөр ага жыбырап тигилди. Айзаада дагы эле кыймылсыз калды. Кулкишинин зайыбы чыдабай:

— Кагылайын... Эсиңи жыйчы... Кыйналбай көңүлүңдөгүңү айта салчы, — деп, акырын шыбырады. Үлпүнчөктүн ичинен азаптуу үшкүрүк жооп болду.

— Айзаада... Айланып кетейин... Тартынба. Тартынсаң өз башыңа шор. Айтып кал, айланайын!..

— Йе, эмне кыстайсыңар? Унчукпаса ыктыярын билдиргени ошол! — Тургандар дуу-дуу болуп, аксакалдар бийик ашуудан өткөндөй жеңилденип, жөтөлүп, бирин-бири тиктеп, эмки бүтүмгө камургансышып кобураша баштašты. Жамгыр жиндеп бакырып тура каччудай кызы жакты карап катып калды.

Ошол учурда Айзаада козголду, ал кичине жөтөлүмүш болуп, сүйлөөгө камынгандай болду. Топтун кыймылын, кобур үндөрүн бирпаста кандайдыр бир сыйкыр күчү сыйрып кеткенсиди, айлана дагы бейиттей томсоро түштү.

— Мен... — Айзааданын үнү каргыл чыкты. — Мен бул үйгө кунга келген эмесмин. Же сатылып келген эмесмин... Мен көңүлүм сүйгөн киши менен качып келгем...

Айзаада токтолуп калды. Аны жаш буугансыды. Кулкишинин зайыбы коркуп кетти. Ушуну менен бүтүрүп таштайбы деп, шордуу келиндин тагдыры үчүн коркуп кетти.

— Токтолбо, садагаң болоюн, токтолбо! — деп, күйпөлөктөп, жабышып шыбырады. Айзаада жашын жуткандай болду:

— Арбакты сыйлайм. Артында калган атасын, энесин капа кылуу мага кыйын. Атам чын көңүлү менен мага уруксат кылса кылсын. Кылбаса буларды боздотуп, туруп кете бере аламбы?!.

Теңирберди:

— О, айланайын, каралдым!.. — деп бакырып жиберди. Жамгыр күлбототодой кубарып кетти.

— Бирок, атам мени кичине балага нике кыям дебесин. Кичине бала Темирдин бир тууганы болсо, менин да бир тууганым болбойбу? Бир тууганымдай, атүгүл баламдай көргөн боорума нике кыям дегенди койсун! Мен кетпейин. Чачымды желкеме түйүп, тебетей кийип, Темиринин ордуна Темир болуп калайын. Катуу жумушун капшырып, жумшагын жууруй кармап, ак кызматын кылайын. Кичине бала өсөр, керилип жигиттик дооруна жетер. Өзүнө ойлош, өзүнө бойлош колукту табышып, тоюн тойлошуп, ага болуп жүрөйүн, агасынын ордун жоктотпоюн. Ошондо атамдын көңүлү жибир...

Кишилер Айзааданын кебине таң болушту. Теңирберди да, Жамгыр да үңкүйүп отуруп калды.

— Айтарым ушул. Атам мунумду эп көрбөсө, анда атама мен таарынам, мен капа болом. Турам да кете берем... Алдымда кызыл камчы турмактан өлүм өзү туура тосуп

жатсын, мен ошого тике карап кете берем. Өлүм бактуунун багын алат, шордуунун шорун алат...

Бири да чук этпей, бири да шырп этпей тымтырс болуп калды эки жак тең.

IV

«Баатыр, ушби куш тилиндей ак кагаз менен барган дубай саламды жашы улуу агабыз Абилден экен деп билгейсиңер. Көптөн бери табым жок. Теңирберди акеми кашыңа алып, бир келип кет, баатыр. Өзүңө айтар өктөм, акылдашар ишим бар».

Ишенимдүү жигит Абил бийдин бул катын Бекназарга апкелип тапшырды.

Абил бий соо болучу. Жаткан ордунан өйдө болуп, башына кара макмал топусун оңдоп кийип, кыйноо тарткан кишидей кабагын чүрүштүрүп, көзүн алсыз үлдүрөтүп, аянычтуу кебете кийип отуруп, меймандарды кабыл алды.

Жай сурашкан соң:

— Э-э... Жаның соо чакта, тууган мындай турсун, бир кудайдын өзү да эске келбейт тура, — деди кыңкыстай, тамшана, — соочулук дөөлөт экен, көпкөнчүлүк экен... Соо чакта а-бу дешет, качан жанга жабыр түшүп, кара башка күч келгенде, алыс менен жакындын ортосу ченелип, кастын, достун кадыры билинет экен, Теңирберди аке.

Теңирберди копшолуп койду:

— Ак сөз, бий.

Абил бий онтоо менен кеп улантты:

— Кантели, Теңирберди аке, жаш балдарга туугандын баасы жок болсо болоттур, а минтип, бир бутубуз гөргө малынып турган чакта, сары оору менен алышып көңүл тарыккан кезде, Теңирберди аке, сиз менен бирге тууган кубат.

Бекназар ойго батып, тунжурап, бет алдын былк этпей тиктеп, малдашын жазбай катып отурду. Ал Абил бийдин жасалма кейпин эшиктен киргенде эле байкаган. Эти өсүп кеткен кичинекей кызыл көз көзүнө дароо кездешкен, ал көз канча алсыз үлдүрөйүн десе да, тереңинде төнүп турганы сезилген. Бекназар шартты, сөздү баалап, акылдын жетегине карап да иш кыла билген кашкөй, мынчалык алдына келип отурган соң сөз акырына карап, мамилеге жараша ыгып отурду.

— Абике, кабар укпадык, чакыртпай келип ал сурап туруш, ырас, биздей кичүүнүн милдети эле, бирак... — деди акырын.

Абил бий «бирак» дегенди алдын ала:

— Бөөдө эле ортого чычкан жорголобой калгандын кесепети ушу, — деп өкүнгөн болду.

— Түбү «бөөдө» эмес ко, — деди Бекназар саал кабагы үйрүлө, ойлуу тарта, — биздин бийлер ордо башы ким экенине карабай ошоякка чабышат, бийлер «кара аламан» деген эл ордо башылардан өлө жадап бүткөн. Мына, «бий» менен «кара аламан» эки башка ойлонот, биринен бири жатыгып калган... ошон үчүн...

Көзү ачыла түштү Абил бийдин. «О-о, тектүү кедей, дымактуу кул...» деп, тен берди ичинен. Саал бушайман болгонсуган аяр кебете көрсөтүп, асте баш ийкегилеп, ымалага ыктатып, маани чүргөдү:

— Эми... нары дейбиз, бери дейбиз, канткен менен «ордо жок болуп кетсин» деген ой эч кимибизде жок. Элге бир уютку керек. Ансыз оозунган кыйкырып чыга берип, эл тополоңго учурайт, арыз угары, өкүм чыгарары калбай эл тозуп кетет. Мааниси ушул ки, ордого көрсөткөн ак кызматыбыз өз журтубуздун арын сатканыбыз болбойт, өлкөбүздүн бирлигин тутканыбыз болот, ыйык тактын алдында букаралык

карызыбызды өтөгөнүбүз болот. Биздей уруулар көп, ошол көп уруулардын ар кимиси ар башка талап коюп чатак чыгара берсе, өлкөнүн не тарки калат?!.

Абил бий башын акырын ийкегилеп, жээги күмүш кызыл кырма кесени кезеги келгенде акырын алып, биртке жутуп, дагы эле ойдон бөлүнө албай, ой толгоо тартып отуруп калды. Өргөө ичи тымтырс болду.

Эмне жооп айтар экен? Бүгүн сыйлуу оорунда отурган Теңирберди аксакал да күттү. Ойлой келсе тиги да туура, бу да туура. Бирок, бир туура эмес нерсе бар болучу, бир күнөөлүү бирөө бар болучу. Абил бийби? Бекназарбы? Теңирбердинин акылы жетпеди.

Кандайдыр бир армандуу күүгө бой алдырып, ичтен сыздагандай, башын ийкегилеп отуруп:

— Элге карамсыз, албетте, ыйык тактын өзү эмес, — деп ой тактады Абил бий, — кай бир ордого кирип алган эссиз адамдардын кесири.

— Жо-о, — деди Бекназар, — «эссиз адамдарды» киргизип алган ордо ээси эстүү болмокпу?! Бар «кесирдин» башы өзү.

Абил бий Бекназарды түз карай берди. Бийдин ушул карашында бул ойдон алыс эместиги, ошону менен бирге, кантсе да, сактыкты талап кылган аярлык турду.

— Мүмкүн... — деди Абил бий акырын сүйлөп. — Карап турарбыз, азырынча күйүүгө себеп жок, элине карамсыз башты кудай өзү жазалайт, кудай көрөт. Эссиздери канча көп болсо да, ордо ойлонуп жаткан чыгар. Ким билет? Эси жок баш болсо эртең эле ийнинен учуп түшүп калышы да ыктымал...

Бекназар буга макул болду:

— Мүмкүн...

Бекназарга эмнеге болгон? Эмнеге жоошуп калган? Муну көрүп, көптөн берки жүргүзгөн кылдат ишинин текке кетпегенин Абил бий сезди.

Катуу сөз — камчы, жылуу сөз — укурук. Аяр бий өзүнөн ошондо чыгына калган журтту эми жылуу, сөз менен үйрүшкө өткөн. Эң оболу элдеги аксакалдарды үйүнө бирден чакырып, ордо жактагы жумшак кабарлардан, нарктан сүйлөп отуруп, жакшы мейман кылып, эртеси ар биринин алдына ат тартып, кымкап тон жаап чыгарып турган. Өзү үйүнөн карыш жылган эмес, «табым жок» деп жайып койгон соң, муну уккан алысы, жакыны туугандык милдеттен кутулуш үчүн, бир даары ушундай учурда жагынып, бийдин көзүнө көрүнүп калыш үчүн убап-чубап келип, бийден зыяпат сый көрүп кетишкен эле. Абил бий, албетте, атты, тонду куру желге сапырбайт. Ар бир уруктагы, ар бир топтогу аскер болуп жүргөн жигиттер жөнү жок топурабай, кандайдыр бир чырлуу ишке аралашпай, бабалар тутуп келген наркты аттабай, адептүү болушун, өз тирилигине ыгышын мыктап туюндурган. Кимде ким моюн толгосо, кудайдын башка салган бир күнү, акыры оор жаза тартып калышы ыктымалдыгын сөз акырына улаган. Кай бирлерге кыйытып айткан, кай бирлерге каар сездире катуу эле эскерткен.

Ушундан баштап, аскер ыдырап, Бекназардын жанынан эл суюла баштады. Эң акыры өзүнүн данбагарларынан өзгө бир да киши ага түз көңүл менен катташпай калды. Муну токтотушка, тоскоол болушка Бекназар умтулбады. Умтулганда эмне кыла алмакчы? Же башка тараптан жортуул жок, же хан тараптан ачык кысым жок. Эл тынч турмушка жан тартып, өзгөчө бир эрдемсүүдөн чыгынып турган чакта агымга карабаса элден чыгып калышы мүмкүн. Бекназардын жинин каккан, башына чалма түшүрүп, жоошутуп койгон мына ушул болучу.

Азыр Абил бий көзүн кылыйтып, Бекназарды бир тиктеп койду. «И, жалгыз аттуу жанкечти! Кар баскан тоонун кийигиндей короого баш салып келип бердиңби?!» Абил бийдин көңүлүнө ушу келди. Ичи дүрт деп, кыжыр кайнап, асте кылып, эрдин кымтыды. Ал өзүн токтотуп, Бекназарга дагы бир назар салды. «Токто. Бу али керек мага!» деп жатты анын аяр көкүрөгү.

Кечке маал ылганган өңкөй билермандардын уй мүйүз катарына ортосун жара келип отурду Абил бий. Ал кашын өйдө кылып, кыдырата тиктеди:

— Агайын, ыракматы Жаманкул кандай адам эле?

Эмне үчүн сурап жатат? Кай бирөө бүшүркөдү.
Төрдөгү аксакалдардын бири:

— Байкуш Жаманкул момун адам эле, — деп калды эчтемеден капарсыз. Абил бий башын кайгылуу ийкеди:

— Макул, балдары тайыздык кылды дейли, балдары тайыз болгону менен, Жаманкулдун мына эли тайыздай элек. Мына, турпактан тышкары турабыз го, биздей туугандары аман, биз кылбаганда ариетин ким кылат?!

И, жаман тууганына жакшы аш берсе жаманбы? Эч ким Абил бийдин сөзүнөн сөлтүк таба алышпай, ийрилип баш ийкешти:

— Тууган туурдук болуп бербейт, күндө жамынып отургудай. Тууган бирде жакшылыкта, бирде жамандыкта каралашат. Бу кудайы иш.

Абил бий:

— Душман көзүнө салтанат, тууган көзүнө урмат болгудай кылып, Жаманкул агамдын ашын берейин, ариетин кылайын. Тыягы Алайдан, Өзгөндөн тартып, Анжиян, Маргалан аймагын кабарлап, биягы Аксы багытындагы аттуу, тондуу элди мүлдө жыялы. Кана, журт агалары, не дейсиңер буга?..

— Бий, — деди Домбу, саал мукактана элтейип, — эгер мындай чоң салтанат боло турган болсо, ыя, анда ханды чакыртыш керек ко? Ханды башына албаса...

— Эсте бар, эсте бар, Домбу, —деди Абил бий, аны тиктебей акырын баш ийкеп, — кантсек да алтын такка кулдук кылып турган соң кеп-кеңеш салып, жол сурап, алдынан өтүш зарыл... — Абил бийдин көзү дирт этип Бекназарга бир тийип, тереңде жылтырап, сынап токтой өттү.

«О, мына, — деди Бекназар өзүнчө, — эми чыкты го баятан берки узун кептин кыска теги?!»

Жаманкулду ким билбейт? Абил бийдин эки ата өтүшкөн тууганы эле. Таанышка да, чоочунга да, улууга да, кичүүгө да ылжайып күлүп учурашып жүргөн, дайыма шаа мүйүз өгүз минип, бада баккандан башканы билбеген, чынында чөптөн башкага зыяны жок, бир бечара, момун болучу. Тирүүсүндө Абил бий аны менен иши да жок эле. Өлгөнүнө көп болгон. Жоголгон бычактын сабы алтын кылабы? Көзү барында кадыры жок Жаманкулга өлгөндөн кийинки ариет, урмат эмне үчүн керек болуп калды экен? Абил бий өз даңкын гана көздөп отурат. Ага себеп керек. Ал кийинки эки жыл ичинде өзү үчүн, ордо үчүн көп эле пайдалуу иш бүтүргөнсүдү. Ордо менен элеттин ортосундагы шектенүүнү биртикелеп жойгонсуп баратат. Ханга аты угулду. Эми, колдон келсе, бул ишти биротоло бекемдеп кетсе, сөзсүз андан ордо атакты, сыйды эч аябайт, эл ичинде баркы көтөрүлүп, тизгин талашар, кеп кайрыр пенде чыкпай калышы шексиз. Бул үчүн элеттин бели катууларын хан бүлөсү менен бир жыйындан баш коштуруш зарыл. Бир дасторкондон даамсыздырыш керек. Ал себепке кайда бармак? Көп ойлонуп, жаман

да болсо өз тууганы Жаманкулга аш берүүнү эп көргөн. Мына ошол баш кошчу жыйын да, даамсызчу дасторкон да ушул аш. Момун Жаманкулдун арбагы Абил бийге ушундай кылдат саясат үчүн көтөрүлүп жаткан эле.

Кымызга кызыган, Абил бийдин жумшак тилине эриген эл дуулдай беришти:

— А мейли! Жаман да болсо, момун да болсо, Жаманкул өз тууганыбыз эле, майли, ариетине тик туралы!

— Журтчулук ошо, колубузда камчы калганча бирге көтөрөлү чыгымын!

— Ыракмат... Ыракмат... — деди Теңирберди. — Арбакты сыйлаган тириктен урмат көрөт... Жан бар жерде өлүм бар. Бул дүйнө кимге бапа кылыптыр?! Кетебиз барыбыз бир күнү. Чиркин ай, ар бирибиздин артыбызда өзүңдөй акылга дыйкан азамат калса, арман болбос эле го! Мартабаң дагы өссүн, иним, бай теректей шактай бер...

Абил бий максатына жетти. Эми ким чеки дейт ойлугуң? Аштын качан, кайда өтөрүн, кайсыл топ канча үй көтөрүп, канча союш менен конок аларын, жана да аттын байгеси, эрөөлгө чыкчу баатырдын, күрөшкө түшчү балбандын акысын кесип, бүгүндөн баштап камылга көрө берүүнү билермандарга катуубуйруп кеңешти бүтөрдү.

* * *

Сарыбай төрдө. Бүкчүйүп, былк этпей отурду. Эки көзүн тең көк жоолук менен таңып койгон. Баягы чатыраган мырза мүнүшкер кайда? Жарым болуп бүрүшүп отурду. Бүркүт тыткан жерлери кара тырык болуп айыгып, өңү өтө серт көрүнүп калган. Көзү таанытат кишини. Көз көрүнбөгөн соң, же ойлонуп отурганы, же уктап отурганы белгисиз тыртык эриндери гана бир түрдүү калбыйып турду. Ал көкүрөгүн көтөрүп, оор улутунду да, кулагын буруп тышты тыңшады. Тыштан балдардын чуулдап, же алысыракта го, ойноп жүрүшкөнү билинет. Ал балдарды үнүнөн ажыраткысы келди. Дагы кулак төшөп тыңшап, былк этпей калды.

— Сүйүмкан, — деди бир убакта Сарыбай.

— Ыя, мен жаныңда эле отурам, Кундуздун атасы... — деди зайыбы.

Сарыбай колун сунду. Бул суроо көптөн бери Сүйүмканга белгилүү болуп калган. Комузду сурап жатат. Сүйүмкан ылдам туруп, комузду керегенин башынан алып:

— Кундуздун атасы... — деди, бирдеме оюна келгендей, комузду сунбай, мумактанып токтой.

— Ыя, кана?..

— Бирпас сүйлөп эле отурсаңчы, Кундуздун атасы...

Бир аз сакайгандан бери ушул жалгыз комуз гана эрмек. Отурат. Көп отурат. Буту уюйт. Мойну уюйт. Унчукпай кымтып отуруп жаагы да уюйт. Ич бышуудан башы жарыла тургандай болуп ысып кетет. Тура калып кыйкыргысы келгендей. Башына чүмкөлүп турган түндү тытып чыккысы бардай. Отура-отура жүрөгү суудан чыгып калган балыктай алдастайт. Айла кана? Күч кана? Кайра тагдыры жеңип, акылы жеңип, үшкүрүп отуруп калат. Үшкүргөн сайын дагы биртке кичинербейби, дагы биртке шалдырабайбы. Бук болот, ичине арман толот. Ошондо комуз кайрадан келет жардамга.

Сарыбай зайыбына жооп бербей, колун зарылып сунуп, туруп калды. Сүйүмкан бербей коё алабы:

— Ме, мүнүшкер, — деди үнүн атайы көңүлдүү чыгарып, — «Көч жандар» деп чертчи.

Сарыбай комузду алып, макул дегендей башын акырын ийкеп, комузду бир сыйра сыйпалап чыкты. Шашылбады. Кулактарын кармалады, ойго баткансып, кылдарды сөөмөйү менен сыдырып көрдү да, анан күүлөй баштады.

Күү өңгүрөгөндөй кайгы шилеп чыкты. Комуз Сарыбайдын көкүрөгү, Сарыбайдын тили. Жайлоого тарткан көч шаанисин сүрөттөгөн шаңдуу күү башкача чыкты, ындыны өчүү, чөгүү, аргасыз кайыр-кош айтып, төмөн, кайдадыр туңгуюкка сүрүлүп бараткан кишинин арманы болуп чыкты.

Ушуну сезип Сүйүмкандын көзүнөн жаш төгүлдү. Ал ыйлаганын сездирбеске тырышып, көзүн жеңи менен басып, демин ичине алып отуруп күүнү тыңшады. Көзүнүн жашы жеңин ным кылды. Күү аягы күңгүрөнүп, сызылып, өчүп кетип баратты.

— Йе, Кундуздун атасы! — деди Сүйүмкан дагы атайы үнүн шаңкылдатып чыгарып. — «Көч жандар» ушундай беле?

— Ыя? — деди Сарыбай өз оюнан алаксый.

— «Көч жандар» ушундай беле? Муңдуу чертип койдуң...

Сарыбай таноолорун керип улутунуп алды:

— Ошондой чыктыбы?

— Муңдуу чертип койдуң...

Сарыбай желкесин шылкыйтып дагы ойлонуп калды, бир убакта:

— Кундуз кайда? Үнүн укпайм да...

— Кыздар менен башатка кетишкен...

— Гм... Ойноп жүрүшөбү?..

— Суу апкел дедим эле...

Сарыбай те алыстан шыбырт уккан куш сыңары башын кыңырайтып, кулагын төшөп:

— Йе, Сүйүмкан... — деди акырын, бир уурту кайгылуу тартыла.

— Ыя, Кундуздун атасы...

— Дагы ыйлап отурасыңбы?

— Жок, Кундуздун атасы!

— Калп айтпа. Көзү жок кишиге калп айта берсе болот бекен? Ана беле! Үнүң каргылданып кетти го... — Сарыбай колун сунду. — Бери жакын келчи...

Сүйүмкан жакындабай коё алабы? Сарыбайдын сунулуп турган колу Сүйүмкандын маңдайына урунду. Сарыбай сыйлап келип:

— Мына беле?!. Дагы ыйлап отурупсуң... — деди шалдырап. Сүйүмкан Сарыбайдын колун бетине басып, андан ары токтоно албай, үнсүз өпкөлөп ыйлады. Ысык жаш Сарыбайдын тыртык алаканына кулап жатты. Сарыбай:

— Сүйүмкан... — деди акырын, ал колун тарта албады. — Мен сени эстүү жан дедим эле. Өзүм моюн сунуп калдым. Тагдырым ушул экен, моюн сунуп капдым. А сен али көнө албайсың, али моюн сунбайсың... Кантейин, кудайдын жазасы ушул болсо башымдан кечирейин... Сен ыйлабачы. Сен ыйлаган сайын көзүмдүн кадырын эстетесиң. Мен кыйналам... Мага оор...

Сүйүмкан мурдун шыр тартты:

— Койдум, Кундуздун атасы... Койдум... Карап отуруп, көрүп отуруп, эч чыдай албайм, түтө албайм...

— Түтөбүз. Түтпөй кайда барабыз! Менин алым бул болсо, сен шөмтүрөп, көзүңдүн жашын тыялбай жүрсөң, жалгыз кыздын күнү эмне болот. Куйпүл болуп, жүдөп, басынып кетпейби? Ошону кара. Менин көзүм да ошол, жүзүм да ошол. Ыя?..

Сүйүмкан соолугуп, көзүнүн жашын сүртүндү. Сарыбай кайрат кылып:

— А ошент. Белди буу. Белди өзүбүз буубасак ким бууп берет? — деди да, атайылап зайыбынын көңүлүн көтөргүсү келдиби, комузун кайра күүлөп, кандайдыр толкуган бий ыргагына салып, шаңдуу, кумардуу кайрып чертти. — Йе, карыпты карып дей берсе, карыптын алы не болот! — деди эрдемсий. — Карып болсом да карыпмын дегим келбей калды, Сүйүмканым. Багыма силер барсыңар али.

Тору кашка ат күлүк жылкы эле. Сарыбай аны минип жүрүп табына келтирип, майда маарекеге чап, чыгып кетсе анча сүйүнчү эмес, экилеп, үчтөп калса чыкпады деп кайгырчу да эмес, сый аты кылып гана жалтылдатып минип жүрчү. Көзүнөн айрылган соң, ат менен да, ит менен да, бүркүт салуу го өзү менен кошо кетти, иши болбой отуруп калган, тору кашканы көр оокатка Мадыл минет.

Сарыбай азыр ойлонуп отуруп, көз алдына маңдайында тумарча кашкасы бар, чымкый тору келди да, өйдө тура баштады. Сүйүмкан колтугунан сүйөй берди.

Сыртка чыкканда:

— Күн батып баратабы? — деп сурады Сарыбай токтоло.

— Ийи.

Сарыбай:

— Табы кайтып калыптыр... — деп күбүрөдү да, Кара марттын кырынан нары эңкейип, көлкүлдөп чөгүп кетбаратkandыр а? — деди. — Тору кашка кайда байланып турат?..

Сүйүмкан жетелеп, тору кашка байланып турган казыкка алпарды. Жытыгышкан ээсин тааныдыбы, же кашек сурадыбы, тору кашка окуранып жиберди. Сарыбай эки колун тең суна барып, тору кашканы сыйпалап, куду баласын эркелеткен кишидей, көкүрөгүнөн күңкүлдөп, «кайран тору кашкам... Алың кандай?.. Турасыңбы?..» деп кулагынан сыдырып, соорусун сылап көрдү:

— Таш токум болуп... арыктап калган экен да...

Эшигинде чокоюн көктөп отурган Мадыл:

— Быйыл көп минилип калды, — деди күнөөлүүдөй үнү пас чыгып, — көр тирилик да...

Сүйүмкан:

— Арык болгондо эмне, семиз болгондо эмне?!. — деп калды. — Баягыдай булкунтуп байгеге чабат белеңер, эптеп бир мингич болуп турса болду да.

Сарыбай мыйыгынан жылмайып:

— Гм... — деп күрсүнүп койду, ал аттын куйругунан кош колдоп тартып көрдү. — А кубаттуу эле экен. Мен ошо байгеге чапсамбы деп ой кылып турам. Эмне үчүн чаппайбыз? Тору кашкам чабылып жүргөн, көп байгени ала жүргөн...

Мадыл колундагы чокоюн таштап жиберип, ордунан тура, жалаңаяк басып келди:

— О, кантип чабылат, аке? Өзү көк шилте болсо, Байге эмес, ушул кыштан эсен чыгып берсе гана...

Сарыбай:

— Мадыл, — деди эргий, — таптaшын мага кой, эң ободу жемге байла тору кашканы, жакшылап семирт, күзгө чейин далай күн бар, Жаманкулдун ашына бар тобокел деп бир чаап көрөбүз, кудайдан тилейбиз, тору кашкам чыга жүргөн мал!..

Мадыл агасын бир кур таңыркап, кубанып тиктеп калды. Ал анын мынчалык көңүлү көтөрүлүп, эртеңи жөнүндө сөз кылып отурганын көптөн бери көрө элек болучу. Бир кездеги чатыраган саяпкердин кыялы келип турду. Көңүлү андан нары улап, жок дегенде кыялында мурдагы оролундагысындай көтөрүңкү болсун деп аргасыз ойго түшүп, Мадыл агасын кубаттады:

— Ыя? Кайран тору кашканын өнөрүн дагы бир сынап көрөлүбү, аке? — деди ал, кыял деген күлүк нерсе го, бир кезде тору кашка байгеден чыгып келгени, суусар тебетей кийген мырза саяпкер Сарыбай жымыйып «тору кашканын тер акысын алып, арттан кел» деп коюп, өзү көп кишилер менен аттанып кеткени, байгеден тийген кулундуу бээни жетелеп, кубанып үйгө кеч келгени көз алдынан чубап өтүп, күздөгү маарекеде да тору кашка так ошондогудай чыгып келсечи деген көңүлүнө алыстан үмүт келип бир урунуп кетти.

— Ошент. Жакшылап бак. Таптаганын мага кой. Ага көз керек эмес!

Мадыл тору кашка атты чындап бага баштады. Тиги-бу ишине коңшунун чобурун сурап минет. Же жөө бүтүрөт. Бара-бара өзү да берилип, ченин бузбай жемдеп, сууну челектеп ташып берип, бир жерине да чыла жугузбай тарап, эртели-кеч жанынан чыкпайт. Толук бир айдан кийин тору кашка ойноп калды.

Сарыбай келип, сыйпалап көрду да:

— А түзүк. Жал алып калыптыр. Эми акырын жетелеп тышка чыгар. Жетелеп сугар, — деди. — Эки күндөн кийин, үч ирет таң ашырабыз да, бирткелеп тер алдырып, кайра таң ашырып коёбуз. Көөшөк майы тер менен түшөт да эти ката берет. Андан кийин дагы толук бир ай чыдап багасың. Анан, кудай каласа, тору кашканы чындап, суутуп, чоң маареге таптай баштайбыз!

Сарыбай ошол күндөрдө көз кайгысын такыр эстен чыгарып, түнкүсүн да, күндүзү да аты менен алек болуп калды. Агасынын минтип турмуш күрөшүнө кайрадан киргенине өзү эч ойлоп таппаган дары табылгандай ыраазы Мадыл ат багуунун бар машакатына кайыл.

Бир күнү түн жарымы оогон ченде Сарыбай жаткан туштан дүпүрөтүп бирөө ат бастырып өтүп кетти. Ит чаяланып үрүп ээрчиди. Сарыбай жүрөгү болк эте башын көтөрө берди. Аттын дүбүртү бат алыстап кетти. Сарыбай:

— Ой! — деп аптыгып кыйкырып турду ордунан. — Кетти, кокуй...

Сүйүмкан чоочуп ойгонду:

— Ыя?.. Ыя?.. — деди карбаластап, Сарыбайдын этегинен тартып. — Кундуздун атасы, каякка барасың?..

Сарыбай:

— Мадыл! Кайдасың, Мадыл?!.

Сүйүмкан:

— Эмне кыласың, кокуй, жети түндө?

Мадыл да ойгонуп:

— Йе, аке... — деп үн берди үйүнөн уйкуга карамыгып. — Эмне?..

Сарыбай:

— Көзүң кашайгыр! — деп кыйкырып жиберди, темселеп эшиктин көзүн сыйпалап жүрүп. — Тур, атты кара...

— Турат да... Эмне, турат да... —деп жөтөлүп, кыңкылдап Мадыл үйүнөн чыкты. Ошол убакта ат дүбүртү таптакыр жоголуп, каңшылап үрүп ээрчиген ити кайрылып келаткан эле. Мадыл атканага барып, тору кашка турган жер бош турганын көрүп, алдастай түшүп, ар бурчка бир чуркап:

— Ой! Ат жок го? Бошонуп кетсе керек... — деп короо тегерене карбаластай түштү.

Эшигине чыгып, Сарыбай жер муштап отура калды:

— О... Кол жууптурбуз эмесе аттан! Бирөө минип кетти, кокуй, ушундан нары!.. Жүрөгүм солк этти эле. Ошонун басыгы болучу...

Мадыл аңгырап:

— Токто-о!.. Ой кимсиң, токто-о! — деп, үнү тоо жаңыртып, ат кеткен жакка карай далбактап чуркады.

Туугандар бүт ойгонуп, бири түшүнсө, бири түшүнбөй, жабылып тура чуркашты:

— Ой, эмне болуп кетти?

— Тору кашка атты ууру мине качты дейт ко...

— О, коку-уй, эмне болот эми?..

Мадыл балбалактап токой аралап баратты:

— Ой... Тамашаңды кой! Токто-о бери, ким болсоң да!..

Эч ким үн берген жок. Токой ичи туңгуюк жымжырт. Мадылдын балбалактаган үнү кырдан кырга урунуп, алда кайда сиңип кетип жатты.

Сарыбай:

— Токтот наркы Мадылды! — деди. — Ууру алды. Өзүн торойто чаап таштап кетпесин, кокуй.

Жаман чобуруна мине чаап, артынан кыйкырып, о бир убакта коңшу Мадылды кайрып келди. Энтигип, күйүгүп:

— Кокуй, көзүм кашайды. Ыя, ушинтип алдырып жиберебизби тору кашканы?!. — деп, алдастап, эмне кыларын билбей, үйгө жөлөнүп отура калып, кайра тура калып басты.

Сарыбай эми акыл токтотуп калган эле:

— Кой эми, — деди, — өкүргөндө ууру кайра апкелип береби, болду эми. Бир гана аттын дүбүртү кетти. Жөө келип аңдыган ууру окшойт. Тору кашка айтылуу күлүк мал. Ууру акылы болсо союп жебейт. Тиги Таласты ашырып, казакка өткөрүп жибербесе, чыгат бир күнү. Куру бакырганды коюп, а көрө эртең тезинен бийге бар, айт болгон ишти. Суроо салып кел...

Ал түнү Мадыл уктаган жок. Таң түнкөйгөндө Абил бийдин алдына барды. Айтты болгон ишти. Абил бий чын кейип:

— Атаны, жолдо өлгүр ай, ким колдуу болду экен? Сарыбай өзү тигинтип жатканда... — деди да, анан Мадылдын өзүн жемеледи. — Күлүк аттын жоосу көп болорун го билесиң, а жанына жатпайсыңбы, чылбырын билегиңе байлап жатпайсыңбы?!.

— Жанында эле жатчу элем. Алдырар күнү жаздырар болуп... — деп калтырады Мадыл, — көзүм кашайып, ошол күнү үйгө...

Абил бий күлдү:

— Катынсырап кеткенсиң го, эркектана?

Мадыл сөз таппай жер тиктей берди:

— Көзүм кашайып... Алдырар күнү жаздырар болуп...

Абил бий күрсүнө башын чайкады:

— Өз боюңа сак бол, коңшуңду ууру тутпа! Кимден көрөбүз. Кайсы коңшубузду ууру тутабыз эми, ыя? Болуптур, Сарыбайга дуба деп кой, кейибесин, буйруктуу мал болсо табылып калар. Өзүм алдыртан издетем. Шеги чыкса, кудайдын бергени...

Мадыл кубанып кайтты.

Абил бий алдыртан мерчемдүү ууруларды аңтартты. Эч шеги чыкпаган соң, элден катуулап суроо салдырды. Чаткалга, быягы Кетмен-Төбөгө, төмөн кара дарак тарапка суроо салдырды. Өзүмдүн атым деп издетти. Бирок куду сууга чөгүп кеткен ташка окшоп, тору кашка ат дайынсыз кетти.

Комузун жай терип, кандайдыр бир чымчыктын сайраганын сүйлөтүп отуруп, Сарыбай күлүп койду:

— А, кызыталак... — деп башын чайкады. — Кайран тору кашканы кадырын билбеген бир ит ууру алган экен. Тишине таш тийгир, эт үчүн союп жиберген экен!

— Көрүңдөн гана таш чыккыр, ким гана болду экен а?! — деп күйдү Мадыл.

— А болуптур, — деп Сарыбай комузду катуулап шаңдуу кайрый, — көр пенде да, аш болсун, аш болсун...

* * *

Кызыл-Жардын боз талаасы. Кеч күз.

Төмөнкү мелмилдеген кара дарактан тоо жакты карай жылып келаткан көп караан чыкты. Улам берилип, дааналана берди. Атчандар...

Эң алдында, аралыкты окчун кармап, туу башы келе жатат. Жел канатына жайыла түшүп, толкун, буралып туу кандайдыр шаңдуу, сүрдүү. Туу артында ирeңи сур жаш мырза. Мингени буурул жорго, ыргактуу чайпалып, үстүндөгү мырзаны бир кылт эткизбейт, оюн бузбайт. Жаш мырза алтын менен сайма чөгөргөн кызыл кымкап кийген, бутунда көк булгаары өтүк, башында жарлыгы жок көк чалма. Бул тарапка жаңы келатканы белем, эки жакты көз кыйыгы менен чалып, те алыстан сырдуу тиктеген тоо баштарына көз кадап келет. Кандайдыр көңүлүнө күдүк түшкөн сымал, бырышсыз кабагын чытыйт. Чытыйт да тымпыят, мырзалык салтын коё бергиси келбей, жаштык авазкөйлүгүн өзү тыят. Белиндеги үч оролгон көк ботокурдун сол ныптасында кара болот дамашки кылычы.

Бул Кудаяр-хандын тун баласы Насирдин бек. Жанында Абдырахман. Үстүндө хан ордосунун таасирлүү кишилери кийчү карала кымкап тон, башында чымкый кызыл манат тыштаган сеңсел жүндүү кара көрпө тебетей. Баягы элчи жүргөндөгү ар нерсеге кооп менен тигиле калып ойноктоп турган тажаал көз азыр өзүнө артыкча ишенимдүү, ого бетер өткүр болуучу.

Кырктай сыпай төрттөн саптанып, кылкылдап чубап алардын аяңында. Адырдын түбүнө тарта этекки жайыкты бош таштап, катар-катар тигилген үйлөр көрүндү. Ар биринин эшигинде топ-топ кишилер, токулуу аттар. Насирдин бек үйлөрдү ичинен санай баштады, бирок жаңылып кетти.

Булар таасындап көрүнгөндө, үйлөрдөн бир топ атчан тез бөлүнүп чыкты, токтолбой түз эле бери ат коюшуп жиберди.

Тиги азоо аттарын шамалдай аркыратып, кыйкырык, чуу көтөрүп келаткандардын ичинен эки караан алга озду.

— Мырзам, бул түп тагаларың. Улук даражалуу, мусулман баласынын бир ишеничи, мырза Насирдин бек жээнчеринин урматы үчүн көкбөрү алып чыкты! Бул улук сыйдын, кадырдын белгиси! — деп жаш мырзасынын көңүлүн тындырды.

Насирдин бектин жүзүнө кызыл жүгүрө түштү, бирок унчуккан жок, ичинен тынды, көкбөрүчүлөрдү аваз кылып тиктей баштады.

Көкбөрүнү алып чаап келаткан алдыңкы караан заматта кайгып сыпайларды бир тегеренип өттү да, кайра дал Насирдин бектин алдына келип, атынын башын чорт тартты, аты кош аяктап тура бергенде, алдындагы торпокту башынан өйдө көтөрө берип, буурул жоргонун буту алдына ыргытты. Жоргосу селт эте түштү да, жер чапчып, куйругун көтөрүп, торпокту кошкура тиктеди. Көкбөрүчү бүктөй кармаган камчысын көкүрөгүнө ала берип таазим кылды.

— Ыракмат, үкем, ыракмат! — деп алкады Абдырахман. Насирдин бек белиндеги кара болот дамашки кылычты чечти:

— Баатыр, мына ушул курал менден сыйлык болсун!

Алп жигит кылычты кош колдоп алды, жогору көтөрө муздак болотко эрдин тийгизди да, анан кынынан шарт сууруп асманга типтик ыргытып, кайра сабынан шап тосуп алып:

— Ыракмат, таксыр! — деп аттын тизгинин бир кагып дир коюп чаап кетти. Аңгыча бир топ атчан желдире бастырышып тосуп чыгышты. Алдында Абил бий өзү эле. Жадырап сүйүнүп: — Ханзаада жээнибизге башыбыз тартуу! Куш келипсиз ханзаада! — деп, салам айтып тура калды. Насирдин бек бир тиктеп алды. Абдырахман эңиле калып анын кулагына шыбырап, бул элдин экисинин бири Абил бийди таанытты. Насирдин бек сыпаа жылмайып, Абил бийдин колун алды.

Ошол замат сыпайлар тең жарыла алдын ача беришти, туу башы оозунуп алга чаап жөнөдү. Абил бий өзү аттан түшө калып, торпокту туура кучактап, Насирдин бектин алдына өңөртө салды. Жаш мырза торпоктун оор тулкун ээрге бек кучактап басып, араң токтотту, туу артынан көнгөн буурул жорго куштун канатындай дир-дир этип жөнөп берди.

— Насирдин бек! Насирдин бек! — дешип, ураан көтөрүшүп сыпайлар артынан ат коюп жиберишти. Абдырахман менен Абил бий жаш мырза торпокко кошулуп ооп түшүп калбасын дешип, Насирдин бектин ачыла салдырып бараткан жоргосун жандап, сагактап кетишти.

Абдырахмандын белги берүүсү боюнча Насирдин бек башка үйлөрдөн өйдөрөөк, бийик тектирге тигилген эки ак өргөөнү карай тизгин бурду. Чарылдаган кыйкырыктардын, өрттөй чатырап коштоп келаткан сүрөө менен чоң өргөөнүн эшигине жетти. Баятан жардап, эшигинде турган үч-төрт кары адамдар уурт жыйбай, алаңдап калышты. Булар Абил бий атайы койгон уруу аксакалдары болучу.

Оор торпок күрс этип жерге түштү. Аңгыча үйдөн элечегин жайкалтып, өзгөчө сыпа түр менен Каракаш айым чыкты. Абдырахман тааный коюп:

— Ха! Каракаш жеңгей! Байге, байге! — деп, жаш мырзасынын жолун чалып, салт жөрөлгөсүн өтөй берди.

Каракаш айым тиги кубанычтан эки бети тамылжып, кара көздөрү жаш кылгыра ойноктоп кашында турган чийкил жигитти «ханзаада ушу» деп дароо сезди. Шашып:

— А-пий... Ханзаада жээн өзү беле? Жээн келгенче жети бөрү кирсин... Жээндин акысын бербесек, кымбатка түшүп жүрбөйлү! — деди, назданып тамашалаган болду да, булак эте өргөө кирип, кайра тез чыкты. Азыр анын колунда чылк ак киштен жасалган, жакасы сур кундуз ичик келди. Тотугуп калган Каракаш айым көздөрүн жаш кездегисиндей күлүңдөтүп:

— Кана, аттан түшүңүз ханзаада жээн, төбөсү көккө жеткен күндө да, тагасынын эшигине ат салып турбайт, түшүңүз — деди. Бул элдин салтына купуя моюн сунуп, Абдырахман көзүн сүзө баш ийкеди. Муну көрүп, Насирдин бек аттан түштү эле, Каракаш айым киш ичикти көйкөлтүп үстүнө жаап, өңүрүн, этегин тартып, эки жагын сылап, өз колунан чыккан иштин көркүнө, кунуна ичтен кубанып, мактанып турду. Киш ичик жаш мырзанын кагалес боюна куп отурду, туурасын чыгарып, салабаттуу, көзгө толумдуу кылып жиберди.

Домбу баштаган билермандар колдорун бооруна алып саламга келишти. Булардан башка бул салтанатка катышууга бийдин эсине кирбеген жай адамдар да көп эле. Насирдин бек тургандарды бир тегерете тиктеди, жүзүндөгү жылуулугу ошол замат жоголуп, кырдуусунган пейил күтүп, суз тартты. Алдында бирөөнүн көзү шыйпаңдап, бирөөнүн көзү чоочуркап, бирөөнүн көзү таңыркап, бирөөлөрдүн көздөрү алда кандай коопту сезишкендей артта чүңүрөйүп тиктеп турду.

— Ассалому алейкум, ханзаада!..

Дүбүрөп жапырт айтылган саламды, Насирдин бек эрин кымтып, суз туруп укту, акырын эрин кыбыраткан болуп, суз алик алды.

Жаманкулдун ашы айтымга калсын үчүн күндө санжырга, күндө тамаша. Ашка барсаң ачка бар дешет тоолуктар. Аш берген айыл аш канча күнгө созулса, ошончо күнгө чейин ашка келген миңдеген көпчүлүктү эчтемеден кемитпей турушка милдеттүү. Ондон, бештен бөлүп, үйгө түшүрүп, күнүгө бир жандык союш, аттарына жем, чөп камсыз кылат. Ошондо көпчүлүктөн бир эле киши кутүмүнө ыраазы болбой, таарыныч айтып кайта турган болсо, аш ээси эмес, бүт бир уруу журтка сындырык келет. Нарк ушундай. Ошон үчүн ашбашы Абил бий камды катуу көргөн. Өзүнүн аталаш уругу эмес, бүт Аксы багытындагы уруулардан үй көчүртүп, Кызыл-Жардын сары жайыгына кыркар тиктирген. Ар бир үйдүн эшигине бирден кемеге ойдуруп, үй ээси карал болуп тик туруп күтүнүп, көзүнүн агы менен тең айланып, жумшаган жагына бутунун учу менен жүгүрүп, конок алууда.

Эр чабыш.

Те байыркы көөнө замандан бери келе жаткан тамашанын эң кызыгы, жүрөк солкулдаткан, буун титиреткен кубанычы да, коркунучу да ушу. Ал күнү эрөөл майданды кылка-кылка тегеректеп, аттуу-жөө жардап, ким өлүмгө чыгарын күтүп турган эл көп.

Бир дөңдө эки канат болуп тизилген элеттин «баатырлар» деген жигиттери. Кап ортосунда Бекназар, жанында бир караганга ак кува каракаш жаш мырза жигит, башында кундуз бөрк, ийнинде жашыл саймалуу кызыл камзол, аягында чукчуйган оодарма сары өтүк, ал баатырбашысынан да айбыгардай эмес, улам үзөңгүгө тура кала камчылуу колун маңдайына серелеп, «ким чыгар экен» дегендей, элтеңдеп турат.

Бекназар былк этпейт, эки көзү маңдайкы дөңдөгү ханзааданын тобунда, эрөлгө чыга турган эр жигитти ал ошол жактан күткөндөй.

«Кана, барбы чыга турган азамат? Байгеси төрт түлүктөн төрт тогуз! Кана, барбы, чыга турган азамат?..» деп, ортодо ат бастырып, жарчы зоңкулдап жүрөт.

Жарчынын үнү жалгыз ага угулгансыйт, жалгыз аны чакырып жаткансыйт, көңүлү аны сайын сүрөөн уккан күлүктөй улам оолугуп турат Бекназардын көңүлү. «Ие, ушунча көпчүлүктүн ичинен бирөө ат сопоңдотуп ортого чыгып кое албаса, «эл» деген атыбыз кайда калат?!» Эки канатын кыя карады. Баары жаш... каныгыша элек... кылычка түгүл айыл арасында эле суксуз куу найзага түшүп көрүшө элек... Кой, бирин ынтылтып, бөөдө...» Кош үзөңгү кыбыр эткенде кара кашка аргымак алдыга чыга түшө, эки колун бийик көтөрө, үзөңгүгө тура кала бата тиленип жиберди Бекназар.

Мөлтүрөгөн эки көзү тептегерек болуп, сулуу «жигит» катуу чоочуп:

— Ай... ай... баатырым... — деп, темине келе тизгинге жабышканча;

— О-омийин, аллау акибар!.. — деп, дуу-дуу бата берилип, кара кашка аргымак туягына чаң илээшпей каргып-каргып, эрөөл майданга жөнөлдү. — Теңир өзү жар болсун! Жигит пири Эр Манастын арбагы колдосун!..

Элтейип калып калган сулуу «жигит»:

— Эй! — деп, күмүш ээрдин кашын бүктөлгөн камчы менен бир салды, үйрүлө дүрдүгө түшкөн жигиттерге каарын чачып жиберди. — Эй!!! өңкөй эркексингендер!!! Ыя?! Эрлөлөр жерге колбашыңарды жиберип коюп, карап турасыңарбы, Курбан бектин арамза жигиттериндей болуп, ыя?!

Жигиттер нестейди, бири гана; «Эч ким чыга албайт...» дегенге араң жарады. Тиги аны сайын:

— Чыгат! — деп чаңырды. — Бу, тамаша эмес бу, сесиңди алар жоо келип отурбайбы?! Кыргын көрө элек аңкоолор...

Ким чук этет?! Бирөө «баатырдын эрке катыны» десе, бирөө «эркек катыны» деген албуут Каныш.

Каныш сур жоргону моюнга камчылап, жорго түйлап, көз жашын көргөзбөйүн дедиби, имереле бастыра берди. Эшим гана өзсүнүп батынып:

— Ай... ай... жеңе... — деп, алдын тосту. — Ыя, көзгө жаш алып, жаман нышана баштаба, жеңе... — деп жиберди, жини ойгонуп.

— Койдум, койдум, кайним... — деп, ошентсе да эрөөл жакка жүз бакпай, имериле бастырып калды.

Бекназар алчактаган кара кашка аргымакты тизгинин жыя темингилеп так түйүлүп, кайра камчылап этин ачынтып, колундагы жалаң кылычты ыргытып, тосуп, өрөпкүп, алда кандай чыдамы кеткендей албууттанып турду.

— О-о!.. Ким чыгат буга!..

— Чыгат да эне төрөгөн эр!

— Токтон сен... О тигилерди көрдүңбү? Ханзаада өңкөй көйкашкадан кырк жигит эрчитип келип отурат...

— А ошону айт.

Бийлер дөңдө. Алар да майдандан көз алышпайт. Абил бий үн чыккан жактарга астыртан көз таштап, мостоюп суз. Насирдин бек үндөргө кулак салбайт. Тыктуу кылычка чыгып, ат ойнотуп турган элеттин азаматына аваз кылып жатты.

— Ана! Тага! Ана! — деп үзөңгүгө тура калды. — Бизге көкбөрү таштаган азаматтын өзү! Ана!..

Аңгыча булар турган дөңгө бир жигит чаап жетти.

— Таксырлар! Эр чыкпаса, баатырдын байгесин чыгарсын дейт.

— Ким? — деди Абил бий мойнун созуп.

— Аксакалдар!

— Эй, аксакалдарга айтып бар, шашылбайлы. Эр чыкканча шашылып, байгесин өзүлөрү алып койду дебейби бөтөн эл! Журт эмеспи, чыгаар...

Абил бий көкүрөгүн керип, эки жагын каранып койду. Аны түшүнүп, тиги Абдырахман акырын башын ийкеп, ууртун жымыйтты. Абил бийдин да көңүлү жылып турган эле. Бекназар баатыр кыйкырык сайын оштонуп, каракашка аргымакты кош аяктата тик тургузуп, майданга чимирилте чаап жүрдү. Ушунун өзү да бөтөндүн көзүнө сүр болуп, Абил бийге ариет жалгап, зоболосун көтөрүп жатты. Ал акырында бактылуу жүз менен Насирдин бекке:

— Жиеним... Биздин батырга диттеп киши чыга албады. Не дегейсиз? Не ойлук кылгайсыз?.. — деп таазим этти. Улук мейман деп жакын адам катары санаганын түшүндүрүп, Абил бий аштын тамашасын Насирдин бекке башкарткан болучу.

— Уруксат кылыңыз!

Жан жигити батырбашы Ташкалле бегин сүйлөтпөй сыңар тизелей калып, баш уруп жиберди.

— Уруксат кылыңыз, бек?..

Насирдин бек нестейе түштү:

— Сизге эмне болду?..

— Уруксат кылыңыз бек! — Ташкалленин үнү калчылдап чыкты. Эгер беги уруксат кылбай койсо, ал жулкунуп туруп кете берчүдөй, же ошол бойдон бүк түшүп солуктап ыйлап жиберчүдөй. Насирдин бек токтолуп калды эле, Абдырахман акылчы жумшак жылмайып койду. Бул анын макулдугу болучу. Насирдин бек алакан жайды:

— Жигит пири Шаймардан колдосун, Ташмат батыр... Оминь! — Ушул сөз кошо көздөрү кооптуу ойноктоп, эрөөл майданга жалт этти. Бу сапар анын көзүндөгү бейпил аваз жоголуп, жылуулугу кетип калган эле. Эрдин бекем кымтынды.

Ташкалле шарт тура калып, үч ирет таазим кылды да, топтун кобураган батасынын коштоосу менен артка бурулду. Ушул учурда жигиттеринин бири ээринде бийик бөктөрүнчөгү бар карагер тобурчакты суулуктап жетелеп, утуру чуркады, Насирдин бектин артында туу түбүндө

катып турган сурнайчы эр чабыштын күүсүн тартып кирди. Күрсө-күрсө дабыл коштоду. Насирдин бек ордунан козголду, коштоп жүргөндөр коопко түшүп дүрдүктү. Күлкү, тамаша менен турган бейпил элди тиги сурнай сестентип жиберди. Күнгө күйгөн кара чекелер ойго бата чүрүшүп, кыл баскан эриндер бекем кымтылып, сандаган чоң тебетейлер үнсүз кылкылдады.

Текирең урган ат үстүндө алга жулунуп, куду канат каккан тажаал кара жырткыч куш сымал майданга түшкөн кишини көрүп, ачылган эрини жабылбай нестейе калды Каныш. «Ошо!..» деди.

«Ошо... — деди Каныш. «Жеңе, эмне болду, ыя?..» деген Эшимдин үнү анын кулагына угулган жок, куйпөлөктөгөнүн билген жок. «Ошо...» — деди эрини титиреп.

— Йе, бул не?.. Ызырынып чыкты да... — деп жиберди кимдир бирөө. Ушуну менен, жанагы бейпилдик түгөндү. Корккон, жини келген, табалаган сөздөр чегинен ашып, камышка тийген өрт болуп чатырап кетти.

— Ана!

Сыпайлар бут атка чуркады!

— Ой, турасыңарбы?

— Башыңар дарбыз болуп колуңарга түшүп калганда ойгоносуңарбы!

Төштөрдө тебетейлерин чыканактарына төшөп, майданды тиктеп тынч жатышкан бейпил топтор да дүрүлдөп турушту.

— О, журт, асте, асте!.. Тынч өтсүн аш. Не көрдүңөр! Не көрдүңөр кутургандар! Эрөөлгө чыккан эр күлүп чыкчу беле? Ошончо айбаты, сүрү болбосо...

Ушинтип кимдир бирөөнүн үнү дүүлдөгөн элдин кыйрында жаңырып жатты. Тебетейин колуна алып, бирөө атын таппай калдастап жүрдү:

— Кокуй! Минтип жоон сааптуу камчы албай келип отурганда... бу кокуйлар кокуйду салат көрүнөт!..

— Наалаты! Ха наалаты, оозуңда каралың барбы, ыя?.. — Домбу чоң тебетейди ат менен өмгөктөтүп чокуга камчы менен бир шилтеп калды. — Жап оозуңду! Жыландын куйругун басканы турасыңбы?!

Кишинин тебетейи учуп, корголой берди:

— Токто, хан тагасы! Айбым кайсы! — деп ачуу чаңырды.

— Бас үнүңдү! Уштапта үнүңдүн катуу чыгышы күнөөң, жаагыңдын жап болушу олжоң! Тарт нары!

Домбу элди аралап бастырып кетти...

Ак кийимди кийген жарчылар аттарын локулдата желдиришип, туш-тарапка эрөөлдүн шартын майышкан муңдуу үн менен зоңкулдап ырдашып, жарыя кылып жүрүштү.

— О, калайык, азаматтар намыс үчүн чыгышты албарс тыктуу кылычка. Атты чапмай, тизеге какмай жок болду. Эр чабыштын шарты ушул. Өлгөнү кунсуз. Жеңген эрге төө баштаган эки тогуз байге бар! О, калайык угуп ал, өлгөнү кунсуз, жеңген эрге байге бар!..

Бир тараптан Насирдин бектин жигиттери катар, бир тарапта жардаган элет... Эки жак жылчыксыз аска болуп, тымтырс болуп тирелип калышты. Көздөр шойкомдуу ойноктоп, тиги мелтиреген жайыктагы эки караанда. Кээ бирөөнүн ичи кайнап, эрини бек кымтылып ирeңи кумсарса, кээ бирөөнүн оозуна «ыя, кудай...» кирип, колдору калтырап жакасына барып жатты.

Ошоп жерде бир да жумуру баштын оюна тиги биринин ажалын бири колуна жалаң кармап, азреилдин канаты үчүрүп, бетме-бет келаткан эки жигиттин каны, кырчын өмүрү келбеди, кайта эски кек, өткөн өктө тартып, эки жакты бирдей тымызын каршыктырып, көкүтүп турду.

О теңир, намысты кетирбе! Сакалы белине түшкөн карысын да, айрымачта отурган жашын да, кандайдыр бир жалпы мүдөөгө окшогон кандайдыр бир самоо жетектеп жатты. Намыс! Ушул сөз ортого ташталып калган жерде көчмөндөр көк мелжиген чеп болуп туруп беришет. Ушул бир сөз менен шаарларды жексен кылган өрттү чыгарышат, тайпа-тайпа элдин атын өчүргөн кандуу жаңжалды башташат. Ушул бир сөз менен кыл чылбырга өз башын өзү салып, ушул сөз менен бирөөнүн бутун кучактап, бийик боюн пас кылышка барат. Кымбатка турган намыстан баасы, пайдасы эртең канча? Аны менен кимисинин иши бар?

Намыс! Намыс кеткен жок! Ушул эки ооз айтым сөз, көңүл төтөгү артып калса, ошол жетиштүү, ошол канимет. Бул эл ушунусу менен кучтүү, ушунусу менен шордуу эле.

Аргымактар түтүндөй чубалып, төрт туяктан учкан чаңды илештирбей эки беренди заматта бетме-бет келтирди. Эки берен ачуулуу бүркүт көздөрүн кадашып, тизгиндерди кескин тарта беришти, аргымактар кош аяктап тура калышып, токтоно алышпай чимирилип кетти, кайра оңолуп аваны шооладай жара тилип турган ак болот кылычтарды бийик таптай бири-бирине бой урушту. Кылычтар күнгө жалт-жалт деп бирине-бири зор күчтөр менен карс-карс чабылып, миздеринен от төгүлдү.

Ташкалле Кокондун, Маргаландын чебинде бекерликтен урушарга киши таппай, чатак издеп, чайкана кыдырып наша тартып мас болуп, ар кимге кылыч тап кылып, ызылдап качкан кишинин артынан каткырып күлүп басып жүрчү. Ким кой дейт? Ташкалле хазрети хандын тун уулу Насирдин бек мырзанын эрке жигити. Күрөштө, мушташта өз чөйрөсүндө буга тең чыкчу эмес. Ошондон улам ата-энеси койгон Ташмат аты калып, Ташкалле атыгып кеткен. Нечен жылдардан бери өзүнүн жаш мырзасына караштуу сыпайларды, сарбаздарды кылыч ыгына машыктырып жүргөн устаты болучу. Мына бүгүн тиги элеттин боз башынын эрөөлгө мурда чыгып ат ойнотуп турушуна ал чыдай албады, токтоно албады, ээн жерде эсирген бирөө анын төбөсүн тебелеп тургандай түйду...

Кыйды Ташкалле. Азыр биринчи беттешкенде эле, элеттин эсирген бозбашы эмес, тереңинен от күйгөн заардуу көздү көрдү, оңой майышкыс катуу колго урунганып сезди. Ошол замат «бозбашты кылычтын сырты менен кеңгирете чаап, этегинен чаңга сүйрөп таштайын» деген эрдемсиген кыялды дароо коюп, батырбашы боюн качыра сак аракетке өттү. Канткен менен, мындайды башынан көп өткөргөн, ыкчыл. Ал кыстап, ыктатып сүрүп, өктөмдүк кылып баратты.

Чак-чак... Шыр-шыр... Кылычтар миздеринен от чачып, бири-бирине кайралат, аргымактар моюндаша майышып, теминги тийгенде кайра дирт атылып, көк чапчыйт. Кастар улам өчүгө кылыч тирешип, алка жакадан бурдашып, шарт ажырап кетип тажаалдана кайра беттешип жатышты.

— О, кайран берендер! Намыс үчүн кара башынан кечкендер! Сактай көр, жигит пири сактачу болсоң!

— Ой, кишинин алдын тоспо! Кандай немесиң? Быякка катарга турбайсыңбы эл менен! Сенден башка киши көрбөйбү?

— Тур быякка?

— Тык! Тык! Эмне чыкты мындан?..

— Алдырбай жатышат да ! Ыгы келе калса го... Аяшар түрлөрү жок булардын! Кылычты ар ким байланат, чабарына келгенде азамат жигит шайланат! Андай эр экенсиң, чыкпайсыңбы?

— Кайда чыгат? Койсоңчу, көргөнбүз жоон өпкөлөрдү...

Майдандан көз албай, улам обдулуп ат үстүнөн тура калышып, мууңдары титиреп чыйпылыкташып турган эл чур дей түштү.

— А-ий! Кайран жигит! Бу кимиси болуп кетти, садагаң кетейиндер!

Ошол замат шабыраган үндөр тып басылып, миңдеген көөдөндө улуу кубаныч менен коркунуч кылтылдап кыл таразага түштү. Ким? Кимиси?.. Дүйнө өлүк жаткан үйдөй шырп этпей калды.

Боз топуракта эрдин башы каны жошулуп, тоголонуп жатты. Бийик бөктөрүнчөктүү капкара аргымак элтеңдеп четке желип жөнөдү. Турган эл толкуй түштү... Бир убакта

дене шалак этип оонап кетти да, бирок буту үзөңгүгө илинип сүйрөлүп, аргымак кошкуруп үркүп кергиштеп чуркады.

Ошол учурда экинчи баатырдын колундагы кандуу кылыч көккө ыргыды. Бекназар!

Эл женгер жигиттин алдына утурлап, селдей дуңгүрөп агыла жөнөлдү.

Каныш кара жалдуу сур жоргого камчы уруп, арты- жабыла ат койгон жигиттер илешпей, кубангандан кутуруп, көзүнөн жаш төгүлүп, «а-а-а!» деп, өз эркине өзү баш ийбей кыйкырык салып эң алдыда. Кундуз бөрктүн алдына желкеге тистеп койгон кош өрүм колоң чач тисмеси үзүлүп бошоп, суналып, жоргонун күүнөн жаралган шамалга дирилдеп калган. Жолунан кача берген бир тааныган: «Ө-өй, кантет бу баатырдын эрке катыны?!» деп калып калды. «О-о! бекеринен эркек катын атыгып жүргөн бекен?! деп, карсылдап күлдү бирөө. Мунун баарын иле алган жок Каныштын кулагы, шамал гана дуулдайт, эки көзү кара таандай жабыла уюлгуй сүрөөнгө алган көпчүлүктүн ири алдында карандаган баатырында. Мөөрөй алганынабы, аман эле калганынабы, анын өзүнө да, сактаган теңирге да, өз ырысына да жалынып, сары улак садака болуп чабылып, алдындагы зыпылдаган жоргонун арышын сездирбей аны зайыптын алоолонгон ак көңүлү алып учуп баратты...

Обочо дөңдөгү кара булуттай калдайган билермандардын тобу кыймылсыз, үнсүз калды. Өзгөчө Абил бий чөлдөгү боз моло болуп катып, иреңи кулботодой кубарып кетти, нечен кылта кырккан жерден бир тал чачына забын келтирбей соо чыга билген аярдын оозуна сөз кирбей калды. «О, жараткан... Мага камдаган дагы шумдугуң бар беле?!. О, шумурай Бекназар! О, кан кускур ай!..» Абил бийдин сергек көкүрөгү эртеңки күндүн түрү кандай болорун болжой албай, акыл дүрбүсүнө токтото албай тунжурады. Насирдин бек капыстан жаакка жегендей көздөрү чекирейип, нес болуп катты. Дабыл карсылдап, улам өжөрлөнө, улам өчүгө урулуп, кулак тундуруп, сыпайлардын аттары тыбырап, колдору кылычтардын сабына сермелди. Насирдин бек да ушуну сезип, ушуну эңсей тургандай. Абил бийдин чекесинен чыпылдап тер чыгып кетти.

Дүңгүрөтө ураан кыйкыра чуру-чуу түшө ээрчип чапкан элге жеткирбей Бекназар катуу келатты. Насирдин бектин эки көзү чакчайып, тиги жакындаган сайын улам чоңойгонсуп, жалтырап, колу калтырап белиндеги бир атма орус тапанчасына жабышты, тапанчаны акырын сууруй баштады. Абдырахман анын колун кагып жиберди.

— Кокон эмес бул жер...

Сулуу буурул жорго чууга селтилдеп, кулактарын тикчийтти. Мээ кеңгиреткен айгай, куюндай сүрөөн Бекназарды алып өтө берди. Кулагы чыңырып, өзүнүн кайда турганын сезбей кеңгиреп, колу тапанчага карышкан бойдон, купкуу болуп, Насирдин бек селейип турду...

Элдин Бекназарды ортого алып катуу келген ири алды күрөөнүн түбүндөгү көп үйлөрдүн биринчи урунганына ийриле түштү.

— Ким бар?

Үйдөн элечектүү бир кемпир чыкты. Күндүзү тынымдан, түнү уйкудан калып жарым айдан бери мейман күткөн да. Кемпир уйпаланган, жүдөгөн эле. Ал корккондой, таңыркагандай нестейип, киртийген көздөрүн алсыз ымдалап:

— Келгиле, келгиле... — деп оозун кыбыратты.

— Аксарбашыл! Айланайын, эне, аксарбашыл! Намысыбыз кеткен жок!..

Кишилердин бири балбалактап, бууну бошоп, атынан оонап түшө баштады. Эмне! Намыс! Кайдагы намыс! Кемпирдин акылына чүргөлө бербеди. Не болсо да, бир жакшылык экенин сезип, баш ийкей ар кимди тиктей берди.

— Болсун... Болсун...

Тиги атынан оонап түшкөн киши өзү көгөла сакал болуп жүргөнүнө карабай кемпирди «эне» атап жашып:

— Айланайын, ак эне, өзүң бейне кылган... Бекназар уулуң тыктуу кылычка түшүп намыз алды. Кубан, кубана турган күнүң, жан эне!.. — деп, этегине тооп кылып, ошонусу менен жалпы эле эне затын бийикке тартып, бирде жамандыкта, бирде жакшылыкта берекелүү эне колуна, сүтүндөй таза эне пейлине сыйынды. Бул тоолуктардын ар качан эске тутар адаты, үйүтү болучу.

Тыктуу кылыч! Тамашаң түш ай! Ыя, далай эрдин жаздыгы кууураган жок беле, ушундан далай жаш кара чүмкөнүп какшанып калбады беле мындан. Кемпир алаңдап кетти.

Баатырдын каны ичине тартып, эрдин бекем кымтынып, дагы эле кеги калып келгендей, саналуудай. Бапыраган көпчүлүктүн ыгына коюп, өзүнө кайдигер сыяктуу. Кара кашка аргымактын кирпигинен тер тамчылап, үстүндөгү коргошун салмак улам оорлоп бараткансып, ноюп, бир орунда тура албай бураңдай берди. Көпчүлүк Бекназарды аттын үстүнөн көтөрүп алышты. Кемпир:

— Болсун... болсун, айланайын... — деп, карбаластап, калдастап туруп, бирдемеси унут калгансып, үйүнө жүгүрүп кирип, кесеге суу алып кайра чыкты да, батырдын башына үч тегеретип, ырым кылып, ичинен бирдеме күбүрөп, өрттөнүп батып бараткан күндүн артынан алыс чачты.

Ошол замат тапыраган эл сарыбашыл ак улакты бакыртып мууздашып, колтугун жарып, ысыгы менен өпкөсүн суурун, кемпирге кармата салышты:

— Келиңиз, жакшы көңүлүңүз менен, жеңил колуңуз менен батыр уулуңузга өпкө чаап таштаңыз!

Кемпир үңкүйүп отуруп берген Бекназарга тегерене басып, колундагы кандуу ысык өпкө менен чокуга, ийинге, колго тизеге домдоду:

— О, кудурет... назари ачтан сакта... тили сууктан, дили суктан сакта... элине аттай арка, тоодой медер болуп жүрсүн... о, кудурет... — деп күбүрөп домдоду, ырым айтты. Кемпирдин тишсиз кызыл ээги кемшейип, мурдун быш тартып муңайып кетти. Минтип миздүү кылычка түшүп, ажал менен бетме-бет кармашып, өлбөй келип отурган уулуна көңүлү жибиди. Өпкөнүн урулгандан карайып чыгышы, ырым ошол, кирген кирине, жаман көз, жаман лабиз — бары ага жабышып, адам денесинин тазарганы болмокчу. Кемпир «жамандык күл менен кошо чык, күн менен кошо батып кет» деп, батышты көздөй алыс ыргытты...

Тизгин жыйбай келди Каныш, баатыр бир өңчөй боз карт бугулардай кары кишилердин ортосунда турган экен, кутуруп кеткенсип жулуна барыштан айбыгып, боюн жоргонун далдасына тарта, бирок көзүн ала албай токтоло калды. Бирөөнүн кадалып тиктегенин сездиби, Бекназар акырын мойнун буруп бир карап, Канышты көрдү да, ушунча ыйбалуу топтун эч кимге байкатпай жүзү жылууланып, не билинер не билинбес, акырын башын ийе ийкегенсип койду. «... о, үргүлөйүн дил билгим...» деп, жарк этип, жүрөгү лик-лик согуп, эрке Каныш тымызын ошого эле көңүлү тоюнуп, ыраазы болду.

«Эми баатыр тыныксын, эс жыйсын...» дешти парасаттуу карылар, нары да зайыбы кошо жүргөн соң баатырга алейне көтөрүлгөн коңшу конок үй жакка көөлгүй ыктап, эшигине келип токтоп, бири
саймаланып чырмалган кооз чий эшикти тез төбөсүнөн бийик көтөр ачып, бири «келиң, кириң» кылып, сый- урмат көрсөтүп, баатырды киргизишип коюп:

«... о-о...», «... эр чабыш — өлүмгө маңдайлашыш...», «... жарады бала бир ишке...», «... өмүрүнө береке берсин...» дешип, акырын күбүрөшүп, баары көйкөлгөн узун этек ичик, сеңселген бөрк, теңселе чоюла кайра басып калышты.

Каныш үйгө киргенде Бекназар али төргө өтө элек экен, камчысын керегенин башына илип, кылычын белинен чечип, жай кыбырап, нары карап турган. Шырп эткенди угуп, көз ирмемге токтоло калды да, ким келгенин билип, акырын бери жүз бурду, эр чабыштан чыккандай эмес, куш салып кубанып келгендей, жүзү жылуу.

«Намыс кут болсун...» деп камдаган кебин айта албай, ой чарпыны жетише албаган бир бийикте сыяктанган «намыс» дегенден көрө көңүлү ынак зайып үчүн күнүгө кучагы толгон жан шерик эркегинин аманчылыгы артык белем, Каныш каңырыгы түтөй эңиле отура калып, эринин ултаңдай катуу алаканын көзүнө сүртө, а алаканына көз жаш тамганын сезе калган баатыры өбүүгө үлгүртпөй карысынан шап көтөрө кыса кучактап, эркелете жаагынан бир жыттап койгону аны бул дүйнөнүн күнүмдүк көйкөйүнөн бирпаста жан куунаткан ыракатына көйкөлтүп салды.

Кечки оокат үзүрүндө Абил бийден бир жигит келип:

— Бек аке, «булардын көзүн кычыштырбай кете турсун тоо жакка» деди бий, «аш тынч өтсүн» деп суранды... — деп, бирөө угуп кое тургандай акырын күбүрөп кетти. Дилинде муну туура көрдү Каныш.

Ие, булардын көзүн кычыштырбай?! Эрини дулдуя кымтылды Бекназардын. «... аш тынч өтсүн...» деген сөз ачуу менен акылдын ортосуна түшүп турду. «Ыя, — деди баатыр, — эр эңиш, балбан күрөш кала береби?!»

— Түшпөй эле коюң эми...

— И-и?

Жымыйып койду Каныш:

— Түшүп көрүшсүн менсингендер. «Тойдон ботко жедирбес, аштан жилик алдырбас» дешип, ичтери кетип калышпайбы?..

«Көз тийип калып жүрбөсүн?!» деген жүрөк өйүгөн оюн оозунан чыгара алган жок. «Мен кырсыктап калдым, баатыр...» деп акырын күбүрөдү. Чекесине алакан басып көрдү Бекназар. Эти ысып турган экен.

— Кан көрүп да калдым...

— Ыя?! — деп жиберди Бекназар. Кан көргөнү боюнан түшө турган болгону го?! Ушундан чоочунду.

«... мейли, жан этин жеп кылган аракети кыйрап калбасын...» деп, Абил бийдин абалына бир ой чаргытып алды да, Бекназар байге малын кармаган сооруну тез чакыртты.

— Байге даяр, баатыр, — деп дуулдап, кирди, — айтылган төрт түлүктөн бирден тогуз мал толук чогултулуп турат. Жигиттерден бериң, чычкагын калтырбай алдына салып берем өзүм!

— Өзүң?! — деди Бекназар, тымызын зекий, — болушунча калыс болуп бөлүп, бей-бечараларга таркатып берип кое аласыңбы?

Тиги алайып тиктеп таң калды. «Чычкагын калтырбай!» деп, анын өз сөзүн атайын кошумчалап койду Бекназар. Бу катуу эскертүү. «Куп, баатыр, куп...» деп, «айнып кетпесин» деген да санаа кылт эттиби, кулагын жапырган бойдон эшикти сүзө чыгып кетти. Ичи улам мыжыгып ооругандан айласыз кабагы тырышып, ичтен сыздап отурган Каныш баатырынын бул ишине астейдил ыраазы болду. «... кайырың, садакаң болсун... алкышы, батасы тийсин бей-бечеранын...» деп тилек кылды дилинен.

Эңиш, күрөш түгүл конолоп чабыла турган сай күлүктөрдүн кызыгына да күтө албай, абалы улам оорлоп бараткан зайыбын коштоп, алдыңа өбөк коюп, өзү жетелеп, ошол эле күнү жолго чыкты. «Күнүгө эле болуп жатты беле мындай маараке?! Тама көрүп кайткыла...» деп, кыя албай ээрчиген Эшим инисин да жанына алган жок.

* * *

Жарчы зоңкулдап жамактап ырдап:

— О, калайык, кулак сал! Бир күнчүлүк жерге айдалат күлүктөр. Сүрөөн болбойт. Чылбырлуу күлүк байгеге кошулбайт. Тамашаны башкарган ханзааданын эрки ушу! О, калайык, кулак сал... — деп, жар айтып, алдындагы жоргосун зыргытып, эки-үч жолу көп элди аралай кыдырып өттү. — Камдангыла! Чай кайнамда жолго чыксын күлүктөр. Жер алыс. Кызыл-Рабатка коно болот. О, калайык...

Саяпкерлер дүүлүктү. Кай бирөө күлүктөрүн четке тартып, өз жамагатын тегеректетип, айбан малдын бактысын кудайдан тилеп, жолу ачылсын деп, бата ала баштады.

Мадылдын көңүлүндө тору кашка. Кылт этип көрүнө калабы бир жерден деп, дагы эле үмүтү үзүлбөй, эки жакты арытып тиктейт. «Кайран биздин тору кашка ат болгондо, — дейт ичинен, — мен дагы жалтылдатып кошуп турат элем азыр..» Мадылдын жүрөгү туз куйгандай ачышты. «Миң койлууга карышкыр тийсе, бир койлуу бычак ала жүгүрөт болуп... энеңди урайын, биздин жалгыз атты ууру алганын карабайсыңбы?!»'

Мадыл ичтен сыздады. Бети тыржыйып, эки жакка максатсыз каранып, карбаластады.

Бир тааныштын баласы атасынын чобурун нары- бери бастырып жүргөн эле. Кашаң чобурду башка- көзгө чапкылап, салпылдата желдирип:

— Ой, Мадыке! Ой... тору кашка... — деп, бала апкаарып кыйкырып чыкты нарытан. — Ата-а!

Мадылдын кулагына «тору кашка» деген сөз шак дей түштү. Жалт карап, жүрөгү булкуп кетти. Бала чырылдап жетип келди:

— Тору кашка!.. Биздин ат!..

Мадылдын төбө чачы дүрүлдөй түштү:

— Ыя?! Кайда? Тору кашка?! Ыя, кагылайын кудай...

— Те тиерде! Байгеге кошкону алып чыкты бирөө...

Бала көрсөткөн жакты карай Мадыл далдактап жүгүрүп жөнөдү. Эл жардап карап калды. Мадыл өпкөсү толуп:

— Бере гөр, кудай, бере гөр... А... а... — деп, ыйлагысы келгендей, көзү ымыр-чымыр болуп кетип баратты. Эч ким менен иши жок.

Чын эле те четте бир чабендес бала кымкап үртүк жабылган атты нары-бери жай бастырып туруптур. Камыш кулагы, үртүктүн көкүлдүгү ачыла

түшсө маңдайынан тумарча кашкасы жарк көрүнө калат. Куйругу карлыгачтын куйругундай кылынып, эки ача түйүлгөн. Күлүктүн көзү сүзүлүп, ургүлөгөнсүп кетип, кайра куш сыяктуу акырын селт этип ойгонуп, жерге жукпай жепжеңил басып турду. Кандай ат болсо да, куп табына келген кези окшоду.

Мадыл бакырып:

— Өзү! Тору кашка... Өзү, айланайындар, өзү! — деп жиберди. — Тору кашка. Кашкасын карачы. Тору кашканын басыгы. Тору кашканын тумшугу... Тору кашканын кирпиги...

Ал лүкүлдүп жетип барып:

— Түш, энеңди урайын, уурунун баласы! — деп аттын тизгинине кол сермей берди. Күлүк селт деп, чабендес бала дыр коюп, карматпай кетти:

— И? Ким ууру?

— Токто! — деди Мадыл артынан далбактап чуркап.

— Токто бери, көрсөтөм ким ууру экенин...

— Ме сага! — Чабендес бала камчысы менен ээрдин кашы жакты жаңсап көрсөттү, жакын жуутпай.

Эл чогулуп кетти. Бир аксакал:

— Эй, бала, бери кел! — деп чакырды чабендести.

— Кимдин аты? —Чабендес бала аттын башын бир аз тартып, сестенип:

— Домбунун... — деди.

— Хан тагасы Домбунунбу?

Чабендес бала башын ийкеди. Кишилер кужулдашып калышты:

— Йе... Сарыбайдын тору кашкасы кайдан түшүп жүрөт анын колуна?..

Аңгыча күлүктү маарекеге кошордо көрүп коёюн деп, беш-алты коштоочу менен Домбу келип калды. Ал денеси толук, кыркма кара сакалдуу, майланышкан чалыр көз киши эле. Күлүктүн тегерегинде чогулуп жаткан элди көрүп, көңүлүнө бирдеме тык этип, бир ууртун тартып мыйыгынан күлүп, акырын бастырып келди.

— Биздин ат! О айланайын журт, бу биздин тору кашка! — деп кыйкырып жатты Мадыл. Жанагы аксакал:

— Тигине, Домбу бий өзү да келатат, чаңырбай тура тур, аныгын билели, мына эл турат, чын эле тору кашка ат болсо... — деп жубатат. — Уурулук болсо кармалат. Тапкан болсо сүйүнөт, тааныган алат...

Домбу көзүн чалырайтып, ирени бузулуп, ушулардын баарын угуп келип:

— Э-э? Эмне жыйын?.. — деди катаал. — Эмне сөз?..

Мадыл жетип барып тизгиндеп калды:

— Ууру! Бий болбой өл! Ууру... Бер биздин атты! Бер...

Домбу ачуудан капкара болуп:

— Ой... Оозуңа карап сүйлө, томаяк!.. — деди.

— Кайдагы ат? Атыңды таанийсыңбы, ант ургур?

Аксакал ортого түштү:

— Бий, Сарыбайдын тору кашка атын ууру алган, өзүңүз да билесиз, баарыбыз билебиз, — деп баштады ал, — ошол кашка ат деп, мал ээси таанып, өрттөнүп отурат...

Домбу:

— Бери кел! — деп чакырды чабендес баласын.

— Атты байлап кой! — Анан аксакалга карады: — Пайгамбардай кары экенсиз, сакалыңызды сыйладым, болбосо мындай жалаа үчүн өз терисинен өзүнө шайы көйнөк кийгиздирет элем! Тигине ортого байлатып койдум. Тумшугун сыккан малын ар ким тааныйт. Алсын тааныса атын...

— Тааныйм эле! Таанибаганда!.. — деп, Мадыл дудаланып атка жүгүрдү.

— Тарт мындай! — деди Домбу катуу. Эки жигити Мадылды атка жеткирбей, бакыртып дырылдатып четке сүйрөштү.

Мадыл ызага уугуп, сөгүнүп, Насирдин бек токтогон өргөөнү карай жөнөп берди:

— Зордук! Көрүнөө зордук бу... Барам мен бара турган жерге! Айтам мен айта турган жерге арызды...

— деп үңүлдөп кетти. — Уурусу күчтүү болсо ээсин баса калат деген ушубу?!.

— Барсын, — деди Домбу чалыр көзүн чакырайтып артынан тиктеп, — ошолор сикисин кесип берер бекен?!

Эл дуу-дуу болуп, бир жагы Мадылга жан тартып, бир жагы «а кокус, чала таанып, бөөдө жаңжал чыгарып алса, балакет басты Мадылды» дешип, күңүлдөшүп калышты. Байлануу турган атты саал алысырактан имерип тиктеп: «Сарыбай минип жүргөнүн көп эле көрдүм эле. Ошол тору кашка аттын эле башы окшойт. Ошол...» деп, калыс аксакал да көңүлүндө Мадылдын доосун оң көрүп:

— Мейли, бий келсинчи, мынча болгон соң... — деди Домбуга угуза.

Домбу аттын жанына эч кимди бардырбай койду. Эл улам көбөйүп чогула берди. Те нары жакта күлүктөрдү шайлап, бир жакка шылгап, коного айдоого беттене баштагандар да, токтоп калышты.

Аңгыча бир топ атчан көрүндү. Абил бий, дагы эки-үч кадырлуу адамдар экен. Мадыл күйүгүп, Абил бийдин үзөңгүсүнөн кармап, сүйлөп келе жатат:

— Айланайын эл агасы! Тору кашка эле өзү. Кантип тааныбайын өз малыбызды?! Ушундай да зордук ,болобу? Бу Домбунун эмне кылганы?!

— Ассалому алейкум... — деп, эки көзү чекирейип, талашка түшкөн ат кайда туру экен дегендей, алдыртан серп салып, топко акырын салам айтып келди Абил бий.

— Бий! Мени ууру тутуп атышат. Сени калыс бий деп, баарыбыз баш коюп жүрөбүз. Кана, калыстыгыңды көрсөт эми! — деп, азыркы хан тукумуна тага, ага сүйөнүп алдыртан Абил бий менен эгешип, тизгин талашып келаткан Домбу идиркенектеп, бир чети матап, атайын чатак ырбаткысы келип сүйлөдү.

Абил бий сезди, шаша койбой:

— Ат кайда? — деди да, эл нары байланып, кулагынан башка, туягынан башка эч жери көрүнбөй турган атты көрсөтө бергенде, ал дагы Сарыбайдын тору кашка атын таанычы эле, имерип тиктеп:

— Йе, хан тагасы, ууру болсоң тутуласың. Тапканмын десең тааныганына кайта бересиң, — деди атайы тактап, такмазалап. — Эреже ошол. Салт ошол.

Домбу тайманбай:

— Тааныбасачы? Бу жалаа болсочу? — деди атын темине, чалыр көзү кызарып, бир шумдуктуу жылтылдап. — Ыя? Ачык айт. Абил бий! Мен бул кордукка чыдай албайм, ой Абил бий!..

Бул эмне мынча баатыр сүйлөйт? Же чын эле башка атпы, куруган Мадыл жаңылып жатабы? Абил бий байланып турган атты дагы бир имерип тиктеп алып, келбети ошо байкуш Сарыбайдын тору кашкасы, көңүлүнө ишеним келе калды да:

— Жалакор жазасын алат. Томаяк болсо да тогуз айыпка жыгылат! — деп шар кести. — А кокус, хан тагасы көз көрүнөө кара өзгөйлүк кылып, кашайып отурган болсо... андан жаман, тогуз айыпты ал тартат, хан тагасы экендигине карабай түптүү журт алдында шерменде кылынат. — Ал Домбунун кабагын аста тиктеп, жымыйып тиктеди. — Ойлонуп көрчү өзүң, калыс болобузбу ушундай кылсак?..

— Йе, көтөрүп турган асманың таштап жибер, Абил бий! — деп бир чар этти да, Домбу жигиттеринин бирине колун кескин шилтей буйруду. — Тарт үртүгүн аттын...

Жигит шапа-шупа чабендес ээр токулган токуму менен кошо кымкап үртүктү аттын үстүнөн сыйрып алды. Атты көрүп эл чуу дей түшүп, кайра дым боло калышыты. Кулан сыяктуу кызыл чаар аргымак экен. Делбиреп, эки көзүнөн жаш сыгылып турган Мадыл шалак этип, отуруп калды. Ал көрүп турган көзүнө ишене албады.

Домбу:

— Жетеле мындай! Жетеле тигиндей! Эл көрсүн. Таанысын ат жоготкондор! — деп чакчырылды. — Ана, таанып ал , Абил бий!

Келишкен кулан чаар аргымак куйругун буластатып, маңдайындагы тумарча кашкасын жаркылдатып, элдин алдынан нары- бери жетеленип өттү.

Эл дуулдап турду. Калыстар нестейди. Абил бий нестейди.

Мадыл:

— Тору кашка... Тору кашка... — дегенден башка эчтеме айта албай, бир отура калып, бир тура калып, тору кашканын эле өзү, а кулан чаар кайдан чыгып калганына акылы жетпей, көз көрүнөө күйдү, туталанды.

Домбу бастырып келип:

— Көзүңө карап жүрбөйсүңбү, ыя? — деп, Мадылды атка өмгөктөтүп камчы менен баштан нары эки-үч тартып өттү. — Мына сенин жазаң. Мен сенден тогуз айып доолап жүрбөймүн, кызыталак...

Сына түшкөн Мадыл өйдө карай албады, башын эки колу менен бекитип, бүжүңдөп ара корунду.

— Чала болот сага! О, уятсыз жалаакор... — деди кимдир бирөө топ ичинен. Бирөөлөрдүн оюна «Домбунун каерде кулан чаар аты бар эле? Күлүк сатып алыптыр деген сөздү эч ким уккан жок эле го?..» деген күдүк келип да турду.

Абил бий унчукпай бастырып кетти. Жалгыз ошол сезди Домбунун кара өзгөйлүгүн.

Домбу дайыма кол алдына ууру алып жүрчү. Бир түндө Сарыбайдын семирип турган тору кашка атын уурдатып алган болчу. Кыл арканды аябай бороктотуп кайнаттырып туруп, ысык боюнча аттын мойнунан соорусуна чейин чырматып жиберген. Аркан тийген > жерлери кашайып күйүп, тору кашка чыңырып кишинен, тизелеп жыгылыл, так түйүлүп туйлап, өлө жаздап араң чыдайт да, муздаган соң арканды алып таштап, өзүн жиптей катырып суутуп, кайра бакканда күйгөн жерлери жыдып түшөт, бир кезде ордуна көгүш ак жүн кайра чыгып, ат көз көрүнөө тору кашка эмес кулан чаар аргымак болуп чыга келет. Ошол бойдон Домбу бий бир жанга байкатпай, түнкүсүн гана сыйрытпаса, күндүзү үстүнөн жеңил кымкап үздүрбөй бактырып, сууттуруп, мына эми чоң маареге алып чыккан кези эле.

Кана тору кашка ат? Элдин көзү кулан чаар атты көрдү. Эл алдына кулан чаар ат чыкты. Мойнуна коюп көр эми Домбунун! Абил бий тишин тишине басып, бир жагы өзү даңаза үчүн берип жаткан аш үстүндө чырылдаштырып отургусу келбей, бир жагы ашка

ханзаада келип турганда, кантсе да кудай урган Домбу хан тагасы аталат эмеспи, чатакты ырбатпай Домбу үчүн жек көрүүсүн көңүлүнүн тереңине жашырып кетти.

Жанагы жамактап жар айтып жүргөн ырчы кулан чаар аргымакты мактап калды:

кызыл чаар аргымак
куп келишкен сындуу ат,
кумда ойногон куланбы,
жаныбар,
куулдап туягынан чаң учат...

Камыш кулак, тик туяк,
эки көзү шам чырак,
анык буудан окшойбу,
жаныбар,
айбандан башка сүр турат...

Домбу эргип, эл алдында марттыгын көрсөткүсү келип: — Мына, ырчым, — деп, өзү минип турган атынан түшүп, аттын чылбырын ырчыга карай ыргытып таштап, камчысын сүйрөгөн бойдон басып кетти, — ал, атты ырдап ат алганмын деп, айта жүргөнүңө жакшы!

Күлүктү, сулууну, баатырлыкты, марттыкты, адилдикти, чечендикти те илгертен барктап көнгөн эл дуулдап жиберишти:

— Бали! Жигит болсо сенче болор! Бали!

Ырчы өзгөчө шаңдуу үн салып, Домбуну ээрчий бастырып, бир төгүп мактады:

Баатыр заада Домбу бий,
башка бийден жолдуу бий!
Төгөрөктү төп чапкан,
түк ойлонбой көп чапкан
түпкү атасы кыпчактан
жаңгер каңлы[1] баласы
Санжырасын сан кылган
сандаган журтту таң кылган
бир теңелсе Атантай[2]
теңелбесе жок мындай
жоомарттыгын карачы...

Домбу кайрылган жок. Сыртынан сыр бербей, кебелбей, ичинен балкып, жамыраган көп көзүнчө арбагы көтөрүлүп, терисине батпай баратты. «Абил угуп жарылып кетсечи а!» деди көңүлү.

Ошол үч жүз ашуун күлүк чабылган чоң маарекеде кулан чаар аргымак байгеден чыгып, Домбунун ысмын дагы алыска учурду, дагы зоболосун көтөрдү.

[1] Каңлы — уруу наамы.
[2] А т а н т а й — байыркы Индстанда өткөн март адам Хатам Тай, бүт күнчыгышка аты жайылган март адам бу кыргызча айтылышы.

А Мадыл байкуш, аттын көзүн таанып калган, ичи күйүп, боору эзилип, бүт жарыктык дүйнөнү сөгүп, аштын тамашасынан кечип, аягына күтпөй кетип калды.

— Басыгы деле өзү, кирпиги деле өзү, көзү деле өзү айланайын аке!.. — деп, өрттөнүп Сарыбайга айтып барды. — Үртүк жаап койгон экен, үртүгүн быякка сыйрыса эле-е... куду куландай кызыл чаар...

Эки көзү кыпкызыл болуп, жаш тегеренип, алкымын ыза бууду Мадылдын. Сарыбай күрсүнүп ойлонуп отуруп, көптү көргөн киши, тиги Домбунун кара өзгөйлүгүнө көзү жетти да:

— О, бетиң кургур... — деп күбүрөп алып: — Болуптур, кеткен мал экен, эсиңден чыгарып коё кал, — деди Мадылга. — Дагы бир зыяны тийип жүрбөсүн? Кудайдан коркпогондон корк. Муну эстүүлөр айткан...

V

Датка атанып аброю абдан көтөрүлгөн Курманжан ошол «ынтымак» деген макулдуктан оюн да, боюн да качырган жок. «Эрдин кеги — эл намысы» дешип, бүйрөсү кызый баштаган кишилерин «ачуу — араз, акыл — дос» ыгына ийгерип, тыйынып отурат.

Көп өтпөй бүткүл Россиянын эгеси улук даражалуу император Александр II мындан нары да жер кеңитүү иштерин жылдыра бере турган өзүнчө бир бийлик орунун уюштурду. «Түркстан генерал-губернаторлугу» деп аталды, генерал-губернатору болуп генерал-адъютант фон Кауфман дайындалды, а ага өзү башкарган чөлкөмдө тынышам десе тыныша турган, согушам десе кимге гана болбосун согуш ача бере турган, демек падыша укугу берилди. Ошон үчүн жергилик элдин ичинде «жарымпаша» делинген.

Кудаяр-хан жарымпашанын «мейманга чакырганына» абдан кубанып, убакытты узактырбай жасалгаланган кокон арабага отуруп, оор топ ордо кишилерин кошо алып, жарактуу удайчыларын шарактатып, ошол 1868 -жылы Ташкенге жөнөдү.

Мына, кудай буйруса, ак пашага жетиш кыйын, жарымпашасына болсо да жүз көрүшүп, ортодогу кыжы-кужуга себеп болуп жаткан жер-суу, эл туурасында ачыгын сүйлөшүп, кудай өзү оңдой берди кылса, тынччылык менен, бурадарлык менен берди-алды кылып, кайрып алмак. Өз үмүтүнө өзү жылынып, көзүн сүзүп, кокон арабанын ыгында термелип баратат.

Жанаша отурган абтабачысы Абдырахман да санаада: «Салт үй эгеси чакырчу эле. Биз не чапкылып келе йатабыз?! Күч атасын таанibaйт, күчсүз күчтүүгө саламга келбеске, чакырыгына барбаска чарасы жокпу?!.» «Биз жерге, үйгө эгеликтен тайган окшойбуз го...» деген күдүк ойлорго аргасыз аралашып барды жолмо-жол.

Жарымпаша «жыландын баласына да жамандык ойлобой тургандай» дегенчелик, маанайы жарык, эки көзү жарым айлык ботонун көзүндөй жайнаган, күнөө ишке, кара ишке кириптер боло элек наристедей көрүнгөн инсан экен.

Ал ордонун огожосун оор топ кишилерин кошо токтотпой кабыл алды, жылуу жүз, жылуу сөз, урмат сездирүүгө шашылып жатты.

Сылык адамдын мындай мамиле-көңүлүн көрүп, бүлүнгөн ордонун огожосу өзүн бир аз адам сезип, жарымпашага бурадар, атүгүл бул баш ийген акпашага деле теңдеш, өкүмдар экенин эми билгендей баягы манчыркаган кебетени кайра кийип, ыңгыранып сүйлөп калса болобу?! «И, ишти бузат эми бу...» деп, эки көзү чекирейди абтабачысынын. А «наристедей көрүнгөн» инсан ууртунан асте мунайым жымыйып карайт.

Сөз ыгында Кудаяр-хан эки өлкөнүн ортосунда болуп келе жаткан кандуу кагылыштарды, согуш десе өрөпкүгөн генералдардын күн санап алга жылып кирип келатышын эки ортодогу эссиз адамдардын, нары болгондо, жаман ойлуу кара ниет иштерининн натыйжасы деп түшүнөрүн, бул абалды сүйлөшүүлөр аркалуу салышка үмүттөнгөнүн айтты. Фон Кауфман башын тынымсыз ийкеп, «бурадардын» айткан арманын бөлүшүп, кошо кайгырышып, эми мындан нары андай кандуу окуяларды кудай бизге бербесин деп, тилек билгизип отурду. Ошону менен катар, сөз арасында улук даражалуу император бу кичинекей кокон ханы менен эч качан согушууну көксөгөн эмес, көксөбөйт да, кайта аны баласындай көрүп, ички-тышкы тиги Бухара жана Хийвага окшогон кастарынан дайыма калкалоого дилгир, тыштан бир жамандык

хандын башына түшсө Россиянын эгеси ал жамандыкты өз башыма түштү деп билет деп түшүнттү да, эми эчтемеден кам санабай хан бактылуу хандык доорун сүрүп, тынч жата берсе болорун билдирди.

Эми «уктуңарбы» дегенчелик кабак көрсөтүп, өз кишилерин акырын сыдырып, буртуюп тиктеп алды Кудаяр-хан.

«Көбөт эми...» деди өз ичинен абтабачысы Абдырахман.

Кокус, жазып-тайып, хан же анын амириндеги калктар кандайдыр бир Россиянын кызыкчылыгына каршы кадамдарды баштай турган болушса, анда чыдамкайлыктын түгөнгөнү ошол, бүткүл Россиянын эгеси жөн эле карап тура албастыгын кабагы жарык «бурадар» бурадарлык иретинде көңүлгө салды.

Абдырахмандын тымызын көз кыйыгы дагы түштү өз өкүмдарына. Кудаяр-хан бул өтө оор эскертүүнү мардемсип, урматы улук акпаша эч камтама болбосун, биртке курал, биртке көмөк эле болуп турса, андай тыраңдап чыккан калктардын жинин өзүлөрү эле кагып коюшарын күпүлдөп, өтө жеңил кабыл алды.

Эми «Положение» деп аталган шартнама алып келинди ортого, мурда эле даярдалып коюлган экен.

«Положение» боюнча мурда Кокон хандыгынын тиги эле Россиянын чегинен Ташкенге чейин жер-суу, түркүн тайпа эли Империянын менгичине өткөрүлгөн; хан жак, анын бектери бул жакка илим максаттары боюнча келген куралдуу саякатчылардын жолуна бөгөт кылбоо, кайсы гана шаар болбосун россиялык көпөстөр эркин соода жүргүзө бериши макулдашылган. Эң акыры, коңшулаш мамлекеттер менен кандайдыр бир деңгээлде алака кылыша турган зарылдык болсо андай иштер кеңешилип жүргүзүлүшү эки жакка тең эскертилген.

Абдырахман маңыроо тартып отурат: «Эки аягыбыз бир кончко тыгылган экен!..» Генерал-губернатор фон Кауфман ордунан тура келип, Кудаяр-хандын колун кармап, бактылуу жымыйган ирееңинен өзгөрбөй, таксыр Кудаяр-хандын өкүмдарлык даражасын кадырлай тургандыгын тактады. Кол койду «Положение» түбүнө.

«Э-э... жымыйып туруп териңди сыйрып алат деген ушубу?!» деп таң калды абтабачы Абдырахман. Мекчейип, Кудаяр-хан да ойлоно түштү: «... жер кетсе... буларсыз бирөө менен барыш-келиш кыла албасак...»

Ирееңи боз тилмеч: «Кол коюңуз...» деди акырын. Кудаяр-хан чала угуп калгансып, тумшугу маңыроо, аны кайра тиктеди. «Кол коё албасыңыз согушка даярданыңыз, таксырым...» деди тилмеч боз иреңи аны сайын кубарып, акырын. Буларды тыяктан жымыйып, «бурадар» көздөн өткөрүп турат. Биртке көз ирмемден ойгонгондой эсине келе түшө, шашылгансып да, кол мөөрүн басты Кудаяр-хан:«... жок дегенде... бирөөлөр дагы баш көтөрүп калышса мага таянар өбөк болушар, ыя, буларды кудай урбаса...»

Нары толгонуп, бери толгонуп, акыры өзүн өзү жубатып, келечекте бул «Положение» ага жамгыр өтпөс, ок өтпөс тон болуп беришин өзү болжоп, өзү ишенип, кошоматчылары көтөрө чала кубатташкан соң, астейдил кубанып кайтты.

VI

Абил бий Мадылдын арызын айттырбай көрдү. Мадыл камчыгаууккан. Сары шишик бетине чыгып кетиптир. Көздөрү же жумуп турганы, же тиктеп турганы билинбей, эрди кымтылбай отурат.

— Ким? — деп сурады Абил бий.

Мадыл ызалыгын күрмөп жутуп, буулуп эриндерин кыбыратты:

— Домбу...

Бул атты укканда Абил бийдин көзү сүзүлө түштү. Домбу хантагасы? Кандайдыр ою эки анжы, томсоруп калды.

— Баягы аттын күйүтүнөн... барсам...

Мадыл бүк түшүп, бийдин өңүрүнө тооп кылып, сөздүн ордуна буркурап ыйлады. Абил бий акырын акырегинен түртүп, аны өйдө болгузду да, өңүрүн тизесине басынып алды. Бийдин аяр көздөрү кылыйып, тереңден жылтылдап, анын ичи да ошондой алдастап жатты.

Беш түтүн бечаралардын абалы кимге дайын эмес?! Бири аңчы, бири керегечи, бири кырмачы. Сарыбайын бүркүтү тытып салды. Жакшыларга жандап, булардын талабын талашар ошонусу болучу.

Абил бий чөк түшкөн бойдон баш көтөрбөй бышактап отурган Мадылды да бир тиктеди. Кан жыттанган айрык бөз көйнөктөн тыртайган арык эки ийин дирт- дирт этип турду.

— Ким бар! — Абил бий тышка үн салды. Босогонун сыртында турган жигит кирип келип колун бооруна алды. Абил бий ичиндеги кымкуут оюна алаксый жигитти бирпас кадалып ойлуу тиктеди да:

— Жакын киши жолотпо. Уктуңбу? Өзүң да босогого турбай нары кет... — деди акырын.

— Куп, бек ага...

Абил бийдин кылыйган көздөрү Мадылдын кыржыйган далыларына, канга калдырап каткан боз көйнөккө көчтү. Бирде азаптуу далылар, боз тумандын жылчыгынан чыга калгансып Домбу хантагасынын чычаланын учундай кызыл көздөрү, бирде канга каткан боз көйнөк, бирде кыжырлуу түйүлгөн кесирлүү чеке улам алмашылып, Абил бийдин көз алдында түш болуп ойноду.

— Кутурган экен «хантагасы» деп койсо... — деди Абил бий, ушуну менен Домбуга болгон кыжырын чыгарды, бирпас отуруп, анан: — Эмне кылайын дейсиң эми, Мадылым?.. — деп, акырын сурап койду.

— Эмне кыла алам, айланайын эл агасы?!

— Алы жетпеген акыретчи.

Мадыл бул эки жактуу жоопко баамы жете бербей, Абил бийди жалт тиктеди. Абил бийдин көздөрү сыр тартып жылтырап, уурту жымыйып турган эле. Мадыл эчтеме биле албады. Абил бий сол колун акырын Мадылдын далысына койду. Шордуу далысына кут конгондой сезип, бүткөн бою жымырап кетти. Ал эреркеп, өксөп жиберди.

— Кандай кылам...

— Өчүңдү ал, Мадылым. Бул дүйнөдө алы жетпеген акыретке коюп көңүл сооротот. Ыя, акыретке дейре эмне бар эмне жок, колдон келсе, карыш жылдырбай акыңды, өчүңдү ушерде алып калганга не жетсин?

— Айланайын... айланайын... эл агасы... — деп энтикти, Мадыл жалдырады. — Өчүмдү алып бер, кудай жалгагыр! Кара башым тартуу. Кара мейнетим менен да болсо, жакшылыгыңызды аткарармын! Менден кайтпаса кудайдан кайтар.

— Өзүң аласың.

Мадыл таң калып, оозун ачып тиктеп калды. Абил бийдин ирецинде эч өзгөрүү жок эле.

— Мадылым, мүнүшкөр тууганыңдын колунан мынтык көргөндөй болдум беле?

— Бар... — деди Мадыл шашылып. — Бар, бүркүттүн кызыгы менен жүрүп, Сары акем мынтыгын көп урунган эмес. Жапжаңы бойдон турат!

Мылтыкка бий колко салып калды беййм? Ал эле болсо жарасы жеңил! Тура чуркап барып, апкелип беришке даяр болуп, Мадыл делбиреп турду.

— Мынтык атып көргөнсүңбү?

— Жок, мага пайдасы деле жок! Көңүлүңүздөн айлансын бир мынтык! Азыр апкелем, эл агасы!

Абил бий кабагын бүркөй тигинин колун кагып тынчтандырып сүйлөдү:

— Чындап ыйласа сокур көздөн жаш чыгат. Атып көрбөсөң, эми атып көрөсүң. Кулак сал. Ошол мынтыкты октоп алып, жолун тосуп жатасың...

Мадыл нес боло түштү:

— Кимдин?..

— Менден жакшы билесиң, — Абил бий Мадылдын көзүн тиктеди. — Чоочуба, жаман! Бүлөсө майга өтпөгөн кызыталак! Мен сени эркек деп айтып отурам, боорум ачыганынан айтып отурам! Уктуңбу, мынтыкты октоп алып жолун тосуп далдада жатасың...

Мадыл шалдырап отурду.

— Капилеттен мынтык тарс деп, алдындагы беги жалп этип аттан түшүп калса, өлүм кимди коркутпайт, артындагы жигиттери жайылып качып берет, алар кайра эсине келгенче изиңди суутуп кетпей сенде жан жокпу... Кулагыңа кеп кирдиби? Калганын мага кой. Бороон жүрсө да сага жел тийбейт. Катыныңа да айтпа, эч кимге көрүнбө. Уктуңбу? Калганын магакой...

Мадыл эми түшүндү, сынап жатпасын дегендей Абил бийдин жүзүн мелтиреп тиктеди. Абил бий анын дилин окуп, акырын башын ийкеп койду.

— Ошент. Кайратың болсо, өчүңдү ушул дүйнөдө эле алып кал, Мадылым...

Мадыл обдулуп:

— Сайдым башымды... — деп, күбүрөп, тура баштады эле, Абил бий колун асте жаңсап кайра отургузуп койду. Абил бийдин кабагы чытылды. Мадылдын оюн окугусу келгендей мелтиреп тиктеди:

— Сага эң акыры айтарым: дан багарларга жакын жерден тоскондой бол. Уктуңбу?

Мадылдын акылы жетпеди. Абил бий томсоруп турган. Жүзүнө эч ырайым жок эле. Мадыл жалтанып кетти, көзүн алакачып жер тиктеп баш ийкеди.

— Сөз ушул. Данбагарларга жакын жерден гана тос! — деди Абил бий эскертип. Эмне үчүн экенин сен ойлонбо. Сен ойлоно турган иш эмес. Эй, сөз эки болбосун. Сени Домбу өлтүрсө мен кууйм, мен өлтүрсөм ким кууйт? Ушуну билип кой. Жөнө эми.

— Кайыр... — Мадыл шашыла таазим кылып чыгып кетти.

Абил бий бет алдын теше тиктеп былк этпей, бейиттин башына отургузган калмактын буркан ташындай кубарды.

Мунун баарын Абил бий бечара айылга жан тартып иштеп отурат деп түшүнүп, Мадыл байкуш көңүлүнө канат байланып, төбөсү көккө жетип кетти. Бар болгону эле ушул беле?

Амир Музафар Кудаярды тагына кайра отургузганда Абил бий ушу Домбуну кошо ала барган болучу. Кудаяр-хан Абил бийге кошо муну да жылуу жүз менен тосуп, хантагасы атантып, салык жыйноочу амалдары кылып Абил бийге кошкон. Мына, Домбу күн өткөн сайын таршыды, хантагасы деген атагына көптү. Кез-кезде сөзүн этибар албай сыртын салып да кетет. Эрез талашат деген ушул! Бул биринчи түрткү. Домбу элге жек көрүндү. Ал мунусу менен ордону эл көзүнө жеңилтет. Бул экинчи түрткү. Ушундай жагдай үчүн бийдин ордодон алган жашырын жарлыгы бар. Кандай гана болбосун бийликтин оорчулугун жаап, ызгаарын актап кетишке ордо кам көргөн. Бирок, Абил бийге кандай мааниде жарлык берилген болсо, Домбу хантагасына да ошондой эле жарлык берилгени белгилүү. Озунган оодарат. Бул да Абил бийдин эсинде бар. Оодарышар мезгил келип калган сыяктуу. Элдин жону жукарып, арыз айтуулар, нары карап күңкүлдөп сөгүнүүлөр күндөн күнгө көбөйүп баратат. Бу үчүнчү түрткү. Мына ушуларды тегеретип ойлонуп, кыябы көздөн учуп отурган чагында Абил бийге Мадыл өзү келип бербедиби. Ар нерсенин артыкбаш чуру-чуусу жок бүткөнү жакшы. Буга Мадыл эң сонун жарак болучу.

Абил бий жеңилдене демин алды.

— Ким бар! — деп, тышты карап алаканын шак- шак койду.

Сырттан зайыбы кирди. Каракаш айым байын бир чаргып тиктеп алды да:

— Тиги бечара канга жуулуп кайдан жүрөт? Эмнеге келиптир? — деп сурады.

Абил бий көзүндөгү заарды зайыбынан да жашырып, көзүн сүзө үнүн муңайым чыгарып:

— А баягы Домбу караөзгөй. Булардын жалгыз атын уурдатып алып, тааныса чала өлүк кылдырып сабатып коюптур, — деп койду.

— Кой деп коюң да, датка! Четинен сабай береби букараларыңызды...

Күлүп койду Абил бий:

— Хантагасы эмеспи?!

— Ал хантагасы болсо, Сиз эл агасысыз. Эл Сиздики.

Абил бий көзүн кылыйтып жумуп, ичтен тына башын ийкегилеп:

— Мындайдын жазасын кудай берет, мындайды кудай узатпайт... — деди акырын.

* * *

Күн аздап эригенсип кызылы булутка жайылып, чөгүп батып баратты. Тегирмен күү-күү. Айзаада батып бараткан күнгө сыртын салып, тизесине бетин коюп, күүлдөктү тыңшап, көөлүдөн көбүктөп чыгып жаткан
сууну тиктеп отурду. Суу үстүндө чимирилген күмүш таза көбөктөр быжырап, күндүн кызгылт нуруна кубулуп, жылтылдап кетип жатты. Күү-күү, тынымсыз күү-күү... көөлү жактан салкын шапата жүзүн желпип турду. Тынымсыз күүлдөп, бир кунунда зымырап

жүрүп турган, баш тегеретken тездиктин ичинде кошо барат кандай, эчтемени ойлой албай, ал тынч отурду.

Эшим көөлүдөн агып чыккан суунун нары бетине келип, муздак сууга колун салды да, шапшып ойноп, колун жууду, көңүлү ооп, көзүнүн кыйыгын жиберип, анан:

— Жеңе, эмне ойлонуп отурасың? — деп, тиштерин кашкайта ачып, күлгөн боло суу чачып койду. Айзаада ичиркенип, колун калкалана берди:

— Ий... ой, бала... Көйнөгүмү суу кыласың! — Жарк этип күлүп жиберди. — Менин ойдон арылган күнүм бар беле, бала? Билбегенсип сурап коёсуң да.

Эшим сөзгө такалып, унчуга албай калды, бирок эптеп эле сөз башталып калганына ичинен кубанды:

— Күлүп жүрүү, жеңе, сага абдан жарашат.

— Ошондой бекен? — Айзаада көзүн кылгыртып тиктеп, улутунуп койду. — Кай бирөө кара түндөй күң дешет ко?..

— Оозуна келгенин оттоптур. Ким айтса да. — Эшим ордунан тура калды, күн кызылын үмүттүү тиктеди, жаштык гүлдөп турган ирецы суз тартты. Күү-күү, тынымсыз күү-күү...

— Жүр, бала. Тегирменди карайбыз. Уксаң, таш такылдап калды, жеми азайып кетти окшойт.

Эшим бери секирип өттү да, унчукпай Айзааданын алдына басып тегирменге кирди. Экөбү чанакка барып эңкейип тиктешти. Эшим жемди биртике көбөйттү.

— Мынча койсом, жеңе унуң ирик болуп калат го дейм?

Айзаада эңкейип, унга колун тосуп колу агара түшкөндө, кармалап көрдү:

— Кичине тарта түш, бала. Кайран буудайды жарып-жарып эле баса бериптир деп, энең мени жыландай чагат кокуй!

— Анда мына... Болобу?..

— Болот го ушу...

Жана жемди көбөйткөндө бурдугуп жоошуй түшкөн таш кайра такылдап, тыякка ыргып кетчүдөй катуулап чимирилип, тажал үн салды. Тозгок тегирмендин ичинде самсып учуп жүрдү. Айзаада чакылдакты тыңшап, чаңып түшүп жаткан унду, ал кандайча куралып дөбөлөнүп келатканын үнсүз тиктеди. Эшим эшиктин оозу ченде тирелген капка сүйөнүп, кишинин оюн башка дүйнөдөн бөлүп ала качкан күүлдөктүн арасында калып турду. Тегирмен ичи улам караңгы боло берди. Эшимдин кыр мурунү кымтылуу эриндери эшиктен кирген шоолага биртике жарык болуп, сызыктары көрүнүп турду. Көз байланган сайын тегирмендин күүлдөгөнү күчөгөнсүп, аны кучагына бек ороп, жалгыздатып баратты.

— От жагалыбы, жеңе?

Айзаада караңгылыктан суурулуп туруп келип:

— Эмне дейсиң, бала? — деп сурады.

— От жагалыбы дейм.

— А... Мейли...

Шаатыт дүңкүйүп турду. Түбүндө жылтылдап от күйүп жатты. Оттун боюндагы кишилердин көлөкөлөрү бирде түшкө кирчүдөй коркунучтуу болуп узарып, калтырап, кайта жалп этип жок боло түшөт. Оттун алсыз жарыгы тунжуратып баскан караңгылыкты кууп, тыттын тартайган шактарына жабышып, ового акчыл шоола чачып үлпүлдөп... Алда кайдан ит үрүп, тегирменден түшкөн суунун этеги жактан бака чардап

жатты. Тегирмен күү-күү, бир кунунда күү-күү... Айзаада тегирмендин босогосунуа сүйөнүп, тиги Эшимдин караанын караңгылыктан суурулуп отту карай көлөкөсүн сүйрөп басып баратканын, оттун жанына барып сүйлөшкөндөй күймөнүп, эңкейип, жок боло түшүп, оттон чычала алып, жалтылдатып бери чуркаганын көрүп турду.

Эшим жүгүргөн бойдон келди:

— Мына, жеңе?.. Куурай барбы? Жокпу? — деп кубанып шак-шак сүйлөдү. — Муну ичкери алып кире бер, жеңе.

Айзаада чычаланы алып ичкери кирди, кандайдыр бирдеме тегирмендин төрүндө аны аңдып тургансып кайра чыга качты. Эшим барпаста бир колтук куурай алып караңгылыктан чыга келди:

— Эмне кирбей турасың, жеңе?

— Коркуп... — деп күлүп койду Айзаада.

— Эмнеден коркосуң? Жүр...

Таш дирилдеп, бир кунунда такылдап жүрүп жатты. Таман титиреп, көөлүнүн суусу шау-шау деп, туңгуюктан, алда кайдан угулгандай. Кичинекей от бүлбүлдөп таштын атарабын араң жарык кылат. Айзаада куурайдан анда- санда биртике таштап тутантып отурду. Ал Эшимдин байымын басууда, ойлонгонсуп жер карап отурганы менен, кулагы да, ою да ошол жакта. Эшим көзүн коюлтуп тиктеп, бирдеме айтчудай болуп, бирок тартынгансып, ойго баткансып отурду. Айзааданын жүрөгү дикилдеп чоочулады... Башы кеңгирегенсип, оюн жыйнактай албагансып, ичи кымкуут боло баштады, ал кежигеси ысыгансып Эшимдин өзүн тиктеп отурганын сезип, ан сайын дүрүлдөгөнсүп кетти.

— Жеңе, үшүп калба, сумбула быйыл эрте тубабы, күн жакшы эле салкындап баратат... — Эшим камзолун чечип үстүнө жаба берди. — Жамынып отурчу...

— Кой, кой, бала... Өзүң үшүбөйсүңбү? — деди Айзаада, анткен менен, ал камзолду нары түртө албай койду, эскирген камзолдон эркектин жыты буркурап, келиндин көңүлүн аздырып жибергендей. Эшим жанына баса келип отурду. Айзаада чоочуп кетти:

— Бала... нарыраак... — деди ал күңкүлдөп, жалыныч түр, мундуу жылмайып. — Бирөө көрсө эмне дейт?

Бирөө көрсө эмне дейт? Бул сөздөн Эшим кагуу эмес, сыпалык үчүн айтылган эптеп бир жоопту, ширин назды көрдү. Анын жүрөгү ушундай болжоп, көңүлү ысып:

— Көрсө жеңемсиң, да! — деп тамашага саптырып, белинен тартып койду.

Айзаада каршылык кыла алган жок:

— Ошентсе да... — Үнү араң угулду, ал эрип, тартылып кетти. Бирин бири акмалап, биринин жүрөгүн бири тыңшап, унчукпай отуруп калышты. От өчүп үлпүлдөп баратты. Ошол учурда тыштан бирдеме шырт дегендей болуп, Айзаада тура кала эшикке умтулду. Эшим аркасынан чыкты. Эч ким жок. Түн мемиреп турган эле.

— Ким келмек эле... — деди Эшим, Айзаада унчуккан жок, арыктын жээгине тапталган сары чөпкө отурду. Эшим чапанды ага жапты да, өзү жанына чалкасынан жатып, каалгып бараткан толук айды тиктеди. Күү-күү... шау-шау... пара бир кунунда айланып, суу бышылып ак көбүк чертип, төмөндөй көбүгү тараган кара суунун бетинде тоголок баштуу ак жылан болуп ийреңдеп, калтылдап ай жатты. Айзаада ошону тиктеп, кымкуут оюн жыйнактай албай өзүнөн өзү таң болуп отурду.

— Жеңе, — деди Эшим толгонуп, — жомок билесиңби?..

— Ыя?.. — деди Айзаада оюн бөлүп.

— Сүйлөп отурбайсыңбы дейм...

— И... Эмнени сүйлөйүн?..

— Эптеп бирдемени...

— Менде кайсы сөз болсун... Эркексиң го, өзүң бирдеме...

— Менби?.. — Эшим ойго батты. — Гм. Мен эмнени...

Ай толукшуп, жолун тоскон чарым булуттарды тепчип баратты. Эшимдин жүрөгү алда кандай самоого, сагынычка толуп, айдын булуттан чыгар жолун тиктеп жатты. Айзаада алакандарын менен бетин басып үңкүйүп отурду, ал Эшимди алаксыткысы келди, Эшимдин көңүлү оогон жактан качып, кантсе да баамдабаган болуп, ал тараптан андай үмүттөнгөндү эч күтпөгөн болуп өткөрүп койгусу келди.

— Йе бала... — деди Айзаада көңүлү көтөрүлгөнсүп шыңк этип. — Ушул жарыкта ак чөлмөк ойносо...

— Көрүнүп калат.

— Ошо көрүнгөнү жакшы да. Бат таап алып... талашып... күйүгүп чуркап... О у-у... ал кезде беш көкүл элек...

— Азыр деле беш көкүл кыздайсың, жеңе...

— Шылдың кыласың да.

— Мага ошондой көрүнүп жатасың го...

— Куусуң... — Айзаада чапанга кымтынып, ойлонгонсуп унчукпай калып, анан чапандын арасынан сагыныч, өкүнүч толгон үн менен акырын сүйлөдү. — Ал мезгил өмүрдүн жазы экен, көрсө. Алдыңда жалгыз гана жакшылык жайнап тосуп тургандай мезгил... Оюн, күлкү, татты үмүт... Жарыктык дүйнөдө булардан башка да, ажырашуу, азап, суук тил, ал кетүү, өлүм дегендер бардыгы түшүңө кирбеген мезгил.

Айзааданын үнү Эшимди ойго батырды. Анын көз алдына үпү тагып кундуз тебетей кийген сулуу кыз, жалаң акчыл тартып макдыраган жаздын коңур түнү, чарчоо билбей, уйку билбей шатырап ойноп жүргөн кыздар, жаш жубандар, уландар келди. Ак чөлмөк талашып, каткырып күлүп, каны бетине чыгып күйүгүп чуркап, жаштыгын жерге батыра уландар менен кармашып, мемиреген бактылуу түндү жылмайтып аны жүрөгүнүн алабына жылытып кайнап жүргөн сулуу кыз... Эшим көзүн ачып, азыр жанында ошол сулуу кыз жаштыгын колунан түшүрүп алып, эски камзолун жамынып, үңкүйүп отурганын көрүп негедир көңүлү чөгүңкү тартып кетти. Айзаада үңкүйүп отурду, ал дагы баягы сары зил кылган муңуна чөгүп отурду.

— Жеңе, сен ак чөлмөктү жакшы көрөт турбайсыңбы, мен топу бекитмейди жактырам көбүнчө, — деди Эшим аны сары зил ойдон тартмакка.

— Балакет экенсиң... Жаман оюн эмес, — деди Айзаада баш көтөрүп, — кээ бир адепсиз жигиттер топуну издеген болуп койнуңа колун салып жибергени болбосо...

— Оюндун тузу ошол жеринде да!

Айзаада макул болгонсуп күлүп койду. Алар көпкө унчугушпай калышты. Түн бара-бара салкын тартып, чөптөр нымдалыша баштады. Күү-күү, шау-шау, пара бир кунунда тынымсыз жүгүрүп жатты. Ай кыйгач кетип, суу үстүндөгү ак жыландай ийреңдеп жаткан шоолаа өчүп, суу каралжындап агымы көзгө илешпей шырп-шырп эткен гана шабырт угулуп калды.

— Бала, бооруңа сыз өтүп кетпедиби... — Ме, чапаныңы өзүң жамын мен тегирменге кирип отурайын.

— Жо... Жамынып отура бер, жеңе.

Айзаада:

— Ичиңде отуң бар экен да!... — деп шыңкылдап күлүп, камзолдун бир өңүрүн Эшимдин көкүрөгүнө тартып кымтыды. Эшим өйдөрөк боло, жүрөгү ысып, эрксизден колун анын койнуна жиберди, колу колуна урунду. Айзаада дирт эте колун тарта берди эле, ал бек кармап калды. Айзааданын жүрөгү калтырап, бирок колун силкип ала албады, жигиттин оор колунда жаштык илеби, көңүл оту, ошол от дүр этип анын жүрөгүнө чейин жылуулук кетирип жымыратып баратты. Эшим жеңе деп, аптыгып келип, капшыра кучактап жалыны бар оозу менен аймалап өпкүлөдү. Эркек сагынган келиндин денеси чымырап, аз кыңкыстап көөшүгөнсүп, эркектин салмагы далысын кычыратып, эркектин сыйкыр кучагы жан жыргалын сездирип, эркектин тер жыты аны мас кылып жиберди...

— Бала ай... Кагылып кетейин ай... — Айзаада эркектин кол талыткан оор денесин сыга кучактап, титиреп тер кургаган мойнунан кумарлана жыттап алды. Ошол замат өзүн өзү коруу сезими, тартынуу сезими келе калып, өзүн кордоп жаткандын үстүнөн чыккандай дирт этип, Эшимди оодара тартып алдынан тура качты. Эшим кайра асыла кошо турду...

— Нары!

Эшим шалдая түштү. Айзаада отура калып бетин басып шолоктоп ыйлап жиберди. Же соороторун билбей, же өз ызасына таштап басып кете албай Эшим нестейди. Айзаада бат соолуга түштү да, өйдө болуп жерде жаткан жоолугун алып, көзүн сүртүп, салынды:

— Жаман жигит экенсиң, бала... — деп айдын жарыгында кашкайып күлдү. Эшим бир таң болду, бир уялды, күлөйүн деди, күлкүсү окшобой койду.

— Кишини мал катары көрөт турбайсыңбы... — деди Айзаада.

Эшим катуу уят болду. Күү-күү, шау-шау, пара бир кунунда тынымсыз. Ай кыйгач кетип, суу үстүндөгү ак жыландай ийреңдеп, калтылдап жаткан шоола өчүп, каралжын агым көзгө анча илешпей шыр-шыр эткен
шарпа гана күү-күүгө кошулуп сиңип кетип жатты...

* * *

Үйдүн эшиги түрүлүү, айыл ичинде саяк жүргөн майда мал баш салбасын деп эргенчеги тартылып коюлган. Те төмөн сайда бир кунунда шырпылдап жай агып жаткан чоң суудан нары кыйыры үлбүрөгөн кенен түз көк өзөн көз алдыда.

Каныш үйдө жалгыз, жаздык коюлган төшөгүндө, башы таңылуу, эзгин эки тизесине сүйөп, көзү ачыла жумула илдиреп, өз алы, өз санаасы менен өзү.

Баягы чоң маарекеден келер замат Бекназар ат жиберип «кыл тамырчы» делген табыпты алдырып көрсөткөн. «А кокуй, — деди акырын кыл тамырчы,
— бирдемеден чоочуп боюнан түшүрүп алган турбайбы?!» «А кокуй, — деди дагы табып, — баланын уясы сескенип калыптыр, желкабыш дейт муну...» Көзү чекирейип калды Бекназар. «Кудайдан тилейбиз,
— деп жубатты табып, — айыкпас дарт болбойт, дабасы табылса...» «Суу иче турсунчу, — деп аттанып кетти, — буга үйдө бирдеме бар бекен...»

«Эй, — деди Бекназар, өтө камтама, — каяктан "чоочуп алгансың? ... ээн жүрбөсөң, түнгө калбасаң...» «Болору болду» дегенчелик башын ийкеди Каныш:

«... эр чабышка түшкөнүңүздө... тула боюм чымырап, жүрөгүм опкоолжуп...»

«О-ой, ошо тобокелдин ишинен да коркобу киши?!» «... сизге карай атырылып чыккан жан алгыч көрүндү көзүмө... Төбө чачым дүр-р этип... кан сийип ийгенимди билбей...»

«Кайдагы жан алгыч?! — деп, кабагы үйрүлө түктөйдү Бекназар, ошо кутурган бир көпөктү жан алгыч деп...»

... Тигине... топурлаган көп атчан... айкай сала каптап кирди туштуштан... кара дарак чоң кыштак... тынч эле, бейпил эле бөөдө шоокум чыкпаган... Чуу түштү кыштак эли, балдар ыйлап... баш каңгып, көз карайлап... жыгылды көбү өмгөгүнөн аттардын, кыйылды көбү кылычынан чапчаңдын ... Кай бирөө кайрат кылып, жөө туруп атчанга атырылып, колунда жарагы жок, кылыччанга келтек алып качырып... жан алгычка маңдайлашып...

... Мына... апасы Зейнептин... бирөө менен кармашканбы, колу кан... далдалы чыккан үстүндөгү көйнөктүн... «Зейнеп, Зейнеп...» деди күбүрөп, тула бою титиреп... өз дени менен далдалап, там айлантып аргалап... алып качты бир жакка... жалгыз кудай оозунда, жалтаң карап... тажаалыбы жан алгычтын, озү обдулат аттан мурун... кара куштай качат урган, арттан чыкты бир караан... эми кантип сактанат, эми кантип аман калат кайран жан... кекилик болуп эне байкуш, жашырды жалгыз кызын жал камышка... жан алгычты алаксытып, көрүнүп, өзү качты башка жакка...

... Ана... жан алгычы жетти арттан... кара канат, кара атчан... албарс кылыч жалт этти, жалп этти бей күнөө жан... алкынган ат үстүнөн каргып өттү...

Баш көтөрө албай жаздыктан, көз жашы эки жаагына сарыгып жатып, өпкө кагып, араң оозунан чыгарды Каныш:

— «Ошо жан алгыч... эми сизге жулунуп келеайтса, кантейин...»

Ойлонуп калды Бекназар. «Ошол бекен?.. — деп, ага ынаган түрдө башын ийкеди. — Кудай ургандын заары бар эле көзүндө...» «Эми, коркпо, — деди, — ага да кетер күн келген экен кетти го, кудай алдында жооп берет ко эми өзү?! — деп, Каныштын эки көзүнүн кычыгына эки тамчы суу мончок болуп турган көз жашын ултаңдай катуу алакандап акырын аарчып, эңилип жүзүнөн асте сүйүп койду — Эми коркпо...»

«Мен барда...» дегенин болжоду зирек Каныш. «Сен эсен бол, баатырым... Эрим да, эр көкүрөк элим да бир өзүңсүң...» деген ыраазылык дилине келип, баатырынын букта мойнуна алсыз колун артып, тымызын эреркеп алды.

Мына, күз эле жаз болду, чөп кайнатып берип табып канын токтоткон, бирок ирeңи кара чүйкөлөнүп, күндөн күнгө арыктап, илең-салаң, өйдө боло албай жүргөн убагы.

Каныш:

— Мен эми тириликке жарай албай калдым...

Тиктеп калды Бекназар, колун акырын кармап, сылап, акырын күбүрөп:

— Кой, бошошпо, — деди, бир жагынан жан оору, бир жагынан ар түркүн кыжалат санаа кыйнап жаткан зайыбын жубатты. — Бу ооруу да чабыш, чымырканыш, жалтанбай чабышмак абзел.

— Оокат кылып бере албасам, жакаңарды агартып тура албасам, не бери болбой, не нары болбой...

Ыя?! Бир түзү ийги ургаачы болсо... никелеп үйгө киргизип алсак окшойт...

Ормоюп тиктеп калды Бекназар:

— Кой, — деди акырын, — андайды ойлонбо, өз жаныңы бекем тиште, Канышым...

— Ыя? ... — деп кеп улады чын көңүлүндө Каныш. — Сынакы келин... ушу Айзаада ылайык болуп турат ко...

Шыпшынып, башын чайкап, кең өргөө ичинде бир карбаластап басып, Каныштын жүзүнө кайра үңүлүп:

— Кой дедим го?! — деп кейиди Бекназар. — Ой, «ээрчитип жүрүп баламды өлтүрүп бердиң» деп жүргөн тууган эмне дейт?! Кой, кеп кылба муну, кеп угулуп калат...

Каныш өзүнчө жүйө айтмакчыбы, оозун жасай баштаганда, Бекназар бала эркелеткендей күлүмсүрөп, анын оозун алакан менен жаап калды:

— Ооз ачпачы, Канышым... Мен бирөөгө нике кыйсам, иреге жаткырып күң кыла алабызбы, аны никелүү зайып катары өз сыйы менен күтүшүбүз керек ко. Көрүп ичтен сыздап, ооруң оорлоп кетет, Канышым... эки өлөсүң...

Кокусунан кыргындан тирүү калган Зейнеп ушул. Тынат десе тынбай, токтойт десе токтобой койгон соң тоолуктардан кошун түшүп, ордонун таламайчыларынын алдын тосуп, нары сүргөн эле го. Бир камыштуу көмүскө сайга үйрүлүп калган качкындарды «жаңжал бир жаңсыл болгунча» деп, бир аймакка бөлүп алганда ал кезде жигит агасы Бекназар жигитбашыга бөлүнгөн топтун ичинде Зейнеп кошо келген. Жаш кез эмеспи, көз түшүп көңүл жарашып, акыры Бекназар кадимкидей кыз тоюн өткөрүп, баш кошкон. Кыздын эч бир кыздан кем болбогон сырт көркү, ич дүйнөсү көңүлүнө толуп, аны эркелетип «Канышым» деп, көңүлүн өстүргөн. Тышта «өзү келип тийген» делген келиндин өз атын эч ким бейлебей, а келин өзү да «жо, менин атым башка» дебей «Каныш» атыгып кала берген. Эрдин кадыры, карамы аны төркүндүү келиндерден кем кылган жок. Үй тирилине, казан башына эле калтырбай ылайыгына жараша мейманчылыкка, не бир жалпы журтту дүүлүктүргөн маареке болуп калса сулуу деп сур жоргого күмүш жабдык салдырып мингизип, үзөңгү кагыштыра кошо ала жүргөн. Бу түгүл аскер өнөрүнө баатырдын колунда башыгып жүргөн өспүрүмдөрдүн ичинен жигитче кийинген кыз түспөлүн көргөндөр көп болгон. Демекчи, «эрке катын», «эркек катын» делинип кетиши бекеринен эмес эле.

Көк өзөн бою, бийик тектирге курулган калыңдыгы эки кез, бийиктиги алты кез, ичине тегеретип ат чаап жигит ойнун өткөрө бере турган кең коргон. Бир жагы кызыл чап адыр, бир жагы бийлик кызыл кур, курду жалмап бир кунунда чарчаңкы жай шаулдап өзөн суу агып, не те адыр жактан ным түшөбү, не жанаша өзөн суудан сарыгып толобу, өйүз-бүйүзү тегиз көрүнгөн көк мөлтүр көл жатат.

Үйүнөн «балдарга барайынчы» деп чыккан. Чын эле башыгып жаткандар алды оналты, арты онекидеги, эсеби эки онбашы, бир өңчөй өспүрүмдөр. Башчы Эшим.

Балдар элтейип турушат. «Бүгүн не оюн болор экен» деген кыязы. Төрт-беш жашынан ат жалына тырмышкан элдин балдары атка миниш, чабыш, жерден бирдемени эңип ала коюш, ат үстүндө чапчылашып калыш дегенге кыйналбайт, атка байланышкан ар кандай ыкка бат үйрөнөт. Булар көздөгөн ак — кылыч, мылтык, найза ыгы. Ар бири өз оокатын өзү даярдап ичмей. Буга да үйрөтөт, буга да көнүгүшылазын. Не жортуул, не үркүн, тай казан азып чогулуп отуруш жок, кимге ким күймөк? Өзүңө өзүң тың болмогуң эп.

Бекназар мурутунан жымыйа, балдарды сыдырып тиктеп, ичинен эки жаңы бала турганын көрдү да, бир элөвүрөгүн сөөмөйү менен чакырып алды, эңилип көзүн тиктеп:

— И? Не үчүн келгениңи билесиңби бийерге? — деп, сурап койду акырын.

Бала чыйрак.

— Атам айткан.

— И, кана, «чабышты» баштай берелиби?

Башын ийкеп койду бала.

— И, сак бол!

Көз ирмемде бала жаагына ултаңдай катуу алакан сыйпай тийгенден буралып оңолду.

Бекназар:

— Жалтанба! Жумба! Жумба!

Эки жолу көмөлөнүп кетти бала.

— Тур!

Үнү зиркилдеп, эрини чормоюп, саргыч көк көзү тереден өрттөнүп, атүгүл астейдил кыжыры кайнап, алдындагы жаңы үйрөнчүккө эңилип турду:

— Тур!

Бала акырын тура келди, кол кайра шилтенгенде башын ала качып, чала тийип, жыгыла жаздап оңолду, мелтейип, өчөшкөнсүп калды. И, түзүк ко?!

— Эй, — деди Бекназар, — шапалак эмес, келет күн, кылыч шилтенет. Жалтанба! Жумба! Жалтансаң, көзүңдү жумуп жиберсең, а душман сени аябайт, өзү каалаганындай чабат. Тең бөлүнөт башың, мойнуңдан кыйылып түшөт! Уктуңбу?

Бала түлөгөн жаагы аны сайын кызарып, ireңине кан жүгүрүп, кабагын үйрө мелтейип, башын ийкеп койду.

А түзүк, бөрүсү ойгоно баштады?! Бекназар:

— Көздү жумбай, кылыч каякка шилтенсе кылыч менен алдын тос, ыгы келе калса өзүң да шилтеп кал. Буйта! Шилте!

Капылдан эки шилтеди Бекназар, эки жолу тең бала култ деп тийгизбей кетти. А-а, жан керек турбайбы?!

Бекназар:

— Шилтейм, сен ушинтип кутул да, кылычың менен чап!

Шилтеди Бекназар, бала дагы култ деп кетти да, баатырлыгы үйүндө жомок болгон авасын чаба албай, жыгач кылычын таптаган бойдон токтоло калды.

— Чап! — деп чаңырды Бекназар. — Чап, аяба!

Заар үндөн дирт эте шилтеп калды бала, а авасы кийлеген тулабоюн илбирстей булак эттире ала качып, кайра качырып басты:

— Чап! Чап!

Бала «кылычын» удаама-удаа шилтеди, бир да жолу чырпыта албай мустарап боло калды, шилтенген алаканды тосуп кала албай аласалып жыгылып, көзүн басып, бышылдап ыйлап жиберди.

— И?! — деди Бекназар аны чыканагынан көтөрө тургузуп, чаң болгон киймин кагып. — Сен торпок эле кубалап уруп жүргөнсүң да?! Сага оңой алдырбай турган бир каштөй бет келет, ыя, ушинтип көмкөрөңдөн түшүп, жатып бересиңби? Боору ачып кетеби, сага?! Баш-шыңды кесип таштайт! Жо, сен тур ордуңдан, кайраттан, сени да эне

тууган. Тике кара көзүн! Кайда шилтегени турат — болжо, кайда булт эткени турат — болжо. Буйта! шилте оозунуп! Өлтүрсөң — өлүмдөн өзүң каласың...
— Баланы ээгинен өйдө акырын-акырын кагып эркелетип койду. — ... мына ошентип өз кара башыңды сайып, өзүңү, өз үйүңү, өз элиңи коргойсуң — сен баатырсың, үкем... а буга жарабасаң адамдын кемисиң, ар кимдин жемисиң... — деп, балдар жакка кыжырлана итерип койду. «Калсын эсинде!» деди Бекназар өзүнчө.

— Кана... — деди Бекназар онбашыларга, бу «баштагыла» деген буйругу. Он башылар балдарды эки жаат кылып, «кылыч чабыштан» башташты. Эки жагын тең көздөн өткөрүп, кээ балдардын бырылдап ыйлап калганына жини кычап, кыйкырып тура калып, кээ балдардын өчүгө таймашып, бирин бири чалып урганын сүрөп, күлүп, кээлерин кайра кармаштырып, кийлигишип, тескеп турду Бекназар.

Бу «башыгуу» бул элде илгертен, кайсы атасы, кайзаманы эсинде калса «ошондон бери» делинип айтыла келет. Өтө катаал.

Балдардын аталары: «... башыктырып ал, эти сеники, сөөгү меники...» деп апкелишет, «бер» дешпейт, «ал» дешет. «Түзүк болсо ана, баатырдын жанында жоого жарар азамат, а түзүк болбосо мына, эң куру дегенде өз очогуна кожоюн, өз малына эге...» деген мудаты турат.

Эр көкүрөк балдар, ырас, сүйүнүп келишет, бирок катаал мамиле, катыран талап, чыдай албаган демзардеси жоктор бырылдап ыйлап жүдөп кетишет, көк мелтейлер бышыгып, өз жашынан мурда эр жетип, эчтемеден жалтанбаган, эч кимден тартынбаган тик көз жаран катарына кошулат.

«Бирөө башыкса да бышык болсун». дейт Бекназар.

Кийинки Узун-Агач, Ташкен түбүндөгү бетме-бет келишүүдөн соң эл ичиндеги мындай башыгууларга мылтык өтө зарыл экени билинген. Мындан кабары барлар өспүрүмүн апкелгенде устадан жаңы чыккан милтелүү кара мылтыгын ала келише баштаган. Бирок, али арбын боло элек. Шыйрагын жерге таяп, шашпай мээлеп атса бу алыска жаздымсыз тийет, көөнө замандан бери бу кырдан тиги кырдагы тоо текени жыгып сыналган мылтык. Бирок, урушта ыкшоо» деп өкүнөт бат атар мылтыктын чаңырыгы али өчө элек Бекназар. Кылыч чабыш, найза уруш, жаа тартыш ыгына кошумча бута атыш — «жатып атмай», «тике атмай», «жүгүрүп атмай», «ат үстүндө атмай», эң кыйыны «шабырт чыккан үн чыккан жакты тең болжоп атмай» башыгуунун эң зарылы эсептелип калган.

Ушинтип, башыгуу көп да даршан кылынбай, үзүлүп да калбай эрте жаздан кеч күздүн боюу кыроо убагына дейре акырындап жүргүзүлө берилет. Бир жылда саны канча болгонун эч ким эсептебейт.

Бу элетте жылдын төрт мезгилинде ар бир эр жеткен баласынан эңкейген карысына дейре экиден жарамдуу аты, тапкан куралы, күлазыгы — курут, чабаты, жылкынын бышкан этин майда туурап, как кургатып сокулап алган эт талкан мерчемдүү бир убакытка жетерлик камдалуу болот. Суу кайната кое турган жез абтаба[1] бир кишилик жанказан, жанаяк таза бойдон куржунунда турат, Жортуул, не үркүн күн башка түшсө «аттан» деген кыйкырык чыкса түгөл атка минмей, «көч» десе дүрбөп көчө бермей бул элдин байыртадан көнүмүшү, тагдыры...

[1] А б т а б а — суу куя турган жез чөөгүн.

Өз убагында «... бул элдин эң тынчы жогу, урушка камдуусу да, жарамдуусу да ушул кыргыз кыпчак жааты...» деп, ориеталисттердин алдын ала эскерткен билдирүүлөрү бекер жерден чыкпаган.

* * *

— Уктуңарбы, хантагасы Домбуну атып кетиптир го?

— Ким, кокуй?

— Ким экенин эч ким билбейт. Колго түшүп калган экен, Домбунун бир тууганы Тултемир өлөсө кылып сабатып, атка сүйрөтүп, Абил бийдин эшигине алпарган имиш дейт.

Эл бирпаста дуу-дуу болуп, хан тагасына кол көтөргөн кандай эр экенин өз көздөрү менен көрмөккө алдында аты барлар Абил бийдин айлына агып калышты.

Ошол убакта Абил бийдин эшиги да опур-топур болуп жатты. Кермелер толо ат байланган. Келип түшүп жатышкан, аттанып кетип жатышкан эл көп. Бийдин өргөөсүнө жакын жерде бир киши төрт казыкка керилип ташталган. Киши жылаңач. Кичинекей буурул сакалы канга уйпаланып, сербейип көрүнөт. Ал жөөлүгөндөй, эриндери бирдемени кыбырап, долдоюп, уурттарынан шүүшүн сарыгып, ичин уруп акырын онтойт. Көзүн ачпайт.

— Эй... Эй... — деди ал жанталпас кылып, бир убакта колу-бутундагы кыл чылбырды үзө тургансып, күч үрөп чиренип. — Сен кимсиң? Ыя?..

Көзүн ачты. Эки көзү кыпкызыл. Оозунан ысык дем чыгып акактап, эки жагын каранды:

— Суу... — деди ал. Эч ким суу берген жок. Улам жаңы келген киши карап өтүп жаткан эле. Азыр үстүнөн карап өткөн киши те алыстан, көк асмандан, көк чарым булуттардын арасынан башбагып тургандай, таанылбай, өтө алыстан көрүндү анын көзүнө.

Жаңы келген кишилер күбүңдөшүп калышты:

— Ой, бу... Бекназар баатырдын тууганы Кулкиши турбайбы?

— Ошол экен. Булардын кандай кастыгы бар эле Домбуда?..

Кулкиши тайын жетелеп оттотуп, кыштоонун үстү жагындагы адыр түбүндө, кара жолго жакын жерде жүргөн эле ошол күнү. Кара жол жактан тарс деп мылтык атылат да, кимдир бирөөлөр чур-р этип, кыйкырык чыгып, эки жакка дүпүрөтө ат чаап чаңып калганын көрөт. Не болсо да, чырдуу иш болуп жатканын сезип, көбүнчө тайын көздөн далдалап, камыштуу колотко бой жашырып жөнөйт. Ошондо артынан «Токто-о!» деп бирөө кыйкырып, адыраңдатып чаап жетип келет. «Кайда качып баратасың, энеңди урайын!» — дейт кубалап келген ат салып. «Ой!.. жигит, ой , көзүңө кара, өмгөктөтпө, ой!..» — деп корунат Кулкиши. Андан наркысы кымкуут. Артынан дагы эки атчан адыраңдатып чаап келишип, а-бу дегенге келишпей, ыраса тепкилешип, атка бөктөрүп жүрүп беришет. Кулкиши Абил бийдин эшигине келгенде бир эсин жыят.

— Ой, хан тагасына көл көтөргөн сенсиңби, Кулкиши? — деп, астейдил таң калып сурады Абил бий. Кулкиши Абил бийди көрүп, адилдикти көргөндөй эреркеп, бир чети актыгына күйүп:

— Энесин урдум ошо Домбунун! Бир өлмөктөн эки өлсүн. Менин ишим эмне?! — деп сөгүндү. Абил бийдин жанында турган Тултемир сабына коргошун уюткан камчы

менен башка эки-үч тартып жиберди. Кулкиши атырылып этегине асылды. Камчы дагы шыбап тийди. Ал эсинен танып кетти.

— Сени атты деп жатышат го. Өз көзүбүз менен көрдүк дешип атат го. Чыныңды айтчы, Кулкиши, кудай алдында! — деп сурап турган экен Абил бий Кулкиши экинчи эсине келгенде. Бу сапар Кулкиши бийди да жек көрүп:

— Баягы сенин ашыңда эр чабыштын байгесинен тийип калган тайды жашаңга откозуп жүргөн элем... Ыя, бий, ушу мени адам өлтүрөт дегенге ишенесиңби? — деп сурады. «Сенин ашың!» Тирисинде элге билинбеген момун «Жаманкул» аты өлгөндөн кийин эсте жүрмөкпү, аш «Абилддин ашы» аталып кала берген. Не дейт эми буга?! «Атаны... өзү теңелбесе жамандын сөзү теңелет деген ушубу?..» деп айласыз токтоло калды Абил бий. Кулкиши жаш аралаш калчылдап кетти:

— Ыя? Ушу эртең бошонуп кетсем, сени да атып салам. Ушуга ишенесиңби, ой Абил бий?!

Тултемир сабына коргошун уюткан камчысын дагы көтөрүп калды эле, Абил бий кайрылып басып баратып:

— Болду. Көп урба эми. Сурап ала турганы бар мунун дагы... — деп тыйып кетти. Бекназарга киши чаптырды.

Ошондон бери түш жарым убак өттү. Бекназардан кабар жок. Келтектин уусу денесине жайылып, улам эти карарып ичи көөп, Кулкиши эсинен танып жатты.

Абил бийдин өргөсү күү-күү. Бекназар кечиккен сайын Тултемир кычайт. Ал карылардын жүйө сөзүнө конок бербей:

— Биз дагы элбиз! Дан багарлардыбы? Чабабыз биз дагы! Эр өлтүрүш кандай экенин көрсөтөбүз биз дагы! — деп чарылдап жатты.

Баарынын кулактары делдейип, өлүп гана көрбөгөн, башка мүшкүлдүн баарын көргөн карылар да ачык сөзгө өтө алышпайт. Чеки дешке тигинтип Домбу өлүп олтурат, аткан жеринен кармап келдик дешип, минтип Кулкишини төрт казыкка керип коюп отурушат. Бир гана дан багарлар өзүлөрү эмне дешет, алардын тыңы Бекназар жанкечти эмне дейт буга, жообу кайсы болот?

— Асте, баатыр, — деди Абил бий акырын, — ушул Кулкиши атканына ишене албай турам, бир аз...

Тултемир карөзгөйлөндү:

— Ишене албай? Мен ишенем! Муну Бекназар тукурду. Бекназар аттырды...

Абил бий бүшүркөп, ортозаар болгонсуп, тигинин сөзүнүн да теги барын моюнга алгансып, жумшарып отуруп сүйлөдү:

— Көз менен көрбөгөн соң, Тултемир, паланча ушундай кылды деп кесе айтып баарын көрүп турган кудай алдында күнөөгө кириптер болобузбу? Болор иш болуп, боёгуна канып турат, эмне пайда шашылганда эми? Шашылбайлы. Териштирели. Сураштыралы. Жетели аныгына. Өзүңдүн көз алдыңда, Кулкишиден үч кайрылып сурадым, же өзүңөр аны атып жатканда колунан кармап кала албагандан кийин, же, жок дегенде, мынтыгын кармап албагандан кийин...

Тултемир:

— Жо, ушул эле атты, ушул эле атты, мынтык тарс дей түшкөндө биз Домбу акем менен болуп калып, анан нары-бери чаап, туш-тарапты арытсак, ушул Кулкиши гана... Качып баратыптыр... камыш аралап...

Аңгыча Тултемирдин жигиттеринин бири жүгүрүп кирип келди:

— Келди Бекназар...

Тултемир камчысын бүктөй кармап, ордунан ызырынып тура калды. Абил бий камыраган жок. Бир ууртун тартып жымыйып гана койду:«Мейли, кайраты жетсе Бекназарды башка эки чапсынчы, менин эшигимде!» — деген ой кетти.

Бекназар Эшим экөбү экен. Дупүрөтүп катуу келишкен бойдон, котолоп жардап калган көпчүлүктү аралай, салам да айтышпай, айтылган саламга алик да алышпай, кайсактап каранып эл ичинен Кулкишини издеп келишти. Бекназардын бардык жини бетинде, эки көзү кыпкызыл. Тигинде жапжалаңач, ичи көөп, чиренип жаткан Кулкишини көрө салып, атынан ыргып түшүп, башы жагынан келип, акырын отурду да, башын жөлөп:

— Кулаке... Кулаке... — деп акырын үндөдү. — Йе, Кулаке...

Кулкиши кыңкыстап үн чыгарды. Өзүнүн атын ким чакырып жатканын ажырата албай, жакшы эсине келе албай, кичине онтоду.

— Суу барбы? — деди Бекназар артына. Кимдир бирөө чуркап бир кесе суу апкеле калды. Бекназар сууну Кулкишинин оозуна кармады. Ээгине муздак суу тийгенде, Кулкиши биртке жанданып, бирок дагы эле көзүн ачышка жарабай, үзүлүп түшө үч-төрт жутуп жиберди. Ошондон соң тириле түштү. Бекназар суунун калганын Кулкишинин бетине себеледи. Кулкиши көзүн ачты.

— Кулаке!.. — деди кулагына жакын үңүлүп Эшим. Кулкиши:

— Ыя?.. — деп алды да, кайра кабагын тырыштырып, көзүн жуумп, онтоду. — Айттым го, бий... Атып башыма урамбы Домбуну?!. Ой, Бекназар... Келдиңби, Бекназар?.. Карагылачы...

— Келдим, Кулаке! Мен Бекназармын...

Кулкиши жооп бере албай, кайра шалдырап, акырын демин алып, солуп жатып калды. Бекназар тамырын кармады. Согуп жатат. Араң согуп жатат. «Келтекке уугуп калган экен» — деген ойго аралаш, Бекназардын кыжыры кайнап, өзүн токтото албай, оң колу кылычтын сабына сермелип, ордунан атып турду.

Ошол учурда Тултемир сабына коргошун уюткан камчысын бүктөй кармап, жол торой:

— И? Кылгылыкты кылдырып коюп... — деп келатты.

Бекназардын эки көзүнө кан толуп кеткендей болду.

Ачуудан жаагы карышып, кылычын сууруп, алып, өзүн да унутуп, чуркураган элди да унутуп, түптүз Тултемирди качырып басты. Тултемир камчысын алыстан шилтеп калды. Бекназар сол колу менен камчыны өрүмдөн шап кармап, бир силкип, Тултемирдин колунан сууруп алды. Тултемир эки этегин далбактатып, Абил бийдин өргөөсүн тегерене качты. Бекназар жолборстой күркүрөп, алдынан жан беттеп тосо албай:

— Ата-ганаң-дын!.. Хандын тагасы эмес агасы болсо да, өлтүргүм келсе өзүм эле өлтүрөт болчумун Домбуну. Жалаа жапкың барбы? Ыя?!. Ата-ганаңдын... Ушул жерде, Абил бийдин эшигинде ушу сени өлтүрүп, баарын мойнума көтөрөйүнбү, ыя?.. — деп, кылычын эки шилтеп, Тултемирдин далбактаган эки өңүрүн түшүрө чаап жиберди. Тултемир Абил бийдин үстүнө кире качты.

Карап тургандардын аңы учту. Абил бий эшикке чыгып да койгон жок. «Келсин алдыма өзү» деп отурду. Бекназар биртке эсине келип, эшиктен кирип, босогодон жогору өтпөй токтоп, салам айтты. Абил бий башын ийкей, саал тынчы кете копшолуп, үнсүз алик алды. Бекназар улагага сыңар тизелеп отура калып:

— Бий, — деп акырын баштады, — бу менин кой оозунан чөп албаган бечера тууганым эшигиңизде керилип калыптыр, күнөөсү болсо күнөөсүн мойнума алып, күнөөсүз болсо, момунду мынча кордук кылгандардын аты ким экенин аныктап кетейин деп келдим...

Абил бий:

— Төргө өт, баатыр, — деди шашылбай. Бекназар сес кылдыбы, өчөштүк билдирдиби, улагага сыңар тизелеп отурган бойдон, унчукпай былк этпей койду. Абил бий да экинчи сазе кылган жок.

— Баатыр тууганыңа биртке шек түшүп турат. Домбу хан тагасын кимдир бирөө жолун тосуп атып качкан экен, мына бу Тултемир баштап, жигиттери кууп кармашса, ушул Кулкиши болуп чыгыптыр. Эмне кылабыз? Менин дагы башым маң. Ишенейин десем, кармалган момун Кулкиши, ишенбейин десем, Домбу атылып отурат.

Бекназар дагы катуулап кетти:

— Домбуну өлтүргөн башка киши. Аны өзүңүз жакшы билесиз, бий. Бирөөнүн мага жалаа жапкысы келип жаткан болсо, аны ошондой деп эле ачыгын айтсын, Кулкишини аралаштырбасын, колунан келеби, мына менин өзүмдү кармасын! Көзүңүз жетип турат, бий, Домбуну өчөшкөн бирөө өлтүрдү, а биздин өчөштүгүбүз бар беле?

Абил бий ууртун тартып, «Дан багарларга жакын жерден тос. Уктуңбу?..» деген сөзү көңүлүнө келип, ошондогу күңкүл үнү азыр кулагына угулуп, тымызын ойлонуп калды. Кокус Домбу мерт болуп калса, башынан эле дан багаларга доо кылайын деп болжогон эмес. Шекти гана өзү жактан алыстатып коймокчу эле. Мына, Домбу бир ок менен тындым болду. Ошол тегеректен дан багар Кулкиши кармалды. Оюэки эсе болуп, оңунан чыкты. Эми Абил бий үчүн калыстык сурап Бекназар гана алдына келиши керек эле. Мына, Бекназар да, Тултемир да. Абил бий чатакты өзү басууга өттү;

— Тултемир, эми көп уруна бербе. Түшүнүп турабыз, алдырган энесинин койнун ачат деген, сен агаң өлүп алдырып турган кишисиң. Ошентсе да, өз көңүлүңдө өзүң калыс бол, бекем бол, ушу дан багар туугандарыңдын силерге өчөштүгү жоктугун ойлон, ага бизге кошулуп ишенип көр. А баарыбыз күбөбүз, Домбуга данбагар туугандарыңдын жеринин четинен ок чыкты, бирок кокту-колотто ким жүрбөйт, эсте болсун бул жагы...

— А Бекназар, чычалаба сен дагы, — деп Абил бий Бекназарды карады. — Тууганыңдын көп келтек жеп калганына уукпа. Күйүт экилентип турганда колу тийип калыптыр Тултемирдин, макул, кечиримдүү атайы кылбаган соң. Тууганымдын урушу торконун жыртышы. Эчтеме болбойт. Билбестиктин иши. Кабак эмес каңк этип жарылып жатып кала турган Кулкиши. Семиз кара кой союп, терисине ороп кой. Туруп кетет эртең...

Отургандар:

— О, сөз эмес бекен! — деп жабыла кубатташты. Бөлөкпүзбү? А көрө, бириңден бириң шек кылып, чырылдашып отургандан көрө, кайран Домбу тууганыбызга кол көтөргөн наисапты издегиле да көптөп...

Бекназар обдулуп:

— Ыракмат, бий, — деп ыраазылык билдирди, — ыракмат, сиз ушинтип адилеттике кызмат кылсаңыз, биз Сизге кызмат кылбасак көзүбүздөн чыкпайбы! Макул, айтканыңыз айткан, бөлүнбөй, жиктебей Домбу тууганыбыздын ариетине тике туралы баарыбыз...

Тултемир булар келишип кетти дегенчелик түр көрсөтүп:

— Өлгөндүн эле шору окшойт... — деп мыңкылдай баштады эле, Абил бийдин эки көзү тептегерек болуп, ачуусу келип:

— Тарт э! — деп кагып таштады. — Эби бар да бейжайлыктын да! Тууган жалгыз эле сеники беле? Кайран Домбу ушу турган баарыбыздын тууганыбыз болучу. Кычы сүйлөгөндү коюп, ариетине камдан. Катар туруп өкүрүп, эл көргүндөй ариетин кылып, тууганчылыгыбызды түзүк өтөп, жакшы көмөлү. Эси жок, күн түгөнбөйт, издейбиз өлүктү көмүп алган соң, же өлүгүбүз капшытыбызда сасып жатсын, биз этегибизди үзө чабышып отуралыбы, сенин оюңча? Ыя?

Тултемир үңкүйдү.

Бекназар Абил бийге биротоло көңүлү агарып, ордунан туруп, кадимкидей ийилип тазим кылып, ыракмат билдирип, коштошуп чыгып кетти.

Эл дүүлүгүп, өргөөдөн Бекназар эмне болуп чыгар экен деп, тирелип күтүп турган эле. Бекназар тышка чыкканда санаасы жакшылардан эки-үч киши жүгүрүп алдын тосушту. Бекназар унчукпай өтүп кылыч менен кыл чылбырды кесип-кесип таштап, Кулкишини бошотту:

— Оро чепкенге... — деди Эшимге. Эшим күдүңдөп, дагы бирөө жардамдашып, Кулкишини чоң чепкенге ороп жиберди. Кара кашка аргымакка минди Бекназар. Шылкылдаган Кулкишини ага өңөртө беришти. Ооруксунуп кичине кыңылдады Кулкиши. Балача алдына алган бойдон, Бекназар эч кимди тиктебей, эч ким менен кайырлашпай, унчукпай, көк өзөн багытына салды. Эшим үзөңгү кагыша катар, Кулкишинин этегин жаап, чепкенди тартып ороп жардамдашып кетти.

Турган эл дымып тиктеп калып калды.

— Тууган болсоң ушундай бол! Кайран Бекназар! — деди бир убакта бирөө.

— Бекназар Бекназар болуп, бүгүн туугандыгын көрсөтпөсө туугандарына сөзү өтөбү эртең?! Мына, айыкса Кулкиши ажалга жумшаса барып берет Бекназарга. Туугандык деген ушу! — деп коштоду экинчиси.

Данбагарлардын карааны улам алыстап баратты...

VIII

Сары күз эле...

Кырк сыпай менен капыстан келип Насирдин бек Абил бийдин айлына түшүп калды. Ким чакырды эле? Айыл бүлүнүп калды. Абил бий жайыкка тезинен он- чакты өргөө көтөрүп, сыпайларды жайгаштырып, Насирдин бекти өз үйүнө түшүрүп кадырлуу, сыйлуу мейман катары күтүндү. Бирок ханзаада бу сапар кабагын түйүп, эч кимди бет багып тиктебей, чечилип сүйлөбөй, саламга келгендерге алдыртан серп таштап, түнөрүп отурду.

Кыска үйрүлүп амандык сурашкан соң:

— Абил бий! — деди Насирдин бек катуу. — Менин жан тагам кайда?

Отургандар дем тартпай өргөө ичи бейиттей жымжырт боло түштү. Абил бий кайгылуу томсоруп, башын жерге салды. Көздөрүнүн кыйыгы бирде Насирдин бекке, бирде Абил бийге көчүп, ушу азыр өлөрчө коопту сагатты күттү, ар ким отурган жеринде катты.

— Айт, бий! Менин эзил кайран тагам көрүнбөйт!

Абил бий үшкүрүп алып, баш көтөрдү:

— Ханзаада... Кайран Домбу сиздин тагаңыз болсо, биздин жан күйөр тууганыбыз болучу. Жазмыш ошол белем, кайран Домбу бул дүйнөдөн жүз үйрүп бизди таштап кетти...

Эл жеңилдене шыпшынып жиберишти. Шыпшынуу өлгөндүн кадырын эстөө эмес, ошол чөлдүн жыланындай ышкырган Насирдин бектин каарына туруштук кылып, калтаарыбай жүйө сөз таап турган Абил бийдин тилине шүйшүнүү эле.

— Ошондойбу? — Насирдин бек заардуу көз менен ата тиктеп кекетти. Ал баягы жылдардагы боз улан эмес, көрктүү чертилген жылтыр кара муруту сулуу жүзүнө жарашып, картмак тартып, келбетине сүр кирген. Сол ныптасында сабына каухар чегерген, кынына күмүш жапкан ийри кылыч жатты. — Ошондойбу, бул дүйнөдөн өзү кечип кеттиби? Айтчы, бий!

Өзүнүн төрүндө, элдин көзүнчө минтип желкелөө Абил бийдин этин үркүттү. Көзүнөн кашкөй учкундар жылтылдап, чекеси чүрүштү:

— Жээнчер! Домбу тагаңыз кудайдан келген ажалдан өлдү. Кудуреттүү кудай өлүмдү бирөөгө октон, бирөөгө оттон, бирөөгө жаздыктан жеткирем деген го. Жазмышы ошол экен, жан тагаңыз өчөшкөн бирөөнүн огунан себеп таап өлдү. Кудайдын каалосуна не дегиң бар, жээнчер?

Отургандар дуулдай түштү. Насирдин бек кубарып кетти. Ал обдулуп бирдеме демекчи болду эле, жанында баятан көзүн жуумп чарчап отурган кары кеңешчиси колунун учун көтөрүп, аны токтотуп койду. Насирдин бек кыжыр менен эрдин тиштеп отуруп калды.

Абил бий башка жакты тиктеп, мисирейип;

— Кантели. Кайран тууганадан айрылып көп ыйладык, көп күйдүк. Тапкан жокпуз. Кантели. Арты кайырдуу болсун. Мындан өзгө көңүл төтөгү барбы, — деди.

Хандын, анын эрке балдарынын азабын эл көп тартканын Абил бий билбейби? А ошо биле отуруп, Домбунун өлүгүн ошондой катуу баштыктын, аңкоолуктун залдарын жашырып кала турган окуяга айлантып, ушуну менен тактын эртеңки аманчылыгына эмгек көрсөтмөкчү эле. «О бузулгандар... ушинтип жүрүп, кайран Нарбото бий үч тайпа

— кыргыз кыпчак, кыргыз казак, сарт кыпчак элине башбаанек болсун деп көтөргөн үйдү өрттөп жиберишет бу өңкөй катынпоздор...» — Абил бий ачык эле кыртышы сүйбөй тыржыйып калды. Домбу атылган соң ал жөнүндө ордого өзү кабар кылган, артынан элден чогултулган дүйнөнү чыпчыргасын коротпой казынага жөнөткөн. Домбунун өлүмүн табалап, бүткүл жамандыкты, жабырды ошого шылтап, караламанды сооротуп, хан атын, хан даражасын кир жугузбай коргоп отурбады беле. Ал катуу өктө ойлоп, сынып калды.

Бирок кылып кете турган иштин тизгини тиги күчтөн тайып бир кудайга кулдугунан башка бул жер үстүндө эчтемеси калбагандай көзү үлдүрөтө сүзүлүп отурган кары кеңешчиде болучу. Бул аяр адамдын келип турушу элеттин бир-эки айлын итин улутуп кыйратып кетишти түшүндүрбөйт. Мунун вазифасы кылыч менен баатырлык кылуу эмес, мунун вазифасы жылма сөз аркылуу, адаттын чеги, шарияттын жобосу аркылуу тушап жыгуу.

— Капа болбо, бий... — деди кары кеңешчи шалдыраган алсыз үн салып. — Жээниңиз жан тагасына күйгөндүктөн кызуу сүйлөп койду окшойт. Эркелейт да... Бала да... Кечирип койгойсуз, бий... — Кары кеңешчи башын ийкеңдетти... — Кантебиз. Өлөр. адам өлүптүр. Сиз менен биз тириктин тынччылыгын көздөшүбүз лаззим...

Эки манап тиктешип калды. Абил бийдин жүзү жумшарды:

— Бул ак сөз...

Насирдин бек Абил бийдин үйүнө калбай жигиттеринин үстүнө аттанып кетти, жөн кетпеди: «Күнөкөрдү табасыңар, болбосо...» деп катуу зил менен кетти.

Бүт элет күңгүрөп, Домбу үчүн Насирдин бектин кун сурап камалап жатканын коопменен кеп кылып, кулак түрдү. Ханзаада Насирдин бек мырзанын каарына Абил бийдин сестенбей туруп айткан каяшасы өзгөчө даңаза болуп жатты.

— Кайран бий! Таш тиштетти хан баласын! Кана, кай пенде батынат хан тукумуна! — деп мактаныш, сыймык болуп тарады.

Туштуштан Абил бийге айыл аксакалдары, уруу билермандары саламга келе башташты. Алардын дилинде кадырлуу Абил бий бейкүнөө тил угуп, кордук көрүп калган сыяктуу. Анын алын сурап, кабагын байкап, керек этсе ар кандай көмөк көрсөтүшкө тымызын даярдык кылып келип жатышты. Кайсы кордукту көрсүн? Насирдин бек менен биртике кермур айтышкандагы ызасын кечинде от боюнда кары кеңешчи жууп таштады. Бирок, келгендерди Абил бий адил кызматы үчүн акарат алган кишидей муңайып отуруп тосо берди.

Насирдин бек жоо кийимин чечпейт. Арасына элеттен киши аралаштырбай тамаша куруп, союш жешип, сыпайлары тойлоп жатты. Күндө бир убак атайылап кыйкырып кырдап чабышып, атчан дабла аткылашып элдин сесин, алышат. Күндө кечкурун корбашысы беш жигит коштоп айылды аралап ат ойнотуп:

— Күнөкөр табылдыбы? — деп кыйкырып, мырзасынын талабын эске салып өтөт, күнөкөр табылбаса камсыз айылды канавайран кылышарын ачык туюнтат.

Четтен баарын байкап, баарын угуп турган Бекназардан да, акыры Абил бийге Эшим салам жеткирди.

— Ыракмат, пансат. Кутурган күчүгүнө кайрыган сөзүңүз мени ыраазы кылды. Ушундай эле болмокчу эле. Буларга кылган кайыр чайыр болуп кайтарын түшүнгөндүрсүз...

Эшим бүктөй кармаган камчысын көкүрөгүнө алып таазим этип, Бекназардын бул саламын сөзмө сөз айтып турду. Абил бий күлүмсүрөп, жүзүнө нур ойноп, кубанып укту. Кымызга талыкшый түшкөн кары кеңешчи катар коюлган куш жаздыкта үргүлөп кеткен эле. Ал тиши жок оозун биртике ачыңкырап, тамагынан кыркыр этип коңурактап, былк этпей жаткан. Абил бий ага аста көз кыйыгын таштап алып, Эшимге акырын сүйлөдү:

— Айтып бар баатырга... Бекназардай тирегим болбосо, менин карам чымчык үркүтөр беле! Сел токтотор кубатым, айбатым силерсиңер, айланайын...

Эшим кетүүгө диттенип, кайта кыйылып токтоп, тиги жаткан киши жакты тиктеп калды. Абил бий сезип:

— Айта бер. Сыр жашыра турган бөтөн жок, айта бер! — деди. Кыйды чал сөз тыңшап жатты бекен деген кыяз кылып, тыңшаса көңүлүн бир кубантып коймокко бий акыркы сөзүн көтөрө салып кайталап айтты:

— Айта бер, сыр жашыра турган бөтөн жок, айта бер!

— Насирдин бектин бардык жолу кесилди. Мерчемдүү жерлер тосот кылыкды... Сиздин бир ооз сөзүңүздү сурады Бекназар аке.

Абил бий ордунан учуп туруп, Эшимди жакасынан өзүнө жакын тартып:

— Жинденбесин... Жинденбесин!.. Токтотсун... Токтотсун!.. — деп шыбырады аптыгып.

— Бий туура айтат.

Абил бий селт эте түштү, Эшим катып калды. Уюп жаткан жыландын көзүндөй жылтырап, кары кеңешчинин нурсуз көздөрү жаздыктардын арасынан экөбүнө кадалып турган эле.

— Кхм... бий тууру айтат... — деп, эч шашпастан ал акырын козголду. — Айтып бар, жакшы жигит, баатырларга бөрүнүн уясын бузуп, бөлтүрүгүн кармап алса болот ки, бирак бөрүлөр өчүгүп кийин короого апат түшүрөрүн тоолуктар жакшы билишпейби? Ушуну баатырлардан сурап кой, жакшы жигит.

Абил бий чаңырып кошумчалады:

— О! Айтып кой!.. Теңирбердиге айтып кой!.. Уктуңбу! Уктуңбу?

— Уктум...

Эшим таазим кылып чыгып кетти.

Ошол күнү эле Абил бий элеттин билермандарын шашылыш чогултуп, Бекназардын жең ичинен жүргүзүп жаткан аракетин чийинден чыккандык деп айыптады. Кимде-ким тентектин тилине кирип айлынан жигит чыгара турган болсо, элчиликтен кетишерин эскертип, катуу буйрук кылып тыюу салды. Эртеси түшкө жа- кын Наманген бегинен дагы кырктай аттуу сыпай Насирдин бекке кошумча келди. Насирдин бектин корбашысы эми кутурду. Айылдан айылга киши каттатпай, топтонтуп ат бастыртпай, жолжолдун тоомдоруна куралдуу кол койду. Элдин үрөйү учту. Өлтүргөн кишини ким табат? Мен деп келип береби? Эгер өлтүргөн табылбаса, анда Насирдин бек шектүү деп элдеги белдүү жигиттерди бүт карматарын айттырды. Ким чыдайт буга? Айла түгөндү.

— Деги айтсын, ханзааданын кантсек көкшүнү сууйт экен?

— Айтсын! Не көксөгөнү бар экен? Ачык айтсын! — дешип суроо салышты аксакалдар кары кеңешчинин алдына келип.

Кары кеңешчиге ушул учур зарыл болучу, ал көп күндөн бери зарыгып ушул сөздү бул элдин өзү айтышын күткөн эле. Хан тагасынын өлүгүбү, ит өлүгүбү, ага баары бир, эптеп шылтоого жарап элеттин каймагын калпып кетүүгө жараса болгону да. Ал шек бербей бөөдө кайгыга дуушар болуп, аргасыздан кирпигин кыймылдатып арага түшүп отургансып:

— О тагдыр-ай, кандай күн туулуп кетти! Башка кылар амал жоктон айтасың... — деп кыйналып, кыңылдап сүйлөдү. — Кантесиңер? Кан бере албасаңар анда кун бергиле. Адат ошол, салт ошол, шариятка сыйганы ошол... Майли, мен ханзаада жээниңерге сөздөшүп көрөйүн. «Бечара тагаларыңды жарга кыспа, журтчулуктун ыгына көнүп кой» дейин. Кудурети күчтүү кудайым көңүлүнө макул салып жиберсе ажап эмес го...

Мына зордук деген ушубу? Аксакалдар жымжырт болуп отуруп калышты. Бир өлүп көрбөгөн башка жамандыктын баарын көргөн деген карысы да кеңгиреп башын көтөрө албады. Өлүктөй тынымды Абил бий бузду. Ал ортодо калбадыбы. Анын өкүмүнө ыкрар кылып, амирин туткан өз эли минтип кыстоодо турушу кайдагы бир атасы башка келип кысмактап турушу Абил бийдин арына тийишти. Өйдө тартсаң өгүз өлөт, ылдый тартсаң араба сынат. Ал улутунуп жиберди:

— Мейли, алгысы келген кунун алсын! — деп, ичинде угуттай кыжырын жашыра албай кетти. — Үйүнө капыстан жылан кирип келсе ак чачып чыгарасың. Ошол да!

Насирдин бек күндөн күнгө катаал. Сыпайларын эркинче койду. Жээликкен жигиттер айыл чуулдатып чаап, үрүп чыккан итти аткылашып, элдин малын четинен сурабай кармап союшту. Бул журттун зоруна да, букарасына да кастарын тиккен душман катары кутуруп жатышты. Күнүгө кечкурун корбашысы беш жигит коштоп чыгып, дүбүрөтө жол чаңдатып чаап:

— О тагамдын куну бүттүбү? — деп кыйкырып, мырзасынын каарын түйдүрүп өтөт. Бул кекетүү, мазактоо. Алдына ат тартып, үстүнө кымкаптап тон жаба коюп бүтүрө турган иш болсо кана? Насирдин бек оозуна батышынча сурады. Бүтүл элетти кунга жыкты. Миң сары таман ат, миң кызыл дилде! Бул дүйнө кайдан табылат? Кайдан жыйналат? Акыл кайда? Арга кайда? Алгач бөрү көргөн малдай топурап, Бекназардын жанына топтоло калган элди Абил бий камчысыз айдап таратты. Эми ким баш көтөрөт? Ким чогулат?..

— О тагамдын куну бүттүбү?

Арыз, доо, барымта чоң айылда суралат эмеспи. Кун бычымы да ошол чоң айылда, Абил бийдин айылында. Айылдын үстүндөгү соксойгон кароол таштуу дөбөдөн жарым айдан бери карайып жыйын тарабады. Жыйын башында элеттин көкүрөк көтөргөн билермандары, аксакалдары бүт бар. Кун ойлугу кары кеңешчиде, ал корунган бөйдөй бүрүшүп, чыканактап жатканынан козголбой тарамыштуу арык мойнун кыңырайтып, көзүн сүзүп, үлдүрөп жатты. Элеттин жаагын жанган чечендери мусулмандыкты, туугандыкты, жерликти ортого таштап, биринен сала бири саймедирейт. Кары кеңешчи көзүн араң ачып:

— Э, мусулмандар, менин айтканым айткан болсо, силерди ушунчалык кыйнар белем?.. — деп купкуу алаканын жайып коёт. — Өлүктүн мураскору ханзаада. Ханзаада тагасынын кунуна жырык тыйын албай кечип кетсе ага мен эки дүйнө ыраазы болуп, ыракмат деп аттанып кете берем го, антсе кана?

Аксакалдардын бири башын калтылдатып кейиди:

— Өй, увазир, кудайга карасаңчы. Мураскор дейсиң... Ханзаада кайдан мураскор болот. А жөн эле өкүм зордук дей бер да. Домбу канетсе да өзүбүздүн эле тууган болучу...

— О, теңир ай, өз тууганың үчүн өзүң кун тартып...— деп жиберди топтун четинен бирөө.

— Мусулмандар, э мусулмандар... ханзаада Насирдин бек бери аттанып чыгарда Калам-и-Шарифти бизден канча өйдө билген пакиза уламалардан жол сурап чыккандыр, жөн эле түн каракчысы окшоп келе бербегендир...

— Шарият колунда, увазир, кайда жетелесең өз эркиң, — деп ыза болуп, аксакалдардын бири тура жөнөдү. — Бар, билгениңди кылып ал!..

— Бүлүнтүү оңой, мусулмандар, — деп көзүн кылыйтып жыландын башын чыгарды кары кеңешчи, — бүлүнтүү, билгениң кылып кетүү баарыдан оңой, мусулмандар, а бүтүрүү деген кыйла машакат. Э, ушу чыры жок бүтүш мага эле пайдабы? Ойлонуп көргүлө, мусулмандар, ойлонуп көргүлө...

Арт дүбүрттөп калды. Турган эл чуулдап жарыла качты. Жигиттерин чубатып Насирдин бектин корбашысы жыйынга түптүз аткоюп кирип келаткан эле. Ал ат ойнотуп тиги уй мүйүз тартып отурган билермандардын кашына токтой калды да:

— Кана, тагабыздын куну бүттүбү-жокпу? — деп кекерлеп катуу сурады.

Абил бий жумшак күлүмсүрөп, ээгин көтөрө муңайым жооп кылды:

— Камсанабасын ханзаада. Бүтпөгөн иш болор беле, бүтөт, — деди. Корбашы тиги кары кеңешчи бийдин сөзүн кубаттаганын билгизе башын акырын ийкеп турганын бир карап билди да, ат үстүнөн таазим кылган болуп ишарасын түзөп, кидирбей кайра тартып, дыргыткан бойдон кетти. Эл селейди.

— Бий... — Бекназар катардан обдулуп, туталанып сыңар тизелеп тура калды. — Не тебелейт булар? Не кутурат булар? Чыдап отурасыңбы бул кордукка бий Абил? — деп, ал табалады, кейиди. — Эй, каран күн, бизге кошоматтан башка, чокубузду колубуз менен калкалаштан башка арга калган жок беле?..

Абил бий нестейип укту. Эки ортодо айласы куруду. Ал иреңи кубарып, кысталып:

— Э, баатыр, түшүнүп турам... — деди ой басып. — Бийлик бар жерде зордук бар, зордук бар жерде кошомат бар. Бийлик кылыш башкаларга караганда ток жүрүш үчүн керекпи? Кошомат кошомат кылыш, ошону менен жан багыш үчүн зарылбы? Ушундай да болот. Бийлик бир көпкө таандык бир улук ишти баштоого же бүтүрүүгө бел болуп берсе, ага не жетсин, анда бийлик канча катуу, канча кандуу болсо да, анын катуулугу, кандуулугу акталып кетет. Кошомат да көпкө пайдалуу бирдемени солкулдак көпүрөдөй калпыс учурдан өткөрүп кетүүгө аралжы кирсе, анда кошомат канча пас, канча кир болгонуна карабай, анын пастыгын, кирлигин кийинкилер кечирип коёт... — Абил бий тегерегин муютуп ушундайча жооп айтты да, сабыркап кеткен өңдүү кирпигин ылдый түшүрө берди. — Сабыр кылалы, баатыр. Сабырдын түбү сары алтын...

— Сабыр? Сабырдын түбү сары алтынбы? Бий, сабыр кылуу, чыдоо, күтүү жакшы дейли, бирак көп сабыр кылууга, көп чыдоого, көп күтүүгө убакыт барбы, адам өмүрү өтө кыска да... — деди Бекназар. — Мына биз сабыр кылып не таптык? Сабырдын түбү сары алтын эмес сары убайым болуп жүрбөсүн!

Миң жылдардан бери элеттин тарыхы, заңы, салты, таамай сөзү оозеки жашайт, атадан балага калып, замандан замандарга көчүп келет. Сөз кадырын билишет. Жыйын асел аарынын уюгундай күңгүрөп баратты. Кары кеңешчи томсоруп, айлакер көздөрү

диртилдеп жоопарасына тегерене чаргыды. Баатырдын от көзү, куйган жездей чың бою, кайраты аны таң кылды, элдин башына түшкөн жабырга күйүп, түтөп турушу, бир чети жагып да кетти. «О жаратқандын ичи кең, тикенектен гүл чыгарган кудуретиңден айланайын жараткан, баш деп куру кабакты көтөртүп койбогон экен буга, ушунусуна жараша... Оозунан чыккан сөзүнүн жүйөөсүн көрбөйсүңбү...» — деп ойго батып тиктеди.

Эл дүүлүктү. Жабыла атка чуркашып, кымкуут баштала турган өңдөнүп баратты. Бу этекке чок түшкөндөй мезгил, кол күйсө да будалап өчүрүп калбасаң, бүт өрттөнүп кетишиң мүмкүн. Абил бий тынчсызданды. Анын кабагын байкап турган кай бир аксакалдар дароо тура жүгүрүшүп, аттанып калышкан топтун алдын тосушту.

— Ай, бирпас сабыр кылгыла, токтогула.

— Бул алаамат бир силердин башыңарга түшүп турабы? Түшкүлө аттан. Жалакайлык көрсөтпөгүлө. Не болсо да чогуу туралы, кеңешели.

— О, кокуй десеңчи... Бөлүнгөндү бөрү жейт, колтук ачпай туралы.

— Йе атасынын көрү! Туулмак бар, өлмөк бар, несине кайышкыдайбыз!

— О жок, аксактын акырына караган жакшы...

— Кана, түшкүлө... Тынч бүтө турган иш болсо тынч бүткөнүн көрөлү, бүтпөсө бүтпөгөнүн көрөлү... чогуу көрөлү...

Кыйла сүрсүр кеп, журтчулук айтылып жатып, Бекназар баатырды ээрчип аттангандар кайра түшүштү. Жыйын кайра күү-күү. Чечен тилдер салттын, адаттын, адалдыктын чегин кайра ортого таштады. Кайра өктө, кайра таарыныч, кайра эгешүү. Бирок кары кеңешчи майтарылбады, жүйө сөзгө тен койбоду. Өзү үргүлөп, кичинекей, куурап бараткан колдорунун учу араң кыбырап теспенин ташын жаймажай санайт, ушунусу болбосо сөлү качкан ирэңи тирүүнүн кейпи эмес. Анткени менен, азазилдей кыйды акылы абдан так. Сөздөн көрө билекке сыйынгандардын өмгөгүнөн да сезгенбеди. Кокондун чарпаясында чай ичип отургандай анын эчтемеден камсанабай, камырабай отурушу элдин эки көзүн ого бетер чекчейтти, кандайдыр катаал күчтү сездирип үшүн алды.

Жыйын бул күнү да бүтүмгө келбей күн батырды.

Абил бий өргөөдө чоң жагылган от боюнда. Ичиги желбегей, бир жеңи ийнинен түшүп кеткен, өйдө кылбайт, оорудай сабыры суз. Былк этпей чоктун кызылын тиктеп отурат. Кары кеңешчи чарчаган өңдөнөт, төрдө куш жаздыктарга кыңкайып, алаканын жаагына жаздап, бүрүшүп жаткан. Ал дайыма уктабаса да көзүн чала жумуп, бардык шумдугун кирпиктин артына жашырып, кулагын аяр түрүп жатчу го, бүгүн көздөрү такыр эле жумулбады, ал дагы ойго батып от кызылын тиктейт. Жана элдин дүрдүгүп атка чуркаганда козголбогон кыйды киши азыр тигинин ырайын байкап, чоочулап, демин ичине тартты.

— Бий... — деп акырын кеп баштады, ал акырын өйдө болуп. — Кхм... Эл сиздики, бул оорчулук сизге да салмагын салды. Улук сардар Абдырахмандын сизге пикири кыйла жакшы, о кудайым жогору кылсын мартабасын... Кабакты ачыңыз, бий. Алтын такка көрсөтүп келген ак кызматыңызды ордо эсинен кантип чыгарсын? Сиздей жетик адам болбосо, бу жүгөнсүз элди ким күргүчтөп бермекчи? Акыры бул ишти бүтүрүштө да ордо сизге ишенген...

— Оулия! Буудайдай ташты эркин кармап турсаң, ал сенин колуңда, анын катуулугу да, салмагы да сезилбейт, аны сыга кармаса, ал колго өтөт, колду оорутат. Ошол

сыңары, бул элди канча сыга берсең ошончолук чатак ырбайт, ошончулук каяша көбөйөт. Андан ары Абил бийдин үнү муздап кетти. — Ушу ант урган Домбунун ит өлүмү ушунча чуу болуп! Мени элден кол жуудура турган болду хазретиңиз! Суук тумшук кыла турган болду хазиретиңиз! — Ал эрдин тиштенип, дем тартпай токтоно калды да, кыжыр менен ичиктин түшүп жаткан жеңин бир силкип оңдоп кийди, энтигип күңкүлдөдү. — Чоң атасы Хажы качан өкүмдар болду эле? Ал сенделип тоо жамынып жүрүп өтпөдү беле? Нарбото бийдин балдарынан сан тийди беле буларга? Ыя? Тиги Насрулла- батырхан олжолоп кеткен тажыны мына биз алып кийгизбедик беле, атасы Шерали аталанын башына?.. Же жалганбы?

— Чын, бий, чын...

Абил бий жер муштап жиберди:

— Караламандын көзүнө даражасын көтөрүп колумду боорума алып койсом, коркуп калды деп отурат жанагы кичинекей катынпозуң! Мен кайра Нарбото бий тиккен үйдүн биримдиги кетпесин, куту учпасын дейм... Бул тоодон өрт чыкса эптеп мен басып отурам, а мен чыксам ким басат? Ыя? Ким басат?!.

Сөз мынчалык ачыктыкка баргандан кийин кары кеңешчи да, тиши жок оозун ачып, кыш-кыш эте үнсүз күлүп:

— Жиендериңиз эч кимдин чекесин жылыткан жок, бий... — деди. — Баарыбыз мамлекеттин мудасы үчүн жүрөбүз. Э-э, Абил мирза... хазрети дейбиз, а хазретиңизди сиз менен биз көтөрүп турабыз. Алтын тактын төрт буту биз. Бирибиз эле кыйшайсакчы эгер, алтын так алтындыгына карабай көңтөрүлүп түшөт да, үстүбүздөгү байкуш мурдунан тиет как жерге...

Сөз төркүнүнө маашыр болушуп жылмайып, жумшарып калышты.

...Домбунун артынан доочу келгенден бери элдин кысылганын, чалдардын кейишин көрүп, Мадылдан тынчтык кетти. Күнү-түнү ой басып, уйкусу качты, анын уяты ичин тырмады. Кайсы шайтан айдан ошол ишке кириптер болду эле! Бир уруу журт бүтүндөй күнөкөр эсептелип кунга жыгылып отурат. Кантти эми? Өлтүргөн мен деп барып берсеби? Бир күнү күүгүмдө ордунан турду да, башы оогон жакка жөнөдү, кандайдыр тереңден бүдөмүк акыл жетеледи бейм, ал Абил бийдин айлы тарапка келатты. Айыл четине барып, жүрөк заада болуп токтоп, дүйнөнүн бардык лаззатине кол шилтеп, шалдырап, күздүн боз кыроо баскан муздак чөбүнө отурду.

Ай сүттөй. Жер буурул тартып, адырлар жонун сала балбырап уйкуда. Тоолордун карлуу кыркалары үрүл-бүрүл, өзүнөн жакуттай шоола чыгарып, өтөккө караганда акчыл тартып, тунук деңиздин түбүндө мемиреп чөгүп жаткандай тынч. Алда кайда буурул парданын артында үкү жүргөнсүйт. Те адырдан үйүр талашып алышкан айгырлардын аңылдаганы жел канаты менен бейкут абага калкып, кайта ошол замат кайдадыр алыстап дым болууда. Айылдын астында ак жардын колтугундагы түбүндө кара көз башаты бар чоң саадада жалгыз сүтак сайрайт. Күздүн бул сандугачы бирде көңүлү эргип көтөрүңкү, шаңдуу, мукамдуу үн салды, тил бүткөнү жадабай кубулжутуп кумары ташып ырдап жүргөн ырына өзү берилип, өзү эрип жүрөгүнүн алабын сайрады, бирде жараткан аны алмусактан ылдыйбаш жаратканына өктө айтып, өмүр өксүгүн муңканып кошту. Анын арман үнүн да, эргүүсүн да короодон ныксыроо баскан ток дөбөттүн корс-корс үргөнү бузуп жатты. Мадылдын каңырыгы түтөдү.

Абил бий мейманын коштоп тышта эле. Алар ары-бери басышып, ак чаңгыл болуп көктү экиге бөлө чубалып жаткан саманчынын жолун тиктешип кеп салышып турушкан.

Айыл четинде чый-чый үндөр чыгып, бир шойконду сезгендей иттер абалап тура чуркап, аңгыча эки караан жакындап келе беришти. Өз жигиттеринен экен, бирин Абил бий үнүнөн тааныды.

— Ким? Ким бу бей убак жүргөн?

— Сарыбай мунушкердин укеси...

Абил бий шашыла:

— Мадылсыңбы? — деп сурады, анын үнү ачуу билгизип катаалданып чыкты. — И, кайдан бери?..

Жооп ордуна Мадыл жалп этип Абил бийдин бутуна баш урду:

— Айланайын, бий, — деп жашып кетти.

— Бул ким? — Кары кеңешчи шектенип тиктеди.

— Өзүбүздүн букара. Оулия, сиз капа болбой үйгө кирип жай ала бериңиз, мен бул шордуунун арызын угайынчы...

Кары кеңешчи ичинен келмесин келтирип өргөөгө кирип кетти. Абил бий Мадылды өргөөдөн обочо ээрчитти. Абил бий кишинин көзүн көрүп турбай сүйлөшкөндү эч качан жараткан эмес. Тилде сөөк жок, кайда тартсаң бурула берет, тил дилди көрсөтө албайт, а кабак, көз, эриндер кишинин дилинде эмне болуп жатканын жайып көрсөтүп турат деп билет. Ал азыр да айдын жарыгында Мадылды өзүнө жакын тартып, мурчуюп атып тиктеп:

— И, дагы эмне болду, көр жаман? — деп сурады.

— Эмне болду? Тантырап салдыңбы?

— Айланайын бий...

— Айланбай жерге кир! — Абил бий Мадыл тооп кылганга тырмышып жаткан этегин булкуп алды. — Айланат имиш! Тур өйдө, арамы! Кимге тантырап салдың айт!..

— Жо-ок...

— Касам ургур...

— Өзүңдөн башка кимге айтам арзымды? — Мадыл соолуга түштү. — Кимге тантырамакчы элем. Бий, айланайын бий, мен өлө турган болдум, мени кармап бериңиз. Ушунча элдин убалына каларымды билсем..

— Ал бетин басып өксөдү. — Мени кармап бериңиз, бир мен өлөйүн!.. Мен өлөйүн...

— Өлмөктөн доңуз көп, курсакта урган жаман. Ой кем акыл, билесиңби бирдемени, макул эртең сен ортого чыгып бер, ушу сенин каныңа ыраазы боло турган ким бар? Беш түтүн шордуу Нойгуттун үйү күйүп кетет, таланат, балдары олжо болот! Ушуну ойлобойсуңбу, а төбөңдөн тийгир! — Абил бий күлүп койду. — Хан тагасына башмабаш өтөм деген экенсиң го. Унчукпа, жым бол, болор ишти болтурган соң.

— Мындайын билгенде .. ау-у кудай!.. Бетим карайды...

— Үнүңдү бас, — деди Абил бий зекип. — Өй... жаман оюңда, Абил тукурган дегиң келип тургандыр?

Мадыл коркуп кетти:

— Жок, жок, бий... ага баргандан көрө... — деди буугулуп.

Абил бий ойлонуп бирпас туруп, анан Мадылдын көңүлүн жубатып сүйлөдү:

— Эсиңе кел. Ким ойлоптур аягы минтип чыгарын... Сарыбай агаңдын кадырын сыйлайм. Жакшы адам эле. Бир кыз бар деди беле Сарыбайдан?

Мадыл эркеп бышактады:

— Бир чүрпө бар...

— Нечиде?

— Он бешке кирди...

— Гм, балакатка жетип калган тура бечара... — Абил бий дагы бирдеме айткысы келгендей кыңырылып турду да, бирок эмне үчүндүр айта албады, ал Мадылдын далысына колун тийгизип койду. — Эсиңе кел. Башканы коюп, беш түтүн шордуу нойгуттун бейпилдигин көздө.

Ал кетти. Мадыл ордунан тура албай, үңкүйүп буурул түндө бозомтук тартып отуруп кала берди.

Эртеси эки манап жыйынга жүздөрү жайнап, көңүлдүү чыгышты. Эл котолоп чогулду.

— Журт! — деп баштады Абил бий үнүн өктөм көтөрүп. — Кудайдын эркинен тышкары, кырк жылы кыямат жүрсө да кумурсканын бели сынбайт. Бу дагы кудайдын эркидир, айлыбыздын четине Домбу өлүп калып, минтип ханыбыздын каарына калып отурабыз. Бүтүрө турган иш болгон соң бир жаңсыл кылалы, өлүмдөн башканын тези жакшы го...

— Ылайыгын сүйлө! Бүтөрүн сүйлө, бий! — дешти тургандар туш-туштан.

— Ошо. Өйдө тартып өгүз өлбөсүн, ылдый кетип араба сынбасын ханзааданы сыйлайбыз, эркелетебиз, бирок да туурасын айтыш лазым, сынык мүйүз жүкчүл өгүздүн баркына арзыбай турган аксым тагасынын кунуна миң сарытаман ат, миң кызыл дилде талап кылып отурганы акылга сыярлык эмес, мырзалык эмес...

— Зордук!

Абил бий үн чыккан жакты бир жалт тиктеп алып токтолбой сүйлөй берди:

— А муну ойлоп караңар, жалаңач төштү кагып кашайып отуруш биз тараптын адат билбестик, көзү жок көктүк! Кыздын сыры төркүнгө малим, бул элеттин абалы мага малим. Мейли дейли, ханзааданын оозунан чыгып калыптыр, ошол миң деген саны миң бойдон калып, башы айтылуу сарытаман ат, аягы таакылуу жабагы болсун. Миң дилдеси миң дилде.

Эл башка бирөө болсо дагы көтөрүлүп дуулдамак, алар кубаттуу бийге такалып, тоскон суудай мелтирешти. Кары кеңешчи бурадарына ыраазы. Бул бычым кечинде от боюнда экөбүнүн ортосунда бүткөн. Ошонун өзүн ханына да, калкына да калыстай сүйлөп, эки жактан тең өктөсүн, таарынычын эсепке алып, эки жакты тең ыкка, элчиликке чакырып, акыры мындан башка бычым болушу мүмкүн эместей кылып, жумурулантып ортого таштап кеткенине ыраазы болду. Ал кургаткан алмадай бетин эч кыймылдатпай, башын кыңырайтып, көзүн сүзүп, теспесин шыпылдатып жатты. Ыкрарлыгын сураганда, ал бүргөдөй кыйды тарткында калгансып толгонуп, ойлонуп, бир убакта мойнун түзөдү да, көзүн жылтыратып ачып:

— Миң жылкы... Миң кызыл дилде... — деди күбүрөп, ирeңине кызыл жүгүрдү, бу сапар мырзасынын алдынан өтүш кары куунун эсине келбей, иштин аяктаганын билгизип, теспесин койнуна таштап, ордунан өчөйүп тура баштады.

Бычымдын бүткөнү ушул эле. Эл түнжурады. Аларды шалдыроо басты.

Бийлик бар жерде зорлук бар. Бийлик менен зорлук өзүнүн ким экенин таанытты элетке. Мал киндиктүү тоо кыл куйруктан көп да мукурабады, а бабасы тутунуп дүнүйө кылып көрбөгөн дилдеге келгенде абдан шашты. Сатканга мал түт келбей, кишилер саймалуу кийиз, шырдак, ат абзел артып базардан базарларга самсыды. Буга Бекназар өңдүү азаматтар баш болушуп, ар топко бирден жамакчы, сөзмөр кошуп, элдин

башына түшүп турган кыйынчылыкты жашырбай айттырып, ушул арзыбаган буюмдар жан аргасы дедиртип төө үстүнөн ырдатты. Тамдарынын бурчунда, базарларда аваз кылып шаар калкы баш чайкады. Те бозомтук тартып сүрдүү тиктеген тоодо жашаган көчмөн тууганадарынын башына түшүп турган жабырды түшүнүшүп, журтчулук, тууганчылык айтып какшаган ырчылардын ырынын ыргагына, сөзмөрлөрдүн сөзүнүн жүйөсүнө тен беришип, топ- тобу менен каптап, керектегени да керектебегени да, соодалашпай буюмдарды четинен бирден алышып, шалкы курчалган жоолуктарынын каттоолорунан бирден кызыл дилде ыргытып өтө беришти.

Ушинтип айтылган миң кызыл дилде эки базар ичинде табылды. Жылкы жыйылды. Жылкы туягынан жер түтөп, чаң туман болуп күндүн көзүн тосту, энесинен адашкан кулундар нары-бери чырылдап чуркап, айгырлар аңылдашып, кароол таштуу бийиктин алды тапырады. Сыпайлар кутуруп аттарын жаңыртып минишип, өйдө-төмөн жарышып ат ойнотушуп, куду бир жактан жоо алып келатышкандай. Шаң менен, салтанат менен, көкүрөктөрүн эрдемсип көтөрүшүп, дүңгүрөтүп жылкыны айдап жөнөштү. Эл кароол таштуу бийикте кылкылдап, тымтырс карап, жол-жолдо жардап узатты.

Көп жылкы уюктуу кумурскадай чубап, чөккөн төөдөй айры белеске артылып, дүбүрт улам алыстап, чаң улам нарылап, кандайдыр жүрөк ачыштырып, коңултактатып элди таштап баратты.

— Чаап кетти...

Кимдир бирөө бук түшүп жыгылды. Турган эл селт этти. Бирок эч ким ордунан кыймылдаган жок, канатын кыркккан куштукундай көздөрдөн гана от учту.

Кароол таштуу бийикте Абил бий, Насирдин бек, кары кеңешчи Иса олуия, дагы бир катар элеттин Теңирберди баштаган кадырлуу аксакалдары турушкан эле. Бекназар беш жигит менен топ жарып атчан келип:

— Ме, бек, бүтөлсө бүтөп ал ушу менен тешигиңи! — деп ат жалынан туруп, оозу буулган салмактуу баштыкты Насирдин бектин алдына ыргытты. Бек менен кары кеңешчинин алтынга назары ач көздөрү жарышып, шырк деп жатып калган баштыкка түштү. Бекназар кылчайбай топтон чыгып кетти. Кун бүткөнү ушул. Жыйын бүт дуу туруп, Абил бийди ээрчип, дүңгүрөп бетке бата тартты.

— Аллау акбар! Кун бүттү! Салават! Салават!

— Доо түгөндү! Салават! Доо түгөндү!

Эл дүңгүрөп турду. Адатта салават айтылган соң доонун түгөнгөнү ошо болот. Шарият да салаваттан кийин доосун кайра жаңырткандын ичкен ашы арам, катыны талак деп чечмелейт. Эл дүңгүрөп турду. Өкүнүч, кайгы акыл жетсе да ал жетпей турган санаа, ошону менен бирге уйкуда баскан сасык албарстыдан кутулгандай жеңилденүү, бүдөмүк кубануу аралашып эл күңгүрөнүп турду...

...Мадыл үңкүйүп отурду. Сүйүмкандан жалтанса жанында жоон камчы жатты. Жоон камчыдан сестенсе Сүйүмкандын азаптуу көздөрүнө капталды. Ал баш көтөрө алган жок, үйдө тууганадардын бири кайрат кылып койгонго жарабады, эптеп кара жаным соо калса деп, өңдөн кетип кубарып отурушту. Сарыбай үн катпады. Ага Мадыл иштин башын түшүндүргөн эле. Ал тунжурап, оңурайган эки көздүн кызарып, ордунан терби, жашыбы сарыгып турду.

— Бербейм! — дагы катуу чыңырды Сүйүмкан калчылдап. Ал бетин басып балача буркурап ыйлады.

Абил бийди кара, жолдогон кишисинин колуна же топусун, же башка бир урунуп жүргөн буюмун бербей, атайы жоон камчысын берип жөнөтүптүр. Айттырган иши ордунан чыкпаса мамилеси катуу болорун мурунтан сездиргени, атайы чоң камчыны көргөзгөнү. Мадыл онтоп жиберди. Жылан менен орток болгон экемин деп ичтен сызды. Ушул отурган жеринде мүрт кетсе ал кайыл эле. Шордуу нойгуттардын убалын көтөрбөй өлүп тынып калмакчы. Абил бийдин элтүзөр[1] чалы Мадылды кыстады:

— Бир кызды аяйбыз деп баарың бүлүнүп кетсеңер жакшы эмес. Ойлонуп көргүлө. Себебин бир бий билет, бир Мадыл билет. Сөзүм ишеничтүү болсун, иш кетенчиктебей бат бүтсүн деп бий колундагы камчысын жиберди го. Тигине алдыңарда жатат, башкаңар тааныбасаңар да Мадыл таанып...

— Бербейм... — деп өксүдү Сүйүмкан.

— Ыйлаба, энеси, — деди элтүзөр жубатып, — кызды бий байгеге сайып жатпаса, күңгө берип жатпаса... Өз кызындай урмат кылып, ордого килем токушка жиберет окшойт. Анын эмнесине ыйлайсың?

— Бербейм! Жаш! — деп ыйлады Сүйүмкан.

Хан ордого, чоң мансаптуу ордо кишилерине элбегилер элден сулуу кыз, сулуу жубан тартуулаганда «хан килемин токушка барат» деп тергеп сүйлөшүп, ушундай сыпаа түшүнүк менен жашырышчу. Сөздүн өзү түз айтылбаганы менен, мааниси элге белгилүү. Жүзүнө айнек кылып күндө жүз ирет жалбарып тиктеп отурган жалгыз кызыга кандай укурук ташталып турганын билип, Сүйүмкан уясына жылан сойлоп келатканын көргөн боз чымчыктай чырылдады, аралжы түшсөңөрчү дегендей ар кимге жалооруп тиктеп ыйлады. Бир да бирөө баш көтөрбөдү, көздөрүн ала качышты. Сүйүмканды ушул ансайын коркутту.

Кундуз суугa кеткен экен. Эки челек суу ийиндеп кашаттан бери чыкты. Тыштагы катындар кыз эшиктин алдына келгенче элтейип тиктеп турушту. Ырас Кундуз балакатка жетип калган, эркекти тик багып карабай, мүнөзүнө сыпаалык, сылыктык кирип, токтоо тартып, керилип өскөн убагы. Көздөрү кирсиз, күнөөсүз, кара мөлдүр эле. Эки колундагы кош билериктери шыңгырашып, дилде сабактары күнгө чагылыша өзүнөн жука сары нур чачып челегиндеги таза суу үстүндө жылтылдап ойноп келатты. Кундуз суусун жерге коё сала үйдүн эшигиндеги топтошкон катындарды, балдарды таңыркап, мөлтүрөп тиктей берди.

— О багы жок... — деп бир катын шыпшынып, мурдун алып ыргытып, жашып кетти.

Аёо толгон, жубаткан, соороткон, ыйлаган жүздөр, көздөр Кундузду туш-туштан тиктеп шаштырды, сүрдөнттү. Улагада бетин басып ыйлап апасы отурат. Бул эмнеси? Үйдүн ичиндеги көздөр анын күнөөлүү
жалтактап, коркуп тиктеди. Беш түтүн нойгуттун өлгөнүнөн калганы чогуу эле.

— Апа!.. — деди Кундуз, көздөрдөн корунуп, туш-тарабынан ырайымсыздар апасы экөбүн кармай турган өңдөнүп кыз апкаарыды, апасына ыктады. Сүйүмкан кызын бооруна басып, огобетер өксөп ыйлады:

— Бербейм! Мени өлтүрүп салып бер! — деп ыйлады бейжайланып. — Кантип ажырайм тирүүмдө! Таш боорлор...

Аны эч ким сооротқон да жок, талабын талашып кейиген да жок, баары селейди.

[1] Элтүзөр — айыл арасындагы майда иштерге арачы түшүп бүтүрө коючу киши.

— Чара жок... — деди Сарыбайдын алсыз үнү, — соо калсын биртке тууган... — Ушуну айтты да Сарыбай бүк түшүп жатып калды.

Булардын аргасыз түрүн көрүп боору ачыды белем, бийдин элтүзөрү бийге эптеп бир жооп айтармын деп аттанмакчы болду. Катын-калач сүйүнүп, бир тооруган баледен аман калганына Кундуздун башына суу тегеретип чачышып калышты.

Элтүзөр кете элек эле, кечке жуук жасалгалап токулган жээрде кашка байтал коштоп, аны бир зайыпка жетелетип, жанына беш зөөкүр алып, Абил бийден Карачал келип түштү.

— Айтпадым беле бийдин буйругу катуу деп... Эми аттандырбасаңар болбос. Бир кыздын көз жашына карайбыз деп, шордуулар, баарыңар чабылбагыла. Кана болгула, иш ойлонуштан өттү! — деди элтүзөр баш чайкап.

Сүйүмкан ичкери ашканасына Кундузду киргизип, өзү эшигинин көзүнө отуруп алды. Эч кимди бет алдырбай, бүт калчылдап, баласына ким кол сунса аны тиши менен бырчалап, тырмагы менен тытып, алы жетпесе колуна өлүп бере турган болуп, бир буркурап ыйлап жиберип, бир кеңгирей түшө көз жашын тамшанып, жан кечип отурду. Катындар кемшеңдеп ыйлашты. Балдар таңыркашты. Эркектер көрбөйлү да, күйбөйлү дештиби, көздөн далда бирден тарап кетишти. Мадыл гана короонун ортосунда алсыз, чарасыз салбырап турду.

— Ой, аттандырбайсыңарбы кызды? — деди Карачал түшөөрү менен. — Болбой жүргөн иш беле бу! Эмне селейесиңер? Өлүмгө баратпаса кызыңар!

Эч ким унчуккан жок. Зоңкойгон Карачал камчысын сүйрөп туруп айбан жигиттерин жекирди:

— Турасыңарбы?! Алып чыккыла кызды! — деди.

— Болгула!

Килеңдеген жигиттер Сүйүмкандын эшигине каптап кирישти. Сүйүмкан чаңырып, колдорго оролуп:

— Бербейм! Бербейм! Бербе-ейм!.. — деп ашкананын оозун бою менен калкалады. Эриндери титиреп, көздөрүнөн бирде жалыныч учту, бирде заар өч, кек күйдү. Ырайымсыз жигиттердин бири акырын ага жакындап, жубаткансып барып, шап кучактап калды. Сүйүмкан чырылдап жиберди да, тыбырап анын бетине тырмак салып асылып, колдорун тиштеп ээ бербеди. Чыдай албай тиги сөгүнүп түртүп жиберди. Сүйүмкан бетинен жыгылып түштү да, кайра атырылып туруп, ашкананын оозун тосту:

— Бербейм!.. Бербейм!.. — Чачтары саксайып, көйнөгү дал-дал айрылып турду. — Бербейм!..

Жини кычап ырайымсыз Карачал Сүйүмканды алаканы менен жаакка бир тартты. Сүйүмкан чимирилип жыгылды.

— Кагылайын, апаке!.. — деп ашканадан Кундуз жүгүрүп чыгып апасынын үстүнө түштү, титиреп ыйлап жалбарды. — Урбагыла, урбагыла, апамы, барайын, урбагыла, барайын!..

Кундузду тышка жетелеп чыгышты. Жорго байталды туура тартып турган коштоочу катын Кундузду колтуктан алып:

— Кой, кагылайын, ыйлаба... — деп алаксытты.

— Мен турам го... Хан килемине барбайсың, килем токуш сенин колуңдан келмек беле, барбайсың. А тиги бий акемин айлында той болуп жатпайбы, ошого барып кайтып келерсиң. Кана, мин байталга, садагасы... ошерге барып, килем токуй албайм

десең коё беришет, сени килем токушту билет дешкен го. Мин, садагасы, кайра өзүм жеткизип коём. Коркпо...

— О, шорго жаралган бала... Көрөрүң ушул болсо көр... — деди бир катын көз жашын төгүп. — Кагылып кетейин ай...

Ичкертен Сүйүмкандын буунуп кардыкканы, жандалбас кылып кармашканы угулуп турду. Эркектин сөгүнгөнү, былч-күп деп муш согулуп жатты.

— Урба дегиле! Барайын, мына аттанайын, урба дегиле! Кагылайын апакем ай!..

Кундуз ар кимди бир тиктеп жалбарды, солуктап ыйлады. Катындар аны ардемеге жубаткан болушуп, чачын оңдоп жиберишип, башын жоолук менен таңып көптөп атказа беришти. Кыздын атка минишин гана күтүп Сүйүмканды эптеп тутуп тургандар аны коё беришти. Ошол замат элирген жорго байталды коштоочу катын тизгиндеп тартып жөнөдү, зөөкүрлөрдүн бири кызды сүйөгөн бойдон жандап чапты.

Сүйүмкан кирилдеп бакырып, тышка сендеректеп чыкты да, топ атчандын ортосунда кылчак карап көз жашын соруп ыйлап алыстап бараткан кызын көрдүбү көрбөдүбү, эки колун асманга көтөрүп-чыңырып чуркап бетинен кулачтап жыгылды, бүткөн бою өрттөнүп кеткендей тытынып кайра тура калды:

— Бербейм! Бербейм! — деп балбалактап, уңулдап асман тиктеди. — Кундуз! Кунду-уз... Ка-а-ач... Карышкыр келе жатыры ка-а-ач!.. — Өзү да алда нерседен корккондой төштү карай арбаңдап чуркап жөнөдү. — Ка-а-ач... У-у-у...

Көйнөгүнүн жакасы гана мойнунда калды, эки эмчеги салбаңдап баратты. Анын айбандыкына окшоп кеткен үнүнө коктулар толду...

Эртеси Насирдин бек аттанды.

# ЭКИНЧИ КИТЕП

## Эрегиш

...Эрегиштен эр өлөт,
эки жагы тең өлөт...
досу таппай айласын
касы көрөт пайдасын...
(эл акылы)

## БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

### I

1873-жылдын жайы... Тоо тарап дагы тынчсыз. Тоо тарап дагы күү-күү. Ордонун бүрүшкөн шумдары дагы кулактарын түрүп, дагы бири бирин аңдып тиктеп, суу каптап келатканын туюп калган жер чычкан сыңары дагы нары-бери тыпырап жөргөлөп калышты.

Кудаяр-хан кызууланган күнү:

— Кырам! Өрттөйм! — деп кыйкырат, соолукканда колунун учу титиреп, көзүнүн агы көбөйүп, өзүнөн акыл чыкпай, өзгөгө ишене албай, ынактарын кыдырата тиктеп, «Караң ки, баары ууру, баары чыккынчы, баары ашкеби!..» деп, жүзүн үйрүп, ындыны өчөт. Эмне кылуу керек? Айла кайсы? Демейде тили буудай кууруган кеңешчилер азыр аны карап, бардык жоопкерчиликти ага түртүп турушат. Эмне кылуу керек?

Кабар күнүгө жаңы. Төрө-Коргондогу Саранчы пансат 500 сарбазды ээрчитип, эрегишкен элди тосо чыгып, кошулуп кетти. Бат эле Чартак беги тагасы Кедейбай датка, Наманган беги Шалдило толук талкаланды. Бүткүл Наманген вилаети көтөрүлгөн элдин колуна өттү.

Кудаяр-хан диван чогултту. «Эмне кылуу керек?» деген гана сөз ортого ташталды. Иштин оңой жагын качырып, жарымпашадан жардам суроо зарылдыгын айтышты. Ага улук увазир Калназар парваначы баш болгон жаат каршы чыкты. Генерал фон Кауфмандан алган жардамдын артында, түзүлгөн шартнаманын артында сөзсүз бир милдеттенме болот. Ал милдеттенмелер көбөйгөн сайын бул өлкөнүн өзүнчөлүгү кайра оңолгус болуп, тереңге урап, баратканы сезилет. Кудаяр-ханга баары бир. Ушул кичинекей коргон, харими аман болсо, атадан калган тагы алдында турса болгону. Элдин, өлкөнүн кайсы көйгө түшкөнү, кимдин колуна өтүп баратканы ага биринчи коркунуч эмес. Жарымпаша менен түзүлгөн шартнама, моюнга салынган укурук акырындап сөзгө келип кутула берчү, жоё берчү иштей, а жок, эптеп элди тынчытып алган соң, бир күнү «Йа, алла!» деп, баштан көңтөрүп таштай турган иштей көрөт. Көңүлүндөгү төтөгү ушу. Жалаң катындын төшөгүнөн бууну титиреп калган бу арык, кара чүйкө кишинин тайкы оюн Абдырахман абтабачы карап туруп эле билчү. Азыр да Кудаяр-хан жарымпашадан аскер чакыруу жагына ооп калды.

— Амиран, — деди Абдырахман абтабачы акырын ызат менен, — өзүбүз эле жайгарбайбызбы өз чатагыбызды?..

Кудаяр-хан жарылып кетти:

— Өзүбүз?! Кантип?!

Абдырахман кирпиги да дирт этпей, Кудаяр-хандын жини бастагыча күтүп, томсоруп тиктеп калды.

— Өзүбүз жайгарбайбызбы дейт?! Алып койду! Алып койду селсаяк Болот Намангенди!.. —деп, Кудаяр- хан кыйкырып, калчылдап, нары-бери басты. Эч ким кут этпеди. Баары башын жерге салып турушту. Ал энтигип, учу титиреп турган колун укалап, кырс-кырс эттирип, жини кайтып, эми эмне кыларын билбей, «Эмне айтты өзүбүз жайгарбайбызбы деп?.. Оюнда эмне бар болду экен бу бөлтүрүктүн?.. Ыя, ата кегин бирөө шыбырап койбоду бекен кулагына?..» деп, бала кезден бирге өскөн курдаш, сырдаш абтабачыны шектенип тиктеп, ага да батына албай, кайсаланып, кынжылып чекесин басты:

— А болуптур...—деди деми жок күңк эте. — Чакыр Науман пансатты...

Науман пансат тез келди. Ал өкүмдардын жашырын буйруктарын аткарып, бирөөнүн бөркүн алып кел десе башын кошо кесип келип жүргөн, өтө ишенимдүү аскербашыларынан болучу.

— Лап-бай, өкүмдар...—деп, эки колун бооруна алып сыңар тизелей таазим кылып, сөз күттү.

Кудаяр-хан:

— Пансат, кылычтын курчтугун сынар мезгил келди сизге.

Науман пансат өрөпкүп тура калды. Узун бойлуу, иреңи кара, кыркма кара сакалы быжыгыр, алагар көзү кандуу:

— Даярмын, өкүмдар! Кимдин башына сынайын?..

— Буйрук кылабыз! Сиз Науман пансат, аскерден канча керек болсо алың, тигил дүйнөдө кудай алдында, бул дүйнөдө биздин алдыбызда кечирилгис күнөөгө кирипдар болгон карабагыш, катай, кутлук-сейит, найман, курама уруктарын канга бөлөп, кайрадан биздин ыйык тактын алдына чөгөлөтүп келгейсиз!

— Сиздин эркиңиз кудаанын эрки, өкүмдар!

Диван хандын эркин колдоп, тандамал 500 сыпай берип Науман пансатты тоо тарапка аткаруу менен бүттү.

* * *

Эки жоо Ханабад кыштагында кездешти.

Науман баш кагып калган пансат болучу. Ал эң оболу эрегишчилердин саны, саркерлери, уруу жиги, куралы жөнүндө, аларга көмөк келсе кай тараптан келерин, чегинсе кай тарапка чегинерин тактады. Жан тартып кетпесин үчүн өзүнүн артындагы кыштактарга катуу тескөө койду. Андан соң, урушка жайлуу өңүт ээлеп, жүз сыпайды жең ичине буйгага калтырып, жүз сыпайды бөрүтил найзанын учундай кылып алдыга коюп, жүз сыпайды оң жагына, жүз сыпайды сол жагына темир жынжыр кылып тизип, чаң ызгыта каптап чыккан эрегишчилерди ачык бетме-бетке тартты.

Исхак да кашаттын кырына келди. Күмүш жалдуу чабдар аргымактын тизгинин жыя кармап, камчылуу колун серелеп, тиги ордо аскеринин өңүтүн, алды- артын карап турду. Жаңы өсүп келаткан, суюк кара сакалы, кара кундуз муруттуу, жүзүндө биртке чаары бар, сурданган бүркүт кабак, эрдин дайыма бек кымтып турган, тик көз жигит эле. Жанында эки гана киши. Бири оң канаттын саркери Момун, бири сол канаттын саркери Саранчы. Калган кол бир кур сестенгендей дүргүп токтоп, эки канатта обочо.

— Урушта туруш жок...

Саркерлер түйшөлө түшүштү. Исхак сол колун алга шилтеп таштады. Ошол замат Саранчы ат ойнотуп:

— Йа-а, жигит пири Шаймерден, өзүң колдо!.. Ур! А! Ур...—деп, өзү баштап алдыга чаап, кылыч булгалап, чабуулга өттү. Заматта кымкуут түшүп, ат туягынан жер дүңгүрөп:

— Гы-у-у! Гы-у-у... —деп, мээ каңгыткан чуу көтөрө эрегишчилер каптап кирди. Саранчы кылычташууга жеткенде, бир тараптан толкун сыяктуу түрмөк-түрмөк болуп, дүрдүгүп ат коюп, Момундун беш жүзү чыкты.

Бул беттешүү катуу сыноо. Исхак иреңи бир кубарып, бир кызарып, өрөпкүп, үзөңгүгө тура калып, колун серелеп урушту тиктеп турду.

Науман шашпады. Алдыңкы толкундарды кылычтын мизине тосуп, артын бат атар мылтыктын огуна ширеп, эрегишчилердин куралы түзүк жагынан атайылап буйтап, наркы дарбып чапкандарын көбүрөөк беттеп, уруш жүргүздү. Эрегишчилер өжөрлөнүп улам жаңыланып келип жатты. А Науман сыпайларын эч солк эттирбей, бир алга жиреп, бир артка жыйрылып, эрегишчилердин алдын бөлө-бөлө имере чаптырып, бырчылдата соктуруп турду. Сыпайлардын катары да суюлуп, аздап болсо да суюлуп бараткан жок. Өзү так ортодо:

— Йа-а, жигит пири Шаймерден, өзүң колдо!— деп каткырып, кашкөйлөнүп, сыпайларын шердентип турду.

Жигит пири куралы мыктыларды, уруш ыгын жакшы билгендерди колдоду.

Кечке утуру уруш токтоду. Бул беттешүүдө Исхак тандамал 300 азаматынан ажырады. Эми эмне кылуу керек? Көшөрүү керекпи? Көшөрө берсе, акыры аягында Наумандын бир сыпайын да калтырбай жок кылып, жеңишке жетет. Баасы канча болот? Ордонун аскери ушуну менен түгөнсө го! Өзүнүн негизги күчүнөн ажырайт. Кайра оңойлук менен ордуна келбейт. Исхак түн жамынып тоо тарапка Ала-Букага карай чегинип кетти.

Ала-Бука кыштагына түштөнүп, Исхак кеңеш өткөрдү.

Баягыдай бакылдоо, жулунуп сүйлөө жок, эч кимиси оозунуп сүйлөбөй, ар кимисин ар башка ой басып, чайга карашалаган болушуп, саркерлер дымып отурушту. Исхак саркерлердин деми кагылып калганын жазбай көрдү. Өзү да ойлуу, чай ууртай отуруп:

— Кана, баатырлар, — деп, бирден сыдырып тиктеп, кеп баштады,—сүйлөй отуралы, кана, эмне кылабыз мындан ары?

Үйдөгүлөр жай козголуп, суроо эч кимисине тике арналбаган соң, дагы ичтен бирин акмалап, күтүп, токтоло калышты.

Исхак:

— Биз, баатырлар, урушка жарамсыз экенбиз али. Бул беттешүү алыбызды чактады. Катуу сындан өткөздү... —деди, мына ушул учурда өзүнөн кеткенин, башка саркерлерден болгон кемчиликтерин оюна имерип, үйдө отургандардын баарын сыдыра тиктеп, сөз улады. -Мына, чыдап урушкубуз келсе, эми жаманыбызды жакшыртып, кемибизди толуктап, баштасак эми чындап урушту баштайбыз, а жарай албасак не кереги бар бөөдө тополоң кылып, элдин тынчын алып?!

— Туура...—дешти арадан.

Те этекте салбырап отурган саркер Камбар ыкшалды:

— Эми, акыбалыбыз ушу экен... мындан нары деле колубуздан эмне келмекчи... күмөн го, бек.

Исхак ага ынтаа коюп тиктеп, кадимки буйрук кыла жүргөн бектерден болсо, мындайда атырылып чыкмак, ал ireңи да өзгөрбөй, үнүн көтөрбөй:

— Мейли, —деди акырын, —өз акылың өзүңө эп, Камбарым, башынан эле ыргылжың экениңди байкап жүргөм, мейли, кала бер айлыңа.

Саркерди карап калышты баары. Эмне деше алат?! Түзүк топтолбой, түзүк бир иш өтөбөй туруп, кайра ыдырап кетмеги ушубу кошундун?! А Камбар ушул азыр дагы ыргылжың, толгонуп, кабагын карыш салып туруп калды.

Исхак:

— Ишиң алга жылса ага тең орток, а жылан менен кармашып өлтүрө албай жатсаң таш алып бербей тескери караган өнөк - өнөк болбойт. Мына, көрүп алгылачы, ушундай кишилер ушу кебетеси менен биздин ишти белге гана тебет, кошун ичин иритет го...—деди дагы эле жумшак.

Камбар саркер ошол салбыраган бойдон, камчысын сүйрөгөн бойдон үңкүйүп, үйдон чыгып кетти. Улагада отургандардан тарта кыдырата тиктеди Исхак:

— Кана,—деди, — кете тургандар дагы барбы?..

— Жо, кетпейбиз биз, —деп жиберди Эр Эшим, — бек, өзүңүз кете берсеңиз да, биз кете албайбыз, элибизди коргойбуз, бек!

Ыраазы болду белем, өрөпкүгөн жигитке башын ийкегилеп койду да Исхак сөз жалгады: —Куп жакшы! Чаткалга чегинебиз, уста жыйып курал жасатабыз, ок куйдурабыз, дары ийлетебиз. Алтын табалы, орустан курал сатып алышка аракет кылабыз...

«Сатар бекен орусуң?..» деп күңкүлдөп калды бирөө. «Ие, жанагы сары азгырыкты көрсө азгырылбай койбойт ко...» деп, ага акырын жооп кылды бирөө.

Бу аймакта эл-журтка кара болуп туруш үчүн кайратман жүзбашы Эр Эшимди Чанач ченге таштап, чаткалга ашып кетти Исхак.

* * *

«Орустар Түркстанды басып, эң акыры Оуганстанга, Индстанга коркунуч пайда кылат...» деген кооптонуу өзгөчө Россия менен атаандаш мамлекеттердин арасында ошол учурда көп сөз болуп, алар дүйнөдөгү Россия кызыккан маанилүү маселелерге тоскоолдук уюштура башташкан. Ошон үчүн Европада да, Азия да мамилени кыйындатпоо аракетине өткөнгө байланыштуу генерал-губернатор бири-бири менен тытышып алып орус отряддарынан жардам тиленип жүргөн жергилик майда бийлердин «карамагыңарга өтөбүз» деген, аны да ireңи сур тилмечтер жазып беришкен кагаздарын кабыл алууну токтотту. Майда бийи эмес, ханы мыңк этпей кол бала болуп отурганда андай кагаздардын зарылдыгы барбы, андан көрө «өлкөнүн эгеси азирети хан менен шартнамага келишкен», «күн чыгыш жактан боло турган коопко биргелешип туруштук кылуу» деген алда канча маанилүү шылтоо болорун болжошту.

Үрөйү периште генерал-губернатор фон Кауфман ак пашанын атынан Кудаяр-ханга «Высочество» деген атоо титул берип, бриллиант жылдызы бар I- даража Станислав ордени менен сыйлады.

Эми Кудаяр кутурбаганда ким кутурат?!

Баягында амир Музафардын маслахаты боюнча ордого аралаштырган уулу Абдылла бекти тымызын ордодон кайра чакыртып алды Курманжан датка.

Өкүмдарынан мактоо, сый алган Науман пансат ансайын желикти. Эрегишке катышы барын, жогун ылгабай эртеңкиге жүрөк титиреткен таалим болсун деп, жолмо-жол кыштактарды, айылдарды бир тегиз кыйратып жүрүп олтурду. Көр тирилигинде жүргөн караламан эл каяша кыла алабы, кырылып, үйүн, малын талоонго таштап, аттуусу аттуу, жөөсү жөө самсып, тоо тарапка сүрүлдү. Чартак, Шоркен, Беш-Коргон, Азирети-шаа, Мамай, Нанай кыштактарын талап, Науман тоо этектеп Көк-Жар, Ала-Букага жетти.

Кыбыр эткен жан жок. Кыштак эски көрүстөн болуп аңгырап бош калган эле. Науман кабагын туман басып сүрдүү тиктеген тоо арасына батынып кире албады. Жыйырма беш сыпайын чалгынга жиберди.

Тоо тыптынч. Тоо сүрдүү. Үстүнө ийилген самби талдын учун улам чырпып, көбүк чертип, бир кунунда шылдырттап Чанач суусу агып жатат. Кээ жерде караңдап чулдук көзгө чалынат. Өйдөлөгөн сайын аба салкын. Тайлактын чуудасындай үлбүрөгөн жука ак булуттар кайдадыр бир жакка шашып удургуйт. Те бийикте ала барчын бүркүт айланып жүрөт.

Сыпайлар туш тарапты абайлап, жай келатышты. Жакын ортодо айыл көрүнбөйт. Түзгө көнгөн аттар бүжүрөп ташыркап, шалтактап тердеп, ээсинин жүрөгүн шуу эткизе бирдеменин шарпасын сезгенде селт деп баш көтөрүп, кайра ооздугун чарчаңкы шылдырт чайнап, салбырап, ноюду. Сыпайлар андан нары тоо арасына тереңдеп кирүүгө даабай, бир түзөңгө ат чалдырууга токтошту. Этеги суу, үстү тыталама аска, эки жагы түнөргөн токой.

Көчкө илеше албай калып калган, такымы шакмар жетим торпок оттоп жүргөн экен. Кубалап кармап, бакылдашып союп киришти. Отту чоң жагышты. Лүкүйгөн сыпай, ошол башчысы, торпоктун эки бөйрөгүн алдырып, жарып шишке сайып, өзү оттун башына мине отуруп, кактай баштады. Жакшылап бышырып алып:

— Ва-ах!.. — деп, шилекейи келип, бөйрөккө тиш салды. Тарс! Лүкүйгөн батырбашы отко кулачтап жыгылды. Тарс! Дагы бири чалкасынан кетти. Чуру-чуу түшүп, сыпайлар бири бирине жашынып, колдору менен баштарын бекитишип, үйүлө калышты. Бир сыпай көзүн алайтып, чуру-чуу арасында төш жакты арыта карап, кулак төшөдү. Эч ким көрүнбөйт. Өзүлөрүнүн чуусунан башка эчтеме угулбайт. «Жалгыз мерген окшойт? Өзү качып кетти окшойт эми?» деген ой кылт этти. Шер байлап:

— Ты-ынч, коён жүрөктөр! — деп, кыйкырып турду. Чуулдагандар дым боло калышты. Тарс! Сыпай бүк түшүп, тырышып жыгылды.

— Жан соога! Жан соога-а...—деп, чуу туруп бакырып жиберишти.

Жапалак арчанын нары жагынан бирөөнүн кара тебетейи көрүндү. Бери жылды. Эр Эшим экен. Эки этегин кайра кыстанган, бутунда эчтемеден тайгаланбай турган чылгый тери чокой, белинде ок чонтой, кичинекей кыңырак, колунда кара мылтык. Милтеси түтөп жүрөт. Ал үңүрөйүп тиктеп жакын келди. Сыпайлардын дагы бири алаңдап.

— Ой! Жалгыз экен. Ургула!.. —деп жулуна берди. Ошол замат тарс этип бадалдан чыккан мылтык үнү менен кошо сүрдүгүп жыгылды. Эми титиреп туруп беришти.

— Жан соога...Ой, айланайын... Ой, мусулман баласы...

— И?! Эми эсиңе келдиби мусулманчылык?! И, жан керекпи?! Таштагыла куралды бут! Бат! Бат!

Эр Эшим кыркма кара сакал, алагар көз эки кишини мылтыктын учу менен шилтеп четке чыгарды. Ошол замат бадалдан «тарс», «тарс» деп ок чыгып, экөбү тең жер сүздү.

Эл түздөгү кыштактарынан үрккөндө мурда арасында жашаган түркчө сүйлөп кеткен перстер бош калган жерлерди менчиктешип, эки ортодо туйтунууга киришишкен эле. Булар мына ошолордон жол көрсөтүүчү болуп жүргөндөр болучу. Сыпайлар мыңк этишпей, өзүлөрүнүн жаны кара мылтыктын оозунда тыпырап, карап гана турушту. Эр Эшим:

— Бери кел! — деп бир сыпайды өзүнө чакырды. Сыпай калчылдап кетти:

— Жан кыйба, тууган... Жан кыйба, жаш катыным бар эле...

Эр Эшим күлүп жиберди:

— О, жаны жок сарт...

— Жо-о, мен сарт эмесмин, — деди сыпай, — мен коңуратмын, токсон боолуу өзүбектин бир боосу... — Ал жанагы түркчө сүйлөп кеткен эки перстин өлүгүн көрсөттү. —Тигине сарт...

— Болуптур, — деди Эр Эшим, — баарыңын жаның соога. Уктуңарбы? Ушул бойдон артыңарды карабай кетесиңер. Баргыла, Науман сартка айткыла, кол кайрый албаган элге азар көрсөтпөсүн! Уктуңарбы?

Сыпайлар чуулдап жиберишти:

— Уктук, тууган, уктук!..

Сыпайлар жабыла учкан таранчыдай дуулдап аттарына чуркай беришкенде, Эр Эшим:

— Эй-эй,—деди эле, алактап кайра токтошту.

— Олжо калтырбайсыңарбы?

— А!.. Ал, баатыр, ал...—дешип, кайрылганча шашышып, ликилдеп чубап, жолго түшө беришти.

Тоо тыптынч. Тоо сүрдүү. Тонолгон сыпайлар чапандарын ийинге салып, биринен бири өтүп, желип жүрүп кетип баратышты. Коктулар үңүрөйүп сүрдүү тиктейт. Ар бир жапалак арча кооптуу. Те бийикте булардын ар бир кадамын эсептеп көз салып акмалап жүргөн сыяктуу каалгып, алабарчын айланат. Тоо тыптынч...

* * *

Э, илгери, төрт жыл илгери, кайран эл хантагасынын кунун тартып, жабыр көргөн жылы, кеч күздө касиеттүү көк өзөндөн Эшимдин туз-насиби көтөрүлгөн эле.

Ошол күнү да көк өзөндүн мөлдүр суусу бир кунунда шылдыр кагып, агып жаткан болучу. Ша-ау-у этип, ныксыроо тарткан шоокуму жайма-жай, көңүлдү тынчтантып, бейпил түндү терметет. Чырым боз булут толгон айдын айдың жүзүнө үлбүрөп жабылып, айлана булаңгыр эле. Эшим эки колун шалдайтып таштап, нымык сары чөптүн арасында чалкасынан түшүп жатты. Айзаада жанында отурат. Ай улам жылып, чарым боз булутту акырын сүйрөп таштап, гүлдөп турган жубандай балкып, толукшуп, каалгып баратты. Эшим кеч күздүн сызы бооруна өткөнүн сезбейт. Эч нерсени өзүнө кошо сыйдырбаган, көңүлдү аны сайын ыкшоо кылган жылуу сезим аны куштун канаты менен желпигендей алдейлеп, магдыратып жатты.

— Баласың... Эчтеме капарыңда жок. Сенин оюң оюн, кеч киргени, таң атканы менен иши жок жаштык оюң, мастык оюн...

Айзааданын жумшак, эркелеткендей күңкүл жумшак үнү, желкесин сылаган кебездей жумшак, жылуу алаканы аны ансайын эритти белем, ал толгонуп келип, Айзааданын камзолунун жакасын ачып, көкүрөгүнө тумшугун салды:

— Деги эмне кылайын?.. —деди, өзүн таза туткан жаш жубандын көкүрөгүн жыттады. Айзаада ошол ээн жерде бирөө аларды акмалап тыңшап тургандай, эки жакты абайлай каранып, боюн оолактатты:

— О, садагам ай...—деди күбүрөп. — «Баягы жесир бармактай жыртыгын тыя албай боозуп алыптыр» деген айың кеп болот, садагаң болоюн... —Эңкейип, кулагына шыбырады. — Өзүң киши салып көрдүң го, аваң мени сага ыраа көрөр пейили жок, унчукпай койду го... Өзүң эле айтып көрсөң болмок баатыр акеме...

Мурдун тартып койду Эшим. Келин мойнуна кош билегин арта калды:

— Кетели, макулсуңбу?.. Кетели, жан биргем... сөздөн далда, көздөн далда...

— Каякка?..

— Жер азбы, эл азбы?! Табылар бизге баш катар бир бурчек...

— Эмне деп атасың сен?! — Эшим Айзааданын колун мойнунан чыгарып алып таштады. — Эмне дейт деги бу?! Өз элимден бөлүнүп, киндик каным тамган жеримден бозуп, ыя, кайда барам?! Бир катынды ээрчип...

Шагы сынып, томсоруп отуруп калды Айзаада. «Бир катынды ээрчип...» деген сөз өтө катуу тийди ага. Эшим да муну сезип, коркуп тиктеп калды. Чөбү менен тең өскөн тууган жерден, жытыгышкан, сиңишкен бир жакка айрылып кетүү анын оюна эч качан келбеген.

Айзаада көпкө унчуга албай отуруп, өз кыял толкунун өзү жеңип, эми карандай акыл нугуна түшө баягы убайымдуу, муңдуу үрөйүн кайра кийип:

— Капа болбочу... кагылайын... — деди жылмайганга аракет кыла. —Те бир... илгерки кыз кыялым келе калбадыбы?! Ушул жерден эле, эч тоскоолсуз эле кош кептерлердей кылактап кете бере тургандай... жүрөгүм шордуу алып-учуп калып...

Эшимдин оозуна эчтеме кирбейт.

Айзаада:

— Кагылайын... Өз билгениң өзүңө оң, кагылайын. Сен эркексиң — өз жериңдин кулусуң, өз элиңдин уулусуң!

Өзүн да, аны да сооротпон Айзааданын үнүнөн мууну бошошуп бараткансыганын байкады Эшим, бирок жубатар эмне айта алат, өзү шалдырап отурат.

Айзаада:

— Не эр жыргалын көрбөсөм, не бала жытын сезбесем — убайы кайсы өмүрдүн?! Ачуу сөз, акшыйган көз күнүмдүк энчим болуп, күндүн күнүн өткөрүп — кызыгы кайсы дүйнөнүн?! — деп, үнү буулуп, ордунан турду. —Тура албайм эми биерге, кагылайын... Мейли, дагы шорум болсо дагы тартармын... Эсен бол...

Эшим ынтылып туруп, анын колунан кармай калды. Кошо кетеби, же күндүн күнүн көргөн шоруна зорлоп алып калабы, Эшимдин көңүлүнө келе алган жок. Айзаада ийнин кысынган бойдон, колун тарта да албай, кайра отуруп кала да албай, бери оң карай да албай кыйылып, майышып токтоду.

Көк өзөн «шау-у» этип, бир кунунда жай термелип агып жаткан шоокуму алыс угулуп турат. Мемиреген кадыр түн. Биртке чарым булут маңкайган айдын бетине үлпүнчөк болуп тартылып, Айзааданын жүзүн көлөкөлөнтө берди.

Кантсе да, кайтпай турганы аз да болсо тартынганынан сезилип, көңүлү тымызын сынып, Айзааданын колун акырын коё берди Эшим. Айзаада унчукпай үңкүйүп нары басты. Шалдырап, башы маң, эки тизесин кучактап отурган жеринде отуруп кала берди Эшим.

Бир оокумда Айзааданын үңүлдөгөн дабышы үзүл- кесил угулду. Акырын өксүп-өксүп ыйлагандай. Муңканган ырга окшойт. Кеч күздүн салкын авасында арман, өксүк, ый, муң толгон басмырт овон калкып, улам пастап, улам нарылап, акчыл буурул түндүн койнуна түбөлүккө кайрылбас болуп сиңип, тарап, жок болуп баратты.

Ошонун эле эртеси эл жатар убак. Теңирберди аксакалдын үйү жактан чуу чыгып калды. Эмне болуп кетти?!

Тура чуркады Эшим да.

Авасы өзү эсен, үйгө сүйөнүп, күүгүм талашта бозоруп отурган экен. А кемпири айгай салып турат:

— Жанагы, өлүгүңө отура калайын кара такыя жок! —деп, алаканын шак коюп, көзү чакыраңдап, алдастап, өз ачуусуна өзүууккан сыяктуу акактап турат. —Э-э... мен билип эле, байкап эле жүргөм... а өлүгүңдү көрөйүндүн шүйкүмү бузула баштаган...

Эшимдин жүрөгү шуу этти. «Эмнени байкайт?..»

Кемпир:

— Кетерман өңдөнүп эле, тириликке көңүлү келбей эле, көзү агып эле... бир жакка жоголуп эле... — деп ныктап, кейип турду. — Кетти ал өлүгүңө отура калайын кара такыя!..

Чогула калган айылдаштардын оозу ачылып калган. Эмне деш ылазым мындайда?! Же кубана албайт, же таба кыла албайт, же тиги ажаан жеңесине кошулуп каргаша албайт.

Теңирберди аксакал өзү мыңк этпейт.

Кемпир гана кыжылдайт:

— Ой?! Эмне селдейесиңер баарың?! Ыя, табалап турасыңарбы?! Ыя, намысты ойлогон эркектана калган эмеспи бул айылда?! Баатыр уул бир күн үйдө жок болуп калса эле, айгыры жок үйүрдөй тентиреп, башсыз каласыңарбы, ыя?!

Сөз өттү сөөккө!

— О, кокуй ай, — деп жиберди бирөө эми эсине келгендей,—туралы, издейли жабыла!

Аны сайын кычатты кемпир:

— Эй! Жесириңер, силердин катыныңар качып атпайбы, йе кокуй?!

— Мен барам!—деди Эшим катуу, кошунга кошулган, «баатыр» атанган жигит ко, ошол жерде көз көрүнөө оолугуп, өрөпкүй.

— Чап! — деди тажаал кемпир катуу буйрук кыла. —Чап! Тентиреп, адатынча кыңылдап ырдап, андан нары ыйлап, бир көмүскөдө жүргөндүр, таап, уруп, атка өмгөктөтүп айдап кел. А ниети бузулуп качкан болсо, ал өлүгүңө отура калайындын жазасы ошол, жеткен жеринде баш-шын кесип ташта... кузгун таласын...

Чындап кыжырланып, кылычын салбактатып, атка минди да, артын каранбай дүпүрөтө чапкан бойдон Кызыл-Жар жолуна чыкты Эшим...

...Колунда бир гана жеңил түйүнчөгү бар, көк өзөн боюнан астелеп узап, жоолугу колунда, мончоктогон терин анда-санда аарчынып, демигип, желип жүрүп келе жатты Айзаада.

Ээн жер, жортмологон жумшак жел кандайдыр бир шабыртты көтөрүп жүргөнсүйт. Ал аны сайын эки этегин түрүп, дикилдеп жүгүрөт. Кара такыя, көк көйнөк, бейбак таапайынан качып, эми бет алдынан жаңы бакыт деле үмүт кылбай, бар болгону көз ачып турмуш көрөрү замат шорго кабылган жерден качып, чымырканып барат.

Жел канатына минген шабырт дагы угулду. Айзааданын эти дүрүлдөдү. Эки тизеси уюп, көлшал терге түшүп, аптыгып токтой калды. Үн адамдын үнү сыяктуу. Тыңшап, ал өзүнүн жүрөгүнүн дүк-дүк түйлаганынан башка эчтеме уга алган жок. Энтигип отура калды. Ошол учурда так үстүнөн «выг-г, выг-г...» деп, коркунучтуу балдырап, байулу учуп өттү. Айзаада эки колу менен башын бекитип бүрүштү. Жакын эле жерден бирдеме кышылдагандай сезилди. Ордунан турду. Шамал экен. Шау-шау этип, куу карабүргөндү желпип жатты. Ал алдыга кадам басты. Кандайдыр кобураган үн угулду. Куугунчу! Жүрөгү опкоолжуй түштү.

—Ай-за-ада-а...

Те бир убакта акырын кыйкырган үн угулду. Айзаада калың карабүргөндүн арасына отура калды. Эч арылбаган, эч кутулбаган шору этегине илешип, дагы калбай, дагы куткарбай кууп келе жаткандай, башын катарга, жашынарга жер таппай, аалам ал үчүн алакандай тар болуп, Айзаада чымырканып, дем тартпай, жер боортоктоп, көзүн жумду. Ат дүбүртү жакындап келатты.

— Айза-ада-а...

Айзаада куштан качкан кекиликтин балапанындай боору титиреп бүрүштү. Жүрөгү ошол жүгүргөн аттын төрт туягындай дүкүлдөп жатты. Кыйкырып издеген ким? Кимдин үнү? Ажыратышка чамасы келген жок.

Атчан обочо жол менен дүпүрөтө салып өтүп кетти.

«Ай-за-а-да-а!..» деген үнү эми алыстан угулду. Айзаада дирт этип ордунан тура калды. Эшим экен! Ал андан нары эч ойлоно алган жок, эч токтоно алган жок, карабүргөндү дуулдатып, жүгүрүп жөнөдү.

— Э-ши-и-им!..

Ал өзүнүн кыйкырганын да, өзүнүн үнү экенин да сезе албады. Жүрөгү өрттөнгөндөй алып учуп, эки эмчеги балбактап, анысын өзү билбей, солуктап ыйлап жөнөдү.

— Э-ши-и-им!..

Эшим да бери чаап, жакындашканда аттан түшө тосо басып келди:

— Мен... мен...—деди ал, —коркпо...

Айзаада энтигип, алпыгып келип, эңкейе койбогон Эшимдин тизесин кучактай, эч сөз айта албай, өпкөсү толуп, өксүп-өксүп ыйлап жиберди.

Эшим суз, бир азга нес боло, бу солуктаган байкуштун төбө чачынан кармап, ошол учурда «баш- шын кес» деген үн кулагына кайра шыбыралып угулуп, кемпирдин тажаал үрөйү көз алдына тартыла, а бир жактан «бу байкуштун качкандан башка кайсы айласы калды эле...» деп ойгонуп турду өз оюу.

Кайдан билмек Айзаада?! «Артымдан келген тура... Мени кыя албаган тура...» деп көңүлү алып учуп, ошол замат өйдө болуп, аны эми ыраазылыгы солуктатып, Эшимди колдон ала өз кете турган жагына карай акырын тартты:

— Ыя, кетелиби... кетелиби, жалгыз жан көңүлдөш беренимʔ.. —Көзүнүн жашын соруп, эч сооронo да албады.

— Кой, ыйлаба эми... ыйлаба эми...—деп, Эшим да анын ыгына карай аяк шилтебей коё албады, кошо басты. «Мейли, сооронсунчу...» деди ою, анын ушундан нары кетип жат болуп кетишине көңүлү эч макулдук бербейт, андан көрө чаап таштап тескери карап кете бериши ага оң сыяктуудай.

Эшим улутунуп алды:

— Кайт десем, «шоруңа кайт» дегеним болсо...

Токтой калды Айзаада:

— Мен тирүүмдө шорума кайра кайта албайм, «кайт» дей көрбө... аябайсыңбы мендей баксызды...

Эшим кем сөз, Эшим суз, мунун кошо кетейин деген ою жоктугун дароо сезип, жүрөгү дилдиреп, санаасы санга бөлүнүп кетти Айзааданын.

Тагдырдан ким качып кутулган?!

Айзаада:

— Башка оюң болсо ошол оюңду тез кыл, баатыр кайним... жанымды ал дагы кайта бер... —деди акырын, алсыз, көзүнүн жашы тыйылып калды. Былк этпейт Эшим. Айзаада акырын чөгөлөп, мойнун узарта созуп, кылычка тосту:

— Мына... чаап сал... мен тирүү бара албайм шорума...

Эшим аны тоголото коюп жиберди. Кың дебей, ордунан турушка аракет кылбай, акырын онтоп, эми өлүмгө моюн сунуп, өлүмүн күтүп жатып калды. Эшим анын үстүнө үңүлүп, эч үнсүз, эч кыймылсыз, буулугуп токтолду, жүз үйрүп атына барып, ээрдин кашын кармап, ичи үйгу-түйгу түшө кайра келип, кайра үңүлдү да, сөгүнүп, келинди шап көтөрө атка мингизе салды. Ээрден онтоп оонап түштү Айзаада:

— Жо... бара албайм тирүүмдө... шорума...

— Ай, кантейин ай... кантейин ай...—деп, балбалактап жиберди баатыр деген жигит. — Ай, кокуй ай, ата конушумдан айрый турган болдуң... ай, азгырыгым ай... Болуптур...

Дароо тирилгендей болду Айзаада, үн да чыгарбай, эч сөзгө келбей, «айнып кетеби» деген күдүк кыстагандай, алаң-алаң каранып, жөнөп калды. Нечен алдырып, нечен жаздырып, эң акыры араң жолуккан ырысын бирөө колдон талаша тургандай, же артынан куба жетип, же алдынан тосо чыгып, жулкуп алып кете тургандай Эшимдин колун бек кармап, ошол жерден тезирек, эптеп эртерек узап, көздөн далдаа, сөздөн далдаа кетүүнү самады. Эшим да ликилдеп чуркады. Жетегинде аты бар экенин унутту. Алар кол кармашып, биринин деми бирине эш болуп, биринин ак көңүлү бирине кубаныч, кубат болуп, өзүлөрүнүн эртеңки катуу багыт күнүнө карай, эртеңки куш жеминдей болсо да бактысына карай алпыгып, демигип кетип баратышты.

Эшим тоо этектеп салып, күн батышты беттеп, көңүлүнүн тереңинде Ташкен багытын болжоп келатты. Биринчи күнү көзгө чалынбас үчүн күндүз буйга жерге тыныгып, түндө жол жүргөн эле. Мына, бешинчи күн болду. Күнү, түнү дебей, атка Айзааданы мингизип, өзү эки этегин кайра кыстанып, алдыга лепилдеп түшүп, жүрүп келет. Мындайды көрбөгөн Айзаада атка урунуп, акыркы күнү, ашууга карай бет алган күнү кыңкыстап табы айнып калды.

Суу боюна түшүп, ат чалдырышты. Эс алышты. Айзаада өйдө боло албады. «Ичим!» деп, сыздап, тырышты. Эшим алактап калды. Эмне дээрин билбей, эмне деп жубатарды билбей, эмне берип ооруга аралжы түшөрүн билбей калды.

— Эмне кылайын?.. Эли бар жерге кайрылсак бекен?.. —деди такыр айласы кеткенде, Айзаада эки көзү чоңоюп коркуп:

— Бирөө таанып калсачы?.. —деди. Эшим буга да жооп таба албады. Шылкыйып, атты жетелеп алдыга түштү.

Алар бир аз жүргөн соң кетип баратышкан капчыгайдын бир айрыгынан коңкулдап иттин үргөнү угулду. Эшим жолдун айрыгына бир аз турду да, унчукпай, ошол ит үргөн жакка бурулду.

Кыштоого жакындаганда бир куу ит жалкоо үрүп, үргөн шаанисин эле кылып, коңкулдап тосуп чыкты. Кичинекей таш короонун четиндеги супадагы боз төбөл үйдүн эшигинде карап турган адам «О, кет!» деди акырын, ит дароо басылып, андан нары чоочундар менен иши да болбой, кайра артынан ыргылжың тартып ээрчий басты.

Эшим эки колун бооруна алып салам айтты:

— Ассалому алейкум!..

— Ва-алейкум-а ассалам! — деп кыраат менен алик алды үй ээси.

Көгала чокчо сакалдуу, маңдайы жарык, эки көзү жаштыкындай балбылдаган, жүзү кызылдуу адам экен. Эшим андан нары эмне айтарын билбей, эки жагын каранып эле, жер кайсалай баштаган атынын башын тарткылап эле туруп калды. Тиги киши аттын үстүндөгү бейтап келинди көрүп:

— И, келгиле... —деди да, Эшимге карап: — Эмне карап турасың, баатыр? Аттан түшүрбөйсүңбү келинди?..—деди да, үйү жакка үн салды. —Өй, мейман келди...

Эшим Айзааданы сүйөп түшүрдү. Боз үйдөн орто жашап калган, келбеттүү, саамай чачын эми ак чалган, кара каш, кара көз зайып чыкты. Эшимди бир, Айзааданы бир тиктеп, анан жай толукшуй басып келип, Айзааданы колтуктан сүйөдү:

— И... Бейтап белем бечара...

Үйгө киришти. Эч ким жок экен. Очокто арча отун чырт-чырт күйүп, казанда бороктоп бирдеменин эти кайнап жатат. Зайып мээримдүү окшойт, эч чийткебей, бөлөксүтпөй Айзааданы ашкана тарабына төргө өткөрүп кетти. Эшим улага ченге сыңар тизелей калды. Абышка унчуккан жок. «Өйдө отур» деген да жок. Кызыл көзүн тике сайып, «Кайдан көрдүм эле муну?» дегендей кыязда. Эшим сыгылып кетти. «Тааныса эмне кылдым?» деген ой кылт этти, ага да. Нары жакта зайып Айзаададан кыбүрөп бирдемени сурап, кейигендей башын чайкап өзүлөрүнчө күймөнүп калышты.

Бир оокумда:

— И? Кайдан келатасың, баатыр? Минтип, кеч күздө ашууну беттеп...—деп, суроо таштады.

Эшим эмне дээрин билбей калды. Оозуна ушу кириптир:

— Таластан...—деди. Абышка жымыйып койду:

— Талас жактан келген киши тиги ашуудан түшчү эле...—деди акырын. —Сен, балам, түздөн чыктың го, Кызыл-Жар жактан чыктың го?..

Эшим салбырап отуруп калды.

Мына ушул мээримдүү кишилердин үйүдө Эшимдер эки күн туруп калышты. Нечен күн ач болуп, ток болуп, жол азабын көрүп кыйналган эки качкынга алар колдорунан келген жардамын аяшкан жок. Эртели-кеч ысыгын, жылыгын беришип, жарык каш-кабагы менен, мээрим менен жубатышты. Алар бат эле үйүр алышып кетти.

Көңүлү ак кишиден сыр жашыра албайт. Эшим акыбалын ачык айтты.

Ойлонуп отуруп, абышка тышка чыгып даарат алып кайра келди да, төргө чөк түшүп отуруп:

— Э, Ак Эркем, —деди кемпирине, — кудай ко кон курбал экен бу балдар, эмнеге карап отурабыз, булардын башын бири-бирине байлап, алалдап коёлу. Мындай бери келип отурчу.

Эшим менен Айзаада тиктешип калды. Кемпир астейдил коштоду:

— А жакшы болбойбу!..—деп, көк гүлдүү ак чыныга мөлдүр тунук суу куюп, үстүнө бир үзүм аардуу ак пахта салып, ортого алып келип койду.— Кокуй, баатырым, шашпа, коңшуларды чакырайын, күбө боло турган эл керек го, ыя?..

— Жөн кой. Кыз жагына сен күбө, Ак Эркем, уул жагына өзүм күбө болом! Бисм алла рахман рахим... Бисм алла рахман рахим...—деп баштап, абышка шарияттын нике жобосун арабча жай жобурады да, Эшимге жүз буруп сурады. — Эшим Кудайберди баласы, эки дүйнө Жамгыр кызы Айзаадага дениңди багыштадыңбы?

Эшим кызарып, мылжыйып күлүп, башын ийкеп, жер тиктей берди:

— Багыштадым...

Шарияттын жобосунан дагы кобурап, абышка:

— Айзаада Жамгыр кызы, — деп Айзаада жакка жүз бурду, — Кудайберди баласы Эшимге эки дүйнө...

Айзаада ыйбаа кылып, жоолугу менен жүзүн саал жашырып отурган эле. Ал үчүн күбөсү жооп берди:

— Э-э, багыштабаса минтип эне-атасынан безип бу баланын этегин кармап качып жүрөбү?! Багыштады, багыштады!..

— Жо, жо, — деп башын чайкады абышка, — анетсе да, эреже шарият жол бербейт, жооп өз оозунан чыгыш лазим...

— Багыштадым, — деди Айзаада токтолбой. Мындан да абышка үч кайталап, тактап сурады. «Багыштадым» деп үч жолу жооп берди Айзаада.

Дагы бир сүрө окуду да:

— Эшим, Кудайберди баласы, —деп Эшимге жүз бурду, — Жамгыр кызы Айзааданын сага багыштаган денин эки дүйнөдө кабыл туттуңбу?

— Кабыл туттум...

Абышка Айзаада жакка жүз бурду:

— Жамгыр кызы Айзаада, Кудайберди баласы Эшим чын ыкласы менен сага багыштаган денин эки дүйнө кабыл туттуңбу?

— Кабыл туттум...

Ушундан соң абышка:

— Оминь...—деп кол жайды. —Эки дүйнө ак жүргүлө, бириңе бириң кара санаба, ичкен ашыңар, тапкан балаңар, жайган дасторконуңар алал болсун, бу дүйнөдө пенде ичинде, тиги дүйнөдө кудай алдында биз күбө... Аллау акбар...

Төртөбү бата кылышты. Абышка көк гүлдүү ак чыныны кош колдоп Эшимге сунду:

— Ке, уулум, мына бу таза, тунук суу — өмүрүң, актыгың, уурта!

Эшим чыныны алып, бир ууртады да, кайра берди. Абышка:

— Эми сен бүлө ээсисиң, бир пенденин милдети мойнуңда, кол каратпай багып ал, кор кылбай сактап ал... —деди да, андан кийин чыныны Айзаадага узатты: —Ке, балам, эми сен бир үйдүн ээсисиң, бир пенденин милдети мойнуңда, аяк асты кылбай күтүп ал...

Көзүнө жаш тегеренип, Айзаада суудан бир ууртады. Абышка:

— Эми, биз кыдыртып ооз тийели! Кана, Ак Эркем, сен баштап ооз тий. Бул суу ыйык суу. Эки пенденин тагдыры байланган суу...

Экөбү эки ууртаган соң, Ак Эрке чынынын түбүндө калган сууну «Этегинен жалгасын! Очогунан жалгасын!» деп ырым кылып, оттун боюна тегерете сээп салды. «Багы бийик болсун!» деп, пахтасын жабыкка кыстады.

— Э, балам, ышкы деген ушундай!—деди абышка ойлуу, салабаттуу отуруп. — Биз дагы жаш болгонбуз. Э, тиги энеңди бир кезде казактан алып качып келгем мен дагы! Атасы миң жылкылуу бай эле. Соода менен Сыр боюна барып калып, Ак Эркем ошондо онбеште экен, даланын кызыл гүлкайырындай ачылып калган кези экен, көрүп көңүлүм байланып калды. Сооданы чачтым. Саяк жүргөн бирөө болуп байдын үйүнө барып, акы сурабай бир жыл жылкысын кайтардым. О, анда мага акы керек эмес болучу, Ак Эркемин айда бир жылмайып коюшу мага байлык да, бакыт да эле!

— Өз тарыгыңа түшүп кеттиңби, баатырым? — деп, акырын күлдү Ак Эркеси. Абышка башын ийкей отуруп, көзү жалжылдап, качанкы өткөн жаш өмүрүнө кайра аралашып, өрөпкүй сүйлөдү:

— Казак көөдөндүү журт болот. Өлөбакысы бөйрөгүн таянган, кеби асмандан келген, дуулдаган журт болот. Жуучу салууга батына алган жокмун. Беришпейт болчу. Ак Эркемдин наристе ышкына, бактыма сыйындым. Сөзүбүз тынган күндөн баштап, жылкыда эки буудан ат бар эле, экөбүн тең жашырып суутуп, буудандар табына келген күнү Ак Эркем боз жигит болуп кийинип, «Э, жараткан, ач жолумду!» — деп, үзөңгү кагыша жарышып, качып чыктык! Ташкен аркылуу элге келсем, туугандарым алда качан «Өлдү» деп кара ашымы берип коюшкан экен. Э, балам, мен муну көргөм... — Ал ойго батып жүзү суз тартты. — Жеттим көңүлүм сүйгөнгө. Ынтымагым, ырайышым болду. Курсагым ачпады, үстүм тозбоду. Э, жараткан, мунуңа да шүгүр! Кудайым бир баладан гана кем кылды...

Ак Эрке көз жашын көйнөгүнүн жеңи менен сүрттү.

Эртеси «Бул жакшылыгына ыракмат! Сүйөнүп эле жата беремби?! Өзүлөрүнө жараша тирилиги бар го булардын. Ашына жүк, башына жүк болуп...» деп ойлонду Эшим. Кайырлашмакчы болду.

— Изиң сууганча, эми, эптеп баш калкалар жер издейсиң го, карагандын түбүн издейсиң го, балам. Баштан өткөн, качкан кишиге кең дүйнө алакандай болуп тарыйт ко, чиркин! — деп кынжылып отурду абышка, бир аздан соң: — Ылайыгындай кыл, мына, мында калам десең, кал, өз үйүң, өлөң төшөгүң болот менин үйүм, өз баламдай болуп жүрө бер. А жок, бактымды дагы башка жактан издейм десең, жол тигине, келиндин алдына ат берейин, эки адам көрүшөт, эки тоо көрүшпөйт, көрүшүп калсак, айтарсың ыракматыңы...

Эшим сүйүнгөнүнөн нымшып кетти:

— Бала кылып алыңыз...

Эмнегедир абышка да толкундап, жүзү нурланып отуруп калды. Ал толгонуп туруп, ойлонуп туруп эшик жакка карай үн салды:

— Э, Ак Эркем...

Эшиктен зайыбы кирди. Абышка зайыбын сынай тиктеп, бир аз токтолуп, айтсамбы, айтпасамбы дегендей, бир аз кыйылып турду да, акырын сүйлөдү:

—Тууган баладан көрсөтөбү кудайым убайды, тутунган баладан көрсөтөбү кудайым убайды...

Ак Эрке акча жүзүн кылайтып, байына бир түрдүү мээр менен тиктеп, байынын оозунан чыккан сөз ага чексиз кубаныч апкеле тургандай, астейдил кунт коюп, токтоло калды.

— Ак Эркем... карачы, кудайым өзү жеткирип турган жокпу бизге экөбүз кырк жылы зарыгып тилеген жалгыз баланы, карачы...

— Не болду, баатырым?.. —деп сүйлөдү Ак Эрке Эшим жакка жал-жал карай. — Андай болор күн кайда?!.

— Ак Эркем... —деди абышка эки көзү жалжылдап. — Түшүмдө чамгарагыма өзү келип, боосун үзүп качкан коңгуроолу көк шумкар келип конду эле, түшүм туш келип отурган жокпу ай, Ак Эркем... Мен мына бу азгын эрди көкүрөгүмдү жыттатып, уул кылып калсамбы деп турам, Ак Эркем... —деди абышка, үнү каргыл чыгып, дирилдеп кетти акырында.

Ак Эрке селее түштү. Байын телмирип тиктеди. Эшим үңкүйүп отурду. Орто тымтырс болду.

— Баатырым... — деди Ак Эрке болукшуй. —Сенин көңүлүң менин көңүлүм.. — Көзүнөн жаш кылайып кетти. — Мейли, кырк жылы бала деп, зар кагып, көп көз жашыбыз агып, балапан башыбыз куурап бараткан жокпу, садагам баатырым?! Мына, баланын көзү отурат. «Үйрүн таанымбаган ат болбос, элин таанымбаган эр болбос деген сөз бар го! «Асыранды баланы абысын чыгарат» деген сөз бар го! Буга не дейбиз, садагам баатырым?.. Эртең бир бейбаш тууганың «Тентиген кул!» десе балаңдын жүрөгү өрттөнбөйбү?! Эртең күнү батча абысыным «Куру тулупка мөөрөгөн байкуш!» десе, садагам баатырым, мен өлбөймүнбү?! Мында не кылабыз, садагам баатырым?..

Абышка нестейип эле, оозунан сөзү түшүп эле, отуруп калды. Улагада Айзаада тик турган бойдон. «Эмне кыласың? Эмне дейсиң?» деген ойго кысталып, Эшимден көзүн ала албай, көз жашы төгүлүп турду. Эшимдин жүрөгү дүкүлдөп кетти. Ал качанкы өлгөн өз атасы эсине түшүп, куду азыр ошонун жанында отургандай болуп, акырын эңилип, көзүн жумуп, абышканын көкүрөгүнө баш салды. Абышканын жылуу, өзгөчө коңур тери жыты келди. Абышка көкүрөгүнө басып кучактады. Экөбү тең эчтеме айта алышпады.

— Ата...

Эшим башын көтөрдү. Абышканын али кызылы өчө элек эки бетинин отунан ылдый сарыгып, көз жашы көгала сакалына түшүп кеткен экен:

— Асырадым, балам, асырадым, асырадым...— деди каргыл.

Ак Эрке жакасын карманып, кудайга мунажат кылды. Шолоктоп ыйлады.

— Туубасам да тутундум, балам, эмчек сүтүм бербесем да, элик сүтүм берермин, балам... Тутундум, балам, тутундум...—деп, чындап бедени ийип, көкүрөгүн ачып, оң эмчегин сала берди. Эшим тартынбай, кыйылбай, Ак Эрке кемпирдин эч качан бала сорбой бези ошол бойдон сакталган ак эмчегин жыттап, үрпүнөн жалмалап эмди.

Өз жамагатына өлбөгүдөй баркы бар Султанмаамыт алдынан кудайга атап аксарбашыл чалып түлөө өткөрдү да, артынан уул тапканын, келин тапканын элге даршан кылып, жамагатын чакырып той берди. Ошону менен Эшимди элге тааныштырды.

— О, көп курама! Көрүп алгыла, кудай мага уул берди. Чын көңүлүмдөн тутундум. О дүйнөдө бир кудай өзү күбө, бул дүйнөдө көп курама өзүң күбө. О, кагылайын журт,

менин уулум сенин уулуң! «Бөлөксүң» деп жерибегиле, тең ата, тең тууган кылып алгыла...

Султанмаамыт андан нары сүйлөй албай, болкулдап ыйлап жиберди. Жанында мойнуна бото салынып, кудайдан ыракым тилеп, элден бата сурап, Ак Эрке ыйлап турду.

— Эл дуулдады:

— Болсун! Болсун! Уул кут болсун, Султанмаамыт! Уулдан урмат көр, байкуш, келинден кызмат көр, байкуш...

Сакалы чубалып белине түшкөн кары адам эки колун тең жайып, көккө карап:

— О, жамагат! Султанмаамыт мурадына жетсин, тутунган уулунан убай көрсүн, бата берели, о жамагат!.. — деди, турган көпчүлүк дуу этe алакан жайышты. Кары элди кыдырата тиктей, үнүн атайы көтөрө айтты:

— Оминь! Эр Эшим Султанмаамыттын уулу, Эр Эшим кураманын уулу. Оминь, «бөлөксүң» дегендин кара оозуна кан толсун, оминь! — деп бата кылып жиберди. Көпчүлүк дуулдап коштоду.

Эшим энеси Ак Эркенин тырмагынан жаңы чыккан саймалуу сары чалбар кийип, бутунда койкойгон көк булгаары өтүк, кып-кызыл камзолду чалбарланып койгон, башына курама эли кийе турган төбөсү бийик, кайрымасындагы кундузу ничке келген бөрк кийген. Жүзү жарык да эмес, жабык да эмес, жамырап тиктеген чоочун элден сүрдөгөндөй саал акчыл тартып, бирок адеби менен, сыйы менен улуусуна ийилип, кичүүсүнө тигилип, кол берип көрүштү.

Те четте акырын шыкылыкташып жоор аңдып отурушкан эки сагызган сыяктуу ичи жаман эки адам өзүлөрүнчө акырын-акырын сүйлөшүп, көздөрүн тирмейтип баам салып отурушту.

— Э-э...Кайдан ооп келди экен бу?..

— Кудай билбесе! Султанмаамыт бекер чабылып жатыры...

— И?

— Бу соо жигит эмес. Суркун карачы... Сөөлөтүн карачы... Өз элинен мамилеси тынган күнү «хайт!» деп кетип калат бу!..

— И-и, ырас, ырас... Баланын зарын тарткан шордуу Султанмаамыттын эмнесин гана айтасың?! Эликке чыгып али келин сынын бузбайт, атаңдын арбайы, казак катынынын согончогу да канабады...

— Тылагында мүйүзеги барбы кызыталактын?!

— Хи-хи...Мүйүзегин сен кайрып койбойсуңбу?

— Хы-хы-хы...

Алар кытылдап, күлүшүп, башка бирөө жакын келе бергенде ооздорун сыйпалашып, тымпыйып калып отурушту.

А көп курама бапырап, кең көкүрөк, бүркүт кабак, сөөлөттүү жигитти бооруна тартып жатышты.

Мына ошентип, Эшим курама Султанмаамыт деген жай адамдын тутунган уулу болуп, Эр Эшим атыгып, калып калган эле. Эл көтөрүлүп, ханга эрегишип чыкканда зарделүү азамат коңулда жата албай, жаңы туугандарынан жигит курап, Исхакка келип кошулган болучу.

* * *

Науман пансат түркчө сүйлөп кеткен фарстардан дагы бешти жол баштатып, эми «Жинди жүзбашы» атанган жүзбашыны тандалма жүз сыпай менен тез аттандырды.

Жинди жүзбашы капчыгайга салбай, беш жол баштоочуну алдыга салып алып, бети ачык жер менен, кырдап жүрүп отурду. Бат-бат токтоп, эки жакты арытып, эч ким жоктугуна көз жеткен соң, акырындап нарылайт. Эки жолу сары журтка кезикти. Эл эчак көчүп кеткен. Көчтүн изин кууп бир аз жүрүп, алды жагы заулдаган тыталама жардын боорунан өткөн жолго түшүштү эле, бир кыпчылга салынган жер көпүрө бар экен, эрегишчилер бузуп кетишиптир, алды жагынан да, үстү жагынан да айланып өтүшкө болбой, кайра артка кайрылышты. Жон ылдый, андан башка арга да жок эле, капчыгайга куюгуп түшүштү. Суу өйдө татырата чабышып, бети ачык жайыкка чыгышты. Чалгынчылар тонолгон жер ушул жер болучу. Ар жерде чөптү карартып, топуракты майлап, кандын орду жатат. Өлүктөрдү бир четке чогултуп көөмп салышкан экен. Сыпайлардын эти дүркүрөдү. Андан нары дүпүрөп жөнөштү. Көпкө жүрүштү. Тоо тыптынч.

— Бири калбай Чаткалга ашып кетишсе керек, - деди перстин бири, — Ушул жерлерде эле кумурскадай быкырап жатышчу эле...

Бул чөлкөмдө айыл табылбасына көзү жеткен соң, нары тоо арасына тереңдеп кете бериштен чочуп, ал күнкү жүрүштү бүттү деп, Жинди жүзбашы кайра тартты.

Алар бардык коркунучтуу, шектүү деп эсептелген бурум, буктурма жерлерден өтүп, капчыгайдын эң акыркы кыпчылына чыгып келишти. Айлана тыптынч эле. Тарс! Эң алдыңкы сыпай көкүрөгүн апчып, атынын жалына артылып түштү. Жалт берип, артка дуу коюшту. Тарс! Тарс! Арттан да сыпайлар аттан жалп-жалп түштү. Кайра дүргүп, тыгылып, бир капталды көздөй жабылды. Ал жактан да кабат-кабат ок чыкты. Сыпайлар ортодо уюлгуп, ак көбүк бүрккөн суунун үстүндө шатырап, бири бирине ыктап алдастап, аттар үркүп, чырылдап кишинеп, кокуйлаган кыйкырык, чуу, кай бирөө аттын үзөңгүсүнө сүйрөлүп, кай бирөө аттын төрт аягында жөрмөлөп калды. Тарс! Тарс! Кара мылтыктын үнүн аскалар биринен бири жулуп алып, бирине бири уруп жиберип, кош жаңырыктап, тоо арасы буркан-шаркан түштү.

Бир сыпай ок чыккан жакты карап бакырды:

— О-о, мусулман балдары, жан соога!

Тарс! Кан жайкап жыгылды. Тарс! Тарс! Жан соога бермей жок. Сыпайлар чыйрала калышты. Бир жагын жиреп чыгууну көздөшүп, аттардын жалына өбөктөп: «Йа, алла! Йа, алла...» деп сүзө качырып жүрүп беришти. Ал жактан да үстөкө-босток тарсылдап ок чыгып, аттар жер урагандай оңколоп жыгылды. Жан далбас кылып, бүкчүңдөп жөө качкандарды бадалдын арасынан кимдир бирөөлөр сорок- сорок этип чыга калышып, кылычтап таштап кетип жатышты. Чыкса курчоодон ээси жок кергичтеп качкан аттар гана чыкты.

Кара мылтыктын үнү тып басылды. Туш-туштан мергендер түшүп келишти. Каршы-терши сулап, сууну бөгөп жаткан өлүктөрдү жээкке сүйрөп ташташып, бүт куралын терип, тизгинине чалынып туруп калган аттарды кармап кайра бирпаста токой арасына сиңип кетишти. Капчыгай кара мылтыктын түтүнү жыттанып калып калды. Төбөгө жору айлана баштады. Тоо кайрадан тыптынч...

* * *

Ордо эч качан тоолуктар менен эсептешпей коё алышчу эмес. Тоолуктар биригип кетишсе, хандарды баш кийимдей алмаштырып, көп учурда ордонун өзүн тыптыйпыл кылып талаган кандуу жаңжалдарды чыгарышчу. Азыр мезгил башка. Кудаяр-хандын артында жарымпаша турат. Кудаяр-хан өткөн өчү, эски кеги козголуп, эрегишчилерди катуу жазалоого буйруп, «козголоңчулардын малы, мүлкү силердики» деп, кызытып, каалашынча укук берип, ээрчитишинче сыпай берип, пансаттарды аттандырып жатты.

Эл үркту. Наманген шаарынын, байыркы Аксы шаарынын урандысынын, Кезен шаарынын айланасындагы түздө, суулуу жерлерде тирилик кылган карабагыш, катай уругу дүргүп көчүп, жайлоодон нары Таласка, бир чети Суусамыр аркылуу Сары-Өзөн-Чүйгө ооду. Жети кылым илгертен ата-бабасы мекендеген кыштактарын, Сыр-дайрадан кайрыган арыктарын, жаздоо, күздөө конуштарын Кудаяр хан түркчө сүйлөп кеткен перстерге, тажиктерге араптарга, алам десе жүүттөргө да, көп жылга болжоп ижарага[1] берип, отурукташтырып салды.

Буга эрегишип көтөрүлгөн элдин мизи кайткан жок. Исхак жазгы жортуулга катуу даярданып жатты. Экинчи тараптан, орус чиновниктери менен алака кылууга аракеттенип, «Тамыр бололу, жардам бергиле, көлөкөңөргө алгыла» деп, көп тартуу менен Токмок уездине элчи жиберди. Токмок уездинин начальниги майор Эллер тартууну толук алып, чын ыкласы менен жардам бермей болуп, убада кылды. Кеңешип коюш үчүн генерал-губернатор фон Кауфманга кат жазды. Фон Кауфман жардам түгүл, тополоңчулар менен ар кандай сүйлөшүүнү дароо токтотууну, элчилерди Токмок уездинен тез чыгарып жиберүүнү катуу буйрук кылып жооп берди. Элчилер арып, чарчап, кеч күздө Талас аркылуу араң кайра келишти.

Өз күчүнө таянуудан башка, тагдырга баш байлоодон башка арга калган жок. Эрегишчилер кышы бою тынбай, кыштоомо-кыштоо жер төлө казып, казанын аскан темир тулгасына чейин, теминген болот үзөңгүсүнө чейин кайра соктуруп, кылыч, кара мылтык, найза, үч ача, шылк этме жасашып, ок куюп, дары ийлеп, жигиттер кылыч ыгына машыгып, ат үстүнөн мылтык атууга көнүгүп, катуу даярданып чыгышты.

Эрте жазда кайрадан акбоз аттардын куйругун канга боёп, кайрадан элге жарчы аралады.

— Аттангыла! Аттангыла! — деп жаагын жанып чапты жарчылар. — О, түптүү журт, аттангыла! Хан дагы айныды. Өз калкын жоодой чапты, өз шаарын каракчыдай талады. Айтып акыл мукурады. Кылып айла түгөндү. Аттангыла, түптүү журт! Түйүндү кылыч менен чечер күн туулду. Аттангыла! Аттангыла...

Ие жалганбы?! Жүгү оорлосо атан төө бакырчак болот! Эл кайра дүүлүктү.

Ошол 1874-жылдын жай алдында, ат көккө кара тил болуп күчтөнгөн кезде, орун которуп жөнөгөн бал аарынын уюгундай дуулдап, дагы ураан кыйкырып, ат туягынан жер дүңгүрөп, мыкты куралданган үч миң ашуун эрегишчи дагы Чаткалдан кара селдей каптап түштү.

Чоң кара жолдун үстүндө, дөңдө жалгыз бейит жаткан.

Исхак жалгыз бейиттин тушуна келгенде атынан түшүп, чылбырды жанжигитке ыргытып таштап, бат- бат басып дөңгө чыкты. Мына, томпоюп жатат жалгыз бейит.

[1] И ж а р а — акысын алып, дыйканга убактылуу иштөөгө жер берүү, аренда.

Үстүн кызыл гүл баскан. Кызыл гүлдөр алдында жаткан шейиттин канынан абжалган сыяктуу. Исхак кыбыла жакты карап, бейиттин этегине чөк түшүп отурду.

Эр Эшимдин бейити болучу. Улам жумшаган сыпайларын улам буктурманга кабылтып, кырдырып алып, айласы кеткен Науман пансат баягы Камбар саркерди: «Эй, катай, — дептир дейт — үзөңгүлөшүң, кармап келип бересиңби, же, бүт катай уругу кырылсынбы, бооз катындары жарылсынбы? «Тирилей, колго тийгизсең, — деп, сөз жылымдаган, — ыя, силердин жерлерге да сарттар отурук кылдырыла баштады беле, жарасы жеңил, а кежилдегендерге кылычтын сабын кармалап гана койсом жетишет, бир күндө кайра көтөрүнүп чыгып кетишет. Болдубу?..» Анын да айласы куруган, катай саркер токой жамынган эрегишчилерге барып кошулуп шек билдирбей бирнече күн аралашып жүргөн соң ээндетип, бир бейпил күндө капыстан бастырып, байлатып апкелип берип кутулган дейт. Науман пансат кеткенден кийин бозгон эл кайра келип, баатырдын сөөгүн казыктан алып, жолдун үстүндөгү дөңгө чыгарып, гөр казып, жашырып коюшкан эле.

Бүт кол аттарынан тегиз жамырап түшүп, дөңдү этектей тартып, жер жайнап отуруп калышты.

Исхак башын жерге салып, мууну калтырап, оозуна эчтеме кирбей, көпкө үнчүгa албады. О, бир оокумда, акырын баштап куран окуй баштады.

Көп кол дем тартпай, аттардын анда-санда бышкырганынан бөлөк эчтеме угулбай, бир да киши кыбыр этпей, мелтиреп отуруп калышты. Исхак кыраатын келтирип, узун сүрөгө түшүп, муңканып окуду. Ыргак менен уйкалышкан арап сөздөрү бирде көмөкөйдөн күңгүрөнө кайрылып, бирде тил учунан шаңдуу чыгып, авага акырын калкып, кишиден кишиге өтүп, өзүнүн түшүнүксүздүгү менен, кулакка жумшактыгы менен, дагы ыйык, дагы сыйкырдуу күчкө оролуп, тиги бири сыңар тизелеп, бири чөк түшүп, бири камчысын таянып, бир тегиз дымып отурган көп элди ого бетер жымырата кармап, бала кезде түшүндө көргөндөй бир ажайып дүйнө, кудуреттин күчү, туулуу, өлүү, пенденин милдети, актык, каралык ар кимдин оюна келип, терметкен, жоошуткан жылуу үн болуп кулакка куюлуп, мээге жыңылдап сиңип жатты.

— Оминь!..—деп алакан жайды Исхак, ичинен күбүрөп, эли үчүн жан кыйган баатырдын арбагына багыштап, бетине бата тартты.

Бүткүл кол дуу-дуу этип күүлдөп толкуп бата кылышты.

Исхак ордунан турган жок. Былк дебей, баш көтөрбөй, тунжурап отурду. Эми эмне дейт? Эч ким болжой албады. Оозунуп ордунан эч ким тура албады.

— Бул бейит мазар болсун. Күмбөз салынсын. Ыйык жер болсун биз үчүн...—деди акырын.

Алар дөңдөн ылдый басышканда жер жайнап отурган көп кол учкан тарыкчылардай дүрр эте орундарынан тура калышты. Жанжигит күмүш жалдуу чабдар аргымакты жетелеп, логлоп чуркап, Исхактын алдына тарта берди. Кол түп көтөрө аттанды.

Ала-Буга, Ак-Там, Көк-Жар, Нанай, Мамай, Сефит- булан эли колдун алдынан көкбөрү алып чыгып тосушту.

II

Эми эмне кылуу керек? Жол эки айры болсо жолбун иттин башы каңгы! Ар кимиси арди айтып, жаат куралып, кайсы тарабынан айтканы туура экенине өзүнүн көзү жетпей, Кудаяр-хандын башы чындап каңгы болду.

Ушул мезгилде Россиянын «Санкт-Петербургские ведомости» газетасы өзүнүн беттеринде бул эрегиш жөнүндө: «Мурда белгилүү болгондой, көтөрүлүш бүт элди кучагына алды, ал кыргыз кыпчакты бириктирди, а түгүл хандын отуруктатшкан букаралары да көтөрүлүш жакка өтө башташты. Сөзсүз, жакын арада Худояр-хандын башы кетет, же бийлигинен ажырап, оруска кире качышка аргасыз болот» деп кабар жазып жатты.

Эрегиш күндөн күнгө күч ала берди. Сыр-дайранын, Кара-дайранын бойлорун кучагына алып, Көк-арт, Өзгөн багытына жайылды.

Диван чогулду.

— Кана, абтабачым? — деди Кудаяр-хан шектүү тиктеп. — Эми эмне кылабыз? Өзүбүз жайгарабыз деп отуруп, мына ушуга келдик. Кана, кантип жайгарабыз? Же... — Ал өз кыжырына туттугуп, эрдин бек кымтып, токтоло калды. — Селсаяк Болот келип, ордону бошот дегиче колду куушуруп отур дейсизби?!

Бул ачык кекетүү. Кутумдары ханды ага каршы бурай баштаган эле. Бирок, Абдырахман абтабачы мизбаккан жок. Ал өзүнүн салмагын билет. Күмүш чайдосту колго алып, колуна суу куюп, кетенчиктеп эшикке кайра чыгып кетип жүрчү күн эмес азыр. Мындай чалкеш кезде андан башка таянар аскер адамы жок ордонун. Анын үстүнө ал Мусулманкулдун уулу, кыпчак жаатынын тиреги, а кыпчактар али атка минип каптап чабар калың күч болучу.

— Дагы өзүбүз жайгарабыз, таксыр...

— Сиз жайгарып келиң! — деди Кудаяр-хан өчөшө. — Сиз алардын дилин билесиз. Бөлуптур, өз туугандарыңызды өзүңүз тынчытып келиң...

Абдырахман таазим кылды:

— Сиздин пашалык эркиңиз...

Эртеси Абдырахман абтабачы тандамал миң сыпай алып, Науман пансатты жардамчы кылып, Наманген вилаетине жүрүп кетти.

Ал эрегишкен эл чогуу жүргөн жерлерден буйтап, атайылап бет келишпей, Сыр бойлоп, Кызыл-жар багытына салды. Кабар жеткен экен, Абил бий жыйырма беш жигити менен өзү алдынан чыгып тосту.

Экөбү тең аттан түшүп, кучакташып көрүшүштү.

— Элиңиз тынчпы? Өзүңүз саламат жүрөсүзбү, бий ага? — деп, Абил бийдин колун коё бербей, сыга- сыга кармап, көзүн тиктеди абтабачы. Абил бий да астейдил:

— Кудайга шүгүр, жан үкем...

Атка минишип, катар бастыра беришти. Абил бий:

— И, өзүңөр кандай?.. Хазирети өкүмдар кандай? Бактияр доораны сүрүп, соо-саламат жүрөбү? Жайчылыкта кабар алышпайбыз...

Эң акыркы сөз менен ич урунганын түшүнүп:

— Э, бий ага, бу пендең түшкүр ушундай турбайбы?! —деп, Абдырахман ойлуу тартып, башын ийкей, мойнуна ала жооп кылды. — Төрт түлүгү төп болсо, төрт тарабы кыбыла, кудайды эсине албайт экен, өзүнүн улам алды кызык өмүрүн эки жагын

каранбай кууп кете берет экен. Качан гана тагдырдын солкулдак көпүрөсүнө жеткенде, көпүрөнүн кап ортосуна барып алып башы айланганда, ошондо «кудай... кудай» дейт турбайбы, ошондо жардамга кол сунар бурадарын издейт турбайбы...

Абил бийдин көңүлү ыраазы болду.

Болгон тоо Бозбу алыстан тигилген боз үй сыяктуу. Эч жагынан башка тоолор менен тутуму жок. Жайкысын башына кар сактабайт. Дайыма мунарыкка чөгүп, мемиреп боз тартып турат. Бас жайлоо. Бирок, жылдын кайсы мезгили болсо да, үстүнөн токумдай булут кетпейт. Ошол токумдай булут тууйт. Күн жүрүш этегинде мелмилдеп жаткан асыл Ферганага да, күн батыш, күн чыгыш жагындагы ак мөңгүлүү бийик тоолорго да жаратcандын мээрими жаан токумдай булуттан тарайт. Эл муну эне тоо дейт. Чокусунда тартылган түндүк окшоп кичинекей көл жатат. Тулпардын көлү дешет. Ошол Тулпардын көлүнүн керилген сазына Абил бий кырк өргөө көтөрттү. Ар өргөөгө мейман күзөтө турган экиден карал коюп, эшигине экиден сүт эмди тай согум байлатты. Өзү ортодогу он эки канат ак өргөөгө жайланышты. Максаты — ордо менен элеттин арасына дагы бир жолу данакер болуу. Эрегиштин корушу болуп турган уруктарга өзгөчө ишенимдүү киши чаптырып, башчыларын, бийлерин «ийри отуруп түз кеңешүүгө» чакырды.

Бир аз күндөн соң, кутлук-сейит, найман, черик, катай, карабагыш, мундуз уруктарынын билермандары көп кыйылып, көп толгонуп, акыры жалпы сарууга салмагы бар белгилүү бийи жакшы Абилдин сазесин гана сындырбас үчүн, «бара көрөлү» дешип, кутлук- сейит Шер датка баш болгон элүүдөй атчан келип түштү. Экинчи жактан жанында жети гана сыпайы бар Абдырахман абтабачы салам айтып келип түштү.

Абил бий аларды дароо жолуктурбай, ачуу арасында оңолгус көңүл калды кеп айтылып кетпесин деп, бөлөк-бөлөк жайгарып, ар жаатка өзү гана барып, өзү гана аралашып, өзү гана сүйлөшүп, эки күнү жумшартып үйралыштырды. Эки жагын тең сүт эмди тайдын жаясына, багалан козунун балбоорук этине карк кылып, суусунуна кымыздын гүлүн берип, келиштирип күттү. Үчүнчү күн дегенде он эки канат ак өргөөгө чакырып, Каракаш айымдын дасторконунда сакадай иргелген он бийге Абдырахман абтабачыны жүз көрүштүрдү.

Биртке кобурашып, сылыктык үчүн гана эсендик сурашып, суз учурашышты.

Каракаш айымдын дасторкону адаттан тыш толо болду. Түркүн боёлгон кант, жайдын күнү дүйүм мөмө, бышкан керчөө, муздаган казы, жал, ысык куйрук-боор, кыпкызыл кашкары токоч, түрдүү ширин даам жайнап жатты. Кол чаначта мейиз кошуп ачыткан кымыз, кытай чыныда сары шербет, койкойгон күмүш көөкөрдө кымыздан бөлгөн чагырмак мелтиреп тунуп турду.

Меймандар даамга караштты. Адеби менен түркүн , даамдан ооз тийишип жешти. Оокат үчүн келишкен эмес. Эки жак тең ичтен толгонуп, иштин ток этерине жакындап келгенин, чарт жарылып эми сөз чыгарын сезүү ирендерин кумсартып отурду.

Сөз алдында Абил бий обдулуп турду да:

— Кана, жакшылар, бул шайтан мойну сынган болсун... Алдыга түшкөндүн жолу болсун...—деп, бир кур ал да апкаарый түшкөндөй мукактана, алтын саймалуу кымкап тонду Каракаш айымдын колунан ала коюп, Шер даткага жапты. — Кадырлуу датка, атайын хазрети Кудаяр-хан өзү Сизге арнап...

Кокондон ар түрдүү жакшы буюм, жакшы кымкап тондордон эки таңылчак кылып көк качырга жүктөтүп, Абдырахман абтабачы ала чыккан болучу. Эми өзү туруп, он бийдин баарына бирден тон жапты.

Бийлер күдүңдөшүп, бири биринин этегин тартып, кычыгы кызарып эт баскан ач көздөрүн алдыртан чекирейтишип, «Меникинен мунуку жакшыбы, ыя?» дешип, көрүп калышты. Шер датка кымкап тонду ийнинен силкип таштады:

— Жалаңач жүргөн эч ким жок! — деди ал, карылыктан чоң-чоң сепкил түшө баштаган жүзү сурданып, эки көзүнүн алдындагы көпчүңкү териси диртилдеп кетти. — Ата көрү ай! Кайсы жакшы көңүлүбүз үчүн кымкап жабышып отурат экенбиз?!

Аны көрүп, бийлер үстүндөгү кызыл-тазыл кымкаптарды аргасыз сыйрышып, ме деп ыргытып жибере алышпай, селдейип отуруп калышты.

Абдырахман абтабачы:

— Аваке, — деди саал эңиле, — мейли, менин сыйым болсун бул. Менин түшкөнүм болсун алдыңызга. Туугандыкка санабайсызбы? Колумду уялтпаңыз, аваке... — Кымкапты өзү кайра жапты. —Атамды көрдүңүз эле...

— О, Мусулманкул! Кайран агабыз!.. —деп жиберди Шер датка түтөп. — А ата эсиңде экен го үкөм?! Мына ушинтип! өзүбүз төбөбүз бирикпегендин кесепетинен тындым болгон кайран киши!.. Ушу катынпоз түбүнө жеткен...

Шер датка Абдырахмандын өйүгөн жерине тийип, ачык көкүттү. Абил бий арага түшө калды:

— Э-э, датка... өзүбүз курган ордо бузулуп кетпесин деген токтоолук го!? Билбейт дейсизби? Жетик акылдын иши го?!.

Шер датка күңкүлдөп сөгүнүп жиберди:

— Ие, тынчы жок, куту жок мамлекетиңди урайын... Жылуусу жок тонуңду урайын...

Абдырахман абтабачы кыпкызыл болуп кетти. Кары датка акырын калтырап, ыйлагыдай болуп, бир аз жумшара түштү. Кайра силке албады кымкапты.

Абил бий сөзгө өттү:

— О, жакшылар, — деп улутуна отуруп баштады, — не десек да, өз экен, Кудаяр-хан башын ийип, алдыбызга түшүп, куру кол эмес, тиги эле Букардын увазири кийбеген алтын тон жолдоп, ниетин агартып, дубайсалам жиберип отурат. Кетпеди дебейли, көп кетти Кудаярдан каталык. Кечирбеди дей албайт, көп кечирдик биз дагы. Мына, бул жолкуга эмне дейбиз? Ойлонолу...

Шер датка кырт деп ачуулуу күлүп койду:

— Көз буугуч болуп, ушул дүкөнчирик сарала чапанын башыбызга жаба салып, алдап жиберейин деген экен!

Бийлер копшолуп, ошонусу менен коштоп калышты. Абил бий:

— О, кадырлуу датка, иштин түбү сарала чапандабы?! Аны жакшы түшүнүп турасыз өзүңүз... —деди кейиштүү. — Кече атасын Кудаяр өлтүргөн ушул Абдырахман үкөбүз билбейби, мен билбейминби ханыбыздын болумсуздугун?! Сөздүн түгөнгөн жери, баарыбызды мукуратып, баарыбызды Кудаяр менен бирге отурууга мажбурлап отурган кудай урган биримдиктин зарылдыгы эмеспи?! Тартышып жүрүп не таптык? Арал кайда? Сары өзөн Чүй кайда, Талас кайда? Ташкен кайда?..

Шер датка толгонуп, мукактанып:

— Тилиң ширин, Абил...—деди, акырын кыр-кыр жөтөлүп. —Бирак, биздин арабыз тереңге кеткен айрылып. Кудаяр-хан биздин көңүлүбүздү тебеледи. Эмнеге ишенет билбеймин, бизге жылдан жылга катуу. Сен экөбүзгө эчтеке эмес, Абил, закет алса, салык алса, салыкты аябай калың алса мейли, жонубуз бар көтөрөбүз, а бей-бечара кишилерге чыдагыс болуп кетти го?! Сага кандай билбейм, жакшы иним, мага бул кымкап Кудаяр өз элимдин терисин сыйрып үстүмө жапкандай сезилип отурат...

Жаактууга жай бербеген чечен Абил жооп таппай калды. Домбунун куну түштү эсине.

— Андан калса, Абил, — деп кеп узатты Шер датка, — кичине бирдеме боло электе ордодон аскер чыгарат, аскери келип жигиттерди казыкка отургузат, бооз келиндердин ичин жарып, баласын бакыртып жерге түшүрөт. Бул эмне?.. — Башы калтылдап чаңырып жиберди. — Ыя, бул эмне?! Өз элине ханы кыла турган кордукпу, кокуй?! — Абышка саал энтиге күңкүлдөдү: —Казыкка отургузат! Үйрөнгөн экен...

Бул каардуу, кайгылуу сөздүн акырында үйдө отургандар аргасыздан жымыйып жиберишти. Хандын атына айтылган «Кудаяр бача» деген ушак бар. Ошону эске салган, атайын өчөшкөн кычы сөз эле. Абдырахман абтабачы нестейди. Бул элдин арасында, а түгүл дайыма ийкемге келип жүргөн Абил бийдин көңүлүндө да, Кудаяр хандык даражасын, так ээси деген зоболосун сыйлоо эч калбаган экен! Жылуу сөздөн да, ачуу сөздөн да билинип турат. Эгер биртке ийменүү калган болсо, Абдырахман ордодогу экинин бири, Кудаяр- хандын жакын адамы, ал отурган жерде ушунчалык катуу сөзгө барышат беле?! Бул ачык кастык, оңолбостук болучу. «Ким себепкер? Ким күнөөкөр ушунун баарына? Албетте, Кудаяр-хан өзү!» — деп Абдырахмандын азазилдей сергек көкүрөгү ой тегеретти.

Шер датка:

— Кече күнү эле, колунда куралы барлар менен кармашсын, мен анысын айтпаймын, жазыксыз айылдарды канга бөлөп, кыштактарды күл кылып кеткен Науман бүгүн дагы келип отурат, бул эмне? Бул «көнсөң көндүң, көнбөсөң тигине» деген сөз...

Абдырахман абтабачы сыңар тизелей калып, эшик жакты карап, алаканын шак чапты. Өз жигиттеринен жок экен. Абил бийдин мейман күзөтчүлөрүнөн бирөө босогого келе калды. Абдырахман:

— Нары биздин балдардан барбы, бери айтып койчу, тууганым... —деди акырын. — Науманды баштап келсин мында...

Иреңи сурданып, эрди ачуулуу кымтылды. Бийлер үрпөйдү. Чатак чыгарабы деп, Абил бий да кыя тиктей берди. А Шер датка тоотпой отуруп, кайта кыжыры кайнап үн катты:

— Бул сездирүү! Бул коркутуу!

Науман пансат кирип келди:

— Ассалому алейкум!

Эч ким алик алган жок. Өзүн тике атып тиктеп каршы алган аскербашы Абдырахманга суроолуу карап, босогодон акырын башын ийип таазим кылды:

— Кулак сизде, аскербашы...

Үнүнөн анча да көз каранды эместиги билинди. Ханабад жеңиши үчүн Кудаяр-хан ага көңүл бөлүп, дагы өзүнө жакын тартып калган эле. Бул эр көкүрөк аскер адамын көптүрбөй койгон эмес. Анын кирдүү кабагы, тоңмоюндугу абтабачыны тырыштырды:

— Келе бери тапанчаны! — деди Абдырахман түз эле колун суна. Науман кашы селт деп, абтабачыны шектүү тиктеп, анан бул эмне үчүн кылынып жаткан иш экенине көзү жетпей, кантсе да тиги азыр аскербашы, кыңк этпөөнү талап кылган катуу буйрукка баш ийип, бир атар орус пистолду белинен сууруп ыргытты. Чекеси чүрүшүп, наразылыгы, кыжыры көрүндү. Абдырахман абтабачы пистолду тосуп алды. Эки көзү аны сайын канталап:

— Чеч кылычты! — деди дагы. Науман пансат нестее түштү. Эрди кымтылып, кылычтын сабын кармалап, каяша кыла турган өңдөнүп, токтоло калды. Абдырахман пистолду окчо кармап:

— Келе! — деди катуу.

— И, мынча эмне болду, абтабачы? — Науман кылычын куру менен чечип ыргытты. — Түшүнө албай турам?..

— Сен бооз келинди ушул кылыч менен жардың беле? — Абдырахмандын көзүнөн заар учуп, кылычты кынынан сууруп көрсөттү. — Ыя?

Науман:

— Эмне экен? Өкүмдардын катуу буйругу менен келгем мен анда...

— Өкүмдар андай буйрук берген эмес сага! — деп Абдырахман абтабачы жарылып кетти. — Берген эмес! А жөн эле кылычыңдын курчтугун сынагансың сен айбан. Мына... —Ал жылтылдаган көк болотту бийлердин алдына ыргытып таштады. — Эми бул кылычтын курчтугун алдагы сенин эси жок башыңды кесип көрүп сынашсынчы.

Науман лансат бир кубарып, бир кызарып:

— Көзүңө кара, Абдырахман! — деди калтаарый, кектүү. — Мен дагы сендей адаммын! Мен дагы өкүмдарга ак кызмат көрсөтүп келе жаткан адаммын, эй. Жооп берип каласың өкүмдардын алдында! Каныңа тартып баратасыңбы сен?!.

Абдырахман анын сөзүн уккан жок:

— Мына, эки ортодо кан төгүп, ханды элине, элин ханына суук көрсөтүп жүргөндөрдүн бири. Алгыла. Кандай кылып өч алсаңар эрк силердики...—деди бийлерди кыдырата тиктеп.

Бийлер дал болуп калышты. Шер датка чекчейди. Абил бий жашырын бир ууртун тартып жымыйды. Ар кандай ыкка жыгылып, ар кандай шарлыкка барып, ордонун зоболосун коргоп жатканына Абдырахманга тен берди.

«О, бөрүнүн баласы!» деп, таң калды, ичинен ыраазы болду.

Балбан жигиттер Науманды эшикке түрткүлөп жөнөп калышты. Науман кашкөйлөнүп:

— Куп жакшы! — деди ичи өрттөнүп, оозу күлүп. —Ха, мейли, өлө турган жалгыз менби?!. Токто, тагдыр жазса, сенин шум каллеңе да бирөө кылычтын курчтугун сынайт, Абдырахман! Токто! Ха-ха!..

Абдырахман жүзүн үйрүдү:

— У жүзүң кургур...

Мына, Абдырахман абтабачы бул элдин көңүлүнө Науман пансатты көз көрүнөө курман чалды. Бул ордонун тилегинин актыгы, өткөн каталыкты моюнга алуу, элдин алдына жыгылуу болуп бааланды. Эң акыры, Абдырахмандын туугандарына күйгөнү, ыкканы, мындан нары да туугандарын канаттууга кактырбай, тумшуктууга нокутпай, өз калкасына алганы болуп эсептелди.

Абил бий тилинен бал таамп, ушундайча чечмелеп сүйлөдү. Муну этибарга албай коюу, этек кагып туруп кетүү тайкылык болорун, кээ болорун муютту.

Ал күнкү сөз ушуну менен бүттү.

Эртеси шашкедеги намаздан соң, Шер датка токтогон өргөөгө чайга чогулушуп, сөз кайра башталды. Шер датка түнү бою ойлонгон эле. Жүйөгө жол тосор шылтоо таба албай:

— Ошондой эле болсо го... Сен айткандай эле май көл, сүт көл болсо го, Абил...— деп, башы калтылдап отуруп калды. — Көрөбүз бул иштин акырын, дагы эле бизге ордо менен кан төгүшүп ажырым болушубуздан бөлөк аргабыз болбойт, көрөсүң, Абил...

— Көрөлү, датка ага, — деди шар Абил бий, — дагы сиз менен бизден кетпесин!

Шер датка шарт койду:

— Болуптур, биз урушту токтотолу. Кудаяр оюндагы кастыгын таштасын. Сарттарга ижарага берип жиберген түздөгү суулуу жерлерибизди кайтарып берсин. Урушта набыт болгон балдарыбызга кун төлөсүн. Беш жылга чейин жырык тыйын салык албасын...

Бийлер бир ооздон кубатташты:

— Сөздүн түгөнөрү ушу! Буга көнбөсө өзү билсин. Биз билгенибизди иштейбиз.

Абдырахман көзүн сүзө башын ийкеди:

— Сезип турам, аваке, Сиздин ордуңузда болсом, мен дагы ушу Сиз айткан сөздү айтмакмын, Сиз койгон талапты коймокмун. Калети жок! Каршы айтарыбыз эмне?!— деп кубаттады. —Мейли, баралы так ээсинин алдына. Жүргүлө мени менен аттуу, баштууң. Отуралы үй мүйүз тартып. Айтайын Кудаяр- ханга мына ушул силер айтканды, коёюн силер койгон талапты. Түшүнөт хан, эгер өлкө керек болсо. Талапка көнөт хан, эгер эл керек болсо! —Ал жаак териси тырышып, Кудаяр-хандын керт башына болгон кыжырын тышына чыгарды. —Көнбөсө (!) саткай сарым... өзүнөн көрсүн...

Абил бий сөз салмактай билген куу го. «Көнбөсө саткай сарым... өзүнөн көрсүн...» — деп ичинен кайталап, бир ууртун жашырын тартып жылмайып, бул жерде Кудаяр-хандын тагдыры ортого коюлганын сезип өзүнө өзү «Сөз ийине жетти!» деди.

— Э-э, датка,—деп жиберди ал ачык,—бала эмеспиз го, кудайга шүкүр, мындан артык сөз болобу, жарыктык?!

Шер датка үңкүйүп эле отуруп калды. Эсине курама Абдымомун бек түштү. Көз алдына азыр эрегиштин башында турган Исхак келди. Алар эмне дейт? Дарбып калган журт эмне дейт? Тынччылыктан башка да, биримдиктен башка да, тепселген намыс, кек, эң акыры эки бутту кенен сунуш үчүн кеңчиликтин зарылдыгы деген да бар! Шер датка башын көтөрдү:

— Бир өргөөнүн төрүндө отуруп гана бүтөрө койчу чактан өтүшүп кеткен эле биздин иш, Абдырахман үкөм...—деди акырын. —Кантели, өзүң мынча сазе кылып келип калган соң, аракет кылалы жабыла. Оорлукту көргөн эл. Арга кеткенде дүргүп көтөрүлгөн эл. Сүйлөшөлү ошол эл менен...

Кыйды Абил бий абышканын колдон суурулуп баратканын сезип:

— Датка, эл эмнеге умтулуп, дүүлүктү, элге эмне керек? Элге бейпилдик керек, тоюнчулук керек, өкүмдардын, адилдиги, камы керек. Мына, эл мына ушуга умтулуп дүүлүктү. Эми, минтип өкүмдар өзү, ордо өзү элдин талабына көнүп жаткан соң, эл эмне дейт? Эл жан дейт. Акырындап жылжып тынч тирилигине түшүп кете берет. Кана, ушундай эмеспи, жакшылар? — деп бийлерге кайрыла берди. Бийлер копшолушту:

— Анысы го ырас го. Бирок... —дешип кобураишты. Абил бий ушул жерден да маани улап кетти:

— А бали! Демек, ханы тынч болсо, анын аты Кудаярбы, же Болотпу, элге баары бир экен го?! Азыр эки жол турат. Айталы, эл эрегишет, кан төгүлөт, белчесинен кан кечип туруп Болот дегенди хан көтөрөт, мейли Болот элге карамдуу чыксын. Айталы, эл эрегишти токтотот, Кудаяр элдин талабына көнөт, элдин көксөгөн бейпилдиги кансыз колго тийет. Кана, түпкү максатка ушул эки жолдун жакыны, жеңили кайсы?

— Кудаярдын биз көксөгөн кеңчиликти берери күмөн. Эшеги ылайдан өткөн соң...—деп калды бийлердин бири. Абил бий токтолбой:

— Мен да көтөрүлөм анда! — деп шар кести сөздү.

Тоолуктар сөз баалаган, мааниге муюп баш ийе билген журт. Абил бийдин жүйө сөзүн жөөлөп өтө алышпай мойнунан байланып отуруп беришти.

Ал күнү аны менен сөз бүттү. Эртеси Абдырахман абтабачы токтогон өргөөдө уланды. Эки жактын тең көңүлү ачык болду. Кара мейизге ачыган кымыздын гүлү ичилип отуруп, урушту токтотмой, ар уруктан увакил бөлүп чыгарып, Шер датка баштап ордого бармай болуп сөз тынды.

Э, атасы башка менен коён уулаба деген ушубу?! Сызга отургузуп кетишеби?! Исхак санаага чөктү. Жигит ойну, саркерлердин кылчаңдоосуз колдоосу, ишеними анын сынган көңүлүн жубата албады. Канткени менен, бийлердин ордо кишиси менен урук башчыларынын тил табышып кетиши арттан келип төбөгө чапкандай, күтүлбөгөн сокку болду. Эрегиш толкуну басылган көлдөй дароо дымый түштү. Шер датканы ээрчиген уруктардын жигиттери кошундан бөлүнүп, өз айылдарына тарап кетишти. Эрегиштин көз көрүнөө биримдиги бузулду, өзүнөн өзү күрөшү токтоду. Исхак эмне кыла алат? Көңүлүнүн тереңине акырын сызылып таарыныч, өктө келип, Наумандын тагдыры эми анын башына салаңдап түшүп келаткандай туюлду.

Кайда кетип баратасың, о азамат,
бир кылчайбай, тагдырыңа баш байлап?
кылчактайбы кызыл үмүт алдыңдан,
же чыктыңбы көз карайлап, шор айдап,
жолдошуң ким үзөңгүсү кагышкан,
тааныйсыңбы, кайдан бозгон селсаяк?..

Көздүн жашындай кылгырып, жүрөгүн өрттөп, бир ором бул рубан келди көңүлүнө. Кайдадыр алыска, те көк мунарык чүмкөнгөн улуу тоолордун башын, жетпес үмүт сыяктуу бир тартылып кылайып көрүнгөн акча булуттарды санааркап тиктеп, өзү менен өзү сүйлөштү. Өзүнөн өзү жалгызсырады.

...Кокондун биринчи ханы Алымдан үч уул калган эле. Иниси Өмөр хан көтөрүлгөндө бак талашып чыкпасын үчүн туну Шахрук бегин өз колу менен тындым кылган. Ибрагим бек, Мурат бек деген балдары энесинин этегин кармап, каратегиндик тагаларына баш калкалап кетүүгө аргасыз болушкан. Кийин экөбү тең так талашуу кагылышында мерт болуп кетишти. Ибрагим бектен Ша-айым деген кыз, бир жашар Болот бек калган. Ибрагим бектин жесири кызын Самаркандык Ахрар кожого берип, ошол жакка көчүп кетет. Кожонун таасири менен, Болотбек өзүнүн хан тукумунан

экенинен, ата мурасынан түңүлүп, сакы болуп, түн терметип, уктабай кылжыңдап зикир чалып, биротоло дувана болуп кеткен болучу.

Өткөн жылы кутлук-сейит Шер датка жанына үч жоро ээрчитип, Кудаяр-хандан да, Ташкендеги генерал- губернатор фон Кауфмандан да жашырын Самарканга келип, кожого билгизбей, Болот бекти издеп таап, азыр ыкыбалы кетип турган Кудаяр-хандан так талашып элдин эрегишине башчы болуп берүүнү сунуш кылды. Бул дүйнөнүн кызыгынан кечип кеткен дувана апкаарый түштү. Көзүн парлап тиктеди. Отурат, бет алдында талаанын карышкырындай сүрдүү, көздөрү кыйык, жүздөрүн коло кылып шамал карарткан, кандайдыр түпкү сырын ичине катып, тымпыйып, эриндерин бекем кысып, андан ачык жооп күтүп төрт толук, атасынын кыйыр туугандары отурат. Дувана ийнин кысып корунуп, жүрөгү үшүп тиктеп:

— Барбайм... — деп араң башын чайкады.

Имерип тиктеп отурган Шер датка көндүрүүгө аракет кылды:

— Бүткүл Наманген вилаети, бүткүл кутлук-сейит, найман, курама колдойт...—деди акырын. —Заман оң келип турат. Эл көтөрүлүп турат...

Дувананын кулагына «кутлук-сейит», «найман», «курама» деген сөздөр каракчынын атындай угулду. Жездеси Ахрар кожо кыргыз, кыпчакты ар кандай тартипти ойрондоочу бир балакет катары сүйлөөчү. Кожо атпайдын калкасы сахибкыран амир Темирдин өлкөсүн ушундай бытыраткан, тыштан жоодой чапкан, ичтен курттай жеген ушу токсон боолуу өзүбектер деп түшүндүргөн. Эң акыры атасы Ибрагим бектин да булардын Нүзүп деген караөзгөйү түбүнө жеткенин кулагына куйган. Болот дувана коркунучтуу жомок уккан бала сыңары өзүнөн өзү үшүп, төбө чачы дүрүлдөп, анан корккондуктан кудайга наалыш кылып, кылжыңдап зикир чалышка түшүүдөн башка аргасы калбачу.

— Бар-байм!.. Адам жегичтер...—деди дувана бурчка бүрүшө. Көзүн жумуп алып, «Йа, алла! Йа, алла!» деп, башын силкип, калчылдап, шилекейи чачырап зикир салып кирди.

Шер датка башын чайкады. Жаңгер Алым-хандын тукуму ушунчалык майдаланып кеткенине ал астейдил таң калды.

Ошол түнү увакилдер Самаркандан чыгып кетишти. Бир нече күн жол жүрүп, арып, азып, жолу болбогондуктан огобетер шалдырашып, Ташкенге келишип, курама Абдымомун бектин коргонуна түшүштү.

Чыдамсыз күтүп жаткан эле, саламдашуудан мурда:

— И, ишиңиз кандай, датка?.. — деп, Абдымомун бек күңк этти.

— Йе... иши курсун!.. —деди Шер датка чарчаңкы.

Ошол бойдон сөз кечки маазүрдө дасторкондун четинде уланды. Шер датка Болот бекти кантип таап, кантип сүйлөшкөнүн, эмне жооп укканын бир баштан аңгеме кылды. Эң акырында:

— О, чоң кудайдын кудурети! Кайран Алым-хандын тукуму дешке оозуң барбайт...—деп, күрсүнүп баш чайкады. — Мына ушу, кайдагы бир санда жоктун артынан издепбиз, ушинтип убара болуп.

— Кудай урган...—деп Абдымомун бек да таң калды.

— Чай иче отургула, датка ата...

Ойго батып кеткен Шер датка жумшак үнду угуп, өйдө карап, өзүнө ийиле чай сунуп отурган жигитти көрүп, бир кур көзү чоңоё түшүп, «Самаркандын жаман дуванасы!»

деген ой кылт этти. «Жо, көзүндө оту бар экен го мунун? Кайдан келсин жаман дувана?! — Шер датка чайды жигиттин колунан акырын алды. «Гм, кудай-а тоуба!..»— деп, жигиттен көзүн айрый албай, чайды акырын ууртай баштады.

Абдымомун бек:

— Э, бу биздин жумушкер, —деди, — кооп санабаңыз, датка, бул жигиттер темир ысытып басса ооз ачпаган жигиттер!

Шер датка саал чалкалай:

— Тоуба-а, деди, — ушунча да окшош болорбу, ыя?!

Самарканга барып келген увакилдердин бири:

— Оозум батпай турду эле, датка! — деп калды. Абдымомун бек эчтемени түшүнбөй ар кимди бир тиктей берди. Шер датка:

— Бу жигит... — деди чай куюп чукчуюп сыңар тизелеп этекте отурган жигитти дагы имере карай, — жанагы жаман дуванага союп каптагандай экен, тим эле...

Абдымомун бек күлүп калды:

— Бу да кудайдын кудрети эмеспи, датка?! Окшоштор пендеден көп чыгат экен. Бирок, сырты окшош жасалганы менен, тагдыры, бешенесине сызганы такыр башка болот экен го...

Шер датка ой басып, башын ийкегиледи.

Нооча бойлуу, бүркүт кабак, бетинде саал чаары бар жигит эрдин жымыйыңкы кымтып, көзү бир шумдуктуу жылтылдап ойноп, датканы тигилип тиктеп калды.

— Оюңа бирдеме келип турат а, азамат? — деди Шер датка эркелете жылуу жүз багып. — Кайсы уруктансың? Кимдин уулусуң?

Жигит ызат билгизип акырын үн катты:

— Бостон болобуз, датка ата. Молдо Асандын уулумун.

— Э-э...Мударрис[1] молдо Асандын уулу турбайсыңбы. Атың ким?

— Исхак...

— А түзүк. Бар бол, уулум...

Шер датка башын ийкегилеп отурду. «Жакшыдан бөөн, а жамандан жахан деген ушубу? Жаңгер Алым- хандан тиги дувана, а Асан мылжыктан бу!» деген ойго кетип турду.

Молдо Асан кыргыз кыпчактын ичкилик бөлүгүнүн бостон уругунан эле. 1844-жылы ченде молдо Асан жалгыз уул көрдү. Сүйүнгөндөн балбалактап, ыйлап, азанды араң айтып, уулуна Исхак деп ат койду. Мектепке жашы жеткенде өзү окутуп арип таанытып, сабатын чыгарды. Жалгыз туяк өзүнөн түзүгүрөөк аалим[2] болсун деп, андан соң Кокондогу Түнкатар медресесинен таалим көрсөттү. Бирок, Исхактын ойноок мүнөзү медресенин суз, муздак, тар канасында эртеден кечке сукут тартып, мударристерге кыңк этпей, бужүрөп күн өткөрүүгө көнбөдү. 1867-жылы окууну таштап, тоого өзүнүн кандаш бостон уругунун Охна кыштагына качып кетип калды. Жаңы үйрөтүлгөн азоо ат минип, шамал менен жарышып, баатырлык, адамкерчилик, элдин иши, эр жигиттин милдети сыяктуу кыргыз куралгандан бери даңазаланып келаткан улуу сөздү укту. Кудай, шайтан, бейиш, дозок дегенден башка да ушундай сезимдерге, шар турмуш агымына аралашты. Бул жаңы дүйнө анын канына, мүнөзүнө жакын дүйнө эле.

[1] Мударрис — медреседе дарс берген адам.
[2] А а л и м — жогорку билимдүү, окумуштуу адам.

Ошол мезгил Кокон ордосунун билермандарын ачык кошомат жоошутуп, дилин май бастырып, ич ара кек ууктуруп, катындардын төшөгү буунун алып, бир жылдан наркыны болжоор акылга мукурап, кирди- чыкты эси бары колдой турганы жок жалгыздап, ыдырап, эки ортодо эл таланып, эл бүлүнүп, көз жеткенге кол жетпей, кол жеткенге көз жетпей турган татаал мезгил болучу. Исхак аким менен дыйкандын, ууру менен момундун айрымасын билди. Элдин көксөөсүн, үмүтүн сезди. Өз кыштагынын окумалы, имамы болуп эсептелчү. Акыры аны да таштап, эл кыдырып, шаар кыдырып чыгып кетти.

Улам алды кызык узун жол аны Ташкенге алып келди. Туздун буйругу Абдымомун бек менен тааныш кылды.

Эртеси ээн бөлмөдө Абдымомун бек:

— Датка, кечеги назарыңыз түшкөн азамат «Мен ханзаада болуп берем» дейт... — деди күңкүлдөй. Шер датка:

— Ыя?..—деп жиберди. Абдымомун бек башын ийкегиледи:

— Ошентет, шоктонгон кызыталак! «Мен туу болуп берем» дейт. Чындап эле!..

Шер датка тигиле тиктеп калды:

— Ошентеби? Жүрөгүндө жалы бар окшойт! — деди, күлөйүн деп күлө албады, көзү кылайып, ойлуу тартты. —Ыя? А деги ойлоно турган сөз экен...

— Тобокел дейлиби, датка?

— Эртең Самаркандын жаман дуванасы чыкса... Шерменде болуп калабыз го, кудай урганды...

Абдымомун бек колун шилтей койду:

— Йе-е, датка... андай жаман үч кишинин төбөсү бириккен жерге чыга албайт! Бүгүн бул азамат элге алынып кеткен соң, эртең дуванаңыз ыйласа ким ишенет, жарыктык?!

Ушинтип, азамат Исхак Шер датка баштаган увакилдерге кошулуп, Болот-хан атыгып, бир жумадан кийин Чаткалга келген болучу.

* * *

Биринчи увазир Калназар парваначы[1] көтөрүлүш чыгарып жаткан тоолуктардан белгилүү Шер датка баштап, кырк увакил келип, хан алдына кирүүнү талап кылып жатканын Кудаяр-ханга билдирди.

Кудаяр-хан ордунан тура келди:

— Кана Абдырахман?

— Тоолуктардын колунда калыптыр...

— Эмне-е?..

— Эрегишкен эл кан төгүшпөй тынышыш үчүн бир кыйла шарт коюшкан экен, урматтуу абтабачы шартка макул болуп, аллаяр, Сиздин алдыңызга келип увакилдери талабын айтып, бир жаңсыл болуп барышканча, өз башын барымтага карматып калыптыр.

Кудаяр-хан мыскыл кылгансып кырт күлүп, дарчени көздөй басты:

— Шарт? — деди ал. — Кандай шартка макул болуп?

[1] Парваначы — даража, хан жарлыгын жарыялоочу.

Калназар парваначы майдалап түшүндүрмөкчү болду эле, хан силкип таштады:

— Эч кандай шартты укпайбыз! Эч кандай шартты кабыл албайбыз! Уктуңузбу, парваначы?

Калназар парваначы тилин тишине басып, хандын кыжыры жаңгыча күтүп туруп калды. Кудаяр-хан албууттана сүйлөдү:

— Чийинден чыгып кеткендерге мына биз шарт коёбуз. Биз өкүмдарбыз! Биз бийлик ээсибиз! Эгер топураган найман менен кутлук-сейит тез арада топураганын тыйышпаса (!) тез арада жанагы селсаяк Болотту байлап келип бербесе (!) угуп турасызбы, парваначы...

Калназар башын эпеңдетип ийкей, көзүн кыбыңдатып калды.

— Эгер топураган найман менен кутлук-сейит топураганын тыйышпаса, Болот селсаякты мойнунан байлап келип беришпесе...—деп такмазалап кайра кайталады Кудаяр-хан. —Тыптыйпыл кылып таштайбыз! Уктуңузбу, парваначы? Кыпчактардын баягы жылкы көйүн көрсөтөбүз!

Калназар парваначы баш ийкеген жок бу сапар, алдыңкы эрдин тиштеп, диртилдеп ою алда кайда кетип жатты. Өзү кыпчак болучу.

Кудаяр-хан:

— Кайда кырк увакил азыр?

Калназар парваначы:

— Ушерде, өкүмдар...

Кудаяр-хан алаканын шак-шак урду. Ошол замат туура жактагы кичинекей эшик кыйч этпей ачылып, ордону күзөткөн сарбаздардын башчысы ireңи капкара удайчы кирип келип, ханга саал ийиле таазим кылып, кандайдыр Калназар парваначы жакты суук көзү менен алдыртан бир тиктеп алып токтой калды. Калназар парваначынын эти дүрүлдөй түштү. Кудаяр- хан ачуудан зиркиреп, нары-бери басты:

— Кырк! Кырк уруктун жолбашчысы тындым болсо... гм... топураган уруулар топурап кайда барат? — деди, суроосун Калназар парваначыга багыштап. Калназар парваначынын үрөйү учуп кетти:

— О, өкүмдар!..—деп жиберди жалынычтуу. — Өчүп бараткан өрттү кайра үйлөгөн болор бекен, о өкүмдар...

Кудаяр-хан:

— Өрт? Өчүп бараткан отту кайра үйлөгөн эмес, өчүп бараткан отко суу куюп жибергендей болот, билсеңиз! Уктуңузбу, парваначы? Өчөт! Бүтөт!

Калназар парваначы аргасыз күңк этти:

— Сиздин пашалык эркиңиз, өкүмдар...

Кудаяр-хан удайчыга буйрук кылды:

— Кырк чыккынчыны азыр карма. Башын алдыр! Бирин калтырбай! Эй, көзүңө кара, өзүм барып эсептейм, бири кем чыкса, өзүңдүн башыңды өз колум менен алып кошом. Уктуңбу?

Удайчы:

— Куп... куп, өкүмдар...—деп, таазим кылган бойдон, кетенчиктеп, кирген эшигинен чыга жөнөдү.

Кудаяр-хан менен Калназар парваначы бир аз сүйлөшө албай ар кимиси өз ою менен алек болуп туруп калышты. Туура кылдымбы деп хан сурай албады. Туура кылдыңыз деп парваначы кубаттабады.

Бир убакта:

— Жарым пашаны эмнеге дос кылып олтурам? Ыя?! —деп Кудаяр-хан өзү биринчи тиртеңдеп кетти. — Көрсөтөм! Көрсөтөм баарына! Көрсөтөм баарыңа энеңерди үч коргондун кайкысынан...

«Сиздин энеңизди да үч жолу үч коргондун кайкысынан көргөн кишилер болду эле...» деп, ичинен какшык айтып, сыртынан жыпжылма болуп, ит сыяктуу берилген түрүн көрсөтүп, шалдырап турду Калназар парваначы.

Капкара удайчы ошол эле күнү кечинде ордонун түбүндөгү эски абакка кырк увакилди бирин калтырбай желдеттерге кырдырып, баштарын бир жерге үйдүрүп, эң үстүнө Шер датканын башын койдуруп койду.

Бир топ ордо кишилерин ээрчитип Кудаяр-хан көрмөккө келди. Шер датканын сеңселген аппак сакалы кызыл-ала болуп канга боёлуп, эки көзү жумулбай калган эле. Так өзүн тиктегенсип, Кудаяр-хандын эти үркүп кетти:

— Шер го?.. — деди ал чала күңкүл.

— Ошол бетбак... —деди кошоматчылардын бири.

Кудаяр-хан үнчүкпай кайрылып басты. Ордо кишилери узун этектерин көлбөөртүшүп, артынан шашылып калышты...

...Абдырахман кымыз ичип жай отурган эле. Жанында бир топ элет бийлери да бар болучу. Тыштан дүпүрөп жүгүрүп, жүзбашыларынын бири кирип келди. Ирeңи купкуу. Абдырахман:

— Йе, мынча акактап...—деди кашын көтөрө, жүрөгүнө бир кооп кылт этип, элтейди.

— Бек, — деди аптыга жүзбашы, — увакилдер бүт кырылыптыр!..

Элет бийлери чур дей түшүштү. Абдырахмандын колунан кесе ыргып кетти. Кымыз жайнай түштү. Эки көзү тептегерек болуп кызарып:

— Ха! Шерт урган катынпоз! Иштин баарын ыразва кылган экен...—деп, ордунан тура калды. — Токугула аттарды...

Заматта керней бакылдап, тоолор кош жаңырыктап, бекерчиликке ыктап жай жаткан сыпайлар дүрбөп, жөөсү жөө, аттуусу аттуу чуркап чогула баштады.

Элет эсине келе электе, Исхак эсине келе электе Абдырахман аттанып чыкты.

Ал ушунча аракет кылып, кызыл өңүн саргайтып отуруп, ымга араң көндүрүп койгон ишин бир кыйкырык менен ойрондоп таштаган Кудаяр-ханды сөгүп келатты. Эң жаманы бүт ак ниет кишилерге, бүт элетке алдамчы, ыймансыз болду. Ушуга катуу күйдү. «Муну Кудаяр-хан атайы кылды. Элге алынып кетпесин, эл экөбүнүн ортосун биротоло аң кылып таштасам, менден бөлөк тумшук жылытары калбай, мага ак кызмат кылсын деп жүрсүн дегениби?». Мына ушул ой Абдырахмандын жүрөгүн өйүдү.

Бир кезде Нүзүп аталык Шералинин чокоюн илдирген диванханада ордонун бүт билермандары чогулуп отурушуптур. Абдырахман тартип боюнча эшиктен куралын чечип таштап кириш керек эле, ал бир атма орус тапанчасы белине кыстарылган бойдон, кылычы салбактаган бойдон, анын үстүнө камчысын сүйрөп, томсоруп кирди. Ал сылыктыкты, кантсе да сактап:

— Ассалому алейку-ум...—деп салам айтты. Бир Кудаяр-хандан башкасы дүр-р эте тура калышты. Баарынын көзү мактоо, ардактоо билгизип, жадырап тигилди. Өтө кыйдылар да, ордо салтын өтө ыйык күткөндөр да, абтабачынын камчы сүйрөп кирген адепсиздигин көз жаздымда калтырышпай, бирок азыр баатыр үчүн кечиримдүү деп,

өз салмагын билгендин эркелиги деп эсептеп, көпчүлүктүн шарына кетип турушту. Абдырахман тактын алдына барып, ийилип таазим кылды. Кудаяр-хан ордунан тура келип, анын эки чыканагынан өйдө кылып:

— Жолборсум...—деп, кулачын жайып, төшүн төшүнө басып кучакташты. Карап тургандарга бу катуу таасир калтырды. Кай бир кошоматчылар «ү-гү... ү-гү...»деп, акырын үн чыгарып, бышактап ыйлап кубатташты.

Ошол диванда Кудаяр-хан бүткүл Кокон аскерине Абдырахман парваначы аскербашы болсун деп жарлыкка мөөр басты. Өзүнөн өзү кадыры ордодо өкүмдардан кийинки даражага жетти

Эрегиштин күчү кайра бириге албай, бир жагынын кыжыры кайнап жатса, бир жагынын ындыны өчүп, аягы солгундап, күзгө таяп тынып калды.

Ташкенден генерал-губернатор фон Кауфман 8- октябрь күнү Кудаяр-ханга кат жазып:

«Өлкөңүздөгү тополоң, жаңжал сыягы биротоло тынып калды окшойт. Бул мага өзгөчө жагымдуу кабар болду. Эми кудай сактасын, чын көңүлүм менен экинчи мындай окуя чыкпоосун каалайм!»

деп куттуктады.

III

Кызынын көйүнөн да Сарыбайга зайыбынын элирип кеткени катуу тийген. Башына минтип кара түн кийип отурган чагында ошол Сүйүмкан байкуш күйбөйт беле, ошол аралжы болбойт беле?

Жан күйөрү жалгыз Мадыл. Ал дагы көр тирилиги менен алек. Колу тийгенде жанына келип, көп отуруп, сүйлөшүп, эрмек болот. Мадыл жокто жанына эч ким келбейт. Кайран киши өзүнчө тагдырына наалыш айтып, тунжурап отуруп, ичине өктө, арман толуп кеткенде комузун сыйпалайт. Комуз ар качан башында. Керели-кечке муңкатып комуз чертет. Комуз анын сырдашы, жападан жалгыз муңдашы болуп калган.

Тыңшачы эле туугандар бир кезде. Кийинки убакта андан четтеп калышты. Күүгө байыр кыла калган балдарды кесири тийеби дейби, энелери «кой, отурба бул жерге...» деп, болбос оюна койбой, ыйлатып жетелеп кетет. Бул эмнеси? Оокатына үч түтүн туугандын үйүнөн үч маал кезектешип бир кеседен жылуу бирдеме чыгарып берген болушат. Кесени алып келген киши үн катпай акырын келип, кесени акырын Сарыбайдын алдына коюп, колун акырын түртүп кесеге тийгизип коюп, унчукпай кайра акырын чыгып кетет, кесири жугат деп, бир үйдө жалгыз, канаты сынган үкүдөй тунжурап отурган, арык алсыз абышканын жанынан батыраак алыстагыча шашат. Бул эмнеси?..

Кийинки күндөрү Сарыбай адам менен сүйлөшүүгө зар болду. Ойгоо отуруу оор, тумчуктурат аны. Эч бир каңгыртты укпаска эки кулагын чып басып, ошондон нары мемиреп уктап кетүүнү тилечү. Уйку ага жашоо, кубаныч болуп калган. Уйку жанын тынчытат, түш көрөт. Түш аны бир кездерде өткөн көздүү, барктуу, мырза өмүрүнө кайра алпарат, көңүлү сүйгөн жакшы адамдар менен учураштырып, бир кезде өзү бүркүт салып, ат бастырган жашыл кадуу жерлерди аралатат. О, ал не деген ажайып дүйнө эле...

Бир жолу зайыбы экөбү, бири көздөн, бири акылдан ажырап калышканы эстеринде жок, бүрдөп турган жаш токойлорду кыдырып жүрүшкөн экен. Алар күн чагылышып турган ак булуттарды көрүштү, алар шаркырап аккан тунук суунун теңгеленип жылтылдап агып жаткан көбүктөрүн шыңгыратып кечип өтүп жүрүштү. Түрдүү чымчыктар сайрап, кылактап учушуп, Сарыбайдын башына өтө жакын учушуп, алардын таза ак канаттары жалтылдап, аны кайдадыр мындан да сонун бир жакка көңүлүн оодурду. Кимдир бирөө тоонун башынан өмүрдүн толгон мезгилинин оттуу, кумардуу күүсүн бир укмуш үндүү комуз менен кубулжутуп чертип кирди. Күү бүт авага толуп, көл болуп толкуду. Комуз тилин түшүнгөн Сарыбай эрип жүрөгү лапылдап кетти... «Мен өлгөн окшоймун, бейиште жүргөн окшоймун, болбосо мен көздөн ажырабадым беле, жараткан тигил жалган дүйнөдө көргөн кордугубузду, тарткан азабыбызды эселеп, бул чын дүйнөдө бизди бейишке чыгарып койгон турбайбы... Гм... бейиш ушул турбайбы... Гм... биздин жаздоолорго окшош турбайбы...». Сарыбайдын көкүрөгү ушуларды боолгоп, бейиш дүйнөнү дагы жакшылап карагысы келип, эч көзү тойбоду, эч ажырагысы келбеди...

Чоочун үргөн иттин үнү ойготуп жиберди. Сарыбай дагы эле баягы караңгынын кучагында өз тизеси өзүн үшүтүп бүрүшүп жатканын сезди.

Күн кайсы убак болду экен? Сарыбай башын көтөрүп, сыйпаланып тебетейин таап кийди да, тонун жамынып өйдө болуп отурду. Айыл арасында балдардын үндөрү

жүрөт, улак маарайт. Капкачан эле таң атып калган окшойт деп ойлоду Сарыбай. Муну кардынын ачып калышынан да билди. Эркектердин үндөрү бир жерден чыгып жаткансыды. Сарыбай кулагын төшөдү. Туугандар эмнени сүйлөшүп отурушат болду экен? Сарыбай баарын үндөрүнөн таанып, алардын кебетелерин көз алдына келтирип, көңүлүндө өзү да ошолордун катарына отургандай отура берди. Туугандар эмнеге күлүп жатышты экен? Бул дүйнөдө эмне кызыктар болуп жатты экен? Ушул топ тууган бир кезде өзү уудан жолдуу келгенде ушинтип бапырашып сүйүнүшөр эле, түн жарымына дейре жатпай эт бышырып жешип, чоң жагылган оттун жээгинде балдары менен бүт тегеректеп отурушар эле. Сарыбай улутунуп койду да, баш жагын сыйпалап комузун алды. Акырын күүлөй баштады.

Сарыбай буга да шүгүрчүлүк кылат. «Э, жараткан! Жаздай көктөтүп өмүр бердиң эле. Дарактай мөмөлөтүп бала бердиң эле. Жүрөк толкутуп кадырга мингизип, топ элдин ичинде төргө чыгардың эле. Кана?
Ушунун баары аманат беле?! О, жараткан... акыры аягында ушинтип Сарыбайды өбөгүнен ажыратып, дөңү, чуңкуру көп жериңдин бетине эки колун сундуруп темселетип таштаганың ушубу?!» деп, айласы жок ушуга да кайыл. Сарыбай өзү да, муңканган комузу да буга жооп таба албайт.

Кеткет келгенде биротоло муңкүрөтөт белем?! Үч үйлүү тууган төмөн кең өрөөнгө Саз-Сай деген жерге көчмөй болушту. Сарыбайдын абалы болсо бул. Өзүлөрү аңчылык кыла алышпайт. Колдогу бирин- экин мал жан сактоого туруштук боло албай турган. Сарыбай эмне демекчи?! «Кой, ач бол, жылаңач бол, мени эле тиктеп отур!» дейби?! «Болуптур, туугандарым, издеген жагыңардан бакты таап кеткиле ылайым. Курсагыңар ачпасын, ийниңер тозбосун, ажырыктай чайлап уругуңар көбөйсүн!» деп бата берип, жүрөгүнөн кан кетип коштошту.

Ээн, эски кыштоо, Сарыбайдын үйү, Мадылдын үйү үтүрөйүп куну качып калып калды.

Кудайдын күнү каркырадай чубашып өтүп жатты.

Бир күнү Мадыл көк өзөн жактан энтигип келди:

— Эл дагы дуу-дуу болуп атыры, аке. Кап, туугандар ушерде болгондо мен дагы кошулат элем кошунга. Өч алып, жаны тири болсо баягы байкуш кызды таап келет белем?..

Сарыбай үңкүйүп унчукпай отуруп, ичинен ой тегеретип, башын ийкей, эң акырында:

— Оолукпа. Уруш деген кыдырып боорсок жей бере турган айт эмес. Уруш деген кызыл кыргын, кара сүргүн болот. Кандай кылабыз, кеткен кыз кетти. Эми, таап келет элем деп, артынан сен жоголсоң, мен кантем, менин көргөн күнүм эмне болот?..— деди. —Өзүңүн ишиң кандай?

— Эки тогуз чөйчөк, бир тогуз чара аяк кырдым...

Сарыбай Мадыл жакка бет бурду:

— И, анчаны эмне кыласың?

— Көр оокатка аралжы болбойбу...

— Йе,—деп күрсүндү Сарыбай, — көр оокат ошону менен бүтөлчү беле? Көрксүз, калпыс кылып үч тогузду жасагандан көрө, жакшылап, кырын, чийинин, сырын келиштирип, жеңил кылып, урунган киши кубангыдай кылып үчтү гана жаса. Жакшы жасалса кымбат буюм, жаман жасалса keңдөбөдө жатар итаяк...

— Жакшы эле...

— Сууга кайнаттыңбы аябай шакылдатып? Канча кайнаса ошончо бекем болот дечү эле Кулан акем, кийин жарылып кетпейт, өнөрүңө да, өзүңө да наалат калбайт дечү эле.

— Түзүк эле...

Кээ күнү Мадыл кыпкызыл болуп жошо менен сырдалган идиштерин куржундун эки көзүнө шыкап салып алып, өгүз минип эл кыдырып чыгат. Бирден, экиден алышат керектеген эл. Мадыл наркы мынча деп сурабайт. Ким көңүлүнөн канча чыгарса ошону алат. Кай бирөө жандык мал айтат, кай бирөө өзү алган идиштин ичи менен бирдини дан айтат. Мадыл бергенине ыраазы, көп дебейт, аз дебейт. Илгертеден келаткан өз ара мамиле ошол.

Ушундай түйшүктүү күндөрдүн биринде кырмачы көңүлү ооп бийдин айылына кайрылып калды. Бийдин үйүнө биринчи салам айтыш парыз. Мадыл босогону аттап, биртке мукактанып салам айтып, карбаластап куржунун улагага коё коюп, бүгүлүп колун коштоп сунду. Абил бий бир имере тиктеп, ирeңи бираз жумшаргансып:

— Кел... —деп, акырын баш ийкеп, колун алып, отур дегенчелик кылып, этек ченин ээги менен жаңсап койду. Мадыл сыңар тизелеп отура калып, кайра леп туруп, бөжөңдөп куржунуна барып, бүжүрөп оозун ачып:

— Быйылкы кырган идиштеримдин түзүктөрү ушу... — деп, жаңы жаңак кеселерди бирден чубап, Каракаш айым жакты жал-жал каранды. Каракаш айым ордунан оолжуп тура келди:

— О-о, кайран жаманым, өнөрүң күч сенин!..— деп, кеселерди, чара аяктарды кармалап көрө баштады. —Түзүк, түзүк, жаманым...

Абил бий жука чепкенин желбегей жамынып отурган калыбында:

— Байбиче, Мадылым сага бир каралык буюм тартуулап келген тура,—деп коштоп койду. Мадыл шашып:

— Жо-о, бий, тартуу эмес эле, жеңемин босогосун куру кол аттабайын деп...—деди астейдил. — Оозуңуздан айлансын. Кол башындай жыгач да, көп болсо.

— Э, Мадылым, сен кол башындай жыгачты тартуулабайсың, сен өнөрүңдү, ошол кол башындай жыгачка салган жаныңды тартуулайсың. Тартуу деген тартуу. Кайрымжысы болот. Салт эмеспи бу.

Мадыл унчукпай калды.

Каракаш айым кеселердин бирин чайкап, кымыз куюп, байына сунду:

— Ырыска шерик буюм болсун, бий, алдынан даам татып коюңузчу.

Абил бий кесени алып, кайдигер бир тегеретип карап, түзүк дегендей башын ийкеп:

— Сенин атаң, биздин агабыз Кулан, кудай ыракматын берсин, колунан көөрү төгүлгөн жыгаччы эле. Түркүн оюу, сызуу түшүрүп жаңгактан идиш кырчу, кайыңдан койкойтуп ээр чапчу, кыпкызыл кылып кереге, уук жасачу. Атанын өнөрүнөн биртке калган экен сенде, Мадылым, —деди да, кымызынан бир жутуп, кесени кайра байбичесине кайрыды. — Куй кымыздан, байбиче, Мадылыма...

Мадыл Абил бийдин жылуу мамилесине жетине албай, ичиндеги жек көрүүсү тарап, маңдайы жаркып, тердеп отуруп калды. Ичтейи ачылып, күчтүү кымыздан аянбай ичти.

Абил бий секиндеп сөз тартты:

— И, Мадылым, сүйлөй отур. Акыбалыңар кандай? Кайран Сарыбай эсен жатабы?

— Жатабыз, бий ага, кудуреттин башка салган күнүн көрүп...

Абил бий анын кабагынан таарынычты сезди. Өзүнчө ойго батып башын ийкегиледи:

— Шүгүр де, Мадылым, дагы багына сен барсың. Кирдетпей, биттетпей багып тур, бул дүйнөдө кайтпаса, тигил чын дүйнөдө акыбети кайтып кетер...

Мадыл жер тиктеп отурган:

— Кудуреттин мурунку көйүнөн да кийинкиси бизге катуу тийди...—деп өйдө карады. Эки көзү кыпкызыл, эрди бозоруп, тымызын кеги кайнап көрүндү.

— Айрөк, көкуй! — деп чырт этип, Каракаш айым сөзгө аралашты. Ошол кызды оозго алып отурасыңбы, айрөк? Эмне жаман болдубу кызыңарга? Ордо кыз болду. Телегейи тегиз болду.

Мадыл жүзүн үйрүдү. Каракаш айым кашын чимирип, дагы ачуу бирдеме демекчи болуп келе жатканда, Абил бий башын чайкап токтотуп, анан Мадылга карап, жанагыдай эле жай, коңур сүйлөдү:

— Ырас, тийери тийди, Мадылым. Бирок, кыз жалгыз менин муктаждыгыма кеттиби?! Жамы журттун башына түшкөн балакетке аралжы болду го?

Мадыл ошол тултуюп отурган бойдон баш көтөрбөдү. Анын бул тултуюшу — макул эместиги. Мындайды жаздым кылабы, сезип, өзүнчө бир ууртун тарта тымызын жымыйып:

— Же... «бул ишке Абил бий түртту эле» дегиң келип жүрөбү? — деп койду Абил бий.

Мадыл өйдө карай берди:

— Кудай сактасын, бий...

Башын ийкеп койду Абил бий. Иштин түйүнү — ошо «ит өлүм» үчүн бир уруу журт жабыр тартып калганында. Ким колдуу болду? Ким көкүттү? Бул ачыкка чыгып кетсе, куруп кеткир дагы заман бузулуп, кырк элчи өлүп, эл толкуп турган чакта өзгөчө, элдин кинээси ырбап, эл көзүнө ушул күнгө чейинки болгон бардык жамандык иштердин күнөөкөрү болбогон күндө да себепкери катары жаманатты болуп калар мүмкүн.

«Чок кармагандын колу күйөт» деген ушу — кетти бир кыз. А сен өчүңдү алып, көңүлүң тынып, жаныңды сактап, айлыңды корголоп калдың го?!

Ынандыбы, өкүнгөнүбү, баш ийкеп отурду Мадыл.

Ушундан соң сөз тереңге кеткен жок. Каракаш айым Мадылды этке, кымызга шыкап тойгузду. Кетеринде бир чоң сарала бээнин ноктосун карматтырды. Абил бий:

— Муну бир керегиңерге жаратып алгыла, Мадылым. Сарыбайга айткан саламыбыз ушул.

Мадыл бырпырап бээнин ар жагына бир чыгып, акактап сүйүнүп, бийге эмне деп алкыш айтарын билбей, калдастап калды. Жалынан сылайын деди эле бээ селтилдеп кетти. «Сен алып кете албайт окшойсуң» деп айтып жибере тургансып:

— Йе-е, жетелеп эле кетип калам! — деп шашты. «Сүйрөшү мүмкүн, үйүрдөгү мал, минип эле кет» деп, эски-уску токум курап, бээни токуп мингизди жылкычы. Ээрчип турган тайын жылкычы бөлүп кетмекчи болду эле:

—Жөн кой,—деп үн салды Абил бий, — энесинен бөлүнбөй кете берсин.

«Кечке калбайм» деген Мадыл кечикти. «Эмне болду? Бирөө казан асып калса, бабырашып отуруп, күн кечтеп, ошерде түнөп калган окшойт байкушум...» деп жакшылыкка жооруду Сарыбай. Ашканадан бир чөйчөк жарманы сыйпалап тапты.

Муздап калган экен. Өзөк жалгады. Акырын жылып келип төшөгүнө жатты. Ал көпкө уктай алган жок.

Айлана жымжырт. Жакын жердеги токой башы шуулдайт, шамалга термелип жаткандай. Жакын эле жерден байулу сайрады. Сарыбайдын эти үркүп кетти. «Эмнеге коркосуң? Кайсы аялуу жаның калды эле?!» деп өзүн өзү шылдыңдады. Эшиктеги Мадылдын актөш ити акырын үрдү. Сарыбай башын көтөрдү. «И, Мадыл келаткан экен!» деди Сарыбай, жүрөгү жылый. Көпкө күтүп жатты. Жок, эч шабырт жок. Бир убакта ак төш ит кыңшылап, куду Сарыбай жаткан тушка келип, керегенин түбүн тырмалап жиберди. Сарыбай:

— Э, ак төш!.. Сага эмне болду?..—деп койду. Ит чыдамы кетип дагы кыңшылады. Те алыстан уңшуган үн угулду. Шамал го деген эле, дагы угулду, даана угулду. Сарыбайдын эти дүр этти. «Карышкыр!..» деген ой зып келди. «А-у-у-у!..» деп, бир нечеси кошулуп кеткендей арты кош жаңырыктап кетти. Иттин чый-пыйы чыкты. Эшикте жаткан Мадылдын жалгыз ую үркүп, дүпүрөп туруп, күшүлдөп жиберди. Карышкыр кирип келдиби? Сарыбай ордунан атып туруп, керегенин башын улап, эшикке жетти да:

— Ха-а-ай!..—деп кыйкырды. Карышкырдын үнү тып басылды. Сарыбай өзүнчө бак-бак сүйлөп, дагы кыйкырды. Ит да Сарыбайды бел тутту белем, эрдемсий үрүп калды. Сарыбай тышта көпкө отурду. Эми эчтеме жок. Кайра дүйнө тынчып, жорткон желдин шуу-шуу эткени гана калды. Уй да кайра жатып, тынчтанып, кепшей баштады.

Күздүн сыдырымы сөөгүнө өткөндө Сарыбай кайра үйгө кирип, темселеп төшөгүн таап жатты. Келме келтирип, кудайдан тынччылык тиледи. «Мадыл эмне кечикти?..» деп жатып, уктап кетти.

«Тишим!.. Тиши-им!..» деп онтоду Сарыбай. Отуз эки тиштен жалгыз кашка тиши калган экен. Ошол жалгыз тиш сыздап ооруйт. Түбү бош. Сарыбай көгөргөн көлдү көрдү. Суусу шор экен. Көл толкуйт. Күр-шар этип, Сарыбайдын башынан аша жаба берип кетет. Сарыбай кача албады, мууну жок, кубаты жок. «Тишим!.. Тиши-им!..» деп онтоду Сарыбай. «Кел, сууруп таштайын!» деп, бир иреңи капкара, көзү аппак бирөө пайда боло калды маңдайына. «Жалгыз тишим. Муну суурул салсаң мен кантип оокат кылам?» деди Сарыбай. Тиги ак көзү чоктой кызарып, оозун чоң ачып кыжырланып келип, Сарыбайдын тишин бир сермеп суурул салды. Жалгыз тиш канга жошулуп, Сарыбайдын алаканына түшө калды.

Сарыбай чоочуп ойгонуп кетти. Түшү экен! Жүрөгү дүкүлдөйт. Ал шашып башын көтөрдү. «Мадыл келди бекен?» деген ой дароо басты.

— Мадыл! — деп үн салды. Эч ким жок. «Али келбептир го?..» деп, тез туруп, темселеп эшиктин көзүнө жетти да, кыша эшикти түртүп, тышка чыкты. Желпилдеп сыдырым жүрүп турган. Табы жок, күн чыга элек экенин билди. Селдейип көпкө туруп, туш- тарапка кулак төшөп, тыңшап көрдү. Эч шарпа жок. Азыр Мадыл келип үйүндө уктап жаткан болгондо да таноосунун желин Сарыбай укмак! Токой жактан сайрап жаткан сагызгандын акырын шыкылыктаган добушунан башка тири жандын кыймылы сезилбейт. Кыштоо жымжырт. Шуу деп көңдөбөдөгү чогойнолорду ыргап өтүп, бир жолбун жел жортуп жүргөнсүйт. «Түшүндө тиши түшкөн жаман! О, бул эмне сыр бергениң, жараткан?!». —Сарыбайдын жүрөгүнө чындап чочулоо кирди.

— Мадыл! — деп бир кыйкырып алды. Кулак чыңыргандай түнжураган жымжырт. Сарыбай бир ордунда селдейип көпкө турду. Бир убакта арт жагы шырт деп калды.

Сарыбай абайлап сезип турду. Кимдир бирөө келаткансыды. Чөп сынып жатат, жер түйшөлүп жатат... Ким бул?.. Сарыбай артына бурулуп:

— Калыйма! — деди катуу, Мадылдын зайыбы келип калды бекен деп ойлоду. «Э, кече кетпеди беле төркүнүнө. Бүгүн келип калмак беле?!» деп кайта эсине келди.

Чөп сынбай калды. Жер түйшөлбөй калды. Жакындап келаткан киши болсо токтой калды окшойт деп, Сарыбай ошол тарапка басты.

— Бери келчи, айланайын, ким болсоң да...— деди мууну калчылдап, алсыз каргылданып. —Сен кимсиң?.. Ыя, Мадылга эмне болду?..

Жооп болгон жок. Чөп кайра шырп деди. Бери басты окшойт деп болжоду Сарыбай. Ал токтоп, эми кимдир бирөө келип, колун кармап учурашып каларын күттү. Көпкө турду.

Журт шимшип жүргөн ит болучу. Мадылдын ак төш ити кулагын тикчийтип, Сарыбайды карап, колун карап турду да, куйругун шыйпаңдатып келип, бирдеме үмүт кылып, Сарыбайдын бутуна сүйкөнүп, эркелеп калды. Сарыбай дароо эңкейип, саксайган барак жүндүү ит колуна кире түшүп нес болду.

Сарыбай иттин жанына отурду. «Бул кандай күн болуп кетти? Бир иттен башка жанында тири жан калбай... О, жараткан, бул эмненин кысасы?». —Ал өрттөнүп, канча кадаланып тыңшаса да, жанында сулап жатып алган иттин мурдунан чыккан желинен башка эч шабыртты сезе албады.

Башына көмкөрүлгөн караңгылык улам тарып бараткансып, кысып, кан тамырларын талытып, өлүктөй жымжырт тынчтык куса кылды.

Көп отуруп, бир убакта:

— Ак төш...—деди ал жанын сыйпалап, ит жанында жок эле, эки колун арбайтып, ордунан шашып тура калды. —Ак төш! Кайда кеттиң, Ак төш!.. — Бир паста жүрөгү сыгылып, жалгызсырап, коркуп кетти. —Ак төш! Ак тө-өш!.. —Өз үнүн өзү таанышбай бакырып, калдастап, боз үйгө барып бир урунуп, шалдырай түштү. — Ак төш, о сен дагы мени таштап кетип калдыңбы?!.

Ак төш төштө коңуз терип жеп, шимшилеп жүргөн эле. Сарыбайдын чакырып жатканын угуп, башын көтөрүп, куйругун шыйпаңдатып карап турду, үмүт кылып турду. Акыры чыдай албай Сарыбайга чуркап келип, анын бою менен тең секирип, эркелеп, колун шимшилеп жиберди. Сарыбай жүрөгүн басып, калтыраган колу менен иттин башын сыйпалап, эркелетип үйгө жетеледи. Эч убакта үйгө башбагып көрбөгөн ит босогодон аттабай кыйыктанып, бүрүшүп коркуп, бошонуп кетиштин аракетин кылып кыңшылады эле, Сарыбай токтолуп, анын көңүлүнө карап:

— Ак төш... Ак төш...—деп, үнүн жалынычтуу чыгарып жоошутуп, көңүлү калып калса колдон чыгып келбей коёт деп, ага кошомат кылып, башын сылап, кулагын кашылап отуруп калды. Ит биртке жоошуй түштү. Сарыбай аны бала сыяктуу эркелетип, акырын түртүп үйгө кирди да, өзү көпкө кайсаланып, убара тартып, кыша эшикти жип менен босогого таңып байлады. Бул, ит кайта чыгып кетип калбасын деп кылган далалаты эле. Ал керегенин башын улап басып, иттин көңүлүн күү менен көтөргүсү келди, ит да болсо жанынан кетпей кубат болуп отурган макулукту кубанткысы келди. Көк тарамыштуу колу комуздун керилген кылдарын бир жанып, кылдардан «зың-ң» деген үн чыгып, көпкө дейре Сарыбайдын сезгич кулагында жаңырып, Сарыбай көкүрөгүн кере оор демин алды. Анын өктөлүү дилине арман күү толуп кетти.

Ал унчукпай отуруп, о качан бир, бир кездерде бир өткөн баатырлардын өмүрүн айткан бир күүнү күңгүрөнтүп, ойлуу, салмактуу, жай баштады. Анын тунук акылы, сезими жүз катмар байыркы замандарды аралап, шарына, түрүнө аваз кылып, адамдардын үмүтүн, күрөшүн, талып жыгылган чарчоолорун, өлүмдөрүн кошту. Бир коктунун төрүндө, алакандын отундай ой жерде, чогойнолуу эски журттун четинде үңкүйүп жалгыз турган боз төбөл үйдүн түндүгүнөн комуздун коңур муңдуу ыргагы термелип чыгып жатты. Ава мемиреп, тоолор үңүлүп карап, жон кыдырган жел токтоп, дүйнө дем тартпай уккандай болду...

Сарыбай күүнү бүтүп:

— И, Ак төшүм, уктуңбу? — деп көйду өз көңүлү үчүн. Ит көзүн жашылдантып, эчтеме менен иши жок, үргүлөп тынч жатты. Сарыбай күүнү өзү тыңшады, күүнүн маанисине, комуздун жан жылыткан тилине өзү түшүнүп, өзү тен берип, көңүлү толуп, өзү гана улутунду...

Таң үч жолу атты. Сарыбай түнү бою кирпик какпай чыкты. Ар түркүн ой башын маң кылды. «Мадылга эмне болду?. Менден жадаган белем? Катынын төркүнүнө жиберген болуп, өзү артынан кетип калдыбы?..» деп, жүрөгүнө таарыныч келди. «Жо, кантип ошентсин жалгыз жан күйөрүм! Анан эмне болду?» деген ой кайра мурункусун басты. Улам кылт этип, коркунучтуу элес келе баштады көз алдына. Түшү эсине келет улам. Абил бий көрүндү көзүнө. Ал Мадылды ылдый баш кылып астырып алып, кызыл ала кылып, малча терисин сыйрып жатат! Ал өз оюнан өзү коркуп кетти. «Бу мен как баш! Эмнени ойлонуп отурам, ыя?!» деп өзүн өзү жек көрдү.

Ал чекеси тырышып, башы ооруп ордунан чарчап турду. Убактыны билмекке эшикке чыкты. Күзгү сыдырым жүрүп турган экен, нары да маңдайы ж луу бирдеме сыйпалагандай болбой, ушундан улам таң ата элек же күн бүркөк деп болжоду. Шырт деген шоокумду кулак төшөп тыңшап, бир ордунда былк этпей көпкө туруп калды. Эчтеме жок...

— Мады-ыл!.. О-о, Мады-ыл!..

Жыңгыраган тынчтык. Өзүнүн үнү те алыста «ы- ы-ыл...» деп жаңырыктап баратканын укту. Дарак шуудурап жатты. Күзгү сары жалбырактарды жел үүлөп, кылдыратып аңтарып жатты. Кайдадыр, алысыраакта го, чымчыктар кужурашат. Бир гана адамзааданын шарпасы угулбайт. Сарыбайдын көңүлү сынды. Сызылып каңырыгы түтөдү.

«Соо болгон эмес экен! Соо болгон эмес экен...» деп, эми чындап жүрөгү опкоолжуй баштады. «Эми жалгыз чечекейимден ажыраймынбы, о таш боор жараткан?!». Өзөгү өрттөнүп, кудайга мунажат кылды. Оюна ар нерсе кетип, кимдин каргышына, эмненин убалына калганын түшүнбөй, бүткүл эсинде бар күнүн, өткөргөн өмүрүн өзү тескеди. Кылган жакшылыгын, жамандыгын эсептеди. О, жамандык кылуу мындай турсун, бирөөгө тике карап акарат сүйлөгөн жан эмес эле. Колунан келсе кимге да болсо жакшылыгын аябай, бирөөнүн сүйүнгөнүнө карап, өзү да сүйүнүп турган адам эле. Анан эмне болду? Эмненин каабы бу? Эмненин убалы бу? Эс тарткандан баштап тоо жандыктарына аңчылык кылган. Ушунун убалы жеттиби? О, теңир, ушундайбы?! Ушундай болсо аларды адамга ырыскы кылып неге бердиң?! Ошолорду Сарыбай көңүл кубанчы үчүн, көңүл ойну үчүн алыптырбы? Ал өзүң жарды, жармач кылып жер үстүнө коё берген көр пенделериңди баккан! Ыя, керектөөдөн чыккан эски буюмдай журтка таштап салганың эмнең, теңирим?..»

— Ак төш... Ак төш...—деди Сарыбай. Ит бирдеме үмүт кылып, леп жүгүрүп келип, Сарыбайдын бою менен тең секирип, колун жылуу тумшугу менен аңтарып жалап жиберди. Сарыбай аны эркелетип, акырын күбүрөдү:

— Ак төш... Ак төш... Ыя, эмне кылалы, Ак төш?.. Издейлиби шордууну?.. Же башыбыз оогон жакка кетелиби биз дагы?.. Ак төш...

Ал үйдүн бир сызмасын чечип алып, итти мойнунан муунбай турган кылып байлады. Ичкери кирип, жаткан ордуна өтүп, баш жагында дайындуу турган комузун алды, белине кыстарды, кайта керегенин башын улап тышка чыкты:

— Эчтеме эмес, Ак төш, эчтеме эмес... Сенде тил жок болсо да көз бар, менде көз жок болсо да тил бар... Эчтеме эмес, элди таап кетебиз, издейбиз шордууну... Жүр, жол башта, Ак төш...

Ит Сарыбайдын дитин түшүнбөй, алдыга баспай, тегеренип туруп алды. Сарыбай таягынын учу менен жолдун угун болжоп, колот ылдый, чоң жолго туштап салды. Ит ошондо билдиби, алдыга түштү.

— Мады-ыл!.. —Сарыбай ит тарткан жакка темселеп жөнөдү. —Мады-ыл...

Кыйла узай түшкөндө көңүлү тутпөй Сарыбай артына бурулуп тиктеди. Эмне көрүнмөк?! Тагдыры башына көмкөрүп койгон баягы жылчыксыз, түпсүз кара түн! Ал колоттун төрүндөгү чогойно кыштоо журтту, андагы эски кабырдай ыңжыңсыз калган эки боз төбөл үйдү көкүрөгү менен көрүп турду. Аттиң, каңгырап калат деген ушубу?! Атасы мекен кылган жер, өзү жарыктыкка келген, балалыгын өткөргөн, жигит доорун сүрүп жар сүйгөн, перзент тапкан жери, акыры келип, өмүрүн үшүк уруп, бардыгынан ажыратып, көөдөнүндө дүк-дүк эткен жүрөгү менен, бир ак төш итти жанына кара тутунуп, кудайдын эсинен чыгып селдейип жалгыз калып турган жери... Көңүлүнө дагы кылт деп жамандык түштү. Экинчи бул жерге кайрылып келе албай тургандай сезим келди. Сарыбай оор үшкүрдү, жерге эңилди, алсыз немениn эки тизеси калтырап, колу араң жерге жетти. Колуна чөп, чирий баштаган жалбырак урунду. Ал тырмалап, жыттуу ным топурактан бир ууч алып, ой басып тунжурап туруп, «Кай жерде өлсөм да киндик каным тамган жердин топурагы үстүмдө болсун...» деп, койнуна салып алды.

— Мады-ыл!..

Ит Сарыбайды белгисиз бир жакка жетелеп баратты.

— Мады-ыл...

Жолмо-жол ыйлактап үн салып келет. Өз үнүнүн жаңырыгынан башка эчтеме жок.

Сарыбай көп жол басты. Жакын эле жерден суунун шары угулганда ошол багытка кайрылып, суунун жээгине жетип, колун чайып, муздак суудан эки ууртады. Чарчаганы эми билинди. Колундагы таягы менен жерди домдоп көрүп, таяк бирдемеге урунду эле, таш экен, ага көчүк басты. Бүткөн бою бүт талыкшып, бели уюп, эти ысып чыкты да, чекесинен идиреп тер кетти. Көзүнүн тирүүсүндө Мадылдын же өзү бир балээге кабылганын, же андан качып кеткенин билбей бул дүйнөдөн кетери эсине түштү. «Жакын калды окшойт?..» деди көкүрөгү, акыры жакындоочу өлүм оюн алып. Ал корккон жок, кайгырган да жок, сүйүнгөн да жок, кандайдыр ушул кыйноодон чыгарып кетчү күч сыяктуу медер тутуп, эмнеси болсо да тези болушун эле каалады. Саал улутунуп, көрө тургансып, айланага моюн тегерете моюн буруп, зарыгып кулак төшөдү. Күн жымылдап турган болуу керек. Көк өзөн суусу бир кунунда шылдырттап жатат, жортмологон жел сезилип, жээгиндеги кагайган бал камыштарды үзүл-кесил шуудур кактырып, жакын эле жерден чымчык сайрап, кош баш го, өзүлөрүнчө ынтымактуу

сүйлөшкөнсүп кужурашып жатат. Те алыстан ит үрөт. Кангырап уй мөөрөгөнү угулат. «Дүйнө! Чиркин ажайып дүйнө, өз кунуңда, өз сөөлөтүңдө толукшуп турасың го! Бирөө келет жыргал издеп. Бирөө кетет жан кыйноодон башка таппай, чарчап, жадап..». Сарыбайдын көңүлүнө ушулар келип урунду. Ал чекесин жеңи менен аарчып, тунжурап отурду. Жанында жаткан иттин акактаганы, мурдунан чыккан жели сезилет. «Аттиң, кетеримде, ушул ажайып, ушул бейжай дүйнөдөн кетеримде жанымда бир адамзаада болбогону кызык болду а?!» — деп, эркине, көктүгүнө баш бербей, Сарыбайдын жүрөгүнө сызылып арман келди. «Гм... Көр пенделигиң али кала элек а?—деп ал өзүн өзү шылдындап койду. — Сага адамзааданын эмне кереги бар? Жаныңда бирөө болгондо эмне?! Болбогондо эмне?! «О, кайран эр!» деп, эчкирип турсабы? Гм... Бут көңүлү үмүттөн, келбес жактан жакшылык күтүүдөн жаралган белем адамдын! Туулганда да, өлгөндө да, бүт аалам сени карап, чексиз кубаныч, чексиз кайгы, өксөө, салтанат болсобу? Салтанатты мынча жакшы көрөсүң, шордуу адамзаада?!.». Ал жанына койгон комузун алды. Сыйпалап, терең үшкүрүп отуруп, бир күү кайрымакчы болду, эмне күү экенин өзү да билбеди, сыйпалап таппай койду, тепкеси жок. Нестейип токтолуп, «Каерге түшүп калды экен?» деген аргасыз ой жылт этти. Ал комузду тике кармап, эмне кыларын билбей, көпкө отуруп калды. «Мына, эң акыркы арман ушул болбодубу!? Бүт бугумду чыгарып желге сапырып таштап, эч күнөөсүз көөдөнүмдү бош алып, тазалап кетейин дебедим беле?!».

Ак төш тура калып үрүп жиберди. Эмнегедир Сарыбайдын жүрөгү шуу дейт түштү. Ит чебеленип, ээсин тегеренип, коргогонсуп үрдү.

— Ээн жерде эмне кылып жүрөт бу ит?..—деген кобур үндү укту Сарыбайдын сергек кулагы. Бери баскандай болду. Сарыбай өйдө боло:

— Мадыл... —деп обдулду, мууну калтырап, тура албай эмгектеп жыгылды.

Тирилик менен жүргөн Кулкиши эле. Тааный коюп:

— Йе... Сарыбайсыңбы?.. —деп, таң болуп, жүгүрүп келип колтуктан сүйөй калды. —Кайдан, кокуй?..

Сарыбай жооп бере албады. Эмелеки кайраты, өлүмдү шылдың кылып отурган акылы майышып, адамдын мээрин, адамдын өбөгүн сезгенде буулуккан баладай өпкөсү толуп, бүлкүлдөп жашып кетти...

...Эртеси күнү Мадыл бир сайда өз канына боёлуп, ичи көөп жаткан жеринен табылды. Сарала бээ токулгасы менен кайра үйүрүнө барып кошулуп кеткен, Абил бий дагы карматып, Мадылдын өлүгүн жүктөтүп берди. Бир үзөңгү үзүлүп Мадылдын бутунда калган экен. Ошондон улам, азоо бээ бирдемеден үркүп кетип, Мадыл бээден жыгылып, үзөңгү бутуна илинип калып бээ сүйрөп өлтүргөн болуп чыкты.

Сарыбайды билген элден анын башына түшкөн кайгыны уккан адам калган жок. Көк өзөндөн Теңирберди баштап, Темене-Суу айлынан Абил бий өзү баштап келди, а түгүл Тултемир да өкүрүп түштү. Тууган туурдук эмес күнүгө жамынып отура турган, тууган бирде жакшылыкта, бирде жамандыкта жаныңда өбөк, көмөк. Дүпүрөшүп гөр казганга жөнөшүп, бир жагы кара ашына мал союшуп, бир жагы өлүк көмүү салтындагы кемчилигин көтөрүп жатышты. Сарыбайда эмне бар? Өмүрүн мырза өткөргөн. Көр дүйнө жыйган эмес.

Сарыбай көрө тургансып, өлүккө жакын үңүлүп, көк тарамыш баскан арык колу калтырап, өлүктүн кан каткан бетин, көкүрөгүн сыйпалап, ыйлай албай, бул иштин чын экенине ишене да албай, апкаарып, купкуу болуп отурду.

Теңирберди:

— Сарыбай, шүгүрчүлүк кыл, Сарыбай...—деп, эки колтугунан сүйөп, өйдө тургузуп, өлүктөн мындай жетеледи. Сарыбай эчтеме дей алган жок, бирдеме дешке дарманы да калбаганбы, оозу жарым ачылып, бели сынып бийиктен түшүп жерге сойлоп калган куш сыңары, алсыз энтигип басты.

Сөөк жуулду. Өлүк көмүү шаанисин бүт өтөшүп, кепинге ороп, табытка салышып, үстүнөн сызма менен таңышып, анын үстүнө аардуу жука чапан жабышып, сөөктү карылар үйдөн алып чыгышты. Туугандар чуу туруп өкүрүп, Мадылдын зайыбы Калыйма, дагы бир-эки кыз-кыркын биртке ыйлап басылды. Салт ошол. Бекназар табытты кармап:

— О, эл...—деп үн салды. —Мадылдын зайыбынын боюнда үч айлык күмөн бар экен. Уктуңарбы, о эл, кулакдар болгула...

— А болсун, болсун. Артында туяк калган турбайбы, болсун, — дешти турган эл. Ушундан соң ал табытты коё берди. Тигиндейрек көтөрүп барышып, таза жерге кыбыла каратып коюшуп, даараттуулар жаназага турушту. Жаназа бүткөн соң, туугандар дагы биртике чуу чыгарып өкүрүштү. Табытты төрт жигит ийиндеп көтөрүп жөнөп беришти. Улам ийни талыганы токтолбой кетип чыга берип, анын ордуна башка бирөө тура калып, тынымсыз логлошуп тездеп кетишти. Шарият ошол. Гөр башына барганча жол-жолдон ыманын периштелер сурай берет имиш. Ошон үчүн көп суратып тууганды кыйнатпай түбөлүк жатар жерине тез жеткирүү зарыл имиш. Табыттын артынан аттуу, жөө эл самсып чубады. Теңирберди Сарыбайды атка мингизип жетелеп жөнөдү. Бейитке жеткенде туугандар дагы өкүрүк чыгарышты. Көр казгандар да бери басып өкүрүшүп, табытты алып жай башына жаңы топурактын үстүнө акырын коюшту. Чуу басылды. Теңирберди гөрдүн казанагына түшүп, андан наркы ичине кирип, текшерип чыкты:

— Түзүк. Тирүүңдө үйүң кең болсун, өлгөндө гөрүң кең болсун. Кең болуптур.

Андан соң табытты чечишип, өлүктүн бетин жабуу менен далдалап, алдынан Теңирберди акырын баш жагынан баштап алып:

— Бисмалла рахман рахим... Бисм алла рахман рахим... — деп, казанактан нары гөргө тарта баштады. Эки-үч кишилеп, өлүктү жатар жайына киргизишти, кыбыланы беттентип, оң жамбашынан саал кыңкайтып боз топурактын үстүнө жаткырышты. Өлүктүн далысына өбөк кылып биртке топурак коюш керек. Ал топурак туугандардын бир уучтан салган топурагы болуш керек. Кулкиши этегин тосуп, эң оболу өзү бир ууч топурак салып, анан элдин жамырап катар туруп салган топурагын этегине чогултуп, гөргө күбүр эткизип төктү. Ушул топуракты өлүктүн далысына өбөк кылып коюшту. Туугандан буйруганы ушу. Туугандын алаканынын деми, туугандын кубаты ошол туңгуюк сыз жерде да сезилип турсун дегени белем, өбөк болуп, кубат болуп жатсын дегени белем?!

Теңирберди өлүктү жайына коюп бүтүп, казанактан нары бир адам сойлоп баткыдай жерди чым менен бекем бекитти да, алаканын кагып казанактан чыкты:

— Кана, топурак тарткыла...

Колуна кетмен, күрөк алып тургандар дүбүрөтүп топуракты шилеп киришти. Ушул учурда:

— О, эл!..—деп кайрылды элге Бекназар. —Биздин тууганыбыз Мадыл кандай киши эле?..

Абил бий оозунуп:

— Жакшы киши эле!.. —деп, салттын сөзүнө салттын жообун кылды.

Бекназар:

— О эл! Тууганыбыз Мадыл кандай киши эле?..

Эл дүңгүрөп жооп беришти:

— Жакшы киши эле! Жакшы киши эле!

Бекназар үчүнчү жолу сурады. Эл жабыла жооп кылды. Ушундан соң ал элге салттын экинчи суроосун сурап кайрылды:

— О, эл! Менин тууганым Мадылда кимдин аласасы бар? Айткыла, мойнуна карыз болуп кетпесин, айткыла... Арты куру эмес, туугандары биз барбыз, кутулабыз...

Бу өлгөндүн ыманын тазартуу. Мындай учурда салт боюнча аласасы барлар аласасын айтышат, гөр үстүндө кечкиси келсе кечип коюшат. Жок болсо жоктугун жария айтышат. Бекназар үч кайрып сурады.

— Жок! Жок! Эч кимибиздин аласабыз жок, Мадылда!..—деп, эл жамырап жооп кылышты.

Бекназар:

— О, эл! Мадылга бересеңер барбы? Айткыла, мойнуңарга карыз болуп кала бербесин...

— Жок! деди эл. —Жок, бересебиз да жок...

Абил бий:

— Тултемир! — деди үнүн кайгылуу көтөрө. Эл дуу деп Тултемир тарапты карап калышты. Абил бий:

— Мына, гөрдүн башында турабыз, Мадыл тууганыбызды жерге берип турабыз. Жан бар жерде өлүм бар, бир күнү баарыбыз ушубуз, кудай алдында мойнуңа ал. Азыр Домбу да жок, мына Мадыл да жок, булардын жакшылыгы, жамандыгы азыр сени менен мендей артында калган калыс тууганадардын ортосуна түшкөн чагы. Жер жамандап барбасын, Мадылдын тору кашка атын агаң Домбу үстүнө ысык аркан чырматып жиберип, кулан чаар ат кылып, карөзгөйлүк менен тартып алды эле, ошону мойнуңа ал.

Тултемир мукактанып, кыпкызыл болуп кетти:

— Бий... Бий... Эмнеге Домбунун көзү тирүүсүндө өзүнө айтпадыңыз?..

Эл дуу-дуу болуп кетти.

— Башка сөздү кой, Тултемир, — деди Абил бий. Баягы Домбу атылган күнү кулан чаар ат чылбырын сүйрөп Мадылдын эшигине барыптыр го! Бул эмнеси? Жакшы билесиң эмнеси экенин, Тултемир! Ыманың бүтүн болсо, мойнуңа ал, ыманың болбосо, зордогон киши жок сени, кара өзгөй Домбу агаңдын мойнунда кеткени ошол, тору кашка ат кантип кулан чаар болуп калганын өзүң жакшы билесиң, өзүң иштеген экенсиң...

Тултемир башын салбыратып бирпас турду да, мине келген экен, кулан чаар аргымак башка бир ат менен куюшкандаштырылып турган эле, унчукпай барып, атты гөр башына жетелеп келди да, токумун сыйрып алып, күңкүлдөп чылбырын Сарыбайды карай ыргытты:

— Тууганым да гөрүндө тынч жатсын... Менин да кулагым тынч жүрсүн...

Эч ким байкабай калды. Бою сөлөк бир жаш бала артынан акырын келип, Тултемирди чокудан нары камчы менен тартып-тартып жиберди. Эл чуу дей түштү.

Тултемирдин тебетейи учуп кетти. Ал кайрылып карап, артында дагы камчысын таптап, секиргени калган мадылдай эки көзү тирмейип турган өспүрүмдү көрдү. Аңгыча жакын турган бирөө:

— Эй! Быякка тур э! — деп баланы тартып кетти.

Кулкиши өрөпкүп, жүрөгү дүк-дүк кагып, ичтен кубанып, эчтеме айта албай уурту титиреп туруп калды. Ал үйүнө келген кишиге Туткучу тике карап кол берип учурашып калса: «Көрдүңөрбү? Тегинде бар да! Киши болор кишинин киши менен иши бар, киши болбос кишинин ким менен иши бар?!» деген. Учурашканын көрдүңбү? Кайратын көрдүңбү?! О, кагылайын...» деп, бакылдап мактанып калчу эле. «И, эми Тултемирди эмне кыласың деп сурап койсоң?» дечү жетине албай. Келген киши:«Э, жигит, Тултемирди эмне кыласың?» деп сурайт. «Кайсы Тултемирди?» дейт бала. Келген киши: «Атаңды урган Тултемирди!». Эмне жооп берерин миң жолу уккан Кулкиши дагы кубанып, оозун жарым ачып, көзү күлүңдөп, күтүп калат. «Энеңди урайындыбы?! — деп ызырынчу жаш бала эки көзү ойноп. — Мен аныбы, эки бармагынан кайыш менен байлап туруп, түндүккө асып сабаймын, энеңди урайынды!». «Койсоңчу, ушинтип жүрүп, балаңды баш кесер кыла турган болдуң!» десе зайыбы, Кулкиши аны сайын кубанып, «Йе, атасынын өчүн албаган баланын элге эмне кереги бар?! Эмнеге тилейт баланы, эмнеге күтөт баланы азабын тартып, ошого жарабаса?! Токтой тур, али, дагы эки жылдан кийин теримди сыйрысам да бир күлүк кунан таап мингизип, Бекназар абасына кошуп берем. Териси сеники, сөөгү меники дейм. Үйрөнсүн келтек чапканды, заманы ушу болгон соң!» дечү. Мына, Туткучу топ ичинде тайманбай келип, Тултемирге камчы салганына кубанып, каны дүрүлдөп турду.

—Йе, кой дебейсиңерби, кайдагы адеби жок бала?! —дей берди Тултемир ызалуу, тебетейин кагып кие.

— А Тултемир! — деди Кулкиши чакчырыла. — Адеби жок бекен? Көп көрөсүң али мындайды. Көрүп ал, менин балам!..

Карылар Кулкишини жемелеп калышты:

— Э-э, Кулкиши, эстүү эле жан, качанкы тынган ишти козгоп! Эмне кыласың, кой...

Кулкиши кыбасы кана:

— Эмне тынат? Кыргыздын кеги кырк жылда...— деп, баласын колтугуна калкалап, четке чыга берди.

Гөрдү көөмп, табыттын эки жыгачын боз молонун үстүнө кошо таштап, эл бири калбай жерге жамырап отурушту. Теңирберди муңкана созуп, узун сүрө куран түшүрдү. Дуулдап бата кылышты. Жети кадам алыс баскан соң кайра отурушту. Бу сапар куранды Сарыбай өзү окуду. Тууганга эң акыркы гөр башындагы зыйнатып өтөп, бу дүйнөдө чекеси жылыбай кеткен пендесине кудайым тиги дүйнөсүнөн ырайым берсин дешип, улук тилек бата кылышып, баары бирдей ордунан тура, аттуусу аттуу самсып, жөөсү жөө самсып, бейиттен кайра тартышты.

Жуп жөнөрдө Сарыбай куланчаар аргымактын чылбырын Бекназарга карматты:

— Эми бизге күлүк аттын кереги жок. Заман чалкештенип келатат окшойт, «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген, коңулга бекине албассың, ме, менин ак көңүлүм, аргымак сага канат болсун... жолдош болсун.

Эл Сарыбайды ортого алышып, бири да жолдо калбай коштоп, дуулдап өлүк чыккан үйдүн эшигине өкүрүп түшүштү.

Келген эл кара ашын жеп тарады. Теңирберди Кулкиши экөбү Сарыбайдын жанында калып калышты. Дагы бир жандык мал союп, Мадылдын жетилигине куран окушту. Эртеси Теңирберди Сарыбайга:

— Кайрат кыл, Сарыбай. Эстүү жансың. Боору бүтүн ким бар?! Көргөнбүз баарыбыз өлүм дегенди. Адам өлүп түгөнөт экен го, чиркин!.. Адам өлбөсө жер көтөрө албай теңселет дейт...—деп, өзү да үшкүрө отуруп, аргасы жоктун тамсилин, кайратын айтты. — Э-э, биз адам көтөрөбүз башка түшкөндү, биз адам жүкчүлбүз! Оболу кудай кайгыны малга салган экен. Мал алысым дебей, жакыным дебей, баары бирдей малдын каны төгүлгөн жерге өкүрүп келе берип, дүйнө чууга толуп кетиптир. Ошондо кудурети күчтүү кудай кайгыны малдан алып адамга салып көргөн дейт. Карайт ки, адам бири өлсө бири ыйлап, бири кайрат айтып, бири күлүп отурат имиш. «Э, адам көтөрөт турбайбы?!» деп, кудай таалам кайгыны адамга калтырып койгон экен. Адам ошобуз. Сарыбай, көтөрөбүз, тири болгон соң тиргилик бар, аны ойлойбуз, алаксыйбыз...

Сарыбай башын калтырагансып ийкеп, же ыйлай албай, же күйүткө көнө албай, нес болуп отурду.

Ошол күнү көк өзөндөн улоо алдырып, Теңирберди менен Кулкиши Сарыбайды көчүрүп алып кетишти.

Сарыбай башын гана ийкегени болбосо эч сүйлөбөй койду. Эми ага дүйнөнүн оңу, терси бир баа өңдүү. Тиги сөзгө да, бу сөзгө да баш ийкейт. Керегени карап жаткан бойдон былк этпейт. Түзүк наар да албайт. Теңирберди дайым жанында. «Эми тили байланып калабы байкуштун?!» деп, Кулкиши камтама болот.

Чыпчаң бир ай дегенде Сарыбай үшкүрүп ордунан турду. Ал кандайдыр чымырканып, башына түшкөн бул жамандыкты да көтөрүп, күйүттү жеңип, саламга алик алып, ал сураганга жооп берип, тирилип турду.

Бир күнү комузун сурады. Теңирбердинин уулу Болот жаңы кыл тагып койгон эле, алып келип бере койду. Сарыбай комузду сыйпалап, көпкө тунжурай отуруп, улутунуп, акырындап «дың-дың», «дың-дың» күүлөй баштады. Бүркүт тытып серт кылган ирең, ой басканда ого бетер түнөрүп, чеке тамыры көөп, көкүрөгүнө өктө, арман күү толуп кетти.

«Сен дүйнө!» деп чертти. Күү Сарыбайдын көкүрөгүнөн комуздун көкүрөгүнө өтүп, аздап жапыз күңгүрөнүп, тереңден өксүп, акырын башталды. Туулууну, өлүмдү көп көргөн, жыргалды сезип маңдайы айрылбаган, кууралды сезип мөңкүрөбөгөн, жүз жашап акыл токтоткон карынын оорлугу менен ой тартып, те өзөктөн алып, өмүрдүн ченемин, дүйнөнүн баасын ортого таштады.

Сен, сен дүйнө, сен дүйнө...
бир бетине күн тийген,
бир бетине түн тийген,
алды кызык, арты өкүнч,
оомал-төкмөл кем дүйнө...
Бөдөнөсү кыргыйга
жем жаралган, сен дүйнө,
эки эгиздин бирөвү
кем жаралган сен дүйнө...

Бир кезде жанына Мадылды алып, экөбү эки учкул ат минип, көп пул менен, алдына саймалуу кызыл куржун салынып, те Анжиян базарына түшкөн эле. Ошондо бир каландер өзүнчө күңкүлдөп, ушул ырды айтып, базарды тегеренип көпкө жүргөн болучу. Сарыбай ага бир мири теңге кудайы берген. Бергенине кубанбай, канча экен деп ачып карабай, байманасы ташыган дөөлөттүү адам өңдүү башын саал ийип, ыракмат айтканы го, бир тиктеп коюп, андан нары күңгүрөнүп басып кеткен. Анда Сарыбай камсыз эле, анда Сарыбай санаасыз эле, ага каландердин күңгүрөнгөн ырынан өз боюн өйдө туткан сөөлөтү кызык көрүнгөн. Бул дүйнөдө зору ким, кору ким, жыргалы кайсы, кууралы кайсы экенин, өмүрдүн чегин, бул дүйнөнүн баасын кийин, минтип өз башына түшкөндө түшүндү.

Сен, сен дүйнө, сен дүйнө,
ким жеткен сенин түбүңө?!
Жарыктыкты көргүзгөн,
ууз сүтүн эмгизген
апам кайда, сен дүйнө?! ...
алтын бешик терметкен,
алланын атын үйрөткөн
атам кайда, сен дүйнө?! ...
күлүк минип зуулаткан,
күндө сыйда куунаткан
бапам кайда, сен дүйнө?!

Комуз түркүн кайрууланып, Сарыбайдын дитин, арманын тышка шилеп, бул дүйнөгө өктө айтып, өч айтып, тагдырдын атын тизгиндеп, укукташып, бирде кашкөй шаңкылдап, бирде чөгүү, акыры алсыздыгын моюнга алуу, ындыны өчүү, муңга чыланып, өксөгөн ый болуп үн салды.

Сен, сен дүйнө, сен дүйнө,
кимге бапа кылгансын?! ...
пайгамбарды алгансың,
падышаны алгансың,
кызыл өңдөн аздырган,
бүтүнүңдөн тоздурган
караан күн, өзүң балбансың...
кылайган шоола боз салкын,
жарыктык өзүң бир тартым,
капилет туштөй жалгансың?!

IV

— «О, жарым эс, о кудай так төбөңдөн ургур, ушундай да кем акылдык кылабы?! О, кокуй кырк кишисин кырып салса эле, ушунча жер жайнаган элет мөгдөп калат деп ойлодубу бу жарым эс?! деп, тоолуктар кайрадан көбүрүп, бороон айдаган көлдөй толкуй баштады. Ордого барган кырк элчинин өлтүрүлүшү түздөгү ичкиликтерди наразы кылды. Эми кармашуудан өзгө арга калбагандыгына кимдин да болсо көзү жетти.

Иши кылып, мындай бүйрө кызыткан, бир жагы арты кандай болору туңгуюк, коогалуу убакта мурдагы кийинки өзүнөн башыккан деген жигиттер чакыртпай келип, Бекназардын жанына топтолуп, өзүнөн өзү беш суу элден беш жүзбашы кошун куралып кетти. "Ай, ай... асте, асте..." дей албай калды Абил бий.

Мына кошун, баатыр болсоң башта эми! "Ким менен бирге болобуз?.. Не үчүн, ким үчүн баш байлайбыз?.." деп толгонду Бекназар. "Өз элин жоодой аңдыган балакеттен ордону куткармак эп" деген мурдатан көңүлүндө угуттай көбүрүп жүргөн ой аны эч токтотпой жетели, сүрөдү. "Көрөлү, — деди, акыры, — ким экен эл ээрчиген?.."

Көп өтпөй беш жүзбашы кошун баштап, жол ортосу Турпак-Белге чыкканда биртке тизгин жыйды Бекназар. Мына алдында жолу эки айры — бири сол тарапка бурулуп Сопу-Булак мазарга жеткирет, бири оң кол тарапка тоо этектеп кыйгап Чанач-Сайга өткөрөт. Эрегиштин башчысы ошол Чанач-Сай оозундагы жаңы күмбөз айланасында имиш.

Эч кимге кайрылбай, эч жерге түшпөй Бекназар да күмбөзгө барды.

Күмбөздүн жанында бир кары адам жүргөн экен, унчукпай келип, купуя куран окуду. Ушундан соң сырдуу күмбөздү тегеренип, ичине кирип, оюу-чийүүсүнүн түркүн түрүн карап, көрүп чыкты.

Абышка мүңкүрөп карыган. Тегерек кылып кырктырган сакалы буладай аппак. Төбөсү бийик, кайрымасындагы көрпөсү ичке келген бөрк. Төшү ачык сурп көйнөк, үстүндө шырыма бейкасам чапан.

— Кутман кары, — деди Бекназар, — кайсы элден болосуз?..

Абышка саал энтиге, жай:

— Э, эр жигит, несин сурайсың?!. Тиги курама болобуз. Эр Эшим зарыгып тапкан жалгыз уулум эле...

«Эшим» деген ат Бекназардын жүрөгүн солк эттирбей койгон жок. Башын ийкей кайрат айтты:

— Эр жигит, эл четинде, жоо бетинде деген ушул, аксакал. Жаман атты болуп жаздыкта өлбөптүр, жоо бетинде эл үчүн жан кыйыптыр баатыр. Кайгырбаңыз!.. Уулуңуз жок болсо, уулуңуз сүйгөн эл аман го...

Абышка илдиреп башын ийкеп отурду:

— Мени карытып кетти каралдым... Келгениме бир ай болду. Күмбөз айланасыга көп жыл жашай турган чынар терек сайдым, беш-алты түп саада, кара жыгач тиктим... Эртең көлөкө сая, парандеге болсо да, байыр кыла турган кадам жай болуп калсын деп...

— Ата!

Чоочугандай акырын үн чыкты күмбөз жактан. Аңгыча беш жашар чамасындагы уул бала жүгүрүп келип калды. Күмбөздүн нары жагынан кара кийинген зайып бир көрүнүп кайра жок боло түштү. Жанагы үн берген ошол окшоду.

Бала абышканын мойнунан кучактай берди. Абышка «О, кагылайын, үргүлөйүн!..» деп, колунан силкип- силкип эркелетип койду. Бала кулагына бирдеме деп шыбырады, чоң атасы сүйлөшүп отурган чоочун кишилерге алдыртан жалжал тиктей. Абышка акырын «азыр» деп койду.

Бала көзүнө урунганда Бекназардын жүрөгү дагы солк дей түштү. Эрдин кымтып, баланы имере тиктеди. «О, жараткан, өзү го?!» деген ой көңүлүнө кадалды. Абышка анын имере тиктегенин байкап, кызганып, «бирөөнүн көзүнөн, бирөөнүн сөзүнөн!» деп, бир келчү жамандыктан корголоп, баланын жүзүн көкүрөгүнө басып, нары карата берди. «Кана, углум, апаңа барчы, аттарды камдашсын, төмөнкү айылга түшүп кетебиз...» деп, кулагына шыбырады. Авазгөй эмеспи бала жаны! Жоо кийимчен алп кишини кылайып улам тиктей берди. «Кара каштуу, буудай ирең, чап жаак...—деп боолгоду Бекназар. —Көзү башка... Көзү гана башка...—деп өзү менен өзү ичинен сүйлөштү. —Жок, биздин уруктун көзү эмес!..». Бирдеме аны ушул ойго улам айлантып, жүрөгүн бирдеме мыжыгып туруп алды. «Ыя, энесинин көзүн тартып жүрбөсүн?!» деген ой капилеттен баатырдын ирeңин кубартып жиберди. Ал эч эстей албай койду. Айзаада келин эч качан өйдө караган эмес! Бекназар түз эле сурагысы келди. «Кой э, — деди өзүнө өзү, — жалгыз уулунан ажырап кан жутуп жүргөн бечарага бу балаң кимдики десем өлгөндүн үстүнө көмгөн болбойбу?!».

Аяр абышка Бекназардын оюн баамдап турган белем:

— Неберем... — деди акырын. — Жалгыздан калган жалгыз туяк...

— А болсун!..—деп, астейдил алкады Бекназар, капилет келген санаадан өзү да жеңилденип. — Баатырдан туяк калган турбайбы, уучуңуз куру эмес турбайбы, белиңизге таңуу бар турбайбы, кутманым...

— Көп ыйлап, келиним карама көр болгонсуп калды шордуу...

Элтейип укту Бекназар.

— Ырахмат... жакшы сөз жаңга кубат, ырахмат, эр жигbттер, өзү азыр да жашып, акырын кыбырап ордунан туруп, күмбөздүн нары жагына карай баланы ээрчитип жөнөдү.

Бекназар колду көздөй басты. «Акыры башта бир өлүм го. Бирак, Эр Эшимдин өлүмүн сүйгөн пендесине берет чоң кудай! Журт үчүн өлдү Эр Эшим. Менин Эшимимди айтпайсыңбы?! Тентип дарексиз кетти. Өлдү деп ушуну айт, мына!...» деп, санааркап атка минди.

Султанмаамыт, жанында каралуу эки зайып, булуттай боз быштыга айрымач токуп жалгыздан калган жалгыз туягын мингизип жетелеп, жөнөп калышкан эле. Бекназар элтейип артынан тиктеп, жүрөгү дагы солк этти...

Жолгошор жер биртке түзөң.

«Кошулам» дегенди эле кошуп ала береби Исхак?! Камбар саркер эсинде. «Кошуп алам» дегенге эле кошулуп кете береби Бекназар?! Азгырык болуп жүрбөсүн?! Эки жакта тең чоочунуу бар, эки жак тең этият.

Камчылуу колун серелеп карап турду Исхак. Эч кимден сескенип көрбөгөн дымактуу Бекназар камчылуу колун оң санына маданып, алаңдабай, каранбай бет

алдына көз тигип, кулан чаар аргымактын лепилдеген аяңында, беш жүзбашы кошун алдыңда. «Өзү го?..» ..деди тиги кырка тарткан көп атчандан биртке бөлүнө жалгыз турган адамды болжоп. Улам карааны чоңоюп, көзгө толуп келаткан алп сөөлөт. «Колбашы...» деди Исхак.

Киши таанырлык аралыкка жеткенде Бекназар саал тизгин жыйды, кызыган кулан чаар ойдолой имериле берди. Беш жүзбашы кошун эки канат боло чоюла тирелип келип токтолду. Сыдыра тиктеди Исхак. Мылтыкчаны көп көрүнүп кетти көзүнө. «О-хо-о...» деди ал ичтен.

«Бу... ким болбосун, эл ээрчиген адам...» деди Бекназардын калыс дили. Жай аттан түшүп, камчысын белине кыстарып, жай чайпалып, «эл ээрчиген адамды» көздөй басты. Йе, саламга жараша алик алынат! Бу сылыктыкты көрө Исхак да тез атынан түшө тосо басып калды.

Үн көтөрбөй токтоо салам айтты Бекназар. Саал чаары бар сур иреңи кадыресе жумшарып, ошондой эле акырын алик алды Исхак.

Кол алышышка умтула коюшпады эки жак тең. Эки жактан тең аска болуп тирелген кошун, жел да жоктой шабыртсыз, тымтырс.

— Жол болсун, баатыр аке... — деп ооз ачты Исхак. Бу сөздө «жолуң олжолуу болсун», «не жумуштап жүрөсүң» деген кош маани бар. Бекназар алдыңкы маанини болжой:

— Бирге болсу-ун, — деп жылуу көңүл көрсөттү. «.. ойлогон ой, көздөгөн максат төп келшиси-ин...» деп кошумчалады.

Ичи ийигип, эсте башын ийкеп:

— Төп келишсин... төп келишсин... — деди Исхак да. Бекназар:

— Укканбыз, — деди Бекназар ой толкуну чайпалып,— саркер сатып, өзү дагы оңбогонун, билебиз бийлер тойлоп, сыртыңдан бүтүм болгонун! Мына, келдик алдыңа, жакшы тилек, эл ээрчиген азаматка сүйөк, көмөк кылалы деп, эски ордону түрө чаап тыналы деп, журтка тутка, элге эге жаңы ордо куралы деп... Аргымак башын тартмай жок, ара жолдон кайтмай жок, тири калсак бир дөбөдө болушарбыз, көз жумсак тагдыр ошол, канжыгада көрүшөрбүз!

Бу ар бир сөзүн күңкүлдөгөнсүп акырын ныгырып сүйлөгөн, маани уйкашып түрмөктөлгөн, ичи ийги, сырты сестүү көрүнгөн адамды кубанып тиктеди Исхак.

Исхак унчукпай кучак ачты.

— Бали! — дешти күүлдөй кошундун бир жагы.

— Бали! — деп коштоду экинчи жагы.

Ошол 1875-жылдын жай алды көтөрүлүш дагы тоодон башталып, Нарын дайранын, Кара дайранын көкүрөгүнө, Көгарт, Өзгөн, Алай аймагына жайылып, түздөгү отурук кылган кыргыз кыпчак, сарт кыпчак уруктары да кошулуп кетти. Исхак урушсуз Анжиян шаарын ээледи.

...Салкын бак. Суусу жашыл болуп көрүнгөн оутта кызыл балыктар жалт-жулт этип секирип, кайра шырп- шырп деп түшүп, ойнойт. Бийик чынардын башынан булбул үн салат. Мөмөлүү бак, түркүн жемиш шагын ийет. Бакты аралап сейил кыла турган ничке жолго төрбөжүлдүн түрүндөй кылып, бири көк, бири кызыл бышкан кыш төшөлгөн, жээгине ар түрлүү гүл тигилген. Те нары жакта кичинекей кол арыкта тынымсыз булдурап таза суу агып жатат.

Макмал топучан, узун этек жука кымбат желбегей, апкыты жапыс кызыл булгаары кепич, Абдырахман ичке жолдо жай басып, эки жакты карап, эч көңүлү тынчыбай ойлонуп басып жүрөт. «Мына эми... кара сел каптап келе жатыры...» деди купуя, бүркүт кабагы салыңкы, оуттун жанына келип токтоду, эмнеге токтогонун сезген жок, кара канат кызыл балыктардын ойну да, төбөдө таңшыган булбул мукамы да, анын ой түйшүгүн алаксыта албады.

Күнү кече келип кеткен Абил бий көз алдында. Баягы, Абил аярбий, кабагын атайы жарык кылып, атайы сыпаа, атайы өз баркында, токтоо. Ал кадимден калган айтым сөз менен, куюлушкан ылакап менен баптап, кебин алыстан баштап, заман түрүнө, эл түрүнө баа бере эң акырында: «Э-э... заман ушул, үкем... Эл кайда болсо азамат ошол жакта болмогу, эл кимди ээрчип турса азамат ошол эл ээрчигендин жанында турмагы эп...» деп, кыйытып, оюна дүрбөлөң, көкбөрүчү зардесине от салып кетти го?! Кара, «тыяка өт, быякта кал» дебеди, билги киши билип алат, калыс пенде алдында да, кудай алдында да анын чекилиги жок. «Жо, мен эл менен болбоймун!» деп ким айта алмакчы?! Ушул азыр эл кайда, элди ээрчиткен ким болуп турганын Мусулманкулдун уулу ичи сыйрылып сезип турду. Хан тартылды көз алдына, атайы манчыркаган. «Йе... өзүңүн шоруңа манчыркайсың, таксырым... —деди купуя бир убактагы абтабачысы бетме- бет тургандай,—бүткөн ишти обу жок манчыркап өзүң бүлдүргөнсүң. Нааразы элге көп деле нерсе керек эмес болучу. Тоолук бүркүт мүнөз эл, жегенине кубанбайт, серпкенине кубанат. Сураган теңчилиги, биртке көңүл, алдына түшкөнсүгөн биртке сый эле жетмек. Ал эми! Селдин алдына тайтайып туруп токтотуп ал...». Ал сары гүлгө конуп шире соруп жүргөн аарыны тиктеп, саал эңкейип, ал көңүлүнөн тез эле чыгып, көзүн кыбыңдатып, жүрөк өйүгөн оюна кайра аргасыз түшүп, андан ары басты. «И, жабыр тарткан жалгыз эле тоолукбу?! Бу түздөгү дыйкандын да жери тарыды, шаардагы соодагердин малы дүкөнүндө чириди. Ким күнөөлүү? Өзү! Баарына өзү күнөөлүү...» деди оюу. Кудаяр-хандын көз көрүнөө баркы кетти. А анын абрюю таза. Ордонун бүт аскери амиринде, бүт кыпчак жааты, эң акыры тиги көлдөй толкуп каптап келаткан эл менен наслин териштирип тил табышып кетүү мүмкүнчүлүгү да турат. Абдырахман колун артына алган бойдон бакты имере тиктеп токтоду.

Өзү кап ортосунда турган экен. Жүз теше жерге төрт чарчы кылып тиктирген. Он эки пакса коргондуу. Ичине беш кана кылдырып, бет алдын айбан кылдырып, саймалатып, сырдатып жай салдырган. Маал-маал өзү келип, ээн отуруп, эс алып, сейил кылып кетер жер. Эшигинде караул бар, бейчеки чымчык учуп кире албайт. «Ыракматы атабыз, анда биз жашбыз, ишиң илгери болгуча итиңдин кошун тарт деп акыл айтчу эле. Ыя, коп эле тарттык бейм, эчтемени оозубузга албай, чын ыкылас менен, акы талап кылбай...». Ал жер тиктеп акырын басты. Көңүлү уйгу-туйгу болуп, колу менен жаагын сыйпап, чокчо сакалын кармай келип, токтой калды. «Ыракматы атабыз «мезгилди тааны, мезгилди баала, мезгил сени көтөрөт, мезгил сени жексен кылат» дечү эле. Мезгил келдиби?..» деп, азазил кыялы алда кайда кетти.

Кыпчак кыргынын кадырлуу Жаркын-айым «ортодогу бузуктардын айыбынан» деп жарыялап, кай бирөөлөрдү чындап эле ордодон кууп, хан уулу Кудаярды эл көзүнө тазартып, эң акыры Абдырахман экөбүн жүз көрүштүрүп, төш тийиштире кучакташтырып, «эми өткөнгө өкүнбөгүлө, бир тууган болуп жүргүлө» деп, Абдырахманды уул тутунган, аны ошентип тоң моюн бектердин таасиринен чыгарып алган. Бирок, Мусулманкулдун баласы бат эле алданып кала калгыдай аңкоо бала эмес

болучу, ал жаңжалдын теги «ортодогу бузуктардын эле айыбынан» эмес экенин жакшы билчү. Ишиң илгери болгуча итиңдин кошун тарт!. Мына ушул ата акылын көңүлгө түйүп, ал кезде колунан да эмне келе коймок, биле туруп билмексенге өтүп, тиштин агын көрсөтүп, Жаркын-айымдын ымына көнүп кала берген эле.

Эми азыр эрди бек кымтылып, коюу кара кашы үрпөйүп көзүн жаап, тунжурап ойго батты. Жүрөгүнүн тереңинде көп жылдан бери дымып жаткан, оңтой мезгил күтүп жаткан кеги, ата кеги ойгонду. «Келди мезгил, күткөн мезгил...» деп өзүнө өзү айтты.

Бир жумадан соң Абдырахман парваначы ишенимдүү кишилери коштоп Анжиян шаарынын жанындагы Ботокара кыштагына келди. Бир нече жолу жең ичинен сүйлөшкөн соң, акыры өзүлөрү жүз көрүшүүгө макулдашылган жер ушул болучу.

Кыштактын четиндеги коончу абышканын кичинекей коргонуна киргенде Абдырахман те нары жакта сапсары болуп бышып турган өрүктүн түбүндө дөңгөчкө чөкчөйүп анделек союп жеп отурган кишиге көзү урунду.

— Келиң... Келиң...—деп калды коончу абышка бүжүрөй.

Абдырахман эрдин бек кымтып, биртке кооптонуп, короонун ичине, тосо баскан кишилерге бир сыдырып серп салып, сөөлөтүн жазбай өзүн токтоо тутуп, илгери басты. Бири Чаткал багытынын колбашчысы Момун, бири Болгон тоо Бозбу айланасындагы саруу, багыш уругунун колбашчысы Бекназар, бири белгилүү бекзаада, бүткүл Өзгөн, Алай багытынын кошунунун башчысы Абдылла бек болучу. Көзүнүн кыйыгын салып алдыртан бир тиктеп, жанагы анделек жеп отурган киши гана козголгон жок, бир аз иреңи кубарып кетип, бирок өзүн токтотуп, кандай отурса ошол бойдон калып койду. Абдырахман даңазасы ордону титиреткен кишини болжоп тааныды. Ал сылыктык үчүн болсо да тигинин ордунан тура келип каршы албаганына тырчыды. Сөз мындан наркы кылар иш тең болгон соң, эки жак тең ийилиш деркер го! Абдырахман:

— Ассалому алейкум, — деп суз салам айтып, таазим кылбай, оң колун көкүрөгүнө алган болду.

Исхак эч шашылбай, жүз буруп, бир кадалып тиктеп:

— Алейкум-а ассалам, келиңиз, бек, —деп, Абдырахмандын колун ордунан турбай алды да, бет алдында жаткан ташты көрсөтө берди. — Келиңиз, отуруңуз. Өз үйүбүз, өлөң төшөгүбүз эмес, кечиргейсиз.

Абдырахман ыңгайсыз абалга кабыла түштү. Ал эч качан мындай басмырлаганды көргөн эмес. Ордо кишилери бүжүрөчү эле го! Башында таажысы бар киши өзү жалтактап сүйлөшчү эле го! Ичи тырышты. «Кимге келгем?..» деп, өкүнүч ой көңүлүнө кылт этип, эки кашынын ортосу бир тилинип тырышып, кабагы кирдей түштү. Бирок, тишин кашкайтып, билдирбеске аракет кылды. Исхак көрсөткөн ташка акырын көчүк басты.

Исхак баарын байкады. Байкамаксан, анделектен бир тилип сунду:

— Кана, даамга келиңиз, бек.

Абдырахман унчукпай башын ийкеп, акырын:

— Бисм илла...—деп, анделектин тилимин алды. Исхак сынап, кыя тиктеп саал чаары бар иреңи жумшарып, ууртуна жылмаюу келип:

— И? Кырсыктан тышкары жүрөсүзбү, бек? — деп астейдил сурады.

— Кудайга шүгүр, ханзаада.

— Бегим сынындабы, кылычы кунундабы? Кудай жалгап, кайсы периште айдап, экинин бири, ордунун тиреги мында келип турганын билсек болор бекен?

Абдырахман бир тилим анделектин бөчөгүн жерге таштап, шашылбай, жүз арчуусун алып, колуна жуккан ширени аарчып, мурутун жанып, ой басып, бу Болотхан атын жамынып отурган неме оңой жоо эмес экенине тен берип, таң калып, алдыртан көзүн жылт эткизе бир тиктеп алды:

— Кайсы периште айдап келгени ханзаадага маалумдур. Кылычы кунунда экенин, жолубузду кудай кошсо, бирге сынап көрөлү, —деди Абдырахман. —Дилимди билген бир кудай күбө, сырымды билген пенде күбө, ханзаада, ушул элдин күнү деп, ушул өлкөнүн күнү деп жүргөн кишимин. Өз башыма мансап керек болсо ал мансап колумда. Бирок, өз өлкөмө, өз элиме бапасы жок мансап, бийлик мени иренжитти. Кабарыңыз бар, Чаткалдан чыккан чатакты жөндөп келсем, эси жоктор кайра канавайран кылып таштап, көңүлүмдү оорутту, эл көзүнө сындырды.

Исхак кырс күлүп койду:

— Эси жогун эми билдиңизби?

Абдырахман:

— Э-э, ханзаада, моюн сунуу деген да бар го акыры?!.

Булардын сөзүнө эч ким аралашпады.

Исхак анделек сойгон бычакты кармалап отуруп:

— Мейли, өзүңүз айткандай болсун, ишенели. Ушул элдин күнү деп, ушул өлкөнүн күнү деп, кара башын окко байлап жүргөн азамат дейли...—деп тирмейип тиктеп калды: — Айтыңызчы, а мен киммин?

Абдырахман элтейди.

Исхак:

— Мен ханзаадамынбы? Ушул элди бөөдө октун алдына, кылычтын алдына тосуп, «тактымды алып бер, бактымды алып бер» деп, айдап жүрөмбү? Жо, мен ханзаада эмесмин! Кудай жолунда жүргөн жай адамдын баласымын. Сиз аны абдан жакшы билесиз. Менин алдыма келип таазим кылуу бек башыңызды пас кылып турат окшойт. Көрүп турам, кабагыңыздын киринен көрүп турам!

Абдырахмандын эти дүрүлдөдү, эмне дээрин билбей, оозу жарым ачылып, нестейип калды.

Исхак:

— Мага эмне керек? Алтын такпы? — Ал башын чайкады. —Көр оокатпы? —Дагы башын чайкады. — Мага тигинин да, мунун да кереги жок. Мага эл катары кеңчилик керек, жанагы сиз күйүп жүргөн, кор болгон элдин кеңчилиги керек. Иштин теги мен элди алдыма салып айдап жүргөн жокмун, эл мени алдына салып айдап жүрөт. Демек, урматтуу бегим, мен эл өзү көтөрүп чыккан туумун, колундагы кылычымын. Сиз мага бек башыңызды ийсеңиз, мага жолуңузду кошсоңуз, аныңыз элге башыңызды ийгениңиз, элге жолуңузду кошконуңуз!..

Исхактын ачыктыгына, шарлыгына Абдырахман таң калды. Ал:

— Ниетиңе баш ийдим, баатыр! — деп жиберди. — Эртеңки күн эмне болорун кудайга коёлу, кудай билсин, бүгүн кошуп ал, баатыр, биригели!..

Көп өтпөй ордонун тиреги Абдырахман парваначы өзүнүн тандамал аскери менен, Иса-оулия, Калназар датка Анжияндын жанында эрегишке келип кошулду.

* * *

— О, Абдырахман! Кыларың ушул беле? — деп кең Кудаяр-хан үжүрөдө нары-бери басып турду. — Койнума жыландын баласын салып жүргөн экенмин го!. —Ал иреңи бир ууч болуп карайып, эриндери кеберсип, көзүн кыбыңдатып, эмнени ойлонорун билбей, башы кеңгиреп, токтоло калды. — Ха, туз ургур, тузума койдум...

Ушул учурда шашып, бир тууганы Султанмурат бек кирип келди. Көзү алайып, оозу жарым ачылып, акактап, үрөй жок. Кудаяр-хан нестейип тиктеди. Дагы бир балакет болгонун ал да сезди. Эмне деп сурашка даабады. Султанмурат бек кыкылдап туруп:

— Ханзаада Насирдин...—деп мукактанды, айта албай. Кудаяр-хан:

— Эмне болду? Айта бер, ханзаада аманбы?

Султанмурат бек:

— Кетиптир...—деди араң. Кудаяр-хандын көзү чоң ачыла түштү.

— Колундагы төрт миң аскерди баштап алып, Абдырахмандын артынан кетиптир.

Кудаяр-хан шалдырай түштү:

— Мындан көрө, өлдү деген сөздү уксамчы...— деди да, жүзүн үйрүп кетти.

Эрегиштин колу Маргаланга келгенде ханзаада Насирдин-бек алдынан тосо чыгып, Абдырахман тарабына кошулуп кеткен. Ханзааданын оюнда кандайдыр бир ыйык максат, элдин мүдөөсү деген кайдан болсун?! Илгертен ордо төңкөрүшү жакындап келе жатканын гана сезип, күч оогон жакка жылт берип калганы болучу.

Кудаяр-хан бүжүрөп, өз санаасына өзү эзилип, башын ийкеди:

— Чарабыз кайсы, бек? Бу да болсо, кудреттин башка салганы! — деди бир тууганын жубатып. —Бу өзүбүз турган Кокондогу сыпайлардын арасы кандай? Замбирекчи сарбаздар кандай?

Султанмурат бек:

— Кудайга шүгүр. Баары жайында.

Кудаяр-хан:

— Тескеп чык, бек, дагы бир сыйра. Бузуку кармалса, көпчүлүктүн көзүнчө чыккынчы деп, дароо башын алдыр. Аёо болбосун!

Султанмурат бек:

— Куп...

Кудаяр-хан:

—Бар эми. Кудай кубат берсин. Бир көзүң бир көзүңө жоо болуп турган чакта өзүбүздөн башка кимге ишенебиз? Бекем бол.

Султанмурат бек чыгып кетти.

Кудаяр-хан ичтен ыйлагысы келип, өзүн араң токтотуп, дарчеге барып, шалдырап сүйөнүп, тун уулу Насирдиндин көөдөк бала кезин эстеди. «Ха, арамы! Тез жеткиси келген экен такка»,—деп, кайра бат эти үркүп, чыйралып, азыр колунда болсо өз колу менен бырчалап таштагыдай болуп, кеги кайнап кетти.

Кудаяр-хан эсине келип, «Өй, кудрет, бу бала дегенди эмнеге атага кас жаратасың а?!»—деди.— Жашында кубаныч, эр жетсе душман...». Эч акылы жетпеди. Күнүмдүк нанын күнүгө кара күчү менен таап жеп, күн көргөн бечералардын алачыгында баласына сары улак болуп чабылган ата бар экенин, атасын акыркы күнүнө дейре ач кылбай, тоздурбай көтөрүп баккан уул бар экенин ал эч качан көргөн эмес. Бүткүл адамзаада ушул өз ордосундагыдай кайрымсыз, өз үйүндөгүдөй күйүмсүз экен деп ойлоду. Кудреттин ушундай жаратканына астейдил таң калды. «Эч камы жок бу көр дүйнөдө! Бийлик мына, байлык тетигине. А эмне үчүн кайрымсыз?» — деп кейиди.

Адамзааданы бузган, ыймансыз, кайрымсыз, күйүмсүз кылган ошол бийлик, байлык экенин ага эч ким эскерткен эмес, өзү эч качан сезбеген. Мына, азыр ыймансыз ата, күйүмсүз бала мамилеси өз башына түшүп турган чакта да, ошонун ошондой экенине оюу жетпеди.

Эшик ага кирди:

— Өкүмдар, Вей паша...

Кудаяр-хан ордунан дирт туруп, балача сүйүнүп кетти:

— Айтпадым беле! О, мени булар таштабайт дебедим беле! Чакыр тез... —Генерал Вейнберг татар тилмечин ээрчитип босогодон көрүнгөндө, эки колун тең сунуп утурлай басты. —О, улук төрөм...

Генерал Вейнберг суз учурашты. Кудаяр-хан сынын сактай албай бут өкүнүчү, чарасыздыгы тышына чыгып, кейип, арыз кыла сүйлөдү:

— Башыбызга каран түн салаңдап келатат. Улук төрөм... Кандай акыл айткайсыз? Кандай арга бергейсиз? О, урматы улук төрөм...

Тилмеч татар бирде ханга, бирде генералга карап, сөздөрдү шакылдатып орусчага которду. Генерал Вейнбергдин жүзү былк эткен жок, көк көзү ойлуу тартып коюлуп, өз көкүрөгүндө ушу азыр уйгу-туйгу болуп жаткан оюн купуя талдап, баа берип, хандын абалын толук түшүнүп, токтоо, акырын баш ийкеп турду:

— Да, көрүп турабыз, таксыр. Өлкөңүздө саясы абал катуу...—деди жай. Тилмеч которду. Кудаяр- хан генерал Вейнбергдин камырабаганын көрүп, такыр чүрүшүп, ындыны өчүп, өзүнчө онтогондой болду:

— Көрүп турасыңар. Баарын көрүп турасыңар. Кандай күн болот эми?.. Мен силерге ишенбедим беле?!. Силерге таянбадым беле?!.

Тилмеч которду. Генерал Вейнберг ойлонуп калды. Атайылап маалкатып, ханды өз абалын түзүгүрөөк сезсин деп, анын бүткүл кекирейген хан сөөлөтүн күбүп таштап, анан сүйлөшкүсү келип, дагы атайлап тымпыйды. Кудаяр-хандын ичи өрттөндү. «Бу каапыр эмне ойлоп турат экен? Булар да мени куласын дешип калганбы? Мен эмне кылдым буларга? Кандай өкчөсө ошондой түшүп, эркине көнүп берип отурганымбы!? Ушуларга оогонум үчүн, ушуларга таянганым үчүн өзүмдүн бектерим кетип аткан жокпу?!». Кудаяр-хан туталана колун силкилдетти:

— Кана?! Ачык айт! Дагы эмне кылып беришим керек?

Генерал Вейнберг мелтейип тиктеди. Тилмеч которду. Кудаяр-хан кайра сынып, кайра майышып, капа кылып алдымбы деп, жалтактап, андан нары сүрөп, оозундагы сөзүн жоготуп алды.

— Бир гана айла бар, таксыр, — деди генерал Вейнберг, — ал генерал-губернатордон кат жүзүндө аскер суроо. Эгер сурооңуз кабыл алынса, бүттү, сиздин улук даражаңыз аман калат, сакталат.

Тилмеч которду. Кудаяр-хан көзүн кыбыңдатып ойлоно калды:

— Мен жаңылбасам, урматтуу төрө, жарымпаша менен биздин ортобузда 1868-жылы түзүлгөн шартнама бар эле, ал шартнама боюнча кокус согуш чатагы чыгып калса өз ара жардамдашуу макулдашылган эле?..—деп, эсине салып, тиктеп калды. Тилмеч которду. Генерал Вейнберг башын ийкеди:

— Кабарым бар. Бирок, таксыр, кокус согуш чатагы болуп калса өз ара жардамдашуу макулдугу болгону менен, ал орустун өз аскери кирсин дегенге жатпайт, ал куралдан жана да башка зарыл нерселерден көмөктөшүү менен гана чектелет.

Өзүңүз билесиз, орус аскери сиздин өлкөңүздүн ичине кирсе, Россияны көралбаган чет мамлекеттер «Россия басып алып жатат» деп чуулдап, ушак кылышы мүмкүн. Эгер сизге чын эле аскер жардамы керек болуп турса, анда сиз ошондой жардамды бере ала турган мамлекетке кат жазып, этегине мөөр басып, сурашка акыңыз толук бар. Сиздин катыңыз турган соң, ал мамлекет макул көрсө, ал жардамды берсе, сиз ал жардамды алсаңыз, анда, таксыр, эч кимдин кийлигишүүгө, ушак айтууга негизи жок, макулдашкан эки өлкөнүн өз эрки болуп калат.

Тилмеч которду. Кудаяр-хан ноюду. «Дагы кандай сыйыртмак ыргытып турат болду экен?.. Э, кудурет...» — деп күдүк болду. Кайсаланып, тиги генералдын көк көзү кабагына кадалып турганын сезип, айласы куруп:

— Эми эмне кылсам экен? Ушундай кылсак жакшы болобу? Туура болобу? Ыя? — деп, өзүнчө күңкүлдөдү.

Тилмеч Кудаяр-хандын өзүнчө күңкүлдөгөнүнөн бери шыпылдатып жатты. Генерал Вейнберг хандын кебетесинен көзүн албай, анын жүзүнөн ар бир өзгөрүшүн эсепке алып, байкап турду.

— Тилекке каршы, рыцардын сөзүнөн европалыктар, жалган болсо да, кагазга жазылган сөзгө ишенип калышкан, таксыр.

Тилмеч которду. Кудаяр-хан башын ийкеди:

— Куп... Куп, андай болсо...—деп, эшик жакты карап, алаканын шак-шак койду, эшик ага көрүндү. — Катчы мырзаны...

Тилмеч которду. Генерал Вейнберг:

— Таксыр — деди, — бул катты бир жазган сиз, бир алган мен гана билишим керек, антпесе, өзүңүз түшүнүп турасыз тыштагы абалды...

Тилмеч которду. Кудаяр-хан шашып калды:

— Куп... А куп...—деп, эшиктен катчы мырза көрүнгөндө, таазим кылууга үлгүртпөй, кет дегендей колун шилтеп салды. Катчы мырза бүгүлүп кетенчиктеп чыгып кетти.

Ушундан соң генерал Вейнберг ордунан туруп, колун артына алып, тилмечти бир кадала тиктей:

— Жазыңыз...—деди да, жер тиктеп ойлонуп, бөлмө ичинде нары-бери басып, тилмеч дароо портфелинен таза кагаз алып чыгып жазууга даяр болуп күтүп калганда ал: — «Түркстан генерал-губернатору урматы улук жарыктык фон Кауфман төрөгө...» — деп, андан нары жай, тактап айтып, жаздыра баштады. Кушкатты тилмеч орусча лепилдетип жазып кирди. Кудаяр-хан генералдын түшүнүксүз сөздөрүн кулак төшөп тыңшап, көзүн чарчаңкы ирмеп, шалдырагансып былк этпей отурду.

«Минтип башыма каран күн түшүп турган мезгилде белиме таңуу кылган, ишенимдүү деген кишилерим — молла Иса-оулия, Абдырахман абтабачы, Калназар парваначы бүт аскери менен менин душмандарым тополоңчу кыргыз тарапка өтүп кетишти. Эми аларга кошулуп, кайра өзүмө каршы уруш ачып келе жатышат. Мына ушинтип, Сиздей урматы улук жарыктык төрөдөн көп жардам, көп сүйөк көрүп келген элем, ушу азыркы кыйын учурда да Сиз мени тез жардамсыз, колдоосуз калтырбайт деп үмүт кылам. Өз башымды да, Кокон мамлекетин да улук даражалуу амиран императордун колуна тапшырам, кокус каргыш тийген тополоңчулардын арам оюу ишке ашып кетпесин, Сизден орус аскерин көп замбиреги менен Кокон шаарына тез аттанууга буйрук берет деп, сынакы бурадар катары өтүнөм. Ишенем, урматы улук жарыктык, Сиз менин өтүнүчүмө макул болосуз деп, терең ишенем!..».

Кудаяр-хан «Эмне деп жаздырып жатты экен?» деп аргасыз ойлонду. Генерал Вейнберг токтоп, тилмечтин шыпылдаган колун ойлуу тиктеп туруп, тилмеч акыркы сөздү жазып дагы сөз күтүп калганда:

«...Сизди терең урматтаган Кудаяр-хан Шер Мухам- мад-Алихан углу...» деп бүтүрдү. Тилмеч жазып болуп, чекит койду.

— Которуп окуп бериңиз, — деди генерал Вейнберг тилмечке, өзү аппак жүз аарчысына акырын бышкырынып, чарчагандай көңүлсүздөнүп дарчеге басып кетти. Кудаяр-хан кабагын чытып, өзүнчө мурдун чыйрыды. «Кишинин көзүнчө да чимкиреби?! — деп этин жыйрып жийиркенди.

Тилмеч жай которуп, каттын сөзүн Кудаяр-ханга окуп берди. Кудаяр-хан куп этпей, башын ийкеп отуруп укту. Аягына чыкканда сөөмөйүн саал көтөрүп:

— Жанагы жерин... кайта окунчу, абзий... —деди бир кур иреңи кетип, бир кур жини келгендей, танабы кыпчылып. — Жанагы эмне, «өз башымды да, кокон мамлекетин да...» эмне кылам дедик?.. Ошол жерин...

Тилмеч кайта тактап окуду:

«Өз башымды да, кокон мамлекетин да, улук даражалуу амиран императордун колуна тапшырам...»

Кудаяр-хан ылдый тиктеп турган калыбында нестейди, көзү кыбыңдап:

— Гм... — деп кыңырылды. —Муну кандай түшүнсөк болот? Тапшырам?.. Кандайча?..

Тилмеч ошол замат Кудаяр-хандын күдүгүн генерал Вейнбергге түшүндүрдү. Генерал Вейнберг унчукпай келип, катты Кудаяр-хандын алдына жылдырды:

— Улук даражалуу таксыр, бу сиздин эң акыркы айлаңыз, эң акыркы мүмкүнчүлүгүңүз.

Тилмеч которду. Кудаяр-хан суусаган таандай акактап, көзү жашылданып, тилмечтен арга издеп, мусулман баласы эмеспи деп эш тутуп, жалдырап тиктей берди. Татар тилмечтин жүзү андан бетер муздак, мелтейип, таштан жасап койгондой бир өзгөрүп койгон жок. Орто бирпас жымжырт боло түштү. Кудаяр-хан тердеп, колу титиреп, ошол өлүктөй жымжырттык ичинде каттын этегине мөөрүн басты.

* * *

Кокон шаарынын эли кулак түрүп, дүүлүгүп, сагат сайын тынчсыз. Колуна эмне тийсе ошо менен куралдана башташты. Курал дүкөндөрүнөн башка дүкөн жабылды. Базар өзүнөн өзү токтоду. Көпчүлүк түбүнөн көтөрүлүп кайнап келе жаткан суу сыңары тымызын оодарылып, кай бир жерде хандын бийлигине ачык акарат сөздөр чыга баштап, көлдүн тосмосу жарыла тургандай өтө коркунучтуу абал жакындап келатты.

Генерал Вейнберг Кокондогу полковник Скобелев башчылык кылган орус-казак отряды менен түздөн- түз хан ордосун, Кудаяр-хандын керт башынын амандыгын коргоого алды. Шаар элинин түрүн көрүп, окуя мындан ары кандай өнүгөрүн болжой албай, аргасыз байкоочу болду. Көп өтпөй бир түнү тилин алган төрт миң аскерди ээрчитип, ханзаада Мухаммед-амин бек көтөрүлүшчүлөрдү тосуп чыгып, кошулуп кетти. Бул хан ишенип отурган бар күчтүн жарымысы болчу. Эми Кудаяр-хан да, Вейнбергге да Кокондо туруу мүмкүн болбой калды.

Эртеси Кудаяр-хан бүт үй-бүлөсүн, ээрчиген ордо кишилерин, 80 арабага жүктөлгөн казынасын алып, полковник Скобелевдин казак-орус отрядынын тегерете курчоосу астында, ордодон чыгып, Кожон багытына кетчү Муймебер дарбазага карай жол алды. Алар менен кошо генерал Вейнберг өзү, чиновниктер, бир нече көпөсү бар эле. Шаар эли көчөмө-көчө жол бууп, тар көчөнүн эки тарабына шыкалып:

— Ха-а! Куйругун кыпчыган экен! Ха-а... — деп, табалап кыйкырышып, кай бирөө шылдың кылып, кай бирөө уят сөздөрдү шыбатып сөгүп, дуу-дуу болуп узатып жатышты.

Кудаяр-хан менен генерал Вейнберг бир чүмбөт арабада. Генерал Вейнберг бет алдын томсоруп тиктеп, тегеректе болуп жаткан ызы-чууга кайдигер, көргүсү жок, былк этпей, кумсарып келатты. Кудаяр-хан өзүнөн өзү акактап, тердеп, жашылданып, эки жакты алактап каранып, мураскор уулу Ормон бекти колтугуна жашырат, өңү өчкөн. Капыстан бир муштумдай кесек шуу деп келип, арабанын чүмбөтүнө шак деп, майдаланып чачырап кетти. Кудаяр-хан ийнин кыса, баласынын башын дагы ылдый кылып, өз денеси менен калкалай калды.

— У наалаты! У кан ичер! — деп кимдир бирөө жакын эле жерден чарылдап сөгүп жатканы угулду. Дагы бирөөлөр кубаттап, коштоп жаткандай болду. Же сөз кайтаруу, же актануу, же моюнга алуу көңүлүнө илешпей, башы бош калгандай дендароо тартып кеңгиреп кете берди. «О, кудурет... адам ушунча ачуулуу болуп баратабы?!» — деп, ыйлагысы келди. Ыйлай албады. Ошондо да, ушул адамдардын эмне үчүн «ушунча ачуулуу болуп» бараткан себебин көңүлүндө сүрүштүрбөдү. Ал адамзаадага астейдил таарынды.

Эл жардап, чуулдап, тар көчөнү аны сайын тарытып, эки тарабына шыкалып туруп алышкан. Кай бир жерде качкындар бирден чубап өтүүгө мажбур болушту. Жек көрүндү ханды тытып кетүүгө бербей, өзүнүн куралы менен, сүрү менен, бөлөк мамлекеттин өкүлүнө кол тийгизбөө салты менен коргоп, эсен алып чыгып бараткан казак-орус отрядына да:

— Өткүлө, өткүлө! Биздин каныбызды соргон кишини силер коргоп баратасыңарбы?! Болуптур, өткүлө, өтө бергиле азыр. Куда каалаcа, силердин да сазайыңарды колуңарга беребиз, хан түгүл! — деп калчылдап жатты бир абышка. Өтүп бараткан атчан казак-орус тигинин ушунчалык жини келип турганына таңыркап тиктеп койду. Абышка тиртең этип, казак- орусту жон талаштыра таягы менен шилтеп калды:

— Ух! Карап коёт!..

Казак-орус атынын оозун кекейте тартып, кылычын суурул, абышкага карай теминип калды. Ошол мүнөттө полковник Скобелев жетип:

— Токто! Эмне? Жин тийдиби?! — деп, кыйкырып токтотту.

Туш-туштан эл чуулдап, эл толкуп, жаңжал чыга жаздады. Отряд дым болуп, кут этпей, адамдан куралган тирүү асканын ортосу менен, андан ары акырындап жыла берди.

Алар шаардан чыгып кетишти. Андан наркы жолдо ар жерден куралдуу топторго улам учурап, жолмо- жол ок менен тегерене коргонуп отуруп, хандын казына жүктөлгөн кырк арабасын алдырып, отряд эртеси Россиянын кол астына кирип калган Кожон шаарына араң жетти.

* * *

Ордо жакта кернай тартылды. Бул ордодо өзгөчө бир жаңылык болгону. Болбой койчу беле?! Кудаяр- хан качты. Эрегишкен эл жеңди! Көчөдөгү котологон эл дуулдап ордого карай агылды. Улам күчөп, шаңданып, кернайлар жер жарып жатты.

Көп өтпөй кызыл килем жапкан ак төө минген жарчылар көчөмө-көчө чыгып калышты.

— Кимдин, кимдин заманы? — деп жарчылар салтанат кылып, үнүн бийик таштап, зоңкулдап, дүрбөгөн элди аралады. — Насирдин-хандын заманы! Кимдин, кимдин заманы...

Сакалы кардай агарып мүңкүрөп карыган бир адам эшигинен сыртка башын чыгарып:

— Кимдин дейт? — деп, киркиреп сурады. Көчөдө эл көп эле. Эч ким жооп берген жок. Төөнүн басыгына теңселип, жарчы кыйгап өтүп баратты:

— Кимдин, кимдин заманы? Бактияр сейид Насирдин- хандын заманы! О, бечара, карып, калың журт...

Эми таамай укту окшойт, кары кызыл ээгин жаба албай, кычыгына шоро токтогон кызыл көзүн алсыз ымдалап, жарчы кеткен жакты колун серелеп тиктеп:

— Э-э...—деп, ичинен күбүрөп, ой басып туруп калды.

Эми эле дуулдап турган эл мустарап болду. Ээрчигени жарчыны үнсүз ээрчип, ээрчибегени көчөдө турган жеринде селейди. «Ыя? Кудайдын каалоосу ушудур?..» деп ойлоп жатты көбү. «Бечара калк ушул үчүн көтөрүлдү беле? Итти агытып күчүгүн короочу кылабы?» деп күдүктөндү көбү.

Ушул учурда Исхак белинде куралы жок, үрөйүндө сүрү жок, эки буту аттын басмайылына кошо таңылып, капылдан торго чалынган шумкар өңдүү көк асманды сарсанаа болуп тиктеп, жүз сыпайдын ортосунда кайдадыр айдалып кетип баратты. Ушул учурда диванхана күүлдөп, жүзү бакыттан албырган Насирдинге Абдырахман өз колу менен таажы кийгизип, өзү шайх-уль- Исламдан бата алып, казыйдан миңбашылык даражага жол алып жатты.

Кызыл килем жабылган ак төө минген жарчылар көчөдөн көчөгө, мааледен маалеге өттү:

—Кимдин, кимдин заманы? О, бечара, карып калың журт! Бактияр сеид Насирдин-хандын заманы...

Эмне болуп кетти? Үч жылдан бери бел чечпей күрөшкөн эр кайда? Эл ичинде да, аскер ичинде да наараазы сөз, баш чайкоо жүрүп кетти.

«Болот-хан тактан өзү кечип кетиптир. Маккатуллага зыяратка жөнөп жаткан имиш!» деген сөз чыкты. Көпчүлүктүн аңы учту.

Абдылла бек ордонун эшигине келип түштү. Кызыл манат тышталган төбөсү бийик кундуз бөрк кийген, үстүндө кыпкызыл камзол, эндүү күмүш кур курчанган, көрк үчүн куруна кыны пилдин сөөгүнөн жасалган кичинекей шамшар илип койгон, бутунда кызыл саймалуу көк өтүк, колунда сабы сур эликтин бутунан катырылган жеңил камчы.

Ордонун эшигинде, көбүнчө Абдылла бекти тааныган күзөтчүлөр ызат көрсөтүшүп таазим кылышып, кетенчиктеп жол ачып калышты. Ал эч кимдин саламына да алик албай, эч кимге салам да айтпай, тез-тез басып, кирди.

Эшик ага башын ийкеп, үнсүз саламдашты да, ичкери кирип кабар кылды:

— Келди...

Ким келгени белгилүү экен, Абдырахман «Эмне кылсам?» дегендей, эшик аганы үңүрөйүп тиктеп ошол саатта көңүлүнө жакшылык да, жамандык да тең келип, алдыңкы эрдин тымызын тиштеп, ой басып, анан баш ийкеди. Эшик ага кетенчиктеп чыгып кетти. Абдырахмандын көзү эшикке кадалды.

Абдылла бек көрүнгөндө эле:

— О, келиң, келиң, бекзаада!... —деп, ал ордунан туруп, жылуу жүз көрсөтүп, утурлай басты.

— Ассалому алейкум! — деп, суз салам айтты Абдылла бек.

— Ва-алейкума ассалам! — деп, Абдырахман үнүн көтөрө шатман алик алып учурашты. Анын көптү көргөн кыйды сары көзү бир ирмемде Абдылла бектин кабагында келген кирди көрдү. «Жакшылык көздөп келбептир!» деген ой көңүлүнө тык деди.

—И, келипсиз! Кулак сизде, бекзаада?

Абдылла бек бир аз толгонуп отуруп:

— Эмнеге келгенибиз сизге белгилүү, миңбашы, — деп баштады. — Купуя болуп калды көп элге, бу эрегиштин туусу, аскербашысы кайсы Мекеге кетти? Ошонун дарегин билели деп келип калдык, миңбашы...

Абдырахман мизбаккан жок, бир уурту саал тартыла «алда качан тынган ишти козгоп» дегендей, эч камырабаган түр көрсөттү. Бир аз токтоп:

— Селсаяк болсо да, байкуш Исхактын мейнети бар эле! — деп, кейип сүйлөдү ал. —Бирок, бекзаада, эмне кылабыз кудайдын эркиби, эреже, нарк, шарият көтөрбөдү анын талабын. Мураскор башка экен...

Абдылла бек:

— Ушунча ат тердетип, ушунча кан төгүп, элдин тапканы ушул болуп калабы?!

Абдырахман кабагын чытып, таарынган кебете кийип, дарче жакты тиктеп акырын күңкүлдөдү:

— Э-э... бекзаада... баарын көрүп туруп, баарын билип туруп... —деди да, колун жай серелеп, муңайым үн менен улады. —Мына, баш койгон өкүмдарыбыз элге катаал болду эле, жарым пашага алданып өз өлкөсүнүн мүдөөсүн таштап жиберди эле, мына көптөп кетирдик. Дагы эмне керек бизге? Мындан ашыкты көксөп, чатакты ырбата берсек, чатагыбыз өз башыбызга жетет, өлкөбүз үчүн зыянга гана түшөт, уктуңузбу, башка бирөөнүн пайдасына кетет. Ушуну түшүнбөйбү зирек бекзаада?! О, жараткан! Азыр сеники, меники дешпей, так ээси ким болсо ошонун көлөкөсүнө чогулуп, өлкөбүздүн өлкө катары эртеңки күнүн сактап калышка аракет кылганыбыз оң эмеспи?! Ким кимибиз болсок да!

Абдылла бек:

— Бек, бу ак сөз. Бирак, эл өлкөнү буларсыз эле коргойт. Булар көтөргөн туунун түбүнө эч ким чогулбайт. Булардын ишеними, абийири, кадыры калды беле?! Капа болмой жок, ким кимибиз болсок да, бек ага, эл бизсиз эле өз туусун көтөрүп чыккан болучу.

Абдырахман кабагын салды. Башка жакты тиктеп, эрди кымтылып, түктөйүп ачуусу сыртына чыкты. Сөздү акырына чейин уккусу келдиби, же айтар жообун камдап жаттыбы, кут этпей үңкүйдү.

Абдылла бек такыды:

— Элдин туусун кайда бекитип салдыңыз? Жооп берсин деп жатышат! Эл нааразы...

Абдырахман чыдай албай кетти, өйдө карады, сары көзү кайнап:

— Эмне?! Эл?! Кайдагы эл?! — деп чаңырып жиберди. — И? Сан тийбей калдыбы? Сен, балакай, өзүм нааразымын де! Өзүм күйткүлөп жатамын де! Менин даражам тийгендеби, сен балакай, кимге да болсо макул болмоксуң, эл дегенди оюңа да алмак эмессиң!

Пенде эмеспи, Абдылла бектин көңүлүндө миңбашы болуу үмүтү жок эмес эле. Ал ачуусу келип кумсарып кетти. Өзгөчө балакай деп кемсинтүү сөөгүнө өттү.

— И? — деп ал дагы атылып сүйлөдү. — Сиздин даражаңыз тийсе жарашпайбы мага? Мен кемминби сизден?! Сиз Мусулманкулдун баласы болсоңуз, мен Алымбектин баласымын! — деди атайын такмазалап. — Эсиңизге келиңиз, дагы кан төгүлөт! Эмне кереги бар эле алакандай абиреси калбаган миң тукумунун сизге? Өлкөнүн мүдөөсүн мансапка алмашып отурган мына сиз өзүңүз болуп жүрбөңүз?!

Абдырахман сөз таппай калды. Ызырынып тиктеп, ушу азыр желдет чакырып кармата турган өңдөнүп кетти. Абдылла бек ордунан турду.

— Куп, биз эми кайталы, бек, — деди Абдылла бек кыя тиктей,—эшиктеги элдин, жер жайнаган колдун талабы ушул, Болот-хандын жанына забын кылбаңыз, анда ордону таптакыр өрттөтүп аласыз. Менин сизге жан тартып айтар кеңешим ушу ки, бек, тез бошотуп бергениңиз оң.

Артын каранбай чыгып кетти. Абдырахман миңбашы отурган жеринде былк этпей, бейиттин башына койгон ташбаба сыяктуу тунжурап, отуруп кала берди.

Бектер, манаптар кошулган соң эрегиштин катары кыйла өзгөрүп, ошого жараша мүнөзү да, мүдөөсү да өзгөрүп кеткен болучу. Абдырахман парваначы саркерлерден бөлүп, ээндетип туруп Исхакты шак карматып, өзүнүн бир тууган жээни, бакмасы Насирдин бекти хан деп жариялап жиберген эле. Ал «Болот- хан» атанып жүргөн селсаякты жок кыла коюп, артынан күйөрү ким, эрегиштин саркерлерин ымга көндүрүп, толкуган элди газават менен алаксытып, бардык тарапты өз колуна топтомокчу эле. Мына эми, минтип, бүт тоолукка кадыры чоң, ханике катары сөзү өтүмдүү датка айым Курманжандын баласы келип, чак түштө ордого келип, чыр салып кетти. Эмне кылуу керек? Абдырахман отурган ордунан турбай, тунжурап ойго батты.

Анын алдында бир гана жол. Кайтмай жок эми башталган иштен. Жарым пашага каршылыкты күчалтып, мусулмандардын мусулмандык ыманын күйткүлөп, жалын тутантып, тезинен газават көтөрүп пайгамбардын көк[1] туусун алып чыкса, караламан журт ыйык тууну ээрчип күүлдөп атка минсе, ошондо гана ордого каршыккан жааттын күчү бөлүндү болот, ошондо гана бейбаш саркерлердин деми кесилет да, кудай берип жарым пашаны Ташкенден кууп чыккыдай болсо, анда селсаягы эстеринен чыгып, журттун бардык тайпасы ага ыраазы болуп, милдеткер болуп тынышат. Ал мына ушуну болжоду.

[1] Пайгамбардын көк туусу — газаваттын туусу, жашыл болгон, бирок «көк чөп» деген сыяктуу «көк туу» деп айтылып калган.

V

Махрам сепили Кожон шаарына кырк беш чакырым аралыкка орношкон, бир ныптасы Сыр-Дарыя, бир ныптасы тоо, эки айланта урулган бийик дубалы бар, замбиреги жетиштүү, урушка керектүү куралы, ок- дарысы, оокат-азыгы, жем-чөбү мол, жыйырма миң ашуун аскер турган бекем жай болучу.

Барары менен Исхак кароол мунаранын түбүндөгү эң терең, эң караңгы зынданга салынды. Өлүмгө буйрула тургандар гана жатчу. Ордодон бир жаңсыл буйрук келмейинче жан адамды көргөзбөй, эч ким менен сүйлөштүрбөй, тири дүйнөдөн такыр бөлүп кармоо өкүм болунган эле. Бу кооптуу туткунга кароол коюуну, кароол алмаштырууну, оокат бердирүүнү сепилдин беги баягы элеттен «кун бүтөргөн» Иса-оулия өз колуна алды.

«Эмне үчүн али өлтүрүшпөйт?..» деп ойлонуп отурду Исхак, зындандын сыз дубалына сүйөнүп, караңгылык тумчуктуруп, ал бирдемени, жүрөгүн өйүгөн бирдемени эстегиси келди. Баары кымкуут, эчтеме эсине келбей койду. Ал ордунан туруп, эки көзүн чоң ачып, көөдөй караңгыны теше карады. Эчтеме көрүнбөйт! Колун сунуп, алдыга басты. Үч кадам аттаганда колу дубалга урунду. Токтой калды. «Гөр деген ушубу? Мени тирүүлөй көмүшөбү?» деп сурады өзүнөн өзү.

Те бийиктен күрт-күрт деп шарпа угулат. Кимдир бирөө басып жүргөнсүйт. «Кароол...» деп шалдырап ойлонду Исхак, ким болсо да тирүүлүктөн кабарчы, ошону эш тутуп, телмирип тиктеп тыңшады. Бир убакта шарпа угулбай калды. Отуруп алды окшойт.

Темселеп келип, кайра дубалга сүйөнүп отурду. Караңгыдан качып, көзүн жумду. Оюна кымкуут санаа кайра төгүлүп келе баштады. «О, кайда экен азыр менин азаматтарым?.. Эмне кылып, эмне иштеп жатышат экен? Мени издешпей коюштубу?..» деп, ага өзү жооп таба албады. «Ордо менен жарашып кетиштиби?». Дагы жообу табылбады. Ал өйдө туруп, баш- аягы үч кадам жерде, ал жердин тарлыгын, караңгылыгын унутуп, ой-санаага кошо агып, нары-бери басты. «Мен эмнени жаза бастым? Эмне ката кетирдим?» деп ойлонду. Көз алдына кабагы кирдүү Абдырахман келди. Эки көзүнөн от күйгөн Абдылла бек көрүндү. Исхак онтоп жиберди. «Силерге ишендим! Силердин күчүңөрдү эрегишке бириктирип кетем дедим. Силерге ишенип, капкан жаткан жолго салып, көрүп туруп, билип туруп, капканга өзүм бут салып бердим. Э, кыйды түлкүнү серпем деп келип, журттагы куу казыкка тийип жарылган бүркүт болдум...» — деп жүрөгү тилинди.

Эми көз алдына ар бири өзүнчө дүңгүрөтө кол баштаган Момун, Уалихан, Бекназар, Эшмат саркери келди. Мына, жылуу жүз, тааныш үн. Исхак азыр алардын арасында отургандай жаны кубат алды. «Ушулардын бирин жаныма албай Абдырахмандын капканына барганымды көр?!» —деп көңүлүнө арман келди сызылып. «Мага Абдырахмандын удайчылары жабылганда жанымда батырбашым Атакул бар эле. Ал эмне болду экен? Бир гана жолу нары карап баскан далысын көрдүм. Эмне болду экен?..» — Исхактын жүрөгү шуу дей түштү. «Нары карап кеткен! Ошол жексурлук кылып кеттиби?!..» деген ой заматта кылт этти. Жүрөгү дүкүлдөп, башын чайкады. Көптөн бери өзүн кайтарып жүргөн батырбашысын чыккынчылыкка кыя албады. «Өлсө кармашып өлдү! Өлбөсө мага окшоп, тирилей гөрдө жатат!» деп, өзүн өзү алаксытты.

Бирок, Атакул батырбашынын үңкүйгөн далысы көзүнө кайрадан улам көрүнүп, көңүлүн эки ача кыла берди:

Исхак өйдө карап, жүрөгү болк дей түштү, те бийиктен, бир жерде ийненин көзүндөй жылчык барбы, бир учук ак жиптей нипничке шоола үлбүрөп, жерге жетпей түгөнүп турганын көрдү. Ордунан ыргып турду. Шоолага алаканын тосту, чогултуп алгысы келгендей. Алаканынын оту араң көрүндү. Жарык бир тамчыдан ашкан жок. Исхак куса болуп кетти.

«Бул эмне деген кордук?! Ыя, бул эмне деген зордук?!» деп, көзүн жумуп бурулуп кетти Исхак. Ушул азыр душманы менен да, тууганы менен да бетме-бет болуп, өзүнүн жамандыгын да, жакшылыгын да калыстардын ортосуна салып, туугандын куйтулугу болсо наалат айтып, душмандын түздүгү болсо ыракмат айтып, бул ит тартыш дүйнөдөн көп кыйналбай кеткиси келди. Эмнени көксөйт?! Кайда талпынат?! Ал азыр тири арбак! Оронун түбүнө түшүп калган ташбака! Канаты жулунган куш! Кимге жетет?! Кимге өктө кыла алат?! Исхак алсыздыгын толук сезди. Көңүлү сынды. Шалдырап, кайра отуруп, дубалга сүйөндү.

Аны уйку жыкты.

— Ыя! — деп, чоочуп кыйкырып, башын көтөрдү. «Кайда жатам?» дегендей, эки жакты абайлап карады. Эсине келди. Көзгө сайса көрүнгүс караңгы. Өлүктөй жымжырт. Гөрдө жатып тирилгендей сезилди. «Бирөө чакыргандай болду го» деп өзүнөн өзү сурады.

Тегерете карап, баягы бир учук ак жиптей үлбүрөгөн шооланы издеди. Эчтеме көрүнбөйт. Ал селт этип ордунан тура калды. Эки колун тең сунуп алдастады, тиги дубалга барып бир урунду, бу дубалга бир урунду. Үнүнүн бардыгынча бакыргысы келди, эмне үчүндүр бакыра албады, суудан чыгып калган балыктай оозун ачып, энтигип кетти. Аны бир заматта караңгылык, жымжырттык думуктуруп жиберди. Жүзтөмөн түшүп, эки көзүн басып жыгылды. Бирпас жатып, жүрөгүнүн дүк-дүк түйлаганын угуп, акыл токтотту.

«Э, эмне болуп турам?.. Эмнеге тыбырайм?! Тагдыр пешенеме ушуну жазса, тагдыр өзү мойнума ушул кылтагын салып, өлүмүм ушундайча боло турган болсо, ыя, мен эмне кыла алам, тагдырдан качып кутулган ким болгон?! Эгер жазатым мында болбосо, жатканым убактынча тарткылык, бир күнү жер үстүнө чыгармын, кайра минермин аргымак атка туу булгап!..» — деди, бир аз жүрөгү тынчтанды.

Эми көңүлүнө жымыратып үмүт келе баштады. «Кайдасың, кара башымды сайып камын көргөн журтум! Кайдасыңар, үзөңгү кагышкан жоролорум! — деп ичтен кыйкырды. Жооп болгондой көз алдына ажайып жарыктык дүйнө жаркырап жайылып, дабылдар дүңгүрөп, ат дүбүртүнөн жер солкулдап, өзү кураган, өзү таптаган көп кол алдынан тосуп келаткандай болду. Ал эң ири алдыңкыларын чындай таамай көрдү. Дагы жүрөгү козголуп, толгонуп кетти. Эмеле көз алдына жайылып келген, бирпаста кубанычтын, өкүнүчтүн даамын таттырган ажайып дүйнө жалп өчүп, караңгылык, өлүктөй жымжырттык, жалгыздык кайра ортого алды.

Исхак зындандын төбөсүн тиктеп, бир шоола көрүнөр бекен деп зарыгып самап, кулак төшөп тыңшап, бир тири жандын шарпасы угулабы деп, жүрөгү сыздап отурду. Эчтеме жок. Кулак чыңырат. Өлүктөй жымжырт. Эптеп бир шабырт болсун дедиби, атайылап жөтөлүп койду. Өзүн алаксытып:

— Кайсы убак болду экен? — деп өзүнөн өзү сурады.

— Мен кайдан билем, отурам го сен отурган жерде?! — деп өзүнө өзү кырс жооп берди. Оозун чоң ачып, кыш дубалдуу зынданды жаңыртып, карсылдап күлдү. Кайра бат томсоруп, мисирейип катты.

Бир убакта бир учук жиптей ак шоола акырындап сызылып, бийиктен түшө баштады. Чочутуп кетирип албайын дегенсип, ал дем чыгарбай, былк этпей, мелтиреп тиктеп отура берди. Жарык анын сызылып агып, жерге жетпей буу болуп, жоголуп жаткан ичер суусундай көрүндү, төгүлүп жаткан өмүрүндөй сезилди. Ал ордунан турганын билбей, ак жарыктын алдына барды, барып, абайлап эки кочушун тосту. «Чын эле менин өмүрүмбү? Бирде келет, бирде көздөн кайым болот. Же үзүлө албай, же улана албай, тагдырымдын кол таразасында мөлтүлдөп турабы?..» —деп ойлонду. Ак жарык кочушуна тамгандай, кочушу толгондой, ал абайлап, ак жарыкты оозуна көтөрдү, эки-үч ууртады. «Эненин сүтүндөй ширин экен, жарыктык...» — деди. Көңүлү, чын эле, каниет алгансып калды.

Те алыстан жер үстүнөн шарпа угулду. Исхак башын селт көтөрүп тыңшады. Шарпа так үстүнө келди. Темир капкак шырк деп ачылып, сүттөй жарык туткундун башынан ылдый, зындандын түбүнө шар төгүлүп кетти. Караңгы карыктырган көзү чымырап, жарыкты карай албай, Исхак бетин басты. Бирдеме жанына тып деп түштү. Нан эле. Күндө бир убак ташташат. Жипке салаңдап кичинекей жез чайнек түштү. Бул кайнаган суу. Ал унчукпай чечип алды. Өйдө карап, те бийикте бетин сакал баскан бирөө тиктеп турган экен:

— Ассалому алейкум, мусулман! — деп үн берди Исхак. Тиги коркондой көзү алая түшүп, шашып башын тартып кетти. Темир капкак шарак деп жабылды. Башына кайра кара түн чүмкөлдү.

— Эй! Э-эй!..—деп кыйкырды Исхак. Жооп жок. Күрт-күрт эткен шарпа алыстап, бир убакта таптакыр дым болду. «Бүгүн да сүйлөшпөй кетти. Эмне үчүн сүйлөшпөйт? Мен жамандык кылдым беле? Кимге жамандык кылдым эле? Ким болду экен?..» — деп түнжүрады.

Бир сындырым нан менен өзөк жалгап, суу ичип, ал бир аз чыйралып, кубат алгансып калды.

Күн артынан күн өтүп жатты. Исхак күндүн өткөнүн унчукпас кароол нан таштаганынан болжолдойт. Күн менен түндү төбөдө асылып турган бир учук ак жиптей үлбүрөгөн жарыктын бирде өчүп, бирде пайда болгонунан гана айырмалайт. Сакалы, муруту өсүп, чачы кулагына түшүп баратты. Биринчи күндөрдө зындандын сасыгынан башы ооруган эле. Эми таптакыр билбей калды.

Көңүлүнө көбүрүп арман келип, ыр болуп, өзүнөн өзү куюлушуп төгүлдү. Ал шалдырап улутунду. Ал тышты эстеди. «Көк шаңкайып ачык бекен? Те алыстан улуу тоолордун баштары үлбүрөп, ар жеринде үзүлүп түшкөн чуудадай болуп, ак булуттар калкып тургандыр...—деди көңүлүндө. Күн жылуу бекен? Азыр мезгил жакшы, мемиреп, эне сыяктуу мээрим төгүп турган чыгар. Э, ажайып ак коргон тоолордун ортосунда көк ирим көк деңиздей мелмилдеп, асыл Фаргана керилип жаткандыр, ырыскысы ташып, өрүк жыттанып, нан жыттанып, коон жыттанып...». Ошол шаңкайган улуу тоолордун ичинде, асыл Фаргананын бетинде кумурска болуп жоголуп, чекеси тердеп жөө басып, буту талып, бу дүйнөнүн кеңдигин сезип жүргөн сыяктуу болду. Ушу азыр бир учук ак жиптей ак жарыкты медер тутуп, эненин сүтүндөй ээмп отурганын, сыз, сасык зынданды бирпаска болсо да унутуп, жүрөгү жылыды.

Ал бүрүшүп, эки тизесине чекесин коюп, дагы жоопсуз, учсуз ойго чөгүп отурду. «Эмне үчүн өлтүрүшпөйт?..» —деген суроо көңүлүнө дагы келди. Жооп табууга аракеттенген жок. Өзүнчө кырс этип күлүп койду. Эмнеге күлгөнүн өзү да билбеди.

— Дүң-ң... — деп, алыстан түңгүюк күңгүрөнүп, шоокум келди. Башын көтөрүп, кулак төшөп тыңшады.

— Дүң-ң!.. —деп дагы алыстан келип, таман алды биртке титир этип кетти, дагы: — Дүң-ң!.. —деп, дагы таман алды титир этип артынан дүңгүрөп, үн кандайдыр кеңдикке тарап, сиңип кетти.

— Замбирек! Замбирек атылып жатат!..—деп, Исхак ордунан тура калды. Замбирек кайдандыр алыстан дагы атылды. Жүрөгү лакылдап кетти. Момун, Бекназар, Эшмат жер жайнаган кол менен, туу кылкылдатып, Махрам сепилин каптап келе жаткандай туюлду. Ал алдастап:

— Эй! Э-эй!! — деп бакырды, бийикти тиктеп, зындандын темир капкагын тиктеп. — Ким бар? Э-эй, ким ба-ар?!

Күрт-күрт шарпа угулду. Бирөө келаткандай. Так үстүнө келди. Зындандын темир тор капкагы шарак этип ачылып, сүттөй ак жарык Исхактын башынан ылдый, зындандын түбүнө шар этип төгүлүп кетти. Сакал баскан кароол экен. Саксайып тиктеди:

— Эмне? Келме айтып коёюнбу?

Исхак адамдын үнүн укканга сүйүнүп кетти:

— Жо, тууган, келмем оозумда...

— Эмне? Кыйкырбай жатпайсыңбы кудай деп?!— деди кароол нааразы үн менен, зындандын темир тор капкагын жаба баштап.

— Эй, тууган!..

Кароол кыйылып токтой калды.

— Тышта эмне болуп жатат? Ыя, замбирек атылып жатабы?..

Кароол башын салаңдатты:

— Сага эмне кереги бар, мусулман? Бу дүйнөнүн көйү бүткөн го сага!. —деди кейигендей, анткен менен кетип калбай, негедир зериккенден болсо да, сүйлөшкүсү келип турганы сезилип. — Эмнесин сурайсың? Бу дүйнө кымкуут. Газават...

Исхак бир кур нестейип, ойго алдырып, токтой калды да:

— Ким баштады?..—деп сурады. Кароол жооп бербей, нары жакты тиктеп, бирдемеге алаксыды да, кайра үңүлүп:

— Ким тарыса ошол баштайт да чатакты... — деди акырын.

— Ордо баштаган экен! Абдырахман баштаган экен! Жыландын куйругун баскан экен, кайран журтту курутуп алмак болгон экен, кайран өлкөнү түгөтмөк болгон экен... —деп, Исхак өрттөнүп тескери басты, зындандын караңгы түбүндө алдастады.

Кароол карап туруп, өзүнчө: «Өзү жаткан жери бу болсо, кудайдын куттуу күнү өлүмүн күтүп отурса, элге, өлкөгө күйүп сүйпөгөн бу кандай неме? Акылынан ажырай баштаган экен байкуш...» деп, мындайларды көп көргөн, кайдигер болуп калды. Исхак дагы өйдө тиктеп:

— Эй, баатыр, — деди буйрук кыла, — Иса-оулияны чакыр, тез келсин, айта турган сөзүм бар!..

Кароол боору ачып:

— Кой, дөөрүбө, мусулман, — деди, — сүйлөшүүгө болбойт, ачуума тийсең, капкакты жаап коём.

Жапса жаап коёт да! Исхак унчуга албай калды. Ичи түтөп, баш-аягы алты кадам зындандын түбүндө өзүнчө күңкүлдөп, нары-бери баса берди. Кейиши, өзү менен өзү кобурашканы кароолдун кулагына көпкө дейре угулуп, анын көңүлүн дагы тартты.

Кароол таңыркадыбы, кызыктыбы, иши кылып, эңкейип:

— Эй... Сен кимсиң өзүң?..—деп сурады. Исхак так алдына басып келип, чалкалап тиктеп, те бийикте турган сарбаздын сакал баскан башын көрдү. Андан нары чөйчөккө куюлган тунук суудай мөлтүрөп асман көрүндү. Ал каргыл үн салды:

— Баары бүлүнө турган болуптур го?! Эми менин ким экенимди билип эмне кыласың, тууганым?!. А сени, Абдырахман! Териңди тескери гана сыйрыбай...

Кароол те төмөн зындандын караңгы түбүндө, темтейип, сакалдан эки эле көзү алайып көрүнгөн мусапыр адамдын оозунан чыккан сөзүнө ого бетер таңыркап, Абдырахман кайда, бу кайда, акылынан ажыраганына толук ишенип, карс-карс күлдү:

— Йе, таксыр, Абдырахман кача алабы сиздин чеңгелиңизден, терисин бир эмес беш сыйрысаңыз сиздин пашалык эркиңиз?..

— Күл. Күлө түш. Жарым эс. Жети атаң мекен кылган өлкөң канавайран болуп жатса, кайсы ырысыңа күлөт экенсиң? — деди Исхак жай. — Эрегиш эмне болду? Тарап кеттиби?

Кароол соолуга калды:

—Кайсы эрегиш? Хазрети аскербашы көтөргөн эрегишби?

Исхак баш чайкады. Кароол:

— А-а...—деп эсине келтирди. —Болот-хан баштаган көтөрүлүшбү, Болот-хан өзү Макка-туллага зыяратка кеткен дейт го. Кураган аскерин хазрати Абдырахмандын амирине таштаган экен, жармы ыкрар кыпса, жармы ыкрар кылбай, кымкуут болуп жатышат имиш.

Исхак шалдырап зындандын түбүнө отуруп калды. «О, шумкарларым...» — деди, ишин токтотпой, ордонун кысымына моюн бербей жатканын акыл менен сезди, азаматтарына ишин таштабаганына ыраазы болуп, ишинин ыйыктыгына ишеними дагы артып, жүрөгү алпыгып, сүйлөөгө жарабады.

— Эй, таксыр, — деп шылдың кылды эми кароол, — сизге эмне кереги бар эле алардын?

Исхак ордунан туруп, сарбаздын ырсайган кебетесин суз тиктеп, башын ийкеди:

— Мен ошо Болот-ханмын...

Кароол оозун кайыштырып, астейдил кулду:

— Хи! Хазрати Абдырахман эмессиңби?!

Исхак титиреп:

— Наадан! — деп чаңырып жиберди.—Ишенбей турасыңбы?!

Кароол дагы кулду. Ал ишенген жок. Күлүп, башын тартып алып, Исхак дагы бирдеме дегиче, зындандын темир оор капкагын шарак эттире жаап салды. Караңгылык башына кайра чүмкөлдү.

— Эй! Эй, токто! — деди Исхак. Жооп болгон жок. Күрт-күрт этип шарпа алыстап, тым болду.

Алыстан замбирек атылды.

...Күн өтүп жатты окшойт. Бир учук ак жиптей кылайган жарык бир нече жолу өчүп, бир нече жолу туткунду сүйүнтүп, кайра жанды.

Зындан гөр сыяктуу. Күтүп отуруп зарыкты, үмүт өңдүү алыстан шоолаланган ак жарык али чыга элек. Ал, жок дегенде, ийин талыткан караңгылыкты сезбес үчүн көзүн жумду. Көз жумулса ой келет. Ойлонбоюн дегенине болбой, бирине бири алмашып, кубулуп, көңүлүнө ар түркүн ойлор түшүп, өзү аралашып, көзүнө көрүнө баштайт.

Ана... Өзүн көрду... Төр жайлоо. Те нары иргелген аргымак аттар жайылып жүрөт. Өзүнүн акбоз аргымагы ичинде экен, чылбырын сүйрөп, токуму менен, алдынан тосуп, кишинеп чыкты. Кимдир бирөө колтуктап атказды. Экөбү ат жалына өбөктөп, кайдадыр бир жакка жарышып жөнөштү. Шамап дуулдап, ат дүбүртү, үзөңгүлөрдүн кагышканы кадимкидей кулагына угулуп баратты. Тигине эңсеген эңсеси бийик ак өргөө. Экөбү эңкейбей киришет. Төрдө отурган ак элечек, келбеттүү байбиче жылуу жүз менен тосуп алды. Өзү туруп сабадан кымыз куйду. Ал аптыгып жутту. «Азып калыпсың, жолборсум!..» деди байбиче, жүзүнөн эне мээрими төгүлдү. Ал эрэркеп кетти: «Жан энем... Ак сүтүңдүн кубаты дагы ушуга жеткирди!..» — деп, эт-жүрөгү болкулдап, каңырыгы түтөдү...

«Бул кандай аян?.. Кудайым берет бейм, чыгат окшойм бу көйдөн?..» — деп жоруду Исхак бүрүшүп отуруп.

Ана... Дагы өзүн көрду... Узуну чыгып өлүп жатат. Эңсеси бийик ак өргөөнүн бир капшытында алдына көк камыш төшөнүп жатат. Жаш өлгөндүн белгиси кылып, чамгаракка чымкый карадан аза туу көтөрүшкөн экен. Көп азамат кырчоо кармап, кылыч өбөктөп «Эзил кайран...» дешип, жер дүңгүрөтүп өкүрүп турушат. А тиги Уалихан. Карт бугудай акылдуу, аяр абышкалардын алдына туруп, анын жаназасын окуганы жатат.

«Бул кандай аян?..» деп таң калды Исхак. «Өлүм жакын го? Сөөгүмдү сурап алып, элим, азаматтарым ушинтип ариет кылып көмүшөбү?..» — деп кеңгиреди.

Ал башын көтөрүп, эки көзүн чоң ачып, өйдө тиктеди. Эчтеме жок, көөдөй түн каптап турат. Көңүлү кайра чөктү. «Таң качан атар экен?..»—деп өзүнөн өзү сурады. Өзү жооп берген жок. Куса болду. Жымжырт. Кулагы чыңырды. «Дүйнөдөн дагы бир чымын жан учуп кетти окшойт...»—деп ойлоду, артынан «Менин жаным болду бекен?..» деген муздак ой жүрөгүн сыдырып өттү.

— Э-эй, барсыңбы? — деди бейтааныш үн. Исхак башын көтөрүп, эмне дээрин билбей, нестейип туруп калды. Шаты салаңдап түшүп келди. Ал жүгүрүп туруп, шатыны кармады. «Боштондугуң келди!» деди үмүтү. Ошол замат «Түн экен го? Эмне үчүн түндө эстеп калышты? Өлүмүң келип жүрбөсүн?!» — деп, этектен тартты коркунучу.

— Э-эй, бери чык! — деп шаштырды бейтааныш үн. Исхак унчукпай, шатыга тырмышты, тизеси уюп, бууну титиреп, зындандын оозуна жетти. Кимдир бирөө билектен алып, өйдө тартып алды.

Исхак аптыга түштү. Ава таза, муздак окшоду. Көзүнө биринчи эле эки сарбаздын үңкүйгөн турпаты, капкара асман көрүндү.

Сарбаздар эч сөз айтпай, бири артынан түшүп, бири алдына түшүп, аны бектин турагына алып келишти.

Кыркма сакалы, муруту көгала, жалаң карала топусу менен, шырыма кара чапанын жамынып, Иса- оулия өзү жалгыз отурган экен. Туткун эшиктен киргенде, ал былк этпей, кирпигин да ирмебей, тырмагын бекитип отурган эркек кара мышык өңдөнүп,

ичтен тымпыйып тиктеди. Балдын мумунан жасалган шам араң бүлбүлдөп, үжүрөнүн ичин коңурсутуп, жарык кылып турат.

Исхак душманынын көзүнө ноюгандай көрүнбөйүн дедиби, тың басып, боюн түз алып, эки көзү Иса- оулиянын чекесине кадалып кирди, салам айтпады. Бир аздан соң Иса-оулия кашын көтөрдү:

— Келиң, ханзаада,—деди карынын муңайым жумшак үнү. Исхак жооп бербеди, жүзүн үйрүп башка жакты тиктеди. «Ханзаада» дегени мыскылдай тийди. Иса-оулия эрдин кымтып, ойлуу тиктеп отуруп, жамынып отурган шырыма кара чапанынын түшүп кеткен жеңин ийнине кайра оңдоп салып:

— Углум, — деди акырын, — отур, жай сүйлөшөлү...

Саал ыргылжың болуп, арыктаганга билине түшкөн чаары одурайып, ирени суз тартып, Исхак дубалга сүйөнө келип отурду.

Иса-оулия жыртайып кызарган көзүн чарчаңкы ымдалап, ой басып, тиги Исхакка «ханзаада» дегени жакпай калганына баамы жетти белем, өзүнчө улутуна:

— А мейли, углум, кулагыңа жаман угулса ханзаада дебей ак коёюн,—деди токтоо. —Сөз түйүнү анда эмес. Сөз түйүнү бу, углум... Өз ара чабышуу, өз ара так талашуу уштапта пайдасыз экен. Чүрчүт жарымпаша күндөн күнгө этегибизден басып, мойнубузга салып алган сыйыртмагын күнүгө сыгып тартып келе жаткан чакта өзгөчө. Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарбасак, биз динибизден, жерибизден, бийлигибизден жакында кол жууп кала турган окшойбуз...

Исхак кабагы чүрүшүп, терс карап отурган калыбын жазбай, тунжурап отура берди.

Иса-оулия:

— Мына уштапта өз токочуна күл тартып, өз максатына гана чаба турган болсо, мейли хан болсун, мейли бек болсун, майли кара аламан болсун, журт безери, эл безери деп бааланат. — Иса-оулия бир аз кынжылып токтоп, ой басып, өкүнүчтүү күрсүндү. — Насирдин үмүттү актабады. Эми эмнесин жашырабыз? Касам уруп, үмүттү актамак гана түгүл, жарым эс атасынын жолоюна түшүп, чүрчүт жарымпашага сүйө-нүп, миңбашыга каяша көрсөтө баштады. А майли, хан аты бар, каяша көрсөтүп тим болсо көтөрүмдүү болор эле...

Исхак таба кылды:

— Бу каргыш тийген ордону жоготмоюнча тартыш бүтпөйт дебедик беле? Бу Миң тукуму адамдан ачкөз болуп кетти, өзүлөрү болсо болду, өлкөнүн өрттөнүп кеткени менен кылдай иши жок, булар баш болуп турганда бу ордо эч качан бирикпейт, эч качан жамиятка убайы болбойт дебедик беле?!

Жообу кайсы? Иса-оулия унчукпай отуруп укту.

Абдырахман ордону колуна алган соң жамы журтка, журт туткасы бийлерге деп, туш-тушка кат жаздырган. «О, мусулмандар! Бабабыздын бейити тепселди. Мазарыбыз булганды. О, калың журт! Ошон үчүн, ошого чыдап жүргөндүгүбүз үчүн көп жылдан бери дыйкан тынч эгинин экпей, чарбадар тынч малын бакпай, соодагер тынч соодасын кылбай, тууган туугандын мүлкүнө кол сунуп, тууган туугандын канына забын кылып, байыркы эрежебизден, пайгамбардын шариятынан тайып, өзүбүздөн өзүбүз тарыдык. Жат аким жарымпаша орто жерде биздин тенибизден туйтунуп келе жатат. О, мусулмандар! Туугандын урушу — торконун жыртышы. Өз ара таарыныч эчтеме эмес, ушунча зарыл болсо, ийри отуруп түз кеңешип алабыз, азыр биз жат акимден кутулушубуз керек. Аттангыла! О, мусулмандар, көтөргүлө пайгамбардын көк туусун!»

деп, эл аралатып жар чакырткан болучу. А дегенде «жерди, элди бошотуп алуу» деген сөз кимдин да болсо көңүлүн азгырып, көпчүлүк журттун толкуну ошол жакка оогон эле.

Абдырахман аракетин тез кылды. Август айынын башында чек ара болуп эсептелген Аблык кыштагына кирип барышты. Он миң кол курама уездин каптады. Алар бат эле Ташкен — Кожон почта линиясын алып, орус аскери турган Түлөө чебине чабуул коюшту. Ошол эле учурда Кожон багытын каптаган кол жолмо- жол бир нече почта станцияны колго алып, Кожон шаарына 12 чакырым жакын жердеги Дигмай кыштагын бошотту. Сыр-дарияны бойлоп жүрүш кылган аскер Силмахрам, Самгар, Нау, Паркен кыштактарын бошотуп, Ташкендин өзүнө 40 чакырым жакын кирип барышты. Ошол күнү Кожон багытында Кожон —Оро-Төбө почта линиясын бузуп, жолундагы көпөс Исаевдин айнек заводун кыйратып өтүштү да, Кожон шаарынын өзүн камоолго алышты.

Тийишүүгө шылтоо гана күтүп турган Ташкендеги генерал-губернатор фон Кауфман эми козголуп, генерал Головачевдун командасы астында бат атар мылтык, замбирек менен толук жабдылган 1500 кишиден турган аскер аткарды. Кожон шаарынан полковник Скобелев башында турган орус аскери бошоткучтардын алдын тосуп чыкты.

Фон Кауфман Ташкенде өзү тынч жатабы? Жең ичинен Насирдин-хан менен байланыш түзүп, аны Абдырахманга каршы ойготууга жетишти. Ордо кишилеринен Насирдин-ханга ишенимдүү таяныч жаат курап салды.

Генерал Головачев Ангрен өзөнүндө Зулпукар баштаган 6 миң колду тосуп беттешти. Ошол айдын орто ченинде катуу салгылашып, колунун жарымы кырылып, Зулпукар тоого чегинүүгө мажбур болду. Полковник Скобелев Кожон багыты жакта ийгиликке жетишип, Паркен кыштагын кайра басып алды.

Ушундан соң ордодо Насирдин-хан жааты оор абалдан пайдаланып, Коконго орус аскерин киргизип, орус аскеринин күчү менен ээнбаш элдин эрегишинен да, Абдырахман жаатынан да кутулууну Көздөп, Насирдин-хан көмөк сурап Ташкенге жашырын кат жиберген. Өлкөнүн «анык ээси» Насирдин-хандын суроосу боюнча Кауфман орус аскерин чек ара кыштактарынан Фарганага каптатып түшүргөн болучу.

Мына ушундай жагдайда Иса-оулия түн жарымында Исхакты зындандан алдырып, минтип жумшактап сүйлөшкүсү келип отурган эле.

Иса-оулия башын ийкеди:

— Ошондой сыяктанып калды, углум, ошондой сыяктанып калды. Эми эмне кылабыз? Ыгына, ылайыгына жараша бир иш кылышыбыз зарыл го. Менин кеп урушуп отурганымдын мааниси ушул ки, углум...
— Ал ойлонуп, кайра-кайра Исхактын жүзүнө кунт коюп тиктеп отуруп, жай, камырабай отуруп сөз улады. — Элибиз эки аран, күчүбүз бөлүштү болуп жатат. Бириктирели, углум, газаваттын ыйык көк туусунун түбүнө элибизди, күчүбүздү. Макул, Миң тукуму жерге кирсин эми! Баш коёлу азирети миңбашыга...

Исхак мелтейип тиктеди. Ага Иса-оулиянын жүзү дагы жумшарып, Ботокара кыштагындагы коончу абышкага окшоп, кудайга кулдугунан башка бу дүйнөдө көйү калбаган ак пейил бир абышка болуп көрүндү. «Бу кыйды чал эмнени имерип отурат? И, алдагысы келет го?!» деп ойлонду Исхак. Иса-оулия тегерек, кыска кылдырып черттирген көгала сакалын экчей, коюнга кире муңайым сүйлөдү:

— Углум, эстүү жансың, ойлончу... «Ата журт үчүн, тууган эл үчүн, дин үчүн газаватка кошулгула, азирети миңбашынын амирине ыкрар кылгыла, мен көндүм» деп Бекназарга кат жаз углум...

Ошол убакта жумушкер күмүш табакка бир чөйчөк менен мойну узун саймалуу кумура коюп көтөрүп кирип келди. Иса-оулия:

— О, суусун ичелиби?.. —деп, кумураны жумушкердин колунан алды. — А, өзүбүз ак куюп ичебиз... — деди тамшана. Бул «сен кете бер» дегени. Жумушкер жылып басып кайра чыгып кетти. Иса-оулия күймөнүп, чекесин алтын менен чегелеген, түбү чуңкур, кичинекей чөйчөккө кумурадан бирдемени кую баштады. Исхак караган жок. Жытынан сезди, шарап экен. Таза бышкан жүзүмдөн ачытып, үстүнө биртике сүт тамгызып коюшат да «мусаллас» дешип, атын буруп алышып, ордонун өтө такыба адамдары да иче беришет. Шарап күнөө, мусаллас болгондо сооп имиш. Иса-оулия ыракаттана «Бисм илла!» деп, мусалласты тамагы курк- курк этип жутту, анан өзүнчө күңкүлдөп кудайга шүгүрчүлүк айтты да:

— Кана, даамга кел, углум...—деп, чөйчөккө толтуруп куюп, Исхакка сунду. Көптөн бери мындай суусундан көзү каткан Исхак албай коё албады. Ал чөйчөктү эки колдоп көтөрүп, дем албай жутту да, тамшанып токтоду. Суусуну канбай калганын сезип, Иса-оулия дагы бир чөйчөк куюп сунду. Аны эки бөлүп жутуп, суусуну канып, каниет кылып, бир үшкүрдү да:

— Ыракмат кайырыңызга, бек, — деп, бүткөн бою чымырап Исхак отуруп калды.

— Ыракматты кудайга айт, углум... —деди да Иса- оулия жанагы сөздүн учун жалгады: — Ойлонуп бак, углум, ушундай кылсаң өлкөңө да, өз жаныңа да аралжы кыласың...

Исхак ойлонуп, бир жагынан шарапка денеси жымырап, көпкө жооп бербей отурду. Ал кыйды чалдын көшөрүп жооп күтүп отурганын сезди да, башын көтөрдү:

— Өзүңө өзүң чыккынчылык кыл дейсизби?! — деп, шарап көңүлүн көтөрө баштап, Исхак акырын күлүп койду. —Ошондой зарылдык болуп турса, бек, жол меники болчу, өзүңүз билесиз, майли менин амириме силер көнгүлө, менин туумдун түбүнө силер келгиле!

Иса-оулия заматта иреңи сууп, томсоруп, дагы тырмагын бекитип отурган эркек кара мышыктай тымпыйып, бирпаста жат болду. Булар мансапты гөрүнө көтөрүп кете тургансыган кишилер болучу. Исхактын сөзүнө ичинен көбүрүп жини келип, «Бу акмактын не деп дөөдүрөгөнү?! Өзү кайда отурат, кайдагы кол жеткисиз ишти көксөгөнүн кара, эй! Баарын коюп, бөөдө өлүмдөн кара башын куткарып кетпейби бу?!» деп, астейдил таң калып тиктеди. Исхактын жүзүнөн эч майышпаганын, өлүмдү эсине салса да, селт этпегенин көрүп отуруп, ымга келишинен түңүлдү белем, алаканын шак-шак койду, эки күзөтчү сарбаз кирип келишти эле оң колунун учун чарчаңкы шилтеп, туткунду алып кетүүнү буйруду да, ордунан тизесин таянып араң туруп:

— Көктүгүң жетет түбүңө, балам!..—деди да, желбегей жамынган шырыма кара чапанын оңдонуп, артын карабай үжүрөдөн чыгып кетти.

Ошол күнү полковник Скобелев көп аскер менен келип сепилди камоого алды.

Шарап өзөгүнө түшүп, Исхак шылкыйып жыгылган бойдон тарс катып уктап жаткан эле. Бирдеме катуу силккендей болуп, чоочуп ойгонуп кетти. Зындан капкараңгы. Силккен эч ким жок. Ал кайра жата баштады.

Ошол учурда бирдеме шуулдап, кулакты жеп ышкырып, дүңгүрөп өтүп, жердин үстүнө, жакын эле түшкөндөй болду. Бул эмне? Исхак тыңшай калды. Дагы алда кайдан шуулдак келатты. Эми өтө жакын, зындандын оозуна жакын эле түшкөнсүдү. Жер түбү менен солк этти. Исхак ордунан ыргып турду. Тышта кыйкырык, чуу. Дүпүрөп нары-бери бирөөлөр чуркап жүрүшөт. Аңгыча кулагына үнү тааныш кытайча замбиректер «түңк!», «түңк!» деп, удаама-удаа атылып калды. «И! Орус келген экен!» деди Исхак, зындандын түбүндө нары-бери басты. Зындандын так ортосуна тура калып, капкагын тиктеп үнүнүн барынча бакырды:

— О-ой!!. Ким ба-а-р!!.

Анын бакырыгын тыштагы кымкуут басып кетип жатты. Эч ким уккан жок. Уштапта тышта тамдар урап, камышка өрт кетип, адамдарды, байланып турган аттарды замбиректин огу шыпырып, жер теңселип жаткан. Угарга киши жок эле. Исхак нестейип көпкө турду. Тыным таамсыз алыстан замбирек огу мээге кирчүдөй ышкырып келип, бирде алысыраак, бирде зындандын так бурчуна түшкөндөй кулак тундуруп жатты. Чырылдап ат кишинейт. Кокуйлап, апалап өкүргөн үн угулат. Зынданга жакын жерден бирөө тапыратып чаап:

— Өкүрбө! У энеси талак!! — деп зиркилдеп өттү. —Өрттү! Өрттү! Суу чачкыла! Кийиз менен баскыла! У энеси талак...

Исхак тааныды. Абдырахман! Ошол мүнөттө табасы канып бир ууртун тартып күлдү. «Алдастап калган экенсиңер го?!» —деди ичинен. Тескери бурулуп басып, зындандын кыш дубалына барып урунганда токтоп, ошол бойдон үңкүйүп туруп калды. Улам күчөп, замбиректин, ракет станканын октору сепилдин ичин мөндүрдөй сабап, тытып, астын-үстүн түшүрүп жатты. «Эмне кыла алышат?. Эмне менен жооп кылышат?..» — деп, жүрөгүн кайта өкүнүч мыжыкты. Ошол замат дили катып кетти. «Куйтулар! Өлкөнү куруттуңар, окшошкон куйтулар!!» — деп, өзүнөн өзү чаңырып жиберди. Ошол куйтулардан азыр алдында болсо, колу эмес тиши менен тамактап, тиши менен кекиртегин үзгүдөй эле. Ал өзүнүн зындандын түбүндө турганын сезди. Тири арбак экенин ойлонду. Шагы сынып, шалдырап турду. Жер силкинип жатты. Зындандын төбөсү бир убакта кычырай түшүп, бир-эки кыш дүп- дүп деп ичине түшүп кетти. Зындандын ичине күйүк жыт, чаң кире баштады. Исхак кайрылып караган жок, турган жеринде селдейип катты.

Жакын эле жерден бирөө онтоду. Исхак селт эте түштү. Зындандын оозу жакты жалт карап, колун жогору сунуп:

— Кимсиң? О, айланайын... —деп үн берди. Жооп болгон жок. Кимдир бирөө акырын онтоп жатты. Ошол тапта бирдеме дир-дир этип таамп кетти. Исхак колун тосту. Дагы тамды. Колго жармашат. Коңурсук. Кан экен! Ал эки колун арбайтып бийикке сунуп:

— Ой, айланайын! Тууганым... Бир тууганым...— деп бакырды. Жооп болгон жок. Онтоо тып басылып калды. Жымжырт. Күйүктүн жыты, чаң тамагын кургатты. Исхак кайра соолукту. Бир алаканындагы канды сыйпалап, бир кур, дили катты. «Ыя, душманымдын каныдыр?.. Бектин каныдыр?..» — деди көңүлү. Жалагысы келди.

Замбиректер, ракета станкалар кайрадан атыла баштады, кайрадан шордуу сепилдин ичин топон кыла баштады. Сепилдин дубалы окшойт. Бирдеме күү-күү деп, туңгуюк күлдүрөп, кайдадыр урап жатты. «Баары кыйрады. Баары бүттү...» — деп ойлоду Исхак.

Исхак жүзтөмөн түшүп, боорун сызга басып, жатып калган эле. Атуу да токтогон эле. Зындандын капкагы кычырап ачылды. Жогортон кимдир бирөө:

— Өй... — деди акырын, — барсыңбы?..

Исхак башын көтөрдү. Булаңгыр жарык түшүп турган экен. «Түн...» деп ойлонду кайдигер. Бирпаста кум санаа миң кубулуп, «Дагы эмне эстеп калышты?.. Түн болсо...»—деп, кооптуу ойго кабылып, башы кеңгиреп, ыргылжың тартты. Ошол учурда алдына тырп этип аркандын учу түштү. Жогортон шыбырады:

— Өй... барсыңбы?.. Арканды карма...

Оюу бир жаңсыл боло албай, эч бир максат, үмүт түртпөй эле ордунан ыкшалып тура келип, Исхак арканды кармады. Үн эми чыдабай:

— Өй, бол эрте... —деп шаштырды. Исхак аркандын учун белине ороду. Аркан чытырап чоюлуп, ал акырындап көтөрүлүп, бир убакта буту жерден үзүлүп кетти.

Ал зындандын оозуна тырмышканда туңгуюк үңкүйүп турган бир кишинин сөлөкөтү көзүнө чалынды. Асман капкара: Ава кан жыттанат. Тиги киши колунан тартып алды. «Ким бу?..» деген ой кылт этти. Ошол тапта ал өлүмүнө да, боштондугуна да кайыл, даяр болучу. Тагдырына кызыгуу, баш оорутуу азыр кара жанына гана жүк сыяктуу. Ал жүрөгү канап:

— Эмне болдуңар?.. —деп күңк этти. Тиги бүрүшө:

— Кың дебе, кудай жалгагыр...—деп күбүрөдү, боюн жыйрып, караңгылыкты ого бетер оронуп.

Экөбү бузулган дубалдарды аралап, ар жерден өлүккө чалынып, темтеңдеп отурушуп, сепилдин кырына чыкчу тепкичтин түбүнө жетишти. Токтоло калышты. Исхак айланага көз чаптырды. Капкараңгы, эчтеме көрүнбөйт. Те бийикте азан айтылчу жалгыз мунара гана карарат. «Ок тийбей турган экен...» деп ойлоп койду. Те нары жакта кимдир бирөөлөр кобурашып жүрүшөт. Онтогон, сөгүнгөн, аны тыйган кайгылуу, токтоо үн угулуп жатты. Бир аздан соң көзү караңгыга биртке үйрөнүп, кара-бараан ажыратыла баштап, ар жерде бурч гана сороюп, бүт эле уранды болуп күдүрөйүп жаткан тамдардын жүлгөсү көрүндү. «Кыйраган экен...» деп бармагын тиштеди. Ээрчиткен киши жеңинен тартты.

Сепилдин кырына чыгышты. Те төмөн жактан, сепилдин тыш жагынан шаркырап аккан суунун шары угулду. Исхак эңилип тиктегенин өзү билбей калды. Капкараңгы! Көзүнө сеңселген көк токой, көбүктөнүп бүркүлүп агып жаткан кашка суу, үстүнө салаңдап шарга чарпылып, желсиз түнү термелип турган кызыл жалбырак самби тал элестеди. Өлүм коркунучун унутуп, ушул аркан бою дубалдын нары жагында боштондугу тургандай жүрөгү туйлады. Көзүн жумуп ынтыла бергенде, сырдуу киши үлгүртпөй шап кармап калды:

— Шашпа... Ме, муну карма, акырын...

Колуна тийген аркандын учун белине ороп кармап, унчукпай, Исхак сепилдин бийик дубалынан акырын салаңдап түшө баштады. Ошондо да, «Качты аты кылып, сепилден таштап жиберип өлтүрүшкөнү жатабы?..» деп, кооптуу ойдон кутула албады. Күттү ошону. Аркан биртикеден саамыктап, ал улам жерге жакындап баратты.

Буту жерге тийгенде бүткөн бою дүркүрөп, кандайдыр жаңы кубат, жаңы кайрат алгандай, каны толкуп кетти. Тыталама кери ылдый дыргаактап жөнөдү. Тегизге жетип, сүрдүгүп жыгылды. Кайра туруп, сууга умтулду. Белчесинен бата түштү. Бир кочуштап бетин чайып, «бисм илла рахман рахим...» деп купуя күбүрөнүп, негедир көңүлү

муңдуу тартып, жашып, муздак суудан аптыга жутту. Сергий түшүп, ошол замат кандайдыр жаңы кубат, жаңы кайрат кирип, ошол замат кимдир бирөөгө жүрөгү таш болуп, кекке толуп, башын көтөрүп, кайра жээкке чыкты да, суу жээктеп, суу ылдый жүгүрүп жөнөдү. Алдынан бир чоң караан көрүндү. Исхак энтигип, токтоло калып:

— Сен кимсиң? Тоспо жолумду, тоспо! — деп кыйкырып жиберди. Караан бери жүгүрдү:

— Исхак! О, кайраным...

Исхактын жүрогү солк этти. Бекназар! Ошол замат негедир каңырыгы түтөгөндөй болуп, бууну бошоп, Исхак жүгүрө албай, сенделе басты. Лукүлдөп чуркап жетип, Бекназар кучактай берди.

— Турбайлы! Тез! — деди Бекназар. Жигиттер заматта караңгыда булаңдап турган акбоз аргымакты Исхактын алдына тарта беришти. Бекназар Исхакты акбоз аргымактын үстүнө ыргытып салды. Исхак тизгинди алып, аттын жытын сезип, ат үстүнүн куш канатындай жеңилдигин сезип, көңүлү эргип кетти.

Бир удургуй түшүп, алды чоюлуп, акбоз аргымак ак коёндой булактап, аны башын тартканга болбой куланчаар аргымак жандай салып, Бекназар баатыр Исхакка каралап, колтугунан сүйөй, артта жигиттер түрмөгүн бузбай, ат туягы кара буурул түндү жарып, шамал менен, куюн менен жарышып, алар учу-кыйрына куш жетпеген кең Фаргана түзүнө сиңип жөнөштү.

Кең өргөөнүн төрүндө улгайган эки зайып кечки шам намазын окуп бүтүшүп, бетке бата тартылган убак ченде тышта ит үрүп, ат дүбүртү угулуп, «о, кет...» деп тыштагы эр бүлөдөн бирөө келген кишилерди утурулап баскандай болду. Бата кылышты, бири үн чыккан жакка саал жүз бура көңүлү бөлүнө калгансыганда жанындагы үй тирилигин кылган аял бүлө «туруп карачы...» дегенди айттырбай билип, леп туруп, тышка кетти.

Кечки кара күүгүм, бир топ атчан, тыш үй бүлө кишилер алардын аттарын алышып турушкан.

«Үйдөбү?..» деген басмырт үн угулду өргөө ичине. «И-и, Абдылла экен...» деди ордунан али былк этпеген байбиче, уулунун эсен келгенине көңүлү жайлана түшө. Жер таяна ордунан тура баштаганда, өргөөнүн саймалуу кош каалга эшиги акырын ачылып, таш чырактын күңгүрт жарыгында Абдылла бек көрүнүп калды, артынан бирөө, анын артынан Бекназар кирди.

— Арыбаң, апа... —деп салам айтты Абдылла бек. —Күүлүү отурасызбы?..

Үчөвү бирдей эңилип таазим кылышты.

— Бар болгула...—деп алик алды Курманжан. — Келдиңерби?..

Улам бир түкшүмөл ойлорго кабылып, улам бир опурталдуу окуя көз алдына тартылып, санаасы түркүн бөлүнүп, зарыгып күтүп отурганы байкалды.

— Келдик,—деди Абдылла бек, көңүлү жай,— кудай жолубузду ачкан экен.

Узун бойлуу, жалаң этине боз таар камзол кийгизилген, бетинин түгү чайлаган чырмооктой тармалданып, өсүп кеткен. Бир серп салып, «ушул экен го?..» дегениби, акырын башын ийкеп алды датка өзүнчө.

Анын назары түшө калганын сезип, сыңар тизелей таазим кылды Исхак:

— Мына, келдик алдыңызга, датка эне...

— Өйдө бол, азамат, —деди датка, — өзүбүз өйдө болбосок, эч ким өйдө кылбайт бизди.

Эки ийни таар кийимден оркоюп, энтигип, алсырап турган немени дагы бир тиктеп, токтолуп, «зындандын сызы өткөн экен балага...» деген ойдо, дагы өзүнчө акырын башын ийкеп:

— Бир аз күн тыныккыла, бой-аякты, ой-акылды жыйгыла...—деди Абдыллага.

Экинчи күнү тамырчы алдырышты.

Тамырчы бүжүрөгөн абышка экен, эки көзүн сүзүп, тыңшагандай былк этпей отуруп, Исхактын тамырын кармады да, бир убакта эти өсүп кызарган көзүн тирмейтип ачып, өзүнчө баш чайкап, баш ийкеп, өзү менен өзү кеңешкендей купуя күбүрөнүп алды.

Ал жанынан чыкпай, оокатын ылгап, улам тамырын көрүп, семиз соолук сойдуруп, терисин майлуу сыйрытып, ысыгында Исхакты териге ороп жаткырып, улам ысык чай ууртатып, улам төшөнчүсүн кургактап, жаап, көл-шал кылып тердетти да, жаш ширин таруу бозодон жылымдап жуткузду. Жаны тынчып, уктап, үч күндөн соң Исхак тула боюндагы ак шишиги кетип, арык болуп, өз салмагын өзү сезбей жеңил болуп, баш көтөрдү.

Тамырчы тамырын кармап, өзүнчө башын ийкеп, «...а шүгүр..» дегенсип, эринин кыбыратып койду. Бек менен жооптошуп, үйүнө кетти, кеч курун кайра келди да, жан баштыгына томпоюп келген бирдемени кымырылып эч бирөөгө көрсөтпөй, Исхакка да байка пай жез чайдооско салып, өзү суу куюп, өзү от жагып, жанынан кетпей отуруп, абдан арашан кылып кайнатып алып, пыялага боор көпмө кылып, Исхакка ичирди.

Бир башка жыт, топурак эле даамданган шорпо. Тамырчыны тиктеп калды Исхак.

— Кубат берет... — деп койду акырын тамырчы. Эмне экенин өзү айтпаган соң, Исхак такыган жок, берген маалында кайтарбай ууртап коё берди.

Бир аптанын саналуу күнүндө эки көзү жылтырап, нур кирип, ирееңине чырымтал кызыл жүгүрүп, тарамышына кубат толуп, көзкөрүнөө оңолду Исхак. Балапан бүркүттүн жетилгенин, күндө бир маал кош канатын дуулдатып күчүн чамалап, күчкө толгонун билген соң эргип көк тиктеп шаңшып калган убагын ким көргөн? Куду ошо болуп, күндүз тынчый албай, түндө түйшөлүп, көзүнө жайкалган туу, жайнаган кошун көрүнүп калды.

— А шүгүр... — деди абышка тамырын көрүп, өзүнчө маашыр, мулуңдап. —Ойго жатсаң ойго жат, тоого жатсаң тоого жат — калуусуз болуп айыктың, балам... —тишсиз кызыл ээги көрүнө үнсүз кыш-кыш этип, күлүп алды. — Шаа марандын шорпосу шыпаа болду, балам...

— Кудай жалгасын...—деди Исхак астейдил,— менден кайтаар, менден кайтпаса кудайдан кайтаар, ава...

Тамырчы дагы үнсүз кышылдап күлүп алды:

— Ап-бали! Жакшылык адамдан кайтпайт, адам үчүн ичи кең кудай, кудай гана кайтарат...

Кайырлашты да, ошол кубанычы көкүрөгүнө толгон бойдон акырын бүжүрөп мейман үйдөн чыгып кетти абышка.

Исхактын майышмак түгүл, запкыдан жүрөгү сестенип калмак түгүл, өрөөпкүп калганын баамдап, «өпкөгө өткөн сыз, буундарына толгон сары зил кеткен экен...» деп, кубанып болжоду Курманжан.

Тез, Абдылла бек, Бекназар үчөвүнүн башы кошулуп, өлкөнүн ошол кездеги ал-абалы, ордонун, тыштан басып кирген чоочун акимдердин ойлору, аракеттери жөнүндө ачык пикирлешишти. Кеп башталары замат, маани үчүгү байкалары замат

аягын, ток этерин туюнган зиректиги, ар нерсеге өз болжолу, өз аракети барлыгы көптү көргөн керээт датканы ыраазы кылды.

— Жакшы,—деди ал, — ушул азыр өлкөнүн, өз алынча мамлекетин сактап калыштан кымбат иш жок, жакшы, азамат, көздөгөн айкын максатың бар экен.

Исхак:

— Көмөк кылың, датка эне.

— Мына, —деди датка, тигилерге карай жаңсап, — бири жол башың, бири кол башың, көмөк жактан камтама болбо, кошун, оокат берилет.

Исхак:

— Ыракмат, датка эне, эки дүйнө ыраазы болобуз, көтөрүлүп турган үч тайпа элиңиздин алдында, көрүп турган кудай алдында сизге  милдетдарбыз, датка эне.

Эми датка айым ойлуу тартып, жер тиктеп калды. Те баягыда ордону колго алмакчы болгон өз байы Алымбек келди көз алдына, аны аттан жерге түшүрбөй кайрат айтып, дем берип, уяткарып, ордо күрөшүнө кайрап, кайра кайтарып жибергени, ошондогу туталанган өз үнү кайрадан кулагына угулду. «Мейли, кайран бек канын төккөн улук үмүт, ким тарабынан болсо да, иши кылып, жүзөгө ашсын, мейли...» деди ою.

— Болду,—деди ал, жашыл көзү түркүн кубулуп, — бир кечиктирсеңер мезгил колдон чыгып кетет, салгыла бул азаматты ак кийизге, кошун өзү көтөрсүн, өзү «кан» деп көтөргөн азаматынын артынан баш бурбай өзү ээрчигидей болсун. Эми, айтып коёюн, ак кийизге жумуру баштын каны чачылбасын, алла таала курмандыкка өзү буйруган ыйык мал өтөт ырым үчүн, эсиңерден чыкпасын.

Кимиси куп дебей коё алат бу жүйөгө?!

Ааламдын өчпөс чырагы жаркып чыгып келе жаткан убак эле. Исхак — каңтарма сары булгары өтүк, кең багалеги саймалуу, жырык, өңдөлгөн чалбар, кыл торко камзол, белинде күмүш кур, үстүнөн ыйык жашыл түс жабынчы, башында саймалуу ак тебетей. Акбоз жорго тартылды алдына.

Тизгинин кармап, колтугунан сүйөгөн болуп, кадырлуу датка энеси өзү аткарган жосун жасады:

— Кана...—деп алакан жайды. —О-омийин, бир алла жолуңарды ачсын...

Бир убакта ушинтип бата берип турган Шер- датканын сөлөкөтү көз алдына келип, анын каңырыгы түтөгөн үнү ошол тапта кулагына те алыстан угулгансып, бу батанын милдети, кара тер менен, кан менен жооп бериле турган оорчулугу аны сайын сезилдиби, эт-жүрөгү калтылдап турду Исхактын...

# АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

## I

Он эки миң кишиси набыт болуп, Абдырахман абтабачы каршылыкты токтотту да, беш жүздөй гана аскери менен, Иса-оулияны ээрчитип сепилден чыгып кетти. Ошол мезгилде фон Кауфман өзү көп аскер баштап, өзү Кокон шаарын беттеп келаткан эле. Насирдин-хан тез Абдырахман жаатын ордодон кууп, дарбазаларды бекем жаптырып, Абдырахмандын өзүн шаарга киргизбей койду да, эч токтоосуз, өзүнүн кадырман деп эсептеген ордо кишилерин ээрчитип, Насирдин-хан дарбазадан жөө чыгып, урмат көрсөтүп тосуп алды.

Насирдин-хан менен жүз көрүшкөн соң фон Кауфман согуш министрине:

> «Өкүмдар императорго кыңк этпей баш ийгенин жана берилгенин көрсөтүп ханзаада менин алдыман өзү чыгып тосуп алды. Чын дилинен айткан баяндамасынан жана да башка анын актануусун тактаган кабарлардан улам кокондуктардын биздин кол алдыбыздагы жерге басып киришине анын керт башынын эч байланышы жоктугуна ишенүүгө болот. Ханзаада ишенип алака кылууга жарай турган адам экенине менин көзүм жетти»

деп кабар жөнөттү да сүйлөшүүнү баштады.

Тез эле генерал-губернатор фон Кауфман менен Насирдин-хан шартнамага кол коюшту. Ал шартнама боюнча өлкөнүн түндүк тарабы –
Нарын суусунун оң жээги стратегиялык мааниси бар Наманган шаары кошо Россия империясынын карамагына өттү. Ал аймактын калкына алтын баасы менен 600 миң сом көлөмүндө контрибуция салынды. Өзүнүн хан атынын гана аман сакталып калышы үчүн Насирдин-хан баарына жан деп макул болду.

Мына, өз эли менен тыгыз байланышта турган жергилик төбөлдөргө караганда да, бу улам бири кетип бири келип турган «хан» дегендер алда канча сөзгө, ийкемге бат келимдүү, бар болгону, алардын куш жеминдей биртке кадыр бийлигин колдоп койсо ошол жетиштүү – эмне десең ошондой. Буга «тили чүчүк, дили каттык» деп баалана баштаган жарымпаша өтө кылдат.

Ал эми бир нече жылдардан бери басылбай келе жаткан козголоң базар ичинен кокустан тутанып кеткен тополоң эмес, ордо бийлигине каршы уюмдашкан эрегиши гана эмес, тегинен көптөн бери өкүм сүргөн жана акыркы жылдарында түркүн тайпа журтуна опасыз болуп бара жаткан бийлөөчү тукумду биротоло кулатыш, мамлекетин кайра куруп бекемдеш, өлкөнүн өз алдынчалыгын сакташ зарылдыгы үчүн чыккан көтөрүлүш экени көрүнүп турат.

Бул мүдөө Россия империясынын ушунчалык көп каражат жумшалып, атайы «Экспедиция» деп аталган аскер аттандырылып, кан төгүлүп, бир жагы Арал фортунан, бир жагы Капал крепостунан бери жүзөгө ашырылып келе жаткан оторчулук кызыкчылыгына түздөн-түз карама-каршы болорун те акпашанын сарайынан таалим көрүп келген генерал-адъютант кантип көз жаздымга калтырсын?!

Ошон үчүн жарымпаша кандай ык, кандай күч менен болсо да, бул көтөрүлүшкө катуу каршылык уюштуруп, «согуш жариялоо» укугун пайдаланышка өттү.

Генерал-губернатор Маргалан бегинин сарайында жанына тилмеч алып, атайын бирөөнү күткөнсүп отурган. Адъютант, батырбашы Атакул ортого алышып, бир жүдөө дувананы алып кириштн. Генерал-губернатор көзү жайнап, кашын бир аз көтөрүп, кызыгып тиктеп алды. А дувана эки ийнин кысып, жүз багып тиктебей таш кирпидей бүрүшүп турат.

— Ушубу?

— Ушу, бийик даражалуу жарыктык.

Генерал-губернатор ууртунан жылмайып:

— Келиңиз, ханзаада! — деди дуванага.

А дувана ого бетер беденин жыйрып, дирт эте кабагы чүрүшө калды, өйдө карабады. «О, алла... каапырдын жүзүн көрсөтпө, о алла, тарт чымындай жанымды келмекөй пендем десең... о, алла...» деп, ичинен келме келтирип, эси оогонсуп турат. Генерал- губернатор тилмечин карады. Тилмеч ийнин куушурду:

— Бийик даражалуу жарыктык, бу кудайына сыйынып, өлөр алдындагы дувасын күбүрөгөндөй болду сыягы.

Генерал-губернатор:

— Гм... — деп, ыраазы болбой күрсүнүп койду. Тилмеч:

— Бу дүйнөнүн кызыгынан кечип кеткен неме окшойт, эс-акылы жайында эместей... —деди акырын. Чекесинен тери чыпылдап турат дувананын.

Генерал-губернатор дагы эле үмүтүн үзбөй:

— Ну, атыңыз ким? — деп суроо кылды.

Тилмеч которду, а дувана укпагандай. Тыяктан кыжырлана келип, батырбашы Атакул дувананы силккилеп, «...өй, сурап турбайбы, айтпайсызбы акыры өзүңүздүн атыңызды, атаңыздын атын...» деп туталанып шыбырап-күбүрөп калды.

— Менби?..—деди дувана мукактанып, эки колу титиреп, үнү каргыл. — Мен энди альхамдулилла, мусулманмын, бир алланын пендесимин, Мухаммад расулилланын үмөтүмүн... аллага шүкүр, атым Пулат- бекдур...

Атакул:

— Атаңыздын аты калып калды, бек... — деди кулагына.

Дувана:

— А энди... атабыздын аты, бир алла арбайын жаннати кылгай, Ибраим-бек...

Дувананын үзүл-кесил айткан сөздөрүн тилмеч аркалуу түшүнгөн соң генерал-губернатор күлбөй коё албады:

— Кокус, ханзаада, сизден бирөө ушундайча сурап калса, ушундайча ачык жооп бере аласызбы?

Тилмеч которду, дувана өйдө карабаган бойдон салбырап башын ийкей:

— А энди... сурап калса... сурап калса...—деп, ичинен «энди коё берер бекен бу каапырлар...» деп, эт-жүрөгү титиреп турду.

Тилмечтен угуп, генерал-губернатор башын ийкей жымыйып, ушуга болсо да ыраазы болгонсуп калды. Муну эл алдына алып чыгыш милдетин батырбашы Атакулга жүктөп, аны ошол эле жерде Маргалан беги кылып дайындап чыгарды.

Маргаландын «орус көтөргөн» жаңы беги дувананы эл көргүдөй кылып алыш үчүн тазалантып, үстү-башын жаңыртып алмакчы болду. Бирок, сопу болуп кеткен неме

жуунбай да, сакал-мурутун черттирбей да, ханзаадалар гана кийчү бир сыйра сарпайды ийнине салбай да койду. Шөлбүрөгөн жука боз челкен, башында эски бөз боз чалма, аягында жыртык кайыш кепичтүү маасы, колунда түз да эмес ийри аса таяк. Ушу бойдон эл алдына алып чыгышка мажбур болду Атакул.

Элди ийрип чогулттуруп, базарма-базар кыдыртып:

— Мына! — деп кыйкырып, моюн толгоп басканга айкырык салып токтотуп, «ханзаадасын» көрсөттү «орус көтөргөн» бек. — Мына, анык ханзаада Пулат-бек! Өз оозунан уккула! Тиги «Пулат-бекмин» деп жүргөн безери Пулат-бек эмес, ал бир жүргөн селсаяк! Анын аты Исхак!

Жанында жүргөн ханзаада Султанмурат бек: — Эшиттиңерби?! — деп, камчысын бүктөй кармай силкилдетет. Кошо жүргөн жарымпашанын увакили кумсарып, элди да, элбегилерди да, баарын көздөн өткөрүп байкап жүрөт.

Сураган киши болуп калса дувана баягы жообун айтып кыңылдап, анан кадимкидей каңырыгы түтөй көзүнө жаш алып жиберет:

— О-о... үргүлөйүн дин-мусулман балдары, бошотуп алгыла мени... каапырлар мени зорлоп алып жүрөт... О-о, дин-мусулман балдары...

Эл ичи бушайман. «Ыя, ханзаадабы ушу байкуш?..» «Ай, ким билет?!». «Көз боёп эле жүрүшөт ко булар...» «...айттырып атышат ко...».

Бу бечара дувананын чын эле ханзаада экенине ишене албай койду эл. Көбүнүн атайы эле ишенгиси келген жок.

Бул акыбалды кошо жүргөн увакили генерал-губернаторго оозмо-ооз саласал кылды. Генерал-губернатор жымыйып отуруп укту. Көтөрүлүштүн башчысынын жалганын чыгарып, ээрчиген жана ага жан тартып турган жамы тайпаларга кадырын түшүрүп салыш үчүн бу дувананы атайы Самаркандан алдырган аракети акталбай калганын билди.

«Тили ширин, дили каттык» деген атка конгон жарымпаша эми «дили каттыктыгына» өтүп, өтө катаал эскертүү буйрук чыгарды:

Жамы кыштактардын жана айылдардын жергиликтүү билермандарына тегиз жария кылынсын, эгер кол алдыларындагы эли тополоңчуларга кошулса, же жан тартып жашырса, же кандайдыр бир жардам көрсөтө турган болсо – ошол кыштак, ошол айыл таланат, билермандары катуу жазага тартылат!».

Бул буйрук түрки тилине которулуп, көчөмө-көчө, мааледен маалеге таркатылды.

Тоо дайрасы тынч кезинде бук этпеген кул, кол арыкка кайрып алып кайда жетелесең эркиңде. Тоо дайрасы кирген кезинде качыраган пил, алдына турба, же агымына карай чабак ур, ар кандай тосмону агызып, ар кандай тукту жырып, буркан-шаркан түшүп өзүнүн жүз жылдап аккан нугун бузат да, жаңы багытка, жаңы нукка түшүп кете берет.

Эл тоо дайрасынын кирген кезиндей кайра ташкындап, чириген ордого, бапасыз ханга каршы кайра күчөдү. Жарым пашанын айбаты токтото албады.

Фон Кауфман согуш министрине:

«Насреддин-хан күрөшкө аскер да, акча да жыйнай албай койду. Анын Анжиянга, Шарихангa, Балыкчыга койгон бектери же аскерден жок, же куралдан жок шаарлардан

куулуп ташталды, эл да, курал да көтөрүлүшчүлөрдүн колуна өттү. Көтөрүлүштүн башына дагы баягы молла Исхак Хасан оглы келди...»

деп шашылыш билдирди.

Исхактын аты дагы биримдиктин, боштондуктун ыйык туусу болуп көтөрүлдү. Элдин бардык катмары, чоң шаарлар Насирдин-хандын өкүмүнө ыкрар кылуудан баш тартты. Насирдин-хан бир ууч ордо кишилери менен Кокондо отуруп калды.

«Ишти өз колубузга албасак болбойт, өлкөдө тартипти жана тынччылыкты сакташ үчүн (ушул чакта кыпчактар менен кара кыргыздар турук кылган жерлерди тезинен сыдырып, алардын жалпы тынччылыкты бузууга болгон ар кандай аракетин баса турган жана жазалай турган) өзүбүздүн куралдуу күчүбүздү Кокондун карамагындагы журттун оздукталбаган тентек, кашкөй элементине каршы коюшубуз зарыл»

деп фон Кауфман түздөн түз кийлигишүү үчүн уруксат сурап, согуш министрине кайрадан отчет жазды.

Эл Ботокара кыштагындагы Исхакты байыркы салт боюнча ак кийизге салып хан көтөрүп жиберишти.

II

Исхак булуттай акбоз аргымактын тизгинин саал жыя кармап, Анжиян капкасын ойлуу тиктеп, бирпас токтоло калды. Тумшугу чучтуйган найын көк булгаары өтүк, тик жака кызыл манат камзол кийип, белине чымкый көк ботокур орогон, төш жарыча кыңырык, бир атма орус пистоль, башында кызыл манаттан кыюулаган төбөсү бийик, чоктуу жапжаңы ак калпак. Бир жагында Бекназар, бир жагында Абдылла бек. Артында кылка-кылка көп аскер. Ал көз кыйыгын салып, ага жат да эмес, жылуу да эмес, суз сепилди астыртан сыдырып тиктеди.

Сепилдин кырынан урматына замбирек менен күрс дедире асманды карай кур дүрмөт атылды.

Исхак үзөңгү кыбыратары менен, булуттай ак боз аргымак оштонуп буластай жүрүш алды. Ал дарбазага жакын келгенде аттан түштү. Түшөт деп эч ким ойлобогон, коштоп келе жатышкан саркерлер, бектер бири бирин тиктеп калышты. Исхак аргымакты жетелеп басты. Аны көрмөкчү саркерлер, бектер аттарынан күбүлүп түшүп, артынан шашылып жөнөштү. Ал карабаган соң, каалабаган го, сырттан тосуп караламандан мурда жүз көрүшмөккө келгендер да кут этишпей, колдору боорунда, ийилип таазим кылган бойдон турган жеринде катты.

Исхак эч жакты, эч кимди карабай, эрдин кыбыратып «Бисм илла рахман рахим...» деп купуя күбүрөп, дарбазадан жөө кирди да, как жерге чөк түшүп, байыркы Анжиян шаарынын топурагын өөп тооп кылды. Өйдө туруп, те этегине көз жетпей турган көп элге:

— Ассалому алейкум, эзелки шаарым, эзил журтум... —деди, өтө басмырт, үнү калтырап салам айтты. Эл дүңгүрөп кетти:

— Кош келиңиз, аллаяр эл эгеси!..—дешип, ири алдыдагылар, баары бир тегиз эки колу боорунда, алик алып, таазим кылып турушту. Исхак сакалы белине түшкөн мүңкүрөгөн карыны өйдө кылып, төшүн төшкө
тийгизип, кучакташып көрүштү. Кары адам жетине албай, мууну бошоп, көзүн жеңи менен сүртүп:

— О, жараткан, берген дагы өзүңсүң, алган дагы өзүңсүң, бечара калкка берген көлөкөңдүн жолун ач, бир өзүңдүн даргөйүңдө сактай көр... —деп күбүрөп, кимдир бирөө бышактап жиберди.

Ошол замат капканын кырында турган эки кернайчы айлананы шаңга толкутуп, бапылдата керней тартып киришти.

Эң алдыга жарчы кетти:

— Болот-хан! Болот-хан...

Көчөмө-көчө эл лыглык. Шаңга шаң, салтанатка дем болуп дагы үч мерте замбирек күрсүлдөп, эл толкуну кошул-ташыл, жер термелгендей болуп турду.

—Болот-хан! Болот-хан...

Чоң дарбазадан тартып бектин сарайына дейре чоло калтырбай бойро төшөлүп салынган болучу. Кырмызы туу алдында калкылдайт. Булуттай акбоз аргымак бойронун үстүндө буластап желе басып, Исхак саал эңилибирек олтурган калыбында тизгинди жыя тутуп, былк этпей, эки жакты көз кыйыгы менен гана аңтарып, жүзү нурданып келатты. Бекназар баатыр, Абдылла бек куйрук улаш. Көп аскер...

— Жаңгер! Жаңгер!

Эл деңиздей толкуп, көчөмө-көчө жол бууп, дуу- дуу кыйкырып, дүрдүгүп коштоп баратты. Каада билген карылар жылуу жүз багып:

— Аман бол, ата углу, аман бол!.. Мархамат, ата углу...—дешип эки этеги жырык, шөлбүрөгөн кара чапандарынын узун жеңдерин бооруна алып ызат көрсөтүп калып жатышты.

Эмне берет бул элге? Колунда эмне бар, эмне жакшылыгы бар? Бул төбөсүнө көтөргөн бул журттун үмүтүн, ишеничин канткенде актамакчы? Исхак жамыраган көпчүлүктү көз кыйыгы менен сыдырып тиктеди. «Миң тукумунун кордугунан куткарам... Дагы эмне кылып бере алам?.. —деп ойлоду. Ушул үчүн аттанган, ушул үчүн кара башын сайып жүрөт. Ушул элеби? Негедир ичи түтпөгөнсүйт, ой ага толгоо салат. Төлөөрү, үзүрү көңүлүнүн тереңинде аз, кем баа сезилди.

Дүүлүккөн элдин көзүнө акбоз аргымак чубалган булут, Исхактын сөөлөтү чатырап күйгөн жалын болуп көрүнүп кетип барат. Толкуган дуу-дууга, салтанатка шаң, сүр кошуп, тынымсыз «ба-ба!», «бу-бу!» деп, кош кернейлер ово термейт.

Шаар бегинин сарайына келип түштү Исхак.

* * *

Махрам сепилин коргоодо аскеринин көбү кырылып, а Коконго келсе «өзүм көтөрүп алдым» деген жээни Насирдин-хан киргизбей коюп, же күрөшкөн элдин ичинде жок, же ордонун ишинде жок, кеңгиреп талаада калып турган убагында жерден тилегени көктөн түшкөнсүп, дагы баягы «атасынын эмчектеш тууганы» өзү келди. «Э, адашкандын айыбы жок, кайра үйүрүн тапкан соң...» деди ал, деги эле эчтеме болбогондой кабагы жадырап. Мүңкүрөп отуруп башын ийкеди Абдырахман.

Не кылган менен, арада эстен чыккыс иш жатат. Бу го аргасы жок, а хан даражасы болуп калган адам эмне дейт? Элчилик үчүн, өзү туу болуп турган биримдиктин кадыры, кереги үчүн өткөн айыпты кечирип, көргөн кордугун унутуп, койнун ачып кабыл алабы? Эки жагында тең, канча болсо да, эл турат, куралчан күч турат.

Ошо «адашкандын айыбы жок, кайра үйүрүн тапкан соң» деген накылды бетине кармап, ак байрак көтөрүп, өз жанын оозуна тиштеп, өкүл келди Исхактын алдына. Наркы, берки айтылган кеп жүйөсүнөн аттап өтө албады Исхак да, баш ийкебей коё албады. «Келсин, бексинген дымагын көрөйүн...» деди бир ою, бир жумшарып акылы жеңип, бир туруп өткөн кеги кайра угуттай тымызын өнүп. Орто, Ботокара кыштагында жүз көрүшмөй макулдашылды.

Коончу абышканын баягы эски короосу.

Исхактын өтө жакын адамдары чогулган. Оң кол тарабында Абдылла бек, сол тарабында Бекназар баатыр, саал артта катчы наиби белгилүү курама Абдымомун бек, көчүп калган жерлерине караган-шак тартылган, камыш каланган эски коргондун ортосунда жаткан баягы өрүк ноголонун үстүндө сол бутун саал суна, оң бөйрөгүн таянып, эшик жакты карап, Исхак кумсарып отурду.

Эч кимиси Исхактын ичин билген жок. Ал көп эле кеңешчинин кеңешин укту, бирок бир жолу да баш ийкеп же баш чайкап, көңүлүнө уюганын же уюбаганын сездирбеди.

Эски коргондун кажыган эшиги акырын кыр-рк деп ачылды. Жежөдөй кичинерип, жөжөдөй ак күп болуп карыган Нармамбет датка, артынан дагы эле сөөлөтүнөн

жанбаган, бүркүт кабак Абдырахман көрүндү. Эч ким былк эткен жок. Тырмагын жашырган кара мышыктай тымпыйып Иса-оулия кирди.

Эң артта Абил бий, ireңинен не кубанч, не кооп көрүнбөйт. Саал ийиле Исхак жакка эл катары таазим кылган түр көрсөткөн соң өзүнүн Бекназар үкесине асте жүз багып, асте баш ийкеп, бир уруктун балдары эмеспи, анын да кабагы жазыла калганына көңүлү жылып, анан боюн качырып ошол арттагы бойдон токтолуп, туруп калды. Биринин терс кебин бирине айтпай, кайра экөбүн тең оңдоп сүйлөп, көңүлдөрүн ийгерип, данакерлеп, бу «эмчектеш» деген тууганын ара жолдо калганында дагы бир оң нукка тартып, тиги те илгерки кыпчагын кырдырып алган көйкөйлүү күнүнөн бери өлөйүн деп өлө албай үйүндө чөгүп жатып калган кары датканы ителеп ордунан тургузуп, билги кишиге бул экөвүн өткөн тарыхтан бүгүнкүгө сабак болор бир кейиштүү риваят кылып, алып келген ушул кымырылган аяр экени сезилген жок.

Кары датка, аса таякчан, жакын келип, калтылдап салам айтты:

— Ас-салому алейку-ум...

Дагы эле бек сөөлөтүн коё бербей, саал башын ийген болуп, оң колун көкүрөгүнө алган болуп, кары датканын айткан саламын гана күбүрөп кайталады Мусулманкулдун баласы.

«Чабылар баш болсо, бүгүлсөң да чабылат, бүгүлбөсөң да чабылат!» деп турду кашкөй көңүлү.

Исхак калтылдап араң турган кары датканын сакалын сыйлады, ордунан тура келип:

— Ва-алейкума ассалам... —деп токтоо алик алып, кош колдоп көрүштү. Бул ракымга жетине албай, көптү көргөн кары датка жыртайган кызыл көзүнө сызылып жаш кылгырып:

— Углум!.. Кем болбо, углум...—деп, калч-калч этип араң сүйлөдү.

Өрүктүн ноголосуна колтуктап барып:

— Отуруңуз, датка ата...—деди Исхак.

Эки жак тең кут этпей, анын бул сылыктыгына тен коюп, баары ичтен ыраазы болуп, таң калып карап калышты. «Эл көрүп, каада көрүп калган экен!..» —деди Абдылла бек ичи жылып.

Учурашуу кезеги Абдырахманга келгенде, Исхак ireңи бузулуп, мелтейип суук тиктеди.

А байкалбаган аяр бий адеп сактагансып бир ордунда, жымыйып тиктеп турду, ошол тапта нечен түркүн ой өкчөп. «...о баягы өзүң менен өзүң жоо убак бир башка эле — бириң өлүп, бириң калгансың, бириң кырып, бириң кырылгансың... Бүгүнкү түрү бөлөк, тили бөлөк, дини бөлөк, тыштан келген жоо убагы бир башка — ушул азыр эстүү эл бир дөбөгө чогулат, эстүү журтбашы бирөөнү өзүм дебей, бирөөнү жатым дебей, кошуп алат... А эс болбосо, аттиң ай, кеткетиңдин келгени ошо — башыңдагы багың, алдыңдагы тагың түгүл... —кан ордосун, кайран өлкөсүн алдырат...» деп, шырп эткен сөздү, жылт эткен көздү жаздым кетирбей, былк этпей катып турду.

— Келдиңизби? — деди үнүн басмырт чыгарып, таба, мыскыл кошуп.

Абдырахман:

— Тагдырдын жазганы экен...—деди селт этпей. — Неге кекеткидей?!

Дөөлөт консо бир чымындын башыга
зымырык куш салам берур кашыга!

Келип турганыбыз ушу...

Исхак Абдырахманды кызыгып тиктеп, башын акырын ийкегилеп, бир ууртун тартып мыйыгынан жымыйды:

Жапалак үкү мактанса
жардан чычкан алдым дер,
жаман тууган мактанса
жакшысын буттан чалдым дер.

Абдырахман абтабачы, эч качан мындай сөздү укпаган, ормоюп карады. Исхактын чаар иреңи сур тартып, көзү заардуу жылтылдады:

— Мен ким элем? Иштин талуу жери мен белем? Ырас айттыңыз, ким элем, элдин өзү дөөлөт кондурган чымыны, элдин сунган найзасынын учу гана эмес белем?! — деди катуулап. —Менден бак талашып, тууган болуп койнума кирип, жылан болуп мойнума оролдуңуз, жол болуп алдыма созулуп, тузак болуп бутумдан чалдыңыз. Ойлоп багыңыз, сиз мени гана аксатпай эзил журтту аксатып таштадыңыз! Өрттөй шатыраган кол кайда?! Капкалуу шаарлар кайда?!

Абдырахман нестейди. Эмне дейт?

Нарманбет датка ортого түштү:

— Э-э... углум... —деп маани айтты. —Мусулманкул көктүн уулу ошол катасын оңдош үчүн келип олтурбайбы, сен өзүң үчүн эмес тагдырын мойнуңа жүктөгөн бечара элиңдин биримдиги үчүн ошол катаны кечиргени жүз көрүшүп отурган жоксуңбу, айланайын?

Исхак да, Абдырахман да соолугуп, сөз жүйөсүнө тен коюп туруп калышты. Көптү көргөн кары датка маани улады:

— О, жаранлар!.. Ушул мүңкүрөгөн бойдон туулган эмеспиз энеден биз дагы, чачыбыз күнгө агарган эмес биздин дагы. Биз дагы жол баштап көргөнбүз, кол баштап көргөнбүз.

Кырды кырдай басканбыз,
душманым түшүп калсын деп,
кырга оро казганбыз.
Өзүбүз казган орого
өзүбүз түшүп, өлүп кала жазганбыз.

Уккансыңар, кабарыңар бар, кармашканбыз биз дагы, биздин кармашыбыздан, о, бүткүл кыпчак уругу тукум курут боло жаздаган, жаранлар!.. —Ал энтигип, кыркыр жөтөлүп, өрүк ноголого кайра көчүк басты:

О, ат башына күн түшсө
ооздук менен суу ичет,
эр башына күн түшсө
өтүгү менен суу кечет,
эл башына күн түшсө

кыштын күнү үй чечет...

Мына, эл башына иш түшүп турганда, бак талашуу, кектешүү журт камынан зарылбы акыры?!. Ичтеги кирди жууп, төштү төшкө тийгизип табышкыла...

Сөз жетти. Исхак астейдил жумшарып, Абдырахмандын кабагы жайылып, экөбү төштү төшкө тийгизип кучакташышты.

«А шүгүр...—деп алды тыякта Абил бий, — билгилик кылды... билгилик кылды... мындан наркысын дагы көрө жатарбыз...»

— Бек, — деди Исхак, — өткөн кылыгыңыз кечиримдүү, себеби ушул ки, сизге таарынууга гана акыбыз болгон. Мындан наркы шарт башка, укук башка...

Абдырахман кеп маңызын сезе:

— О, албетте, аллаяр...—деди, эми майышып, хандын өтүмдүүлүгүн мойнуна алып, төмөн бүгүлүп: — Бир алла сүйүп бак берген, эли сүйүп так берген адамга ар пенде жаны менен кызмат кыларын, каны менен жооп берерин билебиз... —деп, өңүрүнөн өөп тооп кылды.

Иш жакшылык менен бүткөн соң, баары кубанып, коончу абышка чарпаясына чакырып, ширин көкчө сойду.

Ошол түнү Исхактын түшүнө ажыдаар кирди.

* * *

Исхак ойгонуп, ордунан өйдө болуп, жүрөгүнүн дүк-дүк эткенин козголбой караңгы бөлмөдө үңкүйүп көпкө отурду. «Мына, —деди ою, — каралай көз калың журт ак кийизге салып, жерден төбөсүнө көтөрүп, эки тизгин бир чылбырын колуңа карматты — эми сен өкүмдарсың! Кана, эми эмне иш кыла аласың?..»

Эрте мененки намаздан соң ал өтө жакын нөкөрлөрүн, аскер пансаттарын чогултуп, кыдырата тиктеп отуруп:

— Эми, жакшылар, жөнөй берсек болобу ордобузга? — деп, суроо койду акырын.

— Албетте.

— Урушта туруш жок.

Исхак:

— Орус аскерине өзүбүз барып тийишпейбиз. Ушу бүгүн биздин ак дилибизди түшүнсүн үчүн, бизге бөөдө каршыкпасын үчүн жарымпашага элчи жиберебиз. Албетте, азырынча биз менен алакага келе койбос, анткени ордодо ким отурса ошону менен сүйлөшөт, ошондуктан биз сөзсүз ордону алып, Миң тукумун өлкөнүн ээси катары жарым паша менен шартнама кылып отурган укугунан ажыратышыбыз зарыл. Мына, эртеңден баштап кылар ишибиз ушул.

Пашанын сураганы — буйругу.

— Сиздин өкүмдарлык ыйык эркиңиз! — деп, кашкайып ыкрарлык билдиришти баары.

Исхак томсоргон калыбынан өзгөргөн жок:

— Илгери эки жолоочу жол жүрүп келатып, бири «Ой, наркы кырга кантип чыгабыз?» деп, жүрөкзаада болуп, жолдошунан сураптыр. Анда жолдошу «Алдыбыздагы кырды ашып алалычы, наркысына жеткенде көрө жатарбыз!» деген экен. Менин берер жообум да ошол. Оболу ордону алып, ишибиз оруска келип

такалганда алар менен кандай алака кыларыбыз көрүнө жатар...—деп, кеңеш акырын келечекке таштады.

Исхак өз туусуна бириккен кошундун эсебин тактады. Эки жыл бою көп сыноодон өткөн, куралы, биримдиги жакшы, урушка жарамдуу чыныгы эрегишчи аскер 20 миңдей экен. Абдырахман баштаган кийин кошулган бектердин 10 миң аскери, Өзгөн, Ош, Анжиян, Маргалан айланасынан тапкан куралын көтөрүп атка минип чыккан каракелтек эл болуп, баш аягы 70 миң ашуун кошун жыйналган эле.

Жоортуулдун жолун болжолдош үчүн эртеси аскер кеңеши болду.

Ошол кезде Кокондун өзүнөн чыкчу насталик деген саргыч кагазды оймо-чиймелүү сыр тактага жайдырды да, Исхак бир аз ойлонуп, үңүлүп турду да, куш канат калам менен насталиктин бир четине үч тегерек чийди, андан соң жаа сызды да, жебесине окшотуп ортосуна бир сызык түшүрдү. Ал тизилип карап тургандарды алдыртан тиктеди. Бири чекирейип, бири бүшүркөп, анын эмне кылып жатканын эч кимиси али түшүнбөдү. Насталиктеги сызык биринин көзүнө жебелүү жаа болуп көрүнсө, бирине учуп бараткан канаттуунун сүрөтүнө окшоду.

Исхак насталик кагаздын тиги четине чоң тегеретип сызып, ичин чиймелеп карартты да:

— Көрдүңөрбү?..—деп сурады акырын.

Тургандар:

— А, таксыр... Көрүп турупбуз...—деп дуу эте калышты. Жалгыз Абдымомун бек ооз кыбыраткан жок. «Йе, кудай, өзүң сакта!.. Жандуунун да, жансыздын да сүрөтүн түшүрүү чоң күнөө эмес беле?.. Калам-и-Шарифден кабары бар мусулман ушу будпарастын ишин кылганы кандай, о бир кудай?!» деп оюна коркунуч кирди.

— Мына бу бүркүт! — деди Исхак калам менен сая көрсөтүп. Абдымомун бек селт этип жакасын кармана берди. Исхак аны алдыртан байкап, бир кыя тиктеди да, сөзүн улады:

— Окшошобу? Бүркүт! А мына булар... —Ал үч тегерек чийинди сайды. —Бүркүттүн түнөк кылган бийик аскалары! Тиги... —Насталиктин бир четиндеги чоң тегеректи сайды. — Бул чоң уя! Уяны каргалар ээлеп алышкан. Мына, бала бүркүт жетилип, ала барчын болуп, эми каргаларды кууп чыгыш үчүн учуп чыкты...

Күлүп калышты. Өкүмдар тамаша кылып жатат деп ойлошту. Исхак күлгөн жок. Заматта бирда бирөөнүн ууртунда күлкү калбай, кайра баары мыдыр этпей калышты.

— Ушул бүркүт биздин көтөрүлүш, ушул турган сиз, биз! — деди Исхак. — Жетилип чыккан бийик түнөктөрү Наманген, Өзгөн, Ош, Анжиян, а талашкан чоң уя өлкөнүн ордосу Кокон.

Дуулдап калышты.

— Көп жашаң, таксыр!

— Бул эмне эле десе! Эми бүркүттүн чабытын чийип көрсөтүң!

Исхак жай сүйлөй баштады:

— Эң оболу бүркүттүн өз түнөгү бекем болсун. Намангенге 5 миң, Өзгөнгө 3 миң, Ошко 5 миң Кол каракелтектин эсебинен бөлүнүп өрүш алсын! — Ал Шаамырза датка менен Ярмат датканы карады. — Сиздер, урматтуу даткалар, бириң элбеги, бириң аскербашы, тандалма аскерден 5 миң, каракелтектен 15 миң кошун алып, мына ушу баарыбызга ыйык, баарыбызга кымбат Анжиян шаарын сактоого калгыла.

Даткалар таазим кылышты.

Исхак:

— Бүркүттүн оң канаты тандалма 5 миң, Уали, сиз башчы. Сол канаты 5 миң, Бекназар баатыр, сиз башчы.

Саркерлер таазим кылышты.

Исхак:

— Куш канаты менен учат, куйругу менен конот. Жардамчы кубат болуп, өз жигиттериңиз канча болсо ошонун баары, Абдымомун бек ага, сиз башчы. Сиз, Абдырахман бек ага, ушул кошунага ыктайсыз.

Бектер ыкрар болушту:

— Сиздин пашалык эркиңиз...

Исхак:

— Тумшугу тандалма 5 миң сыпай, 5 миң каракелтек, буга Абдылла бек, сиз башчы.

Абдылла бек макул болду.

Исхак:

— Эми бүркүттүн чеңгели калды. Чеңгели тандалма миң сыпай, 150 замбирек! Жер тар дебең, Абдылла баатыр, сизден бир аз артта чеңгелди башкарып, биз бололу. Буга макулсуңарбы?

— Куп жакшы! — дешип дуулдап жибериšти.

Исхак насталик кагазга дагы бир үңүлүп алып сөзүн улады:

— Оң канат дайра бойлоп, Балыкчы аркалуу Маргаландын этегинен өтүп, андан нары түз Коконго бет алат. Сол канат Кувасай аркалуу Маргаландын үстүнөн имерилип, андан нары Коконго бет алат. Коконго жеткенде эки канат биригип, Коконду эки курчап камоол баштайт. Тумшук түз жол алып, Маргаланга түз такалат. Эки канаттын азгантай жардамы кошулуп, тумшук Маргаланды алат да, андан нары Коконго жүрүш кылат. Ал эми куйрукчу? Куйрук алыстан караан көрсөтөт, кереги болгон учурда аскер бөлүп жардамга келет, кереги болбогон учурда арттагы душмандын чачылган-бүлүнгөн топторун сыдырып жоюп жүрүп отурат.

— О, эч ким калбаган экен! Баары карышталган экен! — дешип, мактоого сөз таппай калышты.

Исхак:

— Эки канаттын, тумшуктун, куйруктун, чеңгелдин байланышы тынымсыз болсун. Эки жактап, үч жактап жүргүзүлсүн. Менин буйругум өз чабарманым аркалуу. Буйрук жетери менен аткарылсын!

Баятан бери эки көзү чекчейип, баарын байкап, баары ичтен салмактап отурган Абдырахман «Э, бу мынча акылды кайдан үйрөнүп алган?!» деп, ичинен астейдил таң калып отурду.

Исхак уруш кеңешине катышып отургандарды бир тегеретип тиктеп, сабыркап ойлуу тартып:

— Эми, жоролорум...—деп токтолду, кайра бир сыйра тиктеп, маани айтты. — Каргалар каркылдап жатышат. Уу тиштеп жүргөндөрү да жок эмес. Бирак, канчалык үнү катуу чыкканы менен, канчалык жамандыкты камдап жатышканы менен алардын алы чак. Каргаларды канатынын алдына калкалап, алдынан сыз өткүзбөй, үстүнөн бурчак тийгизбей асырап турган башка тоодон учуп келген темир тумшук алпкаракуш бар...

— Жарым паша! — деп жиберди кимдир бирөө.

Исхак сүйлөй берди:

— Мына ошол темир тумшук алпкаракушка бет келүүдөн этият болуу зарыл, карааны көрүнгөндө кайгып, кыйгап өтүү зарыл. Колдон келсе...

Эшиктен эч ким алдын тоспой турган өзүнүн атайын чабарманы шашып кирип келди. Исхак башын көтөрүп, элтейип, кабар жаман экенин чабармандын түрүнөн дароо сезип, эми аны уккандан коркконсуп, күтүп, оозун жарым ачкан бойдон, чабармандан көзүн алалбай селтейди. Фон Кауфманга жиберилген элчини коштоп кеткен эле. Баары таанып, баары нестейди.

— Аллаяр! — деди чабарман аптыгып. —Жарым паша элчини карматып калды.

Жардаган саркерлер, бектер, карт бугудай акылдуу кеңешчилер мелтиреп дем тартпай, Исхактын оозунан эми эмне сөз чыгар экен деп, күтүп калышты. Исхак ийин кага улутунуп эсин жыйды. Кумсарган чаар ireңине кан толкуп, а түгүл жүзү күлө багып, тобокелге баш байлаган эрдин кашкөй кейпине өттү:

— Эчтеме эмес. Иш бүттү деген сөз эмес. Мына ушул катуу кабарды угуп туруп эле, ачууну акылга бастырып, биз ал темир тумшук алпкаракуштун алдынан чыкпоого, буйтап, кайгып өтүүгө аракет кылуубуз зарыл. Чоң уяны каргалардан тартып алган соң, каргалар уя ээси деген укуктан ажырайт, ал укук бизге өткөн соң темир тумшук жырткыч куш биз менен алака түзүүгө мажбур болот! Биз мына ушуну эстен чыгарбообуз керек, мына ушуну көздөшүбүз ылазым...

Жыра тарткан, кошумча айтышка батынган киши болбоду. «Туура сөзгө, туура ишке сын жок...» деген ой үстөмдүк кылды баарына.

* * *

Төшөлгөн килемдей түрлөнүп жайылып кең Фаргана мелмилдейт.

Кол менен жасап койгондой, ар кай жерде топудай- топудай сары дөбө. Саз бойлоп, суу бойлоп, тилкеленип, бир жайык менен бир жайыктын ортосуна көшөгө болуп, дүңгүрөп калың өскөн камыш. Малга, жанга жайлуу ылымта, буйга жерлер топ-топ кыштак, алыстан дарагы күдүрөйөт.

Ошол мезгил ак төөнүн карды жарылып, ырыскы жерде чачылып жаткан мезгил эле.

Эки жак тилке-тилке эгин жай. Арпа эчак жыйылган, четинде кырманы томурайып, аңызы агарып күнгө жалтырап жатат. Буудайдын орулганы орулуп, кырман четине чаркап болуп жыйылып, орулбаганы кыпкызыл болуп желге көлбүп, даны ыдырап төгүлүп турат. Көлмө жерлер бүтүндөй шалпая, шалы да быша баштаган, түбүнөн бака чардап, башы ийилип, жай ыргалып, сарала шайыдай үлбүрөйт. Ар кай жерде жаңы ачыла баштаган пахта көрүнөт. Андан ары башы-аягына көз жетпей, тукаба сыяктуу кулпуруп, мала кызыл гүл төгүп, беде жатат. «Бытбылдык! Бытбылдык!» деп, бир көрүнүп, бир жоголуп, бөдөнөсү ээн сайрайт. Тигил саз камыштын түбүнөн тартып, төрбөжүлдүн чийининдей жөөк салынган коон-палек, ар түркүн коону сайдын ташындай, карала, көгала дарбыздары алыстан бөгүп жаткан илбирске окшоп, палегине батпайт. Өтө бышкан «басып алды» коон палегинен өзү үзүлүп, өзүнөн өзү чарт жарылган. Бармактай кызыл кабак аарылар «дүн-ң», «дүң-ң» деп үн чыгарып коюп, шире соруп, сайрандап жүрөт. Сары анжир, кызыл анар, уздай ак шабдалы бышкан, а жол боюндагы, эгин жайлардын марзелериндеги өрүктөр күбүп алар киши жок, чачып таштаган алтындай болуп, түбүндө жайнап төгүлүп жатты.

Эч адам көрүнбөйт. Файзабад кыштагы да аңгырап бош калган. Ачыгы ачык, чачыгы чачык. Ээсинен адашкан бир ит көчөдө жалгыз селпеңдеп желип, дубалдын кырында отурган мышыкка тап коюп, жетпеген соң, кайра селпеңдеп жөнөп, каңылдап улуп коюп, тентиреп жүрөт.

Кыштак четинде коончунун соресинин түбүндө жыйып үстүн камыш менен жаап койгон коондорун майкандап кемирип бир жоор көк эшек турат.

Эл үркүп кеткен. Бир жагынан ордонун аскери, бир жагынан тосмосун жырган көлдөй көтөрүлүшчүлөр каптап келатканда бөөдө кайгыдан качышып, үй мүлкүн, оозго тийип турган дыйканчылыгын таштап, эң мурун сулуу кыздарын, ишке жараган жигиттерин корголотуп, адам жүрө албаган чычырканактуу сайларга, жолборс, илбирс, доңуз күпкө кылган түнт камыштардын арасына баш катып кетишкен.

Жер ээн, кыштак ээн, саратан чызылдап, үлп-үлп этип ысык керимсел гана жортуп турду.

Ордонун аскерин Султанмурат бек баштап келди. Ал көлтөйүп, буту кыска эмеспи, үзөңгүнү аттын омуроосуна карай тээп, айлананы ныксырап карап, «Бул жер эмне үчүн бош калган? Эли кайда?» деп да сурабай, кызыкпай, ичинде канчалык коркунучу болсо да, ат үстүндө үргүлөп, талыкшып, тердеп камыгып келатты. Жанында Абдулазиз ясаулбашы[1] Көп аскер арты көрүнбөй чубалат. Нар, төөлөр замбиректерди бирден сүйрөгөн. Ат туягы кара жолду эзип, чаң бурап, жел ыккан жакка кайра себилип калып жатты. Жүзбашылардын чарчаңкы үнү, чаалыккан аттардын бышкырыгы арттан угулат. Туу кылкылдап, сыпайлардын токуму, жоо жарагы күнгө чагылышып, бирине бири жалганып, арты көрүнбөй чубалган аскер өзүнчө бир жай ийрилип сойлоп келе жаткан эң зор ажыдаар өңдүү.

Темине берип, жандап:

— Бек, — деди Абдулазиз ясаулбашы, — кошунду түштөнтөлү...

— Майли... —деди да, Султанмурат бек аттын башын көлөкөнү карай бурду.

Түштөнүүгө буйрук берилген соң, көп аскер туш келди аттарын коё беришип, өзүлөрү ээн жаткан коонго жайылып, бирден коон, дарбыз көтөрүп, бапырашып, суу боюна, камыш арасына көлөкөлөп киришти.

Эми алдыга дасторкон жайып, удайчы Султанмурат менен Абдулазиздин алдына ширин тордомо союп коё баштады эле бирөө чаап келип, атынан ыргып түшүп, төбөсү менен тик сайылып таазим кыла берди.

Султанмурат бек оозуна салган бир кесим коонду жута албай эти өсүп кеткен кызыл көзү чекчейип токтоло калды. Бул алдыга кеткен кайгуулдун[2] бири болучу. Абдулазиз ясаулбашы обдула:

— Эмне? — деди катуу. —Тилиң байланып калганбы?!

— Таксыр... Жоо келип калды...

Султанмурат бектин колунан коондун тилими түшүп кетти. Абдулазиз ясаулбашы ордунан атылып туруп:

— Ур! — деди дабылпаска, өзү шашып жоо киймин кийе баштады.

Дабылпас дүңгүрөтүп дабыл согуп кирди. Туш келди тараган көп аскер кымкуут түшүп, кай бирөө куралын таппай, кай бирөө атын таппай, кай бирөө өз онбашысын, өз тобун таппай кыжы-кыйма болуп кетти. Жүзбашылар атчан кыйкырып чабышып,

[1] Ясаулбашы — аскерлик даража, жасоолдордун башчысы.
[2] К а й г у у л – чалгын, чалгынчы.

жигиттерин чогултуп, адашып жүргөндөрдү эчтемесин калтырбай сөгүп, күпүлдөп, жоо ороп калгандай аң учту, карбаластап калышты. Султанмурат бек оозу жарым ачылып, эки жакты карап, те алыстан көрүнгөн өз сыпайларын тааный албай, каптап келаткан жообу деп, биротоло алактап калды.

Абдулазиз чымкый кара аргымакты ойното чаап, көп аскердин башы-аягына кыдырып, тескеп чыкты да, жүзбашыларды чогултуп, согушууга оңтойлуу өңүткө бөлүп, ар кимисинин убагын, кезегин түшүндүрүп, кайсы жүздөн кийин кайсы жүз ат коюш керектигин, сыгылбай, топурабай, куру чуу көтөрбөй, акыл менен, көз менен уруш кылууну катуу көрсөттү.

— Сиз бери келиң, мындай,—деп замбирекчи сарбаздардын жүзбашысына колу менен өңүт көрсөттү, — о тиги кичинекей жоносчону көрүп турасыз а, а жакшы көрүп турсаңыз, так ошол жоносчону сиз ээлейсиз, энди те тиги орулбай жаткан буудайды көрүп турасыз а, кырк замбиректи ошол буудайдын нары четине жоо келе турган четине мелжетип коёсуз, биз ушул жерден жоону тособуз, жоо улам көбөйүп агып киргенде, угуп алыңыз, арт жагына кырк замбирек менен согосуз, тыным болбосун, жыйырмасы ок салгыча жыйырмасы атып турсун, кайта жыйырмасы ок салгыча кайта жыйырмасы атып турсун, жоонун агымын токтотосуз. Эми сизге муну катуу эскертемин, эгер мурун ок чыгарып, замбирек бар экенин билдирип койсоңуз, же замбиректи таштай качсаңыз, угуп алыңыз, сизди замбирек менен өзүм атып таштаймын, жазаңыз ушул.

— Куп, аскербашы...—деп, таазим кылды жүзбашы.

— Куп болсо, барың энди!

Жүзбашы замбирекчилерин көздөй дүпүрөтө чаап кетти.

Султанмурат бек улам жоо келчү жакты каранып, ичинен титиреп, титирегенин билдирбеске тырышып, эрдин бек кымтып, айланчыктап, нары-бери бастырып, көз көрүнөө тынчы кетип турган эле. Абдулазиз ясаулбашы сулуу чертилген, кыска, быжыгыр кара сакалын сыйпалап, алагар көзү ойлуу, Султанмурат бекке бурулуп:

— Бек, — деди сылык, муңайым, — качкан да кудай дейт, кууган да кудай дейт, кудайга сыйынып, ушундайча уруш кылабыз эми. Дагы кандай асыл акыл бергейсиз?..

— Эмне айтайын? — деди Султанмурат бек, — сиздин билгениңиз менин билгеним, сиздин буйругуңуз менин буйругум, ясаулбашы!..

Ошол учурда чуулдаган кыйкырык чыгып калды. Селт эте түшүштү. Те алыста эки атчан кубалашкан таандай караңдашып, кайгып чаап, жоо келет деп турган жакка кетип баратышкан экен. Артынан беш- алты сыпай кууп токтоп калышты. Чуу чыгарып кыйкырган ошол сыпайлар эле. Абдулазиз ясаулбашы колун серелеп карап, эки атчан бир дөбөдөн нары имерилип кеткенге чейин тиктеди да:

— Гм, — деди башын ийкей, акырын, — жоонун кайгуулу... жакындап калышкан экен...

Жалжал тиктеп, эмне дээрин билбей, Султанмурат бектин үрөйү учту. Абдулазиз жер тиктеп, демин ичине алып, тыңшай калды. Те алыстан адам үнү чыккансып, аккан суунун шыбырты окшоп, жер дүңгүрөп, калың атчан келе жаткан окшоду. Шыбырт улам даана боло баштады. Бүт аскер дем тартпай угуп турду. Султанмурат бектин өңү өчүп, ичинен келмесин келтирип, «Э, кудай, даргөйүңдө сактай гөр!..» деп күбүрөп, ачык эле калтаарыды.

Бир убакта утуру бетмаңдай жактагы дөбөдөн бир атчан көрүндү. Дөбөнүн эки жагына кыркар тартып токтоло башташты. Улам көбөйүп келди. Көп өтпөй дөңдөгү атчанга эки канат болуп, канаттын учу көрүнбөй, баары атчан, баары жаракчан, арасынан жылчык көрүнбөй, аска болуп тирелди. Дөңгө айчыктуу туу сайылды. Дөңдөгү чоюндан жасалган өңдүү, алп киши, алдындагы куланчаар аты жер жыттап, жер чапчыйт. Султанмурат бектин көзүнө ал баатыр кара чаар жолборс минип тургандай көрүндү.

Бекназар баатыр булдурсунду бүктөй кармап чекесине алып, жер танабын көзү менен өлчөп, бетмаңдайындагы өмбүл-дөмбүл жерди, кылка камышты, алдында шырдактай жайылып жаткан түздү көзү менен аңтарып карап турду. Ордонун аскери бөрү тил найзадай кылынып, үч кабат кылып тизилген, те топ киши турган кашатчаны кыркалай дагы үч катар коюлган. Бөрү тил жиреп кирсе, эки канат болуп турган аскер эки жактан оролуп, кычкачтай сыгат. Бүт куралын шаймашай кылып, ордунун такшалган колу, иргелген колу мыдыр этпей катып турушат. «Жакшы өңүт алган экен...» деп ичинен ойлонду Бекназар баатыр бүгүнкү кыргын катуу болорун сезди.

Эки жагында эки кайгуулчу турган эле. Бекназар баатыр:

— Саны канча? — деп сурады, ордо аскеринин өңүтүнөн көзүн албай. Кайгуулчунун бири:

— Беш миң ашуун көрүнгөн, Бекназар аке...— деп жооп кылды.

— И, андай болсо, бул турган беш миң чыкпайт, тандалган миң сыпай тетиги жал камыштын артында бугуп турган экен анда. Замбиреги кайда экен булардын?

Бекназар баатыр унчукпай ойлонуп, көпкө туруп, оң ийни жакка башын бурду. Оң канатка чапчу жигит теминип келди:

— Лап-бай, баатыр ага...

— Урушта туруш жок, биз азыр тийише баштайбыз, — деди Бекназар, — Уали саркерге чап, алысырактан тездеп өтүп жоонун бугуп турган колуна тийсин, «анын энчиси ошол жакта бөлүнүп коюлуптур» де.

— Куп, баатыр ага! —Жигит чү коюп жүрүп кетти.

Бекназар жер өңүтүн улам тегеренип карай берди. Замбирек көрүнбөйт! Анын жүрөгүнө ушул күдүк болуп турду. Те туура жактагы жоносто кырка жыйылган чөмөлөлөрдү көп имерип тиктеди. Бирок жанында кыбыр эткен жан жок эле. Замбирек кай жерден атылса башкага карабай замбирекчи сарбаздарды көздөйсүңөр деп, сайлуу кара мылтыкчан жүз мерген бөлдү.

Ушул учурда тиги дөңдө Абдулазиз ясаулбашы жүзбашыларына керектүү жаңы буйруктарын берип турду. Анын жүрөгүн өйүгөн көтөрүлүшчүлөрдүн көптүгү. Улам арты чаң ызгый, ат кулагы тийишип, адам башы кылка-кылка, жер майышкан көп кол. «Канча сан болду экен?» деп, жүрөгү сыздап ойлонду. «Жоо жарагы чактуудур! Жыгачтан учтаган куу найза, табылгынын дүмүрүнөн кургаткан чокмор, барында кылыч, азында кара мылтыкдыр?! Тийишип көрсөк бекен?..» деди бир ою, жарымпаша берген жүз бат атар мылтык бар, ал ошону медер тутту.

— Сиз бери келиң!.. —деп, мерген башысын өзүнө чакырып буйрук айтты. — Сиз тетиги жал камышты көрүп турасызбы? А жакшы көрүп турсаңыз, жүз мергенди так ошол жал камыштын жээгине жаткырасыз, ок текке кетпесин, ашыкпай, коркпой, түз мелжетип ок чыгартасыз. Кайраттуусун! Куралы мыктысын! Уктуңузбу?..

— Куп болот, аскербашы!..

— Куп болсо барың энди...

Күн так төбөгө келип, ава үп болуп дымып турган эле. Көтөрүлүшчүлөр чабуулду биринчи баштады. Миңдей тандамал баатыр он кабат болуп, акырын жылып жөнөгөн жардын көчкөнүндөй тегиз атып, дабылдар дүңгүр кагып, каптай жөнөдү.

Султанмурат бек «Жараткан, өзүң калка боло көр!..» деп, калчылдай баштады. Кумсарып турган Абдулализ ясаулбашы анын кебетесин көрүп:

— Бек, сиздин азиз каллеңиз үчүн бу дүйнөдө да, о дүйнөдө да сурак бергим келбейт, — деди кыжыры келип, — сиз буктурмага өтсөңүз, ал жердеги аскерге баш-көз болуп, биздин урушту алыстан көзөмөлдөсөңүз дагы, керек чакта мен кабар кыламын, өз удайчыларыңыздан башкасын толук бизге көмөккө салсаңыз.

— Жакшы кеп!.. Макул...—деп, ошол жерден эле аттын башын артка кайрыды Султанмурат бек. Абдулазиз «Жаны эле ширин булардын!» деп, жек көрүп, артынан чакырая тиктеп:

— Бек! Галавачы пашага жигит чаптыра көрүң, бек!.. —деп үн салды. Буларга тутумдаш генерал Головачев, генерал Троицкий аскер менен келаткан болучу. Султанмурат бек кайрылып кароого жарабай, сөз маанисин толук да укпай, «Макул... Макул...» деп, сопоңдото желдирген бойдон артын карабай кетти.

Көтөрүлүшчүлөр улам жакындап келе жатты. Же кыйкырганы жок, же обдулуп ат ойното чапканы жок, баары бирдей жорттуруп, ат туягынан жер дүбүр-дүбүр этип, кандайдыр бир тажаал сүр коштоп, улам жакындап келе жатты. Баары кылычты бир сууруган, баары бирдей тик көрүп, шилтенүүгө дапдаяр, күнгө жалт-жулт этип, баары бирдей кылкылдайт. Эң алдында, эшик төрдөй алдыда куланчаар аргымак элирип, камыш кулагын бир жапырып, бир тикчийтип, тыбырай жортот. Үстүндөгү алпатан баатыр ыргытып сабынан кайра тосуп наркескен кылычын ойнойт. Те нары дөңдө айчыктуу туунун түбүндө он эки карыш тай казандай дабыл тынымсыз дүңгүрөп, баатырларды коштоп, демине дем, сүрүнө сүр кошуп, тынымсыз дүңгүрөп жатты.

Абдулазиз ясаулбашы тагдырына сыйынды. Көк чалма менен башын оротуп, үстүнө кара темир туулга кийип, кара куштун канатынан кылынган ясаулбашылык жарлыгын оңдонуп, бир кубарып, бир шерденип, дем тартпай карап турду. Анын да деми аз эмес! Эки жагында зымырык куштун канатындай жайылып ордонун иргелген көйкашка сыпайлары турат. Не деген кыргындарды көрбөгөн, не деген шыркырап аккан кандарды кечип өтпөгөн?!

— Керней! — деди ясаулбашы эрдемсий.

Ошол замат кернайлар жер жарып, дабылдар дүңгүрөп кирди. Эки жоо дабыл, кернай, ат дүбүртү жер теңселтип, эки тоо бири бирине карап урап жөнөгөн сыяктуу тажаал айбат, сүр менен беттешти.

Чымкый кара аргымакты чимирилтип:

— Йа, алла! — деди Абдулазиз ясаулбашы.

Куланчаар аргымак төрт аягы менен тең бийлеп:

— Йа, ата арбагы! — деди Бекназар баатыр.

Эки жоо тең ат коюп жиберишти. «Ур!», «Сок!» деген өчтүү, заардуу үндөр зиркилдеп, эң алды куюн сыяктуу аралашып кетти. Наркескен кылычтар жарк- жарк шилтенип, аттар кош аяктап тура калып, кылыч куу найзаны сындырып, кылычты каскак кагып түшүрүп, жакындап чапма шылк этме, чоюнбаш эрлердин чокусуна былч-былч согулуп, кай бирөө аттан бөрт учуп, кай бирөө мурдунан кан түтөктөп агып, ат жалына

өбөктөп жыгылып жатты. Ээри бош калган аттар бөктөрүнчөгү дүңкүйүп, тизгинге чалынып, темир менен адам бир аккан кара селдин арасында чыга албай чырылдап кишинейт. «Йа, алла, өзүң колдо!», «Йа, ата арбагы өзүң жар бол!» деп, эки жактан тең баатырлар айкырып качырышат. Эки жоо улам бири мойсоп, жиреп, улам бири артка чегинип, улам бири бир канаттан толгой чаап, эч бөлүнүшпөй, эч аянышпай бырчылдашты.

Бир маалда кырка чөмөлө турган дөңдөн удаама- удаа дүңкүлдөтө замбирек атылып калды. Огу көтөрүлүшчүлөрдүн артын кесип, «күрс!, «күрс!» жер челип түшө баштады. Кол таруудай быркырап качты. Бекназар куланчаар аргымактын жалына өбөктөп, кылыч булгалап, «Октон кач! Октон кач!» деп кыйкырып, андан нары колду сыпайлардын бир канатын көздөй, ошол жакты жемиртип кирмекчи болду. «Толгой! Толгой! Толгой чап...» деп, өзү оңду-солду кылыч шилтеп кетти. А Абдулазиз ясаулбашы толготтурбаска аракеттенип, бүт сыпайларын көтөрүлүшчүлөрдүн кара селин кайра каптатып, кайра сыктырып, наркы замбиректин огуна кептеттирмекчи болду. Тынымсыз замбирек атылып, кулак тунуп, ат үркүп, ок түшкөн аймак быт- чыт, чаң ызгып жатты.

Чымкый кара аргымактын үзөңгүсүнө тура-тура калып, ясаулбашы «Ур! Ур! Таанынткыла энесин үч коргондун кайкысынан!» деп, замбирекчи — сарбаздарына дем берип, оштонуп, шерденип, ойдолотуп турду. Ошол учурда жүз мерген ат үстүнөн кара мылтык сундуруп, замбирек турган дөңдү качырып чыгышты. Кара мылтык «даң-ң!», «даң-ң!» атылып, огу замбиректерге чарпып тийип, сарбаздардын шаштысын алып жиберди. Абдулазиз ясаулбашы замбирекчилерге ошол замат бир жүз сыпай бөлдү. Ошол замат көтөрүлүшчүлөрдүн бир канаты созулуп чаап, имерилип, замбирекчилердин артынан каптап чыкты. Жакындан атылган окко карабай, жыгылганы жол-жолдо калып, бирок суу сыяктуу агып, замбирек орнотулган дөңдү бир жайпап өтүштү.

Тарс! Тарс! Капыддан мылтык атылат. Улам ондон, бештен баатыр аттан ооп түшүп калып жатты. Тарс! Тарс! Бекназар баатырдын жүрөгү селт этти. Тарс! Тарс! «Э, ата арбагы! Орус мылтык ко?!» деп, Бекназар четтеп чыга берип, эки жакка серп салды. Эчтеме көрүнбөйт. Тарс! Тарс! Улам ондон, бештен баатыр ат жалына кулачтап жыгылып жатты. Бекназар куланчаар аргымактын жалына өбөктөп чаап барып, жал камыштан кылактап өтө бергенде жакын эле жерден орус мылтыктын үнү «тап!» этип, ок кыйылдап желкесинен өттү. Ал буйтап чаап, те алыстап барып, жал камыштын түбүнөн кичинекей көк түтүн бурк-бурк дей түшүп, артынан орус мылтыктын заар үнү тарс- тарс чыкканын даана көрдү. Ал:

— Момун! Момун! — деп кыйкырды. Чабуулга кезеги жакындап калган Момун саркер чаап жетти:

— Лап-бай, баатыр ага...

— Кыйратып сала турган болду орус мылтык! Жал камыштын түбүн кара...

Момун саркер чү деп аргымагын теминип жиберди. Артынан беш жүз кол селдей акты.

Ордонун мергендери көтөрүнгөн бир чоң баштыктан пактасы бар эле. Ал атканда мылтыкка жаздык, тыяктан ок келгенде калканч болучу. Ок пактага биртке кире түшүп, бир жерин булайта коюп гана өтөт, мергенге эч сака жетпейт.

Момун төрт тарабынан каптап кирди. Орус мылтыкчан мергендер орундарынан тура калып, качып атып, буйга жерге жата калышып, кайра тарсылдатып атып, уруша башташты. Аты курч азаматтар аралашып калышты. Кай бири тура качкан мергенди желкеден алып, көкбөрү сүйрөгөндөй дырылдатып баратып, башка бир мерген аткан окко учуп, ат жалына жыгылып, ат кеткен жакка кетип да жатты. Момун жаралуу жолборстой оозун ачып качырып, чоң кара сакалчан сарбазга жетти. Сарбаз алаңдап, баштыгын кош колдоп төбөсүнө кармай берди. Пахтасы чубала түштү. Сарбаз бир мүдүрүлүп, мөңкөңдөп, жыгылып кете жаздап барып, аңга түшө качты. Кылыч шилтеп, эмне үчүн мерт кыла албаганына ыза болгон Момун кайра атырылды. Ошол учурда кара сакал сарбаз мылтыгын бетине алып калган экен, Момун аттын бир капталына боюн таштады. Тарс! Ок түтүн аралаш күү этип аттын жалынан ашып кеткендей болду. Момун жетип сарбазды ат жалына басты.

Кылыч жарк-жарк шилтенип, орус мылтык бадырап атылып, кимдир бирөө бакырып, кимдир бирөө ыйынып онтоп, кимдир бирөө эчтеме укпай, эчтеме сезбей, иреңи жымыйып тыптынч жан берип жатты.

Абдулазиз ясаулбашы урушту карап, замбиректери, орус мылтыкчан мергендери кысымга түшкөнүн, ошону менен бирге көтөрүлүшчүлөрдүн күчү үч бөлүштү болуп турганын көрдү. Замбиректин үнү тып басылды.

Көтөрүлүшчүлөр эрегишип, өчөшүп, кайра күчөп каптады. Дагы куланчаар аргымак ыргыштап, оозунан ак көбүгүн омуроосуна сампарлатып, үстүндөгү алпатан эр наркескен кылычын оңду-солду шилтеп, заар үн салып, чаңырып келди. Дабылдардын дүңгүрүн, кернайлардын айкырыгын эми баатырлардын «Хайт! Хайт- тайт! Хайт-тайт!» деген кыйкырыгы басып кетти.

Абдулазиз ясаулбашы «Каптасын!» деп буйрук берип, буктурмага Султанмурат бекке жигит чаптырды.

Чабарман эптеп кымкууттан чыгып, ичи саздуу калың камышты аралап, араң өтүп барып жер сыйпалап калды. Нары-бери кыйкырып чапты. Эч ким жок. Султанмурат бек алыстан кыргынды карап туруп, жанынан түңүлүп, артынан кара таандай чуулдап каптап Уали саркердин колу чыкканда эле алдындагы атын созултуп чаап качып кете берген болучу.

Тыякта Абдулазиз ясаулбашы көмөктөн али үмүт үзбөй, улам алаңдап артын каранып, кан кечип, кан кусуп кармашып жатты. Бир маалда ал жактан да көтөрүлүшчүлөр каптап чыкты. Баатыр ясаулбашы оттун ичинде калды.

Сакалы ээрдин кашына түшкөн, узун бойлуу, кары сыпай «Йа, алла! Йа алла!» деп зикир салып жиберди. Жеңиш эмес, эми кара жандан түңүлгөн сыпайлар үйрүлө, коркуубу, эрдемсүүбү, баары бирдей дуу көтөрө коштоп кетишти. «Йа, алла!», «Йа, алла!» деп, зиркилдеп кошулду. Алар жанды оозуна тиштеген кашкөйлүккө өттү.

Эки жоо улам эрегишип, улам өчүгүп, улам бири толгой чаап, улам бири бөрү тил найза болуп жиреп кирип, аёону да, аянууну да унутуп, эстен кетип бырчылдашты.

Уруш кечке утур ордонун аскери Абдулазиз ясаулбашы баш болул тегиз сулап жыгылганда гана басылды.

Жана гана ырыскы жайнап турган жер боорун адам өзү тебеледи, өз каны менен саз кылды. Сенселген буудай, үлбүрөгөн шалы тыптыйпыл болуп, ным жерден чаң чыкты. Дүйүм мөмө, коон, дарбыз ат туягына эзилип, жексен болуп ылайга аралашып, канга аралашып жуурулду. Кара жерден бырыксып буу көтөрүлдү...

Эртеси жеңишти сүйүнчүлөп, куттуктап, Исхактын алдын чабарман тосуп чыкты. Исхак сүйүнчүсү үчүн аттан эңилип жигитти кучактап өптү. Тышына шуушун чыгып канжыгасында жүргөн баштыкты алып, оозун чечип жигит Исхактын алдына кармады. Исхак үңүлүп тиктеп:

— Йе, бул эмне?..—деп чоочуп кетти.—Кимдин башы?..

Чабарман баштыктын түбүнөн кармап башты жерге түшүрдү:

— Таксыр! Баатырлар сизге тартуу кылышты!

Абдылла бек эңилип:

— Э, жакшы тартуу экен, таксыр! — деп жиберди. —Абдулазиз ясаулбашынын башы экен. Ордонун иши бүтүптүр! Бул адам эң акыркы мыкты аскербашысы болучу. Бүттү! Мындан нары жол тороп эч кимиси чыга албайт эми...

* * *

Ишенген ясаулбашынын кыйрап калышы Насирдин- хандын ындынын өчүрдү. «Эми арга не болмокчу? Бу селсаяк ушунча кутуруп кеткенби?!» деп, аны санаа басты. Мындай күндөрдө чылым, мусаллас гана көңүл жубатты.

Бир кечте эшик ага:

— Өкүмдар... азирети Султанмурат бек... — деп кабарлады.

Насирдин-хан бурулдатып чылым тартып, көзү жашылданып, өзүнөн өзү мылжыйып, жумшарып, бул дүйнөнүн көйүн такыр унутуп, жаны жай алгансып, ыксырап отурган эле. Ал ойсуз жылмайып, кашын бир аз көтөрүп, киргиз дегендей акырын башын ийкеп ишара кылды.

Эшик ага кетенчиктеп тез чыгып, тез эле Султанмурат бекти ээрчитип кирди. Султанмурат бекте да өң кеткен, суюк сакалы сербейип, эки көзү алайып, жүдөгөн. Оозу кургап турган таандай ээрди кеберсип, хан үкесинин каарынан жүрөгү үшүп, салбырап таазим кылып, үнү калтырап салам айтты. Насирдин-хан анын кебетесин имерип тиктеп, иштин жайы ага белгилүү, башын өкүнө ийкеди:

— И? Жан алгыч кууганбы сизди?..

Султанмурат бектин кулагына какшык угулду. Ал дит бага албай, ошол салбырап таазим кылып турган бойдон баш көтөрө албай:

— Өкүмдар...—деп, үнү каргылданып, актанып сүйлөй баштады. — Бир кудай өзү күбө, селсаяктын каракчыларынын ичине азезилдин өзү кирип алганбы... тим эле, кудай бетин нары кылсын, кутурган карышкырдын үйрүндөй... Гм... Анан ошентип...

Насирдин-хан жек көрүп тиктеди. «Күпүйгөн ашкеби! деди ичинен. Жанынын этин жеп, колдо бар аскерин берип, баатыр Абдулазиз ясаулбашыны кошуп, «Галавачы пашага кара бол, көмөк бол, селсаяк Исхакты көптөп кармап байлап кел» деп аттандырбады беле?! Мына ишенгени... «Сөксөң да, урсаң да, канжалатып башын кессең да эчтеме чыкпайт. Турат бир көлтөйгөн арам эт!» деп жүзүн үйрүп, алтын чөйчөктүн түбүндө калган мусалласты акырын чайкай, ыргылжың тартты. Оюна эч арга чүргөлбөдү. Отур дегендей Султанмурат бекке кол жаңсады. Чарчап, коркуп, тизеси титиреп араң турган Султанмурат бек этек жагына колжоюп тизе бүктү. Кирпигин араң кыбыратып, салбырап отуруп калды. Насирдин-хан аны тиктеген жок. Султанмурат бек эсинен чыгып, өзүн өзү табалагандай бир ууртун тартып, мыскылдуу жымыйып, ойго батып отурду. Ичкилик бара- бара көңүлүн жумшатып, аны бардык ойдон алаксытып,

бардык нерседен эринтип, акырын ныксыратты. Ал алаканын урду. Ошол замат эшик ага кирип келип таазим кылды. Насирдин-хан ага да өйдө карабай:

— Дүтар...—деди акырын. Эшик ага кетенчиктеп чыга жөнөлдү.

Султанмурат бек эми энтиккени токтоп, биртке жүрөк басып:

— Ар кандай иш бир кудайдын эрки менен...— деп сөз баштады. — Бирок, бир кудай сактаганды сактайм деген, жарымпаша менен акыбалды маслахат кылыш зарыл, өкүмдар...

Насирдин-хан унчуккан жок. Султанмурат бек:

— Жаш да болсоңуз сиз башсыз бизге. Өкүмдарсыз. Эртелеп бирдеме кылбасаңыз...

Аңгыча эшик аганы ээрчип, орточо бойлуу, капкара сыпаа муруту бар, эки көзү жалжылдаган жигит кирип, дүтарин бооруна кыскан бойдон, төмөн ийилип, салам айтты:

— Ассалому алейкум, аллаяр...

Тунжурап отурган Насирдин-хан баш ийкей алик алып, унчуккан жок, колунун учу менен маңдай жагынан орун көрсөттү. Дүтарчи сыңар тизелеп, коомай отура баштады. Султанмурат бек оозунан сөзү түшүп, алдыртан жаман көзү менен тиктеп тим болду.

— Күү чалың, курдаш!.. — деди Насирдин-хан жылуу ырай менен, көзүн сүзүп, акырын теңселди. —Күү...

Дүтарчи оболу дүтардын кош кылын бир жың-ң дедире чертип, анан уккан пенде хан эмес карып болсо да көңүлүн бир көкөлөткөн, бир жолу өзүнүн эл катары эле адам экенин, бу бейбапа дүйнөдө анын да ырыскысы, анын да акысы бар экенин эсине салган, сездирген салтанат күүнү чала баштады. Насирдин-хан күүгө эридиби, же өзүнүн ички санаасы эргиттиби, же шарап менен чылымдын күчүбү, көзүн сүзүп, жүзү муңайым тартып ачылып, акырын теңселип отурду.

Султанмурат бек «Жыргаган экенбиз өкүмдарга?! Миң тукуму тукумкурут болгону жатса, о жараткан, мунун отурганын көр!..» деп, көңүлүнө ар жаман ойлор келип, бирок мыңк этишке жарабай, ындыны өчүп, өзүнөн өзү жоголуп отурду. Дүтар үнү куунак, дүтар үнү шаңдуу, жүрөктүн эң ничке, эң түпкүрдөгү назик кылына урунуп, эңсөө, эргүү толгон, толукшуган бий ыргагы төгүлүп, кайра басым күңгүрөнө терең ойго, токтоо ойго толгонуп, кучак жеткис шаң, улуу салтанат дүңгүр кагып жатты. Султанмурат бекке ал дүңгүр деңиздин толкунундай каптап келаткан көп атчандардын дүбүртү болуп угулду.

Насирдин-хан улутунуп жиберди. Ошол шалдырап олтурган калыбынан өзгөрбөй алаканын шак-шак чапты. Күү бүтө элек эле. Дүтарчи эмне болгонун билбей, нестейип, дүтарин кучактап токтой калды. Эшиктен тез кирген эшик агага:

— Тон жап... — деди күңк эте Насирдин-хан. Дүтар чи ордунан туруп, ызат көрсөтүп, ыракмат билдирип, төмөн ийилип таазим кылды. Эшик ага алтын сайма кымкап тон апкелип, дароо дүтарчинин ийнине салды. Дүтарчи жүзү албырып сүйүнүп:

— Ыракмат, өкүмдар... Дагы мартабаңыз ашсын... —деп, астейдил ыраазылык айтып, бутунун учу менен кетенчиктеп жөнөлдү. Эшик ага да чыгып кетти.

— Салтанат күү... Толгон журтка, толгон күнгө, толгон өкүмдарга ылайык толукшуган күү... —Насирдин-хан оң бөйрөгүн таянып, жашылдана кылгырган көзүн ачып, акырын күрсүндү. — Кайсы ырысыбызга?! Эмнебизге салтанат күү угуп эрип олтурабыз?!

Көзүнөн түпсүз кайгы, өзүн өзү мыскылдоо, келечеги жок адамдын күлкүсү көрүндү. Ичинен сөгүп отурган Султанмурат бектин жүрөгү сыйрылды.

— «Бизге башсыз, өкүмдарсыз» дейсиңер а?! Баарың мени карап, баарың мага төңкөп турасыңар а?! — деди Насирдин-хан. — Бийлигибиз оруска кетти, ишенген элибиз бир селсаякка өттү. Ыя, эми менде эмне ал бар?! Эмне арга бар?! — Барган сайын үнү катуулап, ирeңи сур тартты. — А силер, ханзаадалар, бектер, таксырлар... эмне кылып жүрөсүңөр?.. Ата мурас бийлик кана?! Эл кана?! Мага эле керек беле?! Тажы кийген эле кишиге керек беле?! Эмне үчүн азирети Кудаяр баш болуп, баарыбыз бир селсаякка тең боло албадык?!.

Хан өзү жооп таппай олтурган суроого Султанмурат кайдан жооп бермек? Жылдызы түшүп шалдырады.

Насирдин-хан алаканын шак-шак чапты. Эшик ага пайда болду.

— Дутар...—деди Насирдин-хан ыргылжың тарта. Дутарчы эми эле кетти го? Эшик ага эмне дээрин билбей токтоло калды.

— Дутар! — деди катуу Насирдин-хан, эшик ага эшикке атып чыгып кеткен соң, ал ыйлагысы келгендей кабарчыктап, буулуп озүн араң токтотуп: — Мына, отурасыз, мында, Миң тукумунан, асылзаада аскербашы Султанмурат бек! Тексиз селсаяк Исхактын атынын дүбүртү чыкса катыныңызды таштап, куйругуңузду кыпчып ордону көздөй качасыз. Мен эмне кылам ыя, «жарымпаша менен маслахат кылыш зарыл» деп, мага акыл айтып коёсуз а?!

Султанмурат бектин өлбөгөн төрт саны калды.

Эшик ага дутарчини кайра апкелди. Насирдин-хан бир аз кабагы ачылып, шараптан бир кылт этип:

— Кел, курдашым, — деди үнүн көтөрө, — күүдөн чалың, курдашым. Бу бейбапа, бу жан этин жедирген тар дүйнө менен коштошуу... арман күү чалың...

Дутарчи сыңар тизелеп отуруп, дутарын кыңгыратып күүгө келтире баштады. Султанмурат бек ордунан козголуп.

— Мен барайын... Мага кандай буйрук кылгайсыз, өкүмдар?..—деп дабдырап турду. Насирдин-хан эч көңүл бурбады. Султанмурат бек жыла басып чыга жөнөдү. Насирдин-хан карап да койбоду.

Түнү бою дутар үнү басылган жок...

Таң атып кетти. Куш жаздыкка чыканактап жаткан жеринде үргүлөп, Насирдин-хан эчтемени сезбеди. Тыштан чуу чыкты. Дутарчи элтейип, кулак түрдү. Кыйкырык чыгып жатты. Кимдир бирөө сөгүп жатты. Күү-күү... Дутарчи колун сунуп, акырын түртүп ханды ойготмокчу болду. Батынбай колун кайра тартып алды. Ошол учурда эшик карс ачылып, далдактап чуркап эшик ага кирип келди:

— Таксы-ыр!..

Дутарчи бурчка бүрүштү. Насирдин-хан бир атма орус пистолун ала турду:

— Ыя?..

Эки көзү кыпкызыл. Эчтеме түшүнбөдү. Эшик ага апкаарып:

— Таксыр... Таксыр... —дегенден башкага тили күрмөлө бербеди.

Насирдин-хан алдастап дарчеге жетти. Ордону эл курчап калган экен. Жөө самсыган эл. Те нары четте эшек минген, аткаункашкан, төө минген көрүнөт. Эл кыйкырып жатты:

— Чы-ык быякка! Бөрүнүн тукуму! Чы-ык быякка, наалаты!..

Насирдин-хан эл эмне үчүн чогулганын, кимди чык деп, кимди сөгүп жатканын түшүндү. Иреңи кумсарып, унчукпай карап турду. Ичи гана уйгу-туйгу. Кылар аргасы кайсы? Аскер кайда? Замбирекчи сарбаздар кайда? Тагдыры Миң тукуму менен бир ордо кишилери, бир аз ишенимдүү жигиттер, ордо кыздары гана калган экен. Удайчылар ордонун дарбазасын ичинен бекем дембелеп жаап, кылыч менен, мылтык менен, найза менен көпчүлүктү тосуп турушат. Эмне кылса? Ал ойлонду. Жок, анын кыр көрсөтүүгө эч кубаты жок экен. Көзүнө сызылып жаш келди. «Күнүм бүткөнү ушубу?..» деп арман ойлонду. Бери карады. Эшик ага буйрук күтүп, ылдый бүгүлүп таазим кылды.

Насирдин-хан:

— Орустун элчисине жигит чуркатың...

Эшик ага:

— Эч кимди ордодон чыгарбай жатышат, таксыр. Орустун элчиси да ушинтип идарасына камалып калды...

Насирдин-хан:

— Аскери бар го алардын?!

Эшик ага:

— Атпай жатышат, таксыр!

Насирдин-хан далысынан сокку жегендей онтоп, көзүн жумуп, шалдырай түштү. Анан:

— Ордо кишилерин жыйнаң. Жүктөтүң казынаны...—деп, алсыз күбүрөдү.—Кожон дарбазасына карай жүрөбүз. Жатып ичерлердин бирин тышка түртүп чыгарың. Айтсын калкка!.. Кара жанын сурады десин, кетет десин...

Эшик ага кетенчиктеп чыга жөнөлдү. Насирдин- хан кайра чакырды:

— Кыргыз айымды бери...

— Куп, таксыр...

Насирдин-хан иреңи өлүктүн иреңиндей сары тартып, куту учуп, үңкүйүп турду. Оюна эчтеме түшпөй, акылына эчтеме чүргөлбөй койду. Колу титирей баштады. Эч аргасы жок эле. Эгер бир гана аргасы
болсо (!) ушул эшикке камалып келген элди өз колу менен бирден сайып, бирден жарып, канына боёп салар эле. Ошондо да өчү, мооку канбас эле! Тиши кычырады. Өз заарына өзү уугуп, ачуусу менен коркуу аралашып, ал бүткүл денеси менен калчылдай баштады. Өзүн токтото албады.

Эшиктен жаш зайып кирди. Узун бойлуу, кызыл жүздүү. Ак шайы көйнөк, үстүнөн карала кымкап камзол кийген, башында алтын сайма керене, эки билектей кош өрүм чачы толорсугунан ылдый түшүп, күмүш чачбак согончогуна төгүлүп келди. Колунда балтыр бешик баласы бар.

— Арбаңыз, падышам... — деди зайып акырын. Эмнеге чакыртканын күтүп калды.

Насирдин-хан:

— Кыргыз айым...

Зайып:

— Кулагым сизде, падышам...

Насирдин-хан:

— Тартууга келген күң эдиңиз. Эсиңиз менен, көңүлүңүздүн түздүгү менен ордомдун эркеси, ак никелүү зайыбым болдуңуз...—деп зайыпты сынай тиктеди, эмне айтар экен дегендей, а зайып кабагы суз тартып, жер тиктеп турган калыбынан былк

этпей сөз акырын күттү, муну түшүнүп Насирдин-хан башын ийкей сөзүн улады. — Тышта не күн болуп жатат? Мына, төркүндөрүңүз түбүмө жетти, кыргыз айым. Илгертен тооluктар менен тамыр-сөөк да болуп, минтип жоолашып да келген экенбиз. Мен эле көрбөпмүн мындай күндү?!. — Ал түп атасы Хажы бийди, чоң атасы Шерали-хандын, өз атасы Кудаяр-хандын жолун эстеди. — Эстүүлүк кылың, кыргыз айым. Баланы сактап калың. Алып кетиң тоого, этегиңизге ороп. Акыры, эр жеткенде эси болсо билер ким экенин. Бул дүйнө оомал-төкмөл экен, бир күнү оомат келсе бул бала сиздин бактыңыз болуп, тагаларына дагы таяныч болуп, биздин тукумубуздун баскан жолун басар...

Зайып:

— Падышам, менин төркүндөрүм өз ичинен бирөөнү ак кийизге салып алып келатат дейт ко? Бул чын болсо, бу сийдигиңизди алар асырабас бекен...

Насирдин-хан селейди. Тыштагы чуу күч алды. Бирөө жалбарып, бирөө чаңырып жатты. Насирдин- хандын кулагына чуу кирбей, эси кетип, бөлтөйгөн кара каш баланы тиктеп селейди. Зайып жооп күттү. Насирдин-хан башын ийкеди:

— Энесиз го, кыргыз айым. Сактаңыз баланын жанын...

Зайып:

— Сөзүңүз эки болбосун, падышам, сактайын. Талак кылыңыз. Өз күнүмдү көрөйүн мен дагы. Эркин болоюн.

Насирдин-хан таң калып тиктеди. Зайып көшөрүп жооп күтүп турду. Насирдин-хан:

— Мейли, кыргыз айым, эркин болуңуз. Сизден эң акыркы сурарым ушул ки...

Зайып:

— Ыракмат, падышам. Жети атасы хан болуп эмне тапты?! Кимге пайдасы тийди?! Теги башка, атасы башка дейм, атын башка коём. Жүрөр эл ичинде таман акы, маңдай тери менен күн көрүп...

Насирдин-хандын эки көзү чакчайып кетти. Эрди титиреди. Оозунан сөз чыкпады.

Зайып баланы кош колдоп Насирдин-хандын алдына кармады:

— Падышам, башка аргаңыз болсо, мына өзүңүз билиңиз.

Өзү берки үч катынынан туулган балдарын сактап кетсе да куп кеп. Толгонуп туруп, аталары атайы кылып келген ишти бу да кылып, тоолуктардын арасына бир сийдигин таштагысы келди. Билсе билер тегин, билбесе өзүнө. Аргасыздын иши. Насирдин- хан баланын бешенесинен сылады. Каңырыгы түтөгөндөй болду:

— Кайыр... Канжыгадан көрүшөрбүз...

Зайып ийилип таазим кылды да, баланы бооруна кысып, акырын басып чыгып кетти.

Бул хандын төртүнчү катыны болгон, Сарыбайдын кызы Кундузай эле.

— Эшик ага! Эшик ага! — деп чаңырды Насирдин- хан алдастап. Жооп болгон жок. Ордонун коргонунун ичинен тарсылдап мылтык атыла баштады. Кылыч кырчылдап, бакырган, онтогон үндөр жакын эле жерден угулду. Дарынын, кандын жыты келди. Насирдин-хан келме келтирип, кылычын бир колуна, бир атма орус пистолун бир колуна кармап, калчылдап, бурчка барды. Эшик дүпүрөп жатты.

Лүкүлдөп караулбашы кирип келди:

— Таксыр! Кутурган эл артына сүрүлдү. Ортодон кан төгүлдү.

— Кан? Дагы көбүрөөк! Дагы!! — деп нары кетти, бери кетти Насирдин-хан. — Бирин койбой! Бирин койбой...

Ушул учурда дарчеден ок зып деп кирип, дубалдагы килемге кадала түшүп турду. Тарс! Тарс!

Караулбашы:

— О, таксыр, күч келсе кана?! — деди тутүнү чыга. Насирдин-хан терс бурула берди. Караулбашы кайра лүкүлдөп чыгып кетти.

Эшик ага акактап кирип келди.

Насирдин-хан:

— Казына жүктөлдүбү?

— Жүктөтпөй жатышат, таксыр...

Насирдин-хан онтоп жиберди. Ошол учурда караулбашы кайра жулунуп кирип келди:

— Таксыр! Эл шаардын дарбазасын ачып... Болот- хан...—деди аптыга. Насирдин-хан ага атырылды:

— Жап оозуңду, шүмшүк! — деп атма орус пистолуна кол сермей. — Кайдагы хан?! Селсаяк дебейсиңби? Ууру дебейсиңби?

Караулбашы тике карады:

— Асте кылыңыз, таксыр! Күч кимде болсо, оомат кимде болсо, эл кимде болсо хан ошол!

Насирдин-хан шалдырай түштү. Караулбашынын көзүнөн жаны ачыганда ээсине асылып капканы турган иттин заарын сезди.

— Гм... — деп онтоп жиберди ал, эси эңгиреп, турган ордунда тегеренип, темтеңдеп, — ыя? Казына эмне болот? Ыя?..

Эшик ага ыйлактап колтуктап алды:

— О, жараткан! Жан болуп береби казына?!.

Караулбашы экөөлөп Насирдин-ханды баспас оюна койбой колтуктап алып жөнөштү.

Ошол тогузунчу октябрь күнү Насирдин-хан азгантай ээрчиген кишилери менен ордодон чыкты. Эл жолмо-жол кыйкырып, кесек менен артынан уруп Кокондон айдап салды. Ал эли жок, аскери жок, кол башындай алтыны жок, Кожон шаарындагы атасы Кудаярга барып кошулду.

Экинчи дарбазадан эл жолуна бойро төшөп: — Жаңгер! Жаңгер! — деп кернай, сурнай тартып, шаң, салтанат кылып Исхакты тосуп алды.

III

Исхак акылдуу тандап жанына ордо кишилерин курады. Курама Абдымомун бек катчы наиби, кыдыр-шаа Сулайман удайчы казына башчысы, адигине Өмөр бек датка парваначысы, өз уругу бостондон молдо Муса ынагы, кутлук-сейит Момун эшик агасы болду. Өзгөчө ишенимдүү Абдылла бек Кокон шаарына бек болду. Кыпчак Уали, саруу Бекназар кошундун эки канатына аскербашы болушту. Жалындаган жаш өзүбек Эшматка ордону кайтарган сарбаздардын караулбашы милдети тагылды.

Кокондун ич ара кымкуутунан пайдаланып, Кара- тегин вилаети өз алдынча болуп, беги Райым-шаа өз агасы Музафар-шааны кууп салып, бийликти тартып алган эле. Музафар-шаа Коконго качып келген. Балакатка жеткен сулуу кызы бар экен, ордо жакшылары аны Исхакка нике кыйышты. Ошентип качкын Музафар- шаа да Исхактын ордосуна өтө таасирдүү адам болуп кошулду.

Жаңы өкүмдар хан тукумунун атын жамынбай эле «Исхак-хан» деп өз ысмына мөөр ойдурду. Биринчи күндөн баштап, эски ордонун бектерин куугунтукка алып, колго тийген ханзаадаларды эч аябай көзүн жоюуга киришти.

Бир күнү:

— Өкүмдар, ханзаада агаңыз кармалды.

— И, кимиси?

— Султанмурат бек бахадур! Сизге беткат да, азирети Сагибзаада кожонун ашканасына бекинип калган экен, ошол мааленин[1] эли бутунан сүйрөп чыгышыптыр, капа болбойсузбу, өкүмдар, кантсе да агаңыз?..

— Хи, агам эмей?! Капа болбой анан! Кайда?

Ушул сүйлөшүүдөн соң Султанмурат бекти Исхактын алдына түртүп киргизишти.

Султанмурат бектин иреңи купкуу, көлтөйгөн боюн кайда жашырарын билбей эби жок бүжүрөп, боору титиреп, кызарып эти өсүп кеткен көзүн үлдүрөтүп, ичинен тынымсыз келме келтирип, босогону араң аттады.

Төрдө эки киши отурган экен. Султанмурат бек какалып акырын салам айтты. Тигилер алик алышып, орундарынан тура ызат көрсөтүп калышты. Султанмурат бек жал-жал тиктеди. Бири иреңинде саал чаары бар, узун бойлуу, каңгаал, бүркүт кабак киши. Ал азырак кара сакалы бар эрдин бек кымтып, көзүнөн от жанып, тешип тиктеди. Бири орто бойлуу, буудай өң, мурду саал кочкор тумшуктанган, өңдөгөн теридей сыпаа чалыш киши. Бир ууртун тартып, көзү күлүп, мыскылдап турат. «Кимиси экен?» деген ой кылт этти.

— Келиңиз, аваке...—деп, иреңинде саал чаары бары каршы алды. —Төргө чыгыңыз...

Кол алышып көрүшүштү. Ирецинде чаары бар кишинин сол жагынан орун алды. «Ушул!..» деп, Султанмурат бектин жүрөгү солк этти. Экөбү эки жактан имерип тиктешти. Султанмурат өзүнөн өзү кичинерип, «маймыл көргөнсүп тиктешет да?..» деп, дили ыза болду. Айласы канча? Ого бетер салбырап, нымшып кетти.

— Кандай, саксаламат жүрөсүзбү, аваке?

Султанмурат бек мукактанып, башын ийкегиледи.
«Шүгүр...» деген сөз оозунан араң чыкты. Тигилердин көздөрү чекесине кадалып турат. Сезди. Өйдө карай албады.

[1] М а а л е — махалле, квартал.

— Кенен отура бериңиз! Өз үйүңүз, өлөң төшөгүңүз. Же... менин Алим-хандын авладинен экениме али ишене албай...

Султанмурат бектин эти дүркүрөп кетти. Мурдун быш-быш тартып, аргасыз копшолуп, «Жо...» деп, жарым ооз үнү кыңырылды. Берки сыпаа жигит:

— Самаркандын дуванасы кайда? — деп суроо кошту. Султанмурат бектин өлөр жерине тийди. Суроо дагы жаңырды:

— Сиз өзүңүз, ханзаада, колунан жетелеп, элге көргөзүп жүрдүңүз го?

Султанмурат бек мурдун тарта албай калды. «Өлөт деген ушубу? Өлөт деген ушубу?..» деп, башына да, тилине да эчтеме кирбей, кар-кар тери кетти. Бууну бошоду. Тиктеп отуруп, кейигендей, табалагандай башын ийкей:

— Мейли, билбеген адам уу ичет, эми айтыңызчы, аваке, Алим-хандын авлади кимибиз? — деди бүркүт кабагы. — Сиз билесиз, ачык айтып бериңизчи, мына бу Абдылла бек «Сен эмессиң» деп, мага ишенбей жатат го?..

Бирин бири жымыйып тиктешип коюшту. Султанмурат бек тигинин этегине тооп кылып:

— Э, менде эмне күнөө?!. Кыл дегенин кылдым да!.. Айт дегенин айттым да!..—деп калтырап, бүк түштү. — Сиз экенсиз Алим-хандын чын авлади! Сиз экенсиз элдин эгеси... Жан соога!.. Кызмат көрсөтөйүн. Отуңуз менен кирип, күлүңүз менен чыгайын.

— Өйдө болуңуз, — деди Исхак эки колдоп акырегинен сүйөй, — о жарыктык, сиздин жаныңызга кастык ойлогон ким?! Өйдө болуңуз.

Дасторкон келди.

Эми жанынан үмүт кылып, ирeңине кызылы чыгып, делбиреп калган Султанмурат бекке Исхак серп таштады:

— Мага караганда сизге көбүрөөк белгилүү, аваке, азрети Кудаяр өз элин жоодой аңдыды, кек куушуп, өлкөнүн таркин кетирди, эң акыры эмне кылды, акпашага алдатып жиберди.

Султанмурат бек кошомат уруп, башын ийкегиледи.

— Эл үчүн, өлкө үчүн төрт жылы бел чечпей кармашып келдик. Мына, ордо, эки тизгин бир чылбыр колубузга өттү. Эми эмне кылабыз? Толо аяк ашын, аргымак атынын терин, азамат уулдарынын канын аябай, бизди туу кылып көтөргөн каралай көз элге эмне жыргал бере алабыз? Канткенде эл көңүлү ыраазы болот? Сиз экөбүз, ушуну ойлонушубуз зарыл...

Бул сөздү угуп отуруп, Султанмурат бек «Ыя?.. чын эле кайран бахадур Алим-хандын абладиби?.. Ал эмес дегендер ортодогу кутумдар окшойт го?..» деп, башы кеңгиреп, кече күнкү өзүнө азыр ишенбей, же бу сөздүн жүйөсүнө ишенбей коё албай, ою эки анжы болду. Көз алдына фон Кауфман, Атакул баатыр- башы келди. Азыр жанында болсо: «Мына буга окшогондор бузуп жүрөт ортону!» деп, көрсөтө берет эле, кармап берет эле. Жүрөгү дүкүлдөдү. Кыялында баатырбашы аны беттен алып: «А сизчи?! Жарым пашанын алдында, көп элдин алдында (?) сиз эмне дедиңиз эле?!» деп, шилекейин чачыратып сөгүп коё берди. Султанмурат бек шалдырады. Абтабачы жигит сунган чайды чала кармап, колуна жаба төгүп алды. Исхактын «А... зыяны жок...» деген жумшак үнүн укту. «Ырыскым түгөнүп баратабы?..» деп, жаман жоруп, ичи сыйрылды. Ал Исхактын «кеңешкен» сөзүн унутуп калды.

Абдылла бек мыйыгынан күлүп отурду. Исхактын ирeңи сур тартты. «Хи, мына Миң тукуму... Эки сөздүн башын бириктире албайт. Өлүмдү тике карап туруп бере албайт.

Дүнүйөгө устун болгусу келеби, ыя, булардын?! Бир кишиге пайдасы тийбеген кырс, тытынган ач көз, уялаш иттей да ынтымак күтө алышпайт. Ушуларбы өлкөнүн туткасы, ушуларбы көп жылдар бою элдин табынган кожолору?!» — деп таң калып отурду.

Султанмурат бек терин жеңи менен аарчыды.

Исхак:

— Эс аласызбы, ава? — деди суз. —Бул дүйнөнүн көйүнөн чарчадыңызбы?..

Көлтөйгөн Султанмурат бек мурдун тартты. Же баш ийкерин, же баш чайкарын билбей, кирпиги араң ирмелип кыңырылды. Эшик ага Момун тура келип, ага кымкап тон жапты.

— Ийиниңиз кубанып чыксын, бек ага...—деди Исхак, бир ууртун тартып жымыйып, суук тиктеп. Султанмурат бек аны байкаган жок, жетине албай, каңырыгы түтөп:

— Ыракмат... Бул дүйнөнүн жыргалын көр...— деп, андан ары эмне кыларын, эмне дерин билбей, «Ичер суум бар окшойт?!» деп, тирүү калышына ишеним сызылып келип, эти ысып кетти.

Исхак башын чайкады: «Тигини! Жыргалдан башка самаары, тилери жок булардын?! Карачы, өкүмдар болуу өз жыргалын көздөө деп билишет!» деп ирeңи түктөйдү.

Султанмурат бек ордунан кубанып турду. Улам- улам таазим кылып коштошуп, ушул жерден чыкканча шашып, күдүңдөп жөнөп калды. Эрдин бек кымтып, мелтейип тиктеп, Исхак башын ийкеди:

— Узатып койгула...

Бул өлүмгө кыйган буйрук болучу. «Күндүн көзүн көргөн суукка тоңбойт, хандын көзүн көргөн арам өлбөйт» дечү эле го? Абдылла бек кыя тиктеп калды. Исхак:

— Чириген жыгач, — деп, колунун учун терс шилтеп койду, — устун болбойт, отунга да жарабайт...

Султанмурат бек эртеси күнкү таңды көргөн жок.

Атакул баатырбашы колго түштү.

Эшикке келгенде Атакул баатырбашы мууну титиреп, муздак тер кетип, бирок кирбеске айласы жок, босогодон араң аттады. Мурдагы үзөңгү жолдоштор көп го, ошолордун көзүнчө теримди тескери сыйрытат го деп ойлоду. Исхак өзү жалгыз экен. Күтүп отурган сыяктуу.

Атакул:

— Ассалому алейкум...—деп, үнү каргылданып араң салам айтты.

Исхак кашын көтөрүп тиктеп калды. Чаар ирeңи бир кур сурданып, эрди бек кымтылып, көзү кайнап, атылып тура кала тургандай октолду. Атакул өзүнөн өзү кичинерип, аны сайын куту учуп, же жүгүрүп барып этегине жыгыларын, же кайрат кылып өз боюн түз тутарын билбей эсинен танып салбырады.

— И, Маргалаңдын беги! Кел, кел... —деди Исхак. Үнүнөн кекээр угулду. Атакул энтигип кетти. «Таксыр... Таксыр...» деди ою алдастай. Бирок, алдастаганы оозунан чыккан жок, эриндери алсыз кыбырады. Исхак колунун учун акырын жаңсап, отур дегендей ишара кылды. Атакул леп чөк түшүп, шалдырап тагдырына баш салды.

Аны алып кирген Бекназар арттан келип карап турду.

Исхак салбыраган Атакулду имерип тиктей отуруп, өзүнчө кайгырып, өзүнчө ийкегиледи. Атакул башын көтөрө албады.

— Мени Абдырахмандын удайчылары кармаганда сен жанымда белең, Атакул? — деп сурады Исхак. Атакул былк эткен жок. Исхак атайын чукулады:

— Нары карап кеттиңби ошондо? Далыңды эле бир көрүп калдым эле!

Атакул салбырап башын ийкеди. Ушундан соң Исхактын каны кызып, ушу азыр Атакулду тирилей жечүдөй ызырынып, өзүн токтото албай, калчылдап обдулду:

— Чыккынчы! Канча төлөдү Абдырахман сага? Саткын! —деп чаңырды, ордунан тура калып, Атакулдун артына өтүп тооруп басты. — Өзүң айт! Кана, өзүң айтчы, кызыталак, туз урган, сени саткын дебей эмне дейм? Саткын эмей, чыккынчы эмей эмнесиң?!

Атакул улам эти дүр-р этип, биртке чыйралып, күнөөнү моюндап, ажалын да моюндап, башын ийкей отуруп:

— Шайтан азгырып... Кудай уруп...—деп жан аргасы айтты.

Исхак ого бетер чарт жарылып кетти:

— Сен мансапкор, оңой мансап таап кеткиң келген! Миң тукумунан ыракмат алып, дөөлөт алып кеткиң келген!

Атакул кут эте албады. Исхак кайра ордуна барып, демиккени басылбай, өкүнүч, ой толгоо басып отуруп калды. Бир убакта соолугуп:

— Кана, эми жазаңды өзүң айт... —деди ал. Эмне дейт? Атакулдун дени өлүп кетти.

— И?..

Атакул акырын башын көтөрүп, телмирип тиктеп, акырын кайра жер тиктеди:

— Өлүм...

Исхак шалдырап отуруп калды. Бекназар да унчукпады. А Атакуп ичтен чыйралып, акылына келип, эшикке түртүп чыгарууну гана күттү. Тиктеген жок, жансоога сураган жок. Исхак шалдырап отуруп:

— О, атаңдын көрү, көп жолду бирге бастык эле, көп сууну бирге кечтик эле, теңтуш элек, тилектеш элек...—деди ачык муңкана, — сени өлүмгө берүү ушу бизге жеңилби?.. Бирак, сен чыккынчысың, сага өлүм...

Өлүмдүн актыгын эми мойнуна алып, андан кутулбасына көзү жетип калган Атакул селт этпеди.

Исхак:

— Кечире албайбыз! Өзүң бетиңе жугузган кара тагыңды өзүң гана жууйсуң, Атакул...

Атакул бир уууртун тартып, кайгылуу жылмайды. «Кара тагымды кызыл каным менен жууйм го?» деген ой жүрөгүн сыдырып өттү. Исхак ireңин тиктеп, ireңинен ичин аңтарып отурду.

— Уктуңбу, Атакул? Өзүң бетиңе жугузган кара тагыңды өзүң жууйсуң. Ак кызматың менен жууйсуң!

Атакул селт карады. Исхак жүзү муздак мелтейип, дагы бир сыр чыгарып, эки көзү тереңдеп жылтылдап турган экен. Кайсынысына ишенерин билбей, оозун жарым ачкан бойдон нестейип туруп калды Атакул. Исхак башын ийкеди:

— Эми адал ниетиң, ак кызматың менен...

Атакул эми шалдырады. Бир кездеги үзөңгү кагышып бирге жүргөн кездери эсине түшүп, көңүлү агарып, бала сыяктуу каңырыгы түтөдү.

— Исхак! Айт ачыгын, кандай кызматым менен жууймун? — деди ал абдула. Исхак анын көзүн тиктеди:

— Ачыгын айтайынбы?

— Айт, ачыгын айт...

Исхак:

—Сени Маргаланга жарым паша бек койгон а?

Атакул башын ийкеди:

— Мейли, Маргаланга бек бойдон кал, —деди Исхак сынай тиктей, — эми ошол ашналыкты, ошол алаканы улантасың, жакшыртасың...

Атакул жутунуп алды.

— Ишенип кой. Жарымпаша менен биздин ортобузга жүрүп бер. Ушуга жарасаң, кара тагыңды жууганың гана эмес, өз элиңе, өз өлкөңө теңдешсиз кызмат көрсөткөнүң болот. Уктуңбу?

— Уктум, таксыр! — деп жиберди Атакул. Исхак тирмейип тиктеп, имерип тиктеп токтоло калды. Мунун чыны экенин, же мазагы экенин ажырата албай, Атакул кайра шалдырады.

— Кокус, батырбашы, колдон чыгып кеттим деп...

— Каным менен! Анда каным менен...—деп жиберди Атакул. Исхак кумсарып тиктеп, башын ийкеди:

— Жакшылап ойлон, жаныңа бизден киши албайсың, өзүң барасың, өзүңдүн сөзүң кылып айтасың. Биз орус менен урушпайбыз, муну сен жакшы билесиң. Чатагыбыз ордо эле, мына ордо бизге өттү. Эми биз менен сүйлөшсүн жарымпаша. Өлкөнүн ээси биз. Сенин вазийфаң ушул, батырбашы, биз менен алакага, ымга келүүгө ийгер. Өлгөнү үчүн алым төлөйлү, колго түшкөн орустардын бир тал чачына зыян кылбай кайра өткөрүп берели. Өзүң баштап алып бар, мына ошону, өзүңдүн Маргаландагы бектигиң жарымпашанын сөзү эки болбой али сакталып турганын, уктуңбу, батырбашы, күбө кыл...

— Исхак, — деди Атакул шалдырай, — өнбөс доого жумшадың...

* * *

Эки сарбаз ортого алып, туткун унтер-офицерди айдап келатты. Эл жардап карашат. Бири «каапырдын жүзүн көрбөй өлөйүн» деп, тескери бурулуп туруп калып жатты. Бири мойнун созуп жүткүнүп «Өй, орус деле адамга окшош турбайбы?» дегендей, кызыгып карап жатты.

Туткун ирeңи купкуу, тагдырына көнгөн, чарчаңкы кадам шилтейт, эки жакты карабайт, эчтемеге кызыкпайт.

Кызыл кымкап тон кийген, башына чымкый көк селде оронгон, бөдөнөнүн куйругундай чукчуйган, ак сакалдуу кишинин алдына алып келишти. «Пулатхан өзү окшойт» деп ойлоду унтер-офицер кадала тиктеп. Тиги көзүнүн кыйыгын салды. Колунда ак пияла. Эрмектеп чай ууртап отурган эле. Этегирек килемдин четинде ирeңи жездей, мурду чоң сары киши отурду. Унтер- офицердин жүрөгү солк эте түштү. «Оруспу?» деген ой кетти. Жылуу тиктеп, ага сөөлөттүү адам жай ооз кыбыратып бирдеме деди. Орус ирeңденген:

— Ысмың ким дейт, —деп котторду. «Каргыш тийген крешин...» деди унтер-офицер ичинен, —пайдасы болсо шайтанга да кызмат кылып кете бересиң!.. Тилмеч суроону кайталады. Унтер-офицер:

— Данил...—деди жай. Тигилер бирдеме деп, өзүлөрүнчө кобурашып калышты.

Жолдо араба сынып, аны оңдоп кете коём деп, Данил отряддан калып калган эле. Эч ким көрүнгөн эмес. Эми арабаны оңдоп жөнөгөндө алды-артынан көп караан чыкты. Жай эл өңдүү, куралдары жок болучу. Жакын келгенде кыжылдап кыйкырып калышты. «Жарымпаша!», «Жарымпаша!» деген сөздөрдү ажыратты Данил. «Тапкан экен жарымпашаны?!» деп күлүп койду ал. Чукул келип он чакты адам чап салып киришти. Данил ок чыгарды. Бир киши бакырып жыгылды. Ошондо туштуштан ызылдап кыйкырышып, ок тийгенине, өлгөнүнө карабай жабылып, акыры аны арабадан сүйрөп түшүрүштү. Ошол жерден өзүлөрү өлтүрүп жибериштен коркушту окшойт, көпкө кажылдашкан соң, колу-бутун байлап, өзүнүн арабасына салып Маргаланга апкелип беришти. «Ок чыгарбасам да болот беле?» деп, өкүнүп отурду.

Сөөлөттүү адам огобетер жүзү жылуу тартып, башын ийкей отуруп Данилге көп бирдемелерди айтты. Данил тилмечти карады. Тилмеч:

— Бул адам улуу наиб, баатыр Пулат-хандын жакын адамы, катчысы,—деп баштады, бирдемеге көндүрчүдөй ийкем менен, — айтканы айткан болот, өлкөнүн Пулат-хандан кийинки экинчи адамы атактуу Абдымомун бек...

Данил таңыркап тиктеди. «Хан өзү эмес турбайбы» деп, көңүлү толбоду. Бу каргыш тийген бунтчулардын башчысынын мүйүзүн көрмөк эле. Тилмеч күңкүлдөп сүйлөдү:

— Данил, карагым, улуу наиб сени мусулман динине кирсин дейт...

Данил селт карады. Тилмеч башын ийкеди:

— Мусулман динине кирсин дейт. Динге кирсе, жаны калат, жаны түгүл үстүнө үй, астына ат кылып берем дейт, сулуу кыз тандап үйлөнтөм дейт, өзүмө бала этем дейт...

Данил башын чайкады. Тиги сөөлөттүү адамдын жүзүндөгү ырайым бирпаста жок болуп, куду ыркырап турган илбирс өңдөнүп, кичинекей сары көзү ойноп, Данилге кадалды. Үмүтү алдап, дагы күтүп, унчукпай турду.

— Эсиңе кел, Данил, — деди тилмеч түшүндүрүп, — бөөдө өлүп алганда эмне чыкты?! Ойлон. Ойлонуп туруп жооп бер, Данил...

— Эмнени ойлоноюн, — деди Данил иреңи кубарып, эрегише кашкөйлөнүп, — энем тууп, кайсы динге чокундурган болсо, мен ошол динимде өлөм!

Тилмеч:

— Энең чокундурган динимде калам деп өлгөндөн көрө, алдыңда турган мусулман динине кирип, тирүү калган жаманбы? Үстүңө үй, алдыңа ат, сулуу кыз...

Данил тилмечти кагып салды:

— Сага бердим аларды! Көр дүйнөнү сен ал.

Тилмеч сүйлөй албай калды. Сөөлөттүү адам андан бирдеме деп сурады. Тилмеч бир гана ооз сөз айтты. Сыягы «көнбөйт» деди окшойт. Сөөлөттүү адам ордунан атып туруп чаңк этип кыйкырды. Нары жактан кызыл кийим кийген сарбаз жүгүрүп келип эки колун бооруна алды. Эки-үч сөз ыргытты. Сарбаз кайра чуркады.

— Бекер кылдың, Данил...—деди тилмеч башын чайкап. — Бекер кылдың. Диндин эмне кереги бар сага? Жаныңды сактабай...

— Сен сакта жаныңды. Дүнүйөгө устун болосуң!— деп кер сүйлөдү Данил.

Сөөлөттүү адам дагы бирдеме деп чарк этти. Эки сарбаз Данилди түртүп ордунан тургузуп, коргондон сыртка айдап жөнөштү.

Эки колун артына байлап, дубалдын түбүнө жалгыз коюп коюшту. Аңгыча жыйырма чакты сарбаз чубап келди. Баарынын колунда милтелүү мылтык. Онбашы сарбаздын

айтуусу боюнча мылтыктарынын милтесине чакмак менен от коё баштašты. «Өлтүрүшөт экен...» деп ойлоду Данил. Ыргылжың ойлор башын каңгытты. «Эки өлбөйсүң, бир өлүмдөн качып кутулбайсың!» деп акыл токтотту.

Кыйла убакыттан соң жайма-жай көйкөлө басып, жанагы сөөлөттүү адам келди. Жанында дагы эки кымкап тондуу жүрөт. Ал келип, кобурап беркилерге сөз айтты. Беркилер баштарын чайкап, Данилди чекчейип тиктешип, кабактары жаман, наалат айтып жаткандай болушту. Сөөлөттүү адам тилмечке бирдеме буйруду.

— Данил, — деди тилмеч өкүнүчтүү, — айтканына көнсөңчү кургур...

Данил башын чайкады. Тигилер дуу этишип, наарazы үн салышты. Тилмеч дагы:

— Эң акыркы жолу сунуш кылды. Данил, же азыр өлтүрүлөсүң...

Данил башын өйдө көтөрүп, эргип кыйкырды:

— Уктуңарбы, мыкаачылар! Уктуңарбы, мен энем тууп, кайсы динге чокундурган болсо, ошол динимде өлөм, уктуңарбы, каргыш тийгирлер?! — деп оштонду.

Сөөлөттүү адам тири жегидей болуп, тирмейип тиктеп, анан бирдеме деп акырын сүйлөдү да, колун кескин шилтеп буйрук кылгандай болду.

Сарбаздар баары тегиз шыкаалап калышты. Онбашы сарбаз чаңк этти. Анын ачуу үнү менен кошо дүңгүр этип жыйырма мылтык бир атылды. Данил кыйкырышка үлгүргөн жок. Түтүн каптады. Көк түтүн улам коюуланып, алдында турган караандар теңселип, күүгүмдөнүп, көзүнө эчтеме көрүнбөй калды. Ал андан наркысын сезген жок. Бук түшүп жыгылды.

Сөөлөттүү адам жүзүн үйрүп, тез бурулуп басып кетти.

Бул окуя Исхакка дароо жетти.

Шашылыш мажлис чогулду. Бектер, саркерлер диванханага келе башташты. Акырын салам айтышып, баш ийкеп учурашышып, алдыртан көз менен сыр алышып, кандай шашылыш маслахат экенин иликтешип турушту. Эч ким билбейт экен. Ар кимиси өзүнчө ой жооруп күтүштү.

Эшиктен Исхак кирди. Баары дуу туруп, таазим кылышты. Чаар ireңи ого бетер карасур тартып, күдүрөйүп, кабагына кар жаап келди. Коштой келген Бекназар баатыр куралдуу удайчыларын улага ченге токтотуп, өзү да босогого туруп калды. Эмне болуп кетти? Эшикти эмне үчүн тостурду? Мажлиске чогулган жакшылардын жүрөгүнө кооп кирди. Бирок, эч ким коркунучту өзүнө албады.

— Ассалому алейкум, жакшылар...—деп салам айтты Исхак, ички каары билинип, үнү калчылдап чыкты.

Жамырап алик алышты. Тактын оң жагында улуу наиб Абдымомун бек, сол жагында Өмөрбек датка турган эле. Исхак тактын жанына барып, отурбай, чогулган жакшыларын бир сыдырып тиктеди. Сөздү эмнеден баштарын таппай токтоло калды. Ордо эрежеси боюнча алыстан келип, каймана кылып, ортого саласал кылуу керек беле? Анын андай салтанатка табы жок, дили кыра болучу. Ал ички каарын беките албады. Жымырылып турган Абдымомун бекти атып тиктеди:

— Бек...

— Лаббай...—деди Абдымомун бек леп эте.

— Канча сооп иштедиңиз бүгүн о дүйнөңүз үчүн?

Абдымомун бек түшүнбөй, кичинекей сары көздөрү диртилдеп, эмне жооп айтарын билбей, өкүмдардын ireңинин сурунан жалтанып бүжүрөдү:

— А кудай жолунда жүргөн адам эмеспизби... Беш ирекет намазыбыз, кайырыбыз, садакабыз...

— Бир капырды мусулман кылса, өзү гана эмес, жети атасына сооп, ага дозок оту арам, таңгы маашур кезинде пайгамбардын шапаатын токтоосуз алат. Жакшы эле аракет кылган экенсиз. Кызыталак капыр Данил көнбөй өлүп кете бердиби? Аттиң, өмүрүнчө элдин акысын жеп дозокко кеткен жети атаңызды саал жерден бейишке тартып чыгарып коё албай калыпсыз да, бек?!.

Дароо түшүнүштү. Абдымомун бектин сооп издегени Исхакка жакпай калган экен. Эч кимиси кут этпей, бул кагылыштын аягы эмне менен бүтөрүн мелтейип күтүп калышты. Абдымомун бек кубарып, бир аз ыза болуп, көмөк сурагандай эки жакты жал- жал тиктеди:

— Эми, өкүмдар... баарыбыз мусулман баласы эмеспизби...—деп, шарият жобосуна таянды.

— Сиз мусулман баласы эмессиз! Сиз шайтансыз!! — деп чаңырып жиберди Исхак. Абдымомун бек селт эте тушту. Кубарып турган иреңи кыпкызыл болуп кетти. Уккан кулагына ишенбей, андан наркы сөздү укпай, эси эңгиреди. Исхак такка отура калды. Колун кезеп, зиркилдеп кайра турду:

— Сиз бул өлкөнүн баласы кылбай турган, мусулман баласы кылбай турган кастыкты кылдыңыз! Уктуңузбу, сиз шайтан гана кыла турган ишти кылдыңыз! Сиз бизге карай акканы турган деңиздин тосмосун жырдыңыз. Бизди карай секирүүгө шылтоо гана таппай турган жолборско шылтоо таап бердиңиз...—деди, андан нары токтоно албай, эки көзүнө кан толуп, сөгүп кирди. —Кара шайтан! Тыңчы! Чыккынчы!..

Тургандар турган жеринде катты. Абдымомун бек шалбырап тердеп кетти. Же кайрат кыла албады, же күнөөсүн күнөө деп моюндашка жарабады.

Исхак энтигип, бир кара буусу чыгып, соолуга калды.

— Кана, ушул акмакчылыгыңыздан соң өзүңүз айтыңызчы, шайтан эмей, ыя, кара шайтан эмей эмнесиз?!. —деп кайгылуу күңкүлдөдү.

Абдымомун бек актана турган өңдөнүп, баш көтөрдү эле, Исхак кайта чарт жарылып кетти:

— Кереги жок шылтоонун! Кереги жок эми актануунун, сабылуунун...

Абдымомун бек бүжүрөп кетенчиктеди. Исхак октолуп басты. Абдымомун бектин селдеси чубалып кетти. Ал жыйышка чамасы болбой, эшикти карай кетенчиктеп жөнөдү. Исхак алка жакадан ала тургандай болуп, жулунуп басты:

— Кара шайтан! Тыңчы! Чыккынчы!..

Селдеси төрдөн босогого чейин ийрилип чубалып, Абдымомун бек кабагын түйүп турган Бекназар баатырга барып такалды. Бекназар баатыр кыжыры менен Абдымомун бекти желкесинен ныгыра басып, Исхактын алдына токтотту. Абдымомун бектин көзү булаңгыр тартып, боору титиреп, тумшугу чукчуйган саймалуу көк өтүктү өпмөкчү болду. Исхак жийиркенип бутун тартып алды:

— Ыплас... — Эрдин тиштеп, эки көзү канталап, ойлонуп туруп: — Ха, тузуңузду таттым эле, жаныңыз соога... —деди акырын, анан эшикти карай колун шилтеди. — Чыгып кетиңиз!

Жалаң баш бойдон Абдымомун бек сенделип чыгып кетти.

Эч ким кут этпеди. Баятан берки ачуусу эми кайгыга айланып, шалдырап, эрди кеберсип, жерде жаткан селдени тебелеп, Исхак төрдү көздөй басты...

* * *

Ташкен шаары...

Түркстан генерал-губернаторунун мекемесинин күтүү залында эки гана киши отурду. Кең фойенин оң дубалынын түбүнө жакын коюлган кызыл булгаары капталган чоң дивандын эки учунда, бирине бири далысын салып, месирейип катып, жер тиктеп отурушат. Бири орто жашап калган, иреңи кара сур, кыркма сакал, башында чалма, чалманын оң тарабына таккан хандык жарлыгы бар. Карала кымкап чепкендин ичинен кийген кызыл манат камзолдун төшүндө Россиянын биринчи даража Станислав ордени жаркырайт. Ошол жакасын атайын ачып отургансыйт. Берки киши андан алда канча жаш, иреңи куба, сасирең, оорукчалдай эки көзү киртейип, муңканып отурат.

Генералдын эшиги ачылды. Экөбү тең тура калышты. Коңур кара чачтуу, штабс-капитан мундирин кийген, сулуу, муруттуу ак саргыл жигитти экөбү тең утурлай басышты. Сыягы экөбүнүн иши эки башка өңдүү. Тиктешпейт, ортодо оңолгус кастык, о дүйнөдө да жүз көрүшпөй турган таарыныч сезилет. Кимибизди кабылга чакырар экен деп экөбү тең күтүп тиктеп калышты.

Жаш офицердин мөлтүрөгөн көгүлдүр көзү жазгы булуттай таза да, суз болучу. Күтүүчүлөргө анча көңүл бөлбөй:

— Таксырлар, — деди жадаган өңдүү, — бийик даражалуу жарыктык бүгүн бошобойт экен...

Беркилер жарыша ооз жасап келе жатканда сүйлөтпөй башын ийкеди:

— Айттым. Айттым. Биринчи даража Станислав орденинин кавалери, бийик даражалуу, Кокондун мурдагы ханы Кудаяр, ошондой эле мурдагы хан Насирдин күтүп отурушат дедим.

Беркилердин ындыны өчө түшүштү. Экөбү эки жакка бурулуп, сенделип, кокус бири кетсе бирин кабыл алып жүрбөсүн деп, кызганып, ичтери тарып, кайра дивандын эки бурчуна дагы терс карап отуруп калышты.

Ушул учурда эшиктен Атакул баатырбашы кирди. Фойенин жасалгасын карап, алаңдап келатып, диванда отурган кишилерди анча бейлебей келип, кайдигер кишиге сыпаалык үчүн айтар саламды айтты, саал баш ийкеп, ооз кыбыратып. Кудаяр башын көтөрүп, ал дагы башын акырын ийкеп алик алганда, баатырбашы чоочуп кетти, кетенчиктей берди. Кудаяр кайгылуу жымыйды:

— И, баатыр жигит, жылаан көрдүңбү?..

Атакул баатырбашы Насирдинди да көрдү. Эсине келе калып:

— Хи, — деди ал кыжыр менен, — чага турган жылаан экен десе, тили суурулуп калган сасык жылаандар турбайбы!..

Насирдин ордунан атып турду. Оозу бир жагына кыйшайып, эки көзү чакырайып кетти. Атакул баатырбашы жүлжүйүп тиктеп, мыскылдап бырс күлүп койду:

— Тек ийрилип жат жайыңа. Октолуп койгонун?!

Штабс-капитан кабинеттен чыкты. Марашып турган кишилерди көрүп, бери басты да, Атакул баатырбашыны бутунан башына тиктеди:

— Сиз кимсиз?

Атакул баатырбашы шашып кетип, баш уруп жүгүндү:

— Мен... Урматтуу Төрө... Баатырбашы Атаку мун...

Штабс-капитан тааный койду:

— А-а Маргаландын бегимин деңиз!.. Өзгөрүп кетипсиз го?..

Атакул баатырбашы «Эми, ушинтип... төрө...» дегенден башка эчтеме айта албады. Штабс-капитан токтотпой кабинетти карай баштады:

— Жүрүңүз. Бийик даражалуу жарыктык сизди күтүп отурат...

Кирип баратып, Атакул баатырбашы бир кайрылып, көрдүңөрбү дегендей көкүрөгүн көтөрүп, үч күндөн бери кабыл алынбай жаткан эки ханды тиктеп койду. Кудаяр да, Насирдин да аң таң болуп отуруп кала беришти.

Генерал-адъютант фон Кауфман колунан эч жамандык келбей тургандай жылдыздуу киши. Кең столдун нары жагында, жумшак креслого коомай отуруп, кагаз карап күймөнүп отурган эле. Адъютанты киргенде козголгон жок. Кагазына үңүлө берди. Дубалда тике туруп түшкөн падыша Александр II нин чоң портрети турган. Эч качаң көрбөгөн эле, Атакул бир чаргып тиктеп, андан төмөн столго үңүлүп отурган фон Кауфмандын ыштаган жаргактай кашка башын, ойго чөмүлгөн суз жүзүн көрүп калды.

Адъютант:

— Маргалан беги Атакул баатырбашы...

Губернатор башын акырын көтөрдү. Көзүнүн төбөсү менен мелтейип суз тиктеп, босогодо төбөсү менен тик сайылып баш уруп турган Атакул баатырбашыны көрдү да, каламын столго таштап, ирeңин саал жумшартты.

— Ассалому алейкум, улуу төрө... жарымпаша... —деп үнү дирилдеп салам айтты Атакул баатырбашы. Алик ордуна:

— Бери жакын келиңиз, — деди фон Кауфман.

Түркстан генерал-губернатору баатырбашыны жылуу кабыл алды. Кудаяр да, Насирдин да оюндан чыкты. Эми губернатор кимге таянат? Күчүк да болсо, өстүрүп ит кылып, мына ушул Атакул өңдөнгөн ийкемдүү адамдарды колго алуу керек эле. Губернаторго ордону талашууга укук болуп бере албаса да, көтөрүлүштү өз ичинен ыдыратып, өз ичинен былгытып, ынтымагын кетирүүгө булар жарап беришет. Бул элдин кимиси гана болбосун, көтөрөм десең, алына, акылына карабай көтөрүлөм дей берет, ан үчүн баарына кайыл, ан үчүн баарына көзүн жумат, от кеч десең от кечет, сууга чөк десең сууга чөгөт. Атакул ким? Темтейген бир айбан. А Маргаланга бек бол десең, акылдап жүгүрдү. Мурунку тагдыры кан менен кошулган үзөңгүлөштөрүн сатты. Былк эткен жаңылыкты, дүрт эткен кооптуу жагдайды күндү күн дебей, түндү түн дебей чаап жеткирип турат. Кудаяр менен Насирдинден кандай айырмасы бар?! Же Кудаяр менен Атакулдун айырмасы канча?! Биринен бири акылдуу эмес, биринен бири терең эмес, баары тайкы, баары тайыз. Супурасы куру болсо да даңкты, кандай болсо да мансапты жакшы көрүшөт.

— Иш кандай? Жакшыбы? А, жакшы болсун. Жалган хан кандай? Сизге тийген жокпу? Тие албайт. Кам көрөбүз. Жакында ал карөзгөй күмжам кылынат. Сиздей баатырлардын көмөгү зарыл. Тилмеч котордү.

— Улук төрөм... Таксыр... —деп мукактанып, Атакул жал-жал тиктей калды.

Фон Кауфман баамдап туруп «Жүрөгүн өйүгөн бирдеме бар мында, мейли, кеңири отуруп айтсынчы», деди акырын тилмечке. Тилмеч жубаткан соң, Атакул батынып сүйлөй баштады:

— Жаман ой албагыла, улук төрөм, менде эч кеп жок... Исхак кеп салат, эгер урматтуу улук төрө жарымпаша макул болсо жүз көрүшсөм дейт, орус менен ата-бала

бололу дейт... Ушинтет... Менде эч кеп жок... Чыны ушул ки, Исхак Кудаярга, Кудаярдын тукумуна гана эрегишип чыккан адам. Кудай акы, Исхак элге тынч хан болот, ошон үчүн артынан эл ээрчип жүрбөйбү, Кудаярдан алда канча жакшы хан болот...

Атакул эки көзүнүн тегереги тердеп, тамагы какшып, эми жарымпаша эмне дейт деп, өзөгү карайып, жал-жал тиктеп, өзүнөн өзү күнөөлүү болуп, отуруп калды.

Тилмеч котордy. Фон Кауфман эрдин бек кымтып, ирeңи былк этпей, томсоруп көпкө тиктеп калды. «Гм? Ууру качан да болсо ууру бойдон калат! Оозуна Исхагы кайра кирип калган турбайбы. Кудаярдан жакшы хан болот? Хи, биз силерди жакшы хандуу болсун деп келип отурган экенбиз го?!» деди ичинен. Ордунан туруп, жай басып, Атакулдун артына өттү. Атакул башын кылычка тоскондой катты. Губернатор анын желкесин тиктеп туруп, кайра нары басты:

— Маргаландын беги,—деп баштады, — эмне, сизди жалган хан кысмакка алып жатабы? Коркпоңуз. Өзүнүн саналуу күнү калды. Бизге анын эч кереги жок. Кереги болсо, дагы хан тукумунан бирөөнүн кереги болуп калар. Тексиздин эч кереги жок.

Тилмеч котордy. Эки көзү жалдырап, анда мен эмне кылышым керек дегендей, Атакул оозу жарым ачылып, суроолуу карай берди.

— Сиз эр жүрөк адамсыз, — деп мактады губернатор, — сиздин бизге болгон ак ниетиңизди биз жакшы билебиз, эгер мындан нары да жан үрөп кызмат көрсөтсөңүз, мен го сиздин өтө жакын тамырыңызмын, улуу даражалуу ак паша көңүлдөн жаздым калтырбасына толук ишенип коюңуз, бир шаардын беги эмес, бүткүл Коконго таасирдүү, кадырлуу адам болуп калышыңызга эч шек болбойт...

Тилмеч котордy. Атакул эки көзү жалтырап, жутунуп алды. Көңүлүнө ар деме кетти. «Аттиң ай, болсо кана?! Исхактын өзү бийлик деп, даңк деп чаап жүргөндүр?! Өлгөндөн соң бейишиңдин кереги жок...» деп, лабизи өрттөндү. Губернатор так ушуну сезгендей, ач көз кушка кызарган бирдемени көрсөтүп талпынткандай сөздү дагы жылымдатып урду:

— Кудай буйруса, келерки жылдын башында улуу даражалуу ак пашанын туулган күнүн белгилеп, бүткүл Россиядан, колониялардан, дос элдерден, кас элдерден мейман, авазгөй чакырылып, өтө салтанаттуу чоң той өткөрүлөт. Бу селсаяктын тополоңун тез бассак, ошол улуу азем үстүндө улуу даражалуу ак пашанын өзүнө сизди жүз көрүштүрөм го деген үмүттөмүн...

Тилмеч котордy. Атакулдун эки көзү чакчайды.

— Кантип тез басабыз? Бу тексизиңер өзүн хан кылып алды. Бүт элиңер, бирди жарым сиздей акылы тетик адамдар калбаса, баары самсып ээрчип алышты. Так ээси хандарыңар атасы баласына тили өтпөй, баласы атасына тили өтпөй, ит менен мышыктай тытышып, бир жаман күпкө ордого ээ боло алышпай куулуп ташталды. Эмне кылуу керек? Мындай чакта акылды, күчтү мына сизге окшогон азамат адамдар табат. Күн чыгыштын байыркы бир акылманынан: «Жамы өлкөгө, жалпы элге бирдей пайда келтире турган окуя кайсы?» деп сураганда, акылман: «Нары жаман, нары тынчы жок хандын көзүн жоюу» деген экен. Кандай таамай айтылган а?..

Тилмеч котордy. Жүрөгү бирдемени сезип, ылдый тиктеп, Атакул шалдырады. Фон Кауфман өзү да бир аз ойлонуп, нары басып, бери басып, Атакулдан көзүн албай тамеки тартты. Жай кыймылынан, ишенимдүү кыймылынан жазбай, креслосуна өттү. Отурбай столдун суурмасын тартып, кайра токтоп, Атакулга карады:

— Сизге тагыла турган бир оор милдет бар, — деди ал сыр тартып тиктеп, — сиз аны аткара аласыз, нары үстүнө жалган хандын өзү менен жолугушуп да калыпсыз, эң сонун, жакындашыңыз, пайдаланыңыз, түбү келип негизги милдетти аткарууга жеңил түшөт. — Суурумадан колжойгон бир атма пистолду алып столдун үстүнө таштады. — Албетте, бул биринчи аракет эмес, эң оболу сөз менен, иш менен узурпатордун каракчыларынын ичин иритесиз, эмне болжолу болсо, эмне максаты болсо бизге тез кабарлап турасыз. Жок, андан эчтеме чыкпасына көз жеткенде, ушул... —Сөөмөйү менен пистолду көрсөттү.

Тилмеч которду. Түрүнөн эле жаман сөз болуп жатканын Атакул туюп отурган, ордунан тура калды.

Генерал-губернатор пистолду алып, унчукпай Атакулга сунду. Атакул кыйылды. Генерал-губернатор көшөрдү. Атакул жер тиктеп салбырап турган бойдон сенделип келип, пистолго кол сунду.

— Кайрат кайда?! — деп, бир чети көңүлүн көтөрүп, бир чети кекетип, фон Кауфман кабагын түйдү.

Атакул пистолду алды. Фон Кауфман:

— Ташкендин түбүндө Алымкул аталык кантип атылганын уккансызбы?

Атакул башын ийкеди. Фон Кауфмандын көңүлү кадыресе көтөрүлө түштү:

— Эң жакшы!

Атакул баатырбашы коштошуп, салбырап тышка чыкты. Эч жакты карабай чоң эшикке жетти. Кудаяр баласы экөбү дагы эле зарыгып күтүп отурушкан экен. Ал Атакулду ээрчий карап, акырын аския айтып күлдү:_

— Йе... бачага окшоп уйпаланып чыкты го?!

— Бача болуп башынан өткөргөн билбесе... —деди Насирдин жылдыра. Кудаяр кызарып кетти.

Ошол эле күнү Ташкенден чыгып, беш кошчусун ээрчитип, эч ким менен сүйлөшпөй, эч жерге кайрылбай, Атакул баатырбашы жүрүп келатты.

Орус аскерлери күзөткөн кароолканаларга жетти. Фон Кауфмандын өз колу коюлган, печаты басылган документти көрүп, унтер-офицер колун чекесине алып, урмат көрсөтүп өткөрдү.

Артын карабай жүрүп отурду. Кокон сыпайлары тоскон жесекке жетти. Караулбашы анын колунан Исхактын мөөрү басылган күбөлүктү көрүп, эки колун бооруна алып, ийиле таазим кылып, кетенчиктеп жол бошотуп өткөрдү.

Эчтеме анын көңүлүн көтөргөн жок. Жүрөмал аргымактын жалын тиктеп, эч жакты каранбай, жолукканга салам айтып, саламга алик да албай, өз оюна, өз санаасына өзү эзилип келатты.

«Бу жарымпаша, ыя, менден эмнени талап кылып отурат? Мени дили таза адам катары, бек катары көрсө, кудай урган, башка бир татыктуу милдет бермек. Элди бөлүп ал, жигит кура, кан майданда кармашып өл десе, о анда, бир жөн эле. Киши өлтүр дейт! Аяксыз жүргөн бирөө сыяктуу эле, колума курал карматып эле, киши өлтүрүүгө жумшап жатпайбы?! Менин баам ушубу?..» .Атакул эрдин тиштеп, иреңи капкара болуп, бир жагы ыза, бир жагы оор талап аны эзип, көзү жашылданып келатты. Бир кыялы мейли деди. Эртеңки кылар иши көз алдына келе баштады. Тигине ал өзүн көрдү. Исхак турган топко келди. Бир атма пистолду сыйпалады. Мына, эшик төрдөй

жер! Ал ок чыгара албады. Колу калтырады. Жүрөгү туйлады. Ошол учурда Исхак жалт карады. Көзү чекесине кадалды...

Жаман түштөн ойгонуп кутулгандай, жаман оюнан бир силкинип суурулду, жеңилдене калды. «Же жан калар иш болсо экен! Колго түшпөй каламбы?! О, жараткан, мурунку эки тайып, эки жолу бетим кара болгонум азбы? Эмне деген атым калат? Укумдан тукумга Атакул атым кан ичер, элин нанга саткан, куш жеминдей мансапка алмашкан чыккынчы болуп, азазил болуп айтылып өтөт. Менин атымдан өз балам уялар. Менин атымды өз каным сөгөр...»

«Эмнеси коройт жарымпашанын?! Көп болсо, сөөк ыргытып коюп, итче ээрчитип жүргөн, бир арзан баа чыккынчы өлөт экен да. Эмнеси кемийт?! Ок катары пайдаланат. Окту бир мерте атат. Мерчемге тийсе да, тийбесе да октун кеткени ошол, артынан издебейт... Тийип калса набы жарымпашаныкы. Исхакты мертинтет! Түркүн тайпа журттун азыр башын бириктирип турган ыйык тууну кыйып түшүрөт...»

«Эмне деп барам? Жарым пашаны көндүрмөкчү эмес белем? Мурунку кара тагымды ушул ак кызматым менен жуумакчы элем го?! Хи, Исхак да оңойбу?! Болуп калса пайдасы, болбой калса эрте жоктун бири деп, ал дагы ок катары пайдаланып, өлөр жерге камаганын карачы?!» Иреңи кумсарды. Танабы кыпчылып, эрдин тиштенди. «Менин баам ушул элеби? Эки жагы тең арзан баа кылыштыбы? Чыккынчынын баасы!» деп күбүрөндү жүрөгү сыйрыла. Ал бир атма пистолду белинен сууруп, жалтыраган кара темирди имерип тиктеди. Күрсүнүп алды. «Өңү ажалдай суук... кызыталак...» деди эси эңгирей.

«Жарым пашадан кантип кутулам? Ыйык туу болуп турган адамга кантип кол көтөрөм? Э, баары келип, ноктолуу башка бир өлүм...» Жер сары. Дарак жалаңач. Тоолор суз. Сөөктөн өтүп, шуу-шуу этип, муздак жел сыдырат. Убайым сыяктуу көңүл чөктүрүп, жер, бүт айлана сары.

Ат кошчулар сопоктоп жүрүп, чарчап, өзөктөрү карайып, баатырбашынын эмне үчүн мындай капалуу кайтканына акылдары жетишпей, ар кимиси ар түрдүү жоруп, акырын күбүрөшүп, камчылана-темине жүрүп келатышты.

Тарс! Жигиттер селт эте беришти. Атакул баатырбашы атынан ооп түшүп баратканын баары көрүштү. Эмне болуп кетти? Оoздору жарым ачылып, ок кайдан чыкканын аңдай алышпай, бирпаста коркунуч ороп, эки жакты элтең карашты. Куралга кам урушту. Эчтеме жок. Теребел тыптынч. Жигиттер жарыша чаап жетишти. Бири тизгинин басып тигиндей токтой калган аргымакты кармады. Калгандары аттарынан күбүлүп түшүп баатырбашысын сүйөштү.

Ок так Чыкыйга атылган экен. Бир атма орус пистолдун оозу түтөп жанында жатканын көрүштү...

* * *

Исхак ой басып, башын көтөрбөй, куш жаздыкка чыканактап жатты. Жанында бир сепейген кара абышка отурат. Эчки сакалдуу, кичинекей башына калдайтып ак селде оронгон. Тунарган сары көзү тирмейип өткүр, алакандай куба жүзүнөн наараздылык көрүнөт, кыймылы ишенимдүү, үнү чыйрак.

— Бул эмне?! — деп, абышка титиреңдеп алаканын жая, кейип сүйлөп жатты. — Жакшылыгын көргөн, тузун таткан, көзүңдүн агы менен тең айланып, кызматыңды

кылып отурган адамың эле го?! Же күнөөсү күнөө сыяктуу болсо экен. Бир каапырды өлтүрүп койду деп да, ушунча каар төгөбү, кокуй?!

Исхак эми козголду:

— Бейишке чыкпаса, кызыталак, жети атасы көрүндө өкүрүп жата турбайбы! Жан далбас кылып, биз быякта, жарымпаша менен эптеп сүйлөшө албай, эптеп алакага келе албай жатсак, мунун кылган ишин кара?! Түшүнбөйбү акмак болбосо?!

Абышка уккусу келбей, ичинен кылчылдап:

— Эмне кылсаң да, балам, кудайдын ишине, шариятка каршы жүрбө! — деди абышка. —Мага түгүл, көп мусулманга жаккан жок бул кылыгың. Мусулмандын мусулмандык бир милдети ушул, колунан келсе, бирөө болсо да, кайридинди, адашканды ак жолго үндөп, мусулман коомуна тартуу. Бекти чеки кыпды деш күнөө...

Исхак жаздыктан өйдө болду. Эрди бек кымтылып, кабагы тырышып, саал чаары бар иреңи сурданып, көзү кызарып, абышканы тиктеди. Абышка башын чайкап, дагы эле тилин тартпады:

— Душман сүйдүрүп айтат, тууган күйдүрүп айтат. Мен күйдүрүп айтам, тууганың гана эмес, атаңмын мен сенин...

Исхак:

— Кудай канчоо? — деп сурады.

Абышка нестейип, оозун кымтый албай, «Ой, бу балам акылынан ажырагаңбы? Астапурулла! Кудайды экөө деген мусулман эмес. Муну мусулман айтса, шарт динден чыгат. Бул эмне деп отурат?» деп, жалдырап отуруп калды.

Исхак:

— Кудай бирөө. Иса ким? Пайгамбар! Мухаммад ким? Пайгамбар! Орус Иса пайгамбардын үмөтү, биз Мухаммад пайгамбардын үмөтүбүз. Туура айттымбы?

Абышка динден чыгарып кетеби дегендей, мелтейип кооптонуп, башын да ийкебеди. Исхак маани улады:

— Бир кудайдын эки пайгамбарынын жолун бирин бирине каршы коюш чекилик. Ырас, кийинки дин кармайт деген пенделеринин жаңылыштыгы жок эмес. Бирак, мусулман болмок ыклас менен, асте-асте, а өлүм менен коркутуп, кан төгүп, эки жакка эки дүйнө күнөөкөр болмок бир паста го?! Эки жакка тең ынтымак кылыш, азиз дил, таза болуш илазим эмеспи?!

Абышка үтүрөйүп коркту.

— Тоуба кыл! Тоуба кыл...—деп, көзүн алайтып, жакасын сыга карманып, абышка кобурап келме келтирди. Ирееңинде кан сөлү калбай, өзүнөн өзү демигип, колу титиреп кетти. Исхактан жүзүн үйрүп, диниме салакасы тиет деп, жаны чыгып корккондой болду. Абышканын түрүн карап отуруп, Исхактын көңүлү ооруду:

— Ата, — деди ал акырын, — менин ишиме киришпеңиз, мындан кийин минтип, кадыр салып, арага түшкөндү коюңуз. Келбеңиз алдыма. Жанагы сөз ушул жерде калсын...

Абышка эч жооп айтпай, жүзүн үйрүгөн бойдон, туйтуңдап таарынып, этегин кагынып чыгып кетти. Исхак ичинен дүрт этип кыжыры кайнап, бирок өзүн өзү басып, мелтейип тиктеп кала берди.

Бул абышка Исхактын өз атасы молдо Асан эле. Исхак ордону ээлеген соң, бектер таап келишкен. Кандуу күрөш ичинде көп жылдан бери жүрүп, өзүнүн саясы максаты менен алек болуп, кыял кечип жүрүп, Исхак атасы кайда экенин да унутуп калган эле.

Не кылган менен, теринин жыты тааныш өз ата эмеспи, келгенине кубанган. Бирок абышка көз көрүнөө көөп кетти. Исхакка батыл сүйлөп. Кээде чыргоолонуп, кыял көрсөтүп, тийешеси жок ишке киришет. Муну ыкчылдар пайдалана башташты. Этият боло баштаган эле, бул кечтеги ортого түшкөнүнөн Исхактын андан такыр ичи муздап калды. «Эмне кылам? Бу чала молдо өз атам...» — деп шалдырады.

— Дагы бир календер келип, киргиз деп отурат. Эмне кылайын.

— Кандай календер?

— Билбейм. Сенделген бир чал.

— Киргизчи... Ким экен ал...

Бир аз убакыт өткөн соң Момун алдына салып календерди алып кирди. Кийими жупуну. Өңү жүдөө. Бирок, эч кимден корунбай турган, жалтанбай турган, көзү тик. Исхак бир элтейип тиктеп, боолгоп, ордунан тура калды да:

— Э-э... азирети капызбы?..—деп, көзү жайнап, кучак жая басты. —Жарыктык, кайдан жүрөсүз?..

Кучакташып көрүшүштү. Исхак жадырап кубанып, календердин колунан тооп кылды:

— Келиңиз! Төргө өтүңүз, азирети... —Ал таң калып турган эшикагага колун шилтеди: —Ордобузга кут келди! Чогулсун мында жакшылар, катар туруп кол беришсин азиретиге...

— Э, углум, элден жакшы адам түгүл жакшы мал чыкса аваз кылат, журтка тутка, ордого баш болду деп уктум, мына алдыңдагы тактыңды, башыңа конгон бактыңды көрүп, кабагыңды, пейлиңди сынап кетейин деп келдим... —деди календер улага жакка отурар жерин көздөй.

Исхак улагага отургузбай колтуктап алып төргө килемдин үстүнө куш төшөккө өткөрдү. «Майли, майли, баары бир эмеспи кайда отурса...» деп өзүнчө кобурап, календер чал төргө чыкты.

Бул киши менен Исхак мындайча жолуккан эле.

— Кайда барам дедиң, жакшы жигит?

— Ташкенге, таксыр.

— Салт төө бар. Ошону минип аласыңбы, майли, мусулман баласы эмеспизби?! А кереси кандай болор экен, жакшы жигит?

— Күчүмдү берейин баргынча, таксыр.

— Күчүмдү берейин? Гм... Куп болот, жакшы жигит.' Маргаланга токтойбуз, бул жүктү түшүрүп, аерден башка жүк алабыз, Анжиянга тиебиз, андан да башка жүк алабыз, андан нары Наманген, андан нары Ташкен. Майли, мусулман баласы эмеспизби, жүккө кол кабыш кылып, илешип кете бер, майли...

Исхак ушул сөздөрдү кербенбашы менен азыр сүйлөшүп тургандай угуп, кербенбашынын чекир көзү, коңкойгон кызыл мурду, акы албаган жумушкер өзү келип турганына ошондогу ичинен кубанган түрү көз алдына келди.

Кеч учкан каркыралардай те алыстан илең-салаң ыкшоо чубалып, кербен Сыр-Дария боюнан түндүк багытка беттеп бараткан. Теребел каксоо. Дөңү, жону таздын чокусундай кубарган, кумдуу сайында сейрек жылгын, итсийгек, жаңгыз аяк шоро чөптөн башка көрүнбөйт. «О! О! деп чарчаңкы төөгө дем берген уйкулуу үн, жалпак таман жаныбарлар буйла чойдуруп, көздөрүн жашылдантып, жүгү оору өйдө-ылдыйда «бу- ук...» этип, муңканып коюп, баары бир тегиз, толкун сыяктуу уланышып, жай

маңуудa. Күн чычаласы алыстап, ава бир аз салкын тартты. Ар кай жерден ала көлөкө көрүнө баштады.

Мына ушул ээн жерде, чегирткенин канаты күйгөн ысыкта жалгыз жөө жолоочу кетип бараткан. Эч ким көңүл бөлбөй, кырк төөлүү кербен жай ийрилип, чоюлуп өтө берди. «Аса таягынан башка жанында жолдошу, куралы, сүйөгү жок, жер кезген календер окшойт?..» деп ойлоду Исхак, төө үстүнөн ныксырап, төөнүн басыгына термелип келатып. Ал эң арткы төөдө болучу. Жандай бергенде:

— Ассалому алейкум... —деп, акырын салам айтып койду. Календер токтой калып:

— Ва-алейкума ассалам!.. —деп, кыраатына келтире өтө тың алик алды. Исхак анын суусаган үкүдөй акактап, эки көзү жашылданып турганын көрдү. «О-о, илештире кет, азамат!» дейт ко деп турду. Жо, абышка этегин кайра кыстанган, кайрат менен жолуна кайра түшө берди. «Ээн жерде каерге жетер экен байкуш?..» деп, Исхактын боору ачыды. Саал бастыра берип:

— Э, кудайы жолоочу... Келиңиз, учкашып алалы!.. —деди. Календер бир тигилип тиктеп алды да, эч ашыкпай басып келип, унчукпай, ага чейин Исхак чөктүрө салган төөгө тырмышып учкашты да, төө
«бук» деп ынтылып, ордунан туруп басканда, арттан «Кем болбо, углум..» деп, күңк этип бир ооз сөз айтты. Ошол бойдон үн каткан жок, чаалыккан кары адам эмеспи, бир аздан соң Исхактын артына бети менен сүйөнүп, шылкылдап үргүлөй баштады.

Кербен те алдыда бузулган эски капканын оозуна окшоп аңырайып көрүнгөн кууш сайдын оозуна жакындап баратты. Айлана жымжырт.

— Өй! — деп үн салып, көк качырды кекейте тартып, арттагыларды шаштырды кербенбашы. — Тез! Бөлүнбөй тез-тез жүргүлө!

Малайлар «чү, чү» деген болуп, теминген болуп калышты. Жылаан ийнине сойлоп кирип бараткан сыяктуу кербен алды артын көрбөй, арты алдын көрбөй, мүйүштөн мүйүшкө имерилип, кууш сайга кирди. Күн кечтеп, сайдын ичи аны сайын күңүрт тартты. Кыргакта жаткан бүдүрөйгөн таш жол тосуп акмалап жаткан кишинин башына окшоп көрүнөт. Эки жак тар, бир кие чөбү жок, эшилме кызыл чаптуу, айры өркөчтүү төөлөр кейиптенген бирине бири уланышкан жапыз адырмак жер. «Ийри-Сай» дешет. «Ууру-Сай» дешет. Топ каракчы, жалгыздап өңүп баскан ууру мерчем кылган, жеке-жарым киши даап өтө албаган кооптуу жер.

— Өй, чү дегиле!.. —Өй...—дейт кербенбашы, эми үнү басайып. Малайларга жан керек эмеспи? Төөлөрдү шакылдата камчыланып, теминип баратышат. Жүрөктү шуу дедирип, коркунучтуу балбалактап сайрап, жакын эле жерден караң-караң этип байулу сайрап өттү. Төөлөр ыйлагандай «бу-бу.. бу-бу...» деп, муңканып логлошот.

Эми гана Ууру-Сайдын башына чыгарга жакындап, сайдын тумчуктурган караңгысынан суурулуп, кербен нары акчыл шаңга жүткүнүп калган кезде алды жактан, мүйүштүн нары жагынан дүбүрт угулду. Көкүрөк кыйылдаган сыяктуу «гы-ый», «гы-ый» эткен, онтогон үн, будалаган иттин ырылдаганындай түңгүюк, кыжырлуу дабыш жетти. Кербен алды тык токтоду. Арты каптап келип, кээси алдыга сүрдүгүп өтүп, ийриле, жыйрыла калды.

Эки караан тикелешип кармашып жаткандай. Эч ким эчтеме айтпай кербен өзүнен өзү сүрүлүп кайра өз жолуна кайра түштү. Кербенбашынын көк качыры кошкуруп үркүп, «шык-шык» деп, оозун тартып да, теминип да жөнөлдү. Исхак минген боз каймал лепилдеп желди. Жандай беришкенде жолдун алды жагындагы тегизде алышып

жатышкан эки караан ажырашып кеткендей болду. Бири «гы-ый» этип жерге сулап жатып калды. Бири эшик-төрдөй чубалып четке чыга берди. «Карышкыр экен!» деди Исхак. Көк жал карышкыр тигиндейрек барып, тилин жеңдей кылып салаңдатып, акактап, эч качпай, эч тоотпой, соксоюп отуруп алды. Эки көзү жылдыз курттай жылтырайт. Исхактын эти дүрүлдөдү.

— О, бетпак! — деп айбат кылды Исхак. Көк жал карышкыр козголуп да койгон жок. Жерде жаткан «И-и-и..» деп онтоду. Исхак кыйкырып жиберди:

— Ой! Адам экен!

Кербендин алды токтолбоду. Эң акыркы малай гана кайрыла калды. Исхак төөнү чөктүрмөкчү болуп буйланы тез-тез булкту. Тиги карышкырды көрүп турган каймал буулдап, чимирилип, чөкпөй койду. Исхак кишинин башын жөлөдү. Жер майкан. Кишинин ичегиси ийрилип чубалып, карды нары жерде томпоюп жатат. Киши акырын онтоду. Исхак эмне кыларын билбей:

— Эй, кокуй...—деди, оозуна ушу кирди. — Кимсиң? Кокуй...

Киши колу калч-калч этип, карды жок ичин бир сыйпап, тиштенгендей акырын сыздап онтоду:

— Э... Көр оокат...—деди энтиге. — Орокчулук кылып... Ишти бүтүп...

Үстүнө үңүлүп турушкан календер, малай, башын жөлөгөн Исхак дем тартпай угушту. А тигинде оозу кандуу жырткыч жаланып коюп, дагы эле кетпей соксоюп, күтүп отурду.

— Маңдай терим он чейрек буудай болду эле. Аны өз боюм менен тең оро казып... кырман башына көөмп...

Календер жашыгандай:

— О, шордуу кедей...

Тиги чыйралды:

— И-и-и... Калбай эле ээрчип алды. Колумда келтегим бар болучу. Орогум бар болучу. И-и-и... Улам жакындап ыкыс берип чап салды. Келтек менен корундум. Келтегимди тиштеп талашты. Келтек менен уруп жиберсем... алдырар күнү жаздырар... тийбей калып, тиштей качты... Алыс алпарып таштап келди. Акыры, орогум да колумдан чыкты. Анан... ушерде экөөбүз качырышып кармаштык... И-и-и... —деп сыздап онтоду. — Гм, о кем дүйнө, мен дагы эр жигитмин деп жүргөн киши элем, кармаштык окшойт бир аш бышым... Эң акыры адамдын шабырты чыкканда, угуп мен... алдырар күнү жаздырар... кылчая бергенимде азуулуу жырткыч алып түштү... жара тартып кетти... И-и-и...

— Кайрат кыл, айланайын... — деди Исхак мууну титирей. —Алып кетебиз!..

Ошол учурда кербендин алдынан кербенбашынын кыйкырыгы чыкты:

— О-о-о! Эмне болду-у? Баскыла дейм о-ой...

Малай дирт дей түштү:

— Ана эми! Тездетели...

Тигинде көркоо жырткыч эки көзүн жылтыратып, дагы эле соксоюп, көшөрүп отурат. Исхак:

— Кана, төөнү чөгөрүп жибер...

Киши акырын сыздап онтоду:

— Мен ыраазымын... — деди. — Мен эми кайда барайын?!. Кайсыл жерде каным төгүлсө жазатым ошол жерде калсын эми. Кудай этимди жырткычка буйруган болсо, мен кайда качып кутулайын?! И-и-и...

— О-о-ой!..—Тыяктан тиринин жанын сууруп, кербенбашы дагы шаштырды.

Кайра чымырканды белем:

— Жол боюнан кара алачык көрүнсө тие өткүлө. Беш бирдей жетим көрүнсө бешенесинен сылай кеткиле... —деп, шордуу пенде сыздап, онтоп, коштошо тургансып, калч-калч эткен алсыз колун өйдө көтөрдү. Исхак анын колун көкүрөгүнө басты, ал эмне дээрин билбей калды:

— О, тууганым ай!.. Сени кантип көрүп туруп таштап кетебиз?! — деди, оозуна ушу кирди.

— Кош... — деди өлүм чылбыры мойнуна түшкөн шордуу, ал эми жашыгандай ээрди калчылдап. — Кош, ак көңүл адам!.. —Бул дүйнөдө ыраазы кыла албайм, тигил дүйнөдө ыраазы кылармын. Чапаным жаткандыр, ошол чапаным менен башымды бек ороп таштап кеткиле. Сураганым ушу... Жырткычтын тиши бейкүнөө жүзүмө тийбесин... И-и-и...

Эми эмне дейт? Исхак шалдырады. Календер муңканып келме айта баштады. Тыяктан тиринин жанын алып кербенбашы ызылдап жатты.

Жан таслим кылып жаткан адамдын ыманы түздөлгөн соң Исхак унчукпай барып, нары жерде тытылып жаткан эски чапанды апкелди да, малай жардамдашып, бир паста анын башын бек ороп салды. «Кош, шор баскан кедей!..» деп, ичинен күбүрөй, эт жүрөгү болкулдап, календер, малай үчөбү төөлөргө тырмышышты. Алар үстүлөрүнө чыгаары менен, бири бирине ыктап ормоңдоп араң турушкан жаныбарлар жерге жукпай лепилдеп жүрүп беришти.

Алар мындай чыгары замат жырткыч жүгүргөнүнчө түшүп, жетери менен кишини өчү бардай бою менен тең көтөрүп, кайра күрс дедире жерге уруп жиберди. «Йы-ый!..» деген бир гана добуш чыкты да дым болду. Канкор жырткыч тумшугун матыра, ныгыра тиштеп, үзүп, жулкуп, лукулдатып жеп кирди...

Бир жагы өз дүйнөсүнөн коркуп, бир жагы ачуусуна өзү туттугуп, көк качырдын үстүндө туйлап турган кербенбашы, Исхак жеткенде эле алдын тосуп сөктү:

— Ой! Ой, энеси талак! Эмне токтойсуң сен?! Ыя, атаңдын абагайы беле ошол?! У энеси талак...

Исхак:

— Кожоюн, адам баласы экен. Карышкыр жара тартып таштаптыр...

Кербенбашы андан бетер ажылдады:

— Йе, өлгөн бирөө экен! Менин эмне тиешем бар?! Ыя, жара тартмактан башын кемирип жатпайбы, менин ишим эмне?! Мунун боорукерлигин. Ой, бул жерде андай талаанын ити эмес адамдын карышкырлары көп жүрөт. Ыя, эмне, мени ушерде талап кетсин деп турасыңбы, энеси талак?! — деди да, Исхактын артындагы бүрүшкөн абышканы көрө сала: — А бу кимиң? — деп чаңырды. —Ой, дагы кимди салпайтып учкаштырып алгансың сен?! Төөнүн белин үзүп...

— Кожоюн, кары киши экен...—деп мукактанды Исхак.

Андан нары сөз укпай:

— Түшүр, экөбүн тең! — деп буйруду кербенбашы. Карап турабы, күлтүлдөгөн малайлар Исхак менен календер абышканы заматта төөдөн сүйрөп-сүйрөп түшүрүп ташташты да, боз каймалды логлотуп кубалап жөнөп кетишти.

Исхактын жини эми келип:

— Жо, токто! — деп кербенбашынын алкынган көк качырынын тизгинине чап салды. — Мен оор кызматыңды кылып келатам го?! Ташкенге жетүүгө убада болбоду беле?!

Көк качыр тизгинге жеткирбей чимирилип, куйругун чабыга чабынып, кулагын делдеңдетип ээсин ала качты. Кербенбашы камчысын көрсөтүп:

— Кызмат?! Куураган гана селсаяк, мен сени ээн жерде өлтүртүп, тиги карышкырга кошумча жем кылып кетпегениме ыраазы бол! — деген бойдон кайрылбай кетти. Исхак күйүгүп:

— Кел, өлтүрт! — деп, артынан ташкалып чуркады. Кайдан жетсин?! Көк качыр зыпылдап бирпаста чубашкан төөлөргө жашынып кетти.

Ушунун баарына баятан күлүп карап турган календер абышка:

— Кой, таарынба буга, — деди, — көр дүйнөнүн артынан жүргөн көр пенде турбайбы бечара!.. Кудайга сал. Кудай өзү калыс болот...

— А сени-и!.. — деп соолукту Исхак. — Кантейин, алым жок, кудайга салам. Алым болсо, аргам болсо барбы, бул дүйнөдө эле, өзүм эле эсептешип алат элем!

Абышка:

— Бул көр пендени ошол көр пенделиги үчүн кечирип кой, уулум. Эч качан көңүлүңө кир, жаман ой, кек сактаба. Кир, жаман ой, кек өзүңдү бузат, дииниңди карайтат. Кечиримдүү бол, ак бол. Өз көңүлүңө жеңил, өз жаныңа жеңил... —деди да, тиги көр дүйнөнүн артынан жүргөн, адамга жардам кылайын деп ойлобогон, сооп иштебеген көр пендеге таба кылгандай, чубалган кербендин артынан күлө карап, күңгүрөнүп эки тизим ыр айтты.

О, көр пенде, көр пенде,
бала калса мал табар,
катын калса эр табар,
а чымын жаның чыркырап,
кайда барып жай табар?!

Этеги жок, жеңи жок,
эндей көйнөк кийерсиң,
эшиги жок, төрү жок, э
эн үйгө кирерсиң...

О, көр пенде, көр пенде,
ошондо айлаң не болор?!.

Эки жолочу жолун улантты. Абышка:

— Бу да кудайдын буйругу, бизди мына бу тоо арасындагы курама элинин тузу тарткан экен, кайрылып эл кыдырып кетебиз да, уулум? — деди эч кам санабай. Исхак

көпкө унчуга албады. «Шашып кайда барам?! Ташкенде таятам сагынып отурупбу?!» деп ойлонду. Көңүлүндө макул болду.

Караңгыда бири-бирин жетелеп, кара тутуп, тырп- тырп басышып, тердеп-кургап көпкө жол жүрүштү. Исхак кыйналды. Бужүрөгөн абышка аны байкап:

— Кайыл бол, баарына, углум,—деп насийкат кылды. — Кейигенде не чыгат?! Жакшылыкка билип умтул, жамандыктан билип кач. Жакшылык алдыңдан тосуп чыкса кокустан келгендей сүйүнбө, жамандык алдыңан бөгөсө кокустан бөгөгөндөй кейибе. Баарына кайыл, баарына таяр бол. Бүгүн жакшылык көрсөң — эртең жамандыгы бар деп бил, бүгүн жамандык көрсөң — эртең жакшылыгы бар деп бил. Бул дүйнө ушундай, жараным, бирде төө мингизет, бирде жөө жүргүзөт...

Эртеси эки календер көп айылга кездешти.

Иттер үрүп чыкты. Четки боз үйдөн кызыл көйнөк жаш зайып эшикке чыгып, «И, дуваналар экен».. деп өзүнчө күбүрөндү да, эч шашпай толукшуй басып, кызыгып карап, «О кет!» деген болду. Иттер басылып калды.

Эшигине жакындаганда календер абышка муңдуу, салттуу коңур добуш салып, жер кезген адатын өтөп, сайрап кирди:

Кетсе деөлөт башыңдан,
келмеги кыйын ал кайтып,
өмүр өтөр бир күнү
кызыл өңдү саргайтып,
чырпыгы сынса талыңдан
чынар болбос ал кайтып,
өткөн өмүр — качкан куш,
аттиң ай,
пөпөлөйсүң эмне айтып?!

Толукшуган жаш зайып, ырды тыңшап, мелтиреп жер тиктеп туруп, көңүлүнө бир маани туура келди окшойт, ачкыл жүзү нурданып, алагар көзү кылайып, «туура» дегендей башын ийкеди да, бутуна жалаң кепич салып чыккан экен, багалеги саймалуу сарала шайы ыштандан ак бакайы жалт-жалт этип, өргөөсүнө кайра кирип, бир нан алып чыкты. Исхак нанды алып көлбөөрүгө салды. Календер зайыпка:

— Кем болбо, кызым, кем болбо...—деп, басмырт кобурап зайыпка бата берди.

Чоң өргөөнүн эшигинен көгала сакал, сыпаа адам эки колун бооруна алып:

— О, азирети... Келиңиз, азирети...—деп, үнү каргылданып, кубанып тосуп алды.

Исхактын ичи жылыды. Отоо ээси бутунун учу менен дикилдеп, өзү эшик ачып, кең өргөөнүн төрүнө өзү төшөк жазып, куш жаздык таштап, жетине албай калды. «Өтө жакшы тааныш экен го. Кудай кааласа, жакшылап эс алып, жакшылап тоюнабыз го эми?!.» деп үй ичин тегерете каранып, көңүлү жайланып отурду.

— Ким элең, жараным? — деп сурап калды календер. Чамгарак ээси этек жакка сыңар тизелей:

— Менин атым Кулбарак, азирети...—деп жооп кылды. — Сизди мындан үч жылы мурун Намангендин базарынан көргөн элем. Мени таанибайсыз. Көпчүлүктүн ичинде сиздин алтын сөзүңүздү уккан элем. Сизди таанып туруп, таанымаксан болуп алдыңыздан кыя өтө алабызбы, жарыктык?!. Мына, эшик-төрүм, атайын ат жиберип

чакырып алалбай турган адам өзүңүз келип калыпсыз биздин элге, мархамат, жай мейман болуп, акыл, насият таштап кетиңиз, эл куту...

— Ниетиңизге ыракмат, жараным... —деди календер баш ийкей.

Эшиктен эки өспүрүм кирип келди. Чоочун кишилерди көрүшүп, алдыңкысы оозу бош, тартынып салам айтып, босогого токтоло калышты. Чамгарак ээси көзү жалжылдап, акырын:

— Кол бергиле атаңарга!..—деди. Өспүрүмдөр адеп сакташып, саал ийилип, кош кол берип учурашышты. Календер өспүрүмдөрдүн кабагын тиктеп, ичинен эркелеткендей, жадырап тиктеп, сынап тиктеп:

— А болсун! — деп көңүл билдирди астейдил.— А түзүк, керилген боз жигиттер, а түзүк...

Атасы тиктегенде эле түшүнүшүп, кичиси от жагууга кам уруп, улуусу тышка чыгып, тез эле кыркыла элек багалан кара козуну жетелеп кирди:

— Ушуга бата берип коюңуз, ата... — деп, наристе үн менен календерге кайрылды.

Козуну союуга уруксат батаны беришти. Чамгарак ээси аны сайын кубанып, азыр меймандардын назары түшүп турган баласы үчүн кубанып:

— Тез, кагылайын! Тез жайгарып келе кал...— деп бакылдап сүйлөдү.

Ал түнү чамгарак ээси отун өчүргөн жок. Кубанып, бир чети мактанып, коңшуларын бүт чакырды. Он эки канат кең өргөө ак сакалдуу карыга, элечектүү зайыпка, кыл муруту кылайган боз жигитке, кызыл- тазыл кыздарга толду.

Календер чарчаганын унутуп, келген элди кыдырата тиктеп, «И, булар эт жегени эле келбегендир?! Сөз укканы келип отурушат го?!» деп, чечилип, те алыстан, жүз катмар асрлардын нары жагынан, ак менен каранын, бар менен жоктун чегинен кеп салды. Сөз кыйышкан жерде бир түрмөк рубаи айтты:

Көңүлүбүз чагылгандын отунан,
көз жашыбыз шоро суудан кошулган,
жүргөнүбүз уюлгуган шамалдан,
көнүлүбүз кызыл жолборс камалган
жуурулушуп боз топурак бир жаңкеп,
жаралганбыз аты улук «адам» деп,
аз болуп ичер суву, көрөр күнү,
көп болуп көр оокаттын тирилиги...

— Э, сөз эмес бекен?! — деп коштоду отургандар. — Мына, адам деген ушул!..

Сөз жалгап, календер байыркы өткөн акылмандардан, муштаиддерден маани айтты. «Юсуф ва Зулайха», «Лайли ва Мажнүн» дастанынан үзүп, узак айтты. Тели куш таптап куш кылган, тентиген жыйып журт кылган Эр Манастын сынынан айтты. Эч ким ордунан козголбоду.

Эл эртең менен тарады.

Эки жолочу бир аз чырм этип алышкан соң жолго камынышты. Чамгарак ээси зайыбын тиктеди эле, зайыбы жүк бурчуна даярдап турган эки чапанды алып келди. Чамгарак ээси өзү туруп, эки чапанды эки жолочунун ийнине салды:

— Акылман, үйүмө кут киргендей болду, өтө кубанычтамын, эми жаман да болсо жакшыдай көрүп, ушу арзыбаган чүпүрөктү ийинге салып кетиңиз...

— Э, жараным, чапаныңа эмес ак ниетиңе ыраазыбыз, — деди календер.

Очок ээси менен коштошуп, сыртка чыгышты. Эшикте эки өспүрүм эки келишкен атты сагактап, күтүп турушкан экен. Чамгарак ээси:

— Эми, азирети,—деди саал мукактана,—ушу эки кыл куйрук экен, минип кеткиле. Аз да болсо көптөй көрүп...

Эки ат тең токулуу. Камчылары ээрдин кашында илинип турат. Исхак ичинен сүйүндү. «Ох, бутумдун шору арылган экен, кудай!..» деди ичинен. Календердин жүзүнөн кубануу билинген жок. Ал жакшы адамдын көңүлүн оорутпайын деген ой менен гана башын ийкеди:

— Ниетиңе жараша бол, жараным, ниетиңе жараша бол!..—деп алкады да, көздөрү балбылдаган боз уландарга карап, алакан жайып: —О, айланайын шумкарларым, жаман атанын артынан ээрчибегиле, жакшы атанын изинен жаңылбагыла, аллау акбар!..

Эки календер аттанып жүрүп кетишти.

...Жол боюндагы кара алачыктан өзүнчө шашып бир улгайган зайып чыга калды. Нары сөгөттүн түбүндө дагы эки алачык үрпөйүп турат. Эки көзү чекчейип, келгендерге таң калгансып, зайып бир пас селдейе калды. Кара алачыктын ичинен ыңылдап онтогон үн угулду.

— Арыбаң!..—деп салам айтты календер. Зайып эми эсине келгендей эки жагын каранып:

— И... Келгиле...—деп калды. —Келгиле... Бул үйдө бейсарамжал болуп...

— Оору барбы?

— Жо-о... оору деле жок... —деп, зайып бирдемени айта албай кыңырылды.

— Бир кырсык болуп атабы?

Зайып эми тез-тез сүйлөп:

— Айланайын, бир бечара кедейдин бүлөсү эле, байы да жок үйүдө, эки күндөн бери толгоо тартып эле... Эси кетип жатат... —деп, шыпшынды ыйламсырагандай болуп. —Же... бирдеме салкынын салып атабы?..

— Байы кайда кетти эле?

Зайып алачык жакка кулак салып:

— Көп эле төрөгөн зайып эле, эмне болду билбейм, кыйналып жатат, — деди да суроого кайдигер жооп кылды: — Көр оокаттын айы эмеспи, айланайындар?! Кургур орокчулук кылып чөлгө кеткен...

Исхактын жүрөгү шуу дей түштү. Заматта көз алдына көк жал карышкыр менен алышып жаткан киши келди. Унчукпай календер аттан түштү.

— Мына, — деди ал, — менин таягымды карматып, өбөктөтүп, өзүң эки колтугунан сүйөп, жардам бериң бечарага.

Зайып календердин аса таягын алып, кара алачыкка кайра кирип кетти. Календер алачыкка сүйөнө отуруп, «Ушунча бина кылган соң, кудай өзүң сакта, кудай, өзүң жолун ач!..» деп, астейдил тилек мунажат кылды. Алачыктын ичинен кыңкыстаган үн угулду. Жанагы зайып, «Ай, Тояна, көзүңдү аччы! Кармачы мына бу таякты. Эшигиңе кызырдай киши келип отуру, Тояна, көзүңдү аччы. Чымырканчы, байкушум...» деп күңкүлдөп жатты. Кыңкыстоо күчөп угулду. «Ии, ошентчи... Өйдө болчу... Кудай дечи, байкушум...» деп жатты зайып. Кыңкыстоо күчөдү, Исхактын жүрөгү сыйрылды. Калч-калч эткен колу менен курсагы жок ич жагын сыйпай, «И-и-и...» деп, жан таслим кылып жаткан

шордуунун сыздап онтогону кулагына кайра угулду. Тилин жеңдей салаңдатып, акактап, эки көзү жылдыз курттай жылтырап, тигиндейректе соксоюп, жылуу канды күтүп отурган жырткыч көзүнө кайра көрүндү. «Ошол шордуунун бүлөсү окшойт ыя?..» деп Исхак аргасыз ойлонуп отурду.

Көп эле убакыт өттү белем, бир убакта «Ыңа- а!..» деп, жаңы көздүн үнү чыкты. Ордуларынан тура калышты. Календер туулуунун шаанисин өтөп кыбыланы карап, эки колу менен эки кулагын кармап:

— Аллау акбар! Аллау акбар, аллау акба-ар!..— деп кубанып үн салды. — О, дагы бир пенде келди жарыктыкка! О, жараткан, өзүң жарыктыкка чыгарган пендеңе өзүң ырыскы бер, бу ою-кыры көп жериңдин боорунан, жакшы-жаманы көп көр пенделериңдин арасынан отурар жай, көрөр күн, ичер суу бөлүп бер. О, кудурети күчтүү бир кудай!..» деп, тилек айтты.

Кара алачыктын ичинде туугузган зайып көпкө күймөндү. Жаңы көздүн киндигин кесип, эткөйнөгүн кийгизип, ороп-чулгап бүтүп, анан оозу жалжайып сүйүнүп тышка чыкты:

— Сүйүнчү! Кырк жылкы...

— А болсун! А болсун... —деп, чөнтөгүнүн түбүнөн бир мири күмүш теңге таап сүйүнчүгө берди.

Кара алачыкка кириштти. Төрөгөн эне төрүндө төшөк оронуп, оозун жоолук менен таңынып отурган экен. Улуу кишилер киргенде абире кылып, кымтынып калды. Календер оң капшытка отурду. Исхак этегине тизе бүктү.

— Кана, эми, айланайындар, атын бирдеме деп коёлу, —деди туугузган зайып. — Ыя, аты Адаш болсунбу? Эптеп көп ичинде адашып эсен жүрсүн...

Календер башын чайкады:

— Баланын атын тилек менен, үмүт менен коюу лазим. Ойго келгендей коё беришке болбойт. Жакшы коюш керек баланын атын. Көп ичинде эптеп эле күн көрүп, адашып эле жүрбөсүн. Көп ичинен өз жолун таап жүрсүн, өз ордун, өз сыйын таап отурсун, бактылуу болсун. Мен ушундай тилек кылдым, кызым. Чүрпөңдүн аты Бакбүбү болсун!

— Оозуңузга май, атаке, айтканыңыз келсин, — деди жаңы көздүн энеси.

Календер жаңы көздүн бетин ачып, жылмайып, көңүл менен тиктеп:

— Бакбүбү! Э, Бакбүбү! Бакбүбү!..—деп үч жолу чакырып койду.

Кара алачыкта Бакбүбүдөн башка да беш бала отурат. Эң улуусу он экиге чыгып калган уул бала экен. Калганы чачтары сексейген бири биринен кичине кыз балдар. Энесин тегеректешип, чөөнүн балдарындай чекирейишип, келген кишилерди чоочуркап тиктеп отурушат.

Исхактын көзү уул балада. Оюна карышкыр үзүп- жулкуп жеп жаткан киши түштү. Исхак:

— И, чоң жигит, атың ким?—деп сурады эркелете. Бала мурдун тартып жер тиктеп:

— Байтууган...—деди мыңк эте. Исхак унчукпай башын ийкегиледи. «Жолдон жетим көрүнсө бешенесинен сылай кеткиле...» деп, ыйламсыраган алсыз үн кулагына кайра угулду. Мууну бошоп, тура калып, «Эсил кайран бир боорум!» деп, өксөп-өкүрүп жибергиси келди. Жүлүнү солкулдап каңырыгы түтөдү.

Каралашкан киндик эне дасторкон жайды. Майга көөлөнгөн талкан, оймо, боорсок кылып жентек койду. Жүгүрүп чыгып, өз алачыгынан меймандарга биртике кымыран да апкелди.

Даамга канагат кылышкан соң, бата берип, календер: —Келчи бери, азамат,—деп уул баланы өзүнө чакырды, бала кыйылып келди эле бешенесинен сылап, эркелетип, камчыны колуна карматты. —Ме, азаматым, эшиктеги ат жаңы көз карындашыңдын көрүндүгү болсун. Минип жүр...

Бала камчыны ала коюп, энеси:

— Өй!.. Кагылайын, атаң тамаша кылса?! — деди эле камчыны леп таштап жиберип, уялып колун бекитти. Календер:

— Э, эмне тамаша кылам, кызым?! Баланы уялтпа. Менин көңүлүмдөн чыкканын алсын. Ме, ала гой, азаматым!

Эки зайып элтейишип, «Кызыр жолугат дечү эле го, ошол кызыр өзүбү?..» дешип, же кубанарды, же коркорду билишпей отуруп калышты. Киндик эне:

— Ал. Ала гой эми, атаң өзү берип аткан соң... — деп, бала менен абышканы алма-телме таңыркап тиктеп турду. Бала камчыны кайра алды.

— Жакшылыктан үмүт үзбөгүлө. Жакшы үмүт менен, жакшы ниет менен жашагыла. Жакшы үмүт жакшы ниет болбогон жерде күнүмдүк өмүр да, ой- санаа да жайсыз, бапасыз коркунучтуу... —деп календер насихат айтып коштошту. Исхак уул баланын бетинен сүйдү. Ооз ачышка жарабады. Оозу ачылса эле «Эсил кайран бир боорум!» деп, өксүп өкүрүп жиберчүдөй абалга такалды да, артын карабай кара алачыктан чыгып кетти.

Календер жолго түшүп калган экен. Исхак өз атынын чылбырын кармап, ал эмне кыларын билбей, жетелеп артынан басты. Ал бара түшүп артын бир карады. Эшикте уул бала таңыркап карап турган. Исхак токтоло калды. Бир аз туруп:

— Эй, Байтууган! — деп кыйкырды. Бала чуркап келди. Эки көзү балбылдап, суроолу карап токтой калды.

— Байтууган, — деди Исхак, — ме, бул атты да ал, атаң аман келип калса «Бир кыяматтык досуң таштап кетти сага» деп берип кой. Уктуңбу?

Бала бир аз кынжылып, ишене албагандай жал- жал тиктеп, үндөбөй башын ийкеди.

— Ме, эмесе...—деп Исхак аттын чылбырын балага кармата салып, те узап калган календердин артынан салды. —Кой, мен жолдошумдан калбайын...

Жете келгенде:

— А түзүк...—деп койду календер кайрылбай. — Ала билсең бере да бил деген ушу.

Исхак ушул абышканын көлбөөрүн көтөрүп, эл кыдырып, сөзүн угуп, ысык күндө, суук түндө бирге болуп, кокустан тагдыр жолун кошконуна ыраазы, күн артынан күн өткөнүн билбей абышканын өзүндөй болуп, ач калса ачмын деп кейибей, тоюнса тоюндум деп сүйүнбөй, ошол бойдон кеч күзгө дейреээрчиди. Ал ушул кичинекей абышканын, адамзааданын чоңдугун, кемдигин алаканына салып, бул дүйнөнүн баасын колундагы буюмдай тегеретип айткан акылынын тереңине чөктү, кеңдигине адашты, бийигине башы айланды. Бермет теспедей жылтылдаган рубаилерин, бейттерин, санаттарын, таалим тамсилдерин жаттады. Ушул киши аркылуу ага башка кең дүйнө — акылдын, көрктүн, тазалыктын байманасы ташыган дүйнөсү алдына жайылды. Ушул кишиден Шайх Саади, Кожо Хафиз, Мир Алишер, Кул кожо-акмат

Ясавий аттарын укту. Нечен катмар асрлар мурун алардын оозунан түшкөн асыл маани сөздөрдү ушул киши аркылуу кайра оозуна салып, бал шимүүр шимиген бала сыяктуу ширесине канды.

Бул адам эл ичинде таанывбаган, байкабаган, тааныган алдынан көлдөлөң өтө албаган, анын өз атын айтуу күнөө деп, «Азирети календер капыз!» деп, колдорун бооруна алып урмат кылган, ыйык саналган, оозунан чыкканы, кагазга жазганы элден элге ылакап болуп кеткен акын адам болучу.

Исхак кеч күздө кийими жыртылып, таманы туурулуп, бирок ар кандай ишке акыл бийигинен карап, акыл кеңдигинен сынап, каны коюлуп, ой токтотуп, мүнөз токтотуп, карып Ташкенге келди.

Ошол адам бир кездеги селсаяк жигитти унутпай, анын азыркы акыбалын иликтеп, издеп келип отурганы Исхактын жүрөгүндөгү урматын аны сайын арттырды. Өз атасы чала улама Асандын кыжылдаганына көңүлү чөгүп отурган чагында келип, колтуктан сүйөгөндөй кубат болду.

Жаңы ордонун жакшылары бүт келди. Исхактын дасторкону да пейилине жараша берекелүү болду. Адеби менен даам татып отурушуп, улуу-кичүү бирдей оозун тиктеп, аты, жүрүмү бүт элге даңаза болгон акылмандын кебин угушту. Субхат тереңдеп, элдин, өлкөнүн аз жыргал, көп кууралы, келечеги кеп болуп, ортого ташталды.

— Э, жакшылар, адамдын баскан жолу келечегине сабак, таалим. Түзү үлгү, кыңыры эскертүү...—деп акылман байыркыдан маани айтты. — Илгери Индостанда Бабыр тукумунан Акбар деген акылман султан өткөн. Ол кезекте Индостанда дини башка, тили, түрү башка көп тайпа эл жашаган. Өлкө атасы султанга өлкөнү бүтүн, элди бирге тутуу зарылдыгы чыккан экен. Ошондо акылман Акбар эң оболу ар динден бирден улама чогултуп, аларга кудай бирөө экени, Муса, Иса, Мухаммад пайгамбар кас эмес экени, пенделердин милдети, адеби, ахлагы жөнүндө маани талаштырган. Кимисиники жөндүү болсо, ийкемдүү болсо, адамзаадага пайдалуу болсо ошону моюнга алууга милдеттендирген. Өзү ар элден бирден зайып алган, балдарын үйлөгөн, бирок өзү астейдил мусулман боло туруп, ал зайыптарды өз динине, өз адатына калтырган, мусулман бол деп кыстаган эмес. Будпарастардын табынган үйүн, испарастардын сыйынган үйүн, мусулмандын мечитин жанаша салдырган. Бирин бирине үйүр алыштырган. Мына ушинетип, акылман султан Акбар чар урук, чар диндүү Индостанды бирге кармаган, эл ичин тынч, өлкөнү улуу мамлекет кылып, келечегин кеңиткен!

Отурган эл дуу-дуу болуп, баштарын ийкеп, мактап калышты:

— О-о!..

— Зап акыл тапкан экен!

— Таппаса Индостанга султан болобу?!

— Шайтандын канаты бу! — деп катуу айтып жиберди бирөө. Исхак жалт карады. Өз атасы молдо Асан экен. Элдин баары аны карап калышты. Эч ким аны кой дей алган жок. Кай бирөө жымырылып Исхакты тиктей берди. Исхак кыпкызыл болуп, жини келип, «Тарт тилиңди!!» деп кыйкырып жибере тургандай октоло бергенде, календер муңайым үн менен:

— Майли, залалы жок, майли...—деп, үрпөйгөн элди тынчтандырды. Молдо Асан калчылдап, эки көзүнүн кычыктары жылтылдап, энтиге сүйлөдү:

— Шарияткa сыйбаган кепти уруп отурат бу! Илгерки кайридин өткөн адамдардын таалимин мактап отурат бу! Э, мусулмандар, качан будкана менен ыйык мечит жанаша

болучу эле?! Ыя, качан мусулман баласы дини башка катын менен бир төшөктө жатчу эле! Ушул шариятка сыйган кеп болобу?!

Календер эч ыза болбой, жай отуруп, бир тамсил айтты:

— Илгери бир оронун түбүндө жаткан курбака менен бир бүркүт ашына болуп калган экен. Бүркүт көктү жарып чабыттап жүрүп, бир күнү курбака ашынасына кайрылып, оронун жээгине конуптур. Оронун караңгы, сыз түбүн эңкейип карайт. Курбака «Э, бүркүт ашына, кайларда убара болуп жүрдүң?» деп сурайт. «О, булуттардан нары чыктым, кең ааламды кыдырдым, күнгө жакын бардым, айды бир айланып келдим!» деп шаңшыйт бүркүт. «Э, мен муну сынайынчы!» деп ойлонот курбака, суроо берет: «А түзүк, күнгө жакын барсаң, айды бир айланып келсең, күн канчоо экен?». «Күн бирөө» дейт бүркүт. Курбака «Ай канчоо экен?» деп сурайт. «Ай бирөө» дейт бүркүт. «И, так айтты, көргөнү чын экен» деп ойлонот да курбака: «А жылдыз канчоо экен?» деп сурайт. Бүркүт ашынасына чынын айтат: «Эсептей албадым. Өтө көп экен!» дейт. Ошондо курбака көпкө бакырып, шылдыңдап: «Уа-а! Жалганчы! Алдамчы! Уа-а... Жылдыз бирөө эле! Уа-а!» деп күлүптүр. Кыраан бүркүт бир шаңшып: «Жаткан жериң оронун түбү болсо, сага эки жылдыз көрүнмөк беле?» деп, кайра көккө атылып чыгып кеткен экен...

Отурган эл баары дуу күлүп жиберишти.

Молдо Асан тиртеңдеп, жакасын сыга карманып, өзүнчө күбүрөп тообасын келтирип, ордунан туруп, этегин кагынып чыгып кетти.

Ширин субхат бузулган жок. Дагы тереңдеп, бир заманда эл баккан акылман, жоо тоскон баатыр, алардын иши, кайгысы, кубанычы мисал болуп, өрнөк айтылды.

Календер акылман ошол кездеги адабий түрки менен Исхакка арнап касыйда айтты:

Кулак туткул, журт эгеси, о өкүмдар,
бейбападур жыргалың, күткөн бактың,
көргөн күнүң тынымсыз аккан дария,
дария көбүкдур минген тактың...

Жаңы ордонун жакшылары мыдыр этишпей отурушту. Мындайды башта көрбөгөн Бекназар таң болду. Исхак иреңи кубарып, айтканы желдей тараган акылмандын оозунан эмне чыгып кетер экен деп, сабырсызданып, тунжурап, бет алдын былк этпей караган бойдон, жүрөгү балкылдап, ойго батты.

Бечарага сакават бер, жоомарт болгул,
ырайым чач калкыңа күндөй жаркын,
бул дүйнөдө үзүлбөгөн калк өмүрү,
калк оозунда даңаза атың калсын
Көктө күйгөн жылдыз тариз шам чырак,
көл түбүнөн бермет болуп жылтырап...

— Бали! Бали! — деп жиберишти баары. — Өөн жок! Сөзүңүздө кылдай кыңыры жок, азирети...

Дуу-дуу коштошту. Исхактын иреңи албырып кетти. Ал акырын эңкейип, акылман капыздын этегине тооп кылды.

— Азирети, — деди ал субхат акырында, бир аз үнү калтырай, сабыркай, — бизди чала уламаларга кор кылбай, бизди башы жок балапан, көзү жок көгөн окшотпой, ата болуңуз. Кемибизди толтуруп, ийрибизди түзөтүп, басар жолубузга шам чырак болуп, акыл берип, насыйкат берип, азирети... ордодо калыңыз...

Календер капыз өкүнгөндөй башын ийкеди. Чарчаңкы үн салды:

— Өкүмдардын сураганы буйрук кылганы. Майли, турайын ордоңдо, бирак башыңа жүк болом го, ашыңа жүк болом го, эмне пайдам тиймекчи, эмне акыл, эмне насыйкат бере алмакчымын, келгендеги оюмду, билген акылымды айттым.

Бул бир сөздүү адам. Муну келберсиген хоразм- шак, бухаранын амири, алардын сөөлөтү ашынган ордолору, шаан-шөкөтү токтото албаган. Бул адамдын илхамы, кубанычы, күйгөндө акыл айтары, алдына ыйлап берери букара элдин ичи. Исхак көшөрүп суроого батына албады.

Календер акылман дүйнөнүн кызыгынан, көйкөйүнөн кечкен, эркин жүрүп, ээн басып, өз ою, өз дили менен жекеме-жеке сүйлөшүп кеткен киши. Ал көрсөткөн сыйына эмес, кийгизген алтын саймалуу сарпайына эмес, чөнтөгүнө салып берген көр дүйнөсүнө эмес, Исхактын сылыктыгына, ак ниетине ыраазы болуп, ыракматын жашырбай айтып, эртеси коштошту.

— Бизди унутпаңыз, азирети...—дегенге араң жарады Исхак. Таазим кылган бойдон башын көтөрбөй, ойго батып калып калды.

Ошол күнү базар күнү эле. Календер аса таягын тык-тык уруп, жай сенделе басып, өзүнчө басмырт күңкүлдөп, базарга чыгып кетти.

Өзүнчө күңгүрөнүп, өзү менен өзү сүйлөшүп, ыйлай тургандай эки көзү тунарыңкы жашылданып, алдынан жүдөө бирөө көрүнсө чөнтөгүндөгү Исхактын ысмы бар алтын теңгелерден бирден ыргытып берип коюп, алардын кубанганына да, таңыркаганына да, алкаганына да кайрылбай, көңүл бөлбөй, бир баскан жерин үч басып, чоң базарды аралап жүрдү.

Бул дүйнөдө не карып —
ак талалы бөз карып,
айтылбаган сөз карып,
өз курбалы калбаган
өтө кары тез карып,
жеңеси сырдаш болбогон
кара далы кыз карып...

— Бали, акылман! — деп, тааныгандар ээрчиди. Кай жерге барса ошол жерде сатарманы да, алармaны да жардап карайт. Те нары жакта зыкым соодагер итирейип карап: «Дагы бизди соодадан какмай болду а бу дувана?!» деп, кыжыры келип, күңкүлдөп отурду.

Календер базарды бир айланып чыгып, анан чоң дарбазаны көздөй жөнөдү. Эл жарылып жол берди. Ал дарбазанын түбүндө кайыр сурап отурган жалаңач мунжуга жанагы Исхак жапкан алтын сайма тонун чечип жаап, мунжу этегине жабышып өпкөнүнө кайрылбай шаарга чыгып кетти. Жолдун оңундагы бир чайканага барып,

чөнтөгүнүн түбүндө калган эки теңгенин бирине бир нан, бир чайнек чай алып, унчукпай отуруп өзөк жалгады да, ошого каниет кылып, ошого топук кылып, кайра тышка чыкты.

Ал өзү менен өзү сүйлөшүп, өзү сырдашып, өзүнө өзү жооп берип, кара жолго түштү.

Бул дүйнөдө неде арман —
төрт түлүк жайнап толбогон
кеңирсиген төрдө арман,
ак куу келип конбогон
айдың чалкар көлдө арман,
улугу ойчул болбогон
убара тарткан элде арман...

Кеч күүгүмдө артынан жете барган жүк тарткан кашкарлыктын салт эшегине минип, киресине чөнтөгүнүн түбүндө калган жалгыз алтын теңгени берип, календер акылман тоо багытына карай жүрүп кетти...

V

Өлкөнүн ички камын ойлоого эч кимдин чамасы келбеди. Күнүгө туш тарапта уруш. Бир жактан Кудаяр менен Насирдиндин курама колу чет кыштактарды түндө каптап, бөрүдөй талап качып, чуу чыгарат. Бир жактан жарымпашанын аскери Наманган тараптан, Кожон тараптан замбирек менен, мөндүрдөй ок менен өлкөнү кайрадан жиреп кирди.

Исхак жандалбас кылды. Ал шаарма-шаар кыдырып, эл менен сүйлөшүп, топураган каракелтек колду тескеп, сарбаздарды, сыпайларды сынап, аскербашылардын, бийлердин көңүлүнө серп салып өзү текшерди. Фон Кауфманга «Таксыр, ыкыбалдуу жарымпаша! Ымга келели, алака кылалы!» деп элчи артынан элчи салды.

«Ыкыбалдуу жарымпаша» Исхак менен алака кылышмак түгүл, аны «хан» деп эсептебей койду, кайра «бийликти тартып алган», «ууру» деп айып жапты. «Эгер, ошондой эле бул өлкөнүн мамлекетчилигин сактай туруу зарылдыгы болсо, биз дагы эле баягы же Кудаяр менен, же Насирдин менен сөз кылышабыз, а Түркстандын Пугачы өңдөнгөн неменин бүткүл Россиянын бактылуу эгесине эч кереги жок!» деди. Мурдагы кол бала хандар менен түзүлгөн «шартмана» кагаздарды бетине кармап, эми Исхакты түздөн-түз кыйратмак болуп, туш-тараптан кеңири фронт ачты.

Ушул учурда Бухара ордосу баягы Курманжан менен сүйлөшкөндөгү «биримдик» деген күйгүлтүгүн жүзөгө ашырыш үчүн аракет кылмак түгүл ооз ачышка да жарабай, өз башынын чымынын коруна албай калган. Бул жакка орус аскери Капал крепосту жактан кирип Ташкенге жетсе, тиги батыш жактан генерал Анненков Арал форту аркалуу Самарканга жетип, камоолго алган болучу. Бул фронтто полковник Скобелев Хийванын Гөк-Тепе, Бухара өлкөсүнүн эң чоң шаарларынын бири Самарканды алууда өзүнүн кыргын салуу өнөрү жагынан өзгөчө көзгө көрүнгөн эле.

Генерал-губернатор абдан жактырып, генерал чинине көтөрүп, көтөрүлүштү басууга мына ушундай кайраттуу колбашчы зарыл деп эсептеп, аны тезинен буйрук менен чакырып алды.

Генерал Скобелев биринчи кадамында Исхактын саркери Уали менен Балыкчы деген жерде бет келишип, жанында кездешип, беш күнкү катуу салгылаштан соң, Уалинин он миң ашуун колун кыйратып өтүп, Балыкчыны ээледи. Өзгөчө кайраттуу Уали саркердин набыт болушу Исхактын ындынын өчүрдү.

Исхак Маргаланга кайтты. Өзгөчө ишенген кишилерин, саркерлерин бир күндө чогултуп, кеңешке отурду.

— Кана, акылдуулар, кана, баатырлар, —деп баштады Исхак, — эмне кылабыз, жарымпаша ымга келбей койду го? Өзүңөр көрүп турасыңар, күндөн күнгө кысып, күндөн күнгө оорлотуп, акыры ала турган ажалдай мукуратып, айланы түгөтүп, өлкөнү бошотуп бер деп отурат го?!

Газават көтөрүп, орус менен алака кылуудан баш тартыш Абдырахмандын каталыгы дебеди беле? Эми эмне болду? «Орус менен ымга келүү, бөөдө жоолашпоо» саясаты эмес беле? Таянган келтеги морт сынгандай, медер туткан үмүтү ташка чапкан кум кеседей быркыранып, Исхактын өз жакшыларынын көз алдында бедели түштү.

Эч ким унчукпады. Исхак сыдырып тиктеди. Эч ким былк этпеди.

Исхак:

— Ыя? «Орус кең пейил болот экен, орус адил болот экен, орус бечарага карамдуу болот экен» деп укпадык беле? Кана анысы?! Көрбөдүк го?! Жек көрүндү Кудаяр менен Насирдинди али таштабай, алардын тарки кеткен укугун түбүнө чейин коргоп туруп алды го?! Эмне кылабыз? Айткыла билген акылыңарды...

Акылчысы молдо Муса, парваначысы Өмөрбек датка, удайчысы Сулайман, теңтушу Абдылла бек, баатыры Бекназар өкүмдарын эмне менен жубантарын, эмне акыл, эмне пайдалуу иш кошорун билишпей, тунжурап отуруп калышты.

Бекназар:

— Ырас, уктук эле Сары-Өзөн-Чүй жактан келген туугандардан, «Орус бечара элге кайрымдуу болот» дешти эле. Биерде бир балээ бар, Исхак. Бу Ташкендеги жарымпаша орус эмес дейт го? Орустан наркы бир дили катуу элден дейт ко?..

— Бу дили катуу жарымпашага каерибизден жаздык?! Мейли, кырылышып кетели, өзүбүздү өзүбүзгө койбойбу акыры?! Эмне киришет? Эмне акысы бар? Ыя? — деди Абдылла бек.

Көптү көргөн Өмөрбек датка күрсүндү:

— Эмне акысы бар дейбиз. Күчтүү! Акысы ошол. Илгертен күч деген көпкө укук боло келген. Күч караны ак дедирет, акты кааласа кара дедирет. Күчтү күч гана токтотот...

Дагы мелтиреп отуруп калышты. Сөз жакшы жалганбады. Ар биринин көңүлүндө «Эмне кылабыз?» деген суроо гана. Эч кимиси жооп таба албады.

Исхак ой басып, акырын башын ийкей:

— Биз жаза бастыкпы, ката жол бастыкпы? — деп сурады, өзү жооп айтты: — Жок, биз ката жол баскан жокпуз. Орус менен колубуздан келишинче кагылышуудан качтык, ымга келишүүнү, ийри отуруп түз кеңешип, эки тарапка тең бирдей набы чыккыдай алака түзүүнү тынымсыз издедик. Же жалганбы?

— Көп издедик! — деди Абдылла бек.

Исхак:

— Эмне кылалы, дили катуу жарымпаша муну көрүп туруп эле, атайылап эле ымга келбеди. Эми бизге эмне калды? Биз өз жерибиз үчүн, өз укугубуз үчүн суу кечип, от кечип, кармашуубуз гана калды. — Ал сурданып, отургандарды сыдырып тиктеди. — Башка жолубуз болсо айткыла, жаңылбай, мүдүрүлбөй ошол жолго түшүп да көрөлү...

— Башка жолубуз жок, Исхак! — дешти жабыла. — Качып кайда барабыз?! Дагы жалбарып эмне табабыз?! Исхак кеңешти бүтөрүп:

— Баатырлар! — деп буйрук айтты. — Кимибиздин атабыз такта туулуп, такта өлгөн?! Бизге так кымбат эмес. Ата конуш жер кымбат. Ага-тууган эл кымбат. Биз ат үстүндө жеңип алган боштондугубузду ат үстүндө жүрүп, кимден гана болбосун коргоп калалы!
Эстүүлөр, акылга дыйкан агалар, элге чыккыла, элге айткыла ушуну...

— Сиздин пашалык эркиңиз!

— Куп болот, өкүмдар!

Нөкөрлөрүнүн минтип сөзсүз колдоосу, бир пикир болушу Исхакты кубанткан да жок, үрөйлөрү учкан тунжуроосу кайгырткан да жок. Эртеңки күнү кыйын. Эртеңки күнү кызарып чыгат. Баарыдан мурда өзү сезип, кайыл болуп тагдырына баш байлады. Кандуу эрегишке, тиги дүйнөдө эл алдында, тарых алдында бети же ак, же кара, дүйнөдө кудай алдында жүзү же жарык, же чүркөө, бул зордук менен боштондук,

карөзгөйлүк менен адилдик бир байланган түйүнгө, ал түйүндү же замбирек, же кыңырак кылыч чеччү күнгө бел байлады.

Арызга келдим деген бир кара сакал кишини Исхак кабыл кылды. Кара сакал акырын учурашып, эки жагын абайлап, Исхактын бет маңдайына чөк түштү. Исхак кызыгып тиктеп, жүзү жумшарып:

— Эч ким жок, — деп койду. — Сен менин өзүмдөн да шек санайсыңбы? И, айта бер. Анжияндан качан чыктың? Иш кандай?..

Кара сакал тамшанып алды:

— Өлгөнү жатса да, биздин эл «жакшымын» дей берет...—деди тиги кыңырылып, кабагы кирдүү.

Исхактын көзү чекчейди:

— Иш жаманбы? Ачыгын айт. Тагын айт...

— Тузуң ура турган болду баягы ишенген бектериңди. Сенин даражаңа шек келтирип, «ал бир жүргөн селсаяк, темтейген бир кыргыздын баласы, ордону карөзгөйлүк кылып эле ээлеп алды» деп, күбүрөшүп, жанына кайдагы шектүү кишилерди топтогонго окшоп жатышат...

Исхактын иреңи бопбоз болуп кетти.

— Сыягы Искөбүл паша менен алдыртан алакага келүүгө аракети бардай...

Исхактын ар шаарга койгон, ар кишинин артынан койгон өтө ишенимдүү тыңчылары бар болучу. Өзүнөн башка эч ким билбейт, булар өзүнөн башка менен эч сүйлөшпөйт. Өтө берилген, өтө сырдакана адамдардан тандалган эле. Мындай угар кулак, көрөр көз Абдылла
бектин артында да, Бекназар баатырдын артында да көлөкөдөй ээрчип жүрөт. Абдымомун бектин ишин эч ким байкамак эмес. Ушундай угар кулак, көрөр көз жеткирген болучу.

— Токто... Токто... —деди Исхак үнү кектүү, өчтүү, ачуудан калтырап чыкты. — Калганын өзүмө кой, баатыр, алдыңдагы атың жакшыбы, жаман болсо жакшы атка оонтур да, бүгүндөн калбай кайт Анжиянга.

Тиги үргүлөп отурду. Исхак колу калтырап, «Ушби катты көрсөткөн баатырдын айтканы айткан болсун!» — деп, араң жазды да, этегине мөөрүн басты:

— Мына. Бетбак Шамырза тескери кадам таштаары менен, бул жарлыкты бизге көңүлү бекем пансаттарга, жүзбашыларга дароо көрсөт, чыккынчыларды дароо карматып, дароо башын алдыр. Жо, тынч болсо чочутпа, быяктан киши баргыча.

Тиги көзүн ачты да, оозун чоң ачып эстенип, жарлыкты койнуна катып, акырын баш ийкей коштошуп, чыгып кетти.

Ошол эле күнү ордо жакшыларын кайра чогултуп, калчылдап, жай сүйлөй албай, Исхак:

— О, Шамырза! О, Ярмат! — деп чаңырды. — Булардын терисин тескери гана сыйрыйм! Чыккынчылар! Саткындар!!

Эмне болуп кеткенин билишпей, отурганы отурган жеринде, отура элеги турган жеринде селейди. Эмне болду? Шамырза датка, Ярмат датка эмне жазык кылышты экен? Өтө ишенимдүү, өтө жакын адамдар болуп эсептелчү эле го?! Эч ким ооз ача албады.

— Мына!—деп, Исхак түтүк кылып оролгон сөөмөйдөй кагазды ортого ыргытып таштады, өзү дарчеге басып кетти.

Кат тааныган бирөө түтүк кагазды жерден ала коюп, бир сыйра тез көз жүгүртүп, отургандарды нестейип тиктей берди, отургандар да кызыкты, «оку» дегендей чекчейип тиктеп калышты, тиги мукактанып, акырын окуду. «Урматли бек, бу ыссык дубайсаламни бурадарлариңиз Ярмат ва Шамырза датхалардан деп билгейсиз! Азрети инша-алла, сизниң куш тилидак кабариңиз бизге йеттилар. Көп курсант болдик. Бир алла кубат берсүн, сизниң оюңиз, бизниң оюмиз, сизниң йолиңиз, бизниң йолимиз. Тезрак кабар этиң, азрети, Искебүл паша йакынлап келер экен, не акыл бергайсиз?..». Отургандар бирин бири тиктешип калышты. Исхак дарчени карап турган бойдон былк эткен жок. Жымжырт болду.

— Кокуй о-ой, бу не деген шумдук?! — деп жиберди бирөө. Баары баш чайкап, шыпшынып, бул чыккынчылыкка таң болуп отуруп калышты. Исхак бери басып келди да, башын өкүнүчтүү ийкей:

— Уктуңарбы, бурадарларым?.. — деди. — Күнү кече ишенимдүү бир адам «бектериң бу Исхак тентиген селсаяк деп күбүрөшүп жүрөт» деп ооз эки кабар жеткирген болучу. Көп ойлонуп, ишенгим келбеди. Мына бүгүн бектердин каты кармалып отурат. Бул Абдырахманга арналган кат экен! Мөөрүн карагылачы...

Колдон колго өткөрүп, каттын этегине басылган эки мөөрдүн жазуусун карап калышты. «Нак өзү! Ярмат деп турбайбы!» дешип, кыжырлары кайнап, күүлдөштү. Бекназар ачуудан кара көк болуп кетти. Эки көзүнө кан толуп, же сөгүнүп жибере албай, же оозуна бир айла сөз кирбей буулукту.

Исхак өзүнүн бостон уругунан Амал эшик ага деген адамды элбеги атап, Бекназар баатырды аскербашы кылып, тандалма төрт миң аскер менен ошол эле күнү Анжиянга жөнөттү.

— Баатыр, сак бол. Анжиян биздин бешигибиз. Колдон чыгып кетпесин! — деп эскертти Бекназар баатырга, коштошуп жатып. Өзүң бил нары жагын, душмандын тынчы — өлгөнү...

...Кечинде, жатайын деп чечинип, төшөгүнүн этегине эми отурганда, сырткы үйдөн кобур үн угулду. Исхак жанында жаткан бир атма орус пистолуна колу кандай жеткенин билбей калды. Үн тааныштай. Момун кирди:

— Таксыр, азирети хан ата...

Исхак башын ийкеди. Момун чыгар замат эшиктен молдо Асан көрүндү. Исхак кабагын чытып, үнсүз кабыл алды. Молдо Асан да тырышат, салам айтпады.

— И, келипсиз бей убак?

Молдо Асан кабаарып тез-тез сүйлөдү:

— И? Акылга даана адамдарды бүт кырып, жалаң кутурган кедей менен каласыңбы?!

Исхак өйдө карады. Көзүнөн заар көрүндү. Ата экенин укук кылып, молдо Асан тилин тартпады:

— Кара аламаның эмне кылып бере алат сага?! Оозунда сөзү болбосо, алдында аты болбосо, чөнтөгүндө жырык теңге пулу болбосо! Башыңа иш түшкөндө акылдуу кишилер, пулдуу кишилер, белдүү кер келет, билип кой.

— Ошол акылдуу деген, пулдуу деген, диндүү деген кишилериңиз оңду-солду сатып, чыккынчылык кылып жатышат. Уктуңузбу? Эми аябайм. Кичине гана күнөөсүн тапсам койдой мууздатам, дарга экиден астырам, жерге тирилей көмдүрөм. Буларга өз үйү, өз тону, өз дүнүйөсү аман болсо болду экен!

— Асте кыл, балам, асте кыл. Өзүңө жаман болуп калат...

Исхак обдулуп:

— Кайдан билесиз өзүмө жаман болорун?—деп такып калды. —Ким айтты?..

Ал ошол жерде атасын шектенип тиктеди. «Чала улама, чала акыл... Мени шарияттын жобосуна каршы кетти деп жүрөт окшойт. Эмне эле менин ишиме киришип калды? Кой десем болбойт, жабышып киришип калды? Душмандарым тукуруп жатабы?» деген ой башын чырмап турду.

Молдо Асан үңкүйүп отуруп калды. Ичине сыр катып уурту кымтылып, көзү заардуу жылтылдай баштады. Исхак чекирейип тиктеди. Молдо Асан кыжырлуу күңкүлдөп сүйлөдү:

— Пайгамбардын көк туусун көтөрүп, мусулманга калка болуп, балам каапыр кубалайт деп, кубандым эле. Кубанычым Абдырахман абтабачыдан бөлүнүшкөндө таш капты. Кайран Абдымомун бектин мусулманчылык ишин жерге тепсегениңде көңүлүм сынды. Эми элден да, динден да чыкканыңа көзүм жетти...

— Болду! — деп чаңырып жиберди Исхак. Ал ордунан тура калды. Өз атасынын оозунан ушул сөздү укту. Өз атасынын жүзүнөн аяшкыс кастыкты көрдү. Экөбү бирин бири тиктебей, ара тымтырс болуп, отуруп калышты. Өз түшүнүгүндө атасы, өз түшүнүгүндө баласы нааразы.

Исхак акырын алакан урду. Караул ошол замат леп кирип, таазим кылды.

— Эми кантейин, ата, менин ишиме, менин максатыма түшүнбөдүңүз, кантейин, эми кеч болуп калды, барар жериңизге узатып койсун...—деди Исхак.

Молдо Асан үнчукпай коштошпой, Исхакты дагы эле баласы санап, таарына бушуткан бойдон этек кага чыгып жөнөлдү.

Экинчи ата менен бала жүз көрүшкөн жок...

Бекназар төрт миң сыпай баштап, эртеси Анжиянга жакын бир кыштакка жылып барды. Сак аракет кылып, эң оболу эки даткага: «Урматли Шамырза датка ата, кадырдан Ярмат датка ага, ушби куш кабарни сизлерге кызмат кылгучи кичик иниңиз Бекназардан деп билгейсиздер. Таксыр аллаяр бахадур Исхак-хан мени, мени ээрчиген төрт миң кошунни сизларниң карамагынларга жибердилер. Шаардагы аскерларни ташкарига алып чыгып, бизни кошуп, жигит ойнун куруп, бир ар тамаша кылып, соңра кетиш улук, жарлыкка ылайыкдур» деген кат жаздырып, этегине бармагын басып, чабарман жиберди. Эки датка эчтемеден кабары жок, өзүлөрүнчө зоок куруп, ойноп жатышкан эле. Катты алышты. Шектенишпеди. «Төрт миң кошун! Куп жакшы...» дешип, бири бирин кыя тиктешип, ичтен жымыйышты. Эртеси эрте куйругу түгөнбөй чубап көп аскер Анжияндан чыкты. Эки аскер бет келишти.

Бекназар эки датканы дароо карматып, «Чыккынчы! Саткын!» деп жариялап, аскадай тирелген эки аскердин ортосунда Исхактын жарлыгын окутуп, андан соң нары-бери жетелетип, эч кимдин көңүлүндө күдүк калбасын үчүн жамыга көрсөттү. Эки жактан тең: «Өлүм! Чыккынчыга өлүм! Бу наалатылар азыр союлсун!..» деп, чуу чыга баштады. Бекназар ушуну гана күтүп турган эле:

— Сой! — деп чаңырды. Ошол замат баягы Исхакка сөз жеткирген кара сакал жулунуп чыгып, чоң булдурсун менен экөөбүн башка-башка салып колунун кычуусу кангандай, жүрөгүнө түйгөн жини тарагандай болуп, анан ошол жерде эки аскердин көзүнчө Шамырза датка менен Ярмат датканы жигиттерге бастырып, өз колу менен кызылала кылып, койдой мууздап таштады.

Бекназар баатыр эки аскерди кошуп Анжиянга кирди.

* * *

1876-жылдын 2-январы күнү генерал Скобелев Анжиянды камоолго алды.

Шаардын бир жагынан генерал Троицкий, бир жагынан генерал Куропаткин, бир жагынан барон Витгенштейнди, барон Миллер-Закомельскийди жанына алып, генерал Скобелев өзү каптады. Күн чыгыш жагындагы бүт Анжиян алаканга салгандай көрүнө турган Ак-Чакмактын-Дөңү деп аталган дөңгө генерал Головачевдун 16 орудиядан турган артиллериясы, ракета станкалары эки канат кылынып катар тизилди.

7-январь күнү эртең менен эрте Анжиянга биринчи ок атуу башталды. Бүт артиллерия керели-кечке тынымсыз атты.

Ак шалпар жоолук чүмкөнгөнсүп, даректары үлбүрөп, кар басып турган Анжиян кымкуут түштү. Кыштын күнү кара чаң асманга көтөрүлүп, тамдар самандай өрттөндү. Мунаралар күү-күү этип кыйрап түшүп жатты.

Эси кеткен сарбаздар кытайча замбиректерин жер токмоктогондой «Түрс!», «Түрс!» дедирип, аткылап жоопкылып калышты. Огу бир кишинин да башын жарган жок. Жер челип түшүп, талаада тоголонуп гана кала берди.

Генерал Скобелев мурутунан күлүп, Анжияндын кантип кымкуут болуп, кантип өрттөнүп жатканын дүрбү менен көрүп, Ак-Чакмактын-Дөңүндө тамаша чегип турду.

Бир убакта арттан куду шамалдын ышкырыгындай кыйкырык салып, атка өбөктөп чабышып, жапайы атчандар селдей каптады. Бул коркунуч да күн мурунтан эсепке алынган эле. Буктурмага коюлган үч ракета станка, үч замбирек жапырт атып, чачма ок менен тосту. Жапайы атчандар ыдырап жайыла берип, куюн сыяктуу имериле чаап артка кетишти. Алар менен атайын полковник Машин беттешти. Жапайы атчандар аралашууга, кылычташууга жулунуп жатты. А полковник Машин качса кууп, качырса чегинип, ок жете турган аралыктан өткөрбөй согуш жүргүздү. Кетип калышса артынан куубады.

Буга Исхак түтпөдү. Бөлтүрүктөрү жаткан күпкөсүнө мергенчи кирген бөрү сыяктуу эч түтө албай, эч таштап кете бере албай, кайрадан кайра кайрылып, албууттанып кирип жатты. Жаны көзүнө көрүнгөн эр жигиттер от бүркөн, ажал бүркөн ракета станкага, чачма бүркөн замбирекке кылыч менен, союл менен качырып, кадам сайын атына кошо башмалдак атып жыгылып, жүздөн бири жетип, миңден бири жетип мерт кылып, өзү да мерт болуп жатты. Жерге жакын учкан куштай кайгып, алыстан чалма ыргытып, замбирекчилерден сүйрөй качкандар да болду.

Исхак кош арыктын көпүрөсүнөн өтүп бараткан эле. Тынымсыз замбирек атылып, ракета «шар-р» эте асмандын бир өңүрүн айрып, мындайды көрбөгөндүн жүрөгүн түшүрүп сесин алып, жер термелгендей болуп жаткан. Күрс! Көпүрөгө замбиректин огу келип тийди. Заматта кош арыктын суусу асманга атылып, көпүрө кыйрап түштү. Исхак суунун сапырындысына аралашып жок болду.

— Кокуй! — дешип нөкөрлөр чур этти. — О, жараткан, өзүң сактай көр!..

Эң мурун суу үстүнө калдайып ак боз аргымак чыкты. Кыймылы жок. Артынан Исхактын кызыл кымкап чепкенинин өңүрү көрүндү. Нөкөрлөр арык жээктеп чуркашты. Экөбү суугa кирип, Исхакты сүйрөп чыгышты.

Жаны бар экен. Эки окшуп суу кусуп жиберди, Исхак. Жакын эле жерге күрсүлдөп замбиректин огу түшүп жатты. Исхак эсине келип:

— Ат! Атты тарт... —деп обдулду. Кармай калышты. Ал шак тура алган жок, «И-ки!» деп, ооруксунуп, эрдин тиштенди. Бир буту сынып кеткен экен. Кычырай түштү. Эки көзүнөн чаар чымын учуп, башы тегеренди.

— О... Алдырар күнү жаздырар деген ушубу?! Бутум иштен чыгыптыр го!..—деп үшкүрүп жиберди Исхак. Нөкөрлөр кайсаланып калышты:

— Э, бир кудай өзү сактады! Бут эчтеме эмес. Кудай өзү сактады... —дегенден башкага жарашпады.

Көк өтүктүн кончун тилип жиберишип, жаракадан шакшак кылып коюп, сыныкты дароо таңышты. Исхак турууга умтулду:

— Атты апкелгилечи...

Башка ак жал жээрде атты тартышты. Сүйөп атка мингизишти. Исхак чымырканды. Чекесинен идиреп тер кетти. «О, алдырар күнү жаздырар деген ушубу?!» деп ичинен муңканды. Онтобоско аракет кылды. Эки нөкөр жандап бастырышып, эки колтуктан сүйөштү. Исхак те ак түтүн улам буркулдап, огу Анжиянды жүндөй сабап жаткан Ак-Чакмактын-Дөңүндөгү артиллерияны тигиле тиктеп, онтоп жиберди:

— Аттиң ай! Ушул дөңдү сыйпап түшөр белек?! — деп чыйралып буйрук кылды. — Баарың! Баарың! Дөңгө! Дөңгө...

Жапайы атчандар туштуштан жабылып, бир тегиз жабылып, үч мерте Ак-Чакмактын-Дөңүнө ат коюшту. Үч мерте кызыл тыттай кубулуп кырылышты. Аларга мөндүр ок гана кер келди. Алардын селин ок гана токтотту. Алардын демин ок гана кести.

Исхактын буту шишип кетти. Аттын кыймылы сайын сөөгү кырчылдап, катуу ооруп, жаны көзүнө көрүндү. Жан тери чыкты.

Исхак кечинде Асакеге келди.

Ал түнү Ак-Чакмактын-Дөңүндөгү артиллерия Анжиянды түнү бою тындырбай атты.

Эртеси таң менен шаарга чабуул башталды. Анжиян капкасына төрт тараптан генерал Скобелевдин аскери кирди. Талкаланган дарбазалардын түбүндө, дубалдын бузулуп өткөөл болуп калган жерлеринде коргоочулар төшү менен тосушту. Өзүлөрүнүн өлүктөрүн каршы- терши коюп дубал кылып, тосмо кылып жатышты. Акыры душман Абдырахман турган дарбазадан жырып кирди. Абдырахман жакшылыктуу каршылык көрсөтө албай, туруштук кылбай, төрт жүз сыпайын баштап алып, күтпөгөн жерден сыртка чыгып кетти. Генерал Скобелев так ошол мерчемди бекем кармап, бир аз коргонуу кылып, ракета станка, замбирек апкелдирүүгө үлгүрдү. Чоң курал жеткен соң анын огуна, сүрүнө таянып, кайрадан күчөтүп, нарылап чабуулга өткөздү.

Коргоочулар көчөмө-көчө кармашты. Колуна кесек алып, таш алып, а жөн эле эки чеңгелин арбайтып, эс-акылынан ажырагандай бакырып жулунуп, мылтыгынын найзасы арпанын кылканындай ширелип келаткан каратель аскерге келип урунуп жаткандар болду. Сарбаздар, сыпайлар, караламан каракелтек эл «Йа, алла!», «Йа, алла!» деп, бир кылка, бир тегиз, муңдуу, өчтүү зикир чалышып, жандан кечип кармашып жатышты.

Күүгүм кире көз байланганда Бекназар алсыраган колунун башын-аягын жыйнап, каршылыкты токтотуп, 20 миң кишиси набыт болуп, канга бөлөнгөн, түтүнгө ууккан Анжияндан чыгып Асакеге чегинди.

Генерал Скобелев Анжиян шаарын ээледи. Шаарга 100 миң дилде өлчөмүндө контрибуция салды. Мындан тышкары аскердин кереги үчүн шаар элинен көп мүлк жыйнатылып алынды.

Бүткүл Россиянын императору Александр II аскери Анжиянды алганын угуп, фон Кауфмандын эркине жеңилгендердин эсебинен, офицерлерди сыйлаш үчүн алтын баасы менен 88611 сом ыйгарды да:

> «Кудай берип, экспедициянын иши мындан нары да ушундай эле көп кан төгүүсүз бүтсө экен»

деп куттуктады.

VI

Мурдатан байланышып жүргөн белем, көп өтпөй, Анжияндан сегиз чакырым аралыктагы Инди-кышлакта Абдырахман генерал Скобелев менен жолугуп, кара башынын амандыгын көздөп, өз туугандарынын эртеңки тынччылыгын көздөп, багынып берди.

Өтө кыйын мезгилде Абдырахмандын курал таштаганы Исхактын бөйрөгүн бөкшөрүп кетти. Жалгыз өзү кетсе мейли эле? Аны ээрчип жыйырма бек кетти, бектер кетсе мейли эле, бектерди ээрчип түмөн- түмөн кол кетти, тайпа-тайпа эл кетти. Көтөрүлгөн элдин өзөгү бузулду.

Исхак эми эмне кыларын билбей калды. «Атаңдын көрү ай! Бу куруган журт болбой калганбы?! Ыркы, ынтымагы кана?! Эл агасы деп таянар, куу замандын өйдөсүндө жөлөк кылар, ылдыйында өбөк кылар акылдуулар, билектүүлөр ушубу?! Кара башынын камынан бөлөк мудаты, арманы жок турбайбы?!» — деп зил болду. Ал эч ким менен сүйлөшпөй, жанындагы жакшыларын сыдырып тиктеп, жүрөгү карайып, эми эч кимисине ишенгиси келбей, оюндагы жакшы менен жаман аралашып, көз алды туман, көңүлүн коркунучтуу шек, биринин кылган күнөөсү үчүн миңин канга бөлөсө кыбасы канбай турган ачуу кек ээледи.

«О, илгери, токойго балта деген жоо чыккан экен дейт илгери. «Кокуй, балта деген жоо чыкты, карыбызга карабай, жашыбызга карабай кыйып келе жатат, энди айла не болот?» деп кабар келгенде миң жыл турган арча «И, ошол кыйып келе жаткан жоо жалаң эле балта бекен?» деп сураса, «Сабы жыгач экен» деген жооп болуптур. «А ошондой. Өзүбүздөн чыккан жоо ичинде болбосо, сырыбызды билбеген балта жалгыз эмне кылып ала алат эле?!» деген экен көптү көргөн арча!». —Исхак бул тамсилди өкүнүч менен эсине алып, ичтен күйдү. — Мына, ким калыс болот. Миң тукуму болбосо, Миң тукумунун кешигин жалаган Абдырахман өңдөнгөн бек тукумдары болбосо, ыя, акпаша, жарымпаша бизди эмне кылып ала алат эле?!».

Эч кимге сыр айтпай шашылыш аттанды. Маргалан эли жолуна бойро төшөп, улуу урмат көрсөтүп, «Көп жаша! Көп жаша, гази!» деп дуулдап тосту. Исхакты бу да кубанткан жок. Ирейи мисирейип, жаак териси тырышып, өз каарына өзү уугуп, шаарга кирди.

Сая түшүп, генерал Скобелев Маргаланга жүрүш кылды. Орто кылымдын ылай дубалы замбиректин огунан калкалай албайт экен. Калкаламак турсун, ийнине камалган бөрүдөй кылып, камап, кармап берет экен. Эмне болсо да, шамалдай тийип, шамалдай качып, ат үстүндө, ата журттун кең талаасында кармашууну көксөп, Исхак кырк ашуун кытайча сүйрөтүп, калган беш миң колу менен Маргаландан сыртка чыкты.

Исхак Маргаландан көп алыс эмес Кожо Магыз мазарына токтоп, өргүү кылып, саркерлерин, нөкөрлөрүн түгөл топтоп, кеңешке отурду. Мындан ары эмне кылуу керек деген маселе ортого коюлду.

Ал шакшак таңылган бутун сунуп таштап, сеңсел кара көрпө жакалуу ак тонду желбегей жамынып, Исхак төрдө мисирейип, жаагы карышып калгансып, такыр ооз ачпай, өз оюу менен өзү алек болуп, өзүн өзү унутуп отурду. Нөкөрлөр ар кимиси ар кандайча ой жоруп, ар кимиси ар кандайча сунуш айтып, ой талашып, кобурашып жатышты. Исхакты жал-жал карашат. А Исхак тунжурайт. Абал оор. Эл бузулду. Кол бөлүндү. Бир жагынан кар кысып, бир жагынан куралы күчтүү ыкыбалдуу Ыскөбүл

паша кысып, чабуул кылууга да, чегинүүгө да жер тарыды. Эмне кылуу керек? Анын оюн он тала кылган да ушул эле.

Эң акыры акыл үчкө бөлүндү.

Абдылла бек:

— Таксыр, баарыбыз көрүп турабыз ки, эгер кашкөйлүк кылып кармашабыз десек, шаар деп, ордо деп түзгө байлана турган болсок, таксыр, сөздүн ачыгы жакшы мындай кезде, колдун акыркы уюткусун кырдырып алабыз. Элдин жүрөгү өлөт. Эртеңки катуу күрөшкө жалтак болуп калат. Ошон үчүн, эч ойлонуп турбай, Ош багытына чегинип, Оштон нары тоо таянып, элет аралап кетишибиз зарыл. Пайдасы кайсы? Пайдасы ушул ки, коопсуз кыштап, кол жыйнап, кудай алкулум десе, келерки ат кара тил болгон мезгилге аман жетебиз, ал мезгилге жеткен соң, жазгы кирген суу менен кошо күүлдөп, түзгө кайра агып кирип келбейбизби?! Ага жетсек, таксыр, өзүңүз ойлонуп багыңыз, кудайдын бергени...

Кайнатасы Музафар-шаа:

— Инша-алла, бектин сөзүндө калети жок, туура айтты. Бирак, бир нерсени эске алса, андан жаман болбос эле. Акыл тегеретели, Ош-бува багыты жакын, Алай, Өзгөн, Көгарт тоолору жакын. Өз эл, өз журт, качан болсо да алаканда ку?!. Менин оюмча, Каратегин багытына жүрсөк куп болобу деймˀ? Ниме дегенде, бир кезде Каратегин бу Кокон өкүмдарынын бир вилаети эди, менин бир тууганым Райим эси жоктук кылып, өзүмчө болом деп, бөлүп отурбайбы, мына ушул гана бекайбат беш миң бахадур менен шау-у деп басып кирип барсак, инша-алла, эси жок үрөйү учуп, өзү тизе бүгүп тосуп чыгат. Жакшы жер кайран Каратегин! Байманасы ташыган жер. Кыштай жакшы тыныгып, жазда, бекзаада айткандай, кирген дария менен кошо күүлдөп, кудай алкулум деп, бир Каратегиндин өзүнөн жыйырма миң кошун алып, кайра Фарганага каптап түшсөк жаманбы?! Мына, ушуну ойлонгулачы, акылдуулар?.. Ушул ылайыктуу болуп калып жүрбөсүн?..

Мадамин ынак:

— Майли, кетели Ош-бувадан нары тоо таянып, кетели байманасы ташыган Каратегинге, о таксыр, быякта шаарларда калган, түздө калган каралай көз калктын күнү не болмокчу? Таштайбызбы боору таш тагдырдын колуна?! Кечиргейсиз, о бактияр өкүмдар, биздин оюбузча, не кылган менен, өлкөнүн ордосу Кокон эмеспи, Кокондон кетпөө лазимдур. Кокондо туруп, бүткүл тайпанын көңүлүнө медер болуп, чыйралтып, касам урган Насирдинге да, кара жүрөк залим жарымпашага да каршы күрөш алпара беришибиз ылайык...

Үч жактан тең жүйө сөз айтылып, маслаатчылар күбүрөшүп, кээси коштоп, кээси ыраазы болбой, копшолуп калышты.

Те босого ченде Бекназар өзүнчө, ар бир сөздү, ар бир маанини кылт эттирбей угуп, бирок бир да жолу козголбой, ооз ачпай, талашка аралашпай өзүнчө ой термегенсип отурат.

Исхак сынган бутун акырын сыйпалап көзүнүн төбөсү менен отургандарды сыдырып тиктеп, эрдин бек кымтып, эки көзүнөн шек күйүп, кимди да болсо аябай турган жаралуу жырткычтай өчөштүгү сезилип, ичимтап болуп отурду. «Кимиси чыккынчы болду экен? Ушу бирөө достун тонун кийип, достун ширин сөзүн сүйлөп, ушу азыр чыккынчы жанымда отурат го?! Ыя, кимиси болду экен?..» деп, жүрөгү карайды. Көзү Абдылла бекке токтоду. «Жо, ыйык энебиз Курманжан датка айымдын азамат

уулунан шек санасам, анда кимге ишенем? Ишенимдүү ким калат?!. Жо...» деп Исхак оюнан кайтты. Эки көзү канталап кайнатасы Музафар-шаага урунду. «Мунун күнү мени менен!» деди Исхактын оюу. Андан нары көзү Момун саркерге, Бекназар баатырга кадалып өттү. «Жок... Жок... Булар бир башымда эки көзүм болсо ошол эки көзүм, бир көзүм болсо ошол бир көзүм!..» деди. Мадамин ынакты имерип тиктеди. «Бул эмне кызаңдайт? — Жүрөгү солк дей түштү. — Көбүрүп сүйлөдү. Эмне ич күптүсү бар мунун? Жо, ынагым туурасын айтты, элим эмне болот, жакшы күнүндө бийи болуп, жаман күнүндө өз башымды куткарып кетип, не деген атка калам?..». Исхак өзүн өзү тынчтантты. Бирок, «Кимиси чыккынчы экен а?..» деген ой такыр кетпей туруп алды.

Эң акыркы сөз аныкы:

— Ынак, —деп чарчаңкы үн катты Исхак, — каралай көз калкты таш боор тагдырдын колуна таштап кетүү, туура айтасыз, кыйын бизге. О, жараткан!.. Кантебиз, башка аргабыз жок го, кашкөйлүк кылсак, бекзаада туура айтат, кошундун уюткусун жок кылып алганы турабыз го?..

Мадамин ынак татарып унчуга албады.

— Майли, Каратегин тарапка кетели, ушул оң болуп турат го, жакшылар... — деп өкүм айтты Исхак.

Музафар-шаа жым этти. «Калганына жарасак!» деп, азыр эле Каратегин колуна тийгендей болду. Эптеп Каратегин бийлигине жетсе! Анын көңүлүнүн тереңиндеги катылып жаткан сары убайымы, максаты ушул гана болучу.

Эки жак тең томсоруп отуруп, ыкрарлык билдиришти. Исхак шагы сынып, башка айласы да жок, отургандарды дагы бир сыйра сыдырып тиктеди. «Кимиси болду экен?..» деген ой башынан дагы бир жолу зып деп өттү. Анын айласы түгөнүп турганын көрүп отурбайбы Бекназар?! «.. иши качат, киши качат... деген ушубу...» деп, арман күү келди дилине.

— Мен кайда барсак да бирге болоюн, — деди Бекназар.

Исхак көзүн акырын жумуп, башын акырын ийкеди. «... тири калсак бир дөбөдө болушарбыз, көз жумсак, тагдыр ошол канжыгада көрүшөрбүз...» Бу сөз бир убакта шерт болуп ортого ташталган, жол кошууга данакер болгон эмес беле?! Келди эсине, бүгүнкү өтө кыйын абалында баатырдын аны дагы көтөрүп «бирге болоюн» дегени өлчөмсүз ыразы кылды.

— Мейли, — деди Исхак, — баатыр акебиз бирге болсун.

Исхак Абдылла бекти бөлдү. Өзүнө караштуу кошунун бүт алып Ош багытына жол алууга буйруду. Анын милдети Гүлшаага өтүп, кышы бою тыныгып, аскер жыйнап, жазгы жүрүшкө быяктан кам кылмай болду. Мадамин ынак баш болгон кокондуктар мойнунан байланган иттей тыржыйышып, хандын эрки — кудайдын эрки, каяша кыларга ал барбы, буйрукка кут этпей көнүп, Исхактын өзү менен аттанмай болушту.

Исхак эки миңдей кошун менен, үч жүз кызыл нарга кош артып, кытайчаларын жүктөтүп, Каратегин багытына карай жол тартты.

Исхакты жолмо-жол ой басты. «Каратегинге жөнөдүм. Ушул туурабы? Туура го дейм. Каратегин элинин боору бүтүн, урушка аралаша элек, деми бүтүн. Ыйык тууну ээрчийт. А Ош багытычы? Абдылла бек өз көзүм. Ошол жетишет. Эл калды го түздө? Коконго кирип ордого отуруп алса кандай болот эле? Күч кана буга? Кудаяр бир жагынан, анын күчүгү Насирдин бир жагынан коргон тегеренип шимшиген көркоо карышкыр сыяктуу түн жамынып жортуп жүрүшөт. Кокондун жаман дубалы Искөбүл

пашанын замбирегине туруштук кыла алабы?! Анан эмне деп Коконго барышыбыз керек? — Жүрөгү солк этип, Исхак аттын тизгинин жыйды. — Токто, бу Мадамин сарт бизди таш капканга камап бермекчи экен го?!«

Ал жолдун жээгине кайрылып, коштун артын карап токтолду. Иргелген саркерлер эки канат болуп, аттарынан түшө беришти. Исхак унчуккан жок. Эмне үчүн токтодук деп, эч кимиси сураган жок. Исхак идиркенектеп кош артын тиктей берди. Кара суук сөөктөн өтүп жатты. Бир убакта шылкыйып араң ат бастырып келе жаткан Мадамин ынак көрүндү. Алардын шайы боштугу Исхактын шегин ого бетер күчөттү. Чаар ирени түктөйүп, тосо бастырды. Мадамин ынак атынан түшүп, дөңгө басканда:

— Эй, сен! Тез бас, эй! — деп чаңырды Исхак, өзү да калчылдап кетти. Мадамин ынак токтоло калды. Эмне дээрин, эмне кыларын билбей, заматта тили байланып нестейди. Исхак сөөмөйүн кезеди:

— Карма, Эшмат!

Кийинки учурда өтө шекчил болуп кеткен Исхак үчүнчү сунушту «чыккынчылык» деп эсептеди. Көбү кокондуктар болучу. Колго токтомдуу жыйырма азаматын Мадамин ынакты баш кылып, дамбалчан кылып, карга чилдей бөктүрүп жаткырып салышты.

— Сой!—деп чаңырды Исхак тескебей, сөзгө келбей.

Саал арттан кошун аяңын тескеп, «жүр-жүрлөп» кыдырып келе жаткан Бекназар кажы-кужу болуп жаткан үн угуп, темине ийрилип турган топко келди. Койчо мууздалып, ысык каны каңырсып, теңгеленип чачырап, гүл сайма түшүрүп, ак карга ыраңдай сиңип жатат Мадамин ынак!

— Эй! — деп жиберди Бекназар. — Эмне болуп кетти?!

— Бу саткын экен... — деди Исхак чарчаңкы.

Он чакты жигит колу артына байланган, карга чөк түшүрүлгөн. Биринин мурдунан каңтара тартып, алкымга шамшар такап, «сой» деген чаңырык күтүп турат Эшмат.

Бекназар:

— Бирге туруп?! көч ичинде жүрүп?! кандай «саткынчылык» кылып жиберди экен?! Ана, саткын деген! калды го Искебул паша менен...

Исхак:

— Кечеги «калабыз» деген эмне?!

— О-о, кокуй ай, — деп, ээр кашын бир муштап, муңканып жиберди Бекназар, — жаман ою жок эле анын! Каны, беги болуп жакшы күнүндө, кара баштын камына өтүп каран түнүдө, качып, чилдей тарадык, эл ичинде калышка, тайгак жолдо таяныч болушка, кана, кайсы көйкашкабыз жарадык?! Өз алыбыз бул болсо, үч кишинин биринен, шексине берсек түрүнөн жаныбызда ким калат, кокуй ай, тилибизди ким алат?!

Өзүн өзү басып, дилинде сынгансып калды Исхак. Тиги жаны шамшардын мизинде кылтырап тургандар үчүн жан соога сурады Бекназар. Көңүлүнөн өтө албай унчукпай башын ийкеди Исхак.

Кош кайра жай чубалып жол алды.

Кар боройлоп жаап келди. Кар көздүн жашындай нымтырап, желкеден ылдый сарыгып, өзөккө суу өттү. Жашы улгайган, табы кайткан кары кишилер ат үстүнө жүрө алышпай, как денени кызытып жан айласы кылып, аттарын жөө жетелеп, илделеп келатышты. Төөгө минген аялдар, учкашкан-чиркешкен балдар чүмкөнүп жаткан бойдон тоңуп, үстүн кере карыш кар басып, томурайып-томурайып көрүнөт. Улоо айдап

«а-у» деген үн алсыз угулат. Ушул кыйынчылык жаман күндү сезгендей буулдап төө боздойт.

Исхак эл ичинде, көп ичинде эл тарткан жол азабын тең тартып, кошо келатты. Ал сукка үшүбөйт. Өкүнүч ой-санаа башын оорутат, этин ысытат. «О, биздин бектер болбой калган экен го?! Эшегине жараша тушагы, буларга кем акыл Миң тукуму баппы?! Бири үчүн бири жан бербейт го? Кайта биринин жанын бири сууруп алат го?!» — деп, өзүнө миң суроо коюп, анын бирине да жооп таба албай, ындыны өчтү. Ал эч ким менен акылдашпайт. Эч кимди карабайт. Туугандан да, душмандан да көңүлү сынган сыяктуу. Башка акылы, башка аргасы түгөнүп, эми кек гана, өч гана калгандай, жаагы тырышып, иреңи жыландай сур тартып, кекке суусады. Көз алдынан Абдырахман учат. Кайрадан жүрөгү караят...

Муңканып төө боздоп келатты.

Жолдо Үч-коргон эли тосту. Исхак күн мурунтан даярдатып коюлган бектин жылуу тамына түштү.

Исхак балдак менен сылтый басып, астанадан аттай берерде токтоп, кызыл тыштуу кундуз бөркүнүн төбөсүнө төрт эли болуп калган карды кагып таштап, үстүңкү тонун чечип эшик агага калтырды да, бөжөңдөп баштаган бектин алдына өтүп, үйгө кирди. Үйдө эч ким жок экен. Бек көпөлөк болуп бырпырап, Исхактын өтүгүн, суу кийимдерин алмаштырып кийиндирди. Андан соң Исхак сандалдын төркү көзүнө өттү. Бек өзү жүгүрүп, сандалга чок жаңыртты. Исхак сандалга бутун салып, колун жылытып, өзүнчө үңүлүп ойлуу отурган калыбында, мурдун акырын тартып, «Йе... мунуңа да шүгүр, теңирим...» деп, өзүнчө күбүрөнүп, улутунуп да койду.

Иргелген саркерлери эми келип, сандалдын эки жагына канат болуп, кырка отура башташты. Ным, суук сөөгүнө өткөн эле, Исхактын сынган буту эми сыздап ооруду. Ал эрдин бек кымтып чымырканып отурду. Бир аз жылыган соң эти ысып, чыйрыкканын сезди. Денеси талыкшып, жаны жер тартты. Көзүнүн агы менен тең айланып отурган бек Исхактын абалын дароо түшүнүп, пар жаздыктан өзү туруп апкелип, чыканагына коё салды.

Ысык чай келди. Исхак өйдө болуп, бүт денеси талыкшып, ныксырап араң отуруп, биртке чай ууртады. Чекеси нымшып, жаны бир аз сел тапкандай болду. Санаа, жообу жок суроо ой анын көңүлүн такыр ээлеп алган. Алаксыйын дейт. Эч айрыла албайт, эч алаксый албайт. «Ыя? Бул не деген заман болуп кетти?..» дейт онтоо арасында аны сайын көңүлү чөгүп. Өзүнчө баш чайкайт.

Аны көрмөкчү жанында отурган кишилер бейчеки үнката алышпайт. Бирөө касырет тартып отурса, экинчи ырсайып күлүп отурушу уят, кадыр билбестик го! Саркерлер көз менен гана сүйлөшүп, тунжурап отурушту.

Исхак обдулуп туруп, эки көзүн кыпкызыл кылып чоң ачып, жанындагыларга шектүү ормоюп, эрдин бек кымтып, иреңи кумсарып тиктей берди. Үргүлөө арасында, уйку-соонун арасында бир ажайып түш көрдүбү? Дагы кимден шекшип калды? Нөкөрлөр жалтанып, эч кимиси даап өйдө карай алышпай, жамандык өзүнөн оолак кетишин кудайдан тилеп, сүкүт тартып үңкүйүшүп калышты. Исхак өзү эсине келди. Өзү соолукту. Оор улутунуп, кайра шалдырап, ойго чөмүлүп кетти. Дагы баягы ой, дагы баягы өкүнүч. «Ыя? Биз эмне деген элбиз?» Жүрөгү лак- лак сокту.

— Таксыр эс алсынбы?.. —деди Момун оор абалдын ичинен, эки жагына каранды. Баары бир добуштан дуу этип:

— А, майли, майли, кобурашып отура бербей, бейтап адамга тынчтык берели...— деп калышты. Бирок бири да озунуп ордунан турбады. Исхак эмне дейт? Баятан берки оор оюнан бирдеме айтып жүрбөсүн? Жооп болсо учуп тургандай болуп, кыя тиктеп калышты.

Исхак да алардан жадап турган сыяктуу, ооруксунуп сынык бутун акырын тартып, кабагын чытып, пар жаздыкка жатты:

— Күчөткүлө күзөттү...—деди ал акырын, онтоо арасында, — аскер жакшылап эс алсын, эртең таң кулан өөк болгондо жолго чыгабыз. Эртелеп кыңкайгыла...

— Куп, таксыр...

— Куп, аллаяр...

— Куп, өкүмдар...

Нөкөрлөр, саркерлер колдорун бооруна алып, жиби үзүлүп чууруган теспедей биринин артынан бири кетенчиктеп, бөлмөдөн чыгып кете баштады.

Бекназар коштун төрт тарабынан күзөт коюп, кошумча киши чыгарып, андан соң саркерлер чогулуп отурган үйгө келди. Баглан козу союлуп, эми казанга салынган экен. Саркерлер дуу этип тура калышты:

— Келиңиз, баатыр ага...

Бекназар төргө өтүп, саал жай алып, үйдү кыдырата алдыртан эсепке алды. Сейид Маулан бек жок. «Э, кыштактын сыртындагы күзөттөргө өзү суранып караулбашы болуп кетпеди беле? Кечигибирек келет го?» деп, кайра тынчтанды.

Бул түнү Маулан бек өзгөчө сак болду. Эң четки күзөттө көзгө сайса көрүнгүс караңгыны оронуп, үкү сыяктуу түн койнуна тикирейип көз тигип, шырп эткен дабышка кулак төшөп, атынын жалына өбөктөп акырын бастырып жүрдү. Бекназар үч жолу күзөттү кыдырып, үч жолу тең Маулан бекти өз ордунан тапты.

— Сак бол, сейид... —деди Бекназар акыркы жолу. Сейид Маулан бек:

— Камтама болбоңуз, баатыр... —деп ишенимдүү жооп айтып калды.

Түн көшөгөсүн түрүп, таң таштоого жакындап, суук жел сыдырып калган. Эшик кар, үй тар, кычыраган суук — ким тарыбасын, ким жадабасын?! Баары көзү илинип үлдүрөп калган убак.

Бекназар кайра кыдырып келаткан. Биринчи жолу коркунуч шабырттын жакындап келе жатканын алдындагы аты сезди. Шам кулагын тикчийтип, аргыштап селтилдеп кетти. Ошол замат иттер чуу туруп үрүп, каптап келаткан ат дүбүртү жер теңселтип, иттердин чуусун жабыла атылган мылтыктын уну кулак тундуруп басып кетти.

— Ыя, алла!..

Бүткүл кошун тура чуркады. Бекназар ат жалына өбөктөп, Исхак жаткан жакка карай кайра чапты. Бүткүл кошун кымкуут. Оң жакка дүргүп качышты. Оң жактан жапырт мылтык атылды. Октор «гый-й, гый-й» этип, асманды айра тилип, түндүн кара туурдугун тешип, кайдадыр житип кетип жатты. Кошун сол жакка дүргүдү. Сол жактан жабыла мылтык атылды. Кандайдыр бөлөк тилдер, сөз мааниси ажыратылбай, күүлдөп ураан болуп жатты. Бекназар аттын ыйык жалына өбөктөп, катуу келатты. Кулан чаар аргымак так түйүлүп, бирдемеден үркүп, бирдемеден каргып өтүп, учуп келатты. Кимдир бирөө кудайга жалынып, кимдир бирөө «апа!» деп бакырып, кимдир бирөө жер тиштеп жыгылган бойдон сөзгө келе албай, өпкө кагып араң онтоп жатты. Душман жылчыксыз тегеректеп алган сыяктуу. Төрт тараптан тең мылтык ок бүркүп турду.

Исхак биринчи атылган мылтык үнүнөн чочуп, ордунан атып турган эле. Башына жазданып жаткан бир атма орус пистолун ала коюп, буту майып экенин да унутуп:

— А-ай! Тургула! Тургула! — деп, калчылдап кыйкырып, эшикти көздөй жүгүрдү. Пистолдон туш келди ок чыгарды. Жакын эле жерден кимдир бирөө күбүрөнүп келме келтирип жатканын укту. Эшик кымкуут. Кыйкырык. Онтоо. Чырылдап ат кишинеп жатты. Исхактын сыныгы жакшы бүтө элек буту кайра майышып, сөөгү кычырап-кычырап баратты. Ал эшикке чыгып, көзү караңгылап, темтеңдей түшүп, бирдемеге сүйөнө калды. Жүрөгү лак-лак сокту.

— Далдага! Далдага! Кыйкырба дейм, кыйкырба!! — деп Бекназардын үнү аваны жарып жатты. — Кач! Чегин... Тоо тарапка... Тоо багытын болжо...

Эки жактан тең атыш болуп жатты. Душман кайда? Өз кайда? Эч ким ажырата алган жок. Тырымтыракай болуп, кошун тоо багытына карай ыкты. Мындай кезде кыргыз «Атасы бөлөк аттан түш! Аталашым атка мин!» дейт. Баш көргөнду көз көрбөй, баары аралашып, катын аралашып, жүрөгү чыккан бала аралашып, чылбырын сүйрөгөн ээсиз аргымак ат, логлогон төө аралашып, кошун тоо тараптан жырып жөнөлдү.

— Исхак! Исхак!

Исхак көңүлү бир ачылып, бир караңгылап, Бекназардын үнүн араң ажыратты. Аңгыча Бекназар колу менен кайсалап келип калды. Исхак араң онтоду. Бекназар:

— О, кокуй, бутуң эмне болду сенин?! — деп, ыйлактап, Исхакты балача шап көтөрүп, андан ары эч сөз айтпай, тыбырап турган кулан чаар аргымактын ыйык жалына арта салып, артынан өзү ыргып минип, «чү!» деп жүрүп берди. Кулан чаар атылып жөнөлдү.

Аз да болсо уюткусу бүтүн бойдон аскерин тоо таянтып кетсе, андан нары Исхактын көздөгөнү оңунан чыгып, Каратегинди колуна алса, ал дагы куралып, арыгы семирип, ачы тоюнуп, жаз алды менен тоодон ылдый кара сел болуп дагы каптап түшөрү анык болучу. Эл ичинен «өз» кылып алышкан кишилери аркалуу өчтүү Абдырахман Исхактардын ар бир кадамын, максатын жаздым кылбай билип, Исхактын кошуну эми бетме-беттен качып тоо тарапка ыктап, колдон чыгып баратканын көргөн соң, генерал Скобелев дароо Миллер-Закомельскийди башчы кылып атчан козак полкун, Насирдиндин, Абдырахмандын аскерлерин жол көрсөтүүгө, көмөккө берип аттандырды. Полковник барон Миллер-Закомельский Анжияндан чыккан бойдон эч жерге токтобой, күнү-түнү тынбай полкун айдап отуруп, таң таштаганда жетип, Исхактын кошун курчоого алып, капыстан каптап чабуул коюп кирген болучу.

Исхактын кошуну капыстан чоочуп ойгонуп, туш- туштан жабыла төгүлгөн октон, кулак тундурган мылтык үнүнөн такыр эси кетип, эки кишисинин башы кошулбай, тушкелди дыркырап качып, уюшуп каршылык көрсөтө албады. Көбү колун куушуруп, жер боортоктоп жыгылды. Исхактын бүт кошу, 120 нарга артылган жүгү менен колго түштү.

Улуу шашке ченде тоо багытын болжоп качкан колдун чачырандысы Исфайрам капчыгайын өрдөп чогула баштады. Отуздай гана киши болду. Исхак ирeңи жездей саргайып, эрдин бек кымтып, бутунун сыздап ооруганын да унутуп, эми эмне кыларын билбей отуруп калды.

Исхак үшкүрүп жиберди:

— О, Бекназар аке, несин айтып күйөбүз?! Мен эми баарына ишенем. Ушу сизди ыккынчылык кылды десе да ишенем... Илгеркилер:

«Карамыктын даны болгунча
ак буудайдын саманы бол —
жаман элдин жакшысы болгунча
жакшы элдин жаманы бол...»

деген экен. Карачы, калети жок белем?! Биздин элге чындап кеткет келген окшойт... — деп тунжурап кетти.

Көп токтоого болбойт эле. Куугун жетиши мүмкүн. Жолго чыгышты. Исфайрам суусун жээктеп, улам бир бетине өтүп, кыркып кечип, үстү жылма муз секиртмек корумдан кыялап, кээ жерде аттан түшүшүп, жөө сандалып чубап, тынымсыз жүрүп отурушту. Музафар-шаанын мындай азап жолду көрбөгөн эрке кызы атка жүрө албай койду. Башта кемедей кара нардын үстүндөгү жайлуу үжүрөдө келчү. Эми ага нар кайда?! Мурду көгөрүп үшүп, шөмтүрөп:

— Исхак акэ-э...—деп уңулдап ыйлады. — Жан аке, мани үлтүрүп кетиң, жан акэ-э...

Музафар-шаа кабагын бүркөп, кызына тажикче бирдеме деди. Жемеледи окшойт. Кыйналган неме ага болбой көз жашын көлдөттү.

Исхак унчуккан жок. «Куруп кеткен сарттын кызы! Төшөктүн гана катыны...» деп кыжыры кайнады. «Башка түшсө көнөт, өлбөгөн жаны калса келет» деди да, кайрылбай кете берди.

Чаубай үңкүрүнө жетип токтошту. Эми аттан түшүрүшкөнү жатканда Исхак артын карап, бирөөнү замбилге салып көтөрүп келатышканын көрдү. Ким бу.

— Ханике айым...—деди Бекназар. Исхак башын чайкап, «О, атаңдын көрү сарттын кызы!» деди ичинен. Бекназар аттан көтөрүп алды.

Ал күнү аттардын бирин союшуп, оокат кылышып, түнөп, эртеси эрте менен көк мелжиген ашууну карай кайра жолго чыгышты.

Чилденин күнүндө ашуу ашышып, Дараут-Коргонго түшүштү. Ошол жерде кыйла өргүү кылышып, бозгон аскер аздап чогулуп, жүз ашуун киши болушуп, андан Каратегинге жол алышты.

Исхак менен кошулуп агасы Музафар-шаа келе жатканын уккан соң Каратегиндин эмири Раим-шаа тандалма миң кол баштап, чегинен тосуп чыкты. Музафар-шаа жөн келбейт, келгенде да Исхакты күйөө бала кылып алып келе жатса, эч жакшылык күтпөй, эртеңки тагдырын бүгүн кан үстүнөн чечип алмакчы болгон. Тозуп, азып барган азгантай кишилерди Раим- шаа кындан суурулган кылыч менен каршы алды.

Алыстан кыйкырышып, жалаң кылыч булгалашып, бирин-экин ок чыгарышышты. Карап туруп, Исхак Каратегинден баш калка издөөдөн такыр үмүтүн үздү да, кайра тартууга буйрук кылды.

Исхак Дараут-Коргонго кайра келди. Көтөрүлүштүн деми да, уюткусу да эми шеминен тайды белем. Өтө кызуу, өтө кайраткер жигиттердин да жүрөгүнөн от өчүп, билегинен каруу кетип, отурганы отурган жеринде, турганы турган жеринде шалдыроо басып калды. Эч биринин көңүлүнө эми «Эмне кылуу керек?» деген ой да келе албай калды.

Бекназар көзү жумулуу, көкүрөк ойгоо.

«... күү-шау дайра шоокуму, бирде күчөйт, бирде кайдадыр алыстайт... тигине дүпүрөтө жарышкан, үзөңгүсү кагышкан кайран жигиттер... өзү ири алдыда өрөпкүгөн,

зарде көөдөнгө батпай, көзү тик, колу шамдагай көйкөлгөн туу алдында... кулан чаар аргымак теминдирбей не басканы, не учканы сезилбей...»

«... өткөн сөөлөт, өткөн кайрат...» деди дили. Ой алмашты.

«... өрт алган үй, түндүгү түшкөн, кышында очогунан оту өчкөн... буулдап ыйлап жаш бала, сулап калган энесинин жанында... эмчегине тырмышып... андан нары мөгдөйт кары, аппак башы жарылган, каны чып-чып, кара мата таңынган... ит калган бураңдаган, белге ок жеген жарым жан...»

«Бу не адисе?..» Чоочуп кетти Бекназар.

«... Кана, баягы бир ордого сыйышпаган, жаңжалын өзүлөрү тындырып, баары бир кыйшпаган «көп тууган», «көй тууган?!»

... Кар, же кеткен из жок, же келген из жок, бассаң булут чоюлуп бутка илешкен, кийиги жок шырп эткен, кузгуну жок курк эткен, эч качан адамзаада башбакпаган, от жакпаган... үстүндө көмкөрүлгөн көк асман...

Тыш дагы түш...

— Сиз кайтсаңыз окшойт... — деди ушундай баарын санаа эзген күндөрдүн биринде Исхак. Сөз артын күтүп, тиктеп калды Бекназар.

— Ыя?.. — деп жообун сурады ою да, өзү да бийик тоо башындагы таш кепеге камалып отурган Исхак. — Абал кандай болду экен...

Сөз жалпы абал жөнүндө. «А түзүк, — деди ичинен Бекназар, — үмүтү үзүлө элек экен, дем- кайраты али өлө элек экен!»

Бекназар:

— Биз ордого кирбей эле сыртында калып, дүрбөгөн өз эл ичинде болуп, ошол жат көзүнчө да, өз көзүнчө да тике маңдайлашып өлсөк болмок экен!

— Аттиң ай! — деп жиберди Исхак. «Э баягы Чаткалдан түшкөндөй түшөбүз дебедикпи?!» деген өкүнүчүн кымтынып калды.

Башын кейиштүү ийкенип койду Бекназар.

Исхак:

— Көрөрсүз, элде али дем бар болсо аны көрөрсүз, жо алдан тайган болсо аны көрүп, кантсеңиз да, бир ылажысына жарап берерсиз...

Аны имере тиктеп калды Бекназар. «Өз абалың эмне болот быякта?..» дегенди сезди Исхак:

— Э-э, менден камтама болбогула, пешенесине жазылганды көрөт ар ким, — деп койду. — А көрө өз башыңызга көп коркунуч болот ко...

Бекназар:

— Э-э, элден безип эсен калган баш курусун...

Набыт болгонунан, чачылганда дарексиз кеткенинен калган биртке жоогерлерин жыйды Бекназар. Кош айтышарда Исхак өйдө болууга ынтылды эле жакын турган Момун саркер колтургунан сүйөй ордунан араң тургузду. Исхак:

— Биз өзүбүздү өзүбүз алдашыбыз керек эмес, көз менен көрбөсөк да көкүрөк менен сезип турабыз, абал жаман. Эсен кайра бир жүз көрүшсөк кубанчыбыз болсун, көрүшпөй калсак ыйманыбыз болсун... — деди үнү калтырап. — Мен сизге, Бекназар аке, о дүйнө бу дүйнө ыразымын. Не байкап, не байкабай кабагым үйрүлгөн болсо, катуу сөзүм тийген болсо, Бекназар аке, көзүмүн тирүүсүндө калыс кудай алдында кечирим сураганым ушул болсун... кечирип коюңуз...

— О, кайраным ай, — деп жиберди Бекназар, — неге кечирим сурашабыз?! Сендей азаматтын артынан ээрчиген күнүмө, бирге жүрүп кан төккөнүмө, жер өрттөгөнүмө кейибейм, өкүнбөйм эки дүйнө! «Эл» деп, «журт» деп күйүктүк ко, өзү күбө көкө Теңир?! О, жол башчым, кош миз албарс кылычым... мына менин не байкап, не байкабай эрдемсиген түрүм болсо, буйругуңу эки айттырган күнүм болсо, мына ошону сен кечир...

Төшкө төш тийгизишип оңду-солду, «кош», «кош» кылышты.

Эми айтар сөзү не?! Исхак буулуп, кош балдакка сүйөнүп, шалдырап туруп калды. Кайран жигит! Эч качан каңырыгы түтөп көрбөгөн катуу баш баатыр Бекназар минтип эки канаты тең сынган шумкар сыяктуу карып болуп мөгдөн турган Исхактын абалын көрүп, өзөгү болкулдап кетти. Тез бурула чыга жөнөлдү.

## VII

Көтөрүлүштүн тамырын биротоло кыркуу үчүн «Зимняя экспедиция» деп аталып, генерал Скобелевдин башчылыгы астында каратель отряд түзүлгөн. Саны жагынан отряд эмес ошол кездеги колдо бар куралдар менен толук жабдылган бүтүндөй бир аскер бөлүгү болучу. Отрядга бир аз жигиттери менен Насирдин өзү көмөкчү, жол көрсөтүүчү болуп кошулган.

Эки күнү көз ачырбай кар боройлоп жаап, жаңы гана басылган эле. Мелмилдеген асыл Фаргана өрөөнү аруу жуунуп ак шайы кийген келиндей үлбүрөп калган. Те алыстан башка кыштактардын карааны араң көзгө илешет. Кайдадыр алыстан иттин үргөнү үзүл-кесил угулат. Ава муздак. Аскер аппак карда кара чаар жылаандай ийрилип, жай чубап келатты.

Найман кыштагына жакындаган кезде аскердин алдынан бир топ киши тосуп чыгып калды. Ортосунда сакалы белине түшкөн мүнкүрөгөн кары адамы бар, колдору боорунда, ниет актыктын белгиси — баары тегиз ак жоолук кур курчанышкан.

Генерал Скобелев атчан туруп, жанында Насирдин, унчукпай аларды бир сыйра көздөн өткөрдү. Насирдиндин түрү бир башка — өз жини өзүн калчылдатып, тиги мүңкүрөгөн кишилерди табалап, чыдамы кетип, ичинен: «Бу орус эмне маалкатат?! Эмнесин карап отурат?!» деп чыдамы кетип, ат үстүндө тынч ала албай кыйшаңдап турат. А эл болсо чарасыз, өлүмгө баш байлоо, ырайым берилсе да кубанчу түрлөрү жок, баарынын ындыны өчкөн экен. Сакалы белине түшкөн кары карга бүк түшүп таазим кылды да, ошол тизелеп турган бойдон өйдө болбой:

— Ырайым кылгыла, о адам атанын балдары!..— деп, калчылдап, киркиреп акырын сүйлөдү. Сууктан өңү кетип, быштактай катып турган тилмеч карынын сөзүн которду. Сөзүмө жооп болобу дедиби, кары башын көтөрбөй, ичинен калтырап, көшөрүп кулак төшөй күтүп турду. Аркасында чилдей тизилип карга тизелеп кишилер да мыдыр этишпеди.

— А-га! — деди генерал Скобелев. — И-и? Согушуп бүттүңөрбү?!

— Кекетип жатат...—деп которду тилмеч.

Улук төрөнүн үнүнөн эч ырайым сезилбей, кары адам ичинен чыйралып, акырын башын көтөрүп, көк мончоктой чекирейип турган көзүн көрдү. Заар көрүндү. Кары дагы эле өзүн токтоо тутуп:

— Тегин жерден өрт чыкпайт дейт биздин элдин акылы, кантели, ханыбыз катаал чыгып — толкудук, чайпалып төгүлдүк... Эми, о адам атанын ыкыбалдуу баласы, сунулган моюнду суурулган кылыч кеспейт дейт биздин элдин акылы, минтип тутам мойнубуз кылча болуп, кар тизелеп алдыңда турабыз, өңкөй эңкейген кары, эмгектеген бала, кара кийген касыреттүү жесир гана калды, жансоога кыл... —деди.

Насирдин:

— Эмне?! — деп кыйкырып алып, кайра кылчаңдап, генералдын козголбой турганынан айбыгып, кайра куйругун кыпчып, бирок көзү күйүп, көзү канталап, көзүндө огу болсо бир атып абышканы тырп жыккысы гана келип, айласыз токтолду. Тилмеч карынын сөзүн которду генералга.

— Жансоога берилбейт! — деди генерал Скобелев катуу, үнү кылыч менен таш чапкандай угулду, колун кылычча шилтеп таштады. — Чапкыла бирин койбой!

Тилмеч кирпигин араң кыбыратып эле, же котторорун билбей, же которбой коё албай тургандай болуп, эки ортодо мелтейип туруп калды. Сакалы белине түшкөн кары адам ага суроолуу кадалды. Тилмеч көзүн ала качып, атынын жалына үңүлө берди.

Ошо замат атчан козак карателдер ороп, үрөйлөрү уча карда чөгөлөп отурган өкүлдөр чуу этип, тура калышты. Ичиндеги кары:

— Чуу бейпайда, эми чуу бейпайда. О эсиңерге келгиле...—деп үн салды кайрат менен. Карынын токтоо, коңур үнү:

— Жан талашуу бейпайда, балдарым. Эс токтоткула, жан талашуу эми бейпайда... —деп аралап өттү.

Эки жактан кысып кылычтап киришти. Бири да ордунан жылбай, корунбай, бири да кыңк этип үн чыгарбай нестейип гана турушту. Кылыч муздак аваны ышкырып жарып, шарт деп тийип жатты. Ак кардын үстүнө адам каны чымындыктын гүлүндөй жайнап чачылды...

Кезек сакалы белине түшкөн карыга жеткенде:

— Жөн койгула аны! — деди генерал. —Тирүү калсын өзү жалгыз ушу жерде. Эң сонун жаза болот...

Кыштак туш тарабынан курчалды. Катындар чурулдап, озондоп, балдар энелеринин этегине башын катып чырылдап ыйлап, кыштак чууга толду. Малды айдап, үйлөрдөн колуна илингенин талап чыгып жатышты. Каран күн түшкөнүн сезеби, уйлар мөөрөп, иттер адам бакыргандай балбалактап улуп, каңшылап нары- бери чуркап жүрдү.

Эң акырында генерал Скобелев кыштактан бир да тирүү жан калтырбай кырып таштоого, үйлөрүн, мал короолорун тып-тыйпыл кылып өрттөөгө буйрук берди.

Ит да кутулган жок. Өрттөн бакырып качып, даракка тырмышкан мышык да кутулган жок.

Каратель отряд олжо жүктөп, мал айдап, кечке утур кыштактан чыкты. Күйүндү жыттанган, кан жыттанган кыштак четинде аппак сакалынан ылдый көз жашы кан аралаш сарыгып, селдейип жалгыз абышка кала берди...

Кийинки кыштактардан тосуп чыгышпады. Найман кыштагынын көргөн күнү угулганбы, кыш-күрөөгө карабай эл үркүп, үй-жайын, малы-мүлкүн таштап, жыңгырап кар жамынган улуу тоолорду таянып кете баштакан. Каратель отряд ээн калган кыштактарга кирип жатты.

Кийинки күндөрдүн биринде каратель аскер Маасы кыштагын басты. Ээн. Ээсинен калып калган ит шоңшоюп улуп отурат. Туш келди тентиреп мал жүрөт.

Жалгыз ит улуганын коё коюп, тура кала үрүп калды. Тарс! Кылган кайраты үчүн бир «каңк!» деп, жалп этти.

Бир үйдөн үч бала эшикке чыгып, элтеңдеп качып жөнөдү.

Үйдөн жалгыз каралуу катын табылды. Элге кошо кетүүгө үлгүрбөй калганбы. Же оорубу. Чырылдап бейжайлана баштады. Кекилик балапан ачкан мезгилде карп-курп кезиккен барбы? Эне кекилик тапырап, жумаланып кетип, кача албаган, уча албаган болуп, кишинин көңүлүн өзүнө тартып, кишини өзүнө ээрчитип, темир канат балапандары эптеп бекинип кеткенче алаксытат, өз башын саят. Бу аты эч кимге белгисиз жарым жан ооруу эненин азыркы аракети так эле ошол сыяктуу, ыйлактап, ар кимдин алдына бир барып, бетинен жыгылып, кайра туруп, карателдерди алаксытып жатты.

— Кагылайындарым ай... Алдыңа кетейиндерим ай... Кете көргүлө көздөн далда, кете көргүлө ай!.. — деп, безилдеп калчылдап жүрдү. Эч ким түшүнгөн жок. Аны акылынан ажыраган экен дешти. Тиги сууктан өңү кетип, каткан быштактай саргарып турган тилмеч түшүнүп, ооз ачпай ыңкыйып турду.

Балдар адырды карай кар малтап качышты. Улам артын карап коюшат. Алды он үч жаштарда, арты көп болсо сегизде сыяктуу. Эң кичинеси карга колтугуна чейин батып кетип, кайта илмеңдеп чыгып, алактап
ыйлап, араң илешип баратты.

Бир каратель кар малтаган балдардан көзү өтүп, ызырына «чү» дегенде эне саксаңдап жетип, кулачын жая алдын тосту. Жалынып, балбалактап ыйлап, чылбырына жабышууга аракет кылды. Кошо чапкан аны кылыч менен баштан нары бир тартып өттү. Эне аттын төрт аягына кулачтап сулап жыгылды. Кårателдин семиз аты үстүнөн каргып кетти.

Балдар төш таянып калышкан эле. Кууп келатышкан атчандарды көрүшүп, ар кимиси ар жакка качты.

Эки каратель ат үстүндө опоңдоп баратышып, удаама-удаа ок чыгарышты. Тарс! Тарс! Ок тийбеди окшойт, тестиер балдар кырга тырмышып калышты. Бир каратель сөгүнүп, аттан түшө кала отуруп, мээлеп ок чыгарды, эки баланын арткысы чалкалай түшүп, ылдый баш болуп жыгылган бойдон былк этпей калды, алдыңкысы кароолго араң илинбей, кырдан ашып кетти.

Кичинекейи алдына чуулдап кар челип ок түшкөндө аны сайын эси чыгып, кайра ылдый чуркап, аңгыча бет алдына келип калган карателди көрүп, кайра бакырып качты. Каратель атын күрсүлдөтө желдирип артынан түштү. Бала айласы кетти белем, карга башын катып, куду арык чилдей томурайып, солуп жата калды.

— Тур, бусурмандын тукуму, — деди каратель, атынан түшүп, баланын желкесинен мыжыга кармап, мышыктын баласындай кыйылдатып өйдө көтөрдү. Бала суугa чөгүп бараткандай:

— А-па!.. Апа-а! — деп энтигип кетти. Каратель арсактап, же кубанганыбы, же заарыбы, катуу күлүп, кекиртегин жулмакчы болду эле, бала жандалбас кылып тыпырап, анын колун тиштеп алды. Каратель колун силкип:

— Ух!..—деп, артынан үч кабаттап сөгүнүп, өз ачуусунан көк көзү бопбоз болуп: — Тиш салганын кара, бу кичинекей жырткычтын?! — деди да, чырылдаган баланы карга баса куу чеңгел менен муунтуп, кыкылдатып, көкүрөгүнөн тизелеп ныгырып, бейкүнөө наристенин ооз-мурдунан каны төгүлүп, аяк серппей калганда гана жийиркене итерип таштап, өчү кана күбүрөнүп, кан болгон колун карга жууган болуп, атына минди. —Тиш салганын кара мунун?!

Ар бир турак жайга, ар бир мал короого жогуна чеп алпарылып, баарына бир убакта от коюлуп, өчүңкүрөй баштаганын чөп чачып кайра тутантып, демекчи көп эмгек жумшалып, ээн Маасы кыштагы да тыптыйпыл өрттөлүп ташталды...

Тоо этектеп, үч-төрт түтүн кичинекей бир кыштоого кез келди каратель аскер. Же укпай калышканбы, же качарга багыты куруганбы, же көтөрүлүшкө катышы жоктугун медер тутканбы, иши кылып, эли бүт бойдон экен. Коктунун ылымта жерине курулган бир нече таш короо, ар короонун бир четинде жепирейген бастырма, эшиктеринде бирден түп саада, же тал көрүнөт, талдын ачасына жыйган бирткеден бакал, чөбү бар.

Коонун четинде боз үй турат. Кадимки илээнди тоолуктардын кыштоосу. Беш түтүн экен.

Эң мурун мейман келаткандай, кампайып эшиктерине чыгышып, үргөн иттерин «О, кет!» дешип тыйып, бери басып, тосуп калышты эле, алдынан үрүп чыккан иттерди тоголото атып, каптап кирген түрүн көрүшкөн соң үрөйлөрү учуп, колдон эмне келмек, далдырап туруп калышты.

— Ну-у! Быякка! — деп, солдаттар мылтык тап кылып ийрип салышты. Баары бечара, баары өңсүз, каеринен жазганын билишпей, же бир ооз сөз таап сүйлөрү жок, көздөрү жашылданып, бычакка аргасыз мойнун тоскон мал сыяктуу, же жалынары, же арызданары жок, шалдырап, кыштоонун ортосуна үрпөйүп чогулушту.

Ичинде бир жигиттин белинде бычак жүргөн экен. Көз илинер замат эки каратель аны дырылдатып сүйрөп, сайма кындуу бычагын белбагынан сууруп алышты. Ушу да болсо олжо! Жигит же корккону, же сынганы билинбейт. Иреңи бир кызарып, бир кубарып, ылайыксыз эле ылжыйып күлгөн болуп, «Алгыла... Алгыла...» деп калды. Дароо анын колун артына байлашты. Ошондо чындап коркунуч келдиби, маңдайынан жылдызы биротоло өчүп кетти.

Тоок сыңары чогурашып турган элдин арасынан саамайы куудай кемпир:

— Кокуй! Эмне кылганы жатышат! Кагылайын эл!.. — деп чаңырып жиберди. Баласы окшойт.

«Тамаша кылып жатышат го?.. Төрөлөр ойноп жатышат го!..» деп күбүрөштү. Жо, төрөлөр тамашакөй эмес экен. Үймө-үй жулунуп киришип, катын-калач, бала-чака койбой айдап чыгышып, эркектердин колдорун артына кайрып байлап, баарын кылыч менен түрткүлөп, кой камалчу бир сарай тамга ийрип камап, эшигин сыртынан дембелеп бекитип салышты. Кай бири кымырыла басып, үйлөргө кирип тинтип, жыйылган жүк астындагы бокчолорун сууруп, кылыч менен жарып, издегени алтын, эчтеме таппай сөгүнүп чыгып жатышты. Бу эл алтын түгүл темир казыгы жок бечара болучу.

Генерал Скобелев жылуу карышкыр ичик кийгени менен, ат үстүндө келип, тоңуп кеткен эле. Тилмечтин кеңеши боюнча туурдугу бүтүн боз төбөл үйгө түшүрүлдү. Тыш анча суук, он беш градус. Кадимки тоолуктун үйү. Жүк жыйылган, сол капшытында ашканасы, оң капшытында күндөлүк тирилигине зарыл буюмдары, төргө камыш төшөлгөн, камыштын үстүнө ала кийиз, анын үстүндө кызыл шырдак жайылып жатат. Ортодогу үч буттуу темир тулганын астында чала күйгөн көң сасыйт. Генерал үй ичин кыдырата карады. Түндүктү карап койду. Жарым ачылып турган чамгарактын нары жагынан болбоз асман көрүндү. «О жараткан, кантип жан сакташат бу жапайылар?!» деп астейдил таң калды. Үй ичинде үч гана градус жылуулук бар эле. От боюнда боз көйнөгү курсагын жаппаган, такымы чыт, мурду булайып, үч жашар бала отурган. Генерал Скобелев бир тиктеп, жүзүн үйүрдү. Тилмечтин жаңсоосу боюнча бирөө келип, баланы колунан сүйрөгөн бойдон тышка алып чыгып кетти. Куурай аралаштырып отту чоң жагышты. Тилмеч оң капшытта жаткан ээрди төргө коё койду. Генерал ээрге көчүк басып, отко колун кактай баштады.

Бул элдин салтын, тилин, санжырасын жакшы үйрөнгөн ориенталист аскердин ишине көмөгү тийет делинип, кошулуп берилген. Жолуна туш келген кыштактар ылганбай, эли көтөрүлүшкө катнашы бары- жогу териштирилбей чапкынга кириптер

кылынып келе жатканга дили демократ окумуштуу адам көңүлүндө эч макул боло алган эмес.

Генерал отко жылынып, ориенталист ички ою менен алек болуп, тилмеч үргүлөп, эч ким унчукпай үй ичи тымтырс.

Бир убакта:

— Михаил Дмитриевич, —деп сөз баштады ориенталист, кабагы салыңкы, — өтө эле катаал иштер болуп кеткен жокпу, Михаил Дмитриевич?..

Генерал Скобелев ага жумшак тиктеп алып:

— Бооркер адамсыз, Иван Васильевич,—деди эч камырабай, — бооркер адамсыз, бооркерлик жакшы мүнөз. Бирок, кантебиз, Иван Васильевич, согуш деген согуш да?! Бир кыйла катаал болууга туура келип жатат, өзүңүз көрүп келе жатасыз.

Ориенталист:

— Баарын кырып таштай албайбыз, акыры аман калган жергилик калк эмне дейт?.. Төрт көздөп тиктеп турган Европа эмне дейт?..

Ормоюп тиктеп койду генерал Скобелев:

— Кимдин эмне дегени менен сиз экөөбүздүн ишибиз эмне, кадырлуу Иван Васильевич?! — деди. — Россия татар-моңголдордун эзүүсүнөн кутулган соң, өзүңүз куп жакшы билесиз, акырындап жанданып, өзүнүн табигый чек араларын калыбына келтирип, андан нары жашоого ыңгайлуу мейкинди көп ээлеп, деңиздерге чыгып, өзүнүн келечеги үчүн керектүү шарттарды түзүп, азыр бүткүл дүйнөлүк мааниси бар ар кандай иш, ар кандай келишим анын катышуусусуз бүтпөй калган улуу державага айланды. Россия менен тең тайлашар Европада жалгыз Викториянын карыган империясы гана калып отурат. Бирак, Виктория империясынын келечеги ченелүү. Анткени анын басып алган жерлери Россиянын басып алган жерлеринен география шарты жагынан айырмасы чоң, ал жерлери, ал өлкөлөрү империянын табигый территориясынан өтө алыс, миңдеген мил кургак, миңдеген мил суу бөлүп турат. Ал эми Россиянын кошуп алган жерлери өзүнө тутумдаш. Мына ошентип, Викториянын аты алыска кеткен карыган империясына караганда жаңы өнүгүп, жаңы күч алып келе жаткан Россия империясынын келечеги алда канча ишенимдүү. Биз, урматтуу Иван Васильевич, сиз экөөбүз Түркстанды колго алып бүтүп, Англиянын алдын Афганистандын нары жагынан тосууга жетишсек, жок дегенде Памирге чыксак, анда бул жагы да камсыз болуп, Россиянын таасири бүткүл дүйнөдө бир нече жүз жылдарга бекемделишине ишенип коюңуз. Мына ушундай, кадырлуу. Россиянын тарыхый миссиясы, сиз экоебүз энекебиз Россиянын алдында өтөй турган ыйык карызыбыз да мына ушунда! — Генерал Скобелев көңүлү ачылып күлдү. — А сиз мында «тиги эмне дейт», «бу эмне дейт» деп отурасыз?!

— Түркстан күнчыгыш элдеринин эң байыркы цивилизациясынын бир бешиги болуп эсептелет. Азыр ушул тапта диний, тарыхый шарттардын терс мүнөзүнөн улам өлкө, адамдарынын ой жүгүртүү арымы бир ордунда имерилип токтоп калган. Чыңгызхандан кийин тыштан бирөө ат бастырып кирбеген, Тамерландан кийин бирөө ат бастырып чыкпаган. Демек, өлкө көп кылымдар бою өз чыгына өзү кайнап дымыган. Бул калк башка калк менен аралашышы зарыл. Башка цивилизация, башка мамиле, башка күрөш көзүн ачат. Өзүлөрүнүн жакшы адатына кошуп, аралашкан калктын жакшы адатын өздөштүрүп алат. Мунун өзү бул элди жаңыртат, жашоого жарамдуулугун күчөтөт. Ошондой эле башка элге пайда да бере алат. Бул элди кең

койнуна имере тартуу менен Россия өзүнө пайда таап, жанагы сиз айтып отурган келечегин ушул эл менен бирдикте бекемдейт. Мына, Михаил Дмитриевич, мен билген Россиянын тарыхый миссиясы!..

Генерал муруту арбайып тиктеп калды.

— Ырас, — деп маани улады ориенталист, — кансыз иш бүтсө, ал согуш делинбейт. А көр тирилигинде жүргөн бечара кишилерди оопат кылуу да эрдик болуп эсептелбейт. Биз Европа цивилизациясынын өкүлү катары, эң оболу орус эли катары, орус элинин акыл- эстүү адамы катары адамгерчиликке сыйган ыктуу мамиле жасап, өз койнубузга тартышыбыз ылазым эмеспи бул элди?!

Генерал Скобелевдин эми кабагы бүркөлдү:

— Мунуңузду, кадырлуу окумуштуу, Санкт-Петербургдун айныган чөйрөсүндө айтыңыз. Ошол жерде оозунан көбүк чыкканча талашып жактоочулар табылат.
Же Россиянын тышкы душмандары...

— Мага бу аскерден кетүүгө уруксат кылыңыз, Михаил Дмитриевич, — деди мустарап болуп ориенталист.

Бир тиктеп, башын чайкап койду генерал:

— Каалаганда жүрүү, баш оогондо кетип калуу сиз экөөбүздүн эркибиз эмес экен, урматтуум. Биз улуу даражалуу бүткүл Россиянын императорунун алдыңкы фронтто күрөшүп жаткан аскер адамы экенбиз, эсиңизге салып коёюн...

Үстүндөгү аскер мундири жарашпай, бош келип, ориенталист эки ийни шөлбүрөп, өзүнүн да ындыны өчүп калды.

Бирок, бул айтышуу генералды ойго салбай койгон жок. Ким мокочо болуп көрүнгүсү келсин?!

Бир аз кол жылытып, тамактанышып, арак менен ич жылытып алышып, үйдөн чыгышты.

Сотниктер да күүлдөшүп калышкан, бири «кылына турган бардык иш кылынып бүткөнүн» генералга шакылдатып калды. Ок чыккан жок, кылыч «шарт» этпеди, демек баары акырын жайгарылган го. Суз баш ийкеген болуп койду генерал.

Бир сотня алдыга жол алды, калганы ирети менен арты чоюлуп, кыштоодон али үзүлө элек.

Чуу чыгып калды арттан. Жаш балдардын баулдап ыйлаганы, катын-калачтын чыңырыгы угулду. Ориенталист тизгин жыя кала артын каранып, оозу ачылып калды. Беш түтүн кыштоо бири калбай, азыр эле өзүлөрү биртке жылынып чыккан боз төбөл үй да, алоолонуп өрттөнүп жаткан эле. Үстүнө жыйылган чөбү бар кой сарай өзгөчө даулдап, жалыны ыргалып, кара түтүнү көккө түрмөк-түрмөк болуп көтөрүлдү. Кантип укпай калсын муну?! Тилмечи жанында, токтобой, унчукпай, далысы дүңкүйүп кете берди генерал.

Жапкан кырчыны, устундары, үстүндөгү малга жыйган чөбү аралашып күйүп, бир убакта күү эте урап түшкөндө ый, чыңырык, ыкшыган жөтөл, онтоо тып басылды да, быксыган ачуу түтүн, адамдын куйкаланган, өз майына шырылдап күйгөн эти коңурсуп, теребелде, оводо калкып калды.

Түрмөктөлгөн кара түтүн кээ бирөөгө жакындан, кээ бирөөгө те алыстан, кең Фаргана өрөөнүнүн өйүз- бүйүзүнө көрүндү. Бул эмне? Баары билет. Бир аллага мунажат кылыштан башка не чара, көңүлгө төтөк не болмок?! Улам көзгө түшөт кара

түтүн, ким карабай көз жума алат, улам ойго бүлүк салат, ким кынжылбай, онтобой коё алат?!

Бир жан келген жок, бир жан көргөн жок, ошол дөбөлөнгөн карала күл бир кыштоо элдин чогуу жаткан бир мүрзөсү болуп, ың-жыңсыз калып калды.

Ырас, ким мокочо болуп көрүнгүсү келсин?! Кечинде кечки өргүүгө тыныккан кезде, карышкыр ичигин жамынып, оту чоң жагылган очоктун боюнда отуруп, өзүнүн борбордогу сырдашы «Санкт-Петербургские ведомости» газетасынын редактору Марвингге кат жазды.

> «Мына, иш ушундай быякта. Марвинг мырза, бирок муну газетаңызга чыгарып жибербеңиз, мен Дүйнө лигасынын көзүнө жапайы жырткыч болуп көрүнүп калып жүрбөйүн. Менин принцибим ушул — Азияда чырды тыюу түздөн түз андагы кыргынга байланышат, сокку канчалык күчтүү болсо душман ошончолук басынып, баш ийип берет эмеспи?!»

деп, көңүлүндөгү өзүн өзү актаган жалгыз пикирин тактап, ачык жазды.

VIII

Чаубайга кайра ашып келишкенине бир апта болгон. Келген күнү эле Момун жакага түшүп кеткен. Элден кабар алмакчы эле. Күн өтүп жатат. Сууга чөгүп кеткендей ошол бойдон дарексиз.

Исхак үңкүрдүн төрүндө, алдына камыш төшөлүп, көрпө тонун жамынып, дүмүр отундан түшкөн кызыл чокту тиктеп, уйку-соонун, санаа менен үмүттүн арасында өзүнчө нес болуп, былк этпей тунжурап жатты. Жыйырмадай гана жигит калган. Алар кайберен атып келишип, бирпас да болсо кум санаадан бошонуп, уунун кызыгын кеп кылышат, отко бышып жаткан кандуу боорго жилбилери түшүп, күймөнүп отурушат. Исхак сөзгө аралашпайт. Сынган буту өтүктүн кончундай болуп шишип кеткен. Чучугу сыздап ооруйт. «Эмне болду экен?», «Бекназар эмне болду экен?.. Момун эмне болду экен?..» деп, жан ооруусунан санаа ооруусу күч, үлбүрөп көзүн сүзүп, байланышсыз сөздөрдү күбүрөп, акырын онтойт. Жигиттер элтейип тиктешет. Исхак көзүн ачпайт, акырын демин алып, уктап кеткенсип кайра тынчыйт.

Жүзбашы Мырзакул кирди. От боюнан жигиттер тура калышты.

— Эч кабар жокпу?.. —деди Исхак башын көтөрүп. Мырзакулдун кейпинен жадаганы көрүндү:

— Жок го...—деп, тоңгон колун укалап, отко умтулду.

— Мени кароол дөбөгө алпаргылачы...

Мырзакул башын көтөрүп тиктеди:

— Ушу ит өлө турган суукта эмне бар кароол дөбөдө?!

Исхак унчуккан жок, жер таянып өйдө боло баштады. Жигиттер сүйөй калышты.

Кароол дөбө кароол дөбө дегенинче бар экен. Туш тарабы ачык. Арт жагын караса ашуунун бели, алды жагын караса асыл Фаргана мелмилдеп алаканда турган, топудай соксойгон бийик жер экен.

Жигиттер Исхакты замбил менен көтөрүп келишти да, кароол таштын үстүнө отургузушту. Исхак майып бутун сунуп, оңдонуп, негедир жүзүнө кан тээп, толукшуп, көзү жайнап, алсыз энтигип эки жакты тиктеп алды.

Те алда кайда ак тилек кылып, ак жоолук салынган эне сыяктуу Чаткалдын кыркасы бүлбүлдөйт. Этеги Ташкен, башы Суусамырга, андан нары Тогуз-Торо багытына жалганып, Өзгөн, Алайкуу, Алай тоолору чиркелишип, Исхактын оң кол тарабына имерилип жатты. Сол кол тарабынан Улуу-Тоо уланып, Кыргыз-Ата, Алтын-Бешик тутумдашып, бир учу Сары-Кол тоолоруна жалганып, бир учу ичке ийе тарта Кожонду курчап түгөнөт. Эки тоонун түгөнүшү бетме-бет келип, асыл Фаргананын таш капка дарбазасы окшоп турат. Алты эмес алтымыш, жети эмес жетимиш атабыздын сөөгү жаткан Ала-Тоо. Нечен кандуу, өрттүү кылымдар ичинде сары түктүү жылуу бооруна, төбөсү ачык мээримдүү
көгүнө сыйынып күн көргөн элин суук шамалдан, суук көздөн сактап келе жаткан касиеттүү ак коргон...

Асман чайттай. Ава суук. Тыноодон чыккан жел түтүн болуп бурулдайт. Турган жигиттер кайыгып кетишкендей болду. Бужүрөп, кай бири турган жеринде секирип, кай бири үңкүргө жылып жөнөштү. Бири такыр айла куруганда келип:

— Таксыр... Суук өтүп калбасын...—деп акырын эскертип, ушуну менен өзүлөрүнү да чыдай албай турушканын туйгузду. Исхак көпкө унчуккан жок. Жигит колун үйлөп, буту менен жер тепкилеп, көшөрүп жооп күтүп турду.

Исхак:

— Баатыр, силер үңкүргө бара бергиле. Мен бирпас отура турайынчы...

Жигит:

— Майып бутуңуз болбой калар бекен...

Исхак өкүнүп башын ийкеди:

— Э... кейий турган бут калдыбы, баатыр?!. Өз жаныңарды сактагыла, баргыла жылуу жерге. Бир аздан соң алып кетерсиңер...

Жигиттер кыялап жүгүрүшүп үңкүргө түшүп кетишти. Исхак козголбой, былк этпей касиеттүү ак коргонду кайра сыдырып тиктеп, ой-санаасы алда кайда кетип, кайра тунжуроого түштү.

Тигине жатат мелмилдеп асыл Фаргана... Сыр- Дайра, Кара-Дайра ийрилип, бул асыл өрөөндүн эки салаа кан тамыры окшойт. Топурагы өнүмдүү, суусу келимдүү, күнү жымырап далы ысытып жанга кубат беримдүү. Сайганың көктөйт, жайганың төлдөйт, чачканың чайлайт. Атадай ичи кең, табышман, энедей берекелүү асыл өлкө.

Улуу тоо катмарынан бүркүт айланып чыкты. Исхак кызыгып тиктеди. Жолборско чапсалган баатыр куш ак чалгайын жаркылдатып, имерилип жай сызып, тиги жапа жалгыз таштын башында отурган адамзааданы көрдү окшойт, эки айланып келип, туура жактагы аскага конду. Ормоң-ормоң каранып, талпынып, «шаңк!» этип шаңшып койду. «О, кайран баатырлыктын, бийиктиктин кырааны! Сөөлөтүн кара, келбетин кара?!» деп, Исхактын жүзүнө жылмаюу, жүрөгүнө эргүү келди. Баатыр куштун шаңшыганы «Кел, кайран эр, учалы! Пастык, ыпластык жок жайларга, чагылгандуу кара булуттун нары үстү жагында жайнап турган жаркын күнгө чабыт кылалы. Жүр, кайран эр!» дегендей, чакырып жаткандай сезилди. Ошол замат чөккөн көңүлү эргип, жүрөгүнө самоо, арзуу толуп, лак-лак какты. «Шаңк!» деп шаңшыды баатыр куш, асканы дүү-дүү эткизип канат күүлөдү. «Кош!» дегендей угулду. Исхактын жүрөгү сыздады. Ал кашын, мурутун, кирпигин үлбүрөгөн кыроо басып мүңкүрөп отурган бечара тиги эркин куштун шаңдуу үнүн, эпкининен бороон шамал жаратып кайра ового көтөрүлгөнүн өксүп тиктеп, отуруп кала берди.

Төрт жигит кайра келишти.

Исхак:

— Эч кабар жокпу?..

— Келди, таксыр...

— Баралы...

Жигиттер Исхакты замбилге салып, унчукпай, кайра үңкүргө карай көтөрүп алып жөнөштү. Жигиттердин ирецинде жакшылыктын жышаанасы жок эле. «Жакшылык кабарбы?» деп сурашка Исхактын оозу батпады.

Үңкүрдүн эшиги топурап калган экен. Аттар токулган, камчылары колунда. Нары жакта кимдир бирөө ызырынып сөгүнүп жатканы угулду. «Эмне болуп кетти?» деп ойлоду Исхак чекирейип тиктеп. Аны көрүп, турганы турган жеринде, отурганы отурган жеринде сөздөрү ооздорунан түшүп, селдейип калышты. Сөгүнгөн үн ачык таанылды. «Момун келген экен!» деди Исхак.

Мырзакул жүз башы бир бурчта турат, колунда бир атма орус пистол. Бир бурчта Момун саркер турат, колунда кош миздүү кылыч. Кара курт менен музообаш сыңары марашып калыптыр экөбү. «Эмне болгон буларга?» деп, Исхак таң болду.

Момун:

— Чыккынчы! Ат! Эмне карап турасың?! — деп кичинекей сары көзү жайнап, кан толуп, секирүүгө ыктап турган жолборстой, кумсарып турат. Мырзакул пистолдун машаасын басууга даяр. Исхакты көрүп да былк этишпеди. Жигиттер замбилди экөбүнүн ортосунан жарып өтүп, үңкүрдүн төрүнө коюшту.

Исхак:

— Эмне болуп кетти силерге?! — деди кайгы менен. Момун туталана сүйлөдү:

— Карачы, бул итти?! Мунун кара ишине макул болбогон баатырларды байлатып таштаптыр. Эшиктен кирип келсем эле, мага өзү чапсалып жүрбөйбү бу чыккынчы?! Сени баш кылып баарыбызды атка таңып берип, Искөбүл пашадан сыйлык алат имиш...

Исхак эмне дээрин билбей калды. Колу бош турган жигиттерди кыдырата тиктеди. Баарынын кабагы салыңкы. Баары бир ооз сыяктуу. Өңкөй Мырзакулга ыкташ. А Мырзакул бери карабайт, көзүн көзгө урунтпайт, демек бети кара, ниети кара. Исхак акырын үн салып, Момунга жүз бурду:

— Качан келдиң?

— Э, келгени курусун!..—деди Момун, каңырыгы түтөгөндөй майышып кетти. — Эмнесин айтайын, эмнесин угасың?! Өрт каптаптыр кыштын күнү кайран жерди! Мубаа тийгендей тыйпыл болуп чабылыптыр кайран журт! Эмнесин айтайын, колубуздан эмне келет?!.

Исхак нес болду. Ушул кайгыны, ушул чарасыз абалды аны сайын аныктап, баары түнжурады.

— Искөбүл паша менен Насирдиндин издегени биз экен! — деп муңканды Момун. — Көк мейкинди көксөп күнүгө көк караган куштун канатын кыркып тоок кылган сыңары, о Исхак, боштондук көксөп жыл сайын эрегишип чыккан кайран журттун туусун канга боёп, жүрөгүн өлтүрүп, «Эй!» деп койсо чокусун эки колу менен калкалап отуруп бере турган, түбөлүк карып кылат экен...

Эми Исхак үшүгөндөй калчылдады.

— Ыя?.. — деп онтоду. — Ушундайбы?.. Издегени биз болсок, анда биздин тирүү жүргөнүбүз өз элибиз үчүн жапа болуп жаткан экен го?..

Эч ким унчуккан жок. Тууралыгын баары мойнуна алгандай.

— Канга боёлгон көйнөгүбүздү көрбөй эл үмүтүн үзбөс, душмандын көкшүнү суубабас, өчөштүгү тынчыбас! — деди Исхак. — Ташта наркескен кылычты, Момун баатыр. Өзүң байла колумду...

Момун селт карады. Исхак башын ийкеди:

О, эр жигит, эч ойлонбо, атыңдан түш
өз элиңе артык баш болгон чакта,
жалгыз жолдош кылычыңды чечип бер да,
сатып алгын өлүмдү сатып жатса
кан базарда...

Эсиңде бардыр, Момунум, календер капыз бизге ушуну эскерткен белем?!.

Момун шылкыйды. Ошол саатта баары үңкүйүп, баарын ой басып, сөз менен, ый менен айтып жеткире алгыс муң терметти. Мырзакул да далысын салып тунжурады. Ошол саатта ар биринин көңүлү сыздап, ар биринин жүрөгү канап, көкөй кескендеги арман күү күңгүр кагып жатты.

— Мен колго түшпөйм! — деп жиберди Момун кайгыдан башын жулуп алып. — Мага уруксат бер, Исаке! Ордонун иттерине көөдөнүмдү тебелетпейм, Исаке! Өз бетимче кетем, уруксат кыл, Исаке...

Исхак же таң калганы жок, же күйгөнү жок, эси оогондой телмирип тиктеди. Момун мууну титиреп, саал энтигип, кашкөйлөнүп, көшөрүп, анын жообун сурап, сабылып турду. Исхак бир улутунуп, башын ийкеди:

— Бар, Момунум, бар...—деди, үнү бас, каргыл чыкты. — Мен эми, сенин каныңа себепчи болбоюн, бар эми, кагылайын Момунум... Мейлиң... Канжыгада көрүшөрбүз...

Момун каңырыгы түтөп коштошо албай, Исхакты бир жал тиктеп, анан кылычын жалаң кармаган бойдон үңкүрдөн чыга жөнөдү. Эч ким былк этпеди. Мырзакул да алдын тосподу. Колундагы шумкары капыстан уча качкан мүнүшкөр сыяктуу же бакырып жибере албай, же айрылууга көнө албай, жүрөгү шара тилинип, эки көзү чекчейип, Исхак ээрчип тиктеп гана кала берди...

...Маргалан.

Түздүн кары кетип, жерден тоң чыгып, күн жылымдап калган кез эле. Ошол 1876-жылдын 1-марты күнү Маргалан ордосунун кең майданына жык толтура эл чогулду. Кап ортого тактадан бийик секи орнотулган.
Секиде бош сыйыртмагы салаңдап дары турат. Кең майдандын төрт бурчуна төрт замбирек коюлган. Замбирекчи солдаттар милте көсөөнү түтөтүп, дароо атууга дапдаяр. Ичтен да, сыртан да барон Миллер-Закомельскийдин батальону, ордонун дөлөнгүттөрү жыш курчап алышкан. Туш тараптан дагы эле эл келип жатты. Коргондун кыры, жакын жердеги дарактарга, тамдардын үстүнө кара таандай жамырап чыгып кетишкен, бири да чук этпей, дарды тиктеп, бири оозун ачып аваз кылып, бири томсоруп тымпыйып, былк этишпейт, күтүп, жүрөк опкоолжуп турушту.

— Ана!.. —деди дарактын башындагы бирөө. Дагы бирөө апкаарый:

— Жарымпаша!..—деп жиберди. Кең майданда кулактары тийишип турган көп эл күбүр-күбүр болуп, жел урган көлдүн бетиндей толкуп, ордо жакты карай беришти.

Ордо жактан бир топ адам көрүндү. Жарымпаша десе жарымпаша, Түркстандын генерал-губернатору, Бүткүл Россиянын ээсинен чексиз укук алган, «Кауфман I» атыккан киши. Жанында генерал Скобелев, барон Миллер-Закомельский, жана да бир нече чиндүү төрөлөр коштоп келишти. Кең майдандагы көп эл дүү этип, баары тегиз баш уруп, тизелеп жыгылды. Фон Кауфман элдин таазимине эч көңүл бурбай, этибарга албай, жай басып дардын түбүнө келди да, дарды тегерете карап көрдү. Барон Миллер- Закомельскийден бирдеме деп сурагандай болду. Барон баш ийкей жооп берип жатты. Эчтеме ачык угулган жок. «Дар бекемби?» дегендей туюшту. Узун этек кымкап тондорун шөлбүрөтүп, артынан Кудаяр, Насирдин, Абдырахман, Сейид Маулан бек ээрчип жүрүшөт. Эң артында жолбун иттей болуп, уругу дөөлөс Мырзакул да илешип алган.

Фон Кауфман дарга асууну таасын көрүп туруш үчүн аларга атайы жасалган бийик орунга чыкты. Коштоп жүргөндөр баары чыгышты. Эл дүбүр-дүбүр этишип, бирок дагы эле чук эткен дабыш жок, өйдө болушту. Элди тегерете тиктеп туруп:

— Көп жылдан бери силерге эгин эктирбей, мал бактырбай, соода кылдырбай, силерди азгырып жүргөн, силерди өз ханыңарга жек көрсөтүп жүргөн бузуку, ууру Исхак кармалды...—деди жарымпаша.

Татар тилмеч аралашма түрки менен көтөрдү. Кудаяр өз сөөлөтүн тутуп тынч турду. Абдырахман абтабачынын кабагы салыңкы. Насирдин өрөпкүп, эки жакты элеңдеп каранып, эл дүңгүрөп куттук айтат деп турду. Эл тымтырс калды. Мурдун тартып койгон да эч ким болбоду.

Муунтуу, асуу түгүл көзкөрүнөө кылычтап кызыл жаян канга бөлөп өлтүргөндү көп көрүп, жүрөгү калган эл. Те четтен бирөө секин жылып жөнөдү эле, атчан турган козак аттын омуроосу менен, суурулган кылыч менен алдын тосту. Бүжүрөгөн бечара көзү жашылданып, онтоп, кайра ордуна келип сөлпөйүп туруп калды.

Шыкалган элдин ичинде сакалы, чачы өсүп кеткен, ой азабын тарткан сыяктуу, эки көзү кыпкызыл, жүдөө дувана турган. Же арман ырын ырдаганы билинбей, же бейжай пенделерди адепке, топукка чакырып, кудай деп сайраганы билинбей, ичтен өрттөнүп, ичтен муңканып, эрди гана шыбышсыз кыбырап, көзү жашылданып, көз жашы ирмелбей төгүлө тургандай болуп турду. Бул Момун болучу. Эч ким таанызбады. «Кайдан алып келер экен?» деп, ал дагы эки жакты каранат. Бир кезде пириндей ишенип, башына чалынган ыйык селдедей көкөлөтүп, бирге жүргөн адамды эң акыры бир көрүп калуу мудаты окшойт.

Аңгыча барабан дыбыр-дыбыр кагылды. Эл селт этти. Зындан жактан төрт кара атчан көрүндү. Эл дуу эте ошол жакты карай беришти. Барабан улам күчөп дүңгүрөдү. Төрт атчандын экөбү сыпай, экөбү козак экен. Ортосунда Исхак! Эки колу, эки буту кара темир жынжыр менен чидерленип, ал аздык кылып, кенеп аркан менен эки карысынан, бутунан, мойнунан байлап төрт атчан төрт жакка керип алышкан. Сүйрөп качабы? Жо, кокус эл жаңжал чыгарып жиберсе, бу коркунучтуу адамды алардын колуна бербөө сактыгы сыяктуу. Барабан тынымсыз дыбырап, сүргө сүр кошуп жатты. Исхак ак шишик баскан, чачы, сакалы абдан өсүп, эки көзү алайып, майып бутунан сылтып аксап келет. Аксаган сайын кара темир чидер шылдырлайт. «Пошт! Пошт!» дейт сыпайлар. Эл дуу-дуу дуулугуп, кай бири жол бошотуп кетенчиктеп, кай бири көрүп калууга кайра алга жүткүнүп жатты. Исхак өлүм менен эрегишкендей, көңүлү ачык, капаска түшкөн бүркүт окшош, ормоңдоп эки жакты каранып, «Ассалому алейкум! Ассалому алейкум!» деп, алик алганга да, алик албаганга да бирдей жаркылдап учурашып өтө берди. «Ва-алейкума ассалам!» деп, кыраааты менен үн салып, болкулдап ыйлап алик алды бир адам, жандап чуркап басты.

Дардын так түбүнө жеткенде төрт кара атчан Исхакты ал жерде дарды күзөтүп турган солдаттарга тапшырып кайтышты. Жазаны жүзөгө ашыртуу милдети полковник барон Миллер-Закомельскийге тапшырылган болучу. Барондун буйругу боюнча дардын түбүндө солдаттар Исхактын чидерин чечишти.

Өз сөөлөтүн тутуп Кудаяр башка жакты тиктеп турду. Абдырахман негедир жылдызы жерге түшүп, жер тиктеп катып турду. Насирдин гана кубанычын жаба албай, көзү эркелеген иттин көзүндөй болуп, жылмаңдап, шыйпаңдап фон Кауфманды жалжал карайт. Ал кыбасы канып, өчү канып:

— Э, ууру Исхак, тексиз селсаяк! — деп табалап калды Исхакты. — Алың калай?! Жөнөдүңбү? Майли, бар, сенин барар жагың ошояк!

Исхак кайрылып карап, аксап басып:

— Йе, жугундукор, сенсиңби үрүп турган? И, сен бул дүйнөгө устун болосуңбу? Барасың сен да бир күнү менин артымдан, барасың ыйы жок, чуусу жок, сайга өлгөн иттей болуп...

Эл ичинен биртке күлкү чыгып токтоду.

— Тез! — деди полковник барон Миллер-Закомельский. Айдаган солдат мылтыктын кундагы менен Исхакты желкеге түрттү. Исхак бир ууртун тартып:

— Кайда шашасыңар?!. Үлгүрөсүңөр, баарына үлгүрөсүңөр эми...—деди да, кайраттанып дардын секисине бут койду. Майып буту кычыр-кычыр этти. Ал «И!» деп койбой, намысы чыңап, көктүгү жеңип, соо кишидей жулкунуп чыкты.

Те алыста Момун эки көзүнөн жашы ирмелбей төгүлүп, мурутунан ылдый сакалына кулап, сарыгып, ыйлап, акырын энтигип турду.

Фон Кауфман Исхакты «Түркстан элинин душманы», «бузуку», «уурулардын башчысы» деп жариялап, дарга асуу аркылуу өлүм жазасына тарткан өкүм окуду.

Исхак кең майданга шыкалып турган көп элди бир сыйра тиктеди. «Кубанып турганы бар бекен?» деген ой келди. Ошол замат «Ыйлап турганы бар бекен?» деген ой келди. Эл тымтырс, эл купкуу. Эмнегедир кубанганы да, ыйлаганы да көзүнө чалынган жок. Баары мүңкүрөгөндөй, кубаныч да, кайгы да эми аларга бир баа өңдүү. Турушат тигине, узун кара чапан кийген, жоолук менен топусунун сыртынан башын таңынган ичкилик, турат тигине, тери тондору күпүйгөн, тебетейлери бир кучак тоолук! Жүзү жылуу, дили, тили ага түшүнүктүү өз эли, өз каны... Ушул азыр жарымпашанын кектүү үнү Исхактын кулагына кирген жок, каардуу өкүмү чоочуткан жок. Ал муңайгансып кетти. «Кош эми... Жамандыгым болсо кечир, жакшылыгым болсо ырдай жүр, эзил журтум!..» деп, ал купуя коштошту, жүрөгү мыкчылды. Келер желдет тез келбейби! Ал санааркап, асман тиктеди. Тигине көздүн жашындай мөлтүрөгөн көк асман. Жабыла атылган мылтыктын түтүнүнө окшош сургулт, суюк булут каптап келатат. Те бийиктен, сургулт булуттун нары жагынан бир караан Исхактын көзүнө чалынды. Бүркүт экен! Сургулт булутка бир чүмкөнүп, бир көрүнүп, каалгып айланып жүрөт. «Менин жаным окшойт...» деп ойлоду Исхак. Андан соң жүрөгү бат- бат согуп, каны дүрүлдөп төбөсүнө агып, башына эчтеме кирбей, дендароо болуп шалдырады. Мойнуна сыйыртмак түшкөнү келатканда ал селт этип ойдон чыгып, сыйыртмак салганы келаткан колду кагып жиберди. Жанында көзү чүңүрөйгөн желдет сарбаз турган экен.

Эч сөз угузбай, ый угузбай, сөгөт угузбай барабан тынымсыз дүңгүрөп жатты. Исхак акырын күбүрөп өз келмесин өзү айтып, көзүн жумду. Сыйыртмак акырын мойнуна түштү. Мупмуздак, кара чаар жылан оролгондой болуп, эти дүрүлдөп кетти. Сарбаз Исхак чыгып турган жеңил күрсүнү тайдыра тээп жиберди. Исхак шалак этип, бекем жибек жипке асылып калды.

Эл дым болду. Барабан дүңгүрөп жатты. Исхак чиренип, саал жандалбас кылып, анан бутунун учу да кыбырабай, мурдунан асып койгон көк жолборстун терисиндей чубалып, узуну чыгып; акырын чайпалып туруп калды. Барабан үнү акырындап, анда-санда дыбыр-дыбыр деп, токтоло баштады.

— Оо... баатырдан калып не табам!.. Не таба-а-м... — деген өкүрүк жерге көмүлгөндөй тымтырстыкты шаңк жарып кетти. Бул эмне? Бул ким? Эл дүү-дүү, дуу-дуу болуп, жарыла берди. Момун экен!

— О, баатырдан калып не табам, кокуй?!. Өү-ү... — деп келатты.

Ошол учурда бийик секиде турган жарымпаша фон Кауфман да, Кудаяр да, кабагы бүркөө Абдырахман да, шыкалып турган калың эл да нес болду. Момун далбактап чуркаган бойдон, кармаганга болбой, тосконго бой бербей, дарга чыкты. Акырын теңселип турган Исхактын сөөгүнө жетип, тизелеп, мөгдөп, бутунан кучактады.

Эл тосмосу жарылган көлдөй толкуп, күр-шар, буркан-шаркан түшүп, баары чуу туруп өкүрүп жиберди. Ошол замат «Татыр-р, татыр-р!» деп, жалпы атылган мылтык үнү жер силкинтти. Чуу суу сепкендей басыла түштү...

Полковник барон Миллер-Закомельский элге карап:

— Адилет жаза жүзөгө ашты! — деп, шашыла жария кылды.

# ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

## I

Сая кууган барон Витгенштейнди жазгырып, Абдылла бек отуз чакты кишиси менен Саркол тоолорун жамынып, нары Оуган тарапка ооп түштү.

Туш тарап кубарган чөпсүз чап. Бир шумдугун ичине катып келгиндерди акмалап тургансып, кумсарган чоочун, жат жер. Те түзөңдө баш жагы улам соолуп түгөнүп келаткансыган, киргил тартып илең-салаң кылдырап агып, какшыган сайдын ортосунда биртке суу жатты.

Абдылла бек өзөндүн бийик кашатына келип, чаалыккан кула аргымактын тизгинин тартып, камчылуу колун чекесине алып, серелеп бет алдын арыта тиктеп токтоду. Сай боюнда эрбейген-сербейген боз жылгын. Ар жерде, өзөн жээктеп, көгөргөн ажырык чөп көрүнөт. Ал дагы көп оттолуп, көп тебеленип, таакы болуп, сарала болуп бүткөн. Канаты арбайган сары, көк чегирткелер кие койбой каптап өрүп жүрөт. Абдылла бектин аңы учту. Жазы-жайы көк шибери көйкөлгөн, күзү нан, коон жыттанган Фаргана түзү көзүнө элестеп, жүрөгү мыкчылды. Ал ийин кага улутунуп, өзүн ээрчиген жигиттердин үшүн албас үчүн кабагын көрсөтпөй, жүзүн үйрүп, кула аргымактын тизгинин өзөн боюна карай кага берди. Ал ичтен күйдү. Аны эчтеме менен жубата алгыс касирет басты.

Өзөн боюнан биртке ажырыгы бар кыртыштуу жер тандап, эки жээкке бөлүнүп, чатыр жайып, өргүп калышты.

Абдылла бек жаткан менен тынчтана албады. Көп күндөн бери аттан түшпөй, ат үстүндө талыкшып, ат үстүндө үргүлөп келгенине карабай, эч кирпик кага албады. Жүрөгүн бирдеме өйүп, көңүлү уйгу-туйгу болуп, түн бир убакта да улам көзүн ачып, чоочун жердин шоокумун тыңшап, кайра өзүн зордоп көзүн жумат, уктай албайт. Ал акыры чепкенин желбегей жамынып тышка, чыкты. Айлана жымжырт. Те четте жесекте турган жигиттер да үргүлөп кетишкен. Таңкы чолпон жаркырап так маңдайга келген экен. Биртке серүүн жел өзөн ылдый жортмолоп калыптыр. Абдылла бек көпкө басып, ысыган башын сергитип баш жарган ойдон биртке алаксыган соң, кайра чатырга келип жатты. Ал көөшүп үргүлөп кетти.

Кимдир бирөө эшикте кобураша баштады. Абдылла бек ойгонуп кетти. Чатырдын төбөсүнөн күндүн кызгылт сары нуру сайылып жерге түшүп турган экен.

— Жол болсунлар? — деди бир каргыл үн түркчө.

— Кокон жеринен... —деп жооп берди, өз жигити Акбалбандын үнү. — Оуган пашасына келаткан элбиз.

Белгисиз бирөөлөр өзүлөрүнчө кобурашып калышты. «О-е!.. Таксыр амирдин өзүнө мейманга келатабыз дейт го?..» деди жанагы каргыл үн. «Чоочун эл экен. Бөлөк эл экен. Жалган. Ушу каракчыларды амир сагынып отуруптурбу?! Жок шылтоо. Эртең элдин бир четине бүлүк салып кете беришсечи?..» деди экинчиси. Фарси тилин жакшы билген Абдылла бек толук түшүнүп турду. «Йе, кудурет, ушул күнгө туш кылдыңбы?! Ушул сөздү угуздуңбу?!» деп, бир ууртун тартып кайгылуу жылмайып койду.

Тотуккан киши болуу керек, каргыл сүйлөгөн оуган:

— Мейли, мусулмандар, бул жер корук жер, майли, бүгүнчө калгыла, а эртеге кудай атаа кылган багытка кетерсиңер а? — деди. Акбалбандын үнү чыккан жок,

башын ийкеди окшойт. Андан соң чү деген, теминген үн угулду. Бир азда эки аттын басыгы алыстап кетти.

Акбалбан чатырга кирди.

— Удайчы эмне кылып жатат экен? Чакыртчы... — деди Абдылла бек.

Бир аздан соң Акбалбан коштоп, булгары кепичин жалаң бутуна салган, кымкап тонун желбегей кийген, макмал топучан, бейкапар жаткан ордунан туруп эле келди окшойт. Сулайман удайчы кирди.

Сулайман удайчы Үч-Коргон кымкуутунда бет келди бозуп, Исхактан бөлүнүп, түздө калып калган. Каратель отряд кууп, бектер сары изине чөп сала берген соң ал дагы Саркол тоолорун таянып качкан болучу. Бу Абдылла бектерге кокустан жолдо кездешти. Капканга түшүп бутунун учун өзү жеп бошонуп чыккан карышкырдай ачуулуу.

— Келиңиз, удайчы... —деди Абдылла бек алдыртан сынай тиктей. Тиги кичинекей сары көзүн ирмебей, биртке суюк жээрде сакал баскан эрдин бек кымтыган калыбында «келдим» дегенди билгизип, башын биртке ийкеген болду да, төргө өтпөй, улага ченге отура баштады.

— Быякка өтпөйсүзбү? — деди, саал козголуп Абдылла бек. Сулайман удайчы тыңшаган жок, кайта кабагы тырышты. Абдылла бек:

— Сулайман ага, — деп жумшактап баштады, — мына тагдырыбыз ушул белем, агып-агып бир ээн аралга чыгып калган какшаал окшоп, минтип бөтөн жерде турабыз...

— И? — деди Сулайман удайчы итиркейи келе. — Эмне кыл дейсиз, и?..

— Сиз казына кармадыңыз эле го, бирдеме калдыбы, жанагы түсүң курган жалтырак немеден бирдеме калдыбы, Сулайман ага?

— И? — деди Сулайман удайчы силкине. — Эмне кыласың?

— Өзүңүз билесиз, Оугандын амиринин алдына куру кол барбайлы, сиз экөбүз да бир элдин жакшысы элек бир кезде, ошол сыныбызды бузбай, жат көзүнө, жок дегенде, ошол сөөлөтүбүздөн жазбай...

— Сага эми кайсы сөөлөт калды? — деди Сулайман удайчы катуу. — Эчтеме жок. Болсо да бербейт элем.

— Эмне үчүн болсо да бербейт элеңиз? Ордо баарыбызга тең эмес беле? Эртеңки тагдырыбыз да бир болуп отурбайбы! Ойлобойсузбу? Жалгыз мен керегиме жаратамбы?!

— Сен мени такыба! Сен мени суракка алба!

Абдылла бек уккан кулагына ишенбей, нестейе түштү. Сулайман удайчы токтобой буркан-шаркан сүйлөдү:

— Сен мени кадалып тиктебе, — деди эки көзү тептегерек болуп кетти. —Сага окшогон «бекмин» дегендер сатып кетип, азаматтар дарга асылып, биз минтип куу чөлдө калып отурабыз! Дагы сүйлөп коёт. Дагы эртеңки күндүн камын көргөн болуп коёт булар... Аттиң ай, силердин баарыңарды кыйратып, анан ишти баштасак болмок экен! Ойлондум мен дагы...

Абдылла бек купкуу болуп:

— Эсиңе кел, удайчы?.. —деди каны муздай. Тигил зиркиреп жини келген бойдон этек кагып туруп кетти:

— Бүттү! Эми сенин бийлигиң өтпөйт мага! Дагы бирдемени ойлонгусу келип калганын...

— Токто! — деди Абдылла бек. Сулайман удайчы шарт бурулуп, белинде кыстарылып жүргөн бир атма орус пистолду таптай бергенде, жакын турган Акбалбан колун кагып жиберди. Тарс! Ок Абдылла бектин башынан ашып, жибек чатырды тешип чыгып кетти. Жигиттер дүпүрөп, удайчынын колун кайрып баса баштаты.

— Коё бергиле...—деди Абдылла бек, Сулайман удайчы тайбай, чакырайып, дагы бирдеме демекчи болгондо: — Мейли, азыр кете тур, калың катаганды баштап келатып, сени так ушул жерден Коконго көкбөрү кылып түшөм! — деп салды.

— Көрүшөбүз ошондо! — деп, Сулайман удайчы күңкүлдөп сөгүнгөн бойдон чыгып кетти. Абдылла бек ойго батып калып калды.

Ата мурас даражасы, сөөлөтү, бийлиги колдон чыгып кетишине Абдылла бек эч келише алган эмес. Жанын үрөп, Гүлшаага аскер топтоп, катуу кармашууга бел байлады. Жаз алдында генерал Скобелев «Алайский поход» деп атап, өзү баштап, көп аскер менен кысып келди. Абдылла бек Жаңырык деген жалгыз тар өткөөлдү тосту. Бирок, ушул жерде да өз ичинен ичи арамы табылып, Ыманкул деген бирөө тоо арасынан Гүлшаага айланып түшө турган төтө жолду көрсөтүп, генерал Скобелевдин аскерин алардын так төбөсүнөн чыгарып салды. Айласыз, кармашып кырылып, Абдылла бек минтип Саркол тоолорун жамынып качты.

Ою тереңге кетти. Кызыл томпой келди эсине.

Бир кезде, атасы Алымбек датканын башы кесилгенден кийин бир нече жылдан кийин ордого биринчи барган күнү эле. Ордо кишилеринин зериккенде же эрегишкенде ойнор зоогу чүкө ордо атмай. Абдылла бек көңүлгө алынган жок, чүкө ордонун өнөгүнө кошулган жок. Кызыгып карап тургандардын арасында ал да унчукпай туруп калды. Өнөктүн бир жагы уттуруп баратып, эң акыркы жылгыз чокон атарына таянды. Туй башы жакшы атар оюнчу издеп, четте турган зымпыйган жаш улан Абдыллага көзү түштү да, «Жакшы жигит, атып көрөсүңбү?» деп, жылуу тиктеди. Абдылла сылык таазим кыла «Ойнуңуздун тагдырын ишенип берсеңиз атып көрөйүн, бек ата...» — деди. «А мейли, баары бир утулган оюн болуп калды, атып көр, углум, катардан калбай...» деп туй башы колуна кармай келген ак томпойду сунду. Абдылла томпойду алып, колуна бир экчеп, о бийик секиде бейиш кушунун куйругунан кылган желпүүр менен желпитип Кудаяр- хан өзү оюн карап отурган эле, таазим кылып «О, аллаяр!.. Өз атыбызды минип чапсак болор бекен?..» деп, өз томпою менен ойноого уруксат сурады. Кудаяр-хан жүзү жылуу баш ийкеп койду. Абдылла томпойду ээсине берип, эки өңүрүн кайра кыстарып, чөнтөгүнөн алты айры бугунун томпоюн алып чыкты. Томпой канга боёлгондой кызыл экен. Абдылла чийинди тегерене басып келип, жакын жаткан чүкөнү кадап жиберип, кызыл томпойду чимирилтип ичке жаткырды да, сыңар тизелеп бир отурган бойдон ортодо калган чүкөлөрдү бирин койбой чертип чыгарып, борбордун өзүндө жаткан «канга» келгенде, ал ордунан турду да, «Кечиргейсиз, туй башы бек ата, азиретинин көзүнчө «кан» чүкөнү черткеним болбостур...» деп, таазим кылды. «О, бали!», «Нарк билген азамат ко бу?!», «Черткенге эсеп болсун, чыкканга эсеп болсун!», «А түзүк», «Кимдин углу экен бу?..» деп ыраазы болгон, таң болгон үндөр туш-туштан чыгып, аны жардап карап калышты. Кудаяр-хан өзү ордунан туруп келип, Абдылла эки колун бооруна алып таазим кылып калды эле, анын колундагы кызыл томпойду алып, ой басып, имерип карады. Эски томпой, таасы кашкайып, ар жеринен сүрүлүп, сыры жешилип калган. Кудаяр-хан томпойду тааныгансып, жаш уланды бир, томпойду бир тиктеп токтоло калды. Абдылла кысылып

кетти. Бери аттанарда керээт энеси Курманжан датка айым «Жети атаңдан келген кызыл томпой, эми балам, бул ыйык томпой менен сен кошул оюнга...» деп, чөнтөгүнө салып берген эле. Ханга дит бага албай, ызаат таазиминен жазбай, былк этпей туруп калды. «Бу Алымбектин томпою го?» деди Кудаяр-хан кашын көтөрүп. «Ооба, аллаяр...» деп араң жооп берди Абдылла. Кудаяр-хан «Гм...» деп башын ийкей, «Ошол, көрүп эле тааныдым, бектин оюнчу томпою!» деди да, «Абдылла эмессиңби, жакшы жигит?» деп тиктеп калды. «Ооба, аллаяр...» деди Абдылла. «А түзүк...—деди Кудаяр-хан эркелеткен жушмак үн менен. — Ишке жарап калган турбайсыңбы?! Чокон эмес чоң оюнга кошула бер, бегим!» Кызыл томпойду кайра берип, коштоочуларын ээрчитип, эми оюнду карабай, өзүлөрүнчө акырын сүйлөшүп, нары диванхана жакка бет алды. Ошол жерде турган өңкөй иргелген куулар, акылгөйлөр «Багың ачылды, бек!» дешип, тегеректеп калышты. Кай бири астейдил куттукташты. Кай бири «Э, бул бала оңор бала болбойт!» деп, тымызын өңгөчүн тартты.

Ал ушундайча болуп бек атанып, чүкө ордосуна, хан ордосуна, бак талашуу, бийлик талашуу кызыгына ушундайча болуп кошулган эле. Азыр ошонун баары капилет көргөн түшү сыяктуу көз алдына булаңгыр болуп келип турду. Жүрөгү сыйрылды.

Эненин курсагынан бек атанып түшкөн, бийлик үчүн, сөөлөт үчүн калың тайпа журттун тагдырын чүкө ордо кылып ойноого бешикте таалим көргөн. Өлөңдүү, өзөндүү, кең Фарганадан куулуп, бу какыр чөлдө отуруп калышы бейиштен тышка ыргытылып ташталгандай туюлду. Жүрөгү улам жыз тилинип, буга эч көнө албай, эч моюн сунгусу келбей, дагы көп нерсе бар көңүлүндө, дагы эле үмүтү үзүлө элек, эң акыркы калган айлага тырмышып, тегерете экчеп отурду.

Оуган амири Кабыл шаарынын сыртындагы жасалгалуу сарайында Абдылла бекти качкын ханзаада катары ызаат көрсөтүп, кабыл алды. Өз тарабынан Абдылла бек да түркөйлүк кетирбей «баатыр Оуган элине, анын акылман амирине» деп салам айтып, ийилип таазим кылды. Эки көзү кыйды, бүтүйгөн, мурду ороктой, чычайган ичке муруттуу амир ордунан туруп келип, боору ачыгандай түр кылып, башын ийкей алик алып, чыканагынан саал сүйөй өйдө кылып, кичинекей, сары көзү күлүңдөп Абдылла бекти кунт коё бир тиктеп, анан атайын кабыл алынчу киши үчүн даярдалып коюлган орунга чейин коштоп койду. Увазирлер, нөкөрлөр, удайчылар бирин бири кыя карашып, амирдин качкынга кылган сылыктыгына баа коюшуп, элтейишип, мунун аягы эмне менен бүтөрүн болжой алышпай турушту.

Күнчыгыш ордолорунун салтын тутуп, амир түрки тилинде бир собол бейт айтты:

Кайсы бактын гүлүсан,
кайсы бектин углусан?
Жол жүрүпсүң кечейи-күндүз,
кийгенлариң баари кундуз,
өзбексанми, сартсанми,
эл талашкан мартсанми?
үндемеган недурсан,
өзүң кайдан келурсан?..

Ошондо анын увазири баян этип, жооп бейт айтты:

Кокон-абад шааридан
келиптир мунда бир оглан,
минген аты дулдул экан,
сөзласа тили булбул экан,
кылычы күмүш, калканы тилла,
огзуда келма, башида селла,
бек углу бек Абдилла
имаят тилеп келипти Сизга...

— Падишах,—деди Абдылла бек отурбай,— баатыр Оуган элинин Сиздей акылман эгесине жылкы атпайдан күлүк ат тартуулап келдим, өз атымды... ээрин албай... тартуулап келдим...

— О-о...—деп жиберишти тургандар арзыбаса да, амир кичинекей сары көзүн сүзүп:

— Ырахмат, углум... ырахмат...—деп, саал баш ийкеген болду да, тагына кайра отурду. — Гм, отур, углум. И, урматтуу датка айым саламат жүрөбү?

— Шүгүр, таксыр...

— Элиң журтуң тынчпы? — Амир эмне жооп айтар экен дегенсип Фарганада эмне өзгөрүүлөр болуп жатканы ага белгилүү, алдыртан кыя тиктеди. Абдылла бек анын көзүн кармап:

— Тынч болсо ушинтип тентип жүрөр белек, хазрати?!—деди өкүнүч билдирип. Амир көзүн сүзө, бир аз ойго кабыла:

— Гм... — деп, өзүнчө башын ийкеди. — Угуп жатабыз... Гм...

Аңгыча капкара ыңды кулдар бутунун учу менен жүгүрүп, кызмат кылышып, дасторконго дүйүм даам жайнады. Койкойгон кум көзөгө мелт-калт мусаллас да коюлду. Эми рубабчы келди. Күү колунан күндүн, айдын нурундай шыңгырлап төгүлүп жасалгалуу сарайда термелтип, аңгыча беш сулуу кыз каалгый бийлеп кетишти.

Меймандын көңүлү куш болсун дедиби, амир өзү баш болуп, баары шат, кеп менен тийишип, кеп менен сайышып, күлүп, мусалластан иче отурушту. А меймандын көңүлү эчтемеге куш болбойт, таза суудай сапырылган күү да, толукшуган кыздардын каш какканы да алаксытпады, күчтүү мусаллас кызытпады.

Кирди-чыкты көп сөздөн кийин зоок аягында Абдылла бек көңүлүндөгү максатына жакындап, кыйытып, Оугандык катаган түрк уругунан тууган издөө сыйынтын сурады. Бул жардам суроо, ошол Оугандык катаган түрк уругунан аскер курашка укук алуу эле. Амир жука эрдин бек кымтып, Абдылла бекти аңтарып тиктеп, анын жалындап турганын көрдү. Ордо кишилери да, нес болгондой, тилдерин тиштеп, көздөрү чекирейип, амирдин жообун күтүп калышты. Амир колунун учун терс шилтеди эле, ошол замат рубабчы да, бийчи кыздар да жылып чыгып кетишти.

— Кыйын... Кыйын болду силерге, углум... — деди амир ачык, ой толгоо менен ордунан туруп басып, дарчеге барды. Байыркы Кабыл шаарынын бир өңүрү бет алдына тартылды. Бирпас туруп, амир кайра келди да, Абдылла бекке эңилип тиктеп токтолду. Ызат көрсөтүп, Абдылла бек ордунан тура калды.

— Углум, — деди амир жумшак, — абдан чарчапсың, биртке тыныгып, мындан нары Меккага барып, каабага жүз коюп, зыярат кылып келбейсиңби, углум? Бу бейбапа дүйнөнүн кыжы-кужусу кайда качар?! Кайра келген соң сүйлөшпөйбүзбү, углум?..

Кыйды нөкөрлөр алдыртан көз менен сүйлөшүп, амирдин оюн болжоп калышты. Ар качан башынан бактысы тайган хандар, амирлер, ханзаадалар иши оңолбосо чекке жеткенде, бул дүйнөнүн кызыгын тарки дүйнө кылып таштап, бир кудай жолун көздөп, Мекеге кетүү салт. Мына ушул сөзү менен амир ар кандай жардам берүүдөн баш тартты. Абдылла бек да түшүндү, ирени купкуу болуп, эмне дээрин билбей, шарт чыгып кетчү өңдөнүп, те саймалуу кош каалганы тиктеп, нестейип катты.

Амирдин антпеске чарасы жок эле. Англия бүткүл Индостанды басып алып, улам түндүккө карай жылыштап, Оуганстанга жакындап, четки шаарлардын бектерин өзүнө тартып, амирге каршы тукуруп жаткан. Россиянын география коомунун бир экспедициясы Оуган
жеринин түздөрүн, сууларын эсепке алып, картасын сызып жүрүшкөн. Англиядан коргонуш үчүн амир орус ориенталисттерин өлкө ичине коё берип, Россия менен кандайдыр бир шартнама түзүп, Россияга таянышка аргасыз болуп отурган эле.

— Ушул оң, углум, — деди амир Абдылла бектин абалын сезип турса да, башка сыр ачпай, себебин айтпай. Нөкөрлөр жабыла:

— О-о!.. Мындан акылдуу кеңеш болобу?! Жолуң ачылат, баатыр жигит!.. —деп кубаттап, амиринин чечимин көтөрүп кетишти. Абдылла бек кызылала болуп:

— Таксыр... Кеңешиңиз асыл кеңеш... таксыр... — дегенден башкага өтө албай, бир аз апкаарып туруп калды.

Кабыл алуу бүттү. Амир жуп жөнөөрдө кула аргымакты кайра Абдылла бектин алдына тарттырды:

— Өзүң азгын болуп жүрсөң, атыңды мен алып калсам, оволоп учкан шумкардын канатын кыркканым болбойбу! Өзүңдө калсын. Менин сага мингизгеним болсун, углум...—деп баш ийкеди.

Абдылла бек сүйүнгөн да жок, капа да болгон жок, сылык коштошуп, аттанып кетти.

Тырмышып келаткан эң акыркы үмүтү эле. Жети- шаардагы, Оугандагы тууган урууларды көтөрүп, көп кол баштап кайра Фарганага түшүү үмүтү таш капты. Кабыл суусунун боюндагы кошунга барып, бүк түшүп жети күн жатты. Сегизинчи күнү ордунан үшкүрүп туруп, жанына эки жолдош камдап, үстүндөгү бек кийимин чечип, мусапыр тонун кийип алыскы Арапстан жолуна чыкты.

Үч күнү Акбалбан баш болуп, бир тууганы Батырбек баш болуп, бүт жигити узатып жүрүп отурушту. Жолду катар үч күнү Абдылла бек сүйлөгөн жок. Ирени күндөн күнгө керсары тартып, тили байланган кишидей бет алдын гана тиктеп кете берди.

Акыры айрыла турган жолго жетишти. Желкесинде бир гана түп көк талы бар башаттын жанына токтошуп өргүү кылышты. Жүк артып жүргөн аттардын эттүүсүнөн бирин союшту. Жигиттер эт жешти. Абдылла бек наар татпады. Бир убакта тунжуроодон ойгонуп, оор үшкүрүп, өйдө карады:

— Йе, Акбалбан, кайдасың?..

Акбалбан үңүлүп тиктеди. Абдылла бек алсыз, ирени жаңгактын жалбырагындай керсары болуп, жаагы шимирилип, эки көзү кесесине кайнап, сөөлөтү өчүп калган эле.

— Өз мекенимден ажырап, бирөөнүн Мекесинен не табам?! — деп күңкүлдөдү ал. Жигиттер:

— Кайталыбы? — деп сүйүнүп кетишти. Абдылла бек тунжурап, кайра шалдырап, башын ийкеди:

— Силер кайткыла...

Жигиттер тым боло түшүштү, сөздүн төркүнүн болжой алышпай, тиктешип калышты. Акбалбан жакын эңилип:

— Сизчи, бек?.. Баарыбыз эле кайталы, кайтсак... — деди акырын.

— Мен өлөм...—деди саал Абдылла бек башын ийкеп, жигиттерди кыдырата тиктей.

— Йе, өлүмдүн бетин нары кылсын, жаман сөздү оозго албаңыз! — деп жиберди бирөө. Абдылла бек башын чайкап, эки муштумун чекесине мадай, жер тиктеп:

— Жок... Жок, мен өлүшүм абзел го... Кайта албайм, кайтып барып, атамдан калган бийлигим бирөөнүн колунда турганын, энемден калган ызатым бирөөнүн алдында тепселип жатканын көрүп отура албайм...—деп жөөлүгөндөй күбүрөп. —Жок...

Жигиттер Акбалбанды тиктеп калышты. Биртууганы Батырбек жашып кетти:

— О, кагылайын аке... эмне шумдукту сүйлөп отурасың?!.

Абдылла бек башын көтөрдү, эчтеме болбогондой жадырап тиктеп:

— Батый, — деди эркелете, — эмнеси шумдук, тагдырымдын өкүмүн, бешенемдеги жазууну гана окуп отурам.

Жубатар сөз кайсы? Баары унчукпай отуруп калышты. Бирпас карбаластап, эмне кылар айласын таппай, Акбалбан четтеп басты. Абдылла бекти ооруп калды деп ойлоду. Нары жакынкы кыштакка табып издеп барып, андан белинен ылдый гана ак мата менен чатынып алган, башын да ак мата менен орогон кары индусту ээрчитип келди.

Абдылла бек эки муштумун чекесине жаздап, көмкөрөсүнөн түшкөн бойдон, дагы ойлонуп, дагы ойго тепселип, өзүн билбей жаткан экен. Жанында Батырбек шөмтүрөп отуруптур.

Акбалбан атынан түшүп, индус табыпты Абдылла бекке алып келди. Жигиттер жыйыла баштады эле, колун шилтеп, таратып жиберип, Абдылла бекке эңкейди:

— Бек...

Абдылла бек башын көтөрдү. Жанында чоочун турганын сезе коюп өйдө болду. Индус эки алаканын жупташтырып чекесине алып:

— Салам, бекзаада, — деп, ийилип таазим кылып жылмайды. Майланышкан капкара көзү сак жылтылдады.

— Көрсүнчү,—деди Акбалбан акырын,—табып экен...

Абдылла бек күлдү:

— Ха-ха!.. Табып бекен? И, мейли, билсинчи менин кеселимди! — деп колун суна берди. —Кана, ынды табып, тамыр кармайсыңбы? Же ырам ачасыңбы? Мына...

Индус табып Абдылла бектин колунун учунан алып, тамырын кармабай эле жымыйып, үңүлүп көзүн тиктеди, ирецин тиктеди, анан колунун үстүн сылап туруп:

— Бектин кирпиги катып калган. Санаа кесел бектин кесели,—деди аппак тиштерин кашкайта. —Сары санааны бек таштасын...

Абдылла бек эки көзү чекирейип, таңыркап тиктеп, анан башын чайкады.

Индус табып тигинин абалын түшүнгөндөй, кайгысын бөлүшкөндөй чекесин тырыштырып, бирпас тигилип Абдылла бектин көзүн тиктеп, жыбылжыган жумшак үн менен туталана сүйлөдү:

— Вай!.. Санаа адамды мерт кылышын бек билбейби?.. Вай...

Абдылла бек бир ууртун тартып ичтен күлүп, өкүнүчтүү күрсүнүп койду да, сол колунун аты- жогундагы каухар жүздүктү чыгарып, индус табыпка сунду:

— Билгич экенсиң, ынды табып. Ыраазы бол.

Индус жүздүктү леп этип алып, бир имерип тиктеп, каухардын каниги экенин билген соң, уурту жайылып, башын бат-бат ийкегилеп:

— Ырахмат... Ырахмат...—деп ордунан туруп, кетип баратып кайрылып токтой калып: — Сары санааны таштасын бек, таштасын алы жетсе. Өз көңүлүн көтөрсүн, көтөрө турган нерсе жок болсо да... — деп кетти. Абдылла бек үнчуккан жок, мелтиреп тиктеген бойдон былк этпеди. Индус табып артын карабады. Бир убакта белинен ылдый чатынган ак матасы кылактап барып, көрүнбөй калды.

— Эмнеге көтөрүлсүн көңүлүм? Кантип көтөрмөкмүн? — деди Абдылла бек мелтиреп бет алдын тиктеген калыбында, байыркы бейиттин башына койгон таштай былк этпей. — Жан каерден чыкса дене ошерде калат, жазат ошол. Бир гана сурарым, туугандарым, кан кечишкен жоролорум...

Акбалбан нестейди. Жигиттер нестейди. Дем тартпай калышты.

Абдылла бек:

— Жан чыккан соң, көкүрөгүмдү жоо канжар менен жаргыла да жүрөгүмдү алгыла... Сөөгүмдү кара жердин бооруна бергиле, жүрөгүмдү аардуу ак кийизге ороп алып, ат тизгинин кайра тарткыла, насип буйруп, жети кылым жети атабыз мекен кылган жерге жетсеңер... гүл баскан дөңгө түшүп, чукур казып көмгүлө... Жүрөгүм жат жерде калбасын, жүрөгүм өз Мекемде жатсын...

Батырбек болоктоп ыйлап жиберди. Абдылла бек кой деген жок, жубаткан жок, уккандай да болгон жок, мисирейип кыдырата тиктеди.

Санаа ооруу, өлөм деп өзүн өзү баш ийдирүү, өзүн өзү көндүрүү көз көрүнөө Абдылла бектин кубатын алды, жашоо үчүн күрөшүү сезимин сенек кылды. Төртүнчү күн таңга жуук, адатынча былк этпей, эки муштумун чекесине жаздап көмкөрөсүнөн жаткан бойдон, акырындап дем алышы азайып, ээк какпай, кол серппей, акырындап жымырап, жан билбеген купуя бир караңгыга өттү.

Акбалбан колтугуна колун салып, биртке гана жылуулук турган экен, жүрөк бүлк этпейт, абайлап чалкасынан оодарды да, эки колун сундуруп, чепкенин айкарасынан жаап, ордунан туруп:

— О, кайран бек... О-о...—деп, мөгдөп өкүрүп жиберди. —О, азаматтан айрылдык а...

Жигиттер чуу туруп өкүрүштү. Батырбек өбөктөп өксүдү. Акбалбан энтигип токтой:

— Токтогула...—деди үнү дирилдеп, көз жашын аарчый, кайра мисирейип кайрат жыйнады. — Чоочун жерде чуулдашып отурбайлы...

Эртеси Акбалбан баштап, жигиттер Кушка тарап менен, «өз мекеним, өз элим кайдасың?» дешип, дүпүрөп жолго чыгышты. Аргымактын туягын түлөткөн алыс жол. Жигиттер улам суюла баштады. Кай бири аты арып, кай бири жол азабына чыдай албай, айнып жол-жолдо калып кетти. Чөлдүн кум уюлгуткан шамалы менен атаандаша чуркаган күлүк ат минишкен каракчылар эки жерден кол салып, анда он жолдош набыт болду. Жейхундун башы Үргөнчкө Акбалбан, Батырбек, дагы бир гана жигит жетти.

Бир ай дегенде Фаргана чегине өтүштү. Тоо таянып, кылбат жерге бир көк арчанын түбүнө Абдылла бектин жүрөгүн түбөлүккө жашырышты. Кула аргымакты туура тартып, ээсинин арбагына атап чалып, башын бүкүлү кайнатып, этин шылып таштап, куу сөөгүн көк арчанын ачасына кыстарышты. Ошондон соң, бир ыйык милдеттен кутулган соң,

эттерине көйнөктөрү жабышып арып бүткөнү эми сезилип, шалдырап, ошондо гана үчөбүнүн өз башы, өз камы, мындан нары кайда баруу кыжаалаты эстерине түштү...

II

Бекназар көзүнөн Нуру кеткен, иреңи боз, күн ашкан сайын деми сувугандай, бул дүйнөдө айтар сөзү, кылар иши түгөнгөн сыяктуу, өзүнөн өзү мүңкүрөп чөгүп жаткан. Кана, ордо кана, мамлекет кана?! Исхак кана?! Ал эми калган өмүрүн, өз жанына өзү кол сала албаган соң, карыптын күнү менен өткөрмөктү эп көргөн. Көңүл тереңинде аргымак ат, наркескен кылыч, эр кайраты менен коштошуп, оозуна эртели-кеч келме алып, башына тери малакай кийип, белине ак жоолук курчанып, Теңирберди менен Кулкиши катарына кошулган.

Күнүгө бир коркунучтуу кабар эл арасына желдей тарайт. «Кара тил деген орус колбашы чыгыптыр дейт...». «Кара тил кыштак койбой, айыл койбой өрттөп, кары-жашын ылгабай адам атпайды бир тегиз кырып келейаткан имиш...». Күнүгө үрөй учат.

Эл ичинен ыкчамдары тоо жамынып, көмүскө, баруугa чыйыры татаал жайларга түндөп көчүп, бала- чаканы көздөн далдалап жатат. «Бир кабар уккан го булар... жакындап калган го биз тарапка Кара тил...». Эл күнүгө дүрбөйт. «Ордого эң кадырлуу бийлердин бири багыш Сарымсак элин таштап, биртке өз туугандарын алып, Таласка көчө качыптыр дейт ко?»

Теңирберди:

— О-о... бу биздин эл көп алааматты башынан өткөргөн...—деп, ой басып, улутунуп алып кеп жалгады. —Тегибиз түрк огуз экен. Ошо кыйлы замандардын биринде огуз журту бир жоо менен чабышып, жоо да кырылып, өзүлөрү да кырылып, уруш майданынан кырк атчан гана чыгып кеткен дейт. Ошол бойдон дым-дарексиз жоголуп, нечен суулар агып, нечен жылдар өткөн соң кайра дагы көбөйүп, дагы чабышка жарамдуу болуп, көзгө көрүнүп калган экен. «О-о, булар кимдер? Кайсы эл?» дегенде, «Бу баягы кырк атчан огуз» дейт билгени. Ошо «кырк огуз» дегенден «кыргыз» атанган экенбиз.

Бекназар кепке аралашпайт.

Теңирберди:

— О, кийин, кара кытай чапканыңда дагы бир көйкөй көргөн. Бири кетти ала тайга, кара тайга, бир кетти капкайдагы каңгайга, бири кетти Эренге, бири түшүп эле кетти тереңге деген арман калган будан...

Башка нерсени ойлонуп, бу өтмүш кулагына кирбей, акылына сиңбей, өз алдынча кеңгиреп отурат Бекназар.

Теңирберди:

— Бу капсалаңдан да өткөн экенбиз... Дагы өнүп- өсүп, дагы биригип, «урунарга тоо таппай, урушарга жоо таппай» дегендей, башка эле эки жоо чабышып жатса күтпөгөн чакта көп кол болуп каптап кирип, бир жагына болушуп кеткен дейт. «Йе, булар кимдер? Куп чакта келди да!» дейт кысталып турган колбашы. Суроо салат. «Булар тоодо-түздө жашаган элети экен, токсон эки колбашысы бар экен, ар бири өзүнө өзү бек, өзүнө өзү хан экен»деген кабар алат. Мына ушундан «токсон боолуу өзү бек», «кыпчак» деген кошумча айтым ат кошулган. А жыл артынан жыл өтүп, кылымдар алмашып, акыры бири «кыргыз кыпчак», бири «кыргыз казак», отурук кылганы «сарт кыпчак» делинип, этеги жайылган үч тайпа тууган, бир журт болгон экенбиз...

Өзүн да ой басып түкшүмөлдөнүп отуруп, кайра кеп улады Теңирберди:

— Ушундай кыйын кезеңдерде да, «караңгыда жол тапкан, каңгыганда акыл тапкан, эл баккан» деген балдары болбосо чабылганы куралат беле, чачылганы жыйналат беле?! Бери жагы эстен чыга электерин эле айталы, «кулалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган» деген атагы али өчпөгөн айкөлүң Манас, андан бери Чыңгыз-хан, Ырыс тархан, андан бери Кан Батыр-кан, акыркысы амир Темир Көрөгөн...

Кулкиши муну эч качан укпаган, эки көзү чекчейип, эки кулагы тикчийип отуруп укту:

— Мына, дагы кыйын күн түшүп турат ко...— деди ал, — качып кайда бармакпыз, көчүп кайда баш катмакпыз?!

— Аттиң ай... —деп, шыпшынып алды Теңирберди. — Дагы эле аккан арыктан суу агып калар, жок дегенде, очоктун корун, элдин уюткусун эртеңкиге эптеп сактаган бир эркектана жаран табылып калар...

Тамсил айтты Теңирберди:

...О илгери, жер заманда бир каардуу ажо[1] «Күндүн чыккан жерине, күндүн баткан жерине жортуул кыламын. Жолго будоо болот алтымыштан ашкан кары калбасын, бүт кырылып ташталсын!» деп буйрук кылган экен. Буйрук буйруктай аткарылат. Ошондо бирөөнүн жалгыз баласы атасын кыя албай, жегдесин улактын канына боёп барып ажого көрсөтүп, атасын
бекитип калыптыр. Камылга бүтүп, бир күнү дабыл согулуп, сурнай тартылып, жортуул башталат. О кезде жортуулга бүт эл бүт бүлөсү менен, малы менен көчүп жөнөчү турбайбы?! Баягы атасын бекитип калган бала да, атасын чоң сыр сандыктын түбүнө жаткырып, кызыл нарга дүнүйө катары артып алып, кол ичинде кошо жөнөйт.

Нечен күн, нечен түн жол жүрүп, ажонун көп колу ээн чөлгө туш келет. Көп кол бир ууртам суу жок суусап, курган опат боло баштайт. Каардуу ажо «Суу тапкыла!» деп катуу буйруйт. Ойду казышат, сайды казышат. Эч суу табылбайт. Ошондо бир жоокер «Оппо, каран күн ай! Же мындайды көргөн бир кары болсочу ичибизде?!» деп, кейип отура калган экен. Оюна тык этип, баягы атасын сыр сандыкка катып келаткан жоокер айсыз түндө сыр сандыкты ачып, атасына болуп жаткан акыбалды айтат. Ошондо атасы «Кудай алсын! Уй барбы? Уйду нары-бери кубалап күйүктүр, анан бирпас тынч коюп карап тур. Күйүккөн уй суу издеп жөнөйт. Ээрчий бас, уй каерге барып, башын жерге салып, жерди жыттагылап токтой калса, уулум, так ошол жерди каз, ошол жерден суу чыгат...» деп акыл айтат. Жоокер атасынын айтканын кылат, суу табат. Көп кол бөөдө опат болуудан аман калат...

Каардуу ажо көп колду андан нары айдап жөнөйт. Көп кол туштушунан көк дайра шаркырап аккан бир ажайып өлкөгө кабылат. Көп кол серуундөйт. Кыдырып жүрүп бирөө эки дайранын кошулган чатындагы терең көлдүн түбүнөн каухар таш көрөт. Бул ажонун кулагына жетпейби?! Ажо өзү келип карайт, чын эле көк иримдин түбүндө сары чолпон жылдызга окшоп жалтырап каухар таш жатат! «Алып чыккыла!» деп буйруйт ач көз ажо. Суучулдар көк иримге шуңгуп түшүшөт! Көбү кош дайранын агымы менен кетип, көбү «Жок экен, ажом!» деп, араң кайра чыгат. «Көрүнүп турганды жок дейсиң!» деп, ажо алардын баарынын башын алдырат. Эми эч кимиси «Жок экен» дей албай, көп кол улам тобу менен көлгө түшүп, кайра чыга албай, ушул жерде кыргын таба баштайт. Кеч киргенде жылып барып баягы жоокер сыр сандыкты ачып, айсыз

[1] А ж о — байыркы кыргыз башчысын ушундайча атаган.

түн жамынып отуруп, болуп жаткан окуяны атасына айтат. Ошондо кары «Кудай алсын! Ошол көлдүн башында бир дарак болуш керек, сен, уулум, дарактын башын тикте, каухар, көлдүн түбүндө эмес ошол дарактын башында болуу керек...» деп акыл айтат.

Эртеси жоокер көлдүн башына барат. Чын эле бир бийик чынар өсүп турган эле. Эң мурда бала көлдүн түбүн тиктейт, жалтырап каухар көрүнгөндө акырын өйдө кылып, болжоп, чынардын башына баам салат, көзүнө бир эски уя туш келет. Бала дароо чыкса каухар ошол эски уянын ичинде жатат. Көлдүн түбүнөн көрүнгөн каухардын нуру гана турбайбы. Бала каухарды ажого алып келип берип, көп колду ажонун каарынан ажыратып калат.

Шекчил ажо жоокерди айдатып келип, алдына чөк түшүрүп, «И, эки жолу тең арганы сен таптың. Кана, айтчы, мынча акылды каериңе катып жүрөсүң?» деп сурайт экен. Бала кысталат, чынын айтайын дейт дагы коркот, калп айтайын дейт дагы коркот. Эң акыры «Бир кашык каныбызды кечиңиз, о баатыр ажом! Бул акылды сыр сандыкка катып жүрөт элем...» деп жиберет. Ажо дароо жасоол жиберип, баланын сыр сандыгын дароо алдырып, оозун ачтырат. Ичинен ак күп жөжөдөй кары адам башын көтөрөт. Аяр ажо көп ойлонуп туруп, эки жолу кыстоо абалда акыл тапканы үчүн баласына да, атасына да канын кечиптир. Ажо сыр сандыкка эңкейип, «И! Эки акылды айттың. Эми үчүнчү акылга мага эмне демексиң? Кана...» деп кызыгып сураптыр дейт. Ошондо ак күп жөжөдөй кары «О, улук ажом, кулак сал! Же өзүңдө акыл болбосо, же жаныңда көптү көргөн бирөө болбосо жолго чыкпа. Жолуң болбойт, көп колуң бөөдө опат болот, акыры өзүңдүн кара башыңа күч келет...» деген экен. Ошондо ажо көп толгонуп, көп ойлонуп, сыр сандыктын түбүндө отурган акылга баш ийип, «Карынын кебин капка сакта!» деп, көп колду жортуулдан кайрып өз жерине жөнөгөн экен...

— Э-э, ал илгерки кары, — деп койду Кулкиши, — азыр ошондой кары барбы, азыр баары ашкеби!

Өзүнө кыйытылган кепти түшүнүп, Теңирберди кызыл ээгин ачып, кыкылдап күлдү:

— Те илгери бир баатырга да ушул сөз айтылган экен. «Үч жолу жаа менен кетмен тештим, үч жолу сепилдин темир капкасын ачтым, үч жолу күрпүлдөгөн дайра кечтим — мына бүгүн ушул сексейген сары кемпирдин от жагарымын» деген тура. « Карысаң мендей бол, кара жер менен теңдей бол, караңгы гөрдөй бол» деген ушу да, иним...

От жагары?! Бирине бири чымчып сөз жылдырып отурушкан тамашасын өзүнө алды Бекназар. Эмне кылат от жакпаганда?!

Сопу-Коргондон өрөөнгө түшүп, «чачылып кеткен» деген кошунду болушунча жыйнашка аракет кылды. Жо, баягыдай уюмдуу кошун болуп тура алышпай, нары да кыш убагы, жазга болжоп, ар ким өз айылдарына тарап, эл арасына тымызын сиңип кетишкен экен. Жүздөй киши гана чогулду. Тийип, качып, уруш кыла бермекчи болду Бекназар.

«Кече кара түтүн паланча жерден чыгыптыр», «бүгүн түлөнчө кыштакты кырыптыр» деген кабар шыбыралып, жел менен кошо тарап, элдин үрөйү учкан. Жолдон ат бура тарта албай турган оор кар. Кайда баш катмак?!

Жүз жигит, барында мылтык. Эл оозунда «кара тил» атыккан жазалоочу аскер кайсы багытка бет аларын акмалап, оңуту келсе буктурмадан капилет кол салышмак.

Бир күнү тоо этегиндеги бир ыктоодо өргүп жатышкан.

— Келе йатыры... — деп, дөңгө коюлган караол аптытып чаап келди.

Бекназар:

— Канчоо?

— Көп... үч жүздөй...

Буларга эсептебей мал союп, оокаттандырып отурган айыл аксакалы, үрөйү учуп, көз көрүнөө колу калтырап калды:

— Эми... айланайындар эмне кылабыз?..

— Жолун тособуз, — деди Бекназар, — төрт тарабынан окко алып, кырып салабыз биз дагы. Жатып өлгөнчө атып өл деген ушу.

— Ыя, — деди айыл аксакалы, — ушуну менен түгөнүп калса го?! Ушуну менен эле тынып калса го?!

Атка минди Бекназар. Тиги келип тизгинге жабышты:

— А бизчи?! Биз кантебиз?! Силер го кошунсуңар, атышасыңар, өлгөндөн калганыңар кетип каласыңар. А бизди эртең орус каратил келип, кырып, өрттөп кетет ко? Ок чыкмак түгүл, топ атчан көрүнүп калса ошол айылды тыптыйпыл кылып жатышпайбы, кокуй?!

Эмне дейт буга?! Унчуга албай тиктеп калды Бекназар. Тиги тизгинди коё берер эмес, эки көзү чакчайып, көзүнөн жаш көрүнүп, аны өзү билбей, жалынычы да, кыжыры да кошо, баулдап өксөп жиберди:

— Пайдаңар ушубу силердин?!

Бу жан далбас, «мени өлтүрүп, анан барасың» деген аргасыз өлөрмандык.

— Мейли, — деди Бекназар, — биз кетели, аксакал, тоссок башка жерден тосорбуз...

Тиги тизгинди кое берди. Биртке кошун кокту өйдө тоо тарапка кымырылып жүрүп кетти. «Ыя, элге биздин зыяныбыз тийе баштаганбы?..» деп, көңүлү сынды Бекназардын.

Бу дагы «жазды болжоп», «убактылуу» деп, биртке кошуңду өз-өз айлына таратып, өзү да үйүнө келген болучу.

Ушул азыр да тизгинине жабыша калтырап турган абышканын кебетеси көз алдында, үнү кулагында. «Ыя, бу кандай?! — дейт Бекназар дилинде. — Курал деген бирдемебиз бар колубузда, кошунбуз, колдон келишинче каршы урушуп келейаткан кишилербиз, бизге бетме-бет келишпейби, бизди кубалабайбы?! А жөн жаткан элде не күнөө?!» Ушу күнгө дейре эстен чыгара албайт, муну адилеттик эмес деп эсептейт. Ар ким «адилеттик» дегенди өзүнчө түшүнөт турбайбы?! Жөн жаткан элди кыруу өрөпкүгөн генералдар «үшүн алуу», «адилет жаза» дешет. Көп болгон соң, күчтүү болгон соң алар эмне кылса ошол «адилет иш», ким териштирет, кимдин алдында жооп бермекчи?! Мына Бекназардай кашкөйлөрдүн да элдин тукум курут болушу — үшүн алып, үку кылып үйүнө отуругузуп койду го?!

«Эл чогулат имиш, жыйын болот имиш» деген кеп угулду. Жыйын курулса, белгилүү, бир маанилүү кеп-кеңеш болот. Тез эле кабарчы келди: «Бекназар аке, эл чогулуп, топко келсин дешти...» деди кабагы салыңкы, сабыры суз. «И, кошунга алып кеткен балдар кана дешеби?.. Же дагы бир керегим тийип калдыбы?...» деген эки башка ой келди, унчукпай биртууганы Ыбрайымга ат токутуп минди да, кабарчыга кошулуп жүрүп кетти.

Демейде «жыйын» десе эл кара таан болуп кетчү эле, ошондой көп эл көзүнө элестеп барды Бекназар, Жо, Темене-Суу түзүндө үрөйү учкан, жыйынга эмес күндө тирилигине кийген кийим, үрпөйүп кырктай гана киши турат. «Чогула элек турбайбы...»

деди Бекназар. Бир топ атчандын алдында Абил бий да келе жаткан. Кишилер эки бөлүнө ат алып калышты. Бий дагы өзүнчө санаага эзилген сыяткуу. Экебүсүз учурашып, жөн жай сурашкан болду ооз учунан.

Жыйын ушубу?

Эрте жаздын ала шалбыртында эле эл кыштоолордон тымызын көчүп, болушунча жолу кыйын тоо аралап, көмүскө капчыгайларга пааналап кете башташкан эле го, булар ар суу элден, кыштоолордон увакил сыяктуу чогулган топ экен.

Ошол учурда Бекназардын көзү те нары жакта узун бойлуу төрт жигит замбилге отургузуп алып, топ башына бирөөнү көтөрүп келатканын көрдү. «Ким экен?» деген суроо көңүлүнө келип сайылды. Жандай бергенде боолгоду белем, «Э, бу жарыктык кайдан жүрөт?!» деп, замбилди карай жүткүнө бастырды. Алмамбет! Бир кезде, ордонун чапанын айрыган кере кулач алп далы шүйүгөн, чачы, кардай ак, эки көзү кызарып көнчөгү салаңдап, көсө эмеспи карыган арстан кебетеленип, замбилде отурат. Эки жакты «Ушунча да эл көп болобу?!» дегенсип, таңыркап карайт. Бекназар атынан түшүп замбилдин алдынан тосуп:

— Ассалому алейку-м... —деп салам айтты. Замбил көтөргөн алп мүчө жигиттер Алмамбеттин неберелери эле. Бекназарды таанышып токтоло калышты. Алмамбет жыртайып кызарган көзүн ымдалап, жаак териси шалбырап, Бекназар жакты тиктей берди. Бекназар анын колун кармап учурашты.

— Кайсы баласың?

Неберелеринин бири:

— Бекназар акем...—деп, анын кулагына катуу айтты.

Алмамбет:

— А түзүк!.. Бекназарсыңбы? Кем болбо...—деп алкап койду. Замбил дүүлүккөн элди аралап жөнөй берди.

Жыйын илгертен ушул түзөңдө өткөрүлөт, ортосунда топудай көрүнгөн сары дөбө бар, жыйын башкара турган ошо дөбөгө чыгат, эл жакалай турушат. Бу үрпөйгөн биртке топтон дөбөгө Адил бий, Бекназар чыгарылды, а Алмамбетти замбили бойдон көтөрүп барып коюшту.

«Кандуу көз кара тил кырып келейатса кантебиз? Жатып өлгөнчө атып өл болобузбу, же бир жакка көчө качып, жан арга кылабызбы?» Ортого салынар кеп ушул экен.

Эч ким дем тартпайт. Баарынын жүзүндө кооп, мурда сүйлөп, бу чалкеш мезгилдин оор жүгү, милдети кокустан мойнума түшпөсүн деген аярлык бар. Замбилдин ичине салган аюу талпагын алдына төшөгөн Алмамбет гана шүйүгөн далысы дүңкүйүп, жаак териси шалбырап, көзүнүн көнчөгү салаңдап, карыган арстан өңдөнүп, эчтемеден капарсыз. Бул дүйнөдөн артык баш эчтеме тилебей, курсагы тоюнса кубанбай, ач болсо күйүнбөй Күрпүлдөк-Сай ажайып жердин бир бурчунда кекилик менен эликтин арасында жай өмүр кечирип кала берген. Минтип жамы журттун тагдыры кыл таразага түшкөнүн, баш айланган ашууга келип кайда кулары белгисиз болуп турганын балдарынан, неберелеринен угуп, замбилге түшүп келип турганы.

Бири биринин эле оозун карашат, «муну мындай кылабыз» дегендей жулунуп сүйлөй албады эч бирөө. Акырын кобурашып, кай бири башка бир жакка көчө качуу туурасында асте кыңырылды, кай бирөө кайда көчөбүз деген айласыздын суроосун койду, чабышалы дейли дешсе чабышканды көрүшкөн, ага андагыдай биримдик

кайда, эл тырым-тыракай, ким кайда экенин бир кудай өзү билет, ким кайта бириктирет, качан бириктирет, а былк этпей тура берели десе бир четинен каратил жалмап келе жатса.

Бекназар суз, мурдагыдай эрдемсий албайт. Абил бий да кымырылат, өзү тымызын байланышы бар Абдырахман жактан чыгып жаткан «кайрадан газават» деген сөз бул жерге сыяр эмес, унчукпай аңдып отурат.

Алмамбет укканын өзү угуп, укпай калганын небересинен түшүнүп, болуп жаткан сөздү толук баамдап отурган эле. Тамагын жасап, эми бирдеме айтмакчы болуп, Абил бий жакты карай берди. «И? Эми гөрдөн туруп келген Алмамбети калдыбы?!» деп бирөө күбүрөп калды. Эл Алмамбетти карап, эл караган соң Абил бий карап токтолду.

Жүз жашаган Алмамбет оозун жарым ачып, демин араң алып, кургай түшкөн оозун кыбыратып, тамшанып, нуру түгөнүп бозомуктап калган көзүн алсыз ирмегилеп, чөккөн арык, алсыз нар сыяктуу мойнун саал көтөрүп:

— И-и... — деди акырын. — Уктум акыбалыңарды. Аттиң, башыбызга жаман күн туулуп калган экен го?! Э, Бекназар кайда отурасың?

Бекназар «Менин эмне керегим тийип калды?» дегенсип, бирок ордунан козголбой, кашын көтөрүп, Алмамбетти тиктеп калды.

Алмамбет башын өзүнчө ийкеп, бирдемени ойлогонсуп, эки ийнинен ашып оркоюп турган тизесине колун коюп, үргүлөп отургансып көзүн сүзүп, бир убакта:

— Гм... Менин атым Алмамбет... Кузгундун жашын жашадым...—деди энтиге. — Бекназар, кулак салчы бери...

Бекназар үн берди:

— Кулагым сизде, кутманым...

Жакын отурган эл дем тартпай, былк этпей Алмамбетти тиктеп калышты. Жай кезде, балким, эч ким мынчалык барк кылбас беле, элдин бар болушу же жок болушу ортого ташталып турган чакта чеки ойлогон киши болгон жок. Алмамбет сөзүн улады:

— Кызык эмеспи бу? Ушул жашка келип, өзүбүз токсон боолуу өзүбектен башка дүйнөдө башка түрлүү эл бар экенин билбейм. Сен жанагы жалмап келе жаткан орус дегенди өз көзүң менен көрө алдыңбы, балам?..

Бекназар эмне кыларын билбей калды. «Муну сурап эмне кылат жарыктык?!» деген ойго кабылды. А Алмамбет көзүнүн көнчөгүн салаңдатып, Бекназар жакка кулак төшөп, жооп күтүп көшөрдү. Бекназар басмырт күңкүл жооп кылды:

— Көргөм...

Алмамбет:

— Кай түркүн жан болот экен?.. —деп, аны сайын кызыгып сурады.

Абил бий карап отуруп, «Э, жараткан, пендеңди ушунча алжытасыңбы?!» деп, мыйыгынан күлдү. Бекназар суроого жооп берди:

— Жумуру баш, буту айры...

— И-и... Жаңдашат бекен, сүйлөшөт бекен?

— Сүйлөшөт. Өзүлөрүнүн тили бар...

— Кабагын бүркөйт бекен?

— Бүркөйт...

— Күлөт бекен?

— Күлөт, кутманым. Өз көзүм менен көргөм...

Абил бий баш болуп, болгон сөзгө күбө болуп отурган эл бакырып күлүп жиберишти. Кимдир бирөө тыйды. Алмамбеттин суроолору алдына угулуп, артына угулбай, эл бир аз дуу-дуу болуп, жүткүнүшүп калышты.

Алмамбет:

— Бекназар! Алжыган аваңдын кебине эринбей жооп кылып кой. Орус оокат жейт бекен?..

Бекназар аргасыз жылмайып:

— Жебей анан! — деп жиберди.

Алмамбет ойлонуп отуруп калды. Чекесинен чыпылдап тер чыкты. Небереси жоолук менен сүрттү.

— Э-э... —деп, өзү да астейдил таңыркады. Алмамбет, — бу орусуң жумуру баш болсо, сүйлөсө, ал деле биздей адамзаада турбайбы?! Кабагын бүркөсө — каарга жөндөмү, күлсө — ырайымга жөндөмү. Көр оокатка баш салса—алдайт экен, алданат экен. А кокуй, биздей эле көр пенде турбайбы?!

Эл дүүлдөп кетти. Кай бирөө баш чайкап, кай бирөө мааниге тен коюп, кай бирөө чала угуп калып, «Эмне деди? Ыя? Эмне деди?» деп ар кимдин оозуна кулагын тосуп, кай бирөө бу бир кылымдын жүзүн көргөн абышканын сөзүнүн артында бир маанинин учугу чыгып келатканын сезип, эл тынчтанды.

— О, кокуй, каралай көз калкым ай...—деп, кузгундун жашын жашаган Алмамбет маани улады. — Кырылгандын бетин нары кылсын. Көчүп, кайда тентиреп барасың?! Адамзааданы жакшы сөз атынан түшүрөт, жакшы оокат жибитет, достун тонун кийип, ошол орустун өзүн алдынан тосуп чыкса не болот?..

Эч ким сөз аралаштырбай, баары Алмамбетти карап, жыйын дым боло түштү. Эч кимдин түшүнө кирбеген ой!

Алмамбет:

— Адамзаада бирине бири үйралат, бири биринин сырын алат, бирине бири көнөт, жытыгат. Ырыс оошот, акыл жугушат...

Жакын отурган кадырлуулардын бири эки көзү чекчейип, ордунан тура калды:

— Йе, кагылайын бир кудай! Мына бу «өзүнө өзү бий» пендең акыл таап отурат ко?!

Дагы бирөө:

— Айла жок мындан башка!

Дагы бирөө:

— Ок атсачы каратил орусуң?

— Атса атканын көрөбүз, «жатып өлгөнчө атып өл» болот, аны көрөбүз...—деп, көгүнө таянды бирөө.

Эч кимдин Абил бий менен иши жок. Тегерете карады алдыртан. Ыкташары көрүнбөйт, ийменери сезилбейт.

Алмамбет:

— Э, Бекназар!

Бекназар:

— Кулагым сизде...

Алмамбет обдулган арстандай сүрдүү:

— Сенден башка ким жарайт?! Балам, көтөр көкүрөгүңдү, орустун алдын сен тосуп чык!

Бекназар:

— Мен бул дүйнөнүн ойнунан кайткан элем, жарыктык, башка бирөө барсын...

— Ошент, балам,—деди Алмамбет, баатырдын сөзүн укпай калдыбы же угуп эп көрбөдүбү, кесе сүйлөдү, — орус ок атса биринчи жыгыл, сөзгө келсе жүйө тап, элиңдин эртеңки күнүнө аралжы бол. Сага башка жол жок, сени эр жигит дейт...

Жок дей албай туруп калды Бекназар. Увакил эл: «Туура, аргасыздын жан соогасы...» дешип кобурашып, карынын кеби бүтүм болгонсуду. «...ок атса биринчи жыгыл...» А бу сөз баатырдын өчө баштаган эр кайратына от тамызгы бергендей болду. «Мына сенин эң акыркы милдетиң...» деди дили өзүнө.

* * *

... Сур жаа, күмүштөлгөн бир кучак саадак... Бүгүн жаңы көргөнсүп, бир сыйра көздөн өткөрүп, кош миз кылычты сөөмөйлөп сайып коюп, не касырет, не көтөрүңкү көңүл толкуну, көмөкөйүнөн дили купуя куу тартып, далысы дүңкүйүп, желбегей быязы чоң чепкени акырын чайпалып турду Бекназар. Дагы бу көөнө буюмдарга көңүлү имерилип, дагы те качан ырдалып кеткен ырдай өткөн көөнө өмүрлөргө ой- кыялы аралашып тургансыды.

Дагы эле Каныш билбеген сырлары барбы бу азыр урунулбай калган буюмдардын?! Укканын гана билет, а баатырынын сыр сандыгында дагы канчасы катылып жатты экен?!

Өзү торгой, аты ыргай болуп арып, дүпүрөгөн жигиттер жок жанында, кошундан келген чагында, албалын айттырбай билип, баатырынын жаны келгени анын олжосу, көңүл ачып, көкүрөк ачып тосуп алган Каныш. Ошол боз тумандуу күндөн бүгүн гана баатырынын көзү баягыдай тик болуп, үрөйү ачылып да, жумшарып да, көңүлүндө дагы бир албан максат пайда болгон го, озүнчө күүгө термелип турганын биринчи байкап отурганы. «...орустун алдын сен тосуп чык.. жүйө тап...» дешкен экен го, ошонун камын ойлонуп жаткан турбайбы...» деп койду өзүнчө.

А баатырынын дили «ок атса биринчи жыгыл», муну айткан адамдын үрөйү көз алдында, каргыл үнү кулагында, «... куп жакшы, жакшы жүрмөк оңой, жакшы өлүм тапмак кыйын, куп жакшы...» деп турган.

— И, эмне куп жакшы? — деп калды эң акыркы сөз кулагына илине калган Каныш.

Зайыбын элтейип тиктеди Бекназар, «эмнени сурадың» деген кыязы, өзүнчө бир ой-кыял толкунунан али чыга албай. Такый албады, бир сырдуу жымыйып тим калды Каныш.

Бир убакта:

— Э-э-э... — деп, бир коңур эски күү ыргагын акырын созуп калды Бекназар.

Жарк этип карады Каныш.

— А... бир окуя көңүлүмө түшө калды... — деп койду Бекназар.

— Кандай окуя?

Бекназар жымыйып башын ийкеди, «ошондой окуя» дегени. Каныштын жан жылыткан оштонгон көзү аны буйтатпай имерип, «а кандай окуя» деп, такып суранып, өкүм кылып турганынан өтө албай, дагы жымыйып башын ийкеди, макул болгону.

— Э-э, Канышым, — деп баштады Бекназар, — биздин жашаган өмүрүбүз, биздин көргөнүбүз оңой болгон жок — жакшы менен санаалаш да, жаман менен маңдайлаш

да болдук, кол баштап жоо да жеңдик, жеңилип анын касыретин тарттык. Баары бир ал көөнө мезгилде болуп өткөн окуялар, жашалган өмүрлөр өтө эле бийик, биз жашаган өмүрүбүздү, баштан кечирген окуяларыбызды жан тер чыккан паста жөө жүрүп өткөргөнсүйбүз, а бабабыз ат үстүндө, сыпаа, бир түркүн дымактуу кыял менен өткөндөй го?!

Бу ой агымы ага көптүк кылып, толук андашка чаркы жете албай элтейди Каныш.

— Э-э-эй, — деп, ырдай тургансып көтөрүңкү үн таштады Бекназар, — Көлдөй бий ошо ат үстүндөгү байманалуу өз заманында өз өмүрүнүн өтө бир кызык учурун өткөргөн экен... — деди, өзү берилип, көңүлүнө толкун күү келип сөз кылды. — Нары бий, нары дөөлөтман, нары жашы отуздан жаңы ашкан өмүр ооматы гүлдөп турган жигит агасы убагы турбайбы,
Таластан төмөнкү Сары-Суу чени го, көңүл ачмакка бир кыз тоюна чакырылып калат экен...

И, кыз тою?! Көңүл жилбиси ашып төгүлдү Каныштын. Бекназар:

— Ыры, өлөңү менен шааниленет ко кыз тою?! Башында кере карыш жылкы кундуз бөрк, таркан белги жыга, Көлдөй бий тыштан көшөгө тушуна барып, тою түшүп отурган кызга болжоп өлөң айтып, салт өтөгөн дейт...

Леп босогого барып, оң колунун бармагын оң кулагынын көнчөгүнүн артына алып, өзү ошол кыздын тоюнда өлөң баштап тургандай көңүл толкунуна кабылып, оозуна ыр келип түрмөктөлүп, үн көтөрө шандуу таштады Бекназар:

Э-э-эй...
биз келиппиз тоюна бактуу кыздын,
тоюна той, багына бак кошулсун,
алган жубу, кирген үйү жарашып,
мол кылсын көкө теңир ырыскысын...

Э-э-эй...
өнгөн, өскөн улук журт алтын ордо,
жергебиз жер үйүгү ала тоо го,
кур эмеспиз, бактуу жан, тоянаңа,
коштой келдик күмүш жабдык сурдан жорго...

Кыз жооп кылыш салт экен, нары да тың окшойт, күйөө жанында отурган кыз кыйылбай жооп кылган дейт.

Э-э-эй...
куш келипсиз тоюна бактуу кыздын,
көтөрүлсүн көңүлү, көркү ачылсын,
жолуккандын алдына жорго тарткан
жоомарттын жолун теңир ашырсын...

Көлдөй бий:

Э-э-эй...

өлөң айтмай, жар айтмай салты экен,
көшөгө ачмай, зар чачмай наркы экен,
бир капилет серпилсе үлпүнчөгү
көрүп койсок кыз көркүн шарты бекен?...

Кыз:

Э-э-эй...
санааңыз сулуу көрмөк көз кубантып,
биз бечара не кылабыз сындалып?!
болбосок сиз эңсеген Кыз Дарийха,
каларбыз сиз да уялып, биз да уялып...

Кыз баланын сандугач сыңары көмөкөйү балкылдап, көңүл гөйү көлкүлдөп айткан өлөңү, бир түркүн муңканган авазы, сөз мааниси далайды көргөн өлөңчүнү не түркүн көңүл ташкынына учуратпайбы?! Туурдуктун каттооун биртке ачып көз салса кыз кырмызы гүлдөй толукшуган өтө көрктүү жан имиш, аны сайын эргип өлөң улаган экен.

Көлдөй бий:

Э-э-эй...
гөйгө түшсүн төрт түлүк, жыйган дүйнө,
көңүл тапса күнүгө үч уйрүлө,
келер белең көрктүү жан, жаркынына,
жер үйүгү ала тоо салкынына?..

Кыз:

Э-э-эй...
өнгөн, өскөн улук журт алтын ордо,
жергеңиз жер үйүгү ала тоо го,
өткөрбөй эсип өмүр, бийлик, дөөлөт
көрүңүз дагы убайын кыз жөөлөп...

Э-э-эй...
биздин күйөө, өзү баатыр, олтурат,
санаасы тынч, ныксырап, уйкусырап,
ушу болсо көрөр күн, тагдырыбыз,
биз айтышкан сырлуу өлөң не кылат?!

Көзүнө жаш келип, жашын жашырбай, жүзүн качырбай, арман гөйүн билдирген дейт.

Көлдөй бий:

Э-э-эй...
түлөк куш бөктөргөдөн илгир дешет,

кадыр билги көңүлү дилгир дешет,
илип кетсе куткарып той торунан,
арачалап эртең көрөр шорунан
бир азамат оюу, бою келишкен,
не демекчи күмүш канат көгүчкөн...

Кыз:

Э-э-эй...
бааланып бай малына торго түшкөн,
не демекчи күмүш канат көгүчкөн,
кыз көңүлү, келе жагы караңгы,
жаш төккөн, жаш күнүнөн үмүт үзгөн...

Э-э-эй...
түлөк куш бөктөргөдөн болсо илгир,
кадыр билги көңүлү болсо дилгир
жылытар бешенесин күнгө карап
серпилбейби көгүчкөн күмүш канат?!

Сурабай, кыстабай, көзү гана оштонуп, өзү да бир ширин ой-кыялга кабылгандай, окуя артын күтүп отурду Каныш. Бекназар:

— Муну эл салт катары көрүшүп, «кыз кыйын айтты», «бий кыйып айтты» дешип бакырып күлүп калышат. А эртеси багымдат намазынан соң жергилик элбегилерге: «Кыз тоюн токтотпойбузбу?» дейт экен Көлдөй бий. «И? Неге?» дешпейби?! «Кызыңарга көңүлүм түшүп калды...» дейт. «О-о, көркке кимдин көзү түшпөсүн?! Көз түшсө эле тойду токтото бермекпи?!» деп калышпайбы?! «Күйөө тарапка калыңын кайтаралы — үч эсе, кыз тарапка калың берели — үч эсе. Буга кошумча ар бир тарапка үчтөн төөгө жүктөлгөн өлү дүйнө, буга кошумча эки орточуга жасалгалуу эки жорго!» дептир Көлдөй бий. Кимди азгырбайт ушунча мал, ушунча мүлк?! «Ыя, сүйлөшүп көрөлүчү...» дешпейби, түшкө жакын эле той токтойт.

— Ко-оку-үй, — деди Каныш күлө, таң кала, көңүлү макул да боло албай, — кыз байкуш не дейт эми?...

Бекназар:

— Э-э, энеси кулагына шыбырайт: «... кечеги өлөңчү мырза көңүлүңү сураптыр, босогоңо келген багыңы эми тебе көрбө...» Кыз не демекчи?! Котостун мамалагындай түркөйдөн иренжип отурса өзү — ичи жымырайт! Күйөө тултундабайбы, атасы: «Э-эй, кой, байдын кызын алып берем мен эми сага!» дептир дейт.

Эрдикпи, зордукпу — биле албай отуруп калды Каныш.

Бекназар:

— Үч эседен төрт түлүк, үчтөн төөгө жүктөлгөн өлү дүйнө чыпчыргасы кемитилбей берилет, эки орточуга жасалгалуу эки жорго мингизилет, ага кошумча ордонун кымкабынан бирден сарпай кийгизилет. Чыпчан бир ай ичинде атасынын төрүндө тоюн өткөрүп, ак никелеп, алып кеткен экен Көлдөй бий.

Каныш:

— Биздин энебиз не деди экен?

— О-х-о-о, — деп, кубана чамгаракты тиктеп, күлүп алды Бекназар:

«А азгырык, таркандын көңүлүн азгырганга жараган кыз сенсиңби?» дептир, ээгинен өйдө кыла көрүп, «а түзүк» деп, аты Жибек экен, Суусамырдын төрүнө өзү көтөртүп койгон үйгө киргизип, өзү отко май салып, «мына очогуң, мына казаның» деп, үй-бүлөгө кошуп алган экен энеңиз Толу бике байбиче.

— О-о, кыйын болушкан экен го илгеркилер?! — деди Каныш. — «Никелеп ал» десең эптей алышпайт эмикилер!

Күлүп калышты. «... ок атса биринчи жыгыл, атпаса жүйө тап...» дегенгеби, не түп атасынын шарлыгынабы, иши кылып, баатырынын көңүлү ашкере ачык, Канышка ошол олжо.

III

Исхак даргага асылган соң Кудаяр менен Насирдин ар бири «Эми мени отургузат ордого...» дешип, ар кимиси өз алдынча камылга көрүп,

«Менден мурун сүйлөшүп кетпесин...» деп, биринен бири кызганып, эски адат боюнча «хан көтөрүлө турган» ак кийиздерин төөгө артына келишип, Маргалан бегинин идарасына токтогон жарымпашанын эшигин сагалашкан болучу. А жарымпаша аларды кабыл алып сүйлөшмөк түгүл тигил экөвү жарыша таазим кылганда атайылап, көрмөксөн болуп, эч көңүл бурбай койгон.

Мына ошол учурда «Орустар Түркстан эллин ырайымсыз түрдө кырып жоюп жатышат» деген жүрөк түшүргөн кабарлар Европа өлкөлөрүнүн басма сөздөрүндө пайда болуп, окумал чөйрөлөрүндө кеңири кепке айланып, кырылган элге боору ачуу, андан өтүп кыжырлануу күндөн күнгө көбөйө баштаган болучу. Бу кабарларга Гөк-Тепедеги түркмөн тайпаларын кыруу, Самаркан, Анжиян шаарларын кыйратуу, Найман, Масы кыштактарын тыптыйпыл өрттөө негиз болгон. Маселе Дүйнө Лигасында каралууга өткөн.

Бирок, ким эмне дебесин, тыякта Бухара, Хийва Россиянын алдына вассалдык абалга мажбурланып, быякта эски ордо да, көтөрүлүш да канавайран болунуп, негизинен ойлонулган оторчулук «экспедиция» деп аталган чоң компания жүзөгө ашырылып калган эле.

Эми кадыры аны сайын өйдөлөгөн жарымпаша өзү «тарыхый» деп эсептеген бул ийгиликти биротоло бекемдешке, кантсе да, туземчилердин[1] көзүнө да, тышкы чуу көтөргөндөрдүн кулагына да биртке ишенерлик, биртке көңүл алаксытарлык, шылтоо болорлук кылып, мыйзамдаштырып» бүтмөк аракетине киришти. А кокон ордосу ээсиз турат, демек «келиштик» дегидей бир кагаз жаза коё албайсың, а жөн эле «басып алдык — болду» десең сөз ырбай берет. Ушунча күч жумшалган соң бул өлкө Россиянын кол алдына каратылып алынышы керек, капитуляцияга кимдир бирөө кол коюшу зарыл.

Керек учурларында бирине «Высочество», бирине «Дворянин» наамдары берилген Кудаяр, Насирдин кол коюшка укугу барбы? Жок, себеби алар өкүмдарлыгынан ажырап калышкан кишилер. А «полковник» Абдырахманчы? Ал жарымпашага ыңгайлуу болгону менен өз элинин оозунда «саткын» аталып калган, анын кол койгон кагазы «шылтоого» жарабайт, ич ара тынчыбайт.

Жарымпаша Кауфман I көп ой толгоолордон соң өлкө ичинде ошол күндө кимден да болсо кадыр- сыйы өйдө, өз чөйрөсүндө «канике» аталып калган Курманжан даткага киши салып көрүүгө көңүл токтотту.

Будан өтүмдүү, укуктуу инсан калган жок, өзү көтөрүлүштүн өтө ишкер уюштуруучуларынын бири, уулу Абдылла бек Исхактын эң жакын адамы болуп, аскер ишинде да, ордо ишинде да чоң мансап ээлеген. Бул аял кол койгон ар кандай кагаз, мейли башсыз калган ордонун наамынан делинсин, мейли жеңилген көтөрүлүштүн наамынан делинсин, бу жергилик туземчилдердин ичинде да, тышта да, алда канча көтөрүңкү таасири, баасы болбой койбосун болжоду кыраакы жарымпаша.

Тез эле «атын укса ыйлаган бала эси чыгып сооронот» делген каардуу генерал Скобелевге Курманжан датка айым менен кантип да болсо байланыш жасап, багынуу

[1] Туземчи — туземцы, оторчулар жергилик элди ушундайча аташкан.

жөнүндө сүйлөшүү жүргүзүүгө катуу тапшырма берилди. Көмөкчү, ортоочу болсун үчүн войсковая старшина Шабдан Жантаев кошулду. «Кантип да болсо, сый кеп мененби, кыйноо мененби, иши кылып, бу азиялык амазонканын баш бармагын «багындык» деген бир барак кагазга бастырып келсе болгону» делинди.

* * *

Тоо эли кырдан көрүнгөн адамдын ат бастырганынан эле өзбү, чоочунбу, жер чалып жүрөбү, мал издеп жүрөбү, алыстан баамдап турушат.

Эң алдында ак байрак, жай ийрилип чубап, тоо катмарын аралап, бүт элге ысмы белгилүү Шабдан атынан датка айымдын турагын суроо салып жүрөт орус отряды. Тууган атын бетине кармап келген жанкечтилер болушу да мүмкүн.

Учу шиштелген жыгач найзалуу жыйырма беш атчан — Шабдан Жантаевдин жигит-желеңи, дагы он чакты атчан орус, ичинде бир чиндүү төрөсү бар. Чиндүү төрө оболу бир мерте жүз көрүшүп, ыктуу кеп тартып келиш үчүн, ийиксе сүйлөшүү жүргүзө бериш укугун берип өз штабынан генерал Скобелев жөнөткөн майор Ионов. «Орус отряды» деген ушу, өтө эле кооптоно беришке себеп жок.

Аксакалдуу кишилерди алдынан чыгарып, кадыр-сый сездирип, миң катмар улуу тоолордун бир көмүскө жерине отрядды тостуруп алды датка айым.

Шабданга өзүнчө өргөө, жыйырма беш жигитине беш боз үй, чиндүү төрөгө тилмечин кошуп бир өргөө, жанындагы беш аскерине бир боз үй — өзүнчө эле бир айыл экен.

Өзүлөрүнө арналган үйлөргө киришип, төшөк- жаздык жетиштүү, союш даяр, чоюлуп жатышып, сыйлуу конок болушуп, баары бапырап оңуп калды отряд.

Ар бир үйгө кызмат кылган кишилер, дикилдеп жүрүшөт. Те алысыракта айылдын төрт тарабынан күзөткөн куралдуу жигиттер көрүнөт, баары атчан, баары куралдуу.

Майор Ионов тилмечин жанына алып Шабдандын өргөөсүнө келди. Өргөөнүн түрүлүп турган эшигинен куралдуу кишилерди Шабданга көрсөтүп койду:

— Буларын кимдери десек болот, урматтуу Шабдан Жантаевич?

Шабдан тилмечсиз эле түшүнүп, көзү күлүңдөп жымыйып:

— Бизди кайтарышпайбы?! — деди акырын. Тилмеч которду. Майор Ионов:

— Биз сүйлөшө турган адам али көрүнбөйт ко?

Тилмеч которду. Шабдан дагы эле жымыйып:

— Чарчап келдик биз. Эс алышсын деди. Туура, кайда шашабыз?! —деп койду. Тилмеч которду. Майор Ионов:

— Мындан келди, булар эмес, биз сурап жүргөн турбайбызбы тынчылыкты?! — деди иреңи саал кирдей. Тилмеч которду.

Бу сапар Шабдан жымыйбай:

— Тынчылык эки жакка тең керек,—деди да, жаздыкка кайра чыканактай баштады.

Жоопту тилмечтен угуп, бир аз улутунуп, генерал- губернатор өзү кошкон киши менен такыкташка андан нары батына албады белем, башын ийкей коштошкон түр кылып, кайра чыгып кетти.

Эртеси эрте бир оор топ атчан айылдын четине келип, аттарынан түшүшүп, акырын жай бери басып калышты, ичинде ак элечек көрүнөт.

«Келди...» деди Шабдан ичинен, тышка чыкты, эшикке жакындап калышкан экен, бир ак сакалдуу:

— Ассалоому алейку-ум...—деп, кыраатын келтире салам айтты. Шабдан алик алды, эки көзү алтымыштан ашып калган буудай өң байбичеде, байбиченин көзү да жаздым кылбай аты ага алыстан угулган жигит агасы курактагы Шабданга эч кимди тик карабаган калыбында астыртан баам салып алган. Эки көзү күлүңдөгөн, дайыма эки уурту жымыйып турган мырза Шабдан, үстү-башындагы орус аскер төрөсүнүн кийими баарынын көзүн ала чакмак кылгандай, көздөр ага уламдан-улам имерилет.

— Ке-ел, бекзаада, куш келипсиз, бекзаада...— деп жанагы ак сакалдуу жадырап, Шабданга жылуу кабак көрсөтүп калды.

— Куш көрдүк, куш көрдүк, туугандар...—деди Шабдан ийкем менен.

Өргөө эшигин ачты бир жигит. Баары датка айымдан кийин дешип, ага жол берип калышты.

Курманжан датка саал кол жазгай ишара кылды:

— Кана, Сиз меймансыз...—деди Шабданга.

Сылык Шабдан биртке шашыла:

— Жо-о, апай, Сиз... Сиздин жолуңуз улук, апай...

«Ыракмат» дегенин саал баш ийкөө менен туйдургандай болду да, алланын атын купуя өзүнчө айтып, босогону аттады датка айым.

«Келиң...», «төргө чыгың» болуп жаткан учурда майор Ионов келип, киргенинче өзүнөн бир чин өйдө Шабданга колун чекесине ала урмат көрсөтүп калды. Шабдан:

— Бу Искебүл пашанын жанынан келген адам... — деп саласал кылды. Ионов эңиле кала, датка менен учурашкысы келипби, өзүлөрүнүн аялдын колун алып сыртынан өөп ызат көрсөтмөй адатын кылайын дедиби, колун суна калды. Датка айым кашын көтөрө ылдый тиктеген боюнча, эки колу боорунда боюнча былк этпеди. Майор колун тартып, саал мустарап болуп калды. Бирок, баары байкамаксан, баары билмексен.

Улуулата, барктуулата ыкташып төрлөшкөн соң Шабдан мандаш токунган тизелерин таяна кыраатын келтире куран окуй баштады. Кимдин арбагына аталып окулуп жатат?

Баары тымтырс, кыраатка эригендей, термелгендей, баарынын жүзү момурай калды.

Шабдан куранды Алымбек датканын арбагына атады, баары, өзгөчө ак сакалдуулдар дуулдап, жүзгө бата тартылды.

Курманжан датка дагы баш ийкеп, «ыракматын» дагы ошону менен билдирип, анан:

— Көп жыл өткөн датка агаңыздын арбагын эстеп койгонуңузга бу отурган туугандары ыраазы, — деди асте, — өткөн күздө кан көз паша Искебүл чапкынында шейит болгон азаматтардын арбагына, эңкейген кары, эмгектеген бала калтырылбай бөөдө кырылган элдин арбагына да куран атап койгонуңуз эп болор дейм, бекзаада?

Кай бирөөлөр бирин бири тиктешип алышты. Шабдан башка сөзгө өтпөй, көзүн сүзө, аны сайын кыраатын созо куран окуп кирди. Дагы баары тымтырс.

Ушул убакта майор Ионов тилмечи менен өзүлөрүнчө күбүрөшүп сүйлөшүп калды. Шабдан саал ал жакка жүзүн бура көз кыйыгын салды. Тилмеч тез сезип токтоп калганда майор Ионов «эмне болуп кетти» дегенчелик, эки жакты карана, ага тиги датка кемпирдин саргылт жашыл көзү кадалып турганын көрдү, «эмне болду мынчалык жек көрүп карагыдай» деген ойго кабылып, ичтен бушайман.

Шабдан куран аягында «шейиттердин, бөөдө өлүм болгон карылардын, наристе балдардын арбагына...» деп, ошол жерде каңырыгы түтөй, үнү дирилдеп, жүзүнө бата тартты. Баары дуу коштоду.

Биртке көңүл жылыды ушундан соң.

Курманжан:

— Жакшы жатып жай турдуңарбы? Муктаждык жокпу?

Шабдан:

— Кудайга шүгүр! Не муктаждык болмокчу?!

Бу жолугуу жай сурашуу сылыктыгы эле болучу.

Датка айым коштоп жүргөн кишилерин бир сыйра тиктеп койду, бу «кетели эми» дегени. Шабдан санааркагансып ойлонуп калды. Бу анын «сүйлөшүү качан болор экен» дегени.

Курманжан:

— Сиз жөн-жай адам эмессиз, Сиз мынчалык арага түшүп келиваткан соң, биз буга маани бербей коё албайбыз, биз ойлонушалы өзүбүзчө...

Жымыйып тиктеп, акырын баш ийкеп, «күтөлү, күтөлү» дегенди купуя түшүндүрүп калды Шабдан.

Тышка узатып чыгып, кош айтышып, өргөөдө бирдемеси унут калгандай шаша басып кайра келди. Майор Ионов кабагы бүркөө, тилмечке бир кеп айтып отурган. Шабдан ага атырыла тиктеди:

— Бу Сиз, майор, жакшылык сөз сүйлөшкөнү келгенсизби же... кепке келишишти бузганы келгенсизби?! Бирпаска тек отура албай...

Тилмеч которду, майор Ионов жаакташа турган өңдөнүп келип, ошол замат көңүлүнө «а кокус, сүйлөшүү терс айланып калгыдай болсо, бу орус офицеринин кебин кийген дымактуу абориген урматы улук губернатордун өзүнө чагымдап коюшу мүмкүн» деген чоочулоо келип, асте токтотту өзүн.

— Кечирип коюңуз, кадырлуу Шабдан Жантаевич, мен билбестик кылыпмын... — деди ал. — Макул, датка айымдан кечирим сурайын, макул.

— Жөн болуңуз эми, — деди ага Шабдан, — кечирим сурасаңыз көңүл ооруганга себеп болгон этиятсыздыкты кайра эсине салат, ооруган жараны кайра ырбатат, билмексен болуп, кабагыбызды жарыгырак тутунуп жүрөлү эми, майор!

Тилмечке батыл кейиди Шабдан:

— Сага эмне болду, куран окулуп жатканда кобурашып?! Сен билесиң го?! Мусулман баласысың го?! Шейиттерине, бөөдө кырылган элге ататып куран түшүртүп жатышса, анын үстүнө...

Мелтейип укту тилмеч, эки жак кайрадан кырылышса да анын күйөр жаны жок сыяктуу.

Чыгып кетишти, өз жатак жайына барышканда майордун сураганына Шабдандын кебин бурмалап которду, Шабданды жамандап көпкө күбүр-шыбыр кылды. Майор Ионов башын чайкап отуруп:

— ...Кобурашканыбыз чеки болуп калган экен...— деп, калыс ою өзүн жеңип, бир аз бушайман болду.

Ошол күткөн күндөрдүн биринде майор Ионов эриккенден өргөө эшигинде те алыста шаңкайган мөңгүлүү тоолордун башын тиктеп, акырын нары- бери басып турган. Аны абдан таң калтырып, бир ирeңи да кара, сакал-муруту да көөдөй кара, көзү

алагар киши ошол арага имерчиктеп, улам аны каранып, имерчиктеп калды. Байкап турду майор Ионов.

Кара киши акырын кымырылып, тилмечке айланчыктап, андан бу орус төрөлөрдүн быякка келгендеги максатын тилмечтен чекмелеп сурап, четин уккан соң өзүнчө эле кызаңдап, нары басып үңкүйө, ошондон нары кете бере албай кайрылып, тилмечтин көзү көзүнө чалына түшкөндө «быякка чыксак» дегенди тымызын баш ийкей ишара кылды. Тилмеч капилет шабырт алгандай чукчуюп тиктеп, ал дагы мындайды көп көргөн, өнө турган тешик аңдып жүргөн эргулдардан экен, «жашырын сүйлөшсөк дейт окшойт» деп болжоп, бирок, «ким билет мунун ичинде кандай жылааны буралып жатканын, сүйлөшүүгө бөгөт болсун үчүн бу кузгундай кара неме буйгада ким көрдү кылып салса ким билет» деген аярлыгы аны токтотту.

Бир убакта кара киши тилмеч менен күлүп сүйлөшкөнгө жетишип, бир нерсе жөнүндө макулдашкандай баш ийкешип, анан жыла басып кымырылып кетип калды.

—Ким бу?—деп сурады майор Ионов.

Тилмеч күлүп койду:

— Бир кызык киши...

Кызык киши эл аягы басылган ченде дагы кымырылып өргөөгө жакын келди, тилмеч майорго көзүн кысып койду да, тышка лып чыгып, аны кароолдон өткөрүп, өргөөгө алып кирди.

Те босогого чөк түшүп, төрдө кыңкайып жаткан «төрөнү» алаң-алаң тиктеп, шилекейин жутунуп отуруп калды. Тилмеч ага башын ийкеди:

— Не? Не айтмаксың? Бу киши тил билбейт, коркпой мага айта бер, не айтмаксың?

— Бурадар, —деп, мукактанып, жүрөгү лакылдап, демиге кеп урду кара киши акырын. —Ыя, эмне, ушу катындан бөлөк бир эркектана табылбай калдыбы сүйлөшөргө?..

Тилмеч дароо кызыга түшкөн кебете кийип, «сүйлөй бер» дегендей башын экчей, тирмейип тиктеп калды.

Кара неме:

— Эмне, биздин бир жесирибиз Курманжан! Биз менен сүйлөшсүн төрөлөр, биз деле айтканына көнүп, айдаган жагына жүрүп, көздөгөнүнө жарап беребиз төрөлөрдүн...

Мунун ким экенин ошол замат билди тилмеч, мындай түркүн кишилердин далайын тоногон, дароо өтө ойлонуп калган кебете кийип, кайра тымпыя имерип тиктеп, бир убакта:

— Не, силер менен сүйлөшсө не жарабасын?..— деп, аста мыңкылдап, кеп ээрчитип койду.

— Йа, айланайын,—деп жиберди кара неме чоң кара көрпө бөрк алдынан эки көзү чакырайып, — жанкебиңди ысытам, айтып коёюн, ушул ишке жарап бер, айт азирет төрөгө...

Тилмеч тишин ырсайтып, купуя күлгөн болуп койду.

Кара неме:

— Баары бир бу куу катын орустун талабына макул болбойт, айласы жок бүгүн макул болсо да, кийин ак кызмат өтөбөйт, булар журт бийлеп көнүп калышкан, эки тизгин бир чылбырды бирөөгө оңойлук менен бере коюшпайт. Мына ушундай, бурадар. Бир баласы Ооганга өтүп кеткен, оруска карап бермек тургай күнүгө жолун

карап, качан Абдыллам көп аскер баштап кирип келет деп, күтүп отурат бу. Биз билебиз го, кокуй...

Жанагы кызыга түшкөн кебетеси өзгөрүп, сөзгө кайдигер болуп, а түгүл «бабырай берет турбайбы бу» дегендей, кыжыры келе баштагандай үңүрөйгөн кабак көрсөтө баштады тилмеч. Кыйды неме мунун көңүлүн эмне өйүп турганын баамдады:

— Ырас! — деп жиберди. — Ырас, куру аякка бата жүрбөйт, ырас, биз дагы сый билген кишибиз, бурадар, андан кадырыңыз жам болсун, бурадар... —деди да, ордунан карбаластап туруп: — Баары даяр, макул, мен үйдүн аркасынан сизди күтүп алайын, макул, бурадар...—деп, кымырылып тышка чыгып кетти.

— Эмне дейт бу баятан бери? — деп сурап калды майор Ионов.

— Даткасын жамандайт.

— Мунусу жакшы,—деди майор Ионов.

Тилмеч жым дей түштү:

— Кеп тартышка сизден өтүнө албай турам.

Бул эшикке чыгуунун айласы эле.

— Сырын тарта бериш керек. Жигин таба бериш керек,—деди майор Ионов.

Бир аздан соң тилмеч сыртка чыкты. Чыдамы кетип, сийгелектеп турган экен, кара неме тилмечти леп жандап, үй артынан нары дагы обочо баштады. Тилмеч кыйыктанган да болуп койбой, чоочуганы да жок, караңгыда бир ууртун тартып, тымызын жымыйып басты. Көп буйдалышпады, Ионовдун алдына кайра кириште.

Кара неме улага ченге келип, от ичкериштирген болуп калды. Тилмеч акырын көпкө сүйлөдү, майор Ионов башын ийкеп, уюлгуган кара сакалчан кишини улам тиктеп коюп, өзү да бирдеме айтып, пикир алмашкандай отурду. «Йа, алла, барсыңбы? Бизди да алкулум де, йа алла! О жылы ордодон сый тон кийсе, кече эле амир Музафардан датка атагын алса, ыя, бүгүн орустан чен алып кетеби бу куу катын, ыя? Бизге кана? Биз да пендебиз, йа алла, теңшегейсиң!..» деп, кара неме тиги сыпаа сары мурутчан төрөнүн алдына бүк түшөр, балбалактап ыйлап берер абалга келип, сасык тер кетип, тула бою дүрүлдөп отурду.

Майор Ионов аны имере тиктеп:

— Ну, ким болосуз? — деп, орусча сурады. Тилмеч которду. Кара неме чөк түшө калды, башынан чоң кара көрпө бөркүн шап колуна ала коюп:

— Ысмым Карасакал, таксыр. Эл бу сакалымдан улам да «кара сакал» деп коюшат... — деп, арбайган кашынын алдынан көзүн күлүңдөттү. — Биздин тегибиз деле томаяктан эмес. Биз деле кызматыңарга жарайбыз, таксыр...

Тилмеч которду. Майор Ионов Карасакалдын көгөртө кырдырган соксойгон башынан чыккан кара булоону таң болуп тиктеп:

— Шартнамага бармак баса аласызбы?—деди.

Тилмеч которду. Карасакал жалп этип чекесин жерге тийгизип, сабылып жиберди:

— Баспай анан!? Бе-еш бармагымды тең басам, улугум...

Тилмечтен «беш бармагымды тең» дегенин түшүнүп, астейдил бырс күлүп жиберди майор Ионов:

— Түзү-үк,—деди ал, — кана, сизди ким билет, ким тааныйт?

Тилмеч которду. Карасакал:

— Ушул эл бүт билет, тааныйт, «кара сакал» деп аташат!

— Ошто да тааныйбы?

— Оштун бери жагындагы «Асан чек» деген жайда тууган көп, баары эле билет.

— Маргаландачы? Кокондочу?

Карасакал оозун жарым ачып, эмне дешин билбей акактап токтоло калды.

Ушундан соң майор Ионов:

— Кадырлуу Карасакал, — деди, — өзүңүз ойлонуп көрүңүзчү, эч ким билбеген сиз менен шартнамага кантип беш бармакты басыша алабыз? Кадыры болобу ал шартнаманын? Эл баш коймок түгүл, мазак кылбайбы биздин ал шартнамабызды, ыя?

Тилмеч которду. Карасакал оозуна кан келе түшкөндөй тамшанып, нес болуп отуруп калды. Тилмеч эрдин тымпыя кымтып, мисирейип тиш ачпайт, ал «өй, бирдеме дебейсиңби, эми эле үй артында бир кочуш алтын бердим эле го» десең да мизбакпай турган, не танып, не «жалаа» деп, кайра айыпка жыктырыштан кайтар эмес. Карасакал бөркүн башына кийгенди унутуп, ошол соксойгон бойдон эшикке сүйрөлүп араң чыгып кетти.

Бу арканын кадырлуу баласы мырза Шабдандын кадырын ак байрак кылып көтөрүп, ушунчалык тоо аралап келген орустардын бирдеме жөнүн сүйлөшмөк максаты барлыгын сезди Курманжан.

Орусча, аскер төрөсүнүн кийимин кийген «тууган» улам эсине келет. Шабдан — мырза, сыпаа, сылык, кылайган кара мурутунан жымыйып, көзү күлүңдөп, дили тазабы, не кебинен беймаани, не жүзүнөн бейадеп бирдеме кетирбейт. Орус төрөнүн алдында бужурөгөнү билинбейт, өз кадыры, өз салабаты өзүндө, пас тартпайт. «Ким бу?..—дейт датка өзүнчө, түкшүмөл. —Эл башында каран күн түшкөн убакта арга издеп, жер кезген азаматпы? Же...».

Көп эле каадалуу кишилерди көргөн өз заманында датка айым. Кай бири өзду да, жатты да ылгабай алдап, жорголоп кете берчү ыймансыз шум, кай бири ак көңүлү баймaнасы, кылычына гана таянган күүлдөгөн көзү жок көгөн эрлер болгон. «А бу ким?..» деп ой толгоду керээт айым.

...Те илгерки жымыраган бир тынч күндөрдүн биринде сарыбагыштын тынайынын бийи Жантай үчүкесинин «каранын каны» атанган Ормонунун акылгөйү Калыгул бийди мейманга чакырган имиш. О кезде мейманчылык айлап созулчу экен. Те байыркыдан ошол күнгө чейинки болуп өткөн, мындан нары болор окуяларга дейре ой алмашуу, пикирлешүү — ой толтуруу, адамзаада катары сөөлөт, салабат арттыруу сыяктуу болгон делинет. Жылдап сөз араң жеткен бир жагы арап, түрк, бир жагы иран, кытай, бир жагы үч тайпа орус тараптарында не окуя, не көйкөй болуп жатканына баам салышып, өзүлөрүнчө болжоп, ой тегеретишчү экен го. Жантай бий акылгөй агасы экөвү көп күнү, көп түнү өзүлөрү жалгыз, сөз кадырын билбеген алабармандан жан жолотпой, өзүлөрүнчө ширин аңгеме дүкөн курушкан дейт.

Бир күнү Калыгул бий тиги эрте менен эрте, түштө, кечте дайыма от жагып, даараткa суу жылытып, колго суу куюп, а сөз башталганда каралай көзү жалдырап сөз тыңшап, дайыма от боюнда отурган баланы кунт коюп тиктеп калат:

— Бий, ушу бала кимдин баласы? — деп сурайт.

Жантай бий элтейип, бирпас токтоло калган дейт.
«Неге сурап калды?..» деп чоочулап, «жаман болжол айтып коёбу» деп, жүрөгү калтылдайт экен:

— Оулия, бу... менин көкүрөк күчүгүм эле, оулия...

Калыгул башын ийкеп, балага жүзү жылымдап отуруп:

— А болсун, болсун... —дептир дейт. — Сиз экөбүз, бий, сарыбагыштын ичинде «эл башкардык, көк болдук, элдин жүгүн көтөргөн бук этпеген лөк болдук» деп жүргөн экенбиз. Бу бала маңдайы жарык, кайда чыкса жолу ачык, пейили кенен, колу ачык... бу баланын акыл сөзү жалпы кыргызга өтөт ко, атагы орус менен кытайдын чек арасына кетет ко...

— А-ай, айланайын оулия...—деп, Жантай бий сүйүнгөнү бир жагынан, «көзү тийип кетпегей эле» деген коркунучу бир жагынан, каргылданып ыйлап жиберген экен. — Жүрөт да бир көөдөк, жүрөт да бир чүрпө, айланайын оулия...

Ошол күндөн кепке үйүр Шабданга Калыгул оулиянын назары түшкөн деген сөз жалпы кыргыз кыпчак элине тараган, ушул отуз алты жаш курагында «Атантай жоомарт» атыккан адам мезгилдин өтө чалкеш учурунда, мына, Курманжан даткага бетме-бет келип отурат.

Пикирлешүү ортого тигилген жасалгалуу өргөөдө болду.

— Эң авалы, — деп, сүзүлгөн көзүн өйдө кылбай, акырын баштады Курманжан, — өзүбүзчө болуп, сүйлөшөр сөздүн теги-жайын тууганча билишип алсакпы деп, жаныбызга ашыкча «кулак» албай отурабыз.

Шабдан дайымкы жадырап турган өңүндө:

— Ырас болгон, апай, ырас болгон. Кеп тарайт эмеспи, ар ким ар кепти өз алынча аңдайт эмеспи, ошон үчүн биз дагы орус төрөнү кошо алган жокпуз, апай.

Бир тиктеп, кайра саргыл жашыл көөхар көзүн жылт эттире ылдый кыла, башын акырын ийкеп, «куп жакшы» дегенин сездирип, андан соң сөз күтүп, мелтиреп калды Курманжан.

Шабдан:

— Болор кептин тегин сезип отурасыз, эстүү жансыз, — деди асте, — бу орус деген ат түгүндөй көп экен, а биз аттын кашкасындай биртке элбиз...

Кылт-кылт баш ийкеп, «билебиз» дегенди туйдуруп койду Курманжан.

Шабдан:

— Ырас, булар басып кирбесе биз өзүбүз менен өзүбүз боло бермекпиз. Көрдүк, чабышып эми не кыла алабыз, качып кайда барабыз?! Карап берип тынбасак болбойт окшойт, апай...

Курманжан жүз багып, кейигендей, ноюгандай, ички касыретинен көзү коюла майышып отуруп:

— Ыя, арты кандай болор экен «карап берип тынгандын?» — деди акырын демин алып, өзү суроо бере, жооп айтты акырын. —Жаман да болсо, өзүбүздүкү эле го, чиркин?! Ордо бузулуп, мамлекет жоюлбайбы? Эл катары, башка элге тең катары кадыр-баркыбыз кошо кетип калбайбы?..

Таң калгансып, өзү да бул ойдон алыс эместей мелтиреп калды Шабдан.

Курманжан:

— «Тыңда менин кебими — таап алат эбиңи, талап алат элиңи, тартып алат жериңи...» деген, оулия аваңардын оулия кебине кулак туткан эмес экенсиңер го, түзү ийги иним?!

Кашын көтөрүп тиктеп калды Шабдан:

— Эми, апай, нары айтабыз, бери айтабыз, баары келип аздын иши аз экен го, көптүн акысы көп экен го?! Кантебиз, бир замандагы толгон журт ушул азыр кедерибизге кеткен, ынтымак ыдырап бүткөн чагыбыз экен...

Жүйөлүү сөз.

Шабдан:

— Эми, апай, — деп, кайра кеп улады, — дагы бизди көкө теңир өзү жалгап турабы, орус узун чылбыр, кең тушоо экен, тыякта өз оюбузга коюп, ич ара туугандын чыры тыйылып...

Муңканып жиберди Курманжан:

— Узун чылбыр азоону үйрөткөнчө узун болот, а азоо үйрөтүлгөн соң оозтуруктуу жүгөн салынат, оор токум жаба токулат, ал анан эркин азоо ал токумдан өлүп гана кутулат!

Тетик Шабдан буга жооп таба албайт:

— А болуптур, не аргабыз, не алыбыз бар?!

Жетик Курманжан буга жооп айта албайт:

— О, жараткан! Эр азамат эл четинде, жоо бетинде өлчү эле го?! Азыркы «азамат» дегенибиз жесирин душманына басып бере турган болгонбу?!

Шабдан:

— «Атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер» деген да акыл бар го, апай. Буга эмне дейбиз?!

Курманжан жүзүн үйрүп, ордунан акырын туруп, тышка карай жөнөдү.

Шабдан:

— Будан башка не арга бар жетимге?! Эптеп эрезеге жетип албайбы?! Көкүрөк көтөрүп албайбы?! — деп, кейий күңкүлдөп калды. — А артын берсе берешен теңир бербейби, акыры өлбөй аман калып жетилген жетим тагдырынан көрбөйбү, апай ай?!

Майор Ионов эт жей бергенден жадаган, аны ичине албай өзүлөрүнчө сүйлөшүп жаткан эки «туземчи» жактан шыбыш угулбайт, ишенген «войсковая старшина» күнүгө беш жолу намазга туруп кудайына сыйынат да тымпыят, демек бир жаңсыл пикир али булардын өзүлөрүндө жок — ушундан улам да ичкуптү болуп, көңүлү чөгө баштаган.

Муну сезип, тилмеч баштыкка салып ала жүргөн арагынан ортого коюп, куюп:

— Кана, айкөл төрөм, улуу Россиянын иши илгери боло бериш үчүн...—деп сунуш кылды, улуу Россиянын иши үчүн ким кылчактайт, кагып жиберишип, артынан эттен жытап коюшту.

Майор Ионов:

— Сыягы, бу кемпир да согуш жарыялаганы жатабы дейм бизге?!

Тилмеч улуган бөрүдөй өйдө тиктеп күлгөн болуп койду. Бу жоопко майор да ыраазы, жымыйып койду өзүнчө.

Майор Ионов:

— Баягы кара немең кайда?

— Жүрөт да, жер жутмак беле аны?!

— Ким деген киши экен деги өзү?

— «Жаны жок» имиш, жерлештери айтышты го. Бу сөздүн маанисин орусчалаштыра келсек «бездушный», «безсовестный» деген болуп чыгат.

Таң калды майор Ионов:

— Ушундай да ат коюша береби булар?

Тилмеч:

— Өз аты эмес сыяктуу, бу дагы анын жүрүм- турумуна жараша аталган кошумча ат ко дейм.

Ойлонуп калды майор Ионов. Келерин келип, а бирок бир жолу да келген максатын айта албаса алиге чейин?! Жөнөткөн зарделүү генерал эмне дейт?! А зарделүү генерал бу жерге падышасы катары укук алган улук урматтуу губернатордун алдында эмне деп жооп берет?! Ушул ойлор жүрөгүн өйкөгөн. А «кара немени» эстеп калганы «бу кемпир кепке келбесе да, башка бир тектүү, таасирлүү кишилери менен сүйлөшүп келдик дегенге себеп боло алабы» деген аргасыздын күйүккөнү эле.

Майор Ионов башын чайкап койду:

— Өзүлөрүнүн ичинде ушунча жаман ат алып жүргөн неме менен байланыш кылуу шайтандын куйругун кармоо болот ко...

Тилмеч:

— Бирок, бир жакшы жери, бул кемпирин баары эле жакшы көрө бербегени билинди. Мына, жанагы «жаны жок» жалгыз дейсизби, тең тайлашар бир жааттан бу сөзсүз. Бүгүн болбосо эртең, бул жылы болбосо келерки жылы, иши кылып, бир күнү мындайлардын кереги тийип калышы мүмкүн бизге...

Те баягы Мусулманкул миңбашы жоюлгандан кийинки жылдардын биринде орус аскери Ак-Мечитти басып алса ордонун шумдары келе жаткан белээни ошол келе жаткан алдынан тосуш ордуна аны ордо ичиндеги өз ара тымызын кылта кыйышкан жосунуна пайдаланышып, каланын беги Жакып-бектин өзүн «кайран сепилди оруска сатып жиберген» кылып, хан көзүнө көрсөтүшкөн. Куралы начарлыгынан, айланасындагы элинин биримдиги жоктугунан жеңилген бек хандын каарынан буйгалап, өзүнүн өлүмдөн качкан биртке кишилери менен тоо жымынып келип, Курманжандын айылына туш болгон.

Жакшылап мейманчылап, тыныктырып, өзү алты шаар Кашкар багытынын ошол кездеги акыбалын аңдап турган керээт айым кытай акимдеринин ар шаарга аз- аздан койгон аскер туруктарынан башка эчтемеси жок, түзүгүрөк кысым болгудай болсо туруштук кыларга чамасы чак экенин айтып, качкын бек ошол жактан бактысын издеп көрсө, бир кудай өзү жолун ачса, бир үзүрү болуп калышы ыктымалдыгын акырын кулагына салган дейт. Камылгасын кылдырып, акырында өзүнө караштуу Акимбай дегенди кыйла кошун менен кошуп бериптир. Кандай качкын сүйүнбөйт?! Жакыпбек көзүнө жаш алып, керээт айымдын колуна тооп
кылып, бул марттыкты эки дүйнөдө унутпастыгына оозуна каргыш алган экен.

Ушул окуяны ойлонуп отурду Курманжан.

Көп узакпай Акимбай, Сыдыкбек, Жакып-бек диний ураан көтөрүшүп Жаангир кожо деген бирөөнү туу кылып, кужум башташып, ар шаардагы азаздан коюлган кытай кошундары бөөдө кан төкпөй, урушсуз эле түндө-кечте кетип калып, алты шаар «бошотулган». «Гази» атанып сүйүнгөн кожо Меккеге ажыга кеткенинен келбей калат да, баягы качкын Жакып-бек бүткүл алты шаарда эч ким менен бийлик бөлүшпөгөн жеке өкүмдары болуп, кийинчерек эл оозунда «Бадөөлөт» атыгып багы ачылган.

Мына, бир убактагы качкын пенденин бүжүрөгөн кейпи, азыркы жыгалы таажы кийген бадөөлөттүн сөөлөтү өз абалы тарып отурган Курманжан датканын көз алдынан улам бири өчкөндөй, бири жангандай, улам алмашылып, кайталанып өтүп тургансыды. «О, кудайдын кудурети ай...» деди купуя.

Ал «бадөөлөт» дегидей дөөлөтман, тиги осмонлылар менен, Индстанга кирген англистер менен алака түзүп алган, Дүйнөлүк Лига билет аны. Кедерине кеткен бу Түркстан, мына, канавайран чабылган, башынан багын алдырган.

Курманжандын өз алдынан үч чыйыр көрүнгөнсүйт, бири — ошол качкын бектердин изи менен кетиш, бадөөлөт тагдыр алдынан чыкпаса да, кара башты калкалаш; бири — Бадөөлөт менен кабарлашып, жакшылыкка жакшылык, биргелешиш, андан нары өзү илгертен бу жактын таберигинен тартуу жиберип биртке байланыш кылып келе жаткан улук кытай каникеси Сысы жактан көмөк сураныш; бири — баскынчынын амирлигине кырың дебей куллук кылыш.

«Э-э, кара баш кайда болсо бешенесине жазылган күнүн көрөр...» деп, ой токтотту Курманжан. Бир киши эмес, бүткүл элдин тагдыры кыл таразага түшүп турган мындай убакта кара башын калкалап кетиш ага жарашабы?!

Бадөөлөт көргөн жакшылыгын унута электир, мусулман баласы, биргелешип кошун жыйнашы мүмкүн. Суранса Сысы «эжекеси» жер жайнаган көп кытайдан «көмөк» деп, эсепсиз кол жөнөтүшү ыктымал. Ылдый тиктеген бойдон мелтирей калды Курманжан. «...эки нар жөөлөшсө ортодо кара чымын кырылат...» деди ою.

Кызылдай кыргын майданы болуп жер тепселип, эрегишкен эки дөөдөн ким арачалайт, эл таламайга кириптер болуп... кимиси жеңерин ким билет, кимиси каларын ким билет, ар биринин көздөгөн өз мудаты жок эмес, андан калса, кимиси качан күйүшөр тууган болгон эле булардын?! «Экөө кылып алабыз го бир балээни...» деп, өзүнө өзү каяша кылды Курманжан.

Көңүл чөкпөй коймокпу?! Кабагы үйрүлүп, тизесин таяна ыкшалып ордунан турду Курманжан:

— Ким бар?..—деди акырын. Тыштан кийимчи зайып кирип, «датка эжесинин» жүзүнө суроолуу тиктеп, колун ушаламыш эте сөз күтүп калды. Оң тараптагы жапсар жакка кол учун акырын жаңсады. Ал жапсарда кошун алдына чыкканда, бир жакка жолго аттанганда кийер кийими турат.

Кийимчи зайып леп этип, «датка эжесине» сулуу аялдын терисиндей жупжумшак ийленип өңдөлгөн ак саргылт чалбар, көкүрөгү чопкуттуу ошондой эле камзол, аягына саймалуу, өкчөсү бийик зайыпана өтүк кийиндирип, белине көүхарланып коолдолгон кыңырык кылычы салаңдап жүргөн энсиз күмүш кур курчантты. Кызыл макмал кептакыянын үстүнөн жука көрк үчүн жасалган зайыпана туулга, анын үстүнөн мурда кийерге даяр коюлган ак элечек кийгизди, эки өрүм али ак чала элек чачын чачбакка ороп койду.

Эжеси бир да жолу сыланып, каранып койгон жок. Эшилген кум санаа эс көтөртпөйт, улам басат, түгөнбөйт, түгөнөр түбү көрүнбөйт. Кыжалатына кыжалат кошулат.

Бирөө менен жаман-жакшы кеп сүйлөшүп отурган учурунда да эсинде Абдылла бек, андан эч алаксый албайт. Күндө эрте менен, күндө кечинде жолун карайт, «сорок этип», «жарк этип» көрүнө калабы деп самайт, аны бул үзүлбөгөн үмүттөн чырм эткен кыска уйку гана бөлөт.

Ушу кийим кийген биртке убакта да көз алдында Абдылла бек. Күндө эки маал сураган сөзү, өз үнү өзүнө угулуп турду.

«...Тыштан кабар жокпу?...» дейт өз үнү. «Тыш» дегени «Абдылла бек жактан» дегени! «Жок али...» деген жооп алат. «Жүрөк негедир опкоолжуйт...» дейт өзү. «Кудай сактасын, бир кудай өзү даргөйүндө сактасын...» деген жооп болот.

Түндүктөн мөлтүрөп көрүнгөн көктү тиктеп, акырын үшкүрүп алды Курманжан. Кийимчи болобу, канике болобу эненин «балам ай» деген күйүмү бирөө гана экен го?!

Ашыгы, кеми болбойт турбайбы?! Туну эле Абдылла бек, журтка төбөсү көрүнүп да калган эле, айласы кетсе акыл салары, айттырбай тилин алары, байкатпай кадырын билери эле. Ушул баш жарган ойго басынып турган чагында таянычы болот эле го?! «Не күндү көрүп, кимдин көзүн карап, кайларда каңгып жүрөт болду экен ай?..» деди Курманжан, эне жүрөгү бирөөнүн куу чеңгели мыжыккандай эзилди, жүрөк каны куу чеңгелден сыгылып тамчылагандай болду.

Не элден азган бала кайгысы, не бейкүнөө кырылган эл кайгысы, өз көңүлүнөн, өз дилинен көбүргөн арман өз кулагына кыл кыяктын өксөгөн, муңканган күвү болуп угула баштады. Бирде жел канатындай серпиле күчөй, бирде сыздап, кандайдыр бир ымыртка, туңгуюкка сөнө...

Кийимчи зайып тегерене карап, кийимдин биртке да болсо бырышын жазып, сылап сыйпап, жуккан бирдемелерин чымчып алып, эжекесинин ушул алтымыш төрт жаш курагындагы али карылыкка моюн суна элек толукшуган келбетине кубанып, тегерене басып жүрөт. Бели али кымча, чопкут көтөргөн көкүрөк али толо. Жеңсиз, эки ийинден ашырылып көкүрөккө бүчүлөмө «жабынчы» деп аталган кырмызы макмал жамынтып, керегеде илинип турган элик сап камчыны леп алып, колуна берди.

Элирген сары бээ, датка дайым минген мал, жайы- кышы колдо, үйүргө кошушпайт, дайыма ыкчам, шатыраган зарделүү жорго. Тува элек болгон соң «байтал» аты өчө элек, «гүл сары байтал» деп коюшат, көңүлү түз эл ээсин кошуп «гүл сары минген датка эне» дейт, а ичи жаман кай бирөө «у-у, куу байтал минген жезкемпир» деп өңгөчүн тартынат.

Гүл сары байталга токулган ээрдин күмүштөлгөн көк сырлуу башын кармап, аттана берер болуп, тиги миракыр[1] эптей кармай берген үзөңгүгө аяк салбай токтоло калды Курманжан.

«...күмүш ээр көк кабак,
көркүн көрсөң бир санат...
күлүккө тынчы болбосо
күмүшүн ал да, отко жак —
күйүшөрүн болбосо
күүлдөшкө күчүң чак,
күлө багып жатка жак...»

деди дили, арман ой алда кайда толкуп ташып сапырылып. Ал колтуктан сүйөй беришке үлгүртпөй леп аттанды, эч кимди кошо жүр дебеди, эки жагын каранбады, үзөңгү кактырбаган гүл сары байталдын лепилдеген жоргосу менен кетти.

Кайда барат?

Өзү «жүр» дебеген соң эч ким артынан ээрчишке батынбай карап эле кала беришти.

Небереси Мырзапаяс, боз кунанчан, караан улай жүрүп, артынан барганда чоң энеси кыраңда гүл сары байталдан түшпөй колун серелеп, Сопу-Коргон жолун карап, былк этпей турган экен.

[1] Миракыр — акырбашы, ат багар.

Биерге чоң энеси күндө бир убак келет, күндө ушинтип жол карайт. Не кылгырган жаш, не уясына ылдыйлап бараткан кечки күндүн кызылы чагылышканы, чоң энесинин көзү бир түркүн саргылт жашыл көөхар өңдөнүп, жылтырап көрүнөт.

«...алтын ээр ак кабак
аземин айтса бир сабак...
атка тынчы болбосо
алтынын ал да, отко жак —
аяшарың болбосо
айтышарга алың чак,
акырын сүйлөп жатка жак...»

Кыл кыяк бул дүйнөнүн алды кызык арты өкүнч экенин муңканып, өмүрүнүн катаал мезгилинде калтылдап турган адамдын өз көңүл өзөгүнөн сызылып, өзүн термейт. Эч качан кейип көрбөгөн, эч качан
каралай көзүнө жаш алып көрбөгөн, жүрөк сескендирген шегин ушул азыр да «тагдырга чара жок» деп, өз кайратына өзү кептелип, акыл тегеретип карманып турат.

Дагы бек уулунун келеринен түңүлбөй кайтты.

Көбүгү сүттөй, таштан ташка согула сымаптай чачырап, күүлдөп жаткан көк кашка суунун боюна келишти. Үйдөй боз таштын көмкөрө беришиндеги көк ирим көлмөдө белгилүү «алайдын алтын балыгы» деген кызыл балыктар жылт-жылт секирип, кайра сууга чулп-чулп этип түшүп, жем талашып, көл түбүндө бураңдашып, ойноп, жойлоп жүрүшкөн. Түшүп, гүл сары байталды коё берип, ойногон алтын балыктарды көпкө көз талыбай карап отурду Курманжан.

Суун шары күү-шау, күү-шау, жээкке жакын өскөн кызыл табылгы, бир шалайы сууга тийип калган, тынымсыз булаңдайт. Теребел салкынча, аваны байкалбаган бир нымдуу буу сергитип тургансыйт.

Көлмөгө ойноо бала Мырзапаяс чүкөдөй таш ыргытып жиберди, таш чалп этип түшкөндө көлмөнүн бети тегеректене, ойногон балыктар дым болуп калды.

— Кой, кагылайын, — деди чоң энеси акырын күбүрөй, — булар да кудайдын бир зыянсыз жаныбары, чоочутпа...

Жылт-жулт эте көз кубантып, кош-кош секиришип, кызыл балыктар ойной башташты кайра.

Бала жалжылдап мойнун созот, а чоң энеси өз санаасы, өз кыжалаты менен өзү кайрадан бетме- бет.

«...Ыя, атабызды өлтүргөнгө энебизди алып бере туруш абзелби?.. Жетим жетилеби, өз акысынын теңи боло алабы?.. Же... атасын өлтүргөндү «ата» деп, запкыдан жүрөгү өлүп, көргөн ит күнүнө көнүп, тегин, ата наркын унутуп, жумшаса кулу, минсе малы болуп кала береби?..» Өз үйүнө кайрылбай, унчукпай гүл сары байталдын саал жоошуган кылтылдаган жол жоргосу менен түз эле «коноктор» өргүп жатышкан айылга бет алды Курманжан, жанында небереси.

Өргөөнүн түрүлүү эшигинен Шабдан ага карай келе жаткан «апайын» көрүп, эшикке чыгып, гүлө багып тосуп, гүл сары байталды тизгинден алып, «апайын» колтуктан сүйөгөн болуп, гүл сары байталдан түшүрүп алды.

Майор Ионов, тилмечи тездеп басып келишти. Эки жактан салам айтышып калышты, саламга асте- асте баш ийкеп, бирөөн да тиктеген жок Курманжан.

Өргөөгө кирип отурушту. Бир түркүн шашкансып келген датканын түрүнө, кийимине көз түшүп, кабагын карап, бир кооптуу сөз күтүп калышты баары. Түнү бою кирпик какпаган сыяктуу, көзү киртейип, ирени герсары тартып, жүдөнкү экен.

Курманжан дагы эле өйдө карабай, кабагын же бүркөбөй, же жазбай, эрини бозоргон жүдөңкү, суз абалында:

— Төрө, — деди акырын, — мен ыраазымын, төрө, кудай жалгагыр, жанагы кара сакалчан менен эле сөзүңөрдү бүтөрө бергиле, мен ыраазымын. А деле киши, биздин көзү өткөн даткабыздын туугандарынан...

«Баягы кара немени бизге келгенин билип алыптыр, кекетип атат...» деп которду тилмеч. Көзү чекирейип кетти майор Ионовдун:

— Жерге кирсин ошол кара неме!

Анын актанганын өңүнөн, үнүнөн эле сезип:

— Чын сөзүм, мырза, мен ыраазымын, — деди Шабданга, — бармак басыша турган башка бирөөнү тапкылачы, кудай жалгагырлар, куткаргылачы мени бул кордуктан, маскаралыктан... эки ортодо алдастатпай...

«Сүйлөшүүдөн баш тартып атат...» деп которду тилмеч, майор Ионов оозуна сөз кирбей соксоюп отуруп калды. «Тигиниси эмне дээр экен?..» деди ою.

Акырын:

— Эми, апай, асте кылыңыз, акылга келиңиз, — деди Шабдан, — бул ишке кимдин кадыры өтөт, ким жарайт акыры?!

Тилмеч күбүрөй баштады эле, Шабдан кол учун шилтеп, аны токтотуп койду.

— Ушу «багындык» деген сөздү айтышкабы?!

Шабдан:

— Ал сөз кимдин оозунан чыкканы эп? Кеп мына ушунда, апай.

— Андай болсо,—деди Курманжан майорго карап, — андай болсо, төрө, ачыгын айтыш абзел, сиз менен иш бүтпөйт, бизге капа боло көрбөң, көрүп турабыз ниетиңиз жаман эмес окшойт бизге, бирак сиз бүтүргөн иш калпыс болуп калышы мүмкүн, себеби ушул ки, сизден чини да, бийлиги да чоң акимдериңиз бар, ал акимдер не жаратат, не жаратпай коё алат. Бүгүн биз кылган шартнама эртеңки күнү не жаратылбай, не кем баа болуп калса, орустай журтка эчтеме эмес, а биздин биртке журттун башына кыйынчылык түшүп калат. Ошон үчүн...

Тилмеч майор Ионовдун ийнине саал эңилип алып, акырын күңкүлдөп шыпылдатып которуп жатты. Майор Ионовго ыгына жараша убада кыла беришке, бүтүм бүткөрүшкө кеңири укук берилген болучу. Бул мелтиреген карасур зайыпты же коркутууга, же алдоого болбой турганын сезип, сөз ыгын күтүп, башын ийкеп, угуп отурду.

— Ошон үчүн, — деп, сөз улады Курманжан, — бир береке эле сизди быякка жумшаган Искебүл- пашанын өзү менен сүйлөшсөк, төрө.

Тилмеч которду.

Майор Ионов башка сөзгө өтпөй:

— Мейли, жүйөсү бар, —деди, — сиздин көңүлүңүзгө жараша болсун, урматы улук датка айым.

«Көзмө көз сүйлөшкөнгө не жетсин?!» деди Шабдан өзүнчө, бул оюн датканын көзү көзүнө чалына түшкөндө акырын башын ийкей түшүндүрүп, аны кубаттап койду.

— Эми, тилмеч,—деди Курманжан тилмечке саргылт жашыл көзү октоло, сөөмөйүн кезеп, — менин коёр шартым бу, толук айт орточу төрөгө! Дагы толук айтпай коюп, кылтылдатып коюп, ыя, эртең ортодон дагы кан төгүлүп кеткидей болсо, эки дүйнөдө кеперетин тартып калып жүрбө, тилмеч?!

— Кудай сактасын, датка айым эжей, кудай сактасын...

Курманжан:

— Биз болжогон жерге сүйлөшүүгө барган кезде «алдадык» деп, мени абакка кириптер кыла турган болушпасын — бул бир; сүйлөшкөн учурда биздин элге да, менин керт башыма да мазак сөз өтпөсүн — бул эки; сүйлөшүү бир тараптын үстөмдүгүн ашкере бекемдөө эмес, «багынтуу»эмес, эки тараптын тең пайдасына ымга келишүү катары болсун — бул үч. Мына ушул үч шартыбыз бекем сакталса гана сүйлөшүүгө барабыз.

Тилмеч өзү да абдан ой толгоо тартып, кыңырылып, ар сөздүн маанисин толук жеткирүүгө аракет кылып, алынын жетишинче майдалап, түшүндүрүп которду. Ормоюп, томсоруп отуруп укту майор Ионов.

Шабдан сыпаа, сөзгө ыксыз аралашпай, ар мааниге өзүнчө баам коюп отурат. «...ырас, дили калыс адам болсо, макул болбой коё албайт бул шартка... мындай бир аз теңчилиги болбосо, бул иш «сүйлөшүү» да болбой калат...» дейт өзүнчө, укук берилген майор Ионовдун жообун акмалап калды ал. «Майор этегин кагынып туруп кетсе канттик?!».

— Мейли, эми... —деди майор Ионов бир убакта,— бул талаптарыңызды, датка айым, өтө кадырлуу генерал Скобелевге баарын айтып баралы, чечмелейли болушунча. Өзүңүз айткандай «не жаратат, не жаратпайт», укук алардыкы. Ооруңдуу делинип калса, урматтуу датка айым, өзүм кайра келем, сиздин аманчылыгыңызга өзүм кепил болом.

— Куп жакшы, — деди Курманжан, — «эр жигиттин сөзү өлгөнчө өзү өлсүн» дейт биздин эл!

Орточулар кетишер күнү өз өргөөсүнө чакыртып, жакшылап сый конок кылды Курманжан.

Бетке бата тартылып, тамактан кийинки кол жууш бүткөндөн кийин тыштан бир киши кирип, карышкыр ичик жапты майор Ионовго.

— Куру чыкпаң, төрө, — деди Курманжан акырын.

Майор ичиктин ичи-тышын каранып, жакасын сылап, «спасибо» деген сөздү улам-улам кайталап, балача кубанып отурганда кийитчи колундагы карышкыр кулакчынды кармаган бойдон, же «төрөнүн» аскерлик баш кийимин ала коё албай, же үстүнө баса кийгизе албай, кыйпылыктап калды. Түшүнө коюп, теңтуш болуп калган тилмеч майордун аскерлик баш кийимин башынан сурап отурбай сыйрып алды күлө. Сеңселген көк карышкыр кулакчын кийгизилди майорго.

— О-о-о! — деп жиберди майор.

Шабдан:

— Эми карышкыр болуп калдыңыз, майор! — деп мурутунан жымыйды. Сөзмө-сөз которуп койду тилмеч. Көңүлү куунак неме аны уккан да жок. Кыйыткан маанини түшүнүп, акырын күлүп койду Курманжан:

— Кубанып кетсин, кубанып кетсин... жаш жигит экен...

Кийитчи, өз көргөнүбү, тилмечтин башынан баш кийимин өзү эле сыйрып таштап, саймалуу ак калпакты кийгизе салды. «Эмне болду экен?..» деди сугалак оюю. Тыяктан «О-о-о!..» деп калды майор, көзүн саймалуу ак калпак ала чакмак кыла. — Ке, алмашалы, макулсуңбу?..». Башынан алып, кармалап, кийизден экенин көрүп, «бизге болот ушу» деп, ичи чыкпай калды тилмечтин.

Майор Ионов бирдеме деди, эки жакты алаңдап каранып, үйдөгүлөрдүн баарына ыраазы болгондой кейпи. «Көп ыракмат айтып атат...» деп койду тилмеч көңүлсүз.

Тыштан дагы бир ак сакалчан киши кирип, көтөрө келгенин жазып, көйкөлгөн көк чамбыл илбирс ичикти жаап, төбөсү кызыл, кайруву кере карыш кундуз бөрк кийгизди Шабданга:

— Кийимдин жаны морт болсун, кийгендин жаны бек болсун...

Шабдан былк этпеди, ичиктин бир ийни саал түшүп баратканын өйдө тартынып да койгон жок.

— Мырза, — деди Курманжан ага, — бу кийит бокчодо жаткан дүнүйөдөн эмес, датка агаңдын бир- эки жолу ийнине салган кийими. Не дагы бир жетилген уулу, не жамыга төбөсү көрүнгөн тууганы кийер дегенбиз...

Жабылган тонду эч качан же кийип жөнөбөгөн, же өзү колтуктап чыгып көнбөгөн, алдына жамы жабдыгы менен ат тартылса чылбырын колуна кармап менчиктебеген, жигиттер ала жүргөн тонду, жетеленген жасалгалуу атты жардам тиленип алдынан чыккан бечарага анын ким экенин сурабай кийгизип, мингизип, бечараны кубантып коюп кете берген жоомарт Шабданды «датка агаңыздын кийими» деген сөз гана көңүлүн тартты белем, ошондон соң гана датка айымга жүз багып, асте башын ийкеп ыраазылык билдирип койду.

Майор Ионов тилмечи экевү акырын өзүлөрүнчө күбүрөшүп, илбирс ичикти алма-телме тиктешип, кайра кужулдашып отурушкан. Тилмеч:

— Бу кийим мышыктын терисинен окшойт дейт, — деп, жооп күтүп калды. Эч ким унчукпайт.

Бул элде сый берген сыйын мактабайт, сый алган сынабайт, кадыр көңүлүн баалайт — тилмечтин айтканын угуп укмаксан гана.

Көңүлү жакшы аттанды Ионов төрө.

А Шабдан кыйла бушайман. Бу шарт кабыл алынабы? Же жеңип желиккен паша Искебүл айлаң болсо жортуп көр кылып мукуратабы? Бу дымактуу датка жүз үйрүйт анда. Нары бир күнчүлүк жолдогу жети шаар жакка кокуйлап кабарлашышка мажбурланышы да ыктымал.

* * *

Ош...

Кең короонун ортосуна көк нооту жабылган узун стол коюлган, жанында эки гана орундук көрүнөт. Эшиктен төргө чейинки эки капшытка парад мундирчен ардак кароол тизилген. Өңкөй иргелген офицерлер турушат. Бул окуяга атайын өзгөчө маани берилип, бул жергилик элдин көзүн ала чакмак кылсын үчүн, «бул кыргын эмес тынччылык апкелген окуя» катары айрыкча даршан этилмекчи эле.

Мүнөт жакындап, салтанатка катышчулар коргондун эшиги жакка улам серп салыша, ошол эле учурда урматы улук генералдын да ичкериден шаңдана чыга келишин күтүшө көңүлдөрү бөлүштү боло баштаашты.

А генерал Скобелев эң акыркы ирет бою-башын каранып, сеңселген мурутун атырлап, «эми чыксам бекен» деген кыязда, али чыга элек. «Токтоо болмок абзел!» деди генерал өзүнө. Үлбүрөгөн жука пардеден тыш даана байкалып турган.

Те коргон оозунан аңгыча сары бээ минген, ак элечек зайыптын сөөлөтү көрүндү да, эки жагынан саал арттарак эки атчан киши коштоп, кабагы суз, бет алдын гана мелтиреп тиктеген боюнча, туштарабынан аваз кылган көпчүлүктүн көз алдында төрду көздөй келе берди. Алтын саймалуу кымкап тон кийген, жакасынан эки өңүрүн тегерете кере карыш кундуз кармалган, зайып затына ылайык ничке күмүштөлгөн кемер курчанган, белинде кыны ар түркүн асыл таш чөгөрүлүп кооздолгон кичинекей кыңырагы жүрөт.

Жай, жайкала басып чыга келди генерал да. Тике карашынан, өзгөчө эркин тутунган сөөлөтүнөн аны «ушул Искебүл паша» деп, жазбай баамдады да, бээ үстүнөн асте салам айткан кабак көрсөтүп, тизгин жыя калды Курманжан. Генерал бир көз ирмемде эмне кылуу керектигин болжоп, ошол замат кубана мейман күткөн үй ээси өңдөнүп:

— Келиңиз, келиңиз, аттан түшүңүз, өтүнөбүз, урматтуу датка айым,—деп, атайын кабак жаркыта тосо кадам басты.

Түшүүгө эптенбей, түшпөйм да дебей Курманжан бир аз ыңгайсыз абалда токтоло калды да, ошол бээ үстүндө турган бойдон эле белиндеги кооз кындуу кыңырыкты чече баштады.

Бул эмне каадасы?! Таң болгондой элтейип тиктеп калды генерал.

Көк ноотунун үстүндө мурдатан даярдалып коюлган шартнаманын болжол тексти, жана да кол коюлуп бүткөн соң сыяпат үчүн ооз тийилет деген биртке мөмө салынып, ак күмүш табак турган.

Бир аз аралашып, адат баамдай калган майор Ионов мөмөсүн көмкөрө төгө коюп, күмүш табакты кош колдоп, Курманжандын алдына тосо берди. Бирок, Курманжан кыңырагын табакка салмакчы боло өйдө кармаган бойдон генерал Скобелевди мелтиреп тиктеп, токтоло калды.

— Урматы улугум, муну сиз өзүңүз кабыл алууңузду каалап турат окшойт... —деди тилмеч генералга акырын.

Күмүш табакты генерал колуна алары замат Курманжан кыңырагын күмүш табакка секин койду да, чач учтугунан бир байлоо ачкычтарды алып, күмүш табакка шылдырт дедире акырын таштады:

— Тилмеч мырза, айтың, ыкыбалдуу төрөгө, — деди үнү басмырт, — не абалда болгонубуз менен, биз өлкө эгеси, үй энеси эмеспизби, айтың, биз өз үйүбүздө тосуп алгандай бололу. Көп алыс эмес, мына бу Мады кыштагында, ошол жерде өз төрүбүздө жай көңүл менен бүтсүн калган сөз.

Кеп маанисин тилмечтен угуп, ойлоно калды гене- рал Скобелев. «Ну, бу кандайча каадасы? Же кол коюудан эптеп кетенчиктеп жатканыбы?» деген түкшүмөл шек кылт деди оюна.

«..өз төрүбүздө жай көңүл менен бүтсүн калган сөз...» Жүйөгө муюду генерал:

— Мейли, урматтуу датка айым, сиз айткандай болсун, — деди шар, сеңселген азем муруту былк эте жымыйып.

Тилмеч которду.

Курманжан ыраазылык билдире саал таазим кылды да, үнсүз баш ийкеп коштошуп, гүл сары бээнин тизгинин кайра тартты. Эч калдастоосуз, жанагы келген сынында жайма-жай, коштогон кишилери менен кайра коргондун чоң дарбазасынан чыгып кетти.

Бу эмне деген табышмагы? Стол үстүндөгү күмүш табакка салынган датка айымдын буюмдарына кызыга үйрүлө калышты офицерлер.

— Бу, —деп чечмеледи майор Ионов, — кичинекей кыңырак — куралды таштаганы, а ачкычтар, туптуура жетөө экен, Кокония өлкөсүнүн эң акыркы жети шаарынын ачкычтарын тапшырганы. Өзгөн, Ош, Анжиян, Маргалан, Кокон, Наманген, Кожон!

«О-о..!». «Ушундайбы?!». Баары дуулдашып калышты.

Ориенталист:

— Бул жакта мындай жосун эзелтен, бирөө бирөөгө киши аркалуу же сөз айттырып, же бирдеме суратып калса, топусунбу, камчысынбы, иши кылып өзүнүн бир урунган буюмун көрсөтүп коюуга кошо берип жиберишкен. Ырас, ар бир буюмдун мааниси бар, топу болсо — сураныч, камчы болсо — буйрук. Демек, ишендирген кат менен барабар болгон.

Ичи чыкпай калган генерал Скобелев суз:

— А европалыктарга бу ачкычтарды шылдыратып көрсөтсөк «багынтышкан экен» деп ишенишеби?

Ориенталист:

— Жо, албетте, европалыктар жалган да болсо кагазга жазылганды «документ» кылып калган го.

Генерал тултуя терс бурулуп, сүрөтчү илеше басты:

— Көрдүңүзбү, келбети эле бир баа, анык каныкелик сезилет, ыя, Михал Дмитрич? Не деген төп келишкен сөөлөт?! Мына, каниги сулуулук, анык көрк мезгилди тебелеп өтүп келе берет деген ушу!

Генерал үнчүкпай укту. Бу көңүл деми ташкындап турган адамдын шарданына теңдеше алмакпы?! Минтип күкүрт чаккандай туталып кетүү, өз ой чабытында калкылдап учуу көркөм өнөрдүн өзү өңдүү дуваналарына гана мүнөз. А генерал азирети императордун ыйык эркин орундатып жүргөн катаал солдат, бар болгону. Мындан кантип согушуу керектигин сурай бер!

— Да! — деди генерал сеңселген мурутун маашырлана сыланып. — Теги көрүнүп турат, аристократизм, албетте. Тууралы туура дейлик.

«Да, — деди генерал өзүнчө купуя, — аристократизм тубаса, ак кайыптан десе болот, адам сөөлөтүнүн, адам рухунун бийик чеги, демекчи кудай өзү берерине түбүнөн канына кошуп берген өзгөчө дөөлөт...»

Жөнү жок жупулана бергенди генерал жактырбайт. Өз тукумун те XVIII кылымда орус өкүмдарларына кызмат кылган, сержант туруп накта азаматтар сыйланчу орденге жеткен Никита Скобелевден сүрүп, ошон үчүн өзүнүн бу жарыктык дүйнөдө өзгөчө бир вазийфасы, оруну барлыгына астейдил ишенип, ачык эле мактанып жүргөн адам.

— Михал Дмитрич,—деп, оюн бузду сүрөтчү,— айланаңда не асыл көрктөр бар экенин баамдабай, баамдоого аракет да кылбай өмүр өткөрө берүүгө болобу деги?

Таң болгондой бир тиктеп койду генерал. «Болот, чырагым» дейби?! Орунсуз, тиги тартыша баштайт.

— Пай-пай... —деди сүрөтчү өз ой толкунунан али ажырабай, — байкайсызбы, жараткан көп убакта ажайыптарды өзү көз кубантыш үчүн жаратып алабы дейм?

Генералдын кыртышы сүйбөй:

— Бу эмне үчүн эле жараткан «ажайыптарын» так ушул жерлерге «жаратып» отурат экен?! — деп, ушул жагына ичи тарыгансыды.

Аны сайын кызып кетти сүрөтчү:

— Сиздин ичкуптүңүздүн себебин түшүнүп турам. Сиз бул жерликтерди цивилизациядан адашып калган эки аяктуу жапайы, варвар, а түгүл канибал деп ойлойсуз. Түз айтканымды кечирип коюңуз, Михал Дмитрич. Кантсе да, бул жерлерде да этникалык жагынан өңү, сымбаты кынтыксыз адам тиби бар экени шексиз. А кокус ушул эле аялда Тамерландын руху жүрбөсүн? Же байыркы канике энеси Тамиристин?

Биртке жумшаргансып калды генерал. Рух өтүшсө, ага князь Святославдан келиши мүмкүн — ушул көңүлүнө келди.

— Кызык, —деди генерал, —Сиз, Василь Василич, чын эле ушул азыр да бизде байыркы улуу аталарыбыздын руху жүрөт деп эсептейсизби?

Күйө быша, генералдын алдын тосо кала, колун серелеп сүйлөп, ишендирмекчи болду сүрөтчү:

— Ишенип коюңуз, руху гана эмес өңү, келбети, жүрүмү, а түгүл үнү көчүрүлүп калышы мүмкүн. Сиз жанагы бизге чоочун экзотика болуп көрүнгөн айымды жакшылап байкаган болсоңуз, анын өң түспөлүнүн тегинен, албетте, улам бир мезгил катмарын сыйрып алып, кичине өзгөрө, бузула түшкөнүн өз-өз ордуна коюп, оңдоп отурса, бир убакта биздин жалпы энекебиз жаратылыш өзгөчө көркөм жараткан байыркы накта оригиналы чыга келет. Өзү үч уктаса түшүнө бир кирбеген те бир мезгилдердин шамы али жанып турбайбы көзүндө!?

Ишенсе генерал өзүнө князь Святославдын руху келип калышына гана ишенет.

— Ну, — деди генерал күлө, — сиз, Василь Василич, идеалистсиз! Согуш көрүнүштөрүн тартсаңыз дагы...

— Жо, — деп сөз кайрыды сүрөтчү, — чынды «чын» деш керек, мен аралашып көрбөгөн кезимде согуш дегенди кандайдыр бир шаңдуу парад катары баамдачумун — ойнолгон музыка, султандары селкилдеген баатырлар, кылкылдаган туу, бир жактан замбирек күрсүлдөп, бир жактан аргымактар алкынып биртке гана элтеңдеткен кообу бар эрдемсүү... бир аз набыт болгон кишилери да жок эмес... Көрсө, —деди сүрөтчү өкүнө, — согуш деген өтө катаал, ырайымсыз нерсе экен. Биле албайм, муну кандай деп актоого болот деги?

Көп да маани бербей турган, генерал кабагы үйрүлө тиктеп, сүрөтчүгө карата көңүлү биртке кыра боло түштү. Балким, анын ар тараптан кыйын адам экенин сезгениненби, генералдын жүрөгүнүн тереңинде тең көрүү, кадырлоо сезими жүрөр эле. Кайраты, атайы бой салбаган, атайы дардаңдабаган мүнөзү жакчу. Нары да, «Самарканды коргогондугу үчүн» деген аскерлик Георгий крестин да алган. Же уялганы, же жупунулугу — ал крестти башкаларга окшоп, жаркылдатып тагынып жүрбөйт.

«Ыя, ушул биринчи же эң акыркы согушпу?! Же согуш кансыз, кыйроосуз болмокпу?! — деп ой толгоду генерал Скобелев. — Энекебиз Россиянын тарыхый миссиясын аткарып жүргөн баатыр адамды айыптап, үйдөн тышка чыгып көрбөгөн

бооркерлер «куралсыз байкуш жергилик элдин абалын тaң кылып жатат» деп чуу көтөрүшкөнүн кантесиң?! Кайда, кимдин гана канын төкпөсүн империясын кеңиткен, жашоо өрүшүн жайылткан баатырын Россия илгертен баалап келген, бүгүн да, эртең да баалайт, унутпайт».

А сүрөтчү өзүнүн көйүндө:

— Сүрөтүн тартсам болмок!

— Ким жолтоо кылат? Уктуңуз го, сиз «Тамерландын руху келип алган» деген кекирейген кемпир үйүнө чакырып жатпайбы?!

Кыштактан обочо кыртыштуу мейкинге кырка тарта кырк өргөө көтөрткөн экен. Те кыйла жерден ортодогу он эки канат чоң өргөөнүн эшигине дейре калы килем төшөлгөн. Жалаң иргелгени болуу керек, айттагыдай аруу кийинишкен ак калпакчан кишилер килемдин эки тарабына кырка турушуп, таазим кыла улук меймандарды тосуп алышты. Генерал Скобелевдин атын эки жактан сагакташып, сакалдары жайкала белдерине түшкөн эки кары адам өзгөчө сый-урматтын белгиси кылышып, калы килемдин үстүнө жетелеп бастырышты.

Улук деп генералды өзгөчө жылуу жүз, урмат көрсөтүп, бул элге таан сыйчыл адат менен дасторкон үстүн дүйүм даамга толтуруп, ашкере зыяпаттап күттү Курманжан.

Дасторкон үзүрү убагында эле ынтымак жагына ыктатыла эки жактан тең баштала берди сөз.

Бул эл акылсыздыктан эмес, өзү кураган өз ордосу тынчсыз, жайсыз болгону үчүн, өз өкүмдары катуу кол, суук тил болгону үчүн түп көтөрө ага каршы аттанып чыкканын, а бирок ак пашанын акимдери жапаа көргөн элге эмес, кайра ошол бапасыз ордого жан тартканынан орус аскери менен көтөрүлгөн журт ортосундагы кагылыштар аргасыз болуп өткөнүн эске салды датка айым. Муну генерал окуянын өнүгүш шартынан, алардын ордо эгеси менен анын букараларынын ортосундагы абалды жеткилең билбөөнүн залдарынан болуп кеткенин өзү тарабынан өкүнүч менен баян этти.

Курманжан:

— Биз бир кудайдын бирлигине ишенебиз. Бир кудайдын ар түркүн тайпа калк ичинде ар түркүн аты бар, маани ушул ки — ким кайсы атын айтып сыйынса баарыныкы бипбирдей дейбиз; бир кудайдын түркүн пайгамбарлары калк үчүн түркүн жашоо турмуш ирежесин көрсөтүшкөн эмеспи, маани ушул ки — бир кудайдын кайсы пайгамбарынын ирежесин тутунуш ал бир кудайдын өзү берген эрки деп билебиз. Ырас, бир адам атанын тукуму болгон соң өңү-түсү, сүйлөгөн тили, тутунган дини, көнгөн адаты, күткөн малы бөлөктүгүнө карабай түркүн тайпа калк арасында аңдашпай турган ой-санаа болмокпу, келишпей турган кеп болмокпу, жылышпай турган ич болмокпу?!

Тилмеч колунан келишинче майдалап маани уламыштап түшүндүрдү генералга. Бу кудайдын бирлиги жөнүндө чыккан сөздүн себеби бар болучу. Илгери орус падышалары журт караткан мезгилде Эдил боюндагы түркүн тайпаны күчтөп күргүчтөп, христиан динине баш бургузган. Өзгөчө Сибирь жакта христиан кечилдери өтө чаап «язычниктерди» кыштын күнү ыран суугa чөмүлтүшүп, кары дебей жаш дебей тегиз чокунтушкан кезде өпкөдөн кагынып эл боо түшүп кырылып кеткен. Мындан кабары болгон аяр Курманжан ушундай капилет мүшкүлдөн сактанып калууга далалат кылып, алдынала айтканы болучу.

Курманжан:

— Биз келишер шартнаманын эртеңки өтүмдүүлүгүнө орустун өз баласы сиз, Искебүл-паша, жоопкер кепил болгойсуз, биз сизди гана карманабыз, урматы улугум.

Тилмеч котордү. Генерал дин таратуучу беле, ал урушта ырайымсыз, өз падышасынын түпкү көксөөсүн мындай кеп менен өткөрөрүнө келгенде сылык да, жүйөчүл да боло алган эптүү саясатчы экен. Ал башын ийкей отуруп:

— Кадырыңыз жам болсун, урматы улук каникe айым. Бул сүйлөшүүгө азирети ак падышабыздын өзүнөн мага кеңири укук, бийлик берилген, — деп тактады. — Ишендирип коёюн, Россия өз кол алдына караган калктарга кам көрөт, албетте, ал калктар империянын мүдөөсүнө каршыкпай турган болсо. Ушул кез — бүткүл дүйнөдө абал чалкештенип, жер бөлүштүрүп алып калуу кызыкчылыгы чоң өлкөлөрдү тике маңдайлаштырып салган кез. Мына, силерге тыяктан англистер көз артып, быяктан чириген кытай богдыханы беш салаасын сунуп турат. Ырас, ачык айтмак деркер, быякка келүүдө Россиянын да өз кызыкчылыгы жок эмес, анын бири Россиянын өз тынччылыгына коркунуч боло турган англис-кытай кадамын тосуу менен түшүндүрүлөт. Эң биринчи силерге тийер көлөкөсү бул — Россия бытыранды өлкөңөрдүн ички пайдасыз кымкуутун тыят, тыштан, өзгөчө кытай тараптан тынымсыз боло келген кас экспансияны биротоло токтотуу вазийфасын өтөйт.

Майдалап которуп, «экспансия» деген сөзгө «жортуул» деп түшүнүк берди тилмеч.

Курманжан:

— Үч жолу калмактар жортуул кылган, ырас, үч жолу жеңилип кайра кетишкен. Кытай... те Кумулдан нары жатат, ал жактан кийинки миң жыл ичинде жортуулчу келе элек.

Генерал Скобелев:

— Мындан нары келип калышы мүмкүн.

— Күдай билет,—деди Курманжан, кытайлар үй ордундай жер менен үй-бүлөсүн баккан эмгеккор, топуктуу эл. Сысы эжекебиз быякка жортуул жибере койбойт ко.

Генерал ойлонуп калды, сөөмөйү менен окумуштуу — ориенталисин накырып алып, Сысы деген ким экенин акырын сурады. «Кытай өкүмдары, аял киши...» деп шыбырады ориенталиси. «О-го, — деди өзүнө генерал,—кара муну, кимди пеш кылып отурганын?!». «...а бирок, эжекесине чуркабай бизге сүйлөшүүгө макул болуп отурганы неликтен?..» деген ойго кабылды. «Жо, бөөдө үркүтпөй бери тартыш абзел, бери...» деген ой бекемдеди аны.

Генерал Скобелев:

— Четке чыгып кеткен уулуңуз Абдылла бекти кайра чакырбайсызбы, датка айым? Биз жоунгердин эрлигин кадырлайбыз, бизге душман болгонуна карабай. Ага деле биздин пейили кең улук пашабыздын кечирими болуп калышын эсиңизге салам.

Чын эле Абдылла бек жактан чоочулап, «сүйлөшүүнүн» бир түйүнү кылып алдыга коюп отурушкан Курманжан сезбей коё алган жок, көзүн сүзө муңайып отуруп жообун айтты:

— Ал бала силерге «душман» эмес эле, ал бар болгону өз үйүн, өз ата журтун, өз элин коргоого аракет кылган, бар болгону, урматы улугум. Эми жашырыны жок, кой дегенге болбой «кошун жыйнайм», «көмөк табам» деген кыжалат айдап кеткен. Бирак, эми ал баштагыдай дүпүрөгөн эли бар бекпи?!. Эми ал элинен да, бийлигинен да ажыраган бир качкын. Качкынды ким ээрчийт? А ээрчиген кошуну жок, көксөгөн көмөгү жок болгон соң намыстуу бала кара жанын багыш үчүн, жеңгендердин ыракымына баш

урунуп келгенден көрө, ошол тентигенин абзел көрөт ко дейм. Камтама болбогула, урматы улугум...

Дагы наркы-берки мудаа, санаа эки жактан астелеп ортого салынган соң жыйынтыктоого өтмөк болду генерал Скобелев:

— Эми, урматтуу датка айым, ушул пикир алмашуулардын маанисине ылайык үч түйүндөн турган бир шартнама даярдалыптыр, тилмеч орусча жана силерче окусун, угалы, макулсузбу?

Баш ийкеди Курманжан.

Тилмеч окуду. «Эски хан ордону жоюу, өлкөнү Россия империясынын кол алдына өткөрүү, бул элге карамагындагы башка тайпа журттар катары кам көрүү» делинген үч түйүн жыйынтык кылынган экен.

Курманжан көпкө дейре ылдый тиктеген бойдон отуруп калды. Тигилер да үнчүгүшпай, бирде оор ойлордун алдында калган аял кишини, бирде бирин бири тиктешип, оңтойсуз абалда өзүлөрүнчө күбүрөшө да алышпай, мелтиреп калышты. Бир убакта өйдө карады Курманжан, саргылт жашыл көзү октолуп, акырын бир сыйра тиктеп алды баарын:

— Ыкыбалдуу төрөлөр, — деди үнү дирилдегени сезиле, — бу Бухара, Хийва ордолору жоюлбай этпей эле орустун ыгына алынды дейт ко?

Генерал Скобелев:

— Себеби мындай — алардын өлкөнү бытыраткан ич ара чатагы жок, өкүмдарлары азырынча эсен соо турат. А биерде, өзүңүз билесиз, жааттардын эсеби жок, ар бири ар жакка чоёт. Өлкө Империянын башкаруусуна өткөрүлсө, айтып эле коёюн, бири баш көтөрүп көрсүнчү, бири эмес баары баш көтөрүп чыгышсынчы?! Катыран тыйылат, демек элиңер тынчыйт! Кыр-рың деп көрүшсүн?!

Буга карама-каршы жүйөнү кайдан табат Курманжан?!

«Э-э... келип-келип эле өзүбүздүн ынтымагыбыздын жоктугу буларга жүйө, себеп болуп жатпайбы, аттиң ай...» Тигинин шагы сына калганына бир аз маашырланып, үнү абдан жумшак:

— Кана, датка айым, ушул шартнамага кол коюп, мөөр бассак болот ко дейм эми? — деди генерал Скобелев.

Тириле калды Курманжан:

— Жеңгер төрөлөр, дагы бир ойго кулак тута аласыңарбы?

Генерал Скобелев:

— Айтыңыз, датка айым.

Жай, үнүн көтөрбөй айтарын айта баштады Курманжан:

— Жергилик элдин жашоо түрүнө, туткан динине кысым болбосун, көтөрүлүшкө мурда катнашы болгондугу үчүн элди жазалоо, өрттөө тезинен токтотулсун, куугун жеп бозуп кеткен элдин өз жерлерине кайтып келишине тоскоол болбосун, тынч тирилике өтүшүнө шарт берилсин!

Генерал Скобелев өйдө боло бергенде «сүйлөшүүнүн» ал жагы баары дуу орундарынан турушуп, кең өргөөнүн төрүндө өзүлөрүнчө топ боло калышты. Үрпөйүшүп, бири кабагы үйрүлүп, бири баш чайкап, бири сөөмөйүн кезенип, кужулдашып кеңеше башташты. Койгон талаптарын кошкондо гана бул амазонка макул болору, колун коёру түшүнүктүү болгонсуду аларга. Үй ээси улага жакта, үч гана кишиси бар жанында. Тилмеч дудук, төрөлөрдүн үзүл-кесил угулган сөздөрүн илип-илип

которуп берип турбай, ал өзүнчө тымпыят. Түшүнбөсө да кулак төшөп, ар бир төрөнүн үрөйүн, кыймылын тиктеп, ошол учурдагы алардын дилиндегини туюп калышка далбас кылгандай, көз айырбай баам салып турду Курманжан баарына.

Үч офицер кут этишпейт, генералга батынып сөзгө аралашкан сүрөтчү, ориенталист гана. Кимиси тиктесе да тиктеген сайын тиги улагадагы азиялык амазонканын ирмелбеген саргылт жашыл көзүнө көздөрү урунат, ал саргылт жашыл көз тордун ичинде турган жолборс көзүндөй, ырайым күтпөгөндөй, жалдырабагандай, өз намысын гана, өз акысын гана көшөрүп талап кылып тургандай.

Көзү тыякта, өзү быякта, чалкеш ойлору менен Курманжан. «...ыя, кыргын кылды,. жеңди, ээлеп алды... ээлеп алганыңа макулмун дедирип алыштын эмне зарылдыгы бар буларга?..» деп сурайт өзүнөн. Бир илинчек бар, бир орчун себеп бар биерде...». «Биз айтканга макул деп бүтөрүп ала беришпейби?! Жо, бизди теңчиликке алгылары жок!». « Демекчи, өз колубуз менен кагаздашып өлкөбүз аларга өтсө, а элибиздин эртеңки күнү эмне болору, өзүнө, жерине эгелиги, укугу эсепке алынбаса... Мына-а, ээси көнсө да ууру теңчиликке көнбөйт деген ушубу?! Зорлук ушубу?!».

«...башында таажысы барлары мындай талап коё алышкан эмес эле, бу кемпир...» деп, башын чайкайт генерал, «эмнесине кутурат...» дегени ооз учунда. «...алардын башында таажысы болгону менен, бу кемпирдеги кайрат, рух аларда болгон эмес! Биз быяктын адамдарынын баарын ошолордой оңой көрүп алганбыз...» деп күбүрөдү сүрөтчү. Генерал айтышып отурбайт, ойлонуп буркуят, ойлонуп калганы — ийиккени, а ким билет, бу корс кыял генерал ушинтип туруп эле артынан кесе айтып таштащы да ыктымал. «Төрөлөр, — деди генерал, которуу болбогон соң, катуу, — менден капитуляция кылдырууну талап кылып жатышпайбы, кадырлуу төрөлөр?!». «...ал өзүнчө туура, баары кыйраган соң капитуляция, бирок улук урматтуу генерал-губернатор ушул сүйлөшүүнүн башында өзү болсо, мына бу акыбалды эсепке албай коё алмак эмес...». — Бу ориенталистин оюу. «Сиз, макул болуп коюңуз, Сизди Россияда түркстандын баатыры дешип жатышат, бу байкуштардын акыркы талабына макул болуп койсоңуз сиз тараптан дагы бир айкөлдүк болот, «жырткыч», «желмогуз» деген сөздөр кыйла маанисин жоготот, ишенип коюңуз мага...» деди өзүн ага жакын көргөн сүрөтчү. «Бул шартнама,—деп сөз кошуп калды ориенталист, — кийин тарыхтагы бир бурулуш болуп бааланат...». «А мен айтып коёюн силерге, — деп, генерал оң колун өргөөнүн көк асман көрүнгөн чамгарагын карай көтөрө силкилдетти, — эртең бул крайды өздөштүрүү иши башталат, жер маселеси чыгат, ошондо көрөсүңөр, мындай «шартнама» өтө чоң кедерги болот, угуп койгула, кадырлууларым!»

Сүрөтчү, бул элдин тилин, ыр-жомогун, этнографиясын «изилдеп жүргөн» окумуштуу-ориенталист, аларга акырын ыктап кошулуп майор Ионов — булар да орустар, Россиянын Дүйнө Лигасында мокочодой жамандалып калышына күйүп турушат.

Кең өргөөнүн бир улагасында Курманжан өз кишилери менен турат, алар кооптоно башташкан. «Чык бириң тышка, тез жигит чаптыр элге, камдуу болушсун баары... Тигине, түрү жакшы эмес, канкор
паша кайрадан жортуулун баштайт ко...» деди Курманжан, кай бири башын акырын ийкеп, кай бири тирилей сүрөт болуп турушат. «Биз мунун кагазына мөөрүбүздү баса албайбыз, жандан коркуп мөөр басып берсек, эртеңки күнү жашоо жайытынан

ажыраган элдин алдында жүзүбүз кара болот... Өзү сатылып кеткен «саткын» эле эмес, ата журтту «сатып жиберген» деген кайтпас каргышка калабыз...».

Ошол учурда тилмеч акырын кыңкайлап келип, унчукпай, кулагын төшөй калган.

— Тур нары! — деди катуу Курманжан аны көрө кала. —Тыңчы...

Жалт карай калышты тигилер. Ориенталист тез бери басып келип, муңайым жымыйып:

— Урматлы датка, — деди түрки менен, — ага капа болбоңуз, бир аз токтонуңуз, баары жайында болот, датка...—деп, астейдил жубатты.

Жүзүн тиктеп:

— Бизденсизби, жарыгым?..—деди Курманжан акырын, үнү калтырап.

— Орусмун, датка, орусмун, — деди жүзү жылуу адам. —Силерден те тиги... —деп, тыржыйып калган тилмечти көз шилтеп көрсөтүп, күлүп койду.

— Жо, жарыгым, — деди Курманжан, — «силердики» да, «биздики» да эмес.

— Эми, эсиңизден чыгарып коюңуз аны, — деп, күлө багып, жүзү жылуу ориенталист кайра басты өз тобуна.

«Ушул азыр кычырашып отура берсек иш бузулат, ал иш, Михал Дмитрич, Россиянын иши. Жатып өлгөнчө атып өл деген сөз бар буларда, булар атып өлүшөт. Коңшулары ойгонот — Иран, Кытай. Индиядан англистер кол сунат. Дүйнө Лигасы кайра курчутуп Россияга каршы маселе көтөрөт. Орустун каны төгүлүп, казынасы чачылып ушунчалык ийгиликке жеткен соң бул ийгиликти Россия үчүн майда бирдемелерге кычырашып отурбай булардын сураганынан ашыкча берип бекемдеп калыш керек!» деди ориенталист, ал душманга түгүл «өз» дегендерге да айта бербей турган эң акыркы сырды айтты.

«Гм-да...», «Ну да...» деп, сеңселген мурутун желп эттире үүлөп, кайра сыланып, тынчы кетип укту генерал Скобелев.

«Биз билебиз, байкап көргөнбүз керек болгондо өмүр баянын, тиги жашыл көз аял көзүңүзгө көп кемпирдин бири катары көрүнбөсүн, Сизге кырың дей албаган таажылуулардын ошо таажысынан башка эчтемеси жок болгон, артынан ээрчиген бир уруу да эли болбогон, ошон үчүн алар сизге кырың деше албаган, а бу жашыл көз аялдын артында бул өлкөнүн дүпүрөгөн атчан эли бар, Бухара, Хийва, Кашкар ордолору кадырынан шек санашпайт, ушул убакта, ордо ээси жок турган убакта бул жашыл көз өлкөнүн таажы кийе элек каникеси катары эл арасында даршан болуп айтылып жүрөт. Демек, — деди кескин ориенталист окумуштуу, — бүгүнкү акыбалдарына жараша «сүйлөшүүгө» келип турган соң, урматы улук Михал Дмитрич, Россиянын бүтүп жаткан ишин кокус бүлдүрүп таштабай турган болсок экен...» Көптөн бери ага илешип жүргөн, «бабыраган бирөө» делинген бу «окумуштуу» эми көрүндү го?! Чоочунуп калды генерал, «жашырын бакылоо» деди ичинен, бирок анын айтканынан бир кынтык таба алган жок.

Тамшанып туруп, сеңселген мурутун маашырлана сылап, ошол көз ирмемде эле «сураганынан ашыкча берип болсо да» деген сөз көңүлүнө келип, ичинен күбүрөнүп, анан килейген генерал чайпала Курманжанга карай басты:

— Биз абдан терең кеңештик, датка айым, айткан талабыңызды орундуу деп таптык, макул болдук!

«Жүзү жылуу, тил билген орус» кабагы жаркылдап, күлө багып, генералдын сөзүн шакылдатып которуп калды. Былк этпей, үн катпай, саргылт жашыл көзү коюлгансып, акырын башын ийкеди Курманжан.

— Ыраазылык айтты, —деди токтолбой «жүзү жылуу».

Генерал Скобелев:

— Качан айтты?!

— Көз тиктеп, баш ийкеп койгон, Михал Дмитрич, быякта «макул», «ыраазылык» болот.

Күлүңдөп:

— Биз дагы Сизге ыраазыбыз...—деди генерал Скобелев, сөзү которулду, ал датка айымдын эки чыканагынан асте сүйөй кармады, анын тула бою билинер билинбес титиреп турганын сезди. — Эми кам санабаңыз, өз-өз ордунда болот иштин баары...

Кайра өз орундарына жайланышып, көңүлдөрү ачылып калышты. Майор Ионов, сүрөтчү Верещагин, ориенталист окумуштуу Васильев шартнаманын жаңы үлгүсүн даяр кылышты.

ШАРТНАМА

1. Эски хан ордосун кайра кандай абалында болбосун калыбына келтириш эки жакка тең ылайык болбойт.
2. Жети шаарлуу Коković өлкөсүн Россия империясынын карамагына эки жак тең өттү деп эсептейт.
3. Жергилик журттун жашоо тиричилигине, туткан динине Россия акимчилиги тарабынан кысым кылынбайт.
4. Көтөрүлүшкө мурунку катнашы үчүн өлкөнүн калкын жазалоо токтотулат; колго түшкөн же өзү келип кабылган көтөрүлүшчүлөр азат болунат; куугун жеп бозуп кеткен элге кайра өз жерлериине кайтышка, жана да тынч тирилигине өтүшкө шарт берилет.
5. Россия өз карамагындагы башка тайпа журттар катары бу Жети шаарлуу өлкөнүн журтуна да кам көрөт.

Шартнамага генерал Скобелев кол койду. Курманжан «Курманжан датка айым» деп жазылган күмүш мөөрүн басты.

Камдуу келген генерал өзү Курманжанга кызыл кымкап тон жапты:

— Кут болсун, урматы улук канике айым, биздин азирети ак пашабыздын улук ыракымы! Сизге орус аскеринин полковниги деген аскерлик чин берилерин, жана да өз өлкөңүздөгү эң бийик баркыңызды мындан нары да дагы көтөрүп, сизге «кара кыргыз territories» деп урматоо ылайык табылганын көп алдында жария кабарлап коюуну өз вазийфам деп эсептейм. Жана да, мындан тышкары азирети ак пашанын казынасынан сизге жылына үч жүз сом өлчөмүндө көмөкчү каражат ыйгарылат.

Курманжан мелтиреп суз кабыл алды. «Кайдагы канике?! Өз алдынча журт сурайт канике деген?! Бул шартнамага мөөр басып, анан каникемин десең тууган уялбайбы, душман табалап күлбөйбү, кокуй?! — деп, тымызын көңүлү сынды.

— Эми мага атак зарыл эмес, улугум... Мага эми азирети ак пашанын пейили кең болушун гана бир кудайдан тилеп, ушул ыйык шартнамага ылайык журтум тынч болсо,

журт ичинде өзүм бир кудайга кулдук өтөп, тынч өмүр кечириш жагы гана ылазым... — деди Курманжан, не өкүнүчү, не ыраазылыгы сезилбей.

Сый тамак учуру эле.

Тыштан акырын кирип, небереси Мырзапаяс чоң энесинин жанына кош тизелей акырын чөгөлөй отуруп, башкаларга байкатпай кулагына: «Чоң эне... сиздин үрөйүңүздү көчүрүп алып атат, чоң эне...» деп, асте шыбырады. И, үрөйүңүздү көчүрүп алып атат деген эмне?! Чоң энеси небересин бир карап койду. Мырзапаяс улагада күймөнүп отурган кыркма кара сакалы бар сыпаа жүз орусту тымызын чоң энесине байкатты: «Оногу орус көчүрүп алып атат...». Курманжан түшүнө албай, орус жакты карап элтейди. А орус улам ага көз кырын салып, кайра алдындагы бирдемеге күймөнүп, колу ойсоңдоп, кайра көз кырын салып, кайра өзүнчө үңүлүп отурат. «Бул сыягы пашанын наиби окшойт... келген күндөн бери эле улагада ушинтип, оөздон чыккан сөздү жазып алгансып жүрөт ко...» деди ою.

Муну байкаган генерал Скобелев:

— А киши сүрөтчү Верещагин төрө, канике айым, — деп калды, — сиздин сүрөтүңүздү тартып отурат, камтама болбоңуз, канике айым.

Ориенталист которду.

Эки көзү күлүңдөй башын ийкеп койду сүрөтчү төрө, негедир шашкансып, көңүлү толкундагансып, өз ишине дагы карамыга үңүлө.

Курманжан «кандайча?!» дегендей, көңүлү уйгу-туйгу болгондой таң калып, бир кур кейиштүү ойго кабылгандай, эмне дээрин билбей калгандай нестейди. «Үрөйүнө кошулуп адамдын руху сүрөткө өтүп кетет» деген кооптуу сөз эсине келди. Бирок, эми эле шартнамага мөөрүн басып, амирине моюн сунуп берген акимдерге каяша айта албай дендароо болуп отуруп калды.

— Жакпай калды,—деп түшүндүрдү генералга Курманжандын абалын ориенталист.

— Көрбөй туруп эле жактырбай калабы?! — деди генерал бери апкел дегендей сүрөтчүгө ишарат кыла.

— Өтө жооптуу сындан өтө тургандай өзүнчө эле апкаарып, сүрөттүн ар кай жерин бир тиктеп, кармалап, кайсаланып калды сүрөтчү. Мына, отургучтай бирдемеге коомай отурган, жука кызыл камзолдун тышынан белине кооз кындуу кыңырак байланган, башында үлпүлдөгөн жаңы кар сыяктуу ак илеки чалынган, буудай иреңи суз, акылы, кайраты ачык сезилип турган орто жашап калгансыган зайыптын сөөлөтү. Сүрөтчү ордунан туруп, төргө келип, сыңар тизелей сүрөттү бери карата берди.

Көзүнө чалына электе Курманжан көзүн акырын жумуп алды. Генерал Скобелев:

— О-о... Эң сонун...—деп жиберди. Курманжан жумган көзүн ачпай үнсүз башын чайкады. Жаш Мырзапаяс сүрөттү эки көзү бакырайып, апкаарып тиктей берди.

— Көргүсү келбеди, — деп түшүндүрдү ориенталист.

Кубанчы заматта кубулуп түшүп, сүрөтчү ордунан шып туруп, сүрөттү абайлап кармаган бойдон өргөөдөн чыгып кетти. Эми көзүн ачты Курманжан. Төрөлөрдүн таң калып тиктей, кабактары кирдей түшкөнүн көрдү да:

— Капа этпеңер, урматы улук төрөлөр... —деди, кечирим сурагандай үнү басмырт. — Те илгери да, биздин пайгамбарыбыздын тушунда да, ушундай адамдын үрөйүн көчүргөн өнөр болгон дейт. Пайгамбарыбыз сыркоолоп калганда бир күнү жанындагы

ишенимдүү чарйары[1] ушундай өнөрчүгө анын ыйык үрөйүн көчүртмөкчү болушат. Өнөрчү келип, көчүрө баштаганда пайгамбарыбыз жүзүн калкалана койгон дейт. «Э-э, расул илла, кийинки үмөттөрүңүз үрөйүңүздү көрүп, кыяматка дейре медер кылып жүрүшпөйт беле?!» дешкен. «Баарыбыз адам атанын баласыбыз, андай болгон соң мага окшогон бир үмөтүм үрөйүмдү карап отуруп бир кыйкым табат, бир үмөтүм сулуусунат, бир үмөтүм сөөлөттүүсүнөт, маани ушул ки, үрөйүмдөн көрө сакы үмөттөрүмө жакшы ишим, акыл сөзүм калсын» деген экен пайгамбарыбыз...

Маанилеп түшүнүк берди ориенталист. Төрөлөр өзүлөрүнчө кобурашып калышты. «Мейли, ар кимдин өз үйүтү өзүнө жакшыдыр, зыяны жок болсо болду бизге...» деп койду генерал Скобелев.

* * *

Ким бороонго кабылган, терс айланып удургуган, бет алдыңды көрсөтпөй, дем алдырбай, айлананы, тири жанды буй кылган?! Ким көргөн уюлгуган кара булут чүмкөгөнүн, шыбыргак бурчак урганын, сеңселген дарак, көйкөлгөн эгин, түркүн кийе, көкүрөк керген жалбырак сабалып, топостолуп жыгылганын?!

Куду ушундай бороон, ушундай муз бурчак тебелеп өтүп, эми боло калган биртке жымжыртта, мөмөсү топостолгон көлөкөсүз дарактын түбүндө, кыйрап жыгылган эгиндин четинде, «чырк» эткен чымчыгы жок ээнде Курманжан өзү жалгыз отуруп калган сыяктуу.

Эми кайда кадам коёру, эмне арга, кандай гөр тирилик кылары бүдөмүк, бир шумдук көз карайлап, баш каңгырап бош калган.

Баягы «кол коюшкан» күндөн бери «канике айым» үйдөн чыга элек, бейчеки кишиге көрүнө элек. Эрте козголуп, даарат алып, багымдат намазын окуп, бетке бата тарткан соң да, былк этпей көпкө отура берет. Тышка чыкса, алдына күрсү коюнуп, үйгө сүйөнүп, жадырап чыккан күндү карайт, кудайга шүгүрчүлүк келтирип, күнүгө кечикпей чыккан күнгө ыраазы болуп, келе жактан жамыга жакшылык тилейт. Кечкисин да намазын окуп алган соң дагы баягы, кызарып баткан күндү карап, күн кызылына көзү чагылышып, ыйлаган көздөй жашылданып, чарчаңкы ымдалап коюп, былк этпей, күңк этпей шалдырап отурат.

Не иш кылды, неге кепил боло алды?! Бирден ийиктин жибиндей кайра чубап, кайра көңүлдөн өткөрүп ой тербетет. Не өкүнөрүн, не көңүлгө төтөк кыларын такмындай албайт, не «тагдыр ушу го» деп, муңкүрөп моюн суна албайт — ой ааламдай чексиз, толкуган мухиттей тынчсыз.

Тышка көтөрүп чыгышып, төрөлөр «Шартнамадан» эмне пайда көрүп жатышканы ага угулбайт. А биерде «канике айым» атынан даршан. Бозгон эл өз ата конуш жерлерине кайтууга улуксат болунуп, тынч тирилигине өтүшүнө мүмкүнчүлүк берилди. Бир жагынан, «Жазалоочу экспедиция» жоюлду болунуп, аскер бөлүктөрү ар кайсы шаарларга бөлүштүрүлүп, «аскер туругу» деген бекем коргондорго жайгаштырылып коюлду.

Тоо буйгаларында топтолгон жергилик кошундар да, шартка жараша ыкташып, бошоңдоп, өз-өз айыл- кыштагына акырын сиңип, көрүнгөндүн көзүнө түшө бербей

[1] Ч а р й а р — төрт дос, Мухаммед пайгамбардын жолун улантуучу төрт шакирти.

калышты. «Аскер туруктарынан» «тартип сактоо» деген максат менен шаар ичинде күнүгө, өзүлөрүнө жакынкы элет арасына ар убак «марш» жасашып турушат. Бу «тартип үчүн» делинсе да, тегинде жергилик элге дагы эле кыр көрсөтүү, сесин алып туруу болгон. Кээде отряддардан «жеңген аскер желигип» болуп, жолуккан айылдын «асылды» деп иттерин атып, тентектик кылышкан учурлары бар. Саламга жараша алик болот, ошондой бир «марш» алдынан «кырат экен», «өрттөйт экен» деген каңырыш угулуп кетип, бирөөлөр буктурмадан ок атпай кылыч чаппай илгеркиден калган жаа менен эле бирин соо калтырбай сулатып да ташташкан.

Энеден «бек туулгам», «хан туулгам» дегендер бири хандык укугунан ажырап, бири бекчилик кадырынан тайып, эң акыры, жок дегенде, «орус менен кол коюшуп» «ит жемин» бөлүшүп калбаганына өкүнүшпөй коймокпу?! Не кокустук, не эрегиш, иши кылып, тигиндей болуп кеткен кагылыштар тымызын күйткүлөнүп, «журт намысы», «дин намысы» деген ыйык сөз кайрадан күбүр-шыбыр болуп, кайрадан жанына кире баштаганда кылдат жарымпаша муну көз жаздым кылган жок. Бир убакта эл көтөрүлүшкө каршы «иш кылып» беришкендиги үчүн өзүлөрү ар түркүн «наам», «чин» ыйгарган «Его высочества» Кудаяр, «дворянин» Насирдин, «полковник» Абдырахман элден бөлүнүп, алыскы Оренбург губерниясына көчүрмө кылынды. Түркстан жерин канга бөлөгөндүгү үчүн чет элде да, бул элде да өзгөчө жек көрүнгөн генерал Скобелев оболу Санкт- Петербургга чакырылып алынды да, андан нары ошол кезде Балкан-Тоодо жүрүп жаткан орус-түрк согушуна жиберилди. Мунун кетиши да жергилик элди кыйла ыраазы кылган иш болунду, бир жагынан.

«Канике айым» өзү менен өзү сүйлөшөт, өзүнчө күбүрөнөт, көңүлүнө, өмүрүнө өзү мөөрүн баскан кагазын кайра эсине алат. «Ыя, бирине бири суук, төрүнөн гөрү жуук, акыл мукураган, арга түгөнгөн бул алаамат мезгилде эмне деш, эмне кылмак эп эле канавайран чабылып, кан ордосу таланып, баш- көзсүз калып турган элге?! «Кайра аттан» деш, ал курулай пеш — көз көрүнөө отко итериш, окко түртүш — бу деген ичте жүргөн жаттын кылары, же атасынан калган өчү бар кастын кылары! А арага түшмөк — келтек жемек, кеп укмак, ошен этип туугандыгын актамак — алсызын, бечарасын сактамак. Мына — таажы кетсе баш эсен, элбеги кетсе эл эсен, эл турагы жер эсен, жалын өчсө очокто кору калды, жели чыкса көкүрөктө деми калды — эртеңкиң өз акылыңа, дымагыңа жараша, көрөрсүң....» дейт, өз үмүтүнө гана жылынып отурат.

Ошол эл ичи да, өз көңүлү да биротоло тына койбогон күндөрдүн биринде эбегейсиз чоң шар боло түзгө кызарып батып бараткан күндүн бетинен биртке карарган так көрүнгөнсүп, анан улам чоңоюп, кыймылдап бери чыгып, адам сөлөкөтү көзгө түшкөнсүйт. Кош көрүнүп жатабы, Курманжан көзүн ымдалап тиктеп калды.

Жо, адамзаада экен, күндүн кызылынан чыгып, жөө, бери кайрылды. Ит үргөн жок, акырын илдиреп басып, жакындап келе берди. «Кандай көйүндө болсо да эркектин периштеси улук» делинет эмеспи, «кадырлуу канике айым» саал козголуп, ордунан турган болуп, аны утурулап көңүл бөлүп калды.

— Арыбаң, байбиче, арыбаң...—деп салам айтты, календер экен.

— Бар болуң, бар болуң...—деп, жылуу алик алды Курманжан.

Саал энтигип токтоду календер, бир жактан көшөрүп жол жүрүп келе жатканы сезилет.

— Келиң, — деди Курманжан, — келиң, мейман болуң, азизим...

Үй бүлө зайып леп барып, мейман үйдүн саймалуу чий эшигин көтөрүп ачып калды. Көз ирмемге ыргылжың боло, көп убакта эшик алдынан эле кетип көнгөн неме, же сыртынан тааныйбы, же бу салабаттуу байбиченин сазесин кадырладыбы, биртке ыраазылык сездире акырын баш ийкеп, тиги тири пенде төбөсүнөн өйдө көтөрө ачып зарылып турган эшикке карай илдиреп кадамдап барып, ичкери кирди.

— Төрлөң, азизим, төрлөң...

Кепичин улагага чечип, түбүндө бирдеме томпойгон көлбөөрүн керегенин башына илип, анан төшөлгөн килемди басып келип, төркү килемдин үстүнө жайылып жаткан шайы төшөктүн четине коомай көчүк басты. «Жо, жо, азизим, төрлөң, төрлөң...» дегенине көнбөй, акырын «кудай жалгасын» деп, ыраазылыгын айтып койду. Наркы четине отурду Курманжан.

«Шырп» этпей, «түп» этпей лепилдеп кыймылдаган үй бүлө зайып тез колго суу куюп, тез дасторкон жайып, дүйүм даам коюп, чай суна баштады.

Мейман өзү менен өзү, эч кимге тик караган жок, дасторкон үзүрүнө серп салып да койбоду, бир сындырым нан алып, кичинеден чайга малып, акырын күрмөп, артынан акырын чай ууртайт.

Бир кишмиш алып, оозуна салып, артынан чай ууртаган болуп, шүк отурат Курманжан да.

Өзү айтпаса календерлерге эч убакта «эмне кылып жүрөсүң«, «кайда барасың» деген суроо болбойт, булар бул дүйнөнүн үзүрүнөн кечкен, кудайдын бирөө экенин, пайгамбардын барлыгын сайрап, жер кезип жүргөн ыйык кишилер делинет. Кай бир буга кошумча заман түрүн, адам пейилин сыпаттап, келе жак жөнүнө болжол айткан ойчулдары да илгертен боло келген. Топугу улук, көңүлүнөн чыгарып бирөө жарты нан берсе «берди» деп сүйүнбөгөн, бербесе «бербеди» деп күйүнбөгөн, ачтыгына да, токтугуна да кайыл, кудурет өзү толкуган ой мингизген азиздери.

Бир сындырым нанга, эки куюм чайга өзөгү жалганып калды белем, эми ээн жерде, ээн үйдө өзү жалгыз отургандай өзүнчө жер тиктеп, өз оюна өзүн алдырып, эки жагын көрбөй каранып, көзү айланып үргүлөп, эрини кыбырап, бирөө менен сүйлөшкөн таризде көкүрөгү акырын күбүрөнүп, акырын кыңкайып калды.

Үй бүлө зайып леп жаздык алып, анын башына жаздамакчы болду эле, «канике энеси» бир алаканын асте көтөрө «ойготпо» деген ишарат кылып койду.

Чукуранып алды календер, бир кур эки алаканы курушкансып, биртке титиреп, күбүрөнө баштады, көз уйкуда, көкүрөк ойгоо сыяк.

...эл дымагы түгөнөр,
эр кайраты мукурар...

...айрылар ана тилинен,
азгырылар дининен,
өзгөрүлөр түрүнөн...

...эси, көйү билинген,
өз элине күйүнгөн
өспүрүм «жаман» делинер...

...жаттын ырын ырдаган,
жандап жаны тынбаган
эр дана болуп көрүнөр...

Курманжан нестейди, былк этпей, чук этпей кулак төшөдү. О, жараткан, бу не деген аян?! Эртеңки күндөн баары бир көңүл тынчытпай, өзөгүн көрүнбөгөн курттай жеп отурган өз күдүк санаасына келип тийди го?! Үстүнөн чыкты го?!

Ошол пайитте календер аягынын учу дирт-дирт этип, толгонуп, өйдө боло башын чулгуп-чулгуп алды, дагы эле токтоно албады.

...о, кудурет сактай гөр...

...атадан калган жер унут,
анадан калган ар унут.

...тутунуп келген илгертен,
уюктуу элди журт эткен
салт, кааданын баары унут...

..кардынан башка жову жок,
катындан башка эли жок...
бакыл болор пенделер,
иштеп курсак тойбогон
ач мырзалык күн келер...
...уктап уйку канбаган
бейтынч, бейкут түн келер...

...өзүңдөн башка, бир алла,
айла, аралжы ким берер?!

Өз бушманы, өз тилеги кошул-ташыл болуп, «йа, алла... йа, алла...» деп, карманса болбой каңырыгы түтөп, өпкө кага энтигип кетти Курманжан.

IV

Абил бий жөргөмүштөй, кыңырылгансып, бүрүшкөнсүп:

— Эми... үкем... не кылган менен тууган экенбиз, чакыртсам назерими сындырбай үйүмө келип, бирге даам сызышып отурасың...—деп, көпкө токтолуп, буула, демин ала акырын сүйлөп отурду.

— Аттиң ай,—деди, — кимге катуу кебим өтсө, катуу камчым тийсе... күйүп кеткен ордонун кебин айттым эле, ошонун катуу камчысын чаптым эле, аттиң ай... Не артты мага?! Өз туугандарыма, өз курдаштарыма жаман көрүнгөнүмдөн башка?!

Унчукпай, тиктебей деле, өзүнчө эле угуп отура берди Бекназар.

— Өзүң билесиң, үкем, баары сенин көз алдыңда болуп өттү го,—деди Абил бий качанкы бир өткөн өктөлөрү эсине келип чыйралып. — Те баягы «кан көтөрүш» болгондо көздөй жигитими бердим — кан көтөрүлүп калсын дедим; ырылдаган ит Домбунун кунун бүтөрдүм — элге тынччылык болсун дедим; кайран Шер-датканы жараштырдым — тыякта Ташкен алынып турган убакта ордонун ынтымагы бүтүнүрөөк болуп турсун дедим; элдин эрегиши күч алганда эрегиш жакка Абдырахманды өткөрдүм — күч бириксин, бир жагына оосун дедим; ал көй мансапка тез жетмечки болуп, тили ширин жарымпашанын азгырыгына кирип, акыры азгырган азгырык аны талаага таштап кеткенде, канча болсо да артынан ээрчиген кошуну бар эле анын, кайра Исхак менен жараштырдым — бийлик бир бекем колго өтсүн, ордо сакталып калсын, мамлекет бузулбасын дедим...

Ырас, болгон иш мунун баары. Баш ийкеп, жанагыдай эле тынч отурду Бекназар.

Абил бий:

— Бирине милдет кылдымбы?! «Датка кылгыла», «парваначы кылгыла» деп жулунуп бардымбы?! Жок. Иттей ырылдашып, мышыктай кыйылдашып талашып жаткандарга аралашып калгым келген жок. Бу бийлик деген кимден калбаган, кимдин башын жебеген?!

Сөз кошподу Бекназар.

— Мына, эмне болду акыры, — деп, өзү кейиди Абил бий, — эң акыры ханын дарга астырып, «жаман төөнүн жабуусу» эле бизге ордо, аны алдырып, көңдөбөгө күрөлүп ташталды го өзүлөрү да?!

Баягы күнү дөңдө өзү жалгыз кала бергени бийдин дымагын күбүп түшүргөн экен. Өз өмүрүн өзү тескеп, ыраазы да боло албай, эң акырында кара кылар киши калбаган абалын өзү сынап, өзү сынып отурган экен.

А Каракаш айым куунак, эшик караган, от ичкерткен эч ким жок, соорусун сүлкүлдөтүп, меймандарын өзү күзөтүп жүрөт. Мейманы эки эле киши — Бекназар, Кулкиши.

Абил бий:

— Эми, өзүңө көзмө-көз айтып коёюн дегеним... — деди, кайра ою алда кайда чачылып кеткендей, айткысы келбегендей көзүн сүзүп отуруп, көзүн ачты бир убакта. — Өзүң да көрдүң, мен да көрдүм — эл сени ээрчип калды, эми келкел сеники...

Каракаш айымдын кабагы жаркын, алдыртан жал- жал тиктеп, жылдызын төгүлтүп, ошонусу менен баатыр кайнисине болгон кадырлоосун, көңүл сыйын билдирет. «Келгиле, баатыр уул, кымыздан иче отургула...» деп, үнүн жылажын кылып кымыз сунат.

Абил бий:

— Мен эми жолуна көлдөлөң турбаймын, Бекназар бий! Баштай бер элиңи каалаган жагыңа, бу дүйнөдө да, тиги дүйнөдө да өзүң кепил бол, өзүң жообун бер... Мен да өз билген жолум менен жүрүп көрдүм, эми сен да өзүң билген жолуң менен жүрүп көр...

— Абил аке, —деди Бекназар эми өйдө карап, — бий болоюн деп жулунуп жаткан жерим жок, уктуңуз го өзүңүз, «сен бар» дешти, мен орустун огуна баратам, Абил аке. Мейли, көңүлүңүз болсо сиз барыңыз. Кимибиз барсак да эми мааниси бир...

Ушул тапта Каракаш айым башкаларга байкатпай өз байын алдыртан тиктей калды. «И, не десем?..» деп, заматта азазил акылы чарк уруп кетти Абилдин. Башын көтөргөн жок, көзүн эч кимге көрсөткөн жок, бирпаста ой жымыратып баса калды аны. «О, бу бала не деген ичи кең бала?!» деди бир ою. «Ырас, бу окко барыш, ким барса да ок атылса өлөт — кайран эр делинип кошок кошулуп, макталып көмүлөт, а ок атылбай калса — кадырга минет, чоң бий боло албаса да, өз аймагына «тоң бий» болот...» деди бир ою. «...мусулманча шейит. арбагы бейиши, а арты атадан балага дастан сөз...» деди бир ою чарк айланып, ошол тапта мындай өлүмгө сугу артыла түштү тымызын.

— Жо, жо, — деди өзү, — өзүңө тапшырылдыбы, өзүң көр... Жол койгон ниетиң эле мага олжо, ошого эле ыраазымын...

Баары бир Бекназар ошол чарчаңкы, көңүлсүз абалында отуруп, орус отрядынын алдынан чыгышка камылгаларын айтты акырын. А Абил анын бирин да уккан жок.

Кысыр эмди тайдын балборук эти, суусуну кымыздын гүлү болду. Каракаш айым дасторконун да, көңүлүн да кенен жайып, меймандарды өзгөчө күттү.

Кулкиши жетине албай, ичинен сүйүнүп, ичинен көкүрөгү көтөрүлүп, кээде:

— Эми, Абил аке, мындан наркы ишти көрө жатабыз!.. — деп оозун толтура сүйлөп, Абилге тең болгонсуп, бакытка карк болуп отурду. Оокат сиңсин деп Каракаш айым сары чайды жакшы демдеп, бир пияладан өз колу менен сунду.

— Бий, бизге жооп бериң... — деди Бекназар кетүүнү эсине салып, сыяпаты үчүн Каракаш айымга ыракмат айтты. Каракаш айым үнүн коңгуроо кылып:

— Чакырса назарын сындырбай, көксоо агаңдын үйүнөн келип даам сызып, билгиликтүү кишинин ишин кылдың, кагылайын кайним... — деди жоодурай, анан сарала саймалуу жапсар баштыгына даяр коюп койгон ак быязы камзолду Бекназардын ийнине жапты.

— Ийниң кубанып кетсин, баатыр,—деди Абил.

Чын эле камзол кунда жок камзол экен. Ак тайлактын жүнүнөн таза кылдап, бордоп, эришин, аркагын оң-тетири талдыра өзүнөн үлбүрөгөн чийин, түр чыгарып согулган. Тигишин ак жибек менен кежиген. Тик жака, жакасынан ылдый так белине дейре кыдырата түймө.

Кулкишинин көзүнөн от чыгып кетти.

— Агаңдын жыйган дүйнөсүнөн эмес, —деди Каракаш айым, — бу тырмагымдан чыккан буюм, жаман да болсо жакшыдай көрүп, жыртып кой, кайним.

Салт ошол, Бекназар баш тарткан жок. Кубанган жок. Ийнин күйшөй, акырын баш ийкеп ыракматын билдирди. А Кулкиши ак быязы камзолдун жеңинен кармалап көрүп:

— О-хо-о!.. «Жаман да болсо» дейсиң а?! Колуңа баракелде, жеңе!..—деп мактап калды.

Негедир Абил капилет оорусу кармагандай иреңи өчүп, былк этпей ой басты. Меймандардын аттарынын белин тарттыр жигиттерге деп, Каракаш айымды жумшады. Ал кетери менен илбирстей шып туруп:

— Эми, балдар... — деп күбүрөп, коңулга күймөнүп, бир кичинекей кол чаначты алып чыкты, — эсимден чыгып калган турбайбы... Жаман адатым бар, кымызды бөлөк ачыттырып ичем, насыбайдын кумарындай нерсе, кээде жаман деле болуп калат, бирок ичсем суусунумду кандырат...

Ал кол чаначты шылк-шылк булкутуп, анан кырма кесеге мелтирете куюп, Бекназарга сунду. Бекназар унчукпай кесени алды. Абил кымыздан Кулкишиге да куйду:

— Ичкиле, балдар...

Бекназар кымызды бир шимирип жутуп, негедир тамшанып токтоп, ошол замат башын көтөрүп, Абилди октолуп тиктей берди. Абил да көзүн ала качпады, жыландай мелтейип, ууртун бек кымтып, ирeңи аны сайын кумсарып кетти. Колуна тийген кесени эми оозуна алып бараткан эле Кулкиши. Бекназар кагып таштады. Кесе тыякка ыргып, кымыз жайнап төгүлдү. Кулкиши томсоро түштү. «Аттар даяр!» деп кабарлаганы тыштан кирген жигит болуп жаткан иштин көрүп, Абилди жалжал тиктеп токтоло калды.

Бекназар колундагы кесени Абилге карай шилтеп жиберди да, унчукпай эшикке чыга жөнөлдү. Кулкиши артынан шашылды. Абил былк эткен жок, башынан ылдый кымыз төгүлүп, бирок унчукпай, уурту бек кымтылган бойдон, нестейип отуруп кала берди. Жигити кеткендердин артына жулунуп басты эле:

— Бери...—деп, акырын зекип токтотту Абил. Тыштан шаша басып Каракаш айым кирди:

— Эмне болуп кетти?

Абил былк эткен жок.

Бекназар атка мингенинче чапты. Кулкиши артынан куйрук улаш кетти. Эмне болду? Мамиленин мындай тез өзгөрүшүнө түк баамы жетпей, ичинен Бекназарга күнөөнү оодуруп, кейип келатты Кулкиши. Айры белеске жеткенде, нарытан те этеги мунарыкка төнүп, ийрилип аккан суусу күнгө жылтылдап, ар жеринде топ дарак дүпүйүп, мелтилдеп көк өзөн көзгө тартылды. Бекназар тизгин жыйды. Кара моюн болуп тердеп, оолугуп алган куланчаардын тизгинине алы жетпегендей болуп, ат үстүндө теңселе түштү. Кулкиши жетип сүйөй калды. Бекназардын ирeңи көгөрүп, көзүнүн эки кычыгынан идиркенектеп кичине чылпак чыга түшүптүр. Өтө кыйналгандын белгиси.

— Өй... айланайын, эмне болду ыя?.. —деп жиберди Кулкиши үрөйү учуп. Бекназар башын чайкады. Оозунан чыккан деми өтө ысык. Кулкишинин көңүлүнө дароо күдүк түшүп, дароо кайгыга алдырып, калтырап кетти:

— Кокуй!.. О, кокуй, жемекчи Абил жеген белем?!

Бекназар Кулкишиге таяна берди. Ал кой дегендей башын чайкады. Ат жалына эки окшуп кан кусуп жиберди. Кулкишининин биротоло эси кетип, эки жакты алактап карап, кишинин карааны көзүнөн учуп, араң сүйөп, токтоно албай үңүлдөп ыйлап, белиндеги жоолугун чече коюп Бекназардын көкүрөгүн, оозун аарчыды. Бекназар дагы окшуду. Шүүшүн чыкты. Бир кезде жаш талдын суусун чыгара кармаган балбан, уюткан колодой нык жигит эки бүктөлүп ээрдин кашына тырышып жыгылды.

— Ой... айланайын жолборсум... айланайын...— деп бакырып-бакырып жиберди Кулкиши. Бекназар бир онтоп өйдө болду. Эки көз түйрүлүп кеткен сыяктуу, кыпкызыл нуру өчкөн. Эрдин кесе тиштенип:

— Кулаке...—деди ал араң. Кулкиши үйрүлүп:

— Ыя, айланайын, ыя?.. — деди көзүн тиктей. — Кулакең сары улак болсун сага...

Бекназар:

— Кулаке, бир сурарым, ушуну аткар, Кулаке, эң акыркы сурарым...

— Кулакең сары улак болсун сага... Садага болсун сага Кулакең...—деп дилдиреди Кулкиши.

Бекназар:

— Болор иш болду, көрүп турасың, Кулаке, бала эмессиң... уу коргошун ичтим... Сурарым ушул, ушуну эми эч кимге оозуңдан чыгарба, Кулаке... Чайпалып жүрүп төгүлдүк го, чабышып жүрүп түгөндүк го?! Болду. Менден мурун адам өлбөптүрбү, менден кийин адам өлбөйбү, тагдыры ошол болсо көнбөйбү?! Бир гана арманым кетмек болду ичиме, Кулаке... Октон өлөйүн дедим эле...

Кулкиши эчтеме айта албай, өңгүрөп ыйлады. Бекназар чымыркана тиштенип, көзүн сүзүп, ат үстүндө каалгыды...

«Эмне болду экен? Болду болору! Өлсө өкүрүк, өлбөй калса кыйкырык. Экөвүнүн бирөвү...» деп Абил төрүндө толгонуп жата албады. Эшик шырт десе, те алыстан ит коңк деп үрсө, башын селт көтөрүп, жүрөгү муздап, эрдин кымтып тыңшай калат. Ага баары таң, Каракаш айым таң. Ал эч качан мындай болбогон. Эч качан мындай үрөйү учпаган. Эч качан мындай алдастабаган. Иреңи керсары тартып, эки көзү кызарып, бир күндүн ичинде арыктап, катырган балыктай мисирейип кетти. Эч ким менен сүйлөшпөй, бет келишип отурбай койду.

Каракаш айым өргөөгө кирип, жүйүртө басып келип, жанына отурду. Сөздү эмнеден баштарын билбей бир пас отуруп калды.

— Датка... — деди акырын, — табып чакыртайынбы?..

Абил унчукпады, көңүлү үйгү-түйгү, «Өлсө өкүрүк, өлбөй калса кыйкырык» деген ой, башка сөзгө орун бербеди.

Эшикке дүпүртө чаап келип бирөө түштү. Абил жамынып отурган кымкап тонун силке таштап ордунан атып турду. Каракаш айым эшикке умтулду. Кара жолго коюлган кароол экен. Ирeңи купкуу. Абил тирмейип тиктеп калды. Ал ошол тапта «Өлсө өкүрүктү, өлбөй калса кыйкырыкты» күттү.

— Бий, баатыр өлүптүр..—деди кароол аптыгып, Каракаш айым кокуйлап жиберди. Абил ирeңи бир кубарып, бир кызарып, бирдеме дей тургандай болуп, кайра токтолуп, купкуу жука эрини акырын кыбырап, кароолду мелтейип тиктеди:

— Эмне деп өлүптүр? Ыя, бирдеме деп керез айтыптырбы..?

— Билбейм, бий. Көл Мазарга көр казганы келгендерди көрдүм...

Абил бий жеңилдене түштү. «Кудай ыракматы кылсын..» деп ачык күбүрөп, эки алаканы менен жүзүн сыйпап койду. «Э? Гөр казганы гөрүстөндө жүрүшсө... мага атайылап кабар жиберишпей койгон экен. Бу шек саноо, ичтин кеткени эмес бекен а?...» деп, азазил көкүрөгү нечен толгонуп кетти.

— Кайраным... —деди Абил, ошол жерде кароол жигиттин көз алдында, өз байбичесинин көз алдында кадыресе, же кубанычы же күйүтүбү жашып жиберди. — Кудай ыракматы кылсын! Жан бар жерде өлүм бар. Баарыбыз бир күнү ошобуз...

Каракаш айым астейдил көз жашын төктү.

* * *

Полковник Машин Намангендеги аскер туругунан «марш» менен чыкты. Отряд Сефит-Буландан оңго бурулуп, күн чыгышты карай жүрүп, Болгон тоо Бозбуну имерилип, түштүк багытына карай, андан нары Нарын боюна чыгып кетүү.

Капчыгай бойлоп, көк жашыл тоо этектеп, ар мерчемдүү жерге токтоп, эки жакты арытып дүрбү салып, өтө сак, өтө аяр келатты. Чөп басып калган эгин жай, суу жүрбөй калган арык, кээ жерде кароосуз калган кыштоо кезигет. «Кара кыргыз көчмөн журт, — деп түшүндүрүп келет тилмеч, — эгинге анча табити болбойт, карабайсызбы кандай сонун суулуу жерлер (!) бош жатат. Өзүлөрү те ак карлуу бийиктин нары жагына көчүп кетишкен. Жай аягында ылдыйлашат. Кеч күздө ушул жерлерге айыл батпай кетет. Баарында боз үй...». Полковник унчукпайт. Эки жакты шектүү тиктеп келет. «Качып кетишкен» деген ойдо. «Буйга тосуп турушсачы?..» деп, өзүнөн өзү жини кычайт, алдындагы чоң тору кашка атты килеңдете желдирип, опоң-опоң эте келет.

Эки суунун кошулган чатына келишти. Тору кашка аттын башын тартып, полковник токтоло калды. Суунун бири караалжын көк, бири түбүнөн ташы көрүнгөн аппак экен. Жээги кыздын чачындай төгүлгөн самби тал. Көк теректер желге шаулдап, туш-туш жактан гүлдүн, балдын жыты буруксуп келип жатты. Жакын эле жерде жапайы өрүктөр сарала шайы болуп шагын ийип турат. Эч жан жок. Те бийикте төбөдө боз торгой сайрап жүрөт. Нары-бери кандайдыр бир кичинекей сарала чымчык учуп конуп, акбаш кулунчакка ийе конуп, сайрады. Эч ким жок. «Бейиш!..» деп өзүнчө күбүрөдү полковник. Теминип келген сотник ширин оюн бузду:

— Түземчилер...

Полковник кабагын бүркөй карады. Те күдүрөйгөн калың жаңгактан бери чыгып турган он чакты кишини көрдү. Колун серелеп тиктеди:

— Камдуу болгула...

Заматта үч жүз козак-орус отряды каркыра болуп тизилип, канат жайып, күдүрөйгөн топ жаңгакты курчоого бет алды. Полковник тилмеч экөбү жай бастырышып жөнөштү. Согуша турган эчтеме жок эле.

Айлана тыптынч. Эки суунун бир кунунда бейпил шаулдаганы гана бал жыттанган абаны термелтип турду.

Үрөйү учкан он кишинин ичинен башында аппак селдеси бар, жалаң кымкап тон кийген адам алдыга басып тосуп чыкты. Артынан калгандары басты. Жаш жигиттер. Белдеринде ак жоолук. Колдору боорунда. Кымкап тондуу аркан бою келип, бүк түшүп таазим кылды:

— Ассалому алейкум, Адам атанын ыкыбалдуу балдары!..

Тилмеч которду. Полковник мурутун былк эттирип, көзү күлүп, башын ийкеди. Андан нары эмне болор экен дегендей кызыккандай.

Кебетеси ордонун колго түшкөн билерманы сыяктанган адам калтыраган үн менен, кандайдыр көмөкөйдөн күңгүрөнгөн, арбагандай жумшак үн менен, полковникке ушундай туюлду, көпкө бирдеме деди.

— Эмне? Ушулар менен сый-сыпатташып отурабызбы?! Улугум, сарала өрүктүн башына салаңдатып таштап, жөнөй бербейбизби? — деди кутурган сотник атын тыбыратып.

— Үлгүрөбүз...—деп койду полковник.

Тилмеч которду:

— Бул багыттагы кара кыргыздын бир бийи, орус үчүн берилген ак ниет адаммын дейт. Урматтуу төрөлөрдүн келерин угуп, көп тартуу менен, ак даам менен, ак көңүлүн алаканына салып, тосуп турган адаммын дейт. Ибн-Караш Абил бий экен...

— Э, ошондой бекен! деп койду полковник Машин.

Абилдин көзү тилмечке түштү. Тилмечтин жүзү кандайдыр ага жылуу учурады. Жан тартты. Андан себеп, арга, ушул төрөлөр менен кепке гана келиштирип коё алар бекен деген ой бийлеп, жалооруп тиктеди. Тилмечтин жүзү суз болучу. Ага алдында калчылдап турган кыргыздын тагдыры кайдыгер, аларды козак-орус тиги сарала өрүктүн башына ылдый баш кылып асып кетсе да, же кубаттап, же каршы туруп, селт этер жүрөгү жок, ушул кымкуут өрттүн ичинен өзүнө дүйнө жыйнап жүргөн бир пенде болучу.

— Келгиле... Төрүбүзгө өткүлө... о, адам атанын ыкыбалдуу балдары... —деп, жер мөгдөп келип, Абил полковник Машиндин үзөңгүсүнө жетип тооп кылды. — Келгиле...

Полковник «бул эмнеси?» дегендей тилмечке кыя карай берди. Тилмеч мелтейген калыбынан өзгөрбөй башын ийкеди: «Знак покорности...» деди акырын.

— Улук төрөлөр, адам атанын ыкыбалдуу балдары, кызыр жылоологон пенделер...—деп муңкана үн салды Абил, — менде, менин элимде азирети акпашага, урматы улук жарымпашага, бир кудайым жолун ачып бизге келип турган төрөгө жаман ниет, арам ой жок... Келгиле, аттан конгула... кадырлуу, сыйлуу мейман болгула...

Тилмеч которду. Полковник атын темине берди:

— Эмне экен, сүйлөшпөскө, мейман болбоско эмне?! Кызык да бу...

Абил алдыга түшүп, дикилдеп чуркап, ар жерде талма коңуздай башы менен жер сайып таазим кылып калган өз жигиттерине «Ой, болгула!», «Ой, жайгыла дасторконду!» деп, бурк этип өтүп баратты. Жигиттер дароо жан кирген сыяктуу тең жөрмөлөп чуркап ишке киришип кетип жатты.

Топ жаңгактын четине жетип, Абил ийилип токтой калды:

— Келгиле, азиз меймандар, ыкыбалдуу меймандар... Жол азабы белгилүү, атка урунуп, чаалыгып, чаңкап калгандырсыңар, аттан конгула, мына майдан, мына саябан, эс алгыла, азиз меймандар...—деп кош колдоп көйкөлгөн шиберди, көлөкөнү көрсөтө берди.

Тилмеч которду. Полковник аттан түштү. Адъютанттан мурда жетип Абил өзү атын алды.

— Билгиликтүү неме го... —деп полковник Машин башын чайкады. Анткени менен анын кебетесинде ыраазы болуу көрүнүп турду. Муну Абилдин кыйды көзү чалбай койдубу! «И, пенде окшойт бу дагы. Сый урматтан качан качты эле бу кудайдын көр пендеси?» деп ичи жылыды.

Жигиттер буттары чөпкө илешпей заматта узун- узун дасторкон жайып, тик турган аюудай чоң чаначтарды муздак көлөкөдөн сүйрөп чыгып, дасторконго бышкан этти жайнатып жиберишти. Нары жакта үч
жүз отряд күрү-күү болуп, көлөкө кууп, суу бойлоп түшүп жатты.

Полковник эч кандай коопко негиз жоктугуна көзү жеткен соң, эки жакты бир аз кыдырып басып, туптунук кара сууга колун салып көрүп, жуунуп салкындап келди да, даяр болуп турган дасторконду көрүп аны сайын ыраазы болуп кыдырата басты.

Абил бөжөңдөп, бир колун бооруна алып, бир колу менен дасторконду жаңсап, алдында жикилдеп кетенчиктеп келди:

— Кана, улук төрөлөр... дасторконго... даамга...

Полковник отура бербеди. Абилди шектүү тиктеп, көңүлүнө бирдеме келип, ошол аны токтотуп турган өңдүү болду. Абил муну тилмечисиз түшүндү:

— А...—деп, леп этип эңилип, эттен бир үзүп оозуна салды,—мына... мына...—деп, дасторконду кыдырып ар даамдан ооз тийип, ар чаначтан пиялага куйдуруп, бирден ууртап чыкты.

Карап турган аскерлер бапырап күлүп, дасторконго жутунуп калышты.

Тилмечке бир сыр айтмакчы болуп, акырын:

— Эми... Өз окшойсуң... Үрөйүң буларча, тилиң биз чалыш... Эми...—деп калды Абил.

— Мени коюп,—деди тилмеч мелтейип, — өз башыңды арачалап алсаңчы?!

Ал качан, кимден укту эле ушундай сенсиреген, аар жүзүнө карабаган, итче ырылдаган сөздү? Качан көрдү эле мынчалык жек көргөн орою суук кебетени? Эстей албады бий. Өлүмгө качан эле моюн сунуп, «... болсо даңазалуу өлүм болмокчу болуп» келбеди беле, а жагынан камтама эмес, шайтан шаштырып, тигиге, ылымсып сүйлөп алып, андан муздай суук кеп угуп, итче ырылдаган кебете көрүп, дили маскара болуп отуруп калды. «... аттырса ушу аттырат...» деди дили.

Бу экөбүнүн үрөйүнөн сезип, полковник тилмечи менен акырын күбүрөшүп калды. «А-а, — деп койду тилмеч, — менин ким экениме кызыгат...» «...дагы, — деп мыңкылдап өзүнөн кошумчалады, — бу аскер кайдан, кай жакка деп чукулайт...» Күдүк кире түштү көңүлүнө полковниктин. «көрөлү, кетерде көрөлү...» деди өзүнчө.

Тиги экөбүнүн күбүрөшкөнүнөн шек алып, бирок, «...бизден өтпөсүн, өз өлүмүбүзгө өзүбүз себеп болуп калбайлы...» деп, кирдеген кабак көрсөтпөй, атайы жадырап, төрөнү сыйлуу деген дасторконго чакырып, өзү кызмат кыла баштады Абил бий.

Түш оогонго чейин отурушту. Наркы сөз, берки сөз айтылды. Эки жак үйралышып кетишти. Суусунга келгенде полковник өз жан баштыгынан арак алдырып жүзчөдөн куйдурду.

— Ну-с, кадырлуу бий,—деди полковник Машин сынай тиктеп, аракты көтөрө, — эми сиз биз менен ичиңиз...

Тилмеч күлүп котorду. Абил көздүн жашындай мөлтүрөгөн немени тиктеп, анан тилмечти карады.

— Силер арак дейсиңер...—деп койду тилмеч. Келме келтирип, «Э, куда-ай, эми эмне дедим?.. — деп, чекирейип туруп калды Абил: — Улук төрөм, — деп апкаарып, араң үн катты, — биздин кудайыбыз арак ичүүгө уруксат кылбайт... Кечиргейсиз, улук төрөм...

Тилмеч которду. Полковник бир мурутун былк эттире жылмайып, көк шурудай тунук көзү күлүңдөп:

— А биздин кудай силер менен деги бирге отурууга уруксат кылган эмес. Биз мына отурабыз го?!—деп такады. Тилмеч которду. Абил эмне кыларын билбей, аргасыз жылмайып, иреңи кызарып отуруп калды. «Э, бир кудай, өзүң кечиргейсиң!». «Пашаң

капыр болсо да, амирин тут, аксактын акырын күт» дейт уламаларың, э кудай...» деп, пияланы колуна алып, тамшанып, анан тартып таштады. Сотниктер каткырып күлүп жиберишти.

— Мына бул башка иш! — деп полковник да күлдү. Өзү аракты ачырканбай жыргап ичти.

Суусунга келгенде караламан аскерлер эч тартын- бай кымызга киришти. «Во! Эң сонун кумыс!» дешип, тамшанып ичип жатышты.

Нары жакта солдаттар бака-шака болушуп, кыргыз жигиттер менен жаңдашып, ар кимиси өзүлөрүнчө түшүнүп, күлүшүп жатты. Абил мунун баарын угуп, баарын көрүп отурду. Аракка биртке кызыган соң, улук төрөнүн өзү да чечилип, улуктугун, орустугун унуткансып, жанындагылардын баарын тең санап, сөзү көбөйүп, бирөөнүн сөзүнүн төркүнүнө анча көңүл бөлбөй, мүнөзү бейпил тартты. «Э-э... ымга бат келген, тузга кара санабаган, ичи кең, бир карасаң дардаңкүү, бир карасаң теңиз, тегиз эл экен го...» деп Абил кыйды ийикти.

Мына ушул учурда наркы жашыл адырдан Көл Мазар тарапка карай чубап, көп эл көрүндү. Полковник элтейип тиктеди. Тилмеч да колун серелеп карай берди.

Абилдин жүрөгү солк этти. Алмамбеттин акылын уурдап, Бекназардын өлүмүн карактап келип отурганы кылт этип эсине түштү.

— Э...—деди ireңи карайып, ойго батып,—бу эл... Өлүк көтөрүп баратышат көрүстөнгө... — деп түшүндүрдү. — Улук төрөнүн ыкыбалы белем, бир катуу жаак душманыңар бар эле, ошол күнү кече силердин келер алдыңарда өзүнөн өзү кан кусуп өлүптүр, ошону жерге жашырууга көтөрүп баратышкан го...

Тилмеч түшүндүргөн соң полковник көңүлү жайланып, кайра кызыгып дүрбү салып карай баштады.

Эң алдында төрт балбан жигит ийиндеп табыт көтөргөн. Туягына түшүрө кара тул жабылган баатырдын аргымагы наркескен кылыч кынсыз ээрдин кашына илинген. Улам бири алмашып, улам бири талашып, табытты көптөп көтөрүшүп, баатырга эң акыркы кызматын кылышып, эң акыркы пенделик карызын өтөшүп, кары, жаш мөгдөп, бири биринин этегин кармаган сыяктуу, уюктуу кумурсканын көчү сыяктуу сенделип, эл мөгдөп, жай чубап көк жашыл тоо этектеп өтүп баратты.

Көрүстөнгө жакындаганда көр казгандар утурлай басып, эл дуу туруп өкүрүп жиберишти, шаша чуркаган көр казгандар табытты колдон алып, жүрүп беришти. Элдин чуусунан тоолор каңгырап, кошо өкүргөндөй кош жаңырыктап, бардык жандуу дем тартпай аваз кылгандай, чөп башы ыргалбай, булак токтоп, чымчык үркүп, жер менен асманга ый толуп кетти.

Полковник дагы бирпас тиктеп, анан ордунан козголду:

— Ну-с, ыракмат, кадырлуу бий...

Меймандын аттанууга ниет кылганын тилмечсиз түшүнүп:

— А...—деп, Абил нары жакка карай үн салды. —Йе, Карачал...

Карачал ушул гана белгини күтүп отургансып, колжое басып келип, күмүш табакка бүтүн бышырылган казды салып, кош колдоп көтөрүп келип калды.. Полковник каздан мурун пил сыяктанган жапайы балбандын өзүнө таңыркап тиктей берди,

— Эң акыркы даамды татып аттангыла, төрөлөр куш этин жакшы көрөт дегенинен деп калды Абил. Тилмеч которду. Полковник:

— Э, бул эмнеңер, достор?! — деп, эми каягыбызга жейбиз дегендей түр кылды.

Абил:

— Жо...алыңыз, улук төрө, алыңыз...—деп, полковниктин табити тартпай турганын көрүп, күйкөлөктөп кетти. —Тууганым, айтчы, жок дегенде, санын айрып көрсүн, ооз тийсин...

Полковник меймандын сылыктыгын гана кыя албай, күмүш табакты алдына тартып, каздын ичи шооно менен тигилип турганын көрүп, кайра көңүлү жипкирип, башын чайкап, ошентсе да, каздын санын тарта бергенде, эзиле бышкан эт тез айрылып, ичинен майга аралашып, бир нече алтын теңге куюлуп түшө калды. Полковник бир кур нестее калып, Абилди кыя карай берди. Абилдин тирмейип турган көзүнө көзү кездешти. Абил жумшак жымыйып, башын акырын ийкеди. Тилмеч нары карап көрмөксөн болду. Полковник андан нары эмне кыларын билбей, же колун тартып ала албай, же ичине алтын шыкалган килейген казды нары түртө албай, отуруп калды.

— Якши киргиз...—деди ал «кетерде көрөлү» деген сөзү эми эсине келбей. Абил леп сыңар тизелей калып:

— Тийсе курсак бөксөргөндө тиер кереги... —деп, казды күмүш табагы менен дароо дасторконго ороп, полковниктин кайыш жан баштыгына салып, тору кашка аттын канжыгасына өзү бөктөрдү.

Полковник Абилди тиктеп туруп:

— Якши киргиз... —деди, билген сөзүн дагы кайталады.

Жөнөп калышты. Полковник Абил менен кол алышып көңүлү ачылып коштошту. Абил анын колун коё бербей туруп:

— Тууганым абзий,—деп тилмечке карады,— айтчы, айланайын, төрөгө, бирдеме деп күбөнама жазып таштап кетсин, антпесе биздин эл, өзүңдүн кабарың бардыр, тентек эл, ар кандай сөз чыгышы ыктымал, мен аларга көрсөтө турган болоюн, нары да артыңардан дагы башка төрөлөр келип калышы мүмкүн, жаман айтпай жакшы жок, алар кандай кабак менен келишет, аларга көрсөткөндөй болоюн!

Ишинен кам калтырбаган бу кишиге ичинен таң калып, тилмеч суроосун которду. Полковник Машин токтолуп турган жок, кагаз алып, каламын тез-тез шилтеп: «Биз тоо аралап келатып, кара кыргызга кездештик. Бийи ибн-Караш Абил бизди кубаныч менен тосуп, жакшы мамиле көрсөттү. Ошон үчүн, бул элдин, анын бийинин орус бийлигине жаман ою жоктугуна күбө болуу менен бирге, бизден кийин кокус келип калчу «марш» кылган отрядына буларга ырайымдуу мамиле кылуусу керектигин эскертебиз.» деп, кол койду да, Абилге сунду. Дастан болор өлүм эсинен чыгып, Абил кочушун суугa тоскондой эңиле калып, кош колдоп алды.

Отряд андан нары жүрүп кетти. Абил кийин орус акимчилиги келгенге дейре падышадан алган өзгөчө жарлык катары өз аймагына көп жылы чарк имерип «тоң бийлик» кылышына укук болуп берген ошол кагазды көзүнө сүртүп, тооп кылып, көлөкөсү узарып, үңкүйүп калып калды...

1960—1997

# КЫСКАЧА ӨМҮР БАЯН

Төлөгөн Касымбек уулу азыркы Жалал-Абад дуванына караштуу Аксы аймагындагы Акжол кыштагында 1931-жылдын болжолдо 15-январында төрөлгөн. Айылда орто билим алган соң ошол эле аймактагы башталгыч мектептерде мугалимчилик кылып, Акжол айыл кеңешинде жооптуу катчы болуп, эмгек жолун баштаган. 1952—1957-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүткөн. Ошол окуп жүргөн кезинде эле республикалык көркөм адабий журналдарда алгачкы адабий чыгармалары жарыяланып, 1956-жылы «Кичинекей жылкычы» деген биринчи аңгемелер жыйнагы басылып чыккан.

Жаш адабиятчы 1957-жылы республикалык окуу китептерди чыгаручу мамлекеттик басманын балдар адабияты боюнча редакторлугуна дайындалган. 1949-жылы алгачкы адабий көркөм чыгармалары китеп окурмандар коомчулугунда оозго кире баштаганда республиканын Жазуучулар Союзуна алынган. 1960- 1966-жылдарда республикалык«Ала-Тоо» адабий көркөм журналын кара сөз бөлүмүнүн башчысы, жооптуу секретары, 1966-1973- жылдарда ал журналдын башкы редактору, 1973-1974-жылдары республикалык басма сөз боюнча мамлекеттик комитетинин башкы редактору болуп кызмат кылган.

Ушул эле жылдарда ал көркөм сөз чебери катары жетилип, «Жетим», «Адам болгум келет» повесттерин, тарыхый «Сынган кылыч», «Келкел» романдарын жазган. Өзгөчө «Сынган кылыч» орус тилинде төрт ирет, казак тилинде үч ирет, түркмөнчө, украинче, өзбекче, уйгурча басылып, ал элдин китеп окурмандарынын купулуна толгон. Москвадагы «Прогресс» басмасы тарабынан англис тилине которулуп чыгарылып, кыргыз тарыхынын кыйын кезең бир мезгили чагылдырылган бул роман бүткүл дүйнөдөгү англис тилин билген элге таралып, айрым дүйнөлүк адабиятчылардын,тарыхчылардын, саясатчылардын көңүлүн өзүнө бурган.

Кыргыз адабиятында биринчи жолу кыргыз элинин өткөн турмушундагы тарыхый көп инсандардын көркөм образдары түзүлүп, романда жазылган ал кыйын кезең замандын өнүгүшү жана жыйынтыгы, тарыхый болумуш бурмаланбай, жергиликтүү элдин руху кемсинтилбей, караланбай, а түгүл тарыхый катаал шартты токтоо кабылдап, кара селдей алааматтан өз элинин тек- тамырын сактап калуу сыяктуу ой-санаанын ыйык бийиктиги айкын көрсөтүлгөн.

Кыргыз адабиятындагы биринчи тарыхый романдын бул маанисин жергиликтүү «саясатчылар» да көз жаздымга калтырбай жазуучуга чабуулга өтүшкөнү жалпы кыргыз журтчулугунун али эсинде бар. Мурунку көз каранды республиканын саясатчылары «Сиз саясат жасап жатасыз, сиздин саясат биздин официалдуу саясатка каршы келип жатат» деген айып коюшкан. Бул деген ошол кездеги Кыргызстан КП БКнын көп жылдар бою тарыхчылардын, жазуучулардын мойнуна куржундай илип, «Кыргыз эли Россияга өз ыктыяры менен кошулган» деген официалдуу жобосу эмес беле?! Демекчи, «Сынган кылычтын» реалдуу мааниси «өз ыктыяры» эмес, орус падышасынын колонизаторлук саясатынын мудөөсу боюнча Түркстан аскер күчү менен каратылып алынганы болуп турганы бул КПССтин үлкөндөрүнүн терс сөзүн оң деп көнгөн жергиликтүү саясатчылардын абалкы коммунисттер сынга алып келген колониализм саясатын/зордук, үстөмдүк, майда элдердин рухун басмырлоо, жерин ээликтеп, өзүлөрүн жок болуу чегине жеткирүү/актоого болгон аракетине шайкеч эместиги

болучу. Бул абал Кыргызстан КП БКда бийлик алмашкан соң гана оңдолуп, көп жылдар бою жол берилбей жаткан тарыхый «Келкел» романы жарыкка чыгарылган, КПСС БКдан атайын комиссия чакырылып, «Сынган кылыч» романына коюлган күнөө алынып ташталган, кыргызстандагы авторлор укугун коргой турган мекемеге башчы катары 1987-жылы иш берилген. Көркөм адабияттагы үзүрлүү мейнети бааланып, «Кыргыз ССРинин эл жазуучусу» деген ардак наам ыйгарылган.

Тарыхчы жана жазуучу Төлөгөн Касымбек 1990-жылы азыркы Аксы аймагынын N-169 Кызыл-Туу шайлоо округунан эл депутаты болуп шайланды. Жогорку Кеңештин жаңы жыйынында Жогорку Кеңештин Туруктуу Комиссиясынын Төрагасы жана Президиумунун мүчөсү болуп иштеди. Жогорку Кеңеште каралган көптөгөн маселелерге жан-дили менен кийлигишип, өз пикирин ачык айтып Кыргыз Республикасынын атын жаңыртуу, борбор шаардын атын калыбына келтирүү, мамлекеттик тил, көз каранды эместик, Туу, Герб, жана жер маселелеринин туура чечилишине түздөн-түз кийлигишти. «Маданият жөнүндөгү мыйзам», «Билим берүү жөнүндөгү мыйзам», «Дин тутуу жөнүндөгү мыйзам», «Гражданчылык жөнүндөгү мыйзам», «Басма сөз жөнүндөгү мыйзам» даярдалышы жана кабыл алынышы түздөн түз бул инсандын ишмерлигине байланыштуу. Ошондой эле эркин мамлекеттин биринчи Конституциясын даярдоодо жана кабыл алууда өзгөчө активдүү катышты

Демекчи, Төлөгөн Касымбек кыргыздын өз тарыхын таануу ой-санаасын кеңитүүдө, кыргыз элинин жаңы мамлекетинин жербайын курууда, келечек багытын аныктоодо өзгөчө кызмат өтөгөн жетик инсан.

Басмадан

ЛИТЕРАТУРНО-ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ИЗДАНИЕ

Тологен Касымбек
**СЛОМАННЫЙ МЕЧ**

Исторический роман
Издание пятое, переработанное
Бишкек, Издательский Дом «Кыргызстан»
КӨРКӨМ-АДАБИЙ БАСЫЛМА

**Төлөгөн Касымбек**
**СЫНГАН КЫЛЫЧ**

Тарыхый роман

Кайрадан иштелип, 5-басылышы

Редактору Д. Андашев
Сүрөт редактору Б. Жайчыбеков
Техн. редактор Ж. Сооронкулова
Компьютердик калыпка салган В. Сапихова
Корректору Э. Маматкожоева

ИБ № 5304

Терүүгө 5.02.1997. берилди. Басууга 06.01.1998. кол коюлду. №1 типография кагазы. Кагаздын форматы 84x108'/2- Адабий журнал ариби. Түстүү ыкма менен басылды. 22,25 физ. басма табак + 0,125 ф-ц. 37,38 шарттуу басма табак + 0,21 ф-ц. 32,02 учёттук басма табак + 0,33 ф-ц. Нускасы 15000. Заказ №1256. Келишим баада.

«Акыл» акционердик кому

«Кыргызстан» басма үйү.
720361, ГСП, Бишкек ш., Совет көчосү, 170.

Кыргызполиграфкомбинаты
720461, ГСП, Бишкек ш., Т.Суванбердиев көчөсү, 102.